ГОСУДАРСТВЕННОЕ ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЕ УЧРЕЖДЕНИЕ
ВЫСШЕГО ПРОФЕССИОНАЛЬНОГО ОБРАЗОВАНИЯ
КЫРГЫЗСКО-РОССИЙСКИЙ СЛАВЯНСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
имени первого Президента Российской Федерации Б.Н. Ельцина

ГУМАНИТАРНЫЙ ФАКУЛЬТЕТ
Кафедра кыргызского языка

**Г.Э. Аманалиева**

# РУССКО-КЫРГЫЗСКИЙ УЧЕБНЫЙ СЛОВАРЬ МЕДИЦИНСКИХ ТЕРМИНОВ

# ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА МЕДИЦИНАЛЫК ТЕРМИНДЕРДИН ОКУУ СӨЗДҮГҮ

Бишкек 2022

УДК 61(038)
ББК 51.1я2
А 61

**Рецензенты:**

*С. Джошибаев,* д-р мед. наук, профессор,
Заслуженный врач КР и РК, чл.-корр. НАН КР, академик АПМ РК,
*М.Н. Намазбеков*, д-р мед. наук, профессор, чл.-корр. НАН КР,
*А.Т. Турдугулов*, д-р филол. наук, профессор, Кыргызская академия образования,
*М.Б. Усубалиев*, д-р мед. наук, и. о. профессора, КГМА им. И.К. Ахунбаева,
*Н.С. Айткулуев*, канд. мед. наук, доцент, КРСУ им. Б.Н. Ельцина

Рекомендовано к изданию кафедрой кыргызского языка
гуманитарного факультета КРСУ им. Б.Н. Ельцина

**Аманалиева Г.Э.**
А 61 РУССКО-КЫРГЫЗСКИЙ УЧЕБНЫЙ СЛОВАРЬ МЕДИЦИНСКИХ ТЕРМИНОВ = ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА МЕДИЦИНАЛЫК ТЕРМИНДЕРДИН ОКУУ СӨЗДҮГҮ. – Бишкек: Изд-во КРСУ, 2022. – 666 с.

ISBN 978-9967-19-891-3

Пособие представляет собой словарь медицинских терминов (русско-кыргызские дефиниции).

Словарь состоит из 38 частей: анатомия, ангиология, биология, биохимия, гастроэнтерология, гематология, генетика и пр. Пособие разбито на темы, чтобы удобно было пользоваться им как при изучении нового, так и при повторении и обобщении ранее изученного. Важно научиться пользоваться оглавлением, это поможет быстро находить нужный материал.

Каждая часть содержит иллюстрации, медицинские термины в алфавитном порядке.

Словарь дает возможность выявить русско-кыргызские параллели; познакомиться с богатством кыргызской медицинской терминологии, имеющей древние традиции.

Исключительное значение при отборе материала имеет сопоставление языковых систем русского и кыргызского языков.

Словарь предназначен для студентов медицинского факультета.

УДК 61(038)
ББК 51.1я2

ISBN 978-9967-19-891-3
© ГОУВПО КРСУ, 2022
© Аманалиева Г.Э., 2022

# От автора

Представляю вниманию читателей Русско-кыргызский учебный словарь медицинских терминов, который соответствует следующим характеристикам: лаконичность, предназначение определенной теме изучения, простота строения и системность изложения материала для обеспечения эффективности их использования не только учеными и преподавателями, но и студентами, которые ещё не приобрели опыт пользования словарями.

Выражаю глубокую признательность и искреннюю благодарность всем, кто помогал в создании словаря, за успешное и поистине плодотворное сотрудничество.

Я ценю ваш профессионализм и грамотный, творческий подход к решению задач, Также хочу отметить доброжелательную атмосферу, которая сложилась во время нашего сотрудничества.

Особо благодарна Владимиру Ивановичу Нифадьеву – ректору Кыргызско-Российского Славянского университета имени Б.Н. Ельцина, доктору технических наук, профессору, академику НАН КР; Сейтхану Джошибаевичу Джошибаеву – кардиохирургу, доктору медицинских наук, профессору, академику Академии профилактической медицины Казахстана, члену-корреспонденту НАН КР; Мамбетакуну Намазбековичу Намазбекову – главному ангиологу МЗ КР, доктору медицинских наук, профессору, члену-корреспонденту НАН КР; Кыргызбаю Дуйшенбековичу Добаеву – доктору педагогических наук, профессору; Али Турдугуловичу Турдугулову – доктору филологических наук, профессору; Кутманбеку Абаковичу Биялиеву – доктору педагогических наук, кандидату филологических наук, профессору; Мейкину Бейшенбаевичу Усубалиеву – доктору медицинских наук, и. о. профессора; Нарынбеку Сабыркуловичу Айткулуеву – кандидату медицинских наук, доценту.

Также я хочу выразить признательность моей маме, Айне Турдановой – врачу, преподавателю Бишкекского медицинского колледжа.

Ваша помощь во многом неоценима для автора. Ваши консультации и профессиональная помощь способствовали эффективной работе.

Желаю успехов в профессиональной деятельности и надеюсь на дальнейшее сотрудничество.

***Гульнара Аманалиева,***
доцент, кандидат педагогических наук

# СТРУКТУРА СЛОВАРЯ

В словаре медицинских терминов и понятий содержится большое количество специфических терминологических единиц, которые могут применяться в любой сфере деятельности нашего общества – медицине, науке, журналистике и т. д. Словарь дополнен терминами, принадлежащими к понятийным медицинским сферам, ставшими актуальными в последние годы.

Основное назначение настоящего словаря – содействие в унификации медицинских понятий, использовании принятых определений.

При составлении словаря были учтены предложения и рекомендации государственных органов, организаций, учреждений и предприятий, непосредственно оперирующих медицинской терминологией.

Словарь включает 38 направлений.

Медицинские термины и понятия расположены в словаре в алфавитном порядке, что облегчает использование словаря.

В случаях, когда термин или понятие представляют собой словосочетание, они располагаются согласно первой букве первого слова.

В то же время для удобства ряд словосочетаний приведен в разных статьях словаря (по первой букве первого и следующего слов).

Для экономии времени и удобства используются два способа построения словаря:

1. Базовый принцип построения, когда производные термины располагаются в одной группе с основными.

2. Гнездовой принцип построения, когда все связанные термины расположены непосредственно за базовым, основным термином. Это расширяет терминологическую базу словаря, позволяет быстро находить перевод определений и избежать ошибок в процессе перевода.

Предназначен для студентов высших медицинских учебных заведений, врачей-практиков.

Словарь призван помочь студентам высших учебных медицинских заведений овладеть профессиональной терминологией.

# ПРЕДИСЛОВИЕ

Создание терминологических словарей на современном этапе имеет большое значение для развития медицины, выработки терминологии, научного медицинского языка в целом.

Медицинская терминология прошла долгий путь своего существования. Сообщение об анатомических, физиологических терминах можно было найти в разных рукописях.

Очень распространенными достопримечательностями научно-практического жанра были травники-зельники, лечебники. Рукописи медицинского характера представляли терминологические понятия по медицине вообще и, в частности, по ботанике, фармакологии, анатомии, физиологии.

Составление медицинских словарей не теряет свою актуальность, ведь современная медицинская терминология – это одна из наиболее широких и сложных в понятийном отношении систем. За последнее время достигли значительных размеров узкоспециальные медицинские лексиконы.

Ежегодно появляется свыше 1000 новых медицинских терминов. Дальнейшая дифференциация медицинских областей знаний облегчает обмен информацией в пределах узкой профессии, но усложняет взаимопонимание в пределах макросистемы медицины.

Поскольку количество лексики выходит за программные пределы, это дает возможность использовать учебное издание во время овладения клиническими дисциплинами в системе высшей школы.

Настоящий словарь призван стать продуктом, позволяющим создать научно-практическую основу для закрепления медицинской терминологии, унификации терминологии, интенсификации обучения государственному языку.

# АНАТОМИЯ



# А

**АБДУКТОР (abductor), абдуктор –** колду же бутту сырт жакка кайрылтып, денеден оолактатуучу, алыстатуучу булчуң.

**АБОРТУС (abortus), абортус –** 500 граммдан азыраак массадагы түйүлдүктүн, аборт жасаган мезгилинде жатындан чыгарылганды айтышат.

**АГЕНЕЗИЯ (agenesis), агенезия –** мүчөнүн бир бөлүгүнүн туулгандан эле өсүп жетилбей туулушу.

**АГЛОССИЯ (aglossia), аглоссия –** тилдин тубаса жоктугу.

**АГНАТИЯ (agnathid), агнатия –** ылдыйкы жаактын тубаса түрүндө толук же жарым-жартылай жок болуусу.

**АДВЕНТИЦИАЛЬНЫЙ (adventitious), адвентициалдык –** адвентицияга тиешеси бар.

**АДВЕНТИЦИЯ (adventitia), ОБОЛОЧКА АДВЕНТИЦИАЛЬНАЯ (tunica adventitia), адвентиция, адвентициялдык кабык –** 1. Кан тамырлардын тышкы катмары. 2. Адамдын түрлүү түтүкчө органдардын тышкы кабыгы.

**АДГЕЗИЯ, СЦЕПЛЕНИЕ (adhesion), адгезия, чапташуу –** 1. Ткандардын жабышып, чапташып өсүшү. 2. Жараттын айыгуу процесси, мында анын кырлары бирибирине тыгыз чапталат.

**АДДУКТОР (adductor), аддуктор –** ар кандай булчуң, ал дененин бир жак бөлүгүн башка дененин бөлүгүнө карай багыттайт же дененин ортонку бөлүгүнө багыттайт.

**АДЕНОГИПОФИЗ (adenohypophysis), аденогипофиз –** гипофиздин алдыңкы бөлүгү.

**АКРОМИОН (acromion), акромион –** далы урчугу, далынын үстүнкү бөлүгүндөгү сүйрү урчук (аны менен далы түркүгү аяктайт). – Акромиалдык (acromial).

**АКСОН (axon), аксон –** нерв жипчелеринин эң узун бутагы.

**АЛЛОГЕННЫЙ (allogeneic), аллогендүү –** бир биологиялык түрдөн (донордон) алынган, бирок гистологиялык түзүлүшү боюнча дал келбеген трансплантатты баяндап жазууда колдонулуучу термин.

**АМНИОН (amnion), амнион –** жатындагы баланын тонунун ички кабыгы. Экиленген коргоочу чел кабык – амниохорион (amniochorion) адатта бала төрөлөөр мезгилде жарылат. – Амниотикалык (amniotic).

**АНАЛЬНЫЙ (anal), аналдык –** ануска карата айтылат. Мисалы, көтөн чучукта жарака, тешикче же ар кандай жаралардын пайда болуусу.

**АНАСТОМОЗ (anastomosis), анастомоз –** 1. Анатомияда – бири-бири менен капиллярдык байланышы жок эки кан тамырлардын арасындагы биригүү. Караңыз: Артериовеналык анастомоз. 2. Хирургияда – эки түтүктүү органдардын ортосундагы жасалма кошулуу же алардын аймактары менен кошулуу, негизинен ичегинин эки башка бөлүктөрүнүн ортосундагы кошулуу. Кошумча караңыз: Шунт.

**АНАТОМИЯ (anatomy), анатомия –** тирүү организмдердин түзүлүшү жөнүндөгү илим. Медицинанын анатомия бөлүгүндө дененин айрым бөлүктөрүнүн түзүлүшү, көлөмү туурасында окутулат. Айрым бир учурларда «анатомияга» синоним катары «морфология» (morphology) деген термин колдонулуп жүрөт. Бирок, болгон тирүү организмдер ортосундагы айырмачылыкта туурасында жалпы түшүнүк бере турган «салыштырмалуу анатомия» (comparative anatomy) терминин пайдалануу абзел. Кошумча караңыз: Цитология, Гистология, Физиология. – Анатомиялык (anatomical). – Анатом (anatomist).

**АНАТОМИЯ ПАТОЛОГИЧЕСКАЯ, ПАТОЛОГИЯ (pathology), патологиялык анатомия, патология –** ар кыл ооруларга байланыштуу орган жана ткандарда болуп жат-

кан өзгөрүүлөрдүн жаратылышын түшүнүү максатында иш алып баруучу медицина бөлүгү. Мунун өзү оорулуу адамдан алынган кан, заң жана жабыркаган ткань үлгүлөрүн изилдөө, ошондой эле рентгенологиялык жана бир катар изилдөө иш-аракеттерине тиешелүү ыкмаларды пайдалануу жолу аркылуу жүзөгө ашырылат (караңыз: Биопсия). Клиникалык патология (clinical pathology) оорулууларды дарылоо процессинде топтолгон билимдерин колдонуу менен алек болот. – Патолог (pathologist).

**АНИЗОМЕЛИЯ (anisomelia), анизомелия** – колу буттун көлөмү жана формасындагы айырмачылыктар.

**АНКИЛОГЛОССИЯ (tonguetie), анкилоглоссия** – кичине балдарда көп кездешүүчү дарт, ал үчүн норма менен салыштырмалуу кыска тил ооздугу мүнөздүү болот. Бул көбүнчө кичнекей балдарда кездешет, ага нормадан салыштырмалуу кыска тил ооздугу мүнөздүү болот.

**АНКИЛОЗ (ankylosis), анкилоз** – дарттын себебинен муундун кыймылдабастыгы.

**АНОНИХИЯ (anonychia), анонихия** – колдо, бутта тырмактын тубаса жоктугу.

**АНТАГОНИСТ (antagonist), антагонист** – башка булчуңга (агонист (agonist) же (prime mover) деп аталуучу)) карата карама-каршы (каршы таасир берүүчү) булчуң. Антогонист булчуңдардын кыймылы адамга туура кыймылдоого шарт түзөт. 2. Дарылык же кайсы-бир башка зат, ал адамдын денесиндеги башка дарылык заттарга же кайсы-бир химиялык процесске карама-каршы таасир тийгизет. Мисалы, катары метаболиттерге каршыларды келтирсе болот. – Антагонизм (antagonism).

**АНТЕФЛЕКСИЯ (anteflexion), антефлексия** – кайсы-бир органдын алдыга жантаюсу. Аялдарда жатындын алдына көздөй жантайышы кадыресе көрүнүш катары саналат.

**АНУС (anus), анус** – адамдын арткы, заңдоочу тешиги. Дефекация актысынан сырткаркы учурларда анус ар дайым жабык болот. – Аналдык (anal).

**АНУС НЕПЕРФОРИРОВАННЫЙ (imperforate anus), ПРОКТАТРЕЗИЯ (proctatresia), перфорацияланган эмес көтөн чучук, проктатрезия** – толук эмес же бүтүндөй көтөн чучуктан өтпөөчүлүк: адатта ымыркайдын төрөлөөр маалында аныкталат жана анын өрчүлбөгөндүгү менен байланыштуу болот.

**АНЭНЦЕФАЛИЯ (anencephaly), анэнцефалия** – баш сөөк менен мээнин бириккен жериндеги сөөктөрдүн айрымдарынын же толук бойдон жок болуусу. Дефект болуп саналат. Нерв системасынын өнүгүүсүндөгү башка бир дефектилер менен байланыштуу болуусу мүмкүн.

**АПЛАЗИЯ (aplasia), аплазия** – ткандардын же органдардын түйүлдүк башталганда эле толук жоктугу же жетилбегендиги. Кошумча караңыз: Агенез. – Апластикалык (aplastic).

**АПОКРИНОВЫЙ (apocrine), апокриндик** – 1. Тери безин сүрөттөдө колдонулган сөз. 2. Бездерди сүрөттөөдө колдонулуучу сөз, ал клеткалардын эпикалдык бөлүгүнүн бузулушу секреция процесси менен коштолуучу көрүнүш. Караңыз: Секреция.

**АПОНЕВРОЗ (aponeurosis), апоневроз** – жука, жайык чарым. – Апоневротикалык (aponeurotic).

**АПОФИЗ (apophysis), апофиз** – 1. Сөөктүн чыгып турган урчугу. 2. Адамдын денесинин же каалаган бөлүгүнүн дөмпөйүп чыгышы: мисалы, баш мээнин: шишик сымал денече (apophysis cerebri).

**АППАРАТ МОЧЕПОЛОВОЙ (urinogenital, urogenital), сийдик - жыныстык аппараты** – сийдик жана жыныс органдардын жыйындысы, алар өзүнүн бирдиктүү пайда болушу менен байланыштуу.

**АППЕНДИКС (appendix, vermiform appendix), аппендикс** – узундугу 7–10 см жетип, жоон ичегинин учунда жайгашкан кыска жана ичке өсүндү (жоон ичегинин башта-

лышында). Каптал бетинде көптөгөн лимфоиддүү түйүндөр бар аппендикс, иммундук система органдарынын бири болуп саналат.

**АППЕНДИКУЛЯРНЫЙ (appendicular), аппендикулярдык** – 1. Мөөндүн туюк учунун өскөн жерине тиешелүү (сокур ичегиге) же ага таасир берүүчүгө тиешелүү. 2. Буттарга тиешелүү: кошумча скелет (appendicular skeleton) буттардын сөөгүнө кошумча тиешеси бар сөз.

**АППЕСТАТ (appestat), аппестат** – мээнин кабыл алынып жаткан тамак-аш көлөмүнө көзөмөлдүк жүргүзүүчү борбору.

**АППОЗИЦИЯ (apposition), аппозиция** – дененин тыгыз байланышта турган кош бөлүгүнүн өздүк абалы. Мисалы, кол манжалары муштумга түйлүшкөндө, ал эми кабак көз жумулуп турган учурда аппозицияда болушат.

**АПУД-КЛЕТКИ (APUD cells), Апуд-Клеткалары** – метаболизм учурунда промиандын болушуна жоопберүүчү клетка жана декарбоксилация процессинде катышат.

**АРАХНОДАКТИЛИЯ (arachnodactyly), арахнодактилия** – колдун манжаларынын туулгандан эле узундугу, шадылуулугу.

**АРТЕРИЯ ВИСОЧНАЯ ПОВЕРХНОСТНАЯ (temporal artery), сыртткы чыкый артериясы** – тышкы уйку артериянын акыркы бутагы, ал чыкый терисин, чеке жана төбө аймагын, ошондой эле көздүн тегерегиндеги булчуңдарды кан менен камсыз кылат.

**АРТЕРИЯ ЛЕГОЧНАЯ, СТВОЛ ЛЕГОЧНЫЙ (pulmonary artery), өпкө артериясы, өпкө сөңгөгү** – кыска кан айлануудагы негизги артерия, ал аркылуу кан жүрөктөн өпкөгө кетип аны кычкылтык менен байытат: бул жалгыз артерия, ал аркылуу деоксигенацияланган (кычкылтек менен аз байытылган) кан (веналык кан) агат. Кошумча караңыз: Кыска кан айлануу.

**АРТЕРИЯ ЛОКТЕВАЯ (ulnar artery), чыканак артериясы** – ийин артериясынын бутагы, ал андан чыканак урчук чуңкурчасына өтөт жана чыканак кобулуна чейин билек-бийбелчек муунуна чейин өтүп, алаканга өтөт, анда ал алакан бетинин догосун пайда кылат. Муундарды, терини жана каруу менен чеңгелди кан менен камсыз кылат.

**АРТЕРИЯ ЛУЧЕВАЯ (radial artery), билек артериясы** – ийинден чыканак урчук чуңкырчасынан башталган артерия.

**АРТЕРИЯ ПЛЕЧЕВАЯ (brachial artery), ийин артериясы** – колтук артериясынын уландысы; ал чоң төш булчуңунун астынкы четинен башталып, ийиндин медиалдык кобулу аркылуу чыканак чуңкурчасына чейин өтөт, ал жерде ал чыканан менен билек артериясына бөлүнөт.

**АРТЕРИЯ ЯИЧКОВАЯ (spermatic artery), урук безинин артериясы** – жуп артериясы, ал курсак толтосунан ылдый өтөт жана урук безин, анын кошумчасы менен урук чыгаруучу түтүктү кан менен камсыздандырат.

**АРТИКУЛЯЦИЯ (articulation), артикуляция** – 1. Анатомияда – эки сөөктүн кошулган тибинин чекити. Караңыз: Муун. 2. Үн түйүндөрүнүн, тилдин, эриндин жана речтин башка органдарынын биргелешкен иш аракети.

**АРХИПАЛЛИУМ (archipallium), архипаллиум** – гиппокамп - чоң мээнин чыкый үлүшүнүн медиалдык бетинде жайгашкан мээ быткылы.

**АРХЭНТЕРОН (archenteron), архэнтерон** – түйүлдүктүн эң алгачкы өрчүшүндөгү гаструляциянын жыйынтыгында пайда болгон көңдөйчө (караңыз: Гаструла). Адамда архентерон түтүктүү көңдөйдү пайда кылат, же архентерикалык каналды (archenteric canal), ал амниотикалык баштыкчаны өт баштыкча менен бириктирип турат. – Архэнтерикалык (archenteric).

**АСИНКЛИТИЗМ (asynclitism), асинклитизм** – төрөт убагында баланын башы капталына кайрылбай калган учуру.

**АТЛАНТ (atlas), атлант** – биринчи моюн омурткасы, анын жардамы менен баш сөөк омуртка менен бириктирилет.

**АТРЕЗИЯ (atresia), атрезия** – 1. Туулганда эле ооздун же арткы тешиктин бүтөлүп түшүшү. Кээ бир оорулардан кийин кээ бир мүчөлөрдүн көлөмү кичирейип жокко эсе болуп калышы. 2. Дегенеративдик өзгөрүүлөр көпчүлүк учурда энелик тукум безинин фолликулдарында пайда болот. Адатта ар бир менструалдык циклдин мезгилинде бир эле граафов кобүкчөсүнүн (фолликулунун) овуляциясы болот. – Атретикалык (atretic).

**АУТОКРИННЫЙ (autocrine), аутокринндик** – клеткалар менен белгилүү бир заттарды бөлүп чыгаруу процесси үчүн колдонулуучу сөз.

**АЦИНУС (acinus, көпч. acinni), ацинус** – 1. Чоң эмес баштыкча же көңдөйчө, ал бездердин секретордук клеткалары менен курчалган. 2. Өпкөдө - өпкөнүн функционалдык бирдигинин-бир аяккы бронхиоланын бутактанган системасы. – Ацинустук (acinous).

## Б

**БАЗИОН (basion), базион** – кежиге чоң тешигинин алдыңкы жээк ортосундагы чекит (баш сөөктүн негизинде).

**БЕДРЕННЫЙ (femoral), сандык** – санга же кашка жиликке тийиштүү.

**БЕДРО (hip), сан** – буттагы аяктын проксималдык сегменти.

**БИПОЛЯРНЫЙ (bipolar), биполярдык** – (анатомияда) клетка денесинен эки жакка багытталган нейрон (нерв клеткасын) өсүндүлөрүн сүрөттөө үчүн колдонулат.

**БИФУРКАЦИЯ (bifurcation), бифуркация** – эки ача, экиге бөлүнүү деген маанидеги сөз. Дем алуучу коко экиге бөлүнгөн жерин же тамырлардын эки ача болуп бөлүнгөн жери.

**БИЦЕПС (biceps), бицепс** – эки ача эки баштуу булчуң; булчуңдардын эки жерден башталып, эки ача болушу.

**БЛАСТЕМА (blastema), бластема** – дифференцияланып, андан өзүнчө орган катары өсүп чыгуучу эмбриондук ткань.

**БЛИЗНЕЦЫ МОНОЗИГОТНЫЕ (monozygotic twins), монозиготтук эгиздер.** Караңыз: Окшош эгиздер.

**БЛИЗНЕЦЫ СИАМСКИЕ (Siamese twins), БЛИЗНЕЦЫ СОЕДИНЕННЫЕ (conjoined twins), сиам эгиздери, бириккен эгиздер** – дене түзүлүшү жагынан тубаса түрдө биригип калышкан монозиготалык эгиздер.

**БЛИЗНЕЦЫ СОЕДИНЕННЫЕ (conjoined twins), бириккен эгиздер.** Караңыз: Сиам эгиздери.

**БЛОК (trochlea), блок** – кайсы-бир анатомиялык структуранын бөлүгү, анын жардамы менен ал блоктун функциясын аткарат: мисалы, ийин сөөгүнүн блогундагы астынкы эпифиздин блогу же көздүн чанагындагы үстүнкү дисталдык бурчундагы блок ал маңдай сөөгүнүн тарамышына жана көздүн үстүнкү кыйыр булчуңуна өтөт. – Блоктук (trochlear).

**БОРОЗДА (sulcus,** көпч. **sulci), кобул** – 1. Баш мээнин үстүндөгү бир же бир нече чуңкурлар. Кобулдардын ортосунда мээ быткылдары жайгашкан. 2. Ооз көңдөйүнүн жумшак ткандарындагы чуңкурлар: мисалы, жаак менен альвеоланын.

**БРЫЖЕЕЧКА АППЕНДИКСА (mesoappendix), сокур ичегинин чычыркайы** – мөөндүн туюк учунун чычыркайы.

**БРЫЖЕЙКА (mesentery), чычыркай** – ич көңдөй челинин дупликатурасы, ал ашказанды, ичке ичегини, жээк сымал ичегинин бир бөлүгүн жана башшка бир катар ич көңдөйүндө жайгашкан органдарды ичтин арткы капталына бириктирет. Чычыркайда кан жана лимфа тамырлары өтөт, ошондой эле ич көңдөйүндөгү органдарды иннервацияланган нервдер өтөт. – Чычыркайлык, Мезентериалдык (mesenteric).

**БРЮШИНА (peritoneum), ич көңдөй чели** – сероздук чел, ал ич челин каптап турат. Париеталдык ич чели (parietal peritoneum) түздөн-түз ич көңдөй челинин капталдарын каптайт, висцералдык ич чели (visceral peritoneum) болсо ич көңдөйүндө жайгашкан ички органдарды каптайт. Кошумча караңыз: Чычыркай, Ич май. – Перитонеалдык (peritoneal).

**БУБОН (bubo), бубон** – алдынан сезгенүүдө жана чума оорусунда жана лейшманиоздо такымдагы бездердин чоңоюп кетиши.

**БУГОР (tuber), дөмпөйүү** – (анатомияда) чоңоюп кеткен же дөмпөүп калган жер.

**БУГОРКОВЫЙ (tubercular), дөмпөйүүчү** – чоң эмес тоголок формадагы дөмпөйүүлөр же түйүндөр.

**БУГОРОК (tubercle), дөңчө** – 1. Анатомияда – чоң эмес сөөк үстүндөгү тоголок дөмпөкчө. 2. Кургак учук жабыркаган мезгилде атайын түйүндүү жабыркоо.

**БУГОРОК ЯЙЦЕНОСНЫЙ (cumulus oophoricus), жумуртка алып жүрүүчү дөңчө** – фолликулярдык клеткалар менен пайда болгон структура, ал жумуртка клетканы курчап турат.

**БУГРИСТОСТЬ (tuberosity), дөмпөйүүчүлүк** – сөөктүн үстүндөгү түз эмес бүдүр (мисалы, чоң балтыр сөөктүн дөмпөйүшү).

**БУЛЬБАРНЫЙ (bulbar), бульбардык** – 1. Сүйрү мээге таасир этүүчү же ага тиешеси бар. 2. Пияз сымал. 3. Көз алмасына тиешеси бар.

## В

**«В ЖИВОМ» (организме) (in vivo), «тирүү» (организмде)** – (*латынча*) бул термин тирүү организмдердин ичинде болуучу биологиялык процесстерди сүрөттөө үчүн колдонулат.

**ВАКУОЛЬ (vacuole), вакуоль** – цитоплазмада чоң эмес көңдөйчө, мембрана менен чектелген, анын ичинде клетка менен сиңирилген заттар жайгашкан. Лейкоциттер бактерияларды жана башка бөтөн бөлүкчөлөрдү фагоциттерлесе, алардын цитомплазмасында вакуолдор пайда болушат.

**ВАЛИК МОЗОЛИСТОГО ТЕЛА (splenium), сөөлдүү денеченин оромосу** – сөөлдүү денеченин тоголок дөмпөйүү, таламустун алдында, шишик сымал дененин жана ортонку мээнин алдында чыгат.

**ВЕКО (eyelid), көз кабагы** – көздү жумганда көз чанагын үстүнөн жана астынан жаап, коргоп туруучу калканча. Анатомиялык аталышы: Көз кабагы (blepharon, palpebra).

**ВЕНА (vein), вена, көк кан тамыры** – жүрөктү кан менен камсыз кыла турган тамыр. Өпкө кан тамырларынан башкаларынын баарысы, ткань жана органдар аркылуу кычкылтек менен камсыз болушкан кан массасын, жүрөк кан тамырларына ташышат. Анатомиялык аталышы: Вена (vena). – Веналык (venous).

**ВЕНА БЕЗЫМЯННАЯ (innominate vein), ВЕНА ПЛЕЧЕГОЛОВНАЯ (brachiocephalic vein), аты жок вена, ийин баш венасы** – эки венанын бири, моюндун эки жагынан өтүүчү; жыйынтыгында сырткы моюнтурук венасы менен акырек алдындагы вена менен кошулушунан пайда болот.

**ВЕНА ВОРОТНАЯ (portal vein), капка венасы** – кыска (узундугу 8 см) болгон вена, ал боордун порталдык системасынын жарымын түзөт.

**ВЕНА ЛЕГОЧНАЯ (pulmonary vein), өпкө тамыры** – төрт тамырдын бири, ал аркылуу кычкылтек менен байытылган кан жүрөктүн алдыңкы сол бөлүгүнөн агат. Караңыз: Кичине кан айлануу.

**ВЕНА НЕПАРНАЯ (azygos vein), жупуну эмес вена** – көкүрөк көңдөйүндөгү оң бел венасынын уландысы болуп саналат. Ал жогорку көңдөй венага түшөт; көкүрөк клеткадан жана курсак күңдөйүнөн канды чогултуп алат.

**ВЕНА НОГИ ПОДКОЖНАЯ (saphenous vein, saphena), тери алдындагы бут тамыры** – буттун бирден бир тери алдындагы тамыры, тамандан канды алып барат. Буттун эң чоң тери алдындагы тамыры (long saphenous vein), денеде эң узун тамыры болуп эсептелет. Буттун кичи тери алдындагы тамыры (short saphenous vein) балтырдын арткы бети менен өйдө өтөт жана тизе алдындагы тамыр менен тизе алдындагы чуңкурчада кошулат.

**ВЕНА ПЕЧЕНОЧНАЯ (hepatic vein), боор тамыры** – эң кыска тамырлардын бири, боордун ички бөлүгүнөн өтүүчү, андан кийин кошулуп 2–3 чоң жана бир нече майда боор тамырына айланып, төмөнкү көңдөй тамырына куюлат.

**ВЕНА ПОЛАЯ (vena cava), көңдөй венасы** – эки венанын бири, башка веналардан кан чогултуп жана аны оң жүрөк алдына алып келет. Астынкы көңдөй венасы (inferior vena cava) оң жана сол жалпы капчыт веналардын кошулушунун жыйынтыгында пайда болот; ал канды дененин бүт бөлүктөрүнөн алат, алар диафрагмадан ылдый жайгашкан. Үстүнкү көңдөй венасы (superior vena cava) эки аты жок веналардын кошулушунун жыйынтыгында пайда болот, ал канды баштын, моюндун, көкүрөктүн жана колдун структураларынан чогултат.

**ВЕНА РУКИ МЕДИАЛЬНАЯ ПОДКОЖНАЯ (basilic vein), тери астындагы колдун медиалдык венасы** – колдун чоң венасы, чеңгелден ийин астынан арткы жакка өтүп, андан колдун үстүнөн чыканакка андан ийин веналарына кирет.

**ВЕНА ЯРЕМНАЯ (jugular vein), моюнтурук тамыры** – моюн капталы аркылуу уйку артериясын бойлой өтүүчү өтө жоон, кош тамыр. Булар ички жана сырткы болуп экиге бөлүнөт. Ички моюнтурук тамыр (internal jugular) канды баш жана моюндан чогултса, сырткы моюнтурук тамыр (external jugular) канды бет-жаак, баш-сөөк жана моюн бөлүгүнөн чогултат. Алдынкы моюнтурук тамыр (anterior jugular), моюндун алдынан өйдө жана ылдый өтөт.

**ВЕНТРАЛЬНЫЙ, БРЮШНОЙ (ventral), вентралдуу, көңдөйлүү** – дененин алдыңкы бети, бет маңдай жагы.

**ВЕНУЛА (venule), венула** – капилярдык желекчелердин уландысы болуп саналышкан майда кан тамырлар. Көптөгөн венулар бири-бири менен өз ара байланышып отуруп, кан тамырды түзүшөт.

**ВЕНЫ ВАРИКОЗНЫЕ (varicose veins, varices), варикоздук кан тамырлар** – ар дайым көөп, тартылып жана ийри-буйру болуп турган кан тамырлар. Көпчүлүк учурларда бут терисинин алдыңкы катмары жабыркайт. Варикоздук кеңейүү кызыл өңгөч жана жумуртка (варикоцеле) тамырларында да кездешет. Жакынкы мезгилдерде кан тамырлардын варикоздук кеңейүүсү тукум куучулукка байланыштуу да келип чыгары аныкталган. Медициналык аталышы: Варикоздук кан тамырлар (varices).

**ВЕНЫ КАРДИАЛЬНЫЕ (cardinal veins), кардиалдык тамырлар** – эки жупуну эмбриондогу тамырлар, алар аркылуу кан дененин алдыңкы бөлүгүнөн (алдынкы кардиалдык тамырлар (anterior cardinal veins)), дененин арты бөлүгүнө (арткы кардиалдык тамырлар (posterior cardinal veins)) аркылуу өтөт. Ар бир жактагы тамырлар тиешелүү (жалпы кардиналдык тамырга (common cardinal vein) кошулулат да жүрөктүн тамырдык синусуна кошулуп агат.

**ВЕНЫ ОБЩИЕ ПОДВЗДОШНЫЕ (iliac veins), жалпы капчыт веналар** – веналар, алар канды буттан жамбаш аймагына чейин өткөрөт. Оң жана сол капчыт веналар (common iliac viens) кошулуп, ылдыйкы капчыт венасын түзөт.

**ВЕНЫ ЭМИССАРНЫЕ (emissary veins), эмиссардык тамырлар** – баштын тышкы тамыры менен мээнин катуу челинин тамырдык синустарынын аралыгындагы тамырдык аностомоздор.

**ВЕРЕТЕНО НЕРВНОМЫШЕЧНОЕ (muscle spindle), нервбулчуңдуу ийиги** – атайын чоюулуучу сезгенич рецепторлор. Бул рецепторлор булчуң кыймылдаткыч координациясында маанилүү рол ойнойт. Кошумча караңыз: Чоюлуу рецептору.

**ВЕРЕТЕНО СУХОЖИЛЬНОЕ, ВЕРЕТЕНО НЕРВНО-СУХОЖИЛЬНОЕ (tendon organ), ОРГАН ГОЛЬДЖИ СУХОЖИЛЬНЫЙ (Golgi tendon), тарамыштуу ийик, нерв – тарамыштуу ийиги, Гольджи тарамыштуу орган** – тарамыштын ичинде, булчуңдардын жанында жайгашуучу рецептор. Ал болсо тартылган тарамыштарды кабыл алып, борбордук нерв системасына тиешелүү импульстарды жөнөтүп турат.

**ВЕРТЕЛ (trochanter), шиш** – сан сөөк моюнчасыны астында орун алган өсүштүн бирөө.

**ВЕРХНИЙ, РАСПОЛОЖЕННЫЙ ВЫШЕ (superior), үстүнкү, үстүнкү жакта жайгашкан** – (анатомияда) адамдын денесинин үстүндө же кайсы-бир структурадан өйдө жайгашкан.

**ВЕРХУШКА (apex), чоку** – органдык чоку бөлүгү, мисалы жүрөктүн же өпкөнүн чокусу. – Чокулук (apical).

**ВЕРШИНА (culmen), чоку** – каракуш мээнин бир бөлүгү ал борбордук үлүш менен биринчи жылчыктын ортосунда жайгашкан.

**ВЕЩЕСТВО СЕРОЕ (grey matter), боз зат** – борбордук нерв системасында жайгашкан боз-кочкул ткань. Негизинен нейрон, нейрокил, ошондой эле бутакчаларга бөлүнгөн дендрит жана глиалдык клеткалардан турат (салыштыруу үчүн: Ак зат). Баш мээде боз зат мээ катмарын жана кара куш мээсинин сырткы катмарын жаратса, омурткада ал сыртынан ак зат менен капталып жүрөкчөнү түзөт.

**ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ (sympathy), өз ара аракет** – (физиологияда) өз ара таасир көрсөтүү, дененин ар кандай бөлүктөрдүн, органдардын же системанын бири-бирине таасир берүүсү.

**ВИБРИССА (vibrissa**, көпч. **vibrissae), вибрисса** – таңоо четтеринде өсүүчү катуу кыл.

**ВИСОК, ОБЛАСТЬ ВИСОЧНАЯ (temple), чыкый, чыкый бөлүгү** – баш сөөктүн кулак үстүнөн бир аз алдында жайгашкан аймагы.

**ВИСОЧНЫЙ (temporal), чыкыйлык** – ыкый аймагында жайгашкан же ага тиешелүү.

**ВИСЦЕРАЛЬНЫЙ, ВНУТРЕННОСТНЫЙ (splanchnic), висцералдык, ички** – ички органдарга тиешелүү, мисалы, висцералдык мезодерма. Салыштыруу үчүн: Соматикалык (аныкт. 2).

**ВКЛИНИВШИЙСЯ (intercalated), арасына кирген** – бул термин структураларды, ткандарды ж.б. сүрөттөөдө колдонулат, алар организмде кайсы-бир башка структуралардын арасында орун алышат.

**ВЛАГАЛИЩЕ (vagina), кын** – аялдардын кичи жамбаш сөөгүндө жайгашып, жатындан тартып жыныстык көндөйчөгө чейин созулуучу эки башка көндөй түтүкчө. – Кындуу (vaginal).

**ВНУТРИМЫШЕЧНЫЙ (intramuscular), булчуң ичине тиешелүү** – булчуңдун ичинде жайгашкан. Мисалы, булчуң ичине инъекция (intramuscular injection) кылуу учурунда дары каражаты сөзсүз түрдө бейтаптын булчуң эт катмарына куюлат.

**ВНУТРИЧЕРЕПНОЙ (intracranial), баш сөөктүн ичинде** – баш сөөктүн ичинде жайгашкан.

**ВОДОПРОВОД (aqueduct), суу түтүкчөсү** – (анатомияда) сууну алып баруучу канал, түтүк. Мисалы, Ортоңку мээнин суу түтүкчөсү (aqueduct of the midbrain) (же церебралдык суу түтүкчөсү (cerebral aqueduct), Сильвий суу түтүкчөсү (aqueduct of Sylvius)), ал үчүнчү жана төртүнчү мээ карынчасын бириктирет.

**ВОДОПРОВОД ЦЕРЕБРАЛЬНЫЙ (cerebral aqueduct), ВОДОПРОВОД СИЛЬВИЕВ (aqueduct of Sylvius), церебралдык суу түтүкчөсү, Сильвий суу түтүкчөсү** – ичке канал, баш мээнин үчүнчү жана төртүнчү карынчасын бириктирүүчү канал, жана жүлүн суюктугун камтыйт.

**ВОЗВРАТНЫЙ (recurrent), кайтарылуучу** – (анатомияда) нерв жана кан тамырлар деген структураларды сүрөттөө үчүн колдонулат.

**ВОЗВЫШЕНИЕ (eminence), дөмпөйүү** – кайсы-бир органдын же ткандын тоголок дөмпөйүүсү. Мисалы, жамбаш сөөгүндөгү капчыттык – чаттык дөмпөйүү (iliopubic eminence).

**ВОЗВЫШЕНИЕ МИЗИНЦА (hypothenar), чыпалактын дөмпөйүшү** – бул термин чыпалактан проксималдураак алакандын медиалдык чыгып турган бөлүгүн сүрөттөө үчүн колдонулат. Салыштыруу үчүн: Чоң кол манжасынын дөмпөйүп чыгышы.

**ВОЗВЫШЕНИЕ, ВЫСТУП (mons), дөмпөйүү, чыгып туруу** – (анатомияда) тоголок дөмпөйүү. Чат (mons pubis), бул эки жамбаштын алдыңкы томпоюп кошулган жери.

**ВОЛОКНО (fibre), була** – 1. Анатомияда – жип сымал структура. Мисалы, нерв буласы же бириктиргич (коллагендик) була. 2. Диетологияда – караңыз: Клетчатка. – Фиброздук (fibrous).

**ВОЛОКНО НЕРВНОЕ (nerve fibre), нерв буласы** – нейрондун денесинен кетүүчү узун ичке өсүш, ал аркылуу нерв импульстары өтөт. Нерв булаларынын түйүндөрү биригип, перифириялык нервди түзөт.

**ВОЛОКНО НЕРВНОЕ МЯКОТНОЕ (medullated nerve fibre), ВОЛОКНО НЕРВНОЕ МИЕЛИНИЗИРОВАННОЕ (myelinated nerve fibre), чырмалган нерв буласы, миелинизацияланган нерв буласы** – миелин кабы бар нерв буласы, ал ичинде өтүүчү аксонду курчап жана бөлүп турат.

**ВОРОНКА (infundibulum), түтүк** – каалаган түтүк сымал канал, негизинен гипоталамустан гипофиздин арткы үлүшүнө ылдый өтүүчү бүтүн коникалык сабак.

**ВОРОТА (hilum,** көпч. **hila), дарбаза сымал көңдөйчө** – кайсы-бир органдын үстүндөгү көңдөй: мисалы, бөйрөк же көк боор, аларга кан тамырлар, нервдер жана өтүү жолдор кирет.

**«ВОРОТА» (porta), «дарбаза»** – кайсы-бир органдагы тешик, мисалы, боордо (боордун «дарбазасы» (porta hepatis)), ал аркылуу бул органды камсыз кылуучу кан тамырлар өтөт.

**ВОРОТНЫЙ (portal), капка** – 1. Капка венага же системага тиешеси бар. 2. «Дарбаза сымалдарга» тиешеси бар.

**ВОРСИНКА (villus,** көпч. **villi), түкчө** – ичке ичегинин былжырлуу челинин пластинкасындагы кыска бармак сымал көпчүлүк өсүштөрдүн бири, ал эпителий (intestinal villi) менен капталган.

**ВПАДИНА (socket), чуңкур** – (анатомияда) чуңкур же тешик, анын ичине кайсы-бир анатомиялык структура кирет (мисалы, тиш альвеоласы, ага тиштин дүмүрү кирет). Кошумча караңыз: Постэкстракционндук чуңкурча альвеолити.

**ВПАДИНА ВЕРТЛУЖНАЯ (acetabulum, cotyloid cavity), жамбаш сөөк чөйчөгү, чуңкуру** – жамбаш сөөгүнүн сырткы бетиндеги чөйчөк сымал бастырылган жери, ал сан сөөгүнүн башын жана жамбаш – сан муунун түзөт.

**ВПАДИНА ЛОПАТКИ СУСТАВНАЯ (glenoid cavity), ВПАДИНА СУСТАВНАЯ (glenoid fossa), далынын муун чуңкуру, муун чуңкуру** – өзүнүн сырткы көрүнүшү менен алмурутту элестетүүчү чуңкурча, ал далынын латералдык бурчунда жайгашкан, анын ичине ийин сөөгүнүн башы кирет.

**ВПУСК, ВХОЖДЕНИЕ (intromission), салуу, киргизүү** – бир органды же кайсы-бир органдын бөлүгүн башка органга киргизүү же салуу.

**ВРАЩАТЕЛЬ, РОТАТОР (rotator), айланткыч булчуң, ротатор** – дененин кайсы-бир сегментин же бутун айлантууну камсыз кылган булчуң.

**ВУЛЬВА (vulva), вульва** – аялдардын жыныстык мүчөсүнүн сырткы бөлүгү, курамына чат, чоң жыныс эриндери (labia majora) жана кичине жыныс эриндери (labia minora), кындын кирeбериш аймагы жана клитор кирет. Кошумча караңыз: Кындын кирeбериш бездери.

**ВХОД (aditus), кирген жер** – анатомиялык тешикче же өтүү жолдор: мисалы, кулак жаргакчасындагы көңдөйчөдөгү тешикче (ортонку кулакта)

**ВХОД (inlet), кирген жер** – кайсы-бир көңдөйгө алып баруучу тешикче, мисалы, жамбаш көңдөйүнө.

**ВЫЕМКА (vallecula), чуңкур** – кайсы-бир органда же дененин кайсы-бир бөлүгүндөгү көңдөйчө. Мисалы эки жарым шарды ажыратып туруучу, каракуш мээнин астынкы бетиндеги чуңкурча.

**ВЫНОСЯЩИЙ (deferent), алып чыгуучу** – 1. Бир нерсени бир жерден алып чыгаруучу. 2. Урук түтүгүнөн чыгарууга тиешелүү колдонулуучу сөз.

**ВЫРЕЗКА (incisure), кесинди** – (анатомияда) оюк, чоң эмес көңдөй же чуңкур.

**ВЫРЕЗКА (notch), кесинди** – (анатомияда) чуңкурча, өзгөчө сөөктө.

**ВЫСТУП (prominence), уркуюп чыгуу** – (анатомияда) кайсы-бир структуранын үстүндөгү уркуюп чыгуу (мисалы, сөөктүн уркуюп чыгышы).

**ВЫСТУП, ВОЗВЫШЕНИЕ (protuberance), уркуюу, дөмпөйүү** – (анатомияда) тоголок болуп чыгып турган бөлүк: мисалы, ээктин уркуюп чыгып турган бөлүгү (ээк астындагы уркуюуу (mental protuberance)).

**ВЫЯ (nucha), желке** – моюндун арткы бөлүгү. – Желкелик (nuchal).

## Г

**ГАНГЛИЙ, УЗЕЛ (ganglion, көпч. ganglia) ганглий, түйүн** – 1. Каалаган структура (неврологияда, анатомияда), алар нерв клеткаларынын денечелеринин топтолушун түзөт, ошондой эле бир катар синапстардын топтолушун түзөт. 2. Аномалдык зыяны жок шишип кетүү (киста – калталанган шишик), ал кээде тарамыштын челинде, өзгөчө бейбелчек жерде пайда болот.

**ГВОЗДЬ КЮНЧЕРА (Kuntscher nail), Кюнчер мыгы** – металлдан жасалган өзөк, ал сан сөөгүнүн ортонку бөлүгүнө туурасынан сынган сөөктүн фиксациясы үчүн коюлат.

**ГЕМАНГИОМА ПЕЩЕРИСТАЯ (port-wine stain), НЕВУС «КЛУБНИЧНЫЙ» (strawberry naevus), көңдөйлүү гемангиома, «кулпунайлык» невус.** Караңыз: Невус.

**ГЕНИОН (genion), генион** – (краниометрияда) ээкте чыгып туруучу чекит.

**ГЕТЕРОГАМЕТНЫЙ (heterogametic), гетерогаметтик** – бул термин организмди сүрөттөө үчүн колдонулат, ал эки бөлөк гаметаларды туудурат, алар ар кандай жыныстык хромосомаларды алып жүрөт, ошентип келечектеги баланын жынысын билсе болот. Салыштыруу үчүн: Гомогаметалык.

**ГИПОГАСТРИЙ, ПОДЧРЕВЬЕ, ОБЛАСТЬ ГИПОГАСТРАЛЬНАЯ (hypogastrium), гипогастрий, курсак алды, гипогастралдык аймак** – төштүн сүбөсүнүн алды, ашказандын тушу. – Гипогастралдык, Курсак алдындагы (hypogastric).

**ГИПОТАЛАМУС** (**hypothalamus**), **гипоталамус** – мээнин алдыңкы структурасы, үчүнчү карынчанын негизги бөлүгүндө жайгашкан (караңыз: Баш мээ). Гипоталамустун тутумуна 30 ядродон ашыгы кирет, алар дененин температурасына, суусагандыка, табитке, суу балансына жана организмдеги жыныс функциясына көзөмөл жүргүзөт. – Гипоталамустук (hypothalamic).

**ГИПОФАРИНКС** (**hypopharynx**), **гипофаринкс.** Караңыз: Ларингофаринкс.

**ГИППОКАМП** (**hippocampus**), **гиппокамп** – чоң эмес дөмпөйүү, ал баш мээнин капталындагы карынчанын астынкы мүйүзчөсүндөгү медиалдык дубалын пайда кылат. Гиппокамп челден пайда болгон; лимбалык системанын калыптанышында катышат. – Гиппокамптык (hippocampal).

**ГИПСАРИТМИЯ** (**hypsarrhythmia**), **гипсаритмия** – баш мээнин аномалдуу, баш аламан активдүүлүгү, калчылдап ооруган балдардын энцефалографиясында байкалат.

**ГЛАБЕЛЛА** (**glabella**), **глабелла** – эки каштын ортосундагы жүнү жок жери.

**ГЛАЗНИЦА** (**orbit**), **көз чанагы** – көз чечекейи жана ага жардам берүүчү органдар жайгаша турган баш сөөктөгү кош көңдөй. – Көз чаралык (orbital).

**ГЛЕНОГУМЕРАЛЬНЫЙ** (**glenohumeral**), **гленогумералдык** – муун чуңкуруна жана ийин сөөгүнө тиешелүү: ийин муунунун аймагы.

**ГЛОТАНИЕ** (**swallowing, deglutition**), **жутуу** – тамак, ооз көңдөйүнөн кызыл өңгөчкө өтүүдөгү рефлектордук акт.

**ГЛОТКА** (**pharynx**), **кулкун** – түтүкчө сымал канал, ал былжырлуу чел менен капталган. Кулкун, кокодо үн пайда кылуучу атайын резонатор катары функцияланат. – Фарингеалдык (pharyngeal).

**ГНАТИОН** (**gnathion**), **гнатион** – медиалдык сызык боюнча ылдыйкы жаактагы эң ылдыйкы чекит.

**ГОЛОВА** (**head**), **баш** – дененин мээ, көрүү, угуу, жыт жана даам сезүү органдары, тамак эритүүчү жана дем алуу жолдорунун башталышы жайгашып, жумшак ткань менен капталган баш сөөктөн турчу бөлүгү.

**ГОЛОВКА** (**capitellum, capitulum**), **баш** – башка сөөк менен тийишүүчү сөөктүн чоң эмес тоголок башы.

**ГОЛОВКА** (**glans**), **ГОЛОВКА ПОЛОВОГО ЧЛЕНА** (**glans penis**), **баш, жыныс мүчөнүн башы** – эркектин жыныс мүчөсүнүн эмен жыгачтын уругун элестетүүчү аяккы бөлүгү, ал анын эрин сымал дененин (эректалдык ткань менен) жоонойгон учу менен пайда болот.

**ГОЛОВКА** (**head**), **баш** – сөөктүн тоголок бөлүгү, ал башка сөөктүн чуңкуруна кирет, муунду пайда кылат; мисалы, сан сөөгүнүн башы же ийин сөөгүнүн башы.

**ГОМЕОСТАЗ** (**homeostasis**), **гомеостаз** – организмде ички чөйрөдөгү туруктуулукту колдоп туруучу физиологиялык процесс, мында органимдин ар кандай параметрлери (мисалы, кан басымы, дененин температурасы) бир салмактуулукта колдоодо турат, тышкы чөйрөдөгү жагдайлардын өзгөрүшүнө карабастан. – Гомеостатикалык (homeostatic).

**ГОМОЛОГИЧНЫЙ** (**homologous**), **гомологиялык** – 1. Анатомияда – бул термин кайсы-бир органдардын же дене бөлүктөрдү сүрөттө үчүн колдонулат, алар принципиалдык окшош структурада болушат жана түйүлдүктүк окшош өрчүшөт, бирок түрдүү функцияларды аткарышат же ар кандай тышкы түзүлүштө болушат. 2. Генетикада – бул термин хромосомалардын жуптарын сүрөттөө үчүн колдонулат, алар бирдей формада бирдей өлчөмдө болушат, ошондой эле аларда гендердин окшош локализациясы болот. Бул жуптун бир өкүлү энеден тукум кууйт, экинчиси атадан тукум кууйт.

**ГОМУНКУЛ** (**homunculus**), **гомункул** – 1. Окуу фантому – адамдын кыскартылган копиясы, анда кайсы-бир аномалиялар же деформациялар жок болот. 2. Окуу фантому –

чоң эмес адамдын модели. 3. Алгачкы биологиялык теорияда – кичине адам, мурдагы көз караштарга таянганда ал ар бир репродуктивдүү клетканын ичинде бар болот.

**ГОНАДА, ЖЕЛЕЗА ПОЛОВАЯ (gonad), гонада, жыныс бези** – эркектердин же аялдардын жыныс органы, аларда гаметалар (жыныс клеткалар) пайда болот. Караңыз: Энелик тукум без, Урук бези.

**ГОРТАНЬ (larynx), кекиртек** – үн пайда кылуучу орган; андан тышкары кекиртек аркылуу адам дем алган аба мурун көңдөйүнөн трахеяга өтөт. Кекиртек моюндун алдынкы бөлүгүндө трахеянын алдында жайгашкан. Анын негизин тогуз кемирчек түзөт. – Ларингеалдык (laryngeal).

**ГРАНУЛЯЦИЯ АРАХНОИДАЛЬНАЯ (arachnoid villus), арахноидалдык грануляция** – өсүштүн желе сымал кабынын өсүшү, мээ кабынын катуу синусунун жарыгана таралып, жүлүн ичиндеги суюктук үчүн бир тараптуу клапан катары кызмат аткарат.

**ГРЕБЕНЬ (crest), тарак сымал** – сөөктө тарак сымал сымалдуу уркуйган жер. Мисалы, кичи балтыр сөөгүнүн же капчыт сөөгүнүн кыры.

**ГРЕБЕНЬ (jugum), кыр** – (анатомияда) кыр же кобул, ал сөөктүн эки бөлүгүн бириктирип турат.

**ГРЕБЕНЬ (ridge), кырка** – 1. Анатомияда – кырка же ичке жана узун дөмпөйүү, мисалы, сөктүн үстүндөгү дөмпөйүү. 2. Тиш – жаак анатомияда. Караңыз: Альвеола.

**ГРЕБЕШОК НЕРВНЫЙ (neural crest), нервдик кырча** – эки өсүш, ал нерв оромосунун алдында өрчүйт.

**ГРУДИНА (sternum,** көпч. **sterna, breastbone), төш** – төш клеткасындагы скелеттин алдыңкы бөлүгүн пайда кылуучу, узундугу 15–20 см болгон жалпак сөөк. – Стерналдык, Төштүк (sternal).

**ГРУДЬ (breast), эмчек** – 1. Аялдардын сүт бези. Кошумча караңыз: Лактация. Анатомиялык аталышы: mamma. 2. Төш клеткасынын алдыңкы бөлүгү.

**ГРУДЬ (pectus), төш** – төш клеткасы.

**ГУБА (labium,** көпч. **labi), эрин** – 1. Өзүнүн сырткы көрүнүшү менен эринди элестетүүчү пайда болуу, өзгөчө эки тери катмарынын бири, алар вульваны курчап турат. Бул жуптун сырткы катмары чоң жыныстык эрин деп аталат, кичирээги ички жубу – кичине жыныстык эриндер деп аталат. 2. (Labrum, көпч. labra) – эрин же эринге окшош пайда болуу (мисалы, жамбаш сөөк чөйчөгүнүн жээги, кыры).

## Д

**ДЕПРЕССОР (depressor), депрессор** – 1. Дененин кайсы-бир бөлүгүн ылдый түшүрө турган булчуң (мисалы, алдыңкы эринди ылдый түшүрүчү булчуң (depressor labii inferioris)). 2. Организмдеги кан басымын түшүрүүчү нерв.

**ДЕРЕВО БРОНХИАЛЬНОЕ (bronchial tree), бронхиалдык даракча** – бронхтор системасы, ал аркылуу аба трахеядан өпкөгө өтөт.

**ДИАФРАГМА (diaphragm), диафрагма** – 1. (Анатомияда) – ичке булчуң-тарамыштуу тосмо. Көкүрөктүн көңдөйү менен ичти экиге бөлүп турган ич жана көкүрөк көңдөйүнүн пардасы. 2. Жарым сфералык резина капкакча – контрацепциялык каражат.

**ДИПЛЕГИЯ (diplegia), диплегия** – дененин эки бөлүгүн тең жабыркатуучу шал оорусу; колго караганда бутту көбүрөөк жабыркатат. Церебралдуу диплегия (cerebral diplegia) буттардын кыймылын көзөмөлдөөчү мээ клеткаларынын жабыркашына алып келе турган церебралдык параличтин бир түрү болуп саналат. – Диплегдүү (diplegic).

**ДИПЛОЭ (diploe), диплоэ** – сөөктүн ортонку катмары, кемиги.

**ДИПРОЗОП (diprosopus), дипрозоп** – түйүлдүктөгү майыптык: жатындагы эгиздердин биригип калуусу.

**ДИСГЕНЕЗИЯ (dysgenesis), дисгенезия** – толук өнүкпөй калуу, өспөй калуу: мисалы, жыныстык бездердин дисгенезиясы (gonadal dysgenesis) урук жана урук бездеринин өрчөбөй калуусун түшүндүрөт (караңыз: Тернер синдрому).

**ДИСК (disc), диск** – (анатомияда) тоголок жалпак структура: мисалы омурткалар аралык диск же көрүү нервинин диски.

**ДИСК МЕЖПОЗВОНОЧНЫЙ (intervertebral disc), омурткалар аралык диски** – булалуу кемирчектин ийилгич пластинасы, ал эки жакынкы омуртканы бириктирип турат. Кошумча караңыз: Пролабацияланган омуртка аралык диск.

**ДИСК ЭМБРИОНАЛЬНЫЙ (embryonic disc), түйүлдүктүк диск** – сомиттердин пайда болушуна чейин алгачкы өрчүү стадиясындагы түйүлдүк. Түйүлдүктүк диск өзүнүн сырткы көрүнүшү менен жалпак дискти элестетет, ал амниотикалык көңдөй менен дорсалдуу байланышат жана өт баштыкчасы менен – вентралдык байланышкан.

**ДИСТАЛЬНЫЙ (distal), дисталдуу** – борбордон алыс, дененин ортосунан оолак орун алган организмдеги өзгөрүүлөр. Мисалы, бул термин көпчүлүк убакта кан тамырларга карата колдонулат, алар жүрөктөн жана нервден алыс, борбордук нерв системасынан алыс жайгашкан. Салыштыруу үчүн: Проксималдык. 2. Стоматологияда – тиштерди сүрөттөөдө колдонулат, алар жаактын ортосунан алыс жайгашат.

**ДНО (fundus), түп, түпкүр** – 1. Көңдөйлүү органдын негизи: ооздун алыскы бөлүк; мисалы карындын, табарсыктын, жатындын түбү. 2. Көздүн түпкүрү – каректин каршысындагы көз чанагынын ички бети.

**ДНО ГЛАЗНОЕ (fundus oculi), көздүн түбү** – көз торчосунун ички капталы, офтальмоскопто изилденген.

**ДОЛИХОЦЕФАЛИЯ (dolichocephaly), долихоцефалия** – башы сүйрү, соку баш адам. – Долихоцефалкалык (dolichocephalic).

**ДОЛЯ ВИСОЧНАЯ (temporal lobe), мээнин чыкый үлүшү** – мээнин жарым шарынын ар бир негизги бөлүгү, ал жарым шардын астынкы каптал бөлүгүн ээлейт; маңдай менен чыкый үлүшүнөн латералдык кобулдары (lateral sulcus) менен бөлүнгөн.

**ДОЛЯ ГОЛОВНОГО МОЗГА ОСТРОВКОВАЯ (insula), мээнин аралча үлүшү** – чоң мээнин жарым шар үлүшү, капталдарында терең латералдык кобулдар жана мээ быткылдар орун алган.

**ДОЛЯ КВАДРАТНАЯ (quadrate lobe), төрт бурчтуу үлүш** – боордун бир үлүшү, ал өттүн жана тоголок байламта менен боордун дарбазасынын ортосунда жайгашкан.

**ДОЛЯ ЛОБНАЯ (frontal lobe), мээнин маңдай үлүшү** – чоң мээнин (караңыз: Чоң мээ) ар бир жарым шарынын алдыңкы бөлүгү, ал астынан латералдык кобулдар менен жана артынан борбордук кобулдар менен чектелген.

**ДОЛЯ ТЕМЕННАЯ (parietal lobe), мээнин төбө үлүшү** – чоң мээнин (караңыз: Чоң мээ) ар бир жарым шарынын бир үлүшү, ал борбордук кобулдун артында, чыкый үлүштүн астында жана жэлке үлүштүн алдында жайгашкан.

**ДОРСАЛЬНЫЙ, ЗАДНИЙ (dorsal), дорсалдуу, арткы** – адамдын жону, арка жагы.

**ДОРСОВЕНТРАЛЬНЫЙ (dorsoventral), дорсовентралдуу** – (анатомияда) организмдеги бардык өзгөрүүлөрүнүн жон жактан курсак жагына оошу.

**ДУГА (arcus), дого** – (анатомияда) Мисалы, аортанын догосу (arcus aortae, aortic arch).

**ДУГА АОРТЫ (aortic arch), аортанын догосу** – аортанын бөлүгү, ал чыгуучу жана басаңдоочу аортанын ортосунда жайгашкан.

**ДУГА ВИСЦЕРАЛЬНАЯ (visceral arch), висцералдык иймек.** Караңыз: Бакалоордуу иймек.

**ДУГА ЖАБЕРНАЯ (pharyngeal arch, branchial arch), ДУГА ВИСЦЕРАЛЬНАЯ (visceral arch), бакалоордуу иймеги, висцералдык иймек** – иймек сымал кемирчектүү

жуп пластинка, ал түйүлдүктүн алгачкы стадиядагы арканын кылынын алдынкы жагында-гы эки жакта орун алган, ал болсо балыктын бакалоор догосу менен шайкеш келет.

**ДУГА ПОДОШВЕННАЯ (plantar arch), таман иймеги** – артериалдык таман иймеги, ал латералдык таман артериясы менен жана аностомоздоочу артерия менен пайда болгон.

**ДУГА ПОЗВОНКА (neural arch), омуртка иймеги.** – Караңыз: Омуртка.

**ДУГА СКУЛОВАЯ (zygomatic arch), СКУЛА (zygoma), чыкчыт иймеги, чыкчыт** – беттин эки жагынан өтүүчү, көздөн ылдый жактагы горизонталдык сөөк иймеги, ал бири бири менен чыкый өсүш менен жана чыкый сөөк менен биригет. Караңыз: Баш сөөк.

**ДУГА СТАРЧЕСКАЯ (arcus senilis), карылык иймек** – көздүн тунук челинин периферриясында боз сызык, тунук челинин периферриясындагы шакек сымал тунуксуздук, башка аймактардан бөлүнүп чыккан жер.

**ДУЖКА (pillar), иймекче** – (анатомияда) узартылган структура, кайсы-бир ткандарды камсыздоону аткарат. Мисалы, таңдай иймекчеси (pillars of the fauces) өзүнүн сырткы көрүнүшү менен тешиктин эки жагындагы былжырлуу челдин катмарын элестетет.

## Ж

**ЖЕЛЕЗÁ (gland), без** – эпителиалдуу клеткалар тарабынан пайда болуу менен организм керектей турчу белгилүү бир татаал бирикмелүү каражаттарды бөлүп чыгаруучу же организмден чыгарылып салына турчу темирлүү орган. Бездер төмөндөгүдөй негизги эки топтон турат: түтүк аркылуу бөлүнүп чыгуучу секреция иштелмелеринин жыйынтыгы болгон – экзокриндик жана эндокриндик бездер. Булар түздөн түз кан агымына барып кошулат. Кошумча караңыз: Секреция.

**ЖЕЛЕЗА СЛЮННАЯ (salivary gland), шилекей бези** – шилекей бөлүп чыгаруучу без. Шилекей бөлүп чыгаруу вегетативдүү нерв системасынын симпатикалык жана парасимпатикалык бөлүктөрүнүн көзөмөлү алдында болот жана ал рефлектордук мүнөздө өтөт. Мындай рефлектордук иш-аракет даам татуу, жыт сезүү таасирлери аркасында, тамакты көрүү же ал жөнүндө ойлоонун негизинде келип чыгат.

**ЖЕЛЕЗА ЭКЗОКРИННАЯ (exocrine gland), экзокринндик без** – без, анын секрециялары атайын түтүк аркылуу чыгарылып, эпителийдин алдына чыгарылат. Бул бездерге май жана тери бездери кирет. Кошумча караңыз: Секреция.

**ЖЕЛЕЗЫ МЕЙБОМИЕВЫ (meibomian glands), ЖЕЛЕЗЫ ТАРЗАЛЬНЫЕ (tarsal glands), мейбом бездери, тарзалдык бездер** – чоң эмес май бездер, алар көз жапкагынын ичиндеги кемирчегинде орун алган.

**ЖЕЛЕЗЫ ПАРАЩИТОВИДНЫЕ (parathyroid glands), эки жуп калкан бездер** – эки жуп сары-күрөң эндокринндик бездер, алар кемирчек безинин артында, кээде ичинде орун алышкан.

**ЖЕЛЕЗЫ ЩЕЧНЫЕ (buccal glands), бет бездери** – чоң эмес бездер, алар беттин былжырлуу челинде орун алышкан. Алардын секрети шилекей менен кошулуп бөлүнүп чыгат.

**ЖЕЛУДОК (stomach), ашказан** – сырткы көрүнүшү боюнча ретортага окшош чоюлчаак орган. Бир жагынан ал кызыл өңгөч, ал эми экинчи жагынан он эки эли ичеги менен туташкан. Ашказанга келип түшкөн тамак аш андагы суюктуктун жардамы менен аз-аздан сиңип жок болуп турат. Карындын былжырлуу катмарында жайгашкан карын бездери тарабынан бөлүнүп чыккан суюктук курамында туз кислотасы жана пепсин ферменти учурайт. Карынга келип түшкөн тамак ашты иштетүү боюнча аталган эки заттын ойногон ролу абдан чоң. Карын сол кабырга өрөөнүндө түздөн-түз диафрагма алдынан орун алган.

**ЖЕЛУДОЧЕК (ventricle), карынча** – жүрөктүн кандын жүрүшүн жөнгө салуучу бөлүгү. 1. Жоон, булчуңдуу беттен турган жүрөктүн ылдыйкы эки камерасынын бири. Оңуна караганда бети алда канча жоон сол карынчага кан өпкө тамырлары аркылуу келет да, андан соң колко тамырына шыкап толтурулат. Ал эми оң карынча канды, тескерисинче өпкө артериясына шыкап толтурат. 2. Жүлүн суусу менен толтурулган баш мээ көңдөйчөлөрүнүн бири. Мээ жарым шарында жайгашкан жуп каптал дүлөйчөлөр үчүнчү карынча менен дүлөйчөлөр арасындагы тешикче аркылуу байланышат. Булардын үчүнчүсү ромб түрүндөгү мээ көңдөйчөсү болгон төртүнчү карынча менен кууш канал аркылуу байланышат. – Карынчалык (ventricular).

**ЖИВОТ, БРЮШКО (belly), ич, ич көңдөйү** – 1. Ич, же ич көңдөйү. 2. Булчуңдун ортонку жоонойгон бөлүгү.

## З

**ЗАДВИЖКА (obex), тээк** – ромб сымал чуңкурчанын (төртүнчү мээ карынчасы) бурчундагы туурасынан кеткен таажы.

**ЗАДНЕБОКОВОЙ (posterolateral), арткы капталдагы** – бир нерсенин артында же каптал жакта орун алганы.

**ЗАДНИЙ (posterior), арткы** – дене же кайсы-бир органдын арт жагында жайгашкан дегенди билдирет.

**ЗАПЯСТЬЕ (carpus), бейбелчек** – бейбелчекти түзүүчү сегиз сөөк. Ал эки катар жайгашкан.

**ЗАПЯСТЬЕ (wrist), бейбелчек** – 1. Эки катар турган сегиз сөөк. Проксималдык катардагы сөөктөр билек сөөк менен кошулат жана билек – бейбелчек муунду пайда кылат. 2. Билек – бейбелчек муунунун баардык аймагы, ага бейбелчек жана астынкы чыканак менен билек сөөктөрдүн эпифизи кошулат.

**ЗОНА АССОЦИАТИВНАЯ (association area), ассоциативдик аймак** – мээнин кабык аймагы, ал борборлордон тышкары жайгашкан, белгилүү функциялардын аткаруусун жөнгө салат. Ассоциативдик аймак адамдын акыл-иш аракеттери үчүн жооптуу болот. Кошумча караңыз: Дененин схемасы.

**ЗУБ II (odontoid process) тиш II** – тиш сымал осүш, ал омуртка огунун үстүнкү бетинен чыгат. Караңыз: Моюн омурткалары.

## И

**ИЗВИЛИНА (gyrus,** көпч. **gyri), буткул** – эки жөөк ортосунан баш мээ кабына тиешелүү кыртышты көздөй чыгып туруучу буткул.

**ИЗВИЛИНА ГИППОКАМПА, ИЗВИЛИНА ПАРАГИППОКАМПАЛЬНАЯ (hippocampal formation), гиппокамптын буткулу, парагиппокампалдык буткул** – мээнин ийрейген буткулу, мээнин жарым шарларындагы медиалдык үстүртөктөрүндө орун алган: эволюциялык терминде мээнин эң жөнөкөй жерлери дегенди билдирет. Ал лимбалык системанын жарымын түзүп, жүрүм-турумдун физикалык аспектилерин түзүүдө катышат, бул көбүнчө эмоция жана инстинкттер менен байланышат.

**ИЗГИБ (flexure), ийрейүү** – кайсы-бир органдын же кайсы бир-органдын бөлүгүнүн ийрейүүсү, мисалы, боордук (hepatic) же жээк сымал ичегинин көк боордук ийрейүүсү (splenic flexure).

**ИЗГИБ ПЕЧЕНОЧНЫЙ (hepatic flexure), боордук ийилүү** – жээк сымал ичегинин ийилиши, ал түздөн түз боордун астында орун алган.

**ИНИОН (inion), инион** – краниометриялык чекит, баш сөөгүнүн негизиндеги желкенин сырткы уркуйган жеринде жайгашкан.

## К

**КАМЕРА (loculus), камера** – (анатомияда) анча чоң эмес бир мейкиндик же көңдөйчө.

**КАНАЛ (canal), канал** – түтүк же трубка сыяктуу анатомиялык структура, мисалы, аш сиңирүүчү система же угуу өткөөлү.

**КАНАЛ ГАВЕРСОВ, КАНАЛ ОСТЕОНА (Haversian canal), Гаверс каналы, остеон каналы** – остеон аркылуу өтүүчү чоң эмес канал. Каналдан кан капиллярлары өтөт. Кошумча караңыз: Гаверс системасы.

**КАНАЛ ЗАДНЕПРОХОДНЫЙ (anal canal), көтөн чучук каналы** – сфинкт булчуңдар (anal sphincters) менен курчалган түз ичегинин акыркы бөлүгү. Караңыз: Анус).

**КАНАЛ ЗАПЯСТЬЯ (carpal tunnel), бейбелчек каналы** – бейбелчек сөөгүнүн арасындагы боштук, ал бейбелчек кобулун пайда кылат.

**КАНАЛ УЛИТКИ, ПРОТОК УЛИТКОВЫЙ (cochlear duct), ЛЕСТНИЦА СРЕДНЯЯ (scala media), кулактын үлүл каналы, үлүлдүк өтмө, ортонку көпүрөчө.** Караңыз: Үлүл (ички кулактын).

**КАНАЛЕЦ (canaliculus, көпч. canaliculi), түтүкчө** – ичке канал же өтмө. Өт түтүкчөлөрү (bile canaliculi) өзү менен майда өтмөлөрдү элестетет, алар боордун ичинде болушат жана алар аркылуу өт суюктугу өт түтүктөрүнө өтөт.

**КАНАЛЕЦ (ductule), түтүкчө** – чоң эмес түтүкчө же канал.

**КАНАЛЕЦ ПОЧЕЧНЫЙ (renal tubule, uriniferous tubule), бөйрөк түтүгү** – нефрондун ичке түтүкчө сымал бөлүгү. Анын жардамы аркасында суу жана ар кандай эритилген заттар кайрадан канга сиңирилет (натыйжада, акыркы заара пайда болот).

**КАНАЛЕЦ СЕМЕННОЙ ИЗВИТОЙ (seminiferous tubule), ийрейген урук түтүгү** – узун ийрейген урук түтүгү, жана диаметри 150–250 мкм жана узундугу 30–70 см.

**КАНАТИК (funiculus), кичинекей канат** – 1. Жүлүндөгү үч арка омурткаларындагы ак заттарды пайда кылуучу булалардын жыйындысы. 2. Чел менен капталган, нерв булалардын тутамы. 3. (Эскирген) урук же киндик арканчасы. 4. (Funis) – (анатомияда) хорда сымал структура, өзгөчө киндик арканы.

**КАНАТИК ПУПОЧНЫЙ, ПУПОВИНА (umbilical cord), киндиктин арканчасы, киндик** – түйүлдүктү плацента менен бириктирүүчү узун арканча. Анын ичинде эки киндик артериясы өтөт да алар аркылуу плацентага түйүлдүктүн каны түшөт, жана бир киндик венасы аркылуу түйүлдүктүн организмине артериалык кан өтөт. Эмбриондун өрчүү процессинде киндик амнион менен биригет.

**КАРДИЯ (cardia), кардия** – 1. Карындын кызыл өңгөч менен байланышкан кардиалдык бөлүгүндөгү тешик. 2. Жүрөк.

**КАРЛИКОВОСТЬ (dwarfism), эргежээлдик** – ар кандай себептерден бойдун аномалдык түрдөгү кодолугу. Көп учурда хондродистрофикалык эргежээлдер (achondroplastic dwarfs) кездешет (караңыз: Ахондроплазия). Гипофизардык эргежээлдердин (pituitary dwarfs) организминде гипофиз функциясынын бузулушунан улам тулку бой гормонунун жетишсиздиги келип чыгат. Ошондой эле эргежээлдик көпчүлүк учурларда калкан безиндеги секрециялардын жетишсиздиги жана өнөкөт рахит, бөйрөк оорусу, ичегилердин толук кандуу итебөөсү сыяктуу ар кыл оорулар менен да мүнөздөлөт.

**КАРМАН (pouch), чөнтөкчө** – (анатомияда) чоң эмес структура, ал өзүнүн сырткы көрүнүшү менен көңдөйдү элестетет. Дугластын чөнтөкчөсү (pouch of Douglas) өзүнүн

сырткы көрүнүшү менен ич көңдөйүндөгү түз ичеги менен жатындын ортосундагы чуңкурчаны элестетет.

**КАРМАН (recess), чөнтөкчө** – (анатомияда) көңдөй камера же кандайдыр бир орган же адам денесиндеги башка структурадагы чуңкурча.

**КАРМАН ГЛОТОЧНЫЙ (pharyngeal pouch, branchial pouch, visceral pouch), кулкун чөнтөгү** – эки бөлөк сегментке бөлүнгөн жуп чөнтөкчө, ал түйүлдүктүн алгачкы өрчүү стадиясындагы арка кылынын эки жагындагы алдынкы аягында орун алган.

**КАРМАН ПЕРИНЕАЛЬНЫЙ (perineal pouch), периниалдык чөнтөкчө.** Караңыз: Илеалдык чөнтөкчө.

**КАРМАН ПОДВЗДОШНОЙ КИШКИ (ileal pouch), КАРМАН ПЕРИНЕАЛЬНЫЙ (ileal pouch), капчыт ичегинин чөнтөкчөсү, перинеалдык чөнтөкчө** – түз ичегиге жасалган хирургиялык операцияда капчыт ичегининин пайда болгон илмегин алмаштыруудан кийин пайда болгон чөнтөкчө.

**КАРУНКУЛА, СОСОЧЕК (caruncle), карункул, үрпчө** – ткандын чоң эмес этүү дөмпөйүшү, көп учурда кызыл түстө болот.

**КАУДАЛЬНЫЙ (caudal), каудалдык** – дененин ылдыйкы бөлүгүнө тиешелүү.

**КИЛЬ (carina), киль** – киль сымал структура, анын мысалында киль формасындагы кемирчек аткарса болот.

**КИНЕСТЕЗИЯ (kinaesthesia), кинестезия** – баш мээнин дененин ар кандай бөлүктөрүндөгү түрдүү булчуңдардын кыймылын жана абалын дайыма сезүү мүмкүнчүлүгү.

**КИСТА ФИМБРИАЛЬНАЯ (fimbrial cyst), фимбриалдык киста** – фаллопий түтүктөгү этегиндеги жөнөкөй киста.

**КИСТА ЭПИДЕРМОИДНАЯ (epidermoid cyst), эпидермоиддик киста.** Караңыз: Май бездеринин кистасы.

**КИСТОЗНЫЙ (cystic), кистоздук** – 1. Кистага тиешелүү же мүнөздүү. 2. Өткө же табарсыкка тиешеси бар.

**КИСТЬ «КОГТИСТАЯ» (claw-hand), «тырмактуу» чеңгел** – колдун манжаларынын бир тобу дайыма бүгүлүп, тырышып, кыймылсыз болуп калышы. Берилген деформация ар кандай нервдердин же булчуңдардын жабырканышынан келип чыгат: мисалы, жабыркоо, сирингомиелия же пес оорусу. Кошумча караңыз: Дюпюитрен сеңеги.

**КИСТЬ РУКИ (hand), колдун чеңгели** – колдун дисталдык сегменти. Хирургиялык көз караштан караганда колдун чеңгели сегиз бейбелчек сөөктөрдөн, беш шакшак сөөктөрдөн жана бармак шадыларынан турат, алар сыртынан жумшак ткандар менен курчалган.

**КИСТЬ СВИСАЮЩАЯ (wrist drop), саландап туруучу чеңгел** – булчуңдардын шал болуусу; ал билек нервинин жабырканышынан аны ийин сөөгү менен басып калышынын кесепетинен болот.

**КИФОЗ (kyphos), кифоз** – көкүрөктөгү омурткалардын сыртка чыгып кетип, бүкүр болуусу. Көбүнчө туберкулез оорусунда байкалат.

**КИФОЗ (kyphosis), кифоз** – омуртканын артка карай кыйшайуусу, бул болсо бүкүрүйгөндүккө алып алып келет. Мындай мобильдүү кифоздун (mobile kyphosis) өрчүшүнө аркадагы булчуңдардын начарлашы жана осанкасынын бузулушу себеп болот; Фиксацияланган кифоздун (fixed kyphosis) себеби болуп бул омуртканын коллапсы (мисалы, карылык остеопороздо), жаш курактагы остеохондрит же анкилозацияланган спондилит болот. Кошумча караңыз: Кифосколиоз.

**КИФОСКОЛИОЗ (kyphoscoliosis), кифосколиоз** – омуртканын капталга же алдыга карай аномалдык кыйшайуусу: кифоз сколиоз менен айкалышууда.

**КИШЕЧНИК (intestine, bowel, gut), ичеги карын** – тамак сиңирүүчү трактын бөлүгү, ал ашказан менен анустун ортосунда жайгашкан. Анын курамына эки негизги бөлүктүр кирет – ичке ичеги жана жоон ичеги. Ичке ичеги (small intestine), өз кезегинде, он эки эли ичегиге, ичке ичегиге жана капчыт ичегиге бөлүнөт. Мына ушул жерде тамак сиңирүүнүн көпчүлүк процесси жүрөт. Жоон ичеги (large intestine) сокур ичегиден, жээк сымал ичегиден (өйдө созулган, капталынан созулган, төмөн уланган жана сигма сымал) жана түз ичегиден турат. Бул жерде ичке ичегиден келген сиңирилбеген заттардан суунун сиңирилиши жүрөт. Ичегинин ичиндегиси ритмикалык булчуң жыйрылышы үчүн жылат (караңыз: Перистальтика). – Ичегилик (intestinal).

**КИШКА (gut), ичеги** – 1. Караңыз: Ичеги карын. 2. Караңыз: Кетгут.

**КИШКА ДВЕНАДЦАТИПЕРСТНАЯ (duodenum), он эки эли ичеги** – ичке ичегинин үч бөлүктүн ичинен биринчиси. Ал ашказандын өткөөл бөлүгүнөн башталып, ичке ичегиге чейин созулат. Он эки эли ичегиге өттөн өт суюктугу келет жана карын алдындагы бездин суюктугу келет. – Дуоденалдык (duodenal).

**КИШКА ЗАДНЯЯ (hindgut), арткы ичеги** – эмбриондун ичегисинин арткы бөлүгү, андан жоон ичегинин жарымы, түз ичеги, табарсык жана сийдик чыгаруучу жолдор өрчүйт. Кошумча караңыз: Клоака.

**КИШКА ОБОДОЧНАЯ (colon), жээк сымал ичеги** – жоон ичегинин негизги бөлүгү. Курамына төрт бөлүк кирет: өйдө созулган (ascending), капталынан созулган (transverse), төмөн уланган (descending) жана сигма сымал (sigmoid colon) кирет. Бул ичеги тамак сиңирүү процессинде катышпайт, бирок анда көп сандагы суулар жана электролиттер сиңирилет. – Жээк сымал (colonic).

**КИШКА ПЕРЕДНЯЯ (foregut), алдыңкы ичеги** – эмбриондун ичегисинин алдыңкы бөлүгү, андан кызыл өңгөч, ашказан, он эки эли ичегинин баштапкы бөлүгү өрчүп чыгат.

**КИШКА ПОДВЗДОШНАЯ (ileum), капчыт ичеги** – ичке ичегинин дисталдык бөлүгү. Капчыт ичеги ичке ичегиден башталып илеоцекалдык клапан менен аяктайт. – Капчыт (ileal). – Капчыт ичегиге тиешеси бар (ileac).

**КИШКА ПРЯМАЯ (rectum), түз ичеги** – жоон ичегинин аяккы бөлүгү, ал сигма сымал ичегиден башталып көтөн менен аяктайт. – Ректалдык (rectal).

**КИШКА СИГМОВИДНАЯ ОБОДОЧНАЯ (sigmoid colon, sigmoid flexure), сигма жээк сымал ичеги** – S-түрүндө жээк сымал ичегинин аяккы бөлүгү, андан ал түз ичегиге өтөт.

**КИШКА СЛЕПАЯ (caecum), сокур ичеги** – ичке ичеги менен жоон ичегинин бириктирүүчү жердеги сокур баштыкча, ал илеоцекалдык клапандын астында орун алган. Караңыз: Тамак сиңирүүчү тракт.

**КИШКА СРЕДНЯЯ (midgut), ортонку ичеги** – ичеги эмбриондун ортонку аймагы, андан кийинчэрээк ичке ичегинин чоң бөлүгү жана жоон ичегинин бир бөлүгү өрчүйт.

**КИШКА ТОЩАЯ (jejunum), жука ичеги** – ичке ичегинин бөлүгү. Ал он эки эли ичегини жана капчыт ичегини бириктирет. – Еюналдык (jejunal).

**КЛЕТКА ГИГАНТСКАЯ (giant cell), өтө чоң клетка** – баардык эле чоң клеткалар, мисалы, мегакариоцит. Бул клеткаларда бир же бир нече ядролору бар болот.

**КЛЕТКА ГРУДНАЯ (thorax, chest), көкүрөк клеткасы** – тулку бойдун үстүнкү бөлүгү, ал моюн менен диафрагманын ортосунда жайгашкан. Көкүрөк клеткасынын скелетин төш сөөгү, кабаргалар жана омуртканын көкүрөк бөлүгү түзөт. Көкүрөк клеткасында өпкөлөр, жүрөк, кызыл өңгөч жана ал менен байланышкан анатомиялык структуралар жайгашкан. Салыштыруу үчүн: Ич көңдөйү. – Торакалдык (thoracic).

**КЛЕТКА ГРУДНАЯ «БОЛТАЮЩАЯСЯ» (flail chest), «салаңдоочу» көкүрөк клеткасы** – кабыргалар менен төш сөөгүнүн көпчүлүк сыныктардын кесепетинен кабыргалардын четтери туруктуу эмес болгон көкүрөк клеткасынын абалы.

**КЛЕТКА ГРУДНАЯ КИЛЕВИДНАЯ, «ГРУДЬ КУРИНАЯ» (pigeon chest), кил сымал көкүрөк клеткасы, «тоок сымал көкүрөк»** – көкүрөк сөөктүн алдыга чыгып кетиши, ал көкүрөк клеткасынын деформациясына алып келет. Медициналык аталышы: Кил сымал көкүрөк (pectus carinatum).

**КЛЕТКА ЗАРОДЫШЕВАЯ (germ cell), ГОНОЦИТ (gonocyte), түйүлдүк клеткасы, гоноцит** – эмбрионалдык клетка, андан кийинчерээк сперматозоиддер же жумуртка клеткалар пайда болушу мүмкүн.

**КЛИН (cuneus), шынаа** – мээ кыртышынын аймагы, ал шынаа сымал формада болот, мээнин желке үлүшүнүн ички бетинде жайгашкан.

**КЛИТОР (clitoris), клитор** – аялдардын жыныстык мүчөсүнүн бөлүгү, эриктилдик ткань менен жаралган (караңыз: Үңкүрчөлүү дене); клитор уретра менен бирикпейт.

**КЛОАКА (cloaca), клоака** – эмбриондун арткы ичегинин эң арткы бөлүгү. Кийинчерээк ал түз ичегиге жана сийдик жыныстык синуска бөлүнөт, ал болсо өзүнө табарсык менен кошумча табарсыктык жана гениталдык каналдарды өзүнө камтыйт.

**КЛОЧОК (flocculus), үзүндү** – каракуш мээнин жумуртка сымал чоң эмес үлүшү.

**КЛЫК (canine), азуу тиш** – ар бир жаактын ортосундагы үчүнчү тиш. Адабиятта бул тишти «көз тиши» (eye tooth) деп аташат.

**КЛЮВ (rostrum,** көпч. **rostra), тумшук** – (анатомияда) тумшук сымал өсүш, мисалы, шынаа сымал сөөктүн сыртында. – Ростралдык (rostral).

**КЛЮЧИЦА (clavicle, collar bone), акырек** – S-сымал жупуну, ийилген түтүк сымал сөөк, далы менен кошо үстүнкү аяктардын алдынкы бөлүгүн түзөт. – Акыректик (clavicular).

**КОЗЕЛОК (tragus), серке** – сырткы кулактагы кемирчектин уркуюп чыгышы, ал угуу жолунун алдынкы тешигинде орун алган.

**КОЛБОЧКА (СЕТЧАТКИ ГЛАЗА) (cone), (көз торчосунун) колбасы** – көз торчосунун жарык сезгич клеткаларынын перифириялык өсүштөрүнүн эки типтеринин бири. Адамдын көз торчосу 6–7 миллион колбаларчасын камтыйт; алар жарыкта жакшы функцияланышат, ошону менен бирге жакшы көрүүнү камсыз кылууда маанилүү ролду ойнойт (көрүүчү нерселердин сүрөттөлүшүн так көрсөтүү).

**КОЛЕННЫЙ (genicular), тизе** – тизе муунуна тиешеси бар сөз: берилген термин тизени кан менен камсыздоочу артерияларга карата колдонулат.

**КОЛЕНО (genu), тизе** – 1. Тизеге тиешелүү. 2. Ар кандай ийилген анатомиялык структура, өзүнүн тышкы келбети менен тизени элестетет. – Тизелик (genual).

**КОЛЕНО, СУСТАВ КОЛЕННЫЙ (knee), тизе, тизе мууну** – дөмпөктүү муун, ал сан сөөгүнүн үстүндөгү дөмпөктүн жана тизе астынынын ортосунда, чоң балтыр сөөгүнүн үстүнкү муунунда жана томук үстүнкү муунда орун алган.

**КОЛЕНЦЕ (geniculum), тизече** – кайсы-бир анатомиялык структуранын курч ийилүүсү, мисалы, бет нервинин ортонку кулактын медиалдык капталга карай ийилиши.

**КОЛОБОМА (coloboma), колобома** – адамдын туулганда эле же кийин көзүнүн көк жаа сымал катмарынын кемтиги.

**КОЛЬЦО (annulus, ring), шакекче** – (анатомияда) тоголок структура, ал шакек формасында болот. – Шакек сымал (annular).

**КОЛЬЦО БАНДЛЯ (Bandl's ring), Бандль шакеги.** Караңыз: Чек аралык шакек.

**КОЛЬЦО ВАЛЬДЕЙЕРА, КОЛЬЦО ВАЛЬДЕЙЕРА – ПИРОГОВА (Waldeyer's ring), Вальдейер шакеги, Вальдейер – Пирогов шакеги** – бадам сымал безден шакек

(таңдайлык, түтүктүк, тилдик жана кекиртектик), ал алкым тешиги, тил тамырында жана мурун кекиртек аймагында лимфоиддик кекиртектик шакекти пайда кылат.

**КОЛЬЦО КАЙЗЕРА – ФЛЯЙШЕРА (Kayser – Fleischer ring), Кайзер – Фляйшер шакеги** – көздүн тунук челинин сырткы катмарында пайда болгон күрөң-сары түстөгү шакек. Ал жез гранулалардын калдыктарынан турат жана адамда Вильсон оорусунун бар экендигин диагностикалайт.

**КОЛЬЦО РОГОВИЧНОЕ (corneal ring), тунук челдүү шакек** – шакек, ал көздүн тунук челинин перифириялык бөлүгүнө кыйшайууну өзгөртүү үчүн коюлат.

**«КОМОЧКИ ВАТНЫЕ» (cottonwool spots), «кебез топтому»** – торчонун нерв булаларындагы катмарында аксоплазманын топтолушу, ал адамда тигил же бул дарттын болушун айгинелейт (мисалы, гипертензиянын, коллагеноздун же СПИДдин).

**КОНДИЛОМА (condyloma), кондилома** – былжырлуу кабыкчалардын сезгенишинен пайда болуп, тегерек тарткан шишиктер. Көпчүлүк мезгилде курч учтуу кондилома (condyloma acuminatum) кездешет, ал кын алдында, эркектин жыныстык мүчөсүнүн учунда жана аналдык тешиктин тегерегинде пайда болот.

**КОНКРЕМЕНТ КОРАЛЛОВИДНЫЙ (staghorn calculus), коралл сымал конкремент** – коралл сымал тармактанган таш, ал бөйрөктүн ички көңдөйүндө пайда болот. Адатта таштын пайда болушу зааранын инфекцияланышына, көпчүлүк учурда Proteus vulgaris тибиндеги микроорганизмдер менен инфекциялангандыктан.

**КОНСТРИКТОР (constrictor), констриктор** – булчуң, ал кайсы-бир органды же көңдөйлүү органдын бир бөлүгүнүн жыйрылышына алып келет.

**КОНТРАКТУРА (contracture), контрактура** – оорудан кийин булчуңдардын дайыма же убактылуу жыйрылып, тырышып калышы. Кошумча караңыз: Дюпюитрен сенеги, Фолькмандын ишемиялык контрактурасы.

**КОНТРАКТУРА ДЮПЮИТРЕНА (Dupuytren's contracture), Дюпюитрен сенеги** – колдун манжаларынын бир тобу дайыма бүгүлүп, тырышып, кыймылсыз болуп калышы. Ал алакандагы чарымдар куушурулуудан келип чыгат.

**КОНТРАКТУРА ИШЕМИЧЕСКАЯ ФОЛЬКМАНА (Volkmann's contracture), Фолькмандын ишемиялык контрактурасы** – чеңгелдин контрактурасы (кээде бут кетменинин) бармактарынын тырмак сымал абалында, бул фиброздун кесепетинен жана булчуңдардын кыскарышы, ал кан жүгүрүшүнүн бузулушу менен байланыштуу болот. Адатта мындай контрактура сыныктан кийинки абалдан кийин пайда болот. Кошумча караңыз: Кайсы-бир анатомиялык көңдөйдө басымдын жогорулашы.

**КОНУС АРТЕРИАЛЬНЫЙ (conus arteriosus), артериалдык конус** – жүрөктүн оң карынчасынын алдынкы – үстүнкү бөлүгү, андан ал өпкө сөңгөгүнө уланып кетет.

**КОНУС МОЗГОВОЙ (conus medullaris), мээ конусу** – жүлүндүн коникалык дисталдык аягы, ал биринчи бел омурткасынын астынкы жээгинин аралыгында жайгашкан.

**КОНЦЕПТУС (conceptus), концептус** – уруктандыруучу азыктар: өрчүүчү түйүлдүк жана аны курчап турган түйүлдүк челдер, жатында жайгашкандагы баскычтар.

**КОНЪЮНКТИВИТ, КОНЪЮНКТИВИТ ОСТРЫЙ ЭПИДЕМИЧЕСКИЙ (conjunctivitis, pink eye), конъюнктивит, курч эпидемикалык конъюнктивит** – конъюнктиванын сезгениши, ал көздүн кызарып, шишип кетүүсү менен коштолот; мында көздөн суу жана ириң чыгуу менен коштолот. Конъюнктивит бактериалдык же вирустук жабыркоонун кесепетинен же аллергиядан жана ошондой эле физикалык же химиялык тассирленүүдөн пайда болот. Кошумча караңыз: Трахома, Жаңы төрөлгөндөрдүн бленнореясы.

**КОПЧИК (coccyx,** көпч. **coccyges же coccyxes), чычаң** – омуртканын ылдыйкы бөлүгү. Кошумча караңыз: Омуртка тутуму. – Чычаңдык (coccygeal).

**КОРА (cortex, көпч. cortices), кабык** – мүчөнүн тышкы катмары (мисалы, бөйрөк үстүндөгү бездин чели (adrenal cortex) (караңыз: Бөйрөк үстүндөгү без)) же баш мээнин кабыгы. – Кортикалдык (cortical).

**КОРА ГОЛОВНОГО МОЗГА, КОРА БОЛЬШОГО МОЗГА (cerebral cortex), мээ кыртышы, чоң мээ кыртышы** – чоң мээ кыртышынын татаал сырткы түзүлүшү бар, анда баш мээнин 40%га чейин салмагын камтыйт жана 15 миллиард чамалуу нейрондорду камтыйт (караңыз: Боз зат). Чон мээ кыртышы адамдын психикасына жооп берет да анын сезимине, аң сезимине, ой жүгүртүүсүнө, интеллектине таасир тийгизет.

**КОРА ЧУВСТВИТЕЛЬНАЯ (sensory cortex), сезгичтик кыртыш** – баш мээнин сезгичтик аймагы, ага сенсордук нерв жолдору аркылуу дененин бүт аймактарынан баардык маалымат келип түшөт. Салыштыруу үчүн: Баш мээ кабыгынын кыймылдоо бөлүгү.

**КОРЕНЬ, КОРЕШОК (root, radix), дүмүр, дүмүрчөк** – 1. Анатомияда, неврологияда – жүлүндөн чыгуучу нерв булаларынын түйүнү. 31 жуп жүлүн нервилери ар кайсыжактан эки дүмүрчөгү болот: алдынкы дүмүрчөк кыймыл булаларды камтыйт, ал эми арткы – сенсордук булаларды камтыйт. Бул дүмүрчөктөр жүлүндөн чыкканда, кошулган нерв түйүндөр менен биригишет. 2. Стоматологияда – тиштин бөлүгү, эмалын жоготкон жана тиш альвеоласында орун алып перидонтанын жардамы менен анын артыкы капталына бекилет. 3. Кайсы бир структуранын баштапкы аймагы. Анатомиялык аталышы: Дүмүр (radix).

**КОРЭКТОПИЯ (corectopia), корэктопия** – көздүн карегинин орто ченден бир жакка жылып кетиши.

**КОСОГЛАЗИЕ (strabismus, squint), ГЕТЕРОТРОПИЯ (heterotropia), кыйшык көз, чалыр, гетеротропия** – каалаган эле көздүн бузулушу. Мында эки көздүн тең көрүү окторунун параллелдүүлүгү аномалдык түрдө бузулат. Кошумча караңыз: Ачуу-жумуу тести, Гетерофория.

**КОСОЛАПОСТЬ (club-foot), ДЕФОРМАЦИЯ СТОПЫ (talipes), бут кетменинин деформациясы** – кыйшык бут адам. Кыйшык буттук ошондой эле булчуңдардын шал болуусунан, полиомиелиттин кесепетинен өрчүшү мүмкүн.

**КОСТИ КЛИНОВИДНЫЕ (cuneiform bones), шынаа сымал сөөктөр** – үч сөөк: кайык сымал сөөктүн алдында жайгашат, шыйбылчак алды бөлүктүн медиалдык бөлүгүн ээлеп шыйбылчаак сөөктүн негиздери менен акташат: чоңураак медиалдык шынаа сымал сөөк – биринчи шыйбылчаак сөөк менен, ортонку шынаа сымал сөөк – II чи менен, латералдык – III чү менен, артынан кайык сымал сөөк менен биригет, латералдык жактан – куб сымал сөөк менен биригет.

**КОСТНЫЙ (osseous), сөөктүк** – берилген термин ички кулактын түрдүү аймактарына тиешелүү колдонулат (үлүлгө, сөөктүк жарым тегерек каналдарга жана лабиринтке).

**КОСТОЧКА (ossicle), сөөкчө** – чоң эмес сөөк. Мисалы, ортонку кулакта орун алган үч майда угуу сөөктөр (дөшү, балкача жана үзөңгү). Алар аркылуу үн сырткы кулактан ички кулактын лабиринтине берилет.

**КОСТЬ БЕДРЕННАЯ (femur, thigh bone), сан сөөгү** – узун түтүктүү сөөк. Сан сөөгүнүн башы жамбаш сөөк чөйчөгү менен акташат да жамбаш – сан муунун пайда кылат.

**КОСТЬ БЕЗЫМЯННАЯ (innominate bone), аты жок сөөк.** – Караңыз: Жамбаш сөөк.

**КОСТЬ ГОЛОВЧАТАЯ (capitate bone), башчалуу сөөк** – бейбелчек сөөктүн эң чоң сөөгү (караңыз: Бейбелчек). Артынан кайык сымал жана жарым ай сымал сөөктөр менен биригет, алдынан - экинчи, үчүнчү жана төртүнчү шакшак сөөктөр менен капталдарынан – трапеция сымал жана илмектей сөөктөр менен биригет.

**КОСТЬ ГОРОХОВИДНАЯ (pisiform bone), буурчак сымал сөөк** – бейбелчектин эң майда сөөгү, өзүнүн сырткы көрүнүшү менен буурчакты элестетет да үч кырдуу сөөк менен биригет.

**КОСТЬ ЗАТЫЛОЧНАЯ (occipital bone), желке сөөгү** – чыны сымал сөөк, баш сөөктүн мээ бөлүгү, ал баш сөөктүн негизинен жана арткы дубалынан турат.

**КОСТЬ КЛИНОВИДНАЯ (sphenoid bone), шынаа сымал сөөк** – мээ сөөктүн баш сөөгү, ал баш сөөктүн негизиндеги борборунда жайгашкан.

**КОСТЬ КРЮЧКОВИДНАЯ (hamate bone, unciform bone), илмек сымал сөөк** – бейбелчектин илмек сымал сөөгү (караңыз: Бейбелчек). Ал капталынан башчалуу жана үч кырдуу сөөктөр менен биригет, артынан – жарым ай сымал сөөк менен, алдынан – төртүнчү менен бешинчи шакшак сөөк менен биригет.

**КОСТЬ КУБОВИДНАЯ (cuboid bone), куб сымал сөөк** – сөөк, ал шыйбылчаактын алдындагы латералдык жээгинде орун алат, ал болсо төртүнчү жана бешинчи шыйбылчаак алды сөөктөр менен, алдынан жана артынан согончок сөөк менен биригет.

**КОСТЬ ЛАДЬЕВИДНАЯ (navicular bone), кайык сымал сөөк** – шыйбылчаак алды сөөктүн кайыкка окшош сөөк; алдынан үч шынаа сымал сөөктөр менен, артынан – бакай сөөк менен, латералдык жактан – куб сымал сөөк менен биригет.

**КОСТЬ ЛАДЬЕВИДНАЯ (scaphoid bone), кайык сымал сөөк** – өзүнүн сырткы көрүнүшү менен кайыкка окшош. Астынан кайык сымал сөөк трапеция – сөөк менен, башчалуу сөөк менен жана трапеция сымал сөөк менен биригет, үстүнөн – билек сөөк менен, капталынан – жарым ай сымал сөөк менен биригет.

**КОСТЬ ЛОБКОВАЯ (pubis**, көпч. **pubes), чат сөөгү** – сөөк, ал жамбаш сөөктүн алдынкы жана арткы бөлүгүн түзөт (караңыз: Жамбаш). Эки чат сөөк алдынан кошулат, ошону менен чаттык симфизди (pubic symphysis) пайда кылат. Кошумча караңыз: Чат.

**КОСТЬ ЛОБНАЯ (frontal bone), маңдай сөөк** – сөөк, ал маңдайды жана көздүн чарасынын үстүнкү дубалын түзөт; бир нече аба көңдөйлөрүнөн (маңдай сөөктүн коңулдарынан (frontal sinuses) турат. Караңыз: Мурун көңдөйүнүн кошумча бөлүгү)).

**КОСТЬ ЛОКТЕВАЯ (ulna), чыканак сөөк** – медиалдык, каруу сөөктөрдүн эң чоң сөөгү. Анын үстүнкү эпифизи ийин жана билек сөөк менен биригет, ал эми астынкысы – түздөн түз бейбелчек сөөктөр менен биригет. – Чыканактык (ulnar).

**КОСТЬ ЛУЧЕВАЯ (radius), билек сөөгү** – каруу сөөктүн узун түтөктүү сөөгү (салыштыруу үчүн: Чыканак сөөк). Ал чыканак сөөктүн айланасында тегеренип турат да, колдун чеңгелинин пронациясын жана супинациясын камсыз кылат. – Билек (radial).

**КОСТЬ МАЛОБЕРЦОВАЯ (fibula), кичи балтыр сөөгү** – узун ичке түтүктүү сөөк, эки балтыр сөөгүнүн эң кичинеси.

**КОСТЬ МЕЖТЕМЕННАЯ (interparietal bone, incarial bone), КОСТЬ ИНКОВ (inca bone), төбө аралык сөөк, инктер сөөгү** – төбө сөөктүн ортосунда жана баш сөөктүн чатырында жайгашкан сөөк.

**КОСТЬ НЕБНАЯ (palatine bone), таңдай сөөк** – бет сөөктүн жуп сөөгү, ал катуу таңдайды, мурунду жана көздүн чарасын өрчүүдө катышат. Караңыз: Баш сөөк.

**КОСТЬ НОСОВАЯ (nasal bone), мурун сөөгү** – беттин жуп, ичке жана сүйрү формадагы сөөк. Эки сөөк биригип, мурун аркасын түзүшөт. Караңыз: Баш сөөк.

**КОСТЬ ПЛЕЧЕВАЯ (humerus), ийин сөөк** – сөөк, ал колдун үстүнкү сегментинин скелетин түзөт.

**КОСТЬ ПОДВЗДОШНАЯ (ilium), капчыт сөөк** – үч сөөктүн бири, алар жамбаш сөөгүн түзүшөт: жазы сөөк, ар бир жактан жамбаш сөөктүн үстүнкү бөлүгүн түзүшөт (кошумча караңыз: Жамбаш). – Капчыт (iliac).

**КОСТЬ ПОДЪЯЗЫЧНАЯ (hyoid bone), тил алдындагы сөөк** – чоң эмес U – сымал бет сөөгү, ал моюнда орун алган; булчуңдарды бириктирүүчү жер болуп милдет аткарат.

**КОСТЬ ПОЛУЛУННАЯ (lunate bone), жарым ай сымал сөөк** – бейбелчектин сөөгү (караңыз: Бейбелчек). Алдынан ал башчалуу сөөк менен жана илмектей сөөктөр менен биригет, артынан – билек сөөк менен, ал эми капталдарынан – үч кырдуу сөөк менен жана кайык сымал сөөктөр менен биригет.

**КОСТЬ ПЯТОЧНАЯ (calcaneus, heel bone), согончок сөөк** – шыйбылчак алдынын чоң сөөгү, артынан согончок дөңү менен аяктайт. Алдынан куб сымал сөөк менен бириктирилет, үстүнөн – бакай сөөк менен биригет.

**КОСТЬ РЕШЕТЧАТАЯ (ethmoid bone, cribriform plate), калбыр сөөк** – баш сөөктүн мээ бөлүгүндөгү сөөк, ал баш сөөктүн негизинин алдынкы бөлүгүнүн курамына жана негизинен бет сөөктүн курамына кирет да мурун көңдөйүнүн жана көздүн чарасынын өрчүшүндө катышат. Кошумча караңыз: Баш сөөк.

**КОСТЬ СЕДАЛИЩНАЯ (ischium), көчүк сөөгү** – сөөк, ал ар кайсы жагынан жамбаш сөөктүн ылдыйкы бөлүгүн түзөт (кошумча караңыз: Жамбаш). – Көчүк (ischiac, ischial).

**КОСТЬ СЕСАМОВИДНАЯ (sesamoid bone), сесамо сымал сөөк** – сүйрү сөөк, тарамыштын ичинде жана адатта башка сөөктүн сыртында жайгашкан. Бейбелчектин томук жана буурчак сымал сөөктөрү сесамо сымал сөөктөр болуп саналат.

**КОСТЬ СКУЛОВАЯ (zygomatic bone, malar bone), бет сөөгү** – бет сөөгүнүн жуп сөөгү, ал анын рельефин түзөт; көздүн чарасын түзүүдө катышат. Караңыз: Баш сөөк.

**КОСТЬ СЛЕЗНАЯ (lacrimal bone), жаш сымал сөөк** – бет сөөктүн эң майда жуп сөөгү: көз чарасынын төрт бурчтук формасындагы медиалдык дубалын түзүүдө катышат. Караңыз: Баш сөөк.

**КОСТЬ ТАЗОВАЯ (hip bone, innominate bone), жамбаш сөөгү** – сөөк, ал капчыт сөөктүн, көчүк сөөктүн жана чат сөөгүнүн бүтүп калышынын кесепетинен пайда болгон сөөк.

**КОСТЬ ТАРАННАЯ (talus, astragalus), бакай сөөк** – шыйбылчаак алдынын сөөгү; ал үстүнөн чоң балтыр сөөк менен ашташат, капталынан – эки кызыл ашык мене ал эми астынан – согончок сөөк менен ашташат.

**КОСТЬ ТЕМЕННАЯ (parietal bone), төбө сөөгү** – төрт бурчтуу жалпак жуп сөөк, ал баш сөөктүн үстүнкү капталындагы бөлүктү түзөт. Караңыз: Баш сөөк.

**КОСТЬ ТРАПЕЦИЕВИДНАЯ (trapezoid bone), трапеция сымал сөөк** – бейбелчектин сөөгү (караңыз: Бейбелчек). Астында ал экинчи шакшак сөөк менен биригет, үстүнөн – кайык сымал сөөк менен, капталдарынан – трапеция сымал сөөк жана башчалуу сөөк менен биригет.

**КОСТЬ ТРЕХГРАННАЯ (triquetrum, triquetral bone), үч кырдуу сөөк** – бейбелчектин сөөгү (караңыз: Бейбелчек). Ал үстүнөн чыканак сөөк менен биригет, ошондой эле буурчак сымал, илмек сымал жана жарым ай сымал сөөктөр менен биригет.

**КОСТЬ ЭНДЕСМАЛЬНАЯ, КОСТЬ, РАЗВИВШАЯСЯ ИЗ МЕЗЕНХИМЫ (membrane bone), эндесмалдык сөөк, мезенхимадан өрчүгөн** – сөөк, ал (мезенхемадан) тутамдаштыргыч тканда, оссификация жол менен, алгачкы кемирчек тканынын түзүлүүсүз жок өрчүгөн. Мындай сөөктөргө мисал катары бет сөөктөрдү жана баш сөөктүн мээ бөлүктөрүн келтирсек болот.

**КОСТЬ-ТРАПЕЦИЯ (trapezium), трапеция сөөгү** – бейбелчектин сөөгү, үстүнөн ал кайык сымал сөөк менен биригет, астынан – биринчи шакшак сөөк менен биригет да ээр сымал бейбелчек-шакшак биринчи мууну менен биригет, ал эми капталдарынан – трапеция сымал сөөк менен биригет.

**КРАНИАЛЬНО (cephalad), краниально** – башка карата багытталган.

**КРАНИАЛЬНЫЙ (cephalic), краниалдык** – баш сөөгүнө байланыштуу, баш жагынан орун алган бардык өзгөрүүлөр деген сөзгө барабар.

**КРАНИОСИНОСТОЗ (craniosynostosis), краниосиностоз** – баш сөөктүн кээ бир алдын ала бүтүшү, адатта бала төрөлгөнгө чейин пайда болот. Салыштыруу үчүн: Краниостеноз.

**КРЕСТЕЦ (sacrum, көпч. sacra), куймулчак** – массивдүү тоголок өч бурчтуу структура, ал омуртканын курамына кирет, жана беш куймулчак омурткалар (sacral vertebrae) менен пайда болгон. Кошумча караңыз: Омуртка. – Куймулчактык (sacral).

**КРИЗ ДИТЛЯ (Dietl's crisis), Дитл кризи** – сийдик түтүкчөсүнүн үстүнкү бөлүгүндөгү бүтөлүп калуу, ал белде катуу ооруну туудурат.

**КРИПТА (crypt), крипта** – чоң эмес чуңкурча, баштыкча же көңдөй; мисалы, люберкюн криптилери (караңыз: Либеркюн бездери).

**КРУГ ВИЛЛИЗИЕВ (circle of Willis), Виллис тегереги** – чоң мээнин артериалдык тегереги, ал баш мээнин негизинде орун алган. Баш мээни камсыздоочу бир катар артериялардын биригиши үчүн пайда болот. Виллис тегереги баш мээдеги нормалдуу кан айланууну камсыз кылат. Көпчүлүк артериялардын аневризмалары түздөн-түз виллизиев тегерегиндеги тамырларда өрчүйт.

**КРЫЛО (ala,** көпч. **alae), канат** – (анатомияда) ар кандай канат сымал структура, мисалы мурундун канаты же капчыт сөөктүн канаты.

**КРЫША (tegmen,** көпч. **tegmina), чатыр** – анатомиялык структура, ал кайсы-бир орган же органдын бөлүгү менен капталган.

**КРЫША СРЕДНЕГО МОЗГА (tectum), ортонку мээнин чатыры** – ортонку мээнин структурасы, анда чатырдын пластинкасын айырмалашат, ал төрт агыш дөбөчөдөн турат: эки үстүнкү жана эки астынкы.

**КРЮЧОК I (hook), илмек I** – 1. Анатомияда – алдынкы илмек сымал парагиппокампалдык быткылдардын аягы. 2. Ийрейген же илмек сымал аягы бар хирургиялык жабдык, ал операция убагында тканды кармоодо, көтөрүүдө же артка чоюуда колдонулат.

**КРЮЧОК II (uncus), илмек II** – каалаган илмек сымал структура: мисалы, мээнин жарым шарынын астынкы бетиндеги парагиппокампалдык бырыштын илмектей болгон аягы.

**КУПОЛ (cupola), купол** – 1. Ички кулактагы аяккы үлүлүндөгү чоң эмес дөмпөйүү. 2. Анатомиялык структурада купол сымал каалаган дөмпөйүү.

## Л

**ЛАГЕНА (lagaena, lagena), лагена** – ички кулактын үлүл жактагы спиралдын жабык аягы.

**ЛАТЕРАЛЬНЫЙ (lateral), латералдуу** – 1. Дененин ортоңку сызыгынан ары, четинен, капталдан орун алган илдеттер. 2. Анатомияда – сагитталдык жана жок болуп кеткен аймактарга же дененин бөлүктөрүнө тиешелүү. 3. Радиологияда – сагитталдык жалпактыкта орун алган.

**ЛЕВАТОР (levator), леватор** – сөөктү көтөрүүчү каалаган булчуң, ал ага бекитилет; мисалы, далыны көтөрүүчү булчуң (levator scapulis), далынын үстүнкү бурчун көтөрүп турат.

**ЛЕВОКАРДИЯ (laevocardia), левокардия** – жүрөктүн нормалдуу абалда жайгашуусу, мында анын үстү жагы сол жакка бурулган. Салыштыруу үчүн: Декстрокардия.

**ЛЕНТА, ПОЛОСКА (taenia,** көпч. **taeniae), тасма, тилке** – каалаган тасма сымал анатомиялык структура. Мисалы, узунунан кеткен жээк сымал ичегинин тасма сымал булчуңу, алар чычыркайлык, бош жана бүлкүлдөк тасма (taeniae coli) деп аталышат.

**ЛЕОНТИАЗ (leontiasis), леонтиаз** – баш сөөктүн өтө эле өсүшүп кетүүсү, анын кесепетинен адамдын башы арстандын башына окшош болуп калат; леонтиаз дарыланбаган Педжет оорусунун сейрек кездешүүчү симптому болуп эсептелет. Медициналык аталышы: Леонтиаз (leontiasis ossea).

**ЛЕСТНИЦА (scala), тепкич** – ортонку кулактагы үлүлдө спиралдык каналдардын бири.

**ЛИМБ (limbus), лимб** – (анатомияда) кыры же чеги: мисалы, көздөгү кырчоо аркагы.

**ЛИСТОК (folium,** көпч. **folia), барак** – ичке барак сыяктуу структура: мисалы каракуш мээсинин үстүндөгү бүктөлүүлөр.

**ЛОБНЫЙ (frontal), чекелүү** – чекеге тиешелүү сөз. Караңыз: Маңдай сөөк.

**ЛОДЫЖКА (malleolus), кызыл ашык** – балтыр-кетмен муун түзүүчүсү: латералдык кызыл ашык (lateral malleolus) – кичи балтыр сөөгүнөн өтөт, ал эми медиалдык кызыл ашык (medial malleolus) – чоң балтыр сөөгүнүн астынкы эпифизинен өтөт.

**ЛОКОТЬ ТЕННИСНЫЙ (tennis elbow), теннистик чыканак** – оору туудуруучу чыканак булчуңунун тарамышынын сезгениши. Ал артыкча күч келтирүүнүн кесепетинен пайда болот. Кошумча караңыз: Тендинит.

**ЛОКТЕВОЙ (cubital), чыканактуу** – чыканакка же билекке тиешелүү: мисалы, чыканак чуңкурчасы (cubital fossa) ал чыканак муунунун алдынкы бетиндеги чуңкурчаны элестетет.

**ЛОКУС, МЕСТО (locus), локус, орун** – дарттын орун алган жери. Мындай, ромб сымал чуңкур аймактын үстүнкү жагындагы пигментацияланган чоң эмес жуп аймактагы көгүш (Locus caeruleus) жерди элестетет. 2. Генетикада – хромосомада гендин орун алышы.

**ЛОПАТКА (scapula,** көпч. **scapulas, же scapulae), ийин** – ийин белдин үч бурчтук сөөгү. Анын дорсалдык бетинде жайгашкан далы туркугу (spine), акромиалдык урчук (acromion process) менен аяктайт, ал болсо далынын арткы бетинде орун алган. Бул тоголок урчук акырек менен кошулат, ошону менен акромиалдык-акыректик муунду (acromioclavicular joint) пайда кылат; ал муун чуңкурунан (glenoid fossa) асылып турат, ага ийин сөөгүнүн башы кирет. Далынын үстүнкү кыры тумшук сымал урчукка (coracoid process) өтөт, урчукка байламталар жана булчуңдар бекилет. – Ийиндик (scapular).

**ЛУКОВИЦА (bulb), башча** – (анатомияда) орган же дене бөлүгүнүн учундагы ар кыл шар түрүндөгү структура же тоголок кеңдик.

**ЛУНОЧКА (lunula), чукурча** – тырмактын негизинде орун алган ак түстүү орок сымал бөлүк.

**ЛУЧЕВОЙ (radial), каржиликтин укуругу** – кар жиликтин укуругуна тиешелүү сөөк.

**ЛЮМБО (lumbo), люмбо** – бел жана бел аймагын түшүндүрүүчү сөз.

**ЛЯМБДА (lambda), лямбда** – баш сөөктөгү лямбда сымал жана сагитталдык тигиштердин кошулган жери.

## М

**МАДУРОМИКОЗ (maduromycosis), мадуромикоз** – караңыз: Мадурдук бут кетмени.

**МАДУРСКАЯ СТОПА (Madura foot), МИЦЕТОМА (mycetoma), Мадур таманы, мицетома** – Madurella деген грибок менен, Nocardia жана Streptomyces тукумундагы кээ бир бактериялар менен буттун кетмени, таманы ооруга чалдыгышат. Оору көпчүлүк учурда өнөкөт катары өтөт. Медициналык аталышы: Мадуромикоз (maduromycosis).

**МЕГАКОЛОН (megacolon), мегаколон** – жээк сымал ичегинин чоңоюп жана жооноюп кетиши. Бул оорунун себеби болуп бул жээк сымал ичегинин өтүмдүүлүгүнүн

бузулушу, Гиршпрунг оорусу же ич катышы болуп саналат; мегаколон ошондой эле жарakаттык колиттин өтүшүп кеткендигинен да өрчүшү мүмкүн (токсикалык мегаколон (toxic megacolon)).

**МЕЗОКОЛОН, БРЫЖЕЙКА ОБОДОЧНОЙ КИШКИ (mesocolon), мезоколон, жээк сымал ичегинин чычыркайы** – жоон ичегинин чычыркайы. Адатта чоң кишиде капталданган (transverse) жана сигма сымал (sigmoid mesocolon) ичегинин чычыркайы болот, алар ага жараша капталдагы жана сигмалуу жээк сымал ичегиге биригет.

**МЕЗОМОРФНЫЙ (mesomorphic), мезаморфтук** – бул термин адам денесинин түзүлүшүнүн тибин сүрөттөөдө колдонулат. – Мезоморф (mesomorph). – Мезоморфия (mesomorphy).

**МЕЗОНЕФРОС (mesonephros), ТЕЛО ВОЛЬФОВО (Wolffian body), мезонефрос, Вольф денеси** – эки жуп алгачкы бөйрөк, түйүлдүктө пайда болот да кыска убакыт эле функционалдашат андан кийин дегенерацияга учурайт. – Мезонефралдык (mesonephric).

**МЕМБРАНА РЕЙССНЕРА (Reissner's membrane), Рейсснер мембранасы** – мембрана, ал ички кулактын үлүлүндө орун алган алдыңкы тепкич менен ортоңку тепкичти бөлөт.

**МЕМБРАНА СИНОВИАЛЬНАЯ, ОБОЛОЧКА СИНОВИАЛЬНАЯ (synovial membrane, synovium), синовиалдык мембрана, синовиалдык кабык** – муун капсуласынын ички катмары, кан сосуддар менен бай болгон синовиалдык түкчөлөрү бар.

**МЕТАНЕФРОС, ПОЧКА ВТОРИЧНАЯ (metanephros), метанефрос, кайталанган бөйрөк** – адамдын түйүлдүгүндө, түйүлдүктүк өрчүүнүн экинчи айында жаралуучу бөлүп чыгаруучу орган, андан кийинчерээк бөйрөк өрчүйт.

**МЕТАТАЛАМУС (metathalamus), метаталамус** – мээ аралыгындагы бөлүк, медиалдуу жана латералдуу денечелер менен түзүлгөн.

**МЕТАФИЗ (metaphysis), метафиз** – эпифиз менен диафиздин ортосундагы түтүкчө сөөктүн узун жери. Метафиздин эсебинен жаш жана өспүрүм куракта сөөк узунунан өсөт.

**МЕШОК (saccus), баштыкча** – баштыкча же чөнтөк. Мисалы, эндолимфатикалык баштыкча (saccus endolymphaticus) өзү менен чоң эмес чөнтөктү элестет, ал мээ кабыгынын катуу жеринде жайгашкан.

**МЕШОК АМНИОТИЧЕСКИЙ (amniotic cavity), амниотикалык баштыкча** – амнион менен эмбриондун ортосундагы суюктукка толгон баштыкча. Башында блациста клеткасынын ички катмарын түзөт, кийинчерээк жоонюп эмбриондун далы аймагынан өтүп, баардык жактарын жабат. Кошумча караңыз: Амниотикалык суюктук.

**МЕШОК ЖЕЛТОЧНЫЙ (yolk sac, vitelline sac), өттүк баштыкча** – түйүлдүктөн тышкары орган – баштыкча, ал мезодерманын катмары менен жаралган, эндодерма менен капталган; өрчүп жаткан түйүлдүктүн киндик аймагынын жанында жайгашкан.

**МИКРОГИРИЯ (microgyria), микрогирия** – баш мээнин өрчүү дефектиси, мында мээнин буткулдары абдан кичине болуп, баш мээнин кабыгында көрүнүктүү структуралык өзгөрүүлөр байкалат. Мындай дефект адамдын физикалык жана психикалык өрчүүсүнө таасир этет.

**МИНДАЛИНА (amygdala), ТЕЛО МИНДАЛЕВИДНОЕ (amygdaloid nucleus), бадам сымал без (алкым бези), бадам сымал денече** – базалдык ганглийдин бир түрү: мээнин ар бир жарым шарларынын ичиндеги боз суюктуктун бадам сымал формадагы тоголок топтолушу.

**МИОКАРД (myocardium), миокард** – жүрөктүн булчуңу, ал жүрөк алдындагыга караганда, карынчада алда канча жоонураак. Миокард кардиомиоциттерден өрчүгөн. – Миокардиалдык (myocardial).

**МИОМЕТРИЙ (myometrium), миометрий** – жатындын капталындагы булчуӊ катмары.

**МИОЦИТ (myocyte), миоцит** – булчуӊ клеткасы.

**МОЗГ БОЛЬШОЙ (cerebrum, telencephalon), чоӊ мээ** – баш мээнин эӊ эле чоӊ жана эӊ эле өрчүгөн бөлүгү, мээнин чоӊ жарым шарларында (cerebral hemispheres) пайда болгон жана бири биринен узунан келген тилмек (longitudinal fissure) менен ажыратылган, тереӊинде чор баскан денече (corpus callosum) жатат. – Церебралдык (cerebral).

**МОЗГ ГОЛОВНОЙ (brain), баш мээ** – борбордук нерв системасынын бөлүгү, баш сөөктүн ичинде жайгашкан жана андан жүлүнгө өтөт. Баш мээ бириктирүүчү ткандар менен түзүлүп, үч кыртыш менен капталган. Анатомиялык аталышы: Encephalon.

**МОЗГ ЗАДНИЙ (metencephalon), арткы мээ** – мээнин бир бөлүгү, курамына көпүрөчө жана каракуш мээ кирет. Караӊыз: Баш мээ.

**МОЗГ КОСТНЫЙ (bone marrow, marrow), жиликтин чучугу** – жилик чучугунун көӊдөйчөлөрүндө жайгашкан ткань. Кошумча караӊыз: Гемопоэз.

**МОЗГ ОБОНЯТЕЛЬНЫЙ (rhinencephalon), жыт алуу мээси** – баш мээнин структурасы, эволюциянын баштапкы этабында жыт алуу анализаторлор менен байланыштуу болгон.

**МОЗГ ПЕРЕДНИЙ (forebrain), алдыӊкы мээ** – баш мээнин алдыӊкы бөлүгү, тутумуна акыркы мээ (мээнин эки чоӊ жарым шарлары) жана эки арадагы мээ кирет.

**МОЗГ ПРОДОЛГОВАТЫЙ (medulla oblongata, myelencephalon), сүйрүү мээ** – жүлүндүн уландысы болуп саналат, мээ огунун ылдыйкы бөлүгүн түзөт.

**МОЗГ ПРОМЕЖУТОЧНЫЙ (diencephalon), арадагы мээ** – алдыӊкы мээнин бөлүгү, эпиталамустан, таламустан жана гипоталамустан турат. Караӊыз: Баш мээ.

**МОЗГ РОМБОВИДНЫЙ (hindbrain, rhombencephalon), ромб сымал мээ** – баш мээнин бөлүгү, курамына каракуш мээ, көпүрөчө жана сүйрүү мээ кирет. Көпүрөчөнүн жана сүйрүү мээнин тутумунда баш сөөк нервдердин ядролору жайгашкан.

**МОЗГ СПИННОЙ (spinal cord), жүлүн** – борбордук нерв системасынын бөлүгү, омуртка каналында жайгашкан, нерв клеткалардан менен нерв булалардын таӊгактарынан туруп, баш мээге өтөт. Жүлүндөн 31 жуп жүлүн нервдер өтөт.

**МОЗГ СРЕДНИЙ (midbrain, mesencephalon), ортонку мээ** – мээ сөӊгөгүнүн чоӊ эмес аймагы. Ал мээ буттарын жана ортонку мээнин көпүрөчөсүн камтыйт.

**МОЗЖЕЧОК (cerebellum), каракуш мээ** – баш мээнин арткы бөлүгүндөгү эӊ чоӊ бөлүгү. – Каракуш мээлик (cerebellar).

**МОЗЖЕЧОК НОВЫЙ, НЕОЦЕРЕБЕЛЛУМ (neocerebellum), жаӊы каркуш мээ, неоцеребеллум** – омурткалуу баш мээнин бөлүмү, ал кыймылдын координациясы, теӊ салмактуулуктун регуляциясы жана булчуӊдук тонус үчүн жооп берет. Адамда ал сүйрү мээнин артында жана варолиев көпүрөчөдө, баш мээнин желке үлүштөрүнүн астында орун алган.

**МОЛОТОЧЕК (malleus, hammer), балкача** – ортоӊку кулактын балкага окшогон сөөгү, ал дөшү менен биригип жана тарсылдак жаргагына бекилет. Караӊыз: Сөөкчө.

**МОНОПЛЕГИЯ (monoplegia), моноплегия** – булчуӊдун бир группасынын же колдун, буттун бирөөнүн кыймылсыздыгы. – Моноплегикалык (monoplegic).

**МОРГАНИЕ (blinking), ирмөө** – көз жапкагын ачуу жана жабуу, мында көз чарасынын алдынкы бөлүгү жаш менен тегиз сууланат. Ирмөө рефлекси көзгө нерсени кескин түрдө жакындатса пайда болот.

**МОСТ ВАРОЛИЕВ (pons Varolii), МОСТ (pons), Варолий көпүрөчөсү** – мээ сөӊгөгүнүн жарым бөлүгү, ал туурасынан кеткен жоонойгон оромого окшош көрүнөт, мээ сөӊгөгүнүн бөлүгү (арткы мээнин структурасы). Варолий көпүрөчүсүнүн ичинде көптөгөн

өткөрмө жолдор өтөт, алар баш мээнин чел абыгын жүлүн менен жана каракуш мээнин жарым шар кабыгы менен байланыштырат.

**МОЧЕТОЧНИК (ureter), сийдик аккыч** – бөйрөктө ажыратылып чыккан сийдикти табарсыкка жеткирүүчү түтүкчө. – Сийдик түтүкчөлүү (ureteral, ureteric).

**МОШОНКА (scrotum), куулук** – урук бези туруучу калта. Анын функциясы сперматозоиддерди сактоо жана нормалдуу түзүлүштү камсыздоо болуп саналат. – Скроталдык (scrotal).

**МЫС (promontory), чурку** – оргaндын же дененин кандайдыр бир структурасынын чуркуюуп чыгышы (мисалы куймулчактын чуркуюушу).

**МЫШЕЧНЫЙ (muscularis), булчуңдуу** – көңдөй органдын булчуңдуу катмары (мисалы ашказандын) же кандайдыр-бир түтүктүү структурасы (ичеги же сийдик түтүкчүсү сыяктуулар).

**МЫШЦА БОЛЬШЕБЕРЦОВАЯ (tibialis), чоң жото жилик булчуңу** – тизе булчуңунун бири, чоң жото жилик сөөктөн башталып, таман сөөгүнөн өтөт.

**МЫШЦА ВИСОЧНАЯ (temporalis), чыкый булчуңу** – чайноо булчуңу. Бул булчуң ылдыйкы жаакты көтөрүп, оозду жабууга көмөк көрсөтөт.

**МЫШЦА ВНУТРЕННЯЯ (intrinsic muscle), ички булчуң** – кандайдыр бир органдын же анын бир бөлүгүнүн ичинде жайгашуучу булчуң.

**МЫШЦА ГЛАДКАЯ (smooth muscle), МЫШЦА НЕПРОИЗВОЛЬНАЯ (involuntary muscle), жылмакай булчуң, эрксиз булчуң** – бул булчуңда жай, узак созулуучу, жыйрылуулар, алар аң – сезимге көзөмөлсүз болот. Жылмакай булчуңдар жыныстык органдардын капталдарында (ашказандын, ичегинин, кан тамырлардын, табарсыктын, бронхтордун ж.б.) орун алышат. Салыштыруу үчүн: Туурасынан кеткен чаар булчуң.

**МЫШЦА ГРУДИНО-КЛЮЧИЧНО-СОСЦЕВИДНАЯ (sternomastoid muscle, sternocleidomastoid muscle), төш-акырек-упчу сымал булчуң** – моюндун узун тышкы булчуңу, ал төштөн, акыректен башталып упчу сымал чорчокко, чыкый сөөккө бекилет.

**МЫШЦА ГРУДИНОПОДЪЯЗЫЧНАЯ (sternohyoid), көкүрөк тил астындагы булчуң** – моюндун төш тил алдындагы булчуңу, ал көкүрөк сабынан башталып, тил астындагы сөөккө бекилет.

**МЫШЦА ДЕЛЬТОВИДНАЯ (deltoid), делта сымал булчуң** – калың үч бурчтуу булчуң, ийин муунун каптайт.

**МЫШЦА ЖЕВАТЕЛЬНАЯ (masseter), чайнаткыч булчуң** – калың чайнаткыч булчуң, бет сөөк догодон башталып ылдыйкы жаактын тышкы бурчуна бекилет. Тамак чайноо процессинде маанилүү ролду ойнойт.

**МЫШЦА ЗУБЧАТАЯ (serratus), тиштүү булчуң** – араа сымал булчуң. Мисалы, алдыңкы араа сымал булчуң (serratus anterior) – сегизинчи-тогузунчу чоң араа кабыргалардан башталып далыга бекитилет.

**МЫШЦА ИКРОНОЖНАЯ (gastrocnemius), балтыр булчуңу** – шыйрак булчуңунун көп бөлүгүн түзүүчү булчуң. Ал тизе менен таманды ийет.

**МЫШЦА КАМБАЛОВИДНАЯ (soleus), камбала сымал булчуң** – шыйрактын чоң, калың булчуңу, шыйрак булчуңунун астынан өтөт. Ал таманды ийет.

**МЫШЦА КВАДРАТНАЯ (quadratus), чарчы булчуң** – формасы квадратты элестетүүчү булчуң. Бул булчуң санды сыртына бурат.

**МЫШЦА КРУГЛАЯ (teres), тоголок булчуң** – ийин белдин бир булчуңу, далыдан өтүп ийин сөөгүнө бекилет. Чоң тоголок булчуң (чоң бөлүк) ийинди жазат жана аны ичине бурат; кичине тоголок булчуң (teres minor) ийинди сыртына бурайт.

**МЫШЦА КРУГОВАЯ (orbicularis), тегерек булчуң** – беттин тегерек булчуңу. Оодун тегерек булчуңу (orbicularis oris) ооз көңдөйүн айланта каптап ооз көңдөйүн жабат.

**МЫШЦА ЛЕСТНИЧНАЯ (scalenus), тепкичтик булчуң** – моюндун төрттүн биринин жупуну булчуңу (алдынкы (scalenus anterior), ортоңкусу (medius), менен арткысы (posterior); бул булчуңдар моюн омурткаларынын туурасынан кеткен бутагынан биринчи жана экинчи кабыргага бекитилет.

**МЫШЦА ЛОКТЕВАЯ (anconeus), чыканак булчуңу** – жалпак кыска булчуң, ийиндин арткы бөлүгүндөгү теринин астында жайгашкан; карууну жазат.

**МЫШЦА МАЛОБЕРЦОВАЯ (peroneus), кичи жото булчуң** – шыйрак булчуңунун латералдык тобуна кирет, кичи жото жиликтен башталат. Узун кичи жото булчуң (peroneus longus) жанан кыска кичи жото булчуңдар (peroneus brevis) балтырдын латералдык бети менен өтүшөт. Бул булчуңдар бут кетменин бүгүшөт жана аны латералдык кырга көтөрүшөт.

**МЫШЦА НАДЧЕРЕПНАЯ (epicranius), баш сөөк алдындагы булчуң** – кенен булчуң-апоневротикалык катмар, баш сөөктүн төбөсүндө жайгашкан.

**МЫШЦА НЕПРОИЗВОЛЬНАЯ (involuntary muscle), эрксиз булчуң** – эрксиз жыйрылуучу булчуң (бул булчуңдарга ичегинин, ашказандын, кан тамырлардын жана жүрөктүн булчуңдары). Кошумча караңыз: Жүрөк булчуңу, Жылмакай булчуң.

**МЫШЦА ПЛЕЧЕВАЯ (brachialis), ийин булчуңу** – ийиндин алдыңкы экиден үч бөлүгүндө орун алган булчуң, чыканак сөөктүн быдыракай бөлүгүнө бекийт. Ал ийиндин үч баштуу булчуңунун антогонисти болуп саналат.

**МЫШЦА ПОДВЗДОШНАЯ (iliacus), капчыт булчуңу** – жалпак үч бурчтук булчуң, ал жука чурай аймагында жайгашкан. Бул булчуң бел булчуңу менен кошо сандагы буттун бүгүлүшүн камсыз кылат.

**МЫШЦА ПОДВЗДОШНО-ПОЯСНИЧНАЯ (iliopsoas), кыпчыт-бел булчуңу** – татаал булчуң, ал кыпчыт менен бел булчуңдан пайда болот жана жалпы тарамышы бар.

**МЫШЦА ПОДКОЛЕННАЯ (popliteus), тизе астындагы булчуң** – жалпак үч бурчтуу булчуң, тизе алдындагы көңдөйдөн өтүп чоң жото жилик сөөгүн каптайт. – Тизе алдындагы (popliteal).

**МЫШЦА ПОДЪЯЗЫЧНО-ЯЗЫЧНАЯ (hyoglossus), тил-астындагы булчуң** – тилди түшүрүүчү булчуң.

**МЫШЦА ПОПЕРЕЧНОПОЛОСАТАЯ, МЫШЦА ИСЧЕРЧЕННАЯ (striated muscle), туурасынан кеткен булчуң, чийилген булчуң** – туурасунан кеткен булчуң ткандардан пайда болгон, андан адамдын сөөк мускулатурасы (skeletal muscles) курулат. Сөөк булчуңдары сөөк скелетин каптап сөөктөр кыймылдай баштайт.

**МЫШЦА ПОРТНЯЖНАЯ (sartorius), бычма булчуң** – ичке тасма сымал булчуң, ал сандын алдынкы бетинен кыпчыт сөөкө чейинки чоң балтыр сөөктүн одуң жерине чейин өтөт. Бул булчуң, адам денесиндеги эң узун булчуңдардын бири; ал санды жана тизени бүгөт же санды сыртка карай бурулууга шарт түзөт.

**МЫШЦА ПОЯСНИЧНАЯ БОЛЬШАЯ (psoas major), чоң бел булчуңу** – чоң калың ийик сымал булчуң, ич капталынын артынкы бөлүгүндө орун алган; ал капчыт булчуң менен биригип капчыт – бел булчуңун түзөт, санды жамбаш – сан муунда бүгөт.

**МЫШЦА ПРОИЗВОЛЬНАЯ (voluntary muscle), эрктүү булчуң.** Караңыз: Туурасынан кеткен чаар булчуң, Чийилген булчуң.

**МЫШЦА ПРОТИВОПОСТАВЛЯЮЩАЯ (opponens), карама каршы коюучу булчуң** – манжа булчуңунун бирөөсү. Мисалы, манжанын чоң бармагын (opponens pollicis) карама-каршы койгон, негизги булчуң болуп саналат, ал чоң манжаны калган манжаларга карата карама - каршы коёт.

**МЫШЦА ПРЯМАЯ (rectus), түз булчуң** – адамдын каалаган түз булчуңу. Мисалы, көздүн карегинин түз булчуңу (rectus muscles of the orbit), ич булчуңунун түз булчуңу

(rectus abdominis) ж.б. Сандын түз булчуңу (rectus femoris) төрт баштуу булчундун бөлүгү болуп саналат.

**МЫШЦА РОМБОВИДНАЯ (rhomboid), ромб сымал булчуң** – бел булчуңунун сырткы бөлүгүнө тиешелүү булчуңдардын бири, омуртка менен далыдан өтүүчү трапеция сымал булчуң. Бул булчуңдар далынын омурткага жана өйдө карай кыймылын камсыз кылышат.

**МЫШЦА СЕРДЕЧНАЯ, МИОКАРД, СЛОЙ СРЕДНИЙ (cardiac muscle), жүрөк булчуңу, миокард, ортоңку катмар** – жүрөктүн капталындагы булчуң. Жүрөк булчуңу туурасынан кетүүчү булчуң ткандардан турат, кардиомиоциттерден турат жана түйүндү калыптандырат.

**МЫШЦА СКЕЛЕТНАЯ (skeletal muscle), скелет булчуңу.** Караңыз: Туурасынан кетүүчү чаар булчуң.

**МЫШЦА ТРАПЕЦИЕВИДНАЯ (trapezius), трапеция сымал булчуң** – жалпак үч бурчтуу булчуң, арка бөлүктүн үстүнкү бөлүгүнөн жана моюндун арткы бөлүгүнүн үстүндө жайгашкан.

**МЫШЦА ТРЕХГЛАВАЯ (triceps), үч баштуу булчуң** – үч башы бар булчуң: мисалы, ийиндин үч баштуу булчуңу (triceps brachii); анын жыйрылышы каруунун жазылышына алып келет. Бул булчуң ийиндин эки баштуу булчуңунун антогонисти болуп саналат.

**МЫШЦА ЧЕЛЮСТНО-ПОДЪЯЗЫЧНАЯ (mylohyoid), жаак-тил астындагы булчуң** – ооз көңдөйүнүн негизинде орун алган булчуң, анын бир учу астыңкы жаакка бекилет, башкасы тил астындагы сөөккө бекитилет.

**МЫШЦА ШЕИ ПОДКОЖНАЯ (platysma), тери астындагы моюн булчуңу** – чоң ичке булчуң, моюндун алдыңкы – каптал үстүнөн өтүп көкүрөк фасциясынын акыректен ылдыйкы четинен астыңкы жаак менен ооздун бурчунан өтөт.

**МЫШЦА ШИЛОПОДЪЯЗЫЧНАЯ (stylohyoid), шибеге сымал тил астындагы булчуң** – тил астындагы булчуңдардын бири, чыкый сөөктүн шибеге сымал өсүштөн башталып, тил астындагы сөөккө бекилет.

**МЫШЦА ШИЛОЯЗЫЧНАЯ (styloglossus), шибеге сымал булчуң** – тилдин скелет булчуңунун бири; чыкый сөөктүн өсүшүнөн башталып тилдин ичине кирет.

**МЫШЦА ШИРОКАЯ (vastus), кенен булчуң** – үч булчундун бири (аралык (vastus intermedius), латералдык (vastus lateralis) жана медиалдык (vastus medialis)), булар болсо төрт баштуу сан булчуңунун бөлүктөрү болуп саналат.

**МЫШЦА ЩЕЧНАЯ (buccinator), жаак булчуңу** – жаак булчуңу; үстүнкү жаактын альвеолярдык догосунун үстүнкү бөлүгүнөн башталат.

**МЫШЦА, ВЫТАЛКИВАЮЩАЯ МОЧУ (detrusor), сийдикти чыгаруучу булчуң** – табарсык капталындагы жылмакай булчуң.

**МЫШЦЫ ГРУДИ (pectoral muscles), көкүрөк булчуңу** – көкүрөктүн алдыңкы бөлүгүндө орун алган булчуңдар.

**МЫШЦЫ МЕЖРЕБЕРНЫЕ (intercostal muscles), кабырга аралык булчуңдар** – кабыргалардын арасынан орун алган булчуңдар; кабыргалардын ар кандай кыймылын контролдоого катышат. Сырткы кабырга аралык булчуңдар (external intercostals) демди ичке тартууда кабыргаларды көтөрөт; тереңирээк жайгашкан ички кабырга аралык булчуңдар (internal intercostals) демди сыртка чыгарууда кабыргаларды төмөн түшүрүшөт.

**МЫШЦЫ ПОСТУРАЛЬНЫЕ (postural muscles, antigravity muscles), постуралдык булчуңдар** – мындай булчуңдар дененин абалын туура кармоо үчүн жана оор нерселерди көтөрүүдө кызмат аткарышат.

**МЫШЦЫ ЯГОДИЧНЫЕ (gluteus), жамбаш булчуңдары – жамбаш сөөгүнүн сырткы булчуңдары** – чоң (gluteus maximus), орто (gluteus medius) жана кичине (gluteus

minimus) болуп үчкө бөлүнүшөт да жамбаш сөөктөрүн кыймылга келтиришет. – Соордук (gluteal).

**МЫЩЕЛОК (condyle), дөңчө** – кээ бир сөөктөрдөн эпифизинде тоголок же сүйрү дөмпөйүп чыгуу, мисалы, желке сөөктүн, ал башка сөөктөр менен кошулуудагы түзүлүштө катышат.

## Н

**НАДБРОВНЫЙ (superciliary), каштын үстүндөгү** – кашка же анын аралыгындагы аймакка тиешелүү сөз.

**НАДГОРТАННИК (epiglottis), коко** – былжырлуу кыртыш менен капталып, тил артында жайгашкан жука, жалбырак сымал кемирчек. Жутуу мезгилинде кекиртектин оозун жаап калат.

**НАДКОЛЕННИК (patella), тизе үстүндөгү** – сесамотиптүү сөөк, тизе муунун түзөт. Кошумча караңыз: Сесам сымал сөөк.

**НАДКОСТНИЦА (periosteum), сөөктүн сырткы кабыгы** – калың ткань бириктирүүчү сөөктүн баарын каптоочу пластина, муун аяктарынан тышкары. Сөөк кабынын жардамы менен сөөккө аны курчап турган булчуңдар, тарамыштар жана байламталар бекилет.

**НАДМЫЩЕЛОК (epicondyle), дөмпөк үстү** – дөмпөйүү, ал сөөктүн муун аягындагы дөмпөк үстүндө орун алган.

**НЕВРОТМЕЗ (neurotmesis), невротмез** – перифириялык нервдин толук анатомиялык тыныгуусу, ал нерв булаларынын дегенерациясы менен коштолот. Салыштыруу үчүн: Аксонотмез, Неврапраксия.

**НЕЙРОАНАТОМИЯ (neuro-anatomy), нейроанатомия** – баардык иерархиялык деңгээлдерде: макроскопиялык, микроскопиялык жана ультрамикроскопиялык нерв системасынын түзүлүшүн үйрөтүүчү анатомиянын чөйрөсү.

**НЕЙРОБИОТАКСИС (neurobiotaxis), нейробиотаксис** – түйүлдүк мезгилинде нерв клеткасынын жылуу жөндөмдүүлүгү.

**НЕЙРОГИПОФИЗ (neurohypophysis), нейрогипофиз** – гипофиздин арткы үлүшү.

**НЕЙРОТРОПНЫЙ (neurotropic), нейротроптуу** – нерв тканына карай өсүп багытталган же ага тиешеси бар.

**НЕЙРОТРОФИЧЕСКИЙ (neurotrophic), нейротрофикалык** – организмдеги нерв ткандарынын трофигине жана өсүшүнө тиешелүү сөз.

**НЕЙРОФИБРИЛЛА (neuroflbril), нейрофибрилла** – белоктук филаменттердин тутамдары, алар нейрон денечелеринде жана алардын урчуктарында болушат.

**НЕКСУС (nexus), нексус** – (анатомияда) жылчык сымал байланыш. Ал байланыш аркылуу бир клеткадан экинчи клеткага сууда эрүүчү кичине молекулалар өтөт. Мындай байланыштар менен адамдын же жаныбарлардын көпчүлүк клеткалары кошулган.

**НЕРВ (nerve), нерв** – нерв булаларынын түйүнү, ал аркылуу баш мээ же жүлүн аркылуу мээнин импульстары булчуңдарга жана бездерге (кыймылдоочу же центробеждик нервдер (motor nerves)) берилет же рецепторлордон баш мээге жана жүлүнгө өтөт (сезгичтик же борбордук умтулган нервдер (sensory nerves)).

**НЕРВ АКУСТИЧЕСКИЙ (acoustic nerve), акустикалык нерв** – караңыз: Алдынкы – үлүл сымал нерв.

**НЕРВ АЛЬВЕОЛЯРНЫЙ (dental nerve), альвеолярдык нерв** – ылдыйкы жана үстүнкү нервдер, тишти камсыз кылуучу нервдер.

**НЕРВ БЕДРЕННЫЙ (femoral nerve), сан нерви** – бел түйүнүнөн өтүүчү нерв. Ал төрт баштуу, бычма жана таажылык булчуңдарды иннервациялайт, анын менен бирге

сандын, балтырдын жана бут кетменинин алдынкы жана медиалдык бетинде теринин сезгичтик иннервациясын аткарат. Ал биринчи, экинчи, үчүнчү жана төртүнчү бел нервдеринен өтөт.

**НЕРВ БЛОКОВОЙ (trochlear nerve), блоктук нерв** – төртүнчү баш сөөктүк – баш мээлик кыймылдаткыч нерв (IV), көз алмасынын үстүнкү кыйшык булчуңун иннервациялаган нерв.

**НЕРВ БЛУЖДАЮЩИЙ (vagus nerve), жылып туруучу нерв** – онунчу (X) аралаш баш сөөктүк – баш мээлик нерв; анын сезгичтик бөлүгү баш мээнин катуу кабыгын, кулак үлүлүнгүн жана угуучу жолдордун терисин, кулкундун былжырлуу челин, иннервациялайт, жумшак таңдайдын жана коконун челин, ошондой эле жүрөктүн, дем алуу органдардын, тамак сиңирүүнүн жана бөйрөктүн бөлүгүн иннервациялайт.

**НЕРВ ГЛАЗНОЙ (ophthalmic nerve), көз нерви** – үч түйүндүү нервдин биринчиси, баш сөөктөн чыгып үстүнкү көз жылчыгы аркылуу өтөт. Көз нерви көз алмасынын, конъюктиванын жана жаш бездердин, мурун көңдөйүнүн чоң эме былжырлуу челин, ошондой эле чекенин жана үстүнкү каректин терисинин сезгичтик иннервациясын аткарат.

**НЕРВ ГЛАЗОДВИГАТЕЛЬНЫЙ (oculomotor nerve), көз кыймылдаткыч нерв** – үчүнчү баш сөөктүк нерв (III), кыймылдаткыч бөлүктөн турат, ал болсо көз алмасынын булчуңун кыймылга келтирет жана үстүнкү каректин булчуңун өйдө көтөрөт.

**НЕРВ ДВИГАТЕЛЬНЫЙ (motor nerve), кыймылдаткыч нерв** – борбордук нерв системасынан импулстар өтүүчү нерв. Адам организмдеги булчуңдардын жана бездердин активдүү ишмердүүлүгүн камсыз кылат. Салыштыруу үчүн: Сезгич нерви.

**НЕРВ ДИАФРАГМАЛЬНЫЙ (phrenic nerve), диафрагмалык нерв** – диафрагмалык булчуңдарды кыймылдатуучу нерв. Моюндун эки жагынан өтүүчү үчүнчү жана төртүнчү түйүнүнөн диафрагмага түз өпкөгө жана жүрөккө өтөт.

**НЕРВ ДОБАВОЧНЫЙ (accessory nerve), кошумча нерв** – баш сөөктүн он биринчи жупуну нерви (XI), кабыкчалар менен капталган. Ал кыймылдаткыч нервдик булаларды камтыйт, баштын бурулушуна, ийиндердин көтөрүлүшүнө жана далыны омурткага келтирүүгө жоон берүүчү иннервациялаган булчуңдардагы нервдерди камтыйт.

**НЕРВ ЗРИТЕЛЬНЫЙ (optic nerve), көрүү нерви** – баш сөөк нервдин экинчи жупуну нерви (II), алар аркылуу көз торчосуна импулстар өтөт. Ар бир нервде миллион булалар өтөт – торчонун ганлиоздук клеткаларынын аксондору, алар аркылуу маалымат фоторецептрдук клеткалардан баш мээге келет.

**НЕРВ ЛИЦЕВОЙ (facial nerve), бет нерви** – баш сөөк нервдердин жетинчи жупуну нерви (VII), сезимтал менен кыймылдаткыч нервдер менен аралашкан нерв, мимикалык булчуңдарды кыймылга келтирген нерв.

**НЕРВ ЛОКТЕВОЙ (ulnar nerve), чыканак нерви** – ийин түйүнүнүн бирден бир негизги нерви; ал медиалдык кобул аркылуу ийиндин эки баштуу булчуңуна жана чыканак бороздасынан алаканга өтөт. Билек – бейбелчек муунунун аймагындагы терини, чеңгелдин сыртын, V, IV жана III манжанын, чыканак, билек – бейбелчек муунунун чеңгелин, ошондой эле каруунун жана чеңгелдин булчуңдарын иннервациялайт.

**НЕРВ ЛУЧЕВОЙ (radial nerve), каржилик нерви** – колдун маанилүү аралашкан нерви, ийин түйүнүнүн эң чоңу болуп саналат. Ал ийин сөөгүнүн артынан өтүп, ийин алдындагы булчуңдардын арткы тобу менен ийин булчуңдарын кыймылга келтирет.

**НЕРВ МЫШЕЧНО-КОЖНЫЙ (musculocutaneous nerve), булчуң – тери нерви** – ийин түйүнүнүн нерви; кол, чыканак муунунун капсуласын жана билек алдындагы латералдык катмарындагы терини иннервациялайт.

**НЕРВ ОТВОДЯЩИЙ (abducens nerve), буруучу нерв** – баш сөөк нервдердин алтынчы жупуну нерви (VI), көз алмасынын капталындагы түз булчуңун кыймылга келтирет жана көздү капталга караган үчүн жоон берет.

**НЕРВ ПОДКОЖНЫЙ** (**saphenous nerve**), **тери астындагы нерв** – сан нервинин чоң түйүнү, ал сандын үстүнкү бетинен өтүп, андан ары медиалдык чоң булчуңга келип түшүт, бул нерв тизе муунундагы медиалдык катмарындагы терини кыймылга келтирет.

**НЕРВ ПОДЪЯЗЫЧНЫЙ** (**hypoglossal nerve**), **тил астындагы нерв** – баш сөөктүк он экинчи нерви (XII), тил булчуңун кыймылга келтирет да сүйлөө жана жутуу кыймылы менен байланыштуу болот.

**НЕРВ СЕДАЛИЩНЫЙ** (**sciatic nerve**), **көчүк нерви** – алдыңкы муундагы эң чоң нерв. Ал сандын арткы капталынан ылдый тизе астындагы чукурунун жанына түшөт. Бул нерв эки чоң бутактанууга бөлүнөт – чоң балтыр нерв (tibial nerve) жана жалпы чоң балтыр нерв (common peroneal nerve) болуп, алар булуңдарды, балтырдын жана бут кетменинин терисин иннервациялайт.

**НЕРВ СЛЕЗНЫЙ** (**lacrimal nerve**), **жаш нерви** – көз нервинин бутагы, жаш безин иннервациялайт (караңыз: Жаш аппараты) жана көздүн конъюнктивасын.

**НЕРВ СЛУХОВОЙ** (**auditory nerve**), **угуу нерви** – баш сөөктүк баш мээдеги сегизинчи сезгич нерви (VIII), ал аркылуу ички кулактан баш мээгэ вестибулярдык аппараттан жана кулактын ички органдан корти органдардан импульстар өтөт. Бул нерв эки бөлүктөн турат: кире бериш нервдери (vestibular nerve) жана үлүл нервдери (cochlear nerve). Караңыз: Кире бериш – үлүлдүк нервдер.

**НЕРВ СОСУДОДВИГАТЕЛЬНЫЙ** (**vasomotor nerve**), **кан тамыр кыймылдаткыч нервдер** – вегетатативдик нерв системасындагы бир нерв; ал тамырлардын жылмакай капталдарына таасир этишет жана жүрөк жыйрылуусунун тездиги менен кан айлануу процессин жөнгө салат.

**НЕРВ СПИННОМОЗГОВОЙ ДОБАВОЧНЫЙ** (**spinal accessory nerve**), **кошумча жүлүн нерви.** Караңыз: Кошумча нерв астыңкы жаактык нервдер. Кыймылдаткыч булалар, чайноочу булчуңдарды жана кээ бир моюн булчуңдарды иннервациялайт, ал эми сезгичтик булалар болсо баштын жарымынан келүүчү (анын ичинде ооз көңдөйүнөн) жана мээ кабыгынан температура жөнүндө, оору жөнүндө маалыматты жиберет.

**НЕРВ ЧУВСТВИТЕЛЬНЫЙ, НЕРВ СЕНСОРНЫЙ** (**sensory nerve**), **сезүүчү нерв, сенсордук нерв** – дененин перифериялык бөлүктөрдөн борбордук нерв системасы аркылуу афференттик маалымат келет. Ар түрдүү сенсордук нервдер баш мээге температура, оору, тамактын даамы, ж.б. жөнүндө маалыматтарды берет. Салыштыруу үчүн: Кыймыл нерви.

**НЕРВ ЯЗЫКОГЛОТОЧНЫЙ** (**glossopharyngeal nerve**), **кекиртек тил нерви** – баш сөөктүк аралашкан тогузунчу нерви (IX), ал щибеге сымал кекиртек булчуңду, кулактын жанындагы шилекей безин, ошондой эле тилдин үчтөн бир арткы бөлүгүндөгү жумшак таңдайды иннервациялайт.

**НЕРВЫ ВНУТРЕННОСТНЫЕ** (**splanchnic nerves**), **ички органдык нервдер** – симпатикалык нервдердин катарына кирет, алар кан тамырларды жана ички органдарды иннервациялайт.

**НЕРВЫ КРЕСТЦОВЫЕ** (**sacral nerves**), **сегиз куймулчак нервдер** – жүлүн нервдеринин 5 жубу, алар жүлүн бөлүктөгү сегиз куймулчак өтөт. Бул нервдердин курамына сезгичтик жана кыймыл булалар, иннервациялаган булчуңдар жана соор аймагындагы тери жана чаткаяк териси, сырткы жыныс энинчелердин териси, сандын бетиндеги тери жана булчуңдар, сөөктөр, муундар, балтырдын жана бут кетменин териси кирет.

**НЕРВЫ ОБОНЯТЕЛЬНЫЕ** (**olfactory nerve**), **жыт билүү нервдери** – баш сөөк нервдеринин биринчи жубу (I), алар жыт билүү эпителийиндеги нейросенсордук клеткалардын борбордук өсүштөн турушат.

**НЕРВЫ ПИЛОМОТОРНЫЕ (pilomotor nerves), пиломотордук нервдер** – симпатикалык нервдер, алар теридеги жылмакай булчуң булаларды, чач тамырларын иннервациялайт. Симпатикалык нерв системасынын таасиринен адамда үшүү, коркуу сезими болот.

**НЕРВЫ СПИННОМОЗГОВЫЕ (spinal nerves), жүлүн нервдери** – жүлүн нервинен өтүүчү 31 жуп нервдер, алар омуртка тешикчесинен чыгып адамдын бүт денесине тарашат. Ар бир нерв, эки нерв тамырларды камтыйт – алдынкы, ал кыймыл нерв булаларды камтыйт, жана арткы, ал сезгичтик нерв булаларды камтыйт.

**НЕРВЫ ЧЕРЕПНЫЕ, НЕРВЫ ЧЕРЕПНО-МОЗГОВЫЕ (cranial nerves), баш сөөктүк нервдер, баш-мээ нервдери** – баш мээден жана бөлөк тешикчелер аркылуу баш сөөктүн көңдөйчөлөрүнөн өткөн 12 жуп нервдер. Алар төмөнкүдөй номер менен аталышат: I жыт билүүчүлүк; II көрүүчүлүк; III көз кыймылдоочулук; IV блоктук; V үчилтик; VI буруп кетүүчү; VII бет; VIII киребериш – үлүлдүк; IX тил кулкундук; X адашма; XI кошумча жана XII тил астындагы. Салыштыруу үчүн: Жүлүндүк нервдер.

**НИЖНИЙ (inferior), астыңкы** – (анатомияда) дененин кайсы-бир бөлүгүнүн астында жайгашуучуга карата колдонулат.

**НИТЬ (filum), жип** – жип сымал структура. Мисалы, терминалдык жип (filum terminale) жүлүн бөлүктүн акыркы уландысы болуп саналат.

**НОГОТЬ (nail, unguis), тырмак** – кератинден турган жана кол-бут манжаларынын ар биринин учундагы дорсалдык кыртышта жайгашкан пластинка.

**НОЖКА (crus,** көпч. **crura), бутча** – структуранын бөлүгү же узун өсүш. Мээнин бутчасы нерв булалардан, нерв заттардан, ретикуляциялык формациядан жана бир катар ядролордон турат.

**НОСОГЛОТКА (nasopharynx, rhinopharynx), мурун кулкун** – кекиртектин үстүнкү бөлүгү, хоандын деңгээлинде орун алган.

## О

**ОБЛАСТЬ КОРЫ ГОЛОВНОГО МОЗГА ДВИГАТЕЛЬНАЯ (motor cortex), баш мээ кабынын кыймылга келтирүүчү бөлүгү** – баш мээ кабынын нерв импульстарынын ишин камсыздап, адамдын сөөк булчуңдарынын кыймылы менен коштолуучу бөлүгү. Ар бир бөлүк дененин тигил же бул бөлүгүнүн кыймылы үчүн жооп берет. Мисалы, мээнин сол жарым шарындагы кыртыштын кыймылдуу бөлүгү дененин оң ыптасындагы булчуңдардын иштешин камсыздайт.

**ОБЛАСТЬ НАДЧРЕВНАЯ, ЭПИГАСТРИЙ (epigastrium), ич үстүндөгү жак, эпигастрий** – үстүнкү – ортоңку ичтин тарабы – эпигастралдык бөлүк. – Эпигастралдык (epigastric).

**ОБЛАСТЬ ПОДРЕБЕРНАЯ (hypochondrium), кабырга алды тушу** – ылдыйкы кабыргалар алдында жайгашкан ич көңдөйүнүн үстүнкү каптал бөлүгү. – Кабырга алды (hypochondriac).

**ОБЛАСТЬ ПОЛОВАЯ (pudendum, көпч. pudenda), жыныстык бөлүк – сырткы** жыныс органдары. Өзгөчө аялдарга тиешелүү (караңыз: Вульва). – Сырткы жыныс органдарына тиешелүүлүк (pudendal).

**ОБОЛОЧКА (sheath), чел кабык** – 1. Анатомияда – бириктиргич ткандын чели, ал нервдерди, артерияларды, тарамыштарды жана булчуңдарды каптайт. 2. Презерватив.

**ОБОЛОЧКА (tunica), чел кабык** – кайсы-бир органдын же анын бир бөлүгүнүн тышкы же ички кабы (мисалы, кан тамырлардын каптал катмары (караңыз: Адвентиция, Ички кабык, Медия)).

**ОБОЛОЧКА МОЗГОВАЯ (meninx), баш мээ кыртышы** – 1. Эмбриондун баш мээсин айланта курчап турган мезодермадагы жука катмар. Андан баш сөөктүн бир катар

бөлүгү жана мээни айланта курчап турган кыртыштар жаралат. Кошумча караңыз: Кемирчектик баш сөөк. 2. Караңыз: Мээнин чел кабыгы (meninges).

**ОБОЛОЧКА МОЗГОВАЯ МЯГКАЯ (pia, pia mater), жумшак мээ кабыгы** – үч кабыктын бири, баш мээни жана жүлүндү курчап турат.

**ОБОЛОЧКА МОЗГОВАЯ ТВЕРДАЯ (dura, dura mater, pachymeninx), баш мээнин катуу кыртышы** – баш мээ кыртыштарынын мээ жана жүлүндү жаап турчу бир бөлүгү.

**ОБОЛОЧКА МОЗГОВАЯ ТВЕРДАЯ, ПАХИМЕНИНКС (pachymeninx), мээнин катуу чел кабыгы, пахименинкс** – үч мээ чел кабыгынын сырткы кабыгы, баш мээни жана жүлүндү каптайт.

**ОБОЛОЧКА ПАУТИННАЯ (arachnoid, arachnoid mater), желе кыртышы** – баш мээ жана жүлүндү жаап турган үч кыртыштын ортончусу (караңыз: Мээнин чел кабыгы); абдан жука жана желе сымал түзүлүшкө ээ. Анын жана мээнин чел кабыгынын ортосунда субарахноидалдык аймак жайгашкан, ал жүлүн суюктуктугун камтыйт.

**ОБОЛОЧКА ПОДСЛИЗИСТАЯ, ОСНОВА ПОДСЛИЗИСТАЯ (submucosa), былжырлуу каптын асты, былжырлуу каптын астынкы негизи** – бириктирүүчү ткандын булалуу катмары, эластикалык булаларга бай, былжырлуу кабыктын астында жайгашкан (мисалы, ичегинин капталында). – Былжырлуу кап асты (submucosal).

**ОБОЛОЧКА СЕРОЗНАЯ (serous membrane, serosa), илээшме кабык** – ткань бириктиргич тунук чел кабык, эластикалык коллагендүү булалар менен, кан жана лимфа тамырларга жана нервдерге бай. Салыштыруу үчүн: Былжырлуу чел.

**ОБОЛОЧКА СЛИЗИСТАЯ (mucous membrane, mucosa), былжырлуу кабык** – ички түтүк сымал органдардын көпчүлүгүн каптаган былжырлуу нымдуу кабык, анын арасына мурун көңдөйү жана дем алуу органдары менен ичеги-карын тракт, табарсык органдары о.э. жыныс органдары кирет. – Былжырлуу (mucosat).

**ОБОЛОЧКА ЯЙЦЕКЛЕТКИ БЛЕСТЯЩАЯ (zona pellucida), урук клеткасынын жалтырак кыртышы** – аналык без фолликуласынын ичиндеги ооцитти курчап турган калың кыртыш. Караңыз: Жумуртка клеткасы.

**ОБОЛОЧКИ ВНЕЗАРОДЫШЕВЫЕ (extraembryonic membranes), түйүлдүк сыртындагы кыртыш** – эмбрионду айланта курчап, плацента жана киндиктин жаралышына катыша турган кыртыштар. Аларга: амнион, хорион, аллантоис жана сары кап кирет.

**ОБОЛОЧКИ МОЗГА (meninges, жекелик. meninx), мээнин чел кабыгы** – омурткалуу каналды жана баш сөөктү каптоочу ткань бириктирүүчү үч чел кабык, алар баш мээни жана жүлүндү курчап турушат. Сырткы чел кабыгы – мээнин катуу кабыгы – ийкемдүү эмес, бекем жана калыңыраак, ага караганда ортонку (желе сымал) жан ички (жумшак) чел кабыктар.

**ОБОНЯНИЕ (olfaction), жыт билүү сезими** – 1. Жыт сезгичтиги; жыт. 2. Жыт кабыл алуу актысы. Караңыз: Мурун. – Жыт билүүчүлүк (olfactory).

**ОБТУРАТОР (obturator), обтуратор** – 1. Караңыз: Жапкыч булчуң. 2. Тканды тешүү же аспирациондук ийнелерди толтуруу үчүн колдонулуучу канюля же көңдөй ийне ичиндеги зым же стержен. 3. Таңдай мүчүлүштүгүн жашыруу жана жасалма тиштерди бекитүүгө арналган чечип алма протез.

**ОГРАДА (claustrum), тосмо** – чоң мээ жарым шарындагы ак затта жайгашкан боз заттын тигинен кеткен ичке катмарчасы (караңыз: Базалдык ганглия).

**ОГРАНИЧЕННЫЙ ПОЛОМ (sex-limited), жыныстык белгиленген чек** – ар башка жыныс өкүлдөрүндө ар кандайча өтө турган (мисалы, эркектердин кашка баш болуусу) белгилерди мүнөздөп берүүдө колдонулат.

**ОДНОСТОРОННИЙ (unilateral), бир жактуу** – бул термин дененин же кандайдыр бир органдардын бир жак бетин жабыркагандыкка тиешелүү мааниде колдонулат.

**ОКНО (fenestra, oval window), терезече** – анатомияда терезеге окшош тешикче. Сүйрү терезече (fenestra ovalis) (же киребериш алдындагы терезече (fenestra vestibuli)), өзү менен ортонку кулак менен ички кулактын жана ички кулактын кире бериш ортосундагы тешикчени элестетет. Тоголок терезече (fenestra rotunda) (же үлүлдүн терезечеси (fenestra cochleae)) өзү менен ички кулактын кулак жаргакчасын жаргакча тепкичинен ажыратуучу тешикчени элестетет. Үн термелүүлөрү үлүлгө үлүл терезеси аркылуу келет.

**ОКОЛОГРУДИННЫЙ (parasternal), көкүрөктүн жанында** – көкүрөктүн жанында жайгашкандыкты билдирет.

**ОКОЧЕНЕНИЕ ТРУПНОЕ (rigor mortis), жансыз дененин зыңкыйып катып калуусу** – адамдын көзү өткөндөн кийинки сегиз саат аралыгында булчуңдуу ткандарда болуп өткөн химиялык өзгөрүүлөргө байланыштуу дененин зыңкыйып катып калуусу. Бул көрүнүш 24 сааттан кийин өз ордуна келет.

**ОЛИВА (olive), олива** – жүлүн менен мээнин ортосундагы сүйрү мээнин урчугу. Ал нерв клеткаларынын топтомдорунан турат (оливанын ядросунан (olivary nucleus)). – Оливдик (olivary).

**ОПИСТОТОНУС (opisthotonos), опистотонус** – омурткалардын булчуңунун өтө жыйрылуусунан адам артка ийилип, көк желкеси менен согончогу гана жерге тийиши, түпкүч болуп түйүлүү. Бул столбняк оорусунда байкалат жана стрихнин менен ууланышкан адамдарда кездешет.

**ОРГАН (organ), орган** – курамына бир нече ткань кирип, өзүнчө структуралык бирдикти түзүү менен организмде кандайдыр бир спецификалык функцияны аткаруучу (мисалы, жүрөк, өпкө жана боор) дене бөлүгү.

**ОРГАН КОРТИЕВ (organ of Corti), ОРГАН СПИРАЛЬНЫЙ (spiral organ), Корти органы, спирал сымал орган** – ички кулактын үлүлүндө жайгашуучу орган, ал нерв импульстарды жана үндүн сигналдарын өзгөртүп андан кийин баш мээге жиберет. Корти органы эки типтеги клеткалар менен түзүлгөн: рецептордук, ал болсо үндүн термелүүсүн кабыл алат жана колдоп турат.

**ОРГАН-МИШЕНЬ (target organ), бута-орган** – гормон, дары же кайсы бир башка зат таасир этүүчү спецификалык орган же ткань.

**ОРГАНИЗМ (organism), организм** – тулку бой, дене.

**ОРГАНИЧЕСКИЙ (organic), органикалык** – 1. Дененин бүтүндөй же кайсы бир органына тиешелүү нерселер. 2. Термин курамында көмүртеги бар жана тирүү организмдердин бардыгында жолуга турган химиялык кошулмаларды туюндуруу үчүн колдонулат.

**ОРГАНЫ ВНУТРЕННИЕ (viscera, жек. viscus), ички органдар** – дененин ар кайсы көңдөй бөлүгүндө жайгашкан органдар (мисалы, ич жана көкүрөк көңдөйүндөгү - карын, өпкө, ичеги ж.б.). – Висцералдык (visceral).

**ОРГАНЫ ПОЛОВЫЕ, ГЕНИТАЛИИ (genitalia), жыныстык органдар, гениталиялар** – эркек жана аялдын тукум жаратууга багытталган органы. Бирок бул термин, адатта репродуктивдүү системанын сырткы бөлүгүн түшүндүрүү үчүн гана колдонулат (кошумча караңыз: Вульва).

**ОСМИОФИЛЬНЫЙ (osmiophilic), осмиофилдүү** – термин осмий тетраоксидининдин жардамы менен оңой боёло турчу ткандарды мүнөздө үчүн колдонулат.

**ОСНОВА (tela), негизи** – ар түрдүү ткандык структурасы, негизинен, IV мээнин карынчасынын тамырдык негизи (tela choroidea). Негиз кан тамырларга бай болот.

**ОСТЕОФИТ (osteophyte), остеофит** – сөөк чарымынан өсүп чыккан урчугуй, дөмпөк.

**ОСТЕОХОНДРИТ (osteochondritis), остеохондрит** – сөөк менен чемирчектин экөөнүн тең бир убакта оорушу; рентгеногаммада аномалдык сөөк тканынын пайда болушу көрүнөт (караңыз: Остеосклероз). Кошумча караңыз: Келер оорусу, Легг – Кальве – Пертес оорусу, Осгуд – Шлаттер оорусу. Мурун бул оорулар остеохондроз (osteochondrosis) деп аталган.

**ОСТЕОХОНДРИТ РАССЕКАЮЩИЙ (osteochondritis dissecans), тилме остеохондрит** – кемирчектин чоң эмес аймагын толук же толук эмес бөлүү.

**ОСТЬ (spine), уч** – сөөктүн үстүнөн учтуу өсүш.

**ОСТЬ ПЕРЕДНЯЯ НОСОВАЯ (acanthion), мурундун алдыңкы учу** – үстүнкү жаактын мурун кесиминин алдына чыгып турушу.

**ОСЬ (axis), ок** – 1. Бар болуучу же көмүскөдөгү сызык, ал дененин борбору же анын бир бөлүгү аркылуу өтүүчү, же сызык, анын айланасында дене же анын бөлөк бөлүктөрү айлануучу кыймылдарды жасайт. 2. Экинчи моюн омурткасы; ал биринчи моюн омурткасы (атлант) менен бириккен. Ал баштын айлануучу кыймылдарын жасоого жардам берет.

**ОТВЕРСТИЕ (foramen,** көпч. **foramina), тешик** – тешик же апертура, өзгөчө сөөктө. Мисалы, тиштин үстүндөгү тешик (apical foramen) – бул тиштин үстүндө чоң эмес тешикче.

**ОТВЕРСТИЕ (introitus), тешик** – (анатомияда) туюк органга же көңдөйгө кирүүчү тешик.

**ОТВЕРСТИЕ (ostium,** көпч. **ostia), тешик** – (анатомияда) тешик. Ич көңдөйү (ostium abdominale) фаллопий түтүкчөсүндөгү тешикчени элестетет, ал аны ич көңдөйүнө ачып алып барат.

**ОТВЕРСТИЕ ЗАПИРАТЕЛЬНОЕ (obturator foramen), бекиттирүүчү тешик** – жамбаш сөөгүндөгү чоң тешик. Кошумча караңыз: Жамбаш.

**ОТДЕЛ РЕКТОСИГМОВИДНЫЙ ОБОДОЧНОЙ КИШКИ (rectosigmoid), жээк сымал ичегинин ректосигма сымал бөлүгү** – сигма түрүндөгү жээк сымал менен түз ичегинин ортосундагы өтмө аймагы.

**ОТОЛИТ, СТАТОЛИТ (otolith), ОТОКОНИЙ (otoconium), отолит, статолит, отоконий** – карбонат калцийдин чоң эмес кристаллы, ал желе сымал мембранада (стаконийдеги) баштыкчанын темгилинде же ички кулактын жатынчасында орун алган.

**ОТРОСТОК (acantha), урчук** – 1. Омуртканын урчуюп өскөн жери. 2. Омуртка.

**ОТРОСТОК (process), урчук** – (анатомияда) чоң эмес урчук. Мисалы, омуртакадагы урчук.

**ОТРОСТОК ВЕНЕЧНЫЙ (coronoid process), таажы урчук** – 1. Чыканак сөөктүн үстүнкү эпифизиндеги алдынкы урчук. 2. Алдынкы жаактын бутагындагы урчук, ага чыкый булчуңу бекилет.

**ОТРОСТОК КЛЮВОВИДНЫЙ (coracoid process), тумшук сымал урчук** – тумшукту элестетүүчү урчук.

**ОТРОСТОК КРЫЛОВИДНЫЙ (pterygoid process), канат сымал урчук** – шынаа сымал сөөгүндө чоң жуп урчук, ал эки катмарга бөлүнгөн: медиалдык жана латералдык болуп, алардын ортосунда канат сымал чуңкурча бар.

**ОТРОСТОК КРЮЧКОВИДНЫЙ (hamulus,** көпч. **hamuli), илгич сымал урчук** – ар кандай илгич сымал урчук (мисалы, бар болгон илгич сымал, жаш жана шынаа сымал сөөктөрдө, ошондой эле ички кулактагы үлүлдө).

**ОТРОСТОК ЛОКТЕВОЙ (olecranon process), чыканак урчугу** – чыканак сөөктүн арткы эпифизиндеги чоң урчук.

**ОТРОСТОК МЕЧЕВИДНЫЙ** (**xiphoid process**, **xiphoid cartilage, xiphisternum**), **кылыч сымал урчук** – көкүрөктүн дисталдык бөлүгү. Кылыч сымал урчук кабыргалар менен кошулбайт.

**ОТРОСТОК ПОЗВОНКА ПОПЕРЕЧНЫЙ** (**neural spine**), **туурасынан жайгашуучу омуртка урчугу** – жупуну урчук, омуртка догосунан туурасынан өтүүчү багытта өтөт.

**ОТРОСТОК ПОПЕРЕЧНЫЙ** (**transverse process**), **туурасынан кеткен урчук** – түздүктүү урчук, омуртка догосунун эки жагындагы негизде орун алган.

**ОТРОСТОК СОСЦЕВИДНЫЙ** (**mastoid**), **упчу сымал урчук** – ал упчуга окшош чыкый сөөктөгү урчук. Кошумча караңыз: Мастоидит.

**ОТРОСТОК ЧЕРВЕОБРАЗНЫЙ** (**vermix**), **курт сымал урчук** – караңыз: Аппендикс.

**ОТРОСТОК ШИЛОВИДНЫЙ** (**styloid process**), **шибеге сымал урчук** – 1. Чыкый сөөктүн үстүндөгү ылдый жакка багытталган узун, ичке урчук. 2. Ар кандай шибеге сымал урчук (мисалы, чыканак жана билек сөөктөрүнүн астынкы эпифизинде).

## П

**ПАЗУХА ВЕРХНЕЧЕЛЮСТНАЯ, ПАЗУХА ГАЙМОРОВА** (**maxillary sinus**), **ПОЛОСТЬ ГАЙМОРОВА** (**maxillary antrum**), **үстүнкү жааактык коңул, Гаймор коңулу, Гаймор көңдөйү.** Караңыз: Баш сөөктөгү мурунга тиешелүү көңдөйчөлөр.

**ПАЗУХИ НОСА ПРИДАТОЧНЫЕ** (**paranasal sinuses**), **мурунга тиешелүү кошумча көңдөйчөлөр** – баштын айрым бир сөөктөрүрдө жайгашып, аба менен толтурулуп, ичи былжырлуу кыртыш менен төшөлгөн боштуктар. Бул боштуктар атайы тешик жолдор аркылуу мурун көңдөйүндө ачылышат.

**ПАЛЕОТАЛАМУС** (**palaeothalamus**), **палеоталамус** – адам жана маймылдарда жакшы өнүккөн каптал жаккы неоталамуска караганда өзүнүн өнүгүү эволюциясы боюнча алда канча мурунку таламустун алдыңкы жана борбордук бөлүгү.

**ПАЛЕЦ БОЛЬШОЙ КИСТИ** (**pollex**, көпч. **pollices**), **чеңгелдин баш бармагы.**

**ПАЛЕЦ МОЛОТКООБРАЗНЫЙ** (**mallet finger**), **балка сымал манжа** – таман манжанын деформациясы.

**ПАЛЕЦ СТОПЫ БОЛЬШОЙ** (**hallux,** көпч. **halluces**), **бут кетменин чоң бармагы** – бут кетменин чоң бармагы.

**ПАЛЕЦ СТОПЫ БОЛЬШОЙ РИГИДНЫЙ** (**hallux rigidus**), **бут кетменинин чоң ригиддик бармагы** – биринчи шыйбылчаак - фалангалык муундун оор кыймылдоо абалы.

**ПАЛЕЦ СТОПЫ МОЛОТКООБРАЗНЫЙ** (**hammer toe**), **бут кетменинин балка сымал бармагы** – бут кетмендеги бармактын деформациясы (көпчүлүк учурда экинчисинин), ал анын шыйбылчак – шаадылык муундагы бүгүлүшү менен туудурулат. Мындай деформациянын кесепетинен бармак муунда бүгүлүп, бурчту пайда кылат; бул адамга катуу ооруну туудурушу мүмкүн.

**ПАЛЕЦ ЩЕЛКАЮЩИЙ** (**trigger finger**), **кырсылдатма бармак** – бармакты түздөө жөндөмдүүлүгүнүн бузулушу. Ооруган бармакты жазганда (адатта ортонку же аты жокту) ал бүгүлгөн бойдон кала берет, анадан кийин бир топ кыйынчылыктар менен кокусунан жазылып кетет («кырсылдоо» менен).

**ПАЛЛИДУМ** (**pallidum**), **ПАЛЕОСТРИАТУМ** (**palaeostriatum**), **паллидум, палеостриатум** – боз заттын топтолушу, ал баш мээнин ар бир жарым шарларынын тереңинде орун алган жана базалдык ганглийлер курамына кирет.

**ПАРАМЕДИАЛЬНЫЙ (paramedian), парамедиалдык** – ортонку же жакында турган түздүктө жайгашкан, аны ички ой менен адамдын же жаныбардын денеси аркылуу өткөрсө болот.

**ПАРЕНХИМА (parenchyma), паренхима** – түзүлүшү жагынан бул же тигил органга мүнөздү ткань.

**ПАХ (groin), жука чурай** – курсак менен санды бириктирүүчү жер. Кошумча караңыз: Жука чурайлык.

**ПАХОВЫЙ (inguinal), жука чурайлык** – жука чурай аймагына тиешелүү сөз.

**ПЕРЕДНИЙ (anterior), алдыңкы** – 1. Дененин же аяктардын алдынкы бөлүгүн сүрөттөөгө тиешелүү. 2. Кайсы - бир органдын алдыңкы бөлүгүн сүрөттөдө колдонулуучу сөз.

**ПЕРЕДНИЙ (frontal), алдыңкы** – кайсы-бир дененин же органдын алдынкы бөлүгүнө тиешелүү.

**ПЕРЕШЕЕК (isthmus), моюнча** – кайсы-бир органдын ичкерип кетиши (мисалы, калкан безинин моюнчасы, ал калкан безин эки үлүшкө бириктирип турат).

**ПЕРИКРАНИЙ (pericranium), перикраний** – баш сөөгүнүн тышкы чарымы.

**ПЕРИТЕНДИНИЙ, ПЕРИТЕНОНИЙ (peritendineum), перитендиний, перитеноний** – тарамыштарды курчап туруучу фиброздук кап.

**ПЕРИТИФЛИТ (perityphlitis), перитифлит** – сокур ичеги менен курт сымал ичегинин сырткы жылтырак катмары менен кошо сезгениши (караңыз: Тифлит).

**ПЕТЛЕВИДНЫЙ (ansiform), илмек сымал** – (анатомияда) илмек сымал формада болгон. Берилген термин каракуш мээнин белгилүү үлүштөрүнө карата колдонулат.

**ПЕТЛЯ I (ansa), илмек** – (анатомияда) мисалы, тил астындагы илмек (ansa hypoglossi) – тил астындагы нерв түйүнүнөн пайда болгон илмек.

**ПЕТЛЯ II (lemniscus), илмек** – нерв булаларындагы тасманын түйүнүн элестетет, ал аркылуу жүлүндөн жана сөңгөгүнөн баш мээнин нервдик импульстар ортонку мээ аркылуу чоң жарым шарлардын кабына багытталат.

**ПЕТЛЯ III (loop), илмек** – 1. Түтүктүү органдын ийилиши, мисалы, бөйрөк каналынын Генле илмеги. 2. Бармактардын башындагы бармактардын издеринен пайда болгон оймолордун түрү.

**ПЕЩЕРА (antrum), көңдөй** – 1. Сөөктөгү көңдөй. Упчу сымал көңдөй (mastoid (же tympanic) antrum). 2. Ашказандын бир бөлүгү, ал карындын өткөөл бөлүгүнө туташкан (өткөөлдүк же ашказандык көңдөй (pyloric же gastric antrum)).

**ПИРАМИДА ВИСОЧНОЙ КОСТИ (petrous bone), чыкый сөөктүн пирамидасы.** Караңыз: Чыкый сөөк.

**ПИЩЕВОД (gullet), кызыл өңгөч.** Караңыз: Кызыл өңгөч (oesophagus).

**ПИЩЕВОД (oesophagus, gullet), кызыл өңгөч** – цилиндр сымал түтүк, ал кекиртек менен ашказандын ортосунда жайгашкан, узундугу 22–30 см. Кызыл өңгөч былжырлуу чел менен капталган, былжырлуу негиздин астында анын өзүнүн бездери жайгашкан, анын секрети тамакты суюлтат жана кызыл өңгөч аркылуу ашказанга өтүү мезгилинде тамакты суюлтат. Кызыл өңгөчтүк (oesophageal).

**ПИЩЕВОД БАРРЕТТА (Barrett's oesophagus), Баррет кызыл өңгөчү** – дарт, мында кызыл өңгөчтүн былжырлуу челиндеги жалпак эпителий цилиндрикалык менен алмаштырыла баштайт (нормада ал кызыл өңгөчтө болбош керек). Бул патология рак оорусунун алдындагы абалга кирет.

**ПЛАГИОЦЕФАЛИЯ (plagiocephaly), плагиоцефалия** – кыйшык баш адам. Бул адатта баш сөөктүн ортосундагы биригүүнүн туура эмес бүтүшүнөн пайда болот.

**ПЛАКОДА (placode), плакода** – эмбриондун эктодермалык аймагындагы локалдуу жоонооюсу, алардан нерв түйүндөр өрчүйт.

**ПЛАЩ (pallium), плащ** – ак зат, тышынан чоң мээдеги жарым шардын кабы менен капталган (сүт эмүүчүлөрдө).

**ПЛЕССИМЕТР (plessimeter, pleximeter), плессиметр** – сөөктөн жасалуучу чоң эмес пластинка. Ал бейтаптын денесинин үстүндө коюлат жана перкуссиондук балкача менен перкуссия процессинде такылдоо.

**ПЛЕЧО (brachium,** көпч. **brachia), ийин** – ийин жана чыканак муундарынын ортосундагы муунак (сегмент).

**ПНЕВМОЦЕФАЛИЯ (pneumocephalus), ПНЕВМОЦЕЛЕ (pneumocele), пневмоцефалия, пневмоцеле** – баш сөөк көңдөйүндө абанын кездешүүсү; адатта, баш сөөктүн кайсы би раба жүрүүчү көңдөй бетинин сынып кетүүсүнүн натыйжасында келип чыгат. Пневмоцефалия рентгендик изилдөөлөрдүн жана компьютердик томография же ядердик-магниттик резонанстык ыкманын жардамы менен аныкталат.

**ПОДБОРОДОК (mentum), ПОДБОРОДОЧНЫЙ (mental), ээк, ээк астындагы** – ээк астына тиешеси бар сөз.

**ПОДМЫШКА (axilla,** көпч. **axillae), колтук** – колтук астындагы чуңкур. – Колтук астындагы (axillary).

**ПОДОБОЛОЧЕЧНЫЙ (intrathecal), кабык астындагы** – 1. Жүлүн ичиндеги кабык. Кабык астындагы инъекция (intrathecal injection) жүлүндүн челинде жүргүзүлөт. 2. Кайсы - бир кабык ичинде жайгашкандык. Мисалы, нерв булаларынын кабыгы.

**ПОДУШКА (pulvinar), жаздык сымал** – таламустун аякы арткы жоонюусу.

**ПОЗВОНКИ ГРУДНЫЕ (thoracic vertebrae), төш (арка) омурткалары** – 12 омуртка, аларга кабыргалар бекитилет. Бул омурткалар моюн менен бел омурткалардын арасында жайгашкан. Кошумча караңыз: Омуртка.

**ПОЗВОНКИ КРЕСТЦОВЫЕ (sacral vertebrae), куймулчак омурткалары** – бири-бирине биригип өсүп, куймулчак омурткаларын түзө турган беш омуртка сөөгү.

**ПОЗВОНКИ ПОЯСНИЧНЫЕ (lumbar vertebrae), бел омурткалары** – беш омуртка, омуртка бөлүгүнүн жана далынын ылдыйкы бөлүгүнүн ортосунда жайгашкан. Кошумча караңыз: Омуртка.

**ПОЗВОНКИ ШЕЙНЫЕ (cervical vertebrae), моюн омурткалары** – жети сөөк, омуртканын моюн бөлүгүн түзүшөт. Кошумча караңыз: Омуртка.

**ПОЗВОНОЧНИК (backbone, spinal column, spine, vertebral column), арка омурткалар** – баш сөөктөн тартып белге чейин созулуучу, ийилчек омуртка сөөгү. Жүлүндү сырткы таасирлерден коргоо менен бирге баш сөөк, кабырга жана жамбаш сөөктөрүн бириктирип турат. Анатомиялык аталышы: Кыр арка омурткалары (rachis).

**ПОКРЫШКА СРЕДНЕГО МОЗГА (tegmentum), ортонку мээнин кабыгы** – мээ бутакчасынын арткы дорсалдык бөлүгү.

**ПОКРЫШКА, ПОКРЫШКА ВИСОЧНАЯ (operculum), кабык, чыкый кабыкчасы** – мээ жарым шарынын ар бир чыкый булалар бөлүгү.

**ПОЛЕ (field), талаа** – (нур терапиясында) дененин аймагы, нур терапиясын колдонгон дарылоо ыкмасы үчүн тандалып алынган.

**ПОЛЕ ЗРЕНИЯ (visual field), көз алдында болуу** – көз астындагы мейкиндик, бүтүндөй кыймылсыз көз менен кабыл алынат. Кошумча караңыз: Кампиметрия, Периметр.

**ПОЛИП (polyp, polypus), полип** – былжырлуу катмарларда өсүп чыга турган бүдүрчө, шишик. Адатта полиптер мурун көңдөйүндө жана кошумча бөлүгүндөгү көңдөйчөлөрдө пайда болот, ал абанын өтүшүнө тоскоолдук кылат жана өнөкөт инфекциондук дарттардын өрчүшүнө алып келет. Өспүрүмдүк полиптер (juvenile polyps) адатта ичегиде (жээк сымал ичегиде же түз ичегиде) ымыркайларда жана жаш балдарда өрчүйт; кээде алар көпчүлүктүү болушат (жаш курактагы полипоз (juvenile polyposis)). Полипти алып салуу хирургиялык жол аркылуу жүзөгө ашырылат (караңыз: Полипэктомия).

**ПОЛИП ЮНОШЕСКИЙ (juvenile polip), өспүрүмдүк полип.** Караңыз: Полип.

**ПОЛИПЛОИДНЫЙ (polyploid), полиплоиддик** – бул термин клеткаларды, ткандарды же индивидуумдарды сүрөттөөдө колдонулат, аларда үч же андан көп хромосомалардын толук тобу болот. Салыштыруу үчүн: Диплоиддик, Гаплоиддик. – Полиплоидия (polyploidy).

**ПОЛИПОЗ (polyposis), полипоз** – органдагы чоңдугу буурчактай көп сандагы бүдүрчөлөр. Кошумча караңыз: Пейтц – Егерс синдрому. Салыштыруу үчүн: Псевдополипоз.

**ПОЛИПОИДНЫЙ (polypoid), полипоиддик** – сырткы көрүнүшү менен полипти элестетет.

**ПОЛОСКА (stria,** көпч. **striae), сызыкча** – (анатомияда) сызык, таңгак же чийим. Мисалы, кош бойлуу болгон мезгилде аялдарда берчтер (striae gravidarum) пайда болот.

**ПОЛОСКА ПЕРВИЧНАЯ (primitive streak), алгачкы сызыкча** – түйүлдүктүн бат өсүүчү ткандын бөлүгү.

**ПОЛОСКА, ЛИНИЯ (streak), таңгакча, сызык** – (анатомияда) сызык, кобул же ичке кайыш. Караңыз: Жөнөкөй таңгак.

**ПОЛОСТЬ I (atrium, көпч. atria), көңдөй I** – 1. Жүрөктүн эки үстүнкү камералардын бирөөсү. Алардын булчуң капталдары карынчаларга караганда ичкерээк болот; сол жүрөк алдына өпкө тамырлар аркылуу кычкылтек менен байытылган кан өпкөдөн келет; оң жүрөк алдына туюк тамырлар аркылуу кычкылтекке жетишпеген кан келет. Кошумча караңыз: Жүрөк алдынын кулакчасы. 2. Анатомиялык камера, ага бир же бир нече жолдор ачылат. – Жүрөк алдындындагы (atrial).

**ПОЛОСТЬ II (cavity), көңдөй II** – 1. (Анатомияда) дененин көңдөй аймагы, ал башка бөлүктөрдөн бөлүнгөн аймак (мисалы, ич көңдөйү же ооз көңдөйү). 2. Стоматологияда: а) тиште тешик, ал кариестен же тиштин эскиришинен пайда болот; б) тиште тоголок тешик, ал тиш доктур менен аны толтуруш (мисалы, пломба менен); в) органикалык эритмеде табигый же синтетикалык чайырдын эритмеси.

**ПОЛОСТЬ БРЮШНАЯ (abdomen), ич көңдөйү** – төш клеткасынан ылдыйкы дене бөлүгү жана диафрагма менен андан бөлүнгөн. Ич көңдөйүндө тамак сиңирүү органдар, аш казан, боор, ичеги карындар кирет.

**ПОЛОСТЬ ГОРТАНИ ПОДГОЛОСОВАЯ (subglottis), үн кекиртек көңдөйү** – кекиртек көңдөй бөлүгү, ал үн катмарчасынын астында жайгашкан.

**ПОЛОСТЬ НОСА (nasal cavity), мурун көңдөйү** – бет сөөгүндө борбордук бөлүктү ээлеген көңдөй.

**ПОЛОСТЬ ПЛЕВРАЛЬНАЯ (pleural cavity), плевралдык көңдөй** – висцералдык жана париеталдык плевранын ортосундагы көңдөйчө.

**ПОЛОСТЬ РТА (buccal cavity), ооз көңдөйү** – тамак сиңирүү системасынын баштапкы бөлүмү, анда тил жана тиштер жайгашкан.

**ПОЛУШАРИЕ (hemisphere), жарым шар** – чоң мээнин жарым бөлүгү.

**ПОЛУШАРИЕ БОЛЬШОГО МОЗГА (cerebral hemisphere), чоң мээнин жарым шары** – чоң мээнин экинин бир бөлүгү.

**ПОЛЮС (pole), полюс** – (анатомияда) октун аякkы чекити, ал денеде же кайсы бир органда же клеткада өткөн.

**ПОРЭНЦЕФАЛИЯ (porencephaly), порэнцефалия** – мээ тура эмес өсүүдөн, анын үстү жагында көп сандагы бармак басымдай чуңкурчалардын пайда болушу.

**ПОСТЦЕНТРАЛЬНЫЙ (postcentral), борбор артында** – 1. Кайсы бир борбордук чекиттин же сызыктын артында жайгашуусу. 2. Баш мээнин борбордук кобулунун артында жайгашуусу.

**ПОЧКА (kidney), бөйрөк** – азоттуу шлактарды (өзгөчө мочевинаны) организмден айдап чыгара турган жуп орган. Бөйрөктөр бел тушта, омуртка сөөгүнүн эки тарабын орун алышып, фиброздук капсула менен курчалышкан. Бөйрөктөрдүн ар бири көп сандаган (1 миллионго чейин) нефрондордон турушат. Кошумча караңыз: Гемодиализ, Така сымал бөйрөк, Бөйрөктүн функциясын баалоочу тесттер.

**ПОЧКИ ВКУСОВЫЕ (taste buds), табиттик бөйрөктөр** – заттын табитин кабыл алуучу сезимдик рецепторлор.

**ПОЯС I (cingulum,** көпч. **cingula), курчоо I** – 1. Баш мээдеги ар бир жарым шарында ийилген нерв булаларынын түйүндөрү. Караңыз: Чоң мээ. 2. Азуу менен үстүнкү кашка тиштердин үстүнө тилге карай жайгашкан чоң эмес дөмпөйүү.

**ПОЯС II (girdle), курчоо II** – (анатомияда) сөөктөрдүн айланма же дого сымал биригиши. Кошумча караңыз: Ийин курчоосу, Жамбаш курчоосу.

**ПОЯС ПЛЕЧЕВОЙ (shoulder girdle), ПОЯС ВЕРХНЕЙ КОНЕЧНОСТИ (pectoral girdle), ийин курчоосу, үстүнкү аяктардагы курчоо** – сөөк структурасы, ага үстүнкү аяктардагы сөөктөр бириктирилет. Аларга далы (shoulder blades) жана акырек (clavicula) киришет.

**ПОЯС ТАЗОВЫЙ (pelvic girdle), КОСТИ ПОЯСА НИЖНЕЙ КОНЕЧНОСТИ (hip girdle), жамбаш курчоосу, ылдыйкы аяк сөөктөрдүн курчоосу** – жамбаш сөөк, ал капчыт сөөктөн жана көчүк сөөктөн турат. Жамбаштын эки сөөгү, куймулчак жана чычаң сөөктөр бамбашты түзүшөт.

**ПОЯСНИЦА (loin), бел** – жамбаштын жана акыркы кабырганын астынкы чектеринин ортосундагы арка бөлүк.

**ПОЯСНИЧНО-КРЕСТЦОВЫЙ (lumbosacral), бел-куймулчак** – омуртканын бөлүгүнө тиешелүү, аларга бел омурткалары жана сегиз көчүк кирет.

**ПОЯСНИЧНЫЙ (lumbar), белдик** – белге тиешелүү.

**ПОЯСОК (zonule, zonula), кемерчек** – (анатомияда) чоң эмес аймак, кайсы-бир структураны курчап турат; Мисалы, цинн байламтасы (zonule of Zinn) (же кирпиктик кемерчек (zonula ciliaris)) ал өзү менен көздүн чечекейин кармап туруучу байламтаны элестетип турат. – Кемерчектүү (zonular).

**ПРЕДДВЕРИЕ (vestibule), кире бериш** – (анатомияда) көңдөй, кайсы-бир көңдөй органдын алдында жайгашкан. Кулактын кире бериши өзү менен сөөк лабиринтин элестетип турат, ал баштыкчаны жана жатынчаны камтыйт – тең салмактуулук органдар.

**ПРЕДДВЕРИЕ ПОЛОСТИ ГОРТАНИ (supraglottis), кекиртек көңдөйүнүн киребериши** – кекиртек көңдөйүнүн бөлүгү, ал киреберииштин катмарларынын астында жайгашкан.

**ПРЕДКЛИНЬЕ (precuneus), шынаа алды** – чоң мээнин эки жарым шарларынын ички бетиндеги төбө үлүшүндөгү аймак, ал сөөлдүү дененин астында жана анын алдында жайгашкан. Караңыз: Чоң мээ.

**ПРЕДПЛЮСНА (tarsus,** көпч. **tarsi), шыйбылчак алды** – 1. Тамандын жети сөөк проксималдык (борборго жакын) бөлүгү (бакай сөөктүк, согончоктук, кайык сымал, үч шынаа сымал, куб сымал). Шыйбылчак алды шыйбылчаак сөөктөр менен дисталдуу бириггет жана проксималдуу – чоң балтыр жана кичине балтыр сөөктөр менен бириггет. 2. Калың ткань бириктирүүчү пластинка, ал ар бир көз жапкычтын негизин түзөт.

**ПРЕПИРАМИДАЛЬНЫЙ (prepyramidal), пирамида алдындагы** – 1. Пирамиданын алдында, каракуш мээнин ортонку үлүшүндө жайгашкан. 2. Берилген термин өткөрүүчү жолдордогу нерв булаларын сүрөттөөдө колдонулат, алар баш мээнин кыртышынан жүлүнгө көздөй багыт алышат.

**ПРИВРАТНИК (pylorus), карындын өткөөл бөлүгү** – карындын он эки эли ичегиге өтө турчу оң тарабындагы кууш бөлүгү. Ал курчап туруучу булчуң – өткөөл бөлүгүнүн

сфинктери (pyloric sphincter) менен камсыз болот. Анын жыйрылышы өткөөл бөлүгүнүн каналындагы тешиктин жабылышына алып келет, ал болсо ашказанды он эки эли ичеги менен бириктирет. – Пилорикалык (pyloric).

**ПРИДАТКИ (adnexa), кошумча бөлүктөр** – кайсы-бир ички органдын кошумча бөлүгү. Мисалы, жатындын кошумчасы (uterine adnexa) – бул фаллопий түтүгү жана энелик тукум безидери (алар жатынга кошулат).

**ПРОКСИМАЛЬНЫЙ (proximal), проксималдуу** – (анатомияда) денеге жакын орношкон дененин ортосуна жакын турган илдет, мүчө. Салыштыруу үчүн: Дисталдуу.

**ПРОКТАТРЕЗИЯ (proctatresia), проктатрезия.** Караңыз: Пеперфорипалдык эмес көтөн чучук.

**ПРОЛАПС (prolapse), пролапс** – кайсы бир органдын же ткандын нормалдуу абалынан ылдый карай жылып кетүүсү; мындай жылып кетүүнүн себеби болуп адатта аларды кармап туруучу жана курчап туруучу ткандардын бошоп калышы. Мисалы, жатындын жана көтөн - чучуктун ылдый түшүшү.

**ПРОМЕЖНОСТЬ (perineum), чаткаяк** – булчуңдук – фасциалдык пластинка, ал кичи жамбаштагы көңдөйдөн чыгууну жабат; ал чычаңдын үстү менен (артында), чаттык симфиздин астынкы чекитинин арасында (алдында) жана көчүк дөңдөрдүн (капталынан) арасында орун алат. Эркектерде чаткаяк аркылуу сийдик чыгаруучу түтүк жана түз ичеги өтөт, аялдарда болсо андан тышкары дагы кын өтөт. – Перинеалдык (perineal).

**ПРОМЕЖУТОК, ЩЕЛЬ (interstice), боштук, жылчыкча** – ткань же дене бөлүктөрүнүн ортосундагы чоң эмес боштук. – Интерстициалдык (interstitial).

**ПРОНАТОР (pronator), пронатор, ичке айлантуучу булчуң** – бул булчуң, каруунун жана чеңгелдин пронациясын (ичке айлантуусун) аткарат; мисалы, тоголок пронатор (pronator teres) өзү менен эки баштуу булчуңду элестетет, ал ийин жана чыканак сөөктөрүнөн башталат.

**ПРОНАЦИЯ (pronation), пронация** – карууну буруп алуу, мындай учурда алакан артка көздөй бурулуп калат. Бул абалда каруунун сөөктөрү (билек жана чыканак) кайчылашып калат. Салыштыруу үчүн: Супинация.

**ПРОНЕФРОС (pronephros), пронефрос** – түйүлдүктө өрчүүчү бөйрөктүн алдын ала өрчүүсү. Салыштыруу үчүн: Мезонефрос, Метанефрос.

**ПРОНИРОВАННЫЙ (prone), ичке карай айлантуучулук** – (каруга тиешеси бар) бул алакан артка карай буралган абалды болгон учур (караңыз: Пронация). Салыштыруу үчүн: Supine.

**ПРОСВЕТ (lumen), жылчыкча** – түтүкчө органдын же кайсы бир көңдөйчөнүн ичиндеги боштук (мисалы, кан тамырлардын, ичегинин же ашказандын).

**ПРОСТРАНСТВО ЗАБРЮШИННОЕ (retroperitoneal space), киричтеги мейкиндик** – париеталдык киричтин артында орун алган жер. Анда көп мааанилүү органдар бар, аларга бөйрөктөр, бөйрөк үстүндөгү бездер, карын алдындагы бези, белдеги жүлүн нервдерди, симпатикалык ганглияларды жана нервдерди, ошондой эле ич көңдөйлүк аорта жана анын негизги бутактарын да кошкондо.

**ПРОСТРАНСТВО СУБАРАХНОИДАЛЬНОЕ, ПРОСТРАНСТВО ПОДПАУТИННОЕ (subarachnoid space), субарахноидалдык, желе кабык алды, желе челкабык алдындагы мейкиндик** – баш мээнин жана жүлүндүн желе чели жана жумшак чел ортосундагы боштук, анда жүлүн ичиндеги суюктук бар жана чоң кан тамырлар өтөт.

**ПРОТИВОЗАВИТОК (antihelix, anthelix), каршы иймек** – кулак калканын ички жагындагы дөмпөйүү, ал иймекке параллель жайгашкан.

**ПРОТИВОКОЗЕЛОК (antitragus), серкенин каршысы** – серкенин каршысындагы көнчөктүн үстүндөгү кемирчектин чоң эмес уркуюп чыгышы. Караңыз: Сырткы кулак.

**ПРОТОК СТЕНОНОВ (Stensen's duct), Стенон түтүгү** – шилекей безин чыгаруучу кулак жанындагы түтүк.

**ПРОТОК ЭНДОЛИМФАТИЧЕСКИЙ (endolymphatic duct), ички лимфа агуучу түтүк** – көрүнгүс бүтүүчү түтүк, ал ички кулактын лабиринтиндеги эллипс жана сфера сымал баштыкчалардын түтүгүн бириктирүүчү түтүктөн өтөт.

**ПРОХОД (meatus), өтүү жолу** – (анатомияда) өтүү жолу же тешикче. Мисалы, тышкы угуу жолу (external auditory meatus), мурун жолдору (nasal meatus).

**ПСЕВДОАРТРОЗ (pseudarthrosis), НЕОАРТРОЗ (nearthrosis), псевдоартроз, неоартроз** – ал, сөөктүн сыныгы толук бүтпөгөндө пайда болгон, сынган сөөктөрдүн кыймылдоочу жери. Псевдоартроздун өрчүшүнүн бирден бир себеби болуп, тубаса сан сөөктүн бертинүүсү болуп саналат.

**ПСЕВДОГИПЕРТРОФИЯ (pseudohypertrophy), псевдогипертрофия** – кайсы бир органдын же структуранын чоңоюп кетиши, ал тутамдаштыргыч ткандын ашыкча өсүшү менен туудурулган, бирок паренхеманын эмес, ал болсо негизги функцияны аткарат. – Псевдогипертрофикалык (pseudohypertrophic).

**ПТЕРИОН (pterion), птерион** – баш сөөктүн каптал үстүндөгү чекит, ал төбө, чыкый жана шынаа сымал сөөктүн ортосундагы жиктердин кошуулуучу жери болуп саналат.

**ПУЗЫРЕК СЕМЕННОЙ (seminal vesicle), урук баштыкчасы** – урук чыгаруучу түтүкчөнүн ар бир акыркы бөлүгүнүн капталындагы өсүш, өзүнүн сырткы көрүнүшү менен өтө ийилген түтүкчөнү элестетет.

**ПУЗЫРЬ I (bladder), баштыкча I** – 1. Табарсык (urinary bladder) – бул адам денесинин бир органы, баштыкча формада болот жана заара топтоо үчүн колдонулат. 2. Адам денесинин суюктукту камтыган каалаган туюк органы, мисалы, өт баштыкчасы.

**ПУЗЫРЬ II (bulla,** көпч. **bullae), баштыкча II** – 1. Боз суюктук камтуучу чоң ыйлаак. 2. Анатомияда – абага толгон тоголок көңдөйчө, ал сөөктүн үстүндө чыгып турат. 3. Абага толгон жука дубалдуу баштыкча, ал тубаса болушу мүмкүн же эмфиземанын кесепетинен пайда болушу мүмкүн. – Буллездук (bullous).

**ПУЗЫРЬ ЖЕЛЧНЫЙ (gall bladder), өт баштыкчасы** – алмурут сымал баштыкча, ал боордун ылдыйкы оң үлүшүндө жайгашкан; анда өт суюктугунун топтолушу болот. Өт баштыкчасы адамда таштар пайда болгон жер болуп саналат (караңыз: Өт конкременти).

**ПУЗЫРЬ МОЧЕВОЙ (urinary bladder), табарсык** – табарсык – бул адам денесинин бир органы, баштыкча формада болот жана заара топтоо үчүн колдонулат.

**ПУПОК (umbilicus, omphalus, navel), киндик** – ич көңдөйүнүн ортосундагы тоголок тереңдик, ал түйүлдүктүн киндигин бириктирүүчү жери болуп саналат. – Киндиктик (umbilical).

**ПУТЬ КРАСНОЯДЕРНО-СПИННОМОЗГОВОЙ (rubrospinal tract), кызыл ядерлик-жүлүндүк жол** – (экстрапирамидалык жол) кыймылдаткыч нейрондор менен пайда болгон жол, ал ортонку мээден (кызыл ядролор) мээнин астына өтөт, көпүрө жана аксондун сүйрү мээси карама - каршы жакка ортонку мээ жакка өтүп, жүлүндүн капталындагы канатчанын курамынан жүлүндүн алдынкы мүйүзүнүн кыймылдаткыч ядролоруна өтүшөт.

**ПЯСТЬ (metacarpus), шакшак** – чеңгел сөөктүн беш кыска түтүкчө сөөгү, ал бейбелчек сөөктөр жана манжалардын проксималдык шадылары менен кошулушат.

**ПЯТКА (heel), согончок** – бут кетменинин бөлүгү, балтыр - кетмен муунунун арткы жагында жайгашкан; согончок сөөгүнүн (heel bone) дөңү менен түзүлгөн. Караңыз: Согончок сөөгү.

**ПЯТНО, темгил** – 1. (Macula, көпч. maculae) – чоң эмес анатомиялык аймак, ал аны курчап турган ткандардан айырмаланып турат. Мисалы, сары темгил (macula lutea) ал көздүн торчосундагы чоң эмес сары темгил, анда өтө көп сандагы колбалар топтолушкан

(караңыз: Чуңкурча). 2. (Macule) – теринин жалпак чектелген аймагы, ал аны курчап турган турган ткандардан өзүнүн структурасы же түсү менен айырмалап турат (мисалы, сепкил). Салыштыруу үчүн: Папула.

**ПЯТНО СЛЕПОЕ (blind spot), сокур темгил** – көздүн тор кабыгынын көрүү нервинидеги чыгуу жери (көрүү нервинин диски). Бул аймакта фоторецептордук клеткалар жок болушат. Анатомиялык аталышы: punctum caecum.

## Р

**РАСПОЛОЖЕНИЕ НЕПРАВИЛЬНОЕ (malposition), туура эмес жайгашуу** – (акушерстводо) түйүлдүктүн башынын туура эмес абалы.

**РАССТОЯНИЕ ФОКАЛЬНОЕ ГЛАЗА (focal distance), көздүн фокалдык аралыгы** – көздүн чечекейи менен чечекейден артта жайгашкан чекиттин ортосундагы аралык.

**РАСЩЕЛИНА НЁБА (cleft palate), таңдайдагы жарака** – эмбрионалдык өнүгүү мезгилинде таңдайдагы эки бөлүктүн бири-бири менен бирикпей калуусунун натыйжасында келип чыккан жарака.

**РАСЩЕЛИНА ПОЗВОНОЧНИКА (spina bifida), РАХИСХИЗИС (rachischisis), бел чуркусуз омуртканын жаракасы, рахисхизис** – түйүлдүк мезгилиндеги өрчүүнүн дефектиси. Кошумча караңыз: Нерв түтүгүнүн өрчүү дефектилери.

**РАСЩЕЛИНА ПОЗВОНОЧНИКА БЕЗ СПИННОМОЗГОВОЙ ГРЫЖИ (spina bifida occulta), жүлүн чуркусуз омуртканын жаракасы** – омуртка догосунун сөөк дефектиси, мында (омуртканын жаракасына караганда) анын үстү теринин нормалдуу катмары менен капталган; бул жердин астында чач менен капталган теринин аймагы пайда болушу мүмкүн. Мындай дефект капысынан эле ренгенологиялык изилдөө мезгилинде байкалат.

**РАХИСХИЗИС (rachischisis), рахисхизис** – төрөлгөндөн эле омуртканын кемтик жаралышынын байкалышы. Караңыз: Омуртканын жаракасы.

**РЕБЕРНЫЙ (costal), кабыргалуу** – кабыргаларга тиешелүү сөз.

**РЕБРО (rib), кабырга** – узун жалпагынан келген ийри сөөк. Кабыргалар жүрөк жана өпкөнү ар кыл жабыркоолордон коргоо менен көкүрөк клеткасындагы скелет бөлүгүн түзүшөт. Адамда 12 жуп кабырга бар. Ар бир кабырганын баш жагы 12 көкүрөк омурткасынын бири менен жалгашат. Анатомиялык аталышы: Кабырга (costa).

**РЕБРО ЛОЖНОЕ (false rib), жалган кабырга** – адамда үч жалган кабырганын (false ribs) үч жубу бар – алардын учтарынын кемирчектери бири-бири менен өсүшүп, кабырга догосун пайда кылышат. Караңыз: Кабырга.

**РОГ I (cornu,** көпч. **cornua), мүйүз I** – (анатомияда) мүйүз формадагы структура (мисалы, тил алдындагы сөөктүн же мүйүз формадагы калкан сымал кемирчектин урчугу).

**РОГ II (horn), мүйүз II** – (анатомияда) түзүлүш, өсүндү, орган же кайсы бир структуранын оркойуп чыгып туруусу. Көпчүлүк учурда бул түзүлүш жубу менен болот. Жүлүндүн боз зат аймактары, орок сымал формада болгон, тиешелүү түрдө дорсалдык (арткы) жана вентралдык (алдынкы) мүйүзчө деп аталышат.

**РОТОГЛОТКА (oropharynx), ооз кулкун** – кекиртектин бөлүгү. Ал жумшак таңдай менен тил алдындагы сөөктүн ортосунда жайгашкан.

**РУКОЯТКА (manubrium,** көпч. **manubria), тутка** – 1. Төш сөөктүн үстүнкү бөлүгү (караңыз: Төш сөөгү). 2. Кулактын тарсылдак жаргагына бекилүүчү орто кулактагы кичинекей балкага окшош сөөк, тутканы элестетет. – Туткалык (manubrial).

## С

**САГИТТАЛЬНЫЙ (sagittal), сагитталдуу** – теке мандай; адамды узунунан экиге бөлүүчү сызык.

**САЛЬНИК (omentum), САЛЬНИК БОЛЬШОЙ (epiploon), бүлкүлдөк, чоң бүлкүлдөк** – бүлкүлдөктүн катмары, ал болсо аш казанга бекилет. – Бүлкүлдөктүк (omental).

**САРКОЛЕММА (sarcolemma), сарколемма** – булчуң клеткасынын (булчуң буласынын) клеткалык мембранасы.

**СВОД (fornix,** көпч. **fornices), көмкөрмө** – көмкөрмөнү элестетүүчү структура, негизинен, баш мээ көмкөрмөсү (fornix cerebri), кындык көмкөрмө (fornix of the vagina) – баш мээнин ийилген булалар тутамдары, алар упчу сымал дене менен гиппокамптын ортосунда жайгашкан. Кындык көмкөрмө (fornix of the vagina) – жатын моюнчасынын айланасындагы кындын үстүнкү бөлүгүндөгү үч көмкөрмө аймактарынын бири.

**СВОД ЧЕРЕПНОЙ (calvaria), баш сөөктүк көмкөрмөсү** – баш сөөктүн көмкөрмөсү.

**СВЯЗКА (ligament), байламта** – 1. Муунду бекемдей турган бир тутам бириктирүүчү ткань. Байламталар серпилмелүү болушпаганы менен өтө ийилчээк болушат; алар муундагы кыймылдарды багытка салып жана чектеп турушат. 2. Ич көңдөйүндө жайгашкан органдарды кармап жана бириктирип турууучу бүлкүлдөк бөлүгү.

**СВЯЗКА ПАХОВАЯ (inguinal ligament), СВЯЗКА ПУПАРТОВА (Poupart's ligament), жука чурайлык байламта, Пупарт байламтасы** – жука чурайлык байламта, ал капчыт сөөктүн алдындагы үстүнкү түркүктүн арасында жана чат сөөгүнүн дөңчөсүнүн өтөт.

**СВЯЗКА ПОДДЕРЖИВАЮЩАЯ (suspensory ligament), кармап турууучу байламта** – кайсы бир органды туура абалда кармап турууучу байламта. Мисалы, кирпиктик байламта (цинн байламтасы) ал өзү менен көздүн чечекейин кармап турууучу ткань бириктирүүчү структураны элестетип турат. Бул байламта көздүн чечекейин керектүү абалда кармап турат.

**СВЯЗКА ПУПАРТОВА (Poupart's ligament), Пупарт байламтасы** – караңыз: Жука чурайлык байламта.

**СВЯЗКА СЕРПОВИДНАЯ (falciform ligament), орок сымал байламта** – ич көңдөй челинин дупликатурасы, боордун диафрагмалдык бетин бөлүп турат.

**СВЯЗКА СУХОЖИЛИЯ (vinculum, vincula tendinum,** көпч. **vincula), тарамыштын байламтасы** – муундарды кармап турууучу бириктирүүчү.

**СВЯЗКА ЯИЧКА НАПРАВЛЯЮЩАЯ, ГУБЕРНАКУЛУМ (gubernaculum,** көпч. **gubernacula), урук бездин багытточу байламтасы, губернакулум** – түйүлдүктүн урук безин жука чурай менен бириктирүүчү байламта.

**СВЯЗКИ КРЕСТООБРАЗНЫЕ (cruciate ligaments), кайчылаш байламталар** – тизе муунунун муун ичиндеги байламталардын жубу (алдынкы жана арткы), алар анын алдынкы арткы сүрүлүүнү алдын алат. Бул байламталардын жабыркануусу спорт жабыркануулардын кесепетинен, өзгөчө футбол ойногон спортсмендерде кезигет.

**СГИБАТЕЛЬ (flexor), бүгүлткүч** – дененин кайсы бир бөлүгүн же аякты бүгүлүүсүнө алып келүүчү булчуң.

**СЕГМЕНТ (segment), сегмент** – (анатомияда) денедеги мүчөнүн бөлүгү. Кошумча караңыз: Сомит.

**СЕГМЕНТ ГРУДИНЫ (sternebra, sternebrae), төш сөөгүнүн сегменти** – төш сөөк денесин түзүп, өрчүү процессинде кошо биригип, төрт бөлүктүн бирин түзөт.

**СЕДЛО ТУРЕЦКОЕ (sella turcica), түрк ээрчеси** – шынаа сымал сөөктүн денесиндеги чуңкурча, ал гипофиз үчүн ылайыктуу жер болуп саналат.

**СЕКРЕТ (secretion), секрет** – без клеткалары чыгарып, организмге белгилүү бир таасир берүүчү суюктуктар.

**СЕЛЕЗЁНКА (spleen, lien), көк боор** – ич көңдөйүнүн сол тарабында жана карындын арт жагына жакын жайгашкан иммундук системага тиешелүү жумуртка сымал чоң кара-кочкул перифериялык орган. Көк боор ретикулоэндотелиалдык система (иммундук система органдары) курамына кирүүчү негизги органдардын бири болуп саналат. Өз кезегинде ал канды текшерүүчү иммундук функцияны аткарат. Анда лимфоциттер менен бирге өлуп, жарактан чыккан эритроциттерди жана кан агымында пайда болуучу бөтөн заттарды кыйратып жок кыла турган фагоциттер кездешет. Мындан сырткары, көк боор кошумча кан резервуары жана эритроциттер булагы (түйүлдүктө) болуп саналат. Анатомиялык аталышы: Көк боор (lien). – Көк боордук (splenic).

**СЕРДЦЕ (heart, cor), жүрөк** – эки өпкөнүн ортосунан орун алган конус формасындагы булчуңдуу, көңдөй орган; ал аркылуу кан айланат. Каптал беттери негизинен эпикард менен курчалып, эндокард менен төшөлгөн туурасынан кеткен жүрөк булчуңдарынан (миокард) түзүлгөн. Кычкылтек менен камсыз болгон кан өпкө кан тамырлары аркылуу сол жүрөк алдына кайтып, андан сол жүрөк карынчасына барып куюлат. Мунун өзү анын жыйрылуусуна шарт түзөт жана анын натыйжасында кан аортага айдалып, андан ары бүтүндөй организмге жеткирилет. Жүрөк ичиндеги кан айлануунун багыты клапандардын жардамы аркасында көзөмөлдүккө алынат.

**СЕРП (falx,** көпч. **falces), СЕРП БОЛЬШОГО МОЗГА (falx cerebri), орок, чоң мээнин орогу** – катуу мээ кабыгынын орок сымал бүгүлүшү, ал баш сөөктүн чатырынан чоң мээнин жарым шарлардын ортосундагы ортонку сызык менен ылдый өтөт.

**СЕТЧАТКА (retina), көздүн тор кабыгы** – көз алмасынын жарыкты сезгич түпкү катмары. Көздүн кан тамырлуу катмарына тиешелүү тор кабыктын сырткы кабаты (тор кабыктын пигменттүү эпителийи (retinal pigment epithelium; RPE)) көзгө келип түшкөн жарыкты сиңирип ала турган атайы пигментке ээ. – Тор кабыктык (retinal).

**СИММЕТРИЯ (symmetry), симметрия** – (анатомияда) кайсы бир органга тиешелүү эки бөлүктүн бири-бирине толук дал келүүсү.

**СИМФИЗ, ПОЛУСУСТАВ (symphysis), симфиз, жарым муун** – чаткаяк сөөктөгү эки жамбаштын кошулган жери.

**СИНДЕСМОЗ (syndesmosis), синдесмоз** – сөөктөрдүн өз ара чарым аркылуу кошулушу (мисалы, балтырдын сөөк аралык жаргакчасы, ал чоң балтыр диафизди жана кичи балтыр диафиз менен бириктирет).

**СИНДЕСМОЛОГИЯ (syndesmology), синдесмология** – анатомия илиминин сөөктөрдүн кошулушун окуучу бир бөлүгү.

**СИНОВИЯ (synovia), ЖИДКОСТЬ СИНОВИАЛЬНАЯ (synovial fluid), синовия, синовиалдык суюктук** – муундун суюктугу, майы. Синовия муун кыртыштарынын нымдалышына жана андагы кыймылдардын жеңил аткарылышына, ошондой эле муун кемирчектеринин азыктанып турушуна шарт түзөт.

**СИНОСТОЗ (synostosis), синостоз** – сөөктөрдүн бири-бирине сөөк аркылуу биригиши: мисалы, куймулчак.

**СИНУС (sinus), синус** – көңдөй, кууш коңул. 1. Пазуха, коңул, боштук – сөөктө аба менен толтурулган көңдөй, негизинен, баш сөөктүн (караңыз: Мурун көңдөйлөрү). 2. Каалаган кең канал, ал аркылуу кан агат (тамырдык). Тамырдык синустар (venous sinuses) баш мээнин катуу чел кабыгында болушат, ал жерде алар аркылуу баш мээден кандын агып чыгышы жүргүзүлөт. 3. Кайсы бир түтүктүү органдын чөнтөкчөсү же көңдөйү, мисалы кан тамырынын (каротиддик синус). 4. Синустук тракт, тешик (sinus tract) – ал инфекцияны локалдаштыруучу жеринен териге же кайсы бир туюк органдын сыртына алып баруучу жол. Караңыз: Пилонидалдык синус.

**СИНХОНДРОЗ (synchondrosis), синхондроз** – сөөктүн чемирчек менен кошулган жери (мисалы, кабырганын төш менен). Караңыз: Амфиартроз.

**СИСТЕМА ПОРТАЛЬНАЯ (portal system), порталдык система** – капилляр менен башталган жана бүткөн тамыр системасы. Көпчүлүк учурда бул система боордун порталдык системасы (hepatic portal system) деп аталат; ал капка вена менен жана анын агымы менен жаралат.

**СКАТ (clivus), эңкейиш** – (анатомияда) эңкейиштүү жер, мисалы мээнин чоң желке жылчыгынын капталга эңкейген аймагы, ал шынаа сымал сөөктүн денеси менен жаралган.

**СКАФОЦЕФАЛИЯ (scaphocephaly), скафоцефалия** – туура эмес формадагы аномалдык узун баш сөөк. – Скафоцефаликалык (scaphocephalic).

**СКЕЛЕТ (skeleton), скелет** – сөөк комплексинен турган форма түзүүчү катуу негиз; алар ички органдарды ар кандай жабыркоолордон сактап, булчуң эттердин бекиши үчүн кызмат кылышып, денени кыймылга алып келүүчү бир катар рычагдардан турат. Адам денесинин 206 октук скелетин (axial skeleton) түзүшөт, анын курамына баш сөөк (29 сөөк), омуртка тутуму (26 сөөк), төш клеткасы (25 сөөк) жана тулку бой, ошондой эле кошумча скелет (appendicular skeleton) (аяктардын), ага (64) үстүнкү жана (62) астынкы аяктар кирет. – Скелеттик (skeletal).

**СКЛАДКА (fold), бүгүш** – (анатомия жана эмбриологияда) кош кыртыш жана катмарлар ортосунда пайда боло турган жиктелүүлөр.

**СКЛАДКА (plica), бүгүш** – ткандын бүгүлүшү; мисалы, тил алдындагы бүгүлүш (plica sublingualis), ал ооз көңдөйүндө орун алган былжырлуу челдин бүгүлүшүн элестетет. – Бүгүлгөн (plicate).

**СКЛАДКА (ruga,** көпч. **rugae), бүгүш** – бүгүш (мисалы, ашказандын былжырлуу челин каптоочу бүгүлүштүн бири).

**СЛАБЫЙ (flaccid), алсыз** – 1. Алсыз, туруктуулугу жок. 2. Булчуң тонусунун төмөндөшү (мисалы, перифириялык (атоникалык) шал болуу)). – Алсыздык (flaccidity).

**СЛОЙ СЕРОГО ВЕЩЕСТВА ТОНКИЙ (indusium), боз заттын ичке катмары** – боз заттын ичке катмары, мээнин чоң жарым шарынын бириктирүүч жана сөөлдүү денени каптайт.

**СОЕДИНЕНИЕ II (junction), кошулма II** – (анатомияда) эки бөлөк структуранын же ткандын бириккен жери. Кошумча караңыз: Нервдик булчундук кошулма.

**СОЕДИНЕНИЕ КОСТЕЙ (joint), сөөктөрдүн ашталышы, биригиши** – эки же андан көп сөөктөрдүн бириктирилген жери. Эки сөөктүн бириктирүүчү учтары бирибиринен кемирчектик, фиброздук ткань менен же жылчык аркылуу бөлүнүп турат. Ушуга жараша биригүүнүн үч негизги түрү бар: бул диартроз (муун, анда эркин кыймылдар аткарылат), амфиартроз (аз кыймылдоочу кошулма, же симфиз) жана синартроз (кыймылдабай турган кошулма).

**СОМАТИЧЕСКИЙ (somatic), соматикалык** – тулку бой, денеге тиешелүү сөздөр. 1. Репродуктивдик эмес дененин бөлүктөрүнө тиешелүү. Мисалы, соматикалык мутация эмки муунга тукум куубайт. 2. Дене көңдөйүнүн дубалына тиешелүү (б.а. дененин баардык бөлүктөрүнө, ички органдардан тышкары), мисалы, соматикалык мезодерма. Салыштыруу үчүн: Висцералдык. 3. Аң сезимге караганда, денеге көбүрөөк тиешелүү.

**СОМИТ, СЕГМЕНТ СПИННОЙ (somite), сомит, арка сегменти** – мезодерманын дорзалдык аймагынын жупуну сегменттүү аймагы, ал хорданын эки капталынан орун алат. Сомиттерде үч бөлүктү айырмалашат: алдынкы медиалдык – склеротом, андан сөөктөр жана скелеттин кемирчектери өрчүшөт; латералдык жактан миотом орун алган, андан туурасынан кеткен чаар скелеттик мускулатура түзүлөт; сыртынан дерматом жатат, андан тери пайда болот (караңыз: Дерматом, Миотом, Склеротом).

**СОСОК МОЛОЧНОЙ ЖЕЛЕЗЫ (nipple, mamilla, papilla), эмчек безинин упчусу** – эмчек безинин борборунда жайгашкан упчу.

**СОСОЧЕК (papilla,** көпч. **papillae), үрпчө** – чоң эмес дөмпөйүүчү үрпчө - чоң эмес дөмпөйү, өзүнүн сырткы көрүнүшү менен упчуну элестетет. Ошентип, мисалы, тилдин үстүндө бир нече ар түрлүү үрпчөлөр бар, алардын эпителийинде даам татуучу бүрчөлөр жайгашкан. Көрүү нервинин үрпчөсү (optic papilla) – бул көрүү нервинин дискинин алтернативдүү аталышы.

**СОСОЧЕК ВОЛОСЯНОЙ (hair papilla), чачтуу үрпчө** – чач менен курчалган дерманын дөмпөйүп чыгышы. Ал өсүүчү чачты кан менен камсыз кылуучу капиллярлардын түрмөгүн камтыйт.

**СОШНИК (vomer), көнчөк, кызкемик** – баш сөөктүн бет бөлүгүндөгү сөөк; мурундун тосмосунун бөлүгүн пайда кылуучу ичке сөөк пластинкасы (караңыз: Мурун көңдөйү) (ал шынаа сымал, таңдай сөөктөрдүн, үстүнкү жаактын жана перпендикулярдык калбыр сыяктуу сөөктүн пластинкасынын ортосунда жайгашкан). Кошумча караңыз: Баш сөөк.

**СПАЙКА (commissure), биригүү, жабышуу** – 1. Нерв булаларынын тутамы, мээнин эки бөлүгүнүн түрдүү структураларын тутамдары. 2. Эки окшош структураны бириктирүүчү ткань.

**СПЛАНХНОКРАНИУМ (splanchnocranium), спланхнокраниум** – баш сөөктүн бөлүгү, ал экинчи бакалоор догосунан өрчүйт (астынкы жаак).

**СПЛАНХНОПЛЕВРА (splanchnopleure), спланхноплевра** – эмбрион ичегилеринин эндодермадан туруп, сыртынан мезодерма менен капталган бети. Салыштыруу үчүн: Соматоплевра.

**СПЛЕТЕНИЕ (plexus), чиеленешүү** – нервдердин же кан тамырлардын түйүндөрү. Караңыз: Ийиндин нерв чиелениши.

**СПЛЕТЕНИЕ АУЭРБАХА (Auerbach's plexus), СПЛЕТЕНИЕ МЫШЕЧНО-КИШЕЧНОЕ НЕРВНОЕ (myenteric plexus), Ауэрбах чиелениши, булчуң-ичеги нерв чиелениши** – вегетативдик нерв булаларыны топтолушу, алар чычыркайлык чиелеништен өтөт; ичегинин циркулярдык жана узунунан кеткен ичегинин булчуң кабынын ортосунда орун алган. Ичегини иннервациялайт, жана ичегинин перистальтикасын көзөмөлдөйт.

**СПЛЕТЕНИЕ МЕЙССНЕРА (Meissner's plexus), СПЛЕТЕНИЕ ПОДСЛИЗИСТОЕ (submucous plexus), Мейсснер чиелениши, былжырлуу чел астындагы чиеленүү** – парасимпатикалык нерв булаларынын жакшы айырмалоочу түйүн, ал тамак сиңирүүчү трактын былжырлуу чел астындагы дубалында орун алган жана анын булчуңдары менен былжырлуу челин иннервациялайтда орун алган жана анын булчуңдары менен былжырлуу челин иннервациялайт.

**СПЛЕТЕНИЕ ПЛЕЧЕВОЕ (brachial plexus), ийиндин нерв чиелениши** – түйүн, ал V–VIII моюндук жана I төштүк жүлүн нервдердин алдынкы булалары менен жаралат. Кошумча караңыз: Билек нерви.

**СПЛЕТЕНИЕ СОЛНЕЧНОЕ (solar plexus), СПЛЕТЕНИЕ ЧРЕВНОЕ (coeliac plexus), күн чиелениши, ич чиелениши** – симпатикалык түйүндөрдүн тармагы, анда нерв булаларынын экинчи нейрондордун денелери жана тутамдары жайгашкан.

**СПЛЕТЕНИЕ СОСУДИСТОЕ (choroid plexus), тамырлар чиелениши** – алар капталдагы (I жана II), жана III менен IV мээнин карынчасынын чиеленишинде жайгашкан.

**СПОРАДИЧЕСКИЙ (sporadic), спорадикалык** – анда-мында өзгөчө, кезек-кезеги менен пайда болгон оорулар (салыштыруу үчүн: Эндемиялык, Эпидемия).

**СРЕДИННЫЙ (median), ортоңку** – (анатомияда) борбордук; ал денени оң жана сол жакка бөлөт.

**СТАРЕНИЕ ФИЗИОЛОГИЧЕСКОЕ (senescence), физиологиялык картуу** – физикалык жана акыл эстик жөндөмдүүлүктөрдүн төмөндөшү менен мүнөздөлөт. – Картайган (senescent).

**СТАРОСТЬ ПРЕЖДЕВРЕМЕННАЯ (presenility), мөөнөтүнөн мурда картуу** – дененин жана акыл эстин алдын ала картуусу адамдын физикалык жана акыл эстик жөндөмдүүлүктөрдүн төмөндөшүнө алып келет. Кошумча караңыз: Деменция, Прогерия. – Пресенилдик (presenile).

**СТВОЛ МОЗГА (brainstem), мээ сөңгөгү** – баш мээнин бөлүгү, ал жүлүн менен чоң жарым шарлардын ортосунда жайгашкан, курамына сүйрү мээ, көпүрөчө, ортоңку жана аралык мээ кирет. Караңыз: Баш мээси.

**СТВОЛ ЩИТОШЕЙНЫЙ (brachiocephalic artery), калкан моюндук сөңгөк.** Караңыз: Аты жок артерия.

**СТЕНКА (paries,** көпч. **parietes), каптал** – 1. Органдын же башка структуранын бөлүгү, ал кайсы бир органды курчап турат. 2. Көңдөй дубалы.

**СТОЛБ (column), түркүк** – (анатомияда) каалаган түркүктүү структура, негизинен, жүлүндөгү боз заттын түркүгү.

**СТОЛБ ПОЗВОНОЧНЫЙ (rachis), омуртка түркүгү.** – Караңыз: Арка омурткалар.

**СТОЛБ ПОЗВОНОЧНЫЙ (spine), омуртка түркүгү.** – Караңыз: Арка омурткалар. – Омурткалык. (spinal).

**СТОЛБ ПОЗВОНОЧНЫЙ (vertebral column), омуртка түркүгү.** Караңыз: Арка омурткалар.

**СТОМА (stoma,** көпч. **stomata), стома** – 1. (Анатомияда) ооз тешиги же кайсы-бир анын бөлүгүнүн тешиги, өзүнүн сырткы көрүнүшү менен тешикти элестетет. 2. (Хирургияда) – кайсы-бир көңдөйлүү органда жасалма түрдө жасалган тешик (мисалы, жээк сымал же капчыт ичегинин), ал сыртка ич көңдөйүнүн дубалы аркылуу чыгарылат (караңыз: Колостомия, Илеостомия). – Стомага тиешеси бар (stomal).

**СТОПА (foot), бут кетмени** – ылдыйкы аяктардын дисталдык сегменти. Хирургиялык көз караштан караганда, адамдын бут кетмени, шыйбылчак алдынын жети сөөгүнөн турат, шыйбылчак жана манжалардын шадылары аны курчап турган ткандар менен кошо беш сөөктөн турат; анатомиялык көз караштан алганда, мындай кароодо кызылашык жана аны курчап турган ткандар кирбейт.

**СТРЕМЯ (stapes, stirrup), үзөңгү сымал** – ортонку кулактагы үзүнгүгө окшош угуу сөөгү, ал дөшү менен бириктирилип жана сүйрү терезеге бекитилет. Караңыз: Сөөкчө.

**СТРОМА (stroma), строма** – ткандын же органдын негизин түзгөн зат, паренхиматоздук органдын негизи, ретикулярдык бириктиргич ткандан турат. Стромада кан тамырлар жана лимфалык тамырлар өтөт; строманын элементтери коргоочу ролду ойношот, анткени алар фагоцитозго жөндөмдүү болушат. Строманын клеткаларынан кан жасоочу органдарынан кызыл жана ак кан денечелери өрчүшөт.

**СТРУНА (cord), кыл** – каалагандай ийилме структура (ал толук же жарым болушу мүмкүн). Мисалы, урук түтүгү, жүлүн, киндик түтүгү, үн байламтасы.

**СТУДЕНЬ ВАРТОНОВ (Wharton's jelly), Вартон килкилдеги** – киндик түтүгүнүн эмбрионалдык тутумдаштыргыч (былжырлуу) тканы, ал киндик кан тамырларын курчап турат.

**СУМКА СИНОВИАЛЬНАЯ (bursa,** көпч. **bursae), синовиалдык баштыкча** – синовиалдык мембрана тарабынан пайда болуп, суюктук менен толтурулган анча чоң эмес көңдөйчө. Бул баштыкчалар тарамыш же булчуңдардын сөөк үстүнөн өткөн жерлеринде жайгашып, кыртыштардын бири-бирине сүрүлүүсүн азайтат.

**СУПИНАТОР (supinator), супинатор** – каруу булчуңу, ал ийин сөөгүнүн латералдык дөмпөйүүсүнөн башталып, билек сөөгүнүн үстүнкү үч бөлүгүнө бекилет. Ал каруунун супинациясын аткарат.

**СУСПЕНЗОРИЙ, ПОВЯЗКА ПОДДЕРЖИВАЮЩАЯ (suspensory bandage), суспензорий, кармап туруучу таңуу** – мүчөнү өөдө көтөрүүгө ылайыкталган байлоо, таңуу.

**СУСТАВ БЛОКОВИДНЫЙ (ginglymus, hinge joint), блок сымал муун** – синовиалдык кошулманын түрү (диартроздун); бул муун бир октуу, анда бир жалпактыктагы бурчтуу кыймылдар аткарылат жана муунду түзүүчү сөөктөрдүн арасындагы бурчту чоңойтот же азайтат. Бул муундарга мисалы катары тизе жана чыканак муундарды (фалангалык аралык чеңгелдер жана бут кетмени, балтыр-кеткен мууну) келтирсек болот.

**СУСТАВ ВИСОЧНО-НИЖНЕЧЕЛЮСТНОЙ (temporomandibular joint), чыкый-астынкы жаак мууну** – астынкы жаактын жана чыкый сөөктүн ортосундагы кошулма. Караңыз: Блок сымал муун (ginglymus).

**СУСТАВ ГОЛЕНОСТОПНЫЙ (ankle), балтыр-кетмен мууну** – 1. Балтыр менен бут кетменин бириктирүүчү муун. 2. Балтыр-кетмен муунунун баардык аймагы, ага шыйбылчак алды кошулат жана чоң балтыр сөөк менен кичи балтыр сөөктүн учтары кирет.

**СУСТАВ ЛОКТЕВОЙ (elbow), чыканак мууну** – татаал блок сымал муун, ал ийин сөөктүн жана каруунун эпифизинин муун үстүрткүлөрү менен пайда болот. Сыныктар менен бертинүүлөрдүн жери болуп саналат.

**СУСТАВ МЫЩЕЛКОВЫЙ (condylarthrosis, condyloid joint), дөмпөктүү муун** – диартроздун түрү (үзгүлтүктүү же синовиалдык кошулуунун). Мисалы, тизе менен чыкый – астынкы жаак муундар.

**СУСТАВ ПЛЕЧЕВОЙ (shoulder), ийин мууну** – шар сымал муун, ал далынын муун чуңкурунан жана ийин сөңгөгүнүн башынан пайда болгон муун. Ийин мууну жаракаттагы бертинүүнүн көп кездештирүүчү орду болуп саналат.

**СУСТАВ ПЛОСКИЙ (arthrodic joint, gliding joint), жалпак муун** – диартроздун (эркин кыймылдоочу муун) түрүнө кирет. Мисал катары бейбелчек аралык муундар, куймулчак– капчыт мууну жана шыйбылчак аралык муундар.

**СУСТАВ ПЛОСКИЙ (gliding joint), жалпак муун** – караңыз: Жалпак муун (arthrodic joint).

**СУСТАВ СЕДЛОВИДНЫЙ (saddle joint), ээр сымал муун** – диартроздун түрү (эркин кыймылдоочу муун). Мисалы, чоң бармактын бейбелчек – белчек мууну.

**СУСТАВ СИНОВИАЛЬНЫЙ (synovial joint), синовиалдык муун** – караңыз: Диартроз.

**СУСТАВ ТАЗОБЕДРЕННЫЙ (hip joint), жамбаш – сан мууну** – жамбаш сөөгүнүн чөйчөгү менен жана сан сөөгүнүн башы менен муунунан пайда болуучу шар сымал муун (караңыз: Шар сымал муун (enarthrosis)), ал сан сөөгүнүн жана жамбаш сөөгүнүн чөйчөгүнүн башы менен пайда болгон (караңыз: Жамбаш сөөгү).

**СУСТАВ ЦИЛИНДРИЧЕСКИЙ (trochoid joint, pivot joint), цилиндр сымал муун** – диартроздун түрү (эркин кыймылдоочу муун). Бул муунда борбордук октун айланасындагы эки сөөктүн айлануучу кыймылдары аткарылат. Мисалы, катары ортолук атлантоктук муунду мисал катары келтирсек болот.

**СУСТАВ ШАРОВИДНЫЙ (enarthrosis, ball-and-socket joint), шар сымал муун** – диартроздун түрү (эркин кыймылдоочу муун). Мисалы, ийин же жамбаш – сан мууну. Муундардын учтары шар сымал формадагы кесилиштери бар.

**СУХОЖИЛИЕ (tendon), тарамыш** – калың жана тыгыз булчуңдук байламта. Коллаген булаларынын көпчүлүк түйүндөрүнөн турат, ал сөөктү булчуңга бекитүү кызматын

аткарат. Алар бекем жана такыр чоюлбаган болот. Кошумча караңыз: Апоневроз. – Тарамыштык (tendinous).

**СУХОЖИЛИЕ АХИЛЛОВО (Achilles tendon), Ахилл тарамышы** – балтырдын үч баштуу булчуңунун тарамышы.

**СФИНКТЕР (sphincter), сфинктер** – көтөндүн бүйрүмөсүн, табарсыктын тешигин кысуучу, жабуучу булчуңдар. Тегерете жайгашкан булчуң, ал кайсы-бир тешикти курчап турат. Сфинктердин жыйрылуусу бул тешиктердин жартылай же толук жабылышына алып келет (мисалы, көтөн чучуктун (anal sphincter)).

## Т

**ТАЗ (pelvis,** көпч. **pelves), жамбаш** – 1. Сөөк структурасы, курамына жамбаш сөөктөр, куймулчак жана чычаң кирет. 2. Ичтин астынкы бөлүгү. 3. Чыны сымал көңдөй, ал дененин астынкы бөлүгүндө жамбаштын ичинде жайгашкан. – Жамбаштык (pelvic).

**ТАЛАМУС, БУГОР ЗРИТЕЛЬНЫЙ (thalamus,** көпч. **thalami), таламус, көрүү дөңчөсү** – мээдеги көрүү дөңчөсү. Таламус, баардык сигналдардын интергациясы жана кайра иштетүү болуп турган структура болуп саналат, ал сигналдар чоң мээнин кыртышына жүлүндөн, ортонку мээден, каракуш мээден, мээнин базалдык ганглийлеринен келишет. Көрүү дөңчөсү инстинктерди, кызыгууларды, эмоцияларды ашыруучу борбор болуп саналат.

**ТЕЛА СОСЦЕВИДНЫЕ (mamillary bodies), упчу сымал денечелер** – кичинекей тоголок жуп пайда болуусу, ал гипоталамустун негизинде түздөн түз гипофиздин артында жайгашкан (лимбалык системага кирет).

**ТЕЛО БИГЕМИНАЛЬНОЕ (bigeminal body), бигеминалдык дене** – түйүлдүктүн өрчүү мезгилинде ортонку мээнин негизинде пайда болуучу эки дененин бири.

**ТЕЛО ВОЛЬФОВО (Wolffian body), Вольф денеси.** – Караңыз: Мезонефрос.

**ТЕЛО ГРУДИНЫ (gladiolus), төш сөөгүнүн денеси (тулкусу)** – төштүн эң чоң бөлүмү, ал тутканын жана кылыч сымал урчуктун ортосунда орун алган.

**ТЕЛО КАРОТИДНОЕ, КЛУБОК СОННЫЙ (carotid body), каротиддик дене, уйку түрмөк** – майда тоголок денечелер, диаметри 2–3 мм, каротиддик синуста жайгашкан; хеморецепторлорду камтыйт.

**ТЕЛО ПЕЩЕРИСТОЕ (corpus cavernosum), көңдөйлүү дене** – цилинр формасындагы жуп дене, жыныстык мүчөнүн же клитордун эрикталдык тканы менен пайда болгон.

**ТЕЛО ПОЛОСАТОЕ (corpus striatum), тилке сымал дене** – чоң мээнин жарым шарындагы базалдык ганглий бөлүгү, ал куйруктуу жана жасмык сымал ядролордон турат.

**ТЕЛЬЦА ПАХИОНОВЫ (Pacchionian body), Пахион денечелери.** – Караңыз: Архоноидалдык грануляция.

**ТЕЛЬЦА ПСАММОЗНЫЕ (acervulus cerebri), псаммоздук денечелер** – курамында кальций бар гранулалар, алар кээде шишик сымал денечелердин ичинде байкалат.

**ТЕНАР (thenar), тенар** – баш бармактын алакан жак чоң булчуңу. Салыштыруу үчүн: Чыпалактын дөмпөйүүсү.

**ТЕРМОРЕЦЕПТОР (thermoreceptor), терморецептор** – жылуулукту жана суукту кабыл алуучу, сезгич нервдин учу. Мындай рецепторлор териде жана ооз көңдөйүндө, кулкунда көп санда таралган.

**ТИМУС, ЖЕЛЕЗА ВИЛОЧКОВАЯ (thymus), тимус, богок бези** – иммуногенездин борбордук органы, ал көөдөн ортолугунун үстүндө, төш сөөк туткасынын артында орун алган. Эки асимметриялык үлүштөн турат. – Богоктук (thymic).

**ТИП КОНСТИТУЦИИ (somatotype), ТИП ТЕЛОСЛОЖЕНИЯ (body type), дене конституциясынын тиби, дене түзүлүшүнүн түрү** – адамдын жекече түзүлүшүнүн ана-

томиялык өзгөчөлүктөрү. Адатта, адамдын дене түзүлүшүнүн үч түрү бөлүнүп көрсөтүлөт: мезоморфтуу, брахиморфтуу жана долихоморфтуу.

**ТИП ТЕЛОСЛОЖЕНИЯ (body type), дене түзүлүшүнүн түрү.** Караңыз: Дене конституциясынын тиби (somatotype).

**ТКАНЬ (tissue), ткань** – келип чыгышы, түзүлүшү жана аткара турган функцияларынын окшоштугу менен байланышкан клетка жана клетка аралык заттардын жалпылыгы. Адам организминде ткандардын төрт түрүн бөлүп көрсөтүүгө болот. Алар: эпителиалдык, бириктирүүчү, булчуңдук жана нервдик.

**ТКАНЬ АРЕОЛЯРНАЯ (areolar tissue), ареолярдык ткань** – бириктиргич ткань, ал торчо структурадагы коллагенден, ийилген жана ретикулярдык булалардын турат, алардын ортосунда көпчүлүк бириктиргич ткандын клеткалары орун алган.

**ТКАНЬ ЖИРОВАЯ (adipose tissue), май тканы** – көптөгөн май клеткаларынан туруучу бириктирүүчү ткань. Көчүк туштагы тери алдынан, ошондой эле бөйрөк тегерегинен жолуктурууга болот. Адамдын ашыкча талап кылган тамак азыктары майга айланып, дал ушул ткань клеткаларында чогулушат.

**ТКАНЬ СОЕДИНИТЕЛЬНАЯ (connective tissue), бириктирүүчү ткань** – таканчыктык, трофиялык, ошондой эле коргоочу функцияларды аткарып, ткань жана органдарды ажыратып же байланыштырып туруучу ткандардын кеңири тобу.

**ТКАНЬ ХРОМАФФИННАЯ (chromaffin), хромаффинндик ткандар** – бөйрөк үстүндөгү бездердин мээ затынын хромаффинндик клеткалары менен жаралган, алар түр алмашуучу симпатикалык ганглияларды элестетет. Кошумча караңыз: Нейрогормон.

**ТКАНЬ ЭЛАСТИЧЕСКАЯ (elastic tissue), ийилүүчү ткань** – бекем, жакшы ийилүүчү бириктирүүчү ткань, эластикалык бутактанган узун, жана ичке булаларга бай келет. Ийилүүчү ткань дермада, артериялардын дубалдарында жана өпкөнүн альвеолярдык аралык тосмолорунда болот.

**ТОНИЧЕСКИЙ (tonic), тоникалык** – 1. Булчуңдардын нормалдуу тонусу. 2. Булчуңдардын узак чыңалуусу менен мүнөздөлүүчү. Мисалы, тоникалык булчуң спазмы.

**ТОНУС (tonicity), тонус** – 1. Организмдеги бардык органдардын шалаңкы же чымыр болбой бир абалда турушу. 2. Эритменин эффективдүү осмотикалык басымы. Караңыз: Гипертоникалык, Гипотоникалык, Осмос.

**ТОПОГРАФИЯ (topography), топография** – организмдеги мүчөлөрдүн тегерегиндеги мүчөлөрүнө болгон чектеш катышын аныктоо. – Топографиялык (topographical).

**ТОРМОЖЕНИЕ (inhibition), токтоо** – (физиологияда) бир катар нервдик импульстардын таасири аркасында келип чыгуучу кайсы бир орган, булчуң функцияларынын басаңдашы.

**ТОРС (trunk), торс** – баш жана колу - буттардан сырткаркы дене тулкусу.

**ТОЧКА (punctum,** көпч. **puncta), чекит** – (анатомияда) чекит же чоң эмес аймак: мисалы, жаш чекиттер (puncta lacrimalia) – жаш үрпчөлөрдүн учундагы тешик, алар ичке жаш каналдардын башталышы болот. Караңыз: Жаш аппараты.

**ТОЧКА МАК-БЕРНЕЯ (McBurney's point), Мак-Берней чекити** – оң жакта киндик менен жамбаш сөөктүн кырын кесип өткөн сызыкты басып көргөндө өтө катуу ооруган жери. Ал аппендицит өнөкөткө айланганда байкалат. Ошол чекит ушул автордун атында аталат.

**ТРАБЕКУЛА (trabecula,** көпч. **trabeculae), трабекула** – 1. Кошуучу ткандардын алкак сымал көзөнөктүгү. Мисалы, трабекулаларды жыныстык мүчөдө байкаса болот. 2. Сөөктүн кемик затындагы ичке сөөк пластинкасы. – Трабекулярдык (trabecular).

**ТРАХЕЯ (trachea, windpipe), трахея** – дем алуучу коко, жуп эмес орган, ал аркылуу аба өпкөгө өтөт жана тескерисинче. Трахея VI моюн омурткасынын деңгээлиндеги астын-

кы четинде башталат, жана V төш бөлүгүнүн үстүнкү четиндеги деңгээлинде аяктайт. Трахеяда моюн жана төш бөлүгүн айырмалашат. – Трахеалдык (tracheal).

**ТРЕУГОЛЬНИК (triangle), үч бурчтук** – (анатомияда) үч бурчтуу аймак же структура (мисалы, сан үч бурчтугу).

**ТРЕУГОЛЬНИК (trigone), үч бурчтук** – үч бурчтуу аймак же ткань (мисалы, табарсыктын үч бурчтуу дубал аймагы).

**ТРЕУГОЛЬНИК БЕДРЕННЫЙ (femoral triangle), ТРЕУГОЛЬНИК СКАРПА (Scarpa's triangle), сан үч бурчтугу, Скарп үч бурчтугу** – сандын ички бетиндеги үч бурчтуу чуңкурча, ал бычма булчуң жана узун ичке тартуучу булчуң менен чектелген, жана ошондой эле жука чурайлык байламта менен да чектелген.

**ТРЕЩИНА, ЩЕЛЬ (fissure), жарака, жылчык** – 1. Анатомияда – кобул же жарака; мисалы сильвий кобулу (fissure of Sylvius) ал баш мээнин чыкый үлүшүн маңдай үлүштөн жана төбө үлүшүнөн бөлөт. 2. Паталогиялык анатомияда – теридеги же былжырлуу челде жарака, ал кандайдыр бир дарттын кесепетинен пайда болгон. Караңыз: Көтөн чучуктагы жарака. 3. Стоматологияда – тиштин эмалында пайда болгон жарака.

**ТРИПЛОИДНЫЙ (triploid), триплоиддик** – бул термин клеткаларды, ткандарды же индивидуумдарды сүрөттөөдө колдонулат, аларда хромосомалардын үч толук топтому бар. Салыштыруу үчүн: Гаплоиддик, Диплоиддик. – Триплоид (triploid).

**ТРУБА (tube), түтүк** – (анатомияда) цилиндр сымал узун, көңдөй түзүлүш: мисалы, фаллопий түтүкчөсү.

**ТРУБОЧКА (tubule), түтүкчө** – (анатомияда) чоң эмес цилиндрлик бүтүн структура. Кошумча караңыз: Бөйрөк түтүкчөсү, Урук түтүкчөсү.

**ТУННЕЛЬ, КАНАЛ (tunnel), туннель, канал** – (анатомияда) кандайдыр-бир анатомиялык структуранын ичиндеги канал же кобул. Караңыз: Бейбелчек каналы.

## У

**УГОЛ (angle), бурч** – 1. Анатомияда – мисалы, көздүн көрүү бурчу (angle of the eye) – көздүн ички же тышкы көрүү бурчу; оолдун бурчу (angle of the mouth) – үстүнкү жана астынкы эриндин кошулган жери. 2. Эки кесилишкен сызыктардын же жалпактыктардын бөлүнүү даражасы; мындай эки сызыктардын арасындагы боштук. Кармоочу бурч (carrying angle) – оор бурч, ал каруу менен ийинден пайда болот.

**УЗДЕЧКА (fraenum, frenum, frenulum), жүгөн** – 1. Былжырлуу челдин бүктөлгөн жери, ал тилдин астында же тиш этинин же астынкы менен үстүнкү эриндин ортосунда жайгашкан. 2. Каалагандай структура, өзүнүн сырткы көрүнүшү менен жүгөндү элестетет.

**УЗЕЛ ЗВЕЗДЧАТЫЙ (stellate ganglion), жылдызча түйүнү** – жылдызча формадагы симпатикалык сөңгөктүн моюн - төш түйүнү, андан симпатикалык нервдер өтөт жана тиешелүү артериялардын айланасында бир катар түйүндөрдү пайда кылат.

**УЗЕЛ ЛИМФАТИЧЕСКИЙ (lymph node), лимфа түйүндөрү** – көпчүлүк тоголок структуралардын бири, алар лимфа системасынын жүрүшүндө орун алган. Лимфа түйүндөрдүн топтолуштары адам денесинин көптөгөн аймактарында болушат (мисалы, жука чурай аймагында, колтук чуңкурларында, кулак үлүлүнүн артында). Алар лимфалык ткань менен жаралган жана лимфанын фильтрациясын жүргүзүшөт, башкача айтканда кан агымына чоочун бөлүкчөлөрдүн киришине тоскоолдук кылат, андан тышкары аларда лимфоциттер пайда болот.

**УЗЕЛОК ГЕБЕРДЕНА (Heberden's node), Геберден түйүнү** – экзостоз, ал кемирчектүү ткань менен капталган, кол бармагынын акыркы муунунда орун алган; адатта остеоартритте өрчүйт.

**УЗЛЫ ГЕМОРРОИДАЛЬНЫЕ, ГЕМОРРОЙ (haemorrhoids, piles), геморроидалдык түйүндөр, геморрой** – көтөн чучуктун бетинде жайгашкан кан тамырлардын чоңойуп кетиши (ички геморроидалдык түйүндөр (internal haemorrhoids)); негизинен узак убакыт ич катуу, ошондой эле айрым учурларда ич өтүү менен байланыштуу. Тышкы геморроидалдык түйүндөр (external haemorrhoids) – бул тышка чыккан геморроидалдык түйүндөр, же (көп кездешүүчү) перианалдык гематомалар.

**УХО (ear), кулак** – угуу органы, анда ошондой эле тең салмактуу орган да жайгашкан. Угуу өтмөгүнө сырттан келген үн толкундары кулак жаргакчасынын дирилдешине алып келет. Кулактын ортосунда жайгашкан анча чоң эмес кемирчектер бул үн толкундарын кулактын ичинде жайгашкан терезечеге өткөрөт. Кулак ичинде жайгашкан үлүл сымал угуу борборунун ичинде бул үндүк термелүүлөр нервдик импульстарга айланышат. Угуу борборунан чыккан термелүүлөр кулак ичинде басымга учурашып, угуу түтүктөрү аркылуу өткөндө басаңдай турган басымдын жаралышына шарт түзөт.

**УХО ВНУТРЕННЕЕ (inner ear), ички кулак.** – Караңыз: Лабиринт.

**УЧАСТОК НЕРВНОГО ВОЛОКНА МЕЖДУ СОСЕДНИМИ ПЕРЕХВАТАМИ РАНВЬЕ (internode), Ранвье тосмолорунун арасындагы нерв булаларынын коңшулаш аймагы** – аксондун аймагы, миелин кабы менен капталган. Бул аймактар Ранвье тосмолору менен бөлүнгөн, аларда болсо миелин кабы жок болот.

## Ф

**ФАГОЦИТ (phagocyte), фагоцит** – бактерияларды өзүнө сиңирип алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ клетка. Аларга дененин коргоочу механизмдерин ишке киргизүүдө чоң роль ойной турган лейкоцит жана макрофагдар кирет. – Фагоцитардык (phagocytic).

**ФАЛЛОС (phallus), фаллос** – 1. Түйүлдүк мезгилине чейинки жыныстык дөмпөйүүсү, качан сийдик чыгаруучу каналдын өрчүшү толук бойдон аяктаганда. 2. Жыныстык мүчө.

**ФАРИНГОЦЕЛЕ (pharyngocele), фарингоцеле** – чөнтөкчө же киста, ал кулкун көңдөйүнө ачылат (караңыз: Бронхиогенндик киста).

**ФАСЦИЯ (fascia.** көпч. **fasciae), фасция** – жайык келип, кошуучу ткандардан турган, булчуңдардын кабыгы. Фасцияларды (чарымдарды) сыртқы (superficial fascia) (түздөн - түз теринин алдында жайгашкан) жана терең (deep fascia) деп айырмалашат.

**ФАСЦИЯ (lacertus), фасция (чарым)** – ичке бириктиргич кабык, ал булчуңдарды же булчуңдар тобун, тамырларды, нервдерди каптайт.

**ФИБРИЛЛА (fibril), фибрилла** – өтө ичке була же буланы пайда кылуучу жип (мисалы, булчуң буласынын миофибрилласы). – Фибриллярдык (fibrillar, fibrillary).

**ФОЛЛИКУЛ (follicle), фолликул** – чоң эмес секретордук көңдөй, баштыкча же без, мисалы, жумуртка клеткасы өрчүү процессиндеги урук безинин бир ыйлаакчасы. Кошумча караңыз: Грааф ыйлаакчасы, Чачтуу фолликул. – Фолликулярдык (follicular).

## Х

**ХАБИТУС (habitus), хабитус** – кайсы бир оорунун өөрчүү тенденциясы менен байланышкан дене түзүлүшү.

**ХВОСТ (cauda), куйрук** – куйрук сымал анатомиялык структура. Мисалы, аттын куйругу (cauda equina), өзү менен жүлүн нервдеринин бел, куймулчак, чычаң тутамын элестетет, омуртканын бел, куймулчак, бөлүктөрүнөн тике өтөт.

**ХИАТУС, ОТВЕРСТИЕ (hiatus), хиатус, тешикче** – тешикче же жылчык. Мисалы, диафрагма эки жылчыктуу болот: кызыл өңгөчтүк жана аорталдык.

**ХОЛМИК (colliculus, көпч. colliculi), дөбөчө** – чоң эмес дөбөчө. Дөбөчөнүн эки жубу, үстүнкү (superior) жана астынкы (interior colliculi), орто мээдеги төрт дөбөчөлүү пластинкасында орун алган (караңыз: Чатыр).

**ХОНДРОБЛАСТ (chondroblast), хондробласт** – митотикалык бөлүнүүгө жөндөмдүү жана матрикс компоненттерин өндүрүп чыгаруучу жаш кемирчек клеткасы.

**ХОРДА ЭМБРИОНА (notochord), эмбриондун хордасы** – мезодермалдык ткандын сызыгы, ал эмбриондун дорсалдык бети менен кошо пайда болот жана нерв түтүкчөсүнүн астында орун алат.

**ХРЯЩ (cartilage), кемирчек** – негизинен клетка аралык заттарда жайгашып, кемирчек клеткалары болуп саналышкан хондробластар (chondroblasts) жана хондроциттерден (chondrocytes) турган катуу, скелеттик бириктирүүчү ткань. Кемирчек тканынын үч тиби болот: гиалиндик (hyaline cartilage), ийилген (elastic cartilage) жана булалуу (fibrocartilage).

**ХРЯЩ ВОЛОКНИСТЫЙ (fibrocartilage), булалуу кемирчек** – бекем болгон кемирчек, негизги затында көп сандагы катуу коллаген булаларынын таңгактары түзөт, алар клеткалар аралык заттын негизин түзүшөт. Булалуу кемирчектен омуртка аралык дисктердин фиброздук шакекчелери жана чат симфизи түзүлгөн.

**ХРЯЩ ГИАЛИНОВЫЙ (hyaline cartilage), гиалиндик кемирчек** – кемирчек тибинин эң кеңири таралганы: көгүш-ак ийкемдүү зат, анын негизин сульфат хондротин түзөт, анда ичке коллагендик фибриллдер өтөт.

**ХРЯЩ МАНДИБУЛЯРНОЙ ДУГИ ЭМБРИОНА (Meckel's cartilage), түйүлдүк догосунун мандибулярдык кемирчеги** – түйүлдүктүн кемирчек тканынын сызыгы, анын айланасында ылдыйкы жаактын өрчүшү болот. Бул кемирчектин бир бөлүгүнөн адамдарда балкача (ички кулактын сөөгү) өрчүйт.

**ХРЯЩ ПЕРСТНЕВИДНЫЙ (cricoid cartilage), оймок сымал кемирчек** – гиалиндик кемирчек, ал өзүнүн сырткы көрүнүшү менен оймокту элестетет; ал көмөкөйдүн алдынкы жана капталдагы дубалды, ошондой эле арткы дубалдын чоң бөлүгүн түзөт.

**ХРЯЩ РЕБЕРНЫЙ (costal cartilage), кабыргалуу кемирчек** – кабырга менен төш клеткасын бириктирүүчү кемирчек. Ар бир жети кабырганын биринчиси түздөн-түз кабыргалуу кемирчектин жардамы менен төш сөөк менен бириктирилет. Калган үч кабыргасы (VIII–X) – жалган; алардын кемирчегинин учтары бири-бири менен өсүшүп кетет, ошону менен кабыргалык догону түзүшөт.

**ХРЯЩ ЧЕРПАЛОВИДНЫЙ (arytenoid cartilage), чөмүч сыяктуу кемирчек** – көмөкөйдүн оймок сымал кемирчектин катмарында орун алган эки кемирчектин каалаган бири, алар экөө биригип оймок сымал жана чөмүч сымал муунду түзүшөт; пирамида формасында болот. Чөмүч сымал кемирчектин үндүк урунчугуна үн байламтасы бекилет.

**ХРЯЩ ЩИТОВИДНЫЙ (thyroid cartilage), калкан сымал кемирчек** – көмөкөйдүн эң чоң кемирчеги, ал эки кенен катмардан турат, алар болсо алдынан биригип, V-образдуу структураны түзөт (көмөкөйдүн коко дөңчөсү, же Адам алмасы (Adam's apple)).

**ХРЯЩ ЭЛАСТИЧЕСКИЙ (elastic cartilage), ийилме кемирчек** – кемирчектин түрү, мында анын негизги затында ийилме булалар үстөмдүк кылат. Алар саргыч түстө болот; мисалы сырткы кулактын кемирчегин түзөт.

## Ц

**ЦЕЛОМ ВНЕЗАРОДЫШЕВЫЙ (extraembryonic coelom), ЭКЗОЦЕЛОМ (exocoelom), түйүлдүктөн тышкары целом, экзоцелом** – мезодерма менен төшөлгөн көңдөй, ал түйүлдүктү анын эң баштапкы өрчүшүнөн бери курчап турат. Целомдон урук безинин ич көңдөйлүк, плевралдык, перикардиалдык жана сероздук көңдөйчөлөр өрчүйт.

**ЦЕФАЛИН (cephalin), цефалин** – клеткалык мембраналарда кездешүүчү фосфолипиддер өкүлү (өзгөчө, баш мээ клеткаларында көп учурайт).

**ЦИСТЕРНА (cisterna,** көпч. **cisternae), цистерна** – 1. Мээнин жел сымал кабынын астында жайгашкан, жүлүн суюктугу менен толтурулган, салыштырмалуу чоң көңдөйлөрдүн бири. Алардын эң чоңу – көпүрөчө каракуш мээлик (cisterna magna) – ал каракуш мээ менен сүйрү мээнин ортосунда жайгашкан. 2. Төш (лимфатикалык) түтүктүн астынкы учундагы жооноюу, ага оң жана сол бел лимфа сөңгөктөрү куюулат.

## Ч

**ЧАСТЬ ПИЩЕВОДА АБДОМИНАЛЬНАЯ (epicardia), кызыл өңгөчтүн абдоминалдык бөлүгү** – диафрагманын алдында жайгашкан кызыл өңгөчтүн бөлүгү (орточо узундугу 2 см).

**ЧАШКА (calyx,** көпч. **calyces), чөйчөк** – чөйчөк сымал анатомиялык түзүлүш, мисалы, бөйрөктүн ички көңдөйүнүн бутакталышы. Сийдик, сийдик түтүгүнө бөйрөктүн ички көңдөйүнөн агат.

**ЧАШКА ПЕТРИ (Petri dish), Петри идиши** – жалпак терең эмес тоголок же пластмассадан жасалган чыны, капкак менен жабылган, дары сала турган идишти элестетет; ал катуу агарды жана желатинди сактоо үчүн колдонулат; катуу агардагы же желатиндеги бактерияларды өстүрүү үчүн колдонулат.

**ЧЕЛОВЕК ПСИХИЧЕСКИ НЕПОЛНОЦЕННЫЙ (mental handicap), психикалык жактан оорулуу адам** – психикалык жактан толук кандуу өнүкпөй калган жана социалдык адаптациясы начар адам. Жакшы билим алуу, бул өндүү адамдардын жашоосун түптамырынан бери өзгөртүп жиберүүсү мүмкүн. Кошумча караңыз: Акыл-эс өнүгүүсүнүн кечеңдеши.

**ЧЕЛЮСТЬ (jaw), жаак** – эки жаактын каалаганы: үстүнкү же астынкы. Жаактар тиштер үчүн негиз түзүшөт жана ооз көңдөйүндө алардын бекитүүчү жери катары болушат.

**ЧЕЛЮСТЬ ВЕРХНЯЯ (maxilla,** көпч. **maxillae), үстүнкү жаак** – жупуну сөөк, ал денеден жана төрт урчуктан турат: маңдайдык, чыкчыттык, таңдайдык жана альвеолярдык, астынкы бош учу өзү менен альвеолярдык догону элестетет, ал болсо тиш альвелаларын алып барат. Үстүнкү жаак, көздүн чарасын, мурун көңдөйүн жана катуу таңдай өрчүүдө катышат. Кошумча караңыз: Астынкы жаак, Баш сөөк. – Үстүнкү жаактык (maxillary).

**ЧЕЛЮСТЬ НИЖНЯЯ (mandible), астынкы жаак** – бет сөөгүнүн жупуну эмес сөөгү; ал така сымал денеден (body) турат, анын үстүнкү кыры 16 альвеоладан турган альвеоллярдык догону жаратат, анда астынкы тиштер орун алган (караңыз: Альвеола (2)) жана эки тик сөңгөктөр (rami) орун алган. Ар бир бутак өз кезегинде эки урчук менен - дөмпөктүү (condyle) менен таажы урчук менен аяктайт. Дөмпөктүү урчук баш сөөктүн чыкый сөөгү менен кошулуп аны менен чыкый – астынкы жаак мунунун (temporomandibular joint) пайда кылат. Кошумча караңыз: Астынкы жаак, Баш сөөк. – Үстүнкү жаактык (maxillary).

**ЧЕРВЬ МОЗЖЕЧКА (vermis), каракуш мээнин курт сымал бөлүгү** – каракуш мээнин жуп эмес филогенетикалык эски бөлүгү, ал эки жарым шарлардын ортосунда жайгашкан.

**ЧЕРЕП I (cranium), баш сөөк I** – баш мээ, сезүү органдары, тамак сиңирүү жана дем алуу системалары үчүн таянычтык, ошондой эле коргоочу функцияларды аткаруучу сөөк бөлүгү. Өз кезегинде ал мээ жана бет бирикмелеринен турса, беттики он беш сөөктөн турат (караңыз: Баш сөөк (skull)). – Краниалдык (Cranial).

**ЧЕРЕП II (skull), баш сөөк II** – 29 сөөктөн түзүлгөн баш скелети. Ал негизинен баш мээ жана бет бөлүктөрүнөн турат. Баштын мээ бөлүгү баш сөөгүнүн капкагын түзө турган сегиз сөөктөн турат. Аларга: маңдай, төбө (эки), кежиге жана саамай (эки), ошондой эле

шынаа жана тор тешик сымал сөөктөр кирет. Ал эми баш сөөктүн бет бөлүгү 15 сөөктөн турат. Аларга: мурун, жаш, ылдыйкы мурун калканы, үстүнкү жаак, бет жана таңдай, көнчөк, ылдыйкы жаак жана тил алдындагы сөөктөр кирет. Баш сөөгүндөгү алдыңкы жаак жана тил алдындагы сөөктөрдөн башкаларынын бардыгы бири-бири менен кыймылсыз түрдө байланышкан (караңыз: Жик).

**ЧЕРЕП МОЗГОВОЙ (neuro-cranium), мээ баш сөөгү** – мээни курчап турган баш сөөктүн бөлүгү. Караңыз: Баш сөөк.

**ЧЕРЕП ХРЯЩЕВОЙ (chondro-cranium), кемирчектик баш сөөк** – баш сөөктүн түйүлдүктүк өрчүү этабы, ал башынан кемирчектерден турат, андан кийин сөөктөр менен алмашылат. Кошумча караңыз: Мээнин чел кабыгы.

**ЧЛЕН ПОЛОВОЙ (penis), жыныстык мүчө** – организмден сырткары көздөй сийдик жана эрендик өтүүчү канал (уретра) жайгашкан эркектердин жыныстык органы. Бул органдын көпчүлүк бөлүгүн жыныстык дүүлүгүү учурунда канга толуп чыга турчу эректилдик ткань түзөт (караңыз: Көңдөйлүү дене, Губка сымал дене). Мындай абалда жыныстык мүчө жыныстык кынга кирүү жана жыныстык акт жасоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Кошумча караңыз: Жыныстык мүчөнүн учу.

**ЧРЕВНЫЙ (coeliac), ичтик** – ич көңдөйүнө тиешелүү же анын курамына кирген. Ич сөңгөгү (coeliac trunk) өзүнүн сырткы көрүнүшү менен ич аортасынын сөңгөгүн элестетет, ал ашказанды, көк боорду, боорду жана өттү кан менен камсыз кылат.

## Ш

**ШАПОЧКА КОЛЫБЕЛЬНАЯ (cradle cap), бешик топусу** – ак же сары кабырчыктар, алар башта топу сыяктанып каптайт, кичинекей балдарда кезигүүчү оору. Дарылоо үчүн атайын шампунь же май колдонулат. Бир жашка чейинки куракка чейин бул оору жоголот, бирок балада себорейдик экземанын өрчүшүнө алып келет.

**ШАР (globus), шар** – сфера же шар формасындагы түзүлүш: мисалы, боз шар (globus pallidus) – баш мээнин жасмык сымал ядросунун бир бөлүгү болуп саналат (караңыз: Базалдык ганглийлер).

**ШЕЙКА ПЛЕЧА ХИРУРГИЧЕСКАЯ (surgical neck), хирургиялык ийин моюнчасы** – ийин сөөктөгү диафиздин ичкертилген аймагы, ал ийин сөөктүн башы менен анын денесинин ортосунда жайгашкан. Бул аймак көпчүлүк убакта сыныктарга дуушар болот.

**ШЕЙНЫЙ (cervical), моюндук** – 1. Моюн аймагына тиешеси бар же ага таасир эткен. 2. Кайсы - бир органдын моюнчасына тиешеси бар, адатта жатын моюнчасына тиешелүү колдонулат.

**ШЕЯ (neck), моюн** – 1. Башты тулку бой жана моюн омурткалары менен бириктирип турган дене бөлүгү. 2. Караныз: Моюнча.

**ШЛЕМ (galea), туулга** – туулганы элестетүүчү структура, мисалы тарамыш туулгасы (galea aponeurotica) – бириктирүүчү ткандын катуу жалпак катмары (караңыз: Апоневроз), ал баш сөөктү каптоочу жана баш сөөк алдындагы булчуңдун эки бөлүгүн бириктирип турат.

**ШОВ I (raphe), жик I** – сызык, кыр, кобул, же ткандын бүгүлүшү же кайсы бир органдын аймагындагы эки түйүлдүктүк түрдүү бөлүктүн биригиши, алар чоң кишиде бирдиктүү структураны түзүшөт.

**ШОВ II (suture), жик II** – 1. Анатомияда – ордунан жылбоочу кошулманын түрү, алар менен негизинен баш сөөктөр менен биригишет. Тиштүү жиктерди айырмалашат: таажы жиги (coronal suture), ал маңдай жана төбө сөөктөрдү бириктирет; лямбда сымал жик (lambdoidal suture), төбө жана желке сөөктөрдү кошот; сагитталдык жик (sagittal suture), төбө сөөктөрдү кошот. 2. Хирургияда – жибек жиптин же кетгут жибинин жардамы

менен жаракатты же ткандын кесилишин тигүү. Ал жаракатты тез айыктыруу үчүн жасалат.

**ШОВ (черепа) ВЕНЕЧНЫЙ (coronal suture), (баш сөөктүн) таажы жиги.** Караңыз: Жик I.

**ШПОРА (calcar), текөөр** – текөөрдү элестетүүчү уркуюп турган жер.

**ШПОРА (spur), текөөр** – сөөктүн үстүндө курч уркуюп чыгуусу (мисалы, согончок текөөрү).

## Щ

**ЩЕЛЬ (rima), жылчык** – (анатомияда) эки симметриялык ткан ортосундагы өтө чоң эмес жылчык. Мисалы, үн жылчыгы (rima glottidis же glottis) чыныгы үн түйүндөрү ортосундагы бош аралыкты билдирет.

**ЩЕЛЬ ГОЛОСОВАЯ (glottis), үн жылчыгы** – эки үн бүгүлүштөрдүн ортосундагы боштук.

**ЩЕЧНЫЙ (buccal), жаактык** – 1. Жаакка тиешеси бар. 2. Жаакка тиешелүү, тиштин үстүн сүрөттөөдө колдонулат.

**ЩИТОВИДНО-ПОДЪЯЗЫЧНЫЙ (thyrohyoid), калкан-тил астындагы** – калкан кемирчекке жана тил астындагы сөөкө тиешеси бар. Мисалы, калкан тил астындагы мембрана (thyrohyoid ligaments) ал тил астындагы сөөктү калкан кемирчек менен бириктирет, ал эми калкан тил астындагы булчуң (thyrohyoid muscle) болсо жыйрылып, кокону көтөрөт.

## Э

**ЭКТОМОРФНЫЙ, АСТЕНИЧНЫЙ (ectomorphic), эктоморфтук, астеникалык** – бул термин стайын дене түзүлүшүнүн тибин сүрөттөөдө колдонулат. Мындай дене түзүлүшүндөгү адамдар адатта арык, узун бойлуу жана салмакка салыштырганда теринин сырткы бети чоң аймакты ээлейт. – Эктоморф (ectomorph). – Эктоморфия (ectomorphy).

**ЭЛАСТОЗ (elastosis), эластоз** – теринин жана бириктиргич ткандын ийилме булалардын дегенеративдик өзгөрүүсү (караңыз: Ийилме ткань).

**ЭМБРИОН (embryo), эмбрион** – түйүлдүк, жандык өсүп кетүүчү алгачкы клеткалар. Салыштыруу үчүн: Түйүлдүк. – Эмбрионалдык (emryonic).

**ЭНДОГЕННЫЙ (endogenous), эндогендүү** – оорунун сырттан эмес, организмдин өзүнөн чыккан, пайда болгон учуру. Салыштыруу үчүн: Экзогенндик.

**ЭНДОМИЗИЙ (endomysium), эндомизий** – борпоң булалуу бириктиргич ткань, ал скелеттик булчуң буласын курчап турат.

**ЭНДОМОРФНЫЙ, ПИКНИЧЕСКИЙ (endomorphic), эндоморфтук, пикникалык** – бул термин пикникалык дене түзүлүшүндөгү адамдарды сүрөттөөдө колдонулат: семиз, өтө өрчүгөн ички органдары менен жана булчуңдардын жана скелеттин начар өрчүүсү менен адамдар. – Эндоморф (endomorph). – Эндоморфия, Пикникалык дене түзүлүшү (endomorphy).

**ЭНДОНЕВРИЙ (endoneurium), эндоневрий** – нерв ичиндеги айрым бир нервдик булаларды курчап турган бириктирүүчү ткань катмары.

**ЭНДОСТ (endosteum), эндост** – сөөктүн көңдөйүнүн ички катмары (ал активдүү эмес жалпак остеогенндик клеткалардан турат).

**ЭНДОХОНДРАЛЬНЫЙ (endochondral), эндохондралдык** – кемирчектин ичинде орун алган деген мааниде.

**ЭНТЕЗ (enthesis), энтез** – сөөк менен тарамыштын биригүүсү.

**ЭПИМИЗИЙ (epimysium), эпимизий** – бириктиргич ткандуу чел, ал булчуңду курчап турат.

**ЭПИНЕВРАЛЬНЫЙ (epineural), эпиневралдык** – омуртканын догосунда орун алган же андан пайда болгон деген маанидеги сөз.

**ЭПИНЕВРИЙ (epineurium), эпиневрий** – сыртКЫ бириктиргич ткандын чели, ал нервдерди курчап турат. Нерв ткандарын кошуучу катмары.

**ЭПИТАЛАМУС (epithalamus), эпиталамус** – бул таламикалык мээнин эң арткы дорсалдык (үстүнкү) бөлүгү, башкача айтканда таламикалык аймакта - аралык мээ аймагында, ага эпиталамустан тышкары дагы таламус, субталамус менен метаталамус кирет, бирок гипоталамус менен гипофиз кирбейт. Кошумча караңыз: Баш мээ.

**ЭПИФИЗ БЕДРЕННОЙ КОСТИ (femoral epiphysis), сан сөөгүнүн эпифизи.** – Караңыз: Сан сөөк.

**ЭРИТРОН (erythron), эритрон** – кандагы кызыл клеткаларды иштеп чыгуу менен түздөн - түз байланышы бар организмдеги кан жаратуучу система бөлүгү. Кошумча караңыз: Эритропоэз.

**ЭУТИРОИДНЫЙ (euthyroid), эутироиддик** – бул термин калкан безинин нормалдуу функцияланышына тиешелүү колдонулат. Салыштыруу үчүн: Гипертироидизм, Гипотироидизм. – Эутироидизм (euthyroidism).

## Я

**ЯБЛОКО АДАМОВО (Adam's apple), ВЫСТУП ГОРТАНИ (laryngeal prominence), кекиртек кокосу, коконун уркуюшу** – коконун калкан кемирчегинин уркуюп чыгышы.

**ЯГОДИЦЫ (nates), көчүк** – көчүк булчуңдары жана тери алдындагы май клеткаларынын негизинде түзүлүп, тери менен капталган дене бөлүгү. – Көчүктүк (natal).

**ЯДРО СУБТАЛАМИЧЕСКОЕ (subthalamic nucleus), субталамикалык ядро** – боз зат топтолгон эки томпойгон линзаны элестеткен жер, ал нерв жолдору аркылуу байланышкан. Андан тышкары ал баш мээнин кыртышы менен жана жанында жайгашкан ядролор менен байланышкан.

**ЯДРО ЧЕЧЕВИЦЕОБРАЗНОЕ (lenticular nucleus, lentiform nucleus), жасмык сыяктуу ядро.** Караңыз: Базалдык ганглиялар.

**ЯДРЫШКО (nucleolus,** көпч. **nucleoli), ядрочо** – сфералык формадагы калың өсүш, ал клеткалык ядродо жана бөлүнүү процессинде жок болуп кеткен жерде орун алган. Ядрочо белоктордун синтезинде жана РНК нын пайда болушунда маанилүү ролду ойнойт.

**ЯЗЫК (tongue, glossa), тил** – туурасынан кеткен тарам, булчуңдуу ткандардан турган орган; ооз көңдөйүнүн диафрагмасына бекитилген. Тилде төбөсүн, денесин жана дүмүрчөгүн айырмалашат. Тилде учу, денеси (body) жана жана өзөгүн (root) айырмалашат. Тилдин үстүнкү катмары ооз көңдөйү менен коконун былжырлуу кыртышына өтүп кете турчу былжырлуу кыртыш менен капталып, үрпчөлөрдөн (papillae) турат. Тил үч негизги функцияны аткарат. Ал тамак-ашты чайноо мезгилинде жылышына жана жутуусуна шарт түзөт, сөздүн так сүйлөөсүндө маанилүү роль ойнойт. Анатомиялык аталашы: Тил (glossa).

**ЯЗЫЧНЫЙ (lingual), тилдик** – тилге тиешелүү, тилдин жанында жайгашкан же сыртКЫ көрүнүшү менен тилге окшош.

**ЯЗЫЧОК (lingula), тилче, кичине тил** – 1. Ичке, жуп эмес, каракуш мээнин жипчесинин алдыга чыгып турган бөлүгү. 2. Оң өпкөнүн үстүнкү үлүшүндөгү чоң эмес аймак, ал жүрөк кесими менен ийрейген жылчыктын ортосунда орун алган. 3. Астынкы жаактагы ички бетинде жайгашкан сөөк пластинкасы. 4. Шынаа сымал сөөктүн чоң эмес жупуну чыгып турган жери, ал латералдык жана уйку бороздодон орун алган.

**ЯЗЫЧОК НЁБНЫЙ (uvula), көмөкөй** – жумшак таңдайдын арткы бөлүгөн чыгып, тил үстүндө жайгашкан конус формасындагы анча чоң эмес өсүндү. Ал тил булчуңу жана бириктиргич ткандан туруп былжырлуу кыртыш менен капталган.

**ЯМКА (Fossa,** көпч. **fossae), чуңкурча** – чуңкурча же чоң эмес тешикче. Чынканак чуңкурчасы (cubital fossa) алдынкы чыканак аймагындагы үч бурчтук чуңкурчаны билдирет; капчыт чуңкурчасы (iliac fossa) – капчыт сөөгүнүн ички бетиндеги чуңкурча; тиштин чуңкурчасы (tooth fossa) – тиштин үстүндөгү эмалындагы чоң эмес дефект.

**ЯМКА (Fovea), чуңкурча** – чоң эмес чуңкурча, мисалы көздүн чел кабыгындагы терең эмес чункурча, анын ичинде көп сандаган колбачалар жайгашкан, ошондуктан мындай аймак көрүүнүн эң курч аймагы болус эсептелет. Кошумча караңыз: Сары так.

**ЯМКА (pit), чуңкурча** – (анатомияда) сөөктүн же кайсы бир органдын үстүндөгү чуңкурча. Мисалы, түйүлдүктүн денесиндеги каалаган чуңкурча, анын ордунда кийинчерээк түрдүү органдар өсүп-өрчүйт.

**ЯМКА ЗАДНЕПРОХОДНАЯ (proctodeum), көтөн чучуктук чуңкурча** – эктодерманын чыгып турушу, ал түйүлдүктүн көтөн чучугунда пайда болот. Салыштыруу үчүн: Стомодеум.

**ЯМКИ ГРУШЕВИДНЫЕ (piriform fossae), алмурут сымал (пириморфтуу) чуңкурчалар** – өзүнүн сырткы көрүнүшү менен эки алмурут сымал чуңкурча, ал кекиртектин эки жагында жайгашкан.

**ЯМОЧКА (foveola), чуңкурча** – (анатомияда) тоголок формадагы чоң эмес чуңкурча.

**ЯРЕМНЫЙ (jugular), моюнтурук, каамыт** – моюн аймагына тиешелүү.

# АНГИОЛОГИЯ



# А

**АВАСКУЛЯРНЫЙ (avascular), аваскулярдык** – кан тамырлардын аздыгы же таптакыр жоктугу, бул термин көбүнчө кемирчектерге тиешелүү.

**АВТОХТОННЫЙ (autochthonous), автохтондуу** – 1. Жергиликтүү, пайда болгон жерде калган. Мисалы, кандын уюлушу, ал кандын агымы менен өтпөйт, ал өзүнүн пайда болгон жеринде кала берет, автохтонндук деп аталат. 2. Тышкы стимуляциясыз адам денесиндеги же кандайдыр бир органда пайда болуучу процесс (мисалы, жүрөктүн согушу).

**АКРОЦИАНОЗ (acrocyanosis), акроцианоз** – кан айлануу процесси бузулганда байкалуучу мурундун, эриндин жана бут-колдун учунун кара көк тартып кетиши.

**АНГИИТ (angiitis), ВАСКУЛИТ (vasculitis), ангиит, васкулит** – артерия жана вена тамырларынын сезгениши. Кайсы бир себептердин күчөшүндө пайда болушу мүмкүн, анын ичинде нодоздук полиартерииттин кесепетинен, курч нефриттин же кандын сывороткасынын курамынын өзгөрүшүнөн пайда болот.

**АНГИОГЕНЕЗ (angiogenesis), ангиогенез** – жаңы кан тамырлардын пайда болуусу. Мындай процесс шишиктин өрчүшүнө алып келет.

**АНГИОДИСПЛАЗИЯ (angiodysplasia), ангиодисплазия** – ичегилердин каптал бетинде майда кан тамырлардын топтолушу, кез-кезде кансырап калышы ыктымал.

**АНГИОКЕРАТОМА (angiokeratoma), ангиокератома** – тери алдына сөөл сыяктуу бүдүрөйгөн, жука кан тамырлардын чогулуп калуусу.

**АНГИОСПАЗМ (angiospasm), ангиоспазм** – майда кан тамырлардын капталынан жыйрылышы. Караңыз: Рейно оруусу.

**АРТЕРИИ КОРОНАРНЫЕ, АРТЕРИИ ВЕНЕЧНЫЕ (coronary arteries), коронардык артериялар, бутактануучу тамыр артериялары** – жүрөк булчуңдарын кан менен камсыз кылуучу артериялар. Оң жана сол коронардык артериялар (right and left coronary arteries) жүрөктү камсыздоочу башчалардан өтүшөт жана бутактанышат. Караңыз: Коронардык ангиопластика, Тамырдык айланма шунт.

**АРТЕРИИ ПОДВЗДОШНЫЕ (iliac arteries), капчыт артериялар** – бут жана жамбашты кан менен камсыз кылуучу артериялар.

**АРТЕРИИТ (arteritis), артериит** – артериялык тамырдын сезгенч оорусу. Чыкый (temporal) же краниалдык артериит (giant-cell arteritis) көпчүлүк учурда картайган адамдарда өрчүйт жана баш сөөктүн артерияларын жабыркайт.

**АРТЕРИОГРАММА (arteriogram), артериограмма** – артериалдык пульс аркылуу пайда болуучу термелүүнү катоого алуу. Катталган термелүүлөр кагаз сызмага жазылып же экранга (осциллоскоп) чыгарылат.

**АРТЕРИОЛА (arteriole), артериола** – артерия тамырынын эң майда бөлүкчөлөргө капиллярга бөлүнгөн бөлүгү.

**АРТЕРИОЛИТ (arteriolitis), артериолит** – артериолдордун сезгениши (майда артериялардын); ал артериалдык гипертензия менен сезгениши мүмкүн.

**АРТЕРИОСКЛЕРОЗ (arteriosclerosis), артериосклероз** – карыганда артерия тамырынын капталы катууланып жооноюшу; кандын басымы жогорулоочу ооруда байкалат. Көбүнчө атеросклероз синонимин пайдалануу үчүн колдонулат (караңыз: Атерома).

**АРТЕРИОТОМИЯ (arteriotomy), артериотомия** – артериялык тамырдын капталын кан чыгаруу үчүн кесүү.

**АРТЕРИЯ (artery), артерия** – жүрөктөн кан ташуучу ири тамырлар. Өпкө кан тамырларынан сырткары бардык артериялар кычкылтекке бай канды ташып жүрүшөт. Артерия беттери ички, ортоңку жана сырткы катмарлардан турат. Булардын ортоңкусу вегета-

тивдүү нерв системасынын таасири аркасында кичирейип жана бошоп туруучу жылмакай булчуңдуу клеткаларга бай. Кошумча караңыз: Аорта, Артериола.

**АРТЕРИЯ БАЗИЛЯРНАЯ (basilar artery), базилярдык артерия** – баш мээнин негизинде орун алган артерия, ал эки омуртка артериясынын кошулушунан пайда болот.

**АРТЕРИЯ БЕДРЕННАЯ (femoral artery), сан артериясы** – тышкы капчыт артериясынын уландысы болуп саналат жана жука чурай байламтасынын астынан өтөт.

**АРТЕРИЯ БЕЗЫМЯННАЯ (innominate artery), СТВОЛ ЩИТОШЕЙНЫЙ, СТВОЛ ПЛЕЧЕГОЛОВНОЙ (brachiocephalic artery), аты жок артерия, калкан моюн сөңгөгү, ийин баш сөңгөгү** – кыска артерия, ал аорта догосунун биринчи бутактанышы болуп саналат, андан оңго өйдө өтөт жана моюндун негизинде оң төш – акырек муунунун жанында аяктайт.

**АРТЕРИЯ ПОДКЛЮЧИЧНАЯ (subclavian artery), акырек алдындагы артерия** – чоң артерия, ал моюн менен колду кан менен камсыз кылат.

**АРТЕРИЯ ПОЧЕЧНАЯ (renal artery), бөйрөк артериясы** – чоң жуп артерия, ал ич көңдөй аортадан өтөт жана бөйрөктү кан менен камсыз кылат.

**АРТЕРИЯ СОННАЯ (carotid artery), күрөө артериясы** – эки башкы артериялардын бири, ал башты кан менен камсыз кылат; трахеянын жана кызыл өңгөчтүн жанынан өтүп башка жана моюнга түз өтөт.

**АТЕРОМА (atheroma), атерома** – май бездеринин суюктук чыгуучу жолу бүтүүдөн пайда болгон шишик.

## Б

**БОЛЕЗНЬ БЮРГЕРА (Buerger's disease), Бюргер оорусу** – негизинен чылым чеккен жаш адамдарга мүнөздүү артерия оорусу. Өзгөчө бут артериялары жабыркайт. Оорулуу улам бир бутуна аксайт жана (буттарда кандын жакшы жүгүрбөй калуусунан) гангрена коркунучу жаралат. Көпчүлүк учурларда коронардык жана веноздук тромбоздун келип чыгышы күтүлөт. Медициналык аталышы: Облетирацияланууччу тромбоангиит (thromboangiitis obliterans).

**БОЛЕЗНЬ ФАБРИ (Fabry's disease), АНГИОКЕРАТОМА (angiokeratoma), Фабри оорусу, ангиокератома** – тери алдына сөөл сыяктуу бүдүрөйгөн, жука кан тамырлардын чогулуп калуусу. Кары адамдардын жыныстык органдарынын тери беттеринде, жаш балдардын алакан жана таман алдыларында топтошкон түрдө кездешет. Ангиокератомалар хирургиялык жол менен алынат. Тукум кууччулук оору болуп саналат.

**БОЛЕЗНЬ ХЕНДА – ШЮЛЛЕРА – КРИСЧЕНА (Hand – Schuller – Christian disease), Хенд – Шюллер – Крисчен оорусу** – оору негизинен 3–7 жаштагы балдарда болот. Баш сөөгүнүн кээ бир жери борпоң болуп рентгендик сүрөткө тартканда кадимки географиялык картага окшойт. Андан башка да көзү чанагынан чыгып, боюнун кодоолугу менен айырмаланат. Караңыз: Ретикулоэндотелиоз.

**БОЛЕЗНЬ ЦЕРЕБРОВАСКУЛЯРНАЯ (cerebrovascular disease), цереброваскулярдык оору** – баш мээ жана аны курчап турган катмарлардагы кан тамырлар оорусу. Көпчүлүк учурларда оору атерома же гипертензиялардын кесепетинен улам келип чыгат. Ооруга церебралдык тромбоз же эмболия менен байланышкан мээнин кан жетишсиз камсыздалышы (ишемия) же жабыркаган кан тамырлардын жарылышы мүнөздүү. Оорунун капысынан же кату мүнөздө кармаган пристубу инсульт (cerebrovascular accident) деп аталат.

# В

**ВАЗОАКТИВНЫЙ (vasoactive), вазоактивдүү** – кан өткөрүүчү тамырлардын, артериялардын тонусуна жана жарыкча диаметрине таасир этүүчү. Вазоактивдүүгө – эмоционалдык таасирленүү, артериялык кан басымы, айлана-чөйрөнүн температурасы жана атмосферадагы көмүр кычкыл газынын үлүшү өндүү факторлор кирет.

**ВАЗОДИЛАТАЦИЯ (vasodilatatiori), вазодилатация** – кан тамырдын кеңейиши, өзгөчө артериялардын.

**ВАЗОКОНСТРИКТОР, СРЕДСТВО СОСУДОСУЖИВАЮЩЕЕ (vasoconstrictor), вазоконстриктор, кан тамырын ичкертүүчү каражаттар** – кан тамырын ичкертүүчү зат жана кан агуусун азайтат. Мындай заттарга метараминол жана фенилэфрин кирет.

**ВАЗОКОНСТРИКЦИЯ (vasoconstriction), вазиконстрикция** – кан тамырлардын тилкесинин ичкериши, өзгөчө артериялардын.

**ВАЗОМОТОРИКА, РЕАКЦИЯ ВАЗОМОТОРНАЯ (vasomotion), вазомоторика, вазомотордук реакция** – кан тамырлардын тилкесинин өзгөрүшү, айрыкча артериялардын. Караңыз: Вазоконстрикция, Вазодилатация.

**ВАЗОМОТОРНЫЙ, СОСУДОДВИГАТЕЛЬНЫЙ (vasomotor), вазомотордук, кан тамыр кыймылдаткыч** – кан тамырлардын булчуң челинин капталдарынын бошоңдоо жана жыйрылуу процессин көзөмөлдөө.

**ВАРИКОЗНЫЙ (cirsoid), варикоздук** – бул термин чоюлган, көп сандагы варикоздуу кан тамырдагы көп сандаган түйүндөргө тиешелүү колдонулат, жана ошондой эле баш сөөктөгү шишикке (көңдөйлүү аневризмага (cirsoid aneurysm)) карата, артериотамырдык аневризманы сүрөттөөдө колдонулат.

**ВАРИКОЦЕЛЕ (varicocele), варикоцеле** – эркектин уруктук түтүгүнүн вена тамырынын кеңейиши.

**ВАСКУЛИТ (vasculitis), васкулит** – кан жана лимфа тамырларынын сезгениши. Караңыз: Ангиит.

**ВАСКУЛЯРИЗАЦИЯ (vascularization), васкуляризация** – кан тамыр бутактардын жаңыдан пайда боло баштаган учуру.

**ВЕНА (vein), вена, көк кан тамыры** – жүрөктү кан менен камсыз кыла турган тамыр. Өпкө кан тамырларынан башкаларынын баарысы, ткань жана органдар аркылуу кычкылтек менен камсыз болушкан кан массасын, жүрөк кан тамырларына ташышат. Анатомиялык аталышы: Вена (vena). – Веналык (venous).

**ВЕНЫ ВАРИКОЗНЫЕ (varicose veins, varices), варикоздук кан тамырлар** – ар дайым көөп, тартылып жана ийри – буйру болуп турган кан тамырлар. Көпчүлүк учурларда бут терисинин алдыңкы катмары жабыркайт. Варикоздук кеңейүү кызыл өңгөч жана жумуртка (варикоцеле) тамырларында да кездешет. Жакынкы мезгилдерде кан тамырлардын варикоздук кеңейүүсү тукум куучулукка байланыштуу да келип чыгары аныкталган. Медициналык аталыш: Варикоздук кан тамырлар (varices).

**ВЕТВЬ (ramus,** көпч. **rami), бутакча** – 1. Бутакча жолдору. Нерв бутакчаларына же кан тамырларга тийиштүү айтылат. 2. Сөөктөн кетүүчү бутакча формасындагы өсүндү (мисалы, алдыңкы жаак бутакчасы).

**ВНУТРИВЕННЫЙ (intravenous), тамырдын ичинде** – тамырдын ичинде жайгашуучу. Мисалы инфузия же инъекция. Караңыз: Инфузия (куюуу), Инъекция.

**ВОЛОКНА РЕТИКУЛЯРНЫЕ (reticular fibres), ретикулярдык булалар** – бириктирүүчү ткандын ичке, ийилбеген жана бутактанган булалары, алар бири-бири менен бириктирилип ичке түйүндү пайда кылат, булар болсо кан тамырларды, булчуң булаларын, бездерди, нервдерди жана башка структураларды курчап турат. Булалар коллаген жана ретикулинден (reticulin) пайда болушкан.

## Г

**ГЕМОРРАГИЯ СУБАРАХНОИДАЛЬНАЯ (subarachnoid haemorrhage), субарахноидалдык геморрагия** – субарахноидалдык мейкиндикке кан куюлуу. Мындай көрүнүш катуу баш ооруга, моюндагы ригиддүүлүкө алып келет. Бунун эң кеңири таралган бирден бир себеби мээ артериясынын аневризмасында жарылуу болуп саналат. Бул ооруну тактоо иретинде компьютердик томографиядан өтүү керек, андан башка диагноз бел пункциясын жасаганда жүлүндө кандын болушун аныктаганда тастыкталат.

**ГЕПАРИН (heparin), гепарин** – боор клеткалары, базофилдик лейкоциттер, томпок клеткалар тарабынан иштелип чыгуучу антикоагулянт; гепарин кандын уюу процессинин акыркы этабында тромбин ферментинин таасирин басыңдатат. Тазаланган формасы тромбоз же ушу сыяктуу ооруларда кандын уюп калбоосуна жол бербейт, канды токтотуу үчүн кеңири колдонулат, анализ үчүн алынган кан үлгүсүнө кошулат. Кошумча караңыз: Төмөн молекулярдык салмак менен гепарин.

**ГИПЕРЕМИЯ (hyperaemia), гиперемия** – дененин бир жерине кан толуу, кызарып калуу.

**ГЛОМУС (glomus,** көпч. **glomera), гломус** – бут терилеринде жайгашкан анча чоң эмес кызыл жана көк тамырлардын бирикен жери. Гломустун негизги функциясы болуп организмдеги температураны жөнгө салуу саналат.

**ГЛУБОКИЙ (profunda), терең** – бул термин кан тамырларды же нервдерди сүрөттөөдө колдонулат, алар ткандын тереңинде жайгашат жана кан менен камсыз кылышат.

## Д

**ДИАПЕДЕЗ (diapedesis), диапедез** – ак жана кызыл кан денечелери таза эле тамырлардын капталынан тышка сызылып чыгып кетиши. Көбүнчө адам уулуу зат менен ууланганда байкалат.

## И

**ИШЕМИЯ (ischaemia), ишемия** – кан тамыр аркылуу дененин бир бөлүгүнө кандын аз барышы. Ал кан тамырлардын ичкериши жана өтпөстүгү менен туудурулган.

## К

**КАПИЛЛЯР (capillary), капилляр** – диаметри болжолдуу түрдө 5–20 мкм болгон абдан ичке кан тамырлар. Алар көпчүлүк ткандарда торчолорду пайда кылат; капиллярларга кан артериолдордон келет да, венулаларга куят. Капиллярдын каптал беттери негизги катмар менен курчалган эндотелиалдык клеткалардын бир эле катмарынан турат. Мунун өзү, организмдеги ткандар менен кан тамырлардын ортосундагы кычкылтек, көмүр кычкыл газы, суу, туз жана башка заттардын өз ара алмашуу процессин жеңилдетет.

**КАПИЛЛЯРНЫЙ (microvascular), капиллярдык** – өтө назик, чачтай ичке кан тамырдын көлөмү. Берилген термин көпчүлүк учурда майда кан тамырларды бириктирүүдө, микрохирургияда колдонулат.

**КАПСУЛА БОУМЕНОВА (Bowman's capsule), Боумен капсуласы** – эки дубалдуу нефрондун чыны сымал түрмөгү.

**КЛУБОЧЕК (glomerulus,** көпч. **glomeruli), түрмөкчө** – 1. Кан капиллярларынын түйүнү, ал нефрон капсуласы (боумен капсуласы менен (Bowman's capsule)) менен курчалган. 2. Бир нерсенин тоголок болуп топтолушу.

**КОНТРАКТУРА ДЮПЮИТРЕНА (Dupuytren's contracture), Дюпюитрен сенеги** – колдун манжаларынын бир тобу дайыма бүгүлүп, тырышып, кыймылсыз болуп калышы. Ал алакандагы чарымдар куушурулуудан келип чыгат.

**КОНТРАКТУРА ИШЕМИЧЕСКАЯ ФОЛЬКМАННА (Volkmann's contracture), Фолькманндын ишемиялык контрактурасы** – чеңгелдин контрактурасы (кээде бут кетменинин) бармактардын курч тырмак сымал абалында, бул фиброздун кесепетинен жана булчуңдардын кыскарышы, ал кан жүгүрүшүнүн бузулушу менен байланыштуу болот. Адатта мындай контрактура сыныктан кийинки абалдан кийин пайда болот. Кошумча караңыз: Кайсы бир анатомиялык көңдөйдө басымдын жогорулашы.

**КРОВООБРАЩЕНИЕ КОЛЛАТЕРАЛЬНОЕ (collateral circulation), коллатералдык кан айлануу** – 1. Эгерде негизги кан тамырлар бүтөлүп калганда, кандын капталкы кан тамырлардан өтүшүнүн альтернативдүү жолу. 2. Бири-бири менен биригишкен жана жүрөктүн коронардык артериялардын бутактарын камсыз кылышкан артериялар. Жүрөктүн төбөсүндө алар өтө татаал анастамоздорду пайда кылышат.

**КРУГ КРОВООБРАЩЕНИЯ БОЛЬШОЙ (systemic circulation), кан айлануунун чоң тегереги** – кан тамырлардын топтому, алар дененин бүт бөлүктөрүн кан менен камсыз кылат, өпкөнүн тамырларынан тышкары. Кан айлануунун чоң тегереги аорта жана анын бутактары менен пайда болгон, алар аркылуу кычкылтек менен байытылган кан бүт организм аркылуу жайылат, жана ошондой эле бүт веналар, алар аркылуу кычкылтек менен аз камсыздалган кан көңдөйлүү веналарга өтөт.

**КРУГ КРОВООБРАЩЕНИЯ МАЛЫЙ (pulmonary circulation), кан айлануунун кичине тегереги** – кан тамырлардын системасы, ал оң карынчада башталып өпкөгө багытталат, анда газ алмашуу болот, жана сол жүрөк алдында бүтөт.

## М

**МАКРОЦИТОЗ (macrocytosis), макроцитоз** – канда аномалдык түрдө чоң өлчөмдөгү эритроциттердин (макроциттердин (macrocytes)) болушу.

**МАЛЬФОРМАЦИЯ АРТЕРИОВЕНОЗНАЯ (arteriovenous malformation).** Караңыз: Ангиома.

**МЕДИЯ (media, tunica media), медия** – 1. Вена же артерия капталынын ортоңку картышы. Үч картыштын эң жоону болуп саналат; ал катарлашкан, серпилмелүү булалык жана жылмакай булчуңдардан турат. 2. Ар кандай органдардын же адам денесинин кайсы бир бөлүгүнүн ортоңку катмары.

**МЕНИНГОСОСУДИСТЫЙ (meningovascular), менингососуддук** – баш мээнин жана жүлүндүн чел кабыктарына тиешелүү.

**МИКРОАНГИОПАТИЯ (microangiopathy), микроангиопатия** – майда кан тамырлардын капталдарынын жабыркашы. Кээ бир кант диабетиндеги ооруларда, бириктирүүчү ткандардын жабыркануусунда, инфекциялык ооруларда жана коркунуч туудурган шишиктерде байкалат.

**МОНОНУКЛЕОЗ (mononucleosis), мононуклеоз** – кандын айланышында моноциттердин адаттан тышкары көп санда болушу. Караңыз: Лимфоиддик – клеткалык (моноцитардык) ангина (инфекциялык мононуклеоз).

## Н

**НАДХРЯЩНИЦА, ПЕРИХОНДРИЙ (perichondrium), кемирчек үстү, перихондрий** – бириктирүүчү фиброздук ткандын калың катмары, кан, лимфа тамырлар жана нервдер менен байытылган, кемирчекти каптайт.

**НАРУШЕНИЕ МОЗГОВОГО КРОВООБРАЩЕНИЯ ПРЕХОДЯЩЕЕ (ПНМК) (transient ischaemic attack, TIA), мээдеги кан айлануунун мезгилдүү бузулушу** – эмболия, мээ артерияларынын тромбозу же кан тамырлардын спазмасынын натыйжасында баш мээнин кайсы бир бөлүгүндөгү кан айлануунун убактылуу бузулуусу.

**НЕФРОСКЛЕРОЗ (nephrosclerosis), нефросклероз** – бөйрөк артерияларынын, бутакчаларынын жана артериолдорунун склерозу. Артериолосклеротикалык нефросклероз (arteriolar nephrosclerosis) адатта кан басымынын жогорулашы (гипертензия) менен коштолот.

## О

**ОБОЛОЧКА ВНУТРЕННЯЯ, ички кабык** – 1. Артериянын же тамырдын ички катмарынын капталы. 2. Кайсы бир органдардын же алардын бөлүктөрүнүн ички катмары.

## П

**ПЕРИФЛЕБИТ (periphlebitis), перифлебит** – вена тканын курчап тургандардын сезгениши: адатта флебитти башка ткандарга тарап кетиши каралат.

**ПЕРФУЗИЯ (perfusion), перфузия** – 1. Альвеолдордогу абаны кычкылтек менен байытып жана андагы көмүр кычкыл газын сүрүп чыгаруу үчүн өпкө тканы аркылуу кандын өтүшү. 2. Дары суюктуктугун узак убакытка чейин куюу же агызуу.

**ПИЛЕТРОМБОЗ (pylethrombosis), пилетромбоз** – боордун ичине кирүүчү капка венада кандын уюп калышы (караңыз: Тромбоз).

**ПИЛЕФЛЕБИТ (pylephlebitis), ПИЛЕФЛЕБИТ ГНОЙНЫЙ (portal pyaemia), пилефлебит, ириңдүү пилефлебит** – боордун ичине кирүүчү капка венасынын сезгениши жана тромбозу.

**ПОЛИАРТЕРИИТ НОДОЗНЫЙ (polyarteritis nodosa), ПЕРИАРТЕРИИТ НОДОЗНЫЙ (periarteritis nodosa), нодоздук полиартриит, нодоздук периартериит** – белгисиз пайда болгон дарт, мында артериянын капталдарында сезгенип калган өрмөлөр пайда болот.

**ПРЕГАНГРЕНА (pregangrene), прегангрена** – гангрена болор алдындагы муун оорусунун акыркы баскычы. Адатта, бул термин буттардын ишемия оорусун туюндуруу үчүн колдонулат.

**ПРОТОК АРТЕРИАЛЬНЫЙ (ductus arteriosus), артериалдык жол** – түйүлдүктүн кан сосуду, ал өпкө артериясын аорта менен болгон жерди бириктирип турат.

**ПРОТОК ГРУДНОЙ (thoracic duct), төш түтүкчө жолдору** – лимфалык негизги эки жолдорунун бири.

**ПРОТОК ОТКРЫТЫЙ АРТЕРИАЛЬНЫЙ (patent ductus arteriosus), артериалдык ачык түтүк.** Караңыз: Артериалдык түтүк.

**ПСЕВДОНЕВРИТ ЗРИТЕЛЬНЫЙ (pseudoneuritis), көрүү псевдоневрити** – сезгенич менен байланышы жок, ретробульбардык невритке окшош болгон абал.

**ПУРПУРА ГЕНОХА – ШЕНЛЕЙНА, ВАСКУЛИТ ГЕМОРРАГИЧЕСКИЙ (Henoch – Schönlein purpura), ПУРПУРА ШЕНЛЕЙНА – ГЕНОХА (Schönlein – Henoch purpura), ПУРПУРА АНАФИЛАКТОИДНАЯ (anaphylactoid purpura), Генох – Шенлейдин пурпурасы, геморрагикалык васкулит, анафилактоиддик пурпура** – пурпуранын көп кездешүүчү түрү; көпчүлүк убакытта кичинекей балдарда байкалат. Көчүк терисинде жана астынкы аяктарда мүнөздүү кызыл папулездук - геморрагикалык темгил пайда болот, ошол эле мезгилде артрит өрчүйт, ичеги карын симптомдор жана нефрит өрчүйт.

## Р

**РАСШИРЕНИЕ ВЕН ПИЩЕВОДА ВАРИКОЗНОЕ (oesophageal varices), кызыл өңгөчтүн кан тамырын кеңейтүү** – порталдык гипертензиянын кесепетинен кызыл өңгөчтүн ылдыйкы үч бөлүгүндөгү тамырды кеңейиши. Кээде бул тамырлар жарылып кан агып кан кусууну жаратат.

**РАСШИРЕНИЕ ПОДКОЖНОЙ ВЕНЫ НОГИ ВАРИКОЗНОЕ (saphena varix), буттун тери астындагы тамырынын варикоздук кеңейүүсү** – буттун тери астындагы кээ бир аймактарындагы тамырлардын аномалдык түрдө кеңейүүсү.

**РЕТИКУЛУМ, ретикулум** – нерв жипчелеринин, кан тамырлардын түзүлүшү торчо болушу. Караңыз: Эндоплазматикалык ретикулум, Саркоплазматикалык ретикулум.

## С

**СИНДРОМ ПОДКЛЮЧИЧНОГО СБРОСА (subclavian steal syndrome), акырек астындагы түшүп кетүү** – церебро-васкулярдык жетишсиздик, ал проксималдык блокадада омуртка артериясынан канды акырек алдындагы артерияга буруунун натыйжасында пайда болот.

**СИНУС ВЕНОЗНЫЙ (sinus venosus), тамырдык синус** – бир нече тамырлардан кан алуучу эмбриондун жүрөгүндөгү камера. Чоң кишинин жүрөгүндө веналык синус оң жүрөк алдынын бөлүгү болуп саналат.

**СИНУСОИД, КАПИЛЛЯР СИНУСОИДНЫЙ (sinusoid), синусоид, синусоиддик капилляр** – кан капиллярларынын түрүнө кирет, диаметри 25–30 мкм, кээ бир органдарда болот, мисалы, боордо, бөйрөк үстүндөгү безде. Кошумча караңыз: Порталдык система.

**СОСУД (vessel), тамыр** – организмдеги кайсы бир биологиялык суюктук өтүүчү түтүк же канал (кан же лимфа тамырлары).

**СОСУД ВАРИКОЗНО РАСШИРЕННЫЙ (varix.,** көпч. **varices), варикоздук кеңейтилген тамыр** – жалгыз варикоздук тамыр.

**СОСУД КРОВЕНОСНЫЙ (blood vessel), кан тамырлык** – бүт организм аркылуу кан циркуляциялаган түтүк. Караңыз: Артерия, Артериола, Вена, Венула, Капилляр.

**СОСУД МЛЕЧНЫЙ, СОСУД МОЛОЧНЫЙ (lacteal), сүттүү тамыр, сүт тамыры** – ичке ичегинин түкчөсүнүн көрүнбөй башталган лимфатикалык каппиляры (синусу). Бул тамыр аркылуу сиңирилүүчү азыктар сиңдирилет.

**СОСУДИСТЫЙ (vascular), тамырлык** – кан тамырларына тиешелүү сөз.

**СОСУДЫ СОСУДОВ (vasa vasorum), тамырлардын тамыры** – майда артериялар жана веналар, алар кан тамырлардын дубалдарын азыктандырышат.

**СТВОЛ, сөңгөк** – 1. (Truncus, trunk) негизги тамыр же башка бир түтүкчө сымал орган, андан ар түрдүү бутактар өтүшөт. 2. (Trunk) нервдин негизги бөлүгү, ошондой эле кан тамырдын же лимфа тамырынын, андан ар түрдүү бутактар өтөт.

**СТВОЛ АРТЕРИАЛЬНЫЙ (truncus arteriosus), артериалдык сөңгөк** – негизги артериялык сөңгөк, ал түйүлдүктүн жүрөгүнөн чыгат. Кийинчерээк андан аорта жана өпкө артериясы өрчүйт.

## Т

**ТЕЛЕАНГИИТ (telangiitis), телеангиит** – майда кан тамырлардын сезгениши. Караңыз: Ангиит.

**ТЕЛЕАНГИЭКТАЗИЯ (telangiectasis,** көпч. **telangiectases), телеангиэктазия** – капиллярлардын жана өтө майда тамырлардын кеңейиши. Өзгөргөн дененин ошондой

бөлүгүндө кара көк тактар байкалат. Телеангиэктазиялар ооздун былжырлуу катмарында, ичеги-карын системасында, дем алуу жана заара чыгуучу жолдордо пайда болуусу мүмкүн.

**ТЕЛЬЦЕ МАЛЬПИГИЕВО (Malpighian body), Мальпигий денечеси** – бөйрөктүн ичиндеги өтө майда кан тамырдын түргөн жипке окшош түрмөгү. Микроскопто өзүнчө бир чокмороктошкон жерди түзөт. Анын айланасына боумен капчыгы деп аталган катмар менен капталган.

**ТИК (tic), тик** – дененин бир жериндеги булчундардын заматта эле тырышып калышы. Анын бир топ жолу кайталанышы. Кошумча караңыз: Жиль де ла Туретт синдрому.

**ТРАНСМИГРАЦИЯ (transmigration), трансмиграция** – бир нерсе аркылуу жылуу. Мисалы, кан клеткаларынын жабыркабаган капиллярлардын капталдары аркылуу жылып өтүүсү (караңыз: Диапедез).

**ТРАНССУДАЦИЯ (transudation), транссудация** – кандын суюк бөлүгү же башка суюктуктун челдер аркылуу сызылып өтүшү. Мындай суюктук транссудат (transudate) деп аталат. Караңыз: Транссудат.

**ТРОМБОАНГИИТ ОБЛИТЕРИРУЮЩИЙ (thromboangiitis obliterans), облитерацияланган тромбоангиит.** – Караңыз: Бюргер оорусу.

**ТРОМБОЗ (thrombosis), тромбоз** – кандын уюу процесси (тромба (thrombus)). Тромбоз ар кыл оорулардын жүрүшүндө кан тамырларда кездешүүсү мүмкүн. Мисалы, артерия тромбозу андагы кандын жүгүрбөй калуусун жаратып, ткандардын кандан өксүшүнө алып келет. Коронардык артериянын тромбозу орулууда жүрөк приступтарынын жаралышынын себеби болушу мүмкүн (караңыз: Миокард инфаркты). Тромбоз кан тамырларда да өрчүшү мүмкүн, мында алардын сезгениши менен коштолот (караңыз: Флебит, Флеботромбоз). Тромб үзүлүп кетип жана кандын агымы менен кайсы-бир башка тамырга көчүп кетиши мүмкүн (караңыз: Эмболия).

**ТРОМБОЗ КОРОНАРНЫЙ (coronary thrombosis), коронардык тромбоз** – коронардык артерияда тромбдун пайда болуусу. Мунун натыйжасында, жүрөктүн айрым бир бөлүкчөсүнө кандын келиши токтойт. Бул болсо, акыр соңунда жүрөк булчуңунун инфаркттына алып келе турган атероманын жаралышы менен байланыштуу.

**ТРОМБОЛИТИЧЕСКИЙ (thrombolytic), тромболитикалык** – бул термин тромдорду эритүү жөндөмдүүлүгү бар факторду сүрөттөөдө колдонулат. Караңыз: Фибринолитикалык, Плазминогендин ткандык активатору.

**ТРОМБОФЛЕБИТ (thrombophlebitis), тромбофлебит** – венанын капталына кан уюп сезгениши. Кандагы физиологиялык өзгөрүү жана курсактагы басымдан улам тромбофлебитке кош бойлуу аялдар көбүрөөк чалдыгышат.

**ТРОМБОЦИТЕМИЯ (thrombocythaemia), тромбоцитопения** – клеткалардын аномалдык пролиферациясы менен мүнөздөлүүчү дарт, алардан кандын тромбоциттери (мегакариоциттери) пайда болот, анын кесепетинен канда тромбоциттердин саны кыйла көбөйүп кетет.

**ТРОМБОЦИТОЗ (thrombocytosis), тромбоцитоз** – кандагы тромбоциттердин санынын көбөйүп кетиши. Кандын коркунучтуу шишигинде, өнөкөт инфекцияларында, ошону менен бирге ар кыл ооруларда кездешүүсү мүмкүн.

**ТРОМБОЦИТОПЕНИЯ (thrombocytopenia), тромбоцитопения** – кандагы тромбоциттер санынын азайышы. Анын мүнөздүү белгилери болуп тери алдынан кансырашы, канталап көгөрүү жана травмадан соң узак мөөнөт кансыроо саналат. Тромбоцитопениянын келип чыгуусуна тромбоциттердин аздыгы же алардын ашыкча кыйрап жок болуусу себеп болот. – Тромбоцитопеникалык (thrombocytopenic).

**ТРОМБОЭМБОЛИЯ (thromboembolism), тромбоэмболия** – артериялык тамырларда кан уюп, анын бөлүгү экинчи кан тамырга тарашы.

**ТРОМБОЭНДАРТЕРИЭКТОМИЯ (thromboendarterectomy), ЭНДАРТЕРЭКТОМИЯ (endarterectomy), тромбоэндартериэктомия, эндартерэктомия** – артерия тамырынын ичине уюган канды тамырдын ички катмары менен кошо алып таштоочу операция.

## Ф

**ФЕНИТОИН (phenytoin), фенитоин** – талмага каршы каражат; чоң жана фокалдык эпилептикалык талмаларды көзөмөлдөө үчүн колдонулат.

**ФИЛЯРИАТОЗ, ФИЛЯРИОЗ (filariasis), филяриатоз, филяриоз** – филярия митеси деп аталган мите пайда кылган оору. Тропикалык жана субтропикалык климаттуу өлкөлөрдүн жашоочулары үчүн мүнөздүү оруу.

**ФЛЕБИТ (phlebitis), флебит** – вена тамырынын сезгениши; адатта астынкы аяктардагы веналарда өрчүйт.

**ФЛЕБИТ БЕЛЫЙ БОЛЕВОЙ (white leg), оору туудуруучу ак флебит.** Караңыз: Тромбофлебит.

**ФЛЕБОСКЛЕРОЗ (phlebosclerosis, venosclerosis), флебосклероз** – бут кан тамырларындагы сейрек учурай турчу дегенеративдик өзгөрүүлөр. Вена кан тамырынын капталына кошуучу ткандар арбын өсүүдөн тамырдын катуулашы.

**ФЛЕБОТРОМБОЗ (phlebothrombosis), флеботромбоз** – вена тамыры сезгенүүдөн анын капталына кан уюп калуу. Адатта флеботромбоз балтырдын арткы бетинин терең веналарында өрчүйт (тромбофлебитке карама-каршы, мында буттардын сырткы веналары жабыркайт) (караңыз: Флебит)).

**ФЛЕГМАЗИЯ БЕЛАЯ БОЛЕВАЯ (phlegmasia alba dolens), оору туудуруучу ак флегмазия.** Караңыз: Тромбофлебит.

## Э

**ЭМБОЛ (embolus,** көпч. **emboli), эмбол** – уюган кан, аба, майдын бөлүгү кан тамырдын көңдөйүн бөгөп калууга көмөктөшүүшү (караңыз: Эмболия).

**ЭМБОЛИЯ (embolism), эмболия** – уюган кан, аба, майдын бөлүгү кан бир жерден экинчи жерге барып, кан тамырды бүтөп калышы. Бул жүрөктүн инфаркт оорусунда байкалат. Кошумча караңыз: Аба эмболиясы.

**ЭМБОЛИЯ ВОЗДУШНАЯ (air embolism), аба эмболиясы** – аба торчосу, ал толугу менен жүрөктүн оң карынчасындагы кандын чыгышына тоскоолдук кылат. Орулуу толугу менен абанын жетишсиздигин жана көкүрөктө катуу ооруну сезет; бир аз убакыттан кийин анда курч жүрөк жетишсиздиги өрчүйт.

**ЭМБОЛИЯ ЛЕГКИХ (pulmonary embolism), өпкөнүн эмболиясы** – өпкө артериясынын же анын бир бутагынын эмбола менен бүтөлүшү. Өпкөдө чоң эмболанын пайда болушу, адамда курч жүрөк жетишсиздигин же өлүмгө да алып келиши мүмкүн. Майда эмболалар өпкө ын өлүмүнө алып келет жана оруулууда плевриттин ошондой эле кан кусууну пайда кылат.

**ЭНДАРТЕРИИТ (endarteritis), эндартериит** – артерия тамырларынын ички катмарынын өнөкөт сезгениши, көпчүлүк учурда көтөн жара оорусундагы акыркы стадиясында өрчүйт.

**ЭРИТРОБЛАСТОЗ ПЛОДА (erythroblastosis foetalis), түйүлдүкүн эритобластозу** – жаңы төрөлгөн балдарда кезигүүчү оор сейрек кездешүүчү анемия, ал баланын эритроциттеринин бузулушунан пайда болот. Адатта ал эне менен баланын резус-факторунун дал келбестиги менен байланыштуу болот. Караңыз: Резус-фактор.

**ЭРИТРОМЕЛАЛГИЯ (erythromelalgia), эритромелалгия** – теринин кан тамырларынын пароксизмалдык жоонуюсу, адатта таманда пайда болот.

# БИОЛОГИЯ



## А

**АВТОТРОФНЫЙ (autotrophic), ЛИТОТРОФНЫЙ (lithotrophic), автотрофтук, литотрофтук** – организмдерди (автотрофтор (autotrophs) деп аталган)) сүрөттөө үчүн колдонулат, алар көмүр кычкыл газдан жана нитраттардан органикалык заттарды синтездешет.

**АКАНТАМЕБА (acanthamoeba), акантамеба** – амёбанын бир түрү, кээде көздүн карегинде кездешет.

**АКАРИД (acarid), акарид** – Acaridae түркүмүндөгү кене.

**АКРОЦЕНТРИЧЕСКИЙ (acrocentric), акроцентрикалык** – хромосома жөнүндө, анда борбордук ченем (центромера) анын учунда же ага жакын жайгашкан.

**АКСОЛЕММА (axolemma), аксолемма** – ичке клеткалык мембрана, аксондун цитоплазмасын курчайт; электрондук микроскоптун алдында гана көрүнөт.

**АКСОПЛАЗМА (axoplasm), аксоплазма** – аксондун цитоплазмасы. Аксоплазманын агымы бар.

**АЛЛАНТОИС (allantois), аллантоис** – түйүлдүктөгү табарсык капчасы. – Аллантоисный (allantoic).

**АМЕБА (amoeba, көпч. amoebae), амёба** – туура жана туруктуу формасы жок бир клеткалуу майда жандык. Көбүнчө сууда, кыртышта жана башка нымдуу жерлерде кездешет. Денесиндеги көп сандаган өсүндүлөрдүн жардамы аркасында жылып жүрүүгө жана азыктанууга ылайыкташкан. Айрым бир амёбалар адамдар учун оору коркунучун жаратышат (караңыз: Псевдоподия). Кошумча караңыз: Жөнөкөйлөр. – Амебалык (amoebic).

**АМЕБОЦИТ (amoebocyte), амебоцит** – амебага окшош, протоплазманын жардамы менен жылууга касиети бар болгон клетка.

**АМЕЛОБЛАСТ (ameloblast), амелобласт** – тиш эмалын продуцияланган клетка; ал тиш чыкканда жоголуп кетет.

**АМИТОЗ (amitosis), амитоз** – клетка ядросунун тең экиге бөлүнүшү.

**АНАПЛАЗИЯ (anaplasia), анаплазия** – клеткалардын өздүк түзүлүшүн, формасын, тиешелүү айырмасын жоготуусу. Айрым учурларда бул кубулуш өтө олуттуутүрдө өткөндүктөн клетканын кайсы текке тиешелүү экенин айырмалап билүү кыйынчылыкты туудурат. Анаплазия шишиктин (рактын) коркунуч туудурган формасында кезигет.

**АНАЭРОБ (anaerobe), анаэроб** – кислородсуз шартта көбөйө турган микроорганизм, өзгөчө микроб. Салыштыруу үчүн: Аэроб, Микроаэрофильдик.

**АНКИЛОСТОМА I (Ancylostoma, Ankylostoma), анкилостома** – адамдын ичке ичегисинде кездеше турган анча чоң эмес нематоддордун бир түрү. Бул түрдөгү мителер ичеги бетине жармашып, кан соруу менен өмүр сүрүшөт.

**АНКИЛОСТОМА II (hookworm), анкилостома** – адам ичегисинде кездеше турчу Necator americanus же Ancylostoma duodenale түрүнүн өкүлдөрүнө кирүүчү нематод. Мындан сырткары булар шарттуу түрдө некатор жана унцинариялар деп да аталышат. Бул нематоддор спецификалык ооруларды жаратышы мүмкүн (караңыз: Анкилостомидоз).

**АСКАРИДЫ (Ascaris), аскарида мите курттар** – адам организмде кездешуучу нематоддордун бир түрү. A. Lumbricoides аскаридасынын узундугу 35 см ге чейин жетип, ичегилерде жашоочу аталган түрдүн дүйнө жүзү боюнча кеңири жайылган эң ириси болуп саналат. Аскаридалардын заңга калтырган жумурткалары кир суу же тамак-аш аркылуу бир адамдан экинчи бир адамга жугат (кошумча караңыз: Аскаридоз).

**АСТЕР (aster), астер** – митоз жана мейоздо центросоманы курчап турган жылдыз сымал микротүтүктөрдүн орун алышы.

**АСТРОЦИТ (astrocyte), КЛЕТКА АСТРОГЛИАЛЬНАЯ (astroglial cell), астроцит, астроглиалдык клетка** – клетка денесинен өткөн көпчүлүк урчуктардагы глия клет-

калардын түрү, алар аягында жооноюп, жоон буттарга өтөт, алар болсо капиллярларды курчап турат; борбордук нерв системасынын аймактарында кездешет.

**АУКСОТРОФ (auxotroph), ауксотроф** – микроорганизмдердин түрү, мутация мезгилинде пайда болот.

**АУТОЛИЗ (autolysis), аутолиз** – ткань же клеткалардын өздүк ферменттердин таасири астындагы бузулуусу. Караңыз: Лизосома.

**АУТОСОМА (autosome), аутосома** – диплоидүү клеткалардагы жыныстык жансыз денеге изилдөө иштерин жүргүзүү. – Аутосомдук (autosomal).

**АЭРОБНЫЙ (aerobic), аэробдук** – 1. Аэробдорго тиешелүү: бош кислороддун болушун, нормалдуу өсүү жана өрчүү үчүн, талап кылган. 2. Клеткалык дем алуу үчүн колдонулат, мында углеводдор толугу менен атмосфералык кычкылтек менен кычкылданат.

## Б

**БАЗОФИЛ (basophil), базофил** – цитоплазмасы ири гранулдардан турган лейкоциттердин бир түрү. Базофилдердин аткарган кызматы аягына чейин тактала элек, бирок алардын башка тектеги бөлүкчөлөрдү өзүнө сиңирип жиберүү касиетке ээ экендиги белгилүү, ошондой эле алар өз курамына гистамин жана гепаринди камтыйт. Адатта, 1 литр канда норма боюнча 30–150 × 106 базофил болот.

**БАКТЕРИОЛИЗИН (bacteriolysiri), бактериолизин** – бактерия эритүүчү зат. Ал зат денеде жугуштуу оорулар менен ооруп айыккандан кийин пайда болот. Караңыз: Лизин.

**БАКТЕРИОЛОГИЯ (bacteriology), бактериология** – биологиянын бактерияларды изилдөөчү тармагы. – Бактериологиялык (bacteriological). – Бактериолог (bacteriologist).

**БАКТЕРОИДЫ (Bacteroides), бактероиддер** – грамотерс, көпчүлүк убакта кыймылсыз, анаэробдук таякча сымал бактериялардын тукуму. Адатта алар сүт эмүүчүлөрдүн тамак сиңирүүчү трактында жана сийдик чыгаруучу жыныстык жолдордо болушат; андан тышкары аларды ооз көңдөйүндө, периодонт дарттарында кездешүүгө болот.

**БЕЗОАР (bezoar), безоар** – жаныбарлардын, кээ бирде адамдардын ичеги-карын, аш сиңирирүүчү системасында пайда болуучу шар формасындагы конкремент. Кошумча караңыз: Трихобезоар.

**БЕСПОЗВОНОЧНОЕ (invertebrate), омурткасыздар** – омуртаксы жок жаныбар. Медицина үчүн өтө зарыл мааниге ээ болгон омурткасыз жаныбарларга: курт-кене, жөнөкөйлөр (бир клеткалуу жаныбарлар тиби), нематод, трематод, тасма курттары, ж.б. кирет.

**БИОЛОГИЯ (biology), биология** – тирүү организмдерди (өсүмдүктөр, жаныбарлар жана микроорганизмдер) жана алардын түзүлүшүн, функциясын, ошондой эле жансыз жаратылыш менен болгон байланышын изилдөөчү илим. – Биологиялык (biological).

**БИОМЕТРИЯ (biometry), биометрия** – биологиялык маалыматтарды анализдөө үчүн тирүү организмдерди жана аларда болуп жаткан процесстерди математикалык эсептөөлөр менен өлчөө.

**БИОНОМИКА (bionomics), ЭКОЛОГИЯ (ecology), биономика, экология** – адамдын ортосундагы мамилешүү жөнүндө, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү жана адамдын курчап турган чөйрөгө жана тирүү табиятка тийгизген таасири жөнүндө окуу. – Экологиялык (ecological). – Эколог (ecologist).

**БИОТЕХНОЛОГИЯ (biotechnology), биотехнология** – медицина жана өнөр жайда колдонулуучу материалдарды өндүрүү үчүн ар кандай биологиялык процесстерди пайдалануу, технологиялык өнүгүү. Генндик инженерия аймагындагы азыркы ачылыштар тастыкташат – адамдын гендери бактериялардын клеткаларында клондолуп жатышат, бул

болсо гормондордун (өзгөчө инсулиндин), вакциналардын, интерферондун жана бир катар адамга пайдалуу заттарды кең масштабдуу өндүрүлүшүнө киришүүгө шарт түзүлдү.

**БЛАСТОМЕР (blastomere), бластомер** – бластоциста түзүлгөнгө чейинки эмбрионалдык өөрчүүнүн алгачкы баскычында зиготанын бөлүнүүсүнөн келип чыккан клетка. Бластомерлер өспөйт жана бөлүнүүнүн кайталануусунун натыйжасында көлөмү жагынан кичирейишет.

**БЛАСТОЦЕЛЬ (blastocoele), бластоцель** – бластоцистанын ичинде, бластомер клеткалары менен курчалып, суюктук менен толтурулган көңдөйчө.

**БЛАСТУЛА (blastula), бластула** – көпчүлүк жаныбарлардын алгачкы эмбриондык өрчүүсү.

**БЛОХА (flea), бүргө** – секирип жүрүүгө ылайыкташкан узун буттуу, кан соргуч курт-кумурска түрү. Адамга канаттуу жана сүт эмүүчү жаныбарлардан өтөт. Ар кандай ооруларды таратуу коркунучуна ээ.

**БОЛЕЗНЬ ВАКЕЗА – ОСЛЕРА (Vaquez – Osler disease), Вакез – Ослердин оорусу** – канда эритроциттердин санынын кыйла көбөйүшү менен мүнөздөлөт. Көп убакта ошондой эле лейкоцит менен тромбоциттердин да жогорулашы байкалат. Караңыз: Накта полицитемия.

**БОЛИГОЛОВ (hemlock), болиголов** – Conium maculatum түрүндөгү өсүмдүк, Евразияда жана Африкада өсүүчү өсүмдүк. Бул өсүмдүктөн уулуу кониindин алкалоидин алышат.

## В

**В ПРОБИРКЕ (in vitro), пробиркада** – берилген термин биологиялык процессти сүрөттөө үчүн колдонулат, ал тирүү организмден тышкары болот (адатта пробиркада).

**ВЕРЕТЕНО ДЕЛЕНИЯ** (spindle), бөлүнүүчүнүн ийиги – микротүтүкчөлөрдөн турган жана белоктор менен ассоциацияланган структура; митоздун жүрүшүндө эки жуп центриолейдин ортосунда түзүлөт.

**ВЕЩЕСТВО МОЗГОВОЕ (medulla), мээ заты** – 1. Кайсы бир органдын же ткандын ички бөлүгү, сырткы бөлүгүнөн айырмаланып турат; өзгөчө бул термин бөйрөктүн ички аймагына, бөйрөк үстүндөгү безге же лимфа бездеринин тиешелүү колдонулат. 2. Караңыз: Сүйрү мээ. 3. Кээ бир нерв булаларынын миелиндик катмарына тиешелүү. – Медуллярдык (medullary).

**ВКЛАДКА (inlay), кошумча зат, ткань** – 1. Ткандагы кайсы бир кемтикти калыбына келтирүү үчүн салына турган зат же ткань бөлүкчөсү. Мисалы, сөөк трансплантанты сөөк жок же сөөк жабыр тарткан жерге салынат. 2. Стоматологияда – цемент мастикасынын жардамы менен катуу пломбанын салынышы. Азыркы учурда мындай пломбаларды даярдо учун көбүнчө фарфор жана композиттик пластмассалар колдонулат.

**ВНУТРИКЛЕТОЧНЫЙ (intracellular), клетканын ичинде** – клетканын ичинде жайгашкандыкты түшүндүрөт.

**ВОШЬ (louse,** көпч. **lice), бит** – чоң эмес канатсыз курт, адамдын терисинде, чачында зыянкечтик кылат.

**ВШИ (lice), биттер.** Караңыз: Бит, Педикулез.

## Г

**ГАЛОФИЛЬНЫЙ (halophilic), галофилдүү** – нормалдуу өсүү үчүн концентрацияланган туз аралашмасын талап кылуучу организм. Айрым бактериялар галофилдүү болушат. – Галофил (halophile).

**ГАМЕТА (gamete), гамета** – жыныстык клеткалардын түрү, аялдардын урук клеткасы же эркек сперматозоиди.

**ГАМЕТОЦИД (gametocyte), гаметоцид** – гаметоциддерди жок кыла турган дарылар. Мисалы, примахин деп аталуучу дары-дармек чиркейлердин жашоо циклин азайтып жок кылат, андыктан жугууну да азайтат жана ошондой эле алар аркылуу жугуучу малярия паразиттерин кырып жок кылышат.

**ГЕМОГЛОБИНОПАТИЯ (haemoglobinopathy), гемоглобинопатия** – тубаса дарт, мында организмде гемоглобин түзүү процесси бузулгандыктан пайда болот.

**ГЕПАТОЦИТ (hepatocyte), гепатоцит** – боордун негизги клеткасы: тамак сиңирүүчү функцияны аткаруучу, ууланган заттарды чыгаруу.

**ГИАЛУРОНИДАЗА (hyaluronidase), гиалуронидаза** – фермент, ал гиалурондук кислотанын деполимеризациясын аткарат жана ошентип бириктирүүчү ткандын өткөрүмдүүлүгүн жогорулатат.

**ГИДРОГЕНАЗА (hydrogenase), гидрогеназа** – калыбына келтирүүчү реакциялардын жүрүшүндө ар кандай кошулмаларга суутектин кошулуусун катализациялаган фермент.

**ГИСТАМИН (histamine), гистамин** – гистидин аминокислотасынан алынган кошулма. Кошумча караңыз: Анафилаксия, Антигистамин.

**ГИСТОГЕНЕЗ (histogenesis), гистогенез** – ткандардын пайда болушу.

**ГИСТОЛОГИЯ (histology), гистология** – организмдеги ткандарды билүү жөнүндөгү илим. – Гистологиялык (histological).

**ГИСТОН (histone), гистон** – жөнөкөй белок, нуклеиндик кислота менен кошулганда нуклеопротеидди пайда кылат.

**ГИСТОСОВМЕСТИМОСТЬ (histocompatibility), гистосыйымдуулук** – клеткалык мембраналардагы өзгөчө антигендерге карата боло турган ткандык сыйышуу. Ткандарды ийгиликтүү отургузуу же органдарды трансплантациялоо үчүн гистосыйышуунун жогору болуусу зарыл. – Гистокелишимдүү (histocompatible).

**ГИСТОТОКСИЧНЫЙ (histotoxic), гистоуулуу** – ткандар үчүн уулуу.

**ГЛИОСОМА (gliosome), глиосома** – астроциттин лизосомасы.

**ГЛИЦЕРОФОСФОЛИПИД (plasmalogen), глицерофосфолипид** – баш мээде жана булчуң ткандарда болуучу фосфолипид; структурасы боюнча лецитин жана цефалин менен окшош.

**ГНИЕНИЕ (decay), чирүү** – (бактериалогияда) органикалык заттын микробдордун таасири алдында чириши.

**ГНОТОБИОТИЧЕСКИЙ (gnotobiotic), гнотобиотикалык** – бул термин микробсуз шарттарды же микробсуз жаныбарларды сүрөттөө үчүн колдонулат.

**ГОМОГАМЕТНЫЙ (homogametic), гомогаметалык** – берилген термин организмдерди сүрөттөө үчүн колдонулат, алар бир эле гаметалардын түрүндө болушат. Адамда гомогаметалык жыныс аялдарда болот: ар бир тукум клеткасы X-хромосоманы камтыйт. Салыштыруу үчүн: Гетерогаметалык.

**ГОНОКОКК (gonococcus,** көпч. **gonococci), гонококк** – гонорея оорусун козгоочу, формасы шар Neisseria gonorrhoeae түрүндөгү кокк-микробу. – Гонококктук (gonococcal).

**ГОНОЦИТ (gonocyte), гонцит.** Караңыз: Түйүлдүктүн клеткасы.

**ГРИБ (mushroom), козу карын** – майда тешиктүү спора пайда кылуучу дене, ал түрдүү грибоктордун тиби менен пайда болот.

**ГРИБ, ГРИБОК (fungus,** көпч. **fungi), гриб, грибок** – жөнөкөй организм, анда жашыл хлорофилл пигменти жок болот. Аларга: ачыткылар, көгөргөн нерселер жана грибоктор кирет. – Грибоктук (fungal).

**ГУТТАПЕРЧА (gutta-percha), гуттаперча** – дайыма жашыл болгон каучуктун ширеси, ал үй температурасында катып ысык сууда ысытканда жумшак жана ийилме болуп калат. Стоматологияда колдонулат.

## Д

**ДЕЙТОПЛАЗМА (deutoplasm), дейтоплазма.** Караңыз: Жумуртканын сарысы.

**ДЕКОМПОЗИЦИЯ (decomposition), декомпозиция** – жаш балдардын тамак сиңирүүсү өтө бузулуудан келип чыккан арыктоосу.

**ДЕЛЕНИЕ (fission), бөлүү** – жыныссыз көбөйүүнүн ыкмасы, мында жөнөкөйлөр денелери жана бактериялар эки тең бөлүккө бөлүнүшөт (бинардык бөлүнүү (binary fission)), мисалы, амебаларда же бир нече бөлүктөргө бөлүнүүсү (экиден ашык) (көпчүлүктүү бөлүнүү) (multiple fission)). Мисалы, безгектик митеде спорозоиттин пайда болуу процессинде (караңыз: Plasmodium).

**ДЕЛЕНИЕ КЛЕТКИ (cell division), клетканын бөлүнүшү** – клетканын көбөйүүсү, ал башында ядронун бөлүнүү жолу менен (кариокенез), андан кийин цитоплазма (цитокинез) жолу менен.

**ДЕНАТУРАЦИЯ (denaturation), денатурация** – химиялык заттардан же рентгендик нурлануунун таасиринен жылытуунун кесепетинен белоктун физиологиялык жана физикалык өзгөрүүсү.

**ДИЕЛДРИН (dieldrin), диелдрин** – курт-кумурскалардын борбордук нерв системасын жабыркоочу инсектицид; ал түрдүү коңуздарды, чымындарды жана айыл-чарба зыянкечтерди жок кылуу үчүн колдонулат.

**ДИПЕПТИД (dipeptide), дипептид** – кошулма, курамына пептид менен байланышкан эки аминокислота кирет. Караңыз: Дипептидаза.

**ДИСАХАРИД (disaccharide), дисахарид** – углевод, бири бири менен моносахариддик бирдик менен байланышкан. Дисахариддердин типтүү өкүлдөрү болуп мальтоза, лактоза жана сахароза болуп саналат.

**ДИФФЕРЕНЦИАЦИЯ (differentiation), дифференциация** – 1. Эмбриологияда – адистешпеген клеткалар же ткандардын адистешүү жолу аркылуу кайсы бир функцияларды аткарууга ылайыкташа баштаган эмбрионалдык өнүгүү этабы. 2. Онкологияда – шишик клеткаларынын кайсы бир органдагы шишик клеткалары менен окшоштугу.

**ДРОЖЖИ (yeast), ачыткылар** – грибоктор классынын өкүлү, алардын денеси (мицелий) бөлөк клеткалардан турат; алар бирдиктүү болушу мүмкүн, эки-үч клеткалардан же чынжырчадан турган топту түзүшөт. Ачыткылар Candida, Cryptococcus менен Pityrosporum тукумуна кирет жана адамда түрдүү дарттарды туудурушу мүмкүн.

## Ж

**ЖГУТИК (flagellum,** көпч. **flagella), кыл чыбыртки** – түзүлүшү боюнча клетканын өсүндүсүнө окшош жана айрым бир клеткаларда кезигүүчү ичке, узун бутакча (мисалы, сперматозоиддерде жана көптөгөн бир клеткалуу организмдерде). Жгутиктер клеткалардын кыймылдоо функцияларын аткарышат.

**ЖЕЛТОК (vitellus), жумуртканын сарысы – өнүп** келе жаткан эмбрион үчүн азык болуучу жумуртканын ички маңызы.

**ЖЕЛТОК (yolk), ДЕЙТОПЛАЗМА (deutoplasm), желток, дейтоплазма** – негизинен май жана белоктордон туруп, өнүп келе жаткан эмбрион үчүн азык болуучу урук клеткалар маңызы. Желток сүт эмүүчү жаныбарларда (адамдарда да) кездешпейт. Мындай учурда түйүлдүк бардык баалуу азыктарды энеден алат.

**ЖИВОРОДЯЩИЙ (viviparous), тирүү туулган** – бул термин жаныбарларга караштуу колдонулат (анын ичинде көпчүлүк сүт эмүүчүлөргө), аларда түйүлдүк энени организминде өрчүп, баласы жарыкка тирүү төрөлөт.

## З

**ЗАЛИВКА (embedding), куюлма** – (микроскопияда) кайсы бир катуу заттын ичинде үлгүнү фиксациялоо, ал гистологиялык изилдөө үчүн ичке тилимдерди кесип алууну жеңилдетүүгө көмөк көрсөтөт.

## И

**ИЗОАНТИГЕН (isoantigen), изоантиген** – адам ткандарынын табигый компонеттерин жаратуучу антиген.

## К

**КАРБОКСИЛАЗА (carboxylase), карбоксилаза** – COOH-тобунун пайда болушу менен кычкылтек диоксидинин кошулма катализацияланууучу фермент.

**КАРИОКИНЕЗ (karyokinesis), кариокинез** – ядронун түз эмес, кыйыр бөлүнүшү. Караңыз: Митоз.

**КАРИОЛИЗ (karyolysis), кариолиз** – митоз жүрүп жаткан учурда клеткалык ядронун бузулушу.

**КАРИОТИП (karyotype), кариотип** – 1. Клетканын хромосомалар тобу, алар саны, көлөмү, формасы жана түзүлүш өзгөчөлүктөрү менен белгилүү. 2. Хромосомалар тобун диаграммада көрсөтүү. 3. Клетканын кариотибин микроскоптун жардамы менен изилдөө.

**КЕРАТИН (keratin), кератин** – белоктор тукумунун өкүлү, алар тырмак, чач жана теринин тышкы катмарынын негизи болуп саналат.

**КЕРАТИНОЦИТ (keratinocyte), кератоноцит** – клеткалардын түрү, алардын 95 % эпидермистин клеткаларынан турат.

**КЕТОН (ketone), кетон** – каалаган органикалык кошулмалардын өкүлү, курамына карбонилдик топ (=CO) кирет, эки капталынан алкилдик кислоталар, ацетон жана гидроксибутурат (кетондук (ketone) же ацетондук (acetone) денелер (bodies)) аркылуу пайда болушат. Кошумча караңыз: Кетоз.

**КИНИН (kinin), кинин** – адамдын организминде табигый түрдө пайда болууучу полипептиддер тобунун өкүлү, алар активдүү вазодилаторлор болуп саналышат, кан басымын төмөндөтүшөт жана жылмакай булчуңдарды бош абалга келтирет.

**КИСЛОРОД (oxygen), кычкылтек** – түсү жана жыты жок газ, ал атмосфералык абанын бирден беш бөлүгүн түзөт. Белгилениши: O.

**КИСЛОТА ГАММА-АМИНОБУТУРОВАЯ (gamma aminobutyric acid (GABA)), гамма-аминобутурдуу кислота** – аминокислотасы, ал борбордук нерв системасында болот, ал жерде нейромедиаторлордун ингибитору катары таасир тийгизет.

**КИСЛОТА ГЛИКОХОЛЕВАЯ (glycocholic acid), гликохолий кислотасы.** Караңыз: Өт кислотасы.

**КИСЛОТА МОЛОЧНАЯ (lactic acid), сүт кислотасы** – кычкылтектин жок болушунда глюкозанын метаболизмдин акыркы азыгы катарындагы клеткаларда пайда болууучу кошулма (караңыз: Гликолиз). Сүт кислотасы маанилүү тамак-аш консерванты болуп саналат.

**КЛЕТКА (cell), клетка** – баардык тирүү организмдердин негизги бирдиги, ала өзү сыяктууларды чыгарууга жөндөмдүү болушат (караңыз: Митоз). Белок жана липиддерден пайда болгон ар бир клетка клеткалык мембрана менен чектелген (cell membrane).

**КЛЕТКА НЕРВНАЯ (nerve cell), нерв клеткасы.** Караңыз: Нейрон.

**КЛЕТКА ОВСЯНОВИДНАЯ (oat cell), сулу сымал клеткасы** – бронх карциномасынын бир аттуу клеткасы. Сулу сымал клеткалар – бул чоң эмес тоголок же сүйрү клеткалар кара ядросу бар жана аз сандагы аз айырмачылыгы бар цитоплазмасы бар. Бул карцинома тамеки тарткан адамдарда кезигет. Башкача ал өпкөнүн майда клеткалык рак оорусу (small-cell lung cancer) деп аталат.

**КЛЕТКА ПИРАМИДАЛЬНАЯ (pyramidal cell), пирамида сымал клетка** – мээ кыртышынын өтө чоң нейрондору, алар хроматофилдик субстанция менен бай болот (Бец клеткасы).

**КЛЕТКА РИДА – ШТЕРНБЕРГА (Reed – Sternberg cell), Рид – Штернберг клеткасы** – чоң эки ядролук клетка, ал Ходжкин оорусунда байкалат. Караңыз: Штернберг – Рид клеткасы.

**КЛЕТКА СТВОЛОВАЯ (stem cell), сөңгөк клеткасы** – берилген термин көпчүлүк убакта сөөк чучугунун кан түзүүчү сөңгөгүнө тиешелүү колдонулат.

**КЛЕТКА ТУЧНАЯ (mast cell), жоон клетка** – бириктирүүчү тканда болуучу жоон клеткасы; анда көп сандаган чоң цитоплазматикалык гранулалары бар. Бул гранулалар гепаринди, гистаминди жана серотонинди камтыйт, алар сезгенүүдө же аллергиялык реакцияларда бошотулуп чыгышат.

**КЛЕТКА ШТЕРНБЕРГА – РИДА (Sternberg – Reed celt), КЛЕТКА РИДА – ШТЕРНБЕРГА (Reed – Sternberg cell), Штернберг – Рид клеткасы, Рид – Штернберг клеткасы** – чоң эки ядролуу клетка, ал Ходжкин оорусунда байкалат.

**КЛЕТКА РИДА – ШТЕРНБЕРГА (Reed – Sternberg cell), Рид – Штернберг клеткасы.** Караңыз: Штернберг – Рид клеткасы.

**КЛЕТКА, ВЫБЫВШАЯ ИЗ КЛЕТОЧНОГО ЦИКЛА (resting cell), клеткалык циклден чыгып кеткен клетка** – бөлүнүү процессинде катышпаган клетка. Караңыз: Интерфаза.

**КЛЕТКА-КИЛЛЕР ЕСТЕСТВЕННАЯ (natural killer cell, NK cell), кадимки киллер-клеткасы** – клетка, ал Т-лимфоцитинин түрүнө кирет, ал бөтөн клеткаларды өлтүрүүгө жөндөмдүү, анын ичине коркунуч туудурган клеткалар да кирет.

**КЛЕТКА-МИШЕНЬ (target cell), бута-клеткасы** – (гематологияда) кандын аномалдык кызыл клеткасы (эритроцит), анын ичинде боёо мезгилинде бири-бирин алмаштырып турган кара жана ак шакектердин алмашып турган үлгүсү байкалып турат.

**КЛЕТКА-«УБИЙЦА», «өлтүргүч»-клеткасы.** Караңыз: Лимфоцит, табигый «өлтүргүч»-клетка.

**КЛЕТКИ АРГЕНТАФФИННЫЕ (argentaffin cells), аргентаффинндик клеткалар** – күмүш туздары менен жеңил боёлгон клеткалар. Мындай клеткалар карын бездеринин өзүндө, ичеги криптерде кездешет.

**КЛЕТКИ ГОЛЬДЖИ (Golgi cells), Гольджи клеткалар** – мультиполярдык нейрондор, алар борбордук нерв системасында жайгашкан. Гольджи нейрондордун I тиби (Golgi type I neurones) өтө узун аксондору болот, алар нерв системасынын түрдүү аймактарын жана көп сандагы дендриттерди бириктирип турушат; Гольджи нейрондордун II тиби (Golgi type II neurones), башкача аталышы микронейрондор (microneurones), бир эле кыска аксону бар жана көп кенен, катуу бутактанган дендриттери болот.

**КЛЕТКИ ИНТЕРСТИЦИАЛЬНЫЕ (interstitial cells), КЛЕТКИ ЛЕЙДИГА (Leydig cells), интерстициалдык клеткалар, Лейдиг клеткалары** – алар урук безинин ийрилген урук түтүгүнүн арасында чачылган клеткалар.

**КЛЕТКИ КУПФЕРА (Kupffer cells), Купфер клеткалары** – фагоцитардык клеткалар, алар эндотелиалдык, боордун синусоиддик капиллярлары менен катар салынат (караңыз: Макрофаг).

**КЛЕТКИ ЛЕЙДИГА (Leydig cells), Лейдиг клеткалары.** Караңыз: Интерстициалдык клеткалар.

**КЛЕТКИ ОБКЛАДОЧНЫЕ (ЖЕЛУДКА) (oxyntic cells), КЛЕТКИ ПАРИЕТАЛЬНЫЕ (ЖЕЛУДКА) (parietal cells), өңөрүп баскан клеткалар (ашказандын), париеталдык клеткалар (ашказандын)** – карын бездеринин клеткаларынын бир түрү; алар туз кислотасын секрециялашат жана суутек менен хлордун иондорун бөлүп чыгарышат; туз кислотасынын пайда болушу карын көңдөйүндө болот.

**КЛЕТКИ ПУРКИНЬЕ (Purkinje cells), Пуркинье клеткалары** – каракуш мээнин кыртышында көп санда болгон эфференттик нерв клеткалары. Клетканын денеси алмурут сымал формада болот, андан ар тарапка бутактануучу дендриттер кетишет жана башка нейрондор менен көпчүлүк синапстарды жаратышат, андан каракуш мээнин бетине багыталышат.

**КЛЕТКИ СЕРТОЛИ (Sertoli cells), Сертоли клеткалары** – алар урук безинин ийрилген урук түтүгүнүн эпителиосперматогенндик катмарынын курамына кирет.

**КЛЕТКИ ФАЛАНГОВЫЕ (phalangeal cells), фалангалык клеткалар** – кармап туруучу клеткалар, алар корти органдардын чачтык сенсордук клеткаларына тирегич катары кызмат аткарышат. Караңыз: Ички кулактын үлүлү.

**КЛЕТКИ ШВАННОВСКИЕ (Schwann cells), Шванн клеткалары** – глиялардын клеткалары (олигодендроглиоциттер), алар перифириялык нерв системасынын миелин кабыгын пайда кылышат. Коңшу шванн клеткалардын арасында түйүндүү Ранвье торогучу орун алган.

**КЛЕТКИ ЭПИДЕРМИСА ШИПОВАТЫЕ (prickle cells), эпидермистин тикен сымал клеткалары** – көпчүлүк өз ара бириктиргич урчуктары бар чоң полигониалдык клеткалар, алар клетка ичиндеги көпүрөчөлөрдү жаратышат. Эпидермистин түйүлдүктүү катмары базалдык жана тикен сымал катмарларды түзөт.

**КЛЕЩ I (mite), кене** – эркин жашоочу, Acarina тобуна кирген мите курт-кумурскалар. Көпчүлүк кенелер өлчөмү боюнча өтө кичинекей болушат (узундугу 1 мм азыраак). Кенелерде мурутчалар жана канаттар жок, денеси болсо башчага, төшчөгө жана ич көңдөйчөгө бөлөк бөлүнбөйт. Кенелердин көпчүлүк түрлөрү адамдарда дерматит оруусун туудурушат (мисалы, Dermatophagoides түрүндөгү кенелер); андан тышкары, Trombicula түрүндөгү кенелер бадалдуу безгек оруусунун алып баруучулары болуп саналат.

**КЛЕЩ II (tick), кене** – кан соруучу мите курт, мүчө буттуулар отрядына кирет (караңыз: Кенелер (Acarina)). Кенелердин чагышы оор тери жабыркашына алып келиши мүмкүн, кээ бир кырдаалдарда шал оорусун туудурат (караңыз: Ixodes, Amblyomma); кенелердин кээ бир түрлөрү болсо кызамыктуу безгектин, Лайм оруусунун жана кайталанма эпидемиялык безгектин алып баруучусу болушат.

**КЛЕЩ КРАСНОТЕЛКОВЫЙ (harvest mite), кызыл денечелүү кене** – кызыл денечелүү кенелер, же Trombidium holosericeum, акариморфтук тукумдагы кенелерге киришет. Кызыл денечелер жапондук цуцугамуши дарыя безгегин же бадалдык безгекти туудурушат. Караңыз: Trombicula.

**КЛЕЩ-ТРОМБИКУЛИД (chigger), Тромбикулид-кенеси.** Карыңыз: Trombicula.

**КЛЕЩИ (Acarina), кенелер** – мүчө буттуу тобу.

**КЛОП ПОСТЕЛЬНЫЙ (bed bug), төшөк канталасы** – кан соруучу курт. Cimex. C. hemipterus тукумунун өкүлү, тропикалык жана бир аз региондордо C. lectularius тукумундагы. Ал кызыл денеси жана кыска канаты бар курт. Бактериялык инфекциялардын алып баруучулары.

**КОЛЛАГЕН (collagen), коллаген** – белок, ал коллаген булаларынын бириктирүүчү тканы катары клеткалар аралык негизги фибриллярдык структураны пайда кылат.

**КОЛОНИЯ (colony), колония** – микроорганизмдердин топтолушу же дискреттик пайда болуу, алар бир эле клеткадан өрчүшөт. Кошумча караңыз: Культура.

**КОММЕНСАЛ (commensal), комменсал** – организм, башка организмдер менен тыгыз карым катнашта жашаган жана аларга эч бир зыян келтирбейт. Ичеги карын алардын жашоо үчүн ыңгайлуу чөйрө болуп саналат.

**КОНИИН (coniine), кониин** – өтө уулуу алколоид, болиголов өсүмдүгүндө болот; нервдерди кыймылсыз абалга келтирет. Кониин астма жана көк жөтөл ооруларын дарылоодо кээ бир дарылык препараттардын курамына кирет.

**КУЛЬТУРА (culture), культура** – микроорганизмдердин популяциясы (адатта бактериялардын), катуу же суюк тамак-аш чөйрөдө (culture medium) өстүрүлгөн; мындай чөйрө көпчүлүк учурда агар, азыктуу шорпо же желатин болуп саналат.

**КУЛЬТУРА ТКАНЕВАЯ (tissue culture), ткандык культура** – кайсы бир микроорганизмдердин же бактериялардын культивациясы (өстүрүлүшү).

**КУПОЛ (cupula), төбө** – чоң эмес желатин сымал, куполду элестетүүчү структура, ал ички кулактагы жарым иймек түтүгүндөгү жаргак сымал ампулаларда ампулалык кырчаларда чачтуу клеткаларда жайгашкан.

## Л

**ЛЕПТОМЕНИНКС (leptomeninges), лептоменинкс** – эки мээ чел кабыгы: желе сымал жана жумшак мээ чел кабыгы.

**ЛЕПТОТЕНА (leptotene), лептотена** – мейоздун биринчи профазасындагы биринчи стадиясы, мында хромосомалар кээ бир бөлөк ичке жана узун жиптердей болуп көзгө көрүнүктүү болуп калышат.

**ЛИЗИС (lysis), лизис** – кабыктардын жабырканышынын же жарылышынын кесепетинен клеткалардын бузулушу, ал плазманын жана анын ичиндеги болгондун баарын сыртка агып кетишине алып келет. Кошумча караңыз: Аутолиз, Лизоцим.

**ЛИЗОСОМА (lysosome), лизосома** – мембрана менен чектелген органелла, анда гидролитикалык ферменттер бар болушат, алар болсо клеткаларда заттардын сиңирилишин туудурушат. Өзгөчө көпчүлүк лизосомалар боордун жана бөйрөктүн клеткаларында болушат.

**ЛИМФАДЕНОМА (lymphadenoma), лимфаденома** – лимфоманын эски аталышы.

**ЛИМФУРИЯ (lymphuria), лимфурия** – сийдикте лимфанын болушу.

**ЛИТОТРОФНЫЙ (lithotrophic), литотрофтук.** – Караңыз: Автотрофтук.

**ЛИЧИНКА I (larva, көпч. larvae), личинка, окура I** – кээ бир курт жандыктардын мисалы, курт - кумурскалардын же нематоддордун кадимкидей өсүп жетиле элек кези.

**ЛИЧИНКА II (maggot), личинка, окура II** – курт-кумурскалардын же кайсы бир курт сымалдардын личинкасы, кээде ал адам организминин ткандарын жабыркашы мүмкүн (караңыз: Миаз).

**ЛИЧИНКА III (nymph), личинка, окура III** – 1. Кээ бир курт-кумурскалардын өрчүбөгөн стадиясы, мисалы чегирткелердин жана редувид – канталанын. Алар жумурткадан басып чыгарылат, бирок ченеми боюнча башка чоң курт-кумурскаларга караганда кичирээк жана канаттары өрчүбөгөн жана жыныстык жактан өрчүбөгөн болушат. 2. Кенелердин кеч личинкалык өрчүү стадиясы.

# М

**МАЗОК (smear), мазок** – микроскоп менен текшерүү үчүн дененин кайсы бир бөлүгүнөн алынып, айнектин бетине сыйпалуучу ткань, кан же башка бир материал үлгүсү. Караңыз: Цервикалдык мазок.

**МАЗОК ЦЕРВИКАЛЬНЫЙ (cervical smear), ТЕСТ ПАПАНИКОЛАУ (ПАП) (Papanicolaou (Pap) test), цервикалдык мазок, Папаниколау тести** – жатын каналындагы клеткаларды жышып алуу, ал микроскоптун астында өзгөрүүлөрдү аныктоо үчүн изилденет. Аялдарда рак оорусунун өрчүшүн текшерүү үчүн жасалуучу тест.

**МАКРОНОРМОБЛАСТ (macronormoblast), макронормобласт** – туура эмес формадагы клетка, эритроциттерди пайда кылуучулардын бири.

**МАКРОФАГ (macrophage), КЛАЗМОЦИТ (clasmocyte), макрофаг, клазмоцит** – чоң фагоцит клеткасы. Бактерияларды камтып алып жок кылуучу лейкоциттердин эң чоңу. Кошумча караңыз: Ретикуло-эндотелиалдык система.

**МАТРИКС (matrix), матрикс** – ткандын же органдын негизги заты, ал атайын структураларды камтыйт: мисалы, бириктирүүчү ткандын негизги заты.

**МЕГАКАРИОБЛАСТ (megakaryoblast), мегакариобласт** – клетка, тромбоцит туудуруучу клетка – мегакариоцитти алып баруучу клетка. Сөөк чучугундагы кан пайда кылуучу ткандарда болот. Мегакариобласт кан пайда кылуучу сөңгөк клеткалардан пайда болот жана өзүнүн өрчүү процессинде, мегакариоцитке айланат.

**МЕГАКАРИОЦИТ (megakaryocyte), мегакариоцит** – жилик чучугунун клеткасы, андан тромбоцитер пайда болот. Кошумча караңыз: Тромбопоэз.

**МЕЖКЛЕТОЧНЫЙ (intercellular), клетка аралык** – клеткалардын арасында орун алган же пайда болуучу.

**МЕЗОСОМА (mesosome), мезосома** – структура, клеткалык мембранададагы бүктөмдөрдөгү бактериялык клеткалардын эсебинен пайда болот.

**МЕЗОТЕЛИЙ (mesothelium), мезотелий** – бир катмарлуу жалпак эпителий. Эмбрионалдуу мезодермадан пайда болот. Салыштыруу үчүн: Эпителий.

**МЕЙОЗ (meiosis), ДЕЛЕНИЕ РЕДУКЦИОННОЕ (reduction division), мейоз, редукционндук бөлүнүү** – клеткалык бөлүнүүнүн бир түрү, мында бир энелик клеткадан төрт клетка пайда болот, ар бирөө хромосомдук топтун жарымын ээлейт. Салыштыруу үчүн: Митоз. – Мейотикалык (meiotic).

**МЕЛАНОЦИТ (melanocyte), меланоцит** – теринин базалдык катмарында орун алган клетка.

**МЕМБРАНА БАЗАЛЬНАЯ (basal membrane), базалдык мембрана** – эпителийдин астындагы жука клетка аралык катмар, булчуң булалар менен жана шванндык клеткалар менен курчалган, жана бириктирүүчү ткандан ажыратат. Коллаген, протеогликан жана гликопротеиндер менен жаралган.

**МЕМБРАНА ПОЛУПРОНИЦАЕМАЯ (semipermeable membrane), жарым өткөргүчтүү мембрана** – мембрана, ал бир заттын молекуласын башка заттын молекулаларына өтүүгө тоскоолдук кылат. Жарым өткөргүчтүү мембрана клиникалык жагдайларда бөйрөк оорусу менен ооруган бейтаптарга колдонулат.

**МЕНИНГОКОКК (meningococcus,** көпч. **meningococci), менингококк** – мээнин кабыктарын сезгенүүгө дуушар кылуучу Neisseria meningitidis түрүндөгү бактерия кокк микробдору. – Менингококктук (meningococcal).

**МЕРОКРИННЫЙ (merocrine), ЭККРИННЫЙ (eccrine), мерокринндик, эккриндик** – бул термин секрециянын бир түрүн сүрөттөө үчүн колдонулат, мында бездик клеткалар секреция процессинде жабыркашпайт.

**МЕСКАЛИН (mescaline), мескалин** – кактустарда болуучу алколоид (mescal buttons), аны жутканда адамда мас болууну жана ачык түстүү галлюцинацияларды туудурат.

**МЕССЕНДЖЕР ВТОРИЧНЫЙ (second messenger), кайталанган мессенджер** – биологиялык молекула, ал клетканын ичинде функцияланат, химиялык ортомчулардан (мисалы, гормондордон) келген сигналдарга жоопту демилгелейт; өзүлөрү болсо клеткалардын ичине кире алышпайт.

**МЕТАФАЗА (metaphase), метафаза** – митоздун экинчи стадиясы жана мейоздо ар бир бөлүнүүнүн стадиясы, ал мезгилде хромосомалар ийиктин экваторуна карай катар тизилет, алардын центромералары ийиктин микротүтүкчөлөрүнө бекитилет.

**МЕТАЦЕРКАРИЙ (metacercaria,** көпч. **metacercariae), метацеркарий** – трематоддордун жетилген личинкасынын өрчүү стадиясы, ал церкарийден кийин пайда болот.

**МИЕЛОБЛАСТ (myeloblast), миелобласт** – лейкоцит клеткасынын өсүүдөгү алгачкы стадиясы. Гранулоциттин мурдагы – клеткасы; миелобласттын чоң ядросу бар жана аз сандагы цитоплазмадан турат. Кошумча караңыз: Гранулопоэз. – Миелобластикалык (myeloblastic).

**МИЕЛОЦИТ (myelocyte), миелоцит** – гранулоциттин жетилбеген формасы, анын тоголок ядросу (салыштыруу үчүн: Метамиелоцит) жана цитоплазмада гранулалары бар (салыштыруу үчүн: Промиелоцит). Миелоциттер адатта сөөк чучугунун кан пайда кылуучу тканында болушат, бирок адамдарда кээ бир дарттардын өрчүшүндө (мисалы, инфекцияларда, сөөк чучугунун инфильтраттарында же бир катар лейкемияда) алар канда байкалышы мүмкүн. Кошумча караңыз: Гранулопоэз.

**МИКОБАКТЕРИИ (Mycobacterium), микобактериялар** – кислотага туруктуу, кыймылсыз таякчалар. Мисалы, туберкулездун таякчалары аталат.

**МИКОПЛАЗМА (mycoplasma), микоплазма** – кыймылсыз майда микроорганизмдин бир түрү.

**МИКРОАЭРОФИЛЬНЫЙ (microaerophilic), микроаэрофилдик** – бул термин микроорганизмдерди сүрөттөөдө колдонулат.

**МИКРОБ (microbe), микроб.** – Караңыз: Микроорганизм.

**МИКРОБИОЛОГИЯ (microbiology), микробиология** – майда организмдердин түзүлүшүн, тиричилигин жана ага байланыштуу жугуштуу ооруларды, иммунитеттерди окуп үйрөнүүчү, илим. – Микробиологиялык (microbiological). – Микробиолог (microbiologist).

**МИКРОГАМЕТА (microgamete), микрогамета** – маляриялык митенин (Plasmodium) жана башка бир клеткалуу (караңыз: Жөнөкөйлөр) жандыктардын өрүлмө сымал эркектик жыныс кыймылдоочу клеткасы.

**МИКРОГАМЕТОЦИТ (microgametocyte), микрогаметоцит** – клетка, андан мейоздон кийин 6–8 эркек жыныстык клеткалар пайда болот. Микрогаметоциттерди адамдын канында болот, бирок алардын микрогаметага айлануу процессин чиркейлердин организминен байкаса болот.

**МИКРООРГАНИЗМ (microorganism), МИКРОБ (microbe), микроорганизм, микроб** – микроскоп аркылуу көрүнүүчү майда жандыктар. Микроорганизмдерге бактериялар, кээ бир түрдөгү грибоктор, микоплазмалар, жөнөкөйлөр, риккетсиялар менен вирустар кирет.

**МИКРОФИЛЯРИЯ (microfilaria,** көпч. **microfilariae), микрофилярия** – кээ бир нематоддордун кыймылдуу түйүлдүгү (караңыз: Филярия). Микрофилярийдин ичке жипчелерин адатта циркуляцияланган канда же оорулуунун лимфасында байкаса болот. Мисалы, Wuchereria тукумундагы.

**МИОЭПИТЕЛИОЦИТ (myoepithelium), миоэпителиоцит** – эпителийден пайда болгон клетка, жылмакай миоцитке окшош. Бул клеткалар экзокринндик бездердин секретордук альвеолаларын курчап турушат.

**МИРАЦИДИЯ (miracidium,** көпч. **miracidia), мирацидия** – мителенүүчү трематтордун личинкаларынын биринчи өрчүү этабы.

**МИТОГЕН (mitogen), митоген** – каалаган зат, ал клеткалык бөлүнүүнүн башталышын (митоз процессин) стимулдаштырат.

**МИТОЗ (mitosis), митоз** – клеткалык бөлүнүүнүн бир түрү. Мында бир клеткадан генетикалык жактан эки окшош клеткалар пайда болушат. Салыштыруу үчүн: Мейоз. – Митотикалык (mitotic).

**МИТОХОНДРИЯ (mitochondrion,** көпч. **mitochondria), ХОНДРИОСОМА (chondriosome), митохондрия, хондриосома** – клеткалык цитоплазмада ар кандай санда болуучу органелла; митохондриялар клеткалык дем алууда жана клеткадагы энергияга айланууда катышат. – Митохондриалдык (mitochondrial).

**МИЦЕЛИЙ (mycelium,** көпч. **mycelia), мицелий** – ичке бутактанган жипчелердин топтолушу, алар козу карындын азыктык жана өсүү бөлүгүнүн негизин түзүшөт.

**МОНОБЛАСТ (monoblast), монобласт** – эң алгачкы идентификацияланган клетка, андан моноцит пайда болот.

**МОСКИТ (mosquito), чиркей** – майда кан соруучу чиркей. Ал Diptera (эки канаттулар курт - кумурскалар) чоң отрядына кирет. Бул чиркейлердин ургаачылары мите алып баруучулар болуп саналышат, алар адамда бир катар оор инфекциялык дарттарды туудурушу мүмкүн (мисалы, безгекти). Караңыз: Anopheles, Aedes, Culex.

**МОСКИТ ПЕСЧАНЫЙ (sand-fly), чөл чиркейи** – майда кан соруучу чиркей, кенен таралуучу Phlebotomus тукумуна кирет, лейшманиоз, безгек жана бартонеллез аттуу жугуштуу ооруларды туудурат.

**МУХА (fly), чымын** – эки канаттуу Diptera чымын-чиркейлер классына кирет. Алар кээ бирде кан сорушат жана ар түрдүү оорулардын пайда болушуна алып келет.

**МУХА ОЛЕНЬЯ (deer fly), бугу чымыны.** – Караңыз: Chrysops.

**МУХА ТУМБУ (tumbu fly), тумбу чымыны** – Cordylobia anthropophaga тибиндеги чоң кан сорбогон чымын, Тропикалык Африкада кеңири таралган. Алардын личинкалары организмде фурункулдарды туудурат (кошумча караңыз: Миаз).

**МУХА ЧЕРНАЯ (black fly), кара чымын** – чоң эмес кан соргуч чымын. Simulium тукумундагы. Алар жугуштуу паразиттердин алып баруучулары болуп саналат. Адамда онхоцеркоз оорусун туудурат.

**МУШКА ШПАНСКАЯ (Spanish fly), Шпан мушкасы** – Lytta vesicatoria тибиндеги конуздун суучул түрү, химиялык токсикалык кошулмасы кантаридиндин булагы болуп саналат.

**МЫШЦА ШИРОКАЯ (vastus), жазы булчуңу** – үч булчуңдун бири (аралык (vastus intermedius), латералдык (vastus lateralis) жана медиалдык (vastus medialis)), алар төрт баштуу сан булчуңунун бөлүктөрү болуп саналат.

**МЫШЬ, ЛИШЕННАЯ ВОЛОСЯНОГО ПОКРОВА (nude mouse), чач жабдыгынан ажыраган чычкан** – туулгандан баштап богок бези жок болуп төрөлүп, ошондуктан анын организминде Т-лимфоциттер бөлүнүп чыгарылбаган чычкан. Мындай чычкандарда адамга мүнөздүү болгон шишиктер пайда болот. Белгисиз себептерден мындай чычкандарда чач жабдыгы жок болот, ошондуктан алар ошондой атка конушту.

## Н

**НАСЕКОМОЕ (insect), курт-кумурска** – жердеги мүчө буттуулардын чоң тобунун өкүлү. Анын денечеси баштан, төштөн жана ич көңдөйүнөн турат. Башында эки жуп сенсордук мурутчалары; денечесинде - үч жуп бут жана көпчүлүктөрүндө канаттар бар.

**НЕЙРОСЕКРЕЦИЯ (neurosecretion), нейросекреция** – биологиялык активдүү каражаттардын нерв клеткасы тарабынан бөлүнүп чыгышы, синтезделиши.

**НЕКРОБИОЗ (necrobiosis), некробиоз** – өлүп, жок болууга алып келүүчү клеткадагы өзгөрүү.

**НОРМОБЛАСТ (normoblast), нормобласт** – эритроцитке чейинки ядролуу клетка; адатта бул клеткалар сөөк чучугундагы кан жаратуучу ткандарда кездешип, жетилүү жолунда базофилдик, полихроматикалык жана ортохроматикалык баскычтарды басып өтүшөт (караңыз: Эритробласт, Эритропоэз).

**НУКЛЕОПЛАЗМА (nucleoplasm), КАРИОПЛАЗМА (karyoplasm), нуклеоплазма, кариоплазма** – гомогендин жандуу клеткаларында клеткалык ядрону жаратуучу зат. Нуклеоплазма – хроматин жана кичинекей ядрону курчап турган белоктордун коллоиддүү эритиндиси болуп саналат.

## О

**ОДНОКЛЕТОЧНЫЙ (unicellular), бир клеткалуу** – бул термин бир клеткадан турган организмдерди сүрөттөөдө колдонулат.

**ОДОНТОБЛАСТ (odontoblast), одонтобласт** – дентин пайда кылуучу мезенхимдик клетка. Одонтобластардын катмары тиш көңдөйүнө тиркейт.

**ОКРУЖЕННЫЙ ОБОЛОЧКОЙ (encysted), кабык менен капталган** – капка курчалган, инкапсуляцияланган.

**ОРГАНЕЛЛА (organelle), органелла** – белгилүү бир функцияны аткарган атайын субклеткалык бөлүкчө. Мисалы, ядро, эндоплазматикалык ретикулум, Гольджи аппараты, лизосомалар, митохондриялар ж.б.

**ОРГАНИЗМЫ ПЛЕВРОПНЕВМОНИЕПОДОБНЫЕ (pleuropneumonia-like organisms (PPLO)), плевропневмо сымал организмдер.** Караңыз: Микоплазма.

**ОРГАНОТРОФНЫЙ (organotrophic), органотрофдук.** Караңыз: Гетеротрофдук.

**ОСТЕОЦИТ (osteocyte), остеоцит** – сөөк тканынын клеткасы.

**ОСТРОВКИ ЛАНГЕРГАНСА (islets of Langerhans), Лангерганс аралчасы** – инсулин жана глюкагон бөлүп чыгаруучу клеткалардын карын алдындагы безде чогулушу. Бул клеткалардын үч гистологиялык түрү кездешет. Алар: альфа-, бета- жана дельта-клеткалары; булар талапка ылайык глюкагон, инсулин жана соматостатин бөлүп чыгарышат.

## П

**ПЕНТОЗА (pentose), пентоза** – молекуласы көмүртектин беш атомунан турган жөнөкөй кант (мисалы, рибоза же ксилоза).

**ПЕРЕГОРОДКА (septum,** көпч. **septa), тосмо** – кайсы-бир анатомиялык структуранын ичиндеги дубал, бир нече бөлүмдөргө аларды бөлүп турат. – Септалдык (septal). – Тосмо менен ажыратылган (septate).

**ПЕРИАРТРИТ (periarthritis), периартрит** – муунду курчаган ткандардын сезгениши.

**ПЕРИДЕРМА (periderm), перидерма.** Караңыз: Эпитрихий.

**ПЕРИКАРИОН (perikaryon), перекарион.** Караңыз: Клетканын денеси.

**ПЕРОКСИДАЗА (peroxidase), пероксидаза** – көбүнчө өсүмдүктөрдө жолуга турчу фермент; ошондой эле ал кан лейкоцити менен сүт курамында да кездешет. Бул фермент суутек перекисинин катышуусунда ар кыл заттардын дегидрогенизация (кычкылдануусун) болуусун тездетет.

**ПЕРОКСИСОМА (peroxisome), пероксисома** – чоң эмес клетка ичиндеги органелла, ал лисозомага окшош болот бирок ферменттерди камтыйт, алар болсо синтездин реакциясында жана суутек перикисин жок болуп кетишинде катышат.

**ПИЕЛОНЕФРИТ (pyelonephritis), пиелонефрит** – бөйрөктүн жана күлтүктүн экөө тең кошулуп сезгениши.

**ПИКНОЗ (pyknosis), пикноз** – клетканын ядролорунун жалпайып жана кичирейип кетиши. – Пикнотикалык (pyknotic).

**ПИЛИ (pili), ФИМБРИИ (fimbriae), пили, фимбриялар** – ичке жип сымал бүтүн өсүштөр, алар бактериялардын катарынын үстүндө жайгашкан.

**ПИТУИЦИТ (pituicyte), питиуцит** – гипофиздин арткы аймагында болуучу клетка.

**ПИЯВКА (leech), сүлүк курт** – кан менен тамактануучу курт. Медициналык практикада кан тамырлардын ички бетине уюган кан чапташып калган учурда, аны суюлтуу үчүн сүлүк курт коёт. Курт терини чегүүнүн алдында канды суюлтуучу суюктук шилекейин жиберет.

**ПЛАЗМОЛИЗ (plasmolysis), плазмолиз** – организмде жана өсүмдүктөрдө өтүүчү процесс, ал калың клеткалык капталдан протоплазманын бөлүнүп чыгышы менен мүнөздөлөт.

**ПЛАСТИНКА (lamella,** көпч. **lamellae), эбелек** – жука катмар, мембрана же ткандын бөлүгү, же анын кайсы бир бөлүгү.

**ПЛАСТИНКА (lamina,** көпч. **laminae), эбелек** – ичке мембрана же ткандын катмары.

**ПЛАТИГЕЛЬМИНТ (platyhelminth), платигельминт.** Караңыз: Жалпак мите курт.

**ПЛЕСЕНЬ (mould), көк дат** – булалуу көп клеткалуу грибок, адатта чирүүчү заттардын үстүн каптайт.

**ПНЕВМОЦИТ, АЛЬВЕОЛОЦИТ (pneumocyte), пневмоцит, альвеолоцит** – эпителиалдык клетка, альвеоланын дубалдарын төшөйт.

**ПОЙКИЛОЦИТ (poikilocyte), пойкилоцит** – келбети кадимкидей эмес формадагы эритроцит. Эритроциттердин өсүү, өзгөрүү учурунда байкалуучу учуру. Кошумча караңыз: Пойкилоцитоз.

**ПРЕДСТАВИТЕЛЬ ПРОСТЕЙШИХ (protozoan), эң жөнөкөйлөр өкүлү** – бир клеткалуу жаныбар. Караңыз: Эң жөнөкөйлөр.

**ПРЕДСТАВИТЕЛЬ ЧЛЕНИСТОНОГИХ (arthropod), мүчөбуттуу өкүлдөр** – курт-кумурскалар, денеси бөлүктөргө бөлүнгөн жаныбарлар.

**ПРИОБРЕТЕНИЕ ЗАЗУБРЕННЫХ ОЧЕРТАНИЙ (crenation), орсок сүрөттөлүштү алуу** – микроскоптун алдында байкалуучу эритроциттердин аномалдык тышкы көрүнүшү.

**ПРОГЛОТТИДА (proglottis,** көпч. **proglottids, же proglottides), проглоттида** – тасма курттардын бир сегменти.

**ПРОМЕГАКАРИОЦИТ (promegakaryocyte), промегакариоцит** – өрчүбөгөн клетка, жиликтин чучугунда пайда болот, андан мегакариоцит өнүгөт.

**ПРОНУКЛЕУС (pronucleus,** көпч. **pronuclei), пронуклеус** – аналык клетканын ядросу.

**ПРОСТЕЙШИЕ (Protozoa), жөнөкөйлөр** – өтө майда бир клеткалуу жаныбарлар тобу. Көпчүлүк жөнөкөйлөр эркин жана өз алдынча жашаган организм болушканы менен айрымдары адамдагы патогендүү мителерге кирет (кошумча караңыз: Амеба).

**ПРОТЕОЛИЗ (proteolysis), протеолиз** – татаал белоктук молекулалардын ажыратуу процесси.

**ПРОТОК (duct, ductus), түтүкчө жолдор** – түтүкчө структура же канал: мисалы, урук чыгаруучу түтүк (ductus deferens).

**ПРОТОК ВОЛЬФОВ (Wolffian duct), Вольф түтүкчө жолу** – мезонефралдык жолдор (караңыз: Мезонефрос).

**ПРОТОК ЖЕЛЧНЫЙ (bile duct), өт түтүкчө жолдору** – боордон өтүүчү түтүктөр.

**ПРОТОК МЮЛЛЕРОВ (Mullerian duct), Мюллер түтүгү.** – Караңыз: Парамезонефрикалык түтүк.

**ПРОТОК НОСОСЛЕЗНЫЙ (nasolacrimal duct), мурун жаш түтүкчө жолдору** – бул түтүкчөдүн жаш баштыкчасынан ылдый мурун түтүкчөлөргө өтөт.

**ПРОТОК ПАРАМЕЗОНЕФРАЛЬНЫЙ (paramesonephric duct), ПРОТОК МЮЛЛЕРОВ (Mullerian duct), парамезонефралдык түтүк, Мюллер түтүгү** – жуп түтүк, ал түйүлдүктүн мезенефрос түтүгүнө кошулат. Аялдарда бул түтүктөр кийинчерээк фаллопий түтүгү, жатын жана кын бөлүгү болуп өрчүйт. Эркектерде болсо бул түтүктөр дегенерацияланат.

**ПРОТОК ПЕЧЕНОЧНЫЙ (hepatic duct), боор түтүгү.** Караңыз: Өт түтүгү.

**ПРОТОПЛАСТ (protoplast), протопласт** – бактериалык же өсүмдүк клетка.

**ПРОФЕРМЕНТ (proenzyme), ЗИМОГЕН (zymogen), профермент, зимоген** – активдүү эмес форма, анда адатта кээ бир ферменттер секрецияланат жана бөлүнүп чыгарылат.

**ПРОЭРИТРОБЛАСТ (proerythroblast), проэритробласт** – эң алгачкы морфологиялык жактан таанымал, эритроциттин алдында пайда болгон. Кошумча караңыз: Эритробласт, Эритропоэз.

**ПСЕВДОХОЛИНЭСТЕРАЗА (pseudocholinesterase), псевдохолинэстереза** – организмдин ткандарында жана канда болуучу фермент.

**ПСИХРОФИЛЬНЫЙ (psychrophilic), психрофилдик** – бул термин организмдерди сүрөттөө үчүн колдонулат, өзгөчө бактерияларды, алар 0–25 °С температурада жакшы өсөт жана өрчүшөт. Салыштыруу үчүн: Мезофилдик, Термофилдик.

**ПЯТНО ГЛАЗНОЕ (eyespot), көздүн тагы** – жарык сезүүчү чоң эмес пигменттик аймак.

## Р

**РЕТИКУЛУМ САРКОПЛАЗМАТИЧЕСКИЙ, СЕТЬ САРКОПЛАЗМАТИЧЕСКАЯ (sarcoplasmic reticulum), саркоплазматикалык ретикулум, саркоплазматикалык түйүн** – туурасынан кеткен чаар булчуң булалардын эндоплазматикалык түйүнүнүн элементтери.

**РЕТИКУЛУМ ЭНДОПЛАЗМАТИЧЕСКИЙ (endoplasmic reticulum (ER)), эндоплазматикалык ретикулум** – клетканын цитоплазмасында орун алган мембраналык структуралардын жыйындысы.

**РЕЦЕПТОР РАСТЯЖЕНИЯ (stretch receptor), чоюлуу рецептору** – булчуң булаларынын ортосунда жайгашкан рецепторлор.

**РЕЦЕПТОР Т-КЛЕТОЧНЫЙ (TCR), Т-клеткалык рецептор** – лимфоциттердин үстүндө болгон маанилүү компоненет, анын жардамы менен антигенди тааныса болот.

## С

**САПРОФИТ (saprophyte), сапрофит** – жаныбар же өсүмдүктөрдүн өлүп же чирип жаткан ткандарында кездешүүчү микроорганизм (сапрофиттер органикалык заттарды органикалык эмес заттарга өткөрүү менен жаратылыштагы заттардын кубулуп турушуна түздөн - түз катышышат. Салыштыруу үчүн: Мите. – Сапрофиттик (saprophytic).

**САРКОПЛАЗМА (sarcoplasm), МИОПЛАЗМА (myoplasm), саркоплазма, миоплазма** – булчуң клетка жана жипчелеринин цитоплазмасы.

**СВЯЗЬ ВОДОРОДНАЯ (hydrogen bond), суутек байламтасы** – начар электростатикалык байланыш; мунун натыйжасында суутек атому эки терс электрлүү атомдор ортосунда (мисалы, азот же кычкылтек) жайгашат. Белок жана нуклеиндик кислоталардагы көпчүлүк суутек байланыштары бул бирикмелерде туруктуу молекулярдык түзүлүштүн болушун камсыздайт.

**СИМБИОЗ (symbiosis), симбиоз** – бир топ жандыктардын бирге жашап, бири-бирине эриш аркак жардамдашып жашоосу. Салыштыруу үчүн: Комменсал, Мутуализм, Мите.

**СИНЦИТИЙ (syncytium,** көпч. **syncytia), синцитий** – бир нече ядролору бар, протоплазманын топтолушу. Мисалы, туурасынан кеткен чаар булчуң булалар, синцитиялар-ды элестетет. – Синцитиалдык (syncytial).

**СИНЦИТИОТРОФОБЛАСТ (syncytiotrophoblast), синцитиотрофобласт.** – Караңыз: Плазмодиотрофобласт.

**СКОРЛУПА (putamen), кабык** – бурчак сымал ядронун латералдык бөлүгү (караңыз: Ядра базальные).

**СЛИЗЬ (Mucus), былжыр** – 1. Организмдин кабыктарын сактоочу, илээшме тунук зат. Ал негизинен гликопротеиндерден турат. – Былжырлуу (mucous).

**СЛИЗЬ (Mucilage), былжыр** – 2. (Фармацияда) териге тиешелүү ар кыл дары препараттары менен бирге эле эрибей турган заттардан суспензияларды даярдоодо майлоочу материал катары колдонулуучу каучуктун коюу, суулу эритиндиси. Былжырдын негизги түрлөрү болуп акация жана крахмал саналат.

**СЛОЙ (panniculus), катмар** – биологиялык ткандын кенен тилкеси. Мисалы, тери астындагы май катмары – бул клетчатканын тери астындагы май катмары (panniculus adiposus).

**СЛОЙ (stratum), катмар** – ткандын же клетканын катмары, теринин эпидермисинин бир катмары (эң сырткы катмары чорлуу (stratum corneum. деп аталат)).

**СОМАТОПЛЕВРА (somatopleure), соматоплевра** – мезодерманы каптап турган эктодерма кыртышы тарабынан пайда болчу эмбрион денесинин бети. Бул түзүлүштүн эмбрион денесинен сырткары турган уландысы амнион болуп саналат. Салыштыруу үчүн: Спланхноплевра.

**СПАРГАНУМ (sparganum), спарганум** – тасма курттардын личинкалары, анын катарына Diphyllobothrium жана Spirometra түрлөрү кирет, алар адамдын организмин жабыркатышат (караңыз: Спарганоз).

**СПИРОХЕТА (spirochaete), спирохета** – денеси чубалган, узун кыймылдуу бактерия. Бул топко Borrelia, Leptospira жана Treponema бактериялар тукуму кирет.

**СПОРА (spore), спора** – кээ бир өсүмдүктөрдүн жана бир клеткалуу организмдердин жыныссыз көбөйүшү үчүн түйүлдүк клеткасы. Кошумча караңыз: Эндоспора.

**СПОРОЗОИТ (sporozoite), спорозоит** – спорогониянын пайда болушунун жыйынтыгында жаралган клеткалардын бири. Plasmodium тукумуна кирген жөнөкөйлөрдө, спорозоиттер чиркейдин денесиндеги ооциттин ичиндегисиндеги кайталанма бөлүнүүнүн кесепетинен пайда болушат.

**СПОРЫНЬЯ (ergot), спорынья өсүмдүгү** – Claviceps purpurea гриби, кара буудайдын митеси. Алколоиддердин бир нече маанилүү оптикалык изомерлерин камтыйт, өзүнүн химиялык курамы боюнча лизергин кислотасынын диетиламидине (ЛСД) га кирет, анын ичинде эрготамин жана эргометрин, алар болсо медицинада шакый оорусунда жана төрөт убагында колдонулат.

**СРЕДА (medium), чөйрө** – 1. Каалаган зат (адатта шорпо, агар же желатин), ал микроорганизмдердин же клеткалардын культивациясы үчүн колдонулат. 2. Караңыз: Контрасстык зат.

**СРЕДА ОКРУЖАЮЩАЯ (environment), курчап турган чөйрө** – бизди курчап турган баардык тирүү организмдер, жана алардын өсүшүнө, өнүгүүсүнө жана жүрүм-турумуна таасир эткендин баары кирет.

**СТРИХНИН (strychnine), стрихнин** – Чыгыш Индияда өсүүчү Strychnos nux-vomica багындагы мөмө данегинде пайда болуучу уулуу алкалоид. Мурда анча көп эмес өлчөмдөгү стрихнин иммунитетти жогорулатуучу каражат катары колдонулуп келген.

**СТРОБИЛА (strobila,** көпч. **strobilae), стробила** – сегменттердин чынжырчасы, тасма сымал курттун денесин пайда кылат.

**СТРОНГИЛОИДОЗ (strongyloidiasis, strongyloidosis), стронгилоидоз** – Strongyloides stercoralis түрүндөгү мителик нематода менен ичке ичегинин инвазиясы, нымдуу тропикалык аймактарда таралган.

**СПАРГАНОЗ (sparganosis), спарганоз** – тасма мите курттардын личинкалары теринин астына, булчуңдардын арасына, кээде ички органдарга жана мээге жылып, жабыркануудан пайда болгон оору.

## Т

**Т-ЛИМФОЦИТ (T-lymphocyte), Т-лимфоцити.** Караңыз: Лимфоцит.

**ТЕЛЬЦА ВКЛЮЧЕНИЙ (inclusion bodies), кошулма денечелер** – цитоплазманын клеткаларындагы ядродо пайда болгон бөлүкчөлөр. Мындай бөлүкчөлөрдүн болушу кээде адамдарда инфекцияны аныктоо үчүн пайдаланылат.

**ТЕРПЕН (terpene), терпен** – каныкпаган углеводороддор классынын өкүлү; булардын көпчүлүгү өсүмдүк майы жана чайырда кездешүү менен аларга жыпар жыт тартуулашат (мисалы, мындай өсүмдүктөргө жалбыз кирет). Көпчүлүк терпендердин курамына А-витамини, сквален жана каротиноиддер кирет.

**ТЕТРАДА (tetrad), тетрада** – (генетикада): 1. Экинчи телофазадан кийин мейоз процессинин негизинде келип чыгуучу төрт клеткадан турган комплекс. 2. Мейоздун биринчи баскычында гомологиялык хромосомалардын жубунда жарала турган төрт хроматид.

**ТОКСОПЛАЗМОЗ (toxoplasmosis), токсоплазмоз** – өтө жөнөкөй майда жандыктар Toxoplasma gondii деп аталган токсоплазма оорутуучу, жер шарынын бардык жеринде кезигүүчү оору. Оору адамга чала бышырылган эт же оорулуу жаныбарлар аркылуу жугат. Тубаса токсоплазмоз учурунда паразиттер оорулуу аял организминен болочок бала организмине өтүшөт; мунун өзү жаңы төрөлгөн ымыркайдын көрбөй жана акыл-эсинин өөрчүбөй калуусу менен коштолот.

**ТОНОФИБРИЛЛА (tonofibril), тонофибрилла** – белоктук филаменттердин түйүндөрү – ичке булалар, алар цитоплазмадагы эпителиалдык клеткаларда болушат.

**ТРАНСЛЯЦИЯ (translation), трансляция** – (биологияда) рибосомаларда болуучу клеткадагы белоктордун синтездөө процесси.

## У

**УГРИЦЫ (strongyloides), угрицалар** – сүт эмүүчүлөрдүн ичке ичегилеринде кездешүүчү майда нематоддор түрү. S. stercoralis түрү адамдын ичке ичегисин жабыркайт (караңыз: Стронгилоидоз). Организмден заң аркылуу айлана-чөйрөгө бөлүнүп чыккан бул курт личинкалары өтө тездик менен чоңойуп, ар түрдүү жолдор менен кайрадан адам организмине келип түшөт.

## Ф

**ФАГОЦИТОЗ (phagocytosis), фагоцитоз** – бактерия жана башка тектүү бөлүкчөлөрдүн атайын клеткалар тарабынан сиңирилиши (караңыз: Фагоцит). Салыштыруу үчүн: Пиноцитоз.

**ФАКУЛЬТАТИВНЫЙ (facultative), факультативдик** – термин жашоо үчүн белгилүү бир ыкма менен гана чектелбеген организмдерди сүрөттөп берүү үчүн колдонулат. Факультативдик паразит (facultative parasite) кимдир бирөөнүн организминде, ошондой эле ээсинин организминен сырткары деле жашоо менен паразиттик эмес жашоо шартында күн өткөрүүсү ыктымал. Салыштыруу үчүн: Облигаттык.

**ФАРМАКОДИНАМИКА (pharmacodynamics), фармакодинамика** – дары каражаттарынын организм клеткаларына таасир этүү механизмдерин окуп үйрөнүү.

**ФЕРМЕНТАЦИЯ (fermentation), ферментация** – микроорганизмдердин же анын ферменттеринин углеводго тийгизген таасиринен, углеводдун жөнөкөйлөнүп бөлүнүшү. Ал ачытууга алып келет.

**ФИБРИНОГЕН (fibrinogen), фибриноген** – кандын суюгундагы глобулин. Ал кан уюуганда фибринге өтөт. Фибрин болсо кандын уюшуна көмөктөшөт.

**ФИБРОБЛАСТ (fibroblast), фибропласт** – байланыштыруучу ткандарды түзгөн клеткалар.

**ФИБРОЦИТ (fibrocyte), фиброцит** – синтетикалык жактан активдүү эмес клетка, ал толук бойдон дифференцияланган тутамдаштыргыч тканда болот. Фибропласттан пайда болот.

**ФИТОГЕМАГГЛЮТИНИН (phytohaemagglutinin (PHA)), фитогемагглютинин** – өсүмдүктөрдөн алынуучу алколоид, ал пробиркада Т-лимфоциттердин бөлүнүү процессин стимулдаштырат.

**ФИТОГЕНЕЗ (phylogenesis), фитогенез** – биологиялык дүйнө, ар кыл түр, класс, отряд, топтордун эволюциялык (тарыхый) өнүгүүсү.

**ФЛАВОПРОТЕИН (flavoprotein), флавопротеин** – флавин адениннуклеотид менен бириккен же флавин мононуклеотид менен (флавин деп аталган (flavins)) бириккен курамына белок кирген, кофермент.

**ФОРМАЛЬДЕГИД (formaldehyde), формальдегид** – кумурска кислотасынын альдегоиддик туундусу, алардын жубу мурун бөлмөлөрдү стерилизациялоо жана жана ошондой эле ал жакта жаткан жуурақандарды дезинфекциялоо үчүн колдонулган.

**ФОРМАЦИЯ РЕТИКУЛЯРНАЯ, СИСТЕМА РЕТИКУЛЯРНАЯ АКТИВИРУЮЩАЯ (reticular activating system), ретикулярдык формация, активдешкен ретикулярдык система** – нейрондордун жана аларды бириктирген нерв булаларынын жыйындысы, алар мээнин сөңгөгүндө орун алган жана түйүндөрдү пайда кылышат. Ретикулярдык формация баардык сезгич, кыймыл органдар жана чоң мээнин чел кабыгынын сезгич аймактары менен, таламус жана гипоталамус жана жүлүн менен байланышкан.

**ФОТОСИНТЕЗ (photosynthesis), фотосинтез** – жашыл өсүмдүктөр жана бактериялардын түрлөрү жана көк жашыл балырлар күн нурунун энергиясынын таасири астында көмүр кычкыл газдан жана суудан углеводдорду синтездешет, ал болсо аларда болгон жашыл пигменттин хлорофилдин болушу үчүн сиңирилишет.

## Х

**Х-ХРОМОСОМА (X Chromosome), Х-хромосома** – жыныстык хромосома, ал аялдарда да жана эркектерде да болот. Аялдарда эки Х-хромосома, эркектерде – бир хромо-

сома бар. Х-хромосомаларда гендер локалдашат, алар оор генетикалык дарттар үчүн жооп беришет (мисалы, гемофилия). Салыштыруу үчүн: Хромосома.

**ХЕМОРЕЦЕПТОР (chemoreceptor), хеморецептор** – афференттик нейрон, химиялык заттардын таасиринен козголууну кабыл алуучу нерв жипчелери. Аларга тилдеги, мурундагы нервдер кирет. Кошумча караңыз: Рецептор.

**ХЕМОТАКСИС (chemotaxis), хемотаксис** – клетканын же организмдин градиент боюнча химиялык концентрациясы.

**ХЛОРОФИЛЛ (chlorophyll), хлорофилл** – жарыкты өзүнө сиңирип алуу касиетине ээ жана бардык жашыл өсүмдүктөр менен бирге айрым бир бактерияларда кездешүүчү жашыл пигмент.

**ХОЛИН (choline), холин** – фосфатидилхолин (лецитин) жана башка фосфолипиддер менен ацетилхолин синтезинде маанилүү роль ойной турчу негизги бирикме. Мындан сырткары, холин майлардын адам организми боюнча тарашына көмөктөшөт.

**ХОНДРИН (chondrin), хондрин** – кемирчектерди кайнатуудан улам келип чыга турчу желатин сымал зат.

**ХОНДРИОСОМА (chondriosome), хондриосома.** Караңыз: Митохондрия.

**ХОНДРОЦИТ (chondrocyte), хондроцит** – кемирчек тканынын негизги клеткасы.

**ХРОМАТИН (chromatin), хроматин** – курамы өтө көп эмес өлчөмдөгү ДНК, РНК жана белоктордон турган клеткалык ядронун негизги боёгучтар менен боёлуучу хромосомалык материалы. Караңыз: Эухроматин, Гетерохроматин.

## Ц

**ЦЕНТРИОЛЬ (centriole), центриоль** – клеткалык борбордун курамына кирген чоң эмес органелла.

**ЦЕНТРОСОМА (centrosome), ЦЕНТРОСФЕРА (centrosphere), борбордуксома, борбордуксфера** – цитоплазманын калың аймагы, ал бөлүнбөөчү клеткалардын жанындагы ядродо жайгашкан жана центриоли затынын эки калың жээктери менен курчалган.

**ЦЕНТРОСФЕРА (centrosphere), борбор сфера** – 1. Ийик сымал структура полюсунун айланасындагы клеткаларды бөлүү учурунда айрыптааныла турган цитоплазмалар жайы. 2. Караңыз: Центросома.

**ЦЕЦЕ (tsetse), цеце** – Африканын тропикалык региондорунда учурай турган Glossia түрүндөгү ири кан соруучу чымын. Уйку оорусун жаратуучу паразиттерди алып жүрүүчү катары белгилүү.

**ЦИАНИД (cyanide), цианид** – синил кислотасынын уулуу туздары.

**ЦИЛИНДР (cast), цилиндр** – дене көңдөйүндө чогулуу менен анын формасын кабыл ала турган өлүү клетка, май жана башка ткандар. Убакыттын өтүшү менен жоголуп жана кайра пайда болуп туруусу мүмкүн. Мисалы, сийдикте бүртүк цилиндрлердин пайда болушу бөйрөк оорусунан кабар берет.

**ЦИТИДИН (cytidine), цитидин** – курамына цитозин жана рибоза канты кирүүчү бирикме (караңыз: Нуклеозид).

**ЦИТОКИНЕЗ (cytokinesis), цитокинез** – клеткалык цитоплазманын бөлүнүшү ал эки окшош клеткалардын ортосунда болот, ал телофазадан жана ядронун бөлүнүшүнөн кийин болот; эки окшош клеткалардын пайда болушуна алып келет. Салыштыруу үчүн: Кариокинез.

**ЦИТОЛИЗ (cytolysis), цитолиз** – клетка, айрыкча алардын плазмалеммаларынын кыйроосу.

**ЦИТОМОРФОЗ (cytomorphosis), цитоморфоз** – бүтүндөй жашоо цикли маалында клеткалардагы болуп өтө турган өзгөрүүлөр.

**ЦИТОПЛАЗМА (cytoplasm), цитоплазма** – клетканын ичиндеги суюк бөлүгү. Цитоплазмада органеллалар жайгашкан. Кошумча караңыз: Эктоплазма, Эндоплазма, Протоплазма. – Цитоплазматикалык (cytoplasmic).

**ЦИТОСОМА (cytosome), цитосома** – ядродон сырткары жайгашкан клетка түзүлүшү.

**ЦИТРУЛЛИН (citrulline), цитруллин** – белоктордун курамына кирбей турган аминокислота; аммиактын сийдик курамындагы сууда эрүүчү кристалл затка (мочевина) айлануу процессинде боор тарабынан кошумча продукт катары иштелип чыгат.

**ЦИТРУЛЛИНЕМИЯ (citrullinaemia), цитруллинемия** – сийдиктеги белоктордун химиялык жактан эриши үчүн кызмат кылуучу ферменттердин кайсы биринин тубаса жоктугу; мунун натыйжасында канга аммиак жана цитруллин аминокислотасы топтолот.

## Ч

**ЧАСТЬ МОЗЖЕЧКА СТАРАЯ, ПАЛЕОЦЕРЕБЕЛЛУМ (palaeocerebelium), каракуш мээнин эски бөлүгү, палеоцеребеллум** – каракуш мээнин, пирамиданын, курт сымал тилченин жана үзүндү жанындагы алдынкы үлүшүндө болгон аймакты камтыйт. Эволюциялык терминдерде бул мээнин ромб сымал аймагынын эң эски аймагы, ал сүт эмүүчүлөрдө өрчүп баштаган.

**ЧЕРВЬ (worm), курт** – жумшак денелүү, бутсуз жаныбарлар тобунун өкүлү. Аларга: жалпак курттар, нематоддор, сөөл жылан, сүлүк курт ж.б. кирет.

**ЧЕРВЬ КРУГЛЫЙ (roundworm), тоголок курт.** – Караңыз: Нематода.

**ЧЕРВЬ ЛЕНТОЧНЫЙ, ГЕЛЬМИНТ (tapeworm), тасма курту, гельминт** – тасма сымал ичке, узун денелүү жалпак курттар түрүнүн өкүлү. Адам менен катар эле бир катар омурткалуу жаныбарлардын ичеги-карынында кездешет.

**ЧЕРВЬ ПЛОСКИЙ (flatworm), ПЛАТИГЕЛЬМИНТ (platyhelminth), жалпак курт, платигельминт** – курамына трематод жана тасма курттары кире турган жалпак курттар классы; медицина үчүн кызыгууну жарата турган көптөгөн паразиттерден турат.

## Э

**ЭКЗОСМОС (exosmosis), экзосмос** – суюктук жана башка эритилген заттардын клеткадан агып чыгып, башка чөйрөгө сиңирилиши. Караңыз: Осмос.

**ЭКСТРАПЛЕВРАЛЬНЫЙ (extrapleural), экстраплевралдык** – дарттын плеврадан тышкары орун алуусу.

**ЭКТОПЛАЗМА (ectoplasm), эктоплазма** – цитоплазманын сыртккы кыртышына караганда алда канча калың тыгыздыкка ээ болгон сырткы клеткалык кыртышы. – Эктоплазматикалык (ectoplasmic).

**ЭНДОПЛАЗМА (endoplasm), эндоплазма** – клетканын цитоплазмасынын ички бөлүгү. Эктоплазмага караганда көп сандагы клеткалык органеллаларды камтыйт. – Эндоплазматикалык (endoplasmic).

**ЭНДОТЕЛИЙ (endothelium), эндотелий** – жүрөк көңдөйүнүн, кан жана лимфа тамырлардын ички бетин түзүп, көңдөйчөлөрдүн ички жылтырак бетиндеги бир кабаттуу жалпак эпителий. Салыштыруу үчүн: Эпителий.

**ЭНТЕРОПАРАЗИТ (enterozoon), энтеропаразит** – жаныбарлардын ичегинде жашоочу же аны жабыркоочу мите курт. Кошумча караңыз: Эндопаразит.

**ЭПИТЕЛИЙ ЗАРОДЫШЕВЫЙ (germinal epithelium), түйүлдүктүү эпителий** – тукум безин каптоочу эпителий; мурда ал оогонийдин пайда болуучу орду деп эсептелчү.

**ЭПИТЕЛИЙ ПЛОСКИЙ (squamous epithelium), жалпак эпителий.** – Караңыз: Эпителий.

**ЭРИТРОБЛАСТ (erythroblast), эритробласт** – ядро пайда болуп, андан ары өсүүчү жаш, кызыл кан денечелери (эритроциттер). Аз кандуулук оорусунун катуу түрүндө байкалат. Кошумча караңыз: Эритропоэз.

**ЭРИТРОБЛАСТОЗ (erythroblastosis), эритробластоз** – канда эритроциттердин (эритобластардын) мурдагы болгон ядрокамтыгандардын болушу.

**ЭУБАКТЕРИЯ (eubacteria), эубактерия** – катуу клеткалык дубалчалары бар бактериялардын тобу, адатта жылуу үчүн ичке жипчелери бар.

**ЭУПЛОИДИЯ (euploidy), эуплоидия** – ткандардын, клеткалардын же организмдердин абалы, мында хромосомалардын бүтүндөй тобу болот же ар бир клетка бүт хромосомаларды камтыйт. Салыштыруу үчүн: Анэуплоидия. – Эуплоиддик (euploid).

## Я

**ЯДРО (nucleus), ядро** – 1. Генетикалык материалы ДНК дан турган негизги клетка структурасы. ДНК белок менен биригип, адатта хроматин түрүндө ядрого жайылат. Клеткалардын бөлүнүүсүндө хроматин спираль формасына өтүп, хромосома түрүндө кездешет. 2. Нерв клеткаларынын баш мээ же жүлүнгө анатомиялык же функционалдык жактан байкалаарлык түрдө чогулушу.

# БИОХИМИЯ



# А

**АГАММАГЛОБУЛИНЕМИЯ (agammaglobulinaemia), агаммаглобулинемия** – канда гаммаглобулиндин (иммундук коргоо кызматын аткаруучу белок) жоктугу же өтө аздыгы (салыштыруу үчүн: Гипогаммаглобулинемия). Балдардын организминде гаммаглобулин затынын жоктугу, ар түрлүү жугуштуу ооруларга туруштугу начар болот.

**АДЕНОЗИН (adenosine), аденозин** – кошулма, анын курамына аденин жана d-рибоза кирет; ал АТФ те болот. Кошумча караңыз: Нуклеозид.

**АДЕНОЗИНА ДИФОСФАТ (adenosine diphosphate), аденозин дифосфаты.** – Караңыз: АДФ.

**АДЕНОЗИНА МОНОФОСФАТ (adenosine monophosphate), аденозин монофосфаты.** – Караңыз: АМФ.

**АДЕНОЗИНА ТРИФОСФАТ (adenosine triphosphate), аденозин трифосфаты** – Караңыз: АТФ.

**АДЕПТ (Adept), адепт** – бөтөн дене - продарылык терапиянын багытточу ферменти: рак оорусун дарылануу үчүн өрчүүчү ыкма.

**АДФ (АДЕНОЗИНА ДИФОСФАТ) (ADP, adenosine diphosphate), АДФ (аденозин дифосфаты)** – кошунду, курамына аденин, рибоза, жана эки фосфаттык топтор кирет. АДФ клеткаларда болот жана энергияны кайта куруу процессинде катышат (караңыз: АТФ).

**АКТИВАТОР ПЛАЗМИНОГЕНА ТКАНЕВЫЙ (tissue ptasminogen activator, tPA, TPA), ткандык плазминогендин активатору** – тромбдорду бузууга жөндөмдүү болгон, организмде бар болуучу белок.

**АКТИВНЫЙ ТРАНСПОРТ (active transport), активдүү унаа** – (биохимияда) энерго көз каранды болуучу процесс, анда белгилүү бир заттар (иондор, дарылык препараттар жана аминокислоталар) мембрана аркылуу электрохимиялык грандиентке каршы өтүшөт.

**АКТИН (actin), актин** – булчуң этте кездешүүчү белок; булчуңдун жыйрылышында чоң роль ойнойт. Караңыз: Туурасынан кеткен чаар булчуң.

**АКЦЕПТОР (acceptor), акцептор** – (биохимияда) зат, ал төмөнкү концентрациясы менен кычкылдануу процессин жеңилдетет.

**АЛАНИН (alanine), аланин.** Караңыз: Аминокислота.

**АЛЕКСИН (alexin), алексин** – сывороткалык компоненттин мурдагы аталышы; азыркы мезгилде ал комплемент деп аталат.

**АЛКАЛЕМИЯ (alkalaemia), алкалемия** – кан курамында щелочтордун өзгөчө көп болушу. Канда щелочтун көбөйүп же/жана кислотанын азайып кетүүсү менен байланыштуу болуусу мүмкүн. Кошумча караңыз: Алкалоз. Салыштыруу үчүн: Ацидемия.

**АЛЬБУМОЗА (albumose), альбумоза** – альбумин менен пептондун ортосундагы аралык зат, ал протеиндердин пепсин жана башка эндопептидазалар менен ажыроо процессинде бөлүнүп чыгарылат (караңыз: Пептидаза).

**АЛЬБУМИН (albumin), альбумин** – суудa бат эрүүчү жана жылуулукта коюланып кетүүчү белок.

**АЛЬБУМИНУРИЯ (albuminuria), ПРОТЕИНУРИЯ (proteinuria), альбуминурия, протеинурия** – оорунун себебинен сийдик аркылуу белок затынын бөлүнүп чыгышы. Көбүнчө бөйрөк дартка чалдыкканда байкалат.

**АЛЬФА-ФЕТОПРОТЕИН (АФП) (alpha-fetoprotein, afp), альфа-фетопротеин (АФП)** – түйүлдүктүн боорунда иштелип чыгуучу протеин жана дагы карын суунун ичинде ошондой эле эненин канында кезигет.

**АЛЬФАКАЛЬЦИДОЛ (alfacalcidol), альфакальцидол** – витамин D нин синтетикалык формасы, канда кальцийдин деңгээлин көтөрүш үчүн колдонулат.

**АМИЛАЗА (amylase), амилаза** – глюкоза, мальтоза жана декстринге бөлүнүп жаткан крахмалды сиңирүү учурунда карын алдындагы без тарабынан бөлүнүп чыккан суюктук, ошондой эле шилекейде кездешүүчү фермент.

**АМИНОКИСЛОТА (amino acid), аминокислота** – органикалык кошулма, курамына (-NH2) аминотобу жана (-COOH) карбоксилдик тобу кирет. Аминокислоталар бардык белоктордун (протеиндердин) негизги түзүүчүсү болуп саналышат.

**АМИНОКИСЛОТА НЕЗАМЕНИМАЯ (essential amino acid), алмашылгыс аминокислота** – организмдин туура өсүп-өнүгүүсү үчүн өтө зарыл, бирок ошол эле учурда өзүнөн бөлүнүп чыкпай турган зат. Сегиз алмашылгыс аминокислота бар: триптофан, лизин, фенилаланин, треонин, валин, метионин, лейцин жана изолейцин (мындан сырткары, жаш балдар үчүн аргинин жана гистидиндин зарылчылыгы баа жеткис).

**АМИНОПЕПТИДАЗА (aminopeptidase), аминопептидаза** – ферменттердин бири, ичеги карында болгон жана пептиддерди ажыроошун туудурат.

**АНАБОЛИЗМ (anabolism), анаболизм** – органикалык заттардын синтези, адамдын организмине жөнөкөй кошулмалар (мисалы, белоктор, майлар) аркылуу түшөт. Кошумча караңыз: Анаболикалык, Метаболизм.

**АНГИДРАЗА (anhydrase), ангидраза** – химиялык кошулмалардан сууну бөлүп чыгарууну ылдамдатуу үчүн колдонулуучу фермент.

**АНГИОТЕНЗИН (angiotensin), ангиотензин** – эки пептиддердин бири: ангиотензин I (angiotensin I) же ангиотензин II (angiotensin II). Ангиотензин I бөйрөктө рениндин пайда болушунан боордо белоктон иштелип чыгат, андан канга өтөт. Кан өпкө аркылуу өткөндө, ангиотензин I ферментинин таасири астында ангиотензин II айланат. Бул пептид кан тамырлардын ичкертет жана вазопрессин, альдостерон аттуу гормондордун иштелип чыгышын стимулдаштырат, алар болсо кан басымын жогоротушат. Кошумча караңыз: АКФ-ингибитор.

**АНТИГЕН ОНКОФЕТАЛЬНЫЙ (oncofetal antigen), онкофеталдык бөтөн ген** – түйүлдүктүн ткандары менен гана иштелип чыккан белок; кээде адамдын организминде кээ бир шишиктердин өрчүшү байкалат.

**АНЭРГИЯ (anergy), анэргия** – 1. Айлана чөйрөнүн кубулушуна жана анын тийгизген таасирине организмдин жооп кайтара албастыгы. 2. Энергиянын жетишсиздиги. – Анергиялык (anergic).

**АРГИНИН (arginine), аргинин** – боордо мочевинанын жаралышын камсыздай турган аминокислота.

**АСПАРАГИНАЗА (asparaginase), аспарагиназа** – катардагы шишиктердин өсүшүн басаңдаткан фермент. Курч лимфобластомикалык лейкемияны дарылоодо колдонулат.

## Б

**БЕККЕРЕЛЬ (becqueret), беккерель** – радиоактивдүү булакта радионуклиддин СИ бирдигинин активдүүлүгү, мында бир секунданын ичинде бир ажыроо актысы болот. Кюрини алмаштырат. Белгилениши: Бк.

**БЕЛОК (protein), белок** – органикалык кошулма, составына көмүртек, суутек, кычкылтек жана азот кирет (алардын курамына күкүрт жана фосфор кириши мүмкүн).

**БЕЛОК БЕНС – ДЖОНСА (Bence – Jones protein), АЛЬБУМОЗА БЕНС – ДЖОНСА (Bence – Jones albumose), Бенс – Джонстун белогу, Бенс – Джонстун альбумозасы** – төмөн молекулярдык массасы менен белок. Бул белок миелома, лимфома, лейкемия жана Ходжкин оорусуна чалдыккан оорулуулардын заарасында байкалат.

**БИОЛОГИЯ МОЛЕКУЛЯРНАЯ (molecular biology), молекулярдык биология** – тирүү организмдердин курамындагы молекулаларды (өзгөчө белок жана нуклеин кислоталары) изилдөөчү илим.

**БУТОБАРБИТОН (butobarbitone), БУТОБАРБИТАЛ (butobarbital), бутобарбитон, бутобарбитал** – уйкуссуздукта колдонулуучу каражат.

**БУФЕР (buffer), буфер** – суюктук, мында (pH) суутегинин иондорунун концентрациясы кислота менен шакарды кошкондо өзгөрүүсүз калат, жана ошондой эле аны аралаштырууда да өзгөрүүсүз бойдон кала берет. Кандын негизги буфери жана дененин клеткадан тышкары суюктугу болуп бикарбонаттык системалар (H2CO3/HCO3-) болуп саналат. Кошумча караңыз: Кислоталык – шакардык тең салмактуулук.

## В

**ВАЛИН (valine), валин** – негизги аминокислота. Кошумча караңыз: Аминокислота.

## Г

**ГАЛАКТОЗА (galactose), галактоза** – лактозанын сүт кантын түзүүчү жөнөкөй кант. Галактозаны глюкозага айландыруу процесси боор тарабынан ишке ашат. Тамак сиңирүүгө байланышкан галактоземия аттуу сейрек кездешүүчү, тукум куучулук оору менен жабыркашкан наристе балдарда бул иш-аракетти жөнгө салуучу фермент жок.

**ГАНГЛИИ БАЗАЛЬНЫЕ, ЯДРА БАЗАЛЬНЫЕ (basal ganglia), базалдык ганглийлер, базалдык ядролор** – боз суюктуктун көп топтолушу, алар мээнин ак затынын жоондугунда орун алган.

**ГАНГЛИОЗИД (ganglioside), ганглиозид** – баш мээде, боордо, көк боордо жана эритроциттерде кездешүүчү гликопиддер тобунун өкүлү; булар нерв клеткаларынын мембраналарында көп кездешет.

**ГАПТОГЛОБИН (haptoglobin), гаптоглобин** – кан плазмасында болуучу белок, эркин гемоглабин менен байланышып, комплексти түзөт, ал болсо кандан боордо бат эле жок болот.

**ГЕКСОЗА (hexose), гексоза** – курамына көмүртектин алты атому кирүүчү жөнөкөй кант. Гексоза канттары негизинен тамак-аш продуктыларында кездешет. Алардын эң көрүнүктүүсү болуп глюкоза саналат.

**ГЕКСОЗАМИН (hexosamine), гексозамин** – гексоза кантынын аминотүзүүчүсү. Гексозаминдин эки маанилүү түрү бар: бул глюкозамин жана галактозамин.

**ГЕКСОКИНАЗА (hexokinase), гексокиназа** – фермент, ал глюкозанын глюкозо-6-фосфатына айлануу процессинин катализатору болуп саналат. Бул реакция гликолиздин биринчи этабы болуп саналат.

**ГЕМ (haem), гем** – темир бар кошулма (порфирин), ал белок глоболин менен кошулганда гемоглобинди пайда кылат, ал эритроциттерде болот.

**ГЕМАТОПОРФИРИН (haematoporphyrin), гематопорфирин** – порфириндин түрү, гемаглобиндин метаболизм процессинде пайда болот.

**ГЕМИН (haemin), гемин** – гемоглобиндин химиялык түзүүчүсү, ал молекуланын белоктун бөлүгүн алып салганда пайда болот, тузду пайда кылуу менен кислота менен кошулганда жана темирдин атомун кычкылдануудан пайда болот (салыштыруу үчүн: Гематин).

**ГЕМОГЛОБИН (haemoglobin), гемоглобин** – кызыл кан денечелерин боёчу зат. Өпкөдөн кычкылтекти тканга, ткандан көмүр кычкыл газын өпкөгө ташыйт. Кандагы гемоглобиндин курамы 12–18 г/дл. Кошумча караңыз: Миогемоглобин, Оксигемоглобин.

**ГЕМОГЛОБИНУРИЯ (haemoglobinuria), гемоглобинурия** – канда кызыл денечелери (эритроциттер) жарылганда, сийдикте гемоглобиндин пайда болушу. Бул көбүнчө кан куйгандан кийин, оор ууланганда жана адам күйгөндөн кийин байкалат.

**ГЕМОГРАММА (haemogram), гемограмма** – кандын клеткаларынын көрүнүшүн белгилүү бир схемада жазуу.

**ГЕМОЛИЗ (taking), гемолиз** – гемогенндик суюктукту түзүү үчүн жана канды түзгөн кызыл клеткаларга физикалык же химиялык таасир көрсөтүү.

**ГИДРОЛАЗА (hydrolase), гидролаза** – түрдүү кошулмалардын гидролизин катализациялаган фермент. Гидролизага мисалы катары пептидазалар саналат.

**ГИПЕРЛИПИДЕМИЯ (hyperlipidaemia), ГИПЕРЛИПЕМИЯ (hyperlipaemia), гиперлипидемия, гиперлипемия** – канда майлардын аномалдык көп болушу.

**ГИПЕРЛИПОПРОТЕИНЕМИЯ (hyperlipoproteinaemia), гиперлипопротеинемия** – канда липопротеиндердин аномалдуу көп болушу.

**ГИПЕРНАТРИЕМИЯ (hypernatraemia), гипернатриемия** – канда натрий иондордун аномалдуу көп болушу. Кошумча караңыз: Электролит.

**ГИРУДИН (hirudin), гирудин** – сүлүктөрдүн шилекей безинде жана кээ бир жылаан ууларында болгон антикоагулянт; ал тромбин ферментин басаңдоо менен кандын уюшун алдын алат.

**ГИСТАМИНАЗА (histaminase), гистаминаза** – адам организминде кеңири таралуучу фермент, гистаминди инактивациялайт.

**ГИСТОХИМИЯ (histochemistry), гистохимия** – клеткаларда болгон химиялык кошулмаларды бөлүштүрүү жана курамын изилдөө. – Гистохимиялык (histochemical).

**ГЛИАДИН (gliadin), глиадин** – буудайдан алынган, спиртте эритилген белок. Глиадин глютендин бирден бир түзүүчүсү болуп саналат.

**ГЛИКОБИОЛОГИЯ (glycobiology), гликобиология** – химиялык жана биохимиялык курамды, углевод жана углеводдук бирикмелерди (өзгөчө, гликопротеиндерди) окуп үйрөнүү.

**ГЛИКОГЕН (glycogen), гликоген** – жаныбарлардын крахмалы полисахарид болуп адамдын организмине жайналат. Өзгөчө боордо көп болот. Боор гликогендин кампасы деп аталат. Керек учурда канга боор бөлүп берип турат.

**ГЛИКОГЕНЕЗ (glycogenesis), гликогенез** – глюкозанын гликогенге айлануу учурунда боор жана булчуң эттерде өтө турган биохимиялык реакция.

**ГЛИКОГЕНОЛИЗ (glycogenolysis), гликогенолиз** – боордо жана булчуңдарда өтүүчү биохимиялык реакция, бул учурда гликогендин майдаланышы, анын глюкозага өтүшү.

**ГЛИКОЗИД (glycoside), гликозид** – (-ОН) гидроксилдик тобу менен же кайсы бир башка топ менен алмаштыруунун кесепетинен пайда болуучу кошулма.

**ГЛИКОЗУРИЯ (glycosuria), гликозурия** – кандагы канттын өлчөмүнүн көптүгүнөн сийдиктеги канттын көптүгү. Кант оорусунун мүнөздүү белгиси.

**ГЛИКОЛИЗ (glycolysis), гликолиз** – катализатор катары катышкан ферменттердин катышуусу менен он химиялык реакциялардын жүрүшүндө глюкозанын сүт кислотасына айланусу. Кошумча караңыз: Сүт кислотасы.

**ГЛИКОЛИПИД (glycolipid), гликолипид** – тутумуна кант молекуласы кирген липид (адатта галактоза же глюкоза). Мисалга цереброзиддерди алсак болот.

**ГЛИКОПРОТЕИН (glycoprotein), гликопротеин** – курамына белок жана углевод кире турган татаал бирикмелер тобунун өкүлү (мисалы, галактоза же манноза). Гликопротеиндерге мисал катары ферменттерди, гормон жана антигендерди киргизүүгө болот.

**ГЛИЦЕРИД (glyceride), глицерид** – липид, курамына бир же бир нече май кислотасы менен айкалышкан глицерол (спирт) кирет. Кошумча караңыз: Триглицерид.

**ГЛИЦЕРИН (glycerin), ГЛИЦЕРОЛ (glycerol), глицерин, глицерол** – тунук жабышкак суюктук, май гидролизи жана май аралашмалардын негизинде алынат. Тери препараттарында жумшартуучу катары колдонулат.

**ГЛИЦИН (glycine), глицин** – Караңыз: Аминокислота.

**ГЛОБИН (globin), глобин** – организмде болуучу белок, ал гемоглобин менен миогемоглобин түзүүчү темир алып жүрүүчү топтор менен биригет.

**ГЛОБУЛИН (globulin), глобулин** – белоктун кеңири жайылган бөлүгү. Канда түрдүү глобулиндер (сывороткалык глобулиндер) бар, алардын санына ошондой эле, альфа, бета жана гаммаглобулиндер кирет.

**ГЛУТАМИН (glutamine), глутамин** – Караңыз: Аминокислота.

**ГЛУТАТИОН (glutathione), глутатион** – пептид, ал глутамин кислотасынын аминокислоталарын, цистеинди жана глицинди камтыйт.

**ГЛЮКОЗА (glucose), ДЕКСТРОЗА (dextrose), глюкоза, декстроза** – курамына көмүртектин алты атому (гексоза) кирген жөнөкөй кант. Глюкоза организм үчүн зарыл болгон энергиянын маанилүү булагы, баш мээ үчүн жападан-жалгыз энергия булагы болуп саналат.

**ГЛЮКОЗАМИН (glucosamine), глюкозамин** – глюкозанын аминоканты: мисалы, глюкоза, анда гидроксилдик топ аминотобу менен алмаштырылган.

**ГЛЮКОКИНАЗА (glucokinase), глюкокиназа** – боордо болуучу фермент; глюкозо-6-фосфатта глюкозага айлануу реакциясынын катализатору болуп саналат.

**ГЛЮКОНЕОГЕНЕЗ (gluconeogenesis), глюконеогенез** – биохимялык реакция, анын процессинде глюкозанын синтези жүрөт.

**ГЛЮТАМАТ ДЕГИДРОГЕНАЗА (glutamate dehydrogenase), ДЕГИДРОГЕНАЗА ГЛЮТАМИНОВОЙ КИСЛОТЫ (glutamic acid dehydrogenase), глютомат дегидрогеназа, глютамин кислотасынын дегидрогеназасы** – аминокислоталарды дезаминациялоо процессинде катышкан маанилүү_фермент.

**ГЛЮТАМИНОВАЯ ОКСАЛОАЦЕТИНОВАЯ ТРАНСАМИНАЗА (glutamic oxaloacetic transaminase, GOT), глютаминдүү оксалоацетиндүү трансаминаза** – аминокислоталарды жаратуу процессинин жүрүшүнө катышуучу фермент. Бул фермент кан сары суусунда (serum GOT, SGOT) кездешет; кан сары суусунда анын бар экендигин аныктап алуу, миокарданын курч инфаркттын жана курч мүнөздөгү боор ооруларын алдын алуу үчүн пайдалуу.

**ГЛЮТАМИНОВАЯ ПИРОВИНОГРАДНАЯ ТРАНСАМИНАЗА (glutamic pyruvic transaminase, GPT), глютаминдик пировинограддык трансаминаза** – аминокислоталарды трансаминациялоо процессинде катышуучу фермент. Бул фермент боордо көп санда болот; анын түзүмүн (serum GPT, SGPT) кан сывораткасындагы түзүмдө аныктаса болот, ал оор боор дарттарын диагностикалоодо жана дарылоодо колдонулат.

**ГЛЮТЕЛИН (glutelin), глютелин** – жөнөкөй белоктор тобунун өкүлү, өсүмдүктөрдө болуучу жана аралашкан кислоталарда жана негиздерде гана эритилет. Глютелинге мисалы катары глютенинди (glutenin), алса болот, ал буудайда болот (караңыз: Глютен).

**ГРАНУЛОПОЭЗ (granulopoiesis), гранулопоэз** – гранулоциттердин пайда болуу процесси, ал адатта сөөктүн ичиндеги кызыл чучукта кан түзүүчү тканында пайда болот. Кошумча караңыз: Гемопоэз.

**ГУАНОЗИН (guanosine), гуанозин** – кошулма, курамына гуанин жана рибоза канты кирет. Кошумча караңыз: Нуклеотид.

## Д

**ДЕГИДРОГЕНАЗА (dehydrogenase), дегидрогеназа.** Караңыз: Оксидоредуктаза.

**ДЕЗАМИНИРОВАНИЕ (deaminatiori), дезаминациялоо** – боордо өтүүчү аминокислоталардын метаболизминин реакциясы.

**ДЕЗОКСИРИБОНУКЛЕАЗА (deoxyribonuclease), дезоксирибонуклеаза** – клеткалардын лизосомаларында болуучу фермент; ДНК ны бөлөт.

**ДЕКСТРАН (dextran), декстран** – бактерия жана грибоктор үчүн азык болуп, глюкоза калдыктарын бутакчаланган тизмегинен туруучу углевод.

**ДЕКСТРИН (dextrin), декстрин** – амилазанын ферментинин таасиринин астында крахмалды сиңирүү процессинде аралык азык түрүндө түзүлүүчү суутек.

**ДЕКСТРОЗА (dextrose), декстроза.** Караңыз: Глюкоза.

**ДИАБЕТ (diabetes), диабет** – катуу чаңкоо жана сийдиктин адаттагыдан алда канча көбүрөөк бөлүнүп чыгышы менен коштолгон зат алмашуу процессинин бузулушу. Диабет деген аталыш, адатта кант диабети түшүнүгүн берет. Кошумча караңыз: Кант эмес диабет, Гемохроматоз. – Диабетикалык (diabetic).

**ДИФОСФОНАТ (diphosphonate), дифосфонат** – кошулмалардын каалаган классына кирген, ала радам организминде сөөк тканы менен байланыша алышат. Бул касиет аларды скелетти изилдөөдө жардамдашат жана ошондой эле бир катар сөөк, мисалы Педжет оорусун дарылоодо жардам берет.

**ДОНОР КРОВИ (blood donor), кандын донору** – өзүнүн канын кан банкына тапшыруучу адам. Бул кан кийинчерээк башка адамдарга куюуу үчүн керектелет. Кошумча караңыз: Кан тобу.

## Ж

**ЖЕЛАТИН (gelatin), желатин** – курамдарында коллаген (белок) кездеше турчу кыл тамырды, булчуң байламтасын, сөөк жана башка ткандарды сууга кайнатуудан улам келип чыккан айбанаттарга тиешелүү белоктун денечелердин аралашмасы. Медицинада желатин тамак сиңирүү процессиндеги бузулууларды дарылоо учун негизги белокту, ал эми фармакалогияда – капсула жана суппозиторийлерди, бактериологияда - өсүү чөйрөнү даярдоо үчүн колдонулат.

## З

**ЗИМОЗ (zymosis), зимоз** – 1. Спирт ачыта турган ферменттердин тобу. 2. Кээ бир инфекциялык ооруларда пайда болуучу организмдеги өзгөрүүлөр. – Зимотикалык (zymotic).

## И

**ИЗОМЕРАЗА (isomerase), изомера** – ферменттер тобунун өкүлү, алар бир изомердик кошулманын бөлөк кошулмага айланышынын катализатору болуп саналат.

**ИЗОФЕРМЕНТ (isoenzyme), ИЗОЭНЗИМ (isozyme), изофермент, изоэнзим** – кайсы бир ферменттин физикалык жактан айырмаланып туруучу формасы. Изоферменттер өздөрү менен байланышып турган ферменттердей эле реакциялардын катализаторлору болуп эсептедишкени менен алардын физикалык жана иммунологиялык жактан айырмаланышат. Азыркы мезгилде дегидрогеназ, оксидаз, трансаминаз, фосфатаз жана протеолитикалык ферменттердин бар экендиги белгилүү.

**ИЗОЭНЗИМ (isozyme), изоэнзим.** – Караңыз: Изофермент.

**ИММУНОГЛОБУЛИН (Ig) (immunoglobulin, Ig), иммуноглобулин** – организмдеги антителдердин кызматын аткара турчу курамдык байланыштагы белоктордун (гаммаглобулиндер) өкүлү. Караңыз: Бөтөн дене.

**ИММУНОЭЛЕКТРОФОРЕЗ (immunoelectrophoresis), иммуноэлектрофорез** – кан сары суусундагы антигендик фракцияларды идентификациялоо ыкмасы. Сары суу компоненттери электрофорездин жардамы аркасында бөлүнүшкөндөн кийин агардык гель аркылуу белгилүү иммундук сывороткaны көздөй бет алышат. Бөтөн дене менен бөтөн ген жолуккан жерде преципитация жаралат. Кошумча караңыз: Преципитин.

**ИНДИКАН (indican), индикан** – индоксилдин детоксификацияланусунун натыйжасында организмден заара менен бирге сыртка чыгарылуучу бирикме. Индикан триптофандын ажыроо процессии жүрүп жаткан маалда индоксилдин күкүрт кислотасы жана калий менен болгон биригүүсүнөн улам келип чыгат.

**ИНДИКАНУРИЯ (indicanuria), индиканурия** – сийдикте индикан курамынын ашыкча көп болуусу. Индиканурия – ичегилердин өткөрүү мүмкүнчүлүгүнүн чектелишинен кабар берүүсү мүмкүн.

**ИНДОЛ (indole), индол** – триптофандын аминокислотасынын түзүмү, ал организмден сийдик аркылуу жана заң массасы аркылуу чыгарылат.

**ИНСУЛИНАЗА (insulinase), инсулиназа** – боор жана бөйрөктө кездешүүчү фермент. Организмде инсулиндин бөлүнүшүнө көзөмөлдүк кылат. Ашыкча болсо эритет.

**ИНТЕРЛЕЙКИН (interleukin), интерлейкин** – гемопоэз жана иммундук реакциянын жүрүшүндө көзөмөлдүк кылуучу белокторго тиешелүү зат. Азыркы учурда ок эки интерлейкин бар экендиги маалым. Алардын ичинен интерлейкин 2 (interleukin (IL-2)) Т-лимфоциттердин жаралуусуна түрткү болот. Ошол себептен азыркы учурда рак оорусун дарылоо процессине пайдалануу караштырылып жатат (караңыз: Альдеслейкин).

**ИНТЕРФЕРОН (interferon), интерферон** – вирустардын таасири алдында бөлүнүп чыккан жана вирустардын өсүүсүн басаңдатуучу зат. Азыркы учурда интерферон гендик инженерия ыкмаларынын жардамы менен түздөн-түз адамдын өздүк бактериалдык клеткаларынан алынуусу мүмкүн.

**ИНУЛИН (inulin), инулин** – жогорку молекулярдык массага ээ болгон углевод. Бөйрөктөрдү текшерүү процессинде колдонулат. Кээ бири инулиндин клиренси (inulin clearance) деп аталат.

## К

**КАЗЕИН (casein), казеин** – уйдун сүтүндө болуучу белок.

**КАЛИЙ (potassium), калий** – адам организминдеги көпчүлүк клеткалардын маанилүү тутумдаш бөлүктү түзүүчү минералдык элемент.

**КАЛЛИКРЕИН (kallikrein), калликреин** – канда жана организмдеги башка суюктуктарда катышуучу ферменттер тобунун бир өкүлү; плазмадагы глобулиндердин катарына таасир этип, брадикинин жана каллидиндин пайда болушуна алып келет. Караңыз: Кинин.

**КАНТАРИДИН (cantharidin), кантаридин** – активдүү элемент, кантариддер (cantharides) курамына кирген жана шпан чиркейлерге (Spanish fly) кирет.

**КАРБОКСИГЕМОГЛОБИН (carboxyhaemoglobin), карбоксигемоглобин** – химиялык кошулма, ал суутектин кычкылы боёгуч кан пигментинин гемоглобини менен өз ара байланышат.

**КАРИОСОМА (karyosome), кариосома** – клетка ядролорунда табылуучу хроматиндин коюу массасы; алар негизинен хромосомалардан турат.

**КАТАБОЛИЗМ (catabolism), катаболизм** – организмдеги татаал органикалык заттардын бөлүнүшүнүн химиялык реакциясынын жыйынтыгы. Кошумча караңыз: Метаболизм. – Катаболикалык (catabolic).

**КАТАЛАЗА (catalase), каталаза** – көпчүлүк клеткаларда (анын ичинде боордун клеткаларында жана кандын эритроциттеринде) кездешүүчү фермент жана перикис суутегин бөлүнүшүн тездетет.

**КАТЕПСИН (cathepsin), катепсин** – ферменттер тобунун өкүлү, жаныбарлардын ткандарында болот, негизинен көк боордо, ал белоктордун эрищине көмөк көрсөтөт.

**КАТЕХОЛАМИНЫ (catecholamines), катехоламиндер** – заттардын тобу, алар физиологиялык чоң мааниге ээ болушат; аларга адреналин, норадреналин жана дофамин кирет. Бул заттар симпатикалык жана борбордук нерв системасынын функцияланышында маанилүү ролду ойношот.

**КАТИОН (cation), катион** – оң заряддалган ион, мисалы натрийдин ионун ($Na^+$). Салыштыруу үчүн: Анион. Караңыз: Электролит.

**КЕТОГЕНЕЗ (ketogenesis), кетогенез** – кетон денечелеринин пайда болушу. Алар липиддер метаболизминини нормалдуу азыгы болуп саналат жана организмде энергиянын запасын толуктоо үчүн колдонулат.

**КОФАКТОР (cofactor), кофактор** – белоксуз зат, ал организмде сөзсүз болуш керек, анткени ал жок ферменттер өзүнүн функцияларын начар аткарып калышат. Кофактордун курамына коферменттер жана металлдардын иондору кирет (мисалы, натрийдин жана калийдин иондору).

**КОФЕРМЕНТ (coenzyme), кофермент** – жаныбардан алынган органикалык зат. Бир топ ферменттердин күчүн күчөтүүгө жөндөмдүү келет. Коферменттерге А кофермент, ФАД, НАД жана башкалар кирет.

**КОФЕРМЕНТ А (coenzyme A), А коферменти** – нуклеотид, курамына пантотен кислотасы кирет, ал Кребстин циклинде маанилүү кофермент болуп саналат, жана май кислотасынын метаболизминдеги реакцияларда маанилүү ролду ойнойт.

**КРИВАЯ ЛАНГЕ (Lange curve), Ланге ийрейүүсү** – колдонуудан алып салынган ыкма, ал жүлүн суюктугундагы белокто глобулиндердин ашыгын аныктаган ыкма. Азыркы убакта бул ыкманы жаңыртылган диагностикалык тесстер алмаштырышты.

**КРИОГЛОБУЛИН (cryoglobulin), криоглобулин** – аномалдык белок – иммуноглобулин (караңыз: Парапротеин) – ал кандагы бир катар дарттарда болушу мүмкүн. Криоглобулиндер төмөн температурада эрибейт, ошондуктан суук аба ырайында буттагы жана колдогу кан тамырлардын бүтөлүшүнө алып келет. Криоглобулиндердин болушу макроглобуленемиянын, системалуу кызыл бөрү жатыш, жана бир катар инфекциялык оорулардын симптомдору катары болушу мүмкүн.

**КРОВАТЬ ВОЗДУШНАЯ (air bed), абалык керебет** – матрасы бар керебет, үстүнкү катмары көпчүлүк тешикчелерден турат алар аркылуу басымдын астында аба өтөт. Ошентип орулуу аба жаздыгында жатат. Бул керебеттин тиби күйүккө жабыркаган орулуулар үчүн өтө керектүү.

**КРОВЕТВОРНЫЙ, ГЕМАТОГЕННЫЙ (haematogenous, haematogenic), кан пайда кылуучу, гематогенндик** – 1. Канды пайда кылууга же анын компоненттерине тиешелүү. 2. Кан аркылуу пайда болгон, кандан пайда болгон же кан аркылуу өтүүчү.

**КРОВЬ (blood), кан** – тулку бойдон айланган организмдеги суюк ткань. Кан артерия жана веналар аркылуу ар кандай орган жана ткандарга жеткирилүүчү заттардын байланышын камсыздайт. Кан, кандын суюк чөйрөсү плазмадагы кандын клеткаларынан турат.

**КСАНТИН (xanthine), ксантин** – курамында азот бар пуриндерди кычкылдантуучу азык (аденозин жана гуанин).

**КСАНТИНУРИЯ (xanthinuria), ксантинурия** – сийдик менен аномалдык көп санда пурин ксантиндин бөлүнүп чыгышы; адатта тубаса зат алмашуунун бузулушунан өрчүйт.

## Л

**ЛЕЙПРОРЕЛИН (leuprorelin), лейпрорелин.** – Караңыз: Лютеинизациялаган гормондун окшошу.

**ЛЕЦИТИНАЗА (lecithinase), лецитиназа** – ичке ичегинин ферменти, анын таасири астында лецитин глицеролго, май кислоталарына жана холинге ажырайт.

**ЛИАЗА (lyase), лиаза** – фермент, ал радикалдарды гидролитикалык эмес жол менен экиленген байланышты түзүү аркылуу алып салат.

**ЛИЗОЦИМ (lysozyme), лизоцим** – фермент, ал көз жашында жана жумуртка белогунда болот. Лизоцин клеткалык дубалдардагы кээ бир бактериялардын бузулушун катализациялайт. Лизоцимдин таасирине дуушар болгон бактериалдык клеткалар, лизацияланган (lysed) деп аталышат.

**ЛИПЕМИЯ (lipaemia), липемия** – кандагы май затынын көптүгү. Кандагы май заты өтө майлуу тамак жегенден кийин, боордун өнөкөт оорусунда, бөйрөктүн кээ бир ооруларында жана фосфор менен ууланганда байкалат.

**ЛИПИД (lipid), липид** – денеде табигый түрдө пайда болуучу кошулма. Аларга майлар, стероиддер, фосфолипиддер жана гликолипиддер кирет. Липиддер тамак-аш азыктардын маанилүү курамдык бөлүгү болуп саналышат, анткени аларда көп витаминдер жана негизги май кислоталар камтылат. Липиддерге майлар, стероиддер, фосфолипиддер жана гликолипиддер кирет.

**ЛИПИДОЗ (lipidosis), ЛИПОИДОЗ (lipoidosis), липидоз, липоидоз** – организмде клетканын ичиндеги липиддик алмашуунун бузулушу. Церебралдык липидоз (brain lipidoses) (караңыз: Гоше оорусу, Гунтер синдрому, Гурлер синдрому, Тэй – Сакс оорусу) метаболизмдин клетка ичиндеги тубаса бузулушу болуп саналат, ал баш мээде липиддердин топтолушуна алып келет.

**ЛИПОГЕНЕЗ (lipogenesis), липогенез** – тамак-ашта глюкоза жана башка заттардан туруучу углеводдордун майга айлануу процесси.

**ЛИПОЛИЗ (lipolysis), липолиз** – липиддердин эрүү процесси. – Липолитикалык (lipolytic).

**ЛИПОПРОТЕИН (lipoprotein), липопротеин** – татаал белоктордун тобундагы, белок менен липиддердин кошулмасы.

**ЛИПОХРОМ (lipochrome), липохром** – майда эритилүүчү пигмент, ал майлуу заттарга мүнөздүү түс берет. Липохромго мисал катары каротин болуп саналат.

**ЛИПУРИЯ (lipuria), липурия** – сийдикте май заттарынын пайда болушу. Бул көбүнчө майды өтө көп жеген учурда байкалат.

## М

**МАГНИЙ (magnesium), магний** – организмдин туура иштеши үчүн негизги ролду ойноочу металл элементи.

**МАКРОГЛОБУЛИНЕМИЯ (macroglobulinaemia), макроглобулинемия** – коркунучтуу лимфоциттер шишиги тарабынан бөлүнүп чыгарылуучу макроглобулин көлөмүн кан курамында жогору болуусу.

**МАЛЬТАЗА (maltase), мальтаза** – шилекей жана карын астындагы без тарабынан иштетилип чыккан сокто кездешүүчү фермент; тамак сиңирүү процессинде мальтозанын глюкозага айлануусуна шарт түзөт.

**МЕПЕРИДИН (meperidine), мепередин.** – Караңыз: Петидин.

**МЕТАБОЛИЗМ (metabolism), метаболизм** – 1. Адам организминин нормада өсүп - үрчүүсүн камсыз кыла турган бардык химиялык жана физикалык өзгөлүүлөр жыйындысы (Мисалы, катаболизм, анаболизм). 2. Организмде өтүүчү биохимиялык өзгөрүүлөрдүн жыйындысы (мисалы, белоктордун метаболизми (белоктук алмашуу)). – Метаболикалык. (metabolic).

**МЕТАБОЛИТ (metabolite), метаболит** – метаболизм процессинде пайда болуучу зат.

**МЕТГЕМАЛЬБУМИН (methaemalbumin), метгемальбумин** – плазманын белогу альбумин менен гемоглобиндин пигментинин бөлүгүнүн химиялык кошулуусу (гема (haem)). Мындай химиялык кошулма, аз кандуулук менен ооруган адамдарда болот, мында эритроциттердин бузулушу байкалат.

**МЕТГЕМОГЛОБИН (methaemoglobin), метгемоглобин** – зат, ал кан пигментинде болуучу атомдун темири темир кычкылын пайда кылуу менен кычкылданат (салыштыруу үчүн: Оксигемоглобин).

**МЕТИОНИН (methionine), метионин** – негизги аминокислота, курамына күкүрт кирет. Кошумча караңыз: Аминокислота.

**МИКОТА (Mycota), микота.** Караңыз: Ундецен кислотасы.

**МИКРОГЕМАТОКРИТ (microhaematocrit), микрогематокрит** – циркуляцияланган кан көлөмүндө эритроциттердин санын аныктоо. Караңыз: Эритроциттердин жалпы көлөмү.

**МИКРОЭЛЕМЕНТ (trace element), микроэлемент** – адамдын жана жаныбарлардын организминде өтө аз санда болуучу химиялык элемент. Микроэлементтер өзүнүн физикалык жана химиялык касиеттери менен ар түрдүү болушат. Алардын арасында металдар кездешет (цинк, жез, марганец, кобальт, ванадий, молибден), металл эместер (бор), галогендер (йод). Микроэлементтерге: фтор (караңыз: Фтордун кошулмалары), марганец, цинк, жез, йод, кобальт, селен, молибден, хром жана кремний.

**МИОГЕМОГЛОБИН (myohaemoglobin), МИОГЛОБИН (myoglobin), миогемоглобин, миоглобин** – булчуң клеткаларда болуучу курамында темир бар пигменттик белок, өзүнүн түзүлүшү боюнча гемоглобинге окшош.

**МИОГЛОБИН (myoglobin), миогемоглобин.** – Караңыз: Миогемоглобин.

**МИОЗИН (myosin), миозин** – булчуңдун булаларындагы кенен таралуучу белок, алардын жардамы менен булчуңдар ийилет жана жыйрылат. Актин менен кошо ал булчуңдардын негизги жыйрылуу бирдиги болуп саналат. Караңыз: Туурасынан кеткен чаар булчуң.

**МИОПЛАЗМА (myoplasm), миоплазма.** – Караңыз: Саркоплазма.

**МОДИФИКАТОР БИОЛОГИЧЕСКОГО ОТКЛИКА (biological response modifier), биологиялык жооптун модификатору** – терапевтикалык агент (мисалы: интерферон же интерлейкин), ал адам организминин коргоо механизмине таасир тийгизет, жана коркунуч туудуруучу клеткаларга каршылык көрсөтөт.

**МОНОАМИН ОКСИДАЗА (МАО) (monoamine oxidase, MAO), моноамин оксидазасы** – фермент, түрдүү моноаминдеодин көп сандагы кычкылданышын катализациялайт, анын ичинде адреналинди, норадреналинди жана серотонинди да катализациялайт. Моноаминдин оксидазасы тирүү организмдердин көпчүлүк ткандарында болот, өзгөчө бордо жана нерв системасында (караңыз: МАО-ингибитор).

## Н

**НАД (NAD), НИКОТИНАМИДАДЕНИНДИНУКЛЕОТИД (nicotinamide adenine dinucleotide), НАД (NAD), никотинамидадениндинуклеотид** – кофермент, ал клеткалык дем алуудагы чынжырчаны көчүрүүдөгү кычкылдануу – калыбына келтирүү реакцияларында суутектин акцептру катары таасир берет. НАД жана аны менен тыгыз байланышта болгон НАДФ коферменти жана аны менен тыгыз байланышта болгон кофермент НАДФ (никотинамидадениндинуклеотидфосфат (NADP, nicotinamide adenine dinucleotide phosphate)) никотин кислотасынан пайда болушат; алардын таасири НАДН менен НАДФН үчүн басаңдай баштайт.

**НАТРИЙУРЕЗ (natriuresis), натрийурез** – натрийдин сийдик менен кошо нормадан көбүрөөк чыгышы.

**НЕЙРОМЕДИАТОР (neurotransmitter), нейромедиатор** – химиялык ортомчу, ал организмдеги нейрондордун жана башка клеткалардын ортосунда белгилерди модуляциялоодо, күчөтүүдө жана берүүдө катышат (мисалы, булчуң тканынын).

**НИАЦИН (niacin), ниацин.** Караңыз: Никотин кислотасы.

**НИКОТИН (nicotine), никотин** – тамекиден алына турчу уулуу алкалоид.

**НИКОТИНАМИД (nicotinamide), никотинамид** – В тобундагы витамин: никотин кислотасынын амиди.

**НИКОТИНАМИДАДЕНИНДИНУКЛЕОТИД (nicotinamide adenine dinucleotide), никотинамидадениндинуклеотид.** Караңыз: НАД.

**НУКЛЕОЗИД (nucleoside), нуклеозид** – курамы кант жана азоттуу негиздерден турган кошунду (пурин же пиримидин). Мындай кошундуларга мисал катары аденозин, гуанозин, цитидин, тимидин жана урацилдерди киргизүүгө болот.

**НУКЛЕОПРОТЕИН (nucleoprotein), нуклеопротеин** – курамы нуклеиндик кислота жана белоктон турган клеткалардагы кошунду. Рибосомалар өз кезегинде курамына РНК лар кирүүчү нуклеопротеиндерди түзүшөт. Ал эми хромосомалар курамы ДНК, гистондук жана гистондук эмес белоктордон турган нуклеопротеиндер болуп саналышат.

## О

**ОКРАШИВАНИЕ ПО ГРАМУ (Gram's stain), грам боюнча боёо** – бактериалдык клеткаларды боёо методу. Бактерияларды алып жүрүүчү жука катмар айнекке сүртүлгөн соң кургатылып жана жылуулуктун таасири алдында белгиленет; мындан соң кызгылт – көк боёочу зат менен боёлот. Мындай учурда грам – терс (негативдүү) (Gram-negative) бактериялар баштапкы боёгун жоготуп, кызыл түскө өтүшсө, грам – оң (позитивдүү) (Gram-positive) бактериялар баштапкы боёгун жоготпостон кызгылт-көк түскө боёлгон боюнча кала беришет. Боёо учурундагы мындай айырма бул эки топтогу бактериалдык клеткалардын бетиндеги структуралык айырмачылыктар менен байланышкан.

**ОКСИДОРЕДУКТАЗА (oxidoreductase), оксидоредуктаза** – организмдеги кычкылдандыруучу – калыбына келтирүүчү реакцияларды активдештирүүчү ферменттер классы. Бул класс курамына мурда дегидрогеназа (dehydrogenases) же оксидаза (oxidases) деп аталышкан ферменттер кирет.

**ОРНИТИН (ornithine), орнитин** – боор бөлүп чыгаруучу аминокислотасы, ал аммиактын мочевинага айлануудагы жардамчы продуктусу болуп саналат.

**ОСМИЯ ТЕТРАОКСИД (osmium tetroxide), КИСЛОТА ОСМИЕВАЯ (osmic acid), осмий тетраоксиди, осмийдик кислота** – түссүз же саргыч кошулма, ал майларды боёогондо же ткандарды микроскопиялык изилдөөдө тканды даярдоо процессинде колдонулат.

**ОСМОС (osmosis), осмос** – эриткичтин эки башка концентрациядагы эки эритиндини бөлүп турган жарым өткөргүч жаргак тосмо (мембрана) аркылуу сызылып өтүшү. Мунун натыйжасында, бул эки эритинди концентрацияларынын теңделүүсү болуп өтөт. Тирүү организмдерде эриткич катары суу кызмат кылат; осмос организмдеги сууну бөлүштүрүүдө өтө чоң мааниге ээ. – Осмотикалык (osmotic).

## П

**ПАРАПРОТЕИН (paraprotein), парапротеин** – иммуноглобулин классындагы аномалдуу белок. Парапротеиндердин организмде учуроосу боор, өт жана жилик чучугунда

коркунучтуу шишиктин бар экендигглобулини менен байланыштуу болуусу мүмкүн. Парапротеиндерге мисалы, миелома глобулиндерин, Бенс – Джонстун белогун жана макроглобулинди киргизишет.

**ПЕПСИНОГЕН (pepsinogen), пепсиноген.** – Караңыз: Пепсин.

**ПЕПТИД (peptide), пептид** – молекуласы өз ара аминотоп (-NH) жана карбоксилдүү топ (-CO) аркылуу байланышкан эки же андан көп сандагы аминокислоталардан келип чыгуучу зат. Бул байланыш пептиддүү байланыш (peptide bond) деп аталат. Кошумча караңыз: Полипептид.

**ПЕПТИД ВАЗОАКТИВНЫЙ ИНТЕСТИНАЛЬНЫЙ (VIP, vasoactive intestinal peptide), интестионалдык вазоактивдүү пептид** – белок, ашказан безинин клеткалары менен бөлүп чыгарылат, кан тамырларга чоң таасир тийгизет.

**ПЕПТОН (peptone), пептон** – белокко суунун толук эмес жарым-жартылай таасир тийгизгенинен келип чыккан заты.

**ПЕПТОНУРИЯ (peptonuria), пептонурия** – сийдикте пептондордун болушу – боштуктар арасындагы кошулмалар.

**ПЕРСПИРАЦИЯ (perspiratio), перспирация** – тери аркылуу дем алуу. Тердөө көзгө көрүнбөсө деле тердөө.

**ПОЛИМЕР (polymer), полимер** – мономер (monomers) деп аталган бир катар майда молекулалардын узун чынжырчасы аркылуу жаралган жогорку молекулярдык зат.

**ПОЛИПЕПТИД (polypeptide), полипептид** – үч же андан көп аминокислоталардан турган молекула, бири-бири менен пептиддер менен байланышкан. Белоктордун молекулалары полипептиддер болуп саналышат.

**ПОЛИУРИЯ (polyuria), полиурия** – сийдикти көп чыгаруу; сийдиктин суткалык санынын көптүгү.

**ПОРФОБИЛИНОГЕН (porphobilinogen), порфобилиноген** – курч порфирия менен ооруган орулуулардын заарасында болгон пигмент.

**ПРЕГНЕНОЛОН (pregnenolone), прегненолон** – стероид, ал бөйрөк үстүндөгү бездерде, аналык бездерде жана жумуртак безинде синтезделет.

**ПРЕЦИПИТИН (precipitin), преципитин** – бөтөн дене, ал тиешелүү бөтөн ген менен кошулган мезгилде эритмеде калуучу тунмада комплексти пайда кылат; бул комплекс преципитат (тунма) деп аталат. Кошумча караңыз: Агглютинация.

**ПРЕЦИПИТИНОГЕН (precipitinogen), преципитиноген** – генге каршы преципитиндин жардамы менен тундуруп алынган кошулма.

**ПРИАДЕЛ (Priadel), приадел.** – Караңыз: Литий.

**ПРОВИТАМИН (provitamin), провитамин** – витамин эмес, бирок организмде витаминге айланып кете турган зат. Мисалы, каротин организмде А-витаминине айланат.

**ПРОИНСУЛИН (proinsulin), проинсулин** – уйку бези бөлүп чыгаруучу зат, андан инсулин гормон пайда болот.

**ПРОРЕНИН (prorennin), проренин.** Караңыз: Ренин.

**ПРОТАМИН (protamine), протамин** – жөнөкөй белоктордун тобундагы өкүл, алар нуклеиндик кислоталар менен кошулуп, нуклеопротеиндерди пайда кылышат.

**ПРОТЕАЗА (protease), протеаза** – белок заттарын майдалап, ажыратуучу фермент. Караңыз: Протеолитикалык фермент.

**ПРОТЕИНУРИЯ (proteinuria), протеинурия** – заарада белоктун болушу. Кайсы бир дарттын болушун айгинелейт. Кошумча караңыз: Альбуминурия.

**ПРОТЕОЗА (proteose), протеоза** – азыктардын кошулмасындагы белоктун ажыратмасы.

## Р

**РАВНОВЕСИЕ КИСЛОТНО-ЩЕЛОЧНОЕ (acid-base balance), кислоталык-щелочтук тең салмактуулук** – кандагы көмүр кислотасы менен бикорбонат НСО3 ортосундагы өз ар катнаш балансы. Булардын ортосундагы катнаш кан плазмасындагы нормалдуу кислоталык-щелочтук тең салмактуулукту кармап туруу үчүн туруктуу болуу менен 1:20 болуусу зарыл. Кислоталык-щелочтук балансты жөнгө салып турууда өпкө жана бөйрөктөрдүн ойногон ролу чоң.

**РЕНИН (renin), ренин** – пептидаза ферменти, стресстик абалга жооп катары кан агымына бөйрөк аркылуу секрецияланган.

**РЕННИН (rennin), реннин** – ашказанда иштелип чыгуучу фермент; сүттүн уюусун шарттайт. Бул фермент активдүү эмес формадагы ашказан бездери менен секрецияланат – прореннин (prorennin) аркылуу, ал андан кийин туз кислотасынын таасири астында активдешет.

## С

**САХАР (sugar), кант** – таттуу дамы бар сууда эрий турган кристаллдык түзүлүшкө ээ углевод. Кант өз ичинен моносахарид жана дисахарид болуп бөлүнөт. Азык-түлүк канты эч бир кошулмасы жок, дээрлик 100 % таза сахарозадан турат. Кант таттуу даам бере турган зат жана консервант катары колдонулат. Кошумча караңыз: Фруктоза, Глюкоза, Лактоза.

**САХАРИД (saccharide), сахарид** – углевод. Кошумча караңыз: Дисахарид, Моносахарид, Полисахарид.

**САХАРОЗА (sucrose), сахароза** – курамына глюкоза жана фруктоза кире турган углевод. Сахароза кант тростниги менен кант кызылчасынын негизги курамын түзөт; ошондой эле ал тамак-ашта колдонула турчу табигый углеводдордун ичинен эң эле таттуусу.

**СЕЛЕН (selenium), селен** – индикатордук элемент; ал дейодиназа ферментинин маанилүү түзүүчүсү болот, ал тироксинден ($T_4$) калкан безиндеги трийодтиронина ($T_3$) пайда болуусун катализациялайт. Белгилениши: Se.

**СЕРИН (serine), серин.** Караңыз: Аминокислота.

**СЕРОТОНИН (serotonin), 5-ГИДРОКСИТРИПТАМИН (5-hydroxytryptamine), серотонин, гидрокситриптамин-5** – организмде кеңири таралган (өзгөчө, кан тромбоциттеринде, ички орган жана борбордук нерв системасында) биологиялык активдүү зат. Серотонин гистамин сыяктуу сезгенүү жана аллергиялык реакциялардын жүрүшүндө маанилүү рол ойнойт; мындан сырткары, ал уйку келтире турган нейромедиатор болуп саналат.

**СИМПАТИН (sympathin), симпатин** – заттардын мурунку аталышы, ал симпатикалык нервдик учтардан бошонушат; алар адреналин менен норадреналиндин кошулмасын элестетет.

**СИНДРОМ ФАНКОНИ (Fanconi syndrome), Фанкони синдрому** – бир үй-бүлөнүн тукумдарынын бардык жаш балдарында байкалуучу башынын кичинелиги. Андан башка аз кандуулук, терисиндеги темгилдер байкалып жана жумурткаларынын чоңдугу.

**СОМАТОМЕДИН (somatomedin), соматомедин** – белоктук гормон (пептид), боордо синтезделип, белоктун синтезин тездетет жана организмдин өсүшүн стимулдаштырат.

**СОРБИТОЛ (sorbitol), сорбитол** – кант диабети менен жабыркашкан оорулуулар кант ордуна колдоно турчу таттуу углевод.

**СТЕАПСИН (steapsin), стеапсин.** – Караңыз: Липаза.

**СТРЕПТОДОРНАЗА (streptodornase), стрептодорназа** – айрым бир Streptococcus түрүндөгү бактериялар тарабынан иштелип чыгып, ириңдин суюлушуна алып келе турчу фермент. Кошумча караңыз: Стрептокиназа.

**СТРЕПТОКИНАЗА (streptokinase), стрептокиназа** – Streptococcus тукумундагы гемолитикалык кээ бир бактериялар менен иштелип чыккан фермент, ал тромборду эритүүгө көмөк көрсөтөт (кошумча караңыз: Фибринолитикалык).

**СТРЕПТОЛИЗИН (streptolysin), стрептолизин** – эритроциттерди бузуучу экзотоксин; Streptococcus түрүндөгү бактериялардын штаммы менен иштелип чыгат.

**СУРФАКТАНТ (surfactant), сурфактант** – тышкары активдүү зат. Өпкөлүк сурфактант (pulmonary surfactant), түрдүү кошулмалардын татаал эритмесин элестетет (аларга фосфолипиддер, белоктор менен полисахариддер кошумча кирет).

**СФИНГОЗИН (sphingosine), сфингозин** – сфинголипид, цереброзиддин жана сфингомиелиндин курамына кирет.

**СФИНГОМИЕЛИН (sphingomyelin), сфингомиелин** – фосфолипид, курамына сфингозин жана май кислотасы, фосфор кислотасы менен холин кирет. Аз сандагы сфингомиелиндер баш мээде жана нерв ткандарда да болот.

**СЫВОРОТКА ГЛЮТАМИНОВОЙ ОКСАЛОАЦЕТИНОВОЙ ТРАНСАМИНАЗЫ (SGOT), глютаминдик оксалоацетондук трансаминазанын сывороткасы.** – Караңыз: Глютаминдик оксалоацетиндик трансаминаза.

**СЫВОРОТКА ГЛЮТАМИНОВОЙ ПИРОВИНОГРАДНОЙ ТРАНСАМИНАЗЫ (SGPT), глютаминдик пировиноградык трансаминазанын сывороткасы.** – Караңыз: Глютаминдик пировиноградык трансаминаза.

## Т

**ТАУРИН (taurine), таурин** – өт кислоталарынын бири болгон –я таурохолат курамына кирген аминокислота; борбордук нерв системасында бул аминокислота нейромедиатор болуп саналат.

**ТЕЛЬЦЕ БАРРА ХРОМАТИНОВОЕ (Barr body), Барр хроматиндик денечелер.** – Караңыз: Жыныстык хроматин.

**ТИМИДИН (thymidine), тимидин** – курамына тимин жана кант (рибоза) кире турган бирикме (кошумча караңыз: Нуклеозид).

**ТИРОЗИН (tyrosine), тирозин.** – Караңыз: Аминокислота.

**ТРАНСАМИНАЗА (transaminase), трансаминаза** – фермент, тринсминация процессинде аминокислотадан кетокислотага аминотопту ташууну катализациялайт. Мындай процесстердин: мисалы, катары глютаминдик оксалоацетондук трансаминаза жана глютаминдик пировиноградык трансаминаза.

**ТРАНСАМИНИРОВАНИЕ (transamination), трансаминациялоо** – аминокислоталардын метаболизминин бир реакциясынын бири, ал аминотопторду (NH2) аминокислоталардан кетокислоталарга көчүрүүдө камтылат; жыйынтыгында башка кетокислота жана аминокислота пайда болот.

**ТРАНСКРИПТАЗА ОБРАТНАЯ (reverse transcriptase), кайтарым транскриптаза** – ретровирустарда болуучу фермент, ал ДНК малекулаларынын синтезин РНК дан катализациялайт.

**ТРАНСМЕТИЛИРОВАНИЕ (transmethylation), трансметилизацялоо** – реакция, ал (CH3) акыркы метил тобунан аминокислотанын жоголушу менен мүнөздөлөт, ал башка кошулмаларга кирип калат.

**ТРАНСФЕРАЗА (transferase), трансфераза** – кайсы бир химикалык топту катализацияландыруучу көчүрүүчү фермент.

**ТРЕОНИН (threonine), треонин** – негизги аминокислота. Кошумча караңыз: Аминокислота.

**ТРИГЛИЦЕРИД (triglyceride), триглицерид** – курамында глицеролу бар май кислотасындагы үч молекула аркылуу бириккен липид же нейтралдуу май. Триглицериддер азык-түлүк майларынын ажыроосунун натыйжасында бөлүнүп чыгышат да, адам организминдеги майларды сактоо формасы болуп саналышат.

**ТРИНИТРОФЕНОЛ (trinitrophenol), тринитрофенол.** – Караңыз: Пикрин кислотасы.

**ТРИПТОФАН (tryptophan), триптофан** – негизги аминокислота. Кошумча караңыз: Аминокислота.

**ТРИФОСФАТ ИНОЗИТОЛА (inositol triphosphate), инозитолдун трифосфаты** – өтө кыска созулган биохимиялык экиленген мессенджер (ортомчу), ал клеткалык мембрананын фосфолипиддеринен пайда болот, качан кайсы-бир химиялык маалымат (мисалы, гормон же серотонин) клетканын тышындагы рецепторлор менен байланышкан учурда.

## У

**УГЛЕВОД (carbohydrate), углевод** – курамы көмүртек, суутек жана кычкылтек менен бирге Cx ($H_2O$) у түрүндөгү бирдей формага ээ заттардан туруучу көптөгөн бирикмелер тобунун өкүлү. Углеводдор (моносахарид, олигосахарид, полисахариддер) негизги энергия булагы болуу менен өсүмдүктөр тарабынан бөлүнүп чыгып, адам жана жаныбарлар организмине ар кыл тамак азыктары аркылуу келип түшөт. Кошумча караңыз: Дисахарид, Моносахарид, Полисахарид.

**УРЕАЗА (urease), уреаза** – мочевинанын гидролизин катализациялаган фермент.

**УРЕМИЯ (uraemia), уремия** – канда сыртка чыгуучу керексиз заттар көп болуп, ан менен ууланув. Көбүнчө бөйрөк оорусунда байкалат. Уремикалык (uraemic).

**УРИДИН (uridine), уридин** – курамы урацил жана канттан (рибоза) туруучу бирикме. Кошумча караңыз: Нуклеозид.

**УРОБИЛИНОГЕН (urobilinogen), уробилиноген** – зат кычкылданганда уробилинди пайда кылат. Ал тышкы түсү түссүз, тунук зат. Абада уробилиноген кычкылданат, жана күрөң түстөгү пигментке айланат – уробилин (urobilin).

## Ф

**ФАГОЦИТОЗ (ingestion), фагоцитоз** – ар түрдүү бөлүкчөлөрдүн, мисалы бактериялардын фагоциттер тарабынан чабуулга алынышы.

**ФАКТОР (factor), фактор** – (биохимияда) ар кыл физиологиялык процесстерди жүзөгө ашырууда маанилүү роль ойноочу зат. Кошумча караңыз: Коагуляциялаган факторлор, Өсүү фактору.

**ФАКТОР ВНУТРЕННИЙ (intrinsic factor), ички фактор** – карында бөлүнүп чыга турган гликопротеин. Ички фактордун секрециясы организмдеги $B_{12}$ витаминин абсорбцияланышы үчүн маанилүү. Анын толук кандуу бөлүнүп чыкпай калышы $B_{12}$ витамининин жетишсиздигине алып келип, пернициоздук анемия оорусунун пайда болуусун шарттайт.

**ФЕНИЛАЛАНИН (phenylalanine), фенилаланин** – негизги аминокислота, ал терозинге оңой эле айланып кетиши мүмкүн. Анын метаболизминин бузулушу фенилкетонуриянын өрчүшүнө алып келет да, ал болсо канда фенилпировинограддык кислотанын жана фенилаланиндин аномалдык жогорулашы менен мүнөздөлүп, бул адамдын кем акылдыгына алып келет.

**ФЕНОТИАЗИНЫ (phenothiazines), фенотиазиндер** – окшош химиялык кошулмалардын тобу, алар түрдүү фармакологиялык касиеттерге ээ болушат. Кээ бирлери (мисалы, хлорпромазин менен трифлуоперазин) психотикага каршы дарылык препараттар болуп саналат; башкалары гельминтке каршы каражаттар болуп саналат.

**ФЕРМЕНТ (enzyme), фермент** – клеткада пайда болгон белокко жакын, органикалык зат. Ферменттер организмдин жакшы иштеши жана өнүгүшү үчүн маанилүү роль ойношот. – Ферментативдик (enzymatic).

**ФЕРРИТИН (ferritin), ферритин** – тутумунда темир бар белок.

**ФИБРИНОИД (fibrinoid), фибриноид** – фибринди элестетүүчү белок.

**ФИБРИНОКИНАЗА (fibrinokinase), фибринокиназа** – бир нече заттан (активаторлордон) турган топтун өкүлү. Булардын таасири алдында активдүү эмес плазминогенден уюп калган канды эритүү мүмкүнчүлүгүнө ээ активдүү плазмин ферменти пайда болот (караңыз: Фибринолиз).

**ФИБРИНОЛИЗ (fibrinolysis), фибринолиз** – кан уюшунун эритүү прцесси, плазмин ферментинин таасири астында эрибеген фибрин белогунун ажырагандыгын кошуп алганда.

**ФОСФАГЕН (phosphagen), фосфаген** – креатиндин фосфаты (караңыз: Креатин).

**ФОСФАТ ГИСТАМИНОВОЙ КИСЛОТЫ (histamine acid phosphate), гистамин кислотасынын фосфаты** – гистаминден чыккан; ал ашказан суюктугун изилдөөдө колдонулат, анын ичинде ашказан суюктугунун аномалдык секрециясын изилдөөдө да колдонулат.

**ФОСФАТАЗА (phosphatase), фосфатаза** – фермент, фосфор кислотасынын татаал эфирлерин катализациялаган гидролиз. Кычкыл фосфотазанын (acid phosphatase) болушун бөйрөктө, урук суюктугунда, боз суюктукта жана эркектин урук чыктагыч безинде байкаса болот. Шакар фосфатазасы (alkaline phosphatase) тиште, өсүүчү сөөктөрдө, кандын плазмасында, бөйрөктө жана ичегиде болот.

**ФОСФАТИДИЛСЕРИН (phosphatidylserine), фосфатидилсерин** – цефалин сымал фосфолипид, курамына аминокислоталардын катарлары кирет. Баш мээнин клеткаларында болот. Кошумча караңыз: Цефалин.

**ФОСФАТУРИЯ (phosphaturia), ФОСФУРИЯ (phosphuria), фосфатурия, фосфурия** – сийдикте фосфор кычкылынын туздарынын пайда болушу. Бул учур сийдик жолдоруна таш (конкременттердин) пайда боло баштагандыгына күнөм санатат.

**ФОСФОКРЕАТИН (phosphocreatine), фосфокреатин** – креатиндин фосфаты (караңыз: Креатин).

**ФОСФОЛИПИД (phospholipid), фосфолипид** – молекулаларынын курамына фосфаттык топ кире турчу липид. Фосфолипиддер клеткалык мембраналарды түзгөндүктөн бардык клеткалардын түзүүчү бөлүгү болуп саналышат. Өз кезегинде алар боор жана ичке ичегилерде бөлүнүп чыгышып, адам организминдеги көптөгөн зат алмашуу процессине катышышат. Фосфолипиддердин мисалына цефалиндер, лецитиндер, глицерофосфолипиддер жана фосфатидилсеринди киргизсе болот.

**ФОСФОРИЛАЗА (phosphorylase), фосфорилаза** – фермент, ал фосфаттык топко кайсы бир органикалык молекуланын кошулуу реакциясынын катализатору болуп саналат. Фосфорилаза боордо жана бөйрөктө бар болот, алар ошол жерде гликогендин глюкоза-1-фосфатына эрүү процессинде катышат.

**ФОСФОФРУКТОКИНАЗА (phosphofructokinase), фосфофруктокиназа** – фермент, ал фруктозо-6-фосфатты фруктозо-1,6-дифосфатка айлануусун катализациялайт. Бул реакция гликолиз процессинде чоң мааниге ээ болот.

**ФРУКТОЗУРИЯ (fructosuria), ЛЕВУЛЕЗУРИЯ (levulosuria), фруктозурия, левулезурия** – сийдикте фруктозанын (левулезанын) болушу.

## Х

**ХИЛУРИЯ (chyluria), хилурия** – сийдикте лимфа суюктугунун пайда болушу. Ал бөйрөктөгү лимфа тамырларынын капталынан сызылып чыгып, сийдикке кошулушу ыктымал.

**ХИМОТРИПСИНОГЕН (chymotrypsinogen), химотрипсиноген.** – Караңыз: Химотрипсин.

**ХОЛИНЕРГИЧЕСКИЙ (cholinergic), холинергиялык** – 1. Нейромедиатор катары ацетилхолинди пайдалана турчу нейрон жана нерв булаларын мүнөздөө үчүн колдонулат. 2. Таасир берүү жагынан ацетилхолинге мүнөздүү болгон дары каражаттарын сүрөттөп берүү үчүн колдонулат (караңыз: Парасимпатомиметикалык дарылык заттар). Салыштыруу үчүн: Адренергиялык.

**ХОЛИНЭСТЕРАЗА (cholinesterase), холинэстераза** – фермент, холиндин татаал кошулмасын түздөн түз холинге жана кислоталык компонентке ражыратуу. Бул термин адатта ацетилхолинэстеразага (acetylcholinesterase) карата колдонулат, ал ацетилхолин нейромедиаторун холин жана уксус кислотасына ажыратат.

**ХОЛУРИЯ, ХОЛЕУРИЯ, БИЛИУРИЯ (choluria), холурия, холеурия, билиурия** – өт суюктугунун сийдикте кездешүүсү. Мындай учурда сийдик кара-күрөң же кызгылтсары тартып, курамында өт пигменттери менен катар өт туздары кездешет.

## Ц

**ЦЕЛЛЮЛОЗА (cellulose), целлюлоза** – курамында аралаш глюкозасы бар углевод. Өсүмдүк клеткаларынын маанилүү курамдык бөлүгө болуп саналат. Целлюлоза адам организминде эрибегени менен азык курамына кирүүчү клеткалардын курамдык бөлүгүн түзөт.

**ЦЕПЬ ПЕРЕНОСА ЭЛЕКТРОНОВ (electron transport chain), электрондорду ташып өткөрүүчү чынжырча** – тирүү клеткаларда кездешип, электрондорду өткөрүүчү фермент жана белоктор. Акыр аягында мунун өзү химиялык энергиянын тирүү организмде чогула турчу жеңил формага айланышына алып келет. Электрондорду берүүчү эң негизги чынжырча болуп митохондрияларда кездешип, клеткалык дем алуу процессине катыша турган дем алуу чынжырчасы саналат.

**ЦИКЛ КРЕБСА (Krebs cycle), ЦИКЛ ЛИМОННОЙ КИСЛОТЫ (citric acid cycle), Кребс цикли, лимон кислотасынын цикли** – катализатор катары ферменттер роль ойной турган татаал реакциялар цикли; бул реакциялар бардык жаныбарлардын клеткаларында болуп өтөт жана кычкылтектин катышуусунда ацетаттын ажырашы менен коштолот. Өз кезегинде бул цикл углевод, май жана белоктордун кычкылдануусундагы акыркы баскыч болуп саналат; бул циклдеги айрым бир убактылуу азыктар организмдеги аминокислоталардын синтезинде пайдаланылат.

**ЦИКЛАМАТ (cyclamate), цикламат** – натрийдин цикломаты же кальцийдин цикломаты, даамы менен канттан таттуураак. 1969 - жылга чейин цикломатты тамак өнөр жайында канттын ордуна колдонушчу, бирок кийинчерээк аны колдонууга тыюу салышкан, анткени алар адамда рак оорусун туудурушу мүмкүн деген шек саноолор пайда болгон.

**ЦИСТЕИН (cysteine), цистеин** – курамында күкүртү бар аминокислота; көптөгөн ферменттердин негизги курамдык бөлүгү болуп саналат.

**ЦИСТИН (cystine), цистин** – Караңыз: Аминокислота.

**ЦИТОФОТОМЕТРИЯ (cytophotometry), цитофотометрия** – цитоплазманын боёлуп коюлган жери аркылуу өтүүчү жарыктын интенсивдүүлүгүн өлчөй турган аспап – цитофотометрдин (cytophotometer) жардамы аркасында тирүү клеткалардагы химиялык бирикмелерди изилдөөгө алуу.

**ЦИТОХИМИЯ (cytochemistry), цитохимия** – тирүү клеткаларда кездешүүчү химиялык бирикмелер менен бирге алардын аткара турган кызматын изилдей турчу илим.

# Э

**ЭКЗОПЕПТИДАЗА (exopeptidase), экзопептидаза** – аминокислоталарды майдалап бөлүү жолу аркылуу белокторду сиңирүү процессине катышуучу фермент (мисалы, трипсин). Салыштыруу үчүн: Эндопептидаза. Кошумча караңыз: Пептидаза.

**ЭКЗОТЕРМИЧЕСКИЙ (exothermic), экзотермикалык** – жылуулук энергияны бөлүп чыгаруучу химиялык реакцияларды сүрөттөөдө колдонулуучу термин. Салыштыруу үчүн: Эндотермикалык.

**ЭКЗОЭНЗИМ, ФЕРМЕНТ ВНЕКЛЕТОЧНЫЙ (exoenzyme), экзоэнзим, клеткадан сырткары фермент** – клеткадан сыткары таасир кылуучу фермент.

**ЭЛАСТИН (elastin), эластин** – ийилме ткандын негизин түзүүчү белок.

**ЭНДОРФИН (endorphin), эндорфин** – химиялык кошулмалар тобунун өкүлү, баш мээде иштелип чыгат жана катуу оорун азайтуу касиетине ээ болушат. Эндорфиндер гипофиз менен иштелип чыккан зат – бета-липотрофинден (beta-lipotrophin) пайда болушат; алар адамдын организминдеги эндокринндик бездердин ишмердүүлүгүн көзөмөлдөшөт.

**ЭНДОТЕРМИЧЕСКИЙ (endothermic), эндотермикалык** – химиялык реакцияны сүрөттөөдө колдонулуучу термин, ал жылуулукту сиңирип алуу менен коштолот. Салыштыруу үчүн: Экзотермикалык.

**ЭНКЕФАЛИН (encephalin, enkephalin), энкефалин** – баш мээде табигый жол аркылуу жаралып, морфин жана башка опиаттар сыяктуу эле таасир жаратуучу пептид. Кошумча караңыз: Эндорфин.

**ЭНТЕРОПЕПТИДАЗА (enteropeptidase), ЭНТЕРОКИНАЗА (enterokinase), энтеропептидаза, энтерокиназа** – ичке ичегидеги бездер тарабынан бөлүнүп чыга турган фермент; мунун таасири алдында трипсиноген трипсинге айланат.

**ЭРИТРОПЕНИЯ (erythropenia), эритропения** – кандагы эритроциттер санынын азайышы. Адатта анемиянын өрчүшүн туудурат.

**ЭСТЕРАЗА (esterase), эстераза** – эфирлердин гидролизин катализациялаган фермент.

# ГАСТРОЭНТЕРОЛОГИЯ



## А

**АДИПОЗ (adiposis), ЛИПОЗ (liposis), адипоз, липоз** – майдын денеде ашыкча чогулушу (семирип кетүү). Кошумча караңыз: Май басуу.

**АНКИЛОСТОМИДОЗ (hookworm disease), анкилостомидоз** – анкилостомалардын ичке ичегилерге жайылышынан улам келип чыгуучу оору.

**АНКИЛОСТОМОЗ (ancylostomiasis), анкилостомоз** – мителенген нематоддор Ancylostoma duodenale менен ичке ичегинин инвазиясы. Караңыз: Нематода.

**АССИМИЛЯЦИЯ (assimilation), ассимиляция** – адам денесинин клеткалар менен азык заттарды сиңирүү процесси.

**АХАЛАЗИЯ (achalasia), КАРДИОСПАЗМ (cardiospasm), ахалазия, кардиоспазм** – кызыл өңгөчтүн кардиалдык бөлүгүнүн нормалдуу өтүмдүүлүгүнүн бузулушу (өзгөчө сфинктердин жетишсиздиги), ал кызыл өңгөчтүн астынкы сфинктеринин нервдик – булчуң аппаратынын өрчүбөстүгү менен байланышкан, анын кесептинен тамак-аштын кызыл өңгөч аркылуу өтүүсү жай болот.

**АХИЛИЯ (achylia), ахилия** – карын суюктугунун жалпы эле жоктугу. Ал суюктукта же кислотасынын же пепсин ферментинин жоктугу.

**АХЛОРГИДРИЯ (achlorhydria), ахлоргидрия** – карындын чыгарган суюктугунун маңызында туз кислотасынын жоктугу.

**АЭРОФАГИЯ (aerophagy), аэрография** – көп сандагы абаны жутуу.

## Б

**БЕРИ-БЕРИ (beriberi), Бери-Бери** – организмде витамин $B_1$ жоктугунан пайда болгон оору. Даарыланбаса оору адамды шал кылуу менен аяктайт.

**БИЛИАРНЫЙ (biliary), билиардуу** – өткө байланыштуу өзгөрүүлөр, өттөн болгон залалдар өткө тиешеси бар же ага таасир этүүчү же өт түтүгү. Кошумча караңыз: Фистула.

**БИЛИАРНЫЙ (bilious), билиардуу** – 1. Өт суюктугу бар; мисалы, өт суюктугу бар кусунду (bilious vomiting) – өттө кусунду массанын болушу. 2. Адистик эмес термин, ал адамда жүрөк айлануу же кусуу приступун сүрөттөө үчүн колдонулат.

**БИОПСИЯ ЕЮНАЛЬНАЯ (jejunal biopsy), еюналдык биопсия** – ичке ичегинин үстүнкү бөлүгүндөгү былжыр челиндеги чоң эмес аймакты алуу, ал аны изилдөө үчүн алынат.

**БОЛЕЗНЬ ВИЛЬСОНА, БОЛЕЗНЬ ВИЛЬСОНА – КОНОВАЛОВА (Wilson's disease), Вильсон оорусу, Вильсон – Коновалов оорусу** – жез метаболизминдеги эрежелердин тубаса бузулуусу. Өз алдынча жүргөн жез боор клеткаларына жармашуу менен сарык оору жана боор циррозун жаратат жана баш мээ нейрондорун жабыркатып, акыл-эстин өсүүсүнө залакасын тийгизет жана паркинсондукка тиешелүү белгилерге мүнөздүү симптомдорду пайда кылат. Медициналык аталышы: Гепатолентикулярдык дегенерация (hepatolenticular degeneration).

**БОЛЕЗНЬ ГИРШПРУНГА (Hirschsprung's disease), Гиршпрунг оорусу** – төрөлгөндөн эле жоон ичегинин калыңдыгы жана көлөмүнүн өтө чоңдугу. Дарылоосу операциялык жол менен жүргүзүлөт. Кошумча караңыз: Мегаколон.

**БОЛЕЗНЬ ДВИЖЕНИЯ (motion sickness), термелүү оорусу.** – Караңыз: Термелүү.

**БОЛЕЗНЬ ДИВЕРТИКУЛЯЦИОННАЯ (diverticular disease), дивертикуляционндук оору** – алкак сымал ичегиде дивертикулалар пайда болгон дарт (караңыз: Дивертикул); ич оору жана заңдын чыкпай калышы менен байкалат.

**БОЛЕЗНЬ КЛЕНОВОГО СИРОПА (maple syrup urine disease), клён сиробунун оорусу** – заарыда валин, лейцин жана аллоизолейциндердин көбөйүшүнө алып келе турган

аминокислоталар метаболизминин тубаса дефектиси. Натыйжада заара клён сиробу сындуу жыттанып калат. Дарылоо катуу диетаны талап кылат, учурунда дарыланбаса акыл-эс өнүкпөй, өлүмгө алып келиши мүмкүн.

**БОЛЕЗНЬ КРОНА (Crohn's disease), Крон оорусу** – ичке ичегинин жоон ичегиге өтүүчү чениндеги сезгенич оорусу. Дарттын курч формасы (курч илеит (acute ileitis)) курч аппендицитке окшош болот. Жоон ичегиден 20–40 см алысыраак орун алган илдет. Альтернативдик аталыштары: Аймактык энтерит (regional enteritis), Аймактык илеит (regional ileitis).

**БОЛЕЗНЬ ЛЕШ – НИХАНА (Lesch-Nyhan disease), Леш – Нихан оорусу** – организмде белгилүү бир ферменттин жетишсиздигинен келип чыгуучу, жыныска байланышкан тукум куучулук оору. Сийдик кислотасынын ашыкча чогулушу менен мүнөздөлөт. Оору эркектерге гана таандык; оорулуу кем акылдыкка дуушар болуп, айрым учурда өз денесине залал келтирүүгө чейин барат.

**БОЛЕЗНЬ МЕНЕТРИЕ (Menetrier's disease), Менетрие оорусу** – ашказандын жана ичке ичегинин былжырлуу челинин кыйла гипертрофиясы менен мүнөздөлүүчү дарт.

**БОЛЕЗНЬ СОРТИРОВЩИКОВ ШЕРСТИ (woolsorter's disease), жүн сортточулар оорусу.** – Караңыз: Күйдүргү оорусу.

**БОЛЕЗНЬ ЧРЕВНАЯ (coeliac disease), курсак оорусу** – дарт, мында ичке ичеги тамак сиңирүүнү токтотот. Медициналык аталышы: Глютендик энтеропатия (gluten enteropathy).

**БОЛЬ ВНЕЗАПНАЯ ОСТРАЯ КОЛЮЩАЯ (stitch), күтүлбөгөн жерден сайып оруучу какшаткан оору** – көпчүлүк учурда ич бөлүгүндө физикалык активдүүлүк мезгилинде өөрчүүчү, өзгөчө тамактануудан кийин аз убакыт өткөндө пайда болуучу оору. Булчуң спазмдын бир түрү.

## В

**ВЛАСОГЛАВ (whipworm), чач баштуу** – чоң эмес жип сымал мителик нематода түрүндөгү Trichuris trichiura (Trichocephalus dispar), ал жоон ичегиде болот.

**ВНУТРЕННЕЕ (ingesta), ички** – тамак жа суусундуктар тамак сиңирүүчү каналга ооз аркылуу өтүүчү.

**ВЫДЕЛЕНИЯ (excreta), чыгуулар** – организмден чыгарылуучу азыктар (мисалы, заң массалар).

## Г

**ГАСТРИТ (gastritis), гастрит** – ашказандын былжырлуу катмарынын сезгениши. Курч мүнөздөгү гастрит (acute gastritis) карындын былжырлуу катмарчасын дүүлүктүрүүчү же жабыркатуучу спирт ичимдиктерин жана башка суюк заттарды ыксыз көп ичүүдөн улам пайда болот. Ал эми өнөкөт гастрит (chronic gastritis) тамекини ашыкча чегүү, алкоголизм, он эки эли ичегиден ашказанга өттүн куюлушу менен мүнөздөлөт.

**ГАСТРОЛИТ (gastrolith), гастролит** – ашказандагы таш, адатта безоардын айланасында пайда болот.

**ГАСТРОХИЗИС (gastroschisis), гастрохизис** – ич көңдөйүнүн тубаса дефекти, туура өрчүгөн бирок чала жабылган киндик канаты. Ичеги ошол канат аркылуу түшүп калат. Операциялык жол менен дарыланат.

**ГАСТРОЭНТЕРИТ (gastroenteritis), гастроэнтерит** – карын менен ичке ичегинин былжырлуу кабыкчасынын сезгениши.

**ГАСТРЭКТАЗИЯ (gastrectasia), гастрэктазия** – аш казандын кеңейп кетиши.

**ГАУСТРА (haustrum), гаустра** – жээк сымал ичегинин сыртындагы көңдөйчөлөрдүн бири.

**ГЕПАТИТ (hepatitis), гепатит** – боордун организмдеги вирустарга, уулу заттарга, же иммунитеттин бузулушуна байланыштуу сезгенич оорусу. Инфекциялык сарыктын (infectious hepatitis) негизги төрт түрү адамдагы А, В, С, Д сарык түрлөрүнүн өнүгүсүнө алып келе турган вирустар аркылуу пайда болот; бул вирустардын организмде бар же жок экендиги кан анализи аркылуу аныкталат. Сарыктын өнүгүшүнө алып келе турган башка вирустарга Эпштейн – Барр вирусу кирет. Кошумча караңыз: Entamoeba.

**ГЕПАТИТ СЫВОРОТОЧНЫЙ (serum hepatitis), сывороткалык гепатит** – гепатит В менен жугузуу инфекцияланган кан аркылуу же кан продуктусунан, бир нече колдонулган инфекцияланган ийне сайуудан, кан куюудан жугат же жыныстык катнашууда жугат. Бул банги заттарды колдонгондордо көп кездешет. Караңыз: Гепатит.

**ГЕПАТОМЕГАЛИЯ (hepatomegaly), гепатомегалия** – боордун көлөмүнүн чоңоюп кетиши. Көбүнчө ууланганда байкалат.

**ГЕПАТОТОКСИЧЕСКИЙ (hepatotoxic), гепатотоксикалык** – боор клеткаларды жабыркоочу же бузуучу. Кээ бир дарылык заттарды колдонуу, мисалы, парацетамолду, боордун жабыркашына алып келет (өтө көп убакыт колдонгондо).

**ГЕТЕРОФИОЗ (heterophyiasis), гетерофиоз** – трематоддор Heterophyes heterophyes түрү менен мителенген ичке ичегинин инвазиясы. Адамдын ууланусу чийки трематод курту бар туздалган балыкты жегенден ууланат.

**ГИАРДИОЗ (giardiasis), ЛЯМБЛИОЗ (lambliasis), гиардиоз, лямблиоз** – жөнөкөй мителер Giardia lamblia түрүндөгү туудурууучу дарт, ал адамдын ичке ичегисин жабыркайт.

**ГИДРАРГИРИЯ, ГИДРАРГИРИЗМ (hydrargyria), МЕРКУРИАЛИЗМ (mercurialism), гидраргирия, гидраргиризм, меркуриализм** – адамдын узак убакыттан берки сымапка ууланып жүрүүсү. Сымап тери аркылуу жана тамак сиңирүүчү тракт аркылуу оңой сиңирилет, анын буулары болсо адамдын организмине өпкө аркылуу оңой эле сиңирилет.

**ГИДРОПНЕВМОПЕРИТОНЕУМ (hydropneumoperitoneum), гидропневмоперитонеум** – ич көңдөйүндө суюктуктун же газдын болушу.

**ГИПЕРХЛОРГИДРИЯ (hyperchlorhydria), гиперхлоргидрия** – аш-казанда туз кислотасынын секрециясынын жогору болушу, адатта он эки эли ичегидеги жаракатта байкалат. Золлингер – Эллисон синдромунда да байкалат.

**ГИПЕРХЛОРГИДРИЯ (hypochlorhydria), гиперхлоргидрия** – аш-казан бездери менен туз кислотасынын төмөндөгөн секрециясы. Караңыз: Ахлоргидрия.

**ГЛУТАМИНАЗА (glutaminase), глутаминаза** – бөйрөктө болуучу фермент, глутамин аминокислотасын аммиак жана глутамин кислотасына чейин эритүүнү катализациялайт, сийдикти пайда кылуучу бирден бир этабы.

**ГЛЮКАГОНОМА (glucagonoma), глюкагонома** – карын алдындагы бездеги шишик, глюкагонду секрециялайт, анын кесепетинен адамда гипогликемия өрчүшү мүмкүн.

**ГЛЮТЕН (gluten), глютен** – глиадин (gliadin) жана глютенина (glutenin) белокторунун аралашмасы. Глютен буудай жана кара буудайда кездешүү менен аларга өзгөчө касиет тартуулап турат: суу менен аралашканда алар жабышчак болушуп, абаны өзүнө сиңирип алышат да камырдын сапатын артырат.

**ГОЛОДАНИЕ (starvation), ачка болуу** – караңыз: Тамак ичүүнүн бузулушу.

**ГОНИТ ПОДАГРИЧЕСКИЙ (gonagra), подагралык гонит** – тизе муунунун подаграсы.

# Д

**ДЕГЕНЕРАЦИЯ ПОДЖЕЛУДОЧНОЙ ЖЕЛЕЗЫ ФИБРОЗНО-КИСТОЗНАЯ (fibrocystic disease of the pancreas), фиброздук-калталанган шишиктик (кистоздук) уйку безинин дегенерациясы** – караңыз: Фиброздук-калталанган шишиктик (кистоздук) дегенерация.

**ДЕГЕНЕРАЦИЯ ФИБРОЗНО-КИСТОЗНАЯ (cystic fibrosis), ДЕГЕНЕРАЦИЯ ПОДЖЕЛУДОЧНОЙ ЖЕЛЕЗЫ ФИБРОЗНО-КИСТОЗНАЯ (fibrocystic disease of the pancreas), МУКОВИСЦИДОЗ (mucoviscidosis), фиброздук-калталанган шишиктик (кистоздук) дегенерациясы, карын алдындагы бездин фиброздук-калталанган шишиктик (кистоздук) дегенерациясы, муковисцидоз** – тукум куучулук дарт, мында экзокринндик бездердин клеткалары жабыркайт (анын ичинде жаш, тер ж.б). Дефекттик ген, ал № 7 хромосомада орун алган жана рецессивдик болуп саналган, ушул оорунун өрчүшү үчүн жооп берет.

**ДЕМПИНГ-СИНДРОМ (dumping syndrome), демпинг синдрому** – аш-казанга жасалган операциядан, ошондой эле гастроэктомиядан кийин пайда болуучу симптомдор. Тамактанган соң (өзгөчө, углеводдорго бай азыктар менен) бейтаптын күч-кубаты кетип, башы айланып, өнү кубаруу менен өтө катуу тердеши мүмкүн. Приступ 30 мүнөттөн эки саатка дээри созулат. Бул көрүнүш ашказандагы тамак-аштын тез арада эвакуацияланышынын натыйжасында кандагы кант курамынын саны азайып, кандагы суюктуктун көбү ичеги - карынга өтүп кетүүсү менен байланыштуу.

**ДИАБЕТ САХАРНЫЙ (diabetes mellitus), кант диабети** – карын алдындагы бездин инсулин гормонун жетишээрлик денгээлде иштепчыга албагандыгына байланыштуу организмдеги кантта кычкылдануу процессинин токтошу. Мындай учурда углеводдордун алмашуусу бузулуп, адамды такай катуу чаңкоо коштойт. Салмак кескин жеңилдеп, заара адаттагыдан алда канча көбүрөөк бөлүнүп чыга баштайт.

**ДИВЕРТИКУЛ (diverticulum, көпч. diverticula), дивертикул** – ичи көңдөй органдардын капталынын сыртка урчуюп чыгышы. Мисалы, кызыл өңгөч, ичеги табарсык.

**ДИВЕРТИКУЛ МЕККЕЛЕВ (Meckel's diverticulum), Меккелдин туюк учу** – кээде ичке ичегинин жамбаш оюгунун тушундагы бөлүгүндө кезигүүчү, узундугу укумдай келген ичегинин эки ача бөлүнүп кеткен жеринин туюк уч жак бөлүгү.

**ДИВЕРТИКУЛЕЗ (diverticulosis), дивертикулез** – ичегилердин кандайдыр бир бөлүгүндө сезгенбеген дивертикулдардын болушу (салыштыруу үчүн: Дивертикулит).

**ДИВЕРТИКУЛИТ (diverticulitis), дивертикулит** – дивертикулиттин сезгениши. Ал инфекциянын кесепетинен пайда болот да ич оору, ич өтүү же тескерисинче ичтин катышына алып келет. Салыштыруу үчүн: Дивертикуляционндук оору.

**ДИПЕПТИДАЗА (dipeptidase), дипептидаза** – фермент, тамак сиңирүүчү суюктуктарда болот, алар бир катар белокторду эритүүчү азык.

**ДИСПЕПСИЯ (dyspepsia), диспепсия** – адамдын тамак ичүүгө көңүлдөнбөй, тамак сиңирүү процессинин бузулуусу. Адатта, тамактанган соң жүрөк айланууга жана кусуу менен коштолуучу ич оору. – Диспептикалык (dyspeptic).

**ДИСПЕПСИЯ (dyspepsia), РАССТРОЙСТВО ПИЩЕВАРЕНИЯ (indigestion), диспепсия, тамак сиңирүүнүн бузулушу** – караңыз: Диспепсия.

**ДИСФАГИЯ (dysphagia), дисфагия** – тамактын булчуңу тырышуудан, оорудан жана кызыл өңгөчтүн кээ бир оорусунан адамдын тамак жута албоосу (караңыз: Одинофагия).

**ДИСХЕЗИЯ (dyschezia), дисхезия** – ичтин узак убакыт боюу бошобогондугуна байланыштуу заңдын катып калуусу. Заңдын толуп кетүүсүнө байланыштуу көтөн чучук тартылып, ичегилердин кыймылы начарлайт.

**ДИФИЛЛОБОТРИОЗ (diphyllobothriasis), дифиллоботриоз** – ичеги карындагы тасма мите курттардын Diphyllobothrium latum инвазиясы, анын кесепетинен орулууда жүрөк айлануу, ич өтүү, тамак сиңирүүсүнүн бузулушу өрчүйт, ошондой эле аз кандуулук пайда болот.

## Ж

**ЖЕВАНИЕ (mastication), чайноо** – тамак-аш чайноо процесси.

**ЖЕЛЕЗА ПОДЖЕЛУДОЧНАЯ (pancreas), карын алдыңкы без** – узундугу болжол менен 15 см. Түзүп, карын артында жайгашкан ички жана сырткы секрециялардын аралашма бези. Анын башы он эки эли ичегинин такачасы ичинде жайгашкан; куйругу көк боорго жетет. Карын алдындагы бездин курмына сок бөлүп чыгаруучу ацинустар (acini) кирет. Ал тамак сиңирүү процессинде катыша турчу көп сандаган ферменттерди (протеолитикалык трипсиноген жана химотрипсиноген, амилолитикалык амилаза, гликозидаза ж.б.) алып жүрөт. Бөлүнүп чыккан сок түтүкчөлөр системасы аркылуу өт түтүкчөсү менен биригип, он эки эли ичегиге баруучу башкы панкреатикалык түтүкчөгө (pancreatic duct) куюлат. Карын алдындагы безде Лангерганстын аралчалары да жайгашкан. Булар кан айлануу нугуна белоктук, углеводдук жана липиддик алмашууларды жөнгө салып турууга катышы бар инсулин жана глюкоган гармондорун бөлүп берип туруучу бөлүнгөн клеткалар тобу.

**ЖЕЛЕЗО (iron), темир** – организмдин толук кандуу иштеши үчүн өтө зарыл болгон химиялык элемент. Бойго жеткен адамдын организминде орточо эсеп менен алганда 4 г. Темир бар жана алардын көбү гемоглобинде кездешет. Ал эми калган бөлүгү булчуңдардагы миогемоглобин жана цитохромдордо жайгашкан. Темир организмди кычкылтек менен камсыз кылуу процессинин жүрүшүндө негизги функциялардын бирин аткарат. Темирди өздөштүрүү жана аны кайрадан организмден бөлүп чыгаруу ар дайым ички көзөмөл алдында жүргүзүлөт.

**ЖЕЛЕЗЫ ЖЕЛУДОЧНЫЕ (gastric glands), ашказан бездери** – түтүктүү бездер, ашказандын былжырлуу челинин пластинкасында орун алган. Бул бездердин үч түрү бар: кардиалдык (cardiac), фундалдык (жеке) (fundic (oxyntic)) жана пилорикалык (pyloric glands); бул бездердин баары ашказан сюктугун секрециялашат.

**ЖЕЛЕЗЫ ЛИБЕРКЮНОВЫ (Lieberkuhn's glands), КРИПТЫ ЛИБЕРКЮНОВЫ, (crypts of Lieberkuhn), Либеркюн бездери, Либеркюн криптилери** – ичегинин былжырлуу челинин пластинкасындагы түтүктүү көңдөйлөр.

**ЖЕЛУДОЧНЫЙ (gastric), ашказандык** – ашказанга тиешелүү же ага таасир берүүчү.

**ЖЕЛЧЬ (bile), өт суюктугу** – боор тарабынан иштетилип, андан соң өт баштыкчасында чогулуп, мезгил-мезгили менен он эки эли ичегиге агып барып кошулуп туруучу щелочтук реакциялуу коюу суюктук. Өт андагы өт пигменттеринин санына жараша сары, жашыл же күрөң түстө болуусу мүмкүн; ошондой эле өт курамына лецитин, холестерин жана өт кислотасынын туздары кирет. Бул туздар он эки эли ичегидеги майлардын карын алдындагы без липазасынын таасири алдында жеңилирээк өздөштүрүлүп, май кислоталары жана глицелордорго бөлүнүүсүнө шарт түзөт. Мындан сырткары, өт өңгөч, карын, ичегилердин ийри-муйру болуп кыскарышын алдын алат.

**ЖИВОТ ОСТРЫЙ (acute abdomen), курсактагы курч оору** – травма же кандайдыр бир оорунун негизинде курсак көңдөйүнө кечиктирилгис операциянын жүрүшүн талап кылган кооптуу абал. Мындай абалда пациент курч мүнөздөгү ооруну башынан кечирип, шок абалында болот. Карындагы жара оозунун ачылышы, аппендикстин курч мүнөздө кармашы, боор же өттүн жарылып кетиши өңдүү оорулар кечиктирилгис хирургиялык кийлигишүүнү талап кылат.

## З

**ЗАВОРОТ КИШОК (volvulus), ичеги түйүлүү** – ичегилердин заң өткөрбөй калуусу; көбүнчө ал ичегидеги кан айлануунун бузулушу жана гангрена менен коштолот. Ичеги түйүлүү өз алдынча же атайын манипуляциялардын натыйжасында келип чыгат. Мындай учурда көбүнчө хирургиялык операция талап кылынат. Карын түйүлүү (gastric volvulus) – көбүнчө кызыл өңгөч ичиндеги шишикке байланыштуу карындын буралып калышы.

**ЗАВТРАК ПРОБНЫЙ (test meal), сынап байкоочу эртең мененки тамак** – тамак-аш, бейтапка ашказан суюктугунун секрециясын стимуляциялашы үчүн берилет; андан кийин атайын зонд аркылуу бул суюктукту ашказандан алышып, ашказандын функциясын изилдешет.

**ЗАПОР (constipation, costive), ичегидеги заңдын катып калышы** – ич катып калуу.

**ЗИМОЛИЗ (zymolysis), зимолиз** – ферментация процесси же тамак сиңирүү процессиндеги ферментативдик ажыроо.

## И

**ИЗЖОГА (heartburn, pyrosis), зарына** – кызыл өңгөчтүн тушу ысыгандыкты сезип, жүрөгү айланып туру абалы. Зарына көбүнчө ашказандын маңызында кычкылдуулугу көп болгондо сезилет.

**ИНТОКСИКАЦИЯ (intoxication), интоксикация** – уулуу заттын келип түшүүсүнөн улам организмдин уулануусу.

## К

**КАЛ ФРАГМЕНТАРНЫЙ (scybalum), фрагментардуу заң** – тоголок шар сыяктуу катуу заң массалардын топтолушу.

**КВАШИОРКОР (kwashiorkor), квашиоркор** – жаш баланы жашылчалар менен тамактандырганда пайда болгон оору. Ал жеп жаткан тамак-ашта белоктордун аз санда болушу менен жана аз калорийдик тамактарды азыктанышы менен байланыштуу.

**КИСЛОТА ГОМОГЕНТИЗИНОВАЯ (homogentisic acid), гомогентизиндик кислота** – зат, ал фенилаланин жана тирозин аминокислоталарынын метаболизми болгон убакта пайда болот.

**КИСЛОТЫ ЖЕЛЧНЫЕ (bile acids), өт кислотасы** – өттө болуучу органикалык кислота. Көпчүлүк убакта май кислотасындагы туздар түрүндө кездешет (гликохолат натрий жана таурохолат натрий). Аларга: холийдик, деоксихолийдик, гликохолийдик жана таурохолийдик кислоталар кирет.

**КЛЕТКИ ОБКЛАДОЧНЫЕ (ЖЕЛУДКА) (oxyntic cells), КЛЕТКИ ПАРИЕТАЛЬНЫЕ (ЖЕЛУДКА) (parietal cells), (ашказанды) тегерете каптаган клеткалар, (ашказандын) париеталдык клеткалары** – ашказан бездеринин клеткаларынын бир түрү; алар туз кислотасын секрециялашат жана суутек менен хлордун иондорун бөлүп чыгарышат; туз кислотасынын пайда болушу ашказан көңдөйүндө болот.

**КЛЕТКИ ПАРИЕТАЛЬНЫЕ (ЖЕЛУДКА) (parietal cells), (ашказандын) париеталдык клеткалары** – караңыз: Өңөрүп баскан клеткалар (ашказандын).

**КОЛИКА АБДОМИНАЛЬНАЯ (colic), абдоминалдык колика** – ичтин приступ сымал оорусу, адатта кайталанма мүнөздө болот, бир нече секунд ооруп, кайта токтоп андан кийин кайра оору кайталанат.

**КОЛИКА ЖЕЛЧНАЯ (biliary colic), өт коликасы** – өт баштыкчасында таш толуп калгандагы оору. Мындай оору көпчүлүк мезгилде абдан катуу болот, ал ичтин үстүнкү

бөлүгүнү көпчүлүк мезгилде абдан катуу болот, ал ичтин үстүнкү бөлүгүнүн жарымын бүтүндөй локализациялайт.

**КОЛИКА, КОЛИКА КИШЕЧНАЯ (tormina), колика, ичеги коликасы** – ичеги коликасы (intestinal colic) ичегинин толук же жарым жартылай бүтөлүп калышынын кесепетинен пайда болот. Мындай учурда эгер колика ичке ичегиде болсо, анда оору ичтин үстүнкү бөлүгүндө сезилет, эгер жээк сымал ичегиде колика болсо, анда ичтин астынкы бөлүгүндө оору сезилет. Медициналык аталышы: Энтералгия (enteralgia), Ичеги коликасы (tormina). Кошумча караңыз: Боор коликасы.

**КОЛИТ (colitis), колит** – жээк сымал жоон ичегинин ички, былжырлуу катмарынын сезгениши.

**КОЛИТ ЯЗВЕННЫЙ (ulcerative colitis), жаракаттык колит** – жээк сымал жана түз ичегинин жаракаттанып сезгениши.

**КОЛОНОСКОПИЯ (colonoscopy), колоноскопия** – жээк сымал ичегинин жана түз ичегининин ички катмарын ийилген була сымал оптикалык же видеокамера менен жабдылган аспаптын (колоноскоптун (colonoscope)), жардамы аркылуу изилдөө.

**КОЛОСТОМИЯ (colostomy), колостомия** – жээк сымал ичегини тешип коюп, желин тышка чыгаруу. Заң же жел чыкпаган учурда жасалуучу операциялардын бир түрү.

**КОПРОЛИТ (coprolith), копролит** – жээк сымал ичегинин ичинде же түз ичегиде заңдын таштай болуп катышы. Ал жалаң гана сүт менен тамактанганда көп учурайт.

**КОПРОСТАЗ (faecal impaction), копростаз** – жоон ичегиге заңдын жыйналып, катуулап жана толуп кетиши. Караңыз: Ичтин катышы, Тыгындалып калган.

**КРЕАТОРЕЯ (creatorrhoea), креаторея** – заң массасында азоттун көп санда болушу, ал тамак сиңирүү процессинин бузулушунда же ичке ичегиде сиңирүү процессинин бузулушунан пайда болот. Караңыз: Фиброздук-кистоздук дегенерация, Панкреатит.

**КУРАРЕ (curare), кураре** – түштүк америкалык дарактардын кабыгынан жасалган экстрат (Strychnos түрүндөгү жана Chondodendron); ал скелеттик булчуңдардын шал болуусун туудурат.

## Л

**ЛАКТАЗА (lactase), лактаза** – ичке ичегидеги темир менен секреттенген фермент. Тамак сиңирүү процессинде лактозаны глюкозага жана галактозага айландырууда катализацияланат.

**ЛИМФА (chyle), лимфа** – капиллярдык жана лимфа тамырлардын ичиндеги ак кан суюктугу.

**ЛИПАЗА (lipase), СТЕАПСИН (steapsin), липаза, стеапсин** – майды эритүүчү, майдолоочу фермент.

**ЛИПОФУСЦИН (lipofuscin), липофусцин** – күрөң пигменттин гранулалары, алар лизосомдук сиңирүүнүн липиддик азыктарын камтыйт. Алар жүрөк булчуңундагы клеткаларда, нерв ткандарында жана боордо көп кездешет, болгондо дагы адатта лизосомалардын ичинде болот.

**ЛИТУРЕЗ (lithuresis), литурез** – сийдик менен заара кумдарын же чоң эмес таштарды чыгаруу.

## М

**МАСЛО КАСТОРОВОЕ (castor oil), кастор майы** – ич алдыргыч май.

**МАССЫ РВОТНЫЕ (vomit), кусунду** – ашказандагы камтылган маңызды ооз аркылуу сыртка чыгаруу менен байланышкан рефлектордук акт. Медициналык аталышы: Кусуу (vomitus).

**МЕДИАСТИНИТ (mediastinitis), медиастинит** – көкүрөктүн ичиндеги, көкүрөктү бөлүп туруучу челдин сезгениши.

**МЕКОНИЗМ (meconism), меконизм** – ууланну, опиумду тартканда же морфинди жыттаганда пайда болот.

**МЕКОНИЙ (meconium), меконий** – баланын тунгагы. Жаңы төрөлгөн баланын богу.

**МЕЛЕНА (melaena), мелена** – кызыл өңгөчтөн, аш казандан жана ичегинин жогорку бөлүгүнөн кан акканда байкалуучу заңдын кара түстө болушу. Алар жаратка чалдыкканда байкалат. Кошумча караңыз: Жаңы төрөлгөн балдардын геморрагикалык оорусу.

**МЕРКУРИАЛИЗМ (mercurialism), ГИДРАРГИРИЯ (hydrargyria), меркуриализм, гидраргирия** – сымап менен ууланну. Симптомдору: кусуу, ичтин катуу оорушу, ич өтүү, бөйрөктөрдүн жабырканышы.

**МЕТАБОЛИЗМ БАЗАЛЬНЫЙ, ОБМЕН ОСНОВНОЙ (basal metabolism), базалдык метаболизм, негизги алмашуу** – өзүнүн жашоо турмушун жакшы алып жүрүү үчүн адам организми, энергияны аз санда сарп кылуусу (бул энергия дем алууда, кан айланууда жана тамак сиңирүүдө сарпталат).

**МЕТЕОРИЗМ (flatulence), метеоризм** – ичке желдин толуп көбүшү. – Метеоризмге тиешеси бар (flatulent).

**МЕШОК ЭНДОЛИМФАТИЧЕСКИЙ (endofymphatic sac), эндолимфатикалык баштыкча** – эндолимфатикалык түтүкчөнүн акырындагы жоон болгон жер.

**МИЦЕЛЛА (micelle), мицелла** – ичегиде болгон микро бөлүкчө. Майларды сиңирүүчү азык (башкача айтканда май кислоталары жана моноглицериддер).

## Н

**НАРУШЕНИЕ ПИТАНИЯ (malnutrition), туура эмес тамактануу** – адам керектеп жаткан тамак-аш менен организм талап кылган тамак азыктарынын ортосундагы тандемдин (баланстын) бузулушу.

**НАСОС ПРОТОННЫЙ (proton pump), протонндук насос** – париеталдык темир клеткаларда болуучу ашказандын ферменти, ал кислотанын секрециясын туудурат.

**НАТРИЯ БИКАРБОНАТ (sodium bicarbonate), СОДА ПИТЬЕВАЯ, натрий бикарбонаты, тамак-аш содасы** – кислотаны нейтралдаштыра турчу натрий тузу; ашказан жана тамак-аш сиңирүүчү системанын айрым бир ооруларын дарылоо үчүн колдонулат. Кошумча караңыз: Антацид.

**НЕДОСТАТОЧНОСТЬ ПРИВРАТНИКА (defectum seruatoribus), карындын өткөөл бөлүгүнүн жетишсиздиги** – ашказандын түзүлүшүнүн өзгөчөлүгү (адистердин кээ бирлери аны паталогия деп эсептешет), ал өткөөл бөлүктөгү жапкыч булчуңунун толук эмес жыйрылуусунан болот.

**НЕКАТОРОЗ (necatoriasis), некатороз** – бул мителик дарт, гельминттер-некатордон Necator americanus пайда болот. Кошумча караңыз: Анкилостомидоз.

**НЕПРОХОДИМОСТЬ КИШЕЧНИКА (intestinal obstruction), ичегилердин тыгындалышы** – ичегилердин жин өткөрбөстүгү; кусуу, ичтин көөп чыгышы, оорушу өңдүү симптомдор менен коштолот.

## О

**ОБОЛОЧКА КИШЕЧНИКА МЫШЕЧНАЯ (myenteron), ичегинин булчуң кабы** – ичегинин булчуң кабыгы, курамына тоголок жана узунунан келген булчуңдардын жылмакай катмары кирет. – Миэнтерикалык (myenteric).

**ОЖИРЕНИЕ (obesity), семирүү, май басуу** – май клеткаларынын денеге ашыкча чогулуусу. Майдын ашыкча чогулуусу, адатта, энергетикалык балансты кармап туруу үчүн организмге зарыл болгон көлөмдөн ашыра тамактануу менен байланыштуу. – Толук (obese).

**ОКСАЛОЗ (oxalosis), оксалоз** – зат алмашуу процессинде кездеше турчу тубаса оору. Сийдик чыгуучу жолдордо оксалаттардын чогулушу менен бирге бөйрөк оорусун жаратат.

**ОПЕРАЦИЯ ГЕЛЛЕРА (Heller's operation), Геллер операциясы** – караңыз: Ахалазия.

**ОПИСТОРХОЗ (opisthorchiasis), описторхоз** – өт жолдорунда Opisthorchis түрүндөгү трематоддордон улам пайда болуучу оору. Оору боор ткандарын жана өт жолдорун катуу жабыркатып, ал тургай боордун цирроз оорусуна алып келет.

**ОСТЕОДИСТРОФИЯ (osteodystrophy), остеодистрофия** – сөөктүн түзүлүшү өзгөргөн оорусу.

**ОТРАВЛЕНИЕ ПИЩЕВОЕ (food poisoning), тамак-ашка уулану** – бактериялуу тамак-аш же жер-жемиштерди колдонуунун натыйжасында тамак сиңирүүчү системанын жабыркоосу. Уулануу симптомдору 1–24 сааттын ичинде пайда болуу менен кусуу, ич өткөк, ич оору менен коштолот. Көпчүлүк учурларда тамак-аш инфекциялары жаныбарлар этинен жасалган тамак азыктарында кездешүүчү Salmonella, Campylobacter жана Listeria түрүндөгү бактериялардан пайда болот. Кошумча караңыз: Гастроэнтерит.

**ОТРЫЖКА (eructation), кекирик** – газдын ашказандан ооз көңдөйүн көздөй чыгуусу.

**ОТСУТСТВИЕ ВЛЕЧЕНИЯ (inappetence), кызыгуу сезиминин жок болуусу** – бир нерсеге умтулуу же кызыгуусун жоготуу.

**ОЧИЩЕНИЕ КИШЕЧНИКА (catharsis), ичегилерди тазалоо** – ичегилердин кыймылын жеңгө салуучу ич алдырма каражаттардын жардамы аркасында ичегилерди тазалоо.

## П

**ПАНКРЕАТИН (pancreatin), панкреатин** – карын алдындагы без бөлүп чыгарган суюктуктун курамында бир катар тамак эритүүчү ферменттери бар экстракт.

**ПАНКРЕАТИТ (pancreatitis), панкреатит** – уйку, жумур алды безинин сезгениши.

**ПАНКРЕАТОГРАММА (pancreatogram), панкреатограмма** – карын астындагы безинин түтүкчөлөрүн рентгенологиялык изилдөөсү.

**ПАНКРЕОЗИМИН (pancreozymin), панкреозимин** – карын алдындагы безге таасир этичүү холецистокинин гормонуна тиешелүү бир фракциянын баштапкы аталышы.

**ПАРАТИОН (parathion), паратион** – фосфорорганикалык кошулма – пестицид.

**ПАРАХОЛИЯ (paracholia), парахолия** – (эски) Өт секрециясынын бузулушу.

**ПЕНТОЗУРИЯ (pentosuria), пентозурия** – пентозанын заара аркылуу адаттан тышкары бөлүнүп чыгуусу менен мүнөздөлүүчү организмдеги кант метаболизминин тубаса дефектиси.

**ПЕПСИН (pepsin), пепсин** – аш казандын маңызында болуп, белокту майда бөлүккө бөлүүчү суюктук, фермент.

**ПЕПТИЧЕСКИЙ (peptic), пептикалык** – тамак сиңирүүчү, тамак сиңирүүгө байланыштуу процесс.

**ПЕРИСТАЛЬТИКА (peristalsis), перистальтика** – ичи көңдөй органдар, ичиндегилерди жылдыруу максатында, булчуңдарынын жыйрылуусунан пайда болгон курт окшош кыймылдоосу. – Перистальтикалык (peristaltic).

**ПЕЧЕНОЧНО-КЛЕТОЧНЫЙ, ГЕПАТОЦЕЛЛЮЛЯРНЫЙ (hepatocellular), боор-клеткалык, гепатоцеллюлярдык** – боордун клеткаларына же аларды жабыркагандарга тиешелүү сөз.

**ПЕЧЕНОЧНЫЙ (hepatic), боордук** – боорго тиешелүү сөз.

**ПИГМЕНТЫ ЖЕЛЧНЫЕ (bile pigments), өт пигменттери** – өттүн боёочу заты – гемоглобинди бузуучу азык. Эки өзгөчө маанилүү өт пигменттери бар: бул билирубин (bilirubin) – кызыл сары түстөгү боёгуч же сары түстөгү боёгуч, жана аны кычкылтек менен биливердин (biliverdin), ал жашыл түстө болот.

**ПИЛОРОСПАЗМ (pylorospasm), пилороспазм** – аш казандын ичеги жак кууш бөлүгүнүн жыйрылып, тырышып калышы.

**ПИЛОРОСТЕНОЗ (pyloric stenosis), пилоростеноз** – ашказандын ичеги жак бөлүгүндөгү кууш жеринин тешигинин оорудан кийин куушурулуп калышы.

**ПИТАНИЕ (nutrition), тамактануу** – 1. Азыктар менен тамактануу ортосундагы байланышты изилдөө. Тамак туура тамактануу жана организмге тийгизген таасири жөнүндөгү илим. 2. Азык заттар менен тамактануу жана алардын сиңдиримдүүлүгү. Эгер тамакты кадимки жол менен жей албаса анда аларга атайын түтүкчө аркылуу ичеги карынга киргизилет, атайын түтүкчө (энтералдык тамак берүү (enteral feeding)) же вена аркылуу (венанын ичи аркылуу тамак жиберүү (intravenous feeding)).

**ПИТАНИЕ ВНУТРИВЕННОЕ (intravenous feeding), вена аркылуу тамак берүү** – караңыз: Тамактануу.

**ПИТАНИЕ ЭНТЕРАЛЬНОЕ (enteral feeding), энтералдык тамактануу** – караңыз: Тамактануу.

**ПИЦИ (DICI), пици** – караңыз: Интрацитоплазмалык түз инъекция.

**ПИЩЕВАРЕНИЕ (digestion), тамак сиңирүү** – тамакты сиңирип алуу процесси.

**ПИЩЕВАРЕНИЕ НОРМАЛЬНОЕ (eupepsia), нормалдуу тамак сиңирүү** – нормалдуу жана жакшы тамак сиңирүү; тамак сиңирүү процессинде кайсы-бир бузулуштардын жок болушу.

**ПОГЛОЩЕНИЕ (ingestion), сиңирүү** – тамакты сиңирүү процесси, анын жүрүшүндө тамак тамак сиңирүүчү каналга өтөт.

**ПОДАГРА (gout), подагра** – зат алмашуу бузулганда байкалуучу муундардын өзгөчө оорусу.

**ПОЗЫВЫ К РВОТЕ (retching), кускусу келүү** – кусууга алып келүүчү, кусуу аракеттери.

**ПОНОС (diarrhoea), ич өткөк** – ичегилердин тездик менен өз алдынча тазалануусу. Өтө катуу жана узакка созулган ич өткөк заң менен бирге организмдеги суюктуктун туздарын жана азык заттарынын абдан азайып кетишине алып келет.

**ПОТОК (flux), агым** – кайсы бир органдан же көңдөйдөн аномалдык агуу (мисалы, суюк заң (alvine flux) – ич өтүү)).

**ПРОКТАЛГИЯ (proctalgia), ПРОКТОДИНИЯ (proctodynia), прокталгия, проктодиния** – көтөн чучуктун тегерегинин катуу оорушу. Оору булчуң спазмасынын кесепетинен улам келип чыгуусу мүмкүн.

**ПРОКТИТ (proctitis), проктит** – көтөн-чучуктун ички былжырлуу катмарынын сезгениши. Оору симптому болуп натыйжасыз дефекациялар (тенезмдер), ич өтүү, ошондой эле кансыроолор саналат.

**ПРОКТОКОЛИТ (proctocolitis), проктоколит** – көтөн чучук жана жоон ичегинин сезгениши. Оорунун негизги себеби болуп жаралуу колит саналат (кошумча караңыз: Проктит).

**ПРОКТОЛОГИЯ (proctology), проктология** – көтөн-чучукка тиешелүү ооруларды окуп үйрөтүүчү медицина бөлүгү.

**ПРОКТОСИГМОИДИТ (proctosigmoiditis), проктосигмоидит** – түз жана сигма сымал ичегинин сезгениши. Кошумча караңыз: Проктоколит.

**ПРОКТОТОМИЯ (proctotomy), проктотомия** – көтөн чучуктун же көтөндүн каптал жактарын кесүү.

**ПРОКТОЦЕЛЕ (proctocele), РЕКТОЦЕЛЕ (rectocele), проктоцеле, ректоцеле** – көтөн чучуктагы чуркунун пайда болушу же уркуюп чыгышы.

**ПРОКТЭКТАЗИЯ (proctectasia), проктэктазия** – узакка созулган ич катуунун натыйжасында көтөн - чучуктун чоңойуп же кеңейип кетиши (караңыз: Дисхезия).

**ПСЕВДООБСТРУКЦИЯ (pseudo-obstruction), псевдообструкция** – тамак сиңирүүчү каналдын бүтөлүп калышы. Кошумча караңыз: Ичегинин бүтөлүп калышы, Гиршспрунг оорусу.

**ПСЕВДОПОДИЯ (pseudopodium,** көпч. **pseudopodia), псевдоподия** – бир клеткалуу организмдерде убактылуу цитоплазматикалык өсүш, анын пайда болушу клетканын өлчөмүнүн өзгөрүшү (мисалы, амебанын же амеба сымал клетканын) менен коштолот.

**ПСЕВДОПОЛИПОЗ (pseudopolposis), псевдополипоз** – абал, мында ичегинин былжырлуу чели чыгып туруучу же анын үстүндө көтөрүнкү болуп турган өрмөлөр (псевдополиптер (pseudopolyps)) менен капталган.

**ПУЧОК (bundle), түйүн** – булчуң же нерв түйүндөрүнүн тобу, жакын жайгашкан жана бирдей багытта жүргөн: мисалы, жүрөк алдындагы – карын түйүнү (Гис түйүнү).

## Р

**РВОТА (vomiting), кусуу** – ашказандагы маңызды ооз аркылуу сыртка чыгаруу менен байланышкан рефлектордук акт. Медициналык аталышы: Кусуу (emesis).

**РЕГУРГИТАЦИЯ (regurgitation), регургитация** – белгилүү өзгөрүүлөрдөн кийин ичи көңдөй органдардын ичиндеги газ жана суюктук өз жолу менен чыкпай, кайра артына кайрылып чыгышы. Мисалы, кызыл өңгөчтөн тамак кайра чыгып, кулгуу.

**РЕЗЬ В ЖИВОТЕ (gripe), ичтин сайгылашып оорусу** – ичтин катуу оорусу (караңыз: Колика).

**РЕФЛЕКС ГАСТРОИЛЕАЛЬНЫЙ (gastroileac reflex), гастроилеалдык рефлекс** – илеоцекалдык клапандын бошоңдошу, ал тамак аштын ашказанга түшкөндө пайда болот.

**РЕФЛЕКС ГАСТРОКОЛИЧЕСКИЙ (gastrocolic reflex), гастроколикалык рефлекс** – перистальтиканын толкуну, ал тамак-аш ашказанга түшкөндө жээк сымал ичегиде пайда болот.

**РЕФЛЮКС ГАСТРОЭЗОФАГЕАЛЬНЫЙ (gastro-oesophageal reflux), гастроэзофагеалдык рефлюкс** – ашказанда болгондун баары кайра кызыл өңгөчкө баргандагы абал.

## С

**САХАРАЗА (sucrase), сахараза** – ичке ичегинин темирлери менен секрецияланган фермент, ал гидролиз сахарозаны курамдык бөлүктөргө (глюкозаны жана фруктозаны) катализациялайт.

**СИНДРОМ КЛЕЙНА – ЛЕВИНА (Kleine – Levin syndrome), Клейн – Левин синдрому** – сейрек кездешүүчү эпизодикалык бузулуш, кез-кези менен бир нече күн бою адам тамак ичкиси келип тойсо да бойбогондой жеп же болбосо уктай эле берет, уктаса да уктабагандай болуп, агрессивдүү өзүн алып жүрүүчү абал.

**СИНДРОМ МАЛЛОРИ – ВЕЙССА (Mallory – Weiss syndrome), Маллори – Вейсс синдрому** – кызыл өңгөчтүн былжырлуу челинин жана ашказан менен кошулган жерден айрылуу, адатта ал катуу кусуунун кесепетинен айрылат.

**СИНДРОМ МЕНДЕЛЬСОНА (Mendelson's syndrome), Мендельсон синдрому** – бул курч экссудативдик пневмонит (аспирационндук синдром). Орулуу менен регургитацияланган аш-казан ичиндегиси менен дем алуусу, бул мезгилде ал жалпы анестезия абалында болот, мындай көрүнүш орулуунун аноксиядан өлүмгө алып келиши мүмкүн же өпкөнүн тканынын кыйла жабырканышын туудурушу мүмкүн, ал өпкөнүн шишип кетиши менен жана кескин бронхоспазм менен коштолот.

**СИНДРОМ РАЗДРАЖЕНИЯ КИШЕЧНИКА (irritable bowel syndrome), СИНДРОМ РАЗДРАЖЕННОЙ ТОЛСТОЙ КИШКИ (spastic colon), КОЛИТ СЛИЗИСТЫЙ (mucous colitis), ичегилердин дүүлүгү синдрому, дүүлүгүүгө учураган жоон ичеги синдрому, былжырлуу колит** – ич катуу жана/же ич өтүү менен коштолуп, мезгил-мезгили менен ич ооруну жаратуучу кеңири таралган оору; оору адамдын жалпы абалына эч кандай таасир этпестен көптөгөн жылдарга созулушу мүмкүн. Баардык симптомдор, негизинен ичеги бетинин булчуңдуу жыйрылуусунун бузулушу менен байланыштуу.

**СИНДРОМ РАЗДРАЖЕННОЙ ТОЛСТОЙ КИШКИ (spastic colon), дүүлүккөн жоон ичегинин синдрому** – караңыз: Жоон ичегинин дүүлүгүү синдрому.

**СИНДРОМ СЛЕПОЙ ПЕТЛИ (blind loop syndrome, stagnant loop syndrome), сокур илмек синдрому** – ичке ичегинин токтоп калган (стаз) абалы, ал анда бактериялардын көбөйүшүнө шарт түзөт, сиңирилишинин бузулушуна (малабсорбциясына) жана заң массасы менен көп санда майлардын бөлүнүп чыгышына алып келет (караңыз: Стеаторея).

**СМОЛЫ КАТИОННОГО ОБМЕНА (cation-exchange resins), катиондук алмашуу чайырлары** – бөйрөк жана жүрөк ооруларын дарылоодо адам денесиндеги электролиттик балансты нормалдаштыруу үчүн тамак-ашка кошумча катары берилүүчү сууда эрибей турган химиялык бирикмелер.

**СОК (succus), суюктук же шире** – каалагандай суюктук, шире же жаныбардын секрети же болбосо өсүмдүктөн келип чыккан.

**СОК ЖЕЛУДОЧНЫЙ (gastric juice), ашказан суюктугу** – аш-казан бездери тарабынан бөлүнүп чыга турган суюктук. Анын негизги компоненттери болуп: туз кислотасы, былжыр, муцин, реннин жана пепсиноген саналат.

**СОК ПОДЖЕЛУДОЧНОЙ ЖЕЛЕЗЫ (pancreatic juice), карын алдындагы бездин суюктугу** – тамак сиңирүү процессинде катышуучу суюктук, ал карын алдындагы экзокриндик без бөлүгү менен секрецияланат.

**СОК ТОНКОЙ КИШКИ, СОК КИШЕЧНЫЙ (succus entericus, intestinal juice), ичке ичеги суюктугу, ичегилер суюктугу** – ичке ичеги бездери тарабынан бөлүнүп чыккан тунук, щелочтук суюктук. Бул суюктуктун курамына энтеропептидаза, эрепсин, лактаза жана сахараза менен бирге былжыр жана тамак сиңирүүчү ферменттер кирет.

**СПРУ (sprue, psilosis), спру** – ичке ичеги оорусуна байланыштуу тамак-аштын сиңбей калышы. Тропикалык спру (tropical sprue) көбүнчө мелүүн климаттуу райондордо жашаган адамдар ысык тропикалык климаттуу аймактарга барып калган учурларда байкалат. Аталган оорунун симптомдоруна: ич өткөк (адатта, стеаторея), тилдин сезгенүүсү (глоссит), ошондой эле анемия жана салмактын азайышы кирет. Кошумча караңыз: Ич оорусу (нетропикалык спру), Сиңирилүүнүн бузулушу (Малабсорбция).

**СТЕАТОРЕЯ (steatorrhoea), стеаторея** – заңда майдын санынын өтө көп болушу. Бул уйку безинен чыккан ферменттин жоктугунда байкалат.

**СТЕРКОБИЛИН (stercobilin), стеркобилин** – күрөң-кызыл пигмент, ал билевердин жана билирубин өт пигменттеринин метаболизм процессинде пайда болот, алар болсо өз

кезегинде гемоглобинден пайда болушат. Акырында стеркобилин организмден заара же заң массасы аркылуу чыгат.

**СТЕРКОЛИТ (stercolith), стерколит** – кургак, катып калган заң массасынан жаралуучу конкремент.

## Т

**ТЕНИОЗ (taeniasis), тениоз** – Taenia деп аталган тасма курттан пайда болгон мите оорусу. Адамга бул курттун личинкасы чийки же чала бышырылган малдын эти аркылуу жугат. Курттун ичегиге келип түшүүсү адамдын тез ачыгышына, тамакка болгон табитинин ойгонушуна, ошол эле учурда салмактын азайышына алып келет. Кошумча караңыз: Цистицеркоз.

**ТОНКОКИШЕЧНЫЙ (enteric), ичке ичегилик** – ичке ичегиге тиешеси бар же аны жабыркоого тиешеси бар сөз.

**ТРАКТ ПИЩЕВАРИТЕЛЬНЫЙ (alimentary canal), тамак сиңирүүчү система** – тамак азыгын механикалык жана химиялык иштетүү жолу аркылуу сиңирип, иштетилбей же иштетилгенгенден калганын сыртка чыгара турган органдар системасы. Тамак сиңирүүчү системанын ооз көңдөйүнөн тартып көтөн чучукка чейинки ар бир бөлүгү тамак сиңирүү процессинде өзгөчө функцияга ээ.

**ТРИПСИН (trypsin), трипсин** – уйку бези чыгарган белокту ажыратуучу фермент, суюктук.

**ТРИХИУРИАЗ (trichuriasis), трихиуриаз** – жоон ичегинин инвазиясы. Trichuris trichiura түрүндөгү чач баштууларга кирет; дарт өзгөчө нымдуу тропикалык климаты бар аймактарда таралат.

**ТРИХОМОНИАЗ (trichomoniasis), трихомониаз** – 1. Тамак-аш сиңирүүчү системадагы Trichomonas hominis түрүндөгү жөнөкөйлөр тарабынан пайда болуучу инфекция. 2. Trichomonas vaginalis түрүндөгү жөнөкөйлөр тарабынан жыныстык органдардагы былжырлуу катмарлардын сезгениши (караңыз: Вагинит). Бул түрдөгү жөнөкөйлөрдүн организмге келип түшүүсү (көбүнчө эркек адамда), сийдик чыгуучу каналдын сезгенишин жаратат.

**ТУБУЛОПАТИИ (tubulopathy), тубулопатийлер** – бул бөйрөк оорусу, мында башында түтүктөр жабыркайт, алардын реабсорбционндук, концентрационндук жана секретордук функциялары жабыркайт. Тубулопатийлер тубаса жана ээ болгон оору болушат.

## У

**УРЧАНИЕ (borborygmus, көпч. borborygmi), ичтин курулдаганы** – ичегилердеги суюктук жана газ кыймылы менен байланышкан өзгөчө үндөр. Ичтин өтө катуу курулдоосу ичегилердин дүүлүгүүсү, бүтөлүп калуусу же газдын ашыкча чогулуусу менен байланыштуу.

## Ф

**ФЕКАЛИИ, МАССЫ КАЛОВЫЕ (faeces), фекалийлер, заң массасы** – организмден заң чыгуучу жерден чыгуучу азык. – Фекалдык (faecal).

**ФЕКАЛЬНЫЙ (stercoraceous), фекалдуу** – заң жана аларга тиешелүү сөз.

**ФЕРМЕНТ ПРОТЕОЛИТИЧЕСКИЙ, ПРОТЕАЗА, протеолитикалык фермент, протеаза** – тамак сиңирүүчү фермент, ал белоктордун жок кылышын туудурат. Караңыз: Эндопептидаза, Экзопептидаза.

**ФЛОРА КИШЕЧНИКА** (**intestinal flora**), **ичегинин флорасы** – адатта ичегиде болуучу бактериялар. Алардын кээ бирлери К витамининин синтези үчүн жооп беришет.

## Х

**ХИМУС** (**chyme**), **химус** – жарым суюк кычкыл масса, ал ашказан суюктугу менен кошулганда пайда болот.

**ХОЛАНГИТ** (**cholangitis**), **холангит** – өт чыгуучу түтүкчөлөрдүн сезгенч оорусу. Адатта, түтүкчөлөрдүн таш менен бүтөлүп калуусунан улам пайда болот.

**ХОЛЕДОХОЛИТИАЗ** (**choledocholithiasis**), **холедохолитиаз** – өт түтүктөрүндө таштын бар экендиги. Адатта, таштар өт баштыкчасында пайда болушуп, андан кийин гана өт түтүктөрүнө өтүшөт; ошого карабастан алар түздөн-түз өт түтүктөрүнүн ичинде да пайда болушу мүмкүн.

**ХОЛЕЛИТИАЗ** (**cholelithiasis**), **холелитиаз** – өттө таштардын пайда болушу (караңыз: Өт баштыкчасындагы таштар).

**ХОЛЕРЕЗ** (**choleresis**), **холерез** – өт чыгуу менен катар башка суюктардын дагы чыгышы.

**ХОЛЕРЕТИК** (**choleretic**), **холеретик** – зат, ал боордо өттүн секрециясын стимулдаштырат.

**ХОЛЕСТАЗ** (**cholestasis**), **холестаз** – норма менен салыштырганда ичегиге өт суюктугунун жетишээрлик эмес камсыздалышы, ал обтурациялык сарык менен мүнөздөлөт.

**ХОЛЕЦИСТОДУОДЕНОСТОМИЯ** (**cholecystoduodenostomy**), **холецистодуоденостомия** – холецистоэнтеростомиянын түрү. Мында өт баштыкчасы менен он эки эли жоон ичеги ортосунда анастомоздун пайда болушу күтүлөт.

**ХОНДРОДИСПЛАЗИЯ** (**chondrodysplasia**), **ХОНДРООСТЕОДИСТРОФИЯ** (**chondro-osteodystrophy**), **ХОНДРОДИСТРОФИЯ** (**chondrodystrophy**), **хондродисплазия, хондроостеодистрофия, хондродистрофия** – тукум куучулук дарт, ал кемирчек ткандагы өрчүүнүн бузулушу менен байланышкан (Морхио – Брайлсфорд (Morquio – Brailsford disease дарты деп аталат)); тубаса мукополисахариддердин метаболизминин бузулушунун кесепетинде пайда болот.

## Ц

**ЦИСТИНОЗ** (**cystinosis**), **цистиноз** – аминокислоталар метаболизминин тубаса оорусу; кан, бөйрөк жана лимфатикалык системаларда цистин аминокислоталарынын өтө көп болушуна алып келет. Кошумча караңыз: Фанкони синдрому.

## Ш

**ШИГЕЛЛЕЗ** (**shigellosis**), **шигеллез** – бациллярдык дизентерия оорусунун келип чыгуусун шарттай турган Shigella түрүндөгү патогендүү бактериялардын тамак сиңирүүчү системага келип түшүүсү.

## Э

**ЭЗОФАГИТ** (**oesophagitis**), **эзофагит** – кызыл өңгөчтүн сезгениши. Кызыл өңгөчтүн диафрагма туштагы тешигинде шишиктин пайда болуусу жана карын кычкыл согунун такай регургитациясы, рефлюкс – эзофагит өндүү оору түрү менен коштолуусу мүмкүн.

**ЭЗОФАГОГАСТРОДУОДЕНОСКОПИЯ (oesophagogastroduodenoscopy, OGD), эзофагогастродуоденоскопия** – бул – оптикалык эндоскоптун же видеокамеранын жардамы аркылуу кызыл өңгөч, карын жана он эки эли ичегини эндоскопиялык жол аркылуу изилдөө. Кошумча караңыз: Гастроскоп.

**ЭЗОФАГОЦЕЛЕ (oesophagocele), эзофагоцеле** – булчуңдуу катмардагы дефекттин натыйжасында кызыл өңгөчтөгү былжырлуу кыртыштын сыртын көздөй торсойуп чыгып калуусу.

**ЭНДОПЕПТИДАЗА (endopeptidase), эндопептидаза** – тамак сиңирүүчү фермент (мисалы, пепсин). Салыштыруу үчүн: Экзопептидаза. Кошумча караңыз: Пептидаза.

**ЭНКОПРЕЗ (encopresis), энкопрез** – заңды токтото албоо; ар кандай психикалык ооруларда кездешүүсү мүмкүн.

**ЭНТЕРАЛГИЯ (enteralgia), энтералгия** – ичеги-карында болгон катуу ооруу. Караңыз: Абдоминалдык колика.

**ЭНТЕРАЛЬНЫЙ (enteral), энтералдык** – ичегиге тиешеси бар сөз.

**ЭНТЕРИТ (enteritis), энтерит** – ичке ичегинин ички катмарынын сезгениши, адатта, ал ич өткөк менен коштолот. Инфекциялык энтерит адам организмине бир катар вирус же бактериялардын келип түшүүсүнөн улам келип чыкса, радиациялык энтерит рентген нурлары же радиоактивдүү изотоптордун таасири менен байланыштуу. Кошумча караңыз: Крон оорусу (аймактык энтерит); Гастроэнтерит.

**ЭНТЕРОБИОЗ (enterobiasis), ОКСИУРОЗ (oxyuriasis), энтеробиоз, оксиуроз** – жаш балдарда кездешүүчү оору. Жоон ичегини байырлай турган Enterobius vermicularis түрүндөгү нематоддор тарабынан пайда болот (караңыз: Острица).

**ЭНТЕРОГЕННЫЙ (enterogenous), энтерогенндик** – ичегиде өрчүгөн.

**ЭНТЕРОКОЛИТ (enterocolitis), энтероколит** – жоон жана ичке ичегилердин экөөнүн тең ички катмарынын сезгенип оорушу. Кошумча караңыз: Колит, Энтерит, Некротикалык энтероколит.

**ЭНТЕРОКОЛИТ (ileocolitis), энтероколит** – капчыт жана жээк сымал ичегинин сезгениши. Анын өрчүшүнүн себеби болуп Крон оорусу жана кургак учук оорусу болуп саналат.

**ЭНТЕРОКОЛИТ НЕКРОТИЗИРУЮЩИЙ (necrotizing enterocolitis (NEC)), некроздолгон энтероколит** – ымыркайлардын биринчи үч жуманын ичинде өрчүгөн ичеги оорусу; көпчүлүк учурда мөөнөтүнөн эрте төрөлгөн балдарда кезигет.

**ЭНТЕРОМЕГАЛИЯ (enteromegaly), энтеромегалия** – (сейрек кездешет) ичегинин патологиялык жооноюсу.

**ЭНТЕРОПАТИЯ (enteropathy), энтеропатия** – ичке ичегилер оорусунун жалпы аталышы. Кошумча караңыз: Ич оорулар (глютендик энтеропатия).

**ЭНТЕРОПТОЗ (enteroptosis), энтероптоз** – ичегилердин төмөн түшүп кетиши. Өзүнөн өзү эч кандай ооруларды козгобойт, ички органдардын анатомиялык жактан жылып кетүүнү камтыйт.

**ЭПИТАЛАКСИЯ (epithalaxia), эпиталаксия** – эпителиалдык клеткалардын сыйрылып түшүп калуусу (слущивание) (бул термин көпчүлүк убакта ичегинин эпителийине тийиштүү колдонулат).

**ЭРГОТИЗМ (ergotism), эрготизм** – унда өскөн грибок аркылуу ууулануу.

## Я

**ЯЗВА ДВЕНАДЦАТИПЕРСТНОЙ КИШКИ (duodenal ulcer), он эки эли ичеги жарасы** – он эки эли ичегинин былжырлуу катмарына кислота жана пепсиндин тийгизген таасиринен улам пайда болуучу жара.

**ЯЗВА ЖЕЛУДКА (gastric ulcer), карын жарасы** – карын бетинин былжырлуу катмарына кислота, пепсин жана өттүн таасир этүүсүнөн улам пайда болот.

**ЯЗВА КУРЛИНГА ОСТРАЯ ТРОФИЧЕСКАЯ (Curling's ulcers), курч трофикалык Курлинг жарасы** – олуттуу травма же күйүп калуусунан улам пайда болуучу карындагы же он эки эли ичегидеги жарасы.

**ЯЗВА НАГА (Naga sore), Нага жарасы** – караңыз: Тропикалык жара.

**ЯЗВА ПЕПТИЧЕСКАЯ (peptic ulcer), пептикалык жара** – аш сиңирүүчү системанын былжырлуу челинин жабыркашы; пепсин жана туз кислотасынын бузулушунун таасиринен улам пайда болот.

**ЯЗВА ПИЩЕВОДА (oesophageal ulcer), кызыл өңгөчтүн жарасы** – караңыз: Кызыл өңгөчтүн пептикалык жарасы, Эзофагит.

# ГЕМАТОЛОГИЯ



## А

**АКАПНИЯ (acapnia), ГИПОКАПНИЯ (hypocapnia), акапния, гипокапния** – кандын тутумунда көмур кычкыл газынын жоктугу.

**АНГИДРЕМИЯ (anhydraemia), ангидремия** – канда суунун көлөмү азайып ал болсо канда плазманын азайышына алып келет. Кандын суюктугу азайып, кандын коюулуусун пайда кылат.

**АНЕМИЯ (anaemia), анемия** – аз кандуулук, канда эритроциттердин жана гемоглобиндин азайышы; аз кандулуктун пайда болуусу анын себебине жараша көп түргө бөлүнөт. – Анемиялык (anaemic).

**АНЕМИЯ ПЕРНИЦИОЗНАЯ (pernicious anaemia), БОЛЕЗНЬ АДДИСОНА – БИРМЕРА, пернициоздуу анемия, Аддисон – Бирмер оорусу** – кандын ичиндеги клеткалардын көрүнүшү ар түрлүү өзгөрүп, андан башка дагы тамак сиңирүү аппараттары менен нерв системасы өзгөрүүлөргө учурагандагы аз кандуулук.

**АНИЗОЦИТОЗ (anisocytosis), анизоцитоз** – кандагы эритроциттердин ар түрлүү көлөмдө болушу.

**АНОКСЕМИЯ (anoxaemia), аноксемия** – кандагы кислороддун аздыгы. Кошумча караңыз: Аноксия, Гипоксемия.

**АУТОАГГЛЮТИНАЦИЯ (autoagglutination), аутоагглютинация** – адамдын эритроциттеринин анын өзүнүн сывороткасы менен чапталуусу, ал анда атайын ауто бөтөн денелердин болушу менен туудурулат; көпчүлүк мезгилде гемолитикалык аз кандуулукта байкалат (аутоиммундук ооруда).

**АУТОТРАНСФУЗИЯ (autotransfusion), аутотрансфузия** – орулууга кан куюу, ал кан операция убагында андан алынган.

**АФИБРИНОГЕНЕМИЯ (afibrinogenaemia), афибриногенемия** – кандын плазмасында фибриноген факторунун жоктугунан кандын уюбастыгы. Салыштыруу үчүн: Гипофибриногенемия.

**АЦИДЕМИЯ (acidaemia), ацидемия** – кандын аномалдык жогору кычкылдыгы. Кошумча караңыз: Ацидоз. Салыштыруу үчүн: Алкалемия.

## Б

**БАРЬЕР ГЕМАТОЭНЦЕФАЛИЧЕСКИЙ (blood-brain barrier), гематоэнцефаликалык тоскоолдук** – механизм, анын жардамы менен адамдын денесиндеги циркуляцияланган кан, мээнин клеткаларын курчаган суюк ткандар менен аралашпайт.

**БИЛИРУБИНЕМИЯ (bilirubinaemia), билирубинемия** – канда өт пигментинин билирубининин жогору болуусу.

**БОЛЕЗНЬ КИНБЕКА (Kienbock's disease), Кинбек оорусу** – бейбелчек жарым ай сымал сөөгүнүн некрозу, ал кан менен камсыз кылуунун бузулушунун кесепетинен пайда болот.

**БОЛЕЗНЬ КРИСТМАСА (Christmas disease), Кристмастын оорусу** – өзүнүн симптомдору менен геиофилияга окшош дарт, бирок анын себеби болуп кандын – Кристмас факторунун (Christmas factor) (фактор IX) жетишсиздиги болуп саналат.

**БОЛЕЗНЬ ЛЕГГА – КАЛЬВЕ – ПЕРТЕСА (Legg – Calve –Perthes disease), БОЛЕЗНЬ ПЕРТЕСА (Perthes disease), ПСЕВДОКОКСАЛГИЯ (pseudocoxalgia), Легг – Кальве – Пертес оорусу, Пертес оорусу, псевдококсалгия** – кан айлануунун бузулушу жана сырткы катмарындагы некроздун (аваскулярдык некроз) кесепетинен улам кашка жилик башынын асептикалык сезгенүүсү. Көпчүлүк учурларда бул оору менен 5 тен 10

жашка чейинки эркек балдар жабыркашат. Оорунун натыйжасында бут сөөктөрү деформацияланып, кыскарууга учуроо менен сөөк остеоартрити козголот.

**БОЛЕЗНЬ СЕРПОВИДНО-КЛЕТОЧНАЯ (sickle-cell disease), ДРЕПАНОЦИТОЗ (drepanocytosis), ай сымал-клеткалык оору, дрепаноцитоз** – тукум куучулук кан оорусу, ал көбүнчө Африка калкында таралган оору. Бул дарт, эгер ата-эненин экөөндө тең ай сымал-клеткалык ген болсо, жана аномалдык типтеги гемоглобин – ай сымал гемоглобиндин пайда болушу менен мүнөздөлөт.

**БОЛЕЗНЬ «ТРАНСПЛАНТАТ ПРОТИВ ХОЗЯИНА» (graft-versus-host disease, GVHD), трансплантат ээсине каршы оорусу** – сөөк чучугун алмаштырып салуу жана кан алмаштырып куюудан кийин дене же кан лимфоциттеринин трансплантата салынган жердеги ткандарга каршы айыгышкан күрөш жүргүзүүсүнүн натыйжасында келип чыккан абал. Мындай учурда негизинен тери, ичеги-карын жана боор жабыр тартат.

**БОЛЕЗНЬ ФОН ВИЛЛЕБРАНДА (von Willebrand's disease), Фон Виллебранд оорусу** – тукум куучулук жалган гемофилия оорусу. Гемофилиядагы эпизодикалык спонтандык кан токтобостуктай мүнөздөлүп, VIII фактордук жетишсиздик менен коштолушу мүмкүн. Оору аутосомдук доминанттуулук принцип боюнча тукум кууйт.

## В

**ВИРУС ПОЛИОМИЕЛИТА (poliovirus), полиомиелит вирусу** – РНК тобунун анча чоң эмес өкүлү. Адамдарда полиомиелиттин өрчүшүн алып келет. Бул топтор пикорнавирустардын тобуна киришет.

**ВЛИВАНИЕ (drip), ВВЕДЕНИЕ ВНУТРИВЕННОЕ КАПЕЛЬНОЕ (intravenous drip), куюу, венанын ичине тамчылап куюу** – орулуунун тамырына кандын, плазманын, туз эритмесин, глюкозанын эритмесин жана башка эритмелерди көп убакытка чейин куюуучу аппарат.

**ВНЕКЛЕТОЧНЫЙ (extracellular), клеткадан тышкары** – клеткадан тышкары пайда болгон же орун алган, мисалы клеткадан сырткары суюктук (extracellular fluid), бул суюктук клетканы курчап турат.

**ВРЕМЯ КОАГУЛЯЦИИ (coagulation time), ВРЕМЯ СВЕРТЫВАНИЯ (clotting time), коагуляция мезгили, кандын уюуу мезгили** – кан уюуу мезгили, канга керек болгон кандын плазмасы (караңыз: Кандын уюушу). Бул көрсөткүч кандын уюулушунун түрдүү процесстеринин этабын тестирлөө үчүн колдонууга болот.

**ВРЕМЯ СВЕРТЫВАНИЯ (clotting time), кандын уюуу мезгили** – караңыз: Коагуляция мезгили.

## Г

**ГАММАГЛОБУЛИН (gamma globulin), гаммаглобулин** – кандын плазмасында болгон белок, аны электр талаасындагы кыймылдын ылдамдыгы менен идентификацияласа болот (караңыз: Электрофорез). Баардык эле гаммоглобулиндер иммуноглобулинддер болуп эсептелет. Гаммаглобулиндин инъекциясы адамды гепатит А дан коргонууга мүмкүнчүлүк берет. Мындан тышкары бул инъекция Кавасаки оорусундагы артерияларды жабыркоо коркунучун азайтат (кошумча караңыз: Глобулин).

**ГЕМАГГЛЮТИНАЦИЯ (haemagglutination), гемагглютинация** – суюктуктун ичиндеги эритроцитердин бири бирине чапташып, жабышып калуусу (караңыз: Агглютинация).

**ГЕМАТОКРИТ (haematocrit), гематокрит** – кандагы ар түрлүү денечелер менен анын суюк бөлүгүнүн катнашы. Канда эритроциттердин жалпы көлөмү.

**ГЕМАТОЛОГИЯ (haematology), гематология** – кандын пайда болушун, аткарган кызматын, анын оорусун талдай турган илим. – Гематологиялык (haematological). – Гематолог (haematologist).

**ГЕМОДИАЛИЗ (haemodialysis), гемодиализ** – организмден бөлүнүп чыккан продукт же уу заттарынын диализ аркылуу алынып салынышы. Гемодиализ бөйрөк функциялары кескин түрдө бузулган бейтаптарда жасалат; ал «жасалма бөйрөк» (artificial kidney) же диализатор (dialyser) аркылуу ишке ашат.

**ГЕМОЛИЗ (haemolysis), гемолиз** – кызыл кан денечелеринин кабыкчасынын айрылышы, жарылышы.

**ГЕМОПЕРИТОНЕУМ (haemoperitoneum), гемоперитонеум** – кандын көңдөйдө – париеталдык жана висцералдык катмарлардын ортосунда болушу.

**ГЕМОПОЭЗ, КРОВЕТВОРЕНИЕ (haemopoiesis, haematopoisis), гемопоэз, кан жасоо** – кан клеткаларынын жана тромбоциттердин пайда кылуу процесси. Адам өмүрүнүн акырына чейин өтүүчү процесс, эски клеткаларды жаңы клеткаларга алмашууну алып барат. Кошумча караңыз: Эритропоэз, Лейкопоэз, Тромбопоэз. – Гемопоэтикалык (haemopoietic).

**ГЕМОРРАГИЧЕСКИЙ (haemorrhagic), гемморологиялык** – көп кан жоготуу менен коштолот (караңыз: Кан агуу). Мындай учурда адамда геморралогиялык аз кандуулук (haemorrhagic anaemia) өрчүйт (караңыз: Анемия).

**ГИДРЕМИЯ (hydraemia), гидремия** – канда норма менен салыштырганда плазманын көп болушу.

**ГИПЕРГЛИКЕМИЯ (hyperglycaemia), гипергликемия** – кан курамында глюкоза өлчөмүнүн жогору болуусу. Бул ар кыл оорупарда кезигүүсү мүмкүн. Ошого карабастан гипергликемия кан диабетинде көбүрөөк кездешүү менен организмдеги инсулин гормондорунун жетишсиздигинен жана углеводдун ашыкча пайдаланылгандыгынан кабар берет. Өз учурунда дарыланууга алынбаса, диабетик комага өтүп кетүүсү мүмкүн.

**ГИПЕРКАЛИЕМИЯ (hyperkalaemia), гиперкалиемия** – адатта, бөйрөктөрдүн начар иштешинен улам кандагы калий курамынын адаттан тышкары жогору болуусу (кошумча караңыз: Электролит).

**ГИПЕРКАЛЬЦИЕМИЯ (hypercalcaemia), гиперкальциемия** – канда кальцийдин аномалдуу көп болушу. Салыштыруу үчүн: Гипокальциемия.

**ГИПЕРСПЛЕНИЗМ (hypersplenism), гиперспленизм** – канда эритроциттердин, лейкоциттердин жана тромбоциттердин санынын азайышы, алардын бузулушунунун жана топтолушунун жыйынтыгында көк боордун чоңоюшуна алып келет (караңыз: Спленомегалия).

**ГИПЕРХЛОРЕМИЯ (hyperchloraemia), гиперхлоремия** – канда хлорид – иондордун аномалдуу көп болушу.

**ГИПЕРХОЛЕСТЕРИНЕМИЯ (hypercholesterolaemia), гиперхолестеринемия** – канда холестерин затынын көптүгү. Көбүнчө бөйрөк атеросклероз оорусуна жана боор кээ бир дартка чалдыкканда байкалат (караңыз: Холестерин).

**ГИПОГАММАГЛОБУЛИНЕМИЯ (hypogammaglobulinaemia), гипогаммаглобулинемия** – канда гаммаглобулин белогунун жетишсиздиги. Кээ бир лимфомалардын өрчүшүндө байкалат.

**ГИПОГЛИКЕМИЯ (hypoglycaemia), гипогликемия** – канда глюкозанын өлчөмүнүн төмөн болушу. Бул булчуңдардын шалакылыгынын өрчүшүнө жана кыймыл координациянын бузулушуна алып келиши мүмкүн, жана өтө көп тердегендикке алып келет. – Гипогликемикалык (hypoglycaemic).

**ГИПОКАЛЬЦИЕМИЯ (hypocalcaemia), гипокальциемия** – канда кальцийдин иондорунун аз санда болушу (караңыз: Тетания). Салыштыруу үчүн: Гиперкальциемия.

**ГИПОКАПНИЯ (hypocapnia), гипокапния** – караңыз: Акапния.

**ГИПОНАТРИЕМИЯ (hyponatraemia), гипонатриемия** – натрий иондордун аз көлөмдө болушу: организмде суунун жетишсиздигинен байкалат (караңыз: Электролит).

**ГИПОПРОТЕИНЕМИЯ (hypoproteinaemia), гипопротеинемия** – канда белоктун жалпы көлөмүнүн паталогилык аздыгы. Адамдарда тамакты аз жегендиктен, организмден белокторду чыгарууда өрчүйт. Натыйжада адамда ткандарга суу толуп, шишип кетүү болот да, түрдүү инфекцияларга дуушар болуусу пайда болот (кошумча караңыз: Гипогаммаглобулинемия).

**ГИПОПРОТРОМБИНЕМИЯ (hypoprothrombinaemia), гипопротромбинемия** – кандын уюшунун протромбин факторунун жетишсиздиги, анын кесепетинен адамда кан токтобостук байкалат.

**ГИПОФИБРИНОГЕНЕМИЯ (hypofibrinogenaemia), ФИБРИНОГЕНОПЕНИЯ (fibrinogenopenia), гипофибриногенемия, фибриногенопения** – кан уютуучу фибриноген фактордун азайышы, анын кесепетинен адам кан токтобостукка дуушар болот.

**ГИПОХЛОРЕМИЯ (hypochloraemia), гипохлоремия** – кандагы хлор иондордун санынын аномалдык азайышы.

**ГРУППА КРОВИ (blood group), кандын тобу** – адамда кездешүүчү кандын типтеринин бири.

**ГУМОРАЛЬНЫЙ (humoral), гумоpалдык** – канда циркуляцияланган; гуморалдык иммунитет канда атайын бөтөн денелердин болушу менен шартталат.

## Д

**ДВС-СИНДРОМ (DIC), ДВС-синдрому** – караңыз: Кан тамыр ичиндеги диссеминацияланган коагуляция.

**ДЕФИБРИНИЗАЦИЯ (deflbrination), дефибринизация** – кандан фибринди чыгаруу, өзгөчө кан плазмасынын бир белогун чыгаруу, ал анын уюшуна алып келет.

## З

**ЗАРАЖЕНИЕ КРОВИ (blood poisoning), кандын бузулуусу** – канда уу же көп сандагы бактериялардын бар экендиги. Мунун өзү адам организминде олуттуу мүнөздөгү кеселдин бар экендигинен кабар берет. Караңыз: Пиемия, Септицемия, Токсемия.

**ЗАСТОЙ (congestion), токтоп калуу** – веноздук басымдын жогору болуусуна байланыштуу кайсы бир орган ичине кандын чогулуп калуусу (мисалы, көпчүлүк учурларда жүрөк ооруларынан улам кандын өпкө – боорго чогулуп калгандыгын байкоого болот). Кандын токтоп калуусу өз учурунда шишикти пайда кылат.

## К

**КЕТОНЕМИЯ (ketonaemia), кетонемия** – канда кетон денелеринин болушу.

**КЛЕТКА БОКАЛОВИДНАЯ (ЭПИТЕЛИАЛЬНАЯ) (goblet cell), бокал сымал клетка (эпителиалдык)** – эпителийдин түркүк сымал секретордук клеткасы, ал дем алуу жолдордун жана ичегилердин былжыр челинде жайгашкан. Бул клеткалар былжырдын негизги санын секрециялайт.

**КЛЕТКА ВОРСИНЧАТАЯ (Hairy Cell), түктүү клетка** – кандын аномалдык ак клеткасы, ал өзүнүн тышкы келбети менен өрчүбөгөн лимфоцитти элестетет. Бул клеткалар организмде сейрек кездешүүчү лейкемиянын (түктүү клеткалык (hairy-cell leukaemia)) формасы кездешкенде байкалат.

**КЛЕТКА КРОВЕТВОРНАЯ СТВОЛОВАЯ (haemopoietic stem cell), кан түзүүчү сөңгөк клеткалар** – клетка, андан кан клеткалардын баардык түрлөрү пайда болот. Кошумча караңыз: Гемопоэз.

**КЛЕТКА КРОВИ (blood cell), ЧАСТИЦА КРОВИ (blood corpuscle), кан клеткасы, кан бөлүкчөсү** – канда болуучу клетка. Бул клеткалар эки негизги түргө бөлүнүшөт: кандын кызыл клеткалар (эритроциттер) жана ак клеткалар (лейкоциттер), курамына гранулоциттер, лимфоциттер жана моноциттер киришет.

**КРАСИТЕЛЬ ГИМЗА (Giemsa's stain), Гимза боёгучу** – көк метилендин жана эозиндин кошулмасы, ал кандагы түрдүү белоктордун тибин аныктоо үчүн жана кан мазокторунда мителик микроорганизмдердин аныктап чыгуу үчүн колдонулат.

## Л

**ЛЕЙКЕМИЯ МИЕЛОИДНАЯ (myeloid leukaemia), миелоиддик лейкемия** – лейкемиянын түрү, мында сөөктүн кызыл чучугунун кан жасоочу (миелоиддик) ткандын миелопоэтикалык клеткаларынын аномалдык түрдө бат көбөйүшү байкалат. Миелоиддик лейкемия курч же өнөкөт болот; дарт сөөк чучугу бөлүп чыгарган каалаган клеткаларды жабыркашы мүмкүн.

**ЛЕЙКОЛИЗИН (leucolysin), лейколизин** – караңыз: Лизин.

**ЛЕЙКОПЕНИЯ (leucopenia), лейкопения** – кандагы лейкоциттердин санынын азайышы. Караңыз: Эозинопения, Лимфопения, Нейтропения.

**ЛЕЙКОПОЭЗ (leucopoiesis), лейкопоэз** – лейкоциттердин өсүп жетилүү жолу. Кошумча караңыз: Гранулопоэз, Гемопоэз, Лимфопоэз, Монобласт.

**ЛЕЙКОЦИДИН (leucocidin), лейкоцидин** – бактериалдык экзотоксин, ал лейкоциттерди тандап жабыркайт.

**ЛЕЙКОЦИТ (leucocyte), КЛЕТКА КРОВИ БЕЛАЯ (white blood cell), лейкоцит, кандагы ак клеткасы** – амёба сымал кыймыл-аракет жөндөмдүүлүгүнө ээ кандагы ядролуу ак клетка. Организмде бул клеткалардын үч негизги түрү кездешет: гранулоцит, лимфоцит жана моноциттер; алар организмге бөлөк заттардын келип түшүүсүнүн алдын алышат жана ар кандай антителолорду чыгарышат.

**ЛЕЙКОЦИТОЗ (leucocytosis), лейкоцитоз** – дененин орто чениндеги мүчөлөрдөгү канынын лейкоциттеринин саны, чет жак мүчөнүн лейкоциттеринин санынан аз болушу. Лейкоцити арбын болуп кетиши дененин бир жеринде кандайдыр бир сезгенич бар экендигине күнөм саналат. Караңыз: Базофилия, Эозинофилия, Лимфоцитоз, Моноцитоз.

**ЛЕПТОЦИТ (leptocyte), лептоцит** – аномалдык тар эритроцит. Лептоциттердин канда пайда болушу, кээ бир анемиялардын түрүнө мүнөздүү болот.

**ЛИМФОКИН (lymphokine), лимфокин** – лимфоциттер менен бөлүнүп чыгарылган зат; иммундук системанын башка клеткаларына таасир тийгизет. Лимфокинге мисалы катары интерлейкин 2 ни келтирсек болот.

**ЛИМФОПЕНИЯ (lymphopenia), ЛИМФОЦИТОПЕНИЯ (lymphopenia), лимфопения, лимфоцитопения** – кандагы лимфоциттердин сан жагынан азайышы. Ар кандай ооруларда байкалат.

**ЛИМФОПОЭЗ (lymphopoiesis), лимфопоэз** – лимфоциттердин пайда болуу процесси, баш сөөктөгү лимфа бездеринде, көк боордо, тимуста жана ичеги карылардын капталдарында кездешет.

**ЛИМФОЦИТОЗ (lymphocytosis), лимфоцитоз** – канда лимфоциттердин көп санда болушу. Лимфоцитоз ар кандай дарттарда өрчүшү мүмкүн, анын ичинде өнөкөт лимфоцитардык лейкемияда жана вирустук инфекцияларда.

## М

**МАКРОГЛОБУЛИН (macroglobulin), макроглобулин** – 1. Иммуноглобулин М (immunoglobulin M, IgM), иммуноглобулин М — канда болуучу глобулин, организмде антителолордун функциясын аткарат, тан тамырларга бактериялар киргенде коргойт. Кошумча караңыз: Иммуноглобулин. 2. Аномалдык форма IgM (караңыз: Парапротеин).

**МИКРОЦИТ (microcyte), микроцит** – көлөмү өзгөчө кичине эритроцит. Кошумча караңыз: Микроцитоз. – Микроцитардык (microcytic).

**МИКРОЦИТОЗ (microcytosis), микроцитоз** – канда көлөмү боюнча аномалдуу кичинекей эритроциттер (микроциттердин (microcytes)). Микроцитоз аз кандуулуктун белгиси болот.

**МОНОЦИТОЗ (monocytosis), моноцитоз** – канда моноциттердин көптүгү.

**МУКОПРОТЕИД, МУКОИД (mucoprotein), мукопротеид, мукоид** – татаал белоктор тобунун өкүлү, кан плазмасындагы глобулин фракциясында орун алган.

## Н

**НЕЙТРОПЕНИЯ (neutropenia), нейтропения** – кандагы нейтрофилдер санынын азайышы.

**НОРМОЦИТ (normocyte), нормоцит** – ядросуз, бирок көлөмү нормадагыдай эритроцит. Нормоцитардык анемия (normocytic anaemia) канда мындай эритроциттердин болушу менен мүнөздөлөт. – Нормоцитардык (normocytic).

## О

**ОБЪЕМ ЭРИТРОЦИТОВ ОБЩИЙ (packed cell volume), ГЕМАТОКРИТ (haematocrit), жалпы эритроциттердин көлөмү, гематокрит** – кандын көлөмүнүн бөлүгү, эритроциттердин үлүшүнө таандык. Эритроциттердин жалпы көлөмү ценрифугалык ыкма менен аныкталат.

**ОКРАШИВАНИЕ СУПРАВИТАЛЬНОЕ (supravital staining), суправиталдык боёо** – организмдеги дал келбес боёктун таасири менен тирүү тканды боёо.

## П

**ПАН (ГЕМО) ЦИТОПЕНИЯ (pancytopenia), пан (гемо) цитопения** – кандагы эритроцит (анемия), лейкоцит (нейтропения) жана тромбоциттердин (тромбоцитопения) бир учурда азайышы. Ар кыл оорулар менен бирге апластикалык анемия, гиперспленизм жана баш мээ шишигинде кездешет.

**ПЕРЕЛИВАНИЕ КРОВИ (blood transfusion), кан куюуу** – караңыз: Куюуу.

**ПИЕМИЯ (pyaemia), пиемия** – организмдин бүт ириңдеп кетиши. Кан аркылуу ириң тароо. Салыштыруу үчүн: Сапремия, Септицемия, Токсемия.

**ПЛАЗМА (plasma), ПЛАЗМА КРОВИ (blood plasma), плазма, кан плазмасы** – кандын суюк бөлүгү. Плазма 91 % суу, 6,5–8 % белок, 2 % дык аз молекулярдык кошулмалардан турат. Плазма натрий, калий, кальций жана башка көптөгөн микроэлементтердин органикалык эмес туздары жана активдүү биологиялык каражаттары аркылуу жаралат.

**ПЛАЗМА КРОВИ (blood plasma), кан плазмасы** – караңыз: Плазма.

**ПЛАЗМИН (plasmin), ФИБРИНОЛИЗИН (fibrinolysin), плазмин, фибринолизин** – плазманын глобулини. Ал фибрин менен окшош болот. Плазмин тромболитикалык эффектке ээ болот жана кандын коюлушун азайтат (караңыз: Фибринолиз).

**ПЛАЗМИНОГЕН (plasminogen), плазминоген** – канда болуучу глобулин, активдүү формасында ал плазмага айланышы мүмкүн. Караңыз: Фибринолиз, Ткандык плазминоген активатору.

**ПЛЕОЦИТОЗ (pleocytosis), плеоцитоз** – жүлүндүн тегерегиндеги суюктукта клеткалардын лимфоциттеринин көптүгү. Ал баш мээни жана жүлүндү каптап чыгат.

**ПОЙКИЛОЦИТОЗ (poikilocytosis), пойкилоцитоз** – канда ар кыл формадагы эритроциттердин (пойкилоциттердин) кездешүүсү. Өзгөчө, ал миелофиброздо, ошондой эле кандайдыр бир деңгээлде кандын ар кыл ооруларында кездешет.

**ПОЛИГЕН (polygene), полиген** – өзүнө окшош гендер менен бирдикте индивидуумдун белгилүү бир белгисине көзөмөлдүк кылуучу гендердин бири. Полигендер тарабынан көзөмөлдүккө алына турган белгилер, адатта, сандык жаратылышка ээ (мисалы, дене салмагы). Кошумча караңыз: Көп факторлуу. – Полигенндик (polygenic).

**ПОЛИЦИТЕМИЯ, ЭРИТРОЦИТОЗ (polycythaemia), полицитемия, эритроцитоз** – канда гемоглобин курамынын жогорулап кетүүсү. Полицитемиянын келип чыгуу себеби болуп кан плазмасынын жалпы көлөмүнүн азайуусу (тууралуу полицитемия) (relative polycythaemia)) же канда эритроциттердин жалпы көлөмүнүн көбөйүүсү (абсолюттук полицитемия) (absolute polycythaemia)) саналат.

**ПРИЛИВ КРОВИ (flush), кан агымы** – беттин же моюндун кызарып кетиши. Мындай көрүнүш кургак учук оорусунда аталган кызаруу байда болот.

**ПРОПЕРДИН (properdin), пропердин** – адамдын канынын суюктугундагы белоктун бөлүгү. Микробдорду өлтүрүүгө, вирустардын уусун азайтууга жөндөмдүү. Салыштыруу үчүн: Бөтөн дене.

**ПРОТОПОРФИРИН IX (protoporphyrin IX), протопорфирин IX** – жаратылышта кеңири таралган порфириндин түрү. Ал гемоглобиндин, миоглобиндин, көпчүлүк цитохромдордун жана хлорофиллдердин курамына кирет.

**ПСЕВДОАГГЛЮТИНАЦИЯ, АГГЛЮТИНАЦИЯ НЕСПЕЦИФИЧЕСКАЯ (ЭРИТРОЦИТОВ) (pseudoagglutination), псевдоагглютинация, спецификалык эмес агглютинация** – сывороткага каршы-бөтөн дене тестин өткөрүүдө эритроциттердин жалгандуу түрдө топтолушу.

## Р

**РЕГУРГИТАЦИЯ АОРТАЛЬНАЯ (aortic regurgitation), аорталдык регургитация** – диастола мезгилиндеги жүрөктүн сол карынчасына аортадан тескери кандын агымы.

**РЕЗУС-ФАКТОР (rhesus factor, Rh factor), резус-фактор** – эритроциттер кыртышында кездешүүсү мүмкүн болгон өзгөчө бөтөн ген (агглютиноген). Көптөгөн адам (болжол менен – 85 %) бул факторго ээ жана муну оң – резус (Rh-positive)) деп аташат. Эгерде бул фактор адамда кездешпей турган болсо, анда ал терс – резус (Rh-negative) деп аташат. Оң – резус жана терс – резус кан ортосундагы дал келбөөчүлүк кан куюу маалындагы реакциянын келип чыгышынын, ошондой эле жаңы төрөлгөн балдардын гемолитикалык оорусунун негизги себеби болуп саналат. Кошумча караңыз: Кандын тобу.

**РЕТИКУЛОЦИТОЗ (reticulocytosis), ретикулоцитоз** – айланып жаткан кандагы жетиле элек эритроциттер (ретикулоциттер) санынын жогорулап кетиши. Мындай абал сөөк чучугундагы канда жаңы кызыл клеткалардын өтө көп санда пайда болушунан кабар берет.

## С

**САРКОМАТОЗ (sarcomatosis), саркоматоз** – адам денесинин ар кайсы мүчөлөргө көптөгөн саркома метастазаларынын дээрлик кан ыгымы аркылуу жайылышы. Саркома-

тозду дарылоо үчүн ар кыл дары каражаттары колдонулат (адатта, төмөндө көрсөтүлгөндөрдүн бири же алардын белгилүү бир комбинациясы): циклофосфамид, ифосфамид, винкристин, актиномицин D, метотрексат же доксорубицин.

**САХАР КРОВИ (blood sugar), кандагы кант курамы** – кандагы глюкоза өлчөмү, адатта литрге карата миллимоль эсебинде берилет. Кандагы канттын кадыресе диапазону 3,5–5,5 ммоль/л. Кандагы кант өлчөмүн аныктап алуу кант диабетин аныктоо үчүн маанилүү. Кошумча караңыз: Гипергликемия, Гипогликемия.

**СВЕРТЫВАНИЕ КРОВИ (blood coagulation, blood clotting), кандын уюшу** – кан уюуу процесси.

**СЕПТИЦЕМИЯ I (sapraemia), септицемия I** – өлгөн же ириңдүү ткандарды таратуучу бактериялар аркылуу бөлүнүп чыккан токсиндер тарабынан кандын ууланышы. Салыштыруу үчүн: Пиемия, Токсемия.

**СЕПТИЦЕМИЯ II (septicaemia), септицемия II** – органдарда жана ткандарда ириңдүү жаралары жок канда ириңдүү микроорганизмдердин жана алардын токсиндеринин болушу. Бул термин ошондой эле кең мааниде каалаган кандын ууланышында колдонулат. Салыштыруу үчүн: Пиемия, Септицемия (sapraemia), Токсемия.

**СЕРОЗНО-ФИБРИНОЗНЫЙ (serofibrinous), бозомук-фиброздук** – бул термин кандын уюгандыгындагы эксудатты сүрөттөөдө колдонулат, анда фибрин белогунун көп санда болушу байкалат.

**СИДЕРОБЛАСТ (sideroblast), сидеробласт** – курамында темири бар жана белгилүү бир боёк менен боёгон соң гана көрүнүүчү кандагы кызыл клеткалар (караңыз: Эритробласт). Сидеробласт дени сак адамдарда учураганы менен организмине темир таңкыстыгы орун алган бейтаптарда жолугушпайт. – Сидеробласттык (sideroblastic).

**СИНДРОМ HELLP (HELLP syndrome), HELLP синдрому** – күчтүү преэклампсиянын түрү, мында организмдин көпчүлүк системасы жабыркайт.

**СИНДРОМ ГЕМОЛИТИКО-УРЕМИЧЕСКИЙ (haemolytic uraemic syndrome), гемолитико-уремиялык синдром** – бөйрөктөгү майда артериялардын толук өткөрбөй калуусунан улам келип чыккан бөйрөк оорусунун натыйжасында эритроциттердин өтө тездик менен кыйрашы (караңыз: Гемолиз).

**СИНЕРЕЗИС (syneresis), синерезис** – кан уюшунун жоонооюшу.

**СИНЕХИЯ (synechia), синехия** – бир мүчө экинчиси менен эт өсүү аркылуу биригүүсү. Көздүн карек айланасында кайсы бир анын бөлүгү менен биригүүсү. Мисалы, алдынкы синехия (anterior synechia) көздүн тунук чели менен склеранын бөлүгүнүн биригүүсүн көрсөтүп турат. Арткы синехия (posterior synechia) – бул көздүн карек айланасынын жана чечекей менен биригүүсү.

**СИНУС ПЕЩЕРИСТЫЙ (cavernous sinus), көңдөйлүү синус** – жуп канал, ал түрк ээрчесинин капталында орун алган, ага баш мээден, көздөн, мурундан жана беттин үстүнкү бөлүгүнөн веналык кан келет.

**СИСТЕМА АВО (ABO system), Аво системасы** – караңыз: Кандын тобу.

**СТАЗ (stasis), дымып калуу (стаз)** – кандын агымынын же тамырда кандайдыр бир башка суюктуктун токтоп калышы.

**СФЕРОЦИТ (spherocyte), сфероцит** – туура эмес сфералык формадагы эритроцит. Кошумча караңыз: Сфероцитоз.

**СФЕРОЦИТОЗ (spherocytosis), сфероцитоз** – канда тегерек, сүйрү формадагы эритроциттердин (сфероциттердин) пайда болушу. Сфероцитоз тукум куучулук (hereditary spherocytosis) болушу мүмкүн же кээ бир гемолитикалык анемиялардын түрлөрүндө өрчүшү мүмкүн.

**СЫВОРОТКА КРОВИ I (blood serum), кандын сывороткасы I** – караңыз: Сыворотка.

**СЫВОРОТКА КРОВИ II (serum, blood serum), кандын сывороткасы II** – кандын суюк бөлүгү, ал андан фибриногенди жана кан клеткаларын алып салуудан кийин пайда болот. Сыворотка өзүнүн негизи жана курамы боюнча плазмага окшош, бирок ал кандын уюлушуна керектүү фидриногени жана башка кээ бир заттарды камтыбайт.

## Т

**ТКАНЬ МИЕЛОИДНАЯ (myeloid tissue), миелоиддүү ткань** – ар кыл кан клеткалары бөлүнүп чыгуучу кызыл сөөк чучугуна тиешелүү ткань (караңыз: Гемопоэз).

**ТОКСЕМИЯ (toxaemia), токсемия** – уулуу заттын канга кошулуп, айланып жүрүшү. Мунун негизинде адамдын температурасы жогорулап, кусуу жана ич өтүү өңдүү көрүнүштөр коштойт. Салыштыруу үчүн: Пиемия, Септицемия.

**ТРАНСФЕРРИН (transferrin), СИДЕРОФИЛИН (siderophilin), трансферрин, сидерофилин** – кан плазмасынын гликопротеини, ал темирди кайтарымсыз байланыштыра алат, ошентип ал аны кандын агымы менен организмге кетирет**.**

**ТРОМБ (thrombus), тромб** – уюган кан (караңыз: Тромбоз).

**ТРОМБОПЛАСТИН (thromboplastin), ТРОМБОКИНАЗА (thrombokinase), тромбопластин, тромбокиназа** – кан уюу процессинин алгачкы баскычында пайда болуучу зат.

**ТРОМБОПОЭЗ (thrombopoiesis), тромбопоэз** – кызыл сөөк чучугунун кан жасоочу тканында тромбоциттердин жаралуу процесси. Алар цитоплазма фрагментеринин бөлүнүүсү аркылуу сөөк чучугундагы ири клеткалардан (мегакариоциттер) жаралышат.

**ТРОМБОЦИТ, ПЛАСТИНКА КРОВЯНАЯ (platelet, thrombocyte), тромбоцит, кан пластинкасы** – тромбоциттер, же кан пластинкалар, сөөктүн кызыл чучугундагы чоң клеткаларынан пайда болушат – мегакариоциттерденовдордон. Тромбоциттер (кан пластинкалар) кандын уюшуна жооп беришет, башкача айтканда организмге канды токтотуу үчүн жардам берет. Кошумча караңыз: Тромбопоэз.

## Ф

**ФАВИЗМ (favism), фавизм** – буурчак өсүмдүгүнүн гүлүнүн чаңын же буурчактын өзүн тамакка колдонгондо байкалуучу аз кандуулук. Кошумча караңыз: Глюкозанын-6-фосфат дегидрогеназасынын жетишсиздиги.

**ФАКТОР ЛИПОИДНЫЙ (lipoid factor), липоиддүү фактор** – канды уютуу процессинде катыша турчу каражаттардын бири; кан плазмасында кездеше турчу тромбопластинди активдештирүүдө маанилүү роль ойнойт.

**ФАКТОРЫ КОАГУЛИРУЮЩИЕ (coagulation factors), ФАКТОРЫ СВЕРТЫВАЮЩИЕ (clotting factors), коагуляцияланган факторлор, кан уюуучу факторлор** – кан плазмасында болуучу заттар, алар бир катар химиялык айлануудан кийин, кан уюшуна алып келет (караңыз: Кандын уюшу).

**ФАКТОРЫ СВЕРТЫВАЮЩИЕ (clotting factors), кан уюуучу факторлор** – караңыз: Коагуляцияланган факторлор.

## Х

**ХОЛЕСТЕРИН, ХОЛЕСТЕРОЛ (cholesterol), холестерин, холестерол** – кан жана адам денесиндеги көпчүлүк ткандарда (айрыкча, нерв ткандарында) жолуга турчу липид (стерол). Холестерин клеткалык мембраналардын эң маанилүү, түзүүчү бөлүгү жана

көптөгөн стероиддик гормон менен өт туздарынын негизи болуп саналат. Канда холестериндин көп өлчөмдө болушу (гиперхолестеринемия) атероманын келип чыгуусунун негизги себеби болуп саналат.

## Ц

**ЦЕНТРОСТРЕМИТЕЛЬНЫЙ (centripetal), борборго умтулуучу** – борборду көздөй багыт алуучу. Мисалы, перифериядан баш мээни көздөй.

**ЦИТОПЕНИЯ (cytopenia), цитопения** – кан клеткаларынын бир же бир нече түрүнүн таңсыктыгы (жетишсиздик). Караңыз: Эозинопения, Эритропения, Лимфопения, Нейтропения, Панцитопения, Тромбоцитопения.

## Ч

**ЧАСТИЦА КРОВИ (blood corpuscle), кандын бөлүкчөсү** – караңыз: Кан клеткасы.

## Э

**ЭКССУДАЦИЯ (exudation), экссудация** – кан жана лимфа тамырлары мүчөнүн сезгенч убагында суюктукту (экссудатты (exudate)) чыгаруусу.

**ЭКСТРАВАЗАЦИЯ (extravasation), экстравазация** – кандын же кайсы-бир суюктуктун идиштен ткандарга куюлушу.

**ЭОЗИНОПЕНИЯ (eosinopenia), эозинопения** – канда эозинофилдердин санынын төмөндөшү.

**ЭОЗИНОФИЛ, ГРАНУЛОЦИТ ЭОЗИНОФИЛЬНЫЙ (eosinophil), эозинофил, эозинофилдик гранулоцит** – лейкоциттердин түрү, ал цитоплазмада чоң гранулалардын болушу менен айырмаланышат, Романовскийдин боёгучу менен сары-кызыл түскө боёлот.

**ЭОЗИНОФИЛИЯ (eosinophilia), эозинофилия** – кандагы эозинофил клеткаларынын көбөйүшү; айрым бир дары каражаттарын ичүү, ошондой эле аллергия, паразиттердин инвазиясы жана лейкемиянын айрым бир формалары өңдүү ар кыл оорулардын натыйжасында келип чыгат.

**ЭПИСТАЗ (epistasis), эпистаз** – 1. Секреция же бөлүнүп чыгуулардын токтошу (мисалы, кандын). 2. Гендин экинчи бир (неаллельдик) ген иш-аракетин басаңдатуу маалындагы гендик иш-аракеттер түрү. – Эпистатикалык (epistatic).

**ЭРИТРОПОЭЗ (erythropoiesis, erythrogenesis), эритропоэз** – чучуктун ичинде кызыл кан денечелеринин пайда болуу процесси. Кошумча караңыз: Гемопоэз.

**ЭРИТРОПОЭЗ НЕСОВЕРШЕННЫЙ (erythrogenesis), жетилбеген эритропоэз** – караңыз: Эритропоэз.

**ЭРИТРОЦИТ (erythrocyte), КЛЕТКА КРОВИ КРАСНАЯ (red blood cell), эритроцит, кандын кызыл клеткасы** – кандын тутумундагы кызыл кан денечелери, негизги функциясы болуп организмдеги ткандарга кычкылтекти жеткирүү. Нормада бир литр канда болжол менен 5 × 1012 эритроциттер камтылат. Кошумча караңыз: Эритропоэз.

# ГЕНЕТИКА



## А

**АДЕНИН (adenine), аденин – азот** камтыган негиздердин бири (караңыз: Пурин), ал ДНК менен РНК да кездешүүчү нуклеин кислоталары.

**АДЕНОВИРУС (adenovirus), аденовирус** – суук тийип ооруганда дем алуу жолдорунун жогорку бөлүгүн сезгентип оорутуучу жутуштуу вирустардын бир тобу.

**АЛЛЕЛОМОРФ (allelomorph), аллеломорф** – караңыз: Аллель.

**АЛЛЕЛЬ (allele), АЛЛЕЛОМОРФ (allelomorph), аллель, аллеломорф** – гендин альтернативдүү формасынын бири, алардын бирөөсү гана хромосомада болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Доминанттык, Рецессивдик. – Аллелдик (allelic).

**АМЕЛИЯ (amelia), амелия** – баланын тубаса түрдө кол же бутсуз төрөлүшү. Түйүлдүк өнүгүүсүндөгү мындай аномалияга эне тарабынан кош бойлуулуктун алгачкы күндөрү күчтүү дары-дармектерди (талидомид) кабыл алуусу себеп болот. Кошумча караңыз: Фокомелия.

**АНТИМУТАГЕН (antimutagen), мутагенге каршы** – зат, ал өзүнөн-өзү мутацияны азайтат же толугу менен аны алдын алат.

**АНЭУПЛОИДИЯ (aneuploidy), ануэплодия** – абал, мында клеткадагы хромосомалардын саны нормалдуу негизги (гаплоиддик) топтомго калдыксыз эмес бөлүнөт. Караңыз: Моносомия, Трисомия. Салыштыруу үчүн: Эуплоидия. – Анэуплоиддик (aneuploid).

**АРБОВИРУС (arbovirus), арбовирус** – РНК - тобунун өкүлү – вирустарды камтыйт, алар болсо жаныбарлардан адамга курт кумурскалар аркылуу (мисалы, мүчөлүү бутуулар аркылуу; мына ушундан бул вирустардын аталышы: мүчөлүү буттар аркылуу өтүүчү вирустар ((arthropodborne viruses)) аркылуу жугат жана энцефалит, денге безгеги, сары безгек сыяктуу дарттардын өрчүшүн туудурат.

**АУТОПЛОИДИЯ (autoploidy), аутоплоидия** – тирүү организмдеги тирүү клеткалардын нормалдуу абалы, мында ар бир клетка хромосомалардын тобуна ээ болот, алардын гомологиялык жуптары клеткалардын нормалдуу бөлүнүшүнө жол берет. Аутоплоиддик (autoploid).

**АЦЕНТРИЯ (acentric), ацентрия** – (генетикада) хромосома же центромерасы жок хромосоманын үзүндүсү. Бул хромосомалар радиацияга дуушар болгон клеткаларда көп кездешет. – Ацентрикалык (acentric).

**АЦЕФАЛЮС (acephalus), ацефалюс** – башы жок түйүлдүк.

## Б

**БОЛЕЗНЬ ГОШЕ (Gaucher's disease), Гоше оорусу** – мээ жана башка ткандарда (өзгөчө сөөктө) глюкоцереброзиддердин (караңыз: Цереброзид) чогула берүүсүнөн келип чыгуучу тукум куучулук оору. Бул акыл-эстин өнүкпөй калышына, бут сынынын бузулушуна, тамак жутуу процесининин кыйындашына алып келет.

**БОЛЕЗНЬ ФОН ГИППЕЛЯ – ЛИНДАУ (von Hippel – Lindau disease), Фон Гиппель – Линдау оорусу** – тубаса сингиобластикалык өрчүүнүн бузулушу; тукум куучулук дарт, ал көз торчосунда, жүлүндө гемангиобластоманын пайда болушу менен мүнөздөлөт.

**БОЛЕЗНЬ ХАНГТИНГТОНА (Huntington's disease), ХОРЕЯ ХАНТИНГТОНА (Huntington's chorea), Хантингтон оорусу, Хантигтон хореясы** – тукум куучулук оору, айрым учурай турган гендин дефектисинин натыйжасында пайда болгон. Бул ооруда ата-энеси ушул дефектти алып баруучу балдарынын жарымысында дефектүү ген бар. Оорунун симптомдору орто жаш курагында башталат жана аргасыздан жулкунуу пайда болот (караңыз: Хорея) да оорулууунун прогрессивдүү деменциясына алып келет.

## В

**ВЕЩЕСТВО НИССЛЯ, ГРАНУЛЫ НИССЛЯ, СУБСТАНЦИЯ ХРОМАТОФИЛЬНАЯ (Nissl granules), Ниссльдин заты, Ниссльдин гранулалары, хроматофильдик субстанция** – кара түскө боёлуучу заттын топтолушу, ал өзү менен ПНК га бай, бүртүктүү цитоплазматикалык түйүндөрдүн жана полирибосомалардын параллельдик цистерналардын тобун көрсөтүп турат.

**ВИРУС ГЕРПЕСА, ГЕРПЕСВИРУС (herpesvirus), герпес вирусу, герпесвирус** – адам жана жаныбарлар организминде жашыруун түрдө жашоо менен вирус жаратуучу ДНК тобунун өкүлү; адамдагы герпес жана суу чечектин өнүгүүсүнүн негизги себеби болуп саналат. Бул вирустардын тобуна цитомегаловирус жана Эпштейн – Барр вирусу да кирет.

**ВИРУС КОКСАКИ (Coxsackie virus), ЭХОВИРУС (echovirus), Коксаки вирусу, эховирус** – РНК тобунун алып баруучу, ичеги-карында жакшы көбөйүүчү вирус (караңыз: Энтеровирус). 30 га жакын бул вирустун түрү бар. Адатта Коксаки А тибиндеги (type A Coxsackie viruses) бул вирус оор деле мүнөздө өтүп, кээ бирде оор менингиттин же болбосо тамактын инфекциялык оорунун себеби болуп калышы ыктымал. Коксаки вирусунун В (type B Coxsackie viruses) тиби мээнин сезгенишине, дегенеративдик өзгөрүүгө жана скелеттик булчуңдардын же жүрөк тканынын сезгенишине алып келет (караңыз: Борнхольмдук оору).

**ВИРУСЫ ПАРАГРИППА (parainfluenza viruses), парагрипп вирустары** – РНК вирусу бар чоң вирустар тобу. Дем алуучу органдардын гриппке окшош инфекциясын тудурат. Бул вирустар парамиксовирустардын тобунун бир бөлүгү болуп саналат (караңыз: Миксовирус).

**ВРОЖДЕННЫЙ (congenital, innate), тубаса** – дарттарды сүрөттөөдө колдонулат, адамдын төрөлүшүнөн баштап байкоо жүргүзүлөт же туулгандан баштап анын дартын аныктоо үчүн колдонулат.

## Г

**ГАПЛОТИП (haplotype), гаплотип** – HLA бөтөн гендердин тобу. Балдар эки ата-энесинен тең тукум кууйт.

**ГАРГОИЛИЗМ (gargoylism), гаргоилизм** – караңыз: Гунтер синдрому, Гурлер синдрому.

**ГЕМАТИН (haematin), гематин** – гемдин химиялык түзүүчүсү, ал темирдин атомунун кычкылдануусунун кесепетинен пайда болот; мында темир экиваленттүүдөн үчваленттүү болуп калат. Мындай учурда баардык белоктук молекула метгемоглобин деп аталат.

**ГЕМИЗИГОТНЫЙ (hemizygous), гемизиготтук** – берилген термин гендерди сүрөттөөдө колдонулат, алар жуп эмес хромосома менен ташылат (мисалы, адамдын X-хромосомасы менен ташылган гендер).

**ГЕМИМЕЛИЯ (hemimelia), гемимилия** – аяктардын перифириялык аймактарынын тубаса жоктугу же жоонокоюшу жана кыскарып кетиши. Кошумча караңыз: Эктромелия.

**ГЕН (gene), ген** – хромосомада өзгөчө орду бар генетикалык материалдын негизги бирдиги. Мурда ген ар кыл белгилерди жана мутацияны мурастап ала турган бирдик катары саналып келсе, азыркы учурда ген – бирдиктүү полипептиддик тизмекти жаратуудагы бирдик катары кызмат турган кыла турган ДНК же РНК лардын ыраатуулугу болуп эсептелет (караңыз: Цистрон).

**ГЕН ЛЕТАЛЬНЫЙ (lethal gene), өлүмгө алып келе турган ген** – ген, белгилүү бир жагдайда организмде болуучу индивидуумдун өлүмүнө алып келет. Өлүмгө алып келе

турган ген адатта рецессивдүү болушат: мындай учурда эгер ата - эненин экөө тең бул гендин алып баруучулары болсо, анда индивидуум өлүмгө дуушар болот.

**ГЕНЕТИКА (genetics), генетика** – организмдин тукум куучулук жана өзгөрүүчүлүк жөнүндө илим. Генетика тукумдаш организмдердин окшоштугун жана айырмачылыгын, ар кыл белгилердин ата-энеден балага өтүүчү механизмин түшүндүрөт. Адамдын генетикасы (human genetics) жана медициналык генетика (medical genetics) тукум куучулук ооруларды изилдөө менен алектенет. Кошумча караңыз: Цитогенетика, Мендель мыйзамдары.

**ГЕНОМ (genome), геном** – хромосомалар менен бирге организмдин кайсы бир генетикалык материалы; бул термин хромосомалардын гаплоиддүү курамындагы гендердин жыйындысына карата колдонулат. Адам баласынын геному 23 жуп хромосомадан турат (караңыз: Адам геномунун долбоору).

**ГЕНОТИП (genotype), генотип** – 1. Адамдын же адамдар тобунун генетикалык түзүмү. Ал аларга тиешелүү мүнөздүү генетикалык топтом аркылуу аныкталат. 2. Генетикалык маалымат, ал аллелдер менен бир жупта болуп, адамдын кайсы-бир мүнөздүү белгисин аныктайт. 3. Ген же гендердин үлгүсү, аларда так деталдар аныкталат. 4. Гендердин топтому, алардын хромосомаларында локализацияланган. Салыштыруу үчүн: Фенотип.

**ГЕТЕРОЗ (heterosis), гетероз** – ата-энелери эки башка расага, түргө тийиштүү болушкан адамдардагы ар кыл ооруларга, кубулуштарга карата чыдамкайлык жана каршы туруу касиеттердин салыштырмалуу жогору болусуу.

**ГЕТЕРОЗИГОТНЫЙ (heterozygous), гетерозиготтук** – кайсы бир индивиидумду сүрөттөөдө колдонулат, анда бир жуптун аллельдик гени кайсы бир мүнөздүү белгини аныктайт. Караңыз: Аллель. Салыштыруу үчүн: Гомозиготтук. – Гетерозигота (heterozygote).

**ГИБРИД (hybrid), гибрид** – аргындаштыруу жолу аркылуу генетикасы эки башка индивидуумдан алынган тукум. Адатта, ата-энелери эки бөлөк түргө тиешелүү болгон гибриддер тукумсуз болушат.

**ГОМОЗИГОТНЫЙ (homozygous), гомозиготтук** – берилген термин гендерди сүрөттөөдө, кайсы бир индивиидумду сүрөттөөдө колдонулат, анда бир жуптун аллельдик гени кайсы бир мүнөздүү белгини аныктайт. Караңыз: Аллель. Салыштыруу үчүн: Гетерозиготтук. – Гомозигот (homozygote).

**ГОМОЦИСТИНУРИЯ (homocystinuria), гомоцистинурия** – тукум куучулук дарт, ал гомоцистеин ферментинин жетишсиздиги менен байланыштуу болот, ошондой эле ал канда жана сийдикте гомоцистеин ашыкча болушунан пайда болуучу дарт.

**ГУАНИН (guanine), гуанин** – азот камтуучу негизинин бири (караңыз: Пурин), ал ДНК нын жана РНК нын нуклеиндик кислоталарында болот.

## Д

**ДЕГЕНЕРАЦИЯ ПОДЖЕЛУДОЧНОЙ ЖЕЛЕЗЫ ФИБРОЗНО-КИСТОЗНАЯ (fibrocystic disease of the pancreas), фиброздук-калталанган шишиктик (кистоздук) уйку безинин дегенерациясы** – караңыз: Фиброздук – калталанган шишиктик (кистоздук) дегенерация.

**ДЕГЕНЕРАЦИЯ ФИБРОЗНО-КИСТОЗНАЯ (cystic fibrosis), ДЕГЕНЕРАЦИЯ ПОДЖЕЛУДОЧНОЙ ЖЕЛЕЗЫ ФИБРОЗНО-КИСТОЗНАЯ (fibrocystic disease of the pancreas), МУКОВИСЦИДОЗ (mucoviscidosis), фиброздук-калталанган шишиктик (кистоздук) дегенерация, карын алдындагы бездин фиброздук-калталанган шишиктик (кистоздук) дегенерациясы, муковисцидоз** – тукум куучулук дарт, мында экзокринндик бездердин клеткалары жабыркайт (анын ичинде жаш, тер ж.б). Дефекттик ген, ал

№ 7 хромосомада орун алган жана рецессивдик болуп саналган, ушул оорунун өрчүшү үчүн жооп берет.

**ДЕЛЕНИЕ РЕДУКЦИОННОЕ (reduction division), редукциондук бөлүнүү** – мейоздун биринчи бөлүнүүсү, мында хромосомалардын саны эки эсеге азаят.

**ДЕЛЕЦИЯ (deletion), ДЕФИЦИТ (deficiency), делеция, дефицит** – (генетикада) мутациянын түрү, ал бир же бир нече гендерди алып баруучу хромосоманын сегментинин жоголушу менен байланышкан. Бөлүнүү чоң эмес болушу мүмкүн, ал гендин бир бөлүгүн гана жабыркайт (бир нече нуклеотторду), же чоң, анын кесепетинен хромосоманын бир бөлүгү жана көпчүлүк гендер жабыркайт.

**ДЕФИЦИТ (deficiency), дефицит** – (генетикада) караңыз: Делеция.

**ДЕФИЦИТ АДЕНОЗИН ДЕЗАМИНАЗЫ, (АДА ДЕФИЦИТ) (adenosine deaminase deficiency, ADA deficiency), аденазин деминазанын жетишсиздиги, (АДА жетишсиздиги)** – тукум куучулук дарт, ар бир 25 000 төрөлгөндөрдүн биринде жолугат, организмде аденозин деминазанын (АДА) (adenosine deaminase (ADA)) жетишсиздиги менен мүнөздөлөт да ал болсо пуриндердин метаболизминде жүрүүчү процесс. Бул ферменттин жетишсиздиги организмде лимфоциттердин бузулушуна алып келет да иммундук жетишсиздиктин өрчүшүнө алып келет. Комбинацияланган иммундук жетишсиздиктигине (СКИН) (severe combined immune deficiency (SCID)).

**ДЕФИЦИТ ГЛЮКОЗО-6-ФОСФАТ-ДЕГИДРОГЕНАЗЫ (glucose-6-phosphate dehydrogenase deficiency), глюкоза-6-фосфат-дегидрогеназанын жетишсиздиги** – тукум куучулук дарт, мында адамда глюкоза-6-фосфат-дегидрогеназа ферментинин жок болушу, углеводдук алмашууда коштолуучу фермент болуп саналат. Ал кичинекей кезде байкалат, көбүнчө боордун чоңоюшун жана канда канттын деңгээлинин көбөйүшүнө алып келет. Салыштыруу үчүн: Фавизм.

**ДИПЛОТЕНА (diplotene), диплотена** – мейоздун биринчи профазасынын төртүнчү деңгээли, мында гомологиялык хромосомалар менен коштолгон хромотиддердин арасында кайчылашуу пайда болот, андан кийин алар бөлүнө башташат.

**ДИСОМА (disoma), дисома** – түйүлдүктөгү майыптык: бир баштын эки денеге ээ болуусу.

**ДНК (DNA), КИСЛОТА ДЕЗОКСИРИБОНУКЛЕИНОВАЯ (deoxyribonucleic acid), ДНК, дезоксирибонуклеиндик кислота** – генетикалык материал, баардык тирүү организмдерде болот жана тукум куучулукка жооп берет да клеткалык ядродо локализациялайт. (караңыз: Хромосома, Ген).

**ДНК РЕКОМБИНАНТНАЯ (recombinant DNA), рекомбинанттуу ДНК** – ДНК нын молекуласы. Мында түрдүү гендер болот, генетикалык инженериянын ыкмасы менен түзүлгөн. Ошондуктан генетикалык инженерия башкача дагы рекомбинанттык ДНК-технология деп аталат (recombinant DNA technology).

**ДОМИНАНТНЫЙ (dominant), жетектөөчү, жетекчиликке алуучу** – (генетикада) гендеги аллелдер бирдей же башкача экендигине карабастан адамдарда пайда болуучу гендерди (же алардын айрым мүнөздөмөлөрүн) сүрөттөп берүү үчүн пайдаланылат. Эгерде аллелдер ар түрдүү болушса, ген рецессивдүү деп эсептелинет жана анын организмдеги иши байкоосуз өтөт. – Доминациялоо (dominant).

**ДРЕЙФ ГЕНЕТИЧЕСКИЙ (genetic drift), генетикалык дрейф** – ар кандай өзгөрүүлөр, алар генетикалык кошулууларда чоң эмес изоляцияланган популяцияда, бир түрдүн чегинде кошулуу процессинде пайда болушат.

**ДРЕНАЖ АНОМАЛЬНЫЙ ЛЕГОЧНО-ВЕНОЗНЫЙ (anomalous pulmonary venous drainage), өпкө-веноздук аномалдык дренаж** – тубаса аномалия, мында өпкө веналар оң жүрөк алдына же көңдөй венага куюлат. Бул аномалия жүрөк алдындагы тосмонун дефектисинин мүнөздүү симптому болуп саналат.

## Ж

**ЖЕЛЕЗА ПОДЖЕЛУДОЧНАЯ РАЗДЕЛЕННАЯ (pancreas divisum), карын алдындагы бөлүнгөн без** – карын алдындагы бездин экиге бөлүнүшүнө алып келүүчү өнүгүүнүн тубаса аномалиясы. Булардын ар бири он эки эли ичегиге барып кошулуучу өзөзүнчө түтүкчөлөргө ээ. Айрым учурларда өнүгүүнүн мындай аномалиясына ээ адамдар мезгил - мезгили менен кайталанып туруучу ич оорусу менен жабыркашат.

**ЖЕЛТУХА ЯДЕРНАЯ (kernicterus), ядердик сары оорусу** – дене сары түскө боёлуп андан ары баш мээси саргыч пигмент менен (билирубин) жабыркайт. Көбүнчө жаңы төрөлгөн ымыркайларда оор формадагы гемолитикалык ооруларда байкалат. Мында базалдык ганглий жетилбеген мээ клеткалары жабыркап, церебралдык паралич өрчүйт. Бул алты ай курагында байкала баштайт.

## И

**ИМПРИНТИНГ (imprinting), импринтинг (жаныбарларга карата колдонулат)** – жаныбарлар жашоосунун алгачкы күндөрүндө байкала турчу эске тутуунун тез жана кайта жангыс формасы. Мунун натыйжасында, жаныбарлар өз түрүндөгү жаныбарлардын өкүлдөрүн эш тутуп, аларга үйүр алышат. Бирок, ошого карабастан алар жашоосунун алгачкы күндөрүн башка бир түрдөгү жаныбарлардын өкүлдөрү менен өткөрүп калса, өз түрүнө эмес, дал мына ошол түргө үйүр алып калуулары мүмкүн.

**ИНЖЕНЕРИЯ ГЕНЕТИЧЕСКАЯ (genetic engineering), ДНК-ТЕХНОЛОГИЯ РЕКОМБИНАНТНАЯ (recombinant DNA technology), генетикалык инженерия, рекомбинанттуу ДНК-технологиясы** – бир организмге тиешелүү белгилердин өзгөрүшү, аларга башка организмдеги ДНК гендердин молекуласын кошуу жолу менен колдонулган ыкма.

## К

**КИСЛОТА НУКЛЕИНОВАЯ (nucleic acid), нуклеин кислотасы** – ДНК же РНК, алар ядролордо болушат, РНК болсо, цитоплазманын баардык тирүү клеткаларында болот. Алардын негизги функциясы болуп тукум куучулук маалыматты сактоо жана белоктордун синтезинде катышуу болуп саналат.

**КИСЛОТА РИБОНУКЛЕИНОВАЯ (ribonucleic acid), рибонуклеин кислотасы** – караңыз: РНК.

**КЛОН (clone), клон** – 1. Клеткалар тобу, алар бир клеткадан пайда болушат, ошондуктан генетикалык жактан бири бирине окшош болушат. 2. (Генндик клон (gene clone)) окшош гендер тобу, алар генндик инженериянын ыкмалары аркылуу алынат. 3. Гендик клонду пайда кылуу.

**КЛОН ГЕННЫЙ (gene clone), генндик клон** – караңыз: Клон.

**КЛОНОГЕННЫЙ (clonogenic), клоногенндик** – берилген термин клеткаларды сүрөттөөдө колдонулат, алар клон клеткаларды чыгарууга жөндөмдүү болушат, башкача айтканда аларды колониалдык клеткалар деп аташат (colony forming unit, CFU).

**КОД ГЕНЕТИЧЕСКИЙ (genetic code), генетикалык код** – ДНК малекуласында жана маалыматтык РНК (матрицалык) маалымат, ал аминокислоталардын ар бир белокто иретин аныктайт, мына ошентип белоктордун клеткаларынын курамына кирген баардыгына көзөмөл жүргүзөт.

**КОДОН (codon), кодон** – генетикалык коддун бирдиги, негизги аминокилоталардын бириндеги белоктордун молекуласына жооп берет. Ар бир кодон ДНК молекуласынын фрагментин камтыйт.

**КОМПЛЕКС ГИСТОСОВМЕСТИМОСТИ ГЛАВНЫЙ (major histocompatibility complex, MHC), негизги гистодалкелишүүчү комплекс** – гендердин катары, алар № 6 хромосомада жайгашкан жана кээ бир бөтөн гендерди коддойт, анын ичинде HLA – бөтөн гендери; бул гендер адамда гистодалкелишүүчүлүктү аныктоо процессинде маанилүү ролду ойношот.

**КОМПЛЕМЕНТ (complement), комплемент** – тогуз плазмалык фактордун ичиндеги топ, канда активдүү эмес проферменттер катары болуучу жана белгилүү ирээтте бирибирин активдештирет. Кошумча караңыз: Иммунитет.

**КОНКОРДАНТНОСТЬ (concordance), конкорданттуулук** – эгиздердин экөөндө тең бар болуучу кайсы бир физикалык көрүнүштөрдүн окшоштуктары.

**КОНСУЛЬТАЦИЯ ГЕНЕТИЧЕСКАЯ (genetic counselling), генетикалык консультация** – консультация, мында доктур орулууга жана анын үй-бүлөсүнө аларда болгон тукум куучулук оорулардын болушу жөнүндө айтып берет, жана бул оорулардын балдарга өтүп кетүүсүн түшүндүрүп берет да бул оорулардан кантип алдын алуусун түшүндүрүп берет, ошондой эле диагностикалап, керектүү дарылоодон өтүүгө кеңеш берет.

**КОНЪЮГАТА (conjugate), ДИАМЕТР КОНЪЮГАТЫ (conjugate diameter), КОНЪЮГАТА ИСТИННАЯ, РАЗМЕР ПРЯМОЙ (true conjugate), конъюгата, конъюгатанын диаметри, накта конъюгата, түз өлчөм** – эки жамбаштын ортосундагы аралык. Жамбаш чарасынын кырынын аралыгы, чени.

**КОНЪЮГАЦИЯ БАЗИСНАЯ (ХРОМОСОМ) (base pairing), базистик конъюгация (хромосомалардын)** – эркек жана аялдын жыныстык клеткаларынын кошулуп, түйүлдүктү пайда кылышы. Караңыз: ДНК.

**КРОВОСМЕШЕНИЕ, ИНБРИДИНГ (inbreeding), кан алмашуу, инбридинг** – жакын туугандардын же генетикалык окшош особьдордун аргындашуусу, индивидуумдардын (мисалы, тууган агасы менен карындашынын). Салыштыруу үчүн: Генетикалык жактан ар башка особьдордун аргындаштыруусу.

**КИНЕТОХОР (kinetochore), кинетохор** – караңыз: Центромера.

**КОПРОПОРФИРИН (coproporphyrin), копропорфирин** – порфириндин кошулмасы, ал протопорфириндин IX синтезинин кесепетинде пайда болот. Тукум куучулук копропорфирияда (hereditary coproporphyria) копропорфирин организмден заң массасы аркылуу чыгарылат.

**КОРРЕЛЯЦИЯ (correlation), корреляция** – (статистикада) даража, аны менен кайсы бир мүнөздөмө башка мүнөздөмөгө таасир этет, ошондо да бул мүнөздөмөлөр бирибири менен тыгыз байланышып, жупту түзүшөт.

## Л

**ЛЕВОНОРГЕСТРЕЛ (levonorgestret), левоноргестрел** – синтетикалык жыныс гормону – прогестоген.

**ЛИПОХОНДРОДИСТРОФИЯ (lipochondrodystrophy), липохондродистрофия** – тубаса дефект, көбүнчө липиддик алмашуунун бузулушу менен байланыштуу болуп, сөөктөрдүн деформациясына алып келет.

## М

**МЕНДЕЛИЗМ (mendelism), менделизм** – тукум куучулук белгилердин өтүү теориясы, анын негизинде Менделдин мыйзамдары жатат.

**МЕТАЦЕНТРИЧЕСКИЙ (metacentric), метацентрикалык** – берилген термин хромосомаларды сүрөттөөдө колдонулат, аларда центромера хромосоманын борборунда же ага жакын жайгашкан.

**МИКРОСОМА** (**microsome**), **микросома** – чоң эмес бөлүкчө, курамына эндоплазматикалык ретикулум кирет, ага рибосомалар бекилет. Микросомалар гомогенизациялык клеткалардын центрифугалацияланганда пайда болушат. – Микросомдук (microsomal).

**МОЗАИЦИЗМ** (**mosaicism**), **мозаицизм** – бул адамдын баардык эмес эле клеткалары окшош хромосомалардан турган абал жана анын организминде эки же андан көп генетикалык бөлөк клеткалык популяциялар болушу ыктымал. – Мозаикалык (mosaic).

**МОНОПЛОИДНЫЙ** (**monoploid**), **моноплоиддик** – караңыз: Гаплоиддик.

**МОНОСОМИЯ** (**monosomy**), **моносомия** – хромосомдордун нормалдуу диплоиддик (жуп) тизмегинде бир хромосоманын жетишсиздиги. Салыштыруу үчүн: Трисомия. – Моносомиялык (monosomic).

**МУКОВИСЦИДОЗ** (**mucoviscidosis**), **муковисцидоз** – караңыз: Фиброздук – кистоздук дегенерация.

**МУКОПОЛИСАХАРИДОЗ** (**mucopolysaccharidosis**), **мукополисахаридоз** – караңыз: Гунтер синдрому, Гурлер синдрому.

**МУТАГЕН** (**mutagen**), **мутаген** – мутация туудуруучу тышкы агент. Мутагендер мутанттарды пайда кылуучуларды көбөйтөт, бирок табигый шарттарда болбойт. Мутагендер катары көпчүлүк химиялык заттар жана түрлүү вирустар болушу мүмкүн. Салыштыруу үчүн: Антимутаген.

**МУТАНТ** (**mutant**), **мутант** – 1. Организминде мутация болгон адам. 2. Берилген организмде мутациянын болушун айгинелеген белги. – Мутанттык (mutant).

**МУТАЦИЯ** (**mutation**), **мутация** – организмдин ДНК структурасы жана санынын өзгөрүүсү. Чекиттик мутацияда (point mutation) (же генндик мутацияда (gene mutation)) мындай өзгөрүүгө кайсы бир ген дуушар болот; хромосомалык мутацияда (chromosome mutation) хромосомалардын структурасы жана саны өзгөрөт. Кайсы-бир башка клеткалардагы мутация (соматикалык мутациялар (somatic mutations)) тукум куучулук аркылуу берилбейт.

## Н

**НАСЛЕДСТВЕННОСТЬ** (**heredity**), **тукум куучулук** – организмде өтө турган, ошондой эле ата-эне жана алардын тукумуна карата биологиялык окшоштукка алып келе турчу процесстер. Тукум куучулук маселелери боюнча генетика илими иш алып барат.

**НАСЛЕДСТВЕННОСТЬ ЦИТОПЛАЗМАТИЧЕСКАЯ** (**cytoplasmic inheritance**), **цитоплазмалык тукум куучулук** – клеткалык цитоплазмалардагы факторлор тарабынан көзөмөлдүккө алынуучу ядросуз тукум куучулук же кайсы бир белгилерди мурастап алуу. Илимде буга чейин жаныбарлар менен өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү цитоплазмалык тукум куучулук тууралуу кеңири белгилүү болсо, жакында ал адамдарда да кездешери аныкталган.

**НАСЛЕДСТВЕННЫЙ** (**hereditary**), **тукум куучулук** – ата-энеден балдарга өтүүчү: тукум куучулук.

**НЕЙРОФИБРОМАТОЗ** (**neurofibromatosis**), **БОЛЕЗНЬ ФОН РЕКЛИНГХАУЗЕНА** (**von Recklinghausen's disease**), **нейрофиброматоз, фон Реклингхаузен оорусу** – нерв картышы жана дифференцияланбаган (энелик) нерв клеткаларынан (караңыз: Нейрофиброма) өсүп чыга турган көптөгөн түбү кайырдуу шишиктер менен мүнөздөлүүчү системалык тубаса оору. Нейрофиброматоз адатта бөйрөк үстүндөгү бездерде шишиктин - феохромоцитоманын өрчүшү может коштолот.

**НЕМОТА** (**dumbness**), **дудуктук** – караңыз: Мутизм.

**НЕРАСХОЖДЕНИЕ** (**nondisjunction**), **ажыроочулук эместик** – мында гомологиялык хромосомалардын жуптары мейоз учурунда толук эмес ажырашат же митоздун же

мейоздун анафазасы мезгилинде хромосомалардын толук эмес бөлүнүүсү. Жыйынтыгында пайда болгон клетка хромосомалардын аномалдык санын камтыйт. Караңыз: Моносомия, Трисомия.

**НОЗЕРН-БЛОТТИНГ (Northern blot analysis), нозерн-блоттинг** – клеткаларда РНК спецификалык маалымат бөлүктөрүн аныктоо ыкмасы. Салыштыруу үчүн: Саузерн-блоттинг, Вестерн-блоттинг.

**НУКЛЕАЗА (nuclease), нуклеаза** – жакын жайгашкан нуклеотиддер арасындагы байланыштын ажырашынын негизинде нуклеиндик кислоталардын бөлүнүшүн тездетүүчү фермент. Мисалы, РНК га таасир этүүчү рибонуклеаза (ribonuclease) жана ДНК га таасир этүүчү дезоксирибонуклеаза (deoxyribonuclease).

## О

**ОНКОГЕН (oncogene), онкоген** – сүт эмүүчүлөр клеткалары менен айрым бир вирустарга тиешелүү, коркунучтуу шишик жаратуучу ген.

**ОПЕРОН (operon), оперон** – бири-бири менен тыгыз байланышкан жана организмдеги ферменттердин жаралышын жөнгө салып турчу ген тобу. Оперондун курамына пайда болуп жаткан ферменттердин жаратылышын аныктай турган бир же бир нече структуралык ген жана структуралык гендердин (structural genes) иш-аракетине көзөмөлдүк кылып, өзү болсо оперон курамына кирбей турган регулятордук ген (regulator gene) тарабынан көзөмөлдөнүп турчу ген-оператор (operator gene) кирет.

## П

**ПЕНЕТРАНТНОСТЬ (penetrance), пенетранттуулук** – тездик, аны менен берилген белги бул же тигил ген менен көзөмөлдөнөт.

**ПЕРЕКРЕСТ (crossing over), кайчылашуу** – (генетикада) хроматид аймактарынын алмашуусу, гомологиялык хромосомалардын жуптарынын ортосунда пайда болот жана генетикалык материалдын рекомбинациясына алып келет. Хиазмадагы мейоз учурунда байкалат.

**ПИКОРНАВИРУС (picornavirus), пикорнавирус** – РНК – бар вирус тобунун өкүлү (пико – кичинекей дегенди түшүндүрөт; мындан бул вирус аталат). Бул топко ошондой эле Коксаки вирусу, полиомиелит жана риновирустар кирет.

**ПЛЕЙОТРОПИЯ (pleiotropy), плейотропия** – фенотибтеги бир же бир нече гендерге жооп берүүчү делги же ситуация. – Плейотроптук (pleiotropic).

**ПОКСВИРУС (poxvirus), поксвирус** – вирусу бар өтө чоң топтогу ДНК өкүлү.

**ПОЛИДАКТИЛИЯ (hyperdactylism), ГИПЕРДАКТИЛИЯ (polydactylism), полидактилия, гипердактилия** – колдун же буттун бештен көп манчалуулугу.

**ПОЛИМОРФИЗМ (polymorphism), полиморфизм** – (генетикада) организмде кайсы бир хромосома же кайсы бир генетикалык белгинин бир нече формада кездешүүсү.

**ПОЛИНУКЛЕОТИД (polynucleotide), полинуклеотид** – нуклеотиддерди байланыштыруучу узун чынжарча, ДНК жана РНК молекулаларын пайда кылат.

**ПОЛИТЕЛИЯ (polythelia), полителия** – эмчегинин үрпү өтө көп аял (караңыз: Гипермастия).

**ПОРФИРИЯ (porphyria), порфирия** – тукум куучулук сейрек кездешүүчү оорулардын тобуна кирет.

**ПРЕДРАСПОЛОЖЕННОСТЬ (predisposition), жаман ооруга жакындык** – адамдын кандайдыр-бир оорунун өрчүшүнө жакындык. Бул жакындык тукум куучулук же кай-

сы-бир витаминдин жетишсиздигинин же адамда уйгунун же тамак ашка жетишсиздигинен өрчүшү мүмкүн. Кошумча караңыз: Диатез.

**ПРОПОЗИТ** (**propositus**), **ПРОБАНД** (**proband**), **пропозит, пробанд** – тукум куучулукта кандайдыр бир ооруну изилдөө процесси.

**ПРОТООНКОГЕН** (**protooncogene**), **протоонкоген** – нормалдуу клеткадагы ген, кээ бир вирустардын менен структуралык окшоштуктары бар.

**ПУРИН** (**purine**), **пурин** – эки шакекчеси бар азоту бар кошулма. Пуриндерге аденин жана гуанин киришет, алар нуклеотиддердин курамына киришет, жана ошондой эле заара кислотасы, пуриндин метаболизминин акыркы продуктусу болуп саналат.

**ПЯТНО РОДИМОЕ** (**birthmark**), **мең, кал** – теридеги туулгандан баштап пайда болгон мең. Караңыз: Невус.

## Р

**РАЗДЕЛЕНИЕ** (**disjunction**), **бөлүү** – мейоз учурунда гомологиялык хромосомалардын жуптарынын бөлүнүү процесси же митоздун же мейоздун анафазасы мезгилинде хромосомадагы хроматид. Салыштыруу үчүн: Ажыроочулук эместик.

**РЕОВИРУС** (**reovirus**), **реовирус** – анча чоң эмес РНК ны алып жүрүүчү вирустар тобунун өкүлү; эч кандай олуттуу оору жаратпастан дем алуу жолдорун жана ичегилерди жабыркатуу мүмкүнчүлүгө ээ. Салыштыруу үчүн: Эховирус.

**РЕПЛИКАЦИЯ** (**replication**), **репликация** – клетканын бөлүнүү циклиндеги интерфазада ДНК молекуласынын экиге бөлүнүү процесси.

**РЕЦЕССИВНЫЙ** (**recessive**), **рецессивдүү** – мурунку ата-бабадан калган белгилердин кийинки муундарда сакталбай жоголуусу же белгилер андан аркы тукумда начар сакталышы. Салыштыруу үчүн: Доминанттык.

**РИБОЗА** (**ribose**), **рибоза** – кант (пентоза) (анда углероддун эркин атомдору кездешет); РНК жана айрым бир коферменттердин курамына кирет. Мындан сырткары, рибоза клетка ичиндеги метаболизм процессинде катышат.

**РИБОЗИМ** (**ribozyme**), **рибозим** – РНК молекуласы, ал организмде ферменттин функциясын аткара алат.

**РИБОНУКЛЕАЗА** (**ribonuclease**), **рибонуклеаза** – лизасома клеткаларында болуучу фермент.

**РИБОСОМА** (**ribosome**), **рибосома** – РНК жана белок молекулалары тарабынан жаратылган клеткалык органелла; рибосомалар клеткадагы белок синтездеринин органеллалары болуп саналышат (караңыз: Трансляция). Рибосомалар эндоплазматикалык ретикулумга бекип же цитоплазмада эркин абалда болушат. – Рибосомалык (ribosomal).

**РИНОВИРУС** (**rhinovirus**), **риновирус** – РНК бар тобунун вирусу, адамда дем алуу органдарынын инфекциясын туудурат. Риновирустарга мисалы, пикорнавирустардын тобу кирет.

**РНК** (**RNA**), **КИСЛОТА РИБОНУКЛЕИНОВАЯ** (**ribonucleic acid**), **РНК, рибонуклеиндик кислота** – нуклеиндик кислотасы, ал ядролордо жана цитоплазмада болот. Бул кислота клеткадагы белоктордун синтезинде катышат (караңыз: Маалыматтык (матрицалык) РНК, Рибосома, транспорттук РНК, Трансляция).

**РНК ТРАНСПОРТНАЯ** (**transfer RNA**), **транспорттук РНК** – РНК нын тиби, ал белоктун синтезинин процессинде рибосомага аминокислотаны ташып келет жана белоктук чынжырчага аминокислоталардын туура кошулуусун камсыз кылат. Кошумча караңыз: Трансляция.

**РОД** (**genus,** көпч. **genera**), **түр** – жаныбар жана өсүмдүктөр үчүн колдонулуучу категория. Өз кезегинде түр өзүнө бири-бири менен окшош жана бири-бири менен тыгыз бай-

ланышкан бир канча түрлөрдү камтыйт; мисалы, Canis түрүнө карышкыр, ит жана чөөлөр кирет.

**РОДОВОЙ (generic), тукумдук, түрдүк** – тукумга, түргө тиешелүү сөз.

**РОДСТВЕННИК КРОВНЫЙ (sib), кан тууган** – караңыз: Сибс.

**РОДСТВО КРОВНОЕ (consanguinity), тукумдук туугандык** – кан аркылуу мамилешүү, бир нече муунда бир бабанын болушу.

## С

**САУЗЕРН-БЛОТТИНГ (Southern blot analysis), Саузерн-Блоттинг** – клеткаларда спецификалык ДНК формаларын идентификациялоо ыкмасы. Салыштыруу үчүн: Нозерн-блоттинг, Вестерн-блоттинг.

**СИДЕРОФИЛИЯ (iron-storage disease), сидерофилия** – караңыз: Гемохроматоз.

**СИНГЕННЫЙ (syngeneic), сингенндүү** – реципиенттин тканы менен генетикалык жактан абдан окшош донордон алынган ткандык трансплантатты сүрөттөө үчүн колдонула турчу термин.

**СИНДРОМ АРНОЛЬДА – КИАРИ (Arnold – Chiari malformation), Арнольд – Киари синдрому** – бул баш мээдеги өрчүү аномалиясы, мында баш сөөктүн каракуш мээни камтуучу бөлүмү өтө кичинекей же деформацияланган болот, анын кесепетинен мээнин кысылышы болот.

**СИНДРОМ ГУНТЕРА (Hunter's syndrome), Гунтер синдрому** – организм клеткаларындагы белоктук – углеводдук комплекстердин жана майлардын топтолушуна алып келе турган ферменттин жетишсиздигинен улам келип чыгуучу тукум куучулук оору. Мунун натыйжасында, адамдын акыл-эси толук кандуу өнүкпөй, боор жана көк боор чоңойуп, бет түзүлүшү жагымсыз келбетке (гаргоилизм (gargoylism)) ээ боло баштайт. Медициналык аталышы: II тибиндеги мукополисахаридоз (mucopolysaccharidosis type II).

**СИНДРОМ ГУРЛЕРА (Hurler's syndrome), БОЛЕЗНЬ ПФАУНДЛЕРА – ГУРЛЕРА (Pfaundler's – Hurler's disease), Гурлер синдрому, Пфаундлер – Гурлер оорусу** – организм клеткаларында белоктук – углеводдук комплекстердин жана майлардын топтолушуна алып келе турган ферменттин жетишсиздигинен улам келип чыгуучу тукум куучулук оору (ошондой эле, бул оору көптөгөн дизостозом же липохондродистрофия деп да аталат). Мунун натыйжасында, адамдын боюу кодоюп, акыл-эси толук кандуу өнүкпөй, боор жана көк боор чоңойуп, бет түзүлүшү жагымсыз келбетке (гаргоилизм (gargoylism)) ээ боло баштайт. Медициналык аталышы: I тибиндеги мукополисахаридоз (mucopolysaccharidosis type I).

**СИНДРОМ ДАУНА (Down's syndrome), Даун синдрому** – генетикалык аномалиянын натыйжасында адам организминде кошумча хромосоманын пайда болушунан улам келип чыгуучу оору (хромосомалардын саны 46 эмес 47 ге барабар болуп калат). Бул синдромдон жабыркаган адамдардын бети жалпак, көздөрү кылый (ушуга байланыштуу алгач бул оору монголизм (mongolism) деп аталчу)), боюу жапалдаш, алаканы узунунан кеткен жалгыз сызыктуу жана жазы, манжалары кыска, кулактары мулук формада болот. Медициналык аталышы: Трисомия 21 (trisomy 21).

**СИНДРОМ ДИ ГЕОРГА (di George syndrome), Ди Георгдун синдрому** – тукум куучулук оору (иммуножетишсиздик), ал организмдин инфекцияга туруштук бере албастыгы мүнөздөлөт.

**СИНДРОМ ЖИЛЬ-ДЕ-ЛА-ТУРЕТТА (Gilles de la Tourette syndrome), СИНДРОМ ТУРЕТТА (Tourette's syndrome), Жиль-де-ла-Туарет синдрому, Туарет синдрому** – адамда катуу жана көпчүлүк тартуунун пайда болушу, ал үн түйүндөрүнүн тарты-

лышы менен бир катар эмтигүү жана байкабастыктан туура эмес сүйлөө (копролалия) менен коштолот. Орулуу байкабастыктан сөздөрдү кечке кайталай берет же башка адамдардын кыймыл аракетин туурап калат (караңыз: Палилалия).

**СИНДРОМ ЖИЛЬБЕРА (Gilbert's syndrome), Жильбер синдрому** – конъюгирдик эмес үй-бүлөлүк гипербилирубинемия: боор клеткаларында UDP ферментинин тубаса жетишсиздигинен пайда болот.

**СИНДРОМ КЛЯЙНФЕЛТЕРА (Klinefelter's syndrome), Кляйнфелтер синдрому** – генетикалык бузулуш, мында организмде 3 жыныс хромосамасы XXY болот эки жөнөкөйлөрдүн ордуна (XX же XY). Мындай бузулуу өзгөчө эркектерди жабыркайт.

**СИНДРОМ ЛОМКОЙ X-ХРОМОСОМЫ (fragile-X syndrome), морт X-хромосома синдрому** – кыйла генетикалык бузулуш, ал X-хромосоманын узун ийининин ичкериши менен байланыштуу болот. Морт X-хромосомасы адамдарда акылынын өрчүшүнүн кармалуусунун Даун синдромунун өрчүшүнүн себеби болот.

**СИНДРОМ МАРФАНА (Marfan's syndrome), Марфан синдрому** – төрөлгөндөн эле эки көздүн, кулактын, жүрөктүн, туура эмес өрчүшү жана өз оордунан жылып кетиши. Чечекейдин, жүрөктүн, карынчанын ортосундагы пардасынын кемдиги, манжаларынын (арахнодактилия (arachnodactyly)), өзгөчө узундугу ушул синдромго мүнөздүү.

**СИНДРОМ ПЕЙТЦА – ЕГЕРСА (Peutz – Jeghers syndrome), Пейтц – Егерс синдрому** – адамдын бетинде, өзгөчө ооздун жана мурундун таноосунун тегерегиндеги майда меңдердин, бүдүрчөлөрдүн өсүшү. Алар ошондой эле ичеги-карындын ичиндеги былжырлуу кабыкчасынын ичине өсүп чыгуу.

**СИНДРОМ ПОДРЕЗАННОГО ЖИВОТА (prune belly syndrome), алынган ичтин синдрому** – тукум куучулук абал, ал өзгөчө эркектерде байкалат жана ичтин булчуңдарынын жок болушу менен мүнөздөлөт, заара чыгаруучу жолдордун татаал түзүлүшү менен жана калтага билатералдык, ордуна түшүп калбаган урук безинин бузулушу менен мүнөздөлөт.

**СИНДРОМ ТРИЧЕРА КОЛЛИНСА (Treacher Collins syndrome), ДЕФЕКТ ТРИЧЕРА КОЛЛИНСА (Treacher Collins deformity), Тричер Коллинс синдрому, Тричер Коллинс дефекти** – беттин өрчүшүнүн доминанттык - тукум куучулук бузулушу, ал биринчи бакалоорлук догонун же биринчи бакалоорлук кобулдун аймагынын өрчүбөстүгү менен байланыштуу болот. Анын кесепетинен адамда кулактын жана беттин ар кандай дефектилери болот.

**СКЛЕРОЗ ТУБЕРОЗНЫЙ (tuberous sclerosis), ЭПИЛОЙЯ (epiloia), туберездук склероз, эпилойя** – тукум куучулук дарт, териде, баш мээде жана башка органдарда майда шишиктердин жана өрмөлөрдүн пайда болушу менен мүнөздөлөт. Дарттын негизги көрүнүшү эпилепсия жана акыл эсинин кечеңдеши менен байкалат.

**СКРЕЩИВАНИЕ ГЕНЕТИЧЕСКИ РАЗЛИЧНЫХ ОСОБЕЙ (outbreeding), түрдүү генетикалык особдордун аргындаштырылуусу** – генетикалык түрдүү особдордон, ата-энеден алынган тукум. Салыштыруу үчүн: Инбридинг.

**СПАРИВАНИЕ, КОНЪЮГАЦИЯ (conjugation), кошулуу, конъюгация** – эки микроорганизмдин кошулушу, мында генетикалык материал (ДНК) бир организмден экинчи организмге өтөт.

**СЦЕПЛЕНИЕ (linkage), илинишүү** – (генетикада) хромосомада эки же андан көп гендердин жакын жайгашуучу жери.

**СЦЕПЛЕННЫЙ С ПОЛОМ (sex-linked), жыныс менен илинишүү** – бул термин гендерди (же аларды көзөмөлдөөчү белгилерди) сүрөттөөдө колдонулат, алар жыныстык хромосомаларда, адатта X хромосомада жайгашкан. X хромосомада адамда кээ бир дарттардын өрчүшү (мисалы, гемофилия) үчүн жооп берген гендер жайгашкан.

## Т

**ТАЛАССЕМИЯ (thalassaemia), АНЕМИЯ КУЛИ (Cooley's anaemia), талассемия, Кули анемиясы** – бир үй-бүлөдө төрөлгөндө эле пайда болгон кандагы эритроциттердин жарылышынан келип чыккан аз кандуулук.

**ТЕЛОГЕН (telogen), телоген** – караңыз: Анаген.

**ТЕЛОФАЗА (telophase), телофаза** – миоздун ар бир бөлүнүүсүнүн мезгилинде жана митоздун акыркы стадиясы, аны жүрүшүндө хромосомалар жумшарат, деконсациялайт, РНК ны транскрибациялашат, ядрочо пайда болот, хромосомалардын айланасында ядердик мембрана өрчүй баштайт. Ошол эле убакта цитоплазманын бөлүнүшү башталат.

**ТЕЛОЦЕНТРИЧЕСКИЙ (-АЯ) (telocentric), телоцентрикалык** – хромосома, андагы центромера анын бир учунда орун алган.

**ТЕРАПИЯ ГЕННАЯ (gene therapy), гендик терапия** – адамдын организмине генетикалык инженерия методдорунун жардамы аркасында кадыресе ген клеткаларын отургузуу жолу аркылуу адамды кайсы бир тукум куучулук оорудан аррылтууга багытталган дарылоо иш-аракети.

**ТИМИН (thymine), тимин** – нуклеиндик кислоталардын (ДНК жана РНК) нуклеотиддер курамына кире турган азоттук негиздердин бири (караңыз: Пиримидин).

**ТРАНСКРИПЦИЯ (transcription), транскрипция** – ДНК малекуласынан малыматтын генетикалык кодунда болгон ташууну маалыматтык (месенджер) РНК га ташуу процесси: клеткалардагы белоктордун биринчи өрчүү этабы. Караңыз: Маалыматтык (матрицалык) РНК, Трансляция.

**ТРАНСЛОКАЦИЯ (translocation), транслокация** – (генетикада) хромосомалардын өзү сындуу же бөлөк хромосомалар менен биригишине алып келе турган мутация түрү. Мунун өзү генде жайгашкан хромосомалардын ырааттуулугунун өзгөртүп, олуттуу генетикалык оорулардын келип чыгышына себепкер болот.

**ТРАНСФЕКЦИЯ (transfection), трансфекция** – ДНК ны клетканын малекуласына киргизүү.

**ТРЕХПАЛОСТЬ (tridactyly), үч бармактуулук** – өрчүүнүн убаса бузулушу, ал колдо же бутта үч эле бармактын болушун менен мүнөздөлөт.

**ТРИСОМИЯ (trisomy), трисомия** – клеткада жөнөкөй (диплоиддик) хромосомдук топтун ордунабир кошумча хромосоманын болушу. Трисомия адамда Даун синдрому же Кляйнфельтер атту синдромдорунун өрчүшүнүнө себеп болот. – Трисомиялык (trisomic).

**ТРОМБАСТЕНИЯ (thrombasthenia), тромбастения** – тромбоциттин кызматы начарлыгынан укумдан-тукумга байкалуучу кээ бир мүчөдөн аз-аздап кан агуу.

## Ф

**ФЕНИЛКЕТОНУРИЯ (phenylketonuria), фенилкетонурия** – тукум куучулук оору. Организмдеги белок метаболизминин бузулуусу менен байланыштуу келип чыгат. Натыйжада, нерв системасынын жабыркашы менен бирге акылдын өспөй калуусуна алып келүүчү фенилаланин аминокислоталарынын ашыкча чогулуусу күтүлөт.

## Х

**ХИАЗМА (chiasma, көпч. chiasmata), хиазма** – генетикада – мейоздун биринчи бөлүнүшүндө профазада гомологиялык хромосомалардын биригүүчү чекити. Хиазмалар профазанын акырында жана анафазадан кийин пайда болуп, жана хромосомалар аркылуу генетикалык маалыматтар менен алмашуу болгондо пайда болот (караңыз: Кайчылашуу). 2. Караңыз: Оптикалык хиазма.

**ХРОМАТИДА (chromatid), хроматида** – ДНК малекуласынын бири, ал митоз жана мейоз интерфазасындагы репликациясында пайда болот. Бул мезгилдеги ар бир хромасома хроматиддердин жупу менен көрсөтүлөт, бири бири менен центромера аркылуу бириктирилген.

**ХРОМАТИН (chromatin), хроматин** – курамы өтө көп эмес өлчөмдөгү ДНК, РНК жана белоктордон турган клеткалык ядронун негизги боёгучтар менен боёлуучу хромосомалык материалы. Караңыз: Эухроматин, Гетерохроматин.

**ХРОМАТИН ПОЛОВОЙ (sex chromatin), жыныстык хроматин** – хроматин, ал аялдардын соматикалык клеткаларында болот жана бир инактивдүү X хромасоманы көрсөтүп, ал конднсацияланган формада калат. Жыныстык хроматин аркылуу бала төрөлө электе кыз же эркек экенин аныктоо болот.

**ХРОМОСОМА (chromosome), хромосома** – клетканын ядросунун ичине өзүнчө өсүп чыгып, өтө татаал курулган жипке окшош түп-түз тартипте орношкон тукумдук фактор. Хромосома ДНК молекулаларын жарата турчу жарым нуклеатиддик кош, бирибирине спираль түрүндө оролгон узун чынжырчалардан турат. ДНК белоктор менен – гистондор менен бириккен. Ал эми ДНК молекулаларын жээктей гендер жайгашкан. Хромосомалар клетканы бөлүү учурунда негизги боёгучтар менен жакшы боёлушат (караңыз: Мейоз, Митоз). Адамдын ар бир соматикалык клеткасынын ядросунда 46 хромосома бар болсо, алардын 23 – энелик, ал эми дагы 23 – аталык хромосомалар болуп саналышат. Ар бир хромосома клеткалардын бөлүнүү учурунда өзүнө коёндой окшош хромосоманы жаратууга жөндөмдүү болгондуктан ар бир жаңы жаралган клетка хромосомалардын толук жыйынына ээ болот (караңыз: Интерфаза). Кошумча караңыз: Хроматида, Центромера, Жыныстык хромосома. – Хромосомалык (chromosomal).

**ХРОМОСОМА ПОЛОВАЯ (sex chromosome), жыныстык хромосома** – болочоктогу адамдын жынысын аныктай турчу хромосома. Аялдарда эки X, ал эми эркектерде бири – X, бири – Y болуп экиден хромосома кездешет. Салыштыруу үчүн: Аутосома.

## Ц

**ЦЕНТРОМЕРА (centromere), КИНЕТОХОР (kinetochore), борбор ченеми, кинетохор** – хромосоманын алгачкы тартуусунун аймагы, аны башка эки хроматиддер менен бири-бирин байланыштырат.

**ЦИСТРОН (cistron), цистрон** – ДНК же РНК – чынжырынын үзүндүсү, ал белоктордун синтездөө прцессинде бир полипептиддик чынжырдын аминокислоталык курамын коддойт. Цистронду гендин функционалдык эквиваленти катары эсептесе болот.

**ЦИТОГЕНЕТИКА (cytogenetics), цитогенетика** – цитологиялык усулдар аркылуу тукум куучулукка байланыштуу көрүнүштөрдү изилдөөчү генетика бөлүмү; негизинен хромосома, алардын келип чыгышы, түзүлүшү жана аткарган функцияларын изилдөөгө багытталат.

**ЦИТОЗИН (cytosine), цитозин** – ДНК жана РНКлардын нуклеиндик кислоталарында кездеше турган азоттуу негиздердин бири (караңыз: Пиримидин).

**ЦИТОХРОМ (cytochrome), цитохром** – дем алуу пигменти, курамына белок кирет, гем менен байланышкан. Караңыз: Электрондорду берүү чынжырчасы.

## Э

**ЭУХРОМАТИН (euchromatin), эухроматин** – спирализацияланган хромосомдук материал (караңыз: Хроматин), ал боёгучтар менен азыраак интенсивдүү боёлот; негизги гендерди көрсөтүп турат. Салыштыруу үчүн: Гетерохроматин.

# ГИНЕКОЛОГИЯ



## А

**АБОРТ (abortus), аборт** – жатындагы баланын уч айга чейинки мезгилиндеги боюнан түшүшү. Бойдон тушүү себеби, убакытына, денеге тийгизген таасирине жараша бир топ түрлөргө бөлүнөт.

**АБОРТ, ВЫКИДЫШ (abortion), аборт, боюнан түшүрүү** – эмбрионду же түйүлдүктү жатындан чыгаруу (алып салуу), бул түйүлдүк өз алдынча жашоого мүмкүн эмес болгондо (башкача айтканда кош бойлуулуктун биринчи 24 жумаларда) жасалат.

**АБОРТ ПРИВЫЧНЫЙ (habitual abortion), өнөкөт аборт** – аялдын боюна бүткөн сайын, белгилүү бир мезгилде (дайыма) боюнан тушуп калышы. Караңыз: Аборт.

**АДЕНОМИОЗ (adenomyosis), аденомиоз** – караңыз: Эндометриоз.

**АКУШЕРСТВО (obstetrics, midwifery), акушерлик** – аялдардын боюнда болушун, төрөшүн, төрөттөн кийинки (төрөттөн кийин алты жума боюу) мезгилдеги оорулары жөнүндөгү медицинанын тармагы. Салыштыруу үчүн: Гинекология. – Акушерский (obstetrical). – Акушерка (obstetrician, midwife).

**АМЕНОРЕЯ (amenorrhoea), аменорея** – этек кир келе турган учурда келбей, анын токтолуп калышы.

**АМНИОЦЕНТЕЗ (amniocentesis), амниоцентез** – суюктуктун аспирациясы (амниотикалык суюктуктун), анда жатындагы түйүлдүк жайгашкан, ич дубалы аркылуу амниотикалык баштыкчаны тешүү жолу аркылуу жасалат.

**АНОВУЛЯТОРНЫЙ (anovular, anovulatory), ановулятордук** – энелик тукум безинде алдын жыныс клеткасынын (жумуртка клеткасынын) бошонушу жана өрчүшү менен коштолбоочу, мисалы, ановулятордук менструация (anovular menstruation) кырдаалында.

**АРЕОЛА (areola), ареола** – 1. Эмчек учунун айланасындагы күрөң же кызгылтым жер. 2. Көз карегинин айланасындагы чел кабык бөлүгү. 3. Ткандык өтө чоң эмес пигменттелген бөлүк. – Ареолярный (areolar).

## Б

**БАРТОЛИНИТ (bartholinitis), бартолинит** – аялдын жыныстык органынан бартолин деп аталган безинин сезгенип оорушу.

**БАХРОМКА (fimbria,** көпч. **fimbriae), чачыла** – чачылага окшогон же аны элестеткен пайда болуулар. – Чачылалык (fimbrial).

**БЕРЕМЕННОСТЬ I (gestation), кош бойлуулук I** – уруктанган клетканын түйүлдүккө айлануу мезгили. Аялдын организиминде (жатында) өөрчүп жаткан түйүлдүктү көтөрүүсү менен байланышкан мезгил. Кошумча караңыз: Кош бойлуулук II.

**БЕРЕМЕННОСТЬ II (pregnancy), кош бойлуулук II** – кырдаал, бул мезгилде аял анын организминде (адатта жатында) өрчүп жаткан түйүлдүктү алып жүрөт (салыштыруу үчүн: Эктопикалык кош бойлуулук). Кош бойлуулукт адатта 266 күндү камтыйт, түйүлдүк пайда болгон мезгилден тартып, баланын төрөлүшүнө чейин, же 288 күн, акыркы менструациянын биринчи күнүнөн тартып (караңыз: Негель эрежеси). Медициналык аталышы: Кош бойлуулук (cyesis). Кошумча караңыз: Көмүскө кош бойлуулук. – Кош бойлуу (pregnant, gravid).

**БЕРЕМЕННОСТЬ ЛОЖНАЯ (pseudocyesis, phantom pregnancy, false pregnancy), жалган боюна болуучулук** – аялдын боюнда болбосо деле, боюнда бардай сезилип, ичи чоңоюу менен башка дагы кош бойлуулук белгилердин пайда болушу.

**БЕРЕМЕННОСТЬ ТРУБНАЯ (tubal pregnancy), жатындын түтүкчөсүндө боюна болуучулук** – болочок түйүлдүк өз жайынан орун албай, жатындын түтүгүнө бүтүп, боюна болуу (караңыз: Эктопикалык кош бойлуулук).

**БЕРЕМЕННОСТЬ ЭКТОПИЧЕСКАЯ (ectopic pregnancy), БЕРЕМЕННОСТЬ ВНЕМАТОЧНАЯ (extrauterine pregnancy), эктопикалык кош бойлуулук, жатындан сырткары боюна бүткөндүк** – түйүлдүктүн жатындан тышкары, бөтөн жерде өөрчүшү. Уруктанган клетканын аналык безде, жатын (фаллопий) түтүгүндө, же ич көндөйүндө калып калуусунан улам келип чыгат.

**БЕСПЛОДИЕ (infertility), төрөбөстүк** – аялдын боюна бүтө албоосу же эркек уругунун жарамсыздыгы. Аялдарда төрөбөстүк овуляция процессинин бузулушу менен, фаллопий түтүктөрүнүн өтүмсүздүгү менен же кайсы бир жатындагы былжырлуу чел кабыгынын дарты (эндометри) менен байланыштуу болот. Эркектерде урук безинин жарамсыздыгы, сперматозоиддердин санынын азайышы же кыймылынын начарлашынын кесепетинен болушу мүмкүн (караңыз: Олигоспермия), ошондой эле сперматозоиддердин такыр эле жок болушунда (караңыз: Азоспермия). Кошумча караңыз: Андрология, Стерилдүүлүк.

**БИМАНУАЛЬНЫЙ (bimanual), бимануалдуу** – кош колдоо, эки колу менен иштеген адам. (мисалы, гинекологиялык изилдөө).

**БЛАСТОПОР (blastopore), бластопор** – тешик, ал түйүлдүктүн (гаструланын) баштапкы өнүгүү стадиясындагы анын үстүнкү катмарындагы инвагинациянын кесепетинен пайда болот. Адамда бластопор өтө кичине көлөмдө болот, андыктан кийинчерээк анда биринчи ичеги пайда болот (караңыз: Архэнтерон).

**БЛАСТОЦИСТА (blastocyst), бластоциста** – түйүлдүктүн өрчүшүнүн баштапкы баскычы. Башында бластоцист эч нерсеге жармашпайт, бирок кийинчерээк ал жатындын дубалына имплантацияланат. Кошумча караңыз: Имплантация.

**БОЛЕЗНЬ БАЗЕНА (Bazin's disease), Базен оорусу** – жаш аялдардарда сейрек кездешүүчү оору, анда балтыр булчуңдагы теринин астындагы сезгенип туруучу түйүндөр пайда болуп, бул түйүндөр жарылып жана жараланып да кетиши мүмкүн. Оорунун келип чыгышы азырынча белгисиз. Медициналык аталышы: Индуративдик эритема (erythema induratum).

**БОЛЬ МЕЖМЕНСТРУАЛЬНАЯ (mittelschmerz), этек кир аралык оору** – ичтин астынкы бөлүгүндөгү оору пайда болуп, этек кир циклинин ортосунда, жумуртка клеткасы аналык безден бөлүнүп чыкканда оору пайда болот. Кошумча караңыз: Менструалдык цикл.

## В

**ВАГИНИЗМ (vaginismus), вагинизм** – адатта, вульвага тийип коюудан улам аялдын жыныс мүчөсүнүн ички көңдөйчөсүндөгү булчуң этинин оорушу. Бул аялдын жыныстык катнашка болгон коркунуч сезимин, ал тургай жек көрүүсүн жаратуусу мүмкүн. Кошумча караңыз: Диспареуния.

**ВАГИНИТ (vaginitis), вагинит** – аялдын жыныстык кынынын сезгениши. Кайсы бир инфекция (адатта Trichomonas vaginalis түрү менен туудурулат) аркылуу ошондой эле тура эмес тамактануу же өздүк гигиенаны сактабагандыктан келип чыккан. Постменопаузалык (postmenopausal) (же атрофиялык (atrophic)) вагиниттин өрчүү себеби болуп, аялдардын организминде бөлүнүп чыккан аялдардын жыныс гормондорунун санынын кыйла төмөндөшү болуп саналат.

**ВАКУУМ-ЭКСТРАКТОР (vacuum extractor, ventouse), ваккум-экстрактор** – төрөттү жеңилдетүү үчүн, акушердик практикада колдонулуучу жабдык. Бирок азыркы мезгилде акушердик кычкачтарга көбүрөөк артыкчылык берилет.

**ВИКАРНЫЙ (vicarious), викардуу** – мүчөнүн ооруганда кийинки кемтигин калыптантуучу, ордун басуучу абалы. Мисалы, викардуу менструация – айыз убагында кан жыныс кынынан эмес, башка органдардан келет (мисалы, тери, эмчек бездери, мурун же көз).

Мындай учурларда аялдын саамай чачы түшүп, булчуң эттери жана клитору чоңойуу менен гирсутизмдин өнүгүүсү байкалат, үн корулдап, сырткы келбети эркектикине окшош болуп калат. Өткөөл курактагы өспүрүм балдарда кезигүүчү верилизация себеби, кайсы бир шишиктин өөрчүшү менен байланыштуу болот.

**ВНЕМАТОЧНЫЙ (extrauterine), жатындан сырткары** – жатындан сырткары жайгашкан учурда.

**ВОДЫ ОКОЛОПЛОДНЫЕ (amniotic fluid), жатын суулар** – амниотикалык баштыкчанын ичинде болуучу суюктук. Анын ичинде бала тышкы басымдардан корголуп, өрчүйт. Кошумча караңыз: Амниоцентез.

**ВОДЫ ПЕРЕДНИЕ (forewaters), алдынкы суулар** – жатын суулар, жатындан кын аркылуу чыккан, ал амниондун бир бөлүгү жарылганда (өзүнөн өзү же амниотомиянын жардамы менен) чыгат. Өзүнөн өзү жарылуу төрөт убагында болот.

**ВСКРЫТИЕ ПЛОДНЫХ ОБОЛОЧЕК ИСКУССТВЕННОЕ (artificial rupture of membranes (ARM)), түйүлдүк челди жасалма түрдө жаруу** – караңыз: Амниотомия.

**ВУЛЬВ- (vulv-), ВУЛЬВО- (vulvo-), вульв-, вульво-** – аялдардын жыныстык мүчөсүнүн сырткы бөлүгүн түшүндүрүүчү сөз.

**ВУЛЬВИТ (vulvitis), вульвит** – аялдардын жыныстык мүчөсүнүн сырткы бөлүгүнүн сезгениши (караңыз: Кычышуу).

**ВУЛЬВОВАГИНИТ (vulvovaginitis), вульвовагинит** – аялдардын сырткы жыныстык мүчөсү менен бирге кыны кошо сезгенип оорушу (караңыз: Кычышуу, Вагинит).

**ВЫКИДЫШ (miscarriage), боюнан түшүп кетүү** – караңыз: Аборт.

**ВЫПАДЕНИЕ (procidentia), түшүп кетүү** – кайсы бир органдын ылдый карай жылып кетиши, түшүп калышына чейин (пролапстын); өзгөчө бул термин жатынга тиешелүү колдонулат (жатындын түшүп калышы (uterine procidentia)), ал кындын сырткы тешигинен көрүнөт.

## Г

**ГЕМАТОКОЛЬПОС (haematocolpos), гематокольпос** – кыздык чел кабыктагы тешиктин өтө кичине болгондугуна байланыштуу этек кирдин сыртка агып чыкпай жыныстык кынга чогулуп калышы (караңыз: Криптоменорея).

**ГЕМАТОМЕТРА (haematometra), гематометра** – 1. Айыз канынын жатынга топтолуп калышы. 2. Себебине карабай жатындык аномалдык катуу кансыроо.

**ГЕМАТОСАЛЬПИНКС (haematosalpinx), ГЕМОСАЛЬПИНКС (haemosalpinx), гематосальпинкс, гемосальпинкс** – жатындан тышкары бойго бүткөндө, жатындын түтүкчөсүнө кандын чогулуусу.

**ГЕМОРРАГИЯ ДОРОДОВАЯ (antepartum haemorrhage), төрөткө чейинки геморрагия** – бала төрөлгөнгө чейин боюнда болгон аялдын 24-чү жумасында аялдын жыныстык жолдорунан кан суюктуктарынын чыгышы.

**ГЕНИТАЛЬНЫЙ (genital), гениталдык** – көбөйүү органдарына тиешелүү же көбөйүү процессине тиешелүү сөз.

**ГИДРАМНИОН (hydramnion), гидрамнион** – жатындагы түйүлдүктүн айланасындагы суулардын көп болуп кетиши. Гидрамнион эгиздер болгондо же түйүлдүктө кайсы-бир аномалдык өрчүүдө пайда болот, мисалы, анэнцефалияда.

**ГИДРОСАЛЬПИНКС (hydrosalpinx), гидросальпинкс** – жатын түтүкчөсүнө суюктуктун жыйналып калышы.

**ГИМЕНОТОМИЯ (hymenotomy),** гименотомия – кыздык жука челди жаруу. Бул операция эгер кынга кирүүсү пленка менен такыр бүтөлүп, андан менструалдык канга чыгууга тоскоолдук кылган учурда кыздарга жасалат.

**ГИНЕКОЛОГИЯ (gynaecology), гинекология** – медицина илиминин аялдардын жыныстык мүчөсүнүн кызматын үйрөнүүчү бөлүгү (салыштыруу үчүн: Акушерство). – Гинекологиялык (gynaecological). – Гинеколог (gynaecologist).

**ГИПЕРМАСТИЯ (pleomastia), ПОЛИМАСТИЯ (polymastia), гипермастия, полимастия** – кошумча сүт бездеринин жана упчулардын болушу.

**ГИПОМЕНОРЕЯ (hypomenorrhoea), гипоменорея** – кандын азайышы, аялдарда этек кири келген учурларда байкалат.

**ГИСТЕРЭКТОМИЯ (hysterectomy), гистерэктомия** – операциялык жол менен жатынды кесип алып таштоо. Ал ичтин дубалындагы кесүү аркылуу аткарылган (абдоминалдык гистерэктомия (abdominal hysterectomy)), же кын аркылуу (кындык гистерэктомия) (abdominal hysterectomy)) аткарылат. Тоталдык гистерэктомияда (total hysterectomy) жатындын баардыгы алып салынат.

## Д

**ДЕЦИДУОМА (deciduoma), децидуома** – жатында ткандардын топтолушу, ал децидуалдык калдыктардан пайда болот. Кошумча караңыз: Хорионэпителиома (коркунуч туудурган децидуома).

**ДИЛАТАЦИЯ И КЮРЕТАЖ (dilatation and curettage, D and C), дилатация жана кюретаж** – жатын моюнчасын кеңейтүү жана кюретканын жардамы менен (караңыз: Кюретаж) жатындын былжырлуу катмарчасын (эндометрия) акырын кырып чыгуу. Бул операция aборттон соң эмбриондон калдыгын жана анча чоң эмес шишиктерди алып таштоо, ар кыл гинекологиялык оорулардын диагностикасын жеңилдетүү үчүн жасалат.

**ДИСМЕНОРЕЯ (dysmenorrhoea), дисменорея** – дин эки формада оору коштой келиши. Баштапты (спазматикалык) дисменорея (primary (spasmodic) dysmenorrhoea)) этек кир келген алгачкы мезгилдерде учурайт жана ал келин-кыздарга тиешелүү. Ичтин ылдый жагы ооруксунуп, оору этек кир келер алдында же келип баштагандан тартып, бүткүчөктү созулат. Адатта, бул мезгилде аялдарды жүрөк айлануу, кусуу, баш оору жана алсыздык абалы коштойт. Баштапкы дисменореянын негизги себеби болуп, аял организминдеги простагландин көлөмүнүн ашыкча иштелип чыгышы саналат. Кайталанган дисменорея (secondary (congestive) dysmenorrhoea)) жаш курагы өтүп калган аялдарда жоолугат. Эреже катары ал этек кирдин келишине бир нече күн же эки жума калганда ичтин ылдый жагында ооруксунуу спазмалары менен башталат. Мындай оорунун себеби, кичи жамбаш сөөк органдарындагы эндометриоз, жатын фибромасы өңдүү оорулар менен байланыштуу.

**ДИСПАРЕУНИЯ (dyspareunia), диспареуния** – жыныстык катнаш учурунда аял башынан өткөрө турган оору сезими. Мунун өзү аялга кандайдыр бир психологиялык же физикалык факторлордун таасир берүүсүнөн улам келип чыгуусу мүмкүн (караңыз: Вагинизм).

**ДИСТОЦИЯ (dystocia), дистоция** – төрөттүн оор мүнөздө өтүүсү. Мунун өзү түйүлдүк же эненин аномалдуу көрүнүштөргө ээ болуусу менен байланыштуу. Түйүлдүктүн адаттан тышкары чоң болуусу же туура эмес жайгашышы, аялдын жамбаш сөөгүнүн өтө кичинекей болуусу, жатын булчуңдарынын алсыздыгы же төрөт учурунда жатын моюнчасынын жетишээрлик деңгээлде ачылбоосу, аталган көрүнүштүн негизги себептери болуп саналат.

## Ж

**ЖЕЛЕЗА МОЛОЧНАЯ (mammary gland, mamma), сүт бездери** – аял жана сүт эмүүчү айбанаттардын ургаачыларынын сүт бөлүп чыгаруучу органы (караңыз: Эмчек).

**ЖЕЛЕЗЫ БАРТОЛИНИЕВЫЕ (Bartholin's glands), ЖЕЛЕЗЫ ПРЕДДВЕРИЯ БОЛЬШИЕ (greater vestibular glands), Бартолиндик бездер, чоң киребериш бөлүгүндөгү бездер** – жупуну бездер, алар аялдардан жыныс органдарынын негизинде орун алышат. Кичине каптал алдындагы бездер (lesser vestibular glands), алар кындын каптал алдындагы жоон жеринде жайгашкан, алар бартолин бездери аткаргандарды ошол эле функцияларды аткарышат. Кичине каптал алдындагы бездер (lesser vestibular glands), алар кындын капталынын алдындагы жоон жеринде жайгашкан, алар бартолин бездери аткаргандарды ошол эле функцияларды аткарышат.

**ЖЕЛЕЗЫ ПРЕДДВЕРИЯ (vestibular glands), киребериш бөлүгүндөгү бездер** – былжырлуу бездердин эки жубу, алар кын алдындагы дубалдарда ачылат. Дубал алдындагы чоң без (greater vestibular gland) (же бартолин бези (Bartholin's gland)) заара чыгуучу жыныстык диафрагманын артынкы бөлүмүндө жайгашкан; дубал алдындагы кичине без (lesser vestibular gland) уретранын сырткы тешикчесинде жайгашкан. Бул бездер кынга кирген жолду кургак эмес кылат.

## З

**ЗИГОТА (zygote), зигота** – уруктанган жумуртка клеткасы. Ал эркек жана аялдык пронуклеусту камтыйт.

**ЗИГОТЕНА (zygotene), зиготена** – мейоздун биринчи профазасынын экинчи стадиясы, анын убагында гомологиттик хромосамалар бивалентterди пайда кылышат.

## И

**ИЗМЕНЕНИЕ ФОРМЫ ГОЛОВКИ РЕБЕНКА ВО ВРЕМЯ РОДОВ (moulding), төрөт убагында баланын башынын формасынын өзгөрүшү** – төрөт убагында баланын башынын формасы өзгөрүп калат, анткени төрөт убагында төрөт жолдордон чыгып бараткaнда кысылгандыктан пайда болот.

**ИМПЛАНТАТ ФЕТАЛЬНЫЙ (fetal implant, fetal graft), феталдык имплантат** – аял боюна бүтүү максатында, постменапаузадагы аялдын жатынына бластистага чейин өрчүгөн, «пробиркада» («in vitro») уруктанган, жумуртка клеткасын киргизүү.

**ИМПЛАНТАЦИЯ (implantation), имплантация** – 1. Эмбрионду жатын бетине жармаштырып бекитүү (мунун өзү бластоциста деп аталуу менен уруктангандан тартып 7–8 күндөн кийин келип чыгат). 2. Кандайдыр бир затты (мисалы, дары каражатын) же буюмду (мисалы, ритмди кармап туруучу жасалма түзүлүш) ткань ичине киргизүү. 3. Тканды бир жерге жабыштырып тигип коюу. Оорулуу органдын оордуна таза органды хирургиялык алмаштыруу (караңыз: Трансплантация).

**ИНДУКЦИЯ (induction), индукция** – 1. Акушерликте – жасалма түрдө чакырылган төрөттүн башталышы. Медициналык индукция (medical induction) жатындын жыйрылуусун жөнгө салуучу простагландин же окситоциндин жардамы менен, ал эми хирургиялык индукция (surgical induction), окситоцин же анын аналогдорун бирге колдонуу менен амниотомиянын жардамы менен жүзөгө ашырылат. Бул эне же баланын өмүрүнө коркунуч жаралган учурда жүргүзүлөт. 2. Анестезия жүргүзүү. Жалпы анестезия вена ичине инъекция же кыска мөөнөткө таасир этүүчү наркотикалык препараттарды куюу аркылуу жүзөгө ашырылат.

**ИНЪЕКЦИЯ ПРЯМАЯ ИНТРАЦИТОПЛАЗМАТИЧЕСКАЯ (direct intracytoplasmic injection (DICI)), интроцитоплазмалык түз инъекция** – эркек уругу жараксыз же алсыз учурларда аялдын урук клеткасын жасалма жол аркылуу уруктандыруу.

## К

**КЛИМАКС (climacteric), климакс** – 1. Аз-аздап аялдардын этек кири токтой башталган мезгил. Ал 45–50 жаш курагында байкалышы мүмкүн. Караңыз: Менопауза. 2. (Эркектер климаксы (male climacteric)): жыныстык жакындыктын начарлашы жана уруктандырууга жөндөмдүүлүгү начарлайт, ал улгайган куракта өрчүйт.

**КОИТУС (coitus), АКТ ПОЛОВОЙ (sexual intercourse), КОПУЛЯЦИЯ (у простейших) (copulation), коитус, жыныстык катнашуу, копуляция (жөнөкөйлөрдө)** – жыныстык катнашуу. Кошумча караңыз: Оргазм. – Коиталдык (coital).

**КОИТУС ПРЕРВАННЫЙ (coitus interruptus), бөлүндүүчү коитус** – контрацепциянын ыкмасы, мында жыныстык мүчө кындан урук чыгаруудан мурда алынат.

**КОЛЬП- (colp-), КОЛЬПО- (colpo-), кольп-, кольпо-** – кынга тиешеси бар сөз. Мисалы, кольпопластика (colpoplasty) – кынды калыбына келтирүүчү пластикалык операция.

**КОЛЬПОПЕРИНЕОРАФИЯ (colpoperineorrhaphy), кольпоперинеорафия** – хирургиялык операция, ал кындагы жаракатты жана булчуңду тигүүнү камтыйт.

**КОЛЬПОРАФИЯ (colporrhaphy), кольпорафия** – аялдын жыныстык мүчөсү төмөндөгөндө аны өөдөлөтүп көтөрүп тигүүчү операция. Алдынкынын (алдынкы кольпорафия (anterior colporrhaphy)) түшүп калышында (пролапстын) же кындын арткы капталынын (караңыз: Проктоцеле) (арткы кольпорафия (posterior colporrhaphy)).

**КОЛЬПОСКОП, ЗЕРКАЛО ВЛАГАЛИЩНОЕ (colposcope, vaginoscope), колпоскоп, кын күзгүсү** – аспап, ал кынга киргизилип, жатындын моюнун жана жатындын үстүнкү бөлүгүн визуалдык түрдө изилдөөгө мүмкүндүк берет. – Кольпоскопия (colposcopy).

**КОЛЬПОТОМИЯ (colpotomy), кольпотомия** – жатындын капталын кесүү (адатта арткы), жатындын моюнуна карата (арткы кольпотомия (posterior colpotomy)). Кольпотомияга кээде кульдоцентаза (culdocentesis) өткөрүүдө кайрылышат.

**КОЛЬЦО ПОГРАНИЧНОЕ (retraction ring), чек аралак шакек** – жатын капталындагы тереңдик, ал булчуңдардын активдүү жыйрылуусунун бириктирүүчү жери болуп саналат жана жатындын үстүнкү бөлүгүндө орун алган.

**КОНТРАЦЕПТИВ ОРАЛЬНЫЙ (oral contraceptive), оралдык контрацептив** – дарылык препарат, курамына бир же бир нече синтетикалык жыныс гормондор кирет, аялдар боюна бүтпөс үчүн колдонулат. Кошумча караңыз: Посткоиталдык контрацепция.

**КРАУРОЗ (kraurosis), крауроз** – дененин кайсы бир бөлүгүнүн атрофиясы, адатта ал улгайган аялдардын жыныс бырыштарында кездешет (вульванын краурозу (kraurosis vulvae)).

**КРИПТОМЕНОРЕЯ (cryptomenorrhoea), криптоменорея** – менструация мезгилинде аялдарда кандын жок болушу.

**КРОВОТЕЧЕНИЕ МАТОЧНОЕ ПРОФУЗНОЕ (flood, flooding), жатындык профуздук кан агуу** – катуу жатындык кансыроо, ал меноррагияда же боюнан түшкөн мезгил менен окшогон кансыроо менен окшош.

## Л

**ЛАКТАЦИЯ (lactation), лактация** – кош бойлуулуктун акыркы мезгилинде пайда болуучу, сүт безинин секрециясы.

**ЛАКТОГЕН (galactagogue), лактоген** – сүт секрециясын пайда кылуучу жана анын санын жогорулатуучу зат.

**ЛЕЙКОРЕЯ (leucorrhoea), лейкорея** – аялдын жыныс мүчөсүнүн ичинен ак жана саргыч былжырдын бөлүнүп чыгышы.

**ЛИТОПЕДИОН (lithopaedion), литопедион** – жатындагы баланын таштай болуп өлүп калышы.

**ЛИХОРАДКА ПОСЛЕРОДОВАЯ (puerperal pyrexia), төрөттөн кийинки безгек** – температуранын 38 °С дан жогору көтөрүлүшү, ал төрөттөн кийин биринчи эки жумадан кийин же боюнан түшкүндө байкалат.

**ЛИШАЙ СКЛЕРОТИЧЕСКИЙ АТРОФИЧЕСКИЙ (lichen sclerosus et atrophicus), склеротикалык атрофиялык чакалай** – тубаса тери оорусу, аялдардын ано-гениталдык аймактарында ичке мала боз түстөгү чийимдердин пайда болушу менен коштолот.

**ЛОБОК (pubes), чат** – эки жамбаштын алдыңкы томпоюп кошулган жери. Адатта чат, чат чачтары менен капталган болот (pubic hair). 2. Караңыз: Чат сөөгү. – Чаттык (pubic).

**ЛОХИИ (lochia), лохиялар** – төрөттөн кийин 3–6 жумага чейинки жатындан чыгуучу суюктук. – Лохиалдык (lochial).

**ЛЮТЕИН (lutein), лютеин** – 1. Караңыз: Ксантофилл. 2. Сары дененин сары пигменти.

## М

**МАКРОГАМЕТА (macrogamete), макрогамета** – малярия плазмодиясы (Plasmodium) жана башка бир клеткалуу организмдердин кыймылсыз абалдагы ургаачы жыныс клеткасы (караңыз: Жөнөкөйлөр).

**МАКРОГАМЕТОЦИТ (macrogametocyte), макрогаметоцит** – клетка, андан мейоз процессинде аялдардын өрчүгөн жыныстык клеткалары (макрогаметалар) безгектик плазмодия (караңыз: Plasmodium) пайда болушат. Макрогаметоциттер адамдын канында болушат, бирок алардын макрогаметаларга айланышы чиркейлерден болот.

**МАРКЕР УЛЬТРАЗВУКОВОЙ (ultrasound marker), ультраүндүү маркер** – кош бойлуу аялды ультраүндүү изилдөөдөнүн жардамы менен түйүлдүктүн кандайдыр бир аномалдуу өрчүшүн аныктап чыгарат.

**МАСТАЛГИЯ (mastalgia), масталгия** – көкүрөктөгү ооруу.

**МАСТИТ (mastitis), мастит** – эмчек бездеринин сезгениши. Кандайдыр бир себептерден улам жабыркаган эмчек учу аркылуу өтүп кеткен инфекциянын натыйжасында пайда болот.

**МАТКА (uterus, womb), матка** – эмбриондун имплантациясына жана түйүлдүктүн өрчөшүнө арналган аялдын ички жыныс органы. – Жатындык (uterine).

**МАТКА ДВОЙНАЯ (double uterus), МАТКА УДВОЕННАЯ (uterus didelphys), экиленип кеткен жатын** – жатындын тубаса дефекти.

**МАТОЧКА, МЕШОЧЕК ЭЛЛИПТИЧЕСКИЙ (utricle, utriculus), баштыкча, эллиптикалык баштыкча** – 1. Ички кулактагы жаргактуу лабиринтинин алдыңкы бөлүгүнүн эки баштыкчасынын ичинен чоңураагы. 2. Чоң эмес көңдөйчө (урук чыктагыч баштыкча (the prostatic utricle)), ал урук чыктагыч безде орун алган жана эркектердин заара чыгуучу каналынын простатикалык бөлүгүнө ачылат.

**МАТОЧНЫЙ (uterine), жатындык** – жатынга тиешелүү сөз.

**МАЦЕРАЦИЯ (maceration), мацерация** – 1. Катуу затты суугa салып жумшартуу. 2. Акушерликте – жатындагы жансыз түйүлдүктүн табигый бузулуусу.

**МЕЗЕНХИМА (mesenchyme), мезенхима** – бириктирүүчү ткандын эмбрионалдык түйүлдүгү, мезодермадан пайда болот.

**МЕЗОВАРИУМ (mesovarium), мезовариум** – аналык бездин чычыркайы.

**МЕЗОДЕРМА (mesoderm), мезодерма** – энтодерма менен эктодерманын ортосундагы түйүлдүк бүдүрү. Кошумча караңыз: Мезенхима. – Мезодермалдык (mesodermal).

**МЕЗОМЕТРИЙ, БРЫЖЕЙКА МАТКИ (mesometrium), мезометрий, жатындын чычыркайы** – жатындын кенен байламталары; мезометрий аркылуу жатынга кан тамырлар келет.

**МЕЗОСАЛЬПИНКС (mesosalpinx), мезосальпиникс** – жатын түтүгүнүн чычыркайы.

**МЕЗОТЕНДОН, БРЫЖЕЙКА СУХОЖИЛИЯ (mesotendon), мезотендон, тарамыш чычыркайы** – синовиалдык эки катмар, синовилдик аялдын жыныс мүчөсүнүн ичиндеги сырткы жана ички катмарды бириктирет. Ал тарамыштарды камсыздочу кан тамырларды жана нервдерди камтыйт.

**МЕНАРХЕ (menarche), менархе** – менструалдык функциянын пайда болушу, бул убакта организмде терең физикалык жана психикалык өзгөрүүлөр, жыныстык өрчүү менен байланышып турат.

**МЕНОПАУЗА (menopause), КЛИМАКС (climacteric), менопауза, климакс** – этек кирдин токтолгондон кийинки мезгили. – Менопаузалык (menopausal).

**МЕНОРРАГИЯ (menorrhagia), ЭПИМЕНОРРАГИЯ (epimenorrhagia), КРОВОТЕЧЕНИЕ ДИСФУНКЦИОНАЛЬНОЕ (dysfunctional bleeding), меноррагия, эпименоррагия, дисфункционалдык кан агуу** – этек кирдин көп келиши, кан агуу. Меноррагия аялдардын организминде гормоналдык баланстын бузулушу менен байланыштуу болот же анда кайсы-бир сезгеничтик процесстин же жамбаштагы шишиктин (мисалы, фиброманын) болушуна алып келет да жана ошондой эле бул анемиянын өрчүшү менен кошотолот.

**МЕНСТРУАЦИЯ (menstruation, menses), этек кир** – эндометриялык катмардын функционалдык цикликалык бөлүп чыгаруусу жана жатындан кан чыгуусу (караңыз: Менархе, Менопауза). Кошумча караңыз: Аменорея, Дисменорея, Эпименорея, Гипоменорея, Меноррагия, Олигоменорея.

**МЕНСТРУАЦИЯ НОРМАЛЬНАЯ (eumenorrhoea), нормалдуу этек кир** – убагында келүүчү этек кир.

**МЕРТВОРОЖДЕНИЕ, МЕРТВОРОЖДЕННОСТЬ (stillbirth), өлүп төрөлгөн** – эч кандай жашоо белгиси жок баланын төрөлүшү (анда жүрөктүн согушу, дем алуусу жана өз алдынча кыймылдоо жок болот). Ал кош бойлуулуктун 24 жумасынан кийин болот.

**МЕТОД БИЛЛИНГА (Billings method), Биллинг ыкмасы** – кош бойлуулукту пландаштыруу ыкмасы. Азыркы убакта сейрек колдонуучу ыкма.

**МЕТОД БРАНДТА АНДРЕУСА (Brandt Andrews method), Брандт Андреус ыкмасы** – жатындан баланын тонун чыгаруу ыкмасы.

**МЕТОД РИТМИЧЕСКИЙ (rhythm method), ритмикалык ыкма** – контрацепциялык ыкма, мында жыныстык катнашуу копсуз кырдаал (safe period) менен чектелет менструалдык циклдин башында же акырында болот.

**МЕТРИТ (metritis), метрит** – жатындын булчуң катмарынын сезгениши. Кошумча караңыз: Эндометрит, Миометрит.

**МЕТРОПАТИЯ ГЕМОРРАГИЧЕСКАЯ (metropathia haemorrhagica), геморрагикалык метропатия** – анда санда келүүчү эпизодикалык жатындан кан агуу. Аялдын организми эстроген гормонунун өтө активдүүлүгү менен байланыштуу келип чыгат.

**МЕТРОРРАГИЯ (metrorrhagia), метроррагия** – этек кирсиз эле жатындан кан агуу. Метроррагия аялдарда кандайдыр бир оор дарттын болушун тастыктайт.

**МИОМЕТРИТ (myometritis), миометрит** – жатындын булчуң капталынын (миометрия) сезгениши.

## Н

**НАЛЕТ, БЛЯШКА (plaque), өңөр, өрмө** – 1. Курамын ар кыл бактериялар менен органикалык негиз түзө турчу тиштин үстүндө пайда болот урчу катмар. Айрым бир шарттарда өңөр гингивит, периодонталдык ооруу же тиш кариесинин келип чыгуусун шарттайт. 2. Теринин дөмпөйгөн жери, ал папулалар менен чоңоюп же өсүп кеткен, өлчөмү 2 см же андан көп болот. 3. Каалаган жалпак, көп убакытта дөмпөйгөн аймак (мисалы, былжырлуу челдин), ал локалдык жабыркоонун кесепетинен пайда болот.

**НАЛИЧИЕ РОДОВ В АНАМНЕЗЕ (parity), анамнезде төрөттүн болуусу** – бул термин кош бойлуу аялдарда ийгиликтүү төрөт менен аяктаган кош бойлуулуктун саны. Кошумча караңыз: Алты же андан көп төрөгөн аял.

**НАПРЯЖЕНИЕ ПРЕДМЕНСТРУАЛЬНОЕ (premenstrual tension), этек кир алдындагы чыңалуу** – туттугуу, маанайдын бузулушу, баш ооруу жана/же депрессия менен мүнөздөлө турчу абал; айрым бир аялдарда бул симптомдордун бардыгы менструация келээрден он күн мурда башталат.

**НЕДОСТАТОЧНОСТЬ ЦЕРВИКАЛЬНАЯ (cervical incompetence), цервикалдык жетишсиздик** – боюнда болуунун экинчи айында жатындын өзүнөн өзү ачылышы, жана анын кесепетинен боюнан түшүп калат.

**НЕОПЛАЗИЯ ИНТРАЭПИТЕЛИАЛЬНАЯ ЦЕРВИКАЛЬНАЯ (ЦИН) (cervical intraepithelial neoplasia, CIN), цервикалдык интераэпителиалдык неоплазия** – жатындагы цервикалдык рактын инвазивдик даражасынын клеткалык өзгөрүүсү. ЦИН дин өч кырдаалын айырмалашат: ЦИН 1 (начар дисплазия); ЦИН 2 (орточо дисплазия) жана ЦИН 3 (күчтүү дисплазия, карциноманын өрчүшү).

**НЕПЕРФОРИРОВАННЫЙ (imperforate), перфорацияланган эмес** – тешиги жок дегенди түшүндүрөт. Кээде кыздарда жыныстык өрчүү убагында кыздык челдин (imperforate hymen) өсүп кетиши байкалат - ичке чел кабыктын, ал кынга болгон жолду жабат.

**НЕПРОХОДИМОСТЬ ФАЛЛОПИЕВЫХ ТРУБ (tubal occlusion), фаллопий түтүкчөсүндөгү өтпөөчүлүк** – кээде бул абал атайын түрдө жеткирилет, мисалы, стерилизация жол аркылуу; андан тышкары, бул жамбаш органдардын сезгенүүсүнүн кесепетинен фаллопий түтүкчөлөрдө өтпөөчүлүк өрчүйт.

**НЕРОЖАВШАЯ (женщина) (nullipapa), төрөбөгөн (аял)** – тирүү баланы эч качан төрөбөгөн аял.

**НЕФРОПАТИЯ БЕРЕМЕННОЙ (nephropathy gravida), кош бойлуу аялдардын нефропатиясы** – бул ооруу сары суунун негизинде, дарылануунун жоктугунан же дарылануудан анча деле пайда жоктугунан өтүшүп кеткен гестоз менен анык болгон ооруу. Нефропатияга үчилтиктүү белгилер мүнөздүү: а) шишип кетүү; б) гипретензия; в) сийдикте белоктун болушу.

**НИДАЦИЯ (nidation), нидация** – караңыз: Имплантация.

## О

**ОБОЛОЧКА ВОДНАЯ (caul), суучул кабык** – 1. Акушерстводо төрөт убагында ымыркайды каптаган чел кабык. Жабыркабаган амниондон турат. 2. Анатомияда – караңыз: Ич май, Бүлкүлдөк.

**ОБОЛОЧКА ОТПАДАЮЩАЯ, ОБОЛОЧКА ДЕЦИДУАЛЬНАЯ (decidua), бала тону, децидуалдык кыртыш** – кош бойлуулук учурунда жаралып, бала төрөлгөн соң

сыртка чыгарылып салына турган жатындагы былжырлуу катмар (караңыз: Эндометрий). – Децидуальный (decidual).

**ОБСЛЕДОВАНИЕ ХОРИОНИЧЕСКИХ ВОРСИНОК (chorionic villus sampling (CVS)), хориондук түкчөлөрдү текшерүү** – түйүлдүктүн абалын билүү үчүн кош бойлуулуктун сегизинчи жана он биринчи жумасында жүргүзүлө турган текшерүү методу.

**ОВАРНОКСИЯ, ОВАРИОПЕКСИЯ (oophoropexy), оварноксия, овариопексия** – жылып кеткен аналык бездин жамбаш сөөктүн каптал жагына чапталып калышы.

**ОВИ- (ovi-), ОВО- (ovo-), ови-, ово-** – жумуртка жана урук клеткасы түшүнүгүн берүүчү сөз.

**ОВУЛЯЦИЯ (ovulation), овуляция** – жарылган грааф көбүкчөсүнөн (фолликуладан) жетилген урук клеткасынын агып чыгуусу.

**ОЛИГОАМНИОН, МАЛОВОДИЕ (oligohydramnios), олигоамнион, суусу кемчилдик** – кош бойлуулук учурунда түйүлдүк тегерегиндеги суулардын адаттан тышкары азайып кетүүсү. Суунун азайып кетүүсү, түйүлдүктүнөзүнүн же бөйрөгүнүн өөрчүшүндө кандайдыр бир мандем бар экендиги менен байланыштуу болуусу мүмкүн (караңыз: Поттер синдрому).

**ОЛИГОМЕНОРЕЯ (oligomenorrhoea), олигоменорея** – этек кирдин сээлдеши же келүү мөөнөтүнүн кыскарышы.

**ОЛИГООВУЛЯЦИЯ (oligo-ovulation), олигоовуляция** – аномалдык сейрек кездешүүчү овуляция.

**ОНТОГЕНЕЗ (ontogeny), онтогенез** – организмдин туулгандан өлгөнгө чейинки өзгөчө өсүү тарыхы.

**ООГЕНЕЗ, ОВОГЕНЕЗ (oogenesis), оогенез, овогенез** – аналык безде жетилген урук клеткасынын пайда болуу процесси.

**ООГОНИЯ (oogonium,** көпч. **oogonia), оогония** – эмбриондун өнүгүүсүнүн алгачкы баскычында пайда боло турган аялдардын жыныс клеткасы. Кошумча караңыз: Оогенез.

**ООФОРИТ (oophoritis), ОВАРИТ (ovaritis), оофорит, оварит** – аялдын жумурткасынын сезгениши. Оофорит фаллопий түтүкчүсүнө инфекциянын өтүшү менен кошотолушу мүмкүн (караңыз: Сальпингит) же кичине жамбаш көңдөйүнө.

**ООЦИТ ДОНОРСКИЙ (oocyte donation), донордук ооцит** – бир аялдын организминен экинчи бир организмине өткөрүлгөн ооцит.

**ООЦИТ, ОВОЦИТ (oocyte), ооцит, овоцит** – мейоз учурунда жетилген урук клеткасы келип чыга турган аналык бездеги жетиле элек урук клеткасы.

**ОПЛОДОТВОРЕНИЕ (conception), түйүлдүк пайда болуу учуру (уруктандыруу)** – 1. Гинекологияда – аялдын жыныстык клеткасы менен эркектин жыныстык клеткасы кошулуп, болочок бала, түйүлдүк пайда болгон учур. 2. Психологияда – ой же ойлонуу.

**ОПЛОДОТВОРЕНИЕ ВНУТРИМАТОЧНОЕ (intrauterine insemination, IUI), жатын ичиндеги уруктандыруу** – эркек тукумсуз болгон учурда жасалма түрдө жатын ичинде уруктандыруу ыкмасы колодонулат.

**ОПЛОДОТВОРЕНИЕ ИСКУССТВЕННОЕ (artificial insemination), жасалма жол аркылуу уруктандыруу** – бойго бүтүрүү үчүн урукту жасалма жол аркылуу аялдын жыныс кынына киргизүү. Бул иш-аракет аялдын этек кири келээр маалга дал келүүсү зарыл (караңыз: Менструалдык цикл).

**ОПЛОДОТВОРЕНИЕ ИСКУССТВЕННОЕ ВНЕ ОРГАНИЗМА МАТЕРИ (in vitro fertilization, IVF), жасалма жол аркылуу эненин организминен тышкары уруктандыруу** – келечекте жатынга отургузуу үчүн зиготаны бластоциста баскычына дээре өстүрүү. Эненин организминен тышкары бөтөн жакта жана жасалма жол менен уруктандыруу, аялдын фаллопий түтүкчөсүндөгү тосмо же кайсы бир тоскоолдуктар сперматозоид

менен урук клетканын репродуктивдүү системада биригүүсүнө тоскоолдуктарды жараткан учурларда колдонулат.

**ОПЛОДОТВОРЕНИЕ КЛЕТКАМИ ДОНОРА (donor insemination), донордун клеткалары менен уруктандыруу** – караңыз: Жасалма уруктандыруу.

**ОСЕМЕНЕНИЕ (insemination), уруктандыруу** – урук суюктугунун кынга куюуу. Кошумча караңыз: Жасалма жол аркылуу уруктандыруу, Жатын ичиндеги уруктандыруу.

**ОСТЕОБЛАСТ (osteoblast), остеобласт** – сөөк жаратуучу клетка. Остеобласттар - сөөк тканынын жаш клеткалары. Караңыз: Оссификация.

**ОТСЛОЙКА ПЛАЦЕНТЫ (abrputio placentae), баланын тонунун ажырашы** – убактысынан эрте нормалдуу орун алган баланын тонунун ажырай башташы. Баланын тонунун ажырашы менен катар аялда гипертензия жана преэклампсия өрчүшү мүмкүн.

## П

**ПАХИТЕНА (pachytene), пахитена** – мейоздун биринчи профазасынын үчүнчү этабы, мындай учурда кроссинговер (кайчылашуу) пайда боло баштайт.

**ПЕРВОБЕРЕМЕННАЯ (primigravida), биринчи жолу кош бойлуу болуу** – биринчи жолу кош бойлуу болгон аял.

**ПЕРВОРОДЯЩАЯ (primipara), биринчи жолу төрөгөн** – биринчи жолу тирүү бала төрөгөн аял.

**ПЕРЕНОС ГАМЕТЫ В ФАЛЛОПИЕВУЮ ТРУБУ (gamete intrafallopian transfer (GIFT)), гаметаны фаллопий түтүкчөсүнө көчүрүү** – жасалма түр менен уруктандыруу ыкмасы.

**ПЕРЕНОС ЭМБРИОНА (embryo transfer), эмбрионду көчүрүү** – уруктандыруу жолу менен in vitro алынган түйүлдүктү эненин жатынына көчүрүү. Кошумча караңыз: Эненин организминен сырткары жасалма уруктандыруу.

**ПЕРИМЕТРИЙ (perimetrium), периметрий** – жатындын тышкы жылтырак катмары.

**ПЕРИМЕТРИТ (perimetritis), периметрит** – жатындын сырткы жылтырак катмарынын сезгениши. Периметрит ошондой эле орулууда параметриттин өрчүшү менен коштолушу мүмкүн. **ПЕРИНАТАЛЬНЫЙ (perinatal), перинаталдык** – бала төрөлгөнгө чейинки, төрөлүп жаткан учурдагы жана төрөлгөндөн кийинки бир нече жумадан соң аяктай турган мезгилге тиешелүү.

**ПЕРИОД БЕЗОПАСНЫЙ (safe period), коопсуз мезгил** – ар бир менструалдык циклинде созулган күндөр, ал убакта кош бойлуу болууга мүмкүн эмес. Караңыз: Ритмикалык ыкма.

**ПЕРИОД ПОСЛЕРОДОВЫЙ (puerperium), төрөттөн кийинки мезгил** – төрөттөн кийинки алты жумадан кийинки мезгил, ал убакта жатын өзүнүн нормалдык көлөмүнө келет.

**ПЕРИСАЛЬПИНГИТ (perisalpingitis), перисальпингит** – жатын түтүкчөсүнүн жылтырак катмарынын сезгениши.

**ПЕРИСАЛЬПИНГИТ (perisalpingitis), перисальпингит** – жатын түтүкчөсүнүн (фаллопий) жылтырак катмарынын сезгениши.

**ПИОКОЛЬПОС (pyocolpos), пиокольпос** – аялдын жыныстык кынына ириңдин толуп кетиши.

**ПИОМЕТРА (pyometra), пиометра** – ириңдин жатын ичинде чогулуусу.

**ПИОМЕТРИТ (pyometritis), пиометрит** – жатындын сезгениши, ал жатында ириңдин топтолушу менен коштолот.

**ПИОСАЛЬПИНГИТ (pyosalpingitis), пиосальпингит** – фаллопий түтүкчөсүнүн сезгениши, ал адатта ириң менен коштолот.

**ПИОСАЛЬПИНГООФОРИТ (pyosalpingo-oophoritis), пиосальпингоофорит** – аналык бездин жана фаллопий түтүкчөсүнүн сезгениши, аларда ириң пайда болуу менен коштолот.

**ПИОСАЛЬПИНКС (pyosalpinx), пиосальпинкс** – фаллопий түтүкчөсүнө ириңдин толушу.

**ПЛАЦЕНТА (placenta), плацента** – жатындагы баланын тону, ал кош бойлуу мезгилде пайда болот жана эне менен түйүлдүктүн ортосунда байланышты түзөт. Тондун негизги функциясы бул түйүлдүктү керектүү азык заттар менен камсыз кылуу, анын жашоо тиричилик үчүн керексиз азыктарды алып салуу жана газ алмашууну камсыз кылат. Кошумча караңыз: Баланын тону. – Плацентардык (placental).

**ПЛЕВА ДЕВСТВЕННАЯ (hymen), кыздык жука чел** – жука пленка, ал аялдын жыныс мүчөсүнүн ичин жабуучу кабык.

**ПЛОД «БУМАЖНЫЙ» (fetus papyraceous), «кагаз» үйүлдүгү** – эгиздин биринин түйүлдүгү, алардын бирөө өрчүбөй өлүп калган жана эне тонунда бүрүшүп мумификацияланып кеткен.

**ПОВОРОТ (version), бурулуу** – төрөттү жеңилдетүү максатында жатындагы баланын абалын буруп өзгөртүү. Караңыз: Баш жакка буруу.

**ПОВОРОТ НА ГОЛОВКУ (cephalic version), баш жакка буруу** – төрөт убагында баланын башын ылдый жакка түшүрүү үчүн жасалган ыкма.

**ПОВОРОТ НА НОЖКУ (podalic version), бут жакка буруу** – жатындагы баланын абалын өзгөртүү, анын кесепетинен төрөт убагында баланын тамандары биринчи болуп чыгышат. Кошумча караңыз: Бурулуу.

**ПОВОРОТ ПЛОДА В МАТКЕ ПО БРЕКСТОН – ГИКСУ (АКУШЕРСКИЙ ПОВОРОТ) (versio obstetrica), жатындагы баланы Брекстон – Гикстей айландыруу** – төрөт башталаарда бала жатында туура жатпаса, аны нормадагыдай ушул ыктай, кол менен айландырууга туура келет.

**ПОВТОРНОБЕРЕМЕННАЯ (multigravida), кайра кош бойлуу болгон аял** – мурун кош бойлуу болгон жана кайра кош бойлуу болгон аял.

**ПОВТОРНОРОДЯЩАЯ (multipara), мурда төрөгөн аял** – бир же бир нече жолу төрөгөн аял. Кошумча караңыз: Алты же андан көп төрөгөн аял.

**ПОЗДНИЙ ГЕСТОЗ (late gestosis), кеч гестоз** – гестоз, ал 20 чы жумадан кийин пайда болот (көпчүлүк убакта 26 чы жумадан кийин) жана кош бойлуулуктун акырына чейин созулат, кээде төрөттөн кийинки биринчи саатарга чейин кырдаалга созулат. Кеч гистоздо үч негизги симптомдор пайда болот: шишип кетүү, протеинурия, артериалдык гипертензия, ал алардын аббревиатурасын ОПГ – гестоз түшүндүрөт (шишип кетүү, протеинурия, гипертензия).

**ПОСЛЕД (afterbirth), баланын тону** – плацента, киндик же тондун кабыгы, анда бала өрчүйт.

**ПОСЛЕРОДОВОЙ ПЕРИОД I (postpartum), төрөттөн кийинки мезгил I** – бала төрөлгөндөн баштап, аялдын жыныстык мүчөлөрүнүн жана ага байланыштуу денедеги бардык убактылуу өзгөрүүлөр жана өз калыбына келген убакыттын аралыгы.

**ПОСЛЕРОДОВОЙ ПЕРИОД II (puerperal), төрөттөн кийинки мезгил II** – бала жаңы түшкөндөн баштап эле аякы мезгил деп эсептелген же болбосо үчүнчү мезгил, баланын түшкөндөн кийинки учуру.

**ПРЕДЛЕЖАНИЕ (presentation), алдында жайгашуу** – түйүлдүктүн төрөт каналына жакын жерге жайгашкан бөлүгү. Адатта норма боюнча баш менен жайгашуу туура болот (cephalic presentation).

**ПРЕДЛЕЖАНИЕ НЕПРАВИЛЬНОЕ (malpresentation), тураа эмес жайгашуу** – түйүлдүктүн туура эмес жайгашуусу (караңыз: Алдында жайгашуу), мында төрөт каналына дененин кайсы-бир бөлүгү, баланын башынан эмес башка жери жайгашкан учур.

**ПРЕДЛЕЖАНИЕ ПЛАЦЕНТЫ (placenta praevia), баланын тонунун туура эмес жайгашуусу** – жатында баланын тону туура эмес жайгашкан.

**ПРЕДЛЕЖАНИЕ ЯГОДИЧНОЕ (breech presentation), көтөнү менен жатып калуу** – жатында баланын жатышы, мында жатын моюнуна карата баланын көтөнү жайгашуучу мезгил. Кошумча караңыз: Баш жакка буруу, Ловсет ыкмасы.

**ПРОБКА (operculum,** көпч. **opercula), тыгын** – 1. Ыйлаакча тыгын, ал кош бойлуу аялдардын жатын моюнчасынын каналын жаап калат. 2. Эмбриологияда – фибринден тыгынжана кандын клеткаларынан тыгын, ал уруктандырган жумуртка клеткасынын жатындын капталындагы ордунун алдында өрчүйт. 3. Стоматологияда – тиш этинин үзүндүсү, ал жаңы түптөлүп чыккан тиштин сыртын каптайт.

**ПУЗЫРЕК ГРААФОВ (Graafian follicle), Грааф баштыкчасы** – овуляциянын алдындагы аналык бездин жетилген фолликулу. Фолликулдун ичинде анын бир капталына жармашып, ооцит өрчүйт.

**ПУЗЫРЕК ЗАРОДЫШЕВЫЙ (germinal vesicle), уруктандырган баштыкча** – уруктандыруунун алдындагы ооциттин жетилген ядросу. Ал клеткадагы башка ядролорго салыштырганда кыйла чоң өлчөмдө болот.

## Р

**РАЗРАСТАНИЕ ВНУТРИМАТОЧНОЕ ТЕЛЕСНОЕ (corneous mole), жатын ичиндеги заттык өсүндү** – аборт учурунда калып калган түйүлдүк тону жана башка фрагменттерден турууучу жатын ичиндеги катуу масса.

**РЕТРАКЦИЯ (retraction), ретракция** – 1. Акушерликте – төрөт убагында жатындагы булчуңдардын кыскаруу касиети. Бул баланын бара бара жамбаш аймагына жылуусуна алып келет. 2. Стоматологияда – бир же бир нече тиштердин керектүү абалга ортодонтикалык тиштин үстүндөгү атайын скоба аркылуу жылдыруу.

**РЕТРОВЕРСИЯ (retroversion), ретроверсия** – мүчө негизги угунан бурулуп артына кайкалоо абалы.

**РЕТРОВИРУС (retrovirus), ретровирус** – РНК бар вирус, алардын гендери ДНК га айланышы мүмкүн.

**РЕТРОФЛЕКСИЯ (retroflexion), ретрофлексия** – колду же бутту кайра артына ийилтүү, кайрылтуу абалы, жатындын үстүнкү бөлүгүнө аномалдык жылып кетүүсү.

**РОДЫ I (accouchement), төрөт I** – баланын жарык дүйнөгө келүүчү физиологиялык процесс, баланын төрөлүшү. Кошумча караңыз: Сууда төрөтүү.

**РОДЫ II (birth, childbirth, delivery, labour), төрөт II** – бала жана аны курчап турган тондун жатындан чыгуу процесси. Адатта аялдардын төрөтө бойго бүткөн мезгилден тартып 280 күндөн кийин өз алдынча башталат, бирок айрым бир учурларда ал жасалма иш-аракеттердин натыйжасында ишке ашырылып же мөөнөтүнөн эрте болуп өтүшү мүмкүн (караңыз: Индукция).

**РОДЫ III (parturition), төрөт III** – баланын төрөлүү процесси. Кошумча караңыз: Төрөт II (labour).

**РОДЫ В ВОДЕ (hydrostatic accouchement), сууда төрөтүү** – төрөттү сууда өткөрүү, аялды суу толтурулган ваннага отургузуп төрөтүү.

**РОДЫ ПРЕЖДЕВРЕМЕННЫЕ I (premature birth), мөнөтүнөн мурда төрөө I** – 2,5 кг азыраак салмагы менен төрөлгөн бала. Мөөнөтүнөн мурда төрөлүүнүн бирден-бир

себеби болуп, баланын жатын ичинде өсүшүнүн кармалуусу болуп саналат. Мындай учурда 500 г дан кичине салмакта төрөлгөн балынын тирүү калуу мүмкүндүгү адатта абдан төмөн.

**РОДЫ ПРЕЖДЕВРЕМЕННЫЕ II (preterm birth), мөөнөтүнөн мурда төрөө II** – 37 жумадан (259 күн) мурун башталган төрөт (убагы аялдын акыркы менструациясынын биринчи күнүнөн баштап саналат); 23 жумадан ашпаган мөөнөттө төрөлгөн балдар, адатта жашаай алышпайт. Мөөнөтүнөн мурда төрөлүү факторуна преэклампсия, көп түйүлдүктүү кош бойлуулук (мисалы, аялда эгиздердин болушу), энеде инфекционндук дарттын болушу же энеде цервикалдык жетишсиздик болгондо мөөнөтүнөн мурда төрөлүүнү туудурат.

**РОЖАВШАЯ (parous), төрөгөн аял** – бул термин бир же бир нече бала төрөгөн аялга тиешелүү.

## С

**САЛЬПИНГИТ (salpingitis), сальпингит** – жатындын түтүгүнүн сезгениши. Адатта бул термин фаллопий түтүктөрүнүн экөөндө же биринде бактериалдык инфекциянын кесепетинен пайда болгон сезгеничке карата колдонулат.

**САЛЬПИНГООФОРИТ (salpingo-oophoritis), сальпингоофорит** – жатындын түтүгү менен аялдын жумурткасынын кошо сезгениши.

**СВИЩ УРЕТРОВАГИНАЛЬНЫЙ (vesicovaginal fistula), уретровагиналдык тешик** – аялдардын жыныс мүчөсүнүн ичи менен табарсыктын ортосундагы патологиялык бирикме, ал сийдиктин токтобой калышына алып келет.

**СГИБАНИЕ (engagement), ийилүү** – (акушерликте) кош бойлуулуктун деңгээли, ал түйүлдүктүн алдында жатуучу бөлүгү эненин жамбашына түшөт.

**СИМПТОМ ХЕГАРА (РАННИЙ ПРИЗНАК БЕРЕМЕННОСТИ) (Hegar's sign), Хегар симптому (кош бойлуулуктун алгачкы белгиси)** – аялда кош бойлуктун белгиси; ал кош бойлуулуктун 5 чи жана 12 чи жумасынын ортосунда пайда болот.

**СИНДРОМ АШЕРМАНА (Asherman syndrome), Ашерман синдрому** – аялдын аменорея жана тукумсуздук оорусу менен жапа чегиши. Кош бойлуу болуп калган күндө катуу кансыроолор менен коштолот. Оору, канды токтотуу үчүн жатын бетин абдан кырып, тазалап салуудан улам келип чыгуусу мүмкүн (салыштыруу үчүн: Шихан синдрому).

**СИНДРОМ ШИХАНА, НЕКРОЗ ГИПОФИЗА ПОСЛЕРОДОВЫЙ (Sheehan's syndrome), Шихан синдрому, төрөттөн кийинки гипофиздин некрозу** – кош бойлуулук учурундагы катуу кансыроолордон улам пайда боло турган ички жана сыртка жыныс органдарынын атрофиясы, аменорея жана тукумсуздук өңдүү көрүнүштөр менен мүнөздөлүүчү абал. Мындай абалдын келип чыгуусуна, гипофиздин алдыңкы үлүшүнүн некрозу себеп болот. Натыйжада, аталган бездин кан менен камсыздалышы начарлайт (салыштыруу үчүн: Ашерман синдрому).

**СИРЕНОМЕЛИЯ (symmelia), сиреномелия** – жатын ичиндеги өрчүүнүн дефектиси, ал ылдыйкы аяктардын бүтүп калышы менен мүнөздөлөт.

**СИСТЕМА РЕПРОДУКТИВНАЯ, СИСТЕМА ПОЛОВАЯ (reproductive system), репродуктивдик система, жыныстык система** – адамдын тукум жаратуу процессине катыша турчу органдары. Эркектер жагынан алганда, аларга: урук бездер, урук чыгаруучу түтүкчөлөр, урук чыктагыч без, урук баштыкчасы, Купер бездери, сийдик чыгуучу канал (уретра) жана жыныстык мүчө кирет; ал эми аялдар жагынан алганда, аларга: аналык без, фаллопий түтүкчөсү, жатын, жыныстык кын жана жыныстык өрөөн (вульва) кирет.

**СЛОЙ ЗАЧАТОЧНЫЙ (germ layer), түйүлдүктүү катмар** – эмбрионалдык өрчүүнүн алгачкы дэңгээлде болгон үч типтеги ткандын бири (караңыз: Эктодерма, Эндодерма, Мезодерма).

**СРЕДСТВО, УСИЛИВАЮЩЕЕ РОДОВУЮ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ (ecbolic), төрөттү күчөтүүчү каражат** – дарылык зат, ал төрөттү, жатындын стимуляциясынын эсебинен күчөтөт.

**СУБИНВОЛЮЦИЯ (subinvolution), субинволюция** – төрөттөн кийин акырындык менен жатындын алты жума аралыгында мурдагы калыбына келүүсү.

**СУПЕРОВУЛЯЦИЯ (superovulation), суперовуляция** – 1. Энелик тукум безинин көзөмөлдөөчү гиперстимуляциясы, анда ооциттерди камтыган көп сандаган фолликулдар бөлүнүп чыгат. 2. Энелик тукум безинин көзөмөлсүз гиперстимулдаштыруучу функциясы (энелик бездин гиперстимулдаштыруучу синдрому (ovarian hyperstimulation syndrome)), ал энелик бездердин аномалдык реакциясы болуп саналат, көп сандагы фолликулдардын пайда болушуна алып келет.

**СУПЕРФЕТАЦИЯ (superfetation), суперфетация** – кош бойлуулук мезгил башталгандан кийин экинчи аналык бездин уруктанышы; натыйжада, аял жатынында жаш курагы ар башка болгон эки бирдей түйүлдүк өөрчүйт.

**СХВАТКИ ПОСЛЕРОДОВЫЕ (afterpains), төрөттөн кийинки толгоо** – төрөттөн кийин жатындын толгоосу, айрыкча эмизген маалда, ал аялдын организми окситоцин гормонун бөлүп чыгарылышынын кесепетинен пайда болот.

## Т

**ТАМПОН ДЛЯ ЗАПОЛНЕНИЯ ПОЛОСТИ (tent), көңдөйдү толтуруу үчүн тампон** – кургатылган өсүмдүк материал, көпчүлүк учурда деңиз балырларынын сабагынан жасалган, ал кайсы бир тешикчеге киргизилет (мисалы, жатындын моюнчасынын каналына). Нымдуулукту сиңирүү процессинде ал көөп, чоңоё баштайт, акырындык менен ал жаткан жердин тешигин кеңейтет.

**ТАМПОНАДА (tamponade), тампонада** – денедеги көңдөйлөргө же операция жасалган жараланган жерлерге чүпүрөктөрдү коюу. Көбүнчө кан агууну токтотуу максатында коюлат. 1. Тампонду кайсы бир дененин көңдөйүнө киргизүү. 2. Аномалдык басым, ал дененин кайсы бир бөлүгүнө, мисалы перикарданын (жүрөктү курчап турган көңдөй) жана жүрөктүн ортосундагы ашыкча суюктуктук болгондо.

**ТЕЛО БЕЛОВАТОЕ (corpus albicans), агыш денече** – тукум безинин ордунда пайда болуучу тканды бириктирүүчү тырык.

**ТЕНОСИНОВИТ, ТЕНДОСИНОВИТ (tenosynovitis), ПЕРИТЕНДИНИТ (peritendinitis), теносиновит, тендосиновит, перитендинит** – тарамыштын синовилдик кынынын сезгениши, ал ооруну, шишип кетүү жана кыймыл аракет жасаганда кырсылдаган үндөрдү туудурат.

**ТЕРАТОЛОГИЯ (teratology), тератология** – жатындагы, карындагы баланын туура эмес өсүшүн изилдей турган эмбриология бөлүмү.

**ТРИМЕСТР (trimester), триместр** – (акушерликте) аялдын кош бойлуулугунун үчтөн бирин түзүүчү үч айдан турган мезгил аралыгы (биринчиси (first), экинчиси (second), үчүнчүсү (third trimesters)).

**ТРУБА ФАЛЛОПИЕВА (Fallopian tube), ЯЙЦЕВОД, ТРУБА МАТОЧНАЯ (oviduct, uterine tube), фаллопий түтүкчөсү, урук жолу, жатын түтүкчөсү** – жупуну түтүкчө, алардан аялдардын урук клеткасы жатынга өтөт (караңыз: Репродукциялык система).

## У

**УРЕТРИТ ХРОНИЧЕСКИЙ ГОНОРЕЙНЫЙ (gleet), өнөкөт гонореялык уретрит** – жыныстык мүчө же жыныстык кындан ириң аралаш, былжырлуу суюктуктун бөлүнүп чыгуусу.

**УСТРОЙСТВО ВНУТРИМАТОЧНОЕ КОНТРАЦЕПТИВНОЕ (intrauterine contraceptive device), жатын ичиндеги контрацептивдик каражат** – караңыз: ВКУ.

**УТЕРОСАЛЬПИНГОГРАФИЯ (uterosalpingography), ГИСТЕРОСАЛЬПИНГОГРАФИЯ (hysterosalpingography), утеросальпингография, гистеросальпингография** – алдын ала рентгеноконтрасттык суюктукту куйган соң жатын көңдөйүн жана фаллопий түтүкчөлөрүнө рентгенография жүргүзүү.

## Ф

**ФАЗА ПРЕДМЕНСТРУАЛЬНАЯ (premenstruum), менструациянын алдындагы фаза** – менструалдык циклдин фазасы, ал түздөн-түз менструациянын келишин алдын алат.

**ФАЛЛОПОСКОП (falloposcope), фаллопоскоп** – ичке ийилүүчү булалуу – оптикалык эндоскоп, ал фаллопий түтүктөрдүн ички катмарын кароо үчүн колдонулат (караңыз: Фаллопоскопия).

**ФАЛЛОПОСКОПИЯ (falloposcopy), фаллопоскопия** – фаллопий түтүктөрүнүн ички катмарын фаллоскоптун жардамы менен изилдөө.

**ФЕМИНИЗАЦИЯ (feminization), феминизация** – мүнөзү сайпана, аялдардын экинчи жыныстык белгилери пайда боло баштаган эркектер. Эмчегинин чоңоюшу, сакал-муруттун түшүп калуусу, терисинин назиктениши.

**ФОЛЛИКУЛ НАБОТОВЫЙ (nabothian follicle), КИСТА НАБОТОВАЯ (nabothian cyst), ЖЕЛЕЗА НАБОТОВА (nabothian gland), набот фолликулу, набот кистасы, набот бези** – жатында болгон кисталардын бири, ал кынга жакын жерде орун алган.

**ФРИГИДНОСТЬ (frigidity), фригиддүүлүк** – аялдын жыныстык суздугу, жыныстык козголууда көңүлсүнбөгөн учур.

## Х

**ХОРДОЦЕНТЕЗ (cordocentesis), хордоцентез** – анализ үчүн түйүлдүктөн кан алуу. Кан кош бойлуу аялдын курсагы аркылуу киргизилген көңдөй ийненин жардамы астында түйүлдүктүн киндик тамырынан алынат. Процедурасы ультраүндүү көзөмөл астында аткарылат. Кошумча караңыз: Пренаталдык диагностика.

**ХОРИОН (chorion), хорион** – түздөн түз түйүлдүктөн өсүп чыккан түйүлдүктүн ички катмары. Түйүлдүк үчүн тамактандыруу, дем алдыруу, бөлүп чыгаруу, коргоо кызматын аткарат. Кошумча караңыз: Түкчө. – Хорионикалык (chorionic).

## Ц

**ЦЕРВИЦИТ (cervicitis), цервицит** – жатындын моюнчасынын сезгениши.

**ЦИКЛ МЕНСТРУАЛЬНЫЙ, ЦИКЛ ОВАРИАЛЬНО-МЕНСТРУАЛЬНЫЙ (menstrual cycle), этек кир цикли, овариалдык-менструалдык цикл** – аял организминдеги мезгил-мезгили менен кайталанып туруучу өзгөрүүлөр, анда кош бойлуулук жок болгондо.

**ЦИРКУЛЬ (calliper, caliper), циркуль** – 1. Айлананын диаметрин өлчөөчү аспап; негизинен ал акушердик практикада жамбаштын диаметрин өлчөө үчүн колдонулат. 2. Буттун шакшагы (calliper splint), металлдан стержндери бар, буттун үстүнкү

бөлүгүндөгү жумшак шакекчеге бекитилген, алар дененин салмагын кармап турат. Ортопедиялык дарылоодо колдонулат.

**ЦИСТОЦЕЛЕ (cystocele), цистоцеле** – төрөттөн кийинки айрым бир учурларда табарсык түбүнүн салаңдап, ылдый түшүп кетүүсү (пролапс).

**ЦИТОТРОФОБЛАСТ (cytotrophoblast), цитотрофобласт** – трофобласттын жатын тканына өтпөстөн клеткалык түзүлүштү сактап кала турган ички бөлүгү. Жатын ичиндеги өрчүүнүн үчүнчү айында цитотрофобласт жоголот.

## Ш

**ШЕВЕЛЕНИЕ (quickening), кыймылдоо** – жатында түйүлдүктүн эң биринчи кыймылдоосу, аны келечектеги эне сезет. Адатта баланын кыймылдоосу он алтынчы жумадан кийин байкалат.

**ШЕЙКА (cervix), моюнча** – кайсы бир органдын ооз жагын, айталы жатын моюнчасын (cervix uteri) элестете турган орган. Жатындын моюнчасы төрөт убагында кыйла чоюлууга жөндөмдүү.

**ШИЗОНТ (schizont), шизонт** – спорозойлуулардын жашоо циклиндеги жыныссыз өнүгүү баскычынын бир түрү. Караңыз: Шизогония.

**ШОВ I (raphe), жик I** – сызык, кыр, кобул, же ткандын бүгүлүшү же кайсы бир органдын аймагындагы эки түйүлдүктүк түрдүү бөлүктүн биригиши, алар чоң кишиде бирдиктүү структураны түзүшөт.

## Э

**ЭВЕРСИЯ (eversion), эверсия** – сыртын көздөй аңтарылуу; жатын моюнчасынын эверсиясында (eversion of the cervix) моюнча оозунун жээги төрөт учурундагы айрылып кетүүлөрдөн улам сыртын көздөй аңтарылып калат.

**ЭКЛАМПСИЯ (eclampsia), эклампсия** – боюнда бар аялдардын кээ бирөөнүн эстен танып, тырышып калышы. Ал төрөт башталаар айларында байкалат. Эпилепсия же церебралдык кансыроо өңдүү оорулар менен эч кандай байланышы жок.

**ЭКТОДЕРМА (ectoderm), эктодерма** – түйүлдүктүн өсүшүндөгү сырткы катмары. Андан келечекте нерв системасы менен сезүү органдары, тиш, ооз бөлүгү, ошондой эле эпидермис жана аны менен байланышкан структуралар (чач, тырмак ж.б.) жаралышат. – Эктодермалдык (ectodermal).

**ЭМБРИОЛОГИЯ (embryology), эмбриология** – жаныбарлардын жана адамдын түйүлдүгүнүн ичтеги мезгилдеги өсүшүн окуучу илим. – Эмбриологиялык (embryological).

**ЭМБРИОСКОПИЯ (embryoscopy), эмбриоскопия** – кош бойлуулуктун алгачкы 12 аптасында жатын моюнчасына киргизиле турчу була – оптикалык эндоскоптун жардамы менен түйүлдүктү изилдөөгө алуу.

**ЭНДОДЕРМА (endoderm), эндодерма** – түйүлдүктүн өрчүшүнүн алгачкы кырдаалындагы түйүлдүктүк алгачкынын ичиндеги үчөөнүн бири, андан кийинчерээк тамак сиңирүүчү тракттын былжырлуу челинин көпчүлүк бөлүгү жана аны менен байланышкан бездер, боор, өт жана өт астындагы без пайда болушат. – Эндодермалдык (endodermal).

**ЭНДОМЕТРИЙ (endometrium), эндометрий** – жатындын ички былжырлуу катмары. – Эндометриалдык (endometrial).

**ЭНДОМЕТРИОЗ (endometriosis), эндометриоз** – түйүлдүк жатындын былжырлуу кабыкчанын өз оордунан өспөй, башка жерден өсүшү (караңыз: Эндометрий). Эндометриоз ретрограддык менструациянын пайда болушунун бирден бир себеби болуп саналат.

**ЭНДОМЕТРИТ (endometritis), эндометрит** – жатындын ички былжырлуу катмарынын сезгениши. Жатынга чоочун дене, бактерия, вирус же мителердин кирип кетүүсү эндометриттин келип чыгуусуна себепкер болуусу мүмкүн.

**ЭНДОЦЕРВИКС (endocervix), эндоцервикс** – жатын моюнчасын каптап турчу былжырлуу катмар (эндометрий).

**ЭНДОЦЕРВИЦИТ (endocervicitis), эндоцервицит** – жатын моюнчасынын былжырлуу катмарынын сезгениши. Оору жатын моюнчасынан ириңдүү суюктуктун агып чыгуусу менен коштолот.

**ЭПИМЕНОРЕЯ (epimenorrhoea), эпименорея** – этек кирдин өтө эле кыска аралыктар менен коштолуусу.

**ЭРОЗИЯ (erosion), эрозия** – 1. Ар кыл физикалык же химиялык процесстердин таасири астында дененин сырты, теринин жана былжырлуу кабыкчанын калың катмарынын сыйрылышы. 2. Стоматологияда – булимия оорусунда карындан бөлүнүп чыккан кислотанын таасири астында тиштердин жешилиши.

## Я

**ЙЙЦЕВОД (oviduct), урук жолу** – аялдардын урук клеткасы өтө турган жол. Караңыз: Фаллопий түтүгү.

**ЯЙЦЕКЛЕТКА (ovum, egg cell), жумуртка клеткасы** – аялдардын жумурткасы чыгарган жыныстык клетка (караңыз: Гамета). Ал сперматозоид менен кошулуп, түйүлдүктү, болочок баланы түзөт.

# ДЕРМАТОЛОГИЯ



## А

**АБРАЗИЯ (abrasion), абразия** – атайын жасалган кырдуу кашык менен жатындын ичин, тиштин көндөйүн кыруу аракети.

**АКРОДЕРМАТИТ (acrodermatitis), акродерматит** – адамдын бутунун терисин гана дартка чалдыктыруучу тери оорусунун тобу. Оорунун жүрүшүндө тери шишимик тартып кызарат да, акырындап атрофия болушу күтүлөт.

**АКРОДИНИЯ (acrodynia), акродиния** – караңыз: Кызгылт оорусу (полинейропатикалык эритродермия).

**АКРОСКЛЕРОЗ (acrosclerosis), акросклероз** – тери дарты, ал генерализдүү склеродермиянын түрүнө кирет.

**АЛОПЕЦИЯ (alopecia), ОБЛЫСЕНИЕ (baldness), алопеция, кашка баш болуу** – чач түшүп, такыр баш болуу.

**АЛЬБИНИЗМ (albinism), альбинизм** – теринин, чачтын жана көздүн кареги кадимкидей түстө болбостон агарып калышы (караңыз: Альбинос).

**АЛЬБИНОС (albino), альбинос** – организмде пигменттин (меланин) тубаса же кийин - соңунда пайда болгон жетишсиздиги. Альбиностордун чачы ак, ал эми көзү жана териси кызгылт түстө болот. Теринин кызгылт түстө болуусу, түстүү пигменттин жок болуусунан улам кан тамырлардагы кандын көрүнүп туруусу менен байланыштуу.

**АНАГЕН (anagen), анаген** – түктүү фолликуланын эки, үч жылга созулуусу өсүү фазасы. Мындан кийин ар бири эки жумалык убакытка созулуусу катаген, телоген деп аталган фазалар өкүм сүрөт. Болжол менен адам башында жүз миңге чукул чач өсө турган болсо, алардын жүзгө жакыны күн сайын түшүп турат.

**АРГИРИЯ (argyria), аргирия** – теринин күмүш сымал пигментациясы, ал өнөр жайдагы күмүш туздарынын таасиринин астында пайда болот же адамдын организмине алардын өтүшүнөн пайда болот.

**АТОПИЯ (atopy), атопия** – аллергиянын бир түрү, мында адамда тубаса же конституционалдык аллергиялык реакцияларга жакындыгы бар экендигин түшүндүрөт. – Атопикалык (atopic).

## Б

**БЛЕДНОСТЬ (pallor), кумсарыңкылык** – кан айлануунун начарлашынан же канда гемоглобиндин жетишсиздигинен келип чыккан теридеги кумсарыңкылык.

**БОЛЕЗНЬ ВЕБЕРА – КРИСЧЕНА (Weber – Christian disease), Вебер – Крисчен оорусу** – панникулит – тери астындагы май клетчаткасынын сезгеничи, ал денеде бутта калың түйүндөрдүн пайда болушуна алып келет. Караңыз: Панникулит.

**БОРОДАВКА ПОДОШВЕННАЯ (plantar wart), таман сөөлү** – таманда пайда болуучу сөөл. Караңыз: Сөөл.

## В

**ВЕСНУШКА (freckle), сепкил** – кол жана буттардагы темгил тактар. Адатта сары адамдарда көп кездешет. Сепкил адам үчүн зыянсыз. Салыштыруу үчүн: Лентиго.

**ВОЛОС (hair), чач** – теринин эпидермисинин жип сымал кератинизацияланган өсүшү, анын түзүүчүсү болуп саналган. Анын өрчүшү чач фолликулдун (hair follicle) ичинде болот.

## Г

**ГЕРПЕС (herpes), герпес** – герпес вирусуна чалдыккан тери оорусу. Жараланган аймактарда майда ыйлаакчалардын байда болушу менен мүнөздөлөт. Эки түрү белгилүү (herpes simplex virus, HSV): биринчиси эринде же анын тегерегинде жөнөкөй герпес (cold sore), пайда болот, экинчиси жыныстык жол менен жугуучу жыныс органдарда гениталдык герпес (genital herpes) пайда болот.

**ГИДРОЗ (hidrosis), гидроз** – 1. Тердин бөлүнүп чыгышы. 2. Ашыкча терчилдик.

**ГИПЕРГИДРОЗ КЛИМАТИЧЕСКИЙ (prickly heat), климаттык гипергидроз** – кызыл так же майда бүдүрөйгөн кызамык түрүндөгү кычыштыра турчу жаралардын тери бетинде пайда болушу. Адатта, кызамык түрүндөгү бул жаралар бет, жаак, далы, көкүрөк жана жамбаш терилерине чыгат. Себеби болуп, тер чыкчу дене тешикчелеринин бүтөлүп калышы саналат. Медициналык аталышы: Тери ысыгы (miliaria).

**ГИПЕРЕСТЕЗИЯ (hyperaesthesia), гиперестезия** – ар түрлүү дүүлүктүргүчтөрдү сезүүнүн күчөшү (өзгөчө териде).

**ГИПЕРКЕРАТОЗ (hyperkeratosis), гиперкератоз** – улгайган адамдарда байкалуучу теринин катууланышы. Көпчүлүк убукта тукум куучулук бузулуудан келип чыгат, мында алакан жана тамандар жабыркайт.

**ГИРСУТИЗМ (hirsutism), гирсутизм** – чачтуу, денесин жүн баскан адам. Бул көбүнчө бөйрөктүн үстүндөгү бездин тышкы катмары дартка чалдыккан адамдарда байкалат. Кошумча караңыз: Вирилизация.

**ГНИДА (nit), сирке** – адатта, баштагы сирке чачкажана көпчүлүк учурда кежигеге жармашат. Сирке кийим-кечеде да жолугат. Сиркелер көлөмү жагынан 0,8 × 0,3 мм түзүшүп, көзгө ак так катары көрүнүшөт.

**ГРАНУЛЕМА КОЛЬЦЕВИДНАЯ (granuloma annulare), шакекче сымал гранулема** – өнөкөт тери дарты, анын пайда болуу себеби белгисиз. Адамда 1–5 см диаметри менен шакекче сымал папулалар пайда болот.

**ГРАНУЛЕМА ПИОГЕННАЯ (pyogenic granuloma), пиогендик гранулема** – теринин сыртында бат өсүүчү түйүнчөк. Пиогендик гранулема майда кан тамырлардан турат, ошондуктан бир тийгенде эле кансырап калат.

## Д

**ДЕРМА (dermis), СОБСТВЕННО КОЖА (corium), дерма, кадимки тери** – тери: калыңдыгы 0,5–5 мм; бириктиргич ткандан пайда болгон, эпидермистин астында орун алат. Караңыз: Дерматоглифика. – Терилик (dermal).

**ДЕРМАЛЬНЫЙ (dermal), дермалдык** – териге же теринин жабыркоосуна тиешеси бар, өзгөчө дермага. Караңыз: Терилик.

**ДЕРМАТИТ (dermatitis), дерматит** – сырткы таасирлердин аркасында теринин сезгенисүү менен байланышкан оору.

**ДЕРМАТИТ КОНТАГИОЗНЫЙ ПУСТУЛЕЗНЫЙ (orf), пустулездук контагиоздук дерматит** – кой менен эчкилердин инфекциялык дарт, ал поксвирус менен туудурулат.

**ДЕРМАТИТ ЛУЧЕВОЙ (radiodermatitis), нурлануу дерматити** – теринин сезгениши, ал териге ионизацияланган нурлануунун таасиринен пайда болот.

**ДЕРМАТОЗ (dermatosis), дерматоз** – жалпы эле теринин оорулары, анын сезгеничи менен байланышы жок.

**ДЕРМАТОЛОГИЯ (dermatology), дерматология** – тери ооруларын алдын алуу жана дарылоо менен алектенүүчү медицина тармагы. – Дерматологиялык (dermatological). – Дерматолог (dermatologist).

**ДЕРМАТОМИКОЗ (ringworm), ДЕРМАТОФИТИЯ (tinea), дерматомикоз, дерматофития** – жугуштуу оору туудуруучу дарт, мында тери, баштын чач бөлүгү жана тырмактар жабыркайт. Негизги себептери болуп дерматофит грибогу Microsporum, Trichophyton тукумуна кирген жана Epidermophyton; ал жаныбарлардан адамга өтүүчү грибок болуп саналат.

**ДЕРМАТОМИКОЗ ПАХОВЫЙ, жука чурайдагы дерматомикоз** – теринин жугуштуу оорусу, көбүнчө жука чурайда пайда болот. Дерматофиттин грибоктору менен туудурулат. Адатта Trichophyton rubrum, T. interdigitale жана Epidermophyton floccosum. Кошумча караңыз: Дерматомикоз.

**ДЕРМАТОМИОЗИТ (dermatomyositis), дерматомиозит** – тери жана анын алдында жайгашкан ткандардын, булчуң эттердин сезгенүүсү. Коллагеноздун бир түрү болуп саналат.

**ДЕРМАТОФИТИЯ (tinea), дерматофития** – караңыз: Дерматомикоз.

**ДЕРМОГРАФИЗМ (dermographism), дермографизм** – катуу жана мокок нерсе менен терини чийгенде кызарган так калуу. Нерв системасынын абалын текшергенде жасалат.

**ДЕСКВАМАЦИЯ (desquamation), десквамация** – теринин эпидермисинин сырткы мүйүздүү челин алып салуу.

**ДИСГИДРОЗ (cheiropompholyx), дисгидроз** – экземанын түрү, мында алакан жана колдун манжалары жабыркайт. Колдун мына ушул жерлериндеги тери калыңдап, ачыккызгылт ыйлаакчалар чыгат. Ыйлаакчалар жарылбайт, ал эми тери катуу кармаган кычыткыдан соң түлөп жана сыйрылып түшөт. Караңыз: Суучул ыйлаакча.

**ДИСГИДРОЗ (pompholyx), дисгидроз** – дисгидротикалык экзема, ал манжаларды жана тамандарды жабыркайт (podopompholyx).

**ДИСГИДРОЗ, «ВОДЯНИЦА» (podopompholyx), дисгидроз, «суучул»** – караңыз: Дисгидроз (pompholyx).

**ДИСПЛАЗИЯ (dysplasia), АЛЛОПЛАЗИЯ (alloplasia), ГЕТЕРОПЛАЗИЯ (heteroplasia), дисплазия, аллоплазия, гетероплазия** – теринин, сөөктөрдүн жана адам денесинин башка ткандарынын өрчүшүнүн аномалиясы. Кошумча караңыз: Фиброздук дисплазия. – Диспластикалык (dysplastic).

**ДРЕПАНОЦИТ (drepanocyte), КЛЕТКА СЕРПОВИДНАЯ (sickle cell), дрепаноцит, орок сымал клетка** – караңыз: Орок сымал – клеткалык оору.

**ДРЕПАНОЦИТОЗ (drepanocytosis), дрепаноцитоз** – караңыз: Орок сымал – клеткалык оору.

## Ж

**ЖЕЛЕЗА ПОТОВАЯ (sweat gland), тер бездери** – теринин дерма катмарында жайгашып, спираль түрүндөгү оролгон секретордук бөлүмгө ээ, түтүкчөлүү экзокриндик жөнөкөй без. Узун өтмөк аркылуу андагы маңыз (тер) тери үстүнө чыгат. Тер бездери теринин көп бөлүктөрүндө жолугат; өзгөчө алар колтук, таман, алакан жана чекеде көбүрөөк кездешет.

**ЖЕЛЕЗА САЛЬНАЯ (sebaceous gland), май бездери** – жөнөкөй альвеолярдык без. Ал теринин үрпчөлөрүнүн жана торчо катмарынын жана секрециялаган спецификалык майлуу зат – тери майынын ортосунда жайгашкан.

## З

**ЗАНОС ПУЗЫРНЫЙ, ХОРИОАДЕНОМА (hydatidiform mole, hydatid mole, vesicular mole), көбүк каскагы, хориоаденома** – хорион түгү ачык түстөгү суюктук ме-

нен толтурулган көбүккө айлануучу оору. Алар кош бойлуулуктун алгачкы мезгилдеринде же эмбриондун тегерегиндеги катмарда (хориондо) дегенеративдик өзгөрүүлөр жүрүп жаткан учурда өрчүшөт. Мындай абалда эмбрион өлүп, ал эми жатын чоңойуу менен кансыроого учурайт. Мунун натыйжасында жатын ичинде коркунучтуу шишиктин пайда болуусу мүмкүн (караңыз: Хорионэпителиома).

**ЗУД (itch), кычышуу** – дискомфорт туудуруучу кычышуу, адамды жараланган жерди тырмоого дуушар кылат. Мындай кычыштыруу тери оорулардын негизги симптому болуп саналат. Караңыз: Кычышуу (pruritus).

**ЗУД (pruritus), кычышуу** – тери кычышуунун өзгөчө сезими, ал тырмоо сезимин туудурат. Гистаиминди жана вазоактивдүү дарылык каражаттарды ичүүнүн жыйынтыгында кычышуу, негизги симптомдордун бири болуп, адамда атопикалык экземанын, кызыл жалпак кызамыктын же кайсы бир башка тери дартынын болушун айгинелейт.

## И

**ИМПЕТИГО (impetigo), импетиго** – теринин адегенде мөлтүрөп, анын ордуна карт пайда болгон жугуштуу оорусу. Небуллездук импетиго (nonbullous impetigo) бактериялардын түрү менен туудурулган Staphylococcus aureus жана Streptococcus; оору өзгөчө кичинекей балдарда өрчүйт. Буллездук импетиго (bullous impetigo) Staph. Aureus бактериялардын түрү менен туудурулат жана денеде ыйлаакчалардын пайда болушу менен мүнөздөлөт. Ал ар кандай куракта пайда болот.

**ИНВАЗИЯ (infestation), инвазия** – адам терисинде же организм ичинде оору алып жүрүүчү мите курттардын (мисалы, кене же тасма курттары) кездешүүсү.

**ИНТРАДЕРМАЛЬНЫЙ (intradermal), интрадермалдуу** – теринин ичинде жайгашуучу. Мисалы, интрадермалдуу инъекция (intradermal injection) убагында дары дармекти түздөн-түз теринин ичине куюлат.

**ИХТИОЗ (ichthyosis), ихтиоз** – балыктын терисине окшош, териси чоң какачтуу адам, терини какач басу. Бул төрөлгөндө эле же бир жашка чейин пайда болуп, өмүр бою кала берет.

## К

**КАЗЕОЗ (caseation), казеоз** – дартка жабыркаган ткандын некрозу, ал сырга окшогон кургатылган массаны элестетет; ткандын дегенерациясынын түрү, туберкулездук жабыркоодо байкалат.

**КАРБУНКУЛ (carbuncle), карбункул** – көбүнчө моюнга жана далы тушка тогуздап чыккан чоң чыйкандар. Ал майды тышка чыгаруучу без ириң оорусуна чалдыкканда байкалат жана организмге алтын стафилакокктун (Staphylococcus aureus) пайда болушунан улам өрчүйт.

**КАРОТИН (carotene), каротин** – каратиноид классынан сары же кызгылт сары өсүмдүк пигменти; төрт формада болушу мүмкүн: альфа, бета, гамма жана дельта. Төртөөнүн ичинен өзгөчө маанилүүсү – бета-каротин. Ал адам организминде ретинолго айлануучу антиоксидант болуп саналат. Ичке ичегиде гидролитикалык бөлүнүүдөн пайда болгон боз сары түстөгү А витамини.

**КАРОТИНЕМИЯ (xanthaemia, carotenaemia), каротинемия** – канда каротин затынын көбөйүшү. Ушул учурда теринин саргарып кетиши байкалат.

**КАТАГЕН (catagen), катаген** – караңыз: Анаген.

**КЕЛОИД (keloid), келоид** – теринин травматикалык жабыркаган жеринде фиброздук тырык болгон ткандын өрчүп кетиши.

**КЕРАТИНИЗАЦИЯ (keratinization), ОРОГОВЕНИЕ (cornification), кератинизация, кабырчыктануу** – кээ бир оорулардан кийинки теринин ткандарынын өзгөрүлүп катуулашы. Бул процесс тери эпидермисте байкалат, ошондой эле чач, тырмак сыяктуу организмдин структураларында байкалат.

**КЕРАТОАКАНТОМА (keratoacanthoma), кератоакантома** – кату бирдиктүү түйүн, теринин үстүдө 1–2 см алты жуманын ичинде өсүп чыгат да бир нече айдан кийин бара-бара кетип калат.

**КЕРАТОДЕРМИЯ (tylosis), кератодермия** – диффуздук кератоз, көпчүлүк учурда алаканды жана таманды жабыркайт.

**КЕРАТОЗ (keratosis), кератоз** – тери сезгенбей эле, тышкы катмарынын калыңдап оорушу.

**КЕРИОН (kerion), керион** – баш теринин дерматикозунун сейрек кездешүүчү түрү, мында ал өтө сезгеничтүү болот. Керион адатта грибок менен жабыркаганда пайда болот, ал адамда жана жаныбарларда дерматикозду туудурат.

**КОЖА (skin), тери** – дененин жалпы тышкы териси, ал эпидермистен жана дермадан турат. Дерманын астында тери астындагы негиз (клетчатка) жайгашкан. Тери бир нече функцияларды аткарат: коргоочу, терморегуляциялык, дем алуучулук, алмашуучу, анын ичинде витамин алмашуучу, жана кандын депосу болуп саналат. Эпидермис денени жаракаттан жана түрдүү мителердин инвазиясынан коргойт. Анатомиялык аталышы: Тери (cutis).

**КОЖА ГУСИНАЯ (goose flesh), каз териси** – теринин суукка жана адамдын коркуу сезимине болгон реакциясы.

**«КОЖА МРАМОРНАЯ» (livedo), «мрамор териси»** – теринин айрым аймактарынын түссүз болушу же анда кан айлануусунун жергиликктүү токтоп калышынан тактардын пайда болушу.

**КОЖНЫЙ (cutaneous), терилик** – териге тиешеси бар сөз.

**КОЙЛОНИХИЯ (koilonychia), койлонихия** – ойку-кайкы тырмак. Бул организмде темир заты жетишсиздиктен пайда болгон аз кандуулукта байкалат.

**КОРЕПОДОБНЫЙ (morbilliform), кызылча сымал** – бул термин тери каптоого тиешелүү, өзүнүн сырткы көрүнүшү менен кызылчага окшош.

**КОМЕДОНЫ (comedo, көпч. comedones), комедондор** – теридеги чекиттей кара чыбырчыктар. Тер бездеринин жолу бүтөлүп анын оордуна кир жыйналуудан келип чыгат. Караңыз: Кара ысык.

**КРАПИВНИЦА (urticaria, nettle rash, hives), бөрү жатыш** – кычышып ачыштыруучу кызамыктай болгон темгил, ал жоон клеткалардын гистамининин бошонуп кетишинин кесепетинен пайда болот. Мында адамда бат эле дененин кайсы бир бөлүгүндө шишип кетүү пайда болот.

**КСАНТОМА, ксантома** – териде сары темгилдердин пайда болушу, ал организмде липиддик алмашуунун бузулушу менен туудурулат. Ксантомдун бир нече түрү бар. Мисалы, туберөздук ксантома (tuberous xanthomata) ал адатта тизе жана чыканак аймактарында пайда болот.

**КСАНТОМАТОЗ, ксантоматоз** – липоиддик зат алмашуу бузулуудан пайда болгон жалпы оору. Ал теринин сыртында саргарган темгилдер жайылат. Караңыз: Ксантома.

**КСАНТОФИЛЛ (xanthophyll), ксантофил** – сары пигмент, ал жашыл өсүмдүктөрдүн жалбырагында болот. Ксантофиллдин мисалы болуп лютеин болот (lutein).

**КСАНТОХРОМИЯ (xanthochromia), ксантохромия** – теринин жана жүлүндүн ичиндеги суюктуктун саргыч түстө болушу.

**КСЕРОДЕРМИЯ (xeroderma), ксеродермия** – ихтиоздун жумшак формасы – теринин өзгөчө кургашын жана анда кебек сымал жиктердин пайда болушун мүнөздөөчү тубаса оору. Адатта, кары адамдарда кездешет.

**КУТИКУЛА (cuticle), кутикула** – 1. Тери эпидермиси. 2. Эпителийди каптап турган катуу же жарым-жартылай катуу зат катмары; теринин клеткалары аркылуу бөлүнүп чыгат (өзгөчө, омурткасыз жаныбарлардын тери катмарларында өөрчүгөн). 3. Чачтын кабыгын каптап турган сырткы клеткалар катмары.

**КЮРЕТАЖ (curettage), кюретаж** – тери же кандайдыр бир органдын, ошондой эле көңдөйчөнүн ички бетин кашыкча сымал аспаптын – кюретканын (curette) жардамы менен кыруу, кюретаж адатта, жабыркаган ткандарды алып таштоо же диагностикада ткандын үлгүсүн алуу үчүн жасалат. Кошумча караңыз: Дилатация жана кюретаж.

## Л

**ЛАНУГО (lanugo), лануго** – үчүнчү айда түйүлдүктүн бетине жана ичине пайда болгон түк. Ал түк бала төрөлгөндөн кийин да сакталып кала берет.

**ЛЕЙКОДЕРМА (leucoderma), лейкодерма** – теринин түсү бузулуп, агаруу.

**ЛЕЙКОНИХИЯ (leuconychia), лейконихия** – тырмакта ак чекиттер пайда болуу. Лейконихиянын себеби белгисиз.

**ЛЕНТИГО (lentigo), лентиго** – туулгандан эле пайда болгон, чоңдугу тааруудай кичине мең. Коркунуч туудурган лентигодо (lentigo maligna) (же Гетчинсондун лентигосунда (Hutchinson's lentigo)), улгайган адамдардын бетинде пайда болот, темгилдер диаметри 2 см ге чейин чоңоюп, өзүнүн түсүн өзгөртүүгө мүмкүн; лентигонун бул түрү коркунуч туудурган меланоманын түрү болуп саналат.

**ЛЕПРОМА (leproma), лепрома** – лепрага мүнөздүү териде дөмпөктөрдүн пайда болушу.

**ЛЕПРОМИН (lepromin), лепромин** – ткандардын экстраты, ал лепромтоздук лепра менен терилик жабыркоолордон жасалган.

**ЛИНИМЕНТ (embrocation), линимент** – лосьон, дененин сыртына дарылык максатта сүйкөлүүчү ичик структуралардын жабыркашында жана чоюулууларда колдонулат.

**ЛИНИМЕНТ (liniment), линимент** – медициналык препарат, ал орулуунун терсине сүйкөлөт же хирургдардын кийимине чачылат. Көпчүлүк убакта линименттин курамына камфора кирет.

**ЛИПОДИСТРОФИЯ (lipodystrophy), липодистрофия** – организмде майлардын алмашуусунун бузулушу же липиддик алмашуунун бузулушу.

**ЛИХЕН (ЛИШАЙ) ПРОСТОЙ ХРОНИЧЕСКИЙ (lichen simplex chronicus), жөнөкөй өнөкөт лихен (эңилчек)** – теринин чакалай оорусу. Караңыз: Нейродермит.

**ЛИХЕНИФИКАЦИЯ (lichenification), лихенификация** – тери эпидермисинин жооноюшу, анда көп сандагы бүгүлүштөрдүн пайда болушу менен мүнөздөлөт. Анын себеби болуп катуу тырмоо же терини шыбоо.

**ЛИХОРАДКА СВ. АНТОНИЯ (St. Anthony'S Fire), Ыйык Антонио безгеги** – тери сезгеничинин эски аталышы, ал спорынья өсүмдүгү менен адам ууланганда өрчүйт. Караңыз: Эрготизм.

**ЛИШАЙ КРАСНЫЙ ПЛОСКИЙ (lichen planus), кызыл жалпак чакалай** – тери оорусу, катуу кытышуу менен коштолот. Көбүнчө билек жактагы териде мала кызыл темгилдердин пайда болот. Караңыз: Кебнердин феномени.

## М

**МЕЛАНИЗМ (melanism), МЕЛАНОЗ (melanosis), меланизм, меланоз** – 1. Меланин пигментинин адам организмде пайда болуу процессинин бузулушу. Мисалы, меланизмге чачтар, тери (күнгө күйгөндөн кийин, кош бойлуу мезгилинде же Аддисон оорусунда) жана көздөр дуушар болушат. 2. Теринин рак оорусу – меланоманын адам денесинин башка участокторуна таралышын коштоп жүрүчүү кахексия.

**МЕЛАНИН (melanin), меланин** – кара-күрөң же кара пигмент, ал чачтарда, териде, жана ошондой эле тамырдык (анын ичинде карек айланасындагы челде) жана көздүн тор кабыгында болот.

**МЕЛАНОДЕРМИЯ (melasma), меланодермия** – караңыз: Хлоазма.

**МЕЛАНОЗ (melanosis), меланоз** – 1. Караңыз: Меланизм. 2. Адамдын организминде меланин пигментинин нормалдуу пайда болуу процессинин бузулушу. 3. Кахексия, ал териде рактын таралышы менен коштолот - меланомалар дененин башка аймактарына да таралат. – Меланотикалык (melanotic).

**МЕЛАНОНИХИЯ (melanonychid), меланонихия** – тырмактардын кара пигментациясы, бул тырмакта меланин пигментинин болушун айгинелейт.

**МЕЛАНОПЛАКИЯ (melanoplakia), меланоплакия** – беттин былжырлуу каптын ички аймактарында пигменттердин пайда болушу.

**МЕЛАНОФОР (metanophore), меланофор** – караңыз: Меланин.

**МИЕЛОМАТОЗ (myelomatosis), миеломатоз** – караңыз: Миелома.

**МИКОЗ ГРИБОВИДНЫЙ (mycosis fungoides), грибок сымал микоз** – тери оорусу, ретикулездун бир түрү, териде өрмөлөрдүн пайда болушу менен мүнөздөлөт, кийинчерээк түйүндөр андагы Т-лимфоциттер менен инфильтраттары менен пайда болот.

**МИКРОВОРСИНКА (microvillus,** көпч. **microvilli), микротүкчөлөр** – көпчүлүктүн бириндеги микроскопиялык, өзүнүн сырткы көрүнүшү менен чачты элестеткен, клеткалардын өсүшү – эпителиалдык клеткалардын сыртында клеткалар, органеллалары жок, орточо 5 мкм узундугу менен (караңыз: Эпителий). Микротүктөр леткалардын үстүндөгү аянтты кеңейтишет.

**МИЛИАРНЫЙ, ПРОСОВИДНЫЙ (miliary), милиардуу, таруу сымал** – көлөмү таруудай майда нерселер. Алар көпчүлүгү өпкөнүн туберкулез оорусунда кезигет.

**МИЛИУМ, УГРИ БЕЛЫЕ (milium,** көпч. **milia), милиум, ак ысыктар** – териде (өзгөчө беттин терисинде) ак ысыктардын пайда болушу. Бул ысыктар майда кератива калталанган шишикчелерди элестетет.

**МОЗОЛЬ (callosity,** көпч. **callus), чор** – теридеги катуу жооноюу, көбүнчө таман жана алакан жерде көп сүрүлүүнүн же басымдын кесепетинен пайда болот.

**МОЗОЛЬ (clavus), чор** – теридеги катуу жооноюу, көбүнчө таман жана алакан жерде көп сүрүлүүнүн же басымдын кесепетинен пайда болот караңыз: Сүрүлгөндүк.

**МОЛЛЮСК КОНТАГИОЗНЫЙ (molluscum contagiosum), контагиоздук моллюск** – кеңири таралган тери оорусу, өзгөчө кичинекей балдарда көп кездешет. Териде диаметри 5 мм болгон папулалар пайда болот.

## Н

**НЕВУС (naevus,** көпч. **naevi), невус** – туулганда эле адамдарда пайда болгон мең. Невустун көп ар кандай түрлөрү бар. Кээ бирлери, анын санына «кулпунайлык» невус жана «жалындаган» невус, чоң эмес кан тамырлардан пайда болушат (караңыз: Гемангиома). Кошумча караңыз: Пигменттик невус.

**НЕВУС ПИГМЕНТНЫЙ (mole), пигменттик невус** – териде пигмент клеткаларынын коркунуч туудурбаган топтолушу. Пигменттик невустардын түрү ар кандай болушу мүмкүн - алар жалпак же теринин үстүндө уркуюп чыгып турган, жылмакай же чач менен капталган. Алардын формасынын, түсүнүн же сырткы көрүнүшүнүн өзгөрүшү, башынан эле өрчүп жаткан меланоманын симптомдорунун бири болуп саналат. Медициналык аталышы: Меланотикалык невус (melanotic naevus). Кошумча караңыз: Апотикалык невустун синдрому.

**НЕЙРОДЕРМИТ (neurodermatitis), ЛИХЕН ПРОСТОЙ ХРОНИЧЕСКИЙ (lichen simplex chronicus), нейродермит, өнөкөт жөнөкөй лихен** – жоонолюп кеткен, экзема менен жабыркаган тери, дайыма сүрүлүүнүн кесепетинен пайда болот. Көпчүлүк учурда аялдардын желке аймагы жана эркектердин тизе менен таман аймактары жабыркайт.

## О

**ОБЛЫСЕНИЕ (baldness), кашка баш болуу** – караңыз: Алопеция.

**ОНИХОГРИФОЗ (onychogryphosis), онихогрифоз** – тырмактын жоонолюп, ийрейиши (көпчүлүк учурда буттун бармагында).

**ОНИХОЛИЗ (onycholysis), онихолиз** – бармактардан тырмакты алып таштоо. Бул тырмактын грибок оорусунда жасалат.

**ОНИХОМИКОЗ (onychomycosis), онихомикоз** – тырмактардын грибоктук инфекциялык оорулары. Candida дерматофиттери же грибоктору менен туудурулат. Кошумча караңыз: Дерматомикоз.

**ОНХОЦЕРКОЗ (onchocerciasis), онхоцеркоз** – тери жана анын алдындагы бириктирүүчү тканды жабыркатуучу тропикалык ооpу; оорунун алып жүрүүчүсү болуп Onchocerca volvulus түрүндөгү курт саналат.

**ОРОГОВЕНИЕ (cornification), чор болуу** – караңыз: Кератинизация.

**ОСТЬ (spine), уч** – сөөктүн үстүнөн учтуу өсүш.

**ОХРОНОЗ (ochronosis), охроноз** – карбол кислотасы менен ууланганда, кемирчектин жана башка ткандардын кара көк тартып өзгөрүшү (заттар алмашуунун бузулушу– алкаптонурия менен байланышкан дарттарда байкалат).

## П

**ПАНАРИЦИЙ (paronychia), ПАРОНИХИЯ (whitlow), панариций, паронихия** – манчалардын тырмагы менен кошо ириң оорусуна чалдыгышы. Курч паронихия (acute paronychia) адатта Staphylococcus aureus түрүндөгү бактериялар менен туудурулат. Өнөкөт паронихия (chronic paronychia) ошондой эле Candida albicans түрүндөгү грибоктордун кайталанган инфекциясы менен коштолот.

**ПАПИЛЛОМАТОЗ (papillomatosis), папилломатоз** – тери жана/же былжырлуу катмарда көптөгөн папилломалардын пайда болуусу.

**ПАПИЛЛОТОМИЯ (papillotomy), папиллотомия** – хирургиялык операция, боор – карын астындагы ампуланы кескенди камтыйт.

**ПАПУЛЕЗНО-ЧЕШУЙЧАТЫЙ (papule), папулездуу-кабырчыктуу** – мындай термин папула жана кабырчыктуу денеге чыгуучу кызамык.

**ПАРАПСОРИАЗ (parapsoriasis), парапсориаз** – теринин азыраак кызарып, тышкы катмары күбүлүп, бирок кычышпаган өнөкөт оорусу. Грибок сымал микоздун (mycosis fungoides) алгачкы баскычындагы өрчүүнүн мурдагы аталышы.

**ПЕМФИГОИД (pemphigoid), ПЕМФИГОИД БУЛЛЕЗНЫЙ (bullous pemphigoid), пемфигоид, буллёздуу пемфигоид** – кычыштыра турган ыйлаакчалардын пайда болуусу

менен коштолгон өнөкөт оору; негизинен кары адамдарда жолугат. Пемфигоид аутоиммундуу оору болуп саналат жана кортикостероид же иммунодепрессанттардын жардамы аркасында дарыланат.

**ПЕРХОТЬ (dandruff), какач** – баш терисинин үстүндөгү көрүнүмкү кабырчыктар. Какач адатта Pityrosporum ovale грибогунун болушу менен байланыштуу болот. Медициналык аталышы: Кургак какач (pityriasis capitis).

**ПЕТЕХИИ (petechiae), петехии** – теридеги майда өлчөмдөгү кан куюлуулар. Петехиялар пурпура (purpura) убагында пайда болушат.

**ПИГМЕНТАЦИЯ (pigmentation), пигментация** – теринин жана ткандардын өңүнүн өзгөрүшү, аларда пигменттердин катмарлашып калгандыктан пайда болушат, өзгөчө ашыкча санда.

**ПИНТА (pinta), пинта** – тери оорусу; көбүнчө Американын тропикалык региондорунда жашаган негр калкы арасында кездешет. Котон жарасын жана фрамбезия ооруларын коозгоочу Treponema carateum микроорганизм түрүнө кирүүчү спирохеталар тарабынан пайда болот.

**ПИОДЕРМИЯ ГАНГРЕНОЗНАЯ (pyoderma gangrenosum), гангреналык пиодермия** – теридеги көп сандаган майда ириңдер. Ал орулууда жараланган колиттин, Крон оорусунун, ревматоиддик артриттин же артриттин кайсы бир түрүндө өрчүшү мүмкүн.

**ПИТИРИАЗ (pityriasis), питириаз** – тери ооруларды тобуна кирет, ичке бүдүрчөлөр менен мүнөздөлөт. Мисалы, себореялык экзема (pityriasis alba) өзү менен балдарда көп кезигүүчү дартта, бетте түлөөчү түссүз тактардын пайда болушу менен мүнөздөлөт; бул тактар атопикалык экземанын көрүнүшү катары пайда болот. Кошумча караңыз: Какач (кургак какач).

**ПОДКОЖНЫЙ (subcutaneous), тери алдындагы** – тери астында жайгашуу. Мисалы, тери астындагы иъекция (subcutaneous injection) – бул тери астына инъекция. Тери астындагы негиз (subcutaneous tissue) өзү менен бириктирүүчү тканды (көпчүлөк убакта май) элестетип турат, ал дерманын астында жайгашкан.

**ПОДКОЖНЫЙ, ГИПОДЕРМАЛЬНЫЙ (hypodermic), тери астындагы, гиподермалдык** – теринин астында жайгашкан: адатта бул термин тери астындагы инъекцияларга карата колдонулат. Ошондой эле шприцтерге тиешелүү да колдонулат.

**ПОЙКИЛОДЕРМИЯ (poikiloderma), пойкилодермия** – тери атрофияланып, темгил баскан абал.

**ПОКРАСНЕНИЕ (rubor), кызарып калуу** – сезгенүүнүн классикалык белгиси; дагы башка белгилери бул – эти ысуу, сезгенүү жана шишип кетүү.

**ПОКРАСНЕНИЕ (suffusion), кызарып калуу** – тери үстүндө кызаруунун тарап кетиши, ал кескин гиперемия менен туудурулат.

**ПОКРОВ НАРУЖНЫЙ (integument), сырткы катмар** – тери.

**ПОЛИМИОЗИТ (polymyositis), полимиозит** – булчуңдардын көпчүлүгүнүн сезгениши; ал курч формада жана ошондой эле өнөкөт формада өтүшү мүмкүн.

**ПОЛЛИНОЗ (pollinosis), поллиноз** – сенндик безгектин так аталышы – аллергиянын бир түрү.

**ПОЛОСКА (stria,** көпч. **striae), сызыкча** – (анатомияда) сызык, таңгак же чийим. Мисалы, кош бойлуу болгон мезгилде аялдарда берчтер пайда болот.

**ПОРА (osculum), тешикче 1** – (анатомияда) кичинекей тегерек тешикче.

**ПОРА (pore), тешикче 2** – чоң эмес тешик; мисалы, тери тешикчелери (sweat pores) теринин үстүндөгү тер чыгуучу эң майда тешикчелер.

**ПОРФИРИН (porphyrin), порфирин** – клеткаларда кенен таралуучу пигменттер, алар порфинден пайда болушкан. Порфириндер темир, магний, цинк, никель, жез жана ко-

бальт менен кошулганда хелаттарды пайда кылышат. Алар гемоглобиндин, миоглобиндин, цитохромдун жана хлорофиллдин курамына киришет жана бүт тирүү организмдерде өтүүчү кычкылдануу – калыбына кайра келтирүү реакцияларда маанилүү роль ойношот. Кошумча караңыз: Протопорфирин IX.

**ПОСЕДЕНИЕ (canities), чачтын агарышы** – чачтын пигментинин жоголушу, анын натыйжасында чач боз же ак түстө болуп калат.

**ПРОЛЕЖЕНЬ (bedsore, decubitus ulcer, pressure sore), оюлуучу жер** – көп жаткандыктан денеге чыгуучу жара. Жаралар пайда болуу коркунучу адатта эсин жоготкондорго, жүлүнү жабыркаган адамдарга тиешелүү.

**ПРУРИГО (prurigo), пруриго** – өтө кычыштыруучу тери ооруларынын тобу. Пруриго сенна безгеги жана астма менен бир убакта коштолушу мүмкүн.

**ПСОРИАЗ (psoriasis), псориаз** – теринин түлөгөн кызыл темгилдүү өнөкөт оорусу.

**ПУЗЫРЕК, ВЕЗИКУЛА (vesicle), ыйлаакча, везикула** – 1. Теринин үстүндө пайда болуучу кичинекей ыйлаакча шишик. Мындай ыйлаакчалар тери орууларында, анын ичинде экзема жана герпесте туудурулушу мүмкүн. 2. Анатомияда – сууга толгон каалаган кичинекей ыйлаакча. – Везикулярдык (vesicular).

**ПУРПУР ЗРИТЕЛЬНЫЙ (visual purple), көрүү пурпурасы** – караңыз: Родопсин.

**ПУРПУРА (purpura), пурпура** – кан тамырлардын көпшөктүгүнөн, борпондугунан пайда болгон теридеги кызыл ала темгилдер; бул темгилдердин элементтерин пайда кылуучулары петехиялар (petechiae) деп аталышат. Караңыз: Тромбоцитопения, Генох – Шенлейндин пурпурасы.

**ПУСТУЛА (pustule), пустула** – денедеги ириңдүү ыйлаак.

**ПУСТУЛА ОСПЕННАЯ (pock), оспенндик пустула** – майда ириң толгон ыйлаак, ал суу чечек жана кадимки чечек оорусунда пайда болот. Кошумча караңыз: Пустула.

**ПУСТУЛА, ГНОЙНИЧОК (pimple), пустула, иринче** – теридеги чоң эмес ириң ыйлаакча. Анын пайда болуу себеби болуп тери тешикчелеринин бактериалдык инфекциясы болот.

**ПУШОК ПЕРВОРОДНЫЙ (vellus), төрөлгөнгө чейинки карын чач** – төрөлгөнгө чейин баланын денесин каптаган ичке чачтар.

**ПЬЕДРА (piedra), пьедра** – чачтардын грибоктуу оорсу, мында чачта ак же кара грибоктордун топтолушу пайда болот. (Piedraia hortai түрүндөгү) кара грибоктор көбүнчө тропикалык өлкөлөрдө кездешет, ал эми (Trichosporon cutaneum түрүндөгү) ак грибоктор – мелүүн климаттагы аймактарда кездешет.

**ПЯТКА ЧЕРНАЯ (black heel), кара согончок** – ахилл тарамыштын алдында жайгашкан теринин карарып калган бөлүгү. Анын карарып калганы баскетбол, сквош ойногонду жакшы көргөндөрдө тери капиллярларынын жарылып калгандыгы менен байланыштуу.

**ПЯТНА МОНГОЛЬСКИЕ СИНИЕ (Mongolian blue spots), монголдук көк тактар** – жаңы төрөлгөн ымыркайлардын мойнунда же көтөнүндө пайда болгон кара-көк түстөгү темгил тактар. Көпчүлүк мезгилде булар азия тегиндеги балдарда пайда болушат.

**ПЯТНА ЦВЕТА КОФЕ С МОЛОКОМ (cafe au lait spots), сүттөлгөн кофе түстөгү тактар** – териде даана чийилген күрөң тактар. Бул орточо 20 % адамдарда кезигет, бирок алтыдан көбүрөөк тактардын болушу, адамда нейрофиброматоздун болушун айгинелейт, же күмөн жаратат.

## Р

**РАЗРАСТАНИЕ (excrescence), өсүп жайылуу** – дене бетине оору коштогон чорлордун пайда болушу (мисалы, сөөл).

**РЕАКЦИЯ ЛЕПРЫ (lepra reaction), Лепра реакциясы** – тери жараларынын көбөйүшү, ал лепрада пайда болот жана температуранын жогорулашы, жалпы алсыздык менен коштолот.

**РЕСНИЦА (eyelash), кирпик** – көздүн үстүнкү жана ылдыйкы кабыгында орун алган катуу чач. Кирпиктер көзгө чаңдын киришине тоскоолдук кылышат. Анатомиялык аталышы: Кирпик (cilium).

**РЕСНИЧКА (cilium,** көпч. **cilia), кирпикче, түкчө** – 1. Чач түгүнө окшош клетканын өсүшү, плазмалемма менен капталган; мембраналык эмес клеткалык органелла, майда түтүкчөлөр менен пайда болгон: көп сандагы бул органеллалар сыртында эпителиалдык клеткалардын катарын, жана жөнөкөйлөрдү алып жүрүшөт. Өзгөчө көп сандаган кирпикчелер, эпителиалдык клеткалардын сыртында; алардын термелүүсү дем алуу органдарга түшүүчү чаңдын бөлүкчөлөрүн же башка нерселердин түшүшүнө тоскоолдук кылышат. 2. Көздүн кирпиктери. – Цилиардык. (ciliary).

## С

**СВЕТОЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ (photosensitivity), жарыкка болгон сезгичтик** – теринин күн нуруна болгон ооруу туудуруучу реакциясы. – Жарыкка сезгеничтүү (photosensitive).

**СЕБОРЕЯ (seborrhoea), себорея** – май бездеринин чыгарган суюктугунун көп чыгышы. Мындай учурда мурун тегерегиндеги жана бет жаактын ар кайсы бөлүктөрүндөгү май бездери чоңоюп, бетти безетки басат. – Себорейдик (seborrhoeic).

**СЕРПИГИНОЗНЫЙ (serpiginous), серпигиноздук** – жылан сымал сойлоп жүрүүчү. Бул термин сойлоп жүрүүчүлөргө же теринин узакка созулган жабырланууга, түз эмес, ийрейген амактууларга карата колдонулат.

**СИНДРОМ «БЛУЖДАЮЩЕЙ ЛИЧИНКИ» КОЖНЫЙ (creeping eruption, larva migrans), теринин «тентүүчү личинка (окура)» синдрому** – тери дарты, ал личинкалар жана нематодалар аркылуу туудурулат (мисалы, Ancylostoma braziliense), алар адатта иттерде жана мышыктарда, же кээ бир личинка түрүндөгү чымындарда болушат (караңыз: Hypoderma, Gasterophilus). Личинкалар адамдын терисинде жол жасашат, алардын жылышы ичке кызыл сызыктардын пайда болушу менен мүнөздөлөт, алар орулуунун тынчын алат.

**СИНЮШНЫЙ (livid), көгөрүп калган** – бул термин теринин көк өңдөнүп калган абалга карата колдонулат. Ал адатта канталап көгөргөндүктөн, же жалпы цианоздун кесепетинен пайда болот.

**СИРИНГОБУЛЬБИЯ (syringobulbia), сирингобульбия** – караңыз: Сирингомелия.

**СИФИЛИД (syphilide, syphilid), сифилид** – экинчи кайталанган баскычтагы сифилис оорусунун кесепетинен, териде жана былжырлуу бездердеги өзгөчө көрүнүштөрү. Бул өтө жугуштуу дарт.

**СКАРИФИКАЦИЯ (scarification), скарификация** – дарылоо максатында, терини бир нече чийүү, эмдөө. Мисалы, теридеги ыйлаактын суусун чыгаруу үчүн да колдонулат.

**СКРОФУЛОДЕРМА (scrofuloderma), скрофулодерма** – теринин туберкулез оорусу. Ал лимфа түйүндөрүнүн кургак учук менен жабыркаган теринин жарылышы жана ириңдеп кетиши менен мүнөздөлөт.

**СЛЕПОТА «РЕЧНАЯ» (river blindness), «дарыялык» көрбөөчүлүк** – караңыз: Онхоцеркоз.

**СЛОЙ (stratum), катмар** – ткандын же клетканын катмары: мисалы, теринин эпидермисинин бир катмары (эң четки катмары кабыктуу деп аталат (stratum corneum)).

**СЛОЙ МАЛЬПИГИЕВ (Malpighian layer), Мальпигий катмары** – эпидермистин түйүлдүктүү катмары.

**СЛОНОВОСТЬ (elephantiasis), пилдик** – теринин жана анын астындагы клетчатканын калың болуп кетиши, жана алардын андан ары бүтөлүп калышы көпчүлүк мезгилде Wuchereria bancrofti жана Brugia malayi түрүндөгү мите филяриялар аркылуу туудурулат. Кошумча караңыз: Филяриоз.

**СОБСТВЕННО КОЖА (corium), анык тери** – караңыз: Дерма.

**СРЕДСТВО ПРОТИВОГРИБКОВОЕ (antifungal, antimycotic), грибокторго каршы каражаттар** – алар грибокторду өлтүрөт жана грибоктук инфекциялык ооруларды дарылоодо колдонулат. Грибокторго каршы дарылык заттарга: амфотерицин, гризеофулвин, имидазол, нистатин, тербинафин, жана дагы толнафтат киришет.

**СЫПЬ (rash), кызамык** – теринин кызаруусу жана кычышуусу менен коштолуучу бүртүк - бүртүк майда жаралар. Мисалы, кызаруу суу чечек жана кызылча деген инфекциондук дарттар мезгилинде пайда болот.

**СЫПЬ (eruption), БУЛЛЕЗНАЯ СЫПЬ (bullous eruption), кызамык, буллездук кызамык** – кокусунан пайда болгон теринин кызамыгы. Буллездук кызамык теринин сыртында кокусунан эле пайда болгон ыйлаакчалардын пайда болушу менен мүнөздөлөт.

**СЫПЬ МОЛОЧНАЯ (milk rash), сүт кызамыгы** – жаңы төрөлгөн баланын бетинде кызыл кызамыктар пайда болот, алар кийинчерээк өзүнөн - өзү жоголуп кетет.

**СЫПЬ ПОЛИМОРФНАЯ СВЕТОВАЯ (polymorphic light eruption), жарыктык полиморфтук кызамык** – караңыз: Фотодерматоз.

**СЫПЬ ПЯТНИСТО-ПАПУЛЯРНАЯ (maculopapular), темгилдик-папулалык кызамык** – бул термин папулалардан жана темгилдерден туруучу кызамыктарга таандык колдонулат.

## Т

**ТАЛЬК (talc), тальк** – техникада, медицинада колдонулуучу жумшак, ун сыяктуу ак минерал, курамына магнийдин силикаты кирет.

**ТРАНСПЛАНТАТ КОЖНЫЙ (skin graft), тери трансплантаты** – жабыркаган тери бөлүгүн жабуу үчүн дененин соо бөлүгүнөн кесилип алынуучу тери жамаачысы (мисалы, тери трансплантаты күйүктөрдө же теринин жабырканышында колдонулат). Трансплантация үчүн теринин баары (караңыз: Жамаачы), же анын калыңдыгынын үчтөн төрт бөлүгү колдонулат – теринин ичке бөлүктөрү (караңыз: Тирш трансплантаты), же өтө ичке катмары.

**ТРАНСПЛАНТАТ ТИРША (Thiersch's graft), ЛОСКУТ РАСЩЕПЛЕННЫЙ (split-skin graft), Тирш трансплантаты, бөлүктөргө бөлүнгөн жамаачы** – тери трансплантатынын түрү, анда теринин жука катмарлары ичке кыйыкка кесилип жана жабыркаган жерлерге жабылат.

**ТРЕЩИНЫ НА КОЖЕ (rhagades), теридеги жаракалар** – ооз жана такай кыймылда болуп турчу адам денесинин бөлүктөрүнө тиешелүү териде кездеше турчу жарака же ичке жана узунунан келген тиликчелер.

**ТРИХИАЗ (trichiasis), ТРИХОЗ (trichosis), трихиаз, трихоз** – кирпиктердин көз алмасын карай ичкери кайрылып калуусу. Трихиаздын келип чыгуусу кабактын сезгениши менен байланыштуу. Энтропион дайыма трихиаз менен коштолот.

**ТРИХОКЛАЗИЯ УЗЛОВАТАЯ (trichorrhexis nodosa), түйүндүү трихоклазия** – чачтын морт болушу. Мунун өзү тукум куучулук же чачтын мезгил-мезгили менен физикалык (өрүү, тартуу) жана химиялык (боё) жабыр тартуусу менен байланыштуу болуусу мүмкүн.

**ТРИХОЛОГИЯ (trichology), трихология** – чач жана алардын оорусун изилдей турган дерматология бөлүмү.

**ТРИХОМИКОЗ (trichomycosis), трихомикоз** – грибоктордон пайда болгон чачтын оорусу.

**ТРИХОТИЛЛОМАНИЯ (trichotillomania), трихотилломания** – адам өз чачын өзү жулууга көнүлдөнгөнү. Бул айрыкча психикалык оорусунда байкалат.

**ТУБЕРКУЛИД (tuberculide), туберкулид** – теринин туберкулезго чалдыгуусу.

**ТУРГОР (turgor), тургор** – ткандардын толуктугу, чыңдыгы алардын шишип кетиши менен туудурулган.

## У

**УГОРЬ ЧЕРНЫЙ (blackhead), кара ысык** – бүтөлгөн жер, ал май боздеринин секретинен жана май бездеринин чыгаруучу өтмөлөрүнүн сырткы тешигиндеги кератин, териде ачылган. Кошумча караңыз: Ысык. Медициналык аталышы: Комедон (comedo).

**УГРИ (acne), УГРИ ОБЫКНОВЕННЫЕ (acne vulgaris), ысык, кадимки ысык** – май бездеринин сезгениши. Май бездеринин аткарган кызматы адам организминдеги эркектик жыныс гормону (андроген) тарабынан көзөмөлдөнөт, бирок ысыктын пайда болуусу азыркы учурга чейин толук тактала элек.

**УГРИ РОЗОВЫЕ (rosacea), кызгылт ысык** – бет терисинин өнөкөт сезгенич дарты, ал катуу кызарып чыгуу менен мүнөздөлөт. Маал-маалы менен анда мүнөздүү пастулалар пайда болуп, орулууда кератит өрчүйт.

**УДЕРЖИВАТЕЛЬ (retinaculum,** көпч. **retinacula), кармоочу** – бириктирүүчү ткандын жоон аймагы, ал кайсы бир органды фиксацияланган абалда кармап турат.

## Ф

**ФАВУС (favus), фавус** – баш терисинде Trichophyton schoenleni түрүндөгү грибоктор тарабынан пайда болуучу дерматомикоз оорусунун бир түрү.

**ФЕНОМЕН КЕБНЕРА (Koebner phenomenon), РЕАКЦИЯ ИЗОМОРФНАЯ (isomorphic response), Кебнер феномени, изоморфтук реакция** – феномен, ал кээ бир тери орууларында байкалат (псориазда же кызыл жалпак чакалайда).

**ФОЛЛИКУЛ ВОЛОСЯНОЙ (hair follicle), түктүү фолликул** – чач тамырынын курчап турган эпителиалдык клетка жана бириктирүүчү ткандан турган кыртыш.

**ФОЛЛИКУЛИТ (folliculitis), фолликулит** – чачтын түбүндөгү жоон бөлүгүнүн сезгениши. Адатта инфекциянын кесепетинен пайда болот. Фолликулит Pityrosporum түрүндөгү грибоктор менен туудурулат жана СПИД ди диагностикалоодо маркер катары колдонулат.

**ФОРМА САПА КОЖНАЯ (farcy), терилик сап формасы** – караңыз: Сап дарты.

**ФОТОДЕРМАТОЗ (photodermatosis), фотодерматоз** – күндүн нурунун таасиринен пайда болгон теридеги ар түрлүү шишиңки тарткан сезгенүүлөр. Ал көпчүлүгү бет жакта байкалып, көбүнчө жай айларында күчөйт (караңыз: Жарыкка болгон сезгичтик).

**ФУРУНКУЛ (furuncle, boil), фурункул** – түктүү фолликул жана айланта курчаган бириктирүүчү ткандын курч мүнөздөгү ириңдүү – некротикалык сезгенүүчү чыйкан. Ал патогенндик стафилококк бактериясынын (Staphylococcus aureus) жабырканышы менен шартталат. Медициналык аталышы: Furuncle.

**ФУРУНКУЛ АЛЛЕПСКИЙ (Aleppo boil), Аллептик фурункул** – караңыз: Тери лейшманиозу.

**ФУРУНКУЛ БАГДАДСКИЙ (Baghdad boil), Багдад фурункулу** – караңыз: Тери лейшманиозу.

**ФУРУНКУЛ ДЕЛИЙСКИЙ (Delhi boil), Дели фурункулу** – караңыз: Тери лейшманиозу.

**ФУРУНКУЛЕЗ (furunculosis), фурункулез** – денеге тогуздап чыккан чыйкан (адатта Staphylococcus aureus түрүндөгү бактериалдык инфекция менен туудурулат).

## Х

**ХЛОАЗМА (chloasma), МЕЛАНОДЕРМИЯ (melasma), хлоазма, меланодермия** – бетте пайда болгон темгил- сепкилдер. Айрыкча боюнда бар аялдарда байкалат. Эркектерде хлоазма өтө сейрек кездешет. Күндөн коргой турчу ар кыл кремдердин жардамы аркасында хлоазманын алдын алууга болот.

**ХЛОРАКНЕ (chloracne), хлоракне** – хлордонгон углеводдор менен узак мөөнөт иш алып баруудан улам теринин түктүү жерлерине ысык сымал, үч жагы кара түстөгү жарачалардын чыгып кетиши.

**ХОЛЕСТЕАТОМА (cholesteatoma), холестеатома** – нерв клеткаларында өсүп, ичинде мүйүз окшош нерсе же холестериндин кристалдары бар шишик. Дарыланбаган холестеатома баш мээнин инфекциялык жабыркanышына алып келиши мүмкүн, жана андан менингит жана церебралдык абсцесске алып келиши мүмкүн.

## Ц

**ЦЕЛЛЮЛИТ (cellulitis), целлюлит** – жакын жайгашкан ткань же органдар арасындагы бириктирүүчү ткандын сезгениши. Целлюлиттин келип чыгышына көпчүлүк учурларда стрептококктук инфекция (кээде стафилококктук) себеп болот.

**ЦЕЛОМ (coelom), целом** – мезодерманын эки катмарынын ортосундагы көңдөй, ал түйүлдүктүн өрчүшүнүн мезгилинде пайда болот. Мезгил өткөндөн кийин андан дене көңдөйү пайда болот.

**ЦИАНОЗ (cyanosis), цианоз** – адамдын кычкылтек жетпегендиктен кара көк тартып көгөрүүсү. Көпчүлүк учурларда цианоз жүрөк, өпкө оорусунан улам келип чыгат. Мындан сырткары, атмосферада кычкылтектин жетишсиздиги жана асфиксия да цианозго алып келет. Цианоз ошондой эле тубаса жүрөк жетишсиздиги менен төрөлгөн балдарга мүнөздүү. – Цианотикалык (cyanotic).

## Ч

**ЧРЕСКОЖНЫЙ (percutaneous), тери астындагы** – тери астынан өтүүчү; бул термин орулуунун организмине дары өтүүчү жолдорду сүрөттөөдө колдонулат.

## Ш

**ШЕЛУШЕНИЕ (ecdysis), түлөө** – теринин үстүнкү катмарынын түлөп башташы; десквамация.

## Э

**ЭКЗАНТЕМА (exanthem), экзантема** – теридеги ар түрлүү темгилдер. – Экзантематоздук (exanthematous).

**ЭКЗЕМА (eczema), экзема** – кычышып жана кызарып (эритема) белгисиз бир себептен пайда болгон теринин жукпас оорусу. Бул дарт эндогенндик же конституционал-

дык болуп саналат, башкача айтканда анын өрчүшүндө тышкы факторлор негизги рол ойношпойт (салыштыруу үчүн: Дерматит). Экземанын беш негизги түрү бар: 1) атопикалык экзема (диффуздук нейродермит) (atopic eczema); анын негизги симптомдору болуп сенна безгеги жана астма; 2) себорейдик экзема (seborrhoeic eczema) (же дерматит (dermatitis)), баш терисин, көз карегин, мурундун жана эриндин терисин жабыркайт; 3) дискоиддик (discoid), же тыйын самал экзема (nummular eczema), ал терини тыйынды элестетип жабыркайт; 4) «суучул», ал кол жана таманды жабыркайт; жана 5) гравитационндук (gravitational eczema) (же статикалык (stasis eczema)) экзема, ал тамырдык кан айлануусунун бузулушунда өрчүйт . – Экзематоздук (eczematous).

**ЭКСФОЛИАЦИЯ (exfoliation), эксфолиация** – 1. Теринин үстүнкү кыртышынын түлөп түшүүсү. 2. Эпителийдин үстүнкү катмарынын алдыңкы ткандан бөлүнүүсү. 3. Сүт тиштеринин түшүп баштоосу. – Эксфолиативный (exfoliative).

**ЭКТИМА (ecthyma), эктима** – Staphylococcus aureus түрүндөгү стафилококктор тарабынан пайда болуучу инфекциялык тери оорусу. Мында эпидермистин бүтүндөй жоондугунун жабырканышы байкалат (салыштыруу үчүн: Импетиго – теринин сырткы инфекциялык дарты).

**ЭКХИМОЗ (ecchymosis), экхимоз** – көгөргөн жер: травманын натыйжасында кан тамырдагы кандын жакын жайгашкан ткандарга куюлуусунан улам тери бетинде пайда болуучу кара-көк түстөгү тактар. Бул көрүнүш кандын өз алдынча агуусуна (мисалы, айрым бир кан ооруларында) да тиешелүү.

**ЭПЕНДИМА (ependyma), эпендима** – мээнин коңулдарынын жана жүлүндүн ички коңулунун бир кабаттуу нерв клеткасы. – Эпендимный (ependymal).

**ЭПИДЕМИЯ (epidemic), эпидемия** – белгилүү сандагы адамдар кыска мөөнөттүн ичинде жугуштуу ооруга дуушар болушу жана андан ары да таралышы. Азыркы учурда, айрыкча сасык тумоо эпидемиясы көп учурайт. Салыштыруу үчүн: Эндемия, Пандемия. – Эпидемиялык (epidemic).

**ЭПИДЕРМОИДНЫЙ (epidermoid), эпидермоиддик** – өзүнүн сырткы көрүнүшү менен эпидермисти элестетет (теринин сырткы катмарын): кээ бир ткандардагы шишиктерди сүрөттөөдө колдонулат.

**ЭПИДЕРМОЛИЗ ВРОЖДЕННЫЙ БУЛЛЕЗНЫЙ (epidermolysis bullosa), тубаса буллездук эпидермолиз** – теринин сезгенич эмес тукум куучулук топтогу дарт, ал териде жана былжырлуу челде ыйлаакчалардын пайда болушу менен мүнөздөлөт.

**ЭПИКАНТУС (epicanthus), СКЛАДКА ЭПИКАНТНАЯ (epicanthic fold), эпикантус, эпиканттык бүгүлмө** – териде тик бүгүлүш, ал үстүнкү каректен өтүүчү жана көздүн кырын (медиалдык) жабат. – Эпиканттык (epicanthal, epicanthic).

**ЭПИТЕЛИЙ (epithelium), эпителий** – дененин сырткы катмарын жаап, бездердин жаралышына шарт түзүп, көңдөй структураларына (кан тамыр жана лимфа тамырларынан сырткары) төшөлүү менен организмди сырткы чөйрөдөн коргоочу ткань; эмбрионалдык эктодерма жана эндодерма тарабынан пайда болот. Кошумча караңыз: Эндотелий, Мезотелий. – Эпителиалдык (epithelial).

**ЭПИТРИХИЙ (epitrichium), ПЕРИДЕРМА (periderm), эпитрихий, перидерма** – калыңдыгы бир клетканын калыңдыгына барабар эң үстүңкү тери кыртышы; эмбрионалдык өнүгүүнүн эң алгачкы баскычында гана кездешет.

**ЭРИЗИПЕЛОИД (erysipeloid), эризипелоид** – теринин инфекциялык дарты же ткандын астында орун алган, ал Erysipelothrix insidiosa тибиндеги бактериялар менен туудурулат; адатта балыкты, тоок этин жана этти кол менен тазалаган, адамдарда өрчүйт. Жугуу инфекцияланган эт аркылуу болот.

**ЭРИТЕМА (erythema), эритема** – териде жана былжырлуу кабыкчада байкалуучу бир жердин кан тамырлары жарылуудан келип чыккан кызарыңкы тарткан жер. Эритема физиологиялык болушу мүмкүн жана тканддын инфекцияланышы же сезгеничтин симптому болушу мүмкүн.

**ЭРИТЕМА СОЛНЕЧНАЯ, ОЖОГ СОЛНЕЧНЫЙ (sunburn), күн эритемасы, күн нурунан күйүү** – күндүн нурунда көп убакыт болгондуктан теринин жабырканышы.

**ЭРИТРАЗМА (erythrasma), эритразма** – Corynebacterium minutissimum түрүндөгү бактериялар тарабынан пайда болуучу өнөкөт тери инфекциясы; адатта колтук алды, жука чурай жана бут манжалары жабыркайт.

**ЭРИТРОДЕРМИЯ (erythroderma), ДЕРМАТИТ ЭКСФОЛИАТИВНЫЙ (exfoliative dermatitis), эритродермия, эксфолиативдүү дерматит** – теринин кычышып, кызарып жана түлөгөн оорусу. Мурда эле кайсы бир тери оруусунун болушунун жыйынтыгы болуп саналат (мисалы, экзема же псориаз), ошондой эле айрым бир дары каражаттарын ичүүнүн же лимфома натыйжасында келип чыгуусу мүмкүн.

**ЭРИТРОДЕРМИЯ ВИЛЬСОНА – БРОКА (Wilson – Brocq erythroderma), Вильсон – Брок эритродермиясы** – бул эритодермиянын формасына териде көп убакыттан бери болуучу тери өзгөрүүлөр, экземанын, экзематиданын же нейродермиттин пайда болушун элестеткен оорулар себеп болот. Бул өрчүп кеткен дартка ачык гиперемия жана теринин шишип кетүүсү, чоң пластинкалуу кабырчыктануу; алакан – тамандык кератоз, чачтын жана тырмактардын түшүүсү; лимфа түйүндөрдүн чоңоюшу, катуу кычышуу жана чыйрыгуу. Канда лейкоцитоз, моноцитоз, эозинофилия, РОЭ нин тезделиши байкалат.

**ЭРИТРОЦИАНОЗ (erythrocyanosis), эритроцианоз** – бут шыйрагы менен сандын арткы бетине көптөгөн кара кочкүл тактардын пайда болушу.

## Я

**ЯЗВА (ulcer), жара** – бардык катмарга жайылуучу тери оорусу. Ошондой эле тамак сиңирүүчү тракттын былжырлуу челинде начар айыгуучу дефектиси. Кошумча караңыз: Жоор.

**ЯЗВА КАУЧУКОВАЯ (chiclero's ulcer), каучук жарасы** – Leishmannia tropica mexicana паразиттери тарабынан пайда болуучу тери лейшманиозунун бир түрү.

**ЯЗВА МАРЬОЛИНА (Marjolin's ulcer), Марьолин жарасы** – теридеги өнөкөт жаранын чет жакаларында пайда болуучу карцинома. Көп убакытта балтыр – кетмен муунундагы варикоздук жарада пайда болот.

**ЯЗВА ТРОПИЧЕСКАЯ (tropical ulcer), ЯЗВА НАГА (Naga sore), тропикалык жара, Нага жарасы** – көбүнчө нымдуу тропикалык климатка ээ болгон региондордо кездешүүчү тери оорусу.

# ДИАГНОСТИЧЕСКИЕ МАНИПУЛЯЦИИ



## А

**АРТЕРИОГРАФИЯ (arteriography), артериография** – кан тамырларга рентген нуру өтпөгөн зат куюп, анын түзүлүшүн сүрөткө түшүрүү. Кошумча караңыз: MUGA – сканерлөө.

## Б

**БИОПСИЯ (biopsy), биопсия** – кесилип алынган органдарды же ткандарды дарттын атын табуу максатында микроскоп аркылуу карап изилдөө.

## В

**ВОЗДЕЙСТВИЕ РЕНТГЕНОЛОГИЧЕСКОЕ (interventional radiology), рентгенологиялык таасир этүү** – диагностикалык жана терапевтикалык максаттарда радиологиялык таасирлерди колдонуу, алар түздөн түз рентгенологиялык байкоонун негизинде ишке ашырылат. Берилген ыкма операция мезгилинде колдонулат, ошондой эле бөйрөктөн таштыы алып салуу процессинде колдонулат.

**ВСКРЫТИЕ ТРУПА, НЕКРОПСИЯ (necropsy), өлүктү союу, некропсия** – өлүктү эмнеден өлгөн себебин аныктоо үчүн союп көрүү (караңыз: Аутопсия). Кошумча караңыз: Аутопсия, Некропсия (autopsy, necropsy, post mortem).

## Г

**ГЕМОГЛОБИНОМЕТР (haemoglobinometer), гемоглобинометр** – кандын составындагы гемоглобин курамын аныктай турчу прибор, анын саны аркылуу кандын кычкылтекти ташуу жөндөмдүүлүгү аныкталат.

**ГЕТЕРОТОПИЯ (heterotopia, heterotopy), гетеротопия** – ткандардын жана органдардын өз ордунан эмес, башка бир жерден орун алышы. Дененин башка бир кутүлбөгөн жеринен кезигип калышы.

**ГИСТЕРОСАЛЬПИНГОСОНОГРАФИЯ (hysterosalpingosonography), гистеросальпингосонография** – фаллопий түтүктөрдү ултра түйүндүү нурлардын жардамы менен визуалдык изилдөө. Кошумча караңыз: Кын аркылуу ультрасонография.

## З

**ЗАМОРАЖИВАНИЕ – ТРАВЛЕНИЕ (freeze etching), тоңдуруу – ойдуруу** – үлгүлөрдү электрондук микроскопия усулу аркылуу изилдөө үчүн даярдоо. Алгач ткань тоңдурулуп, андан соң өз-өзүнчө катмарларга бөлүнөт да, изилдөөгө алына турган катмар муздан арылтырат.

**ЗОНД ТОНКИЙ (stilet, stylet, stylus), ичке зонд** – 1. Ичке зонд. 2. Адамдын денесиндеги кайсы - бир канал аркылуу катетерди өткөрүү мезгилиндеги анын үйкемдүү болбошу үчүн катетердин ачык жерине киргизилген ийне (мисалы, сийдик чыгаруучу канал аркылуу).

**ЗОНДИРОВАНИЕ (sound), зонддоо** – зонд куралы аркылуу кобулдун ичинде, узундугунун ичинде эмнелер бар экендигин изилдөө.

## И

**ИЗОБРАЖЕНИЕ РЕНТГЕНОВСКОЕ (radiograph), рентгендик көрүнүш (сүрөт)** – рентгендик нурдануунун таасиринен пленкага түшүрүлгөн көрүнүш; рентгенограмма. Караңыз: Рентгенография.

**ИЗУЧЕНИЕ ПЕРЕКРЕСТНОЕ (cross-over trial), кайчылаш изилдөөгө алуу** – караңыз: Интервенциондук изилдөө.

**ИНДИКАТОР (tracer), индикатор** – организмге куюла турчу зат. Бул заттын жылып жүрүүсү боюнча организмде болуп жаткан зат алмашуу процесси туурасында кеп кылууга болот. Мисалы, рентгендик нурданууну чыгара турчу радиоактивдүү индикаторлор сцинтиграмма тарабынан же гаммакамералардын жардамы аркылуу аныкталуусу мүмкүн. Алар калкан сымал бездерде кездешүүчү ар кыл ооруларды аныктоодо кеңири колдонулат. Мындан сырткары, алар баш мээдеги шишикти табу үчүн да пайдаланылат.

## К

**КАРДИОЛОГИЯ ЯДЕРНАЯ (nuclear cardiology), ядердик кардиология** – жүрөк ооруларынын диагностикасы жана изилдөөсү, кан тамырына радионуклидди киргизип, ал болсо гамма-нурларын чыгарат да гамма-камера менен компьютерде жүрөктүн сүрөтүн көрүүгө мүмкүндүк берет. Караңыз: MUGA – сканерлөө, Таллийдик сканерлөө.

**КАРДИОТОКОГРАФИЯ (cardiotocography), кардиотокография** – түйүлдүктүн жүрөгүнүн жыйрылуусунун ритмин жана ылдамдыгын өлчөөчү электорондук мониторинг, ал тышкы микрофон же атайын датчик аркылуу аткарылат.

**КАССЕТА (cassette), кассета** – (рентгенографияда) жука жарык өткөрбөөчү кутуча, ага рентгендик пленка киргизилет. Кассета адатта атайын экранды камтыйт, ал болсо рентгендик нурлануунун таасири астында флюоресцацияланып, сүрөттөлүштү күчөтүп көрсөтөт.

**КАТ (CAT), КАТ** – компьютердик аксиалдык томография. Азыркы учурда жөн эле КТ - компьютердик томография деп аташат.

**КЕРАТОМ (keratome), кератом** – аспап, ал көздүн тунук тунук челин кесүү үчүн колдонулат.

**КЕРАТОМЕТР (keratometer), ОФТАЛЬМОМЕТР (ophthalmometer), кератометр, офтальмометр** – көздүн тунук челинин кыйшайуу радиусун өлчөө үчүн колдонулат. – Кератометрия (keratometry).

**КЕРАТОСКОП (keratoscope), ДИСК ПЛАЦИДО (Placido's disc), кератоскоп, плацидо диски** – көздүн тунук челинин аномалдыгын аныктоочу аспап. Заманбап кератоскоптор көз челинин сыртындагы контурдук картасын чыгарууга мүмкүндүк берет.

**КСЕРОРАДИОГРАФИЯ (xeroradiography), ксерорадиография** – рентгенографиянын ыкмасы, мында рентгендик сүрөттөлүш фото кагазда чагылдырылат. Бул ыкма эмчек безинин рагын аныктоодо колдонулат (ксеромаммография (xeromammography)).

**КСИЛОЗА (xylose), ксилоза** – кант – пентоза (б.а. бул кошундунун курамына көмүртектин беш атому кирет); углеводдордун өз ара айлануу процесстеринде катышат. Диагностикада ичегилердин иштөөсүн изилдөөдө колдонулат.

**КУЛЬДОСКОП (culdoscope), кульдоскоп** – көндөйлүү аспап, ал линза жана лампочка менен камсыздалган; түздөн-түз жатынды, энелик тукум безин жана фаллопий түтүгүн кароодо колдонулат (кульдоскопия (culdoscopy)). Азыркы мезгилде анын ордун лапароскоп басты.

## Л

**ЛИМФАНГИОГРАФИЯ (lymphangiography), лимфангиография** – лимфа бездеринин жана лимфа түйүндөрүнүн аларга контрастык заттарды куйгандан кийинки рентгенологиялык изилдөөсү (караңыз: Ангиография).

## М

**МАКРОСКОПИЧЕСКИЙ (macroscopic), макроскопиялык** – көзгө абдан жакшы көрүнгөн. Салыштыруу үчүн: Микроскопиялык.

**МАНОМЕТР (manometer), манометр** – газда же суюктукта басымды өлчөөчү аспап. Кошумча караңыз: Сфигмоманометр.

**МАНОМЕТРИЯ (manometry), манометрия** – адамдын денесиндеги болгон органдардын ички басымын өлчөө.

**МЕДИЦИНА (medicine), медицина** – 1. Ар кандай оорулардын дартын аныктоочу, дарылоочу жана алдын алуучу илим жана тажрыйба. 2. Оорулардын консервативдик (хирургиялык эмес) дарылоо методдорунун илимий тажрыйбасы.

**МЕТОД ГОМОРИ (Gomori's method), Гомори ыкмасы** – гистологиялык үлгүлөрдү боёоо ыкмасы, кээ бир ферменттерди аныктоо үчүн колдонулат, өзгөчө фосфатазалар жана липазалар.

**МЕТОД ДОППЛЕРА (Doppler technique), Допплер ыкмасы** – диагностикалык ыкма, мында түрдүү калыңдыктагы ткандардан чыгуучу, ультраүндүү толкундардын жыштыгынын өзгөрүүсүнүн негизинде аныкталат. Бул ыкма шишиктерди аныктоодо кеңири таралган жана ошондой эле жүрөктүн функциясын жана перифириялык артериялардын кан агымын изилдөөдө колдонулат (караңыз: Эхокардиография).

**МЕТОД ЛОВСЕТА (Lovset's manoeuvre), Ловсет ыкмасы** – бул ыкма бала жатында жатканда денесин буруу же тракциялоо ыкмасы. Мында бала көтөнү менен жатып калганда, төрөт мезгилин жеңилдетүү үчүн бул ыкма колдонулат.

**МИКРОГРАФ (micrograph), ФОТОМИКРОГРАФ (photomicrograph), микрограф, фотомикрограф** – бир нерсенин көрүнүшүн микроскоптун жардамы менен фотосүрөт аркылуу байкоо. Электрондук микрограф (electron micrograph) мезгилинде, электрондук микроскопто байкалуучу нерсенин сүрөттөлүшүнүн алынган фотосүрөтү болот, ал эми жарыктандыруучу микрографта (light micrograph) – жарыктандыруучу микроскопко сүрөт түшүрүлөт.

**МИКРОДУКТЭКТОМИЯ (microdochectomy), микродуктэктомия** – сүт жолдоруна өткөрүлүүчү диагностикалык операция, аялдарда эмчек шишигин аныктоо (же аны жокко чыгаруу) максатында жасалат.

## О

**ОБСЛЕДОВАНИЕ КОНТРОЛЬНОЕ СЛУЧАЙНОЕ (randomized controlled trial), капыскы контролдук текшерүү** – караңыз: Интервенционалдык окуу.

**ОНКОМЕТР (oncometer), онкометр** – кол же буттун кайсы бир бөлүгүндө айланып жүргөн кан көлөмүн өлчөй турган прибор. Караңыз: Плетизмография.

**ОСТЕОПАТИЯ (osteopathy), остеопатия** – сөөктүн жалпы эле оорусу. Дарттын /диагностикалоо системасы жана дарылоосу, сөөк-булчуң системасынын бузулушунан пайда болот. Бул дарттардын диагностикасы жана дарылоосу (пальпацияны), манипуляцияны жана массаж жасоону камтыйт. – Остеопат (osteopath). – Остеопатикалык (osteopathic).

## П

**ПАЛЬПАЦИЯ (palpation), пальпация** – дененин, органдын, тамырдын кагышын, шишикти кармалап көрүү (ал катуу же кистоздук) (караңыз: Флюктуация). Пальпациянын

жардамы менен жатында жаткан баланын абалын аныктаса болот (караңыз: Баллотиризациялоо).

**ПЕКТОРИЛОКВИЯ (pectoriloquy), пекториловкия** – көкүрөгү, көөдөнү менен сүйлөө. Адамдын көкүрөк клеткасынын капталы аркылуу үнүнүн аномалдык угулушу, бул үндөр стетоскоп аркылуу жакшы даана угулат. Шыбыроо (шыбыроонун пекторилоквиясы (whispering pectoriloquy)) көпчүлүк мезгилде пневмония менен ооруган орулуулардын өпкөсүнүн астынан угулат.

**ПРОБА ГИФА (Heaf test), Гиф пробасы** – тери пробасы, кургак учукка иммунитети барбы же жокпу экендигин аныктайт.

**ПРОБА ФРЕЯ (Frei test), Фрей пробасы** – сейрек колдонулуучу тест, ал орулууда венерикалык лимфогранулеманы аныктоо үчүн колдонулат.

**ПРОВАЛ АУСКУЛЬТАТИВНЫЙ (Auscultatory Gap), аускультативдик ажырым** – унчукпоо зонасы – кырдаал, бул убакта стетоскоп аркылуу угулган үндөр, артериянын алдында орун алган жана накта систоликалык басымды көрсөтүп турат, жок болуп кетип кайра пайда болгондугу бул басымдын төмөндүгүн, диастоликалык басымды көрсөтүп турат.

**ПРОЕКЦИЯ ВАТЕРСА (Waters projection), Ватерс проекциясы** – баш сөөктүн арткы алдынкы абалындагы рентгенограммасы, ал үстүнкү жаактын, үстүнкү жаактын көңдөйчөлөрүн жана жаак сөөктөрдү изилдөөгө көмөк болот.

**ПРОЕКЦИЯ ТАУНЕ (Towne's projection), Тауне проекциясы** – баш сөөктүн арткы – алдынкы рентгенограммасы, ал баш сөөктүн баарын жана алдынкы жаактын сүрөттөлүшүн алууга мүмкүндүк берет.

**ПРОКТОСКОП (proctoscope), проктоскоп** – атайын аспап, электр лампасы менен жабдылган, анын жардамы менен доктур көтөн чучугунун ылдыйкы бөлүгүн визуалдык түрдө карай алат. – Проктоскопия (proctoscopy).

**ПУЛЬСАЦИЯ ТРАХЕИ (tracheal tugging), трахеянын пульсациясы** – аорта догосунун аневризмасы.

**ПУНКЦИЯ ПЕРИКАРДА (pericardiocentesis), перикарданын пункциясы** – перикардада топтолгон суюктукту перикардага ийне сайып алып салуу. Бул процедура атайын ийненин жардамы аркылуу аткарылат. Караңыз: Перикардит, Гидроперикард.

**ПУНКЦИЯ ПОЯСНИЧНАЯ (lumbar puncture), бел пункциясы** – жүлүн ичиндеги суюктукту алуу процедурасы. Мындай жол менен алынган суюктук, орулуунун диагнозун аныктоого жана тактоого жардам берет. Кошумча караңыз: Квеккенштедттин тести.

**ПУНКЦИЯ, ПРОКОЛ (puncture), пункция, тешүү** – 1. Ийне сайып, дененин көңдөйлөрүнүн ичиндеги суюктуктарды түтүк аркылуу сордуруу. Диагностикалык максаты бул ткандын үлгүсүн же суюктукту алуу жана аларды андан ары изилдөө. Кошумча караңыз: Бел пункциясы. 2. Тканды кайсы бир учтуу инструмент менен тешүү.

## Р

**РЕЗОНАНС ЯДЕРНО-МАГНИТНЫЙ (magnetic resonance imaging (MRI)), ядердик-магниттик резонанс** – жогорку тездиктеги радионурлануудагы ядролук молекулаларды сиңирүү жана өткөрүү, бул аларды күчтүү магниттик талаага жайгаштырганда байкалат (караңыз: Ядердүү магниттик резонанс).

**РЕЗОНАНС ЯДЕРНЫЙ МАГНИТНЫЙ (nuclear magnetic resonance, NMR), ядердүү магниттик резонанс** – кубаттуу магниттик талаага жайгаштырууда молекулалардын огу тарабынан жогорку жыштыктагы радионурдануулардын сиңирилиши жана берилиши. Аталган эффект ар бир молекула ичиндеги көп сандаган водороддук ядролор чогулган жерлерде пайда болот жана ар кыл биологиялык материалдарды анализдөө процессин-

де пайдаланылат. Караңыз: Ядердик-магниттик резонанс, Магниттик-резонанстык спектроскопия.

## С

**СИНОПТОФОР (synoptophore), АМБЛИОСКОП (amblyoscope), ОРТОПТОСКОП (orthoptoscope), синоптофор, амблиоскоп, ортоптоскоп** – көздүн кыйшык болуп калышынан, көздүн көрүү жөндөмдүүлүгүн аныктоочу жана аны дарылоочу аспап.

**СКАНИРОВАНИЕ ТАЛЛИЕВОЕ (thallium scan), таллийдик сканерлөө** – таллий-201 радиоизотоптун жардамы менен миокарддын ишемиясын диагностикалоо жана миокардада кан агымын изилдөө ыкмасы.

**СКОТОМЕТР (scotometer), скотометр** – көрүү талаасындагы дефектини аныктоочу аспап. Кошумча караңыз: Кампиметрия, Периметр.

**СКРИНИНГ-ТЕСТ (screening test), скрининг-тест** – кайсы бир ооруга тез алдыра турган адамдарды табуу максатында адамдар тобун изилдөөгө алуу үчүн колдонула турчу жөнөкөй диагностикалык тест. Мындай скрининг-тестке үлгү катары Гатри пробасын жана цервикалдык мазокту мисалы катары көрсөтүүгө болот. Кошумча караңыз: Генетикалык скрининг.

## Т

**ТОМОГРАФИЯ КОМПЬЮТЕРНАЯ (computerized tomography, CT), компьютердик томография** – диагностикалык рентгенологиянын багыты, дененин жумшак ткандарын изилдөө үчүн жүргүзүлөт. Мисалы, компьютердик томографиянын жардамы менен баш мээдеги паталогиялык өзгөрүүлөрдү (шишик, абсцесс, гематома) байкаса болот. Кошумча караңыз: Томография. Салыштыруу үчүн: Позитронндук эмиссионндук томография (ПЭТ).

## У

**УЛЬТРАЗВУК (ultrasound), ВОЛНЫ УЛЬТРАЗВУКОВЫЕ (ultrasonic waves), ультраүн, ультраүндүү толкундар** – адам кулагы ажырата алгыс, өтө жогорку жыштыктагы үн толкундары (20 000 Гц жогору). Ультраүн өз кезегинде адам денесинин ар кыл структураларын изилдеп чыгуу үчүн колдонулат. Бирок мында адам терс рентгендик нурлануугa дуушар болбойт; мындан тышкары ультра үндүн жардамы менен рентгенологиялык ыкмада көрүнбөгөн структураларды көрсө болот (караңыз: Ультрасонография). Кошумча караңыз: Эхография.

**УЛЬТРАСОНОГРАФИЯ (ultrasonography), ультрасонография** – дененин тереңинде жайгашкан структуралардын сүрөтүн алуу үчүн жыштыгы, болжол менен 30 000 Гц ультраүндү пайдалануу. Изилденүүчү бетке атайын датчиктин жардамы менен ультраүндүү нур багытталат, ал ич көңдөйүндөгү органдарды изилдөө үчүн колдонулат (салыштыруу үчүн: Кын аркылуу өтүүчү ультрасонография).

**УЛЬТРАСОНОГРАФИЯ ЧРЕЗВЛАГАЛИЩНАЯ (transvaginal ultrasonography), кын аркылуу өтүүчү ультрасонография** – кын аркылуу өтүүчү зонд аркылуу аткарылуучу ультрасонография, ал ич көңдөйүндөгү органдарды изилдөө процессинде колдонулат.

## Ф

**ФЕТОСКОПИЯ (fetoscopy), фетоскопия** – төрөттүн алдында түйүлдүктү изилдөө, ал атайын булалуу – оптикалык фетоскоп (fetoscope) деп аталуучу аспапты жатын көңдөйүнө киргизүү менен аткарылат.

**ФЛЕБОГРАФИЯ (phlebography), флебография** – вена тамырына нур өтпөс зат куюп, аны рентген нуру аркылуу сүрөткө түшүрүү (караңыз: Венография).

**ФЛЕБОЛИТ (phlebolith), флеболит** – адамдын вена тамырына таш окшош катуу нерсе пайда болуу. Анын себепкери веналык тромбдо кальцийдин пайда болушу болуп саналат.

**ФОНОКАРДИОГРАММА (phonocardiogram), фонокардиограмма** – караңыз: Электрокардиофонография. – Фонокардиография (phonocardiography).

## Ц

**ЦЕФАЛОМЕТРИЯ (cephalometry), цефалометрия** – узунан кеткен стандарттык рентгенограммалардын жардамы аркасында баш сөөктөрүнүн өсүү ылдамдыгын изилдөө. Көбүнчө диагностикалык иш - аракеттерди өткөрүү үчүн ортодонтияда пайдаланылат.

**ЦИТОЛОГИЯ ТОНКОИГОЛЬНАЯ АСПИРАЦИОННАЯ (fine-needle aspiration cytology (FNAC)), аспирациондук ичке ийнелик цитология** – ткандын үлгүсүн цитологиялык изилдөө ыкмасы, ал ичке ийненин аспирациясынын жардамы менен алынат. Бул шишик клеткаларынын жана кистанын клеткаларын анализ өткөрүүгө жардам берет. Караңыз: Аспирациондук цитология.

## Э

**ЭНЦЕФАЛОГРАФИЯ (encephalography), энцефалография** – баш мээ түзүлүшүн же мээ клеткаларынын активдүүлүгүн каттоого алуу ыкмаларынын бири. Энцефалографиянын мисалы катары: эхоэнцефалография, электроэнцефалография жана пневмоэнцефалография.

**ЭХОЭНЦЕФАЛОГРАФИЯ (echoencephalography), эхоэнцефалография** – ультра үндүү толкунардын жардамы менен баш сөөк ичиндеги паталогияны аныктоо. Азыркы учурда бул компьютердик томорграфия (КТ) жана ядердик - магниттик резонанс (ЯМР) менен алмаштырылган.

# ИММУНОЛОГИЯ



## А

**АВИТАМИНОЗ (avitaminosis), авитаминоз** – организмде витаминдин жетишсиздиги; витаминдердин жетишсиздиктен пайда болгон оорулар. Кошумча караңыз: Жетишсиздик оорусу.

**АГГЛЮТИНИН (agglutinin), агглютинин** – кандын суюктугунда пайда болгон эритроциттердин чапталып калышына себепкер болуучу атайын бөтөн денелер.

**АДЕНИТ (adenitis), аденит** – лимфа безинин түйүндөрүнүн сезгениши. Мисалы, цервикалдык аденитте (cervical adenitis) моюн аймагындагы көбүнчө лимфа түйүндөрү жабыркайт (мурун алар лимфа бездери деп аталышчу).

**АДЕНОЗ (adenosis), аденоз** – 1. Без көлөмүнүн эбегейсиз чоңоюп кетүүсү. 2. Бездердин жана безге окшош ткандардын, айрыкча лимфа түйүнүнүн сезгениши.

**АДЕНОИДЫ (adenoids), МИНДАЛИНЫ ГЛОТОЧНЫЕ (nasopharyngeal tonsil), аденоиддер, кулкундук бадам сымал бездер** – лимфа ткандарынын алкымда жана кокодо көбөйүп кетүүсү. Мурун менен дем алууну кыйындатып, кулактагы евстахий түтүкчөсүнөн абанын өтүүсүн начарлатып, кулактын сезгенишине алып келет.

**АКДС-ВАКЦИНА (DPT vaccine), АКДС-вакцинасы** – кептөөргө, көк жөтөлгө, столбнякка каршы комбинацияланган вакцина, ал бул бактериялардын токсиддеринен жана башка бөтөн гендерден жасалат.

**АЛЛЕРГЕН (allergen), аллерген** – аллергия жаратуучу антигендер. Организмге киргенде, адамды өтө кыйын реакцияга дуушар кылуучу зат. Аллергендер ар түрдүү болуу менен адам денесиндеги ар кыл ткань жана органдарга ар түрдүүчө таасир этүүсү мүмкүн. – Аллергенндик (allergenic).

**АЛЛЕРГИЯ (allergy), аллергия** – адам организминин айрым бир антигендерге (аллергендерге) карата болгон жогорку сезимталдуулугу. Адамдын айлана чөйрөнүн таасирин өтө сезгичтик менен кабыл алуусу. – Аллергиялык (allergic).

**АНТИВЕНИН (antivenene, antivenin), антивенин** – курамында жылан, жөргөмүш жана чаяндын уусуна каршы бөтөн денелер бар иммундук сыворотка.

**АНТИГЕН (antigen), бөтөн ген** – организм үчүн бөтөн денелердин пайда болушуна көмөктөшүүчү зат. – Бөтөн генндик (antigenic).

**АНТИГЕНЫ КЕЛЛА (Kells antigens), Келл бөтөн гендери** – адамда болуучу кандын тобун түзүүчү, эритроциттердин үстүндө болуучу же болбоочу бөтөн гендер.

**АНТИТЕЛО (antibody), бөтөн дене** – өзгөчө антигенге каршы лимфоиддүү ткань тарабынан бөлүнүп чыккан кан белогу. Кан плазмасында айлануу менен антигенди коопсуздандырат. Антигенге каршы бөлүнүп чыгуучу бөтөн денелер, организмдеги бактерияларга жараша ар түрдүү болушат. Химиялык көз караштан алып караганда бөтөн дене – бул глобулярдык белоктор (иммуноглобулиндер), (караңыз: Иммуноглобулин).

**АНТИТЕЛО МОНОКЛОНАЛЬНОЕ (monoclonal antibody), моноклоналдык бөтөн дене** – клеткалык клондон жасалма түрдө алынган бөтөн дене, ошондуктан иммуноглобулиндин бир эле тибин камтыйт.

**АНТИТОКСИН (antitoxin), антитоксин** – оору жуктургуч бактериялар тарабынан пайда болушкан токсиндерге каршы бөлүнүп чыгуучу бөтөн дене.

**АНТИТОКСИН, АНТИТЕЛО ТОКСИННЕЙТРАЛИЗУЮЩЕЕ (immunotoxin), антитоксин, токсинндерди жок кылуучу бөтөн денелер** – дарылык заттардын жаңы тобунун бир өкүлү, лейкемияны дарылоо үчүн колдонулат.

**АУТОАНТИТЕЛО (auto-antibody), аутобөтөн дене** – аутоиммундук оору учурунда организмде өздүк структурага каршы жаралуучу бөтөн дене.

**АУТОВАКЦИНА (autovaccine), ВАКЦИНА АУТОИММУННАЯ (autogenous vaccine), аутовакцина, аутоимунндук вакцина** – аутоимунндук вакцина, орулуу индивидуумдан бөлүнүп чыккан жана даярдалган вакцина, алардын культивациясы жана жок кылынышы үчүн жасалат.

**АУТОВАКЦИНАЦИЯ (autovaccination), аутовакцинациялоо** – вакцинация процессинде аутовакцинаны колдонуу.

## Б

**БЛЯШКИ ПЕЙЕРОВЫ, БЛЯШКИ ЛИМФОИДНЫЕ (Peyer's patches), Пейер өрүлмөлөрү, лимфоиддик өрүлмөлөр** – лимфоиддик ткандардын сүйрү түйүндүү топтолушу, алар ичке ичегинин негизиндеги былжырлуу негизде жана былжырлуу челде орун алат.

**БОЛЕЗНЬ ГРЕЙВСА (Graves's disease), ЗОБ ЭКЗОФТАЛЬМИЧЕСКИЙ, ЗОБ ДИФФУЗНЫЙ ТИРЕОТОКСИЧЕСКИЙ (exophthalmic goitre), Грейвс оорусу, экзофтальмикалык богок, диффуздук тиреотоксикалык богок** – караңыз: Тиреотоксикоз.

**БОЛЕЗНЬ СЫВОРОТОЧНАЯ (serum sickness), сыворотка оорусу** – бул оорудагы реакция адатта 7–12 күндөн кийин организмге башка сыворатканы куйгандан кийин (мисалы аттын сывораткасын, ал столбнякка каршы колдонулуучу инъекция) пайда болот. Сыворотка оорусунун сипмтомдоруна: бүдүр-бүдүр болуп чыккан темгилдер, температуранын жогорулашы, муун оорусу жана лимфалык түйүндөрдүн чоңоюшу байкалат. Реакция канда спецификалык антигендердин пайда болуу мезгилинде, организм аларга каршы антителолорду бөлүп чыгарып, андыктан сыворотка оорусу жай гиперсезгенүүчүлүктүн бир формасы катары өтөт.

**БОЛЕЗНЬ ХОДЖКИНА (Hodgkin's disease), Ходжкин оорусу** – лимфалык ткандарды жабыркоочу коркунуч туудурган шишик. Адатта бир же бир нече лимфалык, лимфа бездеринин ооруп чоңоюшу менен моюндагы, колтуктуктун астындагы, чап көңдөйүндөгү тараптарда орун алат. Ошондой эле оору көк боорду, боорду, жиликтин чучугун жана сөөктү жабыркайт. Андан тышкары оорулууда арыктоо, калтыратма, түнкү маалда катуу тердөө жана денесинин кытышуусу байкалат. Бул ооруну дарылоо өнүгүү даражасына ылайык хирургиялык дарылоону, нур терапиясы менен медикаментоздук терапияны камтыйт.

## В

**ВАКЦИНА (vaccine), вакцина** – организмдеги өздүк бөтөн денелердин иштелип чыгуусун бир калыпта кармоо, ошондой эле ар кыл оору жана оору тобуна каршы иммунитетти жаратуу үчүн антигендик материалдардан жасалуучу атайын дары. Вакциналардын көпчүлүгү өз зыяндуулугун жоготуп, бирок ошол эле учурда бөтөн гендик жаратылышын сактап кала турган атайын шарттарда өстүрүлөт. Караңыз: Иммунизация.

**ВАКЦИНА АУТОГЕННАЯ (autogenous vaccine), аутогенндик вакцина** – караңыз: Аутовакцина.

**ВАКЦИНА САБИНА (Sabin vaccine), Сабиндин вакцинасы** – полиомиелитке каршы вакцина, ал атайын шарттарда, вирусту чоңойтуу жолу менен жасалат.

**ВАКЦИНА СОЛКА (Salk vaccine), Солктун вакцинасы** – америкалык иммунолог, полиомиелит, шал оорусу менен оорубас үчүн эмделүүчү вакцина. Бул вакцина полиомиелитке каршы, ал формалин кошулмасынын кайра иштеткендигинен алынат; мындай иштеткендик адамда дарттын өрчүшүн жана вирусту басаңдатат, бирок мында вирустун организмде бөтөн денелерди пайда кылууну стимулдаштыруу жөндөмдүүлүгү сакталат.

**ВАКЦИНА ТИФОЗНО-ПАРАТИФОЗНАЯ АВ (TAB vaccine), АВ безгектик-парабезгектик вакцина** – биргелешкен вакцина, ал адамда келте безгегине каршы иммунитетти жаратуу үчүн, ошондой эле А жана В паракелтеге каршы колдонулат.

**ВАКЦИНАЦИЯ (vaccination), вакцинация** – жугуштуу ооруларды жугузбоого, организмди чыңдоо үчүн вакцина куюу, эмдөө.

**ВАКЦИНИЯ (vaccinia), вакциния** – караңыз: Уй чечеги.

**ВАКЦИНОИДНЫЙ (vaccinoid), вакциноиддик** – локалдык инфекцияны элестетүүчү, уй чечегине каршы вакцинаны куюуудан пайда болот.

**ВОЛЧАНКА КРАСНАЯ (lupus erythematosus (LE)), кызыл бөрү жатыш** – тери жара ар кыл ички органдардын жабыркашына алып келе турган бириктирүүчү ткандын кайталанма сезгенүү оорусу. Мында тери жана ар кандай ички органдар жабыркайт (системалуу кызыл бөрү жатыш (systemic LE, SLE)). Оорунун негизги симптомдору болуп бете (негизинен мурун жана жаак эттеринде) кызыл кабырчыктуу, бүдүрөйгөн майда жаралардын пайда болуусу, артрит жана бөйрөктөрдүн жабыркашы саналат. Көпчүлүк учурда оорулунун жүрөк булчуңдары, өпкө жана баш мээси сезгенет. Мунун өзү ошол ооруган жерде тырыкчасы бар ткандын пайда болушуна алып келет (фиброз).

**ВОЛЧАНКА КРАСНАЯ ДИСКОИДНАЯ (discoid lupus erythematosus (DLE)), Дискоиддик кызыл бөрү жатыш** – караңыз: Кызыл бөрү жатыш.

## Г

**ГИПЕРЧУВСТВИТЕЛЬНЫЙ (hypersensitive), өтө сезгичтүү** – кайсы бир белгилүү болгон бөтөн генге аномалдык түрдө өтө жогору сезгичтик, ал ар кандай реакциялардын өрчүшүнүн себеби болушу мүмкүн, сывороткалык оорудан башталып аллергия менен (мисалы, сенна безгеги формасында болушу мүмкүн), же анафилактикалык (караңыз: Анафилаксия). Кошумча караңыз: Аллергия, Иммунитет. – Өтө сезгичтик (hypersensitivity).

**ГРАНУЛЕМАТОЗ (granulomatosis), гранулематоз** – дененин ар кайсы жериндеги кээ бир оорулардан кийинки пайда болгон майда берчтер. Кошумча караңыз: Вегенердин гранулематозу.

**ГРАНУЛЕМАТОЗ ВЕГЕНЕРА (Wegener's granulomatosis), Вегенердин гранулематозу** – түйүндүү периартрииттин өтө оор шишик формасы; аутоиммундук дарт, көпчүлүк мезгилде мурун көңдөйү, өпкө жана бөйрөктөр жабыркайт; артриттен башка дагы бул жерлерде мүнөздүү гранулемалар пайда болуп, ириң – некротикалык ринит, синусит, өнөкөт отит, бронхит пайда болот.

**ГРАНУЛОЦИТ (granulocyte), гранулоцит** – ак кан денечелеринин, лейкоциттердин ичинде майда чекиттери, урукчалары.

**ГРАНУЛОЦИТОПЕНИЯ (granulocytopenia), гранулоцитопения** – канда майда чекитүү гранулоциттердин (лейкоциттердин түрлөрү) азайышы. Караңыз: Нейтропения.

## И

**ИЗОАГГЛЮТИНИН (isoagglutinin), ИЗОГЕМАГГЛЮТИНИН (isohaemagglutinin), изоагглютинин, изогемагглютинин** – бөтөн денелердин бири, эритроциттердин түрдүү топторун агглютинацияга алып келген жана плазмада пайда болгон.

**ИЗОАГГЛЮТИНОГЕН (isoagglutinogen), изоагглютиноген** – бөтөн гендердин бири, эритроциттердин үстүндө пайда болот. Ал кандагы плазмада болгон изоагглютиноген менен кол салынат, бул болсо эритроциттердин агглютинациясына алып келет.

**ИЗОАНТИТЕЛО (isoantibody), изобөтөн дене** – индивидуумда бөтөн түрдөгү ткан компоненттеринин пайда болушуна каршы табигый түрдө жаралуучу антитело.

**ИЗОИММУНИЗАЦИЯ (isoimmunization), изоиммунизация** – организмде бөтөн денечелердин (изобөтөн денелердин (isoantibodies)) өрчүшү.

**ИММУНИЗАЦИЯ (immunization), иммунизация** – организмдин күчүн күчөтүп, ооруну кабыл албагыдай кылып эмдөө.

**ИММУНИТЕТ (immunity), иммунитет** – организм оорутуучу микробдордуу кабыл албоочулугу. Анын жуккан микробдорго каршы күрөшүүшүнүн күчтүүлүгү. Кошумча караңыз: Иммунндук реакция.

**ИММУННЫЙ (immune), иммундук** – инфекция пайда кыла турчу микроорганизмдерге каршы атайы антителдерге ээ болу менен кайсы бир инфекциялык оору карата туруштук берип кете ала турган организм. Караңыз: Иммунитет.

**ИММУНОЛОГИЧЕСКИ «СКОМПРОМЕТИРОВАННЫЙ» (immunocompromised), иммунологиялык жактан «компроментацияланган»** – берилген термин иммунопрессиянын кесепетинен иммундук реакциясынын бузулушу же иммундук төмөндөө менен болгон бейтаптарды сүрөттөөдө колдонулат.

**ИММУНОЛОГИЯ (immunology), иммунология** – иммунитет, ошондой эле организмдин коргоочу механизмдеринин аткарган кызматы менен байланышкан кубулуштарды окуп үйрөтүүчү илим. – Иммунологиялык (immunological).

**ИММУНОСУПРЕССИЯ (immunosuppression), иммуносупрессия** – кайсы бир оорунун (мисалы, СПИДдин) кесепетинен улам же айрым бир дары каражаттарын (мисалы, стероиддердин, азатиоприндин, А циклоспориндин) колдонуунун натыйжасында иммундук реакциялардын басаңдашы.

**ИММУНОТЕРАПИЯ (immunotherapy), иммунотерапия** – иммундук реакциянын жүрүшүн өзгөртүп коюу мүмкүнчүлүгүнө ээ дары каражаттарынын жардамы аркылуу, ооруну дарылоого алуу же биротоло токтотуу. Рак оорууларын дарылоо процессинде иммунотерапияны колдонуп көрүү менен байланышкан көптөгөн эксперименталдык изилдөөлөр бар экендиги белгилүү. Караңыз: Биологиялык жооптун модификатору.

**ИММУНОТРАНСФУЗИЯ (immunotransfusion), иммунотрансфузия** – иммундук сыворотканын трансфузиясы; кайсы бир оруну дарылоо же кайсы бир ооруга карата убактылуу иммунитетти жаратуу үчүн жүргүзүлөт.

**ИНЕРТНОСТЬ (inertia), инертүүлүк** – (физиологияда) булчуңдардын алсыздыгы же кыймылдуулугунун жоктугу. Жатындын толук кандуу жыйрылбоосу (uterine inertia) төрөт убактысынын созулуп кетишине алып келет.

**ИСТОЩЕНИЕ (inanition), арыктоо** – канда тамак болуучу заттардын жетишпегендиги менен коштолгон арыктоо. Тамак ичпегендиктен, тамак аз жегендиктен жана ичегикарын оорууларынын кесепетинен арыктоо өрчүйт.

**ИСТОЩЕНИЕ ОБЩЕЕ (consumption), жалпы арыктоо** – бул дарт тез арыктоого, ткандардын дистофиясына, өзгөчө өпкө туберкулёзуна алып келет. – Арыктоочу (consumptive).

# К

**КАЛИЯ ПЕРМАНГАНАТ (potassium permanganate), калийдин перманганаты** – терилик антисептик катары жана жараттарды тазалоо, дезинфекциялоодо колдонулуучу калийдин тузу. Организмге уунун түшүшүндө былжырлуу челдерди кыжырдантат.

**КИСТА МЕЙБОМИЕВА (meibomian cyst), Мейбом кистасы** – караңыз: Халазион.

**КЛЕТКА АНТИГЕН-ПРЕДСТАВЛЯЮЩАЯ (antigen-presenting cell, APC), бөтөн ген-көрсөтүүчү клетка** – макрофаг, ал бөтөн генге андан аркы Т-лимфоциттер менен жеткирүү аркылуу таасир берет.

**КЛЕТКА КРОВИ КРАСНАЯ (red blood cell), кандын кызыл клеткасы** – караңыз: Эритроцит.

**КЛЕТКА-«УБИЙЦА» (killer cell), «өлтүргүч»-клеткасы** – караңыз: Лимфоцит, кадимки «өлтүргүч»-клетка.

**КЛЕТЧАТКА, ВОЛОКНА ПИЩЕВЫЕ (dietary fibre, roughage), клетчатка, азык булалары** – азыктын бир бөлүгү, ал сиңирилбейт жана абсорбацияланбайт, адам организминде энергияны бөлүп чыгаруу процессинде пайдаланылбайт. Азык булалары төрт түргө бөлүнөт: целлюлоза (cellulose), гемицеллюлозалар (hemicelluloses), лигниндер (lignins) жана пектиндер (pectins).

## Л

**ЛИМФАДЕНИТ (lymphadenitis), лимфаденит** – лимфа бездеринин сезгениши. Жабыркаган түйүндөр шишип, оору сезимин туудурат. Кээ бир кырдаалдарда дарт өнөкөт формага өтүп кетиши мүмкүн (мисалы, кургак учуктук лимфаденит).

**ЛИМФАНГИОМА, лимфангиома** – лимфа тамырлардан чыккан шишик (кистоздук гигрома (cystic hygroma)) ал моюн жана колтук көңдөйүнө чыгат.

**ЛИМФАНГИТ (lymphangitis), лимфангит** – лимфа тамырлардын сезгениши, мында стрептококктук инфекция менен теринин жабыркаган жеринин жанында мүнөздүү кызыл сызыктар пайда болот.

**ЛИМФАНГИЭКТАЗИЯ (lymphangiectasis), лимфангиэктазия** – лимфа тамырлардын дайыма кеңейиши; адатта ал тубаса болот жана дененин ар кандай аймактарынын жоонобюшуна алып келет (мисалы, Милрой оорусунда, буттун). Лимфангиэктазия лимфа тамырлардын өтүмдүүлүгүнүн бузулушу менен байланыштуу болушу мүмкүн. Караңыз: Лимфедема.

**ЛИМФАТИЧЕСКИЙ (lymphatic), лимфатикалык** – 1. Лимфатикалык тамыр. Караңыз: Лимфатикалык система. 2. Лимфага же организмге лимфаны таркатуучу лимфага тиешелүү.

**ЛИХОРАДКА СЕННАЯ (hay fever), сенна безгеги** – аллергиянын бир түрү, өсүмдүктөрдүн чаңдары организмге таасиринен пайда болот. Сенна безгегинин симптомдору: бат бат чүчкүрүү, мурундун бүтүшү жана көздөн жаш агуу. Медициналык аталышы: Аллергиялык ринит (allergic rhinitis).

## М

**МЕХАНИЗМ ЗАЩИТНЫЙ (defence mechanism), коргоо механизми** – организмде болуучу механизм, ал тышкы жагымсыз таасирлерден коргонууга жардам берет. Эгер мындай механизм бузулса фобия, кекечтенүү жана нерв былкылдоосуна алып келет.

**МИНДАЛИНА (tonsil), бадам сымал без** – лимфоиддик ткандын топтолушу, ал ооздун аймагында, тилдин, мурун жана алкымдын түбүндө орун алган. Аларга жарык таңдайлык жуп жана түтүктүү жана жуп эмес тилдик менен алкымдык бадам сымал бездер кирет. Алар организмди ар кандай инфекциялардан коргошот. Кошумча караңыз: Алкым бездер, Алкым бадам сымал бездер (adenoids, nasopharyngeal nonsil).

**МОНОЦИТ (monocyte), моноцит** – ак кан денечилердин – лейкоциттердин эң чоң клеткалуусу. Моноциттердин функциясы организмден бөтөн бөлүкчөлөрдү, бактерия жана өлүп калган ткандар сыяктууларды жоготуу (фагоцитоз). – Моноцитардык (monocytic).

## Н

**НЕДОМОГАНИЕ (malaise), кыңкыстоо** – жалпы дискомфорт сезими. Адамда кандайдыр бир оорудан же физикалык дискомфорттон сезилет.

**НЕДОМОГАНИЕ ОБЩЕЕ (febricula), жалпы ооруп калуу** – адам денесинде температуранын жогорулашы.

## О

**ОТТОРЖЕНИЕ (rejection), бөлүнүү** – (трансплантацияда) иммунологиялык реакция, ал донордон чапталган ткандын бузулушу ал болсо репициенттин тканы менен келишпестиктен пайда болот.

## П

**ПЕРЕОХЛАЖДЕНИЕ (pernio, perniosis), өтө муздатуу** – медициналык ат үшүк алган. Караңыз: Үшүк алуу.

**ПУЗЫРЧАТКА (pemphigus), ПУЗЫРЧАТКА ВУЛЬГАРНАЯ (pemphigus vulgaris), ыйлааакча, вульгардык ыйлаакча** – сейрек кездешүүчү бирок өтө оор аутоиммундук тери оорусу, ал теринин үстүндө ыйлаакчалардын пайда болушу менен мүнөздөлөт.

## Р

**РЕАГИН, АНТИТЕЛО АТОПИЧЕСКОЕ (reagin), реагин, атопикалык бөтөн дене** – бөтөн дененин түрү, аллергенге каршы организмде пайда болуучу жана клеткалык мембрана аркылуу өтүүчү жана ошондой эле организмдин клеткаларында калып калуу спецификалык өзгөчөлүктөрү бар. Реагиндер IgE классындагы иммуноглобулиндерге кирет.

**РЕАКЦИЯ АУТОИММУННАЯ (autoimmunity), аутоиммундук реакция** – адам организминдеги коргоочу механизмдердин бузулушу. Натыйжада, өздүк клетка жана ткандар чоочун тектин өкүлдөрү катары кабылданып, аларга каршы бөтөн денелер (ауто бөтөн денелер) иштелип чыгып, чабуулга өтүшөт. Караңыз: Аутоиммунндук оору, Иммунитет.

**РЕАКЦИЯ ИММУННАЯ, ОТВЕТ ИММУННЫЙ, иммундук реакция, иммундук жооп** – организмде кандайдыр бир бөтөн гендердин пайда болуусуна карата иммундук системанын жооп берүүсү. Иммундук реакциялардын эки түрү бар. В-лимфоциттер эркин бөтөн денелерди жаратышып, гуморалдык иммунитет (humoral immunity) үчүн жооп беришсе, Т-лимфоциттери клеткалык иммунитет (cell-mediated immunity) үчүн жооп беришет.

## С

**САРКОИДОЗ (sarcoidosis), саркоидоз** – адам денесинин көптөгөн бөлүктөрүндөгү лимфа түйүндөрүнүн чоңойуп кетишине, ал эми өпкө, боор жана көк боордо анча чоң эмес эттүү түйүндөрдүн пайда болушуна алып келүүчү белгисиз мүнөздөгү өнөкөт оору (караңыз: Гранулема). Адатта тери, нерв системасы, көз жана шилекей бездери жабыркайт (караңыз: Увеопаротит); көпчүлүк учурда оору кургак учук симптомдорун эске салат.

**СЕРОКОНВЕРСИЯ (seroconversion), сероконверсия** – кайсы бир бөтөн генге карата атайын бөтөн денелердин иштелип чыгуусу (мисалы, вакциналардын же вирустардын).

**СИСТЕМА ИММУННАЯ (immune system), иммундук система** – организмдеги иммунитет үчүн жооп берет турчу органдар жыйындысы. Иммундук системанын борбордук органдары болуп тимус жана сөөк чучугу саналат; перифериялык лимфоиддүү органдарга: лимфа түйүндөрү, көк боор, тамак сиңирүүчү, дем алуучу орган жана жыныстык – заара аппаратынын лимфоиддүү ткандары кирет.

**СКИН (SCID), скин** – биргелешкен күчтүү иммундук жетишсиздик. Караңыз: Аденозин дезаминазанын жетишсиздиги.

**СОВМЕСТИМОСТЬ (compatibility), дал келүүчүлүк** – организмдин коргоо системасы башка биологиялык материалдарынын кийлигишүүсүн көтөрүү даражасы. Кошумча караңыз: Гистокелишимдүүлүк, Иммунитет. – Келишимдүү (compatible).

**СОПРОТИВЛЯЕМОСТЬ, РЕЗИСТЕНТНОСТЬ (resistance), каршылык көрсөткүчтүк, резистенттүүлүк** – 1. Организмдин табияттык иммунитети. 2. Кайсы-бир оору же аны туудурган организм, антибиотиктерге же башка дарылык заттарга туруштук бере албаган даража.

**СТАТУС ЛИМФАТИЧЕСКИЙ (status lymphaticus), лимфатикалык статус** – тимустун чоңоюушу жана башка иммундук системадагы органдардын чоңоюусу.

**СЫВОРОТКА АНТИЛИМФОЦИТАРНАЯ (antilymphocyte serum, ALS), ГЛОБУЛИН АНТИЛИМФОЦИТАРНЫЙ (antilymphocyte globulin, ALG), антилимфоцитардык сары суу, антилимфоцитардык глобулин** – курамына лимфоцитардык активдүүлүктү басандатуучу антителолор кире турган иммундук сыворотка; жаныбарлардын лимфоциттеринен даярдалат.

**СЫВОРОТКА ИММУННАЯ, АНТИСЫВОРОТКА (antiserum,** көпч. **antisera), иммундук сыворотка, сары сууга каршы** – суюктук, курамында анык антигенндерге каршы антителолор бар. Бул суюктук айбандын канынан, табигый же жасалма түрдө алынып жугуштуу ооруга каршы колдонулат.

## Т

**ТИФА (АНАЛИЗ ТВЕРДОФАЗНЫЙ ИММУНОФЕРМЕНТНЫЙ) (enzyme-linked immunosorbent assay (ELISA)), тифа, (катууфазалык иммуноферменттик анализ)** – заттын санын жогорку эффективдүүлүк менен аныктоо ыкмасы. Бул анализдин жүрүшүндө антитело изилденген зат менен байланыштырып антителолордун так өлчөмүн аныктоого жардам берет.

**ТКАНЬ ЛИМФОИДНАЯ (lymphoid tissue), лимфоиддик ткань** – клеткаларды бөлүп чыгаруучу ткань, организмде коргоо реакциясын жүргүзөт – лимфоциттер жана плазматикалык клеткалар. Ал организмде көпчүлүк дискреттик пайда болуулар (мисалы, лимфа түйүндөр, бадам сымал бездер, богок бези жана көк боор), жана ошондой эле лимфоиддик ткандарга эч нерсе менен бөлүнбөгөн клеткалар тобуна кирет. Кошумча караңыз: Иммундук система.

## У

**УСЛОВНО-ПАТОГЕННЫЙ (opportunistic), шарттуу-патогендик** – термин иммундук системасы начарлап кеткен (мисалы, кайсы бир оору инфекциясын жуктуруп алуу же дары- дармектерди ичүүнүн натыйжасында) адамдарда жолуга турган ооруну сүрөттөп берүү үчүн колдонулат. Шарттуу – патогенндик инфекциялар, мисалы, пневмония, ал Pneumocystis carinii тибиндеги микроорганизмдер менен туудурулат, көпчүлүк мезгилде СПИД менен ооруган орулууларда кездешет.

## Ф

**ФИБРОНЕКТИН (fibronectin), фибронектин** – организмдин коргоочу реакциясын жүзөгө ашыра турган ири, клеткадан сырткары гликопротеин. Кан плазмасында ал фагоцитоздун, ал эми тери кыртышында белоктук байламталардын жаралышын күчөтөт.

**ФИКСАЦИЯ КОМПЛЕМЕНТА (complement fixation), комплементтин фиксациясы** – комплементти комплекс менен байланыштыруу, ал бөтөн дененин спецификалык антиген менен болгон реакциясынын мезгилинде пайда болот. Мындай реакциянын, мисалы, болуп Вассерман реакциясы кызмат аткара алат, ал сифилис оорусун диагностикалоого мүмкүндүк берет.

## Ц

**ЦЕНТОКСИН (centoxin), центоксин** – бактериалдык эндотоксиндердин таасирин нейтралдаштыруучу моноклоналдык бөтөн дене. Токсиндерди нейтралдаштыруу үчүн коркунучтуу бактериалдык инфекцияларды инъекциялоодо пайдаланылат.

## Э

**ЭНЕРВАЦИЯ (enervation), энервация** – 1. Алсыроо; күч жоготуу (неврастения, нервдик алсыроо). 2. Нервди хирургиялык жол менен алып салуу.

# ИНСТРУМЕНТАЛЬНАЯ ДИАГНОСТИКА



## А

**АБДОМИНОСКОПИЯ (abdominoscopy), абдоминоскопия** – ич көңдөйүндөгү органдардагы ооруну аныктоо үчүн карап, текшерип көрүү (караңыз: Лапароскопия).

**АЛГЕЗИМЕТР (algesimeter), алгезиметр** – теринин ар кандай дүүлүктүргүчтөргө болгон өзгөчө ооруга карата сезгичтигинин башталышын аныктоочу аспап.

**АМБЛИОСКОП (amblyoscope), ОРТОПТОСКОП (orthoptoscope), СИНОПТОФОР (synoptophore), амблиоскоп, ортоптоскоп, синоптофор** – көздүн кылый көздүүлүгүн аныктоочу аспап.

**АМНИОСКОПИЯ (amnioscopy), амниоскопия** – амниоскоптун (amnioscope) жардамы менен амниотикалык баштыкчадагы амниотикалык суюктукту изилдөө ыкмасы. Бул түйүлдүктүн өрчүшүн байкоого жардам берет.

**АМНИХУК (amnihook), амнихук** – амниотомияны аткаруу үчүн колдонулган чоң эмес илгич. Жатын моюну аркылуу киргизилет.

**АНОМАЛОСКОП (anomaloscope), аномалоскоп** – көздүн түстөрдү көрүү жөндөмдүүлүгүнүн бузулушунун ар түрлүү формасын аныктоочу аспап.

**АНТРОПОМЕТРИЯ (anthropometry), антропометрия** – адамдын денесин же анын кайсы бир бөлүгүнүн параметрлерин өлчөө. – Антропометрикалык (anthropometric).

**АППАРАТ ГОЛЬДЖИ (Golgi apparatus), Гольджи аппараты** – мембраналык цистерналардын, көбүкчө ыйлаакчалардын, түтүкчөлөрдүн, клеткадагы каптардын топтолушу, адатта эндоплазматикалык ретикул менен бириктирилген. Синтезделген азыктар Гольджи комплексинин элементтеринин жардамы аркылуу клеткадан чыгарылат. Мындан тышкары аларда полисахариддердин жана белоктук-углеводдук комплекстердин синтези болот.

**АППАРАТ «СЕРДЦЕ – ЛЕГКИЕ» (heart – lung machine), «жүрөк – өпкө» аппараты** – аппарат, ал операция мезгилинде жүрөктүн жана өпкөнүн функциясын алмаштырат.

**АППАРАТ СЛУХОВОЙ (hearing aid), угуу аппараты** – электрондук аспап, ал кулагы укпаган адамга үндөрдү айырмалоого жардам берет; угуу аппараты кичинекей үн алуучу жабдыкты, үн чоңойткучту же угуу аппаратынын жабдыгын камтыйт, же болбосо кулакка үн сигналын чоңойтуу үчүн атайын үн термелдеткичин камтыйт.

**АРТРОГРАФИЯ (arthrography), артрография** – муундарды рентгенологиялык изилдөө алуу. Рентгеноконтрасттык зат (рентген нурлары үчүн контрасттык негиздеги аба же суюктук) муун көңдөйүнө киргизилгенден кийин гана рентгенография иш-аракети жүргүзүлөт.

**АРТРОСКОП (arthroscope), артроскоп** – биопсия жүргүзүү же муундарга операция кылуудан мурда бир сыйра текшерип алуу үчүн муун көңдөйүнө киргизиле турган аспап.

**АУДИОГРАММА (audiogram), аудиограмма** – угуунун аудометрде изилдөөнүн графикалык жазылыштын жыйынтыктары.

**АУДИОМЕТР (audiometer), аудиометр** – түрдүү тездиктеги угуунун чегин аныктоочу аспап; адамда кулактын укпоосун аныктоодо колдонулат. – Аудиометрия (audiometry).

**АУТОРАДИОГРАФИЯ (autoradiography), РАДИОАУТОГРАФИЯ (radioautography), ауторадиография, радиоаутография** – изилденүүчү жаныбардын тканындагы радиоактивдүү индикаторду бөлүштүрүүнү аныктоочу ыкма.

**АУТОРЕФРАКТОР (autorefractor), аутcorreфрактор** – көз айнек үчүн линзаларды коррекциялап, аныктоо үчүн колдонулган аспап. Кошумча караңыз: Оптометр.

## Б

**БАЛЛИСТОКАРДИОГРАФ (ballistocardiograph), баллистокардиограф** – ар бир жүрөктүн жыйрылышындагы аортага кандын жүгүрүшү менен туудурулган кыймылды

жазып өлчөөчү аспап. Адатта мындай жазып өлчөө баллистокардиограмма (ballistocardiogram) деп аталат, ал жүрөктүн кээ бир дарттарын же аорталдык клапандын жабырканышын аныктоого жардам берет (караңыз: Аорталдык регургитация; Аортанын стенозу).

**БОЛЕЗНЬ ЛУЧЕВАЯ (radiation sickness), нур оорусу** – оору радиоактивдүү нурлардын организмге таасир этүүсүнөн пайда болот (мисалы, рентген же гамма нурлары). Нурдануунун таасири өтө жогору болуп, борбордук нерв системасы жабыр тарткан учурда адам бир нече сааттын ичинде өлүмгө дуушар болуусу мүмкүн. Ал эми аз өлчөмдөгү нурдануу болор замат кусуу жана ич өтүү өңдүү көрүнүштөрдү байкоого болот, бир жумадан кийин кансыроожана башка симптомдор келип кошулат. Бул сөөк чучугунун жабыркашынан кабар берет. Мындан тышкары чач түшүп, кан аралаш ич өтөт.

## В

**ВАГИНОСКОП (vaginoscope), вагиноскоп** – караңыз: Кольпоскоп.

**ВЕКТОРКАРДИОГРАФИЯ (vectorcardiography), векторкардиографиясы** – жүрөктүн иштешинен келип чыккан күчүн жана ал дененин кайсы жерине канчалык таралгандыгын электрондук нур түтүгү аркылуу жазып алуу (караңыз: Электрокардиография).

**ВЕНЕПУНКЦИЯ (venepuncture, venipuncture), венепункция** – тамырдын пункциясы, кандайдыр бир терапевтикалык максаттарда (мисалы, венадан анализге канды алыш үчүн) аткарылат же тамырдын ичине даары куюуу үчүн колдонулат. Кошумча караңыз: Флеботомия.

**ВЕНТРИКУЛОГРАФИЯ (ventriculography), вентрикулография** – мээнин карынчасына рентгендик контрастык затты куйгандан кийин же ага аба толтургандан кийин мээ карынчасын рентгенологиялык изилдөөсү.

**ВЕНТРИКУЛОСКОПИЯ (ventriculoscopy), вентрикулоскопия** – булалык оптикалык аспаптын жардамы менен мээнин карынчасын изилдөө. Караңыз: Эндоскоп, Булалуу оптика.

**ВЕРНЬЕР (vernier), верньер** – бир нерсени так өлчөөчү аспап.

## Г

**ГАСТРОДУОДЕНОСКОП (gastroduodenoscope), гастродуоденоскоп** – караңыз: Дуоденоскоп, Гастроскоп.

**ГАСТРОДУОДЕНОСКОПИЯ (gastroduodenoscopy), гастродуоденоскопия** – ашказан көңдөйүн жана он эки эли ичегини эндоскоптун жардамы менен изилдөө ыкмасы. Кошумча караңыз: Дуоденоскоп.

**ГАСТРОСКОП (gastroscope), гастроскоп** – жарык берүүчү түзүлүшү бар оптикалык прибор; ашказандын ички бетин текшерүү үчүн колдонулат. Гастроскоп аркылуу дагы ашказандагы кан агууну токтотуу, полипти алып салуу өңдүү дарылоочу процедуралар аткарылат. Ошол эле убакта гастроскоп он эки эли ичегиге киргизилиши мүмкүн (бул аспаптар гастродуоденоскоптор (gastroduodenoscopes) же эзофагогастродуоденоскоптор (oesophagogastroduodenoscopes)) деп аталышат). – Гастроскопия.

**ГЕМОЦИТОМЕТР (haemocytometer), гемоцитометр** – атайын даярдалган айнек камерасы, ага эритилген кан коюлат. Андан кийин изилденүүчү кандын үлгүсүндө болуучу, ар кандай клеткалардын саны визуалдуу түрдө, микроскоптун жардамы менен санalып чыгат. Азыркы убакта гемоцитометрлер электрондук саноочу аспаптар менен алмаштырылган.

**ГИДРОТУБАЦИЯ (hydrotubation), гидротубация** – жатын моюнчасы аркылуу суюктукту киргизүү. Бул ыкма боюна түшпөгөндүктүн себебин аныктоо үчүн түтүктөрдүн өтүмдүүлүгүн аныктоо үчүн колдонулат.

**ГИСТЕРОСАЛЬПИНГОГРАФИЯ (hysterosalpingography), гистеросальпингография** – төрөбөгөн аялдын жатынынын ичине жана түтүкчөсүнө атайын эритме куюп, рентгендик сүрөткө түшүрүү (караңыз: Утеросальпингография).

**ГИСТЕРОСКОП (hysteroscope), УТЕРОСКОП (uteroscope), гистероскоп, утероскоп** – бүтүн аспап, атайын жарыктандыруучу менен жабдылган, жатындын ички капталдарын изилдөөдө колдонулат. Караңыз: Эндоскоп.

**ГОЛОГРАФИЯ АКУСТИЧЕСКАЯ (acoustic holography), акустикалык голография** – адам денесинин ичиндеги бөлөк аймактардын чоң сүрөттөлүшүн алуучу ыкма, ал ультраүндүү толкундардын интерференциясынын негизинде түзүлөт.

**ГОНИОМЕТР (goniometer), гониометр** – бурчтарды өлчөөчү аспап (муундун кыймылында аяктардын сегменти менен пайда болот).

## Д

**ДИАЛИЗАТОР (dialyser), диализатор** – аппарат, ал диализдин жардамы менен суюк компонентти бөлүү үчүн колдонулат (мисалы, жасалма бөйрөк аппараты). Караңыз: Гемодиализ.

**ДИНАМОМЕТР (dynamometer), динамометр** – булчуң жыйрылышынын күчүн аныктоочу аспап.

**ДИОДОН (diodone), диодон** – рентгенконтрасстык кошулма, курамына йод кирет; дененин ар кандай бөлүктөрүн рентгенологиялык изилдөөдө колдонулат.

**ДОЗИМЕТРИЯ (dosimetry), дозиметрия** – нурлануунун дозасынын берилген жагдайлардагы нормада болуусун аныктоо (адатта нурлануунун дозасынын так санын аныктооо, ал рак оорусун дарылоо процессинде дененин ар кандай аймактарын нурланууда алат). Караңыз: Нурлануу терапиясы.

**ДУШ (douche), душ** – суунун катуу агымы, ал дененин кайсы бир бөлүгүн тазалоо үчүн колдонулат.

## З

**ЗАДНЕПЕРЕДНИЙ (posteroanterior), арткы алдынкы** – бир нерсенин артынан же анын алдынкы бөлүгүнөн өткөн. Радиологияда бул термин дененин кайсы бир бөлүгүн фронталдык жалпактыкта кароону түшүндүрөт.

**ЗАЖИМ (clamp), кычкач** – кан тамыр же кесилген ичеги учун кысууга арналган атайын хирургиялык аспап. Кычкач көп түрдүү болот жана алардын ар бири атайын процедураларды аткарууда маанилүү рол ойношот. Кан токтотуучу кычкачтар жабыркаган кан тамырлардагы канды токтотуу, ал эми ичеги кычкачтар болсо, хирургиялык операция жасалып жаткан учурда ичегидеги заттын ич көңдөйүнө агып кирүүсүн алдын алуу үчүн колдонулат.

**ЗАЖИМ, ЩИПЦЫ (forceps), кычкач, кыпчуур** – пинцетти элестетүүчү аспап, ал кайсы бир нерсени бекем кармоо же чоюуу максатында колдонулат. Хирургиялык операция мезгилинде колдонулат.

**ЗВУКИ ДЫХАТЕЛЬНЫЕ (breath sounds), дем алуу үндөрү** – стетоскопто угулуучу үндөр, ал дем алуу убагында өпкөнүн алдында коюлат. Дем алуу мезгилинде угулган үндөр норма боюнча жумшак жана везикулярдык (vesicular) деп аталгандай болот, ооруган мезгилде бул үндөр жооноюп же акырындап калат.

**ЗЕРКАЛО (speculum, көпч. specula), күзгү** – доктурдун изилдөөсү үчүн кайсы бир көңдөй органдын ичине киргизиле турган (мисалы, аялдын жыныс мүчөсүнүн ичине, көтөн чучукка, таноолорго) металл аспап.

**ЗОНД (probe), зонд** – ичке стержень, ийилүүчү металлдан жасалган (мисалы, күмүштөн) жана кеңейтилген учу бар. Бул жабдык жараттагы, көңдөйдөгү, каналдардагы нерселерди алып салуу үчүн колдонулат.

**ЗОНД ГЕННЫЙ (gene probe), генндик зонд** – ДНК нын аймагын радиоактивдүү зат менен белгиленген, ал нуклеин кислотасында болгон окшош аймактарды, аныктоо үчүн колдонулат. Караңыз: Нозерн-блоттинг, Саузерн-блоттинг.

**ЗОНД ГИБКИЙ ДЛЯ ЛЕЧЕБНЫХ МАНИПУЛЯЦИЙ (probang), дарылоочу манипуляцияларды аткаруу үчүн ийилүүчү зонд** – узун ийилүүчү, чоң эмес губкасы бар зонд, жана учунда шарик же кисточкасы бар аспап. Ал кекиртектен же кызыл өңгөчтөн кайсы бир тоскоол кылуучу бөтөн денечени алып салуу үчүн колдонулат.

**ЗОНД ЖЕЛОБОВАТЫЙ (gorget), кобул сымал зонд** – хирургиялык операция учурунда колдонулуучу аспап, ал табарсыктан таштарды алып салууда колдонулат.

## И

**ИГЛА (needle), ийне** – операция учурунда жамап, тигүү үчүн колдонула турган учту металл. Көңдөй ийнелер ткань үлгүсүн алуу, денеге ар кандай заттарды куюу же дененин кайсы бир көңдөй бөлүгүнөн суюктукту сордуруп алуу үчүн колдонулат (караңыз: Аспирация, Биопсия). Кошумча караңыз: Чеги бар ийне.

**ИГЛА С ОГРАНИЧИТЕЛЕМ (stop needle), чеги бар ийне** – хирургиялык ийне, ал атайын стержени бар ткандын ичине киргизүү үчүн колдонулат.

**ИНОКУЛЯТ (inoculum), инокулят** – инокуляция үчүн колдонулуучу зат.

**ИНОКУЛЯЦИЯ (inoculation), инокуляция** – лабораториялык шартта, иммунизация процессинде адам организмине же жаныбарларга кайсы бир заттын анча чоң эмес өлчөмүн куюу. Жалпысынан вакцинациялоо деп аталат.

**ИНСТРУМЕНТ ДЛЯ ОПРЕДЕЛЕНИЯ ФОРМЫ ГРУДНОЙ КЛЕТКИ (cyrtometer), төш клеткасынын формасын аныктоочу аспап** – аспап, ал төш клеткасынын формасын аныктоого жана ал дем алдыруучу кыймылды аныктоочу аспап.

**ИНТУБАЦИЯ (intubation), интубация** – дартты аныктоо же дарылоо максатында дененин кайсы бир бөлүгүнө түтүкчө киргизүү: мисалы, дартты аныктоо үчүн түтүкчө аркылуу ашказандан анализ алуу же дары каражаттарын куюу.

## К

**КАВЕРНОЗОГРАФИЯ (cavernosography), кавернозография** – жыныстык мүчөнү изилдөөчү рентгенологиялык изилдөө, мындай учурда мүчөнүн көңдөйлүү денесине винт сыяктуу ийне киргизилип, рентгеноконтрастык зат киргизилет. Алынган рентгенограмма жыныстык мүчөнүн кан сосуддарынын абалын аныктоого көмөк көрсөтөт.

**КАЛОРИМЕТР (calorimeter), калориметр** – ар кандай химиялык жана физикалык айлануулардын бөлүнүүсүнөн же топтолуусунан улам келип чыккан жылуулук көлөмүн өлчөөчү прибор. Мисалы, калориметрдин жардамы менен ар кандай тамак-аш азыктарынын энергетикалык байлыгын калорияда аныктаса болот. – Калориметрия (calorimetry).

**КАНЮЛЯ (cannula), канюля** – көңдөй органга (мисалы, табарсыкка же кан тамырга) салынуучу көңдөй түтүк. Түтүк катуу жана учтуу штифттен (троакар (trocar)) турат; бул анын көңдөй жерге кирүүсүн жеңилдетет. Түтүк киргизилгенден кийин, троакар алынып, ал эми канюля суюктук куйуу үчүн ордунда калтырылат.

**КАРДИОВЕРСИЯ (cardioversion), ТЕРАПИЯ ЭЛЕКТРОИМПУЛЬСНАЯ (countershock), кардиоверсия, электроимпульстук терапия** – аритмия жана чоң жүрөк менен ооруган орулуулардын жүрөктүн жыйрылышынын нормалдуу ритмин калыбына келтирүү ыкмасы. Кардиоверсияны аткаруучу аспапты, кардиовертор (cardiovertor) деп аталат; ал модификацияланган дефибриллятор (караңыз: Дефибрилляция).

**КАРДИОТОКОГРАФ (cardiotocograph), кардиотокограф** – кардиокотографияны аткаруу үчүн колдонулган аспап. Кардиотокограмманы алуу үчүн (cardiotocogram) – изилдөөнүн жыйынтыктарынын графикалык басылышы.

**КАТАТЕРМОМЕТР (katathermometer), кататермометр** – термометр, ал курчап турган абанын аз агымын өлчөөдө колдонулат; бул термометрдин курамына нымдалган кездеме менен резервуар кирет.

**КЕЛЬВИН (kelvin), кельвин** – термодинамикалык температуранын СИ системасындагы бирдиги. Кельвиндерде көрсөтүлгөн температура, Цельсий градусунда көрсөтүлгөн температурага барабар, кошуу 273,15 °С. Белгилениши: К.

**КИМОГРАФ (kymograph), кимограф** – кан агымынын анын өзгөрүшүн жана анын кан тамырлардагы басымын өлчөөчү аспап. – Кимография (kymography).

**КИНОАНГИОКАРДИОГРАФИЯ (cineangiocardiography), киноангиокардиография** – ангиокардиографиянын түрү, мында рентгенаграммалар кинотасмага жазылат.

**КРИОСТАТ (cryostat), криостат** – 1. Камера, анда микротоманын жардамы менен тоңдурулган ткандын кесимдерин жаратышат. 2. Апсап, ал керектүү төмөн температураны камсыздоо үчүн кызмат аткарат.

**КРИПТОН-81М (krypton-81m), криптон-81М** – радиоактивдүү газ – аз убакыт жашоочу изотоп, медицинада колдонулат. Бул изотоп өпкөнүн функциясын изилдөө үчүн колдонулат. Кошумча караңыз: Рубидий-81.

**КСИЛЕН (xylene), ДИМЕТИЛБЕНЗЕН (dimethylbenzene), ксилен, диметилбензен** – суюктук, ал ткандын тунуктугун чоңойтуу үчүн микроскопиялык изилдөөдө дегидратациядан кийин колдонулат. Караңыз: Жарыктандыруу.

**КУЛЬДОЦЕНТЕЗ (culdocentesis), кульдоцентоз** – караңыз: Кольпотомия.

**КЮРИ (curie), кюри** – радиоактивдүүлүктүн колдонуудан чыгып калган бирдиги. Азыркы убакта ал беккерель менен алмаштырылган. Белгилениши: Ки.

**КЮРИ-ТЕРАПИЯ ДИСТАНЦИОННАЯ (telecurietherapy), дистанциондук Кюри-терапиясы** – нур терапиясынын түрү, мында организимге таасир берүүчү булак орулуудан алыс аралыкта жайгашкан. Башында нурлануунун булагы катары радий колдонулчу; азыркы мезгилде мындай максатта жасалма радиоактивдүү изотоптор колдонулат (мисалы, кобальт-60).

## Л

**ЛАМПА ЩЕЛЕВАЯ (slit lamp), жылчыктуу лампа** – жарыктын ичке нурун көрүүгө жардам берген лампа; ал атайын микроскоп менен кошо колдонулат. Көздүн ичиндеги майда структураларды изилдөө үчүн колдонулат.

**ЛАПАРОСКОП (laparoscope), ПЕРИТОНЕОСКОП (peritoneoscope), лапароскоп, перитонеоскоп** – жарык берүүчү хирургиялык аспап (эндоскоптун бир түрү); аны ич көңдөйүндөгү органдарды изилдөө үчүн курсак бетине жасалган тешик аркылуу киргизишет (караңыз: Лапароскопия).

**ЛАПАРОСКОПИЯ (laparoscopy), АБДОМИНОСКОПИЯ (abdominoscopy),**

**ПЕРИТОНЕОСКОПИЯ (peritoneoscopy), лапароскопия, абдоминоскопия, перитонеоскопия** – атайын аспаптын (лапароскоптун) жардамы менен ич органдардагы ооруну

табуу үчүн кароочу аспап. Ар кандай гинекологиялык операцияларды жасаганда лазер (лазердик лапароскопия (laser laparoscopy)) колдонулат. – Лапароскопиялык (laparoscopic).

**ЛАПАРОСКОПИЯ ЛАЗЕРНАЯ (laser laparoscopy), лазердик лапароскопия** – лазерди колдонуу менен түрдүү гинекологиялык операциялар. Өзгөчө жасалма жол менен уруктандыруу процессинде колдонулат. Караңыз: Лапароскопия.

**ЛАРИНГОСКОП (laryngoscope), ларингоскоп** – (эндоскоптун түрү) кокону изилдөө үчүн колдонулат. Караңыз: Ларингоскопия.

**ЛАРИНГОСКОПИЯ (laryngoscopy), ларингоскопия** – эндоскоптун бир түрү – ларингоскоп же анча чоң эмес күзгүнүн жардамы менен кекиртекти текшерүү.

**ЛИТОТРИПТОР (lithotrite), литотриптор** – хирургиялык аспап, ал табарсыкта таштарды талкалоо үчүн колдонулат. Караңыз: Литолапаксия.

**ЛУЧИ РЕНТГЕНОВСКИЕ (X-rays), рентгендик нурлар** – толкундун эң кыска узундугу менен электромагниттик нурлануу (ультра сыя көк нурлануудан бир аз көп), алар жарык өтпөгөн жердин ичине женил эле өтүп кетүү жөндөмдүүлүгү бар. Рентгендик нурлануу затка электрондордун таасири астында болот, алар кыйла энергияга бай болушат. Бул нурлар диагностикалык жана терапевтикалык максаттарда рентгенографияда жана нур терапиясында колдонулат.

**ЛУЧИ УЛЬТРАФИОЛЕТОВЫЕ (ultraviolet rays), ультрасыя нурлар** – көзгө көрүнбөгөн кыска толкундуу нурлануу, ал көрүнгүс жана рентгендик нурлануунун спектралдык аймагынын ортосун ээлейт.

## М

**МАЗОК ЦЕРВИКАЛЬНЫЙ (cervical smear), ТЕСТ ПАПАНИКОЛАУ (ПАП) (Papanicolaou (Pap) test), цервикалдык мазок, Папаниколау тести** – жатын каналындагы клеткаларды жышып алуу. Аялдарда рак оорусунун өрчүшүн текшерүү үчүн жасалуучу тест.

**МАММОГРАФИЯ (mammography), маммография** – эмчек бездеринин рентгенографиясы же алардын сүрөттөлүшүн инфракызыл түстөгү нурлардын жардамы менен көчүрүп алуу. Эмчек бездериндеги шишиктерди алдын ала аныктоо үчүн колдонулат. Кошумча караңыз: Рентгенография, Термография.

**МЕХАНОТЕРАПИЯ (mechanotherapy), механотерапия** – оорулууну атайын жасалган аспаптар аркылуу ченеми менен кыймыл аракетке келтирип дарылоо.

**МИКРОСКОП ЭЛЕКТРОННЫЙ (electron microscope), электрондук микроскоп** – бул микроскоп нерселерди, электрондордун агымы аркылуу миң эсе так көрсөтөт. Үлгүлөрү вакуумда изилдениши керек жана атайын спецификалык ыкмалар менен фотопластинкада көрүнөт.

**МИКРОСОНАЦИЯ (microsonation), микросонация** – адам денесинин ичинде генерацияланган, өтө начар булактан (мисалы, ийненин учунан же ткандын ичине киргизилген капсуладан) ультра үндүү толкундарды колдонуу. Ал ультрасонографиянын түрүнө кирет.

**МИКРОТОМ (microtome), микротом** – микроскопикалык изилдөө үчүн кандайдыр бир нерсенин ичке катмарын кесип алуучу атайын аспап. Адатта микротомдун ордуна болоттон бычак колдонулат.

**МИКРОЭЛЕКТРОД (microelectrode), микроэлектрод** – өтө ичке зымча, ал болсо ткандын чоң эмес аймагындагы электр кыймылын өлчөө үчүн колдонулат.

**МИОГРАММА (myogram), миограмма** – булчуңдардын жыйрылышынын каттонун жыйынтыгындагы жазылып алынуучу жазуу. Караңыз: Электромиография.

**МИОГРАФ (myograph), миограф** – өзүнчө бөлүнүп алынган булчуңдун кыймылын атайын аспап менен кагазга жана жарык сезгичтүү пленкага түшүрүп алуу. Караңыз: Электромиография.

**МОЛОТОЧЕК ПЕРКУССИОННЫЙ (plessor), ПЛЕКСОР (plexor), перкуссиондук балкача, плексор** – чоң эмес балкача сымал аспап, нерв рефлексторду жана ошондой эле перкуссияда колдонулат.

## Н

**НЕИНВАЗИВНЫЙ (noninvasive), инвазивдүү эмес** – 1. Бул адам терисине эч кандай хирургиялык ийнесиз, аспапсыз дарылоо жана изилдөө ыкмасы. 2. Термин шишиктерди сүрөттөөдө колдонулат, алар курчап турган ткандарга таралбайт (караңыз: Коркунуч туудурбаган).

**НЕФРОСКОП (nephroscope), нефроскоп** – бөйрөктүн ички көңдөйчөсүн (лоханка) изилдөө үчүн колдонула турчу прибор (эндоскоп); адатта, прибор бөйрөк көңдөйчөсүнө ичтин арткы бетине жасалган тешик аркылуу киргизилет. Нефроскоп бөйрөктүн ички көңдөйчөсүнө ар кандай аспаптарды киргизүүгө көмөк көрсөтөт, ал таштарды алып салуу үчүн жасалат (караңыз: Тери ичиндеги нефролитотомия) же болгон таштарды ультра үндүү зонддун же электрогидравликалык толкундардын жардамы менен аткарылат (караңыз: Литотрипсия).

**НЕФРОСКОПИЯ (nephroscopy), нефроскопия** – нефроскоптун жардамы менен бөйрөктүн ички көңдөйчөсүн жана чөйчөкчөнү изилдөө.

## О

**ОБЛУЧЕНИЕ (irradiation), шоолага кармоо** – дененин кайсы бир же тканына терапевттик таасир жаратуу үчүн электромагниттик нурларды (адатта альфа, бета, гамма же рентген нурлары) пайдалануу (караңыз: Радиотерапия).

**ОБЪЕКТИВ (objective), объектив** – (микроскопияда) жарык берүүчү микроскопто изилдөөгө алынып жаткан буюмду изилдөөчүнүн көзүнө жакындата турган линза же линзалар системасы.

**ОКСИГЕНАТОР (oxygenator), оксигенатор** – канды кычкылтек менен жабдый турчу түзүлүш. Жүрөккө операция жасап жаткан учурда кан айлануусун нормада кармап туруу же болбосо, жүрөк же өпкө оорусу менен жабыркаган адам организмдеги кан айланууну жакшыртып, кандагы кычкылтек курамын көтөрүү үчүн түтүкчө менен бирге колдонулат.

**ОРТОДИАГРАФ (orthodiagraph), ортодиаграф** – рентген аппаратынын экранына аспап, ал сүрөттөлүштү так көрсөтөт.

**ОСЦИЛЛОСКОП (oscilloscope), осциллоскоп** – электрондук-нур түтүкчөсү, ал денедеги ар түрдүү жерлериндеги электр толкундарын көрсөтүүчү аспап. Осциллоскоптор узак каттоо үчүн колдонулат, мисалы, жүрөктүн электр активдүүлүгү же баш мээнин активдүүлүгү үчүн. Караңыз: Электрокардиография, Электроэнцефалография.

**ОТОСКОП (otoscope), отоскоп** – бул диагностикалык жабдык, ал угуу органдардын дартын, отиттердин диагностикасын, кулак көңдөйүндө бөтөн денелерди жана кулкундарды жана кулак тарсылдагынынын абалын аныктоо үчүн колдонулат. Ошондой эле угуу апараттарды таңдоодо да колдонулат. Караңыз: Аурископ.

## П

**ПЕРИТОНЕОСКОП (peritoneoscope), перитонеоскоп** – караңыз: Лапароскоп.

**ПЕРКУССИЯ (percussion), перкуссия** – денеге атайын курал коюп же манчаларды такап, экинчи колдун манжалары менен ургулап, дененин тегерегиндеги суюктукту, желди же мүчөнүн чегин тактоочу метод, ык.

**ПЕССАРИЙ (pessary), пессарий** – 1. Ар түрлүү заттан, ар түрлүү формада жасалып, жатынды бир калыптагы абалга келтирүүчү тегерек шакектер. 2. Чоң эмес цилиндр, ал кокос майында аралаштырылган же кайсы бир башка жумшартуучусу бар дарылык; ал кынга ар кандай дарттарды киргизүү үчүн колдонулат (мисалы, вагинитте) же төрөттү стимулдаштыруу үчүн колдонулат (простиндик пессарий (Prostin pessary)). Ошондой эле пессарий деп кындык суппозиторийди аташат (vaginal suppository).

**ПЕТЛЯ IV (snare), илмек IV** – зым илмектен турган аспап, ал көңдөйлөрдө же көңдөй органдарда жайгашкан ыйлаакчаларды алып салуу үчүн, шишиктерди жана башка ткандык өсүштөрдү алып салуу үчүн колдонулат. Кошумча караңыз: Диатермия.

**ПИЕЛОГРАММА ВНУТРИВЕННАЯ (intravenous pyelogram, IVP), тамыр ичиндеги пиелограмма** – сийдик чыгаруучу жолдордун рентгенограммалардын чейрек катары, алар тамырга йод бар затты куйгандан кийин жасалат. Кошумча караңыз: Пиелография.

**ПИЕЛОГРАФИЯ (pyelography), УРОГРАФИЯ (urography), пиелография, урография** – бөйрөктүн күлтүгү менен сийдик чыгуучу түтүгүнө нур өтпөс суюктук куюп, рентген аркылуу сүрөткө тартып алуу. Пиеллография убагында алынган пиелограммалар деп аташат (pyelograms).

**ПЛАЦЕНТОГРАФИЯ УЛЬТРАЗВУКОВАЯ (sonoplacentography), ультраүндүү плацентография** – ультраүндүү нурларды колдонуу менен жасалган ыкма, ал баланын тону кандай жайгашуусун аныктоо үчүн жасалат.

**ПЛЕССИМЕТР (plessimeter, pleximeter), плессиметр** – сөөктөн жасалуучу чоң эмес пластинка. Ал бейтаптын денесинин үстүндө коюлат жана перкуссиондук балкача менен перкуссия процессинде такылдоо.

**ПНЕВМОГРАФ (pneumograph), пневмограф** – дем алуу кыймылынын күчүн жана ылдамдыгын өлчөөчү аспап.

**ПНЕВМОРЕНТТЕНОГРАФИЯ (pneumoradiography), пневморенттенография** – дененин кайсы бир бөлүгүн рентгенографиялык изилдөөсү, мында контрасттык зат катары газ колдонулат.

**ПНЕВМОЭНЦЕФАЛОГРАФИЯ (pneumoencephalography), пневмоэнцефалография** – баш сөөктүн ичиндеги ооруларды изилдөөдө жасалуучу рентгенологиялык ыкма. Азыркы убакта бул ыкма бүтүндөй компьютердик томография жана ядерлик-магниттик резонанс менен алмаштырылган.

**ПОКОЛАЧИВАНИЕ, ПОГЛАЖИВАНИЕ (effleurage), соккулоо, сылап туруу** – массаж жасоонун ыкмасы, бул ыкманы колдонуп жаткан убакта массаж жасоочунун кол манжалары узак жана ыргактуу бейтаптын терисин бир эле багытта сылап турат; ошентип бейтапта кан агымы жакшырат жана шишип кетүүлөр кичирейип калат.

**ПОКОЛАЧИВАНИЕ, ПОСТУКИВАНИЕ (tapotement), соккулоо, ургулоо** – массаж жасоонун ыкмасы, мындай ыкманы колдонуп жатканда массаж жасоочу алакандын учу менен дененин кайсы бир бөлүгүн тез-тез соккулоо кыймылдарын жасайт. Көкүрөк клеткасын ургулоодо бранхит менен ооруган адамдарда, дем алуу органдардын капталдарындагы какырыктардын оңой чыгып кетишине көмөктөшөт.

**ПРАВИЛО НЕГЕЛЕ (Naegele rule), Негеле эрежеси** – төрөй турган мезгилдин келишин саноочу ыкма: акыркы менструациянын биринчи күнүнүн датасына тогуз ай жана жети күн кошулат.

**ПРЕДСТАВЛЕНИЕ ДУПЛЕКСНОЕ (duplex imaging), дуплекстик көрүнүш** – кан жүрүшүнүн ылдамдыгын өлчөөчү ыкма, ал доплердик зонд менен туташкан ультра үндүү булактардын жардамы менен өткөрүлөт (караңыз: Метод Допплера). Өзгөчө веноздук кан агууну баалодо колдонулат.

**ПРЕДСТАВЛЕНИЕ ЭХОПЛАНАРНОЕ (echo planar imaging (EPI)), эхопланардык көрүнүш** – ядердик магниттик резонанстын негизинде сүрөттөлүштү көрүү ыкмасы, ал сүрөттөлүштү дароо көрүүгө мүмкүндүк түзөт.

**ПРОБА ВАН ДЕН БЕРГА (van den Bergh's test), Ван Ден Берг пробасы** – оорулуда сарыктын пайда болуу себебин аныктоочу тест: ал гемолиз менен туудурулганбы, боор оорусу менен же өт түтүктөрүнөн туудурулганбы.

**ПРОБА РИННЕ (Rinne's test), Ринне пробасы** – адамда кондуктивдик же нейросенсордук кулак укпоо экендигин аныктоочу тест.

**ПРОМЫВАНИЕ СИФОННОЕ (siphonage), сифонндук жууп тазалоо** – ийилген түтүкчөнүн жардамы менен суюктукту бир резервуардан экинчи резервуарга куюуу. Бул процедура: мисалы, ашказанды жууганда колдонулат.

**ПРОСВЕТЛЕНИЕ (clearing), агартуу** – (микроскопияда) тактарды микроскоптун оптикалык бөлүктөн тазалоочу каражаттардын (clearing agent) жардамы менен алып салуу процедурасы.

**ПСИХРОМЕТР (wet-and-dry bulb hygrometer), психометр** – бири бирине жакын орнотулган, эки термометрден турат; биринин резервуары батисттин кесими менен оролгон, анын учу дистиллиризацияланган суу менен идишке салынган. Бул термометр өтө төмөн температураны каттайт, экинчи термометрге караганда ал болсо бууланып кеткен сууну муздатат. Абанын салыштырмалуу нымдуулугун өлчөнгөн температуралардын айырмасы аркылуу эсептесе болот. Караңыз: Гигрометр.

## Р

**РАДИОНУКЛИД (radionuclide), радионуклеид** – ядердик медицинада ар кыл ооруларды аныктоо үчүн радиоактивдүү индикатор катары колдонула турган радиоактивдүү изотоп.

**РАДИОПИЛЮЛЯ (radio pill), радиопилюля** – текшерүүлөрдүн жүрүшүндө пациент тарабынан жутулуусу зарыл болгон кичинекей радиоөткөргүчү бар капсула.

**РАДИОСКОПИЯ (radioscopy), радиоскопия** – флюоросценттик экрандан алынган рентгенограмманын изилдөөсү. Кошумча караңыз: Флуороскоп.

**РАСПАТОР (raspatory), распатор** – сөөктү кыруу үчүн пайдаланыла турган өгөө сымал хирургиялык аспап.

**РАСПЫЛИТЕЛЬ (nebulizer), чачыратуучу** – майда тамчы түрүндө чачыратуучу аспап.

**РАСХОДОМЕР (flowmeter), расходомер, чыгым өлчөгүч** – суюктук же газ чыгымын өлчөй турган аспап. Чыгым өлчөгүчтөрдү көпчүлүк учурда астма менен ооругандар менен колдонулат, ал организмден абаны чыгаруу жөндөмдүүлүгүн аныктоого жардам берет.

**РАСХОДОМЕР ЛАЗЕРНЫЙ ДОППЛЕРОВСКИЙ (laser Doppler flowmeter), допплердик лазердик keректөөчү** – лазердик нур аркылуу ткань аркылуу кандын өтүшүн өлчөөчү аспап.

**РЕЗЕКТОСКОП (resectoscope), резектоскоп** – урук чыктагыч безди резекциялоо же табарсыктагы шишикти алып салуу үчүн колдонула турган эндоскоп түрү.

**РЕЗЕРВУАР ОММАЙЯ (Ommaya reservoir), Оммайя резервуары** – жүлүн суусуна дары каражаттарын такай инъекциялап туруу үчүн баш мээ дүлөйчөлөрүнө киргизиле турган түзүлүш. Коркунучтуу менингитти дарылоо үчүн колдонулат, өзгөчө лейкемия менен ооруган балдарда.

**РЕЗОНАНС ЯДЕРНЫЙ МАГНИТНЫЙ (NMR) (nuclear magnetic resonance, NMR), ядердүү магниттик резонанс** – кубаттуу магниттик талаага жайгаштырууда молекулалардын огу тарабынан жогорку жыштыктагы радионурдануулардын сиңирилиши жана берилиши. Аталган эффект ар бир молекула ичиндеги көп сандаган водороддук ядролор чогулган жерлерде пайда болот жана ар кыл биологиялык материалдарды анализдөө про-

цессинде пайдаланылат. Караңыз: Ядердик-магниттик резонанс, Магниттик-резонанстык спектроскопия.

**РЕНТГЕНОЛОГ (radiographer), рентгенолог** – 1. Рентгенолог-дарт аныктоочу (diagnostic radiographer) – адам денесинин ар кайсы бөлүктөрүнө рентгенографиялык изилдөөлөрдү жүргүзө турган адис. 2. Терапевт-рентгенолог (therapeutic radiographer) – ооруну радиотерапия методдору аркылуу дарылоочу доктур.

**РЕНТГЕНОТЕРАПЕВТ (radiotherapist), рентгенотерапевт** – радиотерапиянын ыкмаларын колдонуу менен дарылаган доктур.

**РЕНТГЕНОФЛЮОРОГРАФИЯ (cinefluorography), рентгенофлюорография** – флуороскоптун жардамы менен флюорестирилген экранда тез сүрөт чыгаруу ыкмасы.

**РЕПОЗИТОР (repositor), репозитор** – дененин жылып кеткен бөлүгүн калыбына келтирген аспап (мисалы, жылып кеткен жатынды кайра калыбына келтирүүдө).

**РЕТРАКТОР (retractor), ретрактор** – операцияга алынып жаткан органга жетүү үчүн пайдаланыла турчу хирургиялык аспап.

**РЕФРАКТОМЕТР (refractometer), рефрактометр** – көздүн рефракциясын аныктоо үчүн колдонулган аспап. Караңыз: Оптометр.

**РОТОРАСШИРИТЕЛЬ (gag), ооз чойгуч** – (медицинада) ооздү жабууга тоскоол болгон, орулуунун жаактардын ортосуна коюлуучу аспап.

## С

**САЛЬПИНГОГРАФИЯ (salpingography), сальпингография** – жатындын түтүгүнө нур өтпөс зат жиберип, рентген нуру менен сүрөткө тартуу. Ал жатын ичиндеги инъекция жолу аркылуу аткарылат.

**СЕГМЕНТ S-T (S-T segment), S-T сегменти** – электрокардиограммадагы аймак, ал убакыттын интервалын көрсөтүп турат.

**СИГМОИДОСКОП (sigmoidoscope), сигмоидоскоп** – көтөн-чучукка киргизилүүчү аспап, ал сигма түрүндөгү жээк сымал ичеги менен түз ичегинин былжырлуу челин изилдөө үчүн колдонулат.

**СИГМОИДОСКОПИЯ, РЕКТОРОМАНОСКОПИЯ (sigmoidoscopy), сигмоидоскопия, ректороманоскопия** – сигмоидоскоп сигма түрүндөгү жээк сымал ичеги менен түз ичегинин былжырлуу челин изилдөөчү аспап катары колдонулат.

**СКАНИРОВАНИЕ (scan), «СКАН», сканерлөө, «Скан»** – 1. Адамдын денесин же анын кайсы бир бөлүгүн ультрасонографиянын, компьютердик томографиянын, ядердик-магниттик резонанстын же сцинографиянын ыкмаларынын жардамы менен изилдөө (караңыз: Сцинтиграмма). 2. Ушундай изилдөөнү өткөрүүдөн кийин алынган сүрөттөлүш.

**СКАНОГРАММА (scintiscan), сканограмма** – караңыз: Сцинтиграмма.

**СОНОТОПОГРАФИЯ (sonotopography), сонотопография** – адам денесиндеги ар кыл орган жана ткандардын абалын аныктоо үчүн ультра үндүү толкундарды пайдалануу (мисалы, жатындагы түйүлдүктүн жайгашуу абалын же баш сөөк ичиндеги мээнин ортоңку сызыгын аныктоо үчүн).

**СПЕКТРОГРАФ (spectrograph), спектограф** – (спектрометр же спектроскоп), ал электромагниттик нурлануунун толкунунун узундугун жана интенсивдүүлүгүн өлчөөчү жана ошондой эле спектограмманы (spectrogram) алуучу аспап.

**СПЕКТРОМЕТР (spectrometer), спектрометр** – электромагниттик нурлануунун көрүнгүс жана көрүнбөгөн толкундардын узундугун жана интенсивдүүлүгүн аныктоочу аспап. Кошумча караңыз: Спектроскоп.

**СПЕКТРОСКОП (spectroscope), спектроскоп** – жарыктык же каалаган башка нурланууну анын негиздөөчүсүнөн ажыратуу үчүн аспап, ал түрдүү зундуктагы толкундарды

камтыйт. Жөнөкөй спектроскоп болуп призма эсептелет, ал көрүнгөн нурлануунун спектриндеги түстүү жана ак түстү айырмалайт.

**СПЕКТРОСКОПИЯ МАГНИТНО-РЕЗОНАНСНАЯ (magnetic resonance spectroscopy (MRS)), магниттик-резонанстык спектроскопия** – изилдөөнүн диагностикалык ыкмасы, ал ткандын биохимиялык профилин алуу үчүн ядердик магниттик-резонанстык көрүнүштүн негизинде колдонулган.

**СПЕКТРОФОТОМЕТР (spectrophotometer), спектрофотометр** – ар кандай узундуктагы толкундары бар жарыктык компоненттердин интенсивдүүлүгүн аныктоочу үчүн аспап (спектрометр).

**СПИРОГРАФ (spirograph), спирограф** – дем алуу иш-аракетинин тереңдигин жана жыштыгын каттай турган аспап. Мындай каттоо жолунун натыйжасында кабыл алынган жазуу спирограмма (spirogram) деп аталат. – Спирография (spirography).

**СПИРОМЕТР (spirometer), спирометр** – дем алуучу жана дем чыгаруучу абанын көлөмүн өлчөөчү аспап. Өпкө вентиляциясын баалоодо колдонулат. – Спирометрия (spirometry).

**СТЕНТ (stent), стент** – кайсы бир каналдын же түтүктүн (мисалы, сийдик чыгаруучу каналга же өт түтүгүнө) ичине киргизилүүчү кеңейткич. Кошулган J стенттер (double J stents) (же өзүнүн сырткы көрүнүшү менен чочконун куйругун элестеткен стенттер, өзү менен ичке катетерлерди элестетет, капталында тешикчелери бар; бул катетерлер эндоскоп аркылуу же түздөн - түз операция мезгилинде киргизилет жана бөйрөктүн ички көңдөйүнөн табарсыкка табарсык түтүгү аркылуу сийдикти чыгаруу үчүн колдонулат.

**СТЕНТЫ ДВОЙНОГО J (double J stents), кошулган J стенттер** – караңыз: Стент.

**СТЕТОСКОП (stethoscope), стетоскоп** – дененин оорулуу бөлүгүн тыңшоочу атайын аспап (мисалы, жүрөктүн жана өпкөнүн чыгарылган үндөрүн угуу үчүн колдонулат (караңыз: Аускультация)). Татаал стетоскоптордо электрондук системаны жогорулаткычтар болушу мүмкүн, алар дартты аныктоого жеңилдетет.

**СТИЛУС (stylus), стилус** – 1. Өзүнүн формасы менен калем сапты элестетүүчү аспап; адатта орулуунун денесине дарылык заттарды сүйкөөдө колдонулат (мисалы, сөөлгө күмүштүн нитратын колдонгондо). 2. Караңыз: Ичке зонд.

**СТИМУЛЯТОР (stimulator), стимулдаштыргыч** – ар кандай аспаптар, түрдүү максаттарда нервдерди жана булчуңдарды стимулдаштырууда колдонулат. Ал ошондой эле баш мээнин айрым аймактарын стимулдаштырууда же ооруну токтотууда (мисалы, нервди тери ичинен стимулдаштыруу) колдонулушу мүмкүн.

**СФИГМОГРАФ (sphygmograph), сфигмограф** – кан тамырларындагы басымды катточу аспап, ал анын интенсивдүүлүгүн жана тездигин аныктоо үчүн колдонулат.

**СФИГМОКАРДИОГРАФ (sphygmocardiograph), сфигмокардиограф** – жүрөктүн жыйрылуусун жана кан тамырлардын басымын катточу аспап.

**СФИГМОМАНОМЕТР (sphygmomanometer), сфигмоманометр** – артериялык басымды өлчөөчү аспап.

**СФИГМОСКОП (sphygmoscope), сфигмоскоп** – жүрөк жыйрылуусун жана кан тамырдын согушун көрүнүктүү сигналдар катары көрсөтүүчү аспап (мисалы, монитордун экранында толкундар сымал).

**СФИГМОФОН (sphygmophone), сфигмофон** – жүрөктүн жыйрылышын жана тамырдын согушун күчөтүлгөн үн толкундарынын жардамы менен жазуучу аспап.

**СЦИНТИЛЛОСКОП (scintillascope), сцинтиллоскоп** – сцинтиграмманы алуу үчүн колдонуучу аспап. Кошумча караңыз: Гамма-камера.

## Т

**ТЕЛЕРАДИОГРАФИЯ (teleradiography), телерадиография** – рентген нурдануусунун булагы пациенттен 2 метр алыстыкта жайгашуучу рентгенография түрү; натыйжада рентген сүрөттөрү так жана даана чагылдырылат.

**ТЕНЗИОМЕТР, ДАТЧИК ТЕНЗИОМЕТРИЧЕСКИЙ (strain gauge), тензиометр, тензиометрикалык көрсөткүч аспабы** – жогорку сезгичтик аспап, басымдын термелүүсүн жана чыңалуусун өлчөөчү аспап. Медициналык аспаптарда кеңири колдонулат.

**ТЕРМОГРАФИЯ (thermography), термография** – инфракызыл нурдануга таасир этүүчү фотопленканын жардамы аркасында адам денесинин ар кайсы бөлүктөрүнөн чыга турган жылуулукту каттоого алуу процесси. Жыйынтыгында алынган сүрөттөлүш термограмма деп аталат (thermogram).

**ТЕРМОМЕТР (thermometer), термометр** – дененин температурасын өлчөөчү аспап. Медициналык термометрдин (clinical thermometer) ичинде сымап бар, ал ысыганда жооноюп түтүк аркылуу жогору көтөрүлөт. Ооз термометри (oral thermometer) аркылуу температураны өлчөө үчүн ал оозго салынат; ректалдык термометр (rectal thermometer) түз ичегиге киргизилет.

**ТЕСТ НА НАЛИЧИЕ БЕРЕМЕННОСТИ (pregnancy test), кош бойлуулуктун бар экендигине болгон тест** – аялда кош бойлууктун бар же жок экендигин аныктоочу ыкма. Мындай тесттердин негизинде аялдын заарасында атайын гормондун болушун аныктоо жатат – адамдык хорионикалык гонодотропиндин. Заманбап тесттерде моноклоналдык бөтөн денелер (адамдык хорионикалык бета-гонодотропин (beta HCG)) колдонулат. Аларда зааранын эмес, кандын сывороткасын изилдөө өткөрүлөт, ошондуктан алардын жардамы менен аялда кош бойлуулукту эң эле эрте мезгилде аныктоого болот.

**ТОКСИН БОТУЛИНИЧЕСКИЙ (botulinum toxin), ботулиникалык токсин** – катуу таасир берүүчү нейротоксин, Clostridium botulinum түрүндөгү бактерия менен чыгарылат.

**ТОМОГРАФИЯ (tomography), томография** – адамдагы анатомиялык түзүлүштөрдүн сүрөтүн тартып алуу үчүн рентген нурларын жана ультрүндүү толкундарды пайдалануу. Жыйынтыгында алынган рентгенограмма томограмма деп аталат (tomogram) (кошумча караңыз: Тиштердин пантомограммасы). Караңыз: Компьютердик томография, Позитронндук эмиссионндук томография, Ультрасонотомография.

**ТОМОГРАФИЯ КОМПЬЮТЕРНАЯ (computerized tomography, CT), компьютердик томография** – диагностикалык рентгенологиянын багыты, дененин жумшак ткандарын изилдөө үчүн жүргүзүлөт. Мисалы, компьютердик томографиянын жардамы менен баш мээдеги паталогиялык өзгөрүүлөрдү (шишик, абсцесс, гематома) байкаса болот. Кошумча караңыз: Томография. Салыштыруу үчүн: Позитронндук эмиссионндук томография (ПЭТ).

**ТОМОГРАФИЯ ОДИНОЧНЫХ ФОТОНОВ ЭМИССИОННАЯ КОМПЬЮТЕРНАЯ (single photon emission computed tomography (SPECT)), эмиссиондук бирдиктүү фотондордун компьютердик томографиясы** – рентгенологиялык изилдөө, ал алгачкы деңгээлде адамда баш мээсинин жабыркануусун аныктоого жардам берет.

**ТОМОГРАФИЯ ПОЗИТРОННАЯ ЭМИССИОННАЯ (positron emission tomography (PET)), позитронндук эмиссионндук томография (PET)** – изилдөө ыкмасы, ал баш мээдеги ткандардын активдүүлүгүн баалоо үчүн колдонулат. Кошумча караңыз: Томография. Салыштыруу үчүн: Компьютердик томография.

**ТОМОГРАФИЯ УЛЬТРАЗВУКОВАЯ (ultrasonotomography), ЭХОТОМОГРАФИЯ (echotomography), ультраүндүү томография, эхотомография** – ультра үндү дененин ички структурасын изилдөө үчүн колдонуу. Ал терең структуралардын сүрөттөлүшүн чагылдыруунун жолу менен сүрөттөлүштү көрсө болот. Караңыз: Томография.

**ТОНОМЕТР (tonometer), тонометр** – кан тамырдын жана көздүн ичиндеги басымбы өлчөөчү аспап (караңыз: Офтальмотонометр).

**ТРЕУГОЛЬНИК КОДМЭНА (Codman's triangle), Кодмэн үч бурчтугу** – Юинг саркомасындагы рентгенограммада болгон мүнөздүү карарган жер.

**ТРУБКА ДЛЯ ВЕНТИЛЯЦИИ СРЕДНЕГО УХА (grommet), ортонку кулакты вентиляциялоо үчүн түтүк** – кыска металдан же пластмассадан түтүк, ал эксудативдик отитте кулак тарсылдагын тешүү аркылуу ортонку кулакка киргизилет. Ал орулууунун функияланбаган евстахий түтүгүнөн өтүп ортонку кулакка абанын келишине көмөк көрсөтөт.

**ТРУБКА РАЙЛА (Ryle's tube), Райлдин түтүгү** – ичке ийилүүчү резинадан же пластиктен жасалган түтүк, ал мурун же ооз аркылуу киргизилип, аш казандан суюктукту алып чыгуу үчүн же көзөмөлдүк тамактандыруу максатында колдонулат.

## У

**УЛЬТРАМИКРОСКОП (ultramicroscope), ультрамикроскоп** – оптикалык аспап, (2 нм ге чейийнки) кичине өлчөмдөгү бөлүкчөлөрдү аныктоо үчүн колдонулат, жөнөкөй микроскопто адатта көрүнбөйт.

**УЛЬТРАМИКРОТОМ (ultramicrotome), ультрамикротом** – электрондук микроскопия ыкмасы аркылуу изилдеп үйрөнүү үчүн тканды өтө жука кылып кесип алууга (калындыгы 0,1 мкм) арналган аспап. Кошумча караңыз: Микротом.

**УЛЬТРАСОНОГРАФИЯ (ultrasonography), ультрасонография** – дененин тереңинде жайгашкан структуралардын сүрөтүн алуу үчүн жыштыгы, болжол менен 30 000 Гц ультраүндү пайдалануу. Изилденүүчү бетке атайын датчиктин жардамы менен ультраүндүү нур багытталат, ал ич көңдөйүндөгү органдарды изилдөө үчүн колдонулат (салыштыруу үчүн: Кын аркылуу өтүүчү ультрасонография).

**УЛЬТРАСОНОГРАФИЯ ЧРЕЗВЛАГАЛИЩНАЯ (transvaginal ultrasonography), кын аркылуу өтүүчү ультрасонография** – кын аркылуу өтүүчү зонд аркылуу аткарылуучу ультрасонография, ал ич көңдөйүндөгү органдарды изилдөө процессинде колдонулат.

**УНДИНКА (undine), ундинка** – көздү жуул-тазалоо үчүн эритинди салынган анча чоң эмес (адатта, айнек) идиш.

**УРЕТЕРОСКОП (ureteroscope), уретероскоп** – сийдик аккыч түтүкчө жана бөйрөктүн ички көңдөйчөсүнө киргизиле турчу ийилчек же катуу аспап.

**УРЕТЕРОСКОПИЯ (ureteroscopy), уретероскопия** – уретороскоптун жардамы менен сийдик түтүкчөнү изилдөө.

**УРЕТРОГРАФИЯ (urethrography), уретрография** – уретрага рентгендик контрастык затты куюу менен уретранын рентгенологиялык изилдөөсү. Ал алынган рентгендик сүрөттөрдө (уретрогаммада (urethrograms)) уретранын ичкеришин же кайсы бир өрчүүнүн аномалиясын аныктоого жардам берет.

**УРЕТРОСКОП (urethroscope), уретроскоп** – уретранын ички бетин изилдөөчү эндоскоп (урук без тегереги менен бирге). – Уретроскопия (urethroscopy).

**УРИНОМЕТР (urinometer), уринометр** – сийдиктин салыштырма жыштыгын өлчөөчү атайын ареометр.

**УСТРОЙСТВО ПРИКУСНОЕ (bite-wing), тиш жабдыгы** – жабдык, ал стоматологияда тиштердин ренгенографиясында колдонулат, ал астынкы менен үстүнкү жаактагы тиштин жабдыгын бир мезгилде кароого көмөк көрсөтөт. Мындай кароо тиштин кариесин жана периодонттун дарттарын диагностикалоодо колдонулат.

## Ф

**ФАРИНГОСКОП (pharyngoscope), фарингоскоп** – эндоскоп: кулкунду изилдей турчу аспап.

**ФЕНОЛСУЛЬФОФТАЛЕИН, СУЛЬФЕНТАЛЬ (phenolsulphonphthalein), фенолсульфофталеин, сульфенталь** – кызыл боёгуч; бөйрөктүн функциясын изилдөөдө инъекция түрүндө колдонулат.

**ФИБРОСКОП (fibrescope), фиброскоп** – эндоскоп, мында адамдын денесинин ички сүрөттөлүшү үчүн булалуу оптика колдонулат. Фиброскоптор эски эндоскопторго караганда көпчүлүк артыкчылыктарга ээ болушат, анткени ийилме жана адамдын денесиндеги кол жетпегис көңдөйлөргө өтө алат.

**ФЛУОРОСКОП (fluoroscope), флуороскоп** – рентгендик сүрөттөлүшүн аткарбай эле рентгендик сүрөттөлүштү түздөн-түз байкоо. Бул аспаптар калкты тейлөөдө флюорографияны аткаруу үчүн колдонулат.

**ФУКСИН (fuchsin, magenta), фуксин** – кызгылт же кара кочкул түстөгү боёгучтар тобуна кирүүчү зат; микроскоп менен карап жаткан учурда бактерияларды боёо жана оору жаратуучу микроорганизмдерди жок кылуу үчүн колдонулат.

## Х

**ХОЛАНГИОПАНКРЕАТОГРАФИЯ ЧРЕСКОЖНАЯ ЧРЕСПЕЧЕНОЧНАЯ (percutaneous transhepatic cholangiopancreatography, PTC), тери астындагы боор аркылуу холангиопанкреатография** – өт түтүктөрүн жана уйку безиндеги түтүктөрдү рентгендик контрастык заттын жардамы аркылуу изилдөөнүн ыкмасы, ал зат тери астынан түтүктөргө катетер аркылуу киргизилип изилденет. Караңыз: Холангиография.

**ХОЛЕЦИСТОГАСТРОСТОМИЯ (cholecystogastrostomy), холецистогастростомия** – холецистоэнтеростомиянын түрү, мында өт менен ашказандын ортосунда аностомоз пайда болот. Мындай операция өтө сейрек жасалат.

**ХОЛЕЦИСТОГРАФИЯ (cholecystography), холецистография** – өт баштыкчасын рентгенологиялык жол аркылуу изилдөө. Өт баштыкчасынын рентгенограммасы анын түзүлүшүн, аткарган кызматын жана конкременттердин бар же жок экендигин аныктоого шарт түзөт. Алынган өттүн рентгенограммасы (холецистограмма (cholecystogram)) анын структурасын, функциясын, анда конкременнтердин болушун баалоого мүмкүндүк берет.

## Ц

**ЦЕЛИОСКОПИЯ (coelioscopy), целиоскопия** – ичеги жана башка ич көңдөйүндө жайгашкан ички органдарды изилдөөгө алуу үчүн курсак бетиндеги атайын тешик аркылуу эндоскопту ичкери киргизүү.

**ЦЕНТРИФУГА (centrifuge), центрифуга** – суюк чөйрөдөгү компоненттерди бөлүү аппараты. Суюктук атайын контейнерлерге куюлуп, алар чоң ылдамдыкта борбордук ок айланасында айланат.

**ЦЕНТРОМОЗГОВОЙ (centrencephalic), борбордук мээлик** – (электроэнцефалографияда) электр разряддарын сүрөттөөдө колдонулат, алар бир эле убакта баш мээнин түрдүү бөлүктөрүнөн катталышы мүмкүн. Мындай мээнин активдүүлүгүнүн булагы болуп, ретикулярдык формация болуп саналат – узак структура, ал мээ сөңгөгүндө, ортонку мээде орун алган.

**ЦЕФАЛОГРАММА (cephalogram), цефалограмма** – өзгөчө ыкма менен калибрден өткөн ренгенограмма, ал баш сөөктүн түзүлүшүндө болгон жетишсиздикти аныктоо үчүн колдонулат.

**ЦИКЛОТРОН (cyclotron), циклотрон** – өзгөрүлмө электр талаасынын таасири алдында ылдамдыкка ээ болуу менен магниттик талаадагы спираль боюнча заряддалган бөлүкчөлөр жыла турган прибор. Мунун натыйжасында, коркунучтуу жаңы пайда болгон

шишиктердин айрым түрүн дарылоо үчүн колдонулуучу өтө жогорку энергияга ээ электромагниттик нурдануу пайда болот. Азыркы учурда бул нурдануу көп колдонулбайт.

**ЦИСТОМЕТР (cystometer), цистометр** – табарсыктын ичиндеги басымды өлчөөчү аспап. Азыркы изилдөөлөр ошондой эле сийдиктин агымын өлчөйт жана жыйынтыктоочу басымды/табарсыктын ичиндеги агымды аныктоо (уродинамикалык изилдөө (urodynamic investigation)), аны менен бирге табарсыктын функцияланышы жөнүндө маалымат алууга жардам берет.

**ЦИСТОСКОПИЯ (cystoscopy), цистоскопия** – табарсыктын ичин атайын жасалган аспап цистоскоп (cystoscope) менен изилдөө. Ал сийдик чыгаруучу канал аркылуу киргизилет.

**ЦИСТРАФИЯ (cystography), цистрафия** – контрасттык зат куюлгандан кийин табарсыкты рентгенологиялык текшерүүгө алуу. Бул изилдөөлөр учурунда тартылып алынган рентген сүрөттөрү цистограмма (cystograms) деп аталышат. Цистография көпчүлүк убакта кичинекей балдарда сийдиктин табарсыктан, табарсык түтүгүнө чыгышын байкоо үчүн аткарылат (караңыз: Везикоуретералдык рефлюкс). Эгер изилдөө сийип жаткан мезгилде аткарылса анда уретранын изилдөөсү да өткөрүлөт (караңыз: Уретрография).

**ЦИТОМЕТР (cytometer), цитометр** – суюктукта (канда, жүлүн суусунда же сийдикте) кездешкен клеткалар санын аныктоочу аспап. Караңыз: Гемоцитометр.

**ЦИТОМЕТРИЯ ПОТОЧНАЯ (flow cytometry), агымдык цитометрия** – изилдөө ыкмасы, мында клеткалар атайын флуоресценттик боёгуч менен белгиленет, андан кийин лазердик нурланууга дуушар болот.

## Э

**ЭВАКУАТОР (evacuator), эвакуатор** – дененин кайсы бир көңдөйүндөгү суюктукту алып чыгууга арналган түзүлүш. Эвакуаторлор ар кыл операция учурларында табарсыкты керексиз суюктуктан тазалап салуу үчүн колдонулат.

**ЭЗОФАГОСКОП (oesophagoscope), эзофагоскоп** – кызыл өңгөчтүн кеңейип кетишин (стриктурада) же былжырлуу кыртышын изилдөө, биопсия үчүн материал алуу, ошондой эле андагы башка заттарды алып чыгуу үчүн колдонулуучу атайын аспап. – Эзофагоскопия (oesophagoscopy).

**ЭЙКОНОМЕТР (eikonometer), эйконометр** – көздүн тор кабыгындагы сүрөттөлүштүн өлчөмүн аныктоочу аспап.

**ЭКГ (ECG), ЭКГ** – караңыз: Электрокардиограмма.

**ЭКЗОФТАЛЬМОМЕТР (exophthalmometer, proptometer), экзофтальмометр** – көз чанагынын алдыга карай кыйшайуусунун даражасын аныктоочу аспап.

**ЭКСКАВАТОР (excavator), экскаватор** – 1. Хирургиялык инструмент, өзүнүн сырткы көрүнүшү менен кашыкка окшош; дарт менен жабыркаган тканды кырып чыгарууда колдонулат. 2. Кашыгы бар кол инструментинин түрү, ал чирип кеткен тиштин дентинин алып салууда колдонулат.

**ЭКСТРАКТОР (extractor), экстрактор** – адам денесинен кайсы бир бөлүгүн чоюу, бөтөн нерселерди алып салуу же төрөт процессин жеңилдетүү үчүн пайдаланыла турган аспап (караңыз: Вакуумдук экстрактор).

**ЭКСТРАКТОР ВАКУУМНЫЙ (extractor vacuo), вакуумдук экстрактор** – хирургиялык аспиратор (вакуумдук экстрактор) – бул аспап, жетишерлик күчтөгү аспирациялык идиште басымдын суюлушун пайда кылууга жөндөмдүү, анын жардамы менен атайын түтүк аркылуу же катетер аркылуу суюктуктун калдыктары сорулуп чыгарылат. Аппарат-

тар хирургиялык операция мезгилинде колдонууга багытталган, төрөт убагында жардам көрсөтөт, жана ошондой эле реанимациялык иш чараларды өткөрүүдө жа колдонулат.

**ЭКТ (ECT), ЭКТ** – анык депрессияны дарылоо ыкмасы (кээде шизофренияны жана куугунтуктоону (мания)). Караңыз: Электроконвулсивдик терапия, Электрошок.

**ЭЛЕВАТОР (elevator), элеватор** – 1. Сынып, ичкери кирип кеткен сөөк бөлүгүн алып чыгуу үчүн пайдаланыла турчу аспап. Ортопедиялык практикада сөөк кабын чечүү үчүн атайын периосталдык элеватор (periosteal elevator) колдонулат. 2. Тишти дүмүрүнөн бошотуп, сууруп алуу үчүн пайдаланыла турган аспап.

**ЭЛЕКТРОКАРДИОГРАММА (ЭКГ) (electrocardiogram (ECG)), электрокардиограмма (ЭКГ)** – жүрөктүн иштөө ритмин коштой турган электр кубатынын кагаз тасмасына түшүрүлүшү. Электрокардиограмманы жазып алуу электрокардиограф (electrocardiograph) деп аталган атайын прибордун жардамы аркылуу жүзөгө ашырылат (караңыз: Электрокардиография). Электрокардиограмманын жардамы менен доктур түрлүү жүрөк ооруларын диагностикалайт.

**ЭЛЕКТРОКАРДИОГРАФИЯ (electrocardiography), электрокардиография** – жүрөк соккондогу күчүнөн чыккан электрдик кубулушун каттоо. Атайын катточу аппараттын жардамы менен (электрокардиографтын (electrocardiography)), электр потенциалдардын жазуусу, жүрөктүн иштешин коштоп турганды электрокардиограмма (ЭКГ) деп аташат.

**ЭЛЕКТРОКАРДИОФОНОГРАФИЯ (electrocardiophonography), электрокардиофонография** – жүрөк иштеп жаткан мезгилде, ЭКГ менен бирдикте үндөрүн жана шуулдоолорун жазуу ыкмасы. Жыйынтыгында алынган жазуу фонокардиограмма (phonocardiogram) деп аталат.

**ЭЛЕКТРОКИМОГРАФИЯ (electrokymography), электрокимография** – флуороскоптун же фотоэлектрикалык жазуу системасынын жардамы менен органдын (өзгөчө жүрөктүн) түрдүү кыймылын жазуучу аспап.

**ЭЛЕКТРОМИОГРАФИЯ (electromyography), электромиография** – сөөктүн булчундарынын кыймылдоо күчүн атайын курал менен (электроддордун, булчуң булааларына киргизилүүчү) каттоо. Алынгын ийри сүрөттөлүш осциллографта катталат. Бул ыкма ар кандай нервдик - булчуң дарттарды диагностикалоодо колдонулат.

**ЭЛЕКТРООКУЛОГРАФИЯ (electrooculography), электроокулография** – көздүн кыймылын электрикалык жол менен каттоо ыкмасы.

**ЭЛЕКТРОФОРЕЗ (electrophoresis), электрофорез** – электр менен заряддалган бөлүкчөлөрдү (негизинен белокторду) бөлүү максатында растворго электр тогун жиберүү ыкмасы. Электрофорез организм ткандарынын химиялык курамын изилдөө үчүн кеңири колдонулат.

**ЭЛЕКТРОХИРУРГИЯ (electrosurgery), электрохирургия** – ткандарды кесүү үчүн ичке сымдуу электрод (диатермикалык бычак) аркылуу өткөрүлгөн жогорку жыштыктагы электр тогун колдонуу.

**ЭЛЕКТРОЭНЦЕФАЛОГРАММА (ЭЭГ) (electroencephalogram (EEG)), электроэнцефалограмма (ЭЭГ)** – мээнин иштегендеги жөндөмдүүлүгүн каттоо, жазып алуу жолу. Караңыз: Электроэнцефалография.

**ЭЛЕКТРОЭНЦЕФАЛОГРАФ (electroencephalograph), электроэнцефалограф** – медициналык электр өлчөөчү аспап, анын жардамы менен баш мээнин чекиттердин ортосундагы потенциалдардын ар түрдүүлүгүн өлчөөгө жана каттоого жардам берет.

**ЭЛЕКТРОЭНЦЕФАЛОГРАФИЯ (electroencephalography), электроэнцефалография** – баш мээнин түрдүү бөлүктөрүндөгү электр активдүүлүгүн жазуунун ыкмасы электроэнцефалограмма (ЭЭГ) (electroencephalogram (EEG)) деп аталат. Бул аспаптын жардамы менен аткарылуучу электроэнцефалография, энцефалограф (encephagraph) деп аталат. Бул

аспаптын жардамы менен адамдын баш мээсиндеги абалды жана аң сезимдин деңгээлин мүнөздөөгө болот. Эпилепсия менен жабыркаган жерлерди аныктоого жардам берет.

**ЭМИСКАН (Emiscan), эмискан** – компьютердик томографиянын соода аталышы.

**ЭНДОСКОП (endoscope), эндоскоп** – органдардын ички кабыгын изилдөөчү аспап. Эндоскопторго мисалы катары аурископту алсак болот, ал кулак тарсылдагын изилдөөдө жана сырткы угуу жолдорун изилдөөдө, жана гастроскоп, ал карындын ички катмарларын изилдөө үчүн колдонулат. Кошумча караңыз: Фиброскоп. – Эндоскопиялык (endoscopic). – Эндоскопия (endoscopy).

**ЭПИДИАСКОП (epidiascope), эпидиаскоп** – бир нерсени экранда чоңойтуп көрсөтүүчү долборлоо үчүн колдонгон аппарат (мисалы, микроскоптун нерселик айнегинин үстүндө жайгашкан үлгү).

**ЭРГОГРАФ (ergograph), эргограф** – активдүү кыймыл жасап жаткан учурда адамдын булчуң иштерин катоо үчүн колдонулуучу аспап. Эргографтар спорт менен машыгуучулардын, машыгуу мезгилинде мүмкүнчүлүктөрүн баалоо үчүн колдонулат.

**ЭРХП (ERCP), ХОЛАНГИОПАНКРЕАТОГРАФИЯ ЭНДОСКОПИЧЕСКАЯ РЕТРОГРАДНАЯ (endoscopic retrograde cholangiopancreatography), ЭРХП, ретроградтык эндоскопиялык холангиопанкреатография** – изилдөө, мында катетер дуоденоскоп аркылуу жалпы өт жолдору фатеров ампуласына, рентгенологиялык көзөмөлдөөнүн алдында рентгендик контрастык заттын инъекциясы жасалат. Кошумча караңыз: Папиллотомия.

**ЭХОАКУЗИЯ (echoacousia), эхоакузия** – үндөрдүн кайталанышынын жалган сезими. Ал ички кулактын үлүлүнүн дефектисинин кесепетинен пайда болот.

**ЭХОГРАФИЯ (echography), эхография** – адам ичиндеги орган жана структураларды изилдөө жана жайгашкан ордун аныктоо үчүн ультраүндүү толкундарды пайдалануу. Бул сүрөттөлгөн толкундардын визуалдык байкоосу эхограмма (echogram) деп аталат. Кошумча караңыз: Эхокардиография, Эхоэнцефалография, Ультрасонография.

**ЭХОКАРДИОГРАФИЯ (echocardiography), эхокардиография** – жүрөк функциясын изилдөө жана байкоо жүргүзүү үчүн ультраүндүү толкундардын пайдаланышы. Тубаса жана кийинчирээк пайда болгон жүрөк ооруларын диагностикалоо үчүн зарыл.

**ЭХОТОМОГРАФИЯ (echotomography), эхотомография** – караңыз: Ультраүндүү томография.

**ЭЭГ (EEG, electroencephalogram), ЭЭГ** – караңыз: Электроэнцефалография.

# ИНФЕКЦИОННЫЕ БОЛЕЗНИ



# А

**АГЬЮ, агью** – караңыз: Малярия.

**АКАРИАЗ (acariasis), акариаз** – кенелер туудурган дарт, ошондой эле бул дарттын симптомдору, кенелердин чагышында да пайда болушу мүмкүн (мисалы, аллергия жана дерматит).

**АКТИНОБАЦИЛЛА (Actinobacillus), актинобацилла** – кыймылсыз аэробдук бактерия, ай сыяктуу же таякча формасында болот; айрым учурларда жип түрүндө бутакташкан структурага чейин өсүп жетилишет. Адатта, актинобацилдер мал-жандыктарды жабыркатышып, алар аркылуу адамдарга жугушу мүмкүн.

**АКТИНОМИКОЗ (actinomycosis), актиномикоз** – Actinomyces israelii бактериясы тарабынан козголо турган жугуштуу эмес оору. Көбүнчө жаактын ылдыйкы бөлүгү жабыркайт, бирок оору өпкө, мээ, ошондой эле ичегилерге өтүп кетиши ыктымал.

**АКТИНОМИЦЕТ (Actinomyces), актиномицет** – залал келтирүүчү грибок; адамдарга жана жаныбарларга патогендүү. A. israelii дин типтүү өкүлү адамда актиномикоздун негизги туудурууучусу болуп саналат.

**АМЕБИАЗ (amoebiasis), амебиаз** – көбүнчө жоон ичегини дартка чалдыктыруучу мите курт пайда кылган ич өткөк оорусу (караңыз: Дизентерия).

**АНГИНА ЛИМФОИДНО-КЛЕТОЧНАЯ (МОНОЦИТАРНАЯ) (glandular fever), лимфоидүү клеткалык ангина (моноцитардык)** – Эпштейн – Барр вирусу тарабынан козголуучу жугуштуу оору; моюн, колтук астындагы жана жука чурайдагы лимфа бездерин жабыркайт; көбүнчө жаш балдар жана өспөрүмдөр арасында жолугат. Медициналык аталышы: Инфекционндук мононуклеоз (infectious mononucleosis).

**АНТРАКОЗ (anthracosis), антрокоз** – караңыз: Өпкөнүн антракозу, Көмүр чыгаруучулардын пневмокониозу.

**АНТРАКОЗ КОЖИ (anthracosis cutis), теринин антрокоз оорусу** – кесиби шахтер, от жаккыч, паравоздун машинисти болуп иштеген адамдарда байкалуучу теринин терең катмарына кара түстөгү чаңдар шыкалып, карарган теринин оорусу. Дерматокониоздун эң эле көп таралган түрү (чаңдын каалаган түрүн териге киргизүү).

**АНТРАКОЗ ЛЕГКИХ (anthracosis pulmonum), ПНЕВМОКОНИОЗ ШАХТЕРОВ (coal-worker's pneumoconiosis), өпкөнүн антракозу, көмүр чыгаруучулардын пневмокониозу** – таш көмүрдүн чаңы өпкөгө жайылып, андан пайда болгон оору. Көбүнчө көмүр чыгаруучуларды жабыркайт, алардын өпкөлөрү ишканадагы шарттарга көнүп калат жана өпкөдөн көмүр чаңынын бөлүкчөлөрүн алып салат. Караңыз: Пневмокониоз.

**АНТРОПОЗООНОЗ (anthropozoonosis), антропозооноз** – табигый контакттын негизинде жаныбарлардан адамга же тескерисинче адамдан жаныбарларга жугуучу оору (мисалы, лептоспироз, күйдүргү жана кутурма).

**АСКАРИДОЗ (ascariasis), аскаридоз** – аскарид (Ascaris lumbricoides) митесинен пайда болгон оорулар.

**АСПЕРГИЛЛЕЗ (aspergillosis), аспергиллез** – Aspergillus тибиндеги грибоктор менен туудурулган дарт, адатта көк даттан (Aspergillus fumigatus) пайда болгон теринин, былжырлуу бездин, өпкөнүн оорусу.

**АТТЕНУАЦИЯ (attenuation), аттенуация** – химиялык таасирдин, ысытуунун, кургатуунун, жагымсыз шарттарда багып өстүрүүнүн жардамы аркасында бактерия жана вирустардын оору жаратуучу мүмкүнчүлүгүн (вируленттүүлүгүн) азайтуу.

**АУТОИНТОКСИКАЦИЯ (autointoxication), аутоинтоксикация** – уулар менен ууlануу, бул уулар адамдын организминде бөлүнүп чыгышат.

**АФЕБРИЛЬНЫЙ (afebrile), афебрилдүү** – кээ бир оорулуунун оорусуна жараша температурасы жогору болуш керек болсо, ал анын тескерисинче жогору көтөрүлбөстүгү.

**АЦИДОФИЛ (acidophil), АЦИДОФИЛЬНЫЙ (acidophilic), ацидофил, ацидофилдик** – 1. Гистологияда – кычкыл боёгучтарда боёлгон ткандарды, клеткаларды же алардын бөлөк бөлүктөрүн сүрөттөөдө колдонулат (мисалы, эозин). 2. Бактерологияда – кычкыл чөйрөдө жакшы көбөйгөн бактерияларды сүрөттөөдө колдонулат.

**АЭРОБ (aerobe), аэроб** – өзүнүн жашоосуна абадагы кычкылтекти сөзсүз керектөөчү жандыктар-микробдор. Кошумча караңыз: Анаэроб, Микроаэрофилдик.

## Б

**БАКТЕРИЕМИЯ (bacteraemia), бактериемия** – адам канында бактериянын болуусу жугуштуу оорунун бар экенин айгинелейт.

**БАКТЕРИИ (bacteria, жекелик. bacterium), бактериялар** – тышы жука чел менен курчалган бир клеткалуу майда жандыктар, микробдордун бир түрү. Көпчүлүк бактериялар бир клеткалуу болушат; мындагы клеткалар сфералык (кокк), таякча сымал (бацилла), спираль сымал (спирилл), үтүр формада (вибрион) же бурама сымал (спирохета) формада болушат. Адатта бактериялардын өлчөмү 0,5 тен 6 мкм ге чейин болот.

**БАКТЕРИОСТАТИЧЕСКИЙ (bacteriostatic), бактериостатикалык** – бактериялардын өсүшүн жана көбөйүшүн басаңдатуу. Бактериостатикалык препараттардын бири эритромицин эсептелет. Салыштыруу үчүн: Бактерициддик.

**БАКТЕРИОФАГ (bacteriophage), ФАГ (phage), бактериофаг, фаг** – клетканы жабыркатуу менен көбөйүп, лизисине алып келе турган бактериялар вирусу. Адатта фаг баш (анда эки чынжырчалуу ДНК бар), белок молекулаларынан түзүлгөн куйрукча фибриллдерден турат. Фагдардын ар бири бактериялардын белгилүү гана бир түрүнө карата каршы таасир этет. Бул фагдарды (phage typing) класификациялоодо колдонулат. Кошумча караңыз: Лизогения.

**БАКТЕРИЯ КОЛИФОРМНАЯ (coliform bacteria), колиформдук бактерия** – грамтерс таякча сымал бактериялардын түрү, адатта ичеги-карын трактта болгон жана лактозанын ачытуусун туудурат – Аларга: Enterobacter, Escherichia жана Klebsiella киришет.

**БАЛАНТИДИАЗ (balantidiasis), балантидиаз** – мите инфузориясы Balantidium coli жоон ичегинин капталын жемирүүдөн пайда болгон оору.

**БАЛАНТИДИИ (Balantidium), балантидиялар** – жөнөкөйлөр классынын эң ири өкүлдөрүнүн бири (алардын узундугу 70 мкмден ашат). Айрым учурларда гана адам организмин жабыркатат (караңыз: Балантидиаз).

**БАРТОНЕЛЛА (Bartonella), ГЕМОБАРТОНЕЛЛА (Haemobartonella), бартонелла, гемобартонелла** – таякча сымал же тоголок мите микроорганизмдердин тукумуна кирет, адатта аларды риккетсиялар деп аташат. Алардын болушун кандын эритроциттеринде жана лимфалык клеткаларда, ошондой эле көк боордо, боордо жана бөйрөктө байкалат. B. Bacilliformis түрү адамда бартонеллезди туудурат.

**БАРТОНЕЛЛЕЗ (bartonellosis), бартонеллез** – инфекциялык дарт, ал мите курттардын пайда болушу менен шартталат, бул дарт Перу, Эквадор жана Колумбиянын бийик тоолуу дарыялардагы өрөөндөрдө кеңири таралган, ал риккетсия митесинин Bartonella bacilliformis кесепетинен пайда болот. Дарттын эки клиникалык формасы бар: Оройя безгеги (Oroya fever) (башкача ал Карриондун (Carrion's disease) оорусу деп аталат) жана перуандык сөөл (verruga peruana).

**БАЦИЛЛА (bacillus, көпч. bacilli), бацилла** – формасы узун тартып, микроскоп менен караганда таякча окшош көрүнгөн бактерия. Кошумча караңыз: Bacillus, Lactobacillus, Streptobacillus.

**БАЦИЛЛА УЭЛХА (Welch's bacillus), Уэлх бациллясы** – караңыз: Clostridium.

**БАЦИЛЛЕМИЯ (bacillaemia), бациллемия** – кайсы бир инфекциялык дарттын кесепетинен кан агымында таякча сымал бактериянын болушу.

**БАЦИЛЛУРИЯ (bacilluria), бациллурия** – бөйрөк инфекциясында заарада бактериянын (бацилланын) болушу. Караңыз: Цистит.

**БЕДЖЕЛЬ (bejet), СИФИЛИС ЭНДЕМИЧЕСКИЙ (endemic syphilis), беджель, эндемикалык котон жара** – котон жаранын узакка созулган венерикалык эмес формасы. Беджель көбүнчө пенициллин менен дарыланат жана өтө сейрек мезгилде өлүмгө алып келет.

**БЕРИЛЛИОЗ (berylliosis), бериллиоз** – бериллий же анын кошундуларынын буусу менен дем алуу же анын териге келип түшүүсү организмдин ууланuусуна алып келет.

**БИЛЬГАРЦИЯ (Bilharzia), бильгарция** – караңыз: Шистостома.

**БЛАСТОМИКОЗ (blastomycosis), бластомикоз** – ички органдардын жана теринин грибок оорусу. Blastomyces түрүндөгү мите грибоктор менен туудурулуучу дарт. Бул грибоктор терини (сөөлдүү жараларды жана шишиктерди бетте, моюнда, колдо жана бутта туудурат) же ар кандай органдарды (мисалы, өпкөнү, сөөктөрдү, боорду, көк боорду, лимфа тамырларды) жабыркайт.

**БЛОХА ПЕСЧАНАЯ (chigoe), чөл бүргөсү** – караңыз: Tunga.

**БОЛЕЗНЬ «ЛЕГИОНЕРОВ» (legionnaires' disease), «легионерлер» оорусу** – өпкөдө Legionella pneumophila түрүндөгү бактериялардын таасири аркасында пайда болуучу инфекциялык оору. Legionella түрүндөгү микроорганизмдер көбү сууда кездешет; оору борбордук жылуулук берүүчү, желдетүүчү жана абаны алмаштыруучу системалардагы авариядан улам жайылат.

**БОЛЕЗНЬ БОРНХОЛЬМСКАЯ (Bornholm disease), ПЛЕВРИТ СУХОЙ ДОБРОКАЧЕСТВЕННЫЙ (devil's grip), МИАЛГИЯ ЭПИДЕМИЧЕСКАЯ (epidemic myalgia), ПЛЕВРОДИНИЯ ЭПИДЕМИЧЕСКАЯ (epidemic pleurodynia), Борнхольм оорусу, коркунуч туудурбаган кургак плеврит, эпидемиялык миалгия, эпидемиялык плевродиния** – оору Коксаки вирусу менен чалдыкканда пайда болот. Адам адатта бул вирус менен ооругандар менен түздөн түз контактта болуудан кийин жугат. Оорунун негизги симптому болуп: безгек тутуу, баш оору ошондой эле төштүн ылдыйкы бөлүгүндө приступ сыяктуу катуу оору пайда болот. Оору адатта бир жума бою ооруйт, өлүмгө алып келбейт.

**БОЛЕЗНЬ ВЕЙЛЯ (Weil's disease), Вейл оорусу** – лептоспироз – инфекциялык дарт, Leptospira бактериялардан пайда болот, адамга чычкандардан, иттерден жана башка сүт эмүүчүлөрдөн жугат. Караңыз: Лептоспироз.

**БОЛЕЗНЬ ВЕНЕРИЧЕСКАЯ (venereal disease), венерикалык оорулар** – көбүнчө жыныстык катышуулар аркылуу жуга турган жугуштуу оорулар – сифилис, сүзөк же жумшак шанкр. Караңыз: Жыныстык жол аркылуу өтүүчү оору.

**БОЛЕЗНЬ ЗАРАЗНАЯ (communicable disease), БОЛЕЗНЬ ИНФЕКЦИОННАЯ (contagious disease, infectious disease), жугуштуу оору, инфекциялык оору** – бир адамдан экинчи адамга бериле турган оору. Оору бейтап адам колдонгон буюм-тайымдар, ошондой эле оорулуу адам какырып же чүчкүргөн учурларда аба-тамчы жолдору аркылуу жугат.

**БОЛЕЗНЬ ЗЕЛЕНЫХ МАРТЫШЕК (green monkey disease), жашыл маймылдар оорусу** – караңыз: Марбург оорусу.

**БОЛЕЗНЬ ИНФЕКЦИОННАЯ (infectious disease), инфекциялык оору** – караңыз: Жугуштуу оору.

## В

**ВАРИОЛОИД (varioloid), вариолоид** – 1. Чечек оорусунун жеңил формасы. 2. Кадимки чечек оорусун элестетет.

**ВЕНЕРОЛОГИЯ** (**genitourinary medicine**), **венерология** – жыныстык жолдор аркылуу берилүүчү ооруларды изилдөөгө алуу жана дарылоо менен шугулдана турган медицина бөлүгү.

**ВЕНТРИКУЛИТ** (**ventriculitis**), **вентрикулит** – мээ карынчасынын сезгениши, адатта инфекциянын кесепетинен өрчүйт.

**ВЕТРЯНКА** (**chickenpox**), **суу чечек** – аба-шилекей жолдору аркылуу берилип, герпес вирусу аркылуу козголуучу жеңил, бирок өтө жугуштуу инфекциялык оору. 11–18 күнгө чейин созулган инкубациялык мезгилден кийин температуранын жогорулагандыгы байкалат жана бир суткадан кийин денени кочкул-кызыл тактар каптап кетет. Бул тактар бет, баш жана кол-бут терилерине таралып, кабыкча менен капталган ыйлаакчаларга айланат да алар 12 күндөн кийин түшөт. Медициналык аталышы: Суу чечек (varicella).

**ВИРЕМИЯ** (**viraemia**), **виремия** – канда вирустун болушу.

**ВИРУС** (**virus**), **вирус** – жугуштуу ооруларды пайда кылуучу жандыктардын эң майдасы. Вирустар өтө майда болушкандыктан, аларды электрондук микроскоптун жардамы аркылуу гана байкоого болот, ар бир вирустун негизин нуклеиддик кислота (ДНК же РНК) белок курчалмасы менен бөлөнгөн. Вирустар ар кандай ооруларды пайда кылышат. Вирустук оорулардын басымдуу көпчүлүгүнө каршы ар кыл вакциналар колдонулат. – Вирустук (viral).

**ВИРУС ИММУНОДЕФИЦИТА ЧЕЛОВЕКА** (**human immunodeficiency virus**), **адамдын иммундук дефицит вирусу** – караңыз: ВИЧ.

**ВИРУС ПАПИЛЛОМЫ ЧЕЛОВЕКА** (human papillomavirus), **ВПЧ** (HPV), **адамдын папиллома вирусу** – паповавирустар тобунун өкүлү, адамдарда сөөлдөрдүн пайда болушун, ошондой эле гениталдык вирустарды жаратат. Бул вирустардын 50 дөн ашык штаммдары бар, алардын кээ бирлери гениталдык, аналдык, өзгөчө жатын рактарынын себептери болушат. Бул вирус бир бир бат таралуучу вирус болуп саналат. Ал көбүнчө жыныстык жол менен таралат.

**ВИРУС РЕСПИРАТОРНО-СИНЦИТИАЛЬНЫЙ** (**respiratory syncytial virus** (**RSV**)), **респиратордук-синцитиалдык вирус** – парамиксовирус (караңыз: Миксовирус). Адамда мурун жана тамак инфекциялык оорусуна алып келет. Бул вирус кичинекей балдардын бронхилитинин жана пневмониянын өрчүшүн пайда кылат. Эң кооптуусу бул вирус ымыркайлардын өлүмүнө алып келет.

**ВИРУС Т-КЛЕТОЧНОЙ ЛИМФОМЫ ЧЕЛОВЕКА** (**HTLV, human T-cell lymphocytotrophic virus**), **адамдын Т-клеткалуу лимфомалык вирусу** – вирустардын тобу, аларга СПИД жана адамдын Т-клеткалуу III (же ВИЧ) лимфомалык вирусу кирет. Т-клеткалуу лимфомалык вирус адамдарда лимфоманы жана лейкемияны жаратышы мүмкүн.

**ВИРУС ЭПШТЕЙНА – БАРРА, (ЭБВ)** (**Epstein – Barr virus**), **Эпштейн – Барр вирусу, (ЭБВ)** – герпес вирустардын тобуна кирет, адамдарда инфекциялык мононуклеозду пайда кылат. Ошондой эле адамдарды гепатит оорусуна жана рактын кээ бир формаларына (Беркиттин лимфомасына же Ходжкиндин оорусуна) алып келет.

**ВИРУСОЛОГИЯ** (**virology**), **вирусология** – вирус жана вирустук оорулар тууралуу сындагы илим (кошумча караңыз: Микробиология).

**ВИЧ** (**HIV**), **ВИРУС ИММУНОДЕФИЦИТА ЧЕЛОВЕКА** (**human immunodeficiency virus**), **ВИЧ, адамдын иммундук жетишсиздигинин вирусу** – адамдын иммунодефицитинин вирусу, ретровирус – адамда СПИД дин өөрчүшүн алып келет (кошумча караңыз: Адамдын Т-клеткалык лимфомалык вирусу).

**ВОЙНА ХИМИЧЕСКАЯ И БИОЛОГИЧЕСКАЯ** (CBW, chemical and biological warfare), **химиялык жана биологиялык согуш** – согуш убагында ууланууучу газдарды

жана башка химиялык заттарды, ошондой эле бактерияларды, вирустарды, токсиндерди колдонуу.

**ВОЛЧАНКА ОБЫКНОВЕННАЯ** (lupus vulgaris), **кадимки бөрү жатыш** – кургак учук таякчаларынын кириши менен өнүгө турчу теринин кургак учуктуу жабыркоосу. Бөрү жатыштын бул түрү баланын мурдунда же жаак эттеринде кочкул-кызыл тактардын пайда болуусу менен башталат. Натыйжалуу дарылануу болбосо, бул тактар бүтүндөй денеге тарап, одоно тырыктардын жаралышына алып келет. Дарылоо үчүн кургак учукка каршы каражаттар колдонулат.

**ВОЛЧАНКА ТУБЕРКУЛЕЗНАЯ** (lupus verrucosus), **кургак учук бөрү жатыш** – сейрек кездешүүчү терини кургак учуктун жабаркашы. Ал териде сөөлдүү аймакчалардын пайда болушу менен мүнөздөлөт (өзгөчө кол терисинде). Бул оору кайта кургак учукту жугуздуруп алган адамдарда байкалат.

**ВПЧ** (HPV), АПВ (**ВПЧ**) – адамдын папилома вирусу - паповавирустар тобунун өкүлү, адамда сөөлдордүн, анын ичинде гениталдык да вирустардын пайда болушун туудурат. Караңыз: Адамдын папиллома вирусу.

## Г

**ГЕКТИЧЕСКИЙ, ИЗНУРИТЕЛЬНЫЙ (hectic), гектикалык, чарчатуучу** – кээ бир ооруларда оорулуунун абалы жакшырбай температурасы төмөндөбөй бир калыпта туруу учуру.

**ГЕЛЬМИНТ** (helminth), **гельминт** – ар кыл мите ошону менен бирге трематод, нематод курттарынын өкүлү.

**ГЕМОЗОИН (haemozoin), гемозоин** – мите курттарда кезигүүчү курамында темир бар пигмент. Ал адамдарда безгек оорусун жаратат (Plasmodium түрүнүн өкүлү).

**ГЕРПАНГИНА** (herpangina), **герпангина** – адамда капысынан болуп кетүүчү вирустук жугуштуу оору. Белгилери: калтырак, ыйлаакча жана тандай менен бадам сымал безде жаранын пайда болушу. Оору, адатта 2–5 күнгө созулат.

**ГЕРПЕС (herpes), герпес** – герпес вирусуна чалдыккан тери оорусу. Жараланган аймактарда майда ыйлаакчалардын байда болушу менен мүнөздөлөт. Жөнөкөй герпес вирусунун эки түрү белгилүү: биринчиси кеңири таралган жөнөкөй герпести туудурат, биринчиси эринде же анын тегерегинде пайда болот, экинчиси гениаталдык герпести туудурат, экинчиси жыныстык жол менен жугуучу жыныс органдарда пайда болот. Герпестин вирустары көздүн конъюктивасын жабыркашы мүмкүн (кошумча караңыз: Көздүн сыртындагы тунук челинде бутактанган жара).

**ГЕРПЕС ГЕНИТАЛЬНЫЙ (genital gerpes), гениаталдык герпес** – караңыз: Герпес.

**ГЕРПЕС ПРОСТОЙ (cold sore), жөнөкөй герпес** – караңыз: Герпес.

**ГЕТЕРОТРОФНЫЙ (heterotrophic), ОРГАНОТРОФНЫЙ (organotrophic), гетеротрофтук, органотрофтук** – берилген термин гетеротрофтор деп аталган организмдерди сүрөттөөдө колдонулат. Көпчүлүк гетеротрофтор хемогетеротрофтук (chemoheterotrophic) болушат, анткени энергиянын булагы катары алар ар кандай органикалык кошулмалар катары колдонушат. Бул топторго көпчүлүк бактериялар, баардык жаныбарлар жана грибоктор киришет. Салыштыруу үчүн: Автотрофтук.

**ГИДАТИДОЗ (hydatidosis), гидатидоз** – караңыз: Бир камералуу эхинококкоз.

**ГИДРОФОБИЯ (hydmphobia), гидрофобия** – суудан өтө коркуу, чочуу. Бул көбүнчө кутурма оорусу менен ооругандарда байкалат (караңыз: Кутурма оорусу).

**ГИСТОПЛАЗМОЗ (histoplasmosis), гистоплазмоз** – гистоплазма Histoplasma capsulatum грибоктун спорасын дем алганда пайда болуучу жугуштуу оору.

**ГНОЙ (pus), ириң** – инфекциянын жаралуусу менен бирге пайда болуучу жабышчаак саргыч же ачык жашыл түстөгү суюктук. Ириңдин курамына кандагы өлгөн лейкоциттер, тирүү жана өлгөн ткандардын фрагменттери кирет. Кошумча караңыз: Былжырлуу – ириң бөлүнүп чыгуучу.

**ГОНОРЕЯ (gonorrhoea), гонорея** – адамдын жыныс мүчөсүнүн жолун сезгентүүчү жугуштуу оору. Neisseria gonorrhoeae түрүндөгү бактерия менен туудурулат. Бул дартка гонококк микробу себепкер болот.

**ГРАНУЛЕМА (granuloma,** көпч. **granulomata же granulomas), гранулема** – тканда сезгенич грануляциялардын топтолушу, өнөкөт инфекцияга, сезгеничке, денеде кандайдыр бир денеченин пайда болушуна себеп болот. – Гранулематоздук (granulomatous).

**ГРАНУЛЕМА ПАХОВАЯ (granuloma inguinale), жука чурайлык гранулема** – инфекциялык дарт, ал Calymmatobacterium granulomatis түрүндөгү бактериялар менен козголот, алар бир адамдан экинчи адамга жыныстык катнашуудан кийин өтөт.

**ГРИПП (influenza), грипп** – катуу кармоочу, вирустун кесепетинен пайда болгон жугуштуу оору. Вирус бир адамдан экинчи адамга жөтөлүүдө же чүчкүрүүдө жугат. Негизги бактериялар, алардын адамда кайталанган инфекциянын пайда болушунун себеби болуп, Streptococcus pneumoniae түрүндөгү бактериялар жана, Haemophilias influenzae жана Staphylococcus aureus түрүндөгү бактериялар эсептелет, аларды басаңдатуу үчүн тиешелүү антибиотикотерапия колдонулат.

**ГУММА (gumma), гумма** – ар кайсы органда көтөн жаранын үчүнчү стадиясында байкалуучу томпойгон катуу нерсе. Ал боордун, баш мээнин, урук бездин, жүрөктүн же сөөктүн тутумдаштыргыч тканында пайда болот.

**ГУНДУ (goundou), АНАКРЕ (anakhre), гунду, анакре** – инфекциялык оорудан кийин пайда болуучу абал. Ал фрамбезия атуу инфекциялык оорудан кийин пайда болуучу абал.

## Д

**ДАКРИОАДЕНИТ (dacryoadenitis), дакриоаденит** – жаш чыгуучу бездин сезгениши (караңыз: Жаш агуу аппараты).

**ДАКРИОЦИСТИТ (dacryocystitis), дакриоцистит** – жаш баштыкчасынын сезгениши (караңыз: Жаш агуу аппараты).

**ДАКТИЛИТ (dactylitis), дактилит** – сөөктүн инфекциялык жабыркоосуна (мисалы, кургак учук остеомиелитинде) же ревматизм оорусуна байланыштуу келип чыккан кол жана бут манжаларынын сезгенүүсү.

**ДЕРМАТОФИТ (dermatophyte), дерматофит** – грибок, ал үч түрдүн бирине таандык болот: Microsporum, Trichophyton жана Epidermophyton. Ал кератин менен азыктанып, адамда дерматомикозду туудурат.

**ДИЗЕНТЕРИЯ (dysentery), дизентерия** – өзгөчө микробдун бактериянын кесепетинен пайда болгон ичегинин жугуштуу оорусу. Амебалык дизентерия (amoebic dysentery) (амебиаз) (amoebiasis), ал Entamoeba histolytica түрүндөгү жөнөкөйлөр организмге өткөндө өрчүйт. Бактериалдык дизентерия (bacillary dysentery) Shigella түрүндөгү бактерия адамдын организмине өткөндө пайда болот. Салыштыруу үчүн: Холера.

**ДИЗУРИЯ (dysuria), дизурия** – кыйынчылык менен заара ушатуу. Адатта, бат-бат заара кылуу, цистит же уретрит оорулары менен байланыштуу болот. Көпчүлүк учурларда суюктукту көп ичүү сунушталат.

**ДИПЛОКОКК (diplococcus), диплококк** – жупташуу мүмкүнчүлүгүнө ээ кыймылсыз паразиттүү бактериялар тобунун өкүлү. Бул топко мисалы, пневмококктор кирет.

**ДИФТЕРИЯ (diphtheria), дифтерия** – оор өтө жугуштуу инфекциялык дарт. Ал Corynebacterium diphtheriae түрүндөгү бактериялар аркылуу туудурулат. Адатта кулкунду

жана кекиртекти, кээ бирде башка былжырлуу челдерди же теринин үстүн жа жабыркашы мүмкүн. Аны менен көбүнчө жаш балдар көбүрөөк ооруйт. Кошумча караңыз: Шик реакциясы.

**ДИФТЕРОИД (diphtheroid), дифтероид** – 1. Дифтерия сындуу бактерия. 2. Дифтерияны жаратуучу бактерия.

**ДРАКОНТИАЗ (dracontiasis), драконтиаз** – тери алдындагы мителик клеткалар аркылуу пайда болуучу тропикалык оору Dracunculus medinensis түрүндөгү нематоддор аркылуу туудурулган (караңыз: Ришта). Адамга суу аркылуу жугат жана бир жылдан кийин билинет. Оорунун баштапкы белгилери болуп, тери сыртына нематоддордун чыгышы саналат; бейтаптын дене боюу кычышып, ичи өтүп, кусуп, башы айлануу менен дем алуусу оорлойт. Кийинчирээк териде (адатта кол жана буттун) чоң-чоң ыйлаакчалар пайда болот.

**ДРАКУНКУЛЕЗ (Dracunculosis), БОЛЕЗНЬ РИШТЫ (Rishta's disease), Дракункулез, Ришта оорусу** – теринин алдынан орун алган мите. Бул көбүнчө меридианга жакын турган өлкөлөрдүн элдеринде байкалуучу илдет болуп саналат. Дракункулез (ришта оорусу катары таанымал) – бул мителик оору, ал узун жип сымал курттар Dracunculus medinensis менен туудурулат. Ал адамдар кир, мителер менен инфекцияланган суу ичкенде жугат.

## Ж

**ЖГУТИКОВОЕ (flagellate), кыл чыбыкчалуу** – жөнөкөйлөр түрү, аларда бир же бир нече чыбыкчасы бар. Кээ бирлери (караңыз: Кыл чыбыкча (жгутик) адамдын мителери болуп саналат жана бул көз караштан алганда медицинага кызыгуу туудурушат. Караңыз: Trypanosoma, Leishmania, Giardia, Trichomonas.

## З

**ЗАБОЛЕВАНИЕ НЕРАСПОЗНАННОЕ (missed case), толук аныкталбаган оору** – дарыгер тарабынан диагнозун аныктоого мүмкүн болбогон, ошондой эле болор-болбос кооптонууну жаратып, атайын медициналык дарылоону талап кылбаган кандайдыр бир инфекциялык оору.

**ЗАРОДЫШ, ЗАЧАТОК, МИКРООРГАНИЗМ ПАТОГЕННЫЙ** (germ), **түйүлдүк, каалаган микроорганизм** – каалаган микроорганизм, өзгөчө оору туудуруучу. Кошумча караңыз: Инфекция.

**ЗООНОЗ (zoonosis), зооноз** – жаныбарлардан кишилерге жуга турган жугуштуу оору. Караңыз: Күйдүргү, Бруцеллез, «Мышык тыткандай» безгек, Уй чечеги, Сап дарты, Q-безгеги, Рифт – Валли безгеги, Кутурма оорусу, Чычкандын тиштегендигинин безгеги, Токсоплазмоз, Туляремия, Келте.

## И

**ИНТЕРКУРРЕНТНЫЙ (intercurrent), интеркурреннттик** – кайсы бир процесс менен бир эле убакта болуучу, инфекциялык дартка тиешелүү колдонулуучу сөз.

**ИНФЕКЦИЯ (infection), инфекция** – ооруга чалдыктыруучу жугуштуу микробдордун организмге кириши.

**ИНФЕКЦИЯ ВНУТРИБОЛЬНИЧНАЯ (nosocomial infection, hospital infection), оорукананын ичиндеги инфекция** – адатта ооруканада болуучу инфекция. Мындай инфекцияларга грибоктук жана шартттуу – патогенндик бактериялар менен туудурулган инфекциялар кирет.

**ИНФЕКЦИЯ ПОСЛЕРОДОВАЯ (puerperal infection), төрөттөн кийинки инфекция** – төрөттөн кийинки кайсы бир оорулардын негизинде жыныстык органда пайда болуучу инфекция.

**ИЕРСИНИОЗНЫЕ ИНФЕКЦИИ (clostridium infectio), иерсиниоздук инфекциялар** – бул термин эки курч инфекциялык ооруларды бириктирет – энтерит, ал lemma enterocolitica менен туудурулган (бизге ичеги иерсиниоз деп белгилүү) жана экстраинтестиналдык иерсиниоз (псевдотуберкулез катары белгилүү). Жогоруда аталган иерсиниоздук инфекциялар боорду, ичеги-карын трактын, бөйрөктөрдү, муундарды, жана башка адамдын органдарын жабыркайт.

## К

**КАЛА-АЗАР (kala-azar), ЛЕЙШМАНИОЗ ВИСЦЕРАЛЬНЫЙ (visceral leishmaniasis), ЛИХОРАДКА ДУМ-ДУМ (Dumdum fever), кала-азар, висцералдык лешманиоз, дум-дум безгеги** – тропикалык дарт, ал Leishmania donovani тибиндеги мителер менен туудурулган оору. Бул мителер адамга кум чиркейлерден өтүп, андан кийин лимфа системасынын клеткаларын, көк боорду жана сөөк чучугуна өтөт.

**КАЛЬЦИКОЗ (calcicosis), кальцикоз** – пневмокониоздун бир түрү; көп учурда мрамор менен иш кылган адамдарда байкалат жана бул термин салыштырмалуу сейрек колдонулат.

**КАНДИДОЗ (candidosis, candidiasis), кандидоз** – өңдүү ачыткы сымал грибоктордун (адатта Candida albicans) таасири алдында козголуп жана адамдын нымдуу дене бөлүкчөлөрүндө байкалуучу кеңири таралган инфекция.

**КЛАССИФИКАЦИЯ ЛЭНСФИЛДА (Lancefield classification), Ленсфилд классификациясы** – стрептоккок бактериялардын классификациясы (Streptococcus тибине тиешелүү бактериялар), ал алардын клеткаларынын бетинде белгилүү бөтөн гендердин болушу же жок болушу менен негизделет.

**КЛОНОРХОЗ (clonorchiasis), клонорхоз** – өт чыгаруу жолдорунда жана карындын алдындагы бездин өткөөлүндө кезигүүчү мите курт оорусу Clonorchis sinensis тибиндеги мителер менен туудурулат, алар адатта өт түтүктөрүндө байырлайт. Бул илдет Ыраакы Чыгышта гана кездешет.

**КОКК (coccus,** көпч. **cocci), кокк** – формасы жагынан тоголок микробдор. Пневмония оорусунда пневмококк, гонореря оорусунда гонококк микробу ооруга дуушар кылат. Кошумча караңыз: Гонококк, Менингококк, Микрококк, Пневмококк, Стафилококк, Стрептококк.

**КОККОБАЦИЛЛА (coccobacillus), коккобацилла** – таякча сымал бактерия (бацилла), ал өтө кичине көлөмдө болот, өзүнүн сырткы көрүнүшү менен сферикалык бактерияны (кокку) элестетет. Мисалы, катары Bacteroides жана Brucella деген бактерияларды алсак болот.

**КОКЛЮШ (whooping cough, pertussis), көк жөтөл** – катуу инфекциялык дарт, ал дем алуу органдарды Bordetella pertussis түрүндөгү бактериялар былжырлуу челди инфицирлөөнүн кесепетинен пайда болот, көпчүлүк мезгилде жаш балдарда кездешет. Медициналык аталышы: Көк жөтөл (pertussis).

**КОККЦИДИОИДОМИКОЗ (coccidioidomycosis), кокцидиодомикоз** – инфекциялык дарт, ал Coccidioides immitis аттуу грибоктун спорасын дем алууда пайда болот.

**КОМПЛЕКС СПИД-АССОЦИИРОВАННЫЙ (AIDS-RELATED COMPLEX, ARC), Спид-ассоциацияланган комплекс** – симптомдордун тобу, ал көпчүлүк учурда ВИЧ-инфекциясында байкалат, өзүнө эки же андан көп белгилерди камтыйт: 38 °C градустан жогору безгек, денесинин массасынын төмөндөшү, ич өтүү, бат чарчоо, лимфоаде-

нопатия, түнкү тердөө, анемия, лейкопения, тромбоцитопения жана CD4 Т-клеткалардын концентрациясынын төмөндөшү. Караңыз: СПИД.

**КОНТАКТ (contact), контакт** – жугуштуу оорулуу адам менен же жаныбарлар менен катнашта болгон адам (тике катнаш (direct contact)) же кыйыр катнашта (indirect contact) аба-тамчы жолу аркылуу, оору туудуруучу микроорганизмдер аркылуу ж.б.

**КОРЬ (measles), кызылча** – оор инфекциялык вирустук дарт. Көбүнчө кичинекей балдар оорушат. Ал денеде чоң эмес ак жээгинде кызыл темгилдердин пайда болушу менен мүнөздөлөт. Медициналык аталышы: Кызылчалык кызамык (rubeola), Кызамык (morbilli).

**КОРЬ ГЕРМАНСКАЯ, КРАСНУХА (КОРЕВАЯ), КРАСНУХА (German measles), Германдык кызылча, кызамык** – жеңил жугуштуу вирустук инфекция, аны менен көбүнчө кичинекей балдар жабырканат. Ал моюн лимфа бездеринин чоңоюп кетиши менен жана денеде кызгылт темгилдердин пайда болушу менен мүнөздөлөт. Медициналык аталышы: Кызамык (rubella). Салыштыруу үчүн: Скарлатина.

**КРАСНУХА (rubella), кызамык** – караңыз: Германдык кызылча.

**КРАСНУХА (rubeola), кызамык** – караңыз: Кызылча (балдардын жугуштуу оорусу).

**КРИПТОКОККОЗ (cryptococcosis), ТОРУЛЕЗ (torulosis), криптококкоз, торулез** – дүйнөдө кеңири таралган дарт, өзгөчө АКШ да кездешет, Cryptococcus neoformans грибогу менен туудурулат. Грибок өпкөнү жабыркайт жана мээге таралып кетип, менингитти туудурат.

**КРУП (croup), круп** – дем алуу жолдорунун курч сезгениши, анын ичинде кекиртектин, трахеянын жана бронхтордун сезгениши. Анын себеби болуп вирустук инфекция же бактериалдык инфекция болот. Кошумча караңыз: Эпиглоттит.

## Л

**ЛАПАРОСКОПИЯ (laparoscopy), АБДОМИНОСКОПИЯ (abdominoscopy), ПЕРИТОНЕОСКОПИЯ (peritoneoscopy), лапароскопия, абдоминоскопия, перитонеоскопия** – атайын аспаптын (лапароскоптун) жардамы менен ич органдардагы ооруну табуу үчүн кароочу аспап. Ар кандай гинекологиялык операцияларды жасаганда лазер (лазердик лапароскопия (laser laparoscopy)) колдонулат. – Лапароскопиялык (laparoscopic).

**ЛАРИНГОТРАХЕОБРОНХИТ (laryngotracheobronchitis), ларинготрахеобронхит** – дем алуу органдардын вирустук инфекциясы (өзгөчө кичиненекей балдарда), мында өмүргө коркунуч туудурган кекиртектин бүтөлүп калуу коркунучу бар (караңыз: Круп) же негизги дем алуу жолдордун (бронхтордун) калың какырык менен толуп калыш коркунучу, ткандардын сезгеничи менен секрециялаланган.

**ЛЕПРА (leprosy), БОЛЕЗНЬ ХАНСЕНА (Hansen's disease), лепра, Хансен оорусу** – адамдан-адамга жугуштуу оорусу. Ал оору көп түрлүү болот. Өнөкөт оору, ал Mycobacterium leprae тибиндеги бактериялар менен туудурулат; бул бактериялар терини, былжырлуу челди жана адам организмдеги нервдерди жабыркайт. Көпчүлүк учурда бул дарт тропикалык өлкөлөрдө кездешет.

**ЛЕПТОМЕНИНГИТ (leptomeningitis), лептоменингит** – мээнин желелүү жана жумшак кабыгынын сезгениши. Кошумча караңыз: Менингит.

**ЛЕПТОСПИРОЗ (leptospirosis), БОЛЕЗНЬ ВЕЙЛЯ (Weil's disease), лептоспироз, Вейль оорусу** – Leptospira түрүндөгү бактериялардан пайда болгон жугуштуу оору. Лептоспирохета көбүнчө бакма жапайы жаныбарларда болуп, андан адамдарга жугат.

**ЛИМФОГРАНУЛЕМА ВЕНЕРИЧЕСКАЯ (lymphogranuloma venereum), венерикалык лимфогранулема** – дарт, ал жыныстык жол менен жугат; көпчүлүк мезгилде тропикалык аймактарда кезигет. Себеби болуп, хламидиялар эсептелет (Chlamydia).

**ЛИХОРАДКА ДЕНГЕ (Dengue, Breakbone Fever), Денге безгеги** – арбовирусту пайда кылуучу оору, адамга Aedes aegypti түрүндөгү чиркей аркылуу жугат.

**ЛИХОРАДКА ДУМ-ДУМ (Dumdum fever), КАЛА-АЗАР (kala-azar), ЛЕЙШМАНИОЗ ВИСЦЕРАЛЬНЫЙ (visceral leishmaniasis), Дум-Дум безгеги, кала-азар, висцералдык лейшманиоз** – тропикалык дарт, Leishmania donovani түрүндөгү мите жөнөкөйлөр менен туудурулат. Бул мителер адамга чөл чиркейлеринен өтөт, андан кийин лимфа системасындагы клеткаларга, көк боорго жана сөөк чучугуна өтөт.

**ЛИХОРАДКА ЖЕЛТАЯ (yellow fever), сары безгек** – арбовирус аркылуу козголуучу жугуштуу оору; тропикалык Африка жана Түштүк Американын түндүк аймактарында таралган. Адамга, инфекцияланган чиркейлердин (өзгөчө Aedes aegypti түрүндөгү) чагуусу аркылуу жугат. Организмге түшкөн вирус боор жана бйрк ткандарын жабыркатат. Оору симптомдору организмдин канчалык инфекцияланганына байланыштуу болот; аларга: калтырак, баш оору, бел жана колу-буттардын оруусу, температуранын жогорулашы, кусуу, ич катуу, заара кылуу кыйынчылыгы (бөлүнүп чыккан заара курамында көп сандагы альбуминдер кездешет) жана сарык кирет.

**ЛИХОРАДКА КИШЕЧНАЯ (enteric fever), ичеги безгеги** – караңыз: Паратифоздук безгек, Келте.

**ЛИХОРАДКА КЛЕЩЕВАЯ (tick fever), кене безгеги** – жугуштуу оору, кененин чагышы аркылуу жугат.

**ЛИХОРАДКА «КОШАЧЬИХ ЦАРАПИН» (cat-scratch fever), «мышыктын тактары» безгеги** – жугуштуу оору, адамга мышыктын тыткан жериндеги жаралар же тикенек аркылуу өтөт.

**ЛИХОРАДКА ЛАССА (Lassa fever), Ласса безгеги** – оор вирустук оору, өзгөчө Борбордук жана Батыш Африкада кездешет. Инкубациялык маалдан кийин адамда катуу баш оору жана булчуңдардын орушу байкалат, кескин температурасы жогорулайт.

**ЛИХОРАДКА МАЛЬТИЙСКАЯ (Malta fever), ЛИХОРАДКА СРЕДИЗЕМНОМОРСКАЯ (Mediterranean fever), ЛИХОРАДКА УНДУЛИРУЮЩАЯ (undulant fever), БРУЦЕЛЛЕЗ (brucellosis), Мальта безгеги, Жер ортолук деңиз безгеги, ундуляциялаган безгек, бруцеллез** – айыл чарба жаныбарларынын өнөкөт дарты Brucella тибиндеги бактериялар менен туудурулат. Адамга түздөн-түз байланышканда, же бул бактериялары бар пастеризацияланбаган сүт аркылуу жугушу мүмкүн.

**ЛИХОРАДКА МОСКИТНАЯ (sandfly fever), ЛИХОРАДКА ПАППАТАЧИ (Pappataci fever), чиркей безгеги, Паппатачи безгеги** – вирустук оору, адамга чөл чиркейлердин (Phlebotomus papatasii түрүндөгү) чагышынан жугат. Бул чиркейлер Перс жарым аралында, ошондой эле тропикалык климаты менен аймактарда кездешет.

**ЛИХОРАДКА ОРОЯ (Oroya fever), БАРТОНЕЛЛЕЗ (bartonellosis), Оройя безгеги, бартонеллез** – оор жугуштуу оору, Перу, Эквадор, Колумбиянын бийик тоолу аймактарындагы дарыяларында таралат. Козгоочусу болуп риккетсия митеси Bartonella bacilliformis болуп саналат. Ал майда чиркейлердин чагышынан жугат.

**ЛИХОРАДКА ПАРАТИФОЗНАЯ (paratyphoid fever), паратифоздук безгек** – оор инфекциондук жугуштуу оору, Salmonella paratyphi A, B же C түрүндөгү бактериялар менен туудурулат, кир антисанитариялык жагдайларда пайда болот.

**ЛИХОРАДКА РЕМИТТИРУЮЩАЯ (remittent fever), ремитациялаган безгек** – адатта безгектин себеби болуп ар кандай бактериалдык жана вирустук инфекциялар же инфекциондук дарттар болот. Ремитациялаган безгек дененин мезгил - мезгили менен температурасынын туруктуу болбошу менен мүнөздөлөт, бирок эч качан нормалдуу абалга чейин түшпөйт. Кошумча караңыз: Кайталанма эпидемиялык келте.

**ЛИХОРАДКА РИФТ – ВАЛЛИ (Rift Valley fever), Рифт – Валли безгеги –** Түштүк Африка өлкөлөрүндө таралуучу вирустук оору, адамга жаныбарлардан чиркейлер аркылуу өтүп жугат. Симптомдору сасык тумоодой өтөт.

**ЛИХОРАДКА ТРАВМАТИЧЕСКАЯ (traumatic fever), оор жаракат безгеги –** оор жаракаттан кийин пайда болуучу безгек.

**ЛИХОРАДКА ЦЕРЕБРОСПИНАЛЬНАЯ (cerebrospinal fever), ЛИХОРАДКА ПЯТНИСТАЯ (spotted fever), церебродалылык безгек, чаарала безгек –** караңыз: Менингит.

**ЛИХОРАДКА ЧЕРНОЙ ВОДЫ (blackwater fever), кара суу безгеги –** сейрек кездешүүчү, үч күндүк безгек оорусу, заарада гемоглобин пайда болуп эритроциттердин жоголуп кетишине алып келет.

**ЛИХОРАДКА ЧУКУНГУНСКАЯ (Chikungunya fever), чукунгун безгеги –** Азия жана Африка өлкөлөрүндө кездешүүчү дарт, арбовирус аркылуу адамга чиркейлерден (Aedes түрүндөгү) жугат. Симптомдору денге безгегине окшошот.

**ЛИХОРАДОЧНЫЙ (febrile), безгектүү –** безгекке же безгек менен ооруган адамга тиешелүү тиешелүү оору.

**ЛИШАЙ ОПОЯСЫВАЮЩИЙ (shingles), чакалай –** курчама учук (караңыз: Герпес).

**ЛЮЭС (lues), люэс –** катуу мүнөздөгү инфекциялык оору (мисалы, котон жара).

## М

**МАЛЯРИЯ (malaria, marsh fever, periodic fever, paludism), АГЬЮ (ague), малярия, агью –** инфекционндук дарт, ал Plasmodium (P. falciparum, P. malariae, P. ovale же P. vivax) тукумундагы жөнөкөйлөр адамдын канындагы эритроциттерге жукканда өрчүйт. Дарт Anopheles тукумундагы чиркейлерден жугат, көпчүлүк учурда тропикалык жана субтропикалык климаты бар өлкөлөрдө кездешет.

**МАЛЯРИЯ НЕПРЕРЫВНАЯ, МАЛЯРИЯ С ЕЖЕДНЕВНЫМИ ПРИСТУПАМИ (quotidian fever), үзгүлтүксүз малярия, күнүмкү приступтары менен малярия –** оор инфекциялык оору, адамдын канындагы эритроциттерге мителердин өтүшү. Оору чиркейлерден өтүп кетет. Караңыз: Малярия.

**МАЛЯРИЯ ТРЕХДНЕВНАЯ (tertian fever), үч күндүк малярия –** караңыз: Малярия.

**МАЛЯРИЯ ЧЕТЫРЕХДНЕВНАЯ (quartan fever), төрт күндүк малярия –** караңыз: Малярия.

**МЕЗАОРТИТ (mesaortitis), мезаортит –** сифилис, котон жара, оорусунан кийин колко тамырдын сезгенип оорушу. Аортанын жабыркаган аймагында аневризманын пайда болушуна алып келет.

**МЕЗОФИЛЬНЫЙ (mesophilic), мезофилдүү –** бул термин организмдерди сүрөттөөдө колдонулат, өзгөчө бактерияларга, алар 25–45 °С температурада жакшы өсүшөт жана өрчүшөт. Салыштыруу үчүн: Психофилдик, Термофилдик.

**МЕЛИОИДОЗ (melioidosis), мелоидоз –** жапайы жырткычтарда кездешүүчү оору, адатта бактериялар (Pseudomonas pseudomallei түрүндөгү) менен козголот. Адамга келемиштин тиштегенинен жугат, өпкө оорулардын пайда болушуна алып келет да андан абсцесстерге жана септицимияга алып келет.

**МЕРОЗОИТ (merozoite), мерозоит –** маляриялык (Plasmodium) митенин жашоо циклинин этабы, адатта мерозоиттер шинтоздун жыныссыз көбөйүү мезгилинде пайда болушат (караңыз: Шизогония). Пайда болгон мерозоиттер боордун жаш эритроциттерин же клеткаларын жабыркашы мүмкүн.

**МИАЗ (myiasis), миаз –** кээ бир чымындардын жумурткасынан пайда болгон оору. Ошентип Gasterophilus, Hypoderma, Dermatobia жана Cordylobia тукумунун өкүлдөрү тери-

ни жабыркашат; Fannia тукумунун өкүлдөрү тамак сиңирүүчү трактты жана табарсык системасын жабыркайт; Phormia жана Wohlfahrtia тукумунун өкүлдөрү ачык жаракаларды жана жараларды жабыркашат; Oestrus тукумундагы өкүлдөр көздөрдү жабыркашат; ал эми Cochliomyia тукумунун өкүлдөрү мурун көңдөйүнө өтүп алардын инвазиясын ашырышат.

**МИКОЗ (mycosis), микоз** – ооруга чалдыктыруучу грибоктордон пайда болгон оору. Мисалы, актиномикоз, аспергиллез, криптококкоз, риноспоридиоз, дерматомикоз жана споротрихоз.

**МИКСОВИРУС (myxovirus), миксовирус** – РНК-тобундагы вирус, адамдарда жана жаныбарларда сасык тумоону туудурат. Бул топко тиешеси бар парамиксовирустарга (paramyxoviruses) респиратордук – синтициалдык вирус кирет, ошондой эле кызылчаны туудуруучу, эпидемиялык паротитти жана парагриппти туудуруучу агенттер кирет.

**МИКСТ-ИНФЕКЦИЯ (смешанные инфекции) (mixed-infectiones), микст-инфекция (аралашма инфекциялар)** – вирустук инфекция менен кошунду, алар ээ болгон жана тубаса болушат. Тубаса инфекциялар балдар эненин тонунда жатканда өрчүйт, эне бир нече вирустук дарттар менен ооруганда.

**МИЦЕТОМА (mycetoma), мицетома** – грибоктордун бар болушу менен ткандардын өнөкөт сезгениши. Караңыз: Мадурдук бут кетмен.

**МОЛОЧНИЦА (thrush), грибок оорусу** – кындын жабыркануусу, ал ачыткы сымал грибоктор менен туудурулат (адатта Candida albicans). Караңыз: Кандидоз.

**МОНИЛИОЗ (moniliasis), мониолиз** – кандидоздун эски аталышы.

**МОНОНУКЛЕОЗ ИНФЕКЦИОННЫЙ (infectious mononucleosis), инфекционндук мононуклеоз** – караңыз: Лимфоиддик – клеткалык ангина (моноцитардык).

## Н

**НЕЙРОСИФИЛИС (neurosyphilis), нейросифилис** – нерв системасын жабырката турчу котон жара.

**НЕЙРОТОКСИЧНЫЙ (neurotoxic), нейроууланган** – нерв клеткаларына зыян келтирүүчү же уулуу.

**НЕМАТОДА (nematode), ЧЕРВЬ КРУГЛЫЙ (roundworm), нематода, жумуру курт** – эки учу бирдей ичкерип кетүүчү жана муундарга бөлүнбөгөн цилиндрдик денеге ээ ири курттар тобунун өкүлү. Мунун өзү нематоддорду башка гельминттерден ажыратууга жардам берет.

**НОКАРДИОЗ (nocardiosis), нокардиоз** – Nocardia деп аталган бактериялар тарабынан пайда болуучу оору; абсцесс жаратуу менен өпкө, тери жана баш мээни жабыркатат.

**НОСИТЕЛЬ (carrier), алып жүрүүчү** – 1. Организмде өзүнө эч кандай зыяны жок, бирок башка адамдарга жугуусу мүмкүн болгон оору жаратуучу микроорганизмдерди алып жүрүүчү адам. 2. Оору жаратуучу микроорганизмдерди башка жаныбарларга жана адамдарга жугузуучу жаныбар же курт - кумурскалар. 3. Жаныбар, көпчүлүк учурда курт-кумурска, ал пассивдүү түрдө микроорганизмдерди башка жаныбарларга же адамга өтөт. Кошумча караңыз: Вектор.

## О

**ОКСИУРОЗ (oxyuriasis), ЭНТЕРОБИОЗ (oxyuriasis), оксиуроз, энтеробиоз** – дүйнөдөгү баардык балдарда көп кездешүүчү дарт; Enterobius vermicularis түрүндөгү жоон ичегидеги мите нематоддор менен туудурулат (караңыз: Чүчөк (Острица)).

**ОНКОСФЕРА (oncosphere, hexacanth), онкосфера** – тасма куртунун соруугa ылайышташкан алты буттуу личинкасы. Эгерде ал айталы, чочко же өгүз организмине ке-

лип түшкөн болсо, ичеги бетине жармашуу үчүн дал мына ушул соргуч бутчаларын пайдаланат.

**ООКИНЕТА (ookinete), оокинета** – макрогаметанын уруктануусунан кийин жаралуучу безгек паразитинин (Plasmodium) кыймылдуу жана узун зиготасы. Оокинета кийинчерээк ооцистага айланат.

**ООЦИСТА (oocyst), ооциста** – маляриялык бактериянын зиготасынан (караңыз: Оокинета) өнүүгүүчү 50–60 мкм диаметри менен сфералык өсүш.

**ОРНИТОЗ (ornithosis), ПСИТТАКОЗ (psittacosis), ЛИХОРАДКА ПОПУГАЙНАЯ (parrot disease), орнитоз, пситтакоз, тоту куш** – канаттуу куштардан, адамдарга жуккан жугуштуу оору, ал Chlamydia psittaci түрүндөгү клетка ичиндеги чоң эмес бактериялар менен туудурулат. Оорунун себепкери вирус. Ооруга чалдыктыруучу вирус биринчи жолу тоту куштан табылган.

**ОСПА (variola), чечек** – караңыз: Кадимки чечек.

**ОСПА ВЕТРЯНАЯ (varicella), шамалдуу чечек** – караңыз: Суу чечек.

**ОСПА КОРОВЬЯ (cowpox), уй чечек** – уй желининин вирустук инфекциясы; адамга түздөн-түз байланышканда жугат. Медициналык аталышы: Вакциния (vaccinia).

**ОСПА НАТУРАЛЬНАЯ (smallpox), кадимки чечек** – катуу инфекциондук дарт. Ал жогору температураны туудурат жана денеде ысыктар пайда болуп кийинчерээк териде тырыктар калат. Медициналык аталышы: Чечек (variola). Кошумча караңыз: Аластрим (ак чечек), Уй чечек.

**ОСТЕОЛИЗ (osteolysis), ОСТЕОКЛАЗИЯ (osteoclasia), остеолиз, остеоклазия** – сөөктүн жумшап кетиши ал кайсы бир дарттын кесепетинен (көпчүлүк учурда инфекциондук) же сөөктүн кан камсыздоосунун бузулушунда (ишемияда) болот. Акроостеолизде (acroosteolysis) кол жана бут манжаларынын учтарынын шадылары жабыркайт.

**ОСТЕОМИЕЛИТ (osteomyelitis), остеомиелит** – сөөктүн жана чучуктун кулгуна, ириң оорусунан сөөк тешилип, ириң чыгышы. Остеомиелиттин өрчүшүнүн бирден бир себеби болуп, канда микроорганизмдердин болушу эсептелет. Курч остеомиелите (acute osteomyelitis), узун түтүктүү сөөктүн диафизинде катуу оору, шишип кетүү жана кызарып кетүү пайда болот, ал ахвалынын жалпы начарлашы менен жана жогору температура менен коштолот. Өнөкөт остеомиелит (chronic osteomyelitis) дарыланбаган курч остеомиелиттин кесепетинен өрчүйт; көпчүлүк учурда анын себеби болуп кургак учук же көтөн жара болуп эсептелет.

**ОСТРИЦА, острица чүчөк** – чүчөк курту, ичегинин митеси, Enterobius (Oxyuris) түрүнө кирет. Чүчөк адамда энтеробиозду туудурат – ал өзгөчө кичинекей балдарда кездешет.

**ОТРАВЛЕНИЕ АЛКАЛОИДАМИ КОРЫ ХИННОГО ДЕРЕВА (quinism), Хинн дарагынын кабыгынын алкалоиддери менен уулануу** – хинин менен көп убакытка чейин дарылоодон пайда болуучу симптомдор. Караңыз: Хинн дарагынын кабыгынын менен уулануу.

**ОТРАВЛЕНИЕ САЛИЦИЛОВОЙ КИСЛОТОЙ (salicylism), салицил кислотасы менен уулануу** – аспирин же курамында салицил кислотасы бар кошулмалар менен уулануу.

**ОТРАВЛЕНИЕ ХИННОЙ КОРОЙ (cinchonism), хинна дарагынын кабы менен уулануу** – хинадан же хинин жана хинидин курамына кирген препараттар менен ашыкча көп колонгондуктан уулануу.

**ОЧАГ ИНФЕКЦИИ (nidus), инфекциянын булагы** – жагымдуу шарттарга ылайык бактериялар көбөйө турчу жер.

## П

**ПАЛОЧКА ГАНЗЕНА (Hansen's bacillus), Ганзен таякчасы** – караңыз: Микобактериялар.

**ПАЛОЧКА КЛЕБСА – ЛЕФФНЕРА (Klebs – Loeffler bacillus), Клебс – Леффнер таякчасы** – караңыз: Коринебактериялар.

**ПАЛОЧКА КОХА (Koch's bacillus), Кох таякчасы** – караңыз: Микобактериялар.

**ПАНЭНЦЕФАЛИТ ПОДОСТРЫЙ СКЛЕРОЗИРУЮЩИЙ (subacute sclerosing panencephalitis (SSPE)), склероздук курч панэнцефалит** – кызылчанын сейрек өтүшүп кеткен кырдаалы. Бул өтүшүп кетүү инфекциядан кийин төрт жылдан он жылга чейин өрчүшү мүмкүн.

**ПАРАГОНИМОЗ (paragonimiasis), КРОВОХАРКАНЬЕ ЭНДЕМИЧЕСКОЕ (endemic haemoptysis), парагонимоз, эндемиялык кан түкүрүү** – негизинен Ыраакы Чыгыш өлкөлөрүнүн жашоочуларына мүнөздүү тропикалык оору. Өпкөгө трематоддордун (Paragonimus westermani түрүндөгү) келип түшүүсү менен пайда болот.

**ПАРАЗИТ (parasite), мите** – башка организмде дайыма же убактылуу жашап, андан тамактануучу жандык. Организмдин ичинде жашаган каалаган организм (караңыз: Эндопаразит) же сыртында жашаган (караңыз: Эктопаразит) башка тирүү организмде (караңыз: Ээси). Адамдын организминде түрдүү бактериялар, вирустар, жөнөкөйлөр жана курттар мителеп жашашы мүмкүн. Кошумча караңыз: Комменсал, Симбиоз. – Мителенүүчү (parasitic).

**ПАРАЗИТОЛОГИЯ (parasitology), паразитология** – мителерди жана аларды туудуруучу окууга арналган медицинанын бир бөлүгү.

**ПАРАЛИЧ ДУШЕВНОБОЛЬНЫХ ОБЩИЙ (General Paralysis Of The Insane (GPI)), жалпы акылсыз оорулардын шал оорусу** – сифилистин акыркы стадиясы. Негизги симптомдору деменция жана аяктардын спастикалык алсыздыгында кездешет. Бир эле убакта адамда кулагы укпай калат, эпилепсия жана дизартрия (сөздөрдү туура эмес айтуу) байкалат. Адамдын микроорганизмдер менен жугузуусун туудурушат, алар баш мээнин клеткаларында байкалышы мүмкүн.

**ПАТОГЕН (pathogen), патоген** – адам жана жаныбарлар организмде кездешүү менен ар кыл ооруларды жаратуучу микроорганизм (мисалы, бактерия).

**ПАТОГЕННЫЙ (pathogenic), патогендүү** – ооруга кабылдыруучу, оорутуучу себептер, микробдор. Берилген термин адатта мителенүүчү микроорганизмдерди сүрөттөөгө тиешелүү (өзгөчө бактерияларды). – Патогенндүүлүк (pathogenicity).

**ПЕДИКУЛЕЗ (pediculosis), педикулез** – биттер менен жугушуу, анын натыйжасында адамда катуу кычышуу пайда болот. Чач бити (head lice) (же адам башындагы бит (pediculosis humanis var. capitis)) ал мектеп окуучулар арасында көп таралган. Дене же кийим бити (body lice же pediculosis corporis) адатта жолоочуларда же качкындарда кездешет. Чат бити менен (pubic lice) түрүндөгү Phthirus pubis адатта жыныстык жол аркылуу жуктуруп алса болот.

**ПЕРИОД ИНКУБАЦИОННЫЙ (incubation period), ПЕРИОД ЛАТЕНТНЫЙ (latent period), ПЕРИОД СКРЫТЫЙ, инкубациялык мезгил, латенттик мезгил, жашыруун мезгил** – организмге инфекциянын жугушундагы жана биринчи симптомдордун пайда болушундагы мезгилдин аралыгы.

**ПЕРИТОНИТ (peritonitis), перитонит** – ичеги-карындын тышкы жылтырак катмарынын сезгениши. Баштапкы (идиопатикалык) перитонит (primary peritonitis) бактериялары менен туудурулат, алар кан агымы аркылуу таралат: аларга, мисалы, пневмококктук (pneumococcal peritonitis) жана кургак учуктук перитонит (tuberculous peritonitis) кирет. Кайталанма перитонит (secondary peritonitis) сыныктын кесепетинен же ич көңдөйүндө кайсы бир жарылуунун кесепетинен (мисалы, ал он эки эли ичегинин же сокур ичегинин жарылып кетүүсүнөн) өрчүшү мүмкүн.

**ПИАРТРОЗ (pyarthrosis), пиартроз** – муундун ириндешине алып келе турчу инфекциялык жабыркоолор. Мындай учурда дары каражаттарын колдонуу менен муун көңдөйүндөгү ириңди дренаждоо зарыл.

**ПИОМИОЗИТ (pyomyositis), пиомиозит** – булчуң ткандарындагы бактериалдык же грибоктуу инфекция, ал оору туудуруучу булчуңдун сезгенишине алып келет.

**ПИРЕКСИЯ (pyrexia), ЛИХОРАДКА (fever), пирексия, безгек** – алоолоп, эти ысыган абал. Адатта безгектин себеби болуп ар кандай бактериалдык жана вирустук инфекциялар же инфекциондук дарттар, жөнөкөй сасык тумоодон баштап малярияга чейин болот.

**ПЛЕРОЦЕРКОИД (plerocercoid), плероцеркоид** – кээ бир тасма сымал мите курттардын (мисалы, Diphyllobothrium latum түрүндөгү) өрчүү стадиясы.

**ПНЕВМОКОКК (pneumococcus,** көпч. **pneumococci), пневмококк** – өпкөнү ириң жана сезгенич ооруларга дуушар кылуучу Streptococcus pneumoniae микроб тибиндеги бактериялар, алар адатта адамда пневмония оорусун туудурат. – Пневмококктук (pneumococcal).

**ПНЕВМОНИЯ ВИРУСНАЯ (viral pneumonia), вирустук пневмония** – оор инфекциялык дарт, өпкөгө вирустун жугушунан пайда болот (мисалы, респиратордук-синцитиалдык вируста, аденовируста, сасык тумоодо жана парагриппте, жана ошондой эле энтеровирустарда) жана өпкөдө инфекционндук процесстин пайда болушунда.

**ПНЕВМОЦИСТА (Pneumocystis), пневмоциста** – жөнөкөйлөр тобуна (P. Carini түрү) кирүүчү жана адамдарда пневмонияны туудурат. Pneumocystis carinii түрүндөгү туудуруучу тийиштүү дарылоосуз 10–30 % учурларда адамдын өлүмүнө алып келиши мүмкүн.

**ПОЛИОМИЕЛИТ (poliomyelitis, infantile paralysis, polio), полиомиелит** – борбордук нерв системасынын жабыркашына алып келе турчу вирустуу инфекциялык оору. Азырынча ооруну дарылоонун кандайдыр бир ыкмасы табыла элек.

**ПОЛИОЭНЦЕФАЛИТ (polioencephalitis), полиоэнцефалит** – полиомиелит вирусу менен туудурулган баш мээнин боз затынын сезгенч оорусу.

**ПОЛИОЭНЦЕФАЛОМИЕЛИТ (polioencephalomyelitis), полиоэнцефаломиелит** – баш мээ жана жүлүндөгү боз заттын жабыркашы менен коштолуучу баш мээнин инфекциялык оорусу. Бул дарттын типтүү мисалы катары кутурма оорусу болуп саналат.

**ПОТЛИВОСТЬ НОЧНАЯ (night sweat), түнкү тердөө** – түндө интенсивдүү түрдө тердөө. Бул башталгыч кургак учуктун симптому болушу мүмкүн же СПИД же башка дагы оорулардын симптому болушу мүмкүн.

**ПРИОН (prion), прион** – инфекциялык ооруларды туудуруучу фактор, бирок вирустарга караганда жөнөкөй түзүлүштө болот. Прионндук дарттардын (prion diseases) өрчүү себеби болуп клеткалардагы белоктордун түрдүү мутациялары болуп саналат.

**ПРОСТУДА (cold, common cold), суук тийүү** – мурун, тамак жана бронхтордун былжырлуу катмарларынын сезгенүүсү менен коштоло турган кеңири таралган инфекциялуу вирустук оору.

**ПСИТТАКОЗ (psittacosis), ЛИХОРАДКА ПОПУГАЙНАЯ (parrot disease), ОРНИТОЗ (ornithosis), пситтакоз, тоту куштук безгек, орнитоз** – куштардын эндемикалык инфекциясы, өзгөчө тоту куштардын, канарейкалардын, зябликтердин, көгүчкөндөрдүн жана бир катар үй канатууларынын, Chlamydia psittaci түрүндөгү бактериялары менен туудурулат.

## Р

**РАСЩЕЛИНА ЯЗЫКА ВРОЖДЕННАЯ (schistoglossia), тилдин тубаса жаракасы** – тилдин тубаса жарака кетүүсү.

**РИККЕТСИИ (rickettsiae,** жек. **rickettsia), риккетсиялар** – Х.Т. Риккетс деген автордун наамына коюлган - майда микробдордун, жандыктын аты. Ал майда жандыктардын классификациясында бактерия менен вирустун ортосундагы жандык. Өсүү процесси ткандардын гана ичинде өтөт. Ошентип, Rickettsia akari түрү адамда везикулездук риккетсиоздун өрчүшүнө алып келет, R. conorii, R. prowazekh, R. tsutsugamushi жана R. Typhi түрлөрү – риккетсиоздун түрлүү формаларынын өрчүшүнө алып келет, R. Rickettsii түрү – Аскалуу тоолордун чаарала безгектин өрчүшүнө алып келет, ал эми Coxiella burnetii түрү – Q-безгегинин өрчүшүнө алып келет. – Риккетсиоздук (rickettsial).

**РИККЕТСИОЗ ВЕЗИКУЛЕЗНЫЙ (rickettsial pox), везикулездүү риккетсиоз** – риккетсия түрүндөгү микроорганизмдер Rickettsia akari тарабынан пайда болуучу чычкан оорусу; оору адамга кенелердин чагып алуусунун натыйжасында жугат. Кошумча караңыз: Риккетсиоздор.

**РИККЕТСИОЗЫ (rickettsioses), риккетсиоздор** – риккетсиялар пайда кылуучу жугуштуу оорулардын тобу. Алар кенелерден, биттерден, бүргөлөрдөн табылат. Андан башка алар кээ бир жапайы жана үй жаныбарларынан да табылат. Аларга эпидемиялык темгилдүү келте, Брилл оорусу (караңыз: Эпидемиялык темгилдүү келте), Эпидемиялык бит келтеси, Аска тоолук темгилдүү безгек, бразилиялык темгилдүү келте, марселдик безгеги, Түндүк Азиялык кенелик риккетсиоз, везикулездук риккетсиоз, Цуцугамуши, Ку-безгеги, окоптук безгек киришет.

**РИНОМИКОЗ (rhinomycosis), риномикоз** – мурундун бөтөнчө бир инфекциядан улам жабыркаган былжырлуу катмары.

**РИНОСПОРИДИОЗ (rhinosporidiosis), риноспоридиоз** – Rhinosporidium seeberi грибоктору аркылуу пайда болуучу жана майда ыйлаакчалар (полип) менен коштолоо турган мурун, коко, көз жана жыныстык органдардын былжырлуу катмарынын инфекциялык оорусу. Риноспоридиоз көбүнчө Азия өлкөлөрүнө мүнөздүү.

**РИШТА (guinea worm), ришта** – адам организминде кездеше турган Dracunculus medinensis түрүндөгү нематод. Бул курттун чоң, ак жип сымал ургаачылары 60–120 см жетип, тери алдындагы бириктирүүчү ткандарда жолугушат. Личинкалары буту-колдогу чоң ыйлаакчаларды жаратышат; колу-бутту сууга салган учурдарда личинкалары тери алдынан сыртка чыгып, майда суу сиркелер (Cyclops) тарабынан жок кылынат. Бирок, алар мында да жөн калбастан, өз өсүп-өнүгүүлөрүн дал мына ушул сиркелердин организминде улантышат.

**РОЖА (erysipelas), тери сезгениши** – теринин сезгенип кызарган инфекциялык оорусу Streptococcus pyogenes түрүндөгү бактериялар менен туудурулат. Жабыр тарткан дене бөлүгү (адатта ал бет жана баш тери) сезгенип, шишип чыгат да ал жерде көлөмү бир канча дюймга жеткен төмпөкчөлөр пайда болот.

## С

**САЛЬМОНЕЛЛЕЗ (salmonellosis), сальмонеллез** – ичегидеги жугуштуу оорулардай, кээде жугуштуу оорулар деп аталган Salmonella (сальмонелла) жандыктары пайда кылуучу оору (кошумча караңыз: Тамак-ашка уулануу).

**САП (glanders, equinia), сап дарты** – Pseudomonas mallei түрүндөгү бактериялар тарабынан пайда болуучу ат жана эшекке тиешелүү инфекциялык оору, ошондой эле адамга өтүп кетиши мүмкүн.

**САТУРНИЗМ, ОТРАВЛЕНИЕ СВИНЦОВОЕ (plumbism), сатурнизм, коргошун менен уулануу** – караңыз: Коргошун.

**СЕПСИС (sepsis), сепсис** – денедеги ириң ооруларынын микробдору көбөйүп кетип, анын микробу канга өткөндө байкалуучу оор мүнөздөгү инфекциялык оору.

**СИКОЗ (sycosis), сикоз, безетки** – теринин май бездеринин өткөлүнүн сырткы бөлүгүнө Staphylococcus aureus (стафилакокк) микробдору жыйналып, өзгөчө беттин терилери сезгенип бүдүр ала болуп турушу.

**СИНДРОМ БАНТИ (Banti's syndrome), Банти синдрому** – көк боордун чоңойуп кетиши жана функциясынын бузулушу менен байланышкан өнөкөт, инфекциялык оору; көк боор венасындагы басымдын жогорулашы, анемия, ичеги-карын кансыроолору, асцит жана боор циррозу менен коштолот. Оорунун келип чыгуусуна көбүнчө боор циррозу себеп болот.

**СИНДРОМ ПОСТВИРУСНОЙ УСТАЛОСТИ (postviral fatigue syndrome), поствирустук чарчоонун синдрому** – караңыз: Миалгиялык энцефаломиелит.

**СИНДРОМ ПРИОБРЕТЕННОГО ИММУНОДЕФИЦИТА** (acquired immune deficiency syndrome), **кабылданган иммундук жетишсиздик синдрому** – караңыз: СПИД.

**СИНДРОМ УОТЕРХАУЗА – ФРИДЕРИКСЕНА, СЕПСИС МОЛНИЕНОСНЫЙ МЕНИНГОКОККОВЫЙ (Waterhouse – Friderichsen syndrome), Уотерхауз – Фридериксен синдрому, чагылгандуу менингококктук сепсис** – бөйрөк үстүнкү бездердин катуу кансырашы жана курч мүнөздөгү бактериалдык шоктун келип чыгуусу менен коштолуучу сепсис. Бул абалдын келип чыгышы адатта, менингококктуу септицемия менен байланыштуу (караңыз: Менингит).

**СИНДРОМ ХРОНИЧЕСКОЙ УСТАЛОСТИ** (chronic fatigue syndrome), **хроникалык чарчоо синдрому** – караңыз: Миалгиялык энцефаломиелит.

**СИФИЛИС (syphilis), сифилис** – көбүнчө жыныстык катнашуудан жуккан жугуштуу өнөкөт оору, котон жара. Treponema pallidum менен жуктуруп алуудан пайда болот. Салыштыруу үчүн: Беджель. – Сифилитикалык (syphilitic).

**СИФИЛИС ЭНДЕМИЧЕСКИЙ (endemic syphilis), эндемикалык сифилис** – караңыз: Беджель.

**СКАРЛАТИНА (scarlet fever, scarlatina), скарлатина** – жугуштуу балдар оорусу. Streptococcus тукумундагы бактериялар менен туудурулат. Орулуу адам менен байланышта болгондо же вирус алып баруучу менен байланышта болгондо (мисалы, жөтөлгөндө) жуктуруп алса болот, же тамакка бул бактерия менен жуккан сүттү кошкондо жугат. Медициналык аталышы: Скарлатина (scarlatina). Салыштыруу үчүн: Кызамык (кызылчалык).

**СПИД (СИНДРОМ ПРИОБРЕТЕННОГО ИММУНОДЕФИЦИТА) (AIDS, acquired immune deficiency syndrome), КИЖС (Кабыл алынган иммундук жетишсиздик синдрому)** – алгач ирет 1981 жылы Лос-Анджелесте табылган; адамдын иммундук жетишсиздик оорусун (ВИЧ) жарата турган вирус түшүнүгү 1983 жылы пайда болгон. Бул вирус лимфоциттерди кыйратуу менен адам организминдеги иммундук реакциянын басаңдашына алып келет (караңыз: Иммунитет). СПИД негизинен жыныстык жолдор аркылуу жугат. Ошондой эле, ал оорулуу кан менен бирге оорулуу энеден балага жугушу мүмкүн. Оору жуккан соң адам организминде бөтөнчө антителолор иштелип чыга баштайт. Оору симптомдоруна мезгил-мезгили менен кармаган безгек, салмактын өтө катуу азайышы, ич өткөк, чарчаңкы абал, ошондой эле түнкү тердөөлөр кирет. Адамдын иммундук жетишсиздик вирусу эрендиктен, цервикалдык бөлүнүп чыгуулардан, кан плазмасы, көз жаш, шилекей, заара, ошондой эле эне сүтүнөн табылган. СПИД айыкпай турган оору болуп саналат. Ошого карабастан, айрым бир дары каражаттары бул оору менен жапа чеккен оорулуулардын өмүрүн аз да болсо узартууга жөндөмдүү.

**СПОРОВИКИ (Sporozoa), споровиктер** – мителик жөнөкөйлөрдүн чоң классы, аларга маляриялык мителер кирет, Plasmodium тукумуна кирет. Мисалы, Anopheles ту-

кумунун чиркейи жөнөкөйлөрдүн аралык ээси болуп саналат, жана Plasmodium тукумуна кирет.

**СПОРОТРИХОЗ (sporotrichosis), споротрихоз** – теринин жана сырткы лимфа түйүндөрүнүн тереңинен орун алган грибок оорусу. Ал Sporothrix schenckii түрүндөгү грибоктор менен туудурулат жана бул ткандардын көпчүлүк абсцесстеринин пайда болушуна алып келет.

**СПОРОЦИСТ (sporocyst), спороцист** – мителик трематоданын личинкасынын кинчи өрчүү стадиясы, ал дарыя үлүлдөрдүн ткандарында болот.

**СТОЛБНЯК (tetanus, lockjaw), столбняк** – катуу нервдик доо кетүүдөн кийин тарамыш тартышып зыңкыйып калган абал. Столбняк – коркунучтуу инфекциондук дарт, ал нерв системасын жабыркап, булчуңдардын катуу карышуусуна алып келет. Clostridium tetani түрүндөгү, нерв системасын жабырката турчу бактериялар тарабынан пайда болот. Көпчүлүк учурларда оору өлүм менен аяктайт. – Столбняктык (tetanic).

**СТОПА МАДУРСКАЯ (Madura foot), Мадурдук бут кетмени** – бут кетменин сөөгүнүн жана ткандарынын инфекциондук дарты, ал өнөкөт сезгеничке алып келет (мицетомага). Түрдүү өрмө сымал грибоктор (Madurella түрүндөгү грибокторду кошкондо) менен туудурулат, жана дагы Nocardia жана Streptomyces грибоктордун кээ бирлери менен туудурулат. Медициналык аталышы: Мадуромикоз (maduromycosis).

**СУПЕРИНФЕКЦИЯ (superinfection), суперинфекция** – жугуштуу оорудан айыга электе, экинчи ирет кайталап жугуу, ал башка микроорганизмдер менен туудурулат, адатта дарылык заттарга туруктуу болот.

**СУСТАВ КЛУТТОНА (Clutton's joint), Клуттон мууну** – муундун шишиши (көпчүлүк учурда тизелик), ал тубаса сифилистин кесепетинен синовиалдык жаргактын сезгенишинен пайда болот.

**СУХОТКА СПИННОГО МОЗГА (tabes dorsalis), АТАКСИЯ ДВИГАТЕЛЬНАЯ (locomotor ataxia), жүлүндүн соолугуу оорусу, кыймыл атаксиясы** – сифилистин кесепетинен пайда болуучу нерв системасынын оорусу, ал 5–20 жылдан кийин өрчүйт. Козгогуч (кубарган спирохета) тез эле мээнин кабын, баш сөөктүк жана жүлүн нервдерди, баш жана жүлүн тамырларын жабыркайт. Кошумча караңыз: Сифилис, Психикалык оруулуулардын жалпы шал болуусу.

## Т

**ТАБОПАРАЛИЧ (taboparesis), табопаралич** – оорунун өтүп кетиши, ал сифилистин акыркы деңгээлинде нерв системасын жабыркоонун кесепетинен пайда болот.

**ТЕЛЬЦА ЛЕЙШМАНА – ДОНОВАНА (Leishman – Donovan body), Лейшман – Донован денечелер** – караңыз: Лейшманиялар.

**ТЕЛЬЦА ПАШЕНА (Paschen bodies), Пашен денечелери** – чечек оорусу менен ооруган адамдардын кабырчыктанган клеткаларындагы вирустук бөлүкчөлөр.

**ТЕТАНОЛИЗИН (tetanolysin), тетанолизин** – инфекцияланган жараларда столбняк бациллдери тарабынан бөлүнүп чыгып, тегерегиндеги ткандардын бузулушуна алып келе турган уулуу зат (токсин).

**ТЕТАНОСПАЗМИН (tetanospasmin), тетаноспазин** – инфекцияланган жараттардагы столбняк бациллалсы менен бөлүнүп чыгарылган токсин.

**ТИОФИЛЬНЫЙ (thiophilic), тиофилдүү** – күкүрт же анын бирикмелери бар жерлерде жакшы өнүгө турган бактерияларга карата колдонулуучу термин.

**ТИФ (typhus), келте оорусу** – эс учту жоготуп, дайыма жогорку температурада өтүүчү жугуштуу оору.

**ТИФ БРЮШНОЙ (typhoid fever), ич келте** – организмге Salmonella typhi түрүндөгү бактериялардын келип түшүүсү менен тамак синирүүчү органдарда пайда болуучу инфекциялык оору. Оору алсыроо, жогорку температура, көкүрөк жана курсак тушунда кызыл так сыяктуу бүдүрөйгөн майда жаралардын пайда болушу, безгек, катуу тердөө өңдүү симптомдор менен коштолот. Оору өтүшүп кеткен учурда көк боор менен бирге сөөктөр сезгенип, ичегилердин кансыроосу күтүлөт. Оору инфекцияны алып жүргөн адам же башка жаныбарлар тарабынан булганган тамак азыктары жана суу аркылуу жугат. Салыштыруу үчүн: Паратифоздук безгек.

**ТИФ БРЮШНОЙ, ОСЛОЖНЕННЫЙ ПЛЕВРИТОМ (pleurotyphoid), көкүрөк келтеси, плеврит менен кошумча ооруган** – өпкөнүн жабыркаанышы менен коштолуучу көкүрөк келтеси.

**ТИФ ВОЗВРАТНЫЙ ЭПИДЕМИЧЕСКИЙ (relapsing fever), кайталануучу эпидемиялык келте оорусу** – Borrelia түрүндөгү бактериялар тарабынан пайда болуучу инфекциялык оору; аталган бактериялар адамга бит же кенелердин чагып алуусунун натыйжасында жугат. Тиешелүү дарылоо иштери жүргүзүлбөгөн учурларда оору 12 жумадан кийин кайталанышы мүмкүн.

**ТИФ КУСТАРНИКОВЫЙ (scrub typhus), БОЛЕЗНЬ ЦУЦУГАМУШИ (tsutsugamushi disease), бадам сымал келте, цуцугамуши оорусу** – түндүк- чыгыш Азияда Rickettsia tsutsugamushi түрүндөгү паразиттик микроорганизмдер тарабынан жаралып, кеңири жайылган оору. Бул ооруну алып жүрүүчүлөр болуп Trombicula түрүндөгү кене личинкалары саналышат. Негизги симптомдоруна: баш оору, калтыроо, температуранын жогорулоосу (40 °С га чейин), жөтөл жана бүтүндөй тулку бойго кызыл бүдүрөйгөн майда жаралардын чыгышы кирет (караңыз: Риккетсиялар, Риккетсиоз).

**ТИФ, ТИФ СЫПНОЙ (typhus), РИККЕТСИОЗ (spotted fever), келте, кызамыктуу келте, риккетсиоз** – каалаган инфекциялык дарт, ал риккетсиялар менен туудурулат; бул дарттын тобундагы негизги симптомдору болуп: катуу баш оору жана бүт денеге таралган кызамык темгилдер, көпкө чейин сакталып турган жогору температура жана делирий.

**ТОКСИКОЗ (toxicosis), токсикоз** – уулуу заттар менен дайыма ууланyу.

**ТОКСИЧЕСКИЙ (toxic), токсикалуу** – уулуу, заардуу.

**ТОКСОКАРОЗ (toxocariasis), СИНДРОМ ВИСЦЕРАЛЬНЫЙ «БЛУЖДАЮЩЕЙ ЛИЧИНКИ», токсокароз, «тентүүчү личинканын» висцералдык синдрому** – ит, мышык өңдүү айбанаттардын организмдеринде кездешүүчү Toxocara canis жана T. Cati түрүндөгү тоголок курттардын адам организминде жайылышы. Организмге бул курттар аталган жаныбарлардын кыгы, булганган суу же тамак-азыктары аркылуу келип түшкөн соң личинкалары бүтүндөй дене-бойду кыдырып, ткандардын жабыркашына себепкер болушат; мунун кесепетинен улам боор чоңойуп, өпкө сезгенет (караңыз: Пневмонит).

**ТОРУЛЕЗ (torulosis), торулез** – караңыз: Криптококкоз.

**ТРЕМАТОДА I (fluke), трематода I** – Trematoda классына кирүүчү жалпак паразит курту. Бул курттун чоңдору боор, өпкө жана ичеги өңдүү адам органдарында жана кан тамырларда күн өткөрүшүп, оор мүнөздөгү ооруларды жаратышат.

**ТРЕМАТОДА II, трематода II** – караңыз: Трематода (fluke).

**ТРЕПОНЕМАТОЗ (treponematosis), трепонематоз** – Treponema түрүнө кирүүчү бактериялар (спирохеттер) тарабынан козгоолуучу инфекциялык оорулар (караңыз: Пинта, Сифилис, Фрамбезия).

**ТРИАДА ШАРКО (Charcot's triad), Шарко үчилтиги** – безгектин, чыйрыгуунун жана сарыктын айкалашы, адамда курч холангиттин болушун айгинелейт.

**ТРИОЗА (triose), триоза** – углевод, курамына углероддун үч атому кирет (мисалы, глицеральдегид).

**ТРИХИНЕЛЛЕЗ (trichinosis, trichiniasis), трихинеллез** – чийки бышырылган этти жегенде пайда болуучу ичегинин мите оорусунун бир түрү. Trichinella spiralis түрүндөгү нематодалардын личинкалары менен туудурулат.

**ТРОМБОЭНДАРТЕРИИТ (thromboendarteritis), тромбоэндартериит** – эндартериит менен катаалданган тромбоз; чыкый артериитте, түйүндүү полиартериитте жана сифилисте (көтөн жара) байкалат.

**ТУБЕРКУЛЁЗ (tuberculosis), кургак учук** – Mycobacterium tuberculosis түрүндөгү бациллдер тарабынан пайда болуп, ар кыл ткандарда түйүндүү жарачалардын пайда болушуна алып келе турган инфекциялык оору. Өпкө кургак учугунда (pulmonary tuberculosis) кургак учук таякчалары өпкөгө келип түшкөн соң, оору жакын жайгашкан лимфа түйүндөрүнө (баштапкы комплекс (primary complex)) таралат. Бул баскычта организм өздүк иммунитеттин жардамы менен инфекцияны жеңип чыгып кетүүсү мүмкүн; ал эми айрым учурларда оору айлап, ал тургай жылдап жүрө берип, организмдин каршылык көрсөтүү күчүн алсыратат.

**ТУБЕРКУЛЕЗ ЛЕГКИХ (pulmonary tuberculosis), өпкө кургак учугу** – караңыз: Кургак учук.

**ТУБЕРКУЛЕЗ МИЛИАРНЫЙ (miliary tuberculosis), милиардык кургак учук** – курч генерализацияланган кургак учук, ал арк кандай органдарды таруу сымал жабыркайт.

**ТУБЕРКУЛЕМА (tuberculoma), туберкулема** – туберкулездук өзгөрүүлөр жыйналып шишиген дененин бөлүгү. Туберкулемалардын пайда болушу ар кандай органдарда болушу мүмкүн, алардын санына өпкө жана баш мээ дагы кирет.

**ТУБЕРКУЛИН (tuberculin), туберкулин** – кургак учук таякчаларынан алынган белоктук экстракт, ал диагностикалык үлгүлөр үчүн кеңири колдонулат. Мисалы, Манту (Mantoux test) үлгүсүн аткарууда, туберкулиндин чоң эмес саны бейтаптын терисинин астына куюлат; инъекциянын ордунда кызыл темгил пайда болот, анын өлчөмү 48–72 сааттан кийин аныкталат, ал адамда кургак учукка иммунитети бар экендигин айгинелейт, ал эми тесттин жыйынтыктары бул уччурда оң болуп саналат.

**ТУЛЯРЕМИЯ I (rabbit fever), туляремия I** – караңыз: Туляремия (tularaemia).

**ТУЛЯРЕМИЯ II (tularaemia, rabbit fever), туляремия II** – жапайы кемирүүчүлөрдөн жуккан оору. Francisella tularensis түрүндөгү бактериялар менен туудурулат tularensis; адамга бугу чымындары (караңыз: Chrysops) аркылуу өтөт, ал орулуу жаныбар менен түздөн-түз мамиледе болгондо, жаракаттардын жана жаралардын жугуусу же жуккан ичүүчү суу аркылуу жугат.

## Ф

**ФАГ (phage), фаг** – бактерилардын вирусу, ал бактериялык клеткаларды жуктурат, жана анда көбөйөт жана анын лизисин туудурат. Караңыз: Бактериофаг.

**ФЕРМЕНТ ОГРАНИЧИТЕЛЬНЫЙ (restriction enzyme), ФЕРМЕНТ РЕСТРИКТИРУЮЩИЙ (restriction endonuclease), чектетүүчү фермент, рестриктирациялаган фермент** – бактериялардан алынган фермент, ал ДНК малекулаларын бөлөк кыска фрагменттерге ажыратат. Мындай ферменттер генетикалык инженерияда кеңири колдонулат.

**ФИКОМИКОЗ (phycomycosis), фикомикоз** – инфекциялык дарт, ал Rhizopus, Absidia жана Mucor тибиндеги грибоктор менен туудурулат. Дарт адатта борбордук нерв системасын, өпкөнү жана терини жабыркайт.

**ФИЛАМЕНТ, НИТЬ (filament), филамент, жип** – жип сымал өтө ичке структура (мисалы, бактериалдык клеткалар чынжырчасы). – Жип сымал (filamentous).

**ФИЛЯРИЯ (filaria,** көпч. **filariae), филярия** – узун жип сымал нематоддордун өкүлү, алар адамдын лимфоиддик жана бириктиргич ткандарын жабыркап, түрдүү оору-

лардын пайда болушуна алып келет. Кошумча караңыз: Микрофилярия. – Филярийдик (filarial).

**ФИННА (bladderworm), финна** – тасма курттардын өсүү стадиясынын бир баскычы (караңыз: Цистицерк, Цистицеркоз).

**ФРАМБЕЗИЯ I (framboesia), фрамбезия I** – караңыз: Фрамбезия II (yaws, framboesia).

**ФРАМБЕЗИЯ II (yaws, framboesia), ПИАН (pian), фрамбезия II, пиан** – тропикалык инфекциондук дарт, ал адамдын терисинин астына Treponema pertenue тибиндеги спирохеттердин кирип кетиши менен туудурулат. Ал начар санитардык абал болгон жерлерде пайда болот. Жабыркануу негизинен ооруга чалдыккан адамдардан, алардын кийиминен, андан тышкары фрамбезия Hippelates тибиндеги чымындардан да жугушу мүмкүн.

## Х

**ХАНТАВИРУС (hantavirus), хантавирус** – келемиш жана чычкандарды жабыркатуучу вирус тобунун өкүлү; бул өңдүү кемирүүчүлөр бөлүп чыгарышкан заң массалары ар кандай жолдор аркылуу адамдар арасында оору жаратышы ыктымал.

**ХЛАМИДИИ (Chlamydia), хламидиялар** – облигаттык бактериялардын тукумуна кирет, алар адамдарда жана канаттууларда дарттын өрчүшүн туудурат. Хламидиялар бүтүндөй клеткалардын ээсинен көз каранды болушат, анткени алар АТФ ти синтездей алышпайт. – Хламидиялык (chlamydial).

**ХОБОТОК (rostellum,** көпч. **rostella), тумшукча** – кыймылдоочу, ичине түйрүлүү жөндөмү бар жана кее бир тасмалык курттардын башында атайын кайырмагы бар пайда болуулар, мисалы, Taenia жана Echinococcus түрүндөгү.

**ХОЗЯИН (host), ээси** – өсүмдүк же жаныбар, алардын организминде мителер жашайт.

**ХОЛЕРА (cholera), холера** – жугушту ичеги инфекциялык ооруларынын тобунун бири Vibrio cholerae менен туудурулган. Дартка мүнөздүү көрүнүш анын бат тарашы, оорулуу адамдын бат кургашы.

**ХРОМОБЛАСТОМИКОЗ (chromoblastomycosis), ХРОМОМИКОЗ (chromomycosis), хромобластомикоз, хромомикоз** – теринин өнөкөткө айланган грибоктуу инфекция. Адатта, жабыркаган жерлерде пайда болот.

## Ц

**ЦЕПНИ (Taenia), цепень тасма курттары** – айрым түрлөрү адамдын ичеги кардында кездешүүчү ири тасма курттары. Узундугу 4–10 метрге жетүүчү бул букалык цепень T. saginata (солитёр) курттары адам баласынын ичеги кардында кездеше турган тасма курттарынын кеңири тараган түрү болуп саналышат. Ал эми чочколук цепень узундугу боюнча 2–7 метрге жетип, адамда олуттуу оорунун жаралышына алып келет (караңыз: Цистицеркоз). Кошумча караңыз: Тениоз.

**ЦЕРКАРИЙ (cercaria,** көпч. **cercariae), церкарий** – мителенүүчү трематоддордун личинкасынын акыркы өрчүү кадамы (караңыз: Трематода).

**ЦЕСТОДЫ (cestode), цестоддор** – караңыз: Тасмалык мите курт.

**ЦИНКА УНДЕЦЕНОАТ (zinc undecenoate), ЦИНКА УНДЕЦИЛЕНАТ (zinc undecylenate), цинктин ундеценоаты, цинктин ундециленаты** – грибокторго каршы зат; башка ундецендик кислоталарга карата туз катары колдонулат.

**ЦИСТИЦЕРК (cysticercus), ФИННА (bladderworm), цистицерк, финна** – кээ бир тасма сымал мите курттардын личинкалуу стадиясы. Караңыз: Цистицеркоз.

**ЦИСТИЦЕРКОЗ (cysticercosis), цистицеркоз** – Taenia solium тасма курттун митесинин ар кандай органдарда пайда болгон оору менен коштолот (караңыз: Цистицерк). Адам бул ооруну гельминттердин жумурткасы байырлап кеткен тамак-аш жана суу аркылуу жуктуруп алат. Цистицерктин булчуң тканында кездешүүсү булчундардын ооруксунуусун жана алсырашын жаратса, баш мээдегиси акыл деградациясы, шал, баш айлануу, эс талма жана безгек өңдүү алда канча олутту симптомдор менен коштолот.

**ЦИТОМЕГАЛОВИРУС (cytomegalovirus, CMV), цитомегаловирус** – герпес тобундагы вирус өкүлү (караңыз: Герпес вирусу). Көбүнчө эркектерди жабыркатып, суук тийип калган сындуу симптомдор менен коштолот. Бирок, иммунндук системасы алсыраган адамдарда (мисалы, коркунучтуу оорулар же СПИД менен жабыркаган бейтаптарда) ал алда канча олуттуу мүнөздө өтөт.

**ЦМВ (CMV), ЦМВ** – караңыз: Цитомегаловирус.

## Ч

**ЧАХОТКА (phthisis), сил кесел** – эски аталышы: 1. Ткандардын ичкеришине алып келген дарт. 2. Өпкөнүн кургак учук оорусу.

**«ЧЕРНАЯ СМЕРТЬ» (Black Death), «кара тумоо»** – караңыз: Чума.

**ЧЕСОТКА (scabies), котур** – Sarcoptes scabiei түрүндөгү кене тарабынан пайда болуучу теринин инфекциялык оорусу. Котур кенелеринин ургаачылары тери алдына кирип, жумуртка таштоого жөндөмдүү. Ал эми жумурткасынан чыккан кенелер бир адамдан экинчи адамга оңой эле өтүп кете алышат. Көбүнчө жыныстык мүчө, эмчек учу, манжалардын арасы өңдүү жумшак жерлер жабыркайт.

**ЧУМА (plague), кара тумоо** – 1. Жогорку өлүм коркунучу менен коштолуучу эпидемиологиялык оору. 2. Yersinia pestis түрүндөгү бактериялар тарабынан келемиш жана айрым бир кемирүүчү жаныбарларда пайда боло турган эпидемиологиялык оору. Оорунун алда канча кеңири таралган формасы болуп бубондук чума (bubonic plague) саналат жана өз кезегинде ал келемиш бүргөлөрү аркылуу жайылат. Жогорку өлүм көрсөткүчү менен коштолгондуктан алгач ал – «кара тумоо» деген ат менен белгилүү болгон жана өтө коркунучтуу инфекциялар тобуна кирет.

**ЧУМА БУБОННАЯ (bubonic plague), бубондук кара тумоо** – караңыз: Кара тумоо.

## Ш

**ШАНКРОИД (chancroid), шанкроид** – караңыз: Жумшак шанкр.

**ШИЗОГОНИЯ (schizogony), шизогония** – боор же эритроциттерде кездешүүчү спорозойлуулардын (жөнөкөй паразиттердин) жашоо циклиндеги жыныссыз көбөйүү баскычы. Паразиттер өсүп-өөрчүп жана бир катар бөлүнүүлөргө дуушар болуу менен көптөгөн мерозоиттерден турган шизонтту (schizont) пайда кылышат.

**ШИСТОСОМОЗ (schistosomiasis), БИЛЬГАРЦИОЗ (bilharziasis), шистосомоз, бильгарциоз** – Schistosoma түрүндөгү кан трематоддору тарабынан пайда болуучу тропикалык оору. Адатта, трематоддор адамдын заара жана заңына жумурткаташташат. Личинкалардын өсүп-өнүгүү мезгилинин акыркы бөлүгү даараткdaналардан агып келүүчү саркынды суулар келип кошулган суудагы моллюскалардын организминде өтөт. Мындан соң алар дал мына ошол булганыч суута келип жуунган адам терисинин алдынан орун алышат.

**ШТАММ (strain), штамм** – микроорганизмдердин же бул түрдөгү вирустардын таза культурасы, бир булактан бөлүнүп чыгарылган жана кандайдыр-бир атайын касиеттерге ээ болот.

## Э

**ЭКТОПАРАЗИТ (ectoparasite), эктопаразит** – дененин тери бөлүгүндө жашай турган мите. Битке салыштырмалуу айрым бир эктопаразиттер (мисалы, жууркан-төшөнчү кенелери) адам денесин такай байырлашпайт. Салыштыруу үчүн: Эндопаразит.

**ЭНДОПАРАЗИТ (endoparasite), эндопаразит** – өз кожоюнун денесинде гана (мисалы, боор, өпкө, ичеги-карын же организмдин башка ткандарында) байыр алуучу мите. Салыштыруу үчүн: Эктопаразит.

**ЭНДОСПОРА (endospore), эндоспора** – кээ бир бактерияларда тынч абалда туруучу форма, мисалы Bacillus жана Clostridium тукумунун өкүлдөрүндө.

**ЭНДОТОКСИН (endotoxin), эндотоксин** – адатта организмдеги баардык ткандар үчүн зыяны жок токсин; бактериялар өлгөндөн кийин, алардан бөлүнүп чыккан уу. Салыштыруу үчүн: Экзотоксин.

**ЭНТЕРОВИРУС (enterovirus), энтеровирус** – ичеги-карын аркылуу организмге келип түшүп, көбөйүп алган соң борбордук нерв системасын жабырлатуучу ар кыл вирустар. Энтеровирустарга Коксаки жана полиомиелит вирустары таандык.

**ЭНЦЕФАЛИТ (encephalitis), энцефалит** – баш мээнин сезгенип оорушу. Вирустук же бактериалдык инфекциянын, ошондой эле жалпы вирустук оору жана вакцинацияга байланыштуу келип чыгуусу мүмкүн (караңыз: Энцефаломиелит).

**ЭНЦЕФАЛИТ РУССКИЙ ВЕСЕННЕ-ЛЕТНИЙ (Russian spring-summer encephalitis), жазгы-жайкы орус энцефалити** – баш мээ жана нерв системаларын жабырлатуучу сасык тумоо сындуу вирустук оору; Россия жана Европанын борбордук бөлүктөрүндө кездешип, токой кенесинин (Ixodes persulcatus түрүндөгү) чагып алуусу же организмде бул ооруну пайда кыла турчу вируска ээ эчки сүтүн пайдалануунун натыйжасында келип чыгуусу мүмкүн.

**ЭПИДЕМИОЛОГИЯ (epidemiology), эпидемиология** – жугуштуу оорулардын пайда болушун, таралышын жана аны дарылоонун чараларын үйрөтүүчү илим.

**ЭПИДЕРМОФИТИЯ СТОПЫ (athlete's foot), таман эпидермофитиясы** – бут манжаларынын арасын жабырката турчу грибоктуу инфекция; дерматомикоздун бир түрү болуп саналат. Медициналык аталышы: Бут кетмениниn эпидермофитиясы (tinea pedis).

**ЭРИТРОЦИТАРНЫЙ (erythrocytic), эритроцитардык** – малярияны туудуруучу, мителердин жашоо циклиндеги этаптарды сүрөттөөдө колдонулуучу термин (караңыз: Plasmodium), алар болсо эритроциттердин ичинде өтөт (караңыз: Трофозоит). Салыштыруу үчүн: Экзоэритроцитардык.

**ЭСПУНДИЯ (espundia), ЛЕЙШМАНИОЗ КОЖНО-СЛИЗИСТЫЙ (mucocutaneous leishmaniasis), эспундия, тери-былжыр лейшманиозу** – жөнөкөй Leishmania braziliensis митеси тарабынан пайда болуучу тери жана былжырлуу чел оорусу (караңыз: Лейшманиоз).

**ЭХИНОКОКК (Echinococcus), эхинококк** – узундугу 8 мм ден ашпаган анча чоң эмес гельминттер түрү. Булардын чоңдору ит, карышкыр жана чөөлөрдүн ичеги-карында байырлашат. Адамга жуккан учурда алар ичеги - карын аркылуу өпкө, боор же баш мээге өтүшүп, чоңдугу 5–10 см түзгөн кисталарды пайда кылышат (караңыз: Эхинококкоз). Бул дарт адамда эхинококктордун эки түрүн туудурат: бул E. granulosus жана E. multilocularis.

## Я

**ЯЗВА СИБИРСКАЯ (anthrax), күйдүргү** – сибирь күйдүргүсүнүн бацилласы тарабынан Bacillus anthracis бактериясы менен туудурулуп пайда болуучу курч инфекциялык мүнөздөгү мал оорусу. Адамга ооруган малдын эти, жүнү, териси же кыгы аркылуу жугуусу мүмкүн.

# КАРДИОЛОГИЯ



## А

**АКАРДИЯ (acardia), акардия** – жүрөктүн тубаса жоктугу. Мындай көрүнүш жупташып төрөлгөн Сиам эгиздеринде учурайт, башкача айтканда, эки баланын бир гана жүрөккө ээ болуусу.

**АНАКРОТИЯ (anacrotism), анакротия** – жүрөк согушунун аномалдык ийри толкуну. Ал аортанын стенозунда байкалышы мүмкүн. – Анакротикалык (anacrotic).

**АНЕВРИЗМА (aneurysm), аневризма** – кан тамырдын капталы чоюлуп, урчуюп сыртка чыгып калышы. Кан тамырлардын булчуң чели жабыркайт, же аорта дубалынын тубаса начардыгынан пайда болушу мүмкүн. Аортанын аневризмасы (aortic aneurysm) аортанын ар кандай жерлеринде өрчүшү мүмкүн. Кошумча караңыз: Артериовеналык аневризма. – Аневризматикалык (aneurysmal).

**АНЕВРИЗМА АОРТЫ (aortic aneurysm), аортанын аневризмасы** – караңыз: Аневризма.

**АНЕВРИЗМА СЕРДЦА (heart aneurysm), жүрөктүн аневризми** – жүрөктүн булчуңу бир жеринен кеңейип, урчуюп тышка чыгып калышы. Жүрөктүн аневризмасы миокард инфарктынын өтүп кетишинен пайда болот.

**АОРТА (aorta,** көпч. **aortae же aortas), аорта** – колко тамыры; артериялык кан тамырдын башталган зор тамыры. Адам денесиндеги негизги артерия. – Аорталдык (aortic).

**АОРТИТ (aortitis), аортит** – аортанын, толтонун сезгениши.

**АРТЕРИОГРАФИЯ МНОГОВХОДНАЯ (multiple-gated arteriography), MUGA-СКАНИРОВАНИЕ (MUGA scan), кирүүсү көп артериография, MUGA-сканерлөө** – жүрөктүн сол карынчасынын функциясын изилдөө ыкмасы, жана ошондой эле жүрөктүн дубалдарынын кыймылын орулуунун эритроциттерине 99-технеций элементи менен байытылган радиоактивдүү элементин киргизүүнүн жардамы аркылуу изилдөө.

**АСИСТОЛА (asystole), асистола** – жүрөк согушу токтоп калган абал; электрокардиограммада толкундардын жоктугу менен коштолот.

**АСТМА СЕРДЕЧНАЯ (cardiac asthma), жүрөк астмасы** – жүрөктүн сол карынчасынын жетишсиздигинде өрчүйт.

## Б

**БИГЕМИНИЯ (bigeminy), бигеминия** – абал, мында жүрөктүн жыйрылышынын кезектешкен эктопикалык систолалары (экстрасистолалары) пульста угулат, анын кепетинде пульс эки бөлүккө (пульстук бигеминия (pulsus bigeminus)) бөлүнөт.

**БЛОКАДА НОЖКИ ПУЧКА ГИСА (bundle branch block), Гис түйүнүнүн бутунун блокадасы** – жүрөк системасынын жабыркоосуна алып келет (караңыз: Аритмия), ал электрокардиоргаммада болгон өзгөрүүлөрдө байкалат.

**БЛОКАДА СЕРДЦА (heart block), жүрөк блокадасы** – электр импульстардын өткөрүмдүүлүгүнүн бузулушуна алып келүүчү абал, анын кесепетинен жүрөктүн кан ташуучу жөндөмдүүлүгү бузулат.

**БОЛЕЗНЬ ГИПЕРТОНИЧЕСКАЯ (hyperpiesia), гипертоникалык оору** – кан басымынын жогорулашы. Караңыз: Гипертензия.

**БОЛЕЗНЬ ДЕКОМПРЕССИОННАЯ (compressed air illness, bends), БОЛЕЗНЬ КЕССОННАЯ (caisson disease), декомпрессиондук оору, кессондук оору** – дем алуучу аппараттын жардамы менен бир кыйла өлчөмдөгү терендикте же суу алдында түшүүчү коңгуроодогу жогорку басым алдында иштеген адамдарда учурай турган синдром. Суу ал-

дынан кайткандан кийин канда эритилген азот газ көбүкчөлөрүн пайда кылуу менен мээ жана башка органдардын (декомпрессионндук дарт (decompression sickness)) майда кан тамырларындагы кандын жүгүрүүсүн начарлатып, адамдын кыйналып оорушуна себеп болот (бийиктик оорусу (bends)).

**БОЛЕЗНЬ ОТСУТСТВИЯ ПУЛЬСА (pulseless disease), пульстун жоктук оорусу** – караңыз: Такаясу оорусу.

## В

**ВАЛЬВУЛИТ (valvulitis), вальвулит** – бир же бир нече жүрөк капкасынын сезгениши. Бул сезгенич курч жана өнөкөт болушу мүмкүн; көпчүлүк учурда вальвулиттин себеби болуп ревматикалык безгек болуп саналат (караңыз: Эндокардит).

## Г

**ГЕМОПЕРИКАРД (haemopericardium), гемоперикард** – жүрөктүн кабына кандын жыйналышы. Бул адамда кандайдыр бир травмадан кийин пайда болуучу же жүрөктүн кан сосуддарынын жарылышынан (миокарддын инфаркты), шишиктерден же кан токтобогондук аневризмадан пайда болот. Мындай учурда жүрөктүн кысылышы (жүрөктүн тампонадасы (cardiac tamponade)) жаралып, мындай учурда организмде кандын циркуляциясы бузулат да бул артериалык кан басымдын кескин түшүшүнө алып келип андан ары жүрөктүн токтошу болот. Оорулуунун өмүрүн сактап калыш үчүн хирургиялык операция аркылуу перикарддан кан алып салынат.

**ГИДРОПЕРИКАРД (hydropericardium), гидроперикард** – перикарддын көңдөйүндө тунук боз суюктуктун топтолушу. Суюктуктун топтолушу көпчүлүк мезгилде перикардитте (гидроперикардит (hydropericarditis)) байкалат. Эгерде мындай суюктуктун топтолушунда жүрөктүн кысылышы байкалса, анда төштүн дубалына атайын ийне киргизип, сордуруп алуу өткөрүлөт (перикардиоцентез (pericardiocentesis)). Кошумча караңыз: Гидропневмоперикард.

## Д

**ДЕКСТРОКАРДИЯ (dextrocardia), декстрокардия** – жүрөктүн нормадагыдай сол жактан эмес, оң жактан орун алышы.

**ДЕФЕКТ МЕЖПРЕДСЕРДНОЙ ПЕРЕГОРОДКИ (atrial septal defect, ASD), жүрөктүн алдыңкы тосмосунун дефектиси** – караңыз: Тосмонун дефектиси.

**ДЕФЕКТ ПЕРЕГОРОДКИ (septal defect), тосмонун дефектиси** – тосмодогу тешикче, ал жүрөктүн оң жана сол бөлүгүн ажыратат, анын жыйынтыгында жүрөктүн эки бөлүгүнүн бириккен жеринде аномалдык биригүү пайда болот. Адатта бул дефект тубаса болуп, жатындагы баланын жүрөгүнүн өрчүшүнүн бузулушу менен байланышкан.

**ДИГИТАЛИЗАЦИЯ (digitalization), дигитализация** – дарылык заттарды колдонуу, курамына наперстянка өсүмдүгү же анын тазаланган түзүүчүсү кирет. Ал жүрөк жетишсиздиги менен ооруган адамдарга, жүрөктүн тканын бул заттар менен байытуу максатында колдонулат.

**ДИСТОНИЯ (dystonia), дистония** – пастуралдык бузулуш, ал баш мээнин базалдык ганглийлеринин оруусу менен туудурулат. Дистания адатта ийин булчуңдардагы спазмдар менен коштолот. Орулуунун бир колу бир аз ийилген абалда болуп, башы болсо бир жакка ийилип калат. – Дистоникалык (dystonic).

## З

**ЗАСЛОНКА, КЛАПАН (valvula,** көпч. **valvulae), капкак, капка** – анча чоң эмес көлөмдөгү капка. Мисалы тегерек бүгүштөр (Керкринг бүгүштөрү) (valvulae conniventes) ичке ичегилердин былжырлуу катмарындагы бүгүштөр дегенди билдирет.

## И

**ИДИОВЕНТРИКУЛЯРНЫЙ (idioventricular), идиовентрикулярдуу** – жүрөктүн карынчасы менен байланышкан термин. Бул термин жүрөк карынчасынын өтө жай жыйрылуусун сүрөттөөдө колдонулат.

**ИНОТРОПНЫЙ (inotropic), инотроптуу** – жүрөк булчуңунун жыйрылуу мүмкүнчүлүгүнө таасир этүүчү зат.

**ИНФАРКТ (infarct, infarction), инфаркт** – эмболия же уюп катып калган кандын кесепетинен улам артериялык кан агымындагы кокусунан келип чыккан мүчүлүштүктөрдүн негизинде бүтүндөй орган же анын кайсы бир бөлүгүнүн иштен чыгуусу. Мисалы, жүрөк булчуңун жабырката турган инфаркт миокардасынын келип чыгуу себеби болуп, коронардык тромбоз саналат. Кан менен камсыз кылынбай калуунун натыйжасында керектен чыккан ткандын бир кичине бөлүгү инфаркт деп аталат. Адатта, инфаркт сол карынчанын миокардасында келип чыгат.

**ИНФАРКТ МИОКАРДА (myocardial infarction), миокарддын инфаркты** – кан камсыздоосунун бузулушунун кесепетинен жүрөк булчуң аймагынын жабыркашы (караңыз: Коронардык тромбоз).

## К

**КАРДИАЛЬНЫЙ (cardiac), кардиалдык** – 1. Жүрөккө тиешелүү же ага таасир этүүчү. 2. Карындын үстүңкү бөлүгүнө тиешелүү же ага таасир этүүчү (караңыз: Кардия).

**КАРДИОЛОГ (cardiologist), кардиолог** – жүрөк оорулары боюнча адис – врач.

**КАРДИОЛОГИЯ (cardiology), кардиология** – жүрөктүн түзүлүшү, аткарган иши жана ооруларын изилдөөчү илим. Кошумча караңыз: Ядердик кардиология. – Кардиолог (cardiologist).

**КАРДИОМИОТОМИЯ (cardiomyotomy), кардиомиотомия** – караңыз: Ахалазия.

**КАРДИОСПАЗМ (cardiospasm), кардиоспазм** – аш казандын кызыл өңгөч менен кошулган тушундагы булчуңдары өтө жыйрылуудан кызыл өңгөчтөн тамак өтпөй калуу. Ошону менен бирге, андан жогорку кызыл өңгөч чоюлуп кетиши. Караңыз: Ахалазия.

**КИСЛОТА ЭТАКРИНОВАЯ (ethacrynic acid), этакрин кислотасы** – диуретик; жүрөк жетишсиздигиндеги шишип кетүүлөрдү жана бөйрөк менен боор ооруларын дарылоодо колдонулат.

**КЛАПАН (valve), капка** – кээ бир көңдөй түтүктүү органдарда же алардын бир бөлүгүндө болуучу структура, ал суюктуктун бир багытта жылууга мүмкүндүк берет жана тескери багытта жүрүүгө тоскоолдук кылат. Капкалар жүрөктө, веналарда жана лимфа тамырларда маанилүү ролду ойнойт. Кошумча караңыз: Митралдык капка, Үч ачылма капка, Жарым ай сымал капка.

**КЛАПАН АОРТАЛЬНЫЙ (aortic valve), аорталдык капка** – жүрөк клапаны, ал сол карынча менен аортанын ортосунда орун алган. Кошумча караңыз: Жарым ай сымал капка.

**КЛАПАН БИКУСПИДАЛЬНЫЙ (bicuspid valve), бикуспидалдык капка** – караңыз: Митралдык капка.

**КЛАПАН ИЛЕОЦЕКАЛЬНЫЙ, ЗАСЛОНКА БАУГИНИЕВА (ileocaecal valve), илеоцекалдык капка, Баугин жапкычы** – татаал анаболикалык түзүлүш, ал капчыт ичегинин ичке ичегиге өтүүчү жеринде орун алган.

**КЛАПАН МИТРАЛЬНЫЙ (mitral valve), КЛАПАН ДВУСТВОРЧАТЫЙ (bicuspid valve), митралдык капка, экиге ачылма капка** – жүрөк клапаны, ал эки ачылмадан түзүлгөн, алар сол жүрөк алды карынчанын капталдарынын тешиктерине бекилет.

**КЛАПАН ПОЛУЛУННЫЙ (semilunar valve), жарым ай сымал капка** – жүрөктүн экиден бир капкалардын бири, ал аортанын чыгуу жерлеринде (аорталдык капка (aortic valve)) жана өпкө артериясынын (өпкөлүк сөңгөктүн капкасы (pulmonary valve)) чыгуу жерлеринде орун алган.

**КЛАПАН СПИТЦА – ХОЛЬТЕРА (Spitz – Holter valve), Спитц – Хольтер капкасы** – бир өтүмдүү капка, ал жүлүн - мээ суюктугун дренаждоодо гидроцефалияны дарылоо процессинде колдонулат. Бул учурда бул капка мээ карынчасына киргизилип; жана ошондой эле тери астына же оң жүрөк алдына жана бүлкүлдөккө дренаждоо үчүн киргизилет.

**КЛАПАН ТРЕХСТВОРЧАТЫЙ (tricuspid valve), үч ачылма капка** – жүрөк капкасы, ал оң жүрөк алдында – карынча ачылмасында орун алган. Ал үч ачылмадан турат, алар канды жүрөк алдынан карынчага өткөзөт, бирок алардын тескери агымына тоскоолдук кылат.

**КОАРКТАЦИЯ (coarctation (of the aorta)), коарктация** – ичи көңдөй мүчөлөрдүн бир жеринин кууш тартып калышы. Аортанын кайсы бир аймагынын тубаса ичкерип калышы. Бул башта жана колдо кан басымынын жогорулашына (гипертензияга) жана бутта басымдын төмөндөшүнө алып келет.

**КОЛЛАГЕНОЗ (collagen disease), коллагеноз** – бириктирүүчү ткандын диффуздук оорусунун эски аталышы.

**КОЛЛАГЕНОЗ, БОЛЕЗНЬ СОЕДИНИТЕЛЬНОЙ ТКАНИ ДИФФУЗНАЯ, (connective-tissue disease), коллагеноз, диффуздук бириктирүүчү ткандын оорусу** – бириктирүүчү ткандардын челге айланып көбөйө берүүсүнөн келип чыккан оору. Адамдын бир мүчөсүнөн башталып, бардык жерине таралат. Мындай дарттарга: дерматомиозит, системалык жана дисксымал кызыл бөрү жатыш, шакек сымал склеродермия, түйүндүк полиартрит жана ревматоиддик артрит киришет.

**КРОВООБРАЩЕНИЕ ЭКСТРАКОРПОРАЛЬНОЕ (cardiopulmonary bypass), экстракорпоралдык кан айлануу** – кардиохирургияда операция мезгилинде жүрөктү токтотуу убагында жүрөктүн ордун алмаштыруу үчүн жасалма кан айлануу аппаратын иштетүү үчүн алмаштыруу.

## М

**МИОКАРДИТ (myocarditis), миокардит** – жүрөктүн булчуңунун сезгениши. Миокардит адамда өзүнчө же панкардит менен айкалыша өтүшү мүмкүн (караңыз: Эндомиокардит).

**МЫШЦА СЕРДЕЧНАЯ, МИОКАРД, СЛОЙ СРЕДНИЙ (cardiac muscle), жүрөк булчуңу, миокард, ортоңку катмар** – жүрөктүн капталындагы булчуң. Жүрөк булчуңу туурасынан кетүүчү булчуң ткандардан турат, кардиомиоциттерден турат жана түйүндү калыптандырат.

## Н

**НЕДОСТАТОЧНОСТЬ МИТРАЛЬНОГО КЛАПАНА (mitral incompetence), митралдык клапандын жетишсиздиги** – митралдык клапандын толук эмес жабылышы,

ал кандаын сол карынчадан сол жүрөк алдына кетишине алып келет. Анын негизги симптомдору болуп, энтигүү, жүрөк алдынын фебриляциясы, эмболия, сол карынчасынын чоңоюшу жана адамда систоликалык дуулдоо болуп саналат.

**НЕДОСТАТОЧНОСТЬ СЕРДЕЧНАЯ (heart failure), жүрөктүн жетишсиздиги** – жүрөк карынчасындагы миокард булчуңунун алсыздыгы. Адамда жүрөк жетишсиздигинин типтүү себеби болуп, коронардык тромбоз, гипертензия, жүрөк клапандарынын өнөкөт оорусу жана аритмия.

**НОРМОТЕНЗИВНЫЙ (normotensive), нормотензивдүү** – термин нормалдуу кан басымын туюндуруу үчүн колдонулат. Салыштыруу үчүн: Гипертензия, Гипотензия.

## О

**ОКОНЧАНИЕ АРТЕРИАЛЬНОЕ (end artery), артериалдык жалгоо** – артериянын башка бир бутакчалар менен байланышпай өз алдынча турган акыркы бутакчасы. Ошондо улам, бул бутакча барган ткандардын кан менен камсыз болуусуна көз каранды.

**ОСТАНОВКА СЕРДЦА (cardiac arrest), жүрөктүн токтоп калышы** – жүрөктүн кан соруп, өткөрүү кызматынын (насостук функциясынын) аякташы; көбүнчө жүрөк карынчасындагы булчуңдуу тамырлар канды соруп узатпастан (карынча фибрилляциясы), өтө тездик менен курулай эле согуп баштагандан улам келип чыгат. Мындай учурда адам эс-учун жоготот жана дем алуусу токтойт. Жүрөктүн токтошунун негизги себеби болуп инфаркт миокардасы эсептелет.

## П

**ПЕЙСМЕЙКЕР, ВОДИТЕЛЬ РИТМА (pacemaker), пейсмейкер, ритмдин айдоочусу** – 1. Оорулууларда нормалдуу жүрөк ритмин колдоп туруучу аспап. 2. Синустук – жүрөк алдындагы түйүн, ал жүрөк жыйрылуусунун тездигин тууралайт (ритмдин айдоочусу болуп саналат).

**ПЕРИКАРД (pericardium), перикард** – эки кабаттан турган жүрөктүн туюк кабы. Анын сырткы катмары болгон - фиброздуу перикард (fibrous pericardium) жүрөктөн башталуучу ири кан тамырлардын сырткы кыртышына өтүү менен жүрөктү бардык тарабынан айланта курчап турат. Ал эми ички катмары болгон сероздуу перикард (serous pericardium) бардык тарабынан жабылган илээшме катмардын көңдөйчөсү болуп саналат: перикарддын ички (висцералдык) жалбыракчасы - эпикард (epicardium) жүрөк булчуңунун бетине жанаша жайгашса, тышкы (париеталдуу) жалбыракча фиброздуу перикард менен бириккен. – Перикардиалдык (pericardial).

**ПОЛОСТЬ I (atrium,** көпч. **atria), көңдөй I** – 1. Жүрөктүн эки үстүнкү камералардын бирөөсү. Алардын булчуң капталдары карынчаларга караганда ичкерээк болот; сол жүрөк алдына өпкө тамырлар аркылуу кычкылтек менен байытылган кан өпкөдөн келет; оң жүрөк алдына туюк тамырлар аркылуу кычкылтекке жетишпеген кан келет. Кошумча караңыз: Жүрөк алдынын кулакчасы. 2. Анатомиялык камера, ага бир же бир нече жолдор ачылат. – Жүрөк алдындындагы (atrial).

**ПРЕСИСТОЛА (presystole), пресистола** – систоладан мурда жүрөк циклинин бөлүгү.

**ПРИСТУП СЕРДЕЧНЫЙ (heart attack), жүрөк пристубу** – караңыз: Миокарддын инфаркты.

**ПРОТОДИАСТОЛА (protodiastole), протодиастола** – диастоланы мүнөздөөчү, аорталдык клапандын жана систоланын аякташынын ортосундагы жүрөк циклдин мезгилиндеги кыска мөөнөт.

**ПУЛЬС (pulse), пульс** – жүрөктүн кагышы. Аны тамырды кармап билет. Пульс артериялардын үстүндө, билектик (бейбелчекке жакын) жана күрөө (моюн аймагында) жеңил аныкталат. Орто эсеп менен чоң кишилерде тынч абалда минутада 60–80 кагууну түзөт.

**ПУЛЬС ПАРАДОКСАЛЬНЫЙ (pulsus paradoxus), парадоксалдык пульс** – дем алуу мезгилиндеги пульстук көлөмдө жана систоликалык кан басымындагы уроо. Мындай абал кысылуучу перикардитте, жүрөктүн айланасындагы сарыккан суу абалда жана астмада байкалат.

**ПУЧОК I (bundle), түйүн I** – булчуң же нерв түйүндөрүнүн тобу, жакын жайгашкан жана бирдей багытта жүргөн; мисалы, жүрөк алдындагы – карын түйүнү (Гис түйүнү).

**ПУЧОК II (fasciculus, fascicle), түйүн II** – түйүн, топ (мисалы, нерв же булчуң түйүндөрү).

**ПУЧОК ГИСА (bundle of His), Гис түйүнү** – караңыз: Жүрөк алдындагы – карын түйүнү.

**ПУЧОК ПРЕДСЕРДНО-ЖЕЛУДОЧКОВЫЙ (atrioventricular bundle, AV bundle), ПУЧОК ГИСА (bundle of His), жүрөк алдындагы – карынча түйүнү, Гис түйүнү** – жүрөктүк өткөрүүчү системадагы клеткалардын түйүнү, алар атриовентикулярдык түйүндөн, жүрөк алдындагы – карынча тосмодон өтүп карынчаларга карай барат. Гистин түйүнү аркылуу дүйлүгүү жүрөк алды – карынчалыктан (атриовентикулярдык) түйүндөн карынчаларга берилет.

## Р

**РЕБЁНОК СИНЮШНЫЙ (blue baby), өңү көк сымал бала** – тубаса цианоз, жүрөк оорусу менен ооруган ымыркай. Көпчүлүк учурда балдарда Фалло тетрадасы жана магистралдуу тамырлардын транспозициясы аттуу тубаса кемдиктер кезигет, мындай учурларда кан туура эмес багытта агат.

**РЕДУПЛИКАЦИЯ (reduplication), редупликация** – жүрөк угумунун эки селениши, ал оорубаган адамдарда байкалат жана дем алуу убагында өзгөрүүлөрдү айгинелейт, ал жүрөк клапандагы жабыктуулуктун чоң эмес асинхрондуулугу менен туудурулат.

**РЕФЛЕКС КАРДИАЛЬНЫЙ (cardiac reflex), кардиалдык рефлекс** – жүрөк жыйрылышынын тездигин көзөмөлдөөчү рефлекс.

## С

**СЕРДЦЕ ЛЕГОЧНОЕ (cor pulmonale), өпкөлүк жүрөк** – жүрөктүн оң карынчасынын чоңоюшу, ал өпкө оорусунун жана өпкөлүк артерия оорусунун кесепетинен пайда болот.

**СЕРДЦЕ ТРЕХКАМЕРНОЕ (cor triloculare), үч чөнтөктүү жүрөк** – сейрек кездешүүчү туубаса жүрөк оорусу, мында жүрөк төрт чөнтөктөрдөн эмес, үч чөнтөктөрдөн турат.

**СИНДРОМ ВОЛЬФФА – ПАРКИНСОНА – УАЙТА (Wolff – Parkinson – White syndrome), Вольфф – Паркинсон – Уайт синдрому** – жүрөк ритминин бузулушунун тубаса аномалиясы. «Вольфф – Паркинсон – Уайттын синдрому» термини колдонуп калгандыгынын себеби анткени бейтапта антисистолиянын, ошондой эле тахикардиянын параксизмдери байкалганда колдонулган.

**СИНДРОМ СТОКСА – АДАМСА (Stokes – Adams syndrome), СИНДРОМ АДАМСА – СТОКСА (Adams – Stokes syndrome), Стокс – Адамс синдрому, Адамс – Стокс синдрому** – толук атриовентрикулярдык блокада; эсин убактылуу жоготуу приступтары, алар карынча фибриляциясынын мезгилинде кан агымынын токтоп калышы же асистоланын кесепетинен өрчүйт. Бул синдром кээде жүрөк блокадасы менен татаалданат.

**СИНДРОМ УСИЛИЯ, ДИСТОНИЯ НЕЙРОЦИРКУЛЯТОРНАЯ (effort syndrome), күчөтүү синдрому, нейроциркулятордук дистония** – өзүнүн жүрөгүнүн абалы жана кан айлануу системасынын абалы тууралуу өтө тынчсыздануу абал.

**СИСТЕМА СЕРДЕЧНО-СОСУДИСТАЯ (cardiovascular system, circulatory system), жүрөк-кан тамырлар системасы** – кан айлануунун эки айлануусун пайда кылуучу жүрөк жана кан тамырларды бириктирет: чоң жана кичине. Адамдын бүтүндөй тулку боюна кан ташуу менен клетка жана ткандарга кычкылтек жана азык заттарын жеткирип, алардан чыккан азыктарды алып кетүү кызматын аткарат.

**СИСТОЛА (systole), систола** – жүрөктүн булчуңунун жыйрылган учуру. Ушул учурда жүрөктүн ичиндеги кандар тамырлар аркылуу жылат. Адатта бул термин менен карынчалардын систоласы (ventricular systole) белгиленет, ал орто эсеп менен 0,3 секунда созулат. Жүрөк алдындагы систола (atrial systole) орточо эсеп менен 0,1 секунда созулат. – Систоликалык (systolic).

**СИСТОЛА ЭКТОПИЧЕСКАЯ (ectopic beat), ЭКСТРАСИСТОЛА (extrasystole), эктопикалык систола, экстрасистола** – жүрөктүн жыйрылышы, ал импульстун таасиринин астында пайда болот, жүрөктүн ар кандай аймагында генерацияланат, бирок синоатриалдык түйүндөн тышкары. Эктопикалык систолалар адатта нормалдуу жүрөк жыйрылышына алып келгендигин ишке ашыруучу болуп алдын ала болушат; алар суправентрикулярдык (supraventricular) деп аталышат, жүрөк алдында болушса вентрикулярдык (ventricular) деп аталышат, эгер дагы ошондой эле карынчаларда пайда болушса вентикулярдык деп аталышат. Караңыз: Аритмия.

**СТЕНОЗ (stenosis), стеноз** – кайсы бир жылчыктын же тешиктин аномалдык ичкериши, мисалы, кан тамырынын же жүрөк клапандын ичкериши. Караңыз: Аортанын стенозу, Күрөө тамырынын стенозу, Митралдык стеноз, Өпкө сөңгөгүнүн стенозу, Пилоростеноз.

**СТЕНОЗ АОРТЫ (aortic stenosis), аортанын стенозу** – аорталдык клапандагы жылчыктын ичкериши. Ал ревматизимден кийин өрчүшү мүмкүн, же болбосо капканын катып калышынан же тырыктыгынан өрчүйт же тубаса болушу мүмкүн. Аортанын стенозу систола убагында жүрөктүн сол карынчасынан кандын аортага чыгууга тоскоолдук кылат.

**СТЕНОЗ ЛЕГОЧНОГО СТВОЛА (pulmonary stenosis), өпкө түтүкчөсүн өпкө түтүкчөсүн стенозу** – түтүкчөнүн тубаса ичкериши, ал жүрөктүн оң карынчасынан өпкө артериясына өтөт. Мындай дефект өпкөлүк сөңгөк клапанынын (капкалык стеноз (valvular stenosis)) кайсы - бир дефектисинин бар болушунан же анын кайсы бир аймагынан ылдыйыраак жерде (капка астындагы стеноз (infundibular stenosis)) болсо, өрчүшү мүмкүн.

**СТЕНОЗ МИТРАЛЬНЫЙ (mitral stenosis), митралдык стеноз** – митралдык капканын тешигинин ичкерип калышы ал ревматизмдин кесепетинен пайда болот. Адамда митралдык гана стеноз өрчүшү мүмкүн же стеноз митралдык клапандын жетишсиздиги менен айкалышуудa.

**СТЕНОКАРДИЯ (angina), стенокардия** – дем кыстыгуу сезими же кыстыгуучу оору. Жүрөк мыкчыгандай сезүү. Жүрөктүн кан тамырлары начар иштегенде байкалат. Караңыз: Жүрөк кыстыгуу (стенокардия), Людвигдин ангинасы.

**СТИБОФЕН (stibophen), стибофен** – сурьманын натрий тузун камтыйт, ал шистомозаны дарылоодо колдонулат. Инъекция түрүндө берилет; терс таасирин да бериши мүмкүн: тамак сиңирүү процессинин бузулушу, жүрөк согушунун акырындашы жана анемия.

## Т

**ТАХИКАРДИЯ (tachycardia), тахикардия** – жүрөктүн бат-бат согушу, жүрөктүн согушун тамыр аркылуу эсептегенде бир минутанын ичинде норма 60 деп, андан жогорку

сандагы жүрөктүн кагышы тахикардия деп аталат. Ал нормадан тышкары бат-бат согушу. Синустук тахикардия (sinus tachycardia) оорубаган адамда физикалык оорчулуктун же нервдик козголуунун кесепетинен өрчүшү мүмкүн; Аритмиянын кээ бир түрлөрү өзүнөн-өзү тахикардиянын (эктопикалык тахикардиянын (ectopic tachycardia)) өрчүшүнө алып келет.

**ТАХИПНОЭ (tachypnoea), тахипноэ** – бат-бат дем алуу. Токтолгон адамда бир минутада норма боюнча демди он сегиз жолу алат, ал эм идем алуу андан бат алтымышка чейинки дем алуу тахипноэ деп аталат.

**ТЕТРАДА ФАЛЛО (tetralogy of Fallot), Фалло тетрадасы** – туулгандан эле жүрөктүн ичиндеги төрт жетишсиздик: өпкө артериясынын кууштугу; карынчалардын арасындагы жапкычтын кемдиги; толто тамырдын оң жактан орун алышы жана жүрөктүн оң жак карынчасынын булчуңунун калыңдыгы.

**ТОЛЧОК ВЕРХУШЕЧНЫЙ (СЕРДЕЧНЫЙ) (apex beat), үстүнкү кагылыш (жүрөктүн)** – систола убагында жүрөктүн жыйрылышы. Ал төштүн оң жак аймагында бешинчи менен алтынчы кабырганын ортосунда сезилиши же угулушу мүмкүн.

**ТРАНСПОЗИЦИЯ МАГИСТРАЛЬНЫХ СОСУДОВ (transposition of the great vessels), чоң тамырлардын тескери бүтүп калышы** – жүрөктүн тубаса жабырканышы, мында аорта оң карынчадан чыгат, өпкө артериясы болсо сол карынчадан чыгат.

**ТРИГЕМИНИЯ (trigeminy), тиргеминия** – жүрөк аритмиясы, мында жүрөктүн жыйрылуусу үчтөн топко бириктирилет. Биринчи жыйрылуусу адаттагыдай нормада болот ал эми экинчи жана үчүнчү баштапкы экстрасистолалар (караңыз: Эктопикалык систола) болуп саналат.

**ТРОМБОЗ КОРОНАРНЫЙ (coronary thrombosis), коронардык тромбоз** – коронардык артерияда тромбдун пайда болуусу. Мунун натыйжасында, жүрөктүн айрым бир бөлүкчөсүнө кандын келиши токтойт. Бул болсо, акыр соңунда жүрөк булчуңунун инфаркттына алып келе турган атероманын жаралышы менен байланыштуу.

## У

**УЗЕЛ АТРИОВЕНТРИКУЛЯРНЫЙ (atrioventricular node), атриовентикулярдык түйүн** – жүрөктүн өтүмдүүлүк системасынын бөлүгү; ал жүрөк алдындагы тосмодо орун алган.

## Ф

**ФИБРИЛЛЯЦИЯ (fibrillation), фибрилляция** – булчундун өтө бат жыйрылып, титиреп, кыймылдап турушу, жыйынтыгында жүрөк эффективдүү жана синхрондук жыйрылуу касиетин жоготот. Жүрөк алдынын фибрилляциясы (atrial fibrillation) аритмиянын типтүү түрү болуп саналат; бат-бат жана ритмден тышкары тамырдын кагышы жана жүрөк согушу менен аныкталат. Карынчалардын фибриляциясында (ventricular fibrillation) жүрөк жыйрылышы токтойт (караңыз: Жүрөктүн токтошу). Көпчүлүк учурда мындай фибриляциянын себеби болуп миокарддын инфаркты болуп саналат.

## Ц

**ЦИКЛ СЕРДЕЧНЫЙ (cardiac cycle), жүрөк цикли** – бири биринин артынан жүрүүчү жүрөктүн жыйрылышынын ортосундагы ырааттуулук, адатта убакыт менен бир секундадан кем эмес ээлейт. Караңыз: Диастола, Систола.

## Ш

**ШУНТ (shunt), шунт** – биринен экинчисин көздөй кан же кандайдыр бир суюктук (мисалы, жүлүн суусу) агып өтүүчү эки анатомиялык түтүктүү структураны бириктире турган жол. Адатта, бул жол өнүгүүнүн тубаса дефекти катары каралат же хирургиялык операция мезгилинде жасалма түрдө жасалат. Кошумча караңыз: Анастомоз.

**ШУНТ ОБХОДНОЙ СОСУДИСТЫЙ, АНАСТОМОЗ (coronary bypass graft), айланма тамырдык шунт, анастомоз** – коронардык реваскуляризация, мында коронардык артериянын атерома менен ичкертилген аймагы кошумча кан агуусу тери алдындагы нормалдуу тамырдан транплантациялоонун же торакотамия убагында ички төш артериядан ташуунун эсебинен ишке ашырылат.

**ШУНТИРОВАНИЕ ЧРЕСКОЖНОЕ ВНУТРИПЕЧЕНОЧНОЕ ПОРТОСИСТЕМНОЕ (TIPSS, transcutaneous intrahepatic porto-systemic shunt), боор ичиндеги портсистемалык тери аркылуу шунттоо** – караңыз: Порталдык гипертензия.

## Э

**ЭКСТЕНЗОР (extensor), экстензор** – буттун бүгүлгөн жеринен кайра жазылышын шарттоочу тарамыштар.

**ЭКСТРАДУРАЛЬНЫЙ (extradural), экстрадуралдуу** – мээ кабыкчасынан сырткары орун алган дарттар. Караңыз: Эпидуралдык.

**ЭКСТРАКЦИЯ, ИЗВЛЕЧЕНИЕ НАСИЛЬСТВЕННОЕ (evulsion), экстракция, мажбурлап чыгарып алуу** – караңыз: Авульсия.

**ЭКСТРАСИСТОЛА (extrasystole), экстрасистола** – караңыз: Эктопикалык систола.

**ЭКСТРАСИСТОЛА РАННЯЯ (premature beat), эрте экстрасистоласы** – караңыз: Эктопикалык систола.

**ЭНДОКАРД (endocardium), эндокард** – жүрөктүн ички бети, катмары. Эндокард эндотелиалдык клеткалардын ичке катмары менен капталган, ал артериялардын жана веналардын ички кабына өтөт. – Эндокардиалдык (endocardial).

**ЭНДОКАРДИТ (endocarditis), эндокардит** – жүрөктүн ички бетинин, катмарынын жана клапандарынын сезгениши. Көбүнчө ревматикалык жабыркоо же бактериалдык инфекциялардын (бактериалдык эндокардит (bacterial endocarditis)) натыйжасында пайда болот. Анын кесепетинен жүрөк клапандардын убактылуу же такай жабыркоо өрчүшү мүмкүн.

**ЭНДОМИОКАРДИТ (endomyocarditis), эндомиокардит** – эндокард жана миокарддын курч же өнөкөт мүнөздөгү оорусу. Эгерде перикард сезгенип калса, анда аталган оору панкардит (pancarditis) деп аталат. Эндокардиттин келип чыгуусуна ревматизм жана вирустук инфекциялык оорулар себепкер болушат. Оорунун негизги симптомдору: жүрөктүн көлөмүнүн чоңоюшу, анда шуулдаган үндөрдүн угулушу, эмболия жана аритмия. Кошумча караңыз: Эндокардит.

# КЛИНИЧЕСКАЯ ДИАГНОСТИКА



# А

**АКИНЕЗИЯ (akinesia), акинезия** – кыймылдай албоо, шал болуу. – Акинетикалык (akinetic).

**АКЛАЗИЯ ДИАФИЗАРНАЯ (diaphysial aclasis), диафизардык аклазия** – сөөктүн жана кемирчектин өсүшүнүн тукум куучулук оорусу; анын кесепетинен узун (түтүктүү) сөөктөрдө, кемирчектүү уркуюп өсүүлөр пайда болот (экзостоздор).

**АКРАНИЯ (acrania), акрания** – баш сөөктүн тубаса түрүндө жарым-жартылай же толук жок болушу. Төрөлгөнгө чейинки ар кыл оорулардын натыйжасында келип чыгат.

**АКРОМЕГАЛИЯ (acromegaly), акромегалия** – колдун, өзгөчө буттун, жөн эле чоңоюп кетиши. Аны менен кошо кулактын, мурундун, алдыңкы ээктин чоңоюшу дагы кошумча болот. Бул дарт гипофиз безинин алдыңкы бөлүгү дартка чалдыкканда байкалат (кошумча караңыз: Гигантизм).

**АКРОПАРЕСТЕЗИЯ (acroparaesthesiae), акропарестезия** – буттун кетменинин, өзгөчө колдун манжаларынын жана кээде бут ооругандыкты да сезбей калышы (караңыз: Парестезия).

**АЛАСТРИМ, ОСПА БЕЛАЯ (alastrim), аластрим, ак чечек** – билинер-билинбес кызамык менен коштолуучу кадимки чечек оорусунун жеңил формасы. Медициналык аталышы: Variola minor (чечекетин оор эмес формасы).

**АЛГЕЗИМЕТРИЯ (dolorimetry), алгезиметрия** – оору сезгичтигин аныктоо. Караңыз: Алгезиметр.

**АЛКАЛОЗ (alkalosis), алкалоз** – дене суюктуктарында жана ткандарда щелочтун өзгөчө көп болуп кетүүсү менен мүнөздөлүүчү патологиялык абал. Оорулуунун булчундары алсырап, колу-буттун карышуусу менен коштолот.

**АОРТОГРАФИЯ (aortography), аортография** – аортанын рентгенологиялык изилдөөсү. Аортага рентгендик контрасстык зат куюлат, андан кийин ренгенограммалардын катарлары жасалат (караңыз: Ангиокардиография).

**АПНОЭ, СВЯЗАННОЕ С НАРУШЕНИЕМ ПРОХОДИМОСТИ ДЫХАТЕЛЬНЫХ ПУТЕЙ ВО ВРЕМЯ СНА (obstructive sleep apnoea), уктап жаткан мезгилде дем алуу жолдорунун өтүүсүнүн бузулушу менен байланышкан апноэ** – өмүргө коркунуч туудурган абал, мында дем алуу жолдорунун өтүмдүүлүгү бузулуп, өпкөгө абанын өтүшү токтолот. Мындай бузулуштун негизги себеби болуп, катуу коңурук тартуу же канда кычкылтектин концентрациясынын азайышы болуп саналат, ал адамда жүрөк жетишсиздигин туудурушу мүмкүн.

**АПОПЛЕКСИЯ (apoplexy), апоплексия** – мээге кан куюлуу; бул кан тамыр үзүлгөндө байкалат. Караңыз: Мээге кан куюлуу.

**АППЕНДИЦИТ (appendicitis), аппендицит** – курт сымал ичегинин – аппендикстин сезгениши.

**АПРОКТИЯ (aproctia), апроктия** – көтөн же андагы тешиктин тубаса жок болуусу. Караңыз: Перфорацияланбаган көтөн чучук.

**АРИБОФЛАВИНОЗ (ariboflavinosis), арибофлавиноз** – организмде рибофлавининдин ($B_2$-витамини) жетишсиздигинен улам келип чыгуучу симптомдор. Аларга: тил жана эриндердин сезгенүүсү, ооз ууртундагы жаралардын пайда болуусу кирет.

**АСТАЗИЯ (astasia), астазия** – адамдын эч кандай себеби жок эле бутка таянып тура албоосу. Дыкат медициналык изилдөөлөрдөн соң бул өндүү оорулуу адамдардан бир катар ички карамакаршылыктарды табууга болот.

**АСТЕНИЧЕСКИЙ (asthenic), астеникалык** – организмде энергиянын төмөндөшүн, жана ошондой эле физикалык чыңалууга жана эмоционалдык стресстерге жогору сезгичтиги менен мүнөздөлгөн абалды сүрөттөөдө колдонулуучу сөз.

**АСТЕНИЯ (asthenia), астения** – адамдын дарманы жок, алсыз абалы.

**АСТЕНИЯ (hyposthenia), астения** – физикалык алсыздык же булчуң тонусунун аномалдуу төмөн абалы.

**АСФИКЦИЯ (asphyxia), асфикция** – мууну, тумчугуу.

**АСЦИТ (ascites), ГИДРОПЕРИТОНЕУМ (hydroperitoneum), асцит, гидроперитонеум** – ич көңдөйгө сары суу толуп кеткен учур. Кайсы бир инфекциондук дарттын (мисалы, кургак учуктун) жыйынтыгында, жүрөк жетишсиздиги, порталдык гипертензиянын, боордун циррозунда, жана рак оорусунун түрдүү формасында (өзгөчө боордун жана тукум безинин рак оорусунда) өрчүшү мүмкүн. Кошумча караңыз: Шишип кетүү.

**АТАВИЗМ (atavism), атавизм** – адамдын кээ бир көрүнүштөрү ата-энесине окшобой, мурунку өткөн жакындарына жана ата-бабаларына окшоштугу.

**АТЕЛЕКТАЗ (atelectasis), ателектаз** – оорунун себебинен өпкөнүн бөлүгүнө абанын аз барышы.

**АУТОПСИЯ (autopsy), НЕКРОПСИЯ (necropsy, post mortem), аутопсия, некропсия** – өлүм же оору себебин аныктоо максатында жансыз денеге изилдөө иштерин жүргүзүү.

**АХЛОРГИДРИЯ (anacidity), ахлоргидрия** – адам организминде толук же жарым жартылай кислотанын жок болушу, негизинен карын суюктугунда.

## Б

**БАРОТРАВМА (dysbarism), баротравма** – каалаган клиникалык көрүнүш, ал адам денесинин сыртындагы атмосфералык басымдын айырмалоосунун кесепетинен жана абанын басымынан же дененин ичиндеги көңдөйчөлөрдүн (мисалы, мурун көңдөйүнүн же ортонку кулактын) газынан пайда болот. Караңыз: Декомпрессионндук оору.

**БАТИЭСТЕЗИЯ (bathyaesthesia), батиэстезия** – адам денесинин терең бөлүгүндөгү сезилүүчү сезимдер, мисалы, булчуңдарда жана муундарда.

**БЕССИМПТОМНЫЙ (quiescent), симптомсуз** – берилген термин өзгөчө бир мүнөздүү белгиси жок ооруларда колдонулат.

**БЕССОЗНАТЕЛЬНЫЙ (unconscious), эс-учу жок** – 1. Эс-учу жок абалда болуу. 2. Бул термин адам менен эси учу жок абалдагы психикалык процестерди сүрөттөөдө колдонулат. 3. Психоанализде – аң сезимдин бөлүгүнүн бизге жетпегис бөлүгүнө, өзүнүн курамында эсти, шыктандыруу жана ниетти бириктирүүчүгө карата колдонулат. Салыштыруу үчүн: Тышкары сезимдүү.

**БОЛЕЗНЬ (disease), оору** – өзүнүн себеби болгон ден соолуттун начарлашы, алар өзүнүн объективдүү жана субъективдүү белгилердин (симптомдордун) себептерин камтыйт; ар кандай организмдеги өрчүү аномалиясы же анын туура эмес функционалдашуусу.

**БОЛЕЗНЬ (mat), оору** – дарт.

**БОЛЕЗНЬ ЛАЙЕЛЛА (Lyell's disease), Лайелл оорусу** – эпидермистин токсикалык некрозу; ал ымыркайларда өрчүүчү дарт, Staphylococcus бактериясынан пайда болгон, теринин катмарланышы жана кызарышы жана ыйлаакчалардын пайда болушу менен мүнөздөлүүчү дарт. Караңыз: Риттер оорусу.

**БОЛЕЗНЬ ЛЕТТЕРЕРА – СИВЕ (Letterer – Siwe disease), Леттерер – Сиве оорусу** – ретикуло-эндотелиалдык системасынын клеткаларынын өсүп кетиши, алар баш сөөктөгү шишиктин өрчүп кетиши менен байланыштуу болот. Караңыз: Ретикулоэндотелиоз.

**БОЛЕЗНЬ ТАКАЯСУ (Takayasu's disease), БОЛЕЗНЬ ОТСУТСТВИЯ ПУЛЬСА (pulseless disease), Такаясу оорусу, тамырдын кагышынын (пульстун) жок болуу ору-**

**су** – артерия догоосунун аортасынан өтүүчү прогрессивдүү окклюзия, ал болсо колдо жана моюнда пульстун жоктугуна алып келет. Негизги симптомдору болуп: эс-учун жоготуу пристубу (синкопэ), бет булчудардын шал болуусу жана андан көз көрбөөгө чейин алып келет, бул башка кан көлөмүнүн жетишсиздигинен келип чыгат.

**БОЛЕЗНЬ, ПРИОСТАНОВЛЕННАЯ В РАЗВИТИИ (forme fruste), өөрчүшүндө токтотулуучу оору** – оорунун мүнөздүү эмес формасы, симптодору адата тегизделип, ал эми өөрчүшү алгачкы стадиясында токтотулган оору.

**БОЛЬ ГОЛОВНАЯ (headache), баш оорусу** – баш сөөктүн ичинде сезилүүчү оору. Көпчүлүк учурда баш оору катуу эмоционалдык чымыркануу жана чарчоодо пайда болуп, бирок кээ бирде кооптуу баш сөөк ооруларынын өрчүшүнүн бирден бир симптому болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Шакый.

**БОЛЬ ОСТРАЯ (lancinating), катуу ооручу оору** – бул термин кату сайгылашып, кесилгендей оорудa колдонулат.

**БОЛЬ ОТРАЖЕННАЯ (referred pain, synalgia), чагылдырган оору** – дененин кайсы-бир башка бөлүгүндө оору сезими, ал бирок оорунун пайда болгон жерине дал келбейт. Мисалы, диафрагманын астынкы бөлүктө пайда болгон абсцесстин өрчүшү ийин муунун аймагындагы ооруну туудурушу мүмкүн, ал эми кээ бир жүрөк дартында сол колдо жана кол манжаларында оору туудурулушу мүмкүн.

**БОЛЬ, ВОЗНИКАЮЩАЯ В ПОКОЕ (rest pain), тынч абалда пайда болуучу оору** – бул оору адата таманда пайда болот, бул оору адамда кату ишемиянын болгонун айгинелейт.

## В

**ВДОХ ШУМНЫЙ (whoop), таза эмес дем алуу** – абаны таза эмес дем алуусу, ал жөтөлдүн пристубу менен аяктайт (өзгөчө көк жөтөл мезгилинде).

**ВЕРТИГО (vertigo), вертиго** – баш айлануу оорусу. Айрым учурларда оорулууга айланасындагы буюмдар гана эмес, жер да айланып жаткандай таасир калтырат. Адамдагы тең салмактуулук сезимине жооп берүүчү мээ бутакчасындагы ядронун кандайдыр бир оорусу менен байланыштуу.

**ВЫВЕДЕНИЕ СОЛИ ИЗ ОРГАНИЗМА ИЗБЫТОЧНОЕ (salt depletion), организмден туздун ашыкча санын чыгаруу** – организмден нартий хлориддин ашыкча сандагы көлөмүн чыгаруу, ал өтө тердегендиктен, катуу кусуудан же ич өтүүдөн, же жараттан ашыкча суюктуктун агып чыгышынан байкалат. Туздун организимден көп санда кетирилишинин негизги симптому болуп булчуңдардын бошоңдоп калышы жана спазмынан байкаса болот.

**ВЫРАЖЕНИЕ ЛИЦА (facies), беттин өңү** – бетинин өңүнөн, көз карашынан оруулуунун абалы жана маанайын билсе болот. Аденоиддери чоңоюп кеткен оруулууларда адашкан көз караш жана бир аз оозу ачылгандык мүнөздүү болот. Гипократтын бетине (Hippocratic facies) теринин саргыч болушу жана эч бир камыроосуз көз караш мүнөздүү болот, ал кээде өлүмдүн жакындашын көрсөтүп турууну мүнөздөйт.

## Г

**ГАЛИТОЗ (halitosis), галитоз** – ооз көңдөйүнөн сасык, жагымсыз жыт чыгуу. Убактылуу галитоздун себеби болуп, пияз, сарымсак жегенден кийин же паральдегид даарысын ичкенден кийин пайда болот. Андан тышкары галитоз, периодонталдык оорулардын же мурун, тамак жана өпкөдөгү инфекциялык оорулардын болушу менен мүнөздөлөт. Андан башка дагы ичтин катышы, тамак сиңирүү органдардын сезгениши жана боор оорулары да галитоздун болушуна шарт түзөт.

**ГЕМАРТРОЗ (haemarthrosis), гемартроз** – муундарга кан толуп калуу, сөөк муун-
Н
дан чыгып кеткенде, жарадар болгон учурда да байкалат.

**ГЕМАТЕМЕЗИС, РВОТА КРОВАВАЯ (haematemesis), гематемезис, кан кусуу** – кан кусуу, өпкөнүн, карындын жарат оорусунда, кызыл өңгөчтүн кан тамыры жооноюуп кеткенде байкалат (кошумча караңыз: Мелена).

**ГЕМАТИДРОЗ (haemathidrosis, haematidrosis), ГЕМАТОГИДРОЗ (haematohidrosis), гематидроз, гематогидроз** – тердин кан аралаш чыгуусу.

**ГЕМИКРАНИЯ, МИГРЕНЬ (hemicrania), гемикрания, шакый** – 1. Баш сөөктүн бир гана ыптасынын оорушу (адатта мындай ооруну мигрень деп аташат). 2. Өнүгүүнүн аномалиясы: түйүлдүк баш сөөгүндөгү бир ыптанын жоктугу.

**ГЕПАТАЛГИЯ (hepatalgia), гепаталгия** – оорунун натыйжасында боордун катуу оорушу. Адатта гепаталгия боордун сезгенишинен өрчүп чыгат (өзгөчө боордун абсцессинде) же анын кыйла чоңоюп кетишинде (жүрөк жетишсиздигинде же стеатоздо) өрчүйт.

**ГИДРОТОРАКС (hydrothorax), гидроторакс** – көкүрөктүн көндөйүнө суунун толуп калышы. Плевра сезгенген учурда байкалат. Кошумча караңыз: Гидропневмоторакс.

**ГИПЕРПНОЭ (hyperpnoea), гиперпноэ** – бат-бат, терең дем алуучу учур. Мисалы, гиперпноэ адамда физикалык машыгуу убагында байкалат. Салыштыруу үчүн: Гипервентиляция.

**ГИПЕРСОМНИЯ (hypersomnia), гиперсомния** – паталогиялык уйкучулук; көп убакытка созулган уйку (кээде баш мээнин сезгенишинде байкалат).

**ГИПЕРТЕНЗИЯ (hypertension), гипертензия** – артериялык басымдын убактылуу жогорку санда болушу. Ал кан тамырдын капталы чыйралганда, оор жумуш кылганда жана адам ооруну, ысык-муздакты сезгенде байкалат. Караңыз: Порталдык гипертензия, Өпкө гипертензиясы.

**ГИПЕРТЕНЗИЯ ЛЕГОЧНАЯ (pulmonary hypertension), өпкө гипертензиясы** – өпкө аркылуу кан циркцляциялаган тамырлардын ичиндеги кан басымынын жогорулашы менен мүнөздөлүүчү абал.

**ГИПЕРТЕНЗИЯ ПОРТАЛЬНАЯ (portal hypertension), порталдык гипертензия** – боордун капка венасыда басымдын жогорулашы менен мүнөздөлүүчү абал, анын кесепетинде орулууда көө боордун чоңоюп кетиши, кызыл өңгөчтөгү венанын жоонoюушу жана ич көңдөйүндө суунун топтолушу (асцит) байкалат. Эң эле көп таралуучу себеби болуп, боордун циррозу же боордун капка венанын тромбозу эсептелет.

**ГИПЕРТЕНЗИЯ, РАЗВИВШАЯСЯ ВО ВРЕМЯ БЕРЕМЕННОСТИ (pregnancy-induced hypertension (PIH)), кош бойлуу мезгилинде өрчүүчү гипертензия** – караңыз: Преэклампсия.

**ГИПОВЕНТИЛЯЦИЯ (hypoventilation), гипожелдетүү** – аномалдык үстүртөн жана жай дем алуу, анын кесепетинен канда көмүр кычкыл газынын кескин жогорулап кетиши байкалат.

**ГИПОВОЛЕМИЯ (hypovolaemia), ОЛИГЕМИЯ (oligaemia), гиповолемия, олигемия** – организмдеги кандын циркуляциясынын объема салмагынын азайышы (караңыз: Шок).

**ГИПОГИДРОЗ (hypoidrosis, hypohidrosis), гипогидроз** – тердин аз, начар чыгышы. Курчап турган температурага, организмдин активдүүлүгүнө же башка факторлорго адекватту эмес болуусу.

**ГИПОКСЕМИЯ (hypoxaemia), гипоксемия** – артериялык канда кислороддун жетишсиздиги, клиникалык көрүнүштө адамда борбордук жана перифириялык цианоздо байкалат.

**ГИПОТЕНЗИЯ, ГИПОТОНИЯ (hypotension, hypopiesis), гипотензия, гипотония** – артериалдык кан басымынын адаттан тышкары төмөн болуусу. Гипотензия адам суюктукту (мисалы, ич өткөктө, кусуу жана катуу күйгөндө) же канды көп жоготкондугунан улам келип чыгуусу мүмкүн. Себептери: миокарддын инфаркты, өпкө эмболиясы, оор мүнөздөгү жугуштуу оорулар, аллергиялык реакциялар, аритмия, курсак көңдөйүндөгү органдардын курч мүнөздөгү оорулары (мисалы, панкреатит), Аддисон оорусу, ошондой эле айрым бир дары-дармектерди пайдалануу саналат.

**ГИПОТОНИЯ (hypotonia), гипотония** – булчуң тонусунун төмөндөшү.

**ГИПОТРИХОЗ (hypotrichosis), гипотрихоз** – чачтын салыштырмалуу түрдө азайышы.

**ГИППУС (hippus), гиппус** – көздүн керегинин көлөмү бир калыпта бат куушурулуп же жазылып, алмашып турушу. Кээде нерв системасынын ар кандай ооруларында байкалат.

**ГРУДЬ ВПАЛАЯ (pectus excavatum), ичине кирген көкүрөк** – караңыз: Воронка сымал көкүрөк клеткасы.

**ГРУДЬ КЛИНОВИДНАЯ (pectus carinatum), шынаа сымал көкүрөк** – караңыз: Киль сымал көкүрөк клеткасы.

## Д

**ДАВЛЕНИЕ ВЕНОЗНОЕ ЦЕНТРАЛЬНОЕ (ЦВД) (central venous pressure, CVP), борбордук веноздук басым (БВБ)** – жүрөктүн оң толтосундагы кан басымы. БВБ ны өлчүү жүрөктүн оң жарымын катетеризациялоонун жардамы аркылуу өткөрүлөт; катетерге манометр бекитилет. БВБ ны өлчөө, кан айлануу функциясын, шок же катуу кансыраган учурдагы кандын көлөмүн аныктоо менен кандын кайрадан толушун байкап туруу үчүн өткөрүлөт.

**ДАВЛЕНИЕ ДИАСТОЛИЧЕСКОЕ (diastolic pressure), диастоликалык басым** – караңыз: Кан басымы.

**ДАВЛЕНИЕ КРОВЯНОЕ (blood pressure), кан басымы** – негизги артериялардын капталдарындагы кандын басымы. Эң жогорку кан басымы – систола мезгилинде, анда карынчалардын жыйрылуусу байкалат (систоликалык басым (systolic pressure)), эң төмөн басымы – диастола мезгилинде, анда карынчалар бошоп кайра канга толо баштайт (диастоликалык басым (diastolic pressure)).

**ДАВЛЕНИЕ ОНКОТИЧЕСКОЕ (oncotic pressure), онкотикалык басым** – бул плазманын белоктору менен түзүлүүчү коллоиддик-осмотикалык басым. Бул басым кандын ткандык суюктуктарга куюлушунун регуляциясында, маанилүү роль ойнойт. Кошумча караңыз: Осмос.

**ДАВЛЕНИЕ СИСТОЛИЧЕСКОЕ (systolic pressure), систоликалык басым** – караңыз: Кан басымы.

**ДЕГИДРАТАЦИЯ (dehydration), дегидратация** – денени суу баскандагы шишүүдөн ажыратуу. 1. Организмдеги ткандардын суута жетишсиздиги. Ал сууну жетишээрлик ичпегендиктен же организмден чыгарылгандыктан (мисалы, кусууда, катуу тердегенде же ич өтүүдө) кесепетинен өрчүйт. 2. Ткандардан сууну алып салу, бул аны микроскопиялык изилдөөгө даярдоо үчүн аткарылат ал аны концентацияланган этил спиртинин ичине салуу жолу менен аткарылат. Дегидратациядан кийин ткандын фиксациясы аткарылат, анын алдында – тазалоо болот.

**ДИАГНОЗ, ДИАГНОСТИКА (diagnosis), диагноз, дарт аныктоо** – объективдүү жана субъективдүү белгилерин (симптом) эске алуу менен оорунун жаратылышын, медициналык анамнезин аныктоо. Зарылчылыкка жараша лабораторлук, рентгенологиялык изилдөөлөр туурасындагы маалыматтарды топтоо. Кошумча караңыз: Дифференциалдык

диагностика, Пренаталдык диагностика. Салыштыруу үчүн: Маалымдоо. – Диагностикалык (diagnostic).

**ДИАГНОСТИКА АНТЕНАТАЛЬНАЯ (antenatal diagnosis), антенаталдык дарт аныктоо** – караңыз: Пренаталдык дарт аныктоо.

**ДИАГНОСТИКА ПРЕДИМПЛАНТАЦИОННАЯ (preimplantation diagnosis), имплантация алдындагы дарт аныктоо** – караңыз: Пренаталдык дарт аныктоо.

**ДИАГНОСТИКА ПРЕНАТАЛЬНАЯ (prenatal diagnosis), ДИАГНОСТИКА АНТЕНАТАЛЬНАЯ (antenatal diagnosis), пренаталдык дарт аныктоо, антенаталдык дарт аныктоо** – түйүлдүктүн өнүгүүсүндөгү генетикалык же кандайдыр бир адаттан тышкаркы көрүнүштөрдү изилдеп табуу үчүн кош бойлуу аялды текшерүү учурундагы дарт аныктоо процедуралары. Пренаталдык дарт аныктоонун негизи болуп ультраүндүү көчүрүү эсептелет (караңыз: Ультрасонография). Дарт аныктоонун мындан башка процедураларына эненин канындагы жана түйүлдүк айланасындагы рары суулардагы альфафетопротеиндин көлөмүн аныктоо, хориондун түктөрдү же кан анализин изилдөө жолу аркылуу алынган түйүлдүктүн хромосомдуу жана ферменттүү клеткаларынын анализи кирет. Эгерде алынган анализ болочоктогу баланын дени сак эместигинен кабар берсе, докторлар ата-эне менен биргеликте кош бойлуулукту мөөнөтүнөн мурда үзгүлтүккө учуратуу маселесинин үстүндө иштешет.

**ДИКРОТИЯ (dicrotism), дикротия** – тамыр кагуу толкунунун согушунун эки эсе күчөшү. Ал жүрөктүн ар бир жыйрылышында угулат. Келте оорусунда байкалат. – Дикротикалык (dicrotic).

**ДИПСОМАНИЯ (dipsomania), дипсомания** – аракечтин бир ичкенде бир күнү же жумадан-жумага чейин ичкен учуру. Караңыз: Алкоголдуулук.

**ДИСДИАДОХОКИНЕЗ (dysdiadochokinesis), АДИАДОХОКИНЕЗ (adiadochokinesis), дисдиадохокинез, адиадохокинез** – биринин артынан бири кайталанып, тез аткарыла турган кыймыл-аракеттердин олдоксон жасалышы. Бул көрүнүш, адатта бейтап манжалары менен бири-бирин ургулаганда билинет. Кара куш мээсинин жабыркашын түшүндүрөт.

**ДИССЕМИНИРОВАННЫЙ (disseminated), диссеминацияланган** – адам денесинде же кандайдыр бир органда кеңири жайылган. Бул термин, оору туудуруучу микроорганизмдерге же адам организмдеги паталогиялык өзгөрүүлөргө таандык.

**ДИСТИХИАЗ (distichiasis), дистихиаз** – өрчүүнүн сейрек кездешүүчү аномалиясы, мында адамда өсүп келе жаткан кирпиктердин катарында кошумча катар кирпиктер өсүп чыгат. Алар көздүн тунук челин жабыркашы мүмкүн.

## Ж

**ЖАР (calor), ысытма** – ткандарда боло турчу оорулардын бирден-бир классикалык белгиси; мындан сырткары кызарып чыгуу, оору сезими жана шишип кетүү өндүү үч белгиге ээ. Дененин сезгенген бөлүгү кан тамырлардын кеңейип, кандын көп келишине байланыштуу ысып чыгат.

## З

**ЗЛОКАЧЕСТВЕННЫЙ (pernicious), коркунуч туудуруучу** – берилген термин коркунуч туудурган дарттарга тиешелүү колдонулат, эгер тиешелүү дарылоо аткарылбаса өлүмгө алып келет. Кошумча караңыз: Пернициоздук анемия.

## И

**ИДИОПАТИЧЕСКИЙ (idiopathic), идиопатикалык** – өзүнөн-өзү пайда болгон же кандайдыр-бир себептерден келип чыккан оорулар, өзгөрүүлөр. – Идиопатия (idiopathy).

**ИДИОТИЯ АМАВРОТИЧЕСКАЯ СЕМЕЙНАЯ (amaurotic familial idiocy), үй-бүлөлүк амавротикалык идиотия** – караңыз: Тэй – Сакс оорусу.

**ИЗУЧЕНИЕ ВСЛЕПУЮ (blind trial), көз таңуу менен изилдөө** – караңыз: Интервенциондук изилдөө.

**ИЗУЧЕНИЕ ОПРЕДЕЛЕННОГО КОНТИНГЕНТА ЛИЦ (cohort study, longitudinal study, prospective study), белгилүү бир контингенттеги адамдарды изилдөө** – белгилүү мезгилдин ичинде кээ бир топтогу адамдарды системалык түрдө изилдеп, өзгөчө бир факторлорду же болбосо кандайдыр бир ооруунy, ал оорунун кесепетинен өлүмгө эмне үчүн алып келген факторлорду аныктоо.

**ИЗУЧЕНИЕ ПАРНОЕ (matched pair study), жупуну изилдөө** – караңыз: Дарттарды көзөмөлдөөчү изилдөөсү.

**ИЗУЧЕНИЕ ПРОСПЕКТИВНОЕ (prospective study), проспективдүү изилдөө** – 1. Адамдардын кайсы бир тобунда кездешкен ооруну ыкчам изилдөөгө алуу. 2. Караңыз: Белгилүү бир контингенттеги адамдарды изилдөө.

**ИЗУЧЕНИЕ РЕТРОСПЕКТИВНОЕ (retrospective study), ретроспективдүү изилдөө** – кээ бир топтогу адамдарга тиешелүү кандайдыр бир белгилерди жана мурда ооруп жүргөн ооруларга тиешелүү профилдүү аспекттеги, көзөмөлгө аллынган дарттарды изилдөө.

**ИШИАЛГИЯ (sciatica), ишиалгия** – белдеги оору, ал сандын арткы бетинен баштап, балтырга жана бут кетменине чейин таралган оору.

## К

**КАПСУЛИТ (capsulitis), капсулит** – муунду курчап туруучу капсуланын сезгениши.

**КАРДИОМИОПАТИЯ (cardiomyopathy), кардиомиопатия** – жүрөк булчуңунун ар кандай өнөкөт оорусу. Бул оору тубаса же вирус инфекциясы, алкоголизм, **бери-бери** ($B_1$ витамининин жетишсиздиги) же амилоидоз ооруларынын себебинен пайда болушу мүмкүн. Оорунун пайда болуу себеби адатта, аныкталбай калат. Кардиомиопатиянын белгилери: жүрөк көлөмүнүн чоңоюшу, жүрөк оорусу (жетишсиздик), аритмия жана эмболия.

**КАРЦИНОИД (carcinoid), карциноид** – түзүлүшү жагынан бирдей, бирок орун алган жагынан рак клеткасынын ар тараптуу болушу. Мисалы, өпкөгө гана чыгуучу рак, кээде ичегиге да чыгышы. Караңыз: Аргентаффинома.

**КАТАЛЕПСИЯ (catalepsy), каталепсия** – оору туудуруучу абал, кататониядан пайда болуучу колду буту ыңгайсыз бир абалга коюп койгондо, өз абалына келе албай, кыймылдабай калган учур.

**КАТАПЛАЗИЯ (cataplasia), катаплазия** – ткандардын дегенеративдик өзгөрүүсү, алардын өрчүшүнүн баштапкы стадиясына алып келүүчү.

**КАТАПЛЕКСИЯ (cataplexy), катаплексия** – өтө коркcондо же көпкө чейин сүйүнгөндө, булчуңдардын алы кетип, шылк жыгылып кетүү.

**КАТАТОНИЯ (catatonia), кататония** – сүйлөбөстүк приступ менен мүнөздөлгөн синдром. Кататония шизофрениянын мүнөздүү белгиси болуп саналат. – Кататоникалык (catatonic).

**КАУЗАЛГИЯ (causalgia), каузалгия** – дененин аяктарынын өтө катуу сыздап оорусу. Көбүнчө жарадар болгондо сезилет.

**КАШЕЛЬ (coughing, tussis), жөтөлүү** – үн жылчыгы аркылуу өтүүчү капысынан жарылган абанын түрткүсү, ал спонтандуу түрдө пайда болот. Медициналык аталышы: Tussis.

**КВАДРИПЛЕГИЯ (quadriplegia), ТЕТРАПЛЕГИЯ (tetraplegia), квадриплегия, тетраплегия** – бут-колдун, башкача айтканда эки буттун жана эки колдун тең шал болуусу. Төрт аягынын тең шал болуусу. – Квадриплегиялык (quadriplegic).

**КРИВОШЕЯ (torticollis, wryneck), моюну кыйшыктык** – баштын жабыркаган жерге кыйшайуусу. Мындай көрүнүштүн кесепети төрөт убагындагы төш – акырек – упчу сымал булчуңдун жабырканышынан пайда болот. Караңыз: Төш – акырек – үрпчөлүү булчуңдун шишиги.

**КРОВОИЗЛИЯНИЕ ВНУТРИМОЗГОВОЕ (cerebral haemorrhage), мээге кан куюлуу** – мээ артериядан баш мээнин тканына кан куюулуу. Ал көбүнчө кан тамырлардын түрдүү дегенеративдик өзгөрүүлөрдөн же жогорку кан басымынын кесепетинен болот. Кошумча караңыз: Атерома, Гипертензия, Сокку.

**КРОВОИЗЛИЯНИЕ У ОСНОВАНИЯ НОГТЕЙ (splinter haemorrhage), тырмак негизиндеги кан куюлуу** – тырмак астында кан куюулуу, адатта ал жабыркоонун кесепетинен пайда болот; кээде анын себеби болуп, бактериалдык эндокрит же катуу ревматоиддик артрит болот.

**КРОВОИЗЛИЯНИЕ, КРОВОТЕЧЕНИЕ (haemorrhage, bleeding), кан кетүү, кансыроо** – жарылып кеткен кан тамырдан кандын чыгышы (ички жана сырткы болушу мүмкүн). Кошумча караңыз: Гематемезис, Гематурия, Кан түкүрүү.

**КРОВОТЕЧЕНИЕ НОСОВОЕ (nosebleed), мурун кансыроосу** – мурундан катуу кан агуу, ал кайсы бир жабыркоонун кесепетинен же жогорку температурадан, жогорку артериалдык кан басымда жана канга байланыштуу ар кандай оорулардын себебинен болушу мүмкүн. Медициналык аталышы: Эпистаксис (epistaxis).

**КРОВОХАРКАНЬЕ (haemoptysis), кан түкүрүү** – кан менен түкүрүнүү, ал өпкөдөн же бронхтордон бөлүнүп чыгат.

**КОСТАЛГИЯ (costalgia), косталгия** – катуу оору, ал кабыргаларда локализацияланат. Бул термин азыркы убакта сейрек кездешет.

**КСЕРОСТОМИЯ (xerostomia), ксеростомия** – ооз кургоо, диабет жана калтыратуучу ооруларда жана атропин дарысын ичкенде байкалат. Караңыз: Кургак ооз синдрому. Салыштыруу үчүн: Птиализм.

## Л

**ЛАВАЖ БРОНХОАЛЬВЕОЛЯРНЫЙ (bronchoalveolar lavage, BAL), бронхоальвеолярдык тазалоо** – өпкөдөн клеткалык материалды алуу ыкмасы; ал негизинен өпкөнү изилдөөдө жана өпкө дарттарынын мониторингинде колдонулат.

**ЛИТИАЗ (lithiasis), литиаз, таш оорусу** – дененин бир ички органдарында таштын пайда болушу (караңыз: Конкремент), мисалы, өттө (караңыз: Өт конкременти), сийдик чыгаруучу жолдордо, уйку безинде же аппендиксте. Организмде зат алмашуу процесси бузулганда байкалат.

## М

**МАДАРОЗ (madarosis), мадароз** – 1. Каш жана кирпиктин тубаса өөрчүбөй калышы (кээде алардын таптакыр жок болушу да мүмкүн). 2. Кирпиктин өнөкөт блефарит оорусунда толук түшүп калуусу.

**МЕРАЛГИЯ ПАРЕСТЕЗИЧЕСКАЯ (meralgia paraesthetica), парестезиялык меTo ралгия** – сайгылап ооруучу жана бир нерсени сезбей калуу сезими.

**МЕТАНИЕ В БРЕДУ (jactitation), жөөлүп чыгуу** – жогору температура жана адамдын өтө тынчсызданган абалы менен менен коштолуучу оору.

**МИОКИМИЯ (myokymia), миокимия** – булчуң булаларынын көрүнүмкү калтыроосу, бирок адамдын организминде эч кандай аномалиясы жок эле болгон учурда. Кошумча караңыз: Фасцикуляция.

**МОКРОТА (sputum), какырык** – дем алуу жолдорунан бөлүнүп, жөтөлгөндө чыгуучу шилекей менен аралаш чыгуучу суюктук. Какырыктын кээ бир белгилери (түсү, консистенциясы, саны, жыты жана кайсы-бир катуу заттары бар) көпчүлүк мезгилде доктур үчүн маанилүү маалымат болушу мүмкүн, ал дем алуу органдарындагы дарттарды аныктоодо жардам берет.

**МУТИЗМ (mutism), мутизм** – сүйлөө жөндөмдүүлүгүнүн органикалык же функционалдык негизде жок болушу; суйлөө жөндөмүн жоготуу. – Дудук (mute). – Дудуктук (mute).

## Н

**НАГНОЕНИЕ (pyosis), ириңдөө** – ириндин пайда болушу жана бөлүнүп чыгышы.

**НАГНОЕНИЕ (suppuration), ириңдөө** – ириндин пайда болушу.

**НЕДОСТАТОЧНОСТЬ ФУНКЦИОНАЛЬНАЯ МНОГИХ ОРГАНОВ (multi-organ failure (MOF)), көпчүлүк органдардын функционалдык жетишсиздиги** – катуу дарттын терминалдык кырдаалы.

**НЕКРОЗ ФОСФОРНЫЙ (phosphonecrosis), фосфордук невроз** – организмде фосфор өлчөмүнүн ашыкча болуусуна байланыштуу ткандардын кыйроосу. Көпчүлүк учурда фосфор менен ууланганда боор, бөйрөктөр, сөөктөр жана жүрөк – кан тамыр системасы жабыркайт.

**НЕФРОЛИТИАЗ (nephrolithiasis), нефролитиаз** – бөйрөктө таш пайда болгон оору (караңыз: Таш). Эгер таштардын болушу заара чыгуучу жолдордун бүтөлүп калышы менен коштолсо, анда анын хирургиялык жол менен алып салуусу керектелет (караңыз: Нефролитотомия, Пиелолитотомия).

## О

**ОБОСТРЕНИЕ (recrudescence), күч алуу** – оору кайтып жаткан учурдагы рецидив (оорунун кайталанышы).

**ОЗНОБ (rigor), чыйрыгуу** – сууктун таасирин сезип, тери күдүрөйүп чыгышы. Аны менен бирге тырышып, сийдик көп бөлүнүп чыгат.

**ОСТЕОМАЛЯЦИЯ (osteomalacia), остеомаляция** – сөөктөрдүн жумшап кетиши. Көбүнчө организмде кальций жетишпеген ооруда байкалат.

**ОСТЕОСКЛЕРОЗ (osteosclerosis), остеосклероз** – кан айлануунун бузулушу, өнөкөткө айланган инфекция же шишиктин натыйжасында сөөктүн аномалдык түрдө тыгыздалышы. Кошумча караңыз: Остеопетроз.

**ОСТРЫЙ (acute), курч** – 1. Ооруунун анык сиптомдору менен тез өрчүүнү сүрөттөөдө колдонулуучу сөз. Салыштыруу үчүн: Өнөкөт. 2. Оорунун курч көрүнүшүн сүрөттөө үчүн колдонулат, мисалы, катуу оору.

## П

**ПАЛАТОРАФИЯ (palatorrhaphy), СТАФИЛОРАФИЯ (staphylorrhaphy), УРАНОРАФИЯ (uranis corrhaphy), палаторафия, стафилорафия, уранорафия** – хирургиялык операция. Таңдай жаракасын тигүү.

**ПАТОГНОМОНИЧНЫЙ (pathognomonic), патогномондуу** – оорунун бардык жагынан бири-бирине окшоштугу.

**ПИАН (pian), ФРАМБЕЗИЯ (framboesia), пиан, фрамбезия** – караңыз: Фрамбезия.

**ПЛЕВРОДИНИЯ (pleurodynia), плевродиния** – плевранын оорушу. Катуу толгоосымал оору, ал кабырга аралык булчуңдарда пайда болот. Бул оору ревматикалык оорудан пайда болот деп эсептелинет.

**ПЛЕОПТИКА (pleoptics), плеоптика** – ортоптистер колдонулуучу атайын ыкма. Караңыз: Ортоптика.

**ПОЛИДИПСИЯ (polydipsia), полидипсия** – оорулуунун суу ичүү менен бирге өтө суусоосу. Бул диабет оорусунда байкалат.

**ПОЛИМАСТИЯ (polymastia), ГИПЕРМАСТИЯ (pleomastia), полимастия, гипермастия** – экиден көп эмчектүү адам.

**ПОМОЩЬ НА ДОМУ (home help), үйдө жардам көрсөтүү** – караңыз: Социалдык кызматтар.

**ПОРАЖЕНИЕ, ПОВРЕЖДЕНИЕ (lesion), жарадар кылуу, жабыркануу** – кайсы бир оорунун кесепетинен бузулган ткандык бөлүгү.

**ПОСМЕРТНЫЙ (post mortem), өлгөндөн кийинки** – өлгөндөн кийин органдарда жана ткандарда болуучу өзгөрүүлөр. Караңыз: Аутопсия.

**ПОСТЕПЕННО УХУДШАЮЩИЙСЯ (ingravescent), бара-бара начарлоо** – (оору жөнүндө) акырындап начарлаган оору.

**ПОСТИТ (posthitis), постит** – эркектин жыныстык мүчөсүнүн баш терисинин сезгениши. Караңыз: Баланопостит.

**ПОТНИЦА (miliaria), тердик** – караңыз: Климатикалык гипергидроз.

**ПРЕЭКЛАМПСИЯ (pre-eclampsia), ГИПЕРТЕНЗИЯ, РАЗВИВШАЯСЯ ВО ВРЕМЯ БЕРЕМЕННОСТИ (pregnancy-induced hypertension), преэклампсия, кош бойлуулук учурунда пайда болуучу гипертензия** – кээ бир аялдардын мурда – кийин кадыресе абалда жүргөн кан басымынын кош бойлуу мезгилинде көтөрүлүп кетиши (140/90 мм рт. ст. дан жогору). Кошумча караңыз: Эклампсия.

**ПРИЗНАК ОБЪЕКТИВНЫЙ (sign), объективдүү белги** – доктур үчүн айкын болгон, бирок орулууга дайыма эле анык эмес, адамда кайсы-бир оорунун болушун тастыктоочуу белги. Салыштыруу үчүн: Симптом.

**ПРИЗНАКИ ПОЛОВЫЕ ВТОРИЧНЫЕ (secondary sexual characteristics), жыныстык кайталанма белгилер** – адамда жыныс жактан өрчүү мезгилинде пайда болуучу жана тастыктоочу белгилер.

**ПРИОБРЕТЕННЫЙ (acquired), ээ болгон** – төрөлүүдөн кийин өрчүүчү бирок тубаса болбогон ооруну түшүндүрөт. Салыштыруу үчүн: Тубаса.

**ПРИПАДОК БОЛЬШОЙ СУДОРОЖНЫЙ (grand mal, major epilepsy), тырыштыруучу чоң талма** – караңыз: Эпилепсия.

**ПРИПАДОК МАЛЫЙ ЭПИЛЕПТИЧЕСКИЙ (petit mal), чоң эмес эпилептикалык талма** – караңыз: Эпилепсия.

**ПРИПАДОК, ПРИСТУП (fit), талма, приступ** – айрым бир оору симптомдорунун күтүүсүз пайда болуусу. Берилген термин адатта эпилепикалык талмаларга карата колдонулат (караңыз: Эпилепсия), бирок ошондой эле жалпы мааниде да колдонулушу мүмкүн: мисалы, жөтөлүүнүн приступу.

**ПРИПУХЛОСТЬ (tumor), шишип кетүү** – сезгеничтин классикалык белгиси; башка белгилери – эти ысып кетүү, кызарып кетүү, ооруу.

**ПРИПУХЛОСТЬ, ОТЕК НЕЗНАЧИТЕЛЬНЫЙ (weal), шишүү, өтө деле маанилүү эмес шишип кетүү** – бат өтүп кетүүчү шишип кетүү.

**ПРОГНАТИЗМ (prognathism), прогнатизм** – үстүңкү жаактын алдына көздөй кадыресе чыгып турушу менен мүнөздөлүүчү өнүгүү аномалиясы. – Прогнатикалык (prognathic).

**ПРОГНОЗ (prognosis), маалымдоо** – дарттын жыйтыгын жана өтүшүн алдын ала маалымдоо.

**ПРОДРОМ (prodrome), продром** – адамда кайсы бир оорунун өрчүшүн мүнөздөөчү симптом.

**ПРОДРОМАЛЬНЫЙ I (prodromal), продромалдуу I** – 1. Кайсы бир инфекционндук дарттын биринчи симптомдорун алдын ала аныктоочу мезгил (мисалы, денеге чыгуучу кызамык сымалдар же температуранын жогорулашы). Продромалдык кызамык (prodromal rush) кызамыктын пайда болушунун бирден бири белгиси болуп саналат, ал кайсы бир инфекционндук дарттка мүнөздүү болуп саналат.

**ПРОФАЗА (prophase), профаза** – митоздун алгачкы жана мейоздун ар бир бөлүнүшүнүн деңгээли, бул мезгилде хромосомалар микроскоптун алдында айырмаланып калышат. Биринчи мейоздун профазасы беш кырдаалдан турат (караңыз: Лептотена, Зиготена, Пахитена, Диплотена, Диакинез).

**ПСЕВДОДЕМЕНЦИЯ (Ganser state, pseudodementia), псевдодеменция** – оорулуунун суроолорго так даана эмес жооп бергенде (approximate answers) байкалуучу синдром.

**ПСЕВДОКОКСАЛГИЯ (pseudocoxalgia), псевдококсалгия** – караңыз: Легга – Кальве – Пертес оорусу.

**ПСЕВДОКОМА (persistent vegetative state (PVS)), псевдокома** – адамдын организми өсүмдүк сыяктуу – аң сезимсиз кандайдыр бир кыймылсыз болгон абал.

**ПСЕВДОКРИЗИС (pseudocrisis), псевдокризис** – оорунун жалган кризиси: кокусунан эле температурасы жогору болуп турган орулуунун температурасынын төмөндөшү. Бирок бир нече убакыттан кийин псевдокризистин мезгилинде кайра көтөрүлөт.

**ПЯТНА КОПЛИКА (Koplik's spots), Коплик тактары** – ооз көңдөйүнүн ортосунда пайда болуучу кызыл-көк тактар, ал кызылча оорусунда пайда болот.

## Р

**РВОТА БЕРЕМЕННЫХ НЕУКРОТИМАЯ (hyperemesis gravidarum), кош бойлуу аялдардын басылбаган кусуусу** – кош бойлуу болгон мезгилдеги катуу кусуу. Көпчүлүк учурда кош бойлуулуктун алгачкы мезгилинде башталат жана организмдин суусузданууусуна жана андан ары боордун жабырканышына алып келет.

**РЕАКЦИЯ АККОМОДАЦИИ (accommodation reaction), РЕАКЦИЯ КОНВЕРГЕНТНАЯ (convergence reaction), аккомодация реакциясы, конвергенттүү реакция** – көз караштЫ алыскы объектиден жакынкы аралыктагы объектиге которуу учурунда көз карегинин ичкериши. Мындай учурда көз огу бири-бирине жакындайт.

**РЕАКЦИЯ ВИДАЛЯ (Widal reaction), Видаль реакциясы** – агглютинациянын реакциясы, организмде антителолорго каршы бактерияларды Salmonella түрүндөгү, бөлүп чыгарууга жардам берет, өзгөчө келте оорусун.

**РЕАКЦИЯ ШИКА (Schick test), Шик реакциясы** – дифтерия оорусун адам кабыл алабы деген ой менен жүргүзүлгөн реакция. Дифтериянын токсинин териге куйганда ал жерге ыйлаак пайда болсо, ал адам ооруулга мүмкүнчүлүгү бар деп эсептелинет.

**РЕАКЦИЯ ЭЙЗЕНМЕНГЕРА (Eisenmenger reaction), Эйзенменгер реакциясы** – бул өпкө гипертензиясы тосмонун дефектиси менен коштолгон абал, мында кан жүрөктүн оң жагынан солго же өпкө артериясынан аортага барат. Бул кычкылтек менен байытылган кан, ошондон көк түстө болгон, өпкөдөн өтүп жалпы кан агымына барууга алып келет.

Ошондуктан улам артериялык канда кычкылтек азайып, орулууда цианоз өрчүйт жана эритроциттердин саны көбөйө баштайт (полицитемия).

**РЕАКЦИЯ ЯРИША – ГЕРКСГЕЙМЕРА (Jarisch – Herxheimer reaction), РЕАКЦИЯ ГЕРКСГЕЙМЕРА (Herxheimer reaction), Яриш – Герксгеймер реакциясы, Герксгеймер реакциясы** – адамда сифилис (котон жара) оорусунун сезгенчине чалдыккан ткандын реакциясы. Бул реакция кэээде сальварсан, сымап же висмут дарыларын биринчи куйганда байкалат.

**РЕБЁНОК, МАЛОВЕСНЫЙ ДЛЯ ДАННОГО ГЕСТАЦИОННОГО ВОЗРАСТА (SFD), гестациондук курак үчүн аз салмактуу бала** – жатында нормалдуу салмакка караганда аз салмак менен болгон бала. Караңыз: Жатын ичиндеги баланын өрчүшүнүн кармалуусу.

**РЕФЛЕКС ЛАРИНГЕАЛЬНЫЙ (laryngeal reflex), ларингеалдык рефлекс** – кекиртектин кычышуусунан пайда болуучу жөтөл.

**РЕЦИДИВ (relapse), рецидив** – оору айыккандан кийинки кээде анын кайра кайталанышы.

**РЕЦИДИВИРУЮЩИЙ (palindromic), кайталанган** – бул термин кайсы бир кайта кайталанган ооруга же алардын симптомдоруна таандык.

## С

**СЕРДЦЕБИЕНИЕ УЧАЩЕННОЕ (palpitation), жүрөктүн тез-тез согушу** – жүрөктүн байкалаарлык жыйрылуусу. Дени сак адамдардын жүрөгүнүн тез-тез согушу, адатта коркуу, толкундануу же дүүлүгүү менен байланыштуу болот. Мындан сырткары, ал невроз, аритмия, жүрөктүн кайсы бир оорусу же кандын гиперактивдүүлүгүнөн кабар бериши мүмкүн (мисалы, тиреотоксикоздо).

**СИАЛОРЕЯ (sialorrhoea), сиалорея** – шилекей куюлуу (караңыз: Птиализм).

**СИДЕРОЗ (siderosis), сидероз** – ткандардын жана органдардын кара тактары. Өпкөдө темир оксидинин чаңынын конушу, ал күмүштү иштетүүчү тоо кенчилерде жана ширетүүчүлөрдө байкалат, адамда фиброгенндик чаң (мисалы, кварц чаңы) менен дем алганда өпкө фиброзу өрчүшү мүмкүн.

**СИМПТОМ (symptom), симптом** – ар кайсы ооруга мүнөздүү көрүнүш. Салыштыруу үчүн: Объективдүү көрсөткүч.

**СИМПТОМ ДЖЕКВИМЕЙЕРА (Jacquemier's sign), Джеквимейер симптому** – аялдардын жыныстык кынынын кара кочкул же көгүш түскө өтүшү; аялдын кош бойлуулугуна байланыштуу болуусу мүмкүн.

**СИМПТОМ КЕРНИГА (Kernig's sign), Керниг симптому** – жамбаш муундун кыймылдабай турган мезгилинде отуруу үчүн тизе муунун бүгө албастыгы же отурууга далалат кылганда тизенин бир аз бүгүлүшү. Мындай учур менингит, радикулит, уремия оорусунда байкалат.

**СИМПТОМ ЛЕРМИТТА (Lhermitte's sign), Лермитт симптому** – моюнду кыйшайтканда кол же бүтүндөй дененин сыздап оорушу. Бул көрүнүш омуртка сөөгүнүн моюн туштагы бөлүгүндөгү кайсы бир оору менен байланыштуу болуусу мүмкүн.

**СИМПТОМ МЁРФИ (Murphy's sign), Мёрфи симптому** – өттүн сезгенүү симптому. Көпкө чейин өттү баскан учурда, бейтап терең дем алганда анда дем алуунун токтолушу, өпкөнүн максималдуу кеңейиши маалында туудурушу мүмкүн.

**СИМПТОМ РОМАНА (Romana's sign), Романа симптому** – Чагас оорусунун баштапкы клиникалык симптому; оору жуккандан кийин эки-үч жума өткөн соң пайда болуп, көз кабыгынын биринин же экөөнүн тең бирдей шишип кетүүсү менен мүнөздөлөт. Кабак-

тын шишип чыгуусу организмде паразиттердин болуусу же курт-кумурскалардын такай чагуусу менен байланыштуу болуусу мүмкүн.

**СИМПТОМАТОЛОГИЯ (symptomatology), СЕМИОЛОГИЯ (semeiology), симптоматология, семиология** – 1. Ар кыл оору симптомдорун изилдей турган медицина багыты. 2. Оору симптомдорунун жалпылаштырылган аталышы.

**СИНДРОМ (syndrome), синдром** – ооруга мүнөздүү белгилердин бир тобу. Субъективдүү же объективдүү симптомдордун айкалышуусу, алар кайсы-бир белгилүү дарттын клиникалык сүрөттөлүшүн пайда кылат.

**СИНДРОМ ГЕРСТМАНА (Gerstmann's syndrome), Герстман синдрому** – бул орулуунун жартылай дезинтеграциясы, ал өзүнүн денесинин схемасын тааныбай калышы. Орулуу өзүнүн кол манжаларын санай албай калат, оң жана сол жагын айырмалабай калат жана ошондой эле жаза албайт жана жөнөкөй математикалык амалдарды аткара албайт (караңыз: Акалькулия, Аграфия).

**СИНДРОМ ЛЕСТНИЧНОЙ МЫШЦЫ (scalenus syndrome, thoracic outlet syndrome), шаты булчуң синдрому** – симптомдордун катарына кирет, алар акырек алдындагы артерияны кысылуудан жана ийиндин нерв чырмаланышынын астынкы дүмүрчөгүнүн кысылуусунан пайда болот, ал аларды үстүнкү төш омурткаларга бастырып калат.

**СИНДРОМ МАКЛЕОДА (Macleod's syndrome), СИНДРОМ СУАЙРА – ДЖЕЙМСА (Swyer – James syndrome), Маклеод синдрому, Суайр – Джеймстин синдрому** – өпкөнүн эмфиземасы, адатта бир өпкө жабыркайт. Анын себеби болуп организмде болуучу вирус болуп саналат.

**СКОРОТЕЧНЫЙ, МОЛНИЕНОСНЫЙ, ОСТРЫЙ (fulminating, fulminant, fulgurant), тез өнүгүүчү, бат, курч** – бул термин кайсы бир симптомду сүрөттөөдө колдонулат, ал бат жана кыска убакытта созулуучу симптомдун сезилүүсү.

**СКРИНИНГ ГЕНЕТИЧЕСКИЙ (genetic screening), генетикалык скрининг** – өзүнүн генотиби боюнча белгилүү бир ооруларга тез алдыра турган адамдарды табууга мүмкүнчүлүк бере турган скрининг-тесттер. Мындай оорулар мезгилдин өтүшү менен пайда болот же тукум куучулук мүнөздө болушу мүмкүн (караңыз: Алып жүрүүчү).

**СЛАБОСТЬ ДЕКОМПРЕССИОННАЯ (decompression sickness), декомпрессиондук алсыздык** – караңыз: Декомпрессиондук оору.

**СПАСТИЧНОСТЬ (spasticity), спастикалуулук** – булчуң тонусунун жогору болгон абалы, мында аяктар пассивдүү кыймыл жасоого каршылык көрсөтөт. Адатта жабыркаган аяктардын спатикалуулугу анын алсыроосу менен да коштолот (караңыз: Спастикалык паралич). Салыштыруу үчүн: Ригиддүүлүк.

**СПЕРМАТОРЕЯ (spermatorrhoea), сперматорея** – жыныстык катнашсыз эле спермнын куюлуп калышы.

**СПИРАЛИ КУРШМАННА (Curshmann's spirals), Куршманн спиралдары** – узартылган цилиндрлер, алар чоң эмес бронхтордо болот, бронихиалдык астмада жөтөлгөндө чыгышат. Алар 2 см ге чейин же андан да узун болуп жазылышат жана борбордук ядросу болот, алар какырыкта жана клеткалык калдыктарда байкалат.

**СПЛЕНОМЕГАЛИЯ (splenomegaly), спленомегалия** – кан оорусунда жана башка жугуш ооруларда көк боордун чоңоюп кетиши. Көпчүлүк учурда спленомегалия безгек оорусунда, шистомоздо жана башка мите инфекциялык дарттарда байкалат; кан ооруларда, анын ичинде анемияда жана торомбоциттердин саны азайганда (тромбоцитопенияда); лейкемияда жана Ходжкин оорусунда байкалат. Кошумча караңыз: Гиперспленизм.

**СТАДИИ ДЮКСА (Dukes staging), Дюкс деңгээли** – дарылоонун ылдамдыгына жараша жээк сымал ичегинин жана түз ичегиндеги шишиктердин өлчөмүнүн салыштырма системасы, аны Катберт Дюкс иштеп чыккан.

**СТРИДОР (wheeze), стридор** – аномалдуу узун (ышкырган) же төмөнкү (күшүлдөгөн) үн, ал дем чыгарууда айырмаланат; ал стетоскоп аркылуу угулат, жана ошондой эле орулуунун аускультациясында угулат.

**СУККУССИЯ (succession), суккуссия** – шарпылдоочу үн, ал дененин көңдөйүндө угулат (мисалы, плевралдык көңдөйдө), ал анда көп санда суюктуктун болушунда ошентип угулат.

## Т

**ТАХИФИЛАКСИЯ (tachyphylaxis), тахифилаксия** – дарылоо натыйжасынын өтө тездик менен соолгундашы. Адатта, ал кайсы бир дары каражатын узак убакыт колдонуу же кайталап пайдалануунун негизинде келип чыгат (өзгөчө, нерв системасына таасир этүүчү дары каражаттарына мүнөздүү).

**ТЕНЕЗМ, ТЕНЕЗМЫ (tenesmus), тенезм, тенезмалар** – даарат ушата албай же заңдай албай кыйналуу, ыйынуу (айрым учурларда көтөн чучуктан бир кичине былжыр же кан чыгуусу мүмкүн). Мындай жагымсыз симптом проктит, көтөн чучуктун түшүп калуусу, шишиги же ичегилердин дүүлүгүшү менен байланыштуу.

**ТЕРМАЛГЕЗИЯ (thermoalgesia, thermalgesia), термалгезия** – жылуулукка карата болгон жогорку сезгичтик; температуранын бир аз эле жогорулоосунан улам келип чыккан адаттан тышкары оору сезими.

**ТОРАКОЦЕНТЕЗ (thoracentesis, thoracocentesis), ПЛЕВРОЦЕНТЕЗ (pleurocentesis, thoracentesis), торакоцентез, плевроцентез** – көкүрөктүн көңдөйүн тешүү. Көкүрөккө суу толуп кетсе же андагы оорунун себебин билүү максатында тешилет.

**ТОШНОТА (nausea), жүрөк айлануу** – жакындап келе жаткан кусуу сезими (мисалы, деңиз оорусунда же кош бойлуулуктун алгачкы мөөнөттөрүндө таң эрте пайда болуучу жүрөк айлануу учуру).

**ТОШНОТА УТРЕННЯЯ (morning sickness), эртең мененки жүрөк айлануу** – жүрөк айлануу жана кусуу, ал айрыкча кош бойлуу аялдарда кездешет. Кийнчерээк бул симптомдор өтүп кетет. Салыштыруу үчүн: Кош бойлуулардын токтолбогон кусуусу.

**ТРУБОЧКИ САУТЕЙЯ (Southey's tubes), Саутей түтүкчөсү** – ичке түтүкчөлөр, алар теринин астына киргизилип ашыкча сандагы суюктукту дренаждоо максатында колдонулат. Азыркы убакта алар өтө сейрек колдонулат.

## У

**УКАЧИВАНИЕ (travel sickness), БОЛЕЗНЬ ДВИЖЕНИЯ (motion sickness), термелүү, кыймыл оорусу** – деңизде, кургакта же аба жолдору аркылуу узак убакыт сапар жүрүүнүн натыйжасында келип чыгуучу жүрөк айлануу, кусуу жана баш оору өңдүү симптомдордун жыйындысы.

**УЛЫБКА САРДОНИЧЕСКАЯ (risus sardonicus), сардоникалык жылмайыш** – арсайып күлүп жаткан адам элесин бере турчу оорулуу көрүнүш; мындай элес бет булчуңдарынын узак убакыт жыйрыла берүүсүнөн улам (мисалы, столбняк оорусунда) келип чыгат.

**УСТАЛОСТЬ (fatigue), чарчагандык абал** – 1. Узакка созулган оор ишмердүүлүктүн натыйжасында келип чыгуучу физикалык же акыл жаатындагы алсыроо. 2. Организмдин, оргадын же ткандын белгилүү мезгилдин ичинде стимуляцияга нормалдуу жоопко жөндөмсүздүгү.

**УТОЛЩЕНИЕ (intumescence), жоонок** – шишип кетүү же кайсы бир органдын өлчөмүнөн ашык болуп кетиши.

**УШИБ (bruise), КОНТУЗИЯ (contusion), көгөргөн жер, контузия** – ткандагы травмага байланыштуу кан тамырлардын жарылуусунан улам канталоонун келип чыгышы. Ткандардагы гемоглобин кыйрай баштагандыгына байланыштуу алгач канталаган жер кызарып, андан кийин гана көгөрөт. Өтө катуу канталаган учурларда ичке ийненин жардамы менен чогулуп калган канды алып таштоо зарыл. Мунун өзү жаракат алган жердин тезирээк сакайышына шарт түзөт.

## Ф

**ФАРИНГОПЛЕГИЯ (pharyngoplegia), фарингоплегия** – кекиртектеги булчуң эттердин сенек тартышы.

**ФАСЦИКУЛЯЦИЯ (fasciculation), фасцикуляция** – бир нече булчуң булаларынын кыска мөөнөткө өз алдынча жыйрылуусу. Көбүнчө жүлүн же нерв булаларындагы кыймылга келтире турчу нейрондордун жабыркоосу менен байланыштуу.

**ФАСЦИОЛЕЗ (fascioliasis), фасциолез** – өт жолдору менен бирге боордун Fasciola hepatica түрүндөгү трематоддору тарабынан инвазияланышы, дартка чалдыгышы.

**ФИТОФОТОДЕРМАТИТ (phytophotodermatitis), фитофотодерматит** – өтө сезимтал терилерде кээ бир өсүмдүктөргө болгон ашыкча сезимталдыгы, аларды кармаганда териде ыйлаакча шишиктер пайда болот.

**ФОРМИКАЦИЯ (formication), формикация** – ичине киргендей сезим, ал териде кумурска кыбырагандай сезимди элестетет. Ал парестезиянын түрү болуп саналат, кээ бир учурларда дарылык заттар менен уулангандагы интоксикациянын симптомдору болуп саналат.

**ФОТОТАКСИС (phototaxis), фототаксис** – жарыктын тийишинен клеткалардын же организмдердин жылышы.

## Х

**ХОЛОДНОКРОВНЫЙ (poikilothermic), муздак кандуу** – айлана-чөйрөнүн температурасына жараша өзгөрүп туруучу дене температурасын жөнгө сала албагандар. Муздак кандуулар болуп бир эле мезгилде кургакта жана сууда жашоочулар, ошондой эле сойлоп жүрүүчүлөр саналышат. Салыштыруу үчүн: Жылуу кандуу. – Муздак кандуу жаныбарларга тиешеси бар (poikilothermy).

## Ц

**ЦИСТАЛГИЯ (cystalgia), цисталгия** – табарсыкта катуу оору сезиминин пайда болушу. Цистит, табарсыктагы таш жана айрым учурларда табарсык рак оорусуна мүнөздүү.

## Ш

**ШАНКР (chancre), шанкр** – котон жара жана уйку оорусунун биринчи белгилери. Дарт жуккан жерде катуу тарткан жаранын пайда болушу.

**ШУМ (murmur, bruit), чуулдоо** – стетоскоп аркылуу угулуучу чуулдоочу үн, ал жүрөктүн ичинде болгон же кан тамырлардын турбулленнтик кандын агымынын кесепетинен пайда болуучу үн. Бул чуулдоочу үн клапандардын жабырканышы менен, тосмонун

дефектиси менен, артериянын ичкерийиши менен же артериовеноздук биригүүнүн пайда болушу менен байланыштуу болушу мүмкүн.

## Э

**ЭКЗОТИЧЕСКИЙ (exotic), экзотикалык** – башка жактан оолашып келгендиги белгилүү болгон жугуштуу оорулар. Мисалы, Улуу Британияда малярия жана лейшманиоз экзотикалык оору болуп саналат.

**ЭМПИРИЧЕСКИЙ (empirical), эмпирикалык** – термин тажрыйба жана байкоолорго негизделип, бирок илимий жактан далилденбеген дарылоо системасын сүрөттөп берүү үчүн колдонулат.

**ЭНДЕМИЧНЫЙ (endemic), эндемикалык** – аталган термин кайсы бир региондо же калктын белгилүү бир бөлүгүндө такай пайда болуучу же болуп келген ооруга карата айтылат. Салыштыруу үчүн: Эндемикалык эмес, Эпидемия, Пандемия.

**ЭНДОКРИНОЛОГИЯ (endocrinology), эндокринология** – ички бездердин патологиясын жана алар тарабынан бөлүнүп чыккан каражаттарды (гормондорду) изилдөөчү клиникалык илим. – Эндокринолог (endocrinologist).

**ЭПИФЕНОМЕН (epiphenomenon), эпифеномен** – оору учурунда пайда болгон, бирок аны менен байланышы жок бир бөтөнчө симптом же окуя. Салыштыруу үчүн: Оорунун татаалданып кетиши.

**ЭПИФИЗИТ (epiphysitis), эпифизит** – узун, түтүктүү сөөк эпифизинин сезгениши. Мунун натыйжасында сөөктүн өсүүсү кечеңдеп, деформацияланышы мүмкүн.

**ЭССЕНЦИАЛЬНЫЙ (essential), эссенциалдык** – бул термин кайсы-бир тышкы себептерден пайда болуучу дарттка тиешелүү колдонулат: мисалы, эссенциалдык гипертензия.

**ЭТИОЛОГИЯ (aetiology, etiology), этиология** – 1. Дарттын пайда болуу себебин жана шартын окуутуучу илим. 2. Дарттын себеби.

## Я

**ЯЗВА РОГОВИЦЫ ВЕТВИСТАЯ (dendritic ulcer), бутактанган көздүн тунук челиндеги жара** – бутактанган жара, ал көздүн тунук челинде герпес вирусунун таасиринен пайда болот.

**ЯЗВА ТОЩЕЙ КИШКИ (jejunal ulcer), ичке ичегинин жарасы** – караңыз: Пептикалык жара, Золленгер – Эллисондун синдрому.

# ЛАБОРАТОРНАЯ ДИАГНОСТИКА



# А

**АНАЛИЗ ИММУНОЛОГИЧЕСКИЙ (immunoassay), иммунологиялык анализ** – организмдеги антиген жана антитело курамын аныктоочу бир же бир нече ыкмалар (караңыз: Иммуноэлектрофорез, Иммунофлюоресценция, Радиоиммуноанализ).

**АНАЛИЗ КРОВИ (blood count, blood test), кан анализи** – белгилүү бир өлчөмдөгү кан курамындагы ар кыл кан клеткаларынын санын аныктоо (адатта, ал бир литр кандагы клеткалардын санына жараша болот). Кошумча караңыз: Лейкоформуланын эсептегичи.

**АНАЛИЗ КРОВИ ПЛОДА (fetal blood sampling), жатындагы баланын кан анализи** – бул төрөт убагында жасалуучу изилдөө, мында жатындагы баланын башындагы тамырдан кандын үлгүсү алынат. Ошентип жатындагы баланын ацидозунун деңгээли аныкталат.

**АНАЛИЗ МНОГОВАРИАНТНЫЙ (multivariate analysis), көп түрлүү анализ** – караңыз: Корреляция.

**АНАЛИЗ МОЧИ (urinalysis), сийдик анализи** – зааранын физикалык, химиялык, микроскопиялык курамын, ошондой эле анда алкогол, дары каражаты, кант же кандайдыр бир башка заттын бар же жок экендигин изилдөөгө алуу.

**АХОЛИЯ (acholia), ахолия** – боордун оорусунун себебинен пайда болгон сарык оорусундагы өттүн бөлүнүп чыкпай калышы.

**АХОЛУРИЯ (acholuria), ахолурия** – сийдикте өт пигменттеринин жок болушу, ал сарыктын (ахолурикалык сарык) кээ бир формаларында болот. – Ахолурикалык (acholuric).

# В

**ВЕСТЕРН-БЛОТТИНГ (Western blot analysis), Вестерн-блоттинг** – кээ бир белокторду ачып көрсөтүүчү ыкма. Аларды электрофорездин жардамы менен бөлүп чыгаруудан кийин, белоктор белгиленген радиоактивдүү заттар, антителолор менен биригишип, рентгенологиялык изилдөөн идентифацияланат. Салыштыруу үчүн: Нозерн-блоттинг, Саузерн-блоттинг.

# Г

**ГЕМОЛИТИЧЕСКИЙ (haemolytic), гемолитикалык** – эритроциттердин бузулушун алып келүүчү процесс. Мисалы гемалитикалык антитело (haemolytic antibody), эритроциттердин бузулушуна алып келүүчү, ошол бузулуунун кесепетинен гемолитикалык аз кандуулук (haemolytic anaemia) өрчүйт (караңыз: Анемия).

# И

**ИЗУЧЕНИЕ ПРОФИЛЬНОЕ (cross-sectional study), профилдик изилдөө** – белгилүү бир мезгилде калктын кайсы бир катмарынын өкүлдөрүнө же кайсы бир топко тиешелүү маалыматтардын анализин жыйноо. Мындай учурларда жекече оору мүнөздөмөлөрүнө же оорунун куч алуусунун негизги себеби болгон факторлорду табууга өзгөчө көңүл бөлүнөт. Кошумча караңыз: Жайылуу ылдамдыгы.

**ИММУНОФЛЮОРЕСЦЕНЦИЯ (immunofluorescence), иммунофлюоресценция** – ткань кесигиндеги кайсы бир антитело же антиген санын жана/же бөлүнүшүн аныктоо методу. Мунун менен бирге, антителолар флюоресценттик боёгучтун жардамы менен маркировкаланган соң, кесиндиси ультракызгылт микроскоптун жардамы менен изилдене

турган тканга таасир этишет. Түздөн түз иммунофлюоресценция (direct immuno-fluorescence) учурунда антителону маркировкалоо, анын тканга таасир жарата элек кезинде жүргүзүлөт. Ал эми кыйыр иммунофлюоресценцияда (indirect immnnofluorescence) антителону маркировкалоо иши флюоресценттик – маркировкалоочу антииммундук – глобулиндик сывороткан ын жардамы аркылуу антиген менен бириккенден кийин гана жүзөгө ашырылат. – Иммунофлюоресценттик (immunofluorescent).

**ИММУНОФОРЕЗ (immunophoresis), иммунофорез –** преципитация реакциясынын өтүшүнөн негизделген, кан сывораткасында кандайдыр бир антителонун болушун аныктоо жана безгисиз антигендин идентификациясынын ыкмасы.

**ИССЛЕДОВАНИЕ НЕОНАТАЛЬНОЕ (neonatal screening), неоноталдык изилдөө –** скрининг-тест, жаңы төрөлгөн ымыркайларга дартты аныктоо үчүн жасалуучу (жаңы төрөлгөн ымыркайларла Дюшенндин булчуң дистрофиясын жана кистоздук фиброзду) тест.

**ИССЛЕДОВАНИЯ ИЗОТОПНЫЕ (isotope investigations), изотоптук изилдөөлөр –** органдардын жана ткандардын функциясы менен түзүлүшүн изилдөө, бул маркировкаланган изотоптук заттардын жардамы менен өткөрүлөт. Денеге радиоактивдүү индикаторлорду киргизүү менен сцинтиграммада же гамма-камераны колдонуу менен, доктурга түрдүү органдардын жана ткандардын функцияларын байкоого жана формасын аныктоого жардам берет. Мындай изилдөө ошондой эле организмде аномалдык кан жана ириңдин топтолушун көрсөтөт.

## К

**КАРБОЛ-ФУКСИН (carbol fuchsin), карбол-фуксин –** кызыл түстөгү боёгуч, ал бактерияларды жана грибокторду боёо үчүн колдонулат, курамына спирттик жана карбол кислотасынын суу эритмеси жана фуксин кирет.

**КЕТОНУРИЯ (ketonuria), АЦЕТОНУРИЯ (acetonuria), кетонурия, ацетонурия –** сийдикте кетон (ацетон) денелеринин болушу. Кетонурия кант диабети менен ооруган адамдарда, ачка болгон мезгилде же катуу кусуудан кийин байкалат.

**КРЕАТИН (creatine), креатин –** булчуңдарда белоктордун алмашуусунун азыгы. Анын фосфаты – креатинфосфат (creatine phosphate) (фосфокреатин (phosphocreatine), фосфаген (phosphagen)), ал булчуңдарда жогоркуэнергетикалык фосфат болуп саналат жана АТФти АДФтен пайда кылуу үчүн керек.

**КРЕАТИНАЗА (creatinase), КРЕАТИНКИНАЗА (creatine kinase), креатиназа, креатинкиназа –** фермент, ал креатиндин креатининге чейин метаболикалык көбөйүүдө катышат.

**КРЕАТИНИН (creatinine), креатинин –** табигый метаболиттердин бири, булчуңдарда креатинден жана креатин фосфаттан пайда болот. Креатинин организмден бөйрөк аркылуу чыгарылат.

**КРИСТАЛЛЫ ШАРКО – ЛЕЙДЕНА (Charcot – Leyden crystals), Шарко – Лейдендин кристаллдары –** курч учтуу түссүз ичке кристаллдар, алар астма менен ооруган орулуулардын какырыгында болот.

## Л

**ЛИПОПРОТЕИН НИЗКОЙ ПЛОТНОСТИ (low-density lipoprotein, LDL), төмөнкү тыгыздуулуктагы липопротеин –** караңыз: Липопротеин.

**ЛИПОСОМА (liposome), липосома –** микроскопикалык сферикалык мембраналык ыйлаакча (диаметри 20–30 нм). Ал жасалма түрдө лабараториялык шарттарда, фосфолипид-

дик гельге суу эритмесин кошуу жолу менен жасалат. Липосомалар тирүү клеткаларга өтүшү мүмкүн, ошондуктан аларды организмдин жабыркаган аймактарына токсикалык дарылык заттарга куюуу үчүн колдонулат, ал жерде максималдуу дарылык таасирин тийгизет.

## М

**МАЛЬТ (malt), мальт** – кычкылдардын кошулмасы (негизинен мальтозадан турат), ал арпа менен буудайдын крахмалынын данында болуучу ажыроо процессинде пайда болот. Бул дандарга өнүп чыгууга мүмкүндүк берет да андан кийин аларды ысык суу менен иштетүү жолу аркылуу мальтты алышат.

**МЕТИЛЕНОВЫЙ СИНИЙ (methylene blue), көк метилендик** – кызыл көк түстөгү боёгуч; ал микроскопиялык изилдөөдө бактериалдык клеткаларды боёгуч катары үчүн колдонулат.

**МЕТИЛОВЫЙ ЗЕЛЕНЫЙ (methyl green), жашыл метилдик** – негизги боёгуч, хроматинди жана пиронин менен кошо колдонулат, ал РНК жана ДНК малекулаларды боёгуч катары колдонушат, боёгондо алар кызыл жана жашыл түстө болуп калышат.

## П

**ПИТАНИЕ (nutrition), тамактануу** – 1. Азыктар менен тамактануу ортосундагы байланышты изилдөө. Тамак туура тамактануу жана организмге тийгизген таасири жөнүндөгү илим. 2. Азык заттар менен тамактануу жана алардын сиңдиримдүүлүгү. Эгер тамакты кадимки жол менен жей албаса анда аларга атайын түтүкчө аркылуу ичеги карынга киргизилет, атайын түтүкчө (энтералдык тамак берүү (enteral feeding)) же вена аркылуу (венанын ичи аркылуу тамак жиберүү (intravenous feeding)).

**ПЛАЗМАФЕРЕЗ (plasmapheresis), плазмаферез** – кандын плазма бөлүгүн алып салуу методу. Пациенттен алынган кан атайын контейнерге жайгаштырылат. Плазмадан өзүнчө бөлүнүп чыгып, ылдый чөккөн кан бир канча убакыттан кийин кайрадан пациент организмине куюлат.

**ПРОБА БЕНЕДИКТА (Benedict's test), Бенедикт пробасы** – сийдикте же адам организминдеги башка суюктуктарда канттын болушун аныктоочу анализ.

**ПРОБА ГАТРИ (Guthrie test), Гатри пробасы** – жаңы төрөлгөн баланын канын изилдөө, ал анда фенилкетонурияныn өрчүү мүмкүнчүлүгүн жок кылуу үчүн жасалат.

**ПРОБА ДИКА (Dick test), Дик пробасы** – скарлатинага сезгичтигине болгон тест.

**ПРОБА НАКОЖНАЯ (patch test), тери үстүндөгү проба** – оорулууда аллергенди аныктоого жардам берген тест, ал орулууда байланыштык дерматиттин өрчүшү үчүн жооптуу.

**ПРОБА ШИЛЛИНГА (Schilling test), Шиллинг пробасы** – ичегиден $B_{12}$ витамини кандай өздөштүрүлгөнүн аныктоочу проба.

**ПРОТОПЛАЗМА (protoplasm), протоплазма** – цитоплазмадан жана ядродон турган тирүү клеткалардын тутумуна кирүүчү зат. – Протоплазматикалык (protoplasmic).

**ПРОТРОМБИН (prothrombin), протромбин** – кан плазмасында болуучу зат. Ал тромбин ферментинин активдүү эмес мурдагысы жолдоочусу болуп саналат, андан акырында ал кандын уюу процесинде пайда болот. Кошумча караңыз: Коагуляциялоочу факторлор.

## Р

**РАДИОИММУННЫЙ АНАЛИЗ (radioimmunoassay), радиоиммунндук анализ** – кандагы айрым бир антителолордун курамын аныктоо үчүн индикаторлорду пайдаланууга

негизделген иммунологиялык ыкма. Мисалы, радиоактивдүү йод организмдеги инсулин гормонунун курамын аныктоо үчүн чен өлчөм катары пайдаланылат.

**РЕАКЦИЯ ВАССЕРМАНА (Wassermann reaction), Вассерман реакциясы** – кандын суюктугун изилдөө менен сифилис оорусу менен ооругандыкты билүү. Ал реакция безгек, кара тумоо, кайталаган тиф оорусунда оң көрсөткүчтөрдү көрсөтөт.

**РЕАКЦИЯ ВЕЙЛЯ – ФЕЛИКСА (Weil – Felix reaction), Вейл – Феликс реакциясы** – кара тумоо оорусун аныктоочу реакция. Реакцияны жүргүзүш үчүн оорулуу адамдын канынын суюк бөлүгүнө Proteus vulgaris Протеус вулгарис OX19 жана OX2 деген микробдорду кошот. Бул микробдор адамдын заарасынан алынган, оору козгобой турган зыянсыз жандык.

**РЕАКЦИЯ ГЕРКСХАЙМЕРА (Herxheimer reaction), Герксхаймер реакциясы** – караңыз: Яриш – Герксхаймер реакциясы.

**РЕАКЦИЯ КАНА (Kahn reaction), Кан реакциясы** – котон жара (сифилис) оорусуна күнөм санаган адамдардын канынын суюктугун алып жүргүзүүчү реакция. Ооруну тактоо үчүн ал Вассерман реакциясы менен бирге жүргүзүлөт. Азыркы мезгилде колдонулбайт.

**РЕАКЦИЯ КУМБСА (Coombs test), Кумбс реакциясы** – эритроциттердин үстүндөгү резус – антителолорду аныктоо ыкмасы. Мындай тест резус-келишпестик менен болгон ымыркайкайларда гемолитикалык анемияны диагностикалоодо колдонулат, аларда эритроциттердин бузулушу байкалат.

**РЕАКЦИЯ НАБУХАНИЯ (quellung reaction), шишип кетүү реакциясы** – реакция, анын жүрүшүндө бөтөн денелер Streptococcus pneumoniae тибиндеги бактерияларга бөтөн ген капсуладагы бактериялар менен кошулуп, шишип башташат жана жөнөкөй жарык микроскопто көрүнүшөт.

**РЕАКЦИЯ НИНГИДРИНОВАЯ (ninhydrin reaction), нингидриндик реакция** – белоктун болушуна гистохимикалык тест.

**РЕАКЦИЯ ФЁЛЬГЕНА (Feulgen reaction), Фёльген реакциясы** – клетканын ядросунда ДНК нын болушун аныктоочу ыкма.

**РЕАКЦИЯ ЦЕПИ ПОЛИМЕРАЗЫ, РЕАКЦИЯ ЦЕПНАЯ ПОЛИМЕРАЗЫ (polymerase chain reaction (PCR)), полимераза чынжырчасынын реакциясы, полимеразанын чынжырчалуу реакциясы** – өтө сезгичтүү ыкма, молекулярдык генетикада колдонулуучу ыкма. Мындай ыкма доимплантанттык диагностиканын жүрүшүндө, түрдүү генетикалык бузулууларды диагностикалоодо (караңыз: Пренаталдык диагностика), жана ткандарда вирустарды тканях (мисалы, цервикалдык мазоктордо адамдын папиллома вирусун).

## С

**СЕРОЛОГИЯ (serology), серология** – ар кайсы оорудагы кандын суюктугунун өзгөрүшүн изилдеп үйрөнүү. Караңыз – Агглютинация, Комплементтин фиксациясы, Преципитин. – Серологиялык (serological).

**СИДЕРОЦИТ (siderocyte), сидероцит** – эритроцит, анда темир бар белоктун гранулалары табылышы мүмкүн (Паппенхайм денечелери (Pappenheimer bodies)), алар бул клеткаларды тиешелүү түрдө боёгондон кийин пайда болот.

**СКОРОСТЬ ОСЕДАНИЯ ЭРИТРОЦИТОВ (erythrocyte sedimentation rate), эритроциттердин түшүшүнүн ылдамдыгы** – стандарттык шарттарда өлчөнүүчү, эритроциттер конуучу ылдамдык. СОЭ жогорулайт, эгер кандын плазмасында бир катар белоктор

көбөйсө (бул сезгеничте, ревматизмде, өнөкөт инфекциялык дарттарда жана ошондой эле коркунуч туудурган шишиктерде пайда болушу мүмкүн). Караңыз: СОЭ.

**СКОРОСТЬ СЕДИМЕНТАЦИИ (sedimentation rate), седиментация ылдамдыгы** – суюктукта катуу бөлүкчөлөр, оордуктун күчү аркылуу чөгүүнүн ылдамдыгы. Кошумча караңыз: СОЭ (эритроциттердин түшүшүнүн ылдамдыгы).

**СПЕРМАТУРИЯ (spermaturia), сперматурия** – эрендиктин сийдик аркылуу чыгышы.

**СЦИНТИГРАММА (scintigram), сцинтиграмма** – адам денесинин кайсы бир бөлүгүндө радиоактивдүү индикатордун таралышын көрсөтүүчү диаграмма.

**СЦИНТИЛЛЯТОР (scintillator), сцинтиллятор** – зат, анын жардамы аркылуу жогорку энергетикалык нурланууну чыгарууда флюоросценттик жарыктык чагылдандыруу пайда болот (мисалы, бета- же гамма-нурларынын).

## Т

**ТЕСТ ГЕЛЛЕРА (Heller's test), Геллер тести** – сийдиктеги белок өлчөмүн (альбумин) аныктоо үчүн колдонулуучу тест. Өзүнчө пробиркага куюлуп коюлган сийдикке ушундай эле өлчөмдөгү таза азот кислотасын кошушат. Бул суюктуктардын кошулган жеринде пайда болгон ак шакекче сийдик курамында альбуминдин бар экендигинен кабар берет.

**ТЕСТ ПАПАНИКОЛАУ, МЕТОД ПАПАНИКОЛАУ (Papanicoiaou test, Pap test), Папаниколау тести, Папаниколау ыкмасы** – жатындын моюнчасында жайылуучу клеткаларды кыруу жолу менен алынган ыкма, ал ар кандай өзгөрүүлөрдү аныктоо үчүн микроскоптун алдында изилденет. Көбүнчө аялда рак оорусунун өрчүшүн аныктайт. Караңыз: Цервикалдык мазок.

**ТЕСТ ПОСТКОИТАЛЬНЫЙ (postcoital test), посткоиталдык тест** – төрөбөстүктү изилдөөдө колдонулуучу тест.

**ТЕСТ РОТЕРА (Rothera's test), Ротер тести** – сийдик курамында ацетон же ацетоуксустук кислотанын бар же жок экендигин изилдөө ыкмасы; бул заттардын сийдик курамында кездешүүсү адамдын кант диабети менен жабыркоосунан кабар берет.

**ТЕСТ ТОЛЕРАНТНОСТИ К ГЛЮКОЗЕ (glucose tolerance test), глюкозага толеранттуулук тести** – кант диабетин диагностикалоо үчүн колдонулган тест.

**ТЕСТ ФЕХЛИНГА (Fehling's test), Фехлинг тести** – сийдикте канттын бар же жок экендигин аныктоо үчүн өткөрүлүүчү тест; азыркы учурда тестирлөөнүн алда канча сапаттуу жана жөнөкөй ыкмасы менен алмаштырылган.

**ТЕСТ ФИГЛЮ (Figlu test), Фиглю тести** – организмде фолий кислотасы же $B_{12}$ витамининин жетишсиздигин аныктоочу тест.

**ТЕСТЫ, ПОЗВОЛЯЮЩИЕ ОЦЕНИТЬ ФУНКЦИЮ ПОЧЕК (renal function tests), бөйрөктүн функциясын аныктоочу тест** – бул тест бөйрөктүн функционалдык мүмкүнчүлүгүн баалоого мүмкүндүк берет. Аларга: сийдиктин салыштырма тыгыздыгын аныктоо, канда мочевинанын (сийдик курамындагы, сууда эрүүчү кристалл зат) деңгээлин жана креатининдин клиренс убакытын аныктоо; тамыр ичиндеги пиелография жана бөйрөктүк ангиография кирет.

**ТИПИРОВАНИЕ ТКАНИ (tissue typing), ткандын типтүүлүгү** – ткандардын HLA-профилин бири-бири менен болгон дал келүүчүлүктү аныктоочу. Органдарды алмаштыруу менен байланыштуу болот.

**ТИФА (ELISA), (АНАЛИЗ ТВЕРДОФАЗНЫЙ ИММУНОФЕРМЕНТНЫЙ) (enzyme-linked immunosorbent assay (ELISA)), тифа, (катууфазалык иммуноферменттик анализ)** – заттын санын жогорку эффективдүүлүк менен аныктоо ыкмасы. Бул

анализдин жүрүшүндө антитело изилденген зат менен байланыштырып антителолордун так өлчөмүн аныктоого жардам берет.

## Ф

**ФЛОККУЛЯЦИЯ (flocculation), флоккуляция** – реакция, мында адатта эритмеде көрүнбөгөн зат, чоң кабырчыктар түрүндө бөлүнүп чыгат же анын физикалык же химиялык абалдын өзгөрүшүнөн тундурмага түшөт.

**ФОСФАТЕМИЯ (phosphataemia), фосфатемия** – канда фосфаттын көп өлчөмдө кездешүүсү. Адатта, анда натрий, кальций, калий жана магний фосфаттарынын болуусу зарыл.

**ФОСФАТИДИЛХОЛИН (phosphatidylcholine), фосфатидилхолин** – фосфолипиддер тобунун өкүлү, ал клеткалык мембраналардын маанилүү курамы болуп саналат жана боордогу майлардын метаболизм процессинде катышат. Караңыз: Лецитин.

## Х

**ХРОМАТОГРАФИЯ (chromatography), хроматография** – тандалма адсорбациянын жардамы менен аралашманын компонентин ажыратуу ыкмасы. Мындай ыкмалар медицинада кеңири колдонулат.

## Ш

**ШИК-РЕАКЦИЯ, PAS-РЕАКЦИЯ (periodic acid – Schiff (PAS) reaction), шик-реакциясы, PAS-реакциясы** – тест, ал ткандарда гликопротеиндердин, полисахариддердин, кээ бир мукополисахариддердин, гликолипиддердин жана бир катар майлуу кислоталардын болушун тастыктайт. Изилденген ткань ага Шиффтин реактивинин таасиринен кийин йоддук кислота менен иштетилет. Оң реакция мезгилинде изилденген ткань кызыл түскө боёлот.

# ЛЕЧЕБНЫЕ МАНИПУЛЯЦИИ



## А

**АКТИНОТЕРАПИЯ (actinotherapy), актинотерапия** – ар кандай ооруларды инфракызыл жана ультракөгүш нурлар менен дарылоо.

**АКУПУНКТУРА (acupuncture), акупунктура** – атайын жасалган ийне менен сайып дарылоо; мындай дарылоо кытай медицинасында кеңири жайылган.

**АНАЛГЕЗИЯ ОТНОСИТЕЛЬНАЯ (relative analgesia), салыштырмалуу аналгезия** – седативдик эффектти алуучу ыкма, айрыкча стоматологияда колдонулат, оруулу азоттун чала кычкылын жана кычкылтекти дем алат. Бул ыкма кошулма анестезия үчүн колдонулат.

**АНЕСТЕЗИЯ (anaesthesia), анестезия** – дененин бир бөлүгү тышкы чөйрөнүн жагымсыз шарттарын, ооругандыкты сезбей калуу абалы.

**АНЕСТЕЗИЯ МЕСТНАЯ (anaesthesia localis), чөйрөлүк анестезия** – дененин белгилүү бир бөлүгүнүн жанын дары менен өлтүрүп коюу, сезбей калуусу.

**АНЕСТЕЗИЯ ОБЩАЯ (general anaesthesia), жалпы анестезия** – жасалма түрдө эстин жоготушун жана оорунун сезбестигин мүнөздөөчү абал. Кайсы бир чоң эмес оперативдик кийлигишүүлөрдү өткөрүүдө жасалат.

**АНЕСТЕЗИЯ СПИННОМОЗГОВАЯ (spinal anaesthesia), жүлүн анестезиясы** – 1. Бөлүктүк анестетик инъекциясынын жардамы аркылуу жүлүндү курчап турган жерлердин (адатта, дененин ылдыйкы бөлүгүнө) оору сезимин жоготуу. Хирургияда жүлүндүк анестезиянын эки түрү кездешет. Алар: субарахноиддүү (subarachnoid) жана эпидуралдык (epidural) анестезия. 2. Жүлүн оорусу же кайсы бир травманын натыйжасында дененин кайсы бир бөлүгүнүн сезүүдөн калуусу.

**АНТИСЕПТИКА (antisepsis), антисептика** – дене жараланганда ага ириңдетүүчү микробдор кирип кетишине каршы дарылар. Антисептиктер физикалык жана химиялык болуп бөлүнөт.

**АППАРАТ СЛЕЗНЫЙ (lacrimal apparatus), жаш аппараты** – көздөн суюктукту пайда кылуучу жана кетирүүчү пайда кылуулар.

**АППЛИКАТОР (applicator), аппликатор** – дарылоо учун дененин айрым бир бөлүктөрүнө коюла турчу нерсе.

**АСПИРАЦИЯ (aspiration), аспирация** – дем алганда кекиртек аркылуу катуу же суюк заттын өпкөгө өтүп кетиши, адамдын көңдөйлүү органдарынан суюктукту атайын аспап – аспиратордун (aspirator) жардамы менен тарттырып алуу аракети.

**АУСКУЛЬТАЦИЯ (auscultation), аускультация** – адамдын денесиндеги дабышты атайын курал (стетоскоп) менен же кулак менен тыңшап угуу. – Аускультативдик (auscultatory).

**АУТОИНОКУЛЯЦИЯ (autoinoculation), аутоинокуляция** – инфекциянын жергиликтүү булагынан канга келүүчү организмдин өзүнөн-өзү микробдор жана алардын азыктары менен иммунизациясы.

**АЭРОБИКА (aerobic exercises), аэробика** – физикалык машыгуу. Караңыз: Физикалык машыгуулар.

## Б

**БАЛАНС АЗОТИСТЫЙ (nitrogen balance), азоттук баланс** – организм талап кылган азот көлөмү менен кайра андан бөлүнүп чыккан азоттун өз ара катышы.

**БАЛЛОТИРОВАНИЕ (ballottement), баллотирлөө** – организмдин көңдөй органдарынын ичиндеги суюктукта сүзүп жүргөн объектилердин көлөмүн аныктоочу процедура.

**БАЛЬНЕОТЕРАПИЯ (balneotherapy), бальнеотерапия** – минералдык сууларды денеге сүрткөндө, аны ичкенде же кээ бир оорулардын алдына ала болтурбоо максатында аларды колдонгондо кандай таасир бере тургандыгын талдап изилдөө, окуу жолу.

**БАНДАЖ (bandage), бандаж** – жаракатка коюуп же дененин оорулуу жерин ороп-таңуу үчүн колдонулуучу кездеменин төшөлмөсү же тасма түрүндөгү бөлүгү.

**БАНДАЖ (binder), бандаж** – бел курчоо; ич көңдөйдөгү дефекттерди жабуу же ички органдарды туура абалда кармоо үчүн колдонулат.

**БАНДАЖ ГРЫЖЕВОЙ (truss), чурку бандажы** – чуркунун чыгып калбоосу үчүн өтө чоң эмес басым жасоого ылайыкташтырылган жабдык. Адатта мындай бандаж жумшак прокладка түрүндө болуп, белге курдун жардамы менен бекилет.

**БОР (reamer), бор** – аспап, эндодонтияда колдонулат. Түпкү каналдын капталдарын даярдоочу жана дарылоочу аспап.

## В

**ВЕНТИЛЯЦИЯ ЛЕГКИХ ИСКУССТВЕННАЯ «ИЗО РТА В РОТ» (mouth-to-mouth respiration, kiss of life), өпкөнүн «ооздон оозго» жасалма желдетүүсү** – жасалма дем алдыруунун ыкмасы, ал «ооздон оозго» ыкмасы менен, жабыркагандын өпкөсүнө аба үйлөп, ал эми дем чыгаруусу произволдуу түрдө болот. Бул ыкманы колдонгон адам абаны минутасына 20 жолу үйлөш керек.

**ВКУ (IUCD), УСТРОЙСТВО ВНУТРИМАТОЧНОЕ КОНТРАЦЕПТИВНОЕ (intrauterine contraceptive device), ЖИКЖ (ВКУ), жатын ичиндеги контрацепциялык жабдык** – пластмассадан же металлдан жасалган шекек, спираль же узундугу болжол менен 25 мм болгон курал, ал жатындын көңдөйүнө аялда кош бойлуулуктан коргонуу максатында коюлат.

**ВЛИВАНИЕ ВНУТРИВЕННОЕ (venoclysis), куюу, тамырдын ичине тамчылатып куюу, тамырдын ичине куюу** – тамырга туз кошулмасын же башка кошулманы узак убакытка чейин куюу.

**ВТИРАНИЕ (inunction), сүйкөө** – кол бармактарынын учу менен мазьды же майды териге сүйкөө.

**ВЫСУШИВАНИЕ (exsiccation), кургатуу** – ткандан нымдуулукту алып чыгуу.

## Г

**ГАЛЬВАНИЗМ (galvanism), гальванизм** – (эскирген) электричествонун жардамы менен дарылоонун түрү. Кошумча караңыз: Фарадизм.

**ГАСТРОПТОЗ (gastroptosis), гастроптоз** – карындын төмөн түшүшү. Анын тегерегиндеги байламталардын бошоңдоп кетишинде байкалат.

**ГЕЛИОТЕРАПИЯ (heliotherapy), гелиотерапия** – күндүн нурларын дары катары колдонуу.

**ГЕМИСАКРАЛИЗАЦИЯ (hemisacralization), гемисакрализация** – бешинчи бел омурткасынын сегиз көчүктүн бир эле жагынан биригиши. Караңыз: Сакрализация.

**ГИДРОТЕРАПИЯ (hydrotherapy), гидротерапия** – ар кыл оорулар үчүн сууну пайдалануу; терапиянын бул түрү ортодоксалдык медицинада гана пайдаланылат.

## Д

**ДВИЖЕНИЕ ПАССИВНОЕ (passive movement), пассивдүү кыймыл** – башка бирөө аркылуу жабдык аркылуу аткарылуучу кыймыл, бейтаптын катышуусуз аткарылган

кыймыл. Пассивдик кыймыл көп убакта ар кандай муунга карата болгон манипуляцияларды аткарууда физиотерапевт тарабынан аткарылат.

**ДЕФИБРИЛЛЯЦИЯ (defibrillation), дефибрилляция** – дефибрилятордун жардамы менен жүрөк токтоп калганда, көзөмөлдөгөн электро разряддарды, жүрөк ритмин калыбына келтирүү үчүн колдонулат.

**ДИАЛИЗ (dialysis), диализ** – атайын жабдуулар аркылуу эритменин ичинен туздарды бөлүп алуу. Диализдин принциби «жасалма бөйрөк» аппаратында колдонулат (караңыз: Гемодиализ).

**ДИАТЕРМИЯ (diathermy), диатермия** – электрдин төмөнкү чыңалуучу жогорку жыштыгын, токторун терең жаткан ткандарды жылытууга колдонуу. Бөлүнүп чыгарылган жылуулук кан агымын жогорулатат жана катуу локалдуу ооруну, мисалы евматизм же артрит мезгилиндеги ооруну дарылоодо колдонулат. Кошумча караңыз: Микротолкундуу терапия.

**ДРЕНАЖ (drain), дренаж** – 1. Дене бөлүгүндөгү же кайсы бир ички көңдөйчөдөгү суюктукту сыртка агызып чыгаруу учун колдонулуучу түтүкчө. Дренаж, адатта операция учурунда дене көңдөйүндөгү пайда болгон суюктукту сыртка чыгаруу үчүн колдонулат; мунун өзү суюктуктуктун чогулуусуна тоскоол этүү менен операция жасалган органдагы инфекциялардын көбөйүп кетүүсүн жана басымдын жогорулоосунун алдын алат. 2. Караңыз: Дренаждоо.

**ДРЕНИРОВАНИЕ (drainage), дренаждоо** – кандайдыр-бир дене көңдөйүнөн суюктукту сордуруп алуу (адатта аномалдуу топтолгон суюктукту). Мисалы, дренаж аркылуу абсцесстен ириң, толуп калган табарсыктан заара алынат. Кошумча караңыз: Дренаж.

**ДЫХАНИЕ ИСКУССТВЕННОЕ (artificial respiration), жасалма дем алуу** – өзгөчө чара, ал эгер адамдын дем алуусун кайсы бир кырдаалдар тоскоолдук кылганда, дем алуусун камсыздоо үчүн абаны өпкөгө киргизүү чарасы.

## З

**ЗОНД НАЗОГАСТРАЛЬНЫЙ (nasogastric tube), назогастралдык зонд** – мурун аркылуу ашказанга киргизилүүчү зонд; ал ашказандан суюктукту аспирациялоо үчүн же ага дарылык заттарды куюу үчүн колдонулат. Караңыз: Рилдин зонду.

**ЗОНД ТЕПЛОВОЙ (heaterprobe), жылуулук зонд** – пептикалык жаракаттагы кан агууну токтотуу үчүн жылуулук таасир берүүчү көзөмөлдөөчү максатта эндоскопту киргизүү менен ойлоп табылган аспап.

## И

**ИМПЛАНТАТ УЛИТКОВЫЙ (cochlear implant), үлүл имплантаты** – кулактын ичиндеги үлүлгө окшогон угуу прибору. Бул таптакыр кулагы укпаган, аппарат да жардам бербеген адамдарга колдонулат.

**ИНГАЛЯЦИЯ (inhalation), ингаляция** – дарыны, газды, бууну басымдын жардамы аркылуу чачыратып дем алдыруу. – Ингалятор (inhaler).

**ИНФУЗИЯ, ВЛИВАНИЕ (infusion), инфузия, куюуу** – суюк дарыларды көп өлчөмдө теринин алдына, көтөн чучукка куюу. Заттын жай куюлуусу, көпүлүк учурда тамырга (тамыр ичине куюуу (intravenous infusion)). Бул ыкма адатта организмде электролиттердин жана суюктукту толтуруу максатында, же кан азыктарын толтуруу же болбосо дарылык каражаттарды узак убакытка чейин куюуда (мисалы, антибиотиктердин же оорутпоочу дарыларды) жана ошондой эле орулуунун азыктанышы үчүн колдонулат. Кошумча караңыз: Куюуу (drip).

**ИНЪЕКЦИЯ (injection), инъекция** – дарыны ийне аркылуу организмге жиберүү, берүү жолу. Мындан сырткары, инъекция клизманын жардамы аркылуу (ректалдык инъекция) да жүргүзүлүүсү мүмкүн. Инъекциянын негизги түрлөрү: тери ичиндеги (же интрадермалдык) (intracutaneous же intradermal); тери астыгдагы (subcutaneous), мисалы, инсулинди саюуу; булчуң ичиндеги (intramuscular) жана тамыр ичиндеги (intravenous).

**ИОНТОФОРЕЗ, ИОНОФОРЕЗ (iontophoresis), ионтофорез, ионофорез** – тери аркылуу (электр токтун жардамы менен) дарылык заттардын заряддалган бөлүкчөлөрү теринин ички катмарына өтөт. Ал ревматикалык катуу ооруну чечүү үчүн колдонулат. Кошумча караңыз: Катафорез.

## К

**КАЛИБРАТОР (calibrator), калибратор** – 1. Түтүкчө же тешиктин көлөмүн аныктоочу прибор. 2. Адамдын мисалы, кызыл өңгөч сыяктуу түтүк сымал органдарын кеңейтүү үчүн колдонулуучу прибор.

**КАРАНТИН (quarantine), карантин** – жугуштуу ооруну жайылтпоо максатында адамды башкалардан изоляцияда кармоо. Адатта карантин 40 күнгө созулат.

**КАТАЛИЗАТОР (catalyst), катализатор** – химиялык заттын реакциясын ылдамдатуучу зат. Көпчүлүк биохимиялык реакциялардын катализаторлору болуп ферменттер эсептелет.

**КАТАФОРЕЗ (cataphoresis), катафорез** – туруктуу электр тогунун жардамы менен түрдүү заттардын (катиондордун) оң заряддалган ионндорун ткандарга киргизүү. Караңыз: Ионтофорез.

**КАТЕТЕР (catheter), катетер** – суюктук чыгарууга ылайыкталган ийилип турууучу түтүкчө. Ар кандай ооруларда зааранын сыртка чыгаруу үчүн уретралык катетерлер (urinary catheters) табарсыкка сийдик чыгаруучу канал аркылуу киргизилет, жана дагы ич көңдөйүндөгү операциянын алдында зааранын сыртка чыгаруу үчүн колдонушат.

**КАТЕТЕР СУОНА – ГАНЦА (Swan – Ganz catheter), Суон – Ганцдын катетери** – катетер, аяк жагына атайын кичинекей баллон бекитилип, өпкө артериясы аркылуу жүрөктүн оң жагына киргизилет. Бул баллон аркылуу сол ортоңку жүрөктүн ичиндеги басымын өлчөөгө жана өпкө артериясынын ичиндеги басымды өлчөөгө жардам берет.

**КАТЕТЕР ХИКМАНА (Hickman catheter), Хикман катетери** – ичке пластмассалык катетер, ал моюн тамырынын сырткы катмарына киргизилип, дары заттарды куйганга жана кан үлгүлөрүн кайта-кайта алууга ылайыкталган.

**КАТЕТЕРИЗАЦИЯ (catheterization), катетеризация** – көбүнчө денеден суюктук чыгаруу үчүн өзгөчө табарсыкка уретралдык түтүктү (urethral catheterization) киргизүү (кошумча караңыз: Интермитацияланган өзүн-өзү катетеризациялоо). Жүрөк кататеризациясы (cardiac catheterization) – атайын катетерлерди буттардын же колдордун аягындагы артерияларга жана веналарга киргизүү, алар аркылуу алар жүрөктүн камераларына киргизилет. Артериалдык катетеризация (arterial catheterization) артерияларга ар кандай боёгучтарды киргизүү каралат, ал рентгендик кароо үчүн, кан тамырлардын кеңейишин же ичкеришин туудуруучу дарылык заттарды аныктайт, кан агууну токтотот же болгон шишиктерди алып жоготууга жардам берет.

**КИНЕСТЕЗИОМЕТР (kinaesthesiometer), кинестезиометр** – бейтаптын өзүнүн булчуңдарынын жана муундарынын кыймылын билүү даражасын аныктоочу аспап; ал ар кандай нерв – булчуңдук бузууларды аныктоо үчүн колдонулат, жана ошондой эле баш мээнин кээ бир дарттарын диагностикалоодо колдонулат.

**КЛИЗМА (enema,** көпч. **enemata** же **enemas), клизма** – дары суюктугун көтөн чучукка атайын түтүк аркылуу ичегиге жиберүү. Тазалоочу клизма (evacuant enema) ичегини

тазалоо үчүн колдонулат. Барийдик клизма (barium enema), рентгенологиялык изилдөөнүн жүрүшүндө жээк сымал ичегини байкоого мүмкүндүк түзөт. Дарылоо клизмасы (therapeutic enema) түз ичегиге дарылык заттарды куюуу үчүн колдонулат.

**КЛИСТИР (clyster), клистир** – клизманын эски аталышы.

**КОЭФФИЦИЕНТ ДЫХАТЕЛЬНЫЙ (respiratory quotient (RQ)), дем алуу коэффициенти** – көмүр кычкыл газынын, канга өпкөнүн альвеолалары аркылуу өтүүчү көлөмү, кычкылтектин көлөмүнө карата мамилеси.

**КРАСИТЕЛИ РОМАНОВСКОГО (Romanowsky stains), Романовскийдин боёгучтары** – боёгучтардын тобу, алар микроскопиялык кандын клеткаларын изилдөөдө колдонулат; бул топко түрдүү тиазин менен эозиндин кошулмаларынын боёгучтары кирет. Бул топко Лейшманндын боёгучтары, Райттин, Мэй – Грюнвальддын, Гимздин жана башка боёгучтары кирет.

**КРАСИТЕЛИ СУДАНОВЫЕ (Sudan stains), Судан боёгучтары** – азобоёгучтардын тобу, майларды боёо үчүн колдонулат. Бул топтун курамына: судан I (Sudan I), судан II (Sudan II), судан III (Sudan III), судан IV (Sudan IV) жана кара судан (Sudan black).

**КРАСИТЕЛЬ БИСМАРКА КОРИЧНЕВЫЙ (Bismarck brown), Бисмарктын күрөң боёгучу** – негизги анилиндик боёгуч, ал гистологиялык жана бактериалдык үлгүлөрдү боёо үчүн колдонулат.

**КРАСИТЕЛЬ ТРЕХВАЛЕНТНЫЙ МАЛЛОРИ (Mallory's triple stain), үч валенттүү Маллори боёгучу** – гистологиялык боёгуч, курамына суудa эрүүчү көк анилиндик жана көк метилдик, кызыл сары G жана ат кулак кислотасы кирет.

**КРАСИТЕЛЬ, ОКРАШИВАНИЕ (stain), боёгуч, боёо** – 1. Микроскопиялык изилдөө үчүн кездемени же башка үлгүлөрдү боёо үчүн колдонулат. 2. Үлгүнү микроскоптун алдында анын кийинки изилдөөсү үчүн боёо.

**КРИЗОТЕРАПИЯ (chrysotherapy), кризотерапия** – дартты алтындын же анын кошулмасынын жардамы менен дарылоо. Ал инъекция түрүндө артиритти дарылоодо колдонулат.

**КРИОЗОНД (cryoprobe), криозонд** – караңыз: Криохирургия.

**КРИОКОНСЕРВАЦИЯ (cryopreservation), криоконсервация** – ткандарды тоңдуруу жолу менен консервациялоо.

**КРИОТЕРАПИЯ (cryotherapy), криотерапия** – муздак нерселер менен дарылоо. Муздак суу коюп, муздарды денеге такоо менен дарылоо. Караңыз: Криохирургия, Гипотермия. Салыштыруу үчүн: Термотерапия.

**КРИОХИРУРГИЯ (cryosurgery), криохирургия** – өтө төмөн температураны, дененин локалдуу аймактарындагы ткандарды тоңдуруу жана бузуу үчүн колдонулат. Криохирургиянын негизги аспабы болуп криозонд (cryoprobe) эсептелет.

**КЮРЕТКА (curette), кюретка** – көңдөйдөн тканды кырып тазалоо үчүн пайдалануучу кашыкча сымал аспап (караңыз: Кюретаж, Дилатация жана Кюретаж).

## Л

**ЛАВАЖ (lavage), лаваж** – суу же даары эритмелери менен кандайдыр бир көңдөй органдарды (мисалы, жээк сымал ичегини же карынды) жууп – тазалоо.

**ЛАЗЕР АРГОНОВЫЙ (argon laser), аргон лазери** – күчтүү жарык шооласы бар лазердин бир түрү, көздүн тор кабыгындагы ооруларды хирургиялык жол менен дарылоодо колдонулат (мисалы, диабетикалык ретинопатияда). Кошумча караңыз: Фотокоагуляция.

**ЛАЗЕР ДИОДНЫЙ (diode laser), диоддук лазер** – портативдүү лазер, көздүн тор кабыгын дарылоодо колдонулат, өзгөчө өтө чоң эмес күйгүзүү ыкмасы менен колдонулат (караңыз: Фотокоагуляция).

**ЛЕЧЕНИЕ КОМБИНИРОВАННОЕ (sandwich treatments), биргелешкен дарылоо** – бир нече ыкмалардын айкалышуусундагы дарылоо, мында дарылоонун бир түрү (мисалы, хирургиялык операция) анын кайсы-бир түрүнүн аралыгында өтөт (мисалы, операцияга чейинки, ортосундагы же кийинки нурлануу терапиясы).

**ЛЕЧЕНИЕ КОНСЕРВАТИВНОЕ (conservative treatment), консервативдик дарылоо** – адамда кайсы-бир дарттын учурунда ден соолугунун начарлашынын алдын алуу үчүн багытталган дарылоо; мында, орулууда табигый түрдө жакшы болуп кетет деп эсептелет, же дарттын күчөп кетишин азайтат жана ага кошумча оперативдик дарылоонун кереги жок болуп кетет деп эсептелет. Салыштыруу үчүн: Радикалдуу дарылоо.

**ЛЕЧЕНИЕ РАДИКАЛЬНОЕ (radical treatment), радикалдуу дарылоо** – интенсивдүү дарылоо, анын максаты болуп бул жөн эле симптомдорду жеңилдетпестен, орулуунун толук бойдон айыгуусуна жетишүү. Салыштыруу үчүн: Консервативдик дарылоо.

**ЛЕЧЕНИЕ СУХИМ ИЛИ ВЛАЖНЫМ ТЕПЛОМ (fomentation), кургак жана нымдуу жылуулук менен дарылоо** – жылууланган нымдуу нерсени, дененин ооруган аймагына коюу ал ошол жердеги жергиликтүү кан айланууну күчөтүү үчүн коюлат жана дагы оруну азайтуу үчүн жана чыйкандын ичиндегисин алып салууда терини жумшартууда колдонулат. Караңыз: Ысыткыч.

**ЛИПООТСАСЫВАНИЕ (liposuction), липосордургуч** – атайын сордургуч менен теридеги керек эмес май клеткаларынын топтолушун сордуруп алып салуу.

**ЛИТОТРИПСИЯ (lithotripsy), литотрипсия** – 1. Атайын толкундардын жардамы менен табарсыкта пайда болгон таштарды талкалоо. 2. Караңыз: Литолапаксия.

## М

**МАРСУПИАЛИЗАЦИЯ (marsupialization), марсупиализация** – ичтеги ичи көңдөй органдарды кесип, эки четин кесилген ичке жалгап тигип коюу.

**МАССАЖ (massage), массаж** – колдун жардамы менен адам денесинин жумшак ткандарына жасалуучу механикалык манипуляция (сүрүү, укалоо) ыкмаларынан системасы. Кошумча караңыз: Сылоо, Жазуу, Ургулоо.

**МАССАЖ ТОЧЕЧНЫЙ (pointillage), так массаж** – массаждын бир түрү, кол манжаларынын учу менен жасалуучу массаж. Бул спайкаларды жок кылууда көпчүлүк учурларда колдонулат.

**МАССИРОВАНИЕ (kneading), массаждоо** – караңыз: Жазуу.

**МЕДИЦИНА АЛЬТЕРНАТИВНАЯ (alternative medicine, complementary medicine, fringe medicine), альтернативдүү медицина** – айыгуунун түрдүү системалары, анын ичине гомеопатия, фитотерапия, гипноз жана психотерапия кирет. Кошумча караңыз: Хиропрактика, Холистикалык мамиле, Натуропатия.

**МЕТОД КРЕДЕ (Crede's method), Креде ыкмасы** – жатындан баланын тонун чыгаруу ыкмасы. Азыркы убакта бул ыкма колдонбой калды, Брандт Андрюс ыкмасы менен сүрүлүп чыгарылган.

**МИНИТРАХЕОСТОМИЯ (minitracheostomy), минитрахеостомия** – убактылуу трахеостомия, териге ийне же ичке түтүкчөнү киргизүү аркылуу аткарылат.

**МОКСИБУСТИОН (moxibustion), моксибустион** – Жапонияда көп таралуучу дарылоонун түрү, анын жүрүшүндө күн караманын жалбырагын же Artemisia moxa жалбырактарын териге жабыштырып күйгүзөт. Күйгөн жалбырактардан чыккан жылуулук ар түрдүү ооруларды дарылоо процессинде колдонулуучу ыкма.

## Н

**НАГРУЗКА ФИЗИЧЕСКАЯ, УПРАЖНЕНИЕ (exercise), кара күч жумшоо, дене көнүгүүсү** – дене абалын мыкты формада кармап туруу же кайсы бир кемчилигин түзөтүү максатында жасала турчу физикалык активдүүлүк.

**НАДОЛОЛ (nadolol), надолол** – бета-блокатор, стенокардияны жана жогорку артериялык басымды (гипертензияны) дарылоодо колдонулат.

**НЕФРОЛИТОТОМИЯ ЧРЕСКОЖНАЯ (percutaneous nephrolithotomy), тери аркылуу нефролитотомия** – нефроскоптун жардамы менен бөйрөктөн таш чыгаруу ыкмасы, ал тери аркылуу катетерди киргизүү менен бөйрөккө киргизилет.

**НЕФРОСТОМИЯ (nephrostomy), нефростомия** – курсактын арткы бетине жасалган тешик аркылуу киргизиле турчу атайын түтүкчөнүн (катетер) жардамы аркасында бөйрөктөгү сийдикти агызып чыгаруу.

**НИТЬ ДЛЯ ОЧИСТКИ МЕЖЗУБНЫХ ПРОМЕЖУТКОВ (dental floss), тиш арасын тазалоочу жип** – ичке жип, адатта нейлондон жасалат, тиштин арасындагы тамактын калдыктарын тазалоо үчүн колдонулат.

## О

**ОКРАШИВАНИЕ ВИТАЛЬНОЕ (vital staining), ОКРАШИВАНИЕ ИНТРАВИТАЛЬНОЕ (intravital staining), виталдуу боёо, интравиталдуу боёо** – организмге боёочу затты куюу жолу аркылуу тирүү тканды боёо процесси. Салыштыруу үчүн: Суправиталдык боёо.

**ОКСИГЕНАЦИЯ ГИПЕРБАРИЧЕСКАЯ (hyperbaric oxygenation), гипербарикалык оксигинация** – оорулуунун организмин кычкылтек менен байытууда колдонулат. Гипербарикалык оксигенация көмүртек кычкылы менен уланганда, газдык гангренада, декомпрессиондук ооруда жана дем алуунун курч бузулушунда дарылоодо колдонулат.

**ОРОШЕНИЕ (irrigation), сугаруу** – жаратты же жыныс органдарды дары кошулмасы менен же суу менен жууп чыгуу процесси.

**ОТВЕДЕНИЕ МОЧИ (urinary diversion), зааранны чыгаруу** – сийдик чыгаруучу түтүкчөдөн сийдикти чыгарып чогултуу ыкмасы, ал табарсыкты алып салуудан кийин колдонулуучу ыкма (караңыз: Цистэктомия). Бул ыкмаларга: уретеросигмоидостомия жана капчыт ичегинин сегментинен ыйлаакчаны түзүү.

**ОТВЕРСТИЕ ТРЕПАНАЦИОННОЕ (bur hole), трепанациондук тешик** – кан, ириң же жүлүн суусу аркылуу пайда болуучу басымды азайтуу же болбосо, аспирация жана биопсия сыяктуу процедураларды жасоо үчүн баш сөөктү көзөп, тегерек тешик калтыруу.

**ОТСАСЫВАНИЕ, АСПИРАЦИЯ (suction), сордуруп салуу, аспирация** – атайын түтүкчөнүн жардамы менен организмден суюктук же кайсы бир затты сордуруп салуу үчүн төмөнкү басымды пайдалануу. Көпчүлүк учурларда аспирация жаңы төрөлгөн балдардын дем алуу жолдорун тазалоо үчүн колдонулат.

**ОХЛАЖДЕНИЕ (refrigeration), муздатуу** – дененин кайсы бир бөлүгүндө температураны төмөндөтүү. Ал клеткалардын метаболикалык активдүүлүгүн азайтуу үчүн жана жергиликтүү анестезияны аткаруу үчүн жасалат.

## П

**ПАРАЦЕНТЕЗ (paracentesis, tapping), парацентез** – пункция: дененин кайсы бир көңдөйчөсүндөгү ашыкча суюктукту көңдөй ийне же канюлянын жардамы аркылуу чыгарып салуу процесси.

**ПАРЕНТЕРАЛЬНЫЙ (parenteral), парентералдуу** – дарыны ичеги карын аркылуу бербестен, теринин алдына, булчуңга, вена тамыры аркылуу жиберүү.

**ПЛАСТЫРЬ (plaster), пластырь** – чайыр сымал, териге жабыштырып колдонулуучу дарынын түрү.

**ПЛЕВРОЦЕНТЕЗ (pleurocentesis, thoracentesis), ТОРАКОСЕНТЕЗ (thoracocentesis), плевроцентез, торакосентез** – плевралдык көңдөйчөгө көкүрөк клеткасынын

бети аркылуу көңдөй ийнени киргизүү менен андагы чогулуп калган суюктук, кан, ириң же абаны сордуруп алуу.

**ПЛЮМБАЖ (plombage), плюмбаж** – 1. Хирургиялык операция мезгилинде колдонулуучу ыкма, көз тор кабыгынын катмарланып кетүүдө кайра бекитүү максатында жасалат. 2. Өпкөнү түшүрүү үчүн пластмассадан шариктерди плевралдык көңдөйгө киргизүү. Бул операция мурда кургак учук менен ооругандарды дарылоо процессинде аткарылган.

**ПОВЯЗКА (dressing), таңуу** – жаратты дарылоо максатында, ар түрлүү дарыларды жабыштыруу менен анын үстүн атайын кездеме менен менен таңып коюу.

**ПОВЯЗКА КОЛОСОВИДНАЯ (spica), машак сымал таңуу** – жабыркаган аякка спираль түрүндө таңуу.

**ПОВЯЗКА КОСЫНОЧНАЯ (triangular bandage), жоолук сымал таңуу** – үч бурчтук формасындагы таңуу. Колду асып коюуда колдонулат.

**ПОВЯЗКА ПОДДЕРЖИВАЮЩАЯ (sling), кармап туруучу таңуу** – жабыркаган аякты тынч абалда кармап туруучу таңуу.

**ПОВЯЗКА СПИРАЛЬНАЯ (spiral bandage), спираль сымал таңуу** – дененин кайсы-бир бөлүгүнө коюлуучу таңуу, ал мындай болуш керек, анын ар бир таңуусу алдынкысын жаап калыш керек.

**ПОЛУВАННА, ВАННА СИДЯЧАЯ (sitz bath), жарым ванна, отурган ванна** – кичинекей ванна, мында суу адамдын санына гана жетет, мындай ваннада адам отурган абалда гана түшө алат.

**ПОМОЩЬ МЕДИКО-САНИТАРНАЯ (health care), медициналык-санитардык жардам** – караңыз: Биринчи медициналык жардам, Атайын медициналык жардам, Жогорку атайын квалификациялуу медициналык жардам.

**ПОЩИПЫВАНИЕ (pincement), чымчылоо** – массажда колдонулуучу ыкма.

**ПРЕМЕДИКАЦИЯ (premedication), премедикация** – дары (анестетик) менен операцияга даярдоо. Операция жасалаар алдында, оорулуунун нерв системасын жөнгө салуу үчүн андан мурун дары берүү.

**ПРИЕМ КОХЕРА (Kocher manoeuvre), Кохер ыкмасы** – чыгып кеткен ийинди кайра өз ордуна салуу ыкмасы.

**ПРИЖИГАНИЕ (cauterize), кааруу** – термокаутердин (cautery) жардамы аркылуу түздөн түз жылуулук берүү жолу менен кайсы бир тканды кыйратуу; өтө чоң эмес сөөл же башка тери өсүндүлөрүн жок кылуу (караңыз: Кюретаж), ошондой эле анча чоң эмес кан тамырлардын кансырашын токтотуу үчүн колдонулат. – Термокаутер (cautery).

**ПРИКРЕПЛЕНИЕ (insertion, origin), бекитүү** – (анатомияда) булчуңдун бекитүү чекити (мисалы, сөөккө).

**ПРИПАРКА (poultice), ЛЕЧЕНИЕ СУХИМ ИЛИ ВЛАЖНЫМ ТЕПЛОМ (fomentation), ысыткыч, кургак же нымдуу жылуулук менен дарылоо** – ысытылган нымдуу нерсе, ал ооруган жерге коюлуп, кан жүгүртүүнү тездетип, ооруну басаңдатат.

**ПРОБА МАНТУ, Манту пробасы** – Манту пробасын (Mantoux test) аткарууда туберкулиндин аз сандагы көлөмү бейтаптын терисинин астына киргизилет; сайган жерде кызыл темгилдин пайда болушу, анын өлчөмү 48–72 саатан кийин гана аныкталат, ал болсо адамда кургак учукка болгон иммунитетинин болушун тастыктайт, бул тесттин жыйынтыктары мындай учурда оң болуп чыгат. Караңыз: Туберкулин.

**ПРОТЕЗ (prosthesis,** көпч. **prostheses), протез** – дененин жасалма бөлүгү. Бул кемтик дененин бөлүгүн толуктоо катары жасалат. Мисалы, чолок колдун, кемтик тиштердин ордун толуктоо катары коюлат. – Протездик (prosthetic).

**ПРОФИЛАКТИКА (prophylaxis), профилактика** – ооруну, кокустукту болтурбай алдын алуучу чаралар, мисалы, калкты кептөөргө жана көк жөтөлгө каршы иммунизация-

лоо же балдарда тиш кариесин алдын алуу үчүн фторлоону өткөрүү. – Профилактикалык (prophylactic).

**ПРОФИЛАКТИКА ВТОРИЧНАЯ (secondary prevention), кайталанма профилактика** – курч сезгеничтин өтүшүп кетишин кыйла азайтуу жана жок кылуусу, ал дарттарды алдын ала аныктоо жолдору, мисалы, бейтапканаларда жана мектептерде скринингтесттерди өткөрүү, ал калк арасында кайсы - бир дарттын өрчүүсүн алдын ала аныктоого жардам берет.

## Р

**РАЗМИНАНИЕ (petrissage), ушалап жумшартуу** – массаждын ушалап жумшартуу ыкмасы.

**РЕАБИЛИТАЦИЯ (aftercare), реабилитация, калыбына келтирүү** – психикалык оорулуулар жана тубаса өнүгүү деффектиси барлар менен өнөкөт оору менен жабыр тарткан бейтаптарды же майыптарды дарылоо үчүн жардамчы же кошумча каражат катары узак убакыт көз салуу.

**РЕАНИМАЦИЯ (resuscitation), реанимация** – адам чукулунан өлүмгө дуушар келүүчү учурларда атайын көрсөтүлгөн жардамдык чаралар. Реанимацияны ийгиликтүү аткаруу мүмкүнчүлүгү организмдин жүрөк жана дем алуу функциясын тез кайра калыбына келтирүүдөн көз каранды болот. Кошумча караңыз: Жасалма дем алдыруу, Өпкөнүн жасалма вентиляциясы «ооздон оозго».

## С

**СЕРКЛЯЖ ЦЕРВИКАЛЬНЫЙ (cervical cerclage), цервиалдык серкляж** – мөөнөтүнөн мурда боло турган төрөттүн алдын алуу үчүн колдонулуучу ыкма. Мындай учурларда, жабык түрүндө кармалып жана мөөнөтүнөн мурда ачылып кетпеси үчүн жатын моюнчасы тигилип коюлат.

**СЕРОТЕРАПИЯ, ТЕРАПИЯ СЫВОРОТОЧНАЯ (serotherapy), серотерапия, сывороттук терапия** – жугуштуу ооруларды кандын суюк бөлүгү менен дарылоо (караңыз: Иммунндук сыворотка).

**СЛУЖБА ОХРАНЫ ТРУДА (occupational health service, OHS), эмгекти коргоо кызматы** – жумушчулардын иш убагындагы байкоону аткаруучу уюм. Атайын медициналык билими бар доктурлар жана мед айымдар кырсык болуп кеткен учурда жумушчуларга алгшачкы медициналык жардам көрсөтө алышат, жана ошондой эле башталып келе жаткан дартты диагностикалоого жардам беришет.

**СЛУЖБА ПЕРВОЙ ПОМОЩИ (primary health care), биринчи баскычтагы жардам кызматы** – дарыланууга муктаж пациент менен алгачкы байланышы бар врач же фельдшер тарабынан көрсөтүлө турчу медициналык жардам. Биринчи жардам кызматынын курамына стоматологиялык, офтальмологиялык жана фармацевттик кызматтар кирет (кошумча караңыз: Коомдук саламматыкты сактоо). Салыштыруу үчүн: Экинчи баскычтагы (адистештирилген) жардам кызматы, Үчүнчү баскычтагы (жогорку адистештирилген) жардам кызматы.

**СОЛЯРИЙ (solarium), солярий** – денени күнгө күйгүзүүчү, күн ваннасын алууга ылайыкталган жай.

**СОСКАБЛИВАНИЕ ГРАНУЛЯЦИИ (grattage), грануляцияны кыруу** – жай айыгуучу жараттан грануляциялык тканды тазалоо же кыруу. Бул ыкма трахоманы дарылоодо колдонулат.

**СПРИНЦЕВАНИЕ ОБОДОЧНОЙ КИШКИ (colonic irrigation), жээк сымал ичегини жууп тазалоо** – самын кошулган суу эритмеси менен же анысы жок дарылык заттардын жардамы менен жоон ичегинин ичинде болгондун баарын жууп тазалап чыгуу.

## Т

**ТАЛАССОТЕРАПИЯ (thalassotherapy), МОРЕЛЕЧЕНИЕ, талассотерапия, деңиз дарылоосу** – деңизге кириңүү, анын климаттык шарттарын колдонуп дарылануу.

**ТАРЗОПЛАСТИКА (tarsoplasty), тарзопластика** – хирургическая операция по восстановлению или реконструкции века. Караңыз: Блефаропластика.

**ТЕРАПИЯ АДЪЮВАНТНАЯ, ТЕРАПИЯ ВСПОМОГАТЕЛЬНАЯ (adjuvant therapy), адъюванттык терапия, көмөк көрсөтүүчү терапия** – баштапкы шишикти хирургиялык жол менен алып салып же радиотерапиядан өткөргөн соң, анын организминде кездешкен микрометастаздардын натыйжасында кайрадан кайталанбоосу үчүн оорулуну цитотоксикалык дары каражаттары менен дарылоо. Салыштыруу үчүн: Неоадъюванттык химиотерапия.

**ТЕРАПИЯ ЛЕКАРСТВЕННАЯ (medication), дарылык терапия** – ооруну дарылоо же алдын алуу үчүн колдонула турган ар кандай дары каражаттары же препарат. Оорулуу адамды дары - дармек менен дарылоого алуу.

**ТЕРАПИЯ МИКРОВОЛНОВАЯ (microwave therapy), микротолкундуу терапия** – диатермиянын бир түрү, мында кыска узундуктагы электромагниттик толкундар колдонулат.

**ТЕРАПИЯ ОРАЛЬНАЯ РЕГИДРАТАЦИОННАЯ (oral rehydration therapy, ORT), ооз регидратацияндук терапия** – изотоникалык суу эритмесин колдонуу, курамына ар кандай натрийдин туздары, калийдин хлориди жана глюкоза киришет, алар курч ич өтүүнү дарылоодо колдонулат. Атайын клиникалык колдонуу үчүн препараттарга диоралит (Dioralyte) жана регидрат (Rehidrat) киришет.

**ТЕРАПИЯ СКЛЕРОЗИРУЮЩАЯ (sclerotherapy), склерозацияланган терапия** – тамырлардын варикоздук кеңейишин склерозацияланган эритмени куюуу жолу менен дарылоо ыкмасы.

**ТЕРАПИЯ ЭЛЕКТРОКОНВУЛЬСИВНАЯ (ЭКТ), ЭЛЕКТРОШОК (electro-convulsive therapy (ECT)), Электроконвульсивдик терапия (ЭКТ), электрошок** – анык депрессияны дарылоо ыкмасы (кээде шизофренияны жана манияны).

**ТЕРМОКОАГУЛЯЦИЯ (thermocoagulation), термокоагуляция** – коагуляция жана термокаутердин жардамы менен ткандарды талкалоо.

**ТЕРМОТЕРАПИЯ (thermotherapy), термотерапия** – жылуулукту ар түрдүүчө дарылоого колдонуу. Ошентип, диатермиянын жардамы менен тканда же органда жылуулукту генерациялоо мүмкүн болот.

**ТОРАКОПЛАСТИКА (thoracoplasty), торакопластика** – арткы кабыргалардын бир нечесин үстүнөн төмөн карай бир карышча аралыкта алып таштоочу операция. Бул өпкөнү кысуу максатында жасалат.

**ТРАНСИЛЛЮМИНАЦИЯ, ДИАФАНОСКОПИЯ (transillumination), трансиллюминация, диафаноскопия** – дененин структуралык түзүлүшүн изилдөө үчүн дененин кайсы бир бөлүгүн жарыктандыруу ыкмасы колдонулат жана андагы богон аномалияларды аныктоого жардам берет.

**ТРАНСФУЗИЯ (transfusion), трансфузия** – 1. Дени сак адамдан (донордон (donor)) пациентке (реципиентке (recipient)) кан куюу. Мындай процедураны аткаруу керектиги, көпчүлүк убакта ар кандай жаракаттарда жана дарттарда, көп кан жоготуу мезгилде же кандын курамынын бузулушунда колдонуу зарыл болот. 2. Кайсы бир суюктукту мисалы, плазма же туз эритиндисин оорулуунун тамыры аркылуу куюу.

**ТУРНИКЕТ (tourniquet), турникет** – катуу кансыроодо канды токтотуу максатында артерияны кысуу максатында колдонулуучу атайын аспап.

## У

**УКРЕПЛЕНИЕ ЗДОРОВЬЯ (health promotion), ден соолукту чыңдоо** – кайсы бир коом мүчөлөрүнүн саламаттыгын сактоо максатында коомдук негизде түзүлүүчү программа. Программа өз кучагына санитардык билимди жогорулатуу, калкты иммундаштыруу, скрининг-тест, ошондой эле аба, турак жай, суу, тамак азыктарынын сапаты жана өндүрүштөн чыккан зыяндуу калдыктарга көзөмөлдүк кылуу иш - аракеттерин камтыйт (караңыз: Ишканада медициналык профилатикалык кызмат).

**УПРАЖНЕНИЯ ИЗОМЕТРИЧЕСКИЕ, НАГРУЗКА ФИЗИЧЕСКАЯ ИЗОМЕТРИЧЕСКАЯ (isometric exercises, isometrics), изометриялык дене көнүгүүлөрү, изометриялык кара күч жумшоо** – булчундардын изометриялык жыйрылуусуна (isometric contraction) негизделген көнүгүүлөр жыйындысы. Мындай жыйрылуу кайсы бир жумушту аткаруу үчүн булчуң талчаларынын жыйрылып баштаган учурунда байкалат, бирок чоң күч жумшалганына карабастан алар узарып кетишпейт.

## Ф

**ФИЗИОТЕРАПИЯ (physiotherapy), физиотерапия** – оорулуну физикалык өзгөрүштөр жана ыкмалар менен дарылоо. Бул ыкмаларга жарыкты, инфракызыл жана ультракызыл нурларды, жылуулукту, электр тогун пайдалануу, ошондой эле укалоо, сакайтуучу дене көнүгүүлөрү кирет.

**ФОТОХЕМОТЕРАПИЯ (PUVA, photochemotherapy), фотохемотерапия** – жарык сезүүчү дарылык зат псорален (psoralen) менен айкалышууда, жабыркаган аймактрады ультрасыя нурлар менен чоң узундуктагы толкундар (315–400 нм) менен нурландандыруу, ал негизинен псориазды жана башка дарттарды дарылоодо колдонулат.

**ФУЛЬГУРАЦИЯ (fulguration, electrodesiccation), фульгурация** – диатермикалык аспаптардын жардамы менен сөөлдөрдү, сыртки өсүштөрдү, ашыкча ткандарды, өзгөчө табарсыктын ичиндеги өсүштөрдү бузуп алып салуу.

**ФУМИГАЦИЯ, ОКУРИВАНИЕ (fumigation), фумигация, ыштатуу** – дезинфекциялоочу газ же буу. Жугуштуу нерседеги ыштоо жолу.

## Х

**ХЕЙЛОПЛАСТИКА (cheiloplasty), хейлопластика** – жабыркануудан кийин же деформациядан кийин эриндерди хирургиялык жол менен кайра калыбына келтирүү. Караңыз: Лабиопластика.

**ХИМИОТЕРАПИЯ (chemotherapy), химиотерапия** – пайда болгон дарт эмнеден пайда болгондугуна карабастан, химиялык заттардан даярдалган дарылар менен дарылоо.

**ХИРОПРАКТИКА (chiropractic), хиропрактика** – колдун жардамы аркасында ар кыл ооруларды, айрыкча, омуртка сөөгүн дарылоо ыкмасы. Сөөктөрдүн туура эмес жайгашуусунун натыйжасында бүтүндөй организмдеги нерв жана булчуң функциялары бузулат деген ишенимге негизделген.

**ХОЛЕЛИТОТОМИЯ (chalelithotomy), холелитотомия** – холецистотомия убагында өттөн таштарды алып чыгаруу.

# Э

**ЭКССУФЛЯЦИЯ** (**exsufflation**), **экссуфляция** – атайын сордургуч аркылуу дем алуу жолдорунан секретти мажбурлап алып салуу.

**ЭЛЕКТРОКАУТЕР** (**electrocautery**), **электрокаутер** – электр тогу аркылуу ысытыла турган атайын ийне же илмектин жардамы менен оорулуу же ашыкча тканды талкалап жоготуу. Бул ыкманын жардамы аркасында сөөл, ыйлаакча (полип) жана башка өсүштөрдү күйгүзүп жоготууга болот.

**ЭЛЕКТРОНАРКОЗ** (**electronarcosis**), **электронаркоз** – белгилүү күчтөгү электрдик токту жибергенде адамдын жана айбандардын эч нерсени сезбей калган учуру.

**ЭЛЕКТРОСТИМУЛЯЦИЯ НЕРВА ЧРЕСКОЖНАЯ** (**transcutaneous electrical nerve stimulation, TENS**), **тери аркылуу нервди электростимуляциялоо** – токтун жеңил импулсунун таасири менен дененин кайсы бир бөлүгүндөгү ткандагы ооруну азайтууда колдонулат. Мындай тери аркылуу нервди электростимуляциялоо негизинен ревматикалык ооруларды азайтууда, акушерстводо да кеңири колдонулат.

**ЭЛЕКТРОТЕРАПИЯ** (**electrotherapy**), **электротерапия** – кайсы бир тканда жайгашкан нерв жана булчуңдарды аракетке келтирүү үчүн электр тогун жиберүү. Бул ыкма кайсы бир нерв же булчуң оорусунун натыйжасында келип чыккан паралич формаларынан жабыр тарткан бейтаптын булчуң абалын жакшыртуу үчүн колдонулат. Кошумча караңыз: Фарадизм, Гальванизм.

**ЭМБОЛИЗАЦИЯ** (**embolization**), **ЭМБОЛИЗАЦИЯ ТЕРАПЕВТИЧЕСКАЯ** (**therapeutic embolization**), **эмболизация, терапевтикалык эмболизация** – артериянын үзүлүшүндө коркунуч туудурган шишиктерде, ангиодисплазияда, тубаса артериовеноздук мальформацияда кан тамырлардын толук оклюзиясы же жылчыкты азайтуу үчүн түрдүү заттарды куюуу.

**ЭПИЛЯЦИЯ** (**epilation**), **эпиляция** – чачтагы дарттан арылтуу үчүн чачты искектеп жулуу. Эпиляция механикалык түрдө болушу мүмкүн же электролиздин жардамы менен.

# ЛОГОПЕДИЯ



## Д

**ДИСЛАЛИЯ (dyslalia), дислалия** – адамдын кээ бир тамгаларды тили келип айта албоосу, сөз сүйлөө тартибинин бузулуусу. Дислалия балдарда болгон речтин дефектисинин мүнөздүү белгиси болуп саналат, алар кичине кезинен афазия менен оорушат.

**ДИСЛОГИЯ (dyslogia), дислогия** – өз ара байланышпаган кеп. Деменция, афазия, олигофрения жана башка психикалык ооруларда жолугат.

**ДИСФОНИЯ (dysphonia), дисфония** – үндүн бузулушу. Кекиртек, алкым, тил же ооз көңдөйүндөгү ар кыл оорулар. Психогендик жабыркоолордон улам келип чыгуусу да мүмкүн. Салыштыруу үчүн: Дизартрия, Афазия.

## З

**ЗАИКАНИЕ (stammering, stuttering), кекечтенүү** – кептин улам-улам үзгүлтүккө учурашы жана сөз же муундардагы баштапкы үнсүздөрдү кайталап айтуу. Кекечтенүү алгач ирет бала кезден башталат. Психологиялык стресс учурунда адамдын кекечтенүүсү күч алат. Кекечтенүү кайсы бир органикалык оору синдрому болбогондуктан логопеддин кийлигишүүсүнөн кийин бир кыйла оңолот. Медициналык аталышы: дисфемия (dysphemia). – Кекечтенүү менен ооруган адам (stammerer).

## Л

**ЛАЛЛЯЦИЯ (lollation, lalling), лалляция** – 1. Сүйлөө речинин бузулушу, кичекей балдардай сүйлөө. 2. Сүйлөп жатканда бир үнсүз тыбышты башка үнсүз тыбыш менен алмаштырып сүйлөө.

**ЛАРИНГОЛОГИЯ (laryngology), ларингология** – медициналык илимдин кулактын, көмөкөйдүн түзүлүшүн жана кулак тамак ооруларын изилдей турган тармагы.

**ЛОГОПЕДИЯ (logopaedics), логопедия** – сөздү туура айта албагандарды дарылоочу илим; речь терапиясы.

**ЛОГОПЕДИЯ (speech therapy), логопедия** – речтин бузулушу менен бейтаптарды реабилитациялоо, бул бузулуштар кайсы-бир тубаса кемчиликтен өрчүйт, болгон кырсыктан же дарттын кесепетинен (мисалы, инсульттан кийин).

**ЛОГОРЕЯ (logorrhoea), логорея** – туруктуу эмес, көпчүлүк убакта мааниси жок сүйлөө, мания менен ооруган адамдарда кездешет.

## П

**ПАЛИЛАЛИЯ (palilalia), палилалия** – бир сөздү көп жолу кайталай берген оорулуу. Бул көбүнчө жүлүндүн оорусунда байкалат. Палилалия, башка тартылыш, былкылдоо (тик) оорулардын түрүндөй, Жиль де ла Туретт синдрому, энцефалит менен ооругандарда да көп кездешет.

**ПАЛИФРАЗИЯ (paliphrasia), палифразия** – кээ бир сөздөрдү кайталоо. Кекечтенүүнүн түрүнө кирет.

**ПАРАФАЗИЯ, парафазия** – психикалык оорусундагы ар түрлүү сүйлөп, жаңы сөз таап айтуусу. Речтин бузулушу, ал сүйлөп жаткан мезгилде, кокус үндөрдүн, сөздөрдүн же сүйлөмдү айтп жиберүү. Адамда парафразиянын күчөп калган даражасында, сүйлөө речи маанисиз сөздөрдүн же үндөрдүн тобун түзүп калат; мындай абалды жаргондук афазия (jargon aphasia) деп аташат.

**ПСЕЛЛИЗМ (psellism), пселлизм** – кээ бир үнсүз тыбыштарды так айта албоо жана таларды башка тыбыштар менен алмаштырып айтуу. Мисалы, кекечтенүүдө.

# МЕДИЦИНСКАЯ ЛЕКСИКА



# А

**АБ- (ab-), аб-** – бир нерседен тышкары жайгашуучу дегенди түшүндүрөт. Мисалы, абэмбриондук (abembryonic) – түйүлдүктөн сырткары же анын каршысында дегенди түшүндүрөт.

**АБДОМИН-, АБДОМИНО- (abdomin-, abdomino-), абдомин-, абдомино-** – ич көңдөйү менен байланыштуу. Мисалы, абдоминалгия (abdominalgia)-ич оорусу дегенди түшүндүрөт; абдоминоторакалдык (abdominothoracic) - ич көңдөйүнө жана көкүрөк көңдөйүнө тиешеси бар.

**АД- (ad-), ад-** – жакын жерде жайгашууну түшүндүрөт. Мисалы, адаксиалдык (adaxial) - негизги окко багытталган; адоралдык (adoral) – ооздун жанында же тегерегинде жайгашкан.

**АДЕН- (aden-), АДЕНО- (adeno-), аден-, адено-** – без түшүнүгү. Мисалы, аденалгия (adenalgia) – бездин оорушу; аденогенезис (adenogenesis) - бездин калыптанышы; аденопатия (adenopathy) – бездин сезгениши.

**АЗО- (azo-), АЗОТО- (azoto-), азо-, азото-** – затта азот кошулмасы бар экендигин туюндуручу сөз, мисалы, заара. Мисалы, азотермия (azothermia) – канда азот бар болуучу заттардын болушу дененин температурасынын жогорулашынын себеби болот.

**АНГИ- (angi-), АНГИО- (angio-), анги-, ангио-** – кан же лимфа тамырларына карата колдонулат. Мисалы, ангиоэктазия (angiectasis) - кан тамырдын бөтөнчө жоонооп кетиши; ангиопатия (angiopathy) – кан тамырдын сезгениши; ангиотомия (angiotomy) - кан тамырды жара тилүү.

**АНДР-, АНДРО- (andr-, andro-), андр-, андро-** – эркекке тиешеси бар сөз. Мисалы, андрофобия (androphobia) – эркектерден оорулук коркуусу.

**АНТЕ- (ante-), анте-** – иш-аракеттин бир нерсенин алдында, убакыттын кайсы бир ченемине чейин болуп өткөндүгүн көрсөтүүчү сөз. Мисалы, антенаталдык (antenatal) – төрөлгөнгө чейин.

**АНТРОП- (anthrop-), АНТРОПО- (anthropo-), антроп-, антропо-** – кишиге тиешелүү болгон сөз. Мисалы, антропогенез (anthropogenesis) же антропогения (anthropogeny) – адамдын пайда болушу жана өрчүшү; антропоиддик (anthropoid) – формасы жана түзүлүшү боюнча адамга окшош; антропология (anthropology) – адамдын түр катары өрчүү жөнүндө илим.

**АРТЕРИО- (arter-, arteri-, arterio-), артерио-** – артерияга тиешеси бар сөз. Мисалы, артериопатия (arteriopathy) – артерияларды жабыркаган дарт; артериорафия (arteriorrhaphy) – артерияларды тигүү; артериовеналык (arteriovenous) – веналарга жана артерияларга тиешеси бар.

**АРХЕ- (arch-, arche-, archo-), АРХИ- (archi-), архе-, архи-** – биринчи, примитивдүү, тукум кууган дегенди түшүндүргөн сөз. архинефрон (archinephron) – түйүлдүктүн алгачкы бөйрөгү.

**АТЕЛ- (atel-), АТЕЛО- (atelo-), ател-, ател-о** – толук эмес же анча өрчүүнү түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, ателэнцефалия (atelencephaly) – баш мээнин өрчүбөстүгү; ателокардия (atelocardia) – тубаса жүрөк оорусу.

**АТРИ- (atri-), АТРИО- (atrio-), атри-, атрио-** – көңдөйгө, коңулга, өзгөчө жүрөк алдына тиешеси бар сөз. Мисалы, атриовентрикулярдык (atrioventricular) – жүрөк ортосуна же жүрөк карынчасына тиешелүү.

**АУДИ- (audi-), АУДИО- (audio-), ауди-, аудио-** – угууга тиешеси бар сөз же адамды үн менен курчагандыкты. Мисалы, аудиология (audiology) – угуу органдарынын ооруларын окутуучу медицинанын бөлүмү; аудиометр (audiometer) – ар кандай тездиктеги угуунун чегин аныктоочу аспап; адамдын дүлөйлүгүн изилдеп аныктоочу аспап.

**АУКС- (aux-), АУКСО- (auxo-), аукс-, ауксо-** – чоңоюууну, бойду түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, ауксокардия (auxocardia) – жүрөктүн дилатациясы.

**АУТ- (aut-), АУТО- (auto-), аут-, ауто-** – туюндуруучу сөз, ал өзүнөн-өзү кыймылдарды аткарат дегенди түшүндүрөт. Мисалы, аутокинез (autokinesis) – өзүнөн-өзү пайда болуучу кыймылдар.

**АХРОМАТИЧНЫЙ (achromatic), ахроматикалык** – түссүз.

**АЭР- (aer-), АЭРО- (aero-), аэр-, аэро-** – газдын же абанын болушун билдирүүчү сөз. Мисалы, аэрогастрия (aerogastria) – ашказанда газдардын болушу; аэрогенез (aerogenesis) – газдын бөлүнүп чыгышы.

## Б

**БАЗОФИЛИЯ (basophilia), базофилия** – 1. Ткандардын жана клеткалардын негизги боёгу деп аталган боёкко чымкый боёлушу. 2. Нормадан тышкары канда базофилдердин санынын жогорулашы; ал адамда дарттын болушун айгинелейт.

**БАЗОФИЛЬНЫЙ (basophilic), базофилдик** – ткандык компоненттерди түшүндүрөт, алар оңой эле негизги боёткучтар менен боёлушат: базофилиянын көрсөткүчү.

**БАКТЕРИ- (bacteri-), БАКТЕРИО- (bacteria-), бактери, бактерио** – бактерияларга тиешеси бар сөз. Мисалы, бактериолиз (bacteriolysis)- бактериалдык клеткалардын талкаланышы.

**БИ- (bi-), би** – эки дегенди түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, бицилиаттык (biciliate) – эки кирпикчеси бар; бинуклеарный (binucleate) – эки ядросу бар.

**БИЛАТЕРАЛЬНЫЙ (bilateral), билатералдуу** – эки жак, эки тараптуу. Организмдеги дарт же жөнөкөй эле өзгөрүүлөр дененин эки жагынан же эки капталынан орун алышында колдонулуучу термин. Анатомияда – дененин, ткандын же органдын эки жагына тең тиешеси бар же анын жупуну органдарына таасир эткен (мисалы, көздөр, эмчек бездери же тукум бездери).

**БИЛИ- (bili-), били** – өткө тиешелүү сөз.

**БИО- (bio-), био** – жашоо-тиричиликке же жандуу, тирүү организмдерге тиешеси бар байланышты билдирүүчү сөз. Мисалы, биосинтез (biosynthesis) – кандайдыр бир кошундунун тирүү организмде жаралышы.

**БЛАСТО- (blasto-), бласто** – түйүлдүк клеткалар менен же эмбрионго тиешеси бар сөз. Мисалы, бластогенез (blastogenesis) – эмбриондун баштапкы этабында өрчүүсү.

**БЛЕНН- (blenn-), БЛЕННО- (blenno-), бленн-, бленно-** – былжырга тиешеси бар сөз. Мисалы, бленнорагия (blennorrhagia) – былжырлуу суюктуктун өтө көп бөлүнүшү.

**БЛЕФАР- (blephar-), БЛЕФАРО- (blepharo-), блефар-, блефаро-** – көз сурмасына тиешелүү сөз. Мисалы, блефаротомия (blepharotomy) – көз сурмасын хирургиялык жол менен кесүү.

## В

**ВАГИН- (vagin-), ВАГИНО- (vagino-), вагин-, вагино-** – аялдын жыныс мүчөсүнүн ички көңдөйчөсүн түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, вагиналдык (vaginally) – аялдын жыныс мүчөсүнүн ички көңдөйчөсү аркылуу дарылык препараттарды куюуу ыкмасы.

**ВАГО- (vago-), ваго** – адашма (чаржайыт) нервге тиешелүү сөз.

**ВАЗ- (vas-), ВАЗО- (vaso-), ваз-, вазо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү бере турчу сөз: 1. Тамыр жана кан тамыр. 2. Эрендикти сыртка алып чыгуучу жолдор.

**ВЕЗИКО-** (**vesico-**), **везико-** – табарсыкка тиешелүү сөз. Мисалы, везиковагиналдык, уретровагиналдык (vesicovaginal) – табарсыкка жана кынга тиешеси бар.

**ВЕНТРИКУЛ-** (**ventricul-**), **ВЕНТРИКУЛО-, ЖЕЛУДОЧКОВО-** (**ventriculo-**), **вентрикул-, карынча вентрикулалык** – карынчаны (мээ же жүрөк) түшүндүрүүчү сөз.

**ВЕНТРО-** (**ventro-**), **вентро-** – 1. Вентралдык. 2. Ич көңдөйүн түшүндүрөт.

**ВЕНЭ-** (**vene-**), **ВЕНО-** (**veno-**), **венэ-, вено-** – веналар жөнүндө сөз.

**ВИСОЧНО-** (**temporo-**), **чыкый** – 1. Чыкыйды түшүндүрүүчү сөз. 2. Мээ кыртышынын чыкый үлүшү.

**ВИСЦЕРО-** (**viscero-**), **висцеро** – ички органдарды түшүндүрүүчү сөз.

**ВНУТРИ-, ИНТРА-** (**intra-**), **ички-, интра-** – бир нерсенин ичинде жайгашкандыкты түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, ички үлүштүк (intralobular) – кайсы-бир үлүштүн ичинде жайгашкан; жатын ичиндеги (intrauterine) – жатын ичинде жайгашкан.

**ВОЗ** (**WHO**), **ОРГАНИЗАЦИЯ ЗДРАВООХРАНЕНИЯ ВСЕМИРНАЯ** (**World Health Organization, WHO**), **Бүткүл Дүйнөлүк Саламаттыкты сактоо Уюму (БСУ)** – тиешелүү уставы менен макул болгон өлкөлөрдүн бардыгы мүчө боло ала турган эл аралык уюм. Саламаттык сактоо тармагындагы ар кыл көйгөйлүү маселелер белгилүү окумуштуулар чакырылган отурумдарда талкууга алынат. БСУ Эл аралык оорулардын классификаторунда жарыялоо менен дүйнө өлкөлөрүндө сөзсүз түрдө каттоого алына турган оорулар жөнүндө маалымат берет, 194 мамлекет - мүчөлөрүнөн турат, алардын негизги функциясына жер бетиндеги калктын саламаттыгын сактоо боюнча маселелерди кароо жатат. Ал 1948 - жылы Швейцариядагы Женева штаб-квартирасында негизделген.

**ВРАЧ** (**physician**), **доктур** – медицинадагы лицензияланган практик, түрдүү дарттарды диагностикалап дарылоочу адис.

## Г

**ГАЛАКТ-** (**galact-**), **ГАЛАКТО-** (**galacto-**), **галакт-, галакто-** – 1. Сүт деген маанини түшүндүрөт-сүттүн секрециясы, лактация. Сүт. Мисалы, галактоз (galactosis) – сүттүн секрециясы, лактация. 2. Галактоза.

**ГАМО-** (**gamo-**), **гамо** – брак, дегенди туюндуруучу сөз.

**ГАНГЛИ-** (**gangli-**), **ГАНГЛИО-** (**ganglio-**), **гангли-, ганглио-** – ганглийди түшүндүрүүчү сөз.

**ГАПТ-** (**hapt-**), **ГАПТО-** (**hapto-**), **гапт, гапто** – тийүү дегенди түшүндүргөн сөз.

**ГАСТР-** (**gastr-**), **ГАСТРО-** (**gastro-**), **гастр, гастро** – ашказан деген маанини түшүндүрөт. Мисалы, гастралгия (gastralgia) – ашказандагы оору; ашказандык – жээк сымал (gastrocolic) - ашказанга жана жээк сымал ичегиге тиешелүү.

**ГАСТРОЭНТЕРОЛОГИЯ** (**gastroenterology**), **гастроэнтерология** – ичеги-карындын аткарган кызматын жана оорусун изилдөөчү медициналык илимдин тармагы. Буга: бардык тамак сиңирүү тракты, боор, өт жолдору жана карын алдындагы без оорулары кирет.

**ГЕКС-** (**hex-**), **ГЕКСА-** (**hexa-**), **гекс, гекса** – алты түшүнүгүн берүүчү жардамчы мүчө.

**ГЕКТО-** (**hecto-**), **гекто** – жүз деген маанини түшүндүрөт.

**ГЕЛИО-** (**helio-**), **гелио** – күн түшүнүгүн берүүчү жардамчы мүчө.

**ГЕЛЬМИНТОЗЫ** (**helminthiasis**), **гельминтоздор** – бул оорулардын тобу, алар гельминт – мите курттары менен туудурулат. Алардын негизгилери: аскаридоз, трихинеллез, трихоцефалез, описторхоз.

**ГЕМ-** (**haem-**), **ГЕМА-** (**haema-**), **ГЕМО-** (**haemo-**),**ГЕМАТО-** (**haemat(o)-**), **гем, гема, гемо, гемато** – кан түшүнүгүн берүүчү сөз. Мисалы, гематогенез (gaematogenesis) – организмдеги кандын жаралуусу; гемофобия (haemophobia) – кандан коркуу.

**ГЕМИ- (hemi-), геми-** – медицинада дененин оң жана сол бөлүгүн түшүндүрөт. Мисалы, гемианестезия (hemianaesthesia) – дененин бир жак бөлүгүнүн анестезиясы.

**ГЕНИ- (geni-), ГЕНИО- (genio-), гени-, генио-** – ээк түшүнүгүн туюндура турчу сөз.

**ГЕНИТО- (genito-), генито** – тукум чыгаруучу органдарга тиешелүү сөз. Мисалы: генитопластика (genitoplasty) – репродуктивдик органдардын пластикалык жол менен калыбына келтирүү.

**ГЕО- (geo-), гео** – жер же жер кыртышын түшүндүрө турган сөз.

**ГЕПАТ- (hepat-), ГЕПАТО- (hepato-), гепат-, гепато-** – боор түшүнүгүн бере турчу сөз. Мисалы, гепатопексия (hepatopexy) – боорду хирургиялык жол менен ич көңдөйүнүн бетине жалгоо.

**ГЕПТ- (hept-), ГЕПТА- (hepta-), гепт-, гепта-** – жети түшүнүгүн бере турчу жардамчы сөз.

**ГЕР- (ger-), ГЕРО- (gero-), ГЕРОНТО- (geront(o)-), гер-, геро-, геронто-** – улгайган курак түшүнүгүн бере турчу сөз.

**ГЕТЕР- (heter-), ГЕТЕРО- (hetero-), гетер-, гетеро-** – бир нерсе менен окшобостукту түшүндүрүүчү сөз.

**ГИАЛ- (hyal-), ГИАЛО- (hyalo-), гиал-, гиало-** – жылмакай, тунук түшүнүгүн туюндуруучу сөз: 1. Жылмакай, тунук. 2. Гиалин. 3. Көздүн айнек сымал денечеси.

**ГИГР- (hygr-), ГИГРО- (hygro-), гигр-, гигро-** – нымдуулук дегенди түшүндүргөн сөз.

**ГИДР- (hidr-), ГИДРО- (hidro-), гидр-, гидро-** – тер түшүнүгүн бере туруучу сөз. Мисалы, гидропоэз (hidropoiesis) – тердин жаралышы.

**ГИН- (gyn-), ГИНО- (gyno-), ГИНЕКО- (gynaec(o)-), гин-, гино-, гинеко-** – аял организмин же аялдардын репродуктивдик органдарын түшүндүрүүчү сөз.

**ГИНГИВ- (gingiv-), ГИНГИВО- (gingivo-), гингив-, гингиво-** – тиш этин түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, гингивопластика (gingivoplasty) – тиш этин пластикалык ыкма менен калыбына келтирүү.

**ГИО- (hyo-), гио-** – тил астындагы сөөкө тиешелүү сөз. Мисалы, гиоглоссалдык (hyoglossal) - тилге же тил астындагы сөөккө тиешелүү.

**ГИП- (hyp-), ГИПО- (hypo-), гип-, гипо-** – туюндуруучу сөз: 1. Жетишсиздик (дефицит), бир нерсенин жетишсиздиги жана кичи көлөм. Мисалы, гипогнатикалык (hypognathous) – алдынкы жаактын туубаса оорусу: алдынкы жаактын адаттан тышкары кичине болуусу. 2. Анатомияда – бир нерсенин алдындагы. Мисалы, гипоглоссалдык (hypoglossal)-тилдин алдындагы.

**ГИПЕР- (hyper-), гипер** – туюндуруучу сөз: 1. Ашыкча; адаттан тышкары бийик. 2. Анатомияда - бир нерсенин үстүндөгү.

**ГИПЕРТЕРМИЯ, ПЕРЕГРЕВАНИЕ ОРГАНИЗМА (hyperthermia, hyperthermy), гипертермия, организимдин өтө ысып кетиши** – 1. Дененин өтө ысышы (41 °С жогору). Караңыз: Безгек. Денеде жылуулук пайда болуу процесси өтө күчөп, жылуулукту чыгаруу процессинин начарлоосу. 2. Дартты, организмди жасалма түрдө жылытуучу дарылоо ыкмасы. Салыштыруу үчүн: Гипотермия.

**ГИПОПЕРФУЗИЯ (hypoperfusion), гипоперфузия** – бул өтө начар микроциркуляция, белгилүү органда жетишээрлик эмес кан камсыздоосу: баш мээде, бөйрөктө ж.б. Гипоперфузия некротикалык процесстерге алып келиши мүмкүн (ткандардын некротизациясына).

**ГИПОТЕЗА НАЧАЛЬНАЯ (null hypothesis), баштапкы гипотеза** – караңыз: Негиздүүлүк.

**ГИР- (gyr-), ГИРО- (gyro-), гир-, гиро-** – туюндуруучу сөз: 1. Буткул. 2. Шакек же тегерек.

**ГИСТ-** (**hist-**), **ГИСТИО-** (**histio-**), **ГИСТО-** (**histo-**), **гист-, гистио-, гисто-** – ткань дегенди түшүндүргөн сөз.

**ГИСТЕР-** (**hyster-**), **ГИСТЕРО-** (**hystero-**), **гистер-, гистеро-** – туюндуруучу сөз: 1. Жатын. 2. Истерия.

**ГИФЕДОНИЯ** (**hyphedonia**), **гифедония** – сексуалдык жактан канагаттануунун нормага караганда азайышы же алсырашы.

**ГЛИ-** (**gli-**), **ГЛИО-** (**glio-**), **гли-, глио-** – туюндуруучу сөз: 1. Глий. 2. Жабышкак зат.

**ГЛИК-** (**glyc-**), **ГЛИКО-** (**glyco-**), **глик-, глико-** – кант дегенди түшүндүрөт.

**ГЛОСС-** (**gloss-**), **ГЛОССО-** (**glosso-**), **глосс-, глоссо-** – тил дегенди түшүндүргөн сөз. Мисалы, глоссофарингеалдык (glossopharyngeal) – тилге же кулкунга тиешелүү; глоссопластика (glossoplasty) – тилди пластикалык жол менен калыбына келтирүү.

**ГЛЮК-** (**gluc-**), **ГЛЮКО-** (**gluco-**), **глюк-, глюко-** – глюкоза дегенди түшүндүрөт. Мисалы, глюкозурия (glucosuria) – глюкозанын заара менен өтө көп бөлүнүп чыгышы.

**ГНАТ-** (**gnath-**), **ГНАТО-** (**gnatho-**), **гнат-, гнато-** – жаак дегенди билдирүүчү сөз. Мисалы, гнатопластика (gnathoplasty) – жаактын пластикалык жол менен калыбына келтирүүсү.

**ГОЛО-** (**holo-**), **голо-** – толук же бүтүн дегенди түшүндүрүүчү сөз.

**ГОЛОКРИНОВЫЙ** (**hoiocrine**), **голокриндүү** – секрециянын түрү же бездерди мүнөздөөдө колдонулуучу термин, мында без клеткалары бүтүндөй бузулат жана алардын протоплазмасы секреттин курамына кирет (мисалы, май бездер).

**ГОМЕО-** (**homeo-, homoeo-**), **гомео-** – окшош дегенди түшүндүрөт.

**ГОМО-** (**homo-**), **гомо-** – бир нерсенин бүтүндүгүн же аны менен байланышкандыгын түшүндүрүүчү сөз.

**ГОНИ-** (**goni-**), **ГОНИО-** (**gonio-**), **гони-, гонио-** – кайсы бир анатомиялык бурчту түшүндүрүүчү сөз.

**ГРАФ-** (**graph-**), **ГРАФО-** (**grapho-**), **граф-, графо-** – кол коюу дегенди түшүндүрөт.

**ГРОЗДЕВИДНЫЙ** (**racemose**), **жүзүм шагы сымал** – бул термин негизинен кайсы бир бездин секретордук бөлүгүнө тиешелүү колдонулат, ал болсо өзүндө көп сандагы майда баштыкчаларды (ацинустарды) алып жүрөт.

**ГРУДНОЙ** (**pectoral**), **көкүрөк** – көкүрөккө тиешеси бар сөз.

**ГРЫЖЕ-** (**hernio-**), **чурку** – чуркуну туюндуруучу сөз.

**ГУБЧАТЫЙ** (**cancellous**), **губка сымал** – губка сымал структурасы бар; сөөк тканына караштуу колдонулат.

## Д

**ДАКРИ-** (**dacry-**), **ДАКРИО-** (**dacryo-**), **дакри-, дакрио-** – туюндуруучу сөз: 1. Жаш агуу. 2. Жаш агуу аппараты.

**ДАКТИЛ-** (**dactyl-**), **дактил-** – кол-бут, манжалары менен байланыш түшүнүгүн берүүчү сөз. Мисалы, дактиломегалия (dactylomegaly) – манжалардын адаттан тышкары чоңойуп кетүүсү; дактилоспазм (dactylospasm) – манжалардын оору сезими коштой бүгүлүүсү.

**ДВОЯКОВОГНУТЫЙ** (**biconcave**), **эки жагынан кабырыңкы** – үстү эки жагынан тең кабырыңкы болгон. Эки жагынан тең кабырыңкы линзалар жакындан көрүүнү коррекциялоодо колдонулат. Салыштыруу үчүн: Эки жагынан томпогой.

**ДВОЯКОВЫПУКЛЫЙ** (**biconvex**), **эки жагынан томпогой** – үстү эки жагынан тең томпогой болгон. Мындай линзалар алыстан көрүүсүн коррекциялоодо колдонулат. Салыштыруу үчүн: Эки жагынан кабырыңкы.

**ДЕ- (de-), де** – туюндуруучу сөз: 1. Алып салуу же жоготуу. Мисалы, деминерализация (demineralization) – сөөктөрдөн же тиштерден минералдык заттарды жууп кетүү; деваскуляризация (devascularization) – кан камсыздоонун токтошу. 2. Өзгөрүү, аннуляциялоо.

**ДЕЙТ- (deut-), ДЕЙТО- (deuto-), ДЕЙТЕРО- (deuter(o)-), дейт-, дейто-, дейтеро-** – эки, экинчи же экиленген дегенди түшүндүрүүчү сөз.

**ДЕК- (dec-), ДЕКА- (deca-), дек-, дека-** – он дегенди түшүндүрүүчү сөз.

**ДЕМИ- (demi-), деми-** – жарым дегенди түшүндүрүүчү сөз.

**ДЕНТ- (dent-), ДЕНТИ- (denti-), ДЕНТО- (dento-), дент-, денти-, денто-** – тиштер менен болгон байланыш түшүнүгүн берүүчү сөз. Мисалы, тиш - жаактык (dentoalveolar) – тиш жана жаака тиешелүүлүк.

**ДЕОНТОЛОГИЯ (deontology), деонтология** – догдурдун өздүк этикасын, жүрүм-турумун, анын оорулуу адамга карата жасаган мамилесин окуп изилдөөчү илим. Медициналык деонтология, догдурдун бейтапка жана догдурдун догдурга карата жасаган мамилесин, пациенттин айыкпай турган дартка чалдыкканын айтуунун канчалык зарылчылыгы бар экендигин изилдеп окутат. Мунун өзү медицинада айтылуу Гиппократ тарабынан иштелип чыккан этикалык нормалардын жыйындысы (Гиппократтын анты) катары белгилүү.

**ДЕРМ- (derm-), ДЕРМА- (derma-), ДЕРМО- (dermo-), ДЕРМАТО- (dermat(o)-), дерм-, дерма-, дермо-, дермато-** – териге тиешеси бар сөз.

**ДЕРМАТОГЛИФИКА (dermatoglyphics), дерматоглифик** – буттун жана колдун бармактардагы, манжалардагы алакандардагы жана тамандардагы мүнөздүү оюу чийимдер жөнүндө илим. Дерматоглифика криминалогияда чоң жардамын көрсөтөт, ошондой эле антропологдордо чоң кызыгууну туудурат. Кошумча караңыз: Манжалардын издери.

**ДЕЦИ- (deci-), деци-** – ондун бир бөлүгү деген мааниде.

**ДЖОУЛЬ (joule), джоуль** – СИ системасындагы энергиянын же иштин бирдиги. Электр тармагында джоуль, 1 секунд ичинде 1 Ом каршылыгы аркылуу өтүүчү электр тогунун ишин аныктайт. Белгилениши: Дж. Кошумча караңыз: Калория.

**ДИ- (di-), ди-** – эки же экиленген дегенди түшүндүрөт.

**ДИА- (dia-), диа-** – туюндуруучу сөз: 1. Аркылуу. 2. Бүтүндөй же баардык жерде. 3. Тышкары.

**ДИАГНОСТИКА ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНАЯ (differential diagnosis), дифференциалдык дарт аныктоо** – ар кыл оорулар менен коштолуучу объективдүү жана/же субъективдүү белгилер (симптомдор) боюнча ден соолук абалын текшерүү.

**ДИАСТОЛА (diastole), диастола** – жүрөктүн булчуңу бошоңдоодон анын ичине кан толуучу учур. Кошумча караңыз: Кан басымы, Систола. – Диастоликалык (diastolic).

**ДИНА (dyne), дина** – күчтүн бирдиги, ал 1 грамм дененин массасына теңелүүчү күчкө барабар, ал болсо 1 см/с$^2$. 1 дин = $10^{-5}$ Н го барабар.

**ДИНИЯ (-dynia), диния** – оору сезими түшүнүгүн туюндуруучу сөз. Мисалы, проктодиния (proctodynia) – көтөн чучуктун оорушу.

**ДИОПТРИЯ (dioptre), диоптрия** – линзалардын рефлакциясынын күчүн өлчөөчү бирдик.

**ДИПЛ- (dipl-), ДИПЛО- (diplo-), дипл-, дипло-** – кош кабат түшүнүгүн берүүчү сөз.

**ДИПЛОИДНЫЙ (diploid), диплоиддик** – берилген термин клеткаларды, ядролорду жана организмдерди сүрөттөөдө колдонулат. Анда ар бир хромосома, Y жыныс хромосомадан тышкары, эки жолу берилген. Салыштыруу үчүн: Гаплоиддик, Триплоиддик. – Диплоид (diploid).

**ДИС- (dis-), дис-** – бөлүнүү түшүнүгүн берүүчү сөз.

**ДИС- (dys-), дис-** – бузулуу, аномалия же жабырлануу түшүнүгүн берүүчү сөз. Мисалы, дисбазия (dysbasia) – басуунун бузулушу; дисгевзия (dysgeusia) – даам татымдын бузулуусу.

**ДОЛИХ- (dolich-), ДОЛИХО- (dolicho-), долих-, долихо-** – узундук түшүнүгүн бере турчу сөз. Мисалы, долихоколон (dolichocolon) – адаттан тышкаркы узундуктагы жээк сымал ичеги.

**ДОРС- (dors-), ДОРСИ- (dorsi-), ДОРСО- (dorso-), дорс-, дорси-, дорсо-** – туюндуруучу сөз: 1. Белди. Мисалы, дорсалгия (dorsalgia) – бел оорусу. 2. Дорсалдык, арткы.

**ДРОМ- (drom-), ДРОМО- (dromo-), дром-, дромо-** – кыймыл же ылдамдык дегенди түшүндүргөн сөз.

**ДУО- (duo-), дуо-** – эки дегенди түшүндүрөт.

**ДУОДЕН- (duoden-), ДУОДЕНО- (duodeno-), дуоден-, дуодено-** – он эки эли ичегиге байланышы бар сөз. Мисалы, дуоденэктомия (duodenectomy) – он эки эли ичегини кесүү.

## Е

**ЕМИЯ (-aemia), емия** – кандын өзгөчө биохимиялык курамын көрсөтүүчү сөз. Мисалы, гипергликемия (hypeglycacmia) – кан курамында глюкоза өлчөмүнүн жогору болуусу.

**ЕЮН- (jejun-), ЕЮНО- (jejuno-), еюн-, еюно-** – ичке ичегиге тиешеси бар сөз.

## Ж

**ЖЕНЩИНА, РОЖАВШАЯ ШЕСТЬ И БОЛЕЕ РАЗ (grand multipar a), алты же андан көп жолу төрөгөн аял** – мындай аялдар кош бойлуу кезинде жана төрөт учурунда айрым бир кошумча ооруларга көбүрөөк кириптир болушат.

## З

**ЗАБОЛЕВАНИЕ, БОЛЕЗНЬ (morbus), дарт, оору** – бул термин адатта медицинанын бир бөлүгү катары кайсы - бир спецификалык оорунун аталышында колдонулат.

**ЗАДНЕ- (postero-), арткы** – арткы дегенди түшүндүрүүчү сөз.

**ЗИМ- (zym-), ЗИМО- (zymo-), зим-, зимо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү берүүчү сөз: 1. Фермент. 2. Ферментация процесси.

**ЗОО- (zoo-), зоо** – жаныбарларды билдирүүчү сөз.

## И

**ИДЕО- (ideo-), идео** – төмөнкү түшүнүктөрдү берүүчү сөз: 1. Акыл-эс же акыл эмгеги. 2. Ойлордун бар экендиги.

**ИДИО- (idio-), идио-** – адамга гана тиешелүү болгон кандайдыр бир спецификалык өзгөчөлүк түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**ИЗО- (iso-), изо-** – бирдейлик, бир түрдүүлүк жана окшоштукту туюндуруучу сөз.

**ИЛЕ- (ile-), ИЛЕО- (ileo-), иле, илео** – капчыт (ичке) ичегиге тиешеси бар сөз. Мисалы, илеоцекалдык (ileocaecal) – капчыт ичегиге же сокур ичегиге тиешеси бар.

**ИЛИ- (ili-), ИЛИО- (ilio-), или-, илио-** – капчыт (ичке) ичегиге тиешелүү сөз.

**ИММУНО- (immuno-), иммуно** – иммунитеттке же организмдин иммунологиялык жооп дегенди түшүндүрүүчү сөз.

**ИН- (in-), ИМ- (im-), ин-, им-** – туюндуруучу сөз: 1. Бир нерсенин жоктугу. 2. Бир нерсенин ичинде орун алуу.

**ИНО- (ino-), ино-** – фиброздук ткань же булчуң түшүнүгүндөгү сөз.

**ИНТРО-** (**intro-**), **интро-** – бир нерсенин ичинде деген түшүнүктү туюнтуучу сөз.

**ИНФРА-** (**infra-**), **инфра-** – кайсы бир чоңдукка салыштырмалуу чоңураак көлөмдү түшүндүрүүчү сөз.

**ИРИД-** (**irid-**), **ИРИДО-** (**irido-**), **ирид-, иридо-** – көздүн карек айланасындагы челге тиешелүү сөз.

**ИШ-** (**isch-**), **ИШИ-** (**ischo-**), **иш-, иши-** – басаңдоо же бир нерсенин жетишсиздиги деген маанидеги сөз.

**ИШИ-** (**ischi-**), **ИШИО-** (**ischio-**), **иши-, ишио-** – көчүк сөөккө тиешелүү сөз.

## К

**КАК-** (**cac-**), **КАКО-** (**caco-**), **как-, како-** – дарттын болушу же өрчүүдөгү бузулуш дегенди түшүндүргөн сөз. Мисалы, какосмия (cacosmia) – чындыгында жок болгон жагымсыз жыттын субъективдүү сезилүүсү.

**КАЛА** (**gumshield**), **кала** – жумшак ийилген тишке коюлуучу нерсе, ал тишти байланыштык спорттун түрүндө коргойт.

**КАЛЬЦЕ-, КАЛЬЦИ-** (**calc-, calci-, calco-**), **кальце-, кальци-** – кальцийдин же кальций тузунун болушун көрсөтүүчү сөз.

**КАРДИ-** (**cardi-**), **КАРДИО-** (**cardio-**), **карди-, кардио-** – жүрөк менен байланышы бар сөз. Мисалы, кардиомегалия (cardiomegaly) – жүрөктүн массасынын жана көлөмүнүн чоңоюп кетиши; кардиопатия (cardiopathy) – жүрөк оорусу.

**КАРИ-** (**kary-**), **КАРИО-** (**karyo-**), **кари-, карио-** – клеткалык ядрону түшүндүрүүчү сөз.

**КАРП-** (**carp-**), **КАРПО-** (**carpo-**), **карп-, карпо-** – кырк муунга (алакан сөөккө) байланыштуу терминдерге карата колдонулат.

**КАРЦИН-** (**carcin-**), **КАРЦИНО-** (**carcino-**), **карцин-, карцино-** – рак же карциномага карата колдонулат. Мисалы, карциногенез (carcinogenesis) – рак шишигинин өрчүүсү.

**КАТА-** (**cata-**), **ката-** – кичирейген же карама - каршы кыймыл дегенди түшүндүрөт.

**КВАДРИ-** (**quadri-**), **квадри-** – төрт деген маанин түшүндүрөт. Мисалы, квадрилатеральный (quadrilateral) - төрт жагы бар.

**КЕРАТ-** (**kerat-**), **КЕРАТО-** (**kerato-**), **керат-, керато-** – туюндуруучу сөз: 1. Көздүн тунук челин түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, кератопатия (keratopathy) – көздүн тунук челинин сезгенүү дарты. 2. Кабырчыктанган ткань, өзгөчө теринин кабырчыктанган катмары.

**КИЛО-** (**kilo-**), **кило-** – бир миң деген маанидеги сөз.

**КИН-** (**cyn-**), **КИНО-** (**cyno-**), **кин-, кино-** – итке же иттерге тиешелүү сөз. Мисалы, кинофобия (cynophobia) – иттерден паталогиялык коркуу.

**КИН-** (**kin-**), **КИНЕ-** (**kine-**), **кин-, кине-** – кыймыл деген мааниде колдонулуучу сөз.

**КИФО-** (**kypho-**), **кифо** – бүкүр деген маанини түшүндүрөт.

**КЛЕПТО-** (**klepto-**), **клепто-** – уруучулук деген маанидеги сөз.

**КЛЮЧИЧНО-** (**cleid-, cleido-, did-, clido-**), **акыректик** – туюндуруучу сөз, ал акырек менен байланышын көрсөтүп турат. Мисалы, акырек – баш сөөктүк (cleidocranial) – акырекке жана баш сөөктөргө тиешеси бар.

**КО-ПРОКСАМОЛ** (**co-proxamol**), **ко-проксамол** – аналгетик, курамына парацетамол жана декстропропоксифен кирүүчү – дарылык зат.

**КОКС-** (**cox-**), **КОКСО-** (**coxo-**), **кокс-, коксо-** – жамбаш же жамбаш – сан мууну менен байланыштуу. Мисалы, коксалгия (coxalgia) – жамбаш-сан муунундагы оору.

**КОКЦИ- (coccy-), КОКЦИГ- (coccyg-), КОКЦИГО- (coccygo-), кокци, кокциг, кокциго** – чычаңга тиешеси бар сөз. Мисалы, кокцигектомия (coccygectomy) – чычаңды кесүү.

**КОЛ- (col-), КОЛИ- (coli-), КОЛО- (colo-), кол-, коли-, коло-** – жээк сымал ичеги менен байланышы бар сөз. Мисалы, колоптоз (coloptosis) – жээк сымал ичегинин түшүп калуусу.

**КОНТРА- (contra-), контра** – бир нерсенин карама-каршы жакта жайгашкандыгын түшүндүргөн сөз. Мисалы, контраверсия (contraversion) – бир нерсенин карама-каршы жакка бурулуусу.

**КОПР- (copr-), КОПРО- (copro-), копр-, копро-** – заң массасына тиешелүү сөз. Мисалы, копрофобия (coprophobia) – дефекацияга жана заң массасына оорукчандык жиркенүүсү.

**КОСТ- (cost-), КОСТО- (costo-), кост-, косто-** – кабыргаларга тиешелүү сөз. Мисалы, костэктомия (costectomy) – кабырганын резекциясы.

**КРАНИ- (crani-), КРАНИО- (cranio-), крани-, кранио-** – баш сөөккө тиешеси бар сөз. Мисалы, краниопластика (cranioplasty) – дефекттерди жана баш сөөктүн деформациясын хирургиялык жол менен калыбына келтирүү.

**КРИ- (cry-), КРИО- (cryo-), кри-, крио-** – суукка тиешеси бар сөз.

**КРИПТ- (crypt-), КРИПТО- (crypto-), крипт-, крипто-** – бир нерсенин жашыруун өтүшү. Мисалы, криптогенндик (cryptogenic) – белгисиз пайда болуучулук.

**КРОВЕ- (sangui-), КРОВО- (sanguino-), крове-, крово-** – кан деген мааниде колдонулган сөз.

**КРОВОТЕЧЕНИЕ ИЗ СЛИЗИСТОЙ ОБОЛОЧКИ ЖЕЛУДКА КАПИЛЛЯРНОЕ (gastrostaxis), ашказандын былжырлуу челинен капиллярдык кан агуу** – колдонуудан алынып салынган термин, ал гематемезди (ашказандан кан агууну) түшүндүрөт.

**КРОВЯНОЙ (sanguineous), кандык** – 1. Кан түсүнө боёлгон, канды камтыган же аны менен капталган. 2. Аномалдык түрдө көп сандагы канды камтыган (ткандарга тиешелүү).

**КСАНТО- (xantho-), ксанто-** – сары түстү көрсөтүүчү сөз.

**КСЕНО- (xeno-), ксено-** – айырмачылык деген мааниде; бир нерсеге карата бөтөн мааниде.

**КСЕРО- (xero-), ксеро-** – кандайдыр бир нерсенин кургактыгын белгилөөчү сөз.

**КУСАЧКИ КОСТНЫЕ (rongeur), сөөктүк атиштер** – күчтүү кычкачтар, алар тканды (өзгөчө сөөктүк) алуу үчүн колдонулат.

## Л

**ЛАБИО- (labio-), лабио-** – эрин түшүнүгүн берүүчү сөз.

**ЛАКТ- (lact-), ЛАКТИ- (lacti-), ЛАКТО- (lacto-), лакт-, лакти-, лакто-** – туюндуруучу сөз: 1. Сүт. 2. Сүт кислотасы.

**ЛАПАРО- (laparo-), лапаро-** – бел же курсакты билдирүүчү сөз.

**ЛАРИНГ- (laryng-), ЛАРИНГО- (laryngo-), ларинг-, ларинго-** – кекиртекти түшүндүрүүчү сөз.

**ЛЕВО- (levo-, laevo-), солго** – туюндуруучу сөз: 1. Оң жакты. 2. Химияда – сол жака кайрылуу.

**ЛЕЙК- (leuc-, leuk-), ЛЕЙКО- (leuco-, leuko-), лейк-, лейко-** – туюндуруучу сөз: 1. Түссүз, ак. 2. Лейкоциттер.

**ЛЕЙО-** (**leio-**), **лейо-** – түз, жылмакай дегенди туюндуруучу сөз. Мисалы, лейодермия (leiodermia) – аномалдык түрдө теринин жылмакай болушу.

**ЛЕПТ-** (**lept-**), **ЛЕПТО-** (**lepto-**), **лепт-, лепто-** – туюндуруучу сөз: 1. Ичке. 2. Кичинекей. 3. Маани бербөөчү, начар.

**ЛИЕН-** (**lien-**), **ЛИЕНО-** (**lieno-**), **лиен-, лиено-** – көк боор деген маанини туюндуруучу сөз. Мисалы, лиенопатия (lienopathy) – көк боор жабыркануучу кайсы-бир дарт.

**ЛИЗ-** (**lys-**), **ЛИЗИ-** (**lysi-**), **ЛИЗО-** (**lyso-**), **лиз-, лизи-, лизо-** – лизис дегенди туюндуруучу сөз; эритүү.

**ЛИМФАДЕН-** (**lymphaden-**), **ЛИМФАДЕНО-** (**lymphadeno-**), **лимфаден-, лимфадено-** – лимфа түйүндү түшүндүрүүчү сөз (лимфа түйүндөр).

**ЛИМФАНГИ-** (**lymphangi-**), **ЛИМФАНГИО-** (**lymphangio-**), **лимфанги-, лимфангио-** – лимфа тамырын туюундуруучу сөз.

**ЛИМФО-** (**lympho-**), **лимфо** – лимфа же лимфатикалык системаны туюндуруучу сөз.

**ЛИП-** (**lip-**), **ЛИПО-** (**lipo-**), **лип-, липо-** – туюндуруучу сөз: 1. Май. 2. Липид.

**ЛИТ-** (**lith-**), **ЛИТО-** (**litho-**), **лит-, лито-** – конкременттик (таш) дегенди түшүндүрөт. Мисалы, литогенез (lithogenesis) – таш пайда болуу процесси.

**ЛОГ-** (**log-**), **ЛОГО-** (**logo-**), **лог-, лого-** – сөздөрдү туюндуруучу сөз; речь.

**ЛОГОПЕДИЯ** (**logopaedics**), **логопедия** – сөздү туура айта албагандарды дарылоочу илим; речь терапиясы.

**ЛОПАТОЧНО-** (**scapul-, scapulo-**), **далылык** – далы деген сөздү тундуруучу сөз.

**ЛОСЬОН** (**lotion**), **лосьон** – дененин сырткы участкаларын жууп тазалоочу медициналык эритме. Лосьондор адатта, тазалана турган жерге муздатуучу, ооруну басаңдатуучу же антисептикалык таасирлерди берет.

**ЛЮТЕО-** (**luteo-**), **лютео-** – сары түстү же сары телону билдирүүчү сөз.

## М

**МАКР-** (**macr-**), **МАКРО-** (**macro-**), **макр-, макро-** – бир нерсе көлөмүнүн чоң экендигин көрсөтүүчү сөз. Мисалы, макроэнцефалия (macrencephaly) – баш мээнин аномалдык чоңоюуусу.

**МАЛ-** (**mal-**), **мал-** – нормадан четте калуу же оору дегенди түшүндүрүүчү сөз.

**МАРЛЯ** (**gauze**), **марля** – жаралуу жерлерди тануу жана тампондорду даярдоо үчүн колдонулуучу жумшак, жука кездеме.

**МАСТ-** (**mast-**), **МАСТО -** (**masto-**), **маст-, масто-** – көкүрөк түшүнүгүн берүүчү сөз.

**МЕГА-** (**mega-**), **мега-** – чоң өлчөмдү туюндуруучу сөз: 1. Бир нерсенин аномалдык түрдө чоңоюу же чоюлуусу. Мисалы, megacaecum – сокур ичегинин аномалдык чоңоюусу. 2. Миллион. Мисалы, мегавольт (megavolt) – миллион вольт.

**МЕГАЛ-** (**megal-**), **МЕГАЛО-** (**megalo-**), **мегал-, мегало-** – бир нерсенин аномалдуу чоңоюп кетиши дегенди түшүндүрөт.

**МЕДИЦИНА ТРОПИЧЕСКАЯ** (**tropical medicine**), **тропикалык медицина** – өзгөчө тропикалык климаттуу аймактарда кеңири таралган ооруларды изилдөөчү медицина бөлүгү; аларга: безгек, лепра, трипаносомоз, шистосомоз жана лейшманиоз кирет.

**МЕДИЦИНСКИЙ** (**medical**), **медициналык** – 1. Медицинага, диагностикага, дарылоого жана түрдүү дарттардын профилактикасына тиешеси бар. 2. Терапевтикалык. Берилген термин хирургиялык дарылоо ыкмаларды колдонбой эле консевативдик дарыланганда колдонулат.

**МЕДСЕСТРА** (**nurse**), **медсестра** – доктурдун жетекчилиги астында ооруларды аныктоо жана дарылоого катышуучу атайын медициналык билимге ээ адис.

**МЕЖ-** (**inter-**), **ортосунда** – бир нерсенин ортосунда жайгашкандыкты туюндуруучу сөз. Мисалы, кабырганын ортосунда (intercostal) – кабырганын ортосунда жайгашкан.

**МЕЗ-** (**mes-**), **МЕЗО-** (**meso-**), **мез-**, **мезо-** – ортосунда же бир нерсенин медиалдык орун алуусу дегенди түшүндүрөт.

**МЕЛАН-** (**melan-**), **МЕЛАНО-** (**melano-**), **мелан-**, **мелано-** – туюндуруучу сөз: 1. Карарынкы (кара) түстү. 2. Меланин. Мисалы, меланемия (melanaemia) – канда меланиндин болушу.

**МЕЛКО-** (**parvi-**), **майда** – бир нерсенин майда болгондугун туюдуруучу сөз.

**МЕН-** (**men-**), **МЕНО-** (**meno-**), **мен-**, **мено-** – менструацияга тиешеси бар сөз.

**МЕНИНГ-** (**mening-**), **МЕНИНГО-** (**meningo-**), **менинг-**, **менинго-** – мээнин кыртышын түшүндүрүүчү сөз.

**МЕТ-** (**met-**), **МЕТА-** (**meta-**), **мет-**, **мета-** – туюндуруучу сөз: 1. Бир нерседен алыста турган; бир нерсенин артында турган. 2. Өзгөрүү; кайрадан өзгөрүү.

**МЕТР-** (**metr-**), **МЕТРО-** (**metro-**), **метр-**, **метро-** – жатын дегенди түшүндүрүүчү сөз.

**МЕЧЕ-** (**xiphi-, xipho-**), **кылыч сымал** – көкүрөктүн кылыч сымал осүшү. Мисалы, төш сөөгүнүн кылыч сымал урчугуна жана кабыргаларга (xiphocostal) тиешеси бар.

**МИ-** (**my-**), **МИО-** (**myo-**), **ми-**, **мио-** – булчуңду түшүндүрүүчү сөз.

**МИЕЛ-** (**myel-**), **МИЕЛО-** (**myelo-**), **миел-**, **миело-** – туюндуруучу сөз: 1. Жүлүн. 2. Жиликтин чучугу. 3. Миелин.

**МИЕЛОИДНЫЙ** (**myeloid**), **миелоиддик** – 1. Жиликтин чучугуна тиешелүү же жиликтин чучугунан пайда болгон. 2. Көрүнүшү менен миелоцитти элестетет. 3. Жүлүнгө тиешелүү.

**МИЗО-** (**miso-**), **мизо-** – кимдир биреөнү же бир нерсени жек көрүү дегенди түшүндүрөт. Мисалы, мизопедия (misopedia) – кичинекей балдарды жек көрүү.

**МИК-** (**myc-**), **МИКО-** (**myco-**), **МИЦЕТО-** (**mycet(o)-**), **мик-**, **мико-**, **мицето-** – грибок дегенди түшүндүрүүчү сөз.

**МИКР-** (**micr-**), **МИКРО-** (**micro-**), **микр-**, **микро-** – туюндуруучу сөз: 1. Бир нерсенин кичине көлөмүн билдирүүчү сөз. 2. Миллиондун бир бөлүгү.

**МИКС-** (**myx-**), **МИКСО-** (**myxo-**), **микс-**, **миксо-** – былжыр дегенди түшүндүрүүчү сөз.

**МИЛЛИ-** (**milli-**), **милли-** – миңдин бир бөлүгүн түшүндүрүүчү сөз.

**МИЛЛИМЕТР** (**millimetre**), **миллиметр** – метрдин миңден бир бөлүгү (0,001 м). Белгилениши: мм.

**МИНИМ** (**minim**), **миним** – фармацияда колдонулуучу көлөмдүн бирдиги; бир миним суюк драхманын алтымыш бөлүгүнүн бирине барабар.

**МИО-** (**mio-**), **мио-** – туюндуруучу сөз: 1. Бир нерсени кичирейтүү же кыскартуу дегенди түшүндүрөт. 2. Рудиментардуулук, түйүлдүктүк.

**МИОЛОГИЯ** (**myology**), **миология** – булчуң түзүлүштөрүн, функциясын жана ооруларын изилдөөчү илим.

**МЛ** (**ml**), **мл** – (кыскарт.) миллилитр. Караңыз: Литр.

**МОН-** (**mon-**), **МОНО-** (**mono-**), **мон-**, **моно-** – жалгыз деген маанини билдирет.

**МОРФО-** (**morpho-**), **морфо-** – форманы же бир нерсенин структурасын билдирүүчү сөз.

**МОРФОЛОГИЯ** (**morphology**), **морфология** – организмдердин формасы жана түзүлүшү жөнүндөгү илим. Караңыз: Анатомия.

**МУКО-** (**muco-**), **муко** – туюндуруучу сөз: 1. Былжыр. 2. Былжырлуу чел дегенди түшүндүрөт.

**МУЛЬТИСИСТЕМНЫЙ (multisystem), мультисистемалык** – бул термин адам денесинин системасы жана көп органдары жабыркаган ооруларды сүрөттөөдө колдонулат.

**МУТУАЛИЗМ (mutualism), мутуализм** – ички, бирок алардын арасында байланышы жок эле эки организмдин ортосундагы ар түрдүүлүк бирок экөөнө тең пайдалуу. Салыштыруу үчүн: Симбиоз.

**МЫШЕЧНО - (musculo-), булчуң** – булчуңду түшүндүрүүчү сөз.

## Н

**НАЗО- (naso-), назо-** – мурунга тиешелүү сөз.

**НАНО- (nano-), нано** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Өтө кичине көлөм. 2. $10^{-9}$ га барабар чоңдук.

**НАРКО- (narco-), нарко-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: наркоз, акыл-эстин тумандашы, тумандуу абал.

**НЕДОСТАТОЧНОСТЬ (insufficiency), жетишсиздик** – органдын жарамсыздыгы (мисалы, жүрөктүн же бөйрөктүн) же кайсы бир анын бөлүгүнүн нормалдуу функцияланышына.

**НЕЙР- (neur-), НЕЙРО- (neuro-), нейр-, нейро-** – нерв же нерв системасына тиешелүү сөз.

**НЕКРО- (nekro-), некро-** – өлүм же эрип кетүү түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**НЕО- (neo-), нео-** – кайсы бир жаңы нерсе же жаралыш түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**НЕФР- (nephr-), НЕФРО- (nephro-), нефр-, нефро-** – бөйрөк менен болгон байланышты туюндуруучу сөз.

**НИКТ- (nyct-), НИКТО- (nicto-), никт-, никто-** – түн, ошондой эле күндүн караңгы мезгилин туюндура турчу сөз.

**НИМФО- (nympho-), нимфо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Кичи жыныс эринчеси. 2. Аялдардын сексуалдуулугу.

**НОЗО- (noso-), нозо-** – оору түшүнүгүн туюндура турчу сөз.

**НОКТ- (noct-), НОКТИ- (nocti-), нокт-, нокти-** – түнкү маалды түшүндүрүүчү сөз.

**НОРМО- (normo-), нормо-** – нормалдуу абалды түшүндүрүүчү сөз.

**НОЦИ- (noci-), ноци-** – бир нерсенин катуу оорушу же бир нерсенин жабыркашы дегенди түшүндүрөт.

## О

**ОБЛИГАТНЫЙ (obligate), облигаттуу** – жашап кетүү ыкмасынын бир гана жолу менен чектелишкен организмдерди сүрөттөп берүү үчүн колдонулат; мисалы, облигаттуу паразит (obligate parasite) – организмден (кожоюн) сырткары жашап кете албайт. Салыштыруу үчүн: Факультативдик.

**ОВАРИ- (ovari-), ОВАРИО- (ovario-), овари-, оварио-** – аналык без түшүнүгүн берүүчү сөз.

**ОДНО-, УНИ- (uni-), бир-, уни-** – бир нерсенин жекелик санда болушу.

**ОДОНТ- (odont-), ОДОНТО- (odonto-), одонт-, одонто-** – тиш деген маанини түшүндүрөт. Мисалы, одонталгия (odontalgia) – тиш оорусу.

**ОКИСЬ УГЛЕРОДА (carbon monoxide), көмүртек кычкылы** – жыты жок, туссуз, өтө уулу газ. Ал организмге келип түшкөндө кандагы эритроциттердин курамында кездешүүчү гемоглобин менен байланышып, ачык-кызыл түстөгү карбоксигемоглобинди жаратат. Химиялык формуласы: $CO$.

**ОКОЛО- (juxta-), жанында** – бир нерсенин жанында дегенди түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, муундун жанында (juxta-articular) – муундун жанынды жайгашкан.

**ОКТ- (oct-), ОКТА- (octa-), ОКТИ- (octi-), ОКТО- (octo-), окт-, окта-, окти-, окто** – сегиз санын билдирүүчү сөз.

**ОЛЕО- (oleo-), олео-** – суюк майды түшүндүрүүчү сөз.

**ОЛИГ- (olig-), ОЛИГО- (oligo-), олиг-, олиго-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Чоң эмес санды. 2. Дефицит, өтө көп эмес санды же бир нерсенин жетишсиздигин түшүндүрүүчү сөз.

**ОМ- (om-), ОМО- (omo-), ом-, омо-** – ийин түшүнүгүн берүүчү сөз.

**ОМФАЛ- (omphal-), ОМФАЛО- (omphalo-), омфал-, омфало-** – киндикке тиешелүү түшүнүктүү берүүчү сөз.

**ОНИР- (oneir-), ОНИРО- (oneiro-), онир-, ониро-** – түш көрүү же галлюцинация түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**ОНИХ- (onych-), ОНИХО- (onycho-), оних-, онихо-** – тырмак түшүнүгүн берүүчү сөз.

**ОО- (oo-), оо-** – жумуртка, ошондой эле урук клеткасын туюндуруучу сөз.

**ООФОР- (oophor-), ООФОРО- (oophoro-), оофор-, ооформ-** – аналык без түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**ОПИСТ- (opisth-), ОПИСТО- (opistho-), опист-, описто-** – төмөнкү түшүнүктөрдү берүүчү сөз: 1. Арткы, дорсалдык. 2. Бир нерсенин кайра артты көздөй болгон багыты.

**ОПТ- (opt-), ОПТО- (opto-), опт-, опто-** – көз же көрүү түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**ОРГАНИЗАЦИЯ ЗДРАВООХРАНЕНИЯ ВСЕМИРНАЯ (ВОЗ) (World Health Organization, WHO), Бүткүл Дүйнөлүк Саламаттык сактоо Уюму (БСУ)** – тиешелүү уставы менен макул болгон өлкөлөрдүн бардыгы мүчө боло ала турган эл аралык уюм. Саламаттык сактоо тармагындагы ар кыл көйгөйлүү маселелер белгилүү окумуштуулар чакырылган отурумдарда талкууга алынат. БСУ Эл аралык оорулардын классификаторунда жарыялоо менен дүйнө өлкөлөрүндө сөзсүз түрдө каттоого алына турган оорулар жөнүндө маалымат берет, 194 мамлекет – мүчөлөрүнөн турат, алардын негизги функциясына жер бетиндеги калктын саламаттыгын сактоо боюнча маселелерди кароо жатат. Ал 1948 - жылы Швейцариядагы Женева штаб-квартирасында негизделген.

**ОРГАНО- (organo-), органо-** – орган же бир нерсе менен органикалык байланышта болуу дегенди түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, органогенез (organogenesis) – органдардын өсүү мезгилиндеги өрчүүсү; органопатия (organopathy) – органдардын дарты.

**ОРО- (oro-), оро-** – ооз көңдөйүн түшүндүрүүчү сөз.

**ОРТО- (ortho-), орто** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Бир нерсененин түз турушу дегенди түшүндүрөт. Мисалы, orthograde (түз басуучу) - түз келбетүү. 2. Норманы. Мисалы, ортокразия (orthocrasia) – ар кандай дары заттарга нормалдуу реакция дегенди түшүндүрөт.

**ОРХИ- (orchi-), ОРХИДО- (orchido-), ОРХИО- (orchio-), орхи-, орхидо-, орхио-** – эркектердин урук безин туюндуруучу сөз. Мисалы, орхиопластика (orchioplasty) – урук безге пластикалык операция жасоо.

**ОСМ- (osm-), ОСМО- (osmo-), осм-, осмо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү берүүчү сөз: 1. Жыт же жыт сезүү. 2. Осмос же осмотикалык басым.

**ОСТ- (ost-), ОСТЕ- (oste-), ОСТЕО- (osteo-), ост-, осте-, остео-** – сөөк түшүнүгүн берүүчү сөз. Мисалы, осталгия (ostalgia) – сөөктүн оорушу; остеокарцинома (osteocarcinoma) – сөөктө өөрчүй турган карцинома; остеонекроз (osteonecrosis) – сөөк тканынын өлүшү; остеопластика (osteoplasty) – сөөктү калыбына келтирүү үчүн жасала турган пластикалык операция.

**ОСТЕО- (osteo-), остео-** – караңыз: Ост.

**ОТ-** (**ot-**), **ОТО-** (**oto-**), **от-, ото-** – кулак түшүнүгүн берүүчү сөз. Мисалы, ототомия (ototomy) – кулакты хирургиялык жол аркылуу кыя кесүү.

**ОФТАЛЬМ-** (**ophthalm-**), **ОФТАЛЬМО-** (**ophthalmo-**), **офтальм-, офтальмо-** – көз же көз алмасын туюндуруучу сөз. Мисалы, офтальмэктомия (ophthalmectomy) – көз энуклеациясы (хирургиялык жол аркылуу көз алмасын алып салуу); офтальморексис (ophthalmorrhexis) – көз алмасынын жарылып кетүүсү; офтальмотомия (ophthalmotomy) – көз алмасын ичинен тилүү.

## П

**ПАЛАТО-** (**palato-**), **палато-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Таңдай. 2. Таңдай сөөгү.

**ПАЛЕО-** (**palaeo-**), **палео-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Байыркылык. 2. Бир нерсенин примитивдүү өнүгүүсү.

**ПАЛИ-** (**pali-**), **ПАЛИН-** (**palin-**), **пали-, палин-** – кайталоо же кайсы бир процесстин кайталанып туруусун туюндуруучу сөз.

**ПАН-** (**pan-**), **ПАНТ(О)-** (**pant(o)-**), **пан-, пант(о)-** – «кайда болбосун» жана «бардык жерде» деген түшүнүктү берүүчү сөз; медицинада бул термин дененин кайсы бир органынын бүтүндөй бөлүгүнө таасир этүү дегенди туюндурат.

**ПАНАЦЕЯ** (**panacea**), **панацея** – оорулардын түрүнө карабай бардыгына бирдей шыпаа боло турчу абдан кубатту дары. Тилекке каршы, мындай дары каражаты азырынча ойлонуп табыла элек.

**ПАНДЕМИЯ** (**pandemic**), **пандемия** – бир өлкөнүн бардыгына же бир нече өлкөгө тараган илдет. – Пандемиялык (pandemic).

**ПАНТ-** (**pan-**), **ПАНТО-** (**pant(o)-**), **пант-, панто-** – баардык жерде дегенди туюндуруучу сөз; медицинада ал дененин кайсы бир органына таасир этет дегенди түшүндүрөт; генерализацияланган таасирленүү. Караңыз: Пан.

**ПАПУЛО-** (**papulo-**), **папуло-** – папуланы түшүндүрүүчү сөз.

**ПАРАМЕДИЦИНСКИЙ** (**paramedical**), **парамедициналык** – адистиктерге карата колдонулуучу термин, алар медицинага жакын же тыгыз байланышта болушат. Ооруkанасынын парамедициналык кызматкерлерине рентгенологдор, физиотерапевттер жана диетологдор киришет. (Кыргызстанда аталган адистер - доктурлар).

**ПАРАМЕТРИЙ** (**parametrium**), **параметрий** – жатындын тегерегиндеги кошуучу ткандар.

**ПАТ-** (**path-**), **ПАТО-** (**patho-**), **пат-, пато-** – оору түшүнүгүн берүүчү сөз. Мисалы, патофобия (pathophobia) – бир нерседен катуу коркуу.

**ПАТОЛОГИЧЕСКИЙ** (**morbid**), **патологиялык** – оорулуу, же аномалдуу жалпы оорута тиешелүү; адамда кайсы бир паталогиянын болушун тастыктайт.

**ПАТОЛОГИЧЕСКИЙ** (**pathological**), **патологиялык** – кайсы бир дартка тиешелүү же ага тиешеси бар. Мисалы, адамда ар кандай сөөк дарттарында паталогиялык сыныктар байкалышы мүмкүн.

**ПАХИ-** (**pachy-**), **пахи-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Дененин кайсы бир бөлүгүнүн жооноюп кетиши. 2. Мээнин катуу кабыгы.

**ПЕД-** (**paed-**), **ПЕДО-** (**paedo-**), **пед-, педо-** – балдар менен болгон байланышты туюндуруучу сөз.

**ПЕНТ-** (**pent-**), **ПЕНТА-** (**penta-**), **пент-, пента-** – беш деген түшүнүктү туюндуруучу сөз.

**ПЕРЕНОШЕННЫЙ** (**postmature**), **жатындагы баланы мөөнөтүнүн кеч көтөрүү** – бул термин 42 жумадан кийин төрөлгөн балдарга таандык. Мындай көрүнүш энеде кант

диабетинин болушу же түйүлдүктө аненцефалиянын болушу менен байланыштуу. – Кеч көтөрүү (postmaturity).

**ПЕРИ- (peri-), пери-** – бир нерсенин жанында же тегерегинде деген түшүнүктү туюндуруучу сөз. Мисалы, перианалдуу (perianal) – анустун тегерегинде жайгашкан; перикардиалдуу (pericardial) – жүрөктү курчап туруучу; перитонзиллярдуу (peritonsillar) – бадам сымал бездин (алкым бези) тегерегинде жайгашкан.

**ПЕРИКАРД- (pericard-), ПЕРИКАРДО-, ПЕРИКАРДИО- (pericardio-), перикард, перикардо-, перикардио-** – перикардды түшүндүрүүчү сөз.

**ПЕРО- (pero-), перо-** – деформация же кандайдыр бир дефектини туюндуруучу сөз. Мисалы, перомелия (peromelia) – буттардын тубаса майыптыгы.

**ПИ- (py-), ПИО- (pyo-), пи-, пио-** – ириң түшүнүгүн туюндуруучу сөз; чирүү процесси. Мисалы, пиоуретер (pyoureter) – бөйрөктөн бөлүнүп чыккан сийдикти табарсыкка жеткире турган түтүкчөнүн ириңдеши.

**ПИГ- (pyg-), ПИГО- (pygo-), пиг-, пиго-** – көчүк түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**ПИЕЛ- (pyel-), ПИЕЛО- (pyelo-), пиел-, пиело-** – бөйрөк көңдөйүн туюндуруучу сөз. Мисалы, пиелоэктазия (pyelectasis) – бөйрөктүн ички көңдөйүнүн кеңейип кетиши.

**ПИКНО- (pykno-), пикно-** – бир нерсенин жоонуюп кетиши же чоңоюп кетишин түшүндүрүүчү сөз.

**ПИКО- (pico-), пико-** – бир нерсенин триллиондун бир бөлүгүн ($10^{-12}$) түшүндүрүүчү сөз.

**ПИЛ- (pyl-), ПИЛЕ- (pyle-), пил, пиле** – капка венасына тиешелүү сөз.

**ПИЛО- (pilo-), пило** – чач түшүнүгүн берүүчү сөз. Мисалы, пилоэрекция (piloerection) – булчуңдардын чачты көтөрүү үчүн жыйрылуусу.

**ПИЛОР- (pylor-), ПИЛОРО- (pyloro-), пилор-, пилоро-** – он эки элүү ичегиге жана карындын киребериш бөлүгүнө тиешелүү сөз. Мисалы, пилородуоденалык (pyloroduodenal) – он эки элүү ичегиге жана карындын киребериш бөлүгүнө тиешелүү сөз.

**ПИО- (pyo-), пио-** – караңыз: Пи.

**ПИР- (pyr-), ПИРО- (pyro-), пир-, пиро-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. От. 2. Зарына болуу. 3. Температуранын жогорулашы.

**ПИРЕТ- (pyret-), ПИРЕТО- (pyreto-), пирет-, пирето-** – безгекти түшүндүрүүчү сөз.

**ПЛАЗМ- (plasm-), ПЛАЗМО- (plasmo-), плазм-, плазмо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Кандын плазмасы. 2. Протоплазма же цитоплазма.

**ПЛАТИ- (platy-), плати-** – кенен же жалпак дегенди түшүндүрүүчү сөз.

**ПЛЕВР- (pleur-), ПЛЕВРО- (pleuro-), плевр-, плевро-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Плевра. 2. Дененин жагы.

**ПЛЕЙО- (pleio-), ПЛЕО- (pleo-), плейо-, плео-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Көпчүлүк. 2. Өтө күчтүү.

**ПЛЕТИЗМОГРАФИЯ (plethysmography), плетизмография** – терендиктеги органдардын, ткандардын көлөмдүк өзгөрүүсүн андагы артериалдык басымдын өзгөрүүсү менен туудурулган атайын курал менен (онкометр) жазып алуу.

**ПЛЕЧЕВОЙ (brachial), ийиндик** – ийинге тиешелүү сөз.

**ПЛОСКОВОГНУТЫЙ (planoconcave), жалпакийилген** – линзаны сүрөттөөдө колдонулуучу сөз, мында бир жагы жалпак болот, экинчи жагы ийилген болот.

**ПЛОСКОВЫПУКЛЫЙ (planoconvex), жалпактомпогой** – линзаны сүрөттөөдө колдонулуучу сөз, мында бир жагы жалпак болуп, экинчи жагы ичинде томпогой болот.

**ПЛЮРИ- (pluri-), плюри** – бирден көп же бир рече деген түшүнүктү берүүчү сөз.

**ПНЕВМ- (pneum-), ПНЕВМО- (pneumo-), пневм-, пневмо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Газдын же абанын болушу. Мисалы, жээк сымал иче-

гиде (pneumocolon) газдын топтолушу. 2. Өпкө. Мисалы, пневмогастралдык (pneumogastric) – өпкөгө жана ашказанга тиешелүү. 3. Дем алуу.

**ПНЕВМАТ- (pneumat-), ПНЕВМАТО- (pneumato-), пневмат-, пневмато-** – төмөнкү түшүнүктөрдү берүүчү сөз: 1. Газ же абанын болуусу. 2. Дем алуу.

**ПНЕВМО- (pneumo-), пневмо-** – караңыз: Пневмат.

**ПНЕВМОН- (pneumon-), ПНЕВМОНО- (pneumono-), пневмон-, пневмоно-** – өпкөнү түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, пневмонопексия (pneumonopexy) – өпкөнүн хирургиялык фиксациясы, ал төш клеткасынын капталына өпкөнү тигип коюу жолу аркылуу аткарылат.

**ПНЕО- (pneo-), пнео-** – дем алууну түшүндүрүүчү сөз.

**ПОВЕРХНОСТЬ (facies), үстүнкү жакта** – (анатомияда) сөөктүн, оргaндын же анын кайсы бир бөлүгүнүн спецификалык үстүнкү жагы.

**ПОД- (pod-), асты** – бут кетменди түшүндүрүүчү сөз.

**ПОЙКИЛО- (poikilo-), пойкило-** – өзгөрүүнү түшүндүрүүчү сөз. Бир нерсенин туура эмес формасын түшүндүрөт.

**ПОЛИ- (poly-), поли-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Көпчүлүк. 2. Кандайдыр бир белгинин акыркы көрсөтүү даражасы. 3. Генерализацияланган: түрдүү дененин бөлүктөрүн жабыркаган.

**ПОСТ- (post-), пост-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Бир нерсенин артынан же бир нерседен кийин жаралуучу деген түшүнүктү берүүчү сөз. Мисалы, постэпилептикалык (postepileptic) – талма оорусуна тиешелүү приступтан кийин пайда болуучу. 2. Анатомияда – бир нерсенин аягында жайгашкан. Мисалы, ротоглоткалык (postoral) – ооз көңдөйүнүн арткы бөлүгүнө тиешелүү.

**ПОСТГАНГЛИОНАРНЫЙ (postganglionic), постганглионардык** – бул термин вегетативдик нерв системасындагы ганглий нейронунун аксонун сүрөттөөдө колдонулат, ал аны менен иннервацияланган жумшак булчуңда же безде аяктайт. Симпатикалык нервной системасында постганглионардык булалар адренергиялык болуп саналышат, парасимпатикалык нерв системасында – холинергиялык болуп саналышат. Салыштыруу үчүн: Преганглионардык.

**ПРЕ- (pre-), пре-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Бир нерсенин алдында жайгашкан; бир нерсенин алдында болуп өткөн. Мисалы, пременструалдык (premenstrual) – этек кир келер алдында боло турууучу; пренаталдык-төрөттүн алдында боло турууучу. 2. Анатомияда – бир нерсенин алдында жайгашкан. Мисалы, жүрөк алдындагы (precardiac) – жүрөктүн алдында жайгашкан; тизе алдындагы (prepatellar) – тизе томугунун алдында жайгашкан.

**ПРЕДОПЕРАЦИОННЫЙ ПЕРИОД (preoperative period), операциядан мурунку мезгил** – оорулуу ооруканада болуп, операцияга даярдап, терини кесе баштаганга чейинки мезгилдин аралыгы.

**ПРЕДСИМПТОМАТИЧЕСКИЙ (presymptomatic), симптоматика алдындагы** – бул термин кандайдыр бир белгилерди сүрөттөөдө колдонулат, типтүү симптомдору пайда болоордун алдында сезилет. Кошумча караңыз: Продромалдык.

**ПРЕСБИ- (presby-), ПРЕСБИО (presbyo-), пресби-, пресбио-** – картайган куракты туюндуручу сөз.

**ПРО- (pro-), про-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Бир нерсенин алдын ала болуучу мезгил. 2. Мурдагы. 3. Бир нерсенин алдында орун алган.

**ПРОЗОП- (prosop-), ПРОЗОПО- (prosopo-), прозоп-, прозопо-** – бет түшүнүгүн берүүчү сөз. Мисалы, прозоподиния (prosopodynia)-беттин оорушу.

**ПРОКТ-** (**proct-**), **ПРОКТО-** (**procto-**), **прокт-, прокто-** – арткы тешик жана/же көтөн чучук түшүнүгүн берүүчү сөз.

**ПРОТИВО-** (**ant-**), **АНТИ-** (**anti-**), **каршы, анти-** – бир нерсеге карама-каршы турган же болгон, жана бир нерсенин кичирейип калышын көрсөтүүчү мааниде. Мисалы, артритке каршы (antarthritic) – артриттин көрүнүшүн азайткан; бактерияга каршы (antibacterial) – бактерияларды талкалаган же алардын өсүшүн токтоткон.

**ПРОТО-** (**proto-**), **прото-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Биринчи. 2. Примитивдүү; башталгыч. 3. Бир нерсенин мурда болгондугу.

**ПСЕВД-** (**pseud-**), **ПСЕВДО-** (**pseudo-**), **псевд-, псевдо-** – тышкы, бир нерсе менен жалган окшоштук.

**ПСИХ-** (**psych-**), **ПСИХО-** (**psycho-**), **псих-, психо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндурууччу сөз: 1. Аң сезим; жан. 2. Психология.

**ПСИХРО-** (**psychro-**), **психро-** – муздак дегенди түшүндүрүүчү сөз.

**ПТЕРИГО-** (**pterygo-**), **птериго** – сөөктүн шынаа сымал сөөктүн канат сымал урчугун түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, канат сымал – үстүнкү жаактык (pterygomaxillary) – үстүнкү жааактын канат сымал урчугуна тиешелүү.

**ПТИАЛ-** (**ptyal-**), **ПТИАЛО-** (**ptyalo-**), **птиал-, птиало-** – шилекейди түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, птиалорея (ptyalorrhoea) – өтө көп санда шилекей агуу.

**ПУЗЫРЕК, ФЛАКОНЧИК, БУТЫЛОЧКА** (**phial**), **түтүкчө, флакон, бөтөлкө** – дарылык каражаттарды сактоочу чоң эмес айнек бөтөлкө.

**ПУЛЬМО-** (**pulmo-**), **ПУЛЬМОНО-** (**pulmon(o)-**), **пульмо-, пульмоно-** – өпкөнү түшүндүрүүчү сөз.

## Р

**РАДИО-** (**radio-**), **радио-** – төмөнкүлөрдү түшүндүрүүчү сөз: 1. Нурдануу. 2. Радиоактивдүү заттар.

**РАДИОЛОГИЯ** (**radiology**), **радиология** – дарт аныктоо жана дарылоо максаттары үчүн нурданууну, радиоактивдүү заттарды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп, окута турган медицина бөлүгү. Кошумча караңыз: Рентгенологиялык таасир, Рентгенография (диагностикалык радиология), Радиотерапия (терапевтикалык радиология).

**РАДИОЛОГИЯ МЕДИЦИНСКАЯ** (**nuclear medicine**), **медициналык радиология** – ар кыл оорулардын дартын аныктоо менен бирге дарылоо иштерин үйрөнүү процессинин жүрүшүндө радионуклиддерди пайдалана турчу медициналык бөлүгү. Кошумча караңыз: Ядердик кардиология.

**РАДИОЧУВСТВИТЕЛЬНЫЙ** (**radiosensitive**), **радиосезгич** – бул термин рак клеткаларынын кээ бир түрлөрүнө тиешелүү, өзгөчө аларга нурланууну таасирине сезгич болушу.

**РАКОВИНА** (**concha,** көпч. **conchae**), **калкан** – (анатомияда) калканды элестетүүчү структуралар. Мисалы, кулак калканы (concha auriculae) – тери менен капталган татаал формадагы серпилмелүү кемирчек дегенди билдирет. Калкан түбүндө сырткы угуу өтмөгүнө кете турган угуу тешиги бар. Кошумча караңыз: Тор сымал кыр.

**РАСПОЛОЖЕННЫЙ НАД АРТЕРИЕЙ** (**eparterial**), **артериянын үстүндө жайгашуучу** – артерияда же үстүндө жайгашканды түшүндүрөт.

**РАСПРЕДЕЛЕНИЕ ГАУССА** (**Gaussian distribution**), **Гаусстун бөлүштүрүүсү** – караңыз: Бөлүштүрүүнүн жыштыгы, маанилүүлүк.

**РАСХОЖДЕНИЕ** (**dehiscence**), **айырма** – ачып коюу, мисалы, операциялык жаратты.

**РАХИ-** (**rachi-**), **РАХИО-** (**rachio-**), **рахи-, рахио-** – омуртка сөөгүн билдирүүчү сөз.

**РЕКТ- (rect-), РЕКТО- (recto-), рект‑, ректо-** – көтөн чучук түшүнүгүн туюндуруучу сөз. Мисалы, көтөн чучук-жатындык (rectouterine) – көтөн чучук жана жатынга тийиштүү; ректовезикалдык (rectovesical) – көтөн чучук жана табарсыкка тиешелүү.

**РЕНИ- (rent-), РЕНО- (reno-), рени-, рено-** – бөйрөк түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**РЕО- (rheo-), рео-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Суюктук агымы. 2. Электр тогу.

**РЕПЛАНТАЦИЯ (replantation), реплантация** – 1. Кемтик мүчөнүн бөлүгүнө экинчи жолу кайталап тканды же кемтик бөлүгүн жамоо. Мында нервдерди жана кан тамырларды калыбына келтирүү үчүн микрохирургияда кеңири колдонулуучу ыкмалар пайдаланылат. 2. Реимплантация (reimplantation) (стоматологияда) – атайы же кокустан жулунуп калган тишти кайрадан өз ордуна салуу. – Реплантациялоо (replant).

**РЕТИН- (retin-), РЕТИНО- (retino-), ретин, ретино** – көздүн тор кабыгын түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, ретинопексия (retinopexy) – тор кабыктын катмарлануусундагы тор кабыктын жарылган жерин бекитүү.

**РЕТРО- (retro-), ретро-** – бир нерсенин артында же бир нерседен кийин жайгашкан деген түшүнүктү туюндуруучу сөз. Мисалы, ретробульбардык (retrobulbar) – көз алмасынан артында жайгашкан; ретроперитонеалдуу (retroperitoneal) – курсак көңдөйүндө жайгашкан.

**РИЗ- (rhiz-), РИЗО- (rhizo-), риз-, ризо-** – тамыр дегенди түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, ризонихия (rhizonychia) – тырмактын түпкү оромосу.

**РИН- (rhin-), РИНО- (rhino-), рин-, рино-** – мурун түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**РОЖАВШАЯ (parous), төрөгөн аял** – бул термин бир же бир нече бала төрөгөн аялга тиешелүү.

## С

**САЛЬПИНГ- (salping-), САЛЬПИНГО- (salpingo-), сальпинг-, сальпинго-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Фаллопий түтүкчөсү. 2. Угуу түтүкчөсү.

**САНТИ- (centi-), санти-** – бир нерсенин жүздөн бир бөлүгүн туюндуруучу сөз.

**САПР- (sapr-), САПРО- (sapro-), сапр-, сапро-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Чирүү. 2. Чирип жаткан зат.

**САРК- (sarc-), САРКО- (sarco-), сарк-, сарко-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Сулп эт же эттүү ткань. 2. Булчуң.

**САХАР- (sacchar-), САХАРО- (saccharo-), сахар-, сахаро-** – кант түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**СЕМИ-, ПОЛУ- (semi-), семи-, полу-** – бир нерсенин жарымын туюндуруучу сөз.

**СЕПТ- (sept-), СЕПТИ- (septi-), септ-, септи-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Жети. 2. Же СЕПТО (septo-) – тосмо, мурун көңдөйүндөгү тосмо. 3. Сепсис.

**СЕР- (ser-), СЕРО- (sero-), сер-, серо-** – төмөнкү түшүнүктү туюндуруучу сөз: 1. Кан сары суусу. 2. Илээшме катмар.

**СЕТЬ (rete), түйүн** – кан тамырлардын түйүнү, нерв булаларынын түйүнү же чырмаланышкан тканбириктирүүчү булалардын түйүнү, алар органдын стромасын пайда кылат. Урук безинин түйүнү (rete testis) сырткы көрүнүшү менен каналдардын түйүнүн элестетет, алар аркылуу сперматозоиддер урук каналдарынан алып чыгуучу каналдарга өтөт.

**СЕЧЕНИЕ КЕСАРЕВО (Caesarean section), Кесардык кесүүсү** – курсактын бети аркылуу жатындан баланы алып чыгуу үчүн жасала турчу хирургиялык операция. Көпчүлүк учурда бул операция астынкы жатындык сегментте жасалат (lower uterine segment Caesarean section (LUSCS)).

**СИАЛ- (sial-), СИАЛО- (sialo-), сиал-, сиало-** – төмөнкү түшүнүктөрдү берүүчү сөз: 1. Шилекей. 2. Шилекей бези.

**СИГМОИД- (sigmoid-), сигмоид-** – сигма жээк сымал ичегиге тиешелүү сөз. Мисалы, сигмоидотомия (sigmoidotomy) – сигма жээк сымал ичегини жаруу.

**СИДЕРО- (sidero-), сидеро-** – темир түшүнүгүн берүүчү сөз.

**СИМЕНС (siemens), сименс** – Эл аралык бирдик системасындагы (СИ) электр өткөрүмдүүлүктү өлчөө бирдиги, көлөмү, омго тескери. Белгилениши: См.

**СИН- (syn-), СИМ- (sym-), син-, сим-** – биригүү же бир нерсенин кошулуусун туюндуруучу сөз.

**СИНДЕСМ- (syndesm-), СИНДЕСМО- (syndesmo-), синдесм-, синдесмо-** – бириктирүүчү ткань, ошондой эле көпчүлүк учурда байламта түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**СИНИСТР- (sinistr-), СИНИСТРО-, ЛЕВО- (sinistro-), синистр-, синистро, лево** – бир нерсенин солго бурулушун түшүндүрүүчү сөз.

**СИНО- (sino-), СИНУ- (sinu-), сино-, сину-** – төмөнкү түшүнүктү туюндуруучу сөз: 1. Синус. 2. Кан тамырдык синус.

**СИРИНГ- (syring-), СИРИНГО- (syringo-), сиринг-, сиринго-** – түтүк же узун көңдөйчө түшүнүгүн туюндуруучу сөз, мисалы, жүлүндүн борбордук каналы.

**СИТО- (sito-), сито** – тамак-азыкты түшүндүрүүчү сөз.

**СКАТ- (scat-), СКАТО- (scato-), скат-, скато-** – заң массаларын түшүндүрүүчү сөз.

**СКВАМО- (squamo-), сквамо-** – төмөнкү түшүнүктү туюндуруучу сөз: 1. Чыкый сөөктүн кабырчык бөлүгү. 2. Жалпак эпителий.

**СКИА- (skia-), скиа-** – көлөкө түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**СКЛЕР- (scler-), СКЛЕРО- (sclero-), склер-, склеро-** – төмөнкү маанилерди туюндуруучу сөз: 1. Бир нерсенин тыгыздалышы же калыңдашы. 2. Склера. 3. Склероз.

**СКОТО- (scoto-), ското-** – караңгыны түшүндүрүүчү сөз.

**«СМЕРТЬ В КОЛЫБЕЛИ» (cot death), СИНДРОМ ВНЕЗАПНОЙ ДЕТСКОЙ СМЕРТИ (sudden infant death syndrome, SIDS), ымыркай өлүмү, кокустан болгон бала өлүмүнүн синдрому** – эки жашка чейинки наристе баланын белгисиз себептерден улам өлүмгө дуушар болуусу (көбүнчө эки айдан алты айга чейинки балдарда байкалат). Өлүм ар кандай факторлордон улам келип чыгат, бирок ошого карабастан баланын уктап жаткандагы абалы менен түздөн-түз байланыштуу болуусу мүмкүн. Башкача айтканда, көбүнчө көмкөрөсүнөн уктаган балдардын тумчугуп калуусу толук ыктымал. Кошумча караңыз: Апноэ-мониторинг.

**СОМАТ- (somat-), сомат-** – төмөнкү маанилерди туюндуруучу сөз: 1. Дене. 2. Соматикалык.

**СОСУДОРАСШИРЯЮЩИЕ СРЕДСТВА (vasodilators), кан тамырды кычөюлтуучу дарылар** – кан тамырлардын капталындагы булчуңдарга шалбыратып таасир тийгизүүдөн анын көлөмүн чоңойтуучу дарылар. Ошонун натыйжасында тамырдагы кандын басымы төмөндөйт.

**СОСУДОСУЖИВАЮЩИЕ СРЕДСТВА (vasoconstrictors), кан тамырды куушуруучу дарылар** – кан тамырдын капталындагы булчуңдарга чыңалтып таасир тийгизүүдөн анын көлөмүн кичирейтүүчү дарылар. Ошонун натыйжасында тамырдагы кандын басымы жогорулайт.

**СПАЗМО- (spasmo-), спазмо-** – спазмды түшүндүрүүчү сөз.

**СПЕРМ- (sperm-), СПЕРМИО- (spermi(o)-), СПЕРИО- (spermo-), сперм-, спермио-, сперио-** – эрендикти же урук суюктукту түшүндүрүүчү сөз.

**СПЕРМАТ- (spermat-), СПЕРМАТО- (spermato-), спермат-, спермато-** – төмөнкү түшүнүктү туюндуруучу сөз: 1. Эрендик. 2. Эрендик өтүүчү органдар же түтүктөр.

**СПИНО-** (spino-), **спино-** – төмөнкү маанилерди туюндуруучу сөз: 1. Омуртка. 2. Жүлүн.

**СПИРО-** (spiro-), **спиро-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Спираль. 2. Дем алуу процесси.

**СПЛАНХ** (splanch-), **СПЛАНХНО** (splanchno-), **спланх, спланхо** – ички органдар түшүнүгүн берүүчү сөздөр.

**СПЛЕН-** (splen-), **СПЛЕНО-** (spleno-), **сплен-, сплено-** – көк боор түшүнүгүн берүүчү сөз. Мисалы, спленоренальдык (splenorenal) – көк боор жана бөйрөктөргө тиешелүү.

**СПОНДИЛ** (spondyl-), **СПОНДИЛО** (spondylo-), **спондил-, спондило-** – омуртканы же омуртка тутумун түшүндүрүүчү сөз.

**СПОНТАННЫЙ, САМОПРОИЗВОЛЬНЫЙ** (spontaneous), **спонтандуу, өзүнөн өзү болгон** – эч себепсиз өзүнөн өзү пайда же адамдын өз эрки менен эмес болгон себептерден пайда болот.

**СПОСОБ ВОЗДЕЙСТВИЯ** (modality), **таасир кылуу ыкмасы** – бири-бирине карама каршы турган терапиянын бир түрү, мисалы, физиотерапия нурлануу терапиясына карама каршы дегендик.

**СРЕДСТВО, УМЕНЬШАЮЩЕЕ РАЗДРАЖЕНИЕ** (demulcent), **кыжырланууну азайткан каражат** – тынчтандырган каражат, ал былжырлуу челди коргойт жана кыжырланууну азайтууга көмөк көрсөтөт.

**СТАДИЯ, өрчүү деңгээли** – 1. (**Stadium,** көпч. **stadia**) оорунун өрчүшүнүн деңгээли; мисалы, инвазиялык деңгээл (stadium invasionis) – бул оорунун таралып кетүү менен жана алгачкы симптомдорунун пайда болушундагы аралык. 2. (Онкологияда) дарылоо курсун пландаштыруу үчүн алгачкы шишиктин болушун жана метастазанын пайда болуу ордун аныктоо.

**СТАДИЯ «РАЗГАРА БОЛЕЗНИ»** (fastigium), **оорунун «кызуу» деңгээли** – оорунун эң «кызуу» болуп турган мезгили.

**СТЕАТ-** (steat-), **СТЕАТО-** (steato-), **стеат-, стеато-** – май; май тканын түшүндүрүүчү сөз.

**СТЕКЛО ПОКРОВНОЕ** (coverslip), **каптоочу айнек** – тоголок же төрт бурчтук формадагы абдан жука айнек пластинкасы, ал препаратты коргоо үчүн коюлган.

**СТЕНО-** (steno-), **стено-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Жылчыктын ичкериши. Мисалы, стеноцефалия (stenocephaly) – баштын ичкериши. 2. Ичкерген, ичкертилген.

**СТЕНОСТОМИЯ** (stenostomia, stenostomy), **стеностомия** – кайсы бир жылчыктын аномалдык ичкериши. Мисалы, өт жолдорунун жылчыктары.

**СТЕРКО-** (sterco-), **стерко-** – заң массасын туюндуруучу сөз.

**СТЕРН-** (stern-), **СТЕРНО-** (sterno-), **стерн-, стерно-** – төш сөөгүн туюндуруучу сөз. Мисалы, төштүк-кабыргалык (sternocostal) – төшкө же кабыргага тиешелүү.

**СТЕТ-** (steth-), **СТЕТО-** (stetho-), **стет-, стето-** – көкүрөк дегенди түшүндүрүүчү сөз.

**СТИЛО-** (stylo-), **стило-** – чыкый сөөктүн шибеге сымал урчукка тиешеси бар сөз. Мисалы, шибеге үрп сымал (stylomastoid) – шибеге сымал жана үрп сымал урчукка тиешелүү.

**СТОМАТ-** (stomat-), **СТОМАТО-** (stomato-), **стомат-, стомато-** – ооз көңдөйүн туюндуруучу сөз.

**СТОМАТОЛОГИЯ** (dentistry), **стоматология** – медицина илиминин ооздун ичиндеги органдардын илдетин окуй турган бир бөлүгү. Стоматологиянын бөлүмдөрүнө болуп: эндодонтия, терапевттик стоматология, хирургиялык стоматология, ортодонтия, балдар стоматологиясы (педодонтия), периодонтология, профилактикалык (алдын алуучу) стома-

тология, ортопедиялык стоматология (тиштерди протездөө) жана калыбына келтирүүчү стоматология болуп саналышат.

**СТОМАТОЛОГИЯ (odontology), стоматология** – медицинанын бөлүмү, ал тиш оорулар менен жана аларды дарылоого арналган.

**СТОМАТОЛОГИЯ (stomatology), стоматология** – медицинанын багыты, ал тиш оорулар менен ооз көңдөйүн изилдөө, дарылоо жана дарттарды алдын алууга арналган.

**СУБ-, ПОД- (sub-), суб-, алдында** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Бир нерсенин астында деген мааниде. Мисалы, кабырга астындагы (subcostal) – кабыргалардын астында жайгашкан; тил астындагы (sublingual) – тилдин астында жайгашкан; жаак астындагы (submandibular) – жаак астында жайгашкан. 2. Бир бөлүктүү же анча маанилүү эмес.

**СУБДУРАЛЬНЫЙ (subdural), субдуралдуу** – мээ кабыгынын алдынан орун алган өзгөрүүлөр (кошумча караңыз: Гематома).

**СУПЕР- (super-), супер-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Бир нерседен алда канча өйдө жайгашкан. 2. Эң эле же ашып калуучу.

**СУПРА-, НАД- (supra-), супра-, үстүндө** – бир нерседен өйдө же астында дегенди түшүндүргөн сөз. Мисалы, акырек алдындагы (supraclavicular) – акыректин алдында жайгашкан; тил астынын алдында (suprahyoid) – тил астындагы сөөктүн өйдө жагында жайгашкан; бөйрөктүн астында жайгашкан (suprarenal).

**СФЕНО (spheno-), сфено-** – шынаа сымал сөөктү түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, шынаа сымал - үстүнкү жаак (sphenomaxillary) – шынаа сымал жана үстүнкү жаак сөөккө тиешелүү.

**СФИГМО- (sphygmo-), сфигмо-** – пульс түшүнүгүн туюндуручу сөз.

**СФИНКТЕР- (sphincter-), сфинктер-** – сфинктерди түшүндүрүүчү сөз.

## Т

**ТАЛ- (tal-), ТАЛО- (talo-), тал-, тало-** – бакай сөөктү түшүндүрүүчү сөз.

**ТАЛАМ- (thalam-), ТАЛАМО- (thalamo-), талам-, таламо-** – таламусту туюндуруучу сөз. Мисалы, таламолентикулярдык (thalamolenticular) – таламуска (көрүү дөңүнө) жана баш мээнин жасмык сымал ядросуна тиешеси бар.

**ТАРС- (tars-), ТАРСО- (tarso-), тарс-, тарсо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Кызыл ашык; шыйбылчак алдынкы сөөк. 2. Кабактын кыры.

**ТАХИ- (tachy-), тахи-** – бир нерсенин көбөйүшүн, тездешин туюндуруучу сөз.

**ТЕЛ- (tel-), ТЕЛЕ- (tele-), ТЕЛО- (telo-), тел-, теле-, тело-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Бир нерсенин учу же аягы. 2. Аралык.

**ТЕНО- (teno-), тено-** – тарамыш түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**ТЕРАТ- (terat-), ТЕРАТО- (terato-), терат-, терато-** – тубаса дефект же болбосо майыптык түшүнүгүн берүүчү сөз.

**ТЕРМ- (therm-), ТЕРМО- (thermo-), терм-, термо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Жылуулук. 2. Температура.

**ТЕТАН- (tetan-), ТЕТАНО- (tetano-), тетан-, тетано-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Тетанус (столбняк). 2. Тетания.

**ТЕТРА- (tetra-), тетра-** – төрт түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**ТИМ- (thym-), ТИМО- (thymo-), тим-, тимо-** – тимусту жана богок безин түшүндүрүүчү сөз.

**ТИМИЯ (-thymia), тимия** – жан дүйнөнүн абалын түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, циклотимия (cyclothymia) – көңүлдүн ар кандай болушу.

**ТИМПАН**- (**tympan-**), **ТИМПАНО**- (**tympano-**), **тимпан-, тимпано-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндурат: 1. Кулак тарсылдагы. Мисалы, тимпанэктомия (tympanectomy) – кулак тарсылдагын алып салуу үчүн аткарыла турган хирургиялык операция. 2. Орто кулак.

**ТИРО**- (**thyro-**), **тиро-** – калкан безин түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, калкандык – тилдик (thyroglossal) – калкан безине жана тилге тиешелүү.

**ТИФО**- (**typho-**), **тифо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндурат: 1. Келте. 2. Темгилдик келте.

**ТОКО**- (**toco-**), **токо-** – төрөттү түшүндүрүүчү сөз.

**ТОКС**- (**tox-**), **ТОКСИ**- (**toxi-**), **ТОКСО**- (**toxo-**), **ТОКСИКО**- (**toxic(o)-**), **токс-, токси-, токсо-, токсико-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Уулуу. 2. Уулуу заттар (токсиндер) менен ууланууу.

**ТОМО**- (**tomo-**), **томо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Катмар, жара тилүү. 2. Хирургиялык операция.

**ТОНО**- (**tono-**), **тоно-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Тонус же чыңалуу. 2. Басым.

**ТОПО**- (**topo-**), **топо-** – орунду, орун алгандыкты түшүндүрүүчү сөз.

**ТОРАК**- (**thorac-**), **ТОРАКО**- (**thoraco-**), **торак-, торако-** – көкүрөк клеткасын же көкүрөктү түшүндүрүүчү сөз.

**ТРАХЕ**- (**trache-**), **ТРАХЕО**- (**tracheo-**), **трахе-, трахео-** – кекиртек түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**ТРИХ**- (**trich-**), **ТРИХО**- (**tricho-**), **трих-, трихо-** – чач же чачка окшош түзүлүштү туюндуруучу сөз.

**ТРОМБ**- (**thromb-**), **ТРОМБО**- (**thrombo-**), **тромб-, тромбо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Уюп, катып калган кан (тромб). 2. Тромбоз. 3. Кан тромбоциттери.

**-ТРОПИК** (**-tropic**), **-тропик** – туюндуруучу сөз: бир нерсе менен тукумдаш болуу, бир нерсеге таасир тийгизүү жөндөмдүүлүгү бар. Мисалы, инотроптук (inotropic) – булчундун жыйрылуусунун күчүн өзгөрткөн.

**ТРОФ**- (**troph-**), **ТРОФО**- (**tropho-**), **троф-, трофо-** – азык же азыктандыруу түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**ТУБО**- (**tubo-**), **тубо-** – түтүктү түшүндүрүүчү сөз. Өзгөчө фаллопий түтүгүн же угуу жолдорун.

## У

**УРАН**- (**uran-**), **УРАНО**- (**urano-**), **уран-, урано-** – асман дегенди түшүндүргөн сөз.

**УРЕТЕР-, УРЕТЕРО-, МОЧЕТОЧНИК-, МОЧЕТОЧНИКО**- (**ureter-, uretero-**), **уретер-, уретеро-, сийдик** – кындык (ureterovaginal) – сийдик түтүккө жана кынга тиешелүү.

**УРЕТР**- (**urethr-**), **УРЕТРО**- (**urethro-**), **уретр-, уретро-** – уретраны түшүндүрүүчү сөз.

**УРИН**- (**urin-**), **УРИНО**- (**urino-**), **УРО**- (**uro-**), **урин-, урино-, уро-** – сийдикти же сийдик чыга турган система түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**УТЕР**- (**uter-**), **УТЕРО**- (**utero-**), **утер-, утеро-** – жатын түшүнүгүн туюндуруучу сөз. Мисалы, утероцервикалдык (uterocervical) – жатын моюнчасына; утеровагиналдык (uterovaginal) – жатын жана жыныс кынына; утеровесикалдык (uterovesical) – жатын жана табарсыкка тиешелүү.

## Ф

**ФАГ**- (**phag-**), **ФАГО**- (**phago-**), **фаг-, фаго-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Тамак - азыктар. 2. Фагоциттер.

**ФАРИНГ-** (**pharyng-**), **ФАРИНГО-** (**pharyngo-**), **фаринг-**, **фаринго-** – кекиртек түшүнүгүн туюндуруучу сөз. Мисалы, фарингопатия (pharyngopathy) – кекиртекте пайда болуучу түрдүү оорулар.

**ФАРМАКО-** (**pharmaco-**), **фармако-** – дары каражаттарын туюндура турчу сөз. Мисалы, фармакофобия (pharmacophobia) – дары каражаттарын колдонуудан коркуу.

**ФЕРРИ-** (**ferri-**), **ФЕРРО-** (**ferro-**), **ферри-**, **ферро-** – темир түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**ФЕТО-** (**feto-**), **фето-** – түйүлдүк менен байланышы бар сөз.

**ФИБР-** (**fibr-**), **ФИБРО-** (**flbro-**), **фибр-**, **фибро-** – булалар же фиброздук ткань менен байланышы бар сөз.

**ФИЗИ-** (**physi-**), **ФИЗИО-** (**physio-**), **физи-**, **физио-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Физиология. 2. Денеге тиешелүү сөз.

**ФИЗО-** (**physo-**), **физо** – абаны же газды түшүндүрүүчү сөз.

**ФИТ-** (**phyt-**), **ФИТО-** (**phyto-**), **фит-**, **фито-** – өсүмдүктү түшүндүрүүчү сөз.

**ФЛАВ-** (**flav-**), **ФЛАВО-** (**flavo-**), **флав-**, **флаво-** – сары түскө тиешелүү сөз.

**ФЛЕБ-** (**phleb-**), **ФЛЕБО-** (**phlebo-**), **флеб-**, **флебо-** – тамыр түшүнүгүн туюндуруучу сөз. Мисалы, флебэктопия (phlebectopia) – тамырлардын адаттан тышкары жайгашуусу.

**ФОН-** (**phon-**), **ФОНО-** (**phono-**), **фон-**, **фоно-** – тыбыш же үн түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**ФОТ-** (**phot-**), **ФОТО-** (**photo-**), **фот-**, **фото-** – жарык деген мааниdegi сөз.

**ФРЕН-** (**phren-**), **ФРЕНО-** (**phreno-**), **френ-**, **френо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү берүүчү сөз: 1. Баш мээ же акыл-эс. 2. Диафрагма. 3. Диафрагмалык нерв.

## Х

**ХЕЙЛ-** (**cheil-**), **ХЕЙЛО-** (**cheilo-**), **хейл-**, **хейло-** – эрин менен байланышкан түшүнүктү туюндуруучу сөз. Мисалы, хейлопластика (cheiloplasty) – эриндерди калыбына келтирүү үчүн жасала турчу пластикалык операция.

**ХЕЙР-** (**cheir-**), **ХЕЙРО-** (**cheiro-**), **хейр-**, **хейро-** – кол манжаларына тийиштүү түшүнүктү туюндуруучу сөз. Мисалы, хейралгия (cheiralgia) – манжалардын оорушу; хейропластика (cheiroplasty) – кол манжаларын калыбына келтирүү үчүн жасала турчу пластикалык операция.

**ХЕМ-** (**chem-**), **ХЕМО-** (**chemo-**), **хем-**, **хемо-** – химия же химиялык реакцияга тиешелүү түшүнүктү туюндуруучу сөз.

**ХИР-** (**chir-**), **ХИРО-** (**chiro-**), **хир-**, **хиро-** – кол манжаларына тийиштүү түшүнүктү туюндуруучу сөз. Кошумча караңыз: Хейр, Хейро.

**ХЛОР-** (**chlor-**), **ХЛОРО-** (**chloro-**), **хлор-**, **хлоро-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Хлор жана хлориддер. 2. Жашыл.

**ХОЛ-** (**chol-**), **ХОЛЕ-** (**chole-**), **ХОЛО-** (**cholo-**), **хол-**, **холе-**, **холо-** – өт менен байланыштуу түшүнүктү берүүчү сөз. Мисалы, холемезис (cholemesis) – өт аралаш кусуу.

**ХОЛЕДОХ-** (**choledoch-**), **ХОЛЕДОХО-** (**choledocho-**), **холедох-**, **холедохо-** – жалпы өт түтүктөрү менен байланышты туюндуруучу сөз. Мисалы, холедохопластика (choledochoplasty) – жалпы өт түтүктөрүн хирургиялык жол менен калыбына келтирүү.

**ХОЛЕЦИСТ-** (**cholecyst-**), **холесцист-** – өт баштыкчасы менен болгон байланыш түшүнүгүн туюндуруучу сөз. Мисалы, холецистотомия (cholecystotomy) – өт баштыкчасынын жара тилүү.

**ХОНДР-** (**chondr-**), **ХОНДРО-** (**chondro-**), **хондр-**, **хондро-** – кемирчек менен болгон байланышты туюндуруучу сөз. Мисалы, хондрогенез (chondrogenesis) – кемирчек тканынын пайда болуу процесси.

**ХОРД- (chord-), ХОРДО- (chordo-), хорд-, хордо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү бере турчу сөз: 1. Жип сымал узун түзүлүш. 2. Эмбрион хордасы.

**ХРИЗ- (chrys-), ХРИЗО- (chryso-), хриз-, хризо-** – алтын же алтындын туздары деген маанидеги сөз.

**ХРОМ- (chrom-), ХРОМО- (chromo-), хром-, хромо-** – боёктун же түстүү пигменттин бар экендигин көрсөтүүчү сөз.

**ХРОМАТ- (chromat-), ХРОМАТО- (chromato-), хромат-, хромато-** – түстүн жана пигментациянын болушун түшүндүргөн сөз.

**ХРОН- (chron-), ХРОНО- (chrono-), хрон-, хроно-** – убакыт менен болгон байланышты көрсөтө турчу сөз. Мисалы, хронофобия (chronophobia) – убакыттан өтүүсүнө байланышкан коркунуч.

**ХРОНИЧЕСКИЙ (chronic), өнөкөт** – термин узакка созулуп жана жай өтө турчу өзгөрүүлөр менен байланышкан ооруну мүнөздөп берүү үчүн колдонулат. Мындай оорулар убакыттын өтүшү менен күч алуусу мүмкүн. Салыштыруу үчүн: Курч.

## Ц

**ЦЕЛИ- (coeli-, coelio-), цели-** – ич көңдөйү менен болгон байланышты көрсөтүүчү сөз. Мисалы, целиэктазия (coeliectasia) – ич көңдөйүнүн адаттан тышкары чоюлуп кетүүсү.

**ЦЕНТРО- (centri-), борбордук** – кайсы бир органдын же дененин бөлүгүнүн борбору менен байланышта болгон сөз. Мисалы, борбордук үлүштүк (centrilobular) – үлүштүн борборунда же анын жанында жайгашкан (өзгөчө боордун).

**ЦЕРВИК- (cervic-), ЦЕРВИКО- (cervico-), цервик-, цервико-** – 1. Моюн менен болгон байланышты туюндуруучу сөз. Мисалы, цервикодиния (cervicodynia) – моюн туштагы оору. 2. Жатын моюнчасы менен болгон байланышты туюндурат. Мисалы, цервикэктомия (cervicectomy) – жатын моюнчасын хирургиялык жол менен алып салуу.

**ЦЕРЕБР- (cerebr-, cerebri-), ЦЕРЕБРО- (cerebro-), церебр-, церебро-** – баш мээ менен болгон байланышты туюндура турчу сөз.

**ЦЕФАЛ- (cephal-), ЦЕФАЛО- (cephalo-), цефал-, цефало-** – баш менен болгон байланышты туюндуруучу сөз. Мисалы, цефалгия (cephalalgia) – баш оору.

**ЦИАН- (cyan-), ЦИАНО- (cyano-), циан-, циано-** – көк түстү билдирүүчү сөз.

**ЦИКЛ- (cycl-), ЦИКЛО- (cyclo-), цикл-, цикло-** – төмөнкү түшүнүктөрдү берет турчу сөз: 1. Кайсы-бир процесстин цикликалык мүнөзү же цикл. 2. Кирпиктүү дене. Мисалы, циклэктомия (cyclectomy) – цилиардык денени кесүү.

**ЦИРКУМ- (circum-), циркум** – бир нерсенин айланасын, жакын жайгашуусун көрсөтүүчү сөз. Мисалы, циркуманалдык (circumanal) – көтөн чучуктун жанында жайгашуу.

**ЦИРС- (cirs-), ЦИРСО- (cirso-), цирс-, цирсо-** – варикоздук кеңейүүгө дуушар болгон тамыр түшүнүгүн туюндуруучу сөз. Мисалы, цирсэктомия (cirsectomy) – варикоздук кеңейүүгө дуушар болгон тамырды жара тилүү.

**ЦИСТ- (cyst-), ЦИСТО- (cysto-), цист-, цисто-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Баштыкча, табарсык. Мисалы, цистопластика (cystoplasty) – табарсыкты пластикалык жол менен калыбына келтирүү. 2. Киста.

**ЦИТ- (cyt-), ЦИТО- (cyto-), цит-, цито-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Клетка (клеткалар). 2. Цитоплазма.

## Ч

**ЧЕТЫРЕХПАЛОСТЬ (tetradactyly), төрт бармактулук** – тубаса дефект, ал бутта төрт эле манжанын болушу менен мүнөздөлөт.

## Ш

**ШАПОЧКА (cap), малакай** – баш кийимди элестетүүчү түзүлүштөр. Дуоденалдык малакай (duodenal cap) – барийди кабыл алгандан кийин рентгенограмма аркылуу аныктала турган он эки эли ичегинин үстүнкү сегменти.

**ШИЗ- (schiz-), ШИЗО- (schizo-), шиз-, шизо-** – жарылуу же бөлүнүү түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**ШИНА (cast), шакшак** – кайсы бир дененин бөлүгү үч дененин бөлүгү үчүн катуу жабуу, ал пластиктен же ачык өрүлмө бандажжан жасалган, гипс менен сиңирилип, ным түрүндө колдонулат.

**ШИСТО- (schisto-), шисто-** – тилке же жарака түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**ШКАЛА ГИСТОЛОГИЧЕСКАЯ (histological grade), гистологиялык шкала** – шишиктердин дифференцияланышынын даражасын көрсөтүүчү шкала, негизинен эмчек безиндеги шишикти.

## Э

**ЭЗОФАГ- (oesophag-), ЭЗОФАГО- (oesophago-), эзофаг, эзофаго** – кызыл өңгөч түшүнүгүн туюндуруучу сөз. Мисалы, эзофагэктомия (oesophagectomy) – кызыл өңгөчтү хирургиялык жол менен алып салуу.

**ЭК- (ec-), эк-** – бир нерсенин тышында же сыртында жайгашкан түшүнүктү туюндуруучу сөз.

**ЭКВИ- (equi-), экви-** – эквиваленттүүлүктү жана теңдик түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**ЭКЗ- (ex-), ЭКЗО- (exo-), экз-, экзо-** – бир нерсенин тышында же сыртында жайгашкан түшүнүктү туюндуруучу сөз.

**ЭКЗО- (exo-), экзо-** – караңыз: Экз (ex-).

**ЭКСТРА- (extra-), экстра-** – кайсы бир нерседен сырткары же бир нерседен өйдө болушун түшүндүрүү сөз.

**ЭКТ- (ect-), ЭКТО- (ecto-), экт-, экто-** – бир нерсенин сырткары же сыртында болушу.

**ЭКТРО- (ectro-), эктро-** – тубаса жоктукту көрсөтүүчү сөз.

**ЭМ- (em-), эм-** – караңыз: Эн-.

**ЭН- (en-), ЭМ- (em-), эн-, эм-** – ичинде жайгашкандыкты түшүндүргөн сөз.

**ЭНД- (end-), ЭНДО- (endo-), энд-, эндо-** – бир нерсенин ичинде жайгашкан деген маанини туюндуруучу сөз. Мисалы, эндонасалдык (endonasal) – мурун ичинде жайгашкан.

**ЭНТЕР- (enter-), ЭНТЕРО- (entero-), энтер-, энтеро-** – ичеги-карын менен болгон байланышты көрсөтүүчү сөз. Мисалы, копролит (enterolith) – ичегиде заң конкременти.

**ЭНЦЕФАЛ- (encephal-), ЭНЦЕФАЛО- (encephalo-), энцефал-, энцефало-** – баш мээ менен болгон байланышты туюндура турчу сөз.

**ЭПИ- (epi-), эпи-** – бир нерсенин үстүндө жайгашкан деген түшүнүктү туюндура турчу сөз.

**ЭПИЗИО- (episio-), эпизио-** – вульва менен болгон байланышты туюндуруучу сөз. Мисалы, эпизиопластика (episioplasty) – вульва пластикасы.

**ЭПИПЛО- (epiplo-), эпипло-** – чычыркай май безин түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, эпиплоцеле (epiplocele) – бүлкүлдөгү бар чурку.

**ЭПОНИМ- (eponym-), эпоним-** – ооруну же операцияны биринчи тапкан же биринчи жасаган адамдын аты. Ошол адамдын атына коюлган операциянын аты, оорунун көрүнүшүн биринчи болуп жазган илимпоздун аты. – Эпонимдик (eponymous).

**ЭРГ-** (**erg-**), **ЭРГО-** (**ergo-**), **эрг, эрго** – иш же кайсы бир иш-аракеттин аякташын туюндуруучу сөз.

**ЭРИТР-** (**erythr-**), **ЭРИТРО-** (**erythro-**), **эритр-, эритро-** – төмөнкү маанини туюндуруучу сөз: 1. Кызаруу. Мисалы, эритрурия (erythuria) – сийдиктин кызыл түстө бөлүнүп чыгышы. 2. Эритроциттер менен болгон байланыш.

**ЭРОТ-** (**erot-**), **ЭРОТО-** (**eroto-**), **эрот-, эрото-** – жыныстык ышкы же сүйүү сезимин туюндуруучу сөз. Мисалы, эротофобия (erotophobia) – жыныстык катнашка баруу алдында пайда болуучу коркуу сезими.

**ЭУ-** (**eu-**), **эу-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Жеңил же жакшы. 2. Нормалдуу деген мааниде колдонулат.

**ЭФФЕКТОР** (**effector**), **эффектор** – кайсы-бир структура же зат, ал булчуңдардын же бездердин активдүүлүгүн стимулдаштырат.

## Я

**ЯТРО-** (**iatro-**), **ятро-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Медицина. 2. Доктур.

# МЕДИЦИНСКАЯ СТАТИСТИКА



## А

**АРИТМИЯ (arrhythmia), аритмия** – жүрөктүн кагуу калысынын өзгөрүшү. Аритмияга жүрөк ритминин тиешелүү бузулуштары кирет: эктопикалык систола (экстрасистола), эктопикалык тахикардия, фибрилляция жана жүрөктүн блокадасы (ал көпчүлүк учурда жүрөк жыйрылышынын азайышы менен коштолот).

**АРИТМИЯ СИНУСОВАЯ (sinus arrhythmia), синустук аритмия** – жүрөк жыйрылуу ылдамдыгынын нормалдуу өзгөрүүсү, ал дем алуу убагында бир аз жогорулайт жана дем чыгарууда азаят. Синустук аритмия оорубаган адамдарда жолугат.

## Б

**БЕЛ (bel), бел** – караңыз: Децибел.

**БИОСТАТИСТИКА (biostatistics), биостатистика** – саламаттык сактоо жана социалдык маселелерди изилдөө үчүн атайын сунуштарды пайдалануучу статистикалык маалымат жана усулдар.

## В

**ВЕРОЯТНОСТЬ (probability), мүмкүндүк** – караңыз: Маанилүүлүк.

**ВИД (species), түр** – тирүү организмдерди классификациялоо үчүн пайдаланыла турган эң майда таксономиялык бирдик. Бир түрдүн өкүлдүрү өз ара аргындашуунун жолу аркылуу өтө көп урук калтырууга жөндөмдүү. Бир түрдөгүлөр бир тектин ичинде биригишет.

**ВРЕМЯ ПРОТРОМБИНОВОЕ (prothrombin time (PT)), протромбдуу убакыт** – бул кан уюудан кийин изилденген үлгүгө кальций жана тромбопластинди кошуу мезгили. Чоң протромбдуу убакыт, организмде коагуляцияланган факторлордун дефицитин болушун айгинелейт. Протромбдуу мезгилди аныктоо, организмде антикоагулянттык дарылоонун реакциясын көзөмөлдөө үчүн колдонулат.

**ВЫБОРКА СЛУЧАЙНАЯ, ВЫБОРКА ПРОИЗВОЛЬНАЯ (random sample), капыс тандоо, негизсиз тандоо** – адамдардын чоң тобунун популяциясынан кокусунан эле тандалып алынган.

## Г

**ГАУСС (gauss), гаусс** – магниттик индукциянын бирдиги, ал квадраттык сантиметрдин 1 максвеллине барабар.

**ГЕМОДЮЛИЦИЯ (haemodilution), гемодюлиция** – плазмада эритроциттердин санынын азайышы, плазманын жалпы салмагынын көбөйүшү менен байланыштуу. Гемодюлициянын себептери ар кандай болушу мүмкүн, анын ичинде кош бойлуулук жана көк боордун чоңоюп кетиши (караңыз: Гиперспленизм). Салыштыруу үчүн: Гемоконцентрация.

**ГЕМОКОНЦЕНТРАЦИЯ (haemoconcentration), гемоконцентрация** – плазмада эритроциттердин санынын көбөйүшү, бул организмде плазманын санынын азайышы менен байланышкан. Гемоконцетрация түрдүү ооруларда пайда болушу мүмкүн, организмде суунун жетишсиздигин туудурат. Салыштыруу үчүн: Гемодилюция.

**ГЕРЦ (hertz), герц** – СИ системасындагы тездүүлүктүн бирдиги (мисалы, термелүүнүн), ал периодикалык процесстин тездигине барабар болот, мында 1 с ичинде анын бир цикли өтөт. Белгилениши: Гц.

**ГИГРОМЕТР (hygrometer), гигрометр** – абанын нымдуулугун аныктай турган аспап.

**ГИГРОМЕТР ТОЧКИ РОСЫ (dew-point hygrometer), шүдүрүм чекитинин гигрометри (dew-point hygrometer)** – абанын атмосфералык нымдуулугун аныктоочу аспап. Караңыз: Гигрометр.

**ГИСТОГРАММА (histogram), гистограмма** – статистикалык диаграмманын түрү. Ага алынган маанилер түз бурчтук түрүндө берилет.

**ГРУППА СОЦИОЭКОНОМИЧЕСКАЯ (socio-economic group), социоэкономикалык топ** – караңыз: Социалдык класс.

## Д

**ДЕЙСТВИТЕЛЬНОСТЬ, ДОСТОВЕРНОСТЬ (validity), чындык, накталык** – даража, аны менен клиникалык симптомдор же тесттер, кайсы бир дарттын болушун аныктайт. Салыштыруу үчүн: Интервенциондук окуп изилдөө.

**ДЕМОГРАФИЯ (demography), демография** – калк курамын жаш курагына, жынысына, ошондой эле миграция жана жашоо-шартка ылайыкташканына карата улуттук, регионалдык негизде изилдөө. Бул маалыматтар, ар бир тармак боюнча спецификалык зарылдык жана коркунуч факторлорун таап чыгуу үчүн коомдук саламаттыкты сактоо жаатында пайдаланылат. Кошумча караңыз: Биостатистика.

**ДИАГРАММА РАССЕЯННАЯ (scatter diagram), чачкындуу диаграмма** – (статистикада) караңыз: Корреляция.

**ДОЗИМЕТР (dosimeter), дозиметр** – рентгендик же кандайдыр бир башка радиоактивдүү приборлор менен иш алып барып жатышкан адамдардын радиоактивдүү нурданууга кабылуу өлчөмүн аныктай турчу прибор.

**ДОЛЬКА (lobule), үлүшчө** – кайсы бир органдын же анын бөлүгүнүн майда структурасы. Мисалы, боордун үлүшү (lobule of the liver) структуралык жана функционалдык бирдик болуп саналат.

**ДОЛЯ (lobe), үлүш** – кайсы бир органдын же анын бөлүгүнүн негизги курамдык бирдиги. Мисалы, баш мээ, боор жана өпкө өз алдынча үлүштөргө бөлүнөт. – Үлүштүк (lobar).

## З

**ЗДРАВООХРАНЕНИЕ ОБЩЕСТВЕННОЕ I (community health), коомдук саламаттыкты сактоо I** – негизинен госпиталь жана ооруканалардан сырткары жайгашкан алдын алуучу кызматтар. Алардын милдетине: мисалы, мектепке чейинки, мектеп жашындагы балдардын, аялдардын, ошондой эле кары адамдардын ден соолугуна байкоо жүргүзүү кирет. Мындай байкоо жүргүзүүлөр кадимки клиникалык текшерүү, ошондой эле скрининг-тесттерди өткөрүү менен жүзөгө ашырылат.

**ЗДРАВООХРАНЕНИЕ ОБЩЕСТВЕННОЕ II (public health medicine), коомдук саламаттыкты сактоо II** – (Улуу Британияда) калктын саламаттыгын өз деңгээлинде кармап туру менен айрым бир оорулардын алдын алуу үчүн зарыл болгон суроо-талаптарды аныктай турчу медицинанын бөлүгү. Алгач медицинанын бул бөлүгү коомдук саламаттык (community medicine) же мамлекеттик саламаттыкты (social medicine) сактоого тиешелүү болу менен өз карамагына эпидемиология, ден соолукту чыңдоо, медициналык жардамды пландоо жана аны баалоо кызматы, инфекциялык оорулардын жайылуусуна көзөмөлдүк кылуу, ошондой эле уулуу заттарды сактоого көзөмөлдүк кылуу жана пайдалануу өндүү кызматтарды камтыган.

**ЗНАЧИМОСТЬ (significance), маанилүүлүк** – (статистикада) байкоо жүргүзүлүүчү эки топтун ортосундагы өз ара байланыш, ал алардын арасынан айырмачылыктарды

аныктоого мүмкүндүк берет. Кошумча караңыз: Бөлүштүрүүнүн жыштыгы, Стандарттуу катачылык.

## И

**ИЗОЛЯЦИЯ (isolation), изоляция** – 1. Жугуштуу ооруларды жана дени сак адамдардан бөлүү. Кошумча караңыз: Карантин. 2. Хирургияда – кайсы-бир тканды аны курчап турган ткандан атайын аспаптардын жардамы менен бөлүп коюуу.

**ИЗУЧЕНИЕ СЛУЧАЕВ ЗАБОЛЕВАНИЯ КОНТРОЛЬНОЕ (case control study), оорунун келип чыгуусун контролдук изилдөө** – тигил же бул оору менен жапа чегишкен адамдар тобун бул оору түрү кездешпеген топтогу адамдар менен салыштыруу (мисалы, өпкө рагы жана башка бир себептер менен көз жумган адамдар үчүн тамеки түтүнүнүн тийгизген таасири). Алгач ирет эске алынбай калган факторлорго дыкат көнүл бөлүү үчүн тигил же бул оору менен жапа чеккен ар бир адам жаш курагына, жынысына жана/же кесибине жараша башка бир контролдук топтун өкүлү менен салыштырылат. Салыштыруу үчүн: Белгилүү бир контингенттеги адамдарды изилдөө, Профилдик изилдөө.

**ИНВАЛИД (handicap), майып** – 1. Кандайдыр бир социалдык, өндүрүштүк же башка бир ишмердүүлүккө карата болгон жөндөмдүн жарым-жартылай же толук жоголушу. Белгилүү бир структуралык оорусу бар адам майып болуп саналат. Майыптык, адатта тубаса түрүндө болот. Ошого карабастан, майыптыктын кандайдыр бир кокустуктардан улам келип чыгуусу да мүмкүн. Кошумча караңыз: Дарттардын эл аралык классификатору. 2. Караңыз: Психикалык жетишсиздик.

**ИНДЕКС ДАВЛЕНИЯ (pressure index (PI)), басымдын индекси** – кан басымынын чоң балтыр артериянын ийин артериясына карата басымынын мамилеси, ал берилген аяктардын ортериялык ичкеришинин даражасын чагылдырат.

**ИНДЕКС КРАНИАЛЬНЫЙ (cephalic index), краниалдуу индекс** – баш сөөктү краниометрияга өлчөө учурунда колдонулуучу көрсөткүч. Баш сөөктүн жүзгө көбөйтүлгөн максималдуу узундугун көрсөтөт. Кошумча караңыз: Брахицефалия, Долихоцефалия.

**ИНДЕКС МИТОТИЧЕСКИЙ (mitotic index), митотикалык индекс** – азыркы учурда митоз процессинде кездешүүчү клеткалар саны.

**ИНДЕКС ОПСОНИЧЕСКИЙ (opsonic index), опсоникалык индекс** – иммундук сыворотканын активдүүлүгүнүн сандык аныктамасы, ал организмде пайда болуучу бактерияларды жок кылат, ошондой эле бул бактерияларды фагоцитозго даярдайт.

**ИНДЕКС ПОЛОВОЙ (sex ratio), жыныстык индекс** – популяцияда эркектердин жана аялдардын санынын катыштыгы, ал 100 аялга карата келет. Алгачкы жыныс индекси (primary sex ratio) уруктанганга чейин теоретикалык жактан 50 түзөт. Кайталанма жыныс индекси (secondary sex ratio), бала төрөлгөн мезгилден баштап аныкталганда, адатта эркек балдарга караганда кыздардын аз төрөлөрү тастыкталат.

## К

**КИЛОГРАММ (kilogram), килограмм** – СИ системасындагы салмактын негизги бирдиги, ал 1000 граммга барабар.

**КОЙКО-МЕСТО (bed occupancy), жатуу-оруну** – оорукана жайындагы жатуу-орундарынын саны, алр оруулуулар менен толукталган жана проценттик катышта караганда ооруканадагы палаталардагы, ооруканадагы, госпиталдагы же региондордогу жаткан жерлердин санына барабар.

**КОЭФФИЦИЕНТ ВНУТРИБОЛЬНИЧНОЙ СМЕРТНОСТИ (hospital fatality ratio), оорукананын ичиндеги өлүмдүн коэффициенти** – караңыз: Өлүү коэффициенти.

**КОЭФФИЦИЕНТ ВЫПИСКИ ИЗ БОЛЬНИЦЫ (discharge rate), ооруканадан айыктырып чыгаруу коэффициети** – дарылоодон кийин ооруканадан чыгаруулардын саны (адатта аймактар боюнча байкалат 10 000 адамга).

**КОЭФФИЦИЕНТ ЗАБОЛЕВАЕМОСТИ (incidence rate, inception rate), оруунун коэффициенти** – оорунун жаңы пайда болгону каралган кырдаалда коэффициентин аныктоо. Берилген коэффициент ооруп калган адамдардын саны боюнча же дартынын өрчүшү боюнча аныкталса болот, ал 1000 адамга барабар болот. Салыштыруу үчүн: Оорунун таралуу коэффициенти.

**КОЭФФИЦИЕНТ МАТЕРИНСКОЙ СМЕРТНОСТИ (maternal mortality rate), эне өлүмүнүн коэффициенти** – төрөттөрдүн жалпы санына карата мамилеси, кош бойлуулук мезгилиндеги жана төрөттөн кийин ар кайсы кырдаалдарга жараша өлүмгө алып келүүчү же өлүм менен аяктаган төрөттөрдүн саны. Азыркы убакта ал өлүм менен аяктагандардын саны, 100 000 төрөткө каралат.

**КОЭФФИЦИЕНТ ОБЩИЙ (crude rate), жалпы коэффициент** – кайсы-бир кырдаалдардын саны, (мисалы, өпкөнүн рак оорусу менен ооругандар), бүтүндөй каллка тиешеси бар процентте чагылдырылган.

**КОЭФФИЦИЕНТ ПЕРИНАТАЛЬНОЙ ДЕТСКОЙ СМЕРТНОСТИ (perinatal mortality rate), перинаталдык ымыркайлар өлүмүнүн коэффициенти** – караңыз: Ымыркайлардын арасындагы өлүү коэффициенти.

**КОЭФФИЦИЕНТ РЕПРОДУКЦИИ (reproduction rate), репродукциянын коэффициенти** – караңыз: Төрөлүү.

**КОЭФФИЦИЕНТ СМЕРТНОСТИ (case fatality ratio), өлүмдүн коэффициенти** – берилген убакыттагы кайсы бир оорудан кийин өлүмгө алып келген дарттардын саны. Ал ошол эле кырдаалда берилген дарттын пайда болушуна 100 окуяга туш келет. Жыл сайын берилген ооруканага кайсы бир конкреттүү дарт менен түшкөндөрдүн саны менен салыштырганда жана андан өлгөн оруулулардын оорукана ичиндеги өлүм коэффициентин аныктоо деп аталат (hospital fatality ratio).

**КОЭФФИЦИЕНТ СМЕРТНОСТИ СРЕДИ МЛАДЕНЦЕВ (infant mortality rate, IMR), ымыркайлардын арасындагы өлүү коэффициенти** – бир жылдын ичинде, бир жашка чейинки ымыркайлардын арасынан өлүм менен байланышкан кырдаалдардын саны 1000 тирүү ымыркайлардын санына келет. Кошумча караңыз: Өлүп төрөлгөндүктүн коэффициенти.

**КОЭФФИЦИЕНТ СМЕРТНОСТИ СРЕДИ НОВОРОЖДЕННЫХ (neonatal death rate), ымыркайлардын арасындагы өлүм коэффициенти** – караңыз: Ымыркайлардын арасындагы өлүү коэффициенти.

**КУЛОН (coulomb), кулон** – Си системасындагы электр бирдигинин саны, ал электр жарыгынын санына барабар, токто 1 секунданын ичинде берилет, 1 Амперге барабар. Белгилениши: К.

## Л

**ЛИТР (litre), литр** – көлөмдүн бирдиги, ал 4 °С температурадагы 1 кг таза суунун ээлеген көлөмүнө жана нормалдуу атмосфералык басымга (760 мм рт. ст.) барабар.

**ЛИЦО, ЗАМЕНЯЮЩЕЕ ФУНКЦИИ МАТЕРИ (surrogate mother), суррогаттуу эне** – башка бирөө менен сүйлөшүү аркылуу, адатта балалуу боло албай калган үй-бүлөлөр менен келишим түзгөн аял, жасалма түрдө бойго бүтүп, бала төрөлөрү менен баланы ошол үй-бүлөгө берет.

## М

**МАКСВЕЛЛ (maxwell), максвелл** – магниттик агымдын бирдиги, ал квадраттык метрге 1 Гаусс магниттик индукцияга барабар.

**МЕТР (metre), метр** – СИ деги узундуктун бирдиги, ал 39,37 дюймга барабар. Белгилениши: м.

**МОДД (modd), модд** – караңыз: Орточо сан.

## Н

**НАНОМЕТР (nanometre), нанометр** – Эл аралык системадагы узундукту өлчөөчү бирдик. $10^{-9}$ га барабар чоңдук. 1 нм 10 ангстремге барабар. Шарттуу белгиси: нм.

**НЬЮТОН (newton), ньютон** – СИ системасындагы күчтүн бирдиги, 1 кг ылдамдык 1 м/$с^2$ массасынын денесинин күчүнө барабар. Белгилениши: Н.

## О

**ОЗОН (ozone), озон** – молекуласы кычкылтектин үч атомунан турган газ. Озон өтө күчтүү кычкылдантуучу касиетке ээ жана ал атмосфералык абадагы кычкылтекке электр разрядынын таасир этүүсүнүн негизинде пайда болот.

**ОКСИМЕТР (oximeter), оксиметр** – кандагы гемоглобинди кычкылтек менен байытуунун даражасын көрсөткөн атайын аспап.

**ОСМОЛЬ (osmole), осмоль** – осмотикалык басымдын бирдиги, граммда эритилген заттын молекулярдык массасына барабар.

**ОТКЛОНЕНИЕ (variance), четтеп калуу** – караңыз: Стандарттык четтеп калуу.

**ОТЧЕТНОСТЬ МЕДИЦИНСКАЯ (medical audit), медициналык отчеттулук** – караңыз: Медициналык жардамды пландаштыруу кызматы.

**ОШИБКА ИНТЕРНАБЛЮДЕНИЯ (interobserver error) (в статистических отчетах), интербайкоонун катачылыгы (статистикалык очеттордо)** – караңыз: Ишенимдүүлүк.

**ОШИБКА СТАНДАРТНАЯ (standard error), стандарттуу катачылык** – (орто маанилүүлүктөгү) көлөмдүүлүк, ага бир нече ар түрдүү эксперименталдык орто маанилер өзгөрүлөт жана ошол эле тандалышта аларды карадан кароодо да өзгөрүлөт.

## П

**ПАРАМЕТР (parameter), параметр** – (медицинада) изилдөөгө алынып жаткан организм абалы менен байланыштуу болуусу мүмкүн деп эсептелген организмдин кайсы бир көрсөткүчүн (мисалы, артериалык басым, тамыр согуусунун жыштыгы, гемоглобин курамы) аныктоо.

**ПЛАНИРОВАНИЕ СЕМЬИ (family planning), үй-бүлөнү пландаштыруу** – 1. Каалабаган кош бойлуулуктан чектетүү үчүн контрацепциянын ыкмаларын колдонуу. 2. Калктын кеңири катмарын контрацептивдик каражаттар менен камсыздоо. Кошумча караңыз: Генетикалык консультация.

**ПОКАЗАТЕЛЬ ВОДОРОДНЫЙ, pH (pH), pH, суутектик көрсөткүч** – эритмеде суутектин иондорунун болушунун өлчөмү, ал ошого жараша аныкталат, бул эритме кислоталарга жана шакарларга тиешелүү. pH нейтралдык эритме үчүн 7 ге барабар; pH кычкыл эритмеде 7 ден азыраакка барабар, ал эми шакардык – 7ден көбүрөөк.

**ПОКАЗАТЕЛЬ ПРОДОЛЖИТЕЛЬНОСТИ ЖИЗНИ (life table), жашоо узактыгынын көрсөткүчү** – эркектердин же аялдардын өлүмүнүн курак көрсөткүчтөрүнүн статистикалык көрсөтмөлөрү, алар аркылуу жашоо узактыгын (life expectancy) аныктаса болот.

## Р

**РАСПРЕДЕЛЕНИЕ ПУАССОНА, (Poisson distribution), Пуассондук бөлүштүрүү** – караңыз: Бөлүштүрүүнүн жыштыгы.

**РОЖДАЕМОСТЬ (fertility rate, birth rate), төрөлүү** – төрөлгөндөрдүн саны, ал төрөөгө жөндөмдүү болгон аялдардын (адатта 15 тен 44 жашка чейин), жыл сайын 1000 аялдарга саны жетет.

## С

**САРКОМЕР (sarcomere), саркомер** – туурасынан кеткен чаар булчуң тканынын негизги жыйрылуу бирдиги.

**СЕРОТИП (serotype), серотип** – категория, мында зат анын серологиялык активдүүлүгү менен орун алат, мындагы өзгөчө критерий болуп, мүнөздүү бөтөн гендердин же бөтөн денелердин болушу саналат, алар организмде бөтөн гендерге жооп катары пайда болушу мүмкүн.

**СИСТЕМА ГАВЕРСОВА, ОСТЕОН (Haversian system), Гаверс системасы, остеон** – сөөктүн компакттык катмарынын структуралык бирдиги.

**СИСТЕМА СИ (SI units), СИСТЕМА ЕДИНИЦ МЕЖДУНАРОДНАЯ (Systeme International d'Unites), СИ системасы, эл аралык бирдик системасы** – бүткүл дүйнө тарабынан колдоо таап, азыркы учурда бардык илимий максаттар үчүн колдонулуп жаткан бирдиктер системасы. Бул система өлчөөнүн негизги үч бирдигине негизделет. Алар: метр, килограмм жана секунда; мындан сырткары ага жети негизги жана эки жардамчы бирдик кирет. Калган бардык физикалык чондуктардын аныктамасы, курамына сөзсүз түрдө өлчөөнүн негизги эки же андан көп бирдиктери кире турган туунду бирдиктин жардамы аркылуу белгилүү болушу мүмкүн.

**СИСТЕМА ФИГО (FIGO staging), Фиго системасы** – аналык без, жатын жана жатын моюнчасындагы коркунучтуу шишиктин жайылуу деңгээлин аныктоо үчүн Эл аралык акушерлик жана гинекология федерациясы тарабынан иштелип чыккан классификация.

**СКОРОСТЬ КЛУБОЧКОВОЙ ФИЛЬТРАЦИИ (glomerular filtration rate (GFR)), түйүндүк фильтрациянын ылдамдыгы** – ылдамдык, аны менен кандан заттардын фильтрациясы, боумен капсулаларында жайгашкан нефрондордун түйүндөрү аркылуу болот.

**СКОРОСТЬ РАСПРОСТРАНЕНИЯ БОЛЕЗНИ, КОЭФФИЦИЕНТ РАСПРОСТРАНЕННОСТИ БОЛЕЗНИ (prevalence rate), оорунун таралышынын ылдамдыгы, оорунун таралышынын коэфициенти** – тигил же бул оорунун таралышынын баалоо ченеми. Бул ченем ооруп калган адамдардын саны аркылуу бааланат же бул дарттын 1000 адамга, алар кооптуу топко киргендердин санына карата болот. Салыштыруу үчүн: Ооруга чалдыгуу коэффициенти.

**СКРУПУЛ (scruple), скрупул** – фармацияда колдонулуучу салмак бирдиги. 1 скрупул = 1,295 г (20 гранга); 3 скрупула = 1 драхмага барабар.

**СЛУЖБА ПЛАНИРОВАНИЯ МЕДИЦИНСКОЙ ПОМОЩИ (health service planning), медициналык жардамды пландаштыруу кызматы** – коомдун керектөөсү менен айкалышкан кызмат, ал мындай көрсөткүчтөр менен бааланат, мисалы, өлүү, ооруп

калуу жана ишке болгон жарамдуулукту жоготуу, жана аларды андан аркы медициналык камсыздоосу жана техникалык мүмкүнчүлүктөрү менен (алар, кликалар, тиешелүү жабдыктар жана дары дармектер менен) камсыздоо.

**СОГЛАШЕНИЕ, ПРИНЯТОЕ В 1990 ГОДУ ОТНОСИТЕЛЬНО ИСКУССТВЕННОГО ОПЛОДОТВОРЕНИЯ ЧЕЛОВЕКА И ДАЛЬНЕЙШЕГО РАЗВИТИЯ ЭМБРИОЛОГИИ (Human Fertilization and Embryology Act 1990), 1990 - жылы адамды жасалма жол аркылуу уруктандыруу жана эмбрионологияны андан ары өнүктүрүү боюнча кабыл алынган макулдашуу** – Улуу Британия парламенти тарабынан кабыл алынган жана жасалма уруктандыруу жолу, же кайсы бир жасалма ыкма аркылуу төрөлүшкөн балдардын адамдык укугуна кепилдик берүүчү мыйзам. Акыркы мезгилдерде мындай ыкмалар көп колдонула баштагандыктан балдардын ата-энелерин генетикалык көзөмөлдүн жардамы аркасында гана аныктоо мүмкүн болуп калды. Макулдашуу боюнча балада тийиштүү гендердердин жоктугуна карабастан төрөгөн аял эне катары таанылат. Бул уюмда эрендиктери жасалма жол аркылуу уруктандыруу үчүн пайдаланыла турган адамдар менен бирге мындай жол аркылуу жарыкка келишкен балдардын тизмеси катталган. 18 жашка чыккан балдар комитетке этникалык жана генетикалык ата-энелери жөнүндө маалымат алуу үчүн кайрылса болот.

**СОРТИРОВКА (triage), бөлүштүрүү** – орулууларды алардын ооруларынын татаалдыгына же алынган сыныктарына жараша, аларга тиешелүү дарылоо ыкмаларын тандоо үчүн топторго бөлүү.

**СОЭ, РОЭ (ESR), СКОРОСТЬ ОСЕДАНИЯ ЭРИТРОЦИТОВ (erythrocyte sedimentation rate), СОЭ, РОЭ, эритроциттердин конуу ылдамдыгы** – ылдамдык, мында эритроциттер, стандарттык шарттарда өлчөнгөн ылдамдык менен конушат. СОЭ жогорулайт, эгер кандын плазмасында бир катар белоктордун курамы жогорулайт (бул ревматизмде, өнөкөт инфекциялык дарттарда, жана ошондой эле коркунуч туудурган шишиктер болгондо пайда болушу мүмкүн).

**СПРАВКА МЕДИЦИНСКАЯ (medical certificate), медициналык маалымдама** – оору диагнозу менен адамдын ден соолук абалы жана бул же тигил жумушту аткаруу мүмкүнчүлүгү тууралуу чыгарылган догдурдун бүтүмү тууралуу маалымдама.

**СРАВНИТЕЛЬНЫЕ ДАННЫЕ ПО СМЕРТНОСТИ (comparative mortality figure), өлүм боюнча салыштырма маалыматтар** – караңыз: Өндүрүштөгү өлүм.

**СТАТИСТИКА ВИТАЛЬНАЯ (vital statistics), виталдык статистика** – сандык маалыматтардын отчетту формаларында катталган. Караңыз: Биостатистика.

## Т

**ТАБЛИЦА СНЕЛЛЕНА (Snellen chart), Снеллен таблицасы** – көздүн көрүүсүнүн курчтугун текшерүү үчүн кенен таралган таблица.

**ТЕСТ ПАРАМЕТРИЧЕСКИЙ (parametric test), параметрикалык тест** – статистикалык тест, маалыматтарды божомолдоонун негизинде бөлүштүрүү жөнүндө. Мисалы, берилген маалыматтардын нормалдуу бөлүштүрүүсү бар. Караңыз: Маанилүүлүк.

**ТЕСТЫ СТАНДАРТНЫЕ ДЛЯ ОЦЕНКИ РАЗВИТИЯ МАЛЕНЬКИХ ДЕТЕЙ И ПОДРОСТКОВ (stycar tests), кичинекей балдардын жана өспүрүмдөрдүн өрчүүсүн баалоочу стандарттык тесттер** – Мэри Шеридан балдар доктуру менен иштелип чыккан тесттер, алар балдардын жана өспүрүмдөрдүн визуалдык баалоосунун өрчүүсү үчүн керек.

**ТЕСТ СТЬЮДЕНТА (Student's test), Стьюденттин тести** – гипотезаларды статистикалык (статистикалык критерийлерди) текшерүү ыкмаларынын класстары үчүн жалпы аталыш, ал Стьюденттин бөлүштүрүүсүнүн негизинде болгон; t-критерийдин өтө көп

колдонуучу учурлар, эки тандалмалардан орточо маанилердин теңдигин көзөмөлдөө менен байланышкан. Караңыз: Маанилүүлүк.

**ТРОПОКОЛЛАГЕН (tropocollagen), тропоколлаген** – коллагендин структуралык бирдиги.

## Ф

**ФАРАД (farad), фарад** – СИ системасындагы электр кубаттулугунун бирдиги. Белгилениши: Ф.

**ФОН (phon), фон** – үн деңгээлинин бирдиги. 1 Фон (үндүн көлөмүнүн деңгээлинин бирдиги).

## Ч

**ЧАСТОТА МОЧЕИСПУСКАНИЯ (frequency of urine), сийдик чыгаруунун тездиги** – сийдиктин бөлүнүп чыгуунун тездиги, адатта адамда табарсык-жыныстык органдардын бузулушун жана дартынын болушун айгинелеген көрсөткүч жана полиурия менен коштолот.

**ЧАСТОТА РАСПРЕДЕЛЕНИЯ (frequency distribution), бөлүштүрүү тездиги** – (статистикада) таблица же гистограмма түрүндө адамдардын кээ бир физиологиялык параметрлердеги мүнөздөмөлөрдүн көрсөткүчтөрү (мисалы, алардын өсүшүнүн, салмагынын же кан басымынын).

## Ш

**ШАГОМЕР (pedometer), басууну өлчөө** – чоң эмес портативдик аспап, ал баскан мезгилде кадамдардын санын каттоо үчүн колдонулат.

**ШКАЛА ФАРЕНГЕЙТА (Fahrenheit temperature), Фаренгейт шкаласы** – шкала, мында 32 ° барабар, муздун эрүү чектин көрсөтүп турат, ал эми суунун кайноо чекитин – 121 ° ка барабар болгон температураны көрсөтүп турат. Медицинада (чет өлкөлөрдө) көпчүлүк учурда температура, Цельсий шкаласы (жүз градустук шкалада) менен өлчөнгөн, Фаренгейт шкаласы менен бирдикте көрсөтүлгөн менен алмаштырылат. Кошумча караңыз: Цельсий шкаласы.

**ШКАЛА ЦЕЛЬСИЯ (Celsius temperature, centigrade temperature), Цельсий шкаласы** – муздун ээрүү температурасы – 0°, ал эми суунун кайнашы – 100 °ду түзүүчү температуралык шкала. Батыш өлкөлөрүндө бул шкала дээрлик Фаренгейттин шкаласы менен алмаштырылат. Ал төмөндөгүдөй: Ф = 9/5Ц + 32.

## Э

**ЭНОКСАПАРИН (enoxaparin), эноксапарин** – караңыз: Аз молекулярдуу салмагы бар гепарин.

# НАРКОЛОГИЯ



## А

**АБСАНС (absence), абсанс** – (неврологияда) талма оорулуу адамдын көз ачып-жумганча эсинен тана түшүшү. Караңыз: Эпилепсия.

**АЛКОГОЛИЗМ (alcoholism), алкоголизм** – адамдын аракка болгон физикалык көз карандылыгы. Алкоголду капысынан токтотуп коюу - калтыроо, титиреө (тремор), коркуу, галлюцинация же жөөлүү сыяктуу симптомдор менен коштолот (караңыз: Буулукма). Алкоголизм адамдын интеллектин төмөндөтүп, кардиомиопатия, перифериялык неврит, боор циррозу өндүү ар кыл ооруларга дуушар кылат.

## В

**ВЕЩЕСТВО ПСИХОДИСЛЕПТИЧЕСКОЕ, ГАЛЛЮЦИНОГЕН (hallucinogen), психодислептикалык зат, галлюциоген** – адамда галлюцинацияны туудуруучу зат. Психикалык дарттарды дарылоодо мурун колдонулчу. – Психодислептикалык, Галлюциногендик (hallucinogenic).

**ВЕЩЕСТВО, ПРЕДСТАВЛЯЮЩЕЕ ОПАСНОСТЬ ДЛЯ ЖИЗНИ (hazardous substance), өмүргө коркунуч туудура турган зат** – (иш гигиенада) караңыз: Адамдын ден соолугуна коркунуч туудурган затардын эсеби.

## Г

**ГАШИШ, нашаа** – караңыз: Каннабис.

## З

**ЗАВИСИМОСТЬ, ЗАВИСИМОСТЬ ЛЕКАРСТВЕННАЯ (drug dependence), көз карандылык, дары - дармекке болгон көз карандылык** – айрым бир дары каражаттарына көнүп калуунун натыйжасында келип чыккан физикалык жана/же психологиялык эффектилер. Көнүп калган дарыдан баш тартуу – катуу тердөө, көңүл айнып кусу, тремор менен коштолгон абстиненция симптомдорунун пайда болуусуна алып келет; булар организм көнүп калган дарыны кабыл алуудан кийин гана жолугушат.

**ЗАВИСИМОСТЬ ЛЕКАРСТВЕННАЯ (drug dependence), дары-дармекке болгон көз карандылык** – караңыз: Көз карандылык.

## К

**КАННАБИС (cannabis), каннабис** – индиялык кара куурайдан (Cannabis sativa) жасалган наркотикалык заттар (марихуана жана гашиш). Аларды чегүү же кабыл алуу менен адам эйфория жана галлюцинация сезимине дуушар болот. Мунун өзү бир далай убакытка чейин адамдын акыл-эсине жана түшүнүгүнө таасир этет. Кошумча караңыз: Көз карандылуулук.

**КОКАИН (cocaine), кокаин** – алколоид, ал түштүк америкалык кока жалбырагынан (Erythroxylon coca) алынат же синтетикалык жол менен жасалат; кээде жергиликтүү анестетик катары хирургияда колдонулат.

**КОКАИНИЗМ (cocainism), кокаинизм** – кокаин менен дайыма ууланууу; аны алуу үчүн артынан түшүп психикалык оорусуна чалдыгуу. 1. Кокаинди туруктуу колдонуу же ал организмге таасир эткен же мас абалын туудургандык кылган таасирленүүгө көнүү. 2. Физикалык жана акыл-эстик алсыроо, ал адамдын кокаин банги затына зыяндуу чалдыгуу.

**КОФЕИН (coffeine), кофеин** – организмге киргенде борбордук нерв системасына таасир берүү менен уйкуну келтирбей, жумушка жөндөмдүү келтирип, айлана чөйрөгө сергектик мамиле кылууга көмөктөшүүчү дары алкалоид. Ал чайда жана кофеде көп болот.

## М

**МАРИХУАНА (marijuana), марихуана** – караңыз: Каннабис.

## Н

**НАРКОЛЕПСИЯ (narcolepsy), нарколепсия** – уйкусак, куш уйкулуу. Уйкусу анчейин узакка созулбаган адам. Адатта, нарколепсия катаплексия менен коштолот да, бейтап уктап жатканда галлюцинацияларга кириптер болуусу мүмкүн. – Нарколептикалык (narcoleptic).

**НАРКОТИК (narcotic), наркотик** – адамдарды айлана чөйрөдөгү кубулуштарды сездирбей уктатуучу дарылар.

**НЕЙРОН ДВИГАТЕЛЬНЫЙ, МОТОНЕЙРОН (motor neurone), кыймыл нейрону, мотонейрон** – булчуңду иннервациялаган нейрон. Бир нейрондор бүтүндөй борбордук нерв системасында жайгашкан. Алардын денечелери баш мээде орун алып, аксондору болсо баш сөөк нервдеринин жана жүлүндүн алдыңкы мүйүзчөсүнө кыймыл ядролоруна багыт алышат,ал жерде кыймыл нейрондор менен синапстарды пайда кылып аякташат.

## П

**ПАРАСУИЦИД (parasuicide), парасуицид** – чыны менен эле өлүп калууну каалабаган адамдын өз ден соолугуна залал келтирүүсү (мисалы, уктатуучу дарыны ашыкча ичүү). Парасуицид дээрлик дистресс абалында жүрүшкөн бирок, кандайдыр бир психикалык оорусу жок жаштар арасында жолуккандыктан чыныгы суицидден (өзүн өзү өлтүрүү) айырмаланат.

## Т

**ТАБАК (tobacco), тамеки** – Nicotiana tabacum жалбырагынын кургатылган жалбырактары, алар тамеки тартуу үчүн колдонулат. Тамекинин курамына организмдин активдүүлүгүн стимулдаштыруучулар киришет, бирок уулуу никотин алколоиди тамеки тартканда кан агымына түшөт. Тамеки тартуу процессинде ошондой эле учуучу кара май сымал заттар бөлүнүп чыгат, алардын жарым бөлүгү карциногенндик болуп саналат (караңыз: Карциноген).

**ТЕТРАГИДРОКАННАБИНОЛ (tetrahydrocannabinol), тетрагидроканнабинол** – марихуанадан алына турган зат; кусууга каршы колдонулуу менен адамда эйфория сезимин жаратат.

**ТЕХНЕЦИЙ-99 (technetium-99), технеций-99** – технеций радиоактивдүү жасалма түрдө ойлоп табылган изотоп. Бул изотоп гамма-нурларды чыгарып жана баш мээни, калкан безин жана башка органдарды изилдөөдө индикатор катары колдонулат (караңыз: Сцинтиграмма).

**ТОКСИКОЛОГИЯ (toxicology), токсикология** – уулу заттар жана алардын тирүү организмге тийгизген таасирин изилдей турган илим. – Токсиколог (toxicologist).

# НЕВРОЛОГИЯ



## А

**АБСЦЕСС ЦЕРЕБРАЛЬНЫЙ (cerebral abscess), церебралдык абсцесс** – караңыз: Абсцесс.

**АГНОЗИЯ (agnosia), агнозия** – баш мээ оорусу. Сезүү органдары аркылуу буюмдарды аныктап биле албоо сезими.

**АДАПТАЦИЯ (adaptation), адаптация, көнүгүү** – айлана чөйрөнүн бардык шартына организмдин көнүшү. Мисалы, көздүн адаптациясы – көзгө түшкөн жарык өзгөргөн кезде көздүн сезгичтигинин өзгөрүшү.

**АДИАДОХОКИНЕЗ (adiadochokinesis), адиадохокинез** – колду же бутту бат-бат кыймылдатып, ачса жума албоо, жумса ача албоо, сыртка кайырса ичине кайрый албоо. Караңыз: Дисдиадохокинез.

**АДРЕНЕРГИЧЕСКИЙ (adrenergic), адренергикалык** – нерв булаларын сүрөттөөдө, норадреналиндин нейромедиатору катары колдонулат. Салыштыруу үчүн: Холинергикалык.

**АДРЕНОЛЕЙКОДИСТРОФИЯ (adrenoleukodystrophy), адренолейкодистрофия** – тукум кууччулук дарт, чоң кишилерде да кичинекей балдарда да түрдүү неврологиялык бузулуштарга алып келет. Ал буттарда спастикалык шал болуучулук түрүндө байкалат.

**АДРЕНОЛИТИЧЕСКИЕ ВЕЩЕСТВА (adrenolytic substances), адреналиндин күчүн кетирүүчү заттар** – адреналиндин таасирин организмге тийгизбөөчү көп заттардын кошундусу.

**АДРЕНОЛИТИЧЕСКИЙ (adrenolytic), адренолитикалык** – адренергетикалык нервдердин активдүүлүгүн басаңдатат. Адреналитикалык активдүүлүк адреналиндердүүлөрдүн антогонисти болуп саналат.

**АКАТИЗИЯ (akathisia), акатизия** – невроз оорусунун түрү. Оорулуу бул абалда бир жерге көп убакытка отура албай калат. Туруктуу эмес кыймылдар, кээ бир психотикага каршы дарылык препараттар менен туудурулат (мисалы, фенотиазон менен).

**АКЛАЗИЯ (aclasis), аклазия** – караңыз: Диафизардык аклазия.

**АКЛАЗИЯ ДИАФИЗАРНАЯ (diaphysial aclasis), диафизардык аклазия** – сөөктүн жана кемирчектин өсүшүнүн тукум кууччулук оорусу; анын кесепетинен узун (түтүктүү) сөөктөрдө, кемирчектүү уркуюп өсүүлөр пайда болот (экзостоздор).

**АКСОНОТМЕЗ (axonotmesis), аксонотмез** – жабыркаган эмес нерв кабыгынын ички нерв булаларын алып салуу. Салыштыруу үчүн: Неврапраксия, Невротмез.

**АЛЕЙКЕМИЧЕСКИЙ (aleukaemic), алейкемиялык** – канда лейкоциттердин жетишсиздигинен улам келип чыккан алейкемия оору түшүнүгүн туюндурат.

**АЛЕКСИЯ (alexia), алексия** – адамдын тамганы таануу жөндөмдүүлүгүнөн айрылуусу. Көбүнчө баш мээнин сол жарым шарынын жабыркашы менен байланыштуу (кошумча караңыз: Дислексия).

**АЛС (ALS), АЛС** – 1. Иммундук сыворотка, курамына бөтөн денелер кирет, алар лимфоцитардык активдүүлүктү басаңдатат. Караңыз: Лимфоциттерге каршы сыворотка. 2. Амиотрофикалык латералдык склероз. Караңыз: Кыймыл нервдеринин дарттары.

**АНТАГОНИСТ Н2-РЕЦЕПТОРА (Н2-receptor antagonist), Н2-рецепторунун антогонисти** – караңыз: Гистаминге каршы.

**АНТИДРОМНЫЙ (antidromic), дромго каршы** – нервик булалардан өтүүчү карама-каршы багыттагы импульстарды сүрөттөөдө колдонулат.

**АПНОЭ (apnoea), апноэ** – дем алуу токтоо; кыска убакытка дем ала албоочулук. Кошумча караңыз: Уктап жаткан мезгилдеги апноэ. – Апноэтикалык (apnoeic).

**АПНОЭ ВО СНЕ (sleep apnoea), уктап жаткан мезгилдеги апноэ** – уктап жаткан убакта дем алуунун токтоп калышы, ал обструктивдик (obstructive) болушу мүмкүн, ал

үстүнкү дем алуу органдардын бүтөлүп калышын алып салуу аракетинде жасаган дем алуунун туура эмес аракеттеринен келип чыгат, же борбордук (central), мында дем алуунун токтошу адамдын эч кандай кийлигишүүсү менен байланышта болбойт.

**АПОТРЕПТИЧЕСКИЙ (apotreptic), апотрептикалык** – таасир астындагы невроз-го чалдыккан орулууда эстертүүчү жоопту сүрөттөө үчүн колдонулат.

**АПРАКСИЯ (apraxia), ДИСПРАКСИЯ (dyspraxia), апраксия, диспраксия** – ко-лун кыймылдатып, максатына жетпес учур. Мисалы, кол көтөрүлгөнү менен баш киймин кийе албоо сыяктуу абал.

**АПРОЗЕКСИЯ (aprosexia), апрозексия** – ар нерсени тактай албай, аягына жете ал-боо; адам өтө карыганда байкалуучу абал.

**АСТЕРЕОГНОЗ (astereognosis), астереогноз** – караңыз: Агнозия.

**АТАКСИЯ (ataxia), атаксия** – денедеги кыймылдын бир калыпта эместиги. Ал кай-сы бир дарттын кесепетинен же каракуш мээнин жабырканышынан өрчүшү мүмкүн. Ко-шумча караңыз: Жүлүндүн оорусу (сухотка (же кыймыл атаксиясы)). Жүлүндүн оорусу (сифилистин кесепетинен пайда болуучу нерв системасынын оорусу). – Атаксикалык (ataxic).

**АТАКСИЯ ДВИГАТЕЛЬНАЯ (locomotor ataxia), кыймыл атаксиясы** – караңыз: Жүлүн оорусу (сухотка) (же кыймыл атаксиясы).

**АТАКСИЯ ФРИДРЕЙХА (Friedreich's ataxia), Фридрейх атаксиясы** – тукум куучулук дарт, анын алгачкы көрүнүштөрү өспүрүм мезгилинде пайда болот. Анын симп-томдороу каракуш мээ атаксиясындагыдай байкалат, анын менен бир катар ачык билдир-ген буттардын тартылуусу (спастикалуусу) менен байкалат. Караңыз: Атаксия.

**АТЕТОЗ (athetosis), атетоз** – денедеги кыймылдоочу органдар дайыма курттун кыймылына окшоп жай кыймылдоо; мисалы, ичегинин кыймылы. Кыртыштык параличтин бир формасы болуп саналат. – Атетоздук (athetotic).

**АТРОФИЯ (atrophy), атрофия** – ткандардын же органдардын, тамактануунун на-чардыгынан көлөмүнүн кичирейиши. Булчуң атрофиясы (muscular atrophy) адамда ар кан-дай дарттарда байкалат. Мисалы, полиомиелитте.

**АТРОФИЯ СПИННОГО МОЗГА МЫШЕЧНАЯ (spinal muscular atrophy (SMA)), жүлүн булчуңунун атрофиясы** – тукум куучулук дарт, мында жүлүндүн кыймыл нейрондорунун өлүмү болот жана булчуңдардын атрофиясы байкалат. Балдардын кичине курагындагы булчуң атрофиясы (infantile spinal muscular atrophy) берилген дарттын курч формасы болуп саналат (караңыз: Вердниг – Хоффмандын оорусу).

**АУРА (aura), аура** – талма оорусунун же шакыйдын пристубунун башталышын бил-гизе турган мезгил.

**АУТОСКОПИЯ (autoscopy), аутоскопия** – адамдын денесин, денеден тышкары элестетүү, бир аз алыстыкта көрүнүү. Эпилепсиянын бирден бир симптому болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Денеден тышкары элестетүү.

**АФАЗИЯ (aphasia), ДИСФАЗИЯ (dysphasia), афазия, дисфазия** – мээ жабырка-гандагы адамдын сүйлөөсүнүн бузулушу. Афазия баш мээнин сол жагынын жарымындагы (доминанттык жарым шар) дарт менен байланыштуу. Көпчүлүк учурда китеп окууда жана жазууда кыйынчылыктарды туудурат. – Афазиялык (aphasic).

**АФФЕРЕНТНЫЙ (afferent), аференттик** – 1. Белгилүү нервдер же нейрондор, алар импульстарды рецепторлордон баш мээге же жүлүнгө жиберет. 2. Кан тамырлар, алар ти-гил же бул адам денесинин аймагындагы капиллярлардын түйүндөрүн азыктандырат. 3. Алып келүүчү лимфа тамырлар, лимфа түйүндөрүнө дал келүүчү. Салыштыруу үчүн: Эфференттик.

**АХОНДРОПЛАЗИЯ (achondroplasia), ахондроплазия** – доминанттык мүнөздөмөдөгү тукум куучулук дарт, мында буттардын нормалдуу өлчөмгө чейин өсүү

болбойт, анын кесепетинен сөөктүн өзү да, ошондой эле кемирчек да жабыркашы мүмкүн. – Ахондропластикалык (achondroplastic).

**АЭРОНЕВРОЗ (aeroneurosis), аэроневроз** – учкучтарда өрчүүчү кооптонуу, уйкусуздук синдрому, кийинчерээк учууга жөндөмсүз абалга келтирет, гипоксиянын кесепетинен.

## Б

**БАРОРЕЦЕПТОР (baroreceptor), БАРОЦЕПТОР (baroceptor), барорецептор, бароцептор** – эркин бутактанган сезгич нерв учтары, кан тамыр ичиндеги кан басымынын регистациялоочу өзгөрүүлөрү.

**БЕСПОКОЙСТВО ДВИГАТЕЛЬНОЕ (floccillation), кыймылдаткычтык тынчсыздануу** – делириоздук орулуулардын кыймылдаткычтык тынчсыздануусу, ал оорулуулардын өзүнөн кийимдерди чечип ыргытуусу байкалат. Караңыз: Карфология.

**БЕСПОКОЙСТВО, ВЫЗВАННОЕ ВЫНУЖДЕННОЙ ИЗОЛЯЦИЕЙ (separation anxiety), мажбурланган обочолонтуу менен туудурулган тынчсыздануу** – коркуу жана дистресс абалы, ал өзүнө жакын курчап турган чөйрөнү алмаштыруу менен туудурлган (мындай абалды, мисалы, ата-энесинен мектепке биринчи жолу барган балдар сезишет).

**БЕССВЯЗНОСТЬ РЕЧИ (divagation), байланышсыз кеп** – байланышы жок ой жүгүртүү жана сүйлөө. Эч кандай психикалык симптомдун дарты болбойт.

**БЕШЕНСТВО (rabies), ГИДРОФОБИЯ (hydrophobia), кутурма, суудан коркуу** – борбордук нерв системасынын курч мүнөздөгү вирустук оорусу; оору бардык жылуу кандуу жаныбарларда козголуп, адамга оорулуу иттин каап алуусунан жугат. Оору күч алган мезгилде суудан коркуу башталып, ал тургай сууну көргөндө карышуу, сенек болуу күтүлөт. – Кутурган (rabid).

**БОЛЕЗНЬ АЛЬЦГЕЙМЕРА (Alzheimer's disease), Альцгеймер оорусу** – 50 жаштан кийин баштала турчу кем акылдык формасы. Эске тутулган нерселерди кыска мөөнөткө жоготуп коюу жүрүм-түрүм жана өздүк интеллектеги өзгөрүүлөр, ошондой эле ой ойлоо жөндөмүнүн басандашы өндүү белгилер менен мөнөздөлөт.

**БОЛЕЗНЬ АУТОИММУННАЯ (autoimmune disease), аутоиммундук оору** – адам организминин ткандарынын өзүнүн антителолор (ауто бөтөн денелер менен (autoantibodies)) менен бузулушунунун жана сезгениши менен байланышкан бирден бир оору. Бул топтогу ооруларга: жаңы пайда болуучу гемолитикалык аз кандуулук, пернициоздук аз кандуулук, ревматоиддик безгек, ревматоиддик артрит, гломерулонефрит, системалуу кызыл бөрү жатыш, ошондой эле калкан бездин дисфункциясы ошону менен бирге Хашимото оорусу.

**БОЛЕЗНЬ БАТТЕНА (Batten's disease), Баттен оорусу** – сейрек кездешүүчү тукум куучулук оору (нейрондуу момсымал көрүнүштөгү липофусциноз (neuronal ceroid lipofuscinoses) же Тэй – Сакс оорусу деп аталат). Май заттары нерв системасындагы клеткаларда чогулуп жүрүп, кем акылдыктын, эпилепсиянын келип чыгуусуна өбөлгө түзөт. Мындан сырткары, булчуң эттердин бошошуна жана көздүн начарлоосуна алып келет.

**БОЛЕЗНЬ ВЕРДНИГА – ХОФФМАНА (Werdnig – Hoffmann disease), Верднинг – Хоффман оорусу** – арка булчуңдардын атрофиясы, тукум куучулук оору – булчуң атрофиясынын оор формасы, арка белдин жүлүнүндөгү алдыңкы мүйүзүнүн нейрондорунун дегенеративдик өзгөрүүсү менен мүнөздөлүүчү оору.

**БОЛЕЗНЬ ДАУНА (mongolism), Даун оорусу** – караңыз: Даун синдрому.

**БОЛЕЗНЬ ДЕНДИ – УОКЕРА, СИНДРОМ ДЕНДИ – УОКЕРА (Dandy – Walker syndrome), Денди – Уокер оорусу, Денди – Уокер синдрому** – церебралдык шал оорусунун бир түрү, мында адатта каракуш мээси жабырканат да ушунун кесепетинде адамдын тең салмактуулугу бузулуп гидроцефалия өрчүшү мүмкүн.

**БОЛЕЗНЬ КЕССОННАЯ (caisson disease), кессондук оору** – караңыз: Декомпрессиондук оору.

**БОЛЕЗНЬ РЕЙНО (Raynaud's disease), Рейно оорусу** – бул ооруда оорулуунун колунун учу, өзгөчө тырмактардын ооруганын жана алардын көгөрүп түшүшү байкалат алардын спазмдарында (ангиоспазм (angiospasm) же вазоспазмда (vasospasm)) аныкталат. Бармактар адегенде бозоруп, анан көгөрөт. Оору күчөгөндө бармактар карарып, анан өзүнөн-өзү түшүп кертиле баштайт. Бул сыяктуу абалды атеросклероз, коллагеноз ооруларынан жолуктурууга болот. Жабыр тарткан жерлердеги кан айлануунун азайышынын натыйжасында гангрена коркунучу жаралып, же манжа учтарынын ийрейүүсү мүмкүн. Ар дайым жылуу мээлей кийип жүрүү жана антиспастикалык каражаттарды колдонуу оорулуунун абалынын жакшыруусуна шарт түзөт.

**БОЛЕЗНЬ СМЕШАННАЯ СОЕДИНИТЕЛЬНО-ТКАННАЯ (mixed connective tissue disease), ткан бириктирүүчү кошулма оору** – дарт, сипмтомдору кызыл бөрү жатыш оорусу полиомиозит жана склеродерма менен окшош.

**БОЛЕЗНЬ ШАРКО – МАРИ – ТУТА (Charcot – Marie – Tooth disease), АТРОФИЯ МЫШЕЧНАЯ ПЕРОНЕАЛЬНАЯ (peroneal muscular atrophy), Шарко – Мари – Тут оорусу, перонеалдык булчуң атрофиясы** – перифириялык нервтердин тукум куучулук оорусу, аны ошондой эле тубаса сенсордук-кыймылдык невропатия (hereditary sensorimotor neuropathy) деп аташат. Бул оору жыныстык жетилүүгө чейин башталат жана прогрессивдүү алсыздык менен таман жана тизедеги майда булчуңдардын симметриялык атрофиясы менен коштолот. Кийинчерээк оору өйдөңкү мускулатураны ошондой эле манжалардын майда булчуңдарын жабыркайт.

**БОЛЬ ИДИОПАТИЧЕСКАЯ, РАЗВИВАЮЩАЯСЯ В ОБЛАСТИ ЛИЦА (idiopathic facial pain), бет жакта өөрчүүчү идиопатикалык оору** – невралгия, себеби белгисиз. Симптомдору: бет жакта пайда болуучу оору, бирок иннервацияга тиешелүү болбогон. Көпчүлүк убакта нерв чымыркануунун негизинде пайда болот, кээ бир учурда организмде тирамин метаболизимдин бузулушу менен коштолот.

## В

**ВАЗОСПАЗМ (vasospasm), вазоспазм** – караңыз: Рейно оорусу.

**ВЕЩЕСТВО БЕЛОЕ (white matter), ак зат** – түсү боз затка караганда анча билинбеген борбордук нерв системасындагы зат. Ак зат мээ жарым шаарынын кыртышында жайгашкан боз заттын катмарчасында кездешет; омуртка сөөгүндө ал жүлүндүн чет жактарында жайгашкан.

**ВИТИЛИГО (vitiligo), витилиго** – көп кездешүүчү оору. Теринин үстүндө ак жана түссүз тактардын пайда болушу менен мүнөздөлөт. Баардык рассалардын өкүлдөрүндө кездешет, бирок кара жуумал адамдарда көп кездешет. Витилиго аутоимунндук оору болуп саналат.

**ВОЗБУЖДЕНИЕ (excitation), дүүлүгүү** – (нейрофизиологияда) импульстун булчуң клеткасынын мембранасы же нерв буласы аркылуу өтүшү.

**ВОЛОКНА ПУРКИНЬЕ (Purkinje fibres), Пуркинье бутакчалары** – эндокарддын алдындагы Гис түйүнүндөгү бутакчалардын жайылышы, жана карынчалардын миокардынын калың катмарында жайылышы.

**ВОЛОКНО НЕРВНОЕ (nerve fibre), нерв буласы** – нейрондун денесинен кетүүчү узун ичке өсүш, ал аркылуу нерв импульстары өтөт. Нерв булаларынын түйүндөрү биригип, перифириялык нервди түзөт.

**ВОЛОКНО НЕРВНОЕ МЯКОТНОЕ (medullated nerve fibre), ВОЛОКНО НЕРВНОЕ МИЕЛИНИЗИРОВАННОЕ (myelinated nerve fibre), чырмалган нерв була-**

**сы, миелинизацияланган нерв буласы** – миелин кабы бар нерв буласы, ал ичинде өтүүчү аксонду курчап жана бөлүп турат.

**ВОСПАЛЕНИЕ АПОФИЗА (apophysitis), апофиздин сезгениши** – сөөк урчугунун сезгениши. Ал муун урчугунун ортосундагы үстүндө жана астында жаткан омурткаларда (апофизардык муундар (apophyseal joints)) болот. Ревматоиддик артритте же анкилозацияланган спондилите байкалат, адамда катуу ооруну туудурат.

## Г

**ГЕБЕФРЕНИЯ (hebephrenia), гебефрения** – жыныстык жетилүү мезгилинде байкалуучу психикалык, шизофрения оорусунун түрү. – Гебефреникалык (hebephrenic).

**ГЕМИПАРЕЗ (hemiparesis), гемипарез** – караңыз: Гемиплегия.

**ГЕМИПЛЕГИЯ (hemiplegia), ГЕМИПАРЕЗ (hemiparesis), гемиплегия, гемипарез** – дененин жарым бөлүгүнүн шал болуусу. Бети менен бир колу бутка караганда көп жабыркайт. Мээде кан уюганда бир жак өрөөндүн шал болуп калышы.

**ГЕММУЛА, ШИПИК (gemmule), геммула, шипик** – дендриттин сырткы жагындагы өсүш же анча чоң эмес тилке, ал болсо бир нейрондун экинчи нейрон аркылуу байланышат.

**«ГИБКОСТЬ ВОСКОВАЯ» (flexibilitas cerea), «мом ийилүүсү»** – караңыз: Кататония.

**ГИДРОЦЕФАЛИЯ (hydrocephalus), гидроцефалия** – жүлүндүн тегерегине жана мээнин коңулдарына суу өтө көп толуп кетүү.

**ГИПАЛГЕЗИЯ (hypalgesia), гипалгезия** – дененин бир жериндеги ооруну аномалдык сезүү начарлоосу; көбүнчө сезүүчү нерв клеткалары дартка чалдыкканда байкалат.

**ГИПЕСТЕЗИЯ (hypoaesthesia), гипестезия** – жалпы эле безүүнүн, өзгөчө кол менен сыйпап сезүүнүн начарлашы, бул сезүүчү нерв клеткаларынын дартка чалдыккандыгын ашкерелейт.

**ГЛИЯ (glia), НЕЙРОГЛИЯ (neuroglia), глия, нейроглия** – нерв системасындагы өзгөчө клетка. Глия түрдүү клеткалар менен пайда болгон, алардын арасында макроглияны, эпендималдык клеткаларды (караңыз: Эпендима) жана микроглияны бөлүп чыгарса болот, алар мында трофикалык, коргогуч, изоляцияланган жана секретордук функцияны аткарышат. – Глиалдык (glial).

**ГЛОССОЛАЛИЯ (glossolalia), глоссолалия** – мааниси жок, кобураган сөз, кээ бирде эле нормалдуу сөзгө окшошуп, сүйлөмдү имитация аркылуу сүйлөө. Адам транс абалда болгондо, уйкуда болгондо байкалат.

**ГЛОССОПЛЕГИЯ (glossoplegia), глоссоплегия** – тилдин кыймылдабай калышы.

## Д

**ДЕГЕНЕРАЦИЯ СПИННОГО МОЗГА И МОЗЖЕЧКА (spinocerebellar degeneration), жүлүндүн жана каракуш мээнин дегенерациясы** – тукум куучулук дарт, ал каракуш мээни жана баш мээнин кортикоспиналдык жолдорду жабыркайт.

**ДЕГЕНЕРАЦИЯ СПИННОГО МОЗГА ПОДОСТРАЯ КОМБИНИРОВАННАЯ (subacute combined degeneration of the cord), жүлүндүн курч мезгили алдындагы биргелешкен дегенерациясы** – жүлүндү жабыркоочу дарт, организмде $B_{12}$ витамининин жетишсиздиги жана пернициоздук анемия менен татаалданат.

**ДЕГЕНЕРАЦИЯ УОЛЛЕРОВСКАЯ (Wallerian degeneration), Уоллердик дегенерация** – жабырканган нерв булаларынын майлуу дистрофиясы, ал нерв кабында өрчүйт.

**ДЕМИЕЛИНИЗАЦИЯ (demyelination), демиелинизация** – борбордук жана перифериялык нерв системасынын нерв булаларынан өтүүчү миелиндик кабыктын жабыркашынан пайда болгон дарт. Демиелинизация бирдиктүү (мисалы, жайылма склероздо), же баш сөөктүн жаракатынан кийин өрчүшү мүмкүн.

**ДЕНДРИТ (dendrite), дендрит** – нерв клеткаларынын цитоплазмасынын туш тарапка жайылган тармагы, урчугу. Дендриттер синапстарды пайда кылат.

**ДЕНЕРВАЦИЯ (denervation), денервация** – булчуң эттер менен теринин нервдик иннервациясындагы үзгүлтүк. Мындай учурда булчуңдар сенек тартат, денервациядан жапа чеккен тери бөлүгү сезгичтигин жоготуп, ал тургай теринин өз функцияларын калыбына келтирүү жана ткандарды жаңылоо мүмкүнчүлүгү да кескин азайышы мүмкүн.

**ДЕПОЛЯРИЗАЦИЯ (depolarization), деполяризация** – кокусунан пайда болуучу импульс, ал заряддалган бөлүкчөлөрдү нерв же булчуң клеткаларынын мембранасы аркылуу өтүүгө мүмкүндүк берет.

**ДЕПРИВАЦИЯ СЕНСОРНАЯ, СНИЖЕНИЕ ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТИ (sensory deprivation), сенсордук депривация, сезимдүүлүктүн төмөндөшү** – абал, мында келүүчү сенсордук маалымат кабыл алуусунун кыйла төмөндөп кетүүсү менен мүнөздөлөт.

**ДЕРЕАЛИЗАЦИЯ (derealization), дереализация** – курчап туруучу нерселерди жоготуу сезими, мында адамга баардык курчап турган нерселер кызыксыз, буудук жана көңүлсүз болуп сезилет.

**ДИАСХИЗ (diaschisis), диасхиз** – баш мээ кабынын жабырканышынын кесепетинен өрчүүчү, жүлүндөгү жана мээнин сөңгөгүнүн мезгилдүү рефлектордуу активдүүлүгүнүн жоголушу.

**ДИСКИНЕЗИЯ (dyskinesia), дискинезия** – кыймылдык ылдамдыгынын бузулушу, Мисалы, өт баштыкчасында таш пайда болгондо, анын кыймылдоо тартибинин бузулушу.

**ДИСКООРДИНАЦИЯ (incoordination), дискоординация** – (неврологияда) кыймыл шайкештигинин бузулушу: туура, так кыймылдоо мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу. Негизги себеби болуп, бүтүндөй нерв системасынын функцияларынын жабыркашы же айрым бир бөлүктөрүнүн ооруга чалдыгышы саналат. Караңыз: Апраксия, Атаксия, Диссинергия.

**ДИСПРАКСИЯ (dyspraxia), диспраксия** – караңыз: Апраксия.

**ДИССИНЕРГИЯ (dyssynergia), АСИНЕРГИЯ (asynergia), диссенергия, асинергия** – кыймыл координациясынын бузулушу, бейтаптын каракуш мээсинин жабыркашынан кыймылы туура эмес болот. Аларга: дисметрия (dysmetria) – кыймылды күчүнө карабай кыймылды аткаруу, интенционндук тремор (калтыроо), дисдиадохокинез жана туруктуу эмес басуу, киришет.

**ДИСТРОФИЯ (dystrophy, dystrophid), дистрофия** – ткандардын, органдардын жана организмдин тамактануусунун бузулушу. Бул эмчектеги балдардын тамак сиңирүүсү бузулганда да байкалат. Берилген термин бир нече дарттарга тиешелүү колдонулат: мисалы, булчуң дистрофиясы жана адипозогениталдык дистрофия (караңыз: Фрехлих синдрому).

**ДИСТРОФИЯ ДЮШЕННА МЫШЕЧНАЯ (DMD, Duchenne muscular dystrophy), Дюшенндин булчуң дистрофиясы** – караңыз: Булчуң дистрофиясы.

**ДИСФАГИЯ (odynophagia), дисфагия** – жутуу актысынын бузулушу, ал органикалык же функционалдык бузулуулар менен туудурулган; ал төштүн аркасында жуткан мезгилде оору сезими менен коштолот.

**ДРОЖАНИЕ I (fremitus), калтыроо I** – дененин кайсы бир бөлүгүнүн титиреши же тремору, бул көрүнүштү пальпация аркылуу же угуп көрүү (аускультация) жолу менен аныктайт.

**ДРОЖАНИЕ II (thrill), калтыроо II** – вибрация, ал изилдөөчүнүн алаканы денеге тийгенде сезилет. Мисалы, төш дубалынан сезилген сокку, ал жүрөктүн иштеши менен байланыштуу, ошондуктан мүнөздүү сокку сымал калтыроо менен коштолот.

**ДРОЖАНИЕ ГОЛОСОВОЕ (vocal fremitus), үн калтыроосу** – караңыз: Калтыроо.

**ДРОЖАНИЕ ИНТЕНЦИОННОЕ (intention tremor), интенциондук калтыроо** – караңыз: Тремор.

**ДУГА РЕФЛЕКТОРНАЯ (reflex arc), рефлектордук дого** – нерв чынчыржасы, рефлексти пайда кылууда катышат; жөнөкөй рефлектордук иймек эки нейрондордон турат: сезгичтик жана кыймылдык.

## И

**ИМПУЛЬС (impulse), импульс** – тамырдын кагышы, согушу, жүрөктүн согушу менен бир мезгилде болот. Караңыз: Нервдик импульс.

**ИМПУЛЬС НЕРВНЫЙ (nerve impulse), нервдик импулс** – нейрондун мембранасынын электро активдүүлүгү, ал нерв булулуры аркылуу бат таралып жана ошентип маалыматты нейрондордун аксондору аркылуу нерв системасына алып барат.

**ИННЕРВАЦИЯ (innervation), иннервация** – ткандарды жана органдарды нервдик тейлөө. Чоң нерв тамыры бутактанып, органдарга баруучу нервдер.

**ИНТЕГРАЦИЯ (integration), интеграция** – денедеги нерв клеткалардан, көпчүлүк синапстардан келүүчү нервдик импулстардын биригиши. Бир синапстан келүүчү импульстар нервдик бутакчалардын дүүлүгүүсүн алып келет, башкаларынан болсо токтоп калуусуна алып келет, кайсынысы көбүрөөк болсо, нерв клеткалары активдештирилет жана келген маалыматты жеткирет.

**ИНТЕРОЦЕПТОР (interoceptor), интероцептор** – организмде болуп жаткан ар бир өзгөрүүнү (булчуңдардын чоюлушу же кандагы кислоталуулуктун өзгөрүүсү) кабыл алып туруучу афференттүү нерв клеткасынын сезимтал учу.

## К

**КУРУ (kuru, trembling disease), куру** – дарт, ал өзгөчө Жаңы Гвинеядагы уруунун өкүлдөрүн жабыркайт. Ал борбордук нерв системасындагы нерв клеткаларынын күчөп туруучу дегенерациясы менен мүнөздөлөт. Кошумча караңыз: Губкалуу энцефалопатия.

## Л

**ЛАГОФТАЛЬМ (lagophthalmos), лагофтальм** – адам көзүн толук жумалбай жаткандагы абал. Мындай учурда көзгө жарыктын өтө катуу таасир этиши көздүн сыртындагы тунук оболочканын жабыркашына алып келүүсү мүмкүн.

**ЛАТИРИЗМ (lathyrism), латиризм** – булчуңдардын шал болуусу менен жана бошондошу менен мүнөздөлүүчү дарт; ал жеген азыгында майда «түрк»буурчагы Lathyrus sativus же ага окшогон буурчактууларды көп санда болгон адамдарда кездешет.

## М

**МАКРОПСИЯ (macropsia), макропсия** – адамдын бир нерсени көргөндө, аны чоңойтуп кабыл алуусу. Адатта макропсия көздүн кайсы бир тор кабык дартынын кесепетинен же аккомодациянын спазмынан өрчүшү мүмкүн.

**МЕДИАТОР (neurohumour), медиатор** – нейрогормон же нейромедиатор.

**МЕНИНГИЗМ (meningism), менингизм** – баш мээнин же жүлүндүн дүүлүгүабалы, мында менингиттин симптомдору болот (мисалы, моюн булчуңдарынын ригиддүүлүгү), бирок реалдуу сезгенич жок.

**МЕНИНГОКОКЦЕМИЯ (meningococcaemia), менингококцемия** – адамдын канында менингококктордун (Neisseria meningitidis түрүндөгү бактериясынын) болушу. Караңыз: Менингит.

**МЕНИНГОМИЕЛИТ (meningomyelitis), менингомиелит** – баш мээнин жүлүндүн кабыгы менен кошо сезгениши, ал бактериалдык жана вирустук инфекция менен туудурулат. Караңыз: Менингоэнцефалит.

**МЕНИНГОМИЕЛОЦЕЛЕ (meningomyelocele), менингомиелоцеле** – караңыз: Нерв түтүктөрүнүн өрчүү дефектиси.

**МЕНИНГОЭНЦЕФАЛИТ (meningoencephalitis), менингоэнцефалит** – баш мээнин жана тышкы кабыгынын сөөккө жакын катмарынын сезгениши. Ал бактериалдык же вирустук инфекция менен туудурулат. Оору, ошондой эле жүлүндү жабыркайт да, миелиттин өрчүшү менен эки буттун тең параличине алып келет (кээде бул ооруну менингомиелит (meningomyelitis) деп аташат)).

**МЕХАНОРЕЦЕПТОР (mechanoreceptor), механорецептор** – механикалык жылууларды сезүүчү сезгичтүү нерв аяктары, ткандардын кысылуусунан же чоюулуусунун кесепетинен нерв импульстардын генерациясына алып келет, ал болсо сезгичтүү нерв аркылуу өтөт (караңыз: Рецептор).

**МИАЛГИЯ (myalgia), миалгия** – булчуңдун оорушу. – Миалгиялык (myalgic).

**МИАСТЕНИЯ ТЯЖЕЛАЯ ПСЕВДОПАРАЛИТИЧЕСКАЯ (myasthenia gravis), оор псевдопаралитикалык миастения** – өнөкөт дарт, адамдын катуу чарчоо сезимин жана булчуңдардын алсыздыгын туудурат.

**МИГРЕНЬ (migraine), шакый** – катуу баш оору, адатта баштын жарымын жабыркатып ооруйт. Кээ бирде приступ кармаардын алдында адамда анын алдын алуучулары (аура (aura)) пайда болот, көрүү сезими начарлайт жана аяктарынын алсыздыгы байкалат. Көпчүлүк мезгилде шакый кусуу менен коштолот.

**МИЕЛИНИЗАЦИЯ (myelination), миеленизациялоо** – миелиндин нерв булаларынын катардагы аксондорун каптоо процесси. Борбордук нерв системасынын нерв булаларын миеленизациялоо адатта баланын 2 жаш курагында толугу менен аяктайт.

**МИЕЛИТ (myelitis), миелит** – 1. Жүлүндүн сезгениши. Бул дарттын өтө көп таралган түрү туурасынан кеткен миелит (transverse myelitis) болуп саналат. 2. Сөөк чучугунун сезгениши. Караңыз: Остеомиелит.

**МИЕЛОМЕНИНГОЦЕЛЕ (myelomeningocele), миеломенингоцеле** – жүлүндүн тышкы кабыгы менен кошо, омуртканын тешиктеринен тышка чыгып калышы. Караңыз: Нерв түтүктөрүнүн өрчүү дефектиси.

**МИЕЛОЦЕЛЕ (myelocele), миелоцеле** – омуртканын тешиктери аркылуу жүлүндүн тышка чыгуусу. Караңыз: Нерв түтүктөрүнүн өрчүү дефектиси.

**МИОКЛОНУС (myoclonus), миоклонус** – кокусунан эле пайда болгон булчуң тонусу, адатта колду көтөргөндө же кайрыганда байкалат. – Миоклоникалык (myoclonic).

**МОНОНЕВРИТ (mononeuritis), мононеврит** – кандайдыр бир перифириялык нерв жабыркоочу дарт. Нервди кысып калуу же анын кан камсыздоосунун бузулушу, мононевриттин өтө көп кездешүүчү себеби болуп саналат. Көпчүлүктүү мононеврит (mononeuritis multiplex) өзү менен дененин ар кайсы бөлүгүндөгү бир нече өзүнчө нервдердин сезгенүүсүн көрсөтүп турат. Салыштыруу үчүн: Полиневропатия.

## Н

**НАТРИЯ ВАЛЬПРОАТ (sodium valproate), натрийдин вальпроаты** – талмага каршы каражат, эпилепсиянын бардык түрлөрүнө колдонулат.

**НЕВРАЛГИЯ (neuralgia), невралгия** – организмдин бир бөлүгүндөгү сыздап ооруну сезүү. Катуу күйгүзүүчү оору же аткылоочу катуу сыздап оорусу. Постгерпетикалык невралгия, же курчоочу чакалайдан (postherpetic neuralgia) кийин өрчүүчү невралгия, өзү менен катуу, адамдын жабыркаган жердеги шайын оодарган оору менен коштолот. Үчилтиктүү нервдеги невралгияда (trigeminal neuralgia, tic douloureux) адамды катуу пароксизмалдуу оорунун приступтары тынчын алат. Шакыйлык невралгияда (migrainous neuralgia) орулуууну 30–60 мин созулган бет оорусу тынчсыздандырат, ал шакый оорусунан кийин бир нече күндөн кийин пайда болот.

**НЕВРАЛГИЯ ТРОЙНИЧНОГО НЕРВА (tic douloureux), үчилтик нервдин невралгиясы** – караңыз: Невралгия.

**НЕВРАЛГИЯ ТРОЙНИЧНОГО НЕРВА (trigeminal neuralgia, tic douloureux), үчилтик нервдин невралгиясы** – караңыз: Невралгия.

**НЕВРАПРАКСИЯ (neurapraxia), неврапраксия** – иннервациянын убактылуу жабыркоосу; дененин кайсы бир бөлүгүнүн сайгылашуусу, сенек тартуусу жана булчуңдардын алсырашы менен коштолот. Салыштыруу үчүн: Аксонотмез, Нейротмез.

**НЕВРИТ (neuritis), неврит** – перифериялык нервдердин жабыркоосу; сезгенүү менен байланыштуу келип чыгат. Аталган термин айрым учурларда невропатияны аныктоо үчүн альтернатива катары пайдаланылат. Кошумча караңыз: Ретробульбардык неврит.

**НЕВРИТ РЕТРОБУЛЬБАРНЫЙ (retrobulbar neuritis, optic neuritis), ретробульбардык неврит** – көрүү нервинин көз карегинин артынан өтүүчү сезгенич, анын кесепетинен адамдын көз көрүүсү кыйла начарлай баштайт.

**НЕВРОЗ (neurosis, көпч. neuroses), невроз** – узак убакытка созулган ар кыл психологиялык бузулуулар; мындай учурда турмуш чындыгы менен болгон байланыш толук сакталганы менен бейтап адам күндөлүк турмушта болуп жаткан нерселердин бардыгын адаттан тышкары көрүнүш катары кабылдайт. – Невротикалык (neurotic).

**НЕВРОЗ РЕНТНЫЙ (ПЕНСИОННЫЙ) (compensation neurosis), ренттик невроз (бааргерлик)** – кандайдыр бир жагдайлардан улам адамдын күчсүз абалы жана ал абалдан чыгуу ага оор болуу сезими.

**НЕВРОПАТИЯ (neuropathy), невропатия** – перифериялык нерв оорусу; адатта жабыркаган дене бөлүгүндөгү сезгичтиктин жоголуусу менен коштолот. Мононевропатияда (mononeuropathy) дарт бир нервди жабыркайт, мында анын жабыркоо даражасы нервдин орун алышынан көз каранды болот. Полиневропатияда (polyneuropathy) көпчүлүк же бүт перифириялык нервдер жабыркалат, дарттын симптомдору аяктардын дисталдык сегменттеринде көбүрөөк билинет.

**НЕЙРОБЛАСТ (neuroblast), нейробласт** – эмбриондун нерв түтүкчөсүндөгү клетка. Өз кезегинде бул клеткалардын глиобластар пайда болушса, кийин алардан глия клеткалары жаралышат.

**НЕЙРОГЕНЕЗ (neurogenesis), нейрогенез** – нерв клеткаларынын өсүшү жана өнүгүшү.

**НЕЙРОГЕННЫЙ (neurogenic), нейрогендүү** – 1. Оору жаратуучу же нерв системасындагы функциялардын бузулушу. 2. Нерв тканында пайда болуучу. 3. Нервдик стимуляциянын жардамы аркасында жаралуучу.

**НЕЙРОМИЕЛИТ ЗРИТЕЛЬНОГО НЕРВА (neuromyelitis optica), БОЛЕЗНЬ ДЕВИКА (Devic's disease), көрүү нервинин нейромиелити, Девик оорусу** – бир нече жактуу склероз менен тыгыз байланыштуу. Адатта ал миелит формасында өтөт, жана ошондой эле көрүү нервинин эки жактуу ретробульбардык неврит формасында өтөт.

**НЕЙРОН (neurone), КЛЕТКА НЕРВНАЯ (nerve cell), нейрон, нерв клеткасы** – нерв системасынын негизги түзүлүш – функционалдык бирдиги; нейрон нерв импульста-

рын кабыл алып, берүү менен маалыматтарды дененин бир бөлүгүнөн экинчи бөлүгүнө жеткирет. Ар бир нейрон ири денеге (cell body) же перикарионго (perikaryon) ээ. Бир нейрондун экинчи нейрон менен байланыш аймагы синапс деп аталат.

**НЕЙРОН ВСТАВОЧНЫЙ (interneurone), коюлуучу нейрон** – борбордук нерв системасынын нейрону, рефлекс догосундагы түрдүү нейрондор менен өз ара байланышты түзөт. Адатта анын бир нече дендриттери бар, алар жүлүндө жана баш мээнин ичинде жолдор менен узун чынжырчаларды түзөт.

**НЕЙРОНОФАГИЯ (neuronophagia), нейронофагия** – процесс, организмдеги жабыркаган же дегенерациялуу түрдө өзгөрүлгөн нерв клеткаларынын макрофагдардын (фагоциттердин) жардамы аркасында жок кылынышы.

**НЕЙРОЭПИТЕЛИЙ (neuroepithelium), нейроэпителий** – сезүү органдарында жайгашып, рецептордук функцияларды жүзөгө ашыруучу эпителий түрү. Нейроэпителий курамын көздүн тор кабыгындагы, ички кулактагы, мурун көңдөйү менен тилдин даам сезүү эмчекчелеринин былжырлуу картыштарындагы сенсордук клеткалар түзөт. – Нейроэпителиалдык (neuroepithelial).

**НЕРВ ЗРИТЕЛЬНЫЙ (optic nerve), көрүү нерви** – баш сөөк нервдин (II) экинчи жупуну нерви, алар аркылуу көз торчосуна импулстар өтөт.

**НЕРВ ПОДКОЖНЫЙ (saphenous nerve), тери астындагы нерв** – сан нервинин чоң түйүнү, ал сандын үстүнкү бетинен өтүп, андан ары медиалдык чоң булчуңга келип түшүт, бул нерв тизе муунундагы медиалдык катмарындагы терини кыймылга келтирет.

**НЕРВ ПРЕДДВЕРНО-УЛИТКОВЫЙ (vestibulocochlear nerve, acoustic nerve), НЕРВ СЛУХОВОЙ (auditory nerve), үлүлдүк – кире бериш нерви, угуу нерви** – сегизинчи сезгичтик, баш сөөктүк – мээ, сезгич нерви (VIII), ал аркылуу ички кулактан баш мээге вестибулярдык аппараттан жана ички кулактын кортий органынан импульстар келет. Бул нерв эки бөлүктөн турат: кире бериш нервинен (vestibular nerve) жана үлүл нервинен (cochlear nerve).

**НЕРВ СЕДАЛИЩНЫЙ (sciatic nerve), көчүк куян нерви** – алдыңкы муундагы эң чоң нерв. Ал сандын арткы капталынан ылдый тизе астындагы чукурунун жанына түшөт. Бул нерв эки чоң бутактарга бөлүнөт – чоң балтыр нерви (tibial nerve) жана жалпы кичи балтыр нерви (common peroneal nerve), алар булчуңдарды жана тизе менен бут кетменинин терисин иннервациялайт.

**НЕРВ СЛУХОВОЙ (auditory nerve), угуу нерви** – баш сөөктүк баш мээдеги сегизинчи сезгич нерви, ал аркылуу ички кулактан баш мээгэ вестибулярдык аппараттан жана кулактын ички органдан кортий органдардан импульстар өтөт. Бул нерв эки бөлүктөн турат: кире бериш нервдери жана үлүл нервдери. Караңыз: Кире бериш – үлүлдүк нервдер.

**НЕРВ СОСУДОДВИГАТЕЛЬНЫЙ (vasomotor nerve), кан тамыр кыймылдаткыч нервдер** – вегетатативдик нерв системасындагы бир нерв; ал тамырлардын жылмакай капталдарына таасир этишет жана жүрөк жыйрылуусунун тездиги менен кан айлануу процессин жөнгө салат.

**НЕРВ СПИННОМОЗГОВОЙ ДОБАВОЧНЫЙ (spinal accessory nerve), кошумча жүлүн нерви** – караңыз: Кошумча нерв.

**НЕРВ ТРОЙНИЧНЫЙ (trigeminal nerve), үчилтик үч бутакчалуу нерв** – баш сөөктүн, баш мээнин эң чоң бешинчи аралаш нерви (V); үч бутакчага бөлүнөт: көз, үстүңкү алдыңкы жаактык, астыңкы жаактык нервдер.

**НЕРВ УЛИТКИ (cochlear nerve), үлүл нерви** – угуу нерви, ал спиралдык ганглийлердин аксондогу клеткалары менен жаралган, алар аркылуу нервдик импульс кортий органында пайда болгон, баш мээге өтөт.Ошентип бул нерв, мээге келүүчү угуу нервдердин импульстары үчүн жооп берет. Ал киребериш - үлүлдүк нервдин (VIII баш сөөктүк нервдин) бөлүгү болуп саналат.

**НЕРВ ЧУВСТВИТЕЛЬНЫЙ, НЕРВ СЕНСОРНЫЙ (sensory nerve), сезүүчү нерв, сенсордук нерв** – дененин перифериялык бөлүктөрдөн борбордук нерв системасы аркылуу афференттик маалымат келет. Ар түрдүү сенсордук нервдер баш мээге температура, оору, тамактын даамы, ж.б. жөнүндө маалыматтарды берет. Салыштыруу үчүн: Кыймылдаткыч нерв.

**НЕРВ ЯЗЫКОГЛОТОЧНЫЙ (glossopharyngeal nerve), кулкун кекиртек тил нерви** – баш сөөктүк аралашкан тогузунчу нерви (IX), ал щибеге сымал кекиртек булчуңду, кулактын жанындагы шилекей безин, ошондой эле тилдин үчтөн бир арткы бөлүгүндөгү жумшак таңдайды иннервациялайт.

**НЕРВЫ ВНУТРЕННОСТНЫЕ (splanchnic nerves), ички органдык нервдер** – симпатикалык нервдердин катарына кирет, алар кан тамырларды жана ички органдарды иннервациялайт.

**НЕРВЫ КРЕСТЦОВЫЕ (sacral nerves), сегиз көчүк нервдер** – жүлүн нервдеринин 5 жубу, алар жүлүн бөлүктөгү сегиз көчүктөн өтөт. Бул нервдердин курамына сезгичтик жана кыймыл булалар, иннервациялаган булчуңдар жана соор аймагындагы тери жана чаткаяк териси, сырткы жыныс энинчелердин териси, сандын бетиндеги тери жана булчуңдар, сөөктөр, муундар, балтырдын жана бут кетменин териси кирет.

**НЕРВЫ ОБОНЯТЕЛЬНЫЕ (olfactory nerve), жыт билүү нервдери** – баш сөөк нервдеринин биринчи жубу (I), алар жыт билүү эпителийиндеги нейросенсордук клеткалардын борбордук өсүштөн турушат.

**НЕРВЫ ПИЛОМОТОРНЫЕ (pilomotor nerves), пиломотордук нервдер** – симпатикалык нервдер, алар теридеги жылмакай булчуң булаларды, чач тамырларын иннервациялайт. Симпатикалык нерв системасынын таасиринен адамда үшүү, коркуу сезими болот.

**НЕРВЫ СПИННОМОЗГОВЫЕ (spinal nerves), жүлүн нервдери** – жүлүн нервинен өтүүчү 31 жуп нервдер, алар омуртка тешикчесинен чыгып адамдын бүт денесине тарашат. Ар бир нерв, эки нерв тамырларды камтыйт – алдынкы, ал кыймыл нерв булаларды камтыйт, жана арткы, ал сезгичтик нерв булаларды камтыйт.

**НЕРВЫ ЧЕРЕПНЫЕ, НЕРВЫ ЧЕРЕПНО-МОЗГОВЫЕ (cranial nerves), баш сөөктүк нервдер, баш - мээ нервдери** – баш мээден жана бөлөк тешикчелер аркылуу баш сөөктүн көңдөйчөлөрүнөн өткөн 12 жуп нервдер. Алар төмөнкүдөй номер менен аталышат: I жыт билүүчүлүк; II көрүүчүлүк; III көз кыймылдоочулук; IV блоктук; V үчилтик; VI буруп кетүүчү; VII бет; VIII киреберишь – үлүлдүк; IX тил кулкундук; X адашма; XI кошумча жана XII тил астындагы. Салыштыруу үчүн: Жүлүндүк нервдер.

**«НИКОГДА НЕВИДЕННОЕ» (jamais vu), «эч качан бир нерсени көрбөгөндүк»** – психомотордук эпилепсиянын бир көрүнүшү, мында адам капысынан курчап турган чөйрө менен байланышы үзүлөт.

**НОЦИЦЕПТИВНЫЙ (nociceptive), ноцицептивдүү** – бул термин нерв булаларын жана оору импульстардын таралышынын жолдоруна карата колдонулат.

## О

**ОКОНЧАНИЕ НЕРВНОЕ (nerve ending), нерв аяктары** – синапсты пайда кылуучу нерв булаларынын бир бутагынын аягы, же булчуң булалар менен жана нервдик – булчуң тутуамдашуу же без менен нервдик – бездик тутамдашуу менен катнашуу.

**ОМЕРТВЕНИЕ (mortification), жансыздандыруу** – караңыз: Некроз.

**ОТВЕТ (response), жооп** – жол, анын жардамы менен организм же анын кайсы-бир бөлүгү дүйлүгүүгө жооп берет. Мисалы, нервдик импульс жооп кайтарышы мүмкүн, ал булчуңдардын жыйрылуусу, ал болсо берилген нервди иинервациялайт катары болушу мүмкүн, ал болсо берилген нервди иинервациялайт.

**ОЩУЩЕНИЕ (sensation), сезим** – баш мээдеги адамдын курчап турган чөйрөдөгү болуп жаткан нерселерди кайра иштетүү, ал рецепторлордон сигнал түрүндө өтөт.

## П

**ПАЛИНГРАФИЯ (palingraphia), палинграфия** – жазуусунун өзгөрүшү , кээ бир тамгаларды же сөздөрдү кайталап жазуу. Бул өзгөрүү баш мээдеги кайсы-бир дарттын болушун тастыктайт. Мисалы, мээге кан куюлуп, шал болгондо.

**ПАРАГРАФИЯ (paragraphia), параграфия** – айрым тамга же бүтүндөй бир сөздөрдү таштап, ордуларын алмаштырып жазуу. Бойго жеткен адамдарда бул көрүнүш баш мээнин жабыркоосу менен мүнөздөлөт. Ал эми жаш балдардыкы болсо, туура жазууну окутуунун кечеңдеши менен байланыштуу.

**ПАРАЛИЧ (paralysis), паралич** – кыймылдоо функциясынын же булчуңдардын тобунун функциясынын начарлашы, нерв системасынын жабыркашынан келип чыгат. Кошумча караңыз: Диплегия, Гемиплегия, Параплегия, Полиомиелит. – Паралитикалык (paralytic).

**ПАРАЛИЧ БЕЛЛА (Bell's palsy), Белл шал оорусу** – беттин бир жак бөлүгүндөгү булчуңдарды алсыратуучу нерв параличи; натыйжада адам көзүн жумалбай калат.

**ПАРАЛИЧ ДРОЖАТЕЛЬНЫЙ (shaking palsy), титиретүүчү шал оорусу** – паркинсионизмдин эски аталышы.

**ПАРАЛИЧ КОРКОВЫЙ, ПАРАЛИЧ ЦЕРЕБРАЛЬНЫЙ (cerebral palsy), баш мээ шал оорусу, церебралдык шал оорусу** – кыймылдын прогрессивдүү эмес бузулушу, ал бал жатында жатканда баш мээсинин жабыркашы менен байланыштуу болот, жана төрөлгөндөн кийин деле байкалат.

**ПАРАЛИЧ ЛАНДРИ (Landry's paralysis), Ландри параличи** – Гийен – Барре синдромунун бат өрчүүчү формасы. Шалдын башталышы буттан башталып, денени каптайт анан колго өтүү менен моюнга жайылат. Жутууга жана дем алууга жардамдашчу булчуңдундарга жеткенде, адам өлүп калышы ыктымал.

**ПАРАЛИЧ ЛИЦЕВОГО НЕРВА (facial paralysis), бет нервинин параличи** – мимикалык булчуңдардын начарлашынан келип чыгуучу оору. Бет нервинин параличи, ал мимикалык булчуңдардын функциясынын жоголушунан же начарлашынан келип чыгат. Көпчүлүк учурда Беллдин параличинде да өрчүйт.

**ПАРАЛИЧ СПАСТИЧЕСКИЙ (spastic paralysis), спастикалык паралич** – бир же эки аяктын шал болуусу, ал рефлектордук активдүүлүктүн көбөйүшү менен коштолот. Анын кесепетинен жабыркаган аякта пассивдүү кыймылдарды аткарууда карама-каршылык туудурулат (караңыз: Тырышуу (Спастивдүүлүк)).

**ПАРАЛИЧ ТОДДА (Todd's paralysis, Todd's palsy), Тодд параличи** – талма оорусунан кийин пайда болуучу шал оорусу (караңыз: Эпилепсия).

**ПАРАМНЕЗИЯ (paramnesia), парамнезия** – болуп өткөн окуяны эсине жалган келтирүү. Бул психикалык ооруларында байкалат.

**ПАРАПАРЕЗ (paraparesis), парапарез** – буттун экөөнү тең жабыркатуучу шал оорусунун жеңил түрү. Парапарез нерв системасындагы кайсы бир оорунун натыйжасында келип чыгат.

**ПАРЕСТЕЗИЯ (paraesthesiae), парестезия** – адамдын терисинде уктап калуу, сайгылашуу, кумурска кетип бара жаткандай жагымсыз сезүүлөрдү сезүү. Бул сезүүлөр кайсы-бир перифириялык нервдин жабырканышынын симптому болуп же жүлүндүн сенсордук жолдорунун жабырканышынан болушу мүмкүн. Салыштыруу үчүн: Дизестезия.

**ПЕМОЛИН (pemoline), пемолин** – нерв системасынын стимулдаштыруучу дарылык зат; балдардын гиперкинетикалык синдромун дарылоодо колдонулат.

**ПЕРЕКРЕСТ (decussation), кайчылашуу** – дененин эки же андан көп структуралардын кайчылашуу чекити. Берилген термин негизинен борбордук нерв системасынан өтүүчү нерв булаларынын чекитин белгилөө үчүн колдонулат.

**ПЕРЕХВАТ РАНВЬЕ (node of Ranvier), Ранвье колго алуусу** – миелин нерв булаларынын ичкерип кетиши, ал эки кошуна шванндык клеткалардын чегинде пайда болот. Колго алууда миелиндик кабык жок болот.

**ПЕРИОД СКРЫТЫЙ (latent period), жашыруун мезгил** – (неврологияда) токтоо мезгили, бир нече миллисекунданы камтыган, булчуңдун нерв импульс менен мезгил аралыгына жетүү, ал убакта бул булчуң жыйрыла баштайт.

**ПИКНОЛЕПСИЯ (pyknolepsy), пикнолепсия** – күнүнө жүзгө жакын кармаган кичине эпилептикалык талмалар (караңыз: Эпилепсия).

**ПЛАСТИНКА КОНЦЕВАЯ (end-plate), аяккы пластинка** – аксондун жана анын кабыгынын аяккы байланыштыргыч зонасы.

**ПОЛИМОРФ (potymorph), ЛЕЙКОЦИТ ПОЛИМОРФОЯДЕРНЫЙ (polymorphonuclear leucocyte), полиморф, полиморфоядердик лейкоцит** – караңыз: Нейтрофил.

**ПОЛИНЕВРИТ (polyneuritis), полиневрит** – перифериялык нервдердин жабыркашына алып келе турган оору. Бул термин түздөн-түз нерв оорусуна тиешелүү болгон менен көбүнчө «полиневропатия» терминин алмаштырып жүрөт.

**ПОЛИНЕВРОПАТИЯ (potyneuropathy), полиневропатия** – перифериялык нервдердин жабыркашына алып келе турган оору. Алгач оору симптомдору кол-бут манжаларынын учтарында байкалса, кийин бүтүндөй тулку бойго өтөт (кошумча караңыз: Гийен – Барре синдрому (постинфекционндук полиневропатия), Невропатия).

**ПОЛИРАДИКУЛОНЕВРИТ (polyradiculitis), ПОЛИРАДИКУЛОНЕВРИТ ОСТРЫЙ ИДИОПАТИЧЕСКИЙ (polyradiculopathy), полирадикулоневрит, курч идиопатикалык полирадикулоневрит** – перифериялык нерв оорусу (караңыз: Невропатия), мында жүлүн нервдеринин кабыктары жабыркайт. Полирадикулоневриттин мисалына Гийен – Барре синдромун келтирсек болот.

**ПРЕГАНГЛИОНАРНЫЙ (pregangtionic), преганглионардык** – бул термин вегетативдик нерв системасындагы нейрондордун аксондорун сүрөттөдө колдонулат.

**ПРИПАДОК БОЛЬШОЙ СУДОРОЖНЫЙ (grand mal, major epilepsy), тырыштыруучу чоң талма** – караңыз: Эпилепсия.

**ПРОПРИОЦЕПТОР, ПРОПРИОРЕЦЕПТОР (proprioceptor), проприоцептор, проприорецептор** – мүчөнүн терең жаткан ткандарындагы сезүү нерв жипчелеринин башталышы. Проприорецепторлор булчуңдарда, байламталарда, фасцияларда, сөөктөрдө, муун капсулаларда жана тарамыштарда жайгашкан, ал жерде алар маалыматты кабыл алышат, андан мээге жеткирилет жана булчуң активдүүлүгүнүн координациясы үчүн колдонулат (караңыз: Чоюлуу рецептору, тарамыштуу ийик сымал). Кошумча караңыз: Механорецептор.

**ПСЕВДОПЛЕГИЯ (pseudoplegia), псевдоплегия** – аяктардын шал болуусу. Организмде эч кандай органикалык бузулуулар менен коштолбойт. Кошумча караңыз: Конверсивдик бузулуу.

**ПРЕЭКЛАМПСИЯ БЕРЕМЕННЫХ (gravida preeclampsia), кош бойлуулардын преэклампсиясы** – гестоз, ал пайда болгон шишип кетүүлөрдүн, протеинуриянын жана гипертензиянын курч түрүндөгү абалдан пайда болот. Кош бойлуу аялда кокусунан баш оору пайда болот; көздүн көрүүсү начарлай баштайт, мурундун ичи шишип калат, эпигастралдык аймакта оору пайда болот, жүрөк айлануу жана кусуу пайда болот. Бул мээдеги кан айлануунун бузулушу менен, боордун функциясынын өзгөрүшү менен, кызыл өңгөч аймагындагы кан куюлуу менен байланышкан. Тери бозорунку болуп, тамыр тез согуп, артериалдык басым жогорулап кетүү тенденциясы бар. Кошумча караңыз: Эклампсия.

# Р

**РАДИКУЛИТ, радикулит** – омуртканын тешигине чейинки аралыктагы жүлүндүн тарамдарынын сезгениши, куяң. Жүлүндөгү нерв тамырчаларынын сезгениши. Караңыз: Полирадикулоневрит.

**РЕТРОГРАДНЫЙ (retrograde), ретрограддуу** – дененин бир бөлүгүнүн артка кетүүсү же илдеттин дененин артынан орун алуусунда айтылуучу сөз (караңыз: Пиелография (ретрограддык)). Ретроградддык амнезия (retrograde amnesia), мисалы, орулуу жаракат качан жана эмнеден болгонун унутуп калат.

**РЕТРОПУЛЬСИЯ (retropulsion), ретропульсия** – арт жагы менен алдыга карай басууга болгон компульсивдик жөндөм. Мындай абал паркинсонизм симптомдорунун бири болуп саналат.

**РЕФЛЕКС (jerk), рефлекс** – 1. Нерв системасы аркылуу тигил же бул таасирлерге карата организм тарабынан жасала турган реакция. Мисалы, тизе рефлекси (knee jerk) (караңыз: Пателлярдык рефлекс) – тарамышка акырын ургулоого жооп иретинде сандагы төрт баштуу булчуңдун жыйрылуусунун натыйжасында буттун капысынан «шилтенип кетүү» иш - аракети.

**РЕФЛЕКС (reflex), рефлекс** – нерв системасы аркылуу жүзөгө ашырыла турган тигил же бул таасирлерге карата организм тарабынан жасала турчу реакция. Оору жарата турчу дүүлүктүргүч (мисалы, төөнөгүч менен сайуу) баш мээ тарабынан маалымат болгучакты эле манжаларды тартып алуу рефлексинин жаралышына алып келет. Караңыз: Шарттуу рефлекс, Пателлярдык рефлекс, Тамандык рефлекс.

**РЕФЛЕКС КОЛЕННЫЙ (patellar reflex), тизе рефлекси** – сандын төрт баштуу булчуңунун кыска мөөнөттөгү чоюлууга жооп катары пайда болгон рефлекс, ал анын тарамышына жеңил чабуудан келип чыгат, мында сандын төрт баштуу булчуңунун кокусунан жыйрылуусу байкалат; натыйжада балтыр ийилет (чоюлуу рефлекси).

**РЕФЛЕКС ЛУЧЕВОЙ, РЕФЛЕКС ПЯСТНО – ЛУЧЕВОЙ (radial reflex), билек рефлекси, шакшак-билек рефлекси** – каруунун ийилиши (кээ бирде манжалар менен да кошо), ал билек сөөктүн шибеге сымал урчугунун астынкы эпифизине таптоого жооп катары пайда болот. Бул рефлекс ийин билек булчуңунун жыйрылуусу менен байланышкан.

**РЕФЛЕКС МИЭНТЕРИЧЕСКИЙ (myenteric reflex), миэнтерикалык рефлекс** – физиологиялык рефлекс: ичегинин жыйрылуусу жана бошоңдоп кетиши.

**РЕФЛЕКС НАДГЛАЗНИЧНЫЙ (supraorbital reflex), көз чара астындагы рефлекс** – чекеге таптап чапканда көз кабагынын жабылышы, ал көздүн айланма булчуңунун жыйрылуусунун, көз чарасы астындагы аймактагы нервттен өткөндүктөн болот.

**РЕФЛЕКС ПОДОШВЕННЫЙ (plantar reflex), тамандык рефлекс** – кайсы бир учу жок аспап менен тамандын сырткы четинен тамандан чыпалакка чейинки жерди өткөрүүнүн натыйжасынан мындай рефлекс пайда болот.

**РЕФЛЕКС РАСТЯЖЕНИЯ (stretch reflex), РЕФЛЕКС РАСТЯЖЕНИЯ МЫШЦЫ (myotatic reflex), чоюлуу рефлекси, булчуңдун чоюлуу рефлекси** – булчуңдун чоюлууга карата болгон жыйрылуусундагы рефлекс.

**РЕФЛЕКС СТАТИЧЕСКИЙ (static reflex), статикалык рефлекс** – дененин белгилүү абалын сактоо үчүн керектүү булчуңдардын тонусун кармап туруучу рефлекс.

**РЕФЛЕКС УСЛОВНЫЙ (conditioned reflex), шарттуу рефлекс** – бул ээ болгон рефлекс, ал жеке индивидуумга таандык болот. Индивидуумдун өмүр жолунун ичинде пайда болот жана генетикалык жактан бекитилбейт (тукум куубайт). Белгилүү бир жайгайларда пайда болот да алардын жоктугунан кайра жок болуп кетет. Шарттуу эмес рефлексттердин базасында, мээнин жогорку бөлүктөрүнүн катышуусу менен түзүлөт.

**РЕЧЬ СКАНДИРОВАННАЯ (scanning speech), таптап сүйлөө речи** – артикуляциянын бузулушу, сөздөрдү муунга бөлүп сүйлөө мүнөздүү болот.

**РЕЧЬ ХАОТИЧНАЯ (cluttering), баш аламан кеп** – үзүп-үзүп, баш аламан кырааты жок сүйлөө. Мунун өзү адамдын кебин түшүнүүгө кыйынчылык жаратат. Белгилей кетчү нерсе, кеп жутуу же кекечтенүү өңдүү көрүнүштөр учурабайт.

**РИГИДНОСТЬ (rigidity), ригиддүүлүк** – (неврологияда) муундун кыймылынын катуулугу, тоңдугу. Бул булчуңдун чыңалып, катуулашынан пайда болот. Көпчүлүк учурда ригиддүүлүк паркинсонизмдин бирден бир симптому болуп саналат. Жылмакай булчуңдардын каршылыгы пластикалык ригидүүлүк (plastic же lead-pipe rigidity) деп аталат. Салыштыруу үчүн: Спастикалуулук.

## С

**СЕНСОРНЫЙ, ЧУВСТВИТЕЛЬНЫЙ (sensory), сенсордуу, сезгич** – адам денесинин ар кайсы бөлүктөрүндө жайгашкан рецепторлордон маалыматтарды баш мээ жана жүлүнгө карай алып өтүүчү нерв тамырларына карай айтылат.

**СИМПАТОБЛАСТ (sympathoblast), симпатобласт** – нерв тканынын өнүгүүсүнүн алгачкы баскычында жарала турчу анча чоң эмес клетка; кийинчерээк бул клеткалар симпатикалык нерв системасынын нейрондоруна айланып кетишет.

**СИМПТОМ РОМБЕРГА (Romberg's sign), Ромберг симптому** – көздү жуумуп, эки бутту тийиштирип коюп туруп турганда чайпалып тура албоо. Бул көрүнүш кара куш мээ ооруга, жүлүн сифилис оорусуна чалдыкканда жана нервдердин көпчүлүгү сезгенген оор уларда байкалат.

**СИМПТОМ ТИНЕЛЯ (Tinel's sign), Тинель симптому** – нервди калыбына келтирүү процессин көзөмөлдөө ыкмасы; нерв өтүүчү жерди бир аз таптап ургулоодо, аяктардын дисталдык аймактарында сайгылашуу сезилет (караңыз: Парестезиялар), ал нервдин регенерациясынын башталышын тастыктайт.

**СИМПТОМ ХВОСТЕКА (Chvosteck's sign), Хвостек симптому** – кыймылдатуучу нервдердин ичинен өзгөчө бет нервинин сергектиги. Атайын жасалган балка менен оорулууну уурт тушка уруп көргөндө, ошол жердин булчуңунун тартылышы байкалат. Симптом бул булчуңдардын жогору сезгичтигин чагылдырат, бул көпчүлүк убакта организмде кальцийдин деңгээлинин төмөндөшү менен байланышат (караңыз: Тетания).

**СИНДРОМ БРИКВИТА (Briquet's syndrome), Бриквит синдрому** – караңыз: Соматикалык бузулуш.

**СИНДРОМ БРОУН – СЕКАРА (Brown – Sequard syndrome), Броун – Секар синдрому** – симптомокомплекс, жүлүндүн бир жагы жарадар болгондо же анда шишик пайда болгондо, кол-буттун булчуңу карышуу, өрөөн шал болуу жарадар болгон жакта байкалат. Ошол эле ооруда ооруну жана температураны сезбеген учур соо жакта байкалат.

**СИНДРОМ ГИЙЕНА – БАРРЕ (Guillain – Barre syndrome), ПОЛИНЕВРОПАТИЯ ПОСТИНФЕКЦИОННАЯ (postinfective polyneuropathy), Гийен – Барре синдрому, инфекциядан кийинки полиневропатия** – перифериялык нервди жабыркатуучу оору; симптомдоруна тилден калуу, кол жана бут булчуңдарынын алсырашы кирет. Оорунун өтө тез кармай турган формасы Ландри шал оорусу (паралич) (Landry's paralysis) деген ат менен белгилүү (караңыз: Полирадикулоневрит).

**СИНДРОМ КАНАЛА ЗАПЯСТЬЯ (carpal tunnel syndrome), кырк муун каналынын синдрому** – алакан сөөгүндөгү каналда ортонку нервдин кысылп калуусу (караңыз: Бейбелчек каналы). Бул сөөмөйдө жана ортонку манжаларда оору, тоңуп калуу жана алсыроо сезимин туудурат.

**СИНДРОМ КАРДИОТОМИЧЕСКИЙ (cardiotomy syndrome), СИНДРОМ ПОСТКАРДИОТОМИЧЕСКИЙ (postcardiotomy syndrome), кардиотомикалык синдром, посткардиотомикалык синдром** – жүрөккө жасалган операциядан кийин бир нече жумадан же бир нече айдан кийин сезгенич катары өрчүйт. Жүрөктү курчап турган челдин (перикарданын) сезгенишин – перикардит деп аташат. Бул синдром кээде пневмония же плеврит түрүндө болот.

**СИНДРОМ КОРСАКОВСКИЙ (Korsakoff's syndrome), ПСИХОЗ КОРСАКОВСКИЙ (Korsakoff's psychosis), Корсаков синдрому, Корсаков психозу** – баш мээнин органикалык жабырканышы, ал эстин начарлашына алып келет; адам жаңы маалыматты эстей албайт, бирок мурун болгон окуяларды так айтып бере алат; анда убакытта жана мейкиндикте адашуу байкалат; ал эсинде болгон боштукту толтуруш үчүн дайыма ойду-тоону ойлоп таап айта берет (караңыз: Конфабуляция).

**СИНДРОМ МОЗЖЕЧКОВЫЙ (cerebellar syndrome), СИНДРОМ НОННА (Nonne's syndrome), каракуш мээ синдрому, Нонн синдрому** – караңыз: Атаксия.

**СИНДРОМ ПЭНКОСТА (Pancoast syndrome), Пенкост синдрому** – катуу оору жана шал болуу, ал ийин чырмалашуучу жерде коркунуч туудуруучу шишиктин жабыркашынын инфильтрациясынын натыйжасында өпкөнүн үстүндө пайда болот. Көпчүлүк учурда адамда Горнер синдромунда пайда болот.

**СИНДРОМ ТАЛАМИЧЕСКИЙ (thalamic syndrome), таламикалык синдром** – ооруну сезүү чегинин жогорулашы, ал күйгүзүү сезими менен коштолот, бул болсо стимулдардын таасири астында пайда болот. Мындай синдромдун өрчүү себеби болуп, таламутстун дарты менен байланыштуу.

**СИНДРОМ УЩЕМЛЕНИЯ НЕРВА (nerve entrapment syndrome), нерв кысылуу синдрому** – курчап турган ткандар менен нервди кысуунун кесепетинен пайда болуучу синдром. Бул синдромго мисалы, бейбелчек каналынын синдрому жана парестезикалык мералгия кирет.

**СИНДРОМ ФРЕЛИХА (Frohlich's syndrome), Фрелих синдрому** – эркектер арасында кездешүүчү гипоталамус (мээ бөлүгү) функциясынын бузулушу: эркек балдар ашыкча салмак күтүп, уйку жана тамакка болгон табиттин жоктугу менен жабыркашат. Мындан сырткары, бул оору менен жапа чегишкен балдар жыныстык жактан жетилбей калышат. Медициналык аталышы: Адипозогениталдык дистрофия (dystrophia adiposogenitalis).

**СИНДРОМ ЭЙДИ (Adie's syndrome), СИНДРОМ ЭЙДИ – ХОЛМСА (Holmes – Adie syndrome), Эйди синдрому, Эйди – Холмс синдрому** – көздүн карегинин жабыркашы. Көпчүлүк учурда бир көздө байкалат. Мында жаракаланган карек жарыкка жана конвергенцияга болгон реакциясы төмөндөйт. Бир же бир нече тарамыш рефлекстери жок болушу мүмкүн. Бул дарт адатта аялдарда көп байкалат.

**СИНКОПЕ (syncope), ОБМОРОК (fainting), синкопе, эстен тануу** – баш мээнин кыска мөөнөттүү ишемиясына байланыштуу эстен танып калуу учуру.

**СИНУС КАРОТИДНЫЙ, СИНУС СОННЫЙ (carotid sinus), каротиддик синус, уйку синусу** – уйку синусунун башталышындагы чоң эмес жооною, анда артериалык басымды көзөмөлдөөчү рецепторлор орун алган (караңыз: Барорецептор).

**СИРИНГОМИЕЛИЯ (syringomyelia), сирингомиелия** – жүлүндүн ортосуна эт өсүп, андан кийин узунунан кобул пайда болгон өнөкөт оору. Жүлүн дарты, ал моюн аймагында узак көңдөйчөлөрдө суюктук толуп калуу менен мүнөздөлөт. Жүлүндүн ортосунда пайда болгон көңдөчө (syrinx) көпчүлүк учурда кыймыл нейрондордун жана нерв булаларынын жабыркашына алып келет, ал аркылуу баш мээге температура жана оору жөнүндө маалымат берилет.

**СИСТЕМА НЕЙРО-ЭНДОКРИННАЯ (neuroendocrine system), нейро-эндокриндик система** – нерв жана эндокриндик системаны бириктирип туруу менен организм функцияларын жөңгө салуу системасы. Өзгөчө, вегетативдик нерв системасы гипофиз жана карын үстүңкү бездин ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышкан (кошумча караңыз: Нейрогормон, Нейросекреция).

**СИСТЕМА НЕРВНАЯ (nervous system), нерв системасы** – нерв ткандары тарабынан пайда болушкан анатомиялык түзүлүштөрдүн жыйындысы. Нерв системасы организмдин активдүү иш-аракетин камсыз кылып туруу үчүн дененин ар кайсы бөлүгүнө нерв импульстары түрүндө маалымат берип, аны кайрадан алып туруучу көптөгөн нейрондордон турат. Нерв системасы борбордук жана перифериялык болуп экиге бөлүнөт. Баш мээ жана жүлүн борбордук нерв системасын түзөт. Мындан сырткары, бирдиктүү нерв системасы шарттуу түрдө соматикалык (анималдык) жана вегетативдик (автономдуу) болуп экиге бөлүнөт. Соматикалык нерв системасы негизинен сома (дене, булчуң, тери), ошондой эле айрым бир ички органдарга (тил, кекиртек, алкым) көзөмөлдүк кылуу менен организмдин сырткы чөйрө менен болгон байланышып камсыздаса, ал эми вегетативдик (автономдуу) нерв системасы барды кички мүчөлөргө, бездерге, ошону менен бирге тери жана органдардын эндокриндик, жылмакай булчуңдарына, кан тамыр жана жүрөккө көзөмөлдүк кылып, бардык орган жана ткандардардагы зат алмашуу процессин жөнгө салат. Нерв системасынын негизги структуралык жана функционалдык бирдиги болуп нейрон (нерв клеткасы) саналат.

**СИСТЕМА НЕРВНАЯ ВЕГЕТАТИВНАЯ (autonomic nervous system), вегетативдик нерв системасы** – нерв системасынын бөлүгү, ал ички органдардын ишмердүүлүгүн башкарат жана координация кылат, (мисалы, жүрөктүн, ичегинин кыймылын, теринин чыгышын, шилекейдин агышын, зат алмашууну, ткандардын функционалдык активдүүлүгүн ж.б.). Вегетативдик нерв системасынын башкы функциясы – гомеостазды колдоо организмдин ички чөйрөсүнүн туруктуулугу. Вегетативдик нерв системасы симпатикалык (sympathetic) жана парасимпатикалык нерв системасы (parasympathetic nervous system) деп бөлүнөт. Симпатикалык нерв учтары нейромедиатор катары норадреналинди бөлүп чыгарышат; парасимпатикалык - ацетилхолинди.

**СИСТЕМА НЕРВНАЯ ПЕРИФЕРИЧЕСКАЯ (peripheral nervous system), перифириялык нерв системасы** – борбордук нерв системасынан тышкары бүт нервдик башталыштарды ичине камтыйт (б.а. баш жана жүлүн мээден тышкары). Перифериялык нерв системасына бүт баш сөөктүк жана жүлүн нервдери, алардын тамырлары, булалары жана нервдик учтар менен ганглиялар кирет. Кошумча караңыз: Вегетативдик нерв системасы.

**СИСТЕМА НЕРВНАЯ СИМПАТИЧЕСКАЯ (sympathetic nervous system), симпатикалык нерв системасы** – вегетативдик нерв системасынын бир бөлүгү. Анын борбору жүлүндүн VIII моюн мүйүзчөлөрүнүн капталында, баардык төш жана I–II бел сегметтеринде орун алган.

**СИСТЕМА НЕРВНАЯ ЦЕНТРАЛЬНАЯ (ЦНС) (central nervous system, CNS), борбордук нерв системасы** – ал баш мээни жана жүлүн мээни, алардан өткөн баш сөөктүн жана жүлүндүн нервдери өтөт; алардын бутактары жаны кабыкчалары; ганглиялар. Биргелешип перифериялык нерв системасын (peripheral nervous system) түзүшөт. БНС организмде бүт нерв процесстеринин интеграциясын ашырат.

**СИСТЕМА ПИРАМИДНАЯ, ПУТЬ ПИРАМИДНЫЙ (pyramidal system), пирамида системасы, пирамида жолу** – нерв структуралардын системасы. Татаал жана ичке кыймыл координацияны колдоп турат. Баш мээнин жарым шарлардын кабы V катмарында Бец (же гиганттык пирамида клеткаларын) клеткаларын камтыйт. Пирамида жолу нерв булулар менен

түзүлөт, алар Беца клеткаларынан чыгышат жана үзгүлтүксүз жүлүнгө түшүшөт. Булалар баш жана жүлүндүн чегинде кайчылашат. Андан кийин алар жүлүн аркылуу өтүшөт. Жүлүндүн ар бир сегментинде бул булалар синаптикалык учтарды пайда кылышат (караңыз: Синапс), алар болсо дененин белгилүү аймагына жооп беришет (моюн бөлүгү - колдордун инервациясына, төш - тулку бойго, бел бөлүгү – буттарга). Баш мээнин импульстры бул булалар түздөн-түз жиберишет, же коюлуучу нейрондор аркылуу жиберишет.

**СИСТЕМА ЭКСТРАПИРАМИДНАЯ (extrapyramidal system), экстрапирамиддик система** – кыймылдоо жолдорун жана нерв борборлорунун системасы. Экстрапирамиддик система негизинен булчуң кыймылынын стереотиптик рефлектордук регуляциясы үчүн жооп берет. Баш мээнин структураларынын жыйындысы, кыймылды багыттодо катышат, кортикобелдик (пирамидалык) системадан өтүп булчуң тонусун колдойт. Структура баштын чоң жарым шарларында жана баш мээнин сөңгөгүндө орун алган.

**СКЛЕРОДЕРМА, СКЛЕРОДЕРМИЯ (scleroderma), склеродерма, склеродермия** – бириктиргич ткандын тыгыздалышы жана склероз. Оору жүрөк, бөйрөк, өпкө, кызыл өңгөч жана тери менен бирге кайсы гана органга болбосун жайылат. Склеродермия чектелген мүнөздө (караңыз: Шакек сымал склеродермия) болгону менен адамдын бүткүл организмине жайылып, өлүмгө дуушар кылуусу да мүмкүн.

**СКЛЕРОДЕРМИЯ КОЛЬЦЕВИДНАЯ (morphoea), шакек сымал склеродермия** – склеродермиянын локалдуу формасы, ал териде калың, пил сөөк түсүндөгү, мом өрмөлөрүнүн пайда болушу менен мүнөздөлөт.

**СКЛЕРОЗ (sclerosis), склероз** – кошуучу ткандардын (фиброздун) өсүшүнөн, ткандардын жана органдардын катуу тартып, дартка чалдыгышы. Склероз жүлүндүн капталындагы түркүлөрүндө жана баш мээде өрчүшү мүмкүн (капталдык амиотрофикалык склероз (amyotrophic lateral sclerosis)), ал көчүп бара жаткан булчуң параличин туудурат (караңыз: Motor neurone disease). Ошондой эле склероз баш мээнин башка аймактарында жана жүлүндө жаралышы мүмкүн (караңыз: Чачыраган склероз) же артериялардын капталдарында жаралат (караңыз: Артериосклероз, Атеросклероз). Кошумча караңыз: Тубероздук склероз.

**СКЛЕРОЗ ДИССЕМИНИРОВАННЫЙ (disseminated sclerosis), диссеминалдуу склероз** – караңыз: Чачыраган склероз.

**СКЛЕРОЗ РАССЕЯННЫЙ (multiple sclerosis, MS), СКЛЕРОЗ ДИССЕМИНИРОВАННЫЙ (disseminated sclerosis), чачыраган склерозу, диссеминалдуу склероз** – көбүнчө бойго жеткен адамдарды жабырката турчу нерв системасынын өнөкөт оорусу. Оору себебине баш мээ жана жүлүнгө тиешелүү нерв талчаларын айланта курчап турган миелин кыртышынын жабыркоосу кирет. Оору баш мээ менен жүлүндүн ар кайсы бөлүктөрүн жабыркатып, эс тутумунун чачыраган симптомдордун жаралышы менен коштолот. Аларга калдалаңдаган басык жана колу-буттун калтыроосу (атаксия), көздүн тез-тез эрксиз кыймылдашы (нистагм), кепти кыйналып айтуу (дизартрия), спастикалык алсыздык жана курч мүнөздөгү неврит кирет.

**СКЛЕРОЗ ТУБЕРОЗНЫЙ (tuberous sclerosis), ЭПИЛОЙЯ (epiloia), тубероздук склероз, эпилойя** – тукум куучулук дарт, териде, баш мээде жана башка органдарда майда шишиктердин жана өрмөлөрдүн пайда болушу менен мүнөздөлөт. Дарттын негизги көрүнүшү эпилепсия жана акыл эсинин кечеңдеши менен байкалат.

**СКЛЕРОТИЧЕСКИЙ (sclerotic), склероздук** – склерозго байланыштуу оорулар.

**СКОЛЕКС (scolex, көпч. scolices), сколекс** – ичеги-карында кезигүүчү кээ бир мите, тасма курттардын башы.

**СОЕДИНЕНИЕ НЕРВНО-МЫШЕЧНОЕ (neuromuscular junction), СИНАПС НЕРВНО-МЫШЕЧНЫЙ (myoneural junction), нервдик-булчуң биригүү, нервдик-**

**булчуӊ синапсы** – кыймыл учунун жана булчуӊ булалардын байланыш аймагы, алар менен иннервацияланат. Структура, ал нерв учтарын жана булчуӊ булаларды бириктирип турат – аксо – булчуӊдук синапс – пресиаптикалык мембранадан жана постсиналтикалык мембранадан турат, жана синаптикалык жылчык менен бөлүнөт, ал жакка нерв учтарынан нейромедиаторлор бөлүнүп чыгышат, алар болсо бучуӊдардын жыйрылуусун туудурушат.

**СОКРАЩЕНИЕ (contraction), жыйрылуу** – кыймылдаткыч нерв аркылуу келүүчү импульска жооп катары булчуӊдун бир аз жыйрылуусу. Анын эсебинен булчуӊда чыӊалуу пайда болот, ал адатта кыймылга алып келет.

**СОМНАМБУЛИЗ (somnambulism), ЛУНАТИЗМ, СНОХОЖДЕНИЕ (noctambulation), сомнамбулизм, уйкудагы басуу (лунатизм), түшүндө басуу** – адамдын түн ичинде уктап жатканда туруп, элирип басып кетүүсү. Адатта лунатизм балачакта байкалганы менен бойго жеткен куракта деле сакталып калышы мүмкүн. Айрым учурларда ал катуу доо кетүү же гипноздун таасири алдында иш-аракетке келүүсү ыктымал. – Уйкудагы басуу (лунатизм) менен ооруган (somnambulistic).

**СОМНИЛОКВИЯ (somniloquence), сомнилоквия** – соо эле адамдын уктап жатып сүйлөшү (кошумча караӊыз: Сомнамбулизм).

**СОН БЫСТРЫЙ (REM), тез болуп өтүүчү түш** – көздөрдүн тез-тез кыймылдашы; бул термин кабак алдындагы көз чараларынын уйку учурунда такай кыймылда болуп туруучу парадоксалдык баскычты сүрөттөп берүү үчүн колдонулат. Эгер ушул учурда адамды ойготуп жиберсе, ал дал ошол мезгилде түш көрүп жаткандыгын айтат.

**СПАЗМ (cramp), спазм** – кээ бир булчуӊдардын өтө күчтүү жана бачым кармап карышып, тырышып калышы. Булчуӊдардын созулуучу оору туудурган жыйрылуусу. Кээде спазмдын себеби болуп организмде туз курамынын бузулушу болот, бирок ал көпчүлүк мезгилде чарчоодон, туура эмес абалдан же катуу чыӊалуудан пайда болушу мүмкүн. Бул учурда жазууда катышкан сөөктүн булчуӊдары жабыркайт (жазуу спазмы (writer's cramp)).

**СПАЗМ (spasm), спазм** – көп убакытка созулган эрксиз булчуӊдардын жыйрылуусу, ал кайсы - бир жалпы дарттын кесепетинен өрчүшү мүмкүн (мисалы спастикалык паралич), же катуу ооруга локалдык жооп катары болушу мүмкүн. Карпопедалдык спазм (carpopedal spasm) адатта кол манжаларынын жана бут кетменин булчуӊдарын жабыркайт; анын себеби организмде кальцийдин жетишээрлик эместигинен болот.

**СПАЗМ КАРПОПЕДАЛЬНЫЙ (carpopedal spasm), карпопедалдык спазм** – адатта кол чеӊгелиндеги же бут кетменин чеӊгелиндеги булчуӊдарды жабыркайт, адатта анын себеби болуп организмде кальцийдин жетишсиздиги болот. Караӊыз: Спазм (spasm). Кошумча караӊыз: Спазм (cramp).

**СПАСТИЧЕСКИЙ (spasmodic), спастикалык** – спазм убагында пайда болууучу же өзүнүн пайда болушу менен спазмды элестетет.

**СПАСТИЧНОСТЬ (spasticity), спастикалуулук** – булчуӊ тонусунун жогору болгон абалы, мында аяктар пассивдүү кыймыл жасоого каршылык көрсөтөт. Адатта жабыркаган аяктардын спатикалуулугу анын алсыроосу менен да коштолот (караӊыз: Спастикалык паралич). Салыштыруу үчүн: Ригиддүүлүк.

**СТАТУС ЭПИЛЕПТИЧЕСКИЙ (status epilepticus), эпилептикалык статус** – кайталануучу эпилептикалык талма менен мүнөздөлүүчү абал, анын аралыгындагы мезгилде орулуу эсине келбейт.

**СТЕНОЗ СОННОЙ АРТЕРИИ (carotid-artery stenosis, carotid stenosis), уйку артериясынын стенозу** – уйку артериясынын ичкериши, ал баш мээге кандын жүрүшүн кыйындатат, анын кесепетинен адамда инсульт өрчүшү мүмкүн.

**СУДОРОГА (convulsion), карышуу** – булчуңдардын дене жана бут-кол формасынын убактылуу кыйрайышы менен коштоло турчу эрксиз жыйрылуусу. Аяктардын ритмикалык карышуусу эпилепсиянын мүнөздүү симптому колуп саналат.

**СУДОРОГИ МЛАДЕНЧЕСКИЕ (infantile spasms, salaam attacks), наристелик карышуулар** – талманын түрүнө кирет, ал баш мээнин тубаса же келип чыгуучу дарттын кесепетинен пайда болот, адатта алты айынан башталат.

## Т

**ТЕЛЕРЕЦЕПТОР, РЕЦЕПТОР ДИСТАНТНЫЙ (teleceptor), телерецептор, дистанттык рецептор** – дистанттык стимуляцияга таасирлене турган рецептор. Ошондой рецепторлордун бири көз торчосунун фоторецепторлук клеткалары болушат.

**ТЕЛО ВЕРЕВЧАТОЕ (restiform body), жип сымал дене** – нерв түйүндөрүнүн калың тутамы. Ал аркылуу жүлүндөгү импульстар алдынкы жана каракуш мээнин арткы үлүшүнө өтөт.

**ТЕЛО КЛЕТКИ (cell body), ПЕРИКАРИОН (perikaryon), клетканын денеси, перикарион** – нейрондун чоңойтулган бөлүгү, ал ядро менен органелланы камтыйт; негизинен метаболикалык процесстерди актарат.

**ТЕЛО МОЗОЛИСТОЕ (corpus callosum), чордуу дене** – комиссуралдык нерв булаларынын кенен тутамы, ал баш мээнин эки жарым шарын кошот; анын курамына орточо эсеп менен 300 гө жакын булалар кирет. Караңыз: Чоң мээ.

**ТЕРМОАНЕСТЕЗИЯ (thermo-anaesthesia), термоанестезия** – ысык – суукту ажырата албоо. Эгерде термоанестезия дененин белгилүү бир бөлүгүндө гана байкалган болсо, мунун өзү жүлүндөгү жабыркоолор менен байланыштуу.

**ТЕСТ КВЕККЕНШТЕДТА (Queckenstedt test), Квеккенштедт тести** – бел пункциясын аткаруунун жүрүшүндө өткөрүлөт. Омурткадагы суюктук циркуляциясынын кайсы бир бузулуусун аныктоо үчүн колдонулат.

**ТЕТАНИЯ (tetany), тетания** – кезек-кезеги менен тарамыш тырышып, титиреөчү оору, спазм жана булчуңдардын калтыроосу, өзгөчө бет жана таман булчуңдарынын. Тетаниянын өрчүү себеби болуп, канда кальций ионунун төмөндөшү, ал болсо жупуну калкан бездеринин активдүүлүгүнүн басаңдашы менен, рахиттин же алкалоздун болушу менен байланыштуу болот.

**ТИМИТ (thymitis), тимит** – тимустун сезгениши.

**ТОЛЕРАНТНОСТЬ ИММУНОЛОГИЧЕСКАЯ (immunological tolerance), иммунологиялык толеранттуулук** – организмдин өзү бөлүп чыгаруучу заттардын айырмай албоочулук жөндөмдүүлүгүн жоготуу. Ал заттарга толеранттуулугун жоготот.

**ТОПАГНОЗИЯ (topagnosis), топагнозия** – аймактагы багыт алуунун бузулушу, көчөдө, үйдө багыт алууга жөндөмсүздүгү. Агнозиянын түрү. Альцгеймер оорусунда жана карылык кем акылдыкта байкалат.

**ТРАКТ (tract), тракт** – 1. Баш жана омуртка түзүлүштөрүн бириктирип, өзүнчө жол негиздей турган нерв тапчалары (мисалы, аркаталамикалык тракт, пирамидалык же кыртыш – жүлүн жолу). 2. Бирдей текке жана функцияга ээ кайсы бир орган же органдар (мисалы, тамак сиңирүүчү тракт).

**ТРЕМОР, ДРОЖАНИЕ (tremor), тремор, титирөө** – булчуңдардын өзүнөн-өзү кыймылдашы, бир жери тартуу. Физиологиялык тремор (physiological tremor) өзү менен дене абалын нормалдуу сактоо механизмин элестетип турат. Идиопатиялык титирөөдө (essential tremor) кыймыл бир аз жайыраак болот жана көбүнчө чеңгелдерде пайда болот. Тремордун бул түрү үй-бүлөнүн бир нече мүчөлөрүндө өрчүшү мүмкүн же улгайган куракта да өрчүшү мүмкүн. Тынч тремор паркинсионизмдин мүнөздүү симптому болуп са-

налат. Интенционндук титирөө (intention tremor) адатта каракуш мээдеги дарт менен ооруган адамдарда пайда болот, алар бир нерсени кармайын дегенде титирөө башталат. Нерсе канча жакын жайгашса, ошончолук титирөө көбүрөөк болот.

**ТРЕПЕТАНИЕ (flutter), калтыроо** – нормалдуу жүрөк ритминин бузулушу, ал (фибриляция сыяктуу) ал жүрөк алдында же жүрөк карынчасында болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Жүрөктүн токтоп калышы, Дефибрилляция.

**ТРИЗМ (trismus), тризм** – ээктин карышып калышы. Тризм столбняк оорусуна мүнөздүү симптом болуп саналат.

**ТРУБКА НЕРВНАЯ (neural tube), нерв түтүгү** – эмбрионалдык структура, андан баш мээси жана жүлүн өрчүп чыгат.

## У

**УДАР ПО ТИПУ ХЛЫСТА (whiplash injury), камчы ургандай уруу** – байламталардын, омурткалардын, жүлүндүн же моюн аймагындагы нерв аяктарынын жабырканышы, ал моюнду кескин түрдө ийгенде же анын жабырканышы (a cervical fracture) менен туудурулат. Көбүнчө автокырсыктардан кийин жабыркануларда байкалат.

## Ф

**ФАРАДИЗМ (faradism), фарадизм** – нерв жана булчуңдук активдүүлүктү калыбына келтирүү үчүн тез-тез алмашып турчу электр тогун пайдалануу. Кошумча караңыз: Электротерапия.

## Х

**ХОРДА (chorda,** көпч. **chordae), хорда** – байламта же нерв булалары. Тарамыштык хордалар (chordae tendineae) өзү менен ткан тутамдаштыргыч жиптерди элестетет.

**ХОРЕЯ (chorea), хорея** – баш, бет же кол-буттун эрксиз бат-бат иретсиз кыймылы, калтыроо. Ал жини келгенде күчөйт, уктаганда токтолот. Карылык хорея (senile chorea) улгайган адамдарда спорадикалык түрдө өрчүйт, бирок кем акылдык менен коштолбойт. Сиденгама хореясы (Sydenham's chorea) адатта кичине балдарды жабыркайт, жана ревматикалык безгек менен коштолот.

## Ц

**ЦЕНТР (centre), центр** – (неврологияда) организмдин тигил же бул функциясын көзөмөлдүккө ала турчу нейрондордун (нерв клеткаларынын) чогулуусу. Дем алуу (respiratory) жана жүрөк-кан тамыр (cardiovascular) борборлору мисалы, сүйрү мээде жайгашып, дем алуу жана кан айланууну регуляция кылуучу боз заттын айрым бир жерлерин билдиришет.

**ЦЕНТР ЖИЗНЕННО ВАЖНЫЙ (vital centre), жашоого маанилүү борбор** – баш мээде нерв клеткаларынын топтолушу, ал организмдин түрдүү маанилүү функциялары үчүн көзөмөл жүргүзөт, алар дем алуу, жүрөк жыйрылышынын тездиги, артериалдык басым, дененин температурасы ж.б. Көпчүлүк жашоого маанилүү борборлор гипоталамуста жана мээнин сөңгөгүндө жайгашкан.

**ЦЕНТР СОСУДОДВИГАТЕЛЬНЫЙ (vasomotor centre), тамыр кыймылдаткыч борбор** – сүйрү мээдеги нерв клеткаларынын топтолушу, алар кан системасынын барорецепторлорунан маалыматты алышат, аны менен жүрөк жыйрылышынын тездигиндеги ре-

флектордук өзөрүүлөрдү жана кан тамырлардын тилкесин туудурат, анын кесепетинен адамда тиешелүү түрдө артериалдык басымы өзгөрүлүп турат.

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ НЕРВНАЯ СИСТЕМА (ЦНС) (central nervous system, CNS), борбордук нерв системасы** – борбордук нерв системасы (БНС) - адамдардын жана жаныбарлардын нерв системасынын негизги бөлүгү, ал нейрондордон, алардын урчугунан жана жардамчы глиилардан турат; омурткасыздарда ал нерв түйүндөр менен (ганглий) менен көрсөтүлгөн, ал эми омурткалууларда – жүлүн жана баш мээ менен көрсөтүлгөн. Алардын бутактары, нерв учтары жана ганглиялар биригип перифириялык нерв системасын (peripheral nervous system) пайда кылышат. БНС организмдеги бүтүндөй нерв процессинин интеграциясын ишке ашырат.

**ЦЕРЕБРОЗИД (cerebroside), цереброзид** – нерв булаларынын миелиндик кыртыш курамындагы бирикме өкүлү. Курамы сфингозин, май кислотасы, кант жана галактозадан (галактоцереброзиддерде (galactocerebrosides)) же глюкозаны (глюкоцереброзиддерде (glucocerebrosides)) турган бул бирикмелер гликолипиддер болуп саналышат.

**ЦЕФАЛОЦЕЛЕ (cephalocele), цефалоцеле** – караңыз: Нерв түтүктөрүнүн өрчүү дефектиси.

## Ч

**ЧАСТЬ ПАРАСИМПАТИЧЕСКАЯ НЕРВНОЙ СИСТЕМЫ (parasympathetic nervous system), парасимпатикалык нерв системасынын бөлүгү** – вегетативдик нерв системасынын эки бөлүгүнүн бири, анын борборлору ортонку, сүйрү мээде жана көпүрөчөдө жайгашкан, ошондой эле жүлүндүн куймулчак бөлүгүндө орун алган, ал жерден булалардын курамындагы баш сөөктүк III, VII, IX жана X жубу менен II–IV куймулчак жүлүн нерви өтөт. Алар кан тамырларды, бездерди жана көпчүлүк ички органдарды иннервациялашат.

**ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ (sensibility), сезгичтик** – дүүлүктүргүчтөрдү, тез түшүнүүчүлүктү айырмалоо жөндөмдүүлүгү (караңыз: Стимул). Нерв системасынын баардык клеткалары бул же тигил сезгичтикке ээ болушат – бул алардын башка клеткалардан болгон айырмачылыгынын белгиси болуп эсептилет.

**ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ ПОНИЖЕННАЯ (hyposensitization), төмөндөтүлгөн сезгичтик** – караңыз: Десенсибилизация.

**ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ, ВОСПРИИМЧИВОСТЬ (susceptibility), сезгичтик, кабылдагычтык** – организмдин түрдүү ооруларга карата болгон алсыздыгы. Саламаттыкты сактоо тармагындагы кеңири мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу, ошондой эле вакцинация жүргүзүү жолу аркылуу аны алда канча күчтөндүрүүгө болот.

**ЧУВСТВИТЕЛЬНЫЙ (sensitive), сезгич** – дүүлүктүргүчтөрдү кабыл алуу жана аларга жооп кайтаруу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон. Мисалы, көздүн тор кабыгынын фоторецептордук клеткалары жарыкка жана аларга жарык түшкөндө аларда баш мээге багытталган тиешелүү нерв импульстары генерациялашат.

## Э

**ЭКЛАМПСИЯ У БЕРЕМЕННЫХ (eclampsia in praegnantes), кош бойлуулардын эклампсиясы** – бул өтө оор абал, мында ар кандай тышкы кыжырлануучулук (үн, жарык, ооруу) качылдоочу талманы туудурушу мүмкүн. Эклампсиянын пристубу беттин мимикалык булчуңдарынын жана үстүнкү аяктардын булкунуусу менен башталат. Дем алуусунун токтоп калышы пайда болушу мүмкүн. Приступ убагында мээге кан куюлуп кетиши мүмкүн.

**ЭКСТЕРОРЕЦЕПТОР (exteroceptor), экстерорецептор** – адамдардын тышкы чөйрөдөгү кубулуштарды кабыл алуусу. Сенсордук нерв учтары, тышкы чөйрөдөгү дүйлүгүүнү кабыл алат. Экстерорецепторлор териде, былжырлуу челде жан сезүү органдарда жайгашкан. Кошумча караңыз: Хеморецептор, Рецептор.

**ЭНЦЕФАЛИТ (encephalitis), энцефалит** – баш мээнин сезгенип оорушу. Вирустук же бактериалдык инфекциянын, ошондой эле жалпы вирустук оору жана вакцинацияга байланыштуу келип чыгуусу мүмкүн (караңыз: Энцефаломиелит). Вирустук энцефалит (viral encephalitis) бир катар өлкөлөрдө кездешет; ал эпидемия катары же спорадикалык түрдө өтүшү мүмкүн. Дарттын негизги симптому болуп: баш оору, уйкусуроо, ал анан коматоздук абалга айланат (мына ошондон анын башка аталышы бар - уйку оорусу (sleepy sickness)).

**ЭНЦЕФАЛОМЕНИНГОЦЕЛЕ (meningoencephalocele), энцефаломенингоцеле** – караңыз: Нерв түтүгүнүн өрчүү дефектиси.

**ЭНЦЕФАЛОМИЕЛИТ (encephalomyelitis), энцефаломиелит** – баш мээнин жана жүлүндүн сезгенип оорушу.

**ЭНЦЕФАЛОМИЕЛИТ МИАЛГИЧЕСКИЙ, НЕЙРОМИАСТЕНИЯ (myalgic encephalomyelitis, ME), миалгиялык энцефаломиелит, нейромиастения** – адамдын аябай чарчагандыгы менен мүнөздөлүүчү дарт (аны башкача өнөкөт чарчоонун синдрому деп аташат (chronic fatigue syndrome)), ал кыймыл координациясынын бузулушу, баш айлануу менен, депрессия жана жалпы эле алсыздык менен бир нече ай же бир нече жыл бою созулуучу оору.

**ЭНЦЕФАЛОМИЕЛОПАТИЯ (encephalomyelopathy), энцефаломиелопатия** – баш мээ менен катар эле жүлүндүн сезгениши. Некротикалык балдар энцефаломиелопатиясы (necrotizing encephalomyelopathy of childhood) – борбордук нерв система клеткаларын катуу жабырката турчу күчөтүүчү оору болуп саналат. Оорунун келип чыгуусу зат алмашуу процессинин бузулушу менен байланыштуу каралат.

**ЭНЦЕФАЛОПАТИЯ (encephalopathy), энцефалопатия** – мээнин жалпы оорусу. Караңыз: Боор энцефалопатиясы, Губкалык энцефалопатия, Вернике энцефалопатиясы.

**ЭНЦЕФАЛОПАТИЯ ВЕРНИКЕ (Wernicke's encephalopathy), Вернике энцефалопатиясы** – баш мээ сөңгөгүнүн таралып жабыркаканышы, ал аң сезимдин чаташкандыгы же делирий менен, көз чарасынын шал болуусу менен, нистагма жана туруктуу эмес басуу менен коштолот. Анын себеби болуп организмде $B_1$ (тиаминдин) жетишсиздиги болуп саналат.

**ЭНЦЕФАЛОПАТИЯ ГУБЧАТАЯ (spongiform encephalopathy, bovine spongiform encephalopathy, BSE), кемик энцефалопатиясы** – бат таралуучу дегенеративдик неврологиялык дарт, ага Крейтцфельдт – Якоб (Creutzfeldt – Jakob disease) оорусу кирет. Ал бат өрчүүчү деменция менен мүнөздөлөт, ал болсо миклоникалык шал менен коштолот (караңыз: Миоклонус).

**ЭНЦЕФАЛОПАТИЯ ПЕЧЕНОЧНАЯ (hepatic encephalopathy, portosystemic encephalopathy), боор энцефалопатиясы** – баш мээнин функциясынын бузулушу, ал организмде уулу заттардын болушу менен туудурулат. Бул оору боордун оор жабырканышынын кесепетинен өрчүйт же боор функциясын жоготкондо да өрчүйт.

**ЭНЦЕФАЛОЦЕЛЕ (encephalocele), энцефалоцеле** – баш сөөктүн тешигинен мээнин сыртка урчуюп чыгып турушу, ал туулганда же кийин пайда болушу мүмкүн. Бул учурда катуу акылдык жана физикалык бузулуштар байкалат. Караңыз: Нерв түтүгүнүн өрчүү дефектиси.

**ЭПИДУРАЛЬНЫЙ (epidural), ЭКСТРАДУРАЛЬНЫЙ (extradural), эпидуралдык, экстрадуралдык** – мээнин кабыкчасынын үстүндөгү сыртында орун алган бардык дарттар. Жүлүндүн катуу мээ кыртышы менен омуртка канылынын ортосундагы боштукту эпидуралдык боштук деп аташат (epidural space).

**ЭПИКАРД (epicardium), эпикард** – жүрөк кабынын ички, жүрөккө караган бети. – Эпикардиалдык (epicardial).

**ЭПИКРИТИЧЕСКИЙ (epicritic), эпикритикалык** – сенсордук нерв булаларын сүрөттөөдө колдонулат, алардын жардамы менен адам жеңил тийүүлөрдү жана температураны айырмалай алат. Салыштыруу үчүн: Протопатикалык.

**ЭПИЛЕПСИЯ (epilepsy), эпилепсия** – талма оорусу. Баш мээ функцияларынын бузулушу, мезгил-мезгили менен адамды талма приступка кириптер кылат. Анын көп түрлөрү бар. Идиопатиялык талма (idiopathic epilepsy), генералдашкан талма (generalized epilepsy), Джексондук талма (Jacksonian epilepsy), психомотордук талма (temporal lobe epilepsy же psychomotor epilepsy). – Эпилептикалык (epileptic).

**ЭПИЛЕПСИЯ ДЖЕКСОНОВСКАЯ (Jacksonian epilepsy), Джексон талмасы** – мээнин тышкы катмарынын кыймыл башкаруучу аймагын тыштан түшкөн бир нерсе же жарат бүткөндөн кийинки тырык же шишик дүүлүктүргөндө пайда болгон талма. Ал бир жак өрөөндөгү колдун же буттун бир булчуңу тырышуу менен башталып, анан бир топ булчуң кошо тартылып, кадимки эле тырыштыруучу талма сыяктуу кармайт. Бирок акыл эс өз ордунда болот.

**ЭПИЛЕПСИЯ КОЖЕВНИКОВСКАЯ (epilepsia partialis continua), Кожевников талмасы** – дайыма же кезек-кезеги менен диртилдеп тырыштыруучу талма оорусу. Акырын башталып бир аз убакыттан кийин катулоочу диртилдөө-талып жыгылуу. Айрыкча мээнин сезгенчи өнөкөткө айланганда байкалат.

**ЭПИЛЕПСИЯ ПСИХОМОТОРНАЯ (psychomotor epilepsy же temporal lobe epilepsy), психомотордук талма** – ал чыкый үлүшүнүн кыртышынын же ага кошулган баш мээнин чыкый үлүшүнүн жабырканышынан пайда болот. Бул учурда дарттын симптомдору: көрүү, угуу, жыт сезүү жана даам галлюцинациялары, эстин жана автоматизмдин пароксизмалдык бузулуу. Караңыз: Талма.

**ЭПИЛЕПТОГЕННЫЙ (epileptogenic), эпилептогенндик** – талма оорусун туудура алгандык.

**ЭХОЛАЛИЯ (echolalia), эхолалия** – мурунку уккан сөздөрүн эрксизден кайталап айта берүү. Тилдик бузулуш, аутизм, кататония симптомдору же Жиль-де-ла-Туретт синдрому менен байланыштуу болуусу мүмкүн.

# ОБЩАЯ МЕДИЦИНА



# А

**АБАЗИЯ (abasia), абазия** – басууга мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу (кошумча караныз: Астазия).

**АБДУКЦИЯ (abduction), абдукция** – колдун же буттун сырт жакка кайрылып, денеден оолактоо абалы.

**АБИОТРОФИЯ (abiotrophy), абиотрофия** – организмдин системасынын же органдын көмүскө аномалиясы.

**АВТОКЛАВ (autoclave), автоклав** – ооруга чалдыктыруучу микробдорду жоготууга ылайыкталып, жогорку басымдагы буу менен операцияга керектелүүчү аспаптарды, дакилерди микробдордон арылтууга багытталган атайын жасалган шкаф.

**АГГЛЮТИНАЦИЯ (agglutination), СРАЩЕНИЕ (clumping), агглютинация, чаптальп калуу** – клеткалардын же бактериялардын жана эритроциттердин чапташып, чогулуп калышы. Ал сывороткалык бөтөн денелердин, агглютинин деп аталуучунун таасиринде болот (agglutinins).

**АГГЛЮТИНОГЕН (agglutinogen), агглютиноген** – бөтөн денелер, алар кан сывороткасында агглютининдин пайда болушун туудурат жана ошону менен бирге агглютинация процессинде кызмат аткарат.

**АГОНАЛЬНЫЙ (agonal), агоналдуу** – берилген термин өлгөн маалды көрсөтүүдө колдонулат, өзгөчө: дем албай учур же ЭКГ да жана ЭЭГ да болгон өзгөрүүлөрдү, өлүмдү тастыктоочу фактыны айгинелейт.

**АГОНИЗИРУЮЩИЙ (moribund), агонизациялаган** – өлүүчү.

**АГОНИСТ (agonist), агонист** – 1. Булчуң, анын жардамы менен дененин кайсы-бир бөлүгү кыймыл жасайт. 2. Дарылык препарат же каалаган зат, ал рецептор катары таасир берет; адамдын организминде клетка ичиндеги биохимиялык процесстердин чынжырчасын демилгелейт. Аларга, мисалы, холинергикалыкдарылык препараттар кирет (караңыз: Prime mover. – Парасимпатомиметичкалык каражаттар).

**АГРЕГАЦИЯ (clumping), агрегация** – караңыз: Агглютинация.

**АДА ДЕФИЦИТ (ADA deficiency), АДА дефицити** – тукум куучулук дарт, ал организмде аденозин дезаминазанын (АДА) (adenosine deaminase (ADA)) жетишсиздиги менен мүнөздөлөт, бул фермент пуриндердин метаболизминде катышат. Караңыз: Аденозин деминазанын жетишсиздиги.

**АДМИНИСТРАТОР (almoner), администратор** – кызмат адамы, ал оорулуулардын дарылануусунун төлөнүшүн жана тиричилик тейлөө менен алек болот (ооруканада).

**АЗБУКА БРАЙЛЯ (braille), Брайль азбукасы** – Луи Брайль тарабынан көзү көрбөгөн сокур адамдар үчүн түзүлгөн алфавит.

**АЗОТ (nitrogen), азот** – абанын 79 % ын түзүүчү газ сымал химиялык элемент. Азот белок менен нуклеиндик кислоталардын негизин түзөт. Адам азотту курамында белок кездешүүчү азык заттардан алат. Азоттуу шлактар денеден заара аркылуу сыртка чыгарылып турат. Суюк азот заттарды тондуруу үчүн колдонулат. Белгилениши: N.

**АИГ-ЛАЗЕР (YAG laser), АИГ-лазер** – лазер, анын активдүү чөйрөсү болуп иттрийдин, алюминийдин жана гранаттын кошулмалары болот. Бул лазер ткандарды кесүүдө колдонулат, мисалы, көздүн чечекейинин же иродотомиясынын капсулотомиясын айтка-руу процессинде.

**АКАНТОЗ (acanthosis), акантоз** – теринин тышкы катмарынын оорусу. Бул дарт коркунуч туудурбаган жана коркунуч туудурган да мүнөздү алып жүрөт.

**АКАТАЛАЗИЯ (acatalasia), акаталазия** – канда тубаса каталазанын жок болуусу же аз санда болушу, көп убакытта бул кайталанган ооз көндөйүндөгү инфекцияларга алып келет. Бул дарт жапон элдерде кеңири таралат (Тахакар оорусу).

**АЛАКТАЗИЯ (alactasia), алактазия** – сүт курамындагы кантты (лактозаны) сиңирүүдө чоң рол ойной турган лактаза ферментинин организмде жетишсиздиги же таптакыр учурабастыгы.

**АЛКАПТОНУРИЯ (alcaptonuria, alkaptonuria), алкаптонурия** – тирозин жана фенилаланин аминокислоталарынын нормалдуу ажыроо процессинин жүрүшүндө маанилүү роль ойной турган оксидаза ферменти – гомогентизин кислотасынын тубаса жоктугу.

**АЛЛОИЗОЛЕЙЦИН (alloisoleucine), аллоизолейцин** – изолейциндин изомерлеринин бири, көбүнчө белоктордо кездешет.

**АЛЛОТРАНСПЛАНТАТ (allograft), ГОМОТРАНСПЛАНТАТ (homograft), аллотрансплантат, гомотрансплантат** – тирүү органдын же ткандын трансплантаты, донордон реципиентке жамоо. Мисалы, жүрөктүн трансплантаты бир кишиден экинчи кишиге коюлушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Трансплантация.

**АЛЬДЕСЛЕЙКИН (aldesleukin), альдеслейкин** – интерлейкин-2 протеини, ал рекомбинанттык ДНК технологияларынын жардамы менен алынат. Иммундук системанын функцияланышын жакшыртат.

**АЛЬДОМЕТ (aldomet), МЕТИЛДОФА (methyldopa), альдомет, метилдофа** – кан басымын төмөндөтүүчү дарылык зат (караңыз: Симпатолитикалык дарылык зат).

**АЛЬТЕПЛАЗА (alteplase), альтеплаза** – ткандык плазминогенндик активатор, ал рекомбинанттык ДНК-технологиясынын жыйынтыгында алынган. Альтеплаза тромбдорду таркатууда колдонулат (караңыз: Фибринолитикалык каражаттар) өзгөчө жүрөктүн коронардык артерияларында.

**АМИЛОЗА (amylose), амилоза** – караңыз: Крахмал.

**АМИЛОИД (amyloid), амилоид** – амилоидоздо ички органдарга тунма катары чөгө турган крахмал сындуу гликопротеин. Амилоиддик протеин Альцгеймера оорусу менен ооруган бейтптардын баш мээсинде табылган.

**АМИЛОИДОЗ (amyloidosis), амилоидоз** – организимде белок алмашуунун бузулушу. Бул узакка созулган ириң ооруларында байкалат. Амилоиддин таасири астында боор, бөйрөк, көк боор жана башка органдардын жабыркашы. Баштапкы амилоидоз эч кандай белги бербестен эле башталса, экинчи амилоидоз кургак учук, ала (проказа) жана Ходжкин оорусу өндүү кайталанма инфекциялык оорулардын күч алышы менен коштолот. Амилоидоз көбүнчө жер ортолук деңиз безгеги деген ат менен белгилүү генетикалык ооруларда жолугат (караңыз: Полисерозит).

**АМИЛОПЕКТИН (amylopectin), амилопектин** – караңыз: Крахмал.

**АМИОТОНИЯ (amyotonia), амиотония** – дененин бир жериндеги булчуңдардын эрксизден кыймылга келиши, тартылышы.

**АМИОТОНИЯ ВРОЖДЕННАЯ (amyotonia congenita), СИНДРОМ ОППЕНГЕЙМА (floppy baby syndrome), тубаса амиотония, Оппенгейм синдрому** – тубаса дарттардын эски аталышы, мында баланын булчуңдары күчсүз жана пассивдүү болот.

**АМИОТРОФИЯ (amyotrophy), амиотрофия** – булчуң массасынын жоголушу, ал булчуңдардын күчсүздүгү менен коштолот. Ал нерв оорусу менен байланыштуу болот.

**АМПУЛА (ampoule, ampule), ампула** – инъекция үчүн медициналык аралашма түрүндөгү бир дозалык дары каражаты куюлган айнек же пластик капсула.

**АМФИАРТРОЗ (amphiarthrosis), амфиартроз** – аз кыймылдаган муун. Мисалы, жамбаш менен куймулчак сөөгүнүн кошулган жери (караңыз: Синхондроз).

**АМФОРНЫЕ ДЫХАТЕЛЬНЫЕ ЗВУКИ (amphoric breath sounds), амфордук дем алуу үндөр** – караңыз: Дем алуу үндөр.

**АНАБОЛИЧЕСКИЙ (anabolic), анаболикалык** – алмашуу процессине таасирин тийгизүү, органикалык зат, айрыкча, белоктун пайда болушу. Адатта, анаболикалык агент-

тер эркектердин жыныстык гормонунун синтетикалык аналогу болуп эсептелет (караңыз: Андроген). Алар: этилоэстренол, нандролон, оксиметолон жана станозолол.

**АНАКРЕ (anakhre), анакре** – инфекционндук дарттан – фрамбезиялар кийин өрчүүчү абал. Караңыз: Гунду.

**АНАЛГЕЗИЯ (analgesia), аналгезия** – дененин ооругандыгын сездирбөө чаралары. Кошумча караңыз: Салыштырмалуу аналгезия.

**АНАЛОГ ГОРЧИЧНОГО ГАЗА (ИПРИТА) АЗОТНЫЙ (nitrogen mustard), горчица газынын (априттин) аналогу** – дарылык зат, ал коркунуч туудурган шишиктерди дарылоодо колдонулат, анын ичинде Ходжкин оорусунда жана кээ бир лейкемиянын түрлөрүндө колдонулат. Караңыз: Мустин.

**АНАМНЕЗ (anamnesis), анамнез** – оорулууга суроо берүү, оорулууну жана анын жакындарын суроо аркылуу оорунун башталыш маалыматын билүү.

**АНАСАРКА (anasarca), анасарка** – организмде суюктуктун өтө көп чогулуп кеткендигинен улам бут, дене жана жыныстык органдардын шишип кетүүсү. Көбүнчө жүрөк, ошондой эле бөйрөк ооруларында кездешет.

**АНАТОКСИН (anatoxin), анатоксин** – формалиндин таасири менен ууландыруучу алын кетирген дифтериянын, столбняктын токсини.

## Б

**БАЛЬЗАМИРОВАНИЕ ТРУПА (embalming), өлүктүн денесин катыруу** – сактоочу заттарды өлгөн адамдын ткандарына чирип кетпегендей кылып, сиңиртип коюу. Бальзамдоо иши, негизинен өлүктү алыскы сапарга алып барып көмүү зарылчылыгы келип чыкканда жүргүзүлөт. Ал эми АКШ да сөөк коюу аземин аркалоочу кызматтар үчүн бул көрүнүш кадыресе гигиеналык иш-аракет болуп саналат.

**БАНК КРОВИ (blood bank), кан банкы** – донордон алынган кан сактала турчу оорукана же кан куюу борборунун ичиндеги бөлүм. Кан – 4 °С температурада сакталуу менен кан банкына келип түшкөн күндөн тартып, төрт жума ичинде сөзсүз колдонууга берилүүсү зарыл.

**БИВАЛЕНТ (bivalent), бивалент** – (генетикада) бири-бири менен мейоздогу клетканын алгачкы бөлүнүү мезгилинде хиазма жардамы аркылуу биригишкен эки гомологиялык хромосомдон турган түзүлүш. – Экиваленттик (bivalent).

**БИЛИВЕРДИН (biliverdin), биливердин** – өттүн тутумундагы жашыл боёк заты. Өт пигментинин өтө маанилүүлөрү экөө: бул билирубин (bilirubin) – сары же сары кызыл түстөгү боёгуч зат, жана анын кычкылтек менен байытылган формасы биливердин (biliverdin), ал жашыл түстө болот. Ичегинин азыгы менен аралашып, ал заң массасына күрөң түскө келтирет (караңыз: Уробилиноген). Караңыз: Өт пигменттери.

**БИЛИРУБИН (bilirubin), билирубин** – өт боёгунун негизги түрү. Караңыз: Өт пигменттери.

**БИЛЬГАРЦИОЗ (bilharziasis), ШИСТОСОМОЗ (schistosomiasis), бельгарциоз, шистосомоз** – тропикалык дарт, шистосома кан трематоддор Schistosoma түрү тарабынан пайда болот.

**БИОНИКА (bionomics), бионика** – тирүү организмдерде ишке ашырылган принциптерди механикалык же электрондук системаларда колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдөөчү илим. Караңыз: Экология.

**БИОХИМИЯ (biochemistry), биохимия** – организмдеги өтүп жаткан химиялык процесси изилдөөчү илим. – Биохимиялык (biochemical). – Биохимик (biochemist).

**БИСЕКСУАЛЬНЫЙ (bisexual), бисексуалдуу** – эркек же аял жыныстуу адамдар. 1. Бул гетеро- жана ошондой эле гомосексуалдык катнашууга түшкөн адамга карата колдонулат. 2. Эки жыныстагы касиеттерге ээ болгон адамга карата колдонулат.

**БОЛЕЗНЬ ГАСТРОЭЗОФАГЕАЛЬНОГО РЕФЛЮКСА (gastro-oesophageal reflux disease (GORD)), гастроэзофагеалдык рефлюкс оорусу** – гастроэзофагеалдык рефлюкстун пайда болуу синдрому менен байланышкан. Анын симптомдору: зарна, регургитация жана дисфагия, андан тышкары адамдарда айрым учурларда эзофагит байкалат.

**БОЛЕЗНЬ ГИАЛИНОВЫХ МЕМБРАН (hyaline membrane disease), гиалин мембраналардын оорусу** – караңыз: Респиратордук дистресс синдрому.

**БОЛЕЗНЬ МИЛРОЯ (Milroy's disease), Милрой оорусу** – бул тукум куучулук дарт, ал лимфа системасын жабыркайт. Караңыз: Лимфедемия.

**БОЛЕЗНЬ МОРСКАЯ (seasickness), деңиз оорусу** – жүрөк айлануу сезими жана «термелүү»ал бир калыптагы серпилүүдөн (биринчи жолу адамдар бул феномен менен деңиз саякаттоодо чалдыгышкан, ошондон анын аталышы да келип чыккан). Караңыз: Термелүү.

**БОЛЕЗНЬ МОРХИО – БРАЙЛСФОРДА (Morquio – Brailsford disease), Морхио – Брайлсфорд оорусу** – тукум куучулук дарт, ал кемирчек тканынын бузулушу менен байланышкан; мукополисахариддердин метаболизминин тубаса бузулушунун натыйжасында пайда болот. Караңыз: Хондродисплазия.

**БОЛЕЗНЬ НЕДОСТАТОЧНОСТИ (deficiency disease), жетишсиздик оорусу** – организмде зарыл болгон витаминдердин, негизги аминокислоталардын жана негизги май кислоталарынын жетишсиздиги.

**БОЛЕЗНЬ НОВОРОЖДЕННЫХ ГЕМОЛИТИЧЕСКАЯ (haemolytic disease of the newborn), жаны төрөлгөн ымыркайлардын гемолитикалык оорусу** – эненин канында болуучу бөтөн денечелер менен баланын эритроциттеринин бузулуу (гемолиздин) кесепетинен пайда болуучу абалы. Көпчүлүк учурда мындай абал, эгер баланын резус-фактору оң, ал эми эненин резус-фактору – терс болгон учурда байкалат.

**БОЛЕЗНЬ ПЕРТЕСА (Perthes disease), Пертес оорусу** – караңыз: Легг – Кальве – Пертес оорусу.

**БОЛЕЗНЬ ПРОФЕССИОНАЛЬНАЯ (industrial disease), профессионалдуу оору** – караңыз: Профессионалдуу дарт.

**БОЛЬ (dolor), оору** – тканда сезгеничтин төрттүн үч негизги белгиси оорудан сырткары дагы: эт ысуу, кызаруу жана шишип кетүү. Сезгенич убагында жабыркаган клеткалардан химиялык заттардагы суюктук бөлүнгөндүк менен байланыштуу болуп, алар оору рецепторлордун козгошуна алып келет.

**БОЛЬНОЙ АМБУЛАТОРНЫЙ (out-patient), амбулаториялык оорулуу** – ооруканада дарыланган, бирок ооруканада бир күнгө калбаган. Ири дарыканаларда атайын клиникалар ачылган, анда оорулуулар атайын дарылоодон өтүшөт. Салыштыруу үчүн: Стационардык оорулуу.

**БОЛЬНОЙ СТАЦИОНАРНЫЙ (in-patient), стационардык оорулуу** – бейтап стационарга жаткырылган жана ал жерде айыкканга чейин текшерүүдөн жана байкоодон өтөт. Салыштыруу үчүн: Амбулаториялык оорулуу.

**БУГРИСТЫЙ (grumous), бүдүр** – бодуракай; бул термин көп убакта жараканын борбордук бөлүгүн сүрөттөөдө колдонулат.

## В

**В МОМЕНТ СМЕРТИ (in articulo mortis), өлүп бара жаткан мезгилде** – (латынча).

**ВЕНЕЧНЫЙ (coronal), таажылык** – баштын таажысына же тиштин таажысына тиешелүү. Фронталдык жалпактык (coronal plane) денени дорсалдык жана вентралдык бөлүктөргө бөлөт.

**ВЕРЕТЕНООБРАЗНЫЙ (fusiform), ийик сымал** – өзүнүн сырткы көрүнүшү менен ийикти элестетүүчү; эки жактан тең ичкерип кеткен.

**ВИБРАТОР (vibrator), вибратор** – дене бөлүктөрүн калыбына келтирип, ар кандай жыштыктын серпилүүсүн кармап турууга мүмкүндүк берүүчү прибор. Ошондой эле, дем алуу жолдорундагы, моюн – колтуктагы чогулуп калган жабышчак былжырды суюлтуу үчүн да колдонулат.

**ВИРУЛЕНТНОСТЬ (virulence), вирулентүүлүк** – дененин бир жерине пайда болгон микроб, организмдин каршылык көрсөтүүсүнө карабастан ооруга чалдыктыруу жөндөмдүүлүгүнүн чени (кошумча караңыз: Аттенуация).

**ВКУС (taste), даам** – ооз көңдөйүнө келип түшкөн заттардын даамын айырмалай билүү жөндөмү. Адатта, адам баласы төрт негизги даамды ажыратып билет. Алар: таттуу, ачуу, кычкыл жана туздуу. Айрым учурларда буларга щелочтуу жана темир даамын айырмалай билүүгө мүмкүндүк бере турчу дагы эки даам кошулат.

**ВКУСОВОЙ (gustatory), табиттик** – табитке же табит органдарга тиешелүү сөз.

**ВОДЯНКА (dropsy), сары суу оорусу** – денеге сары суу толгон оору. Караңыз: Шишик.

**ВОЛЧАНКА (lupus), бөрү жатыш** – кайталанып туруучу тери ооруларынын жалпы аталышы (караңыз: Кызыл бөрү жатыш, Кургак учуктук бөрү жатыш, Жөнөкөй бөрү жатыш).

**ВОЛЬТ (volt), вольт** – Си системасындагы электр чыңалуусунун бирдиги. Белгилениши: В.

**ВОСПАЛЕНИЕ (inflammation), сезгенүү** – адамдын жабыркоого болгон реакциясы (ал курч жана өнөкөт болушу мүмкүн). Курч сезгенүү (acute inflammation) бул теринин кандайдыр бир жабыркануууга же инфекцияга болгон коргонуу реакциясы. Симптомдору: катуу оору, эттин ысышы, кызаруу, шишип кетүү, жана жабыркаган аймактарда ткандардын функциясынын бузулушу. Эгер айыкпаса, анда өнөкөт сезгеничке өтүп кетет (chronic inflammation).

**ВПАДИНА ВЕРТЛУЖНАЯ (acetabulum, cotyloid cavity), жамбаш сөөк чөйчөгү, чуңкуру** – жамбаш сөөгүнүн сырткы бетиндеги чөйчөк сымал бастырылган жери, ал сан сөөгүнүн башын жана жамбаш - сан муунун түзөт.

**ВРАЧ СЕМЕЙНЫЙ (family doctor), үй-бүлөлүк доктур** – бир үй-бүлөнүн баардык мүчөлөрүнүн кароосу жана дарылоосу менен алектенген доктур.

**ВСАСЫВАНИЕ, ПОГЛОЩЕНИЕ (resorption), соруу, сиңирүү** – физикалык жана паталогиялык процессте затты сиңирүү.

**ВСКРЫТИЕ, РАССЛЕДОВАНИЕ УБИЙСТВА (inquest), өлүктү союу, өлүмдү изилдөө** – расмий соттук териштирүү, ал мыйзамченемдүүлүктүн беренесинин негизинде кокусунан адамдын өлүмү же кайсы бир кооптуу шек саналган өлүм кырдаалдарда болгондугун аныктоо үчүн өткөрүлөт. Кошумча караңыз: Аутопсия.

## Г

**ГАЛАКТОРЕЯ (galactorrhoea), галакторея** – эмчектен сүт агуу. 1. Эмчек сүтүнүн нормага караганда көбүрөөк чыгышы. 2. Аялдар эмчек эмизбей калгандан кийин да, сүттүн чыга берүүсү.

**ГАМЕТОГЕНЕЗ (gametogenesis), гаметогенез** – сперматозоид жана урук клеткаларынын жаралуу процесси. Аялда же эркекте болбосун гамет клеткалары мейоздон өтүшөт. Бул учурда хромосомалардын саны экиге бөлүнөт, бирок бөлүнүү учурунда көлөмү жана жаралып жаткан геметтердин саны аял менен эркектердин ортосунда кескин айырмаланышат (караңыз: Оогенез, Сперматогенез).

**ГАПТЕН (hapten), гаптен** – караңыз: Бөтөн ген.

**ГАСТРУЛА (gastrula), гаструла** – түйүлдүктүн өсүшүн үчүнчү бурулушу, стадиясы. Көп клеткалуу жаныбарлардын түйүлдүктүк өрчүшүнүн стадиясы, ал бластуладан кийин болот.

**ГЕЛЬМИНТОЛОГИЯ (helminthology), гельминтология** – мите курттар жана аларды адамдарга жугузган оорулары жөнүндөгү илим.

**ГЕМАТОГИДРОЗ (haematohidrosis), ГЕМАТИДРОЗ (haemathidrosis, haematidrosis), гематогидроз, гематидроз** – тердин кан аралаш чыгуусу.

**ГЕМАТОКСИЛИН (haematoxylin), гематоксилин** – боёгуч, ал кампеш дарагынын (Haematoxylon campechianum) эфирдик экстрактынан алынат. Гистологиялык препараттарды боёо үчүн ар кандай эритмелер түрүндө колдонулат. Гематоксилин менен боёгон учурда клеткалык ядролор кара-көгүш түстө болуп калат.

**ГЕМАТОМА (haematoma), гематома** – тканга кан чогулуудан пайда болгон шишик. Гематоманын негизги себеби болуп травма, кан тамырлардагы ар кыл оорулар же кан уюшунун начарлашы саналат (кошумча караңыз: Перианалдык гематома).

**ГЕМАТОМИЕЛИЯ (haematomyelia), гематомиелия** – жүлүнгө кан уюп калуу. жүлүн ткандарына кандын куюлушу. Мунун кесепети, сирингомиелия менен окшош симптомдордун тездик менен өнүгүшү болуп саналат саналат.

**ГЕМОХРОМАТОЗ (haemochromatosis), ДИАБЕТ БРОНЗОВЫЙ (bronze diabetes), СИДЕРОФИЛИЯ (iron-storage disease), гемохроматоз, коло диабети, сидерофилия** – тукум куучулук дарт, организмде темирдин ашыкча чогулушу. Боор, карын алдындагы без, эндокриндик без функцияларынын жабыркашына жана бузулушуна алып келет. Негизги себеби бул кандын кара кочкул түстө болушу. Кант диабети жана боор оорулары саналат. Салыштыруу үчүн: Гемосидероз.

**ГЕНРИ (henry), генри** – СИ системасындагы индуктивдүүлүктүн бирдиги. Белгилениши: Н.

**ГЕНЦИАНОВЫЙ ФИОЛЕТОВЫЙ (gentian violet), сыя-көк генциандык** – 1. Боёгуч, ар кандай ткандарды жана микроскопиялык изилдөөдө үчүн колдонулат. 2. Караңыз: Метилдик сыя көк.

**ГЕРИАРТРИЯ (geriatrics), гериартрия** – улгайган куракта күчөй турчу оорулардын алдын алуу жана дарылоо менен алектене турган медицина бөлүгү (кошумча караңыз: Геронтология).

**ГЕРМАФРОДИТ (hermaphrodite), кыз теке** – адамдын бир эле учурда эркекке жана аялзатына тиешелүү жыныстык органдарына, жыныстык органдардын бир эле мезгилде аналык без менен бирге урук бездерине тиешелүү клеткаларга ээ болуусу. – Гермафродитизм (hermaphroditism).

**ГЕРОНТОЛОГИЯ (gerontology), геронтология** – биологиянын картаюнун көрүнүшүн изилдөөгө арналган бөлүгү.

**ГИГИЕНА (hygiene), гигиена** – адам ден соолугуна сырткы чөйрөнүн таасир этүүсүн окуп үйрөтүүчү илим.

**ГИДРОПЕРИКАРД (hydropericardium), гидроперикард** – перикарддын көңдөйүндө тунук боз суюктуктун топтолушу. Суюктуктун топтолушу көпчүлүк мезгилде перикардитте (гидроперикардит (hydropericarditis)) байкалат. Эгерде мындай суюктуктун топтолушунда жүрөктүн кысылышы байкалса, анда төштүн дубалына атайын ийне киргизип, сордуруп алуу өткөрүлөт (перикардиоцентез (pericardiocentesis)). Кошумча караңыз: Гидропневмоперикард.

**ГИДРОПНЕВМОПЕРИКАРД (hydropneumopericardium), гидропневмоперикард** – перикарданын көңдөйүндө абанын же тунук суюктуктун болушу; көпчүлүк учурда

ал перикардиоцентезди өткөрүү мезгилинде абанын киришинен пайда болот (караңыз: Гидроперикард).

**ГИПЕРГИДРОЗ (hyperidrosis, hyperhidrosis), гипергидроз** – тердин көп чыгышы, өтө көп тердөө терчилдик, ал көпчүлүк ооруларда байкалышы мүмкүн (мисалы, тиреотоксикоздо же безгек абалда), же кээ бир дарылык заттарды ичкенде өрчүйт.

**ГИПЕРГРАФИЯ (hypergraphia), гиперграфия** – жазуу стили, ал үчүн сүйлөмдө өтө көп сүйлөө мүнөздүү, кээ бир жок болгон нерселерди педанттуулук менен тырышып эскерүүчүлүк жана азгыруучулук мүнөздүү болот, мунун баары адамда психиканын бузулушун айгинелейт.

**ГИПЕРДИНАМИЯ (hyperdynamia), гипердинамия** – булчуңдардын өтө активдүүлүгү.

**ГИПЕРКАПНИЯ (hypercapnia, hypercarbia), гиперкапния** – артериялык кан тамырда көмүр кычкыл газынын нормадан көптүгү.

**ГИПЕРОПИЯ (hyperopia), гиперопия** – АКШ да гиперметропияны аныктоочу кеңири таралган термин.

**ГИПЕРОСТОЗ (hyperostosis), гиперостоз** – ар түрлүү сезгенүүнүн натыйжасындагы сөөктүн жоонојушу. Көпчүлүк мезгилде маңдай сөөктө байкалат (фронталдык гиперостоз) (hyperostosis frontalis)).

**ГИПЕРПЛАЗИЯ (hyperplasia), гиперплазия** – кайсы бир ткан же органдагы нормалдуу клеткалардын тездик менен пайда болуусу жана өсүп-өөрчүшү. Жабыр тарткан бөлүк чоңойгону менен форма жактан өзгөрүүгө учурабайт. Кош бойлуу болгон мезгилде аялдарда ошентип эмчек чоңоёт. Салыштыруу үчүн: Гипертрофия, Неоплазма.

**ГИПЕРПРАКСИЯ (hyperpraxia), гиперпраксия** – кыймылдоонун өтө активдүүлүгү (мисалы, гиперкинетикалык синдром мезгилинде байкалат).

**ГИПЕРСТЕЗИЯ ХОЛОДОВАЯ (cryaesthesia), суук гиперстезиясы** – 1. Организмдин өтө төмөн температураларга жогору сезгичтиги. 2. Үшүү сезими.

**ГИПЕРСТЕНИЯ (hypersthenia), гиперстения** – өтө күчтүүлүк, физикалык чымыркандуулук.

**ГИПЕРТЕРМИЯ, ПЕРЕГРЕВАНИЕ ОРГАНИЗМА (hyperthermia, hyperthermy), гипертермия, организимдин өтө ысып кетиши** – 1. Дененин өтө ысышы (41 °С жогору). Караңыз: Безгек. Денеде жылуулук пайда болуу процесси өтө күчөп, жылуулукту чыгаруу процессинин начарлоосу. 2. Дартты, организмди жасалма түрдө жылытуучу дарылоо ыкмасы. Салыштыруу үчүн: Гипотермия.

**ГИПЕРТОНИЧЕСКИЙ (hypertonic), гипертоникалык** – 1. Бул термин суюктукту сүрөттөөдө колдонулат, ал суюктук башка ушундай эле суюктуккка караганда чоң осмотикалык басымы болот. Караңыз: Осмос. 2. Бул термин өтө жогору аномалдык тонустагы булчуңдарды сүрөттөөдө колдонулат.

**ГИПЕРТОНИЯ (hypertonia, hypertonicity), гипертония** – артериялык басымдын жогору болушу. Ал кан тамырдын капталындагы булчуңдарынын чыйралышына жараша болот.

**ГИПЕРТРИХОЗ (hypertrichosis), гипертрихоз** – жүн баскан адам. Түктөрүнүн, чачтарынын өтө көп өсүшү (караңыз: Гирсутизм).

**ГИПЕРТРОФИЯ (hypertrophy, hypertrophid), гипертрофия** – органды жана тканды түзүүчү элементтеринин көбөйүшүнөн анын көлөмүнүн чоңоюшу. Салыштыруу үчүн: Гиперплазия.

**ГИПЕРУРИЦЕМИЯ, ГИПЕРУРИКЕМИЯ (hyperuricaemia), УРИКЕМИЯ (lithaemia), гиперурицемия, гиперурикемия, урикемия** – канда сийдик кислотасынын ашыкча болушу. Караңыз: Подагра.

**ГИПЕРХРОМАТИЗМ** (**hyperchromatism**), **гиперхроматизм** – ядролордун кээ бир клеткаларынын калгандарына нормалдык клеткалар менен салыштырганда көбүрөөк боёлуш (мисалы, шишиктик) касиети. – Гиперхроматикалык (hyperchromatic).

**ГИПН-** (**hypn-**), **ГИПНО-** (**hypno-**), **гипн-, гипно-** – уйку, гипноз дегенди түшүндүрүүчү сөз.

**ГИПОБАРИЧЕСКИЙ** (**hypobaric**), **гипербарикалык** – атмосферадан төмөн басымдын астында болуу.

**ГИПОВИТАМИНОЗ** (**hypovitaminosis**), **гиповитаминоз** – организмде витаминдин аздыгы, жетишсиздиги.

**ГИПОГЕВЗИЯ** (**hypogeusia**), **гипогевзия** – даам сезиминин аномалдуу төмөн болушу. Кошумча караңыз: Гипестезия.

**ГИПОКАЛИЕМИЯ** (**hypokalaemia**), **гипокалиемия** – канда калий иондорунун жетишсиздиги; көпчүлүк учурда организмде суунун жетишсиздигинен байкалат (караңыз: Электролит).

**ГИПОКСИЯ** (**hypoxia**), **гипоксия** – организм ткандарындагы кычкылтек көлөмүнүн аздыгы. Кошумча караңыз: Аноксия, Гипоксемия.

**ГИПОПЛАЗИЯ** (**hypoplasia**), **гипоплазия** – органдын же ткандын өрчүбөшү. Ал эмбриогенез процессинде бузулуу менен шартталган.

**ГИПОПРАКСИЯ** (**hypopraxia**), **гипопраксия** – 1. Төмөнкү жана алсыраган активдүүлүк абалы. 2. Көнүл коштук.

**ГИПОСТАЗ** (**hypostasis**), **гипостаз** – циркуляциянын бузулушу менен байланыштуу. Оордук күчүнүн таасири алдында дененин кайсы бир бөлүгүндө кан же сары суунун чогулуп калуусу. Өпкөнүн гипостатикалык жол менен суюктукка толуп калуусу, көпчүлүк учурда төшөктөн турбай жаткан бейтаптарда жолугат. Өз кезегинде гипостаз пневмониянын (гипостатикалык пневмония) жаралуусуна шарт түзөт. – Гипостатикалык (hypostatic).

**ГИПОТЕРМИЯ** (**hypothermia**), **гипотермия** – 1. Коргонуу рефлексинин жоктугунан температуранын нормадан ылдый түшүүсү, мисалы, чыйрыгуу. 2. Дененин температурасын атайын төмөндөтүү, ал дарылоо максатында аткарылат. Ал операция жасап жатканда, организмде кычкылтекке болгон зарылдыгын төмөндөтүү үчүн аткарылат.

**ГИПОТОНИЧЕСКИЙ** (**hypotonic**), **гипотоникалык** – 1. Бул термин суюктукту сүрөттөөдө колдонулат, ал клетка камтыгандыкка караганда аз осмотикалык басымда болот. Караңыз: Осмос. 2. Бул термин төмөн тонусу менен булчуңдарды сүрөттөөдө колдонулат.

**ГИПОЧУВСТВИТЕЛЬНЫЙ** (**hyposensitive**), **гипосезгичтик** – сезгичтиктин бузулушу, организмде антигендердин болушу менен жана реакциянын басаңдашы менен мүнөздөлөт. Салыштыруу үчүн: Өтө сезгичтик. – Гипосезгичтик (hyposensitivity).

**ГИПС** (**plaster of Paris, gypsum**), **гипс** – минералдык зат (сульфат кальция), суу кошкондо катып калат. Гипс ортопедияда жана стоматологияда колдонулат.

**ГИСТИДИН** (**histidine**), **гистидин** – аминокислота, андан гистамин пайда болот.

**ГИСТИОЦИТ** (**histiocyte**), **гистиоцит** – бириктирүүчү ткандын фиксацияланган макрофагы.

**ГИСТИОЦИТОЗ** (**histiocytosis**), **гистиоцитоз** – макрофагдардын (гистиоциттердин) аномалдык өзгөрүүсү менен пайда болгон дарт, анын кесепетинде адамда түрдүү биохимиялык бузулуулар өрчүйт. Мисалы, Гоше оорусу, Хенд – Шюллер – Крисчен (караңыз: Ретикулоэндотелиоз) жана Леттерер – Сиве оорусу өрчүйт.

**ГИСТОИДНЫЙ** (**histoid**), **гистоиддик** – 1. Нормалдуу тканды элестетүүчү. 2. Бир типтеги ткандан пайда болгон.

**ГЛИКОЗИД** (**glycoside**), **гликозид** – (-OH) гидроксилдик тобу менен же кайсы бир башка топ менен алмаштыруунун кесепетинен пайда болуучу кошулма. Эгер бул кошулмада глюкоза кант болсо, анда ал глюкозид (glucoside) деп аталат.

**ГЛЮКОЗИД (glucoside), глюкозид** – караңыз: Гликозид.

**ГЛЮКОКОРТИКОИД (glucocorticoid), глюкокортикоид** – глюкокортикоиддер (мисалы, гидрокортизон (кортизол), кортизон жана кортикостерон) организмдин кычкылдарды, майларды жана белокторду сиңирүү процессинде маанилүү рол ойнойт, боордогу глюконеогенезди стимулдаштырат, ошондой эле организмдин стресске нормалдуу реакциясын камсыз кылат. Караңыз: Кортикостероид.

**ГОМЕОПАТИЧЕСКИЙ (homeopathic, homoeopathic), гомеопатикалык** – 1. Гомеопатия менен байланыштуу же ага тиешелүү сөз. 2. Абдан аз деген мааниде (дарылык заттардын дозасына карата колдонулат).

**ГОМЕОПАТИЯ (homeopathy, homoeopathy), гомеопатия** – медицинадагы система, анын негизине «сыяктуу ошол сыяктуу менен дарыланат»деген ишеним жатат. Оруулуну дарылоодо эң аз сандагы заттын өзү анын оорусунун симптомдорун туудурушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Альтернативдик медицина. – Гомеопат (homeopathist).

**ГОМОГЕНИЗИРОВАТЬ (homogenize), гомогенизациялоо** – кайсы-бир затты формасын жоготконго чейин майдалоо жана аралаштыруу. – Гомогенизация (homogenization).

**ГОСПИТАЛИЗАЦИЯ ДОБРОВОЛЬНАЯ (voluntary admission), өз эрки менен госпитализация** – адамдын өз каалоосу менен психиатриялык клиникага жаткызуу.

**ГОСПИТАЛЬ ДНЕВНОЙ (day hospital), күндүзгү госпиталь** – госпиталь, мында орулуулар көп убакытты медициналык көзөмөлдөөнүн астында болушат, бирок түнкү убакытта калышпайт.

**ГРАН (grain), гран** – салмактын өлчөмү, ал [1/7000] фунтка барабар. 1 гран = 0,0648 г.

**ГРАНИЧНЫЙ (liminal), чектик** – (физиологияда) түшүнүү чегине тиешеси бар.

**ГРАНУЛЕМАТОЗ (granulomatosis), гранулематоз** – дененин ар кайсы жериндеги кээ бир оорулардан кийинки пайда болгон майда берчтер. Кошумча караңыз: Вегенердин гранулематозу.

**ГРАНУЛЯЦИЯ (granulation), грануляция** – кесилген жана жарадар болгон жердин кызыл эти өсүп, мурунку калыбыны келиши. Грануляция жараттардын айыгуу процессинин нормалдуу этабы болуп саналат.

**ГРЕБЕНЬ, ГРЕБЕШОК (crista, көпч. cristae), кыр, кырча** – 1. Ампулалык кырча – ал ички кулактагы жарым иймек каналдардагы жаргактуу ампулалардын ички тышында жайгашкан. 2. Ички мембрананын бир бүктөмү митохондриона. 3. Каалаган анатомиялык структура, сырткы көрүнүшү менен кырчаны элестет.

**ГРЕЛКА (thermophore), жылыткыч** – көп убакытка чейин жылуулук чыгара турган нерсе (мисалы, каолин же ак фарфор баткагы).

**ГРИБОВИДНЫЙ (fungoid), грибок сымал** – 1. Грибокту элестетүүчү. 2. Өсүш, өзүнүн сырткы келбети менен козу карынды элестетүүчү.

**ГУБА «ЗАЯЧЬЯ» (harelip), «коён» эрини** – тубаса дефект: үстүнкү эриндин жылчыгы, ал бир же эки жактан өтөт. Медициналык аталышы: Хейлосхизис (cheiloschisis).

## Д

**ДАКРИОПС (dacryops), дакриопс** – эскирген: жаш чыгаруучу бездердеги ичи желге толуп пайда болгон кобул, барсылдак.

**ДАКТИЛОЛОГИЯ (dactylology), дактилология** – ой-пикирди манжалардын жардамы аркылуу билдирүү: белгилер тили.

**ДВОЯКОВОГНУТЫЙ (biconcave), эки жагынан кабырыңкы** – үстү эки жагынан тең кабырыңкы болгон. Эки жагынан тең кабырыңкы линзалар жакындан көрүүнү коррекциялоодо колдонулат. Салыштыруу үчүн: Эки жагынан томпогой.

**ДВОЯКОВЫПУКЛЫЙ (biconvex), эки жагынан томпогой** – үстү эки жагынан тең томпогой болгон. Мындай линзалар алыстан көрүүсүн коррекциялоодо колдонулат. Салыштыруу үчүн: Эки жагынан кабырыңкы.

**ДВУРАЗДЕЛЬНЫЙ (bifid), эки жакка бөлүнгөн** – эки бөлүккө ажыроочу же бөлүнүүчү.

**ДВУРОГИЙ (bicornuate), эки мүйүздүү** – эки мүйүзгө окшош өсүү. Бул термин аномалдык жатынга карата колдонулат.

**ДДТ (DDT), ХЛОРОФЕНОТАН (chlorophenothane), ДИКОФАН (dicophane), ДДТ (дихлордифенилтрихлорэтан), хлорофенотан, дикофан** – катуу таасир берүүчү инсектицид, көпчүлүк учурда курт-кумурскаларды жана башка зыяндуу ар кандай дарттарды ташуучу курт кумурскаларды кырuучу таасир берүүчү өтө уу зат. Биринчи жолу 1974 жылы синтезделип алынган. Азыркы учурда аз колдонулат.

**ДЕГЕНЕРАЦИЯ (degeneration), дегенерация** – органдын же ткандын түзүлүшү өзгөрүү менен алардын аткарган функциясы дагы башкача өзгөрүү. Дегенерация жабыр тарткан органдын бетине кальций тузунун, майдын же фиброздук ткандын уюп калуусу менен мүнөздөлүшү мүмкүн. Кошумча караңыз: Инфильтрация.

**ДЕГЕНЕРАЦИЯ ЖИРОВАЯ (fatty degeneration), майлуу дегенерация** – ткандын абалынын начарлашы, клеткаларда чоң өлчөмдө майлардын аномалдуу топтолушунан келип чыгат. Майдын боордо жана жүрөктө топтолушу, алардын функциясынын бузулушуна алып келет.

**ДЕЗИНФЕКЦИЯ I (disinfestation), дезинфекция I** – жугушту ооруга чалдыктыруучу микробдорду физикалык жана химиялык жол менен жок кылуу. Адатта дезинсекция үчүн инсектициддерди локалдуу колдонушат же порошок түрүндө, же бөлмөдө аэрозоль түрүндө колдонушат: мисалы, бөлмөдөгү чымындарды жана төшөк канталасын жоготуу үчүн колдонулат.

**ДЕЗИНФЕКЦИЯ II (disinfection), дезинфекция II** – ооpу туудуруучу микроорганизмдерди аспаптардан, кийимден же курчап турган буюмдардан физикалык жана химиялык таасирлөө жолу (дезинфекцияланган каражаттарды колдонуу) менен жок кылуу процесси.

**ДЕЙСТВИЕ КУМУЛЯТИВНОЕ (cumulative action), кумулятивдик таасир** – дарылык заттан болгон таасирден токсикалык эффект, ал чоң эмес дозада колдонуу интервалдарынын ортосундагы мындай дозада кайта колдонуунун, алардын организмде жетишеээрлик эмес сиңирилиши, жана аларды организмден чыгарууга да жетишээрлик эместиктин кесепетинен келип чыгат.

**ДЕКАЛЬЦИФИКАЦИЯ (decalcification), декальцификация** – оорунун себебинен организмде кальцийдин жоголо башташы. Ал сөөккө жана тишке таасирин өтө тийгизет.

**ДЕКОРТИКАЦИЯ (decortication), декортикация** – 1. Кайсы бир орган же структуранын тышкы кабыгын операциялык жол менен алып таштоо. 2. Кансыроодон кийин көкүрөк көндөйүндө пайда болуучу уюган канды (гемоторакс) алып салуу менен байланышкан хирургиялык операция. 3. Караңыз: Декапсуляция.

**ДЕКСТР- (dextr-), ДЕКСТРО- (dextro-), декстр-, декстро-** – туюндуруучу сөз: 1. Оң жак дегенди билдирет. Мисалы, декстропозиция (dextroposition) – оң жакка жылуу. 2. Химияда – оң жакка айлануу.

**ДЕПИЛЯТОРИЙ (depilatory), депиляторий** – денедеги кылдарды жоготуу үчүн териге сыйпала турчу зат.

**ДЕРЕВО (arbor), дарак сымал** – (анатомияда) дарак сымал структура. Arbor vitae өзү менен боз заттын дарак сымал контурларды элестетет, аны каракуш мээнин кесиндисинде жакшы байкалат; ошондой эле бул термин жатындын моюнчасындагы ички бүктөлүштөрүндөгү дарак сымал шишиктерге да тиешелүү.

**ДЕРЖАТЕЛЬ (tenaculum), кармагыч** – 1. Сабы бар курч зымдуу кайырмак. Ал хирургиялык операцияларда колдонулат. 2. Фиброздук ткандын тилкеси, ал дененин кайсыбир бөлүгүн бир ордунда кармап турат.

**ДЕРМАТОМ (dermatome), дерматом** – 1. Хирургиялык аспап, теринин ичке катмарын алууда трансплантацияда колдонулат. 2. Түйүлдүктүн өрчүшүнүн алгачкы баскычындагы сомиттин сырткы бөлүгү, андан өзүнүн териси пайда болот (дерма). Караңыз: Сомит (арка сегменти).

**ДЕСЕНСИБИЛИЗАЦИЯ (desensitizatiori), десенсибилизация** – организмдеги сенсибилизацияны жоготуу. Ичкен даарыны көтөрө албай, ага өтө катуу реакция берүүчү, организмдин абалын башкача буруу. 1. Же

**ГИПОСЕНСИБИЛИЗАЦИЯ (hyposensitization), гипосенсибилизация** – белгилүү аллергенге сезгичтикти төмөндөтүү ыкмасы, ал аны белгилүү убакыттан кийин аллергендин дозасын бара бара жогорулатуу, анын организмде карама каршылык өрчүгөндүк болгонго чейин колдонуу ыкмасы. Караңыз: Аллергия. 2. Фобия абалын дарылоодо колдонулуучу ыкма. Караңыз: Релаксационндук терапия.

**ДЕСМОСОМА (desmosome), десмосома** – татаал клетка аралык катнашуу, ал негизинен эпителиалдык ткандарда кезигет. Десмосомалар адгенезивдик структуралардай функцияланышат, жана ошондой эле сигналдарды берүүдө да катышат. Демосомалардын функцияланышынын бузулушу эпителийлердин бекемдүүлүгүн төмөндөтүшөт, ал ар кандай дарттардын пайда болушуна алып келет.

**ДЕТОКСИКАЦИЯ (detoxication), ДЕТОКСИФИКАЦИЯ (detoxification), детоксикация, детоксификация** – 1. Токсикалык заттарды тазалоочу жерден алып салуу процесси же алардын нейтрализациялоосу өткөрүлүт. Детоксикация боордун эң маанилүү функциясы болуп саналат. 2. Аракечтик менен ооругандардын организмин алкоголдон тазалоо процесси.

**ДЕТУМЕСЦЕНЦИЯ (detumescence), детумесценция** – шишиктин көлөмүнүн кичирейиши. 1. Эрекциядан кийин кайта өзүнүн калыбына келүү абалы, анын жыйынтыгында эрегирдүү жыныс мүчөсү же клитор оргазм башталгандан кийин бошондой баштайт. 2. Шишип кетүүнүн кичирейип калышы.

**ДЕФЕКАЦИЯ (defecation), дефекация** – чоң даарат ушатуу, заңдоо. Караңыз: Заңдын катышы, Ич өтүү.

**ДЕФЕКТЫ РАЗВИТИЯ НЕРВНОЙ ТРУБКИ (neural tube defects), нерв түтүкчөсүнүн өрчүүсүнүн дефектиси** – нерв түтүкчөсүнүн нормалдуу өрчүшү менен байланышкан тубаса бузулуш. Нерв түтүгүнүн өрчүүсүнүн бузулушу нервдин жабыркашына, таанып билүү функциясынын бузулушуна, параличке жана өлүмгө алып келиши мүмкүн. Кээде нерв түтүгүнүн өрчүшү бузулат, ал баш мээге, жүлүнгө жана мээ каптарга таасир этиши мүмкүн. Анэнцефалия (anencephaly) – нерв түтүгүнүн өрчүшүнүн бузулушунун эң оор формасы. Анэнцефалияда баш мээнин тканы өрчүбөй калат. Мындай көрүнүш жашоого шартталбайт. Киари синдрому (Chiari malformation) да болушу мүмкүн. Бул ооруда каракуш мээ (баш мээнин бөлүгү, тең салмактуулукту көзөмөлдөйт) баш сөөктүн астынкы бөлүгүнүн тешиги аркылуу чыгып турат. Каракуш мээнин жылышы, жүлүндүн кысылышына жана баш мээнин сөңгөгүнүн кысылышына алып келет. Балдарда гидроцефалия (баш мээнин сууга толушу) өрчүшү мүмкүн. Сирингомиелия (syringomyelia) да болушу мүмкүн – жүлүндүн борбордук каналынын суюктук менен толуп жоонюошу, ал нормада чоң эмес болот.

**ДЕФИЦИТ (deficiency), дефицит** – (генетикада) караңыз: Делеция.

**ДЕФИЦИТ КИСЛОРОДА (oxygen deficit), кычкылтектин жетишсиздиги** – оор иш убагындагы жана тынч абалдын ортосундагы кычкылтекти пайдалануу айырмасы. Ин-

тенсивдүү ишмердүүлүк убагында организмге көп санда энергия талап кылынат, ал болсо глюкозанын ажырашынын эсебинен алынат, ал кычкылтектин жок болушунан кийин, организмдеги кычкылтектин болгон запастарды сарпталгандан кийин болот.

**ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ГОЛОВНОГО МОЗГА (cerebration), баш мээнин ишмердүүлүгү** – 1. Баш мээнин бүтүндөй функцияланышы. 2. Баш мээнин сокур сезимдик активдүүлүгү.

**ДИАГНОЗ, ДИАГНОСТИКА (diagnosis), диагноз, дарт аныктоо** – объективдүү жана субъективдүү белгилерин (симптом) эске алуу менен оорунун жаратылышын, медициналык анамнезин аныктоо. Зарылчылыкка жараша лабораторлук, рентгенологиялык изилдөөлөр туурасындагы маалыматтарды топтоо. Кошумча караңыз: Дифференциалдык диагностика, Пренаталдык диагностика. Салыштыруу үчүн: Маалымдоо. – Диагностикалык (diagnostic).

**ДИАКИНЕЗ (diakinesis), диакинез** – мейоздун биринчи профазасынын акыркы стадиясы, андан кийин гомологиялык хромосомалар, алардын ортосунда кайчылашуу пайда болот, алар бөлүнүүгө да даяр болушат. Диакинезде ар бир бивалент төрт хроматидден турары так көрүнөт.

**ДИАТЕЗ (diathesis), диатез** – аллергия, ревматизм же подагра өндүү ооруларга чалдыгуу коркунучу. Булар тукум кууччулук ооруларга кирбегени менен бир үй-бүлө мүчөлөрүндө муундан – муунга өтүп туруусу мүмкүн.

**ДИЕТА (diet), диета** – адам азыктана турган тамак-аш продуктуларынын жыйындысы. Тандалган азыктардын (balanced diet) курамына адамга зарыл болгон бардык тамак - аштын саны кирет.

**ДИЕТА КЕТОГЕННАЯ (ketogenic diet), катогенндик диета** – организмде кетонндук денечелерди пайда кылуу үчүн буш иш-чаралар өткөрүлөт. Бул диета – негизги булагы болуп углеводдор эмес, майлар энергиянын булагы болуп берилет.

**ДИЕТА ФЕЙНГОЛЬДА (Feingold diet), Фейнгольддун диетасы** – курамында жасалма тамак-аш боёктору, консервант жана салицилаттары бар тамак-аш продукталарынан баш тартуу. Бул диета гиперкинетикалык синдромду дарылоо учун сунуш кылынат, бирок пайдалуу же пайдасыз экени далилдене элек.

**ДИЕТЕТИКА, ДИЕТОЛОГИЯ (dietetics), диететика, диетология** – оорулуу жана адамдардын мүнөздөнүп тамактанышы жөнүндөгү илим.

**ДИЗЕСТЕЗИЯ (dysaesthesiae), дизестезия** – кээ бир сезүүлөрдү талдай албоо. Мисалы, жумшакты катуу деп эсептөө ж.б. Бул нерв ооруларында байкалат. Салыштыруу үчүн: Парестезия.

**ДИЛАТАЦИЯ (dilatation), дилатация** – денедеги коңулдардын, жылчыктардын кеңейиши (мисалы, кан тамырлардын) же көңдөйдүн.

**ДИПЛАКУЗИЯ (diplacusis), диплакузия** – кулактын угуу борборунун начарлашына байланыштуу, бир тыбыштын эки болуп угулуусу.

**ДИПЛОПИЯ (diplopia), диплопия** – бир нерсенин экидей болуп көрүнүшү. Бул көздү кыймылдатуучу булчуңдарынын шал болуп калган учурунда байкалат. Экиленген көрүү, бир көздү жапканда жоголбосо, ал башталуучу катаракт оорусу менен байланыштуу болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Полиопия.

**ДИСКАРИОЗ (dyskariosis), дискариоз** – клеткалык цитоплазма өз калыбында болгон менен ядролору клетканын коркунучтуу шишикке өткөөндүгүн билгизе турган клетканын адаттан тышкаркы абалы.

**ДИСКРАЗИЯ (dyscrasia), дискразия** – дененин же анын кайсы бир бөлүгүнүн адаттан тышкаркы абалы. Бул термин бардык оорулардын себепкери катары саналган денедеги ткандык суюктуктун дисбалансын түшүндүрөт.

**ДИСЛЕКСИЯ (dyslexia), дислексия** – баланын окуп жана жаза билүү мүмкүнчүлүгүнүн жабыркашы. Адатта, бул оору, кыздарга караганда балдарда көбүрөк кездешет. Дислексия көбүнчө жети жаштан баштап билинет жана айрым учурларда спецификалык дислексия деп аталат. Салыштыруу үчүн: Алексия. – Дислексикалык (dyslexic).

**ДИСПЛАЗИЯ ФИБРОЗНАЯ (fibrous dysplasia), фиброздук дисплазия** – өрчүүнүн аномалиясы, мында сөөк ткандарында түрдүү өзгөрүүлөр болуп, катуу ооруну жана патологиялык сыныктарга алып келет.

**ДИСТРОФИЯ МИОТОНИЧЕСКАЯ (dystrophia myotonica, myotonic dystrophy), миотоникалык дистрофия** – булчуң дистрофиясынын түрү, мында булчуңдун бошондошу жана атрофиясы менен коштолот (караңыз: Миотония). Бет, чыкый булчуңдары, катуу бошоңдоп калат. Оорулууларда чач түүшүү байкалат жана эндокринндик системанын бузулушу менен катаракттын өрчүшү байкалат.

**ДИСТРОФИЯ МЫШЕЧНАЯ (muscular dystrophy), булчуң дистрофиясы** – ар кыл булчуң эттердин алсыздыгы жана атрофиясы менен мүнөздөлүүчү оору; адатта, бул оору тукум куучулук мүнөзгө ээ. Кошумча караңыз: Миотоникалык дистрофия.

**ДИСФАЗИЯ (dysphasia), дисфазия** – мээнин негизи деп аталган жердеги дарттын натыйжасында, сөз сүйлөөнүн бузулушу (караңыз: Афазия).

**ДИСФЕМИЯ (dysphemia), дисфемия** – караңыз: Кекечтенүү.

**ДОМ ПРЕСТАРЕЛЫХ (sheltered housing), карылар үйү** – өз алдынча басып-туруууга мүмкүнчүлүктөрү бар кары адамдардын талабына жана зарылчылыктарына жооп бере турган атайы мекеме.

**ДОНОР (donor), донор** – өз органдарын кимдир бирөөгө пайдалануу үчүн бере турган адам. Мисалы, донор өз канын башка бирөөгө куюуга (караңыз: Кандын донору), бөйрөгүн башка бирөөгө трансплантациялоого жана жыныс клеткаларын жасалма жол менен аялды уруктандыруу учун берет.

**ДОФА (dopa), дофа** – дигидроксифенилаланин: физиологиялык активдүү кошулма, ал катехоламиндердин (дофаминди, адреналинди жана норадреналинди) тирозиндин негизги аминокислотасынан синтези процессиндеги аралык азык пайда кылуучу кошулма.

**ДОФАМИН (dopamine), дофамин** – дофадан алынган катехоламин, нейромедиатр катары таасир тийгизет, белгилүү дофаминдик рецепторлорго, ошондой эле адренергикалык рецепторлорго (өзгөчө лимбалык жана баш мээнин жана жүрөк артерияларынын экстрапирамидалдык системасына) таасир берет.

**ДРАХМА (drachm), драхма** – 1. Фармакологияда колдонулуучу салмактын бирдиги. 1 драхма = 3,883 г (= 60 гранам). 2. Салмактын бирдиги, фармакологияда колдонулат. 1 суюк драхма = 3,696 мл.

**ДУОДЕНОСКОП (duodenoscope), дуоденоскоп** – видеокамера менен камсыздалган аспап, ал он эки эли ичегининин ички капталдарын изилдөө үчүн колдонулат. ЭРХП нын жүрүшүндө дуоденоскоп дагы кошумча оптикалык жабдык менен жабдылган, ал ашказанды изилдөөдө да колдонулат (башкача гастродуоденоскоп (gastroduodenoscope) деп алат), жана бир эле убуакта он эки эди ичегини да изилдөөгө мүмкүндүк берет (гастродуоденоскопия (gastroduodenoscopy)).

**ДУРАЛЬНЫЙ (dural), дуралдуу** – мээнин катуу кыртышына тиешелүү же ага таасир берүүчү.

**ДУША, ДУХ (psyche), жан, рух** – аң сезим же рух; адамдын жеке психикалык функциясы.

**ДЫХАНИЕ ВЕЗИКУЛЯРНОЕ (vesicular breathing), везикулярдык дем алуу** – караңыз: Дем алуу үндөрү.

**ДЫХАНИЕ ЧЕЙНА – СТОКСА (Cheyne – Stokes respiration), Чейн – Стокс дем алуусу** – кезек-кезеги менен дем алуу. Дем алуу токтоо бир минутадан көбүрөк болуп, анан кайра дем алуунун күчү калыбына келет да, кайра дем алуу начарлап токтоого жакындайт.

# Е

**ЕВГЕНИКА (eugenics), евгеника** – генетиканын принциптерине таянуу менен адамзат расасын жакшыртуу боюнча иш алып баруучу илим. Бул изилдөөлөрдүн негизиги объектиси болуп, мүмкүн болсо, адам баласындагы тукум куучулук ооруларды түп - тамырынан жоготу саналат.

**ЕМКОСТЬ ЖИЗНЕННАЯ (vital capacity), аба өлчөмү** – адам терең дем алуудан кийин чыгарган абанын максималдуу өлчөмү. Адатта, өпкө талап кылуучу аба өлчөмү спирометр (spirometer) аркылуу аныкталат.

# Ж

**ЖЕЛЕЗЫ БРУННЕРОВЫ (Brunner's glands), Бруннер бездери** – ичке ичегинин бездери, алар он эки эли ичегиде жана жоон ичегинин үстүнкү бөлүгүндө орун алышкан.

**ЖЕЛЕЗЫ БУЛЬБОУРЕТРАЛЬНЫЕ (bulbourethral glands), бульбоуретралдык бездер** – караңыз: Купер бездери.

**ЖЕЛЕЗЫ КРАЙНЕЙ ПЛОТИ (preputial glands), жыныс мүчөнүн четки бөлүгүнүн бездери** – түрүн өзгөрткөн жыныс бездери, алар жыныс мүчөнүн четки бөлүгүндөгү ички капталдарында орун алган.

**ЖЕЛЕЗЫ КУПЕРОВЫ (Cowper's glands), ЖЕЛЕЗЫ БУЛЬБОУРЕТРАЛЬНЫЕ (bulbourethral glands), Купер бездери, бульбоуретралдык бездер** – чоң эмес жуп бездер, алар сийдик чыгаруучу жыныс диафрагманын ортосунда, жыныс мүчөнүн үстүндө, уретрага ачылган жерде жайгашкан.

**ЖИДКОСТЬ (liquor), суюктук** – (фармацияда) кайсы бир кошулма, өзгөчө суудан.

**ЖИДКОСТЬ ГЕЛЛИЕВАЯ (Helly's fluid), геллий суюктугу** – сөөк чучугун сактоо үчүн колдонулуучу калий дихроматынын, натрий сульфатынын, сымап хлоридасынын, формальдегид жана чыпкаланган суу аралашмалары.

**ЖИДКОСТЬ СПИННОМОЗГОВАЯ (ЦСЖ) (cerebrospinal fluid, CSF), жүлүн суюктугу** – баш мээ жана жүлүндү коргой турган тунук суюктук. Баш мээнин желече алдындагы боштугу менен дүлөйчөлөрүндө, жүлүндүн борбордук каналында кездешет. Баш мээ бул суюктукта сүзүп жүрөт деп айтууга болот; баштын тез, кубаттуу кыймылдарында мээнин баш сөөккө урунуп калуусун алдын алат. Жүлүн суусунун курамына суу, глюкоза, ар кыл туздар, фермент, бир канчалаган лейкоциттер (бирок эритроциттер эмес!) кирет.

**ЖИДКОСТЬ ТЕЛА ТКАНЕВАЯ (humour), дене ткандарындагы суюктук** – дене суюктугу, дайыма ткандарда болот. Караңыз: Көздүн ичиндеги суюктук. Көздүн айнек сымал денечеси.

**ЖИЗНЕСПОСОБНЫЙ (viable), жашоого жөндөмдүү** – түйүлдүк кош бойлуулуктун 24 жумасы өткөн соң жашоого жөндөмдүү болуп саналат. Айрым учурларда ал мөөнөтүнөн мурда жарыкка келүү менен деле жашап кетүү мүмкүнчүлүгүн сактап кала алат.

**ЖИР (fat), май** – май кислоталары жана кайсы бир спирттин (мисалы, триглицериддер) татаал эфирлери; организмдеги энергиянын чогулуусунун негизги формасы (май ткандарында). Май тамак аш курамына кирүүчү негизги үч компоненттин бири болуп саналат (кошумча караңыз: Суутек, Белок); ал организмди негизги май кислоталары менен жабдып, ичегилердеги майга эрүүчү витаминдердин сиңишине көмөктөшөт. Организмде майдын ашыкча чогулуусу семирип кетүүгө алып келет. Кошумча караңыз: Күрөң май, Липид.

**ЖИР БУРЫЙ (brown fat), күрөң май** – май ткандарында жолугуучу май түрү. Негизинен ал жаңы төрөлгөн ымыркайларда жолугат. Жылуулук бөлүп чыгаруучу касиетке ээ. Күрөң майдын энергияны тез бөлүп чыгаруусу ашыкча кабыл алынган тамак ашты жөнгө салып, ак май тарабынан бөлүнүп чыккан керексиз заттарды (май ткандарында не-

гизги массаны түзүүчү) жок кылып туруу менен байланыштуу деген пикирлер да бар. Адамдын толук болуусу айрым учурларда күрөң майдын жетишсиздиги менен же организмдин синтезге жарамсыздыгы менен да байланыштуу болот.

# З

**ЗАБОЛЕВАЕМОСТЬ (morbidity), ооруга чалдыккандык** – адамдагы кайсы-бир оорунун күч алышы. Ооруга чалдыгуу коэффициенти (morbidity rate) калктын белгилүү бир бөлүгүнө туура келген кайсы-бир оорунун саны менен мүнөздөлөт (адатта, ал 100.000 же миллион адамга туура келчүү оору санына карата айтылат (айрым оорулар үчүн акыркы сан көрсөткүчү да аздык кылышы ыктымал)). Жыл сайын такталып туруучу оору коэффициенти туурасындагы маалымат ар кыл оорулардын таралышы туурасында талкуулоо жүргүзүүгө шарт түзөт. Кошумча караңыз: Ооруп калуунун коэффициенти (incidence rate), Оорунун таралуу коэффициенти.

**ЗАБОЛЕВАНИЕ ДВИГАТЕЛЬНЫХ НЕЙРОНОВ (motor neurone disease (MND)), кыймылга келтирүүчү нейрондор оорусу** – орточо жаш куракта башталуу менен алсыздыкка жана булчуңдардын атрофиясына алып келүүчү дегенеративдүү оору. Алгач омуртканын алдыңкы мүйүзчөсүндөгү клеткалар, баш мээ стволундагы кыймылдатуучу ядролор жана кортикоспиналдуу жолдор жабыркайт. Үч клиникалык формасын бөлүп көрсөтүшөт: каптал амиотрофикалык склероз (amyotrophic lateral sclerosis (ALS)), өнүгүп жүрүп отуруучу булчуң атрофиясы (progressive muscular atrophy) жана өнүгүп жүрүп отуруучу бульбардык паралич (progressive bulbar palsy).

**ЗАБОЛЕВАНИЕ КИСТЕЙ РУК, СТОП И ПОЛОСТИ РТА (hand, foot and mouth disease), кол манжалары, таман жана ооз көңдөйүнүн оорулары** – Коксаки вирусу аркылуу пайда болуп, негизинен кичинекей балдарды жабыркатуучу оору. Мындай учурда ооз көңдөйүнүн былжырлуу чели жабыркап, колдун манжалары менен таман алдына ыйлаакчалардын чыгуусу күтүлөт.

**ЗАБОЛЕВАНИЕ ПРОФЕССИОНАЛЬНОЕ I (occupational disease), кесиптик оорулар I** – белгилүү бир өндүрүштүк ишмердүүлүк менен алек болгон кызматкерлерде кездешет. Кесиптик ооруларга (industrial diseases) мына ушулар кирет: пневмокониоздун ар кыл формалары; айнек үйлөгүчтөрдүн катарактысы; суучулдардын декомпрессиондук оорусу; зыяндуу өндүрүштө иштешкен жумушчулардын уулуу металлдан болгон ууланиусу; ошондой эле ар кыл инфекциялык оорулары (караңыз: Күйдүргү). Кошумча караңыз: Адамдын ден соолугуна коркунуч келтирүүчү заттардын эсеби «Белгиленген» оору.

**ЗАБОЛЕВАНИЕ ПРОФЕССИАНАЛЬНОЕ II (prescribed disease), кесиптик оорулар II** – зыяндуу жерлерде жүрүп келгенден кийин же уулуу зат менен иштеген соң пайда болуучу көп сандаган оорулардын бири (азыркы учурда алардын саны 48 ге жетти). Бул ооруларга мисалы, сымап же бензол менен ууланиуу, суучулардын декомпрессиондук алсыздыгы, айрым бир инфекциялык оорулар (мисалы, жүн ылгоочулардын оорусу, күйдүргү) кирет. Көпчүлүк адамдарда жолугуучу оорулар да кесиптик ооруларга кирүүсү мүмкүн (мисалы, пневматикалык уруп-талкалоочу балка менен иштеген жумушчуларда кездешүүчү кулак кереңдиги, аза кызматын аркалашкан жумушчуларда кездешуучу кургак учук). Кошумча караңыз: Адамдын ден соолугуна коркунуч келтирүүчү заттардын эсеби.

**ЗАЖИВЛЕНИЕ (intention), айыгуу** – айыгуу процесси. Алгачкы айыгуу (first intention) – бул жараттын же кесимдин табигый түрдө айыгуу процесси, ал операциянын убагында жасалган кесүү, ал асептиканын эрежелерин сактоо менен жүргүзүлөт жана ошол жерде грануляционндук ткан пайда болот. Экинчи айыгуу процессинде (second intention) жараттын жээктери ажыраган бойдон калышат, жана пайда болгон жылчык гра-

нуляциялык ткань менен толтурулат, анын сыртынан жараттардын сыртында эпителиалдык ткань менен өсүү башталат. Үчүнчү айыгууда (third intention) жарат болгон жерде ткандын грануляциясы өтө жай өтөт, жарат болгон жерде кийин так пайда болот.

**ЗАЖИМ ШАРНЛЕЯ (Charnley clamps), Шарнлей баскычы** – параллелдик металлдык өзөктөр, эки сөөктүн учтарынан өткөрүлгөн, артродезди пайда кылуу менен анын бекитилиши. Өзөктөр муундун ар бир жагынан болттордун жардамы менен бекитилет. Сынган сөөктүн бүтүшүнөн кийин баскыч алынат.

**ЗАКИСЬ АЗОТА (nitrous oxide), азот кычкылы** – анестетик катары колдонулуучу түссүз газ; күчтүү аналгетикалык касиетке ээ. Кычкылтек менен бирдикте ингаляцияларга колдонулат. Кычкылтек менен азот кычкылынын аралашмасы ар кыл стоматологиялык операцияларда жана төрөт мезгилинде аналгезиянын натыйжалуулугун камсыздайт; бул абал медицинада салыштырмалуу аналгезия деп аталат. Адамды элеп-желеп кылуучу касиетке ээ болгондугуна байланыштуу азот кычкылы мурда көңүл көтөрүүчү (кубандыруучу) газ деп аталган.

**ЗАКОН СТАРЛИНГА (Starling's law), Старлинг мыйзамы** – каалаган булчуң анын ичинде жүрөк булчуңу да чоюлууга жана чоңоюууга жооп кайтарат.

**ЗАКОНЫ МЕНДЕЛЯ (Mendel's laws), Мендель мыйзамдары** – белгилердин тукум куучулук мыйзам жолу аркылуу берилиши. Көптөгөн эксперименттердин натыйжасында белгилердин тукум куучулук жол аркылуу берилиши, азыркы учурда ген деп аталган атайын майда бөлүкчүлөр тарабынан көзөмөлдүккө алынары алгач ирет Грегор Мендель тарабынан аныкталган. Заманбап термин түшүнүгү боюнча талдай келсек анда ал төмөндөгүдөй түшүнүктү берет: 1. Баштапкы муундагы гибриддердин бир түрдүү мыйзамы. 2. Гендердин көз карандысыз тукум куучулук жана көз карандысыз айкалышуу мыйзамы. Кошумча караңыз: Доминанттык, Рецессивдик.

**ЗАПЯСТНЫЙ (carpal), бейбелчектүү** – 1. Бейбелчекке тиешелүү термин. 2. Кырк муунду түзүүчү сөөктөр.

**ЗЕВОТА (yawning), эстегилөө** – ооздун чоң ачылышы жана өпкөнү көздөй абанын тартылып, кайра чыгарылуусу менен коштолгон рефлектордук иш-аракет. Эстегилөөнүн келип чыгуусу уйкусуроо, чарчоо жана теригүү себеп болуусу мүмкүн.

**ЗЕИН (zein), зеин** – жүгөрү данында кездешүүчү белок.

**ЗИВЕРТ (sievert), зиверт** – СИ системасындагы эквиваленттүү нурлануунун дозасынын бирдиги. Азыркы убакта зиверт колдонуудан чыгып жаткан ретгендин физикалык эквивалентин (ФЭР) сүрүп чыгарып жатат.

**ЗОЛОТО (gold), алтын** – 1. Ачык-сары, абдан бекем металл. Стоматологияда таза алтын пломбаны даярдоо үчүн колдонулат. 2. Фармакологияда – каалаган алтындын кошулмасы, ал ревматоиддик артритти дарылоодо колдонулат. Мисалы, ауротиомалат натрийдин ауротиомалаты (sodium aurothiomalate) (миокризин (Myocrisin)) орулууларго булчуң ичиндеги инъекция түрүндө колдонулат.

## И

**ИЗОГЕМАГГЛЮТИНИН (isohaemagglutinin), изогемагглютинин** – караңыз: Изоагглютинин.

**ИЗОДАКТИЛИЯ (isodactylism), изодактилия** – өрчүүнүн тубаса дефектиси, мында колдун манжаларынын баары бирдей узундукта болушат.

**ИЗОЛЕЙЦИН (isoleucine), изолейцин** – негизги аминокислота. Кошумча караңыз: Аминокислота.

**ИЗОМОРФИЗМ (isomorphism), изоморфизм** – формасы жана түзүлүшү боюнча бир же андан көп объектилердин окшоштугу. Изоморфизм ар кандай структуралык

дэңгээлде байкалышы мүмкүн, малекулалардан баштап бүтүн организмдерге чейин. – Изоморфтук (isomorphic, isomorphous).

**ИЗОТОП (isotope), изотоп** – бир эле химиялык заттын ар түрдүүлүгү. Ядросу бирдей заряддуу, бирок атомдук салмагы ар башка. Алардын көпчүлүгү радиоактивдүү келип, медицинада кеңири колдонулат. Радиоактивдүү изотоптор башка изотопторго же элементтерге ажырашы мүмкүн, алар альфа-, бета- же гамма-нурларын чыгарышат.

**ИЗУЧЕНИЕ ИНТЕРВЕНЦИОННОЕ (intervention study), интервенциондук изилдөө** – алдын ала даярдалган жана атайын ар кыл шарттарда кармалышкан бейтаптардын эки же андан көп тобуна карата өткөрүлүүчү изилдөөлөрдүн жыйынтыгын салыштыруу (адата, аларга ар кыл дарылоо ыкмаралы колдонулат же оорунун күч алып кетүүсүн алдын алуучу ар кыл методдор, мисалы, ар кыл вакциналар менен эмдөө жүргүзүлөт). Кандай гана шартта болбосун. Изилдөөлөргө катышып жаткан адамдар алдын ала эскертилбестен дарылоо түрүнө жараша өз ара топторго бөлүнүүлөрү зарыл.

**ИКОТА (hiccup, singultus), ыктытуу** – диафрагманын эрксиз тартылуусунан улам өзгөчө бир үндүн чыгуусу, ошондой эле үн түйүндөрүнүн жабылуусу менен коштоло турчу күтүүсүз жана эрксиз түрдө кысылуусу. Ыктытуу тамак сиңирүүнүн бузулуусу, үшүп калу же башка бир олуттуу оору менен (мисалы, алкоголизм) байланыштуу болуусу мүмкүн. Медициналык аталышы: Ыктытуу (singultus).

**ИКСОДИОЗ (ixodiasis), иксодиоз** – кененин чагып алуусунан улам келип чыкчу оору.

**ИЛЕИТ (ileitis), илеит** – капчыт ичегинин сезгениши. Крон оорусу, кургак учук, ич келте оорусу жана жоон ичегинин сезгенүүсүнөн улам келип чыгуусу мүмкүн. Yersinia enterocolitica түрүндөгү бактериянын организмде болушу, жана ошондой эле жаракаттык колитте (мындай учурда бул дарт ретроградддык илеит (backwash ileitis) деп аталат).

**ИЛЕИТ РЕГИОНАЛЬНЫЙ (regional ileitis), регионалдык илеит** – караңыз: Крон оорусу.

**ИМЕЮЩИЙ УЗКОЕ ОТВЕРСТИЕ (stenopaeic), ичке тешиги бар** – (офтальмологияда) бул термин оптикалык аспаптарга тиешелүү колдонулат.

**ИММОБИЛИЗАЦИЯ, ОБЕЗДВИЖИВАНИЕ (immobilization), иммобилизация, сенейүү** – муунду же сынган сөөктөрдү кыймылдатпай таңып коюу, шакшактоо. Иммобилизация мезгилдүү (мисалы, гипстин жардамы менен) же туруктуу болушу мүмкүн. Муундун туруктуу иммобилизациясы хирургиялык операциянын артродездин жардамы менен ишке ашырылат.

**ИМПУЛЬС НЕРВНЫЙ (nerve impulse), нервдик импульс** – нейрондун мембранасынын электро активдүүлүгү, ал нерв булулуры аркылуу бат таралып жана ошентип маалыматты нейрондордун аксондору аркылуу нерв системасына алып барат.

**ИНВАГИНАЦИЯ (invagination), инвагинация** – ичегинин жана органдардын бирибирине кирип, кептелип калышы. 1. Кайсы бир структуранын бөлүгүн көңдөйдү пайда кылуу менен киргизүү. Бул процесс эмбрионалдык өрчүүнүн кээ бир этаптарында өтөт, мында түйүлдүктүн капталынын бөлүгү анын көңдөйүнө кирип жана ички бетти пайда кылат. 2. Intussusception – ичегинин бир бөлүгүн экинчиге киргизүү (invagination): көпчүлүк учурда кичинекей балдарда төрт жашка чейинки куракта байкалат. 3. Introversion – кайсы-бир көңдөй органдын буралып кетүүсү (мисалы, жатындын).

**ИНВЕРСИЯ (inversion), инверсия** – органдардын оң эмес, толгонуп калышы. 1. Органдын кайсы бир бөлүгүнүн бир эле убакта ичине же сыртына буралып калышы: адатта бул термин жатындын төрөттөн кийинки абалга тиешелүү колдонулат, мында анын үстүнкү бөлүгү цервикалдык каналга тартылат. 2. Хромосоманын мутациясы, мында гендердин жарым бөлүгү ичинде өзүнүн тартибин карадан өзгөртүшөт, анын кесепетинен

хромосомалардын бул бөлүгү инвертацияланган болот. Мындай хромосомалардын инвертацияланган бөлүгүнүн курамына (перицентрикалык инверсия (pericentric inversion)) кирет, бирок кирбей да калышы мүмкүн (парацентрикалык инверсия (paracentric inversion)) центромера.

**ИНДЕКС МЕЧЕНЫХ ЯДЕР (labelling index), белгиленген ядролордун индекси** – ткань үлгүсүнүн клеткалык курамын изилдөө, анда ДНК пайда болот. Синтездөөчү ДНК клеткалар поглощают белгиленген тимидин тритийдин клеткаларын сиңирип алышат, ал бул үлгүнүн аторадиограммасынын жардамы менен аныкталат (караңыз: Ауторадиография).

**ИНДУРАЦИЯ (induration), индурация** – бириктиргич ткандардын өсүшүнүн натыйжасында, бир жерди кармап көргөндө катуулап, жооноюп калышы. Кошумча караңыз: Склероз.

**ИНКУБАТОР (incubator), инкубатор** – ара төрөлгөн балдарды ай-күнүнө жеткичекти кармап туру жана ар кыл инфекциялардан коргоо үчүн ылайыкталган кювет (айнек идиш).

**ИНКУБАЦИЯ (incubation), инкубация** – 1. Жумуртка же организмге кирип кеткен микробдордун өсүп-өрчүү процесси. 2. Инкубаторлордо ара төрөлгөн балдар үчүн жасалма жолдор аркылуу түзүлгөн шарттарды камсыз кылуу.

**ИНСОЛЯЦИЯ, ГЕЛИОТЕРАПИЯ (insolation), инсоляция, гелиотерапия** – күн нурун дарылоо максатында колдонуу. Кошумча караңыз: Жылуулук соккусу.

**ИНСТИНКТ (instinct), инстинкт** – 1. Индивидуумга тиешелүү жүрүм-турумдун татаал үлгүсү. Инстинкт туулгандан тартып коштоп жүрөт жана бир түрдүн өкүлдөрүнүн бардыгында кездешет. Жүрүм-турум курчап турган стимулдардын таасири астында байкалат жана өзгөрүүгө дуушар болушу мүмкүн. 2. Индивидуумдун белгилүү бир максатка жетүүсү үчүн кыймылга келүүгө мажбурлоочу тубаса күч (мисалы, психоанализде – либидо).

**ИНТЕРФАЗА (interphase), ИНТЕРКИНЕЗ (interkinesis), интерфаза, интеркинез** – клеткалардын бөлүнүүсү токтоп (митоз), ДНК синтези активдешкен учур.

**ИНФАНТИЛЬНЫЙ (infantile), инфантилдүү** – 1. Жаш балдарга мүнөздүү оорулардын бойго жеткен адамдарда кездеше тургандыгын билдирет (мисалы, полиомиелит (infantile paralysis) же балдар цингасы (infantile scurvy)). 2. Кичинекей балдарга тиешелүү же кичинекей балдарды жабыркатуучу.

**ИНФИБУЛЯЦИЯ (infibulation), инфибуляция** – караңыз: Циркумцизия (аялдарда).

**ИНФИЛЬТРАЦИЯ (infiltration), инфильтрация** – 1. Клетка, ткан же орган ичине заттардын таралышы. Инфильтраттарга мисал катары кан, рак клеткаларын, май, крахмал, кальций, магний туздарын келтирүүгө болот. 2. Локалдык анестетик эритмесин бөлүктүк анестезия үчүн тканга инъекциялоо.

**ИНФУЗИЯ (infusion), инфузия** – дарыболуучу нерселерден дарысын сууга кайнатып алуу (чайды демдегендей).

**ИОХИМБИН (yohimbine), иохимбин** – адамдын организмине симпатолитикалык таасир берүүчү алкалоид. Ал артериялык басымдын төмөндөшүнө көмөк көрсөтөт жана коопсуздук сезимди азайтат. Иохимбин эркек потенциясын стимулдаштырат жана импотенцияны дарылоодо колдонулат.

**ИПСИЛАТЕРАЛЬНЫЙ (ipsilateral, ipselateral), ГОМОЛАТЕРАЛЬНЫЙ (homolateral), ипсилатералдык, гомолатералдык** – дененин бир бөлүгүн жана ошондой эле мээнин жарым шарын да ошол жерин жабыркайт; бул термин шал оорусуна тиешелүү колдонулат. Салыштыруу үчүн: Контралатералдык.

**ИСКУССТВЕННЫЙ (factitious), жасалма** – жасалма түрдө туудуруучу (атайын же кырсыктын кесепетинен), эксперименттин жыйынтыгынын эсепке албоо менен же орулууга диагнозду коюу.

**ИСПОЛЬЗОВАНИЕ ОДНОЙ РУКИ ПРЕИМУЩЕСТВЕННОЕ (handedness), артыкча бир эле колду колдонуу** – ар кандай кыймыл-аракеттерди жасоодо, башка колго караганда бир эле колду артыкча колдонуу.

**ИХОР (ichor), ихор** – жарадан бөлүнүп чыккан кан аралаш ириң.

## К

**КАЕМКА ЩЕТОЧНАЯ ЭПИТЕЛИАЛЬНОЙ ТКАНИ (brush border), эпителиалдык тканддын щетка сымал этектери** – караңыз: Майда түкчөлөр.

**КАЛЛИДИН (kallidin), каллидин** – организмде табигый түрдө пайда болуучу полипептид, курамына он аминокислоталар кирет. Каллидин күчтүү, кан тамырларды кеңейтүүчү зат болуп саналат. Караңыз: Кинин.

**КАЛОРИЯ (calorie), калория** – жылуулук санынын бирдиги, ал 14,5 °С тан 15,5 °С ка чейин 1 г сууну ысытуу үчүн керек. Бир Калорий (килокалория (kilocalorie) же килограмм-калорийи (kilogram calorie)) 1000 калорийге барабар; бул бирдик тамак аш азыктарынын энергетикалык баалуулугун белгилөө үчүн колдонулат. Башка мезгилдерде калория көпчүлүк убакта джоуль менен алмаштырылат (1 кал = 4,1855 Дж).

**КАЛЬКУЛЕЗ (calculosis), калькулез** – адам денесинде көп сандагы конкременттердин (таштардын) кездешүүсү. Караңыз: Конкремент.

**КАЛЬЦИНОЗ (calcinosis), кальциноз** – кальций туздарынын организм ткандарында топтолушу. Сөөктүн норма боюнча түзүлүү процессинин бөлүгү болуп саналат.

**КАЛЬЦИФИКАЦИЯ (calcification), кальцификация** – кальций туздарынын организм ткандарында топтолушу. Сөөктүн норма боюнча түзүлүү процессинин бөлүгү болуп саналат (караңыз: Оссификация (сөөк катышы)).

**КАМПТОДАКТИЛИЯ (camptodactylia), камптодактилия** – бармактын, айрыкча чыпалактын тубаса бүгүлгөн абалда болушу.

**КАНАЛЫ ПОЛУКРУЖНЫЕ (semicircular canals), жарым иймек каналдар** – бул адамдын ички кулагын түзүүчүсү, ал сөөк лабиринтин түзүшөт, ал жерде суюктукка толгон жаргак сымал лабиринт жайгашкан. Адамда жарым иймек каналдар алтоо – ар бир кулакта үчтөн.

**КАНДЕЛА (candela), кандела** – СИ системасындагы жарыктын күчүн өлчөөчү бирдик. Белгилениши: кд.

**КАОЛИН (kaolin), каолин** – курама алюминий жана кремнийден турган ак топурак; тазаланган жана майдаланган порошок түрүндөгүсү адсорбент катары колдонулат. Тамак-аш менен ууланыудан улам кусуу жана ич өтүүдө, ошондой эле тамак-аш сиңирүү процесси бузулганда сунушталат.

**КАПСУЛА (capsule), капсула** – органдын же бактериянын тышынан капталган кабыгы, сыртынан өзгөчө капталган кабыктуу дары. 1. Мембрана, коргоочу чел кабык же кайсы бир бөлөк структура, ал тканды же органды тышкы таасирлерден коргойт. Мисалы, бөйрөктөр, бөйрөк үстүндөгү бездер жана көздүн чечекейин коргоочу чел кабык менен курчалган. 2. Эрүүчү чел кабык, адатта желатинден жасалат, ичинде дарылык заттар бар. 3. Былжырлуу зат, ал кээ бир бактериялардын айланасында коргоочу катмарды пайда кылышат. Адатта полисахариддерден пайда болушат.

**КАРОТИНОИД (carotenoid), каротиноид** – каротиноиддер тобунун өкүлү, 100 гө жакын сары жана кызыл пигменттерди бириктирүүчү, адатта өсүмдүктөн алынуучу. Бул топтун өкүлдөрү ошондой эле каротиндер деп аталышат.

**КЕТГУТ (catgut), кетгут** – кой-эчкинин ичегисинин чел кабыгынан жасалган жип. Хирургиялык операцияда жараттарды тиккенде (караңыз: Тигиш) жана кан сосуддарын байлоодо керектелет.

**КЕТОЗА (ketose), кетоза** – жөнөкөй кант, молекуласы кето тобу (С=О) менен бүтөт (мисалы, фруктоза).

**КИБЕРНЕТИКА (cybernetics), кибернетика** – башкаруу процесстеринин жалпы мыйзамченемдүүлүктөр жана түзүүчү системалардагы байланыштарда: машинелерде, тирүү организмдерде жана коомдо болгон байланыштар жөнүндө илим. Кошумча караңыз: Бионика.

**КИНЕМАТИКА (kinematics), кинематика** – кыймылды, күчтү изилдөөчү илим. Кинематикада дененин кайсы бир бөлүгүнүн кыймылы үчүн керектүү күчтөр ар кандай күчтөр жана татаал кыймылдар да (мисалы, чуркоо же бир жакка чыгуу) каралат.

**КИСЛОТА ГЛЮКУРОНОВАЯ (glucuronic acid), глюкурон кислотасы** – глюкозадан алынган урон кислотасы. Глюкурон кислотасы сульфата хондроитиндин сульфатында (кемирчек тканында болуучу) жана гиалурон кислотасынын (синовиалдык суюктукта болгон) маанилүү курамдуу бөлүгү болуп саналат.

**КИСЛОТА ФОЛИЕВАЯ (folk acid), КИСЛОТА ПТЕРОИЛГЛЮТАМИНОВАЯ (pteroylglutamic acid), фолий кислотасы, птероилглютамин кислотасы** – В витамини, нуклеин кислотасынын синтездөө процессинде маанилүү ролду ойнойт. Фолий кислотасынын метаболикалык ролу, организмде $B_{12}$ витамининин болушунан (бул эки зат клеткалардын бат бөлүнүшү үчүн керек) көз каранды болот жана бирөөнүн жетишсиздиги экинчисинин да жетишсиздигине алып келет. Фолий кислотасынын жетишсиздиги адамдын организминде мегалобластикалык анемиянын өрчүшүнө алып келет.

**КИСЛОТА ЭТИЛЕНДИАМИНТЕТРАУКСУСНАЯ (EDTA, ethylenediaminetetraacetic acid), этилендиаминтетрауксус кислотасы** – караңыз: Эдитат.

**КИСЛОТОУСТОЙЧИВЫЙ (acid-fast), кислотага туруктуу** – 1. Бактерияларды сүрөттөөдө бул термин колдонулат. Мисалы, кургак тучук таякчасы карбол – фуксин менен (Циль боёгучу) менен боёгондо кислотага туруктуу болот. 2. Боёгучтарды сүрөттөөдө колдонулат. Алар изилденген үлгүдөн аны кычкыл спирттик аралашмасына киргизгенде алып салынбайт.

**КЛАЗМОЦИТ (clasmocyte), клазмоцит** – караңыз: Макрофаг.

**КЛАССИФИКАТОР ЗАБОЛЕВАНИЙ МЕЖДУНАРОДНЫЙ (International Classification of Diseases, ICD), эл аралык дарттардын классификатору** – медицинада болгон баардык белгилүү дарттардын жана синдромдордун тизмеси, ал ар бир он жыл сайын Бүткүл Дүйнөлүк Саламаттык сактоо уюму менен басылып чыгат.

**КЛАССИФИКАЦИЯ TNM (TNM classification), TNM классификатору** – организмдеги коркунуч туудурган шишиктердин таралуу даражасынын классификацыясы, ал Америкалык рак ооруларга каршы күрөшүү комитети менен иштелип чыккан. T – тамгасы шишиктин өлчөмүн мүнөздөйт, N – лимфа түйүндөрдүн бар болушун жана жайылуу даражасы, ал эми M – шишик алып салынган жерден метастазалардын болушу.

**КЛЕЕНКА (draw-sheet), клеенка** – суу өткөрбөгөн кездеме, ал орулуунун керебитине салынат.

**КЛИЗМА КАПЕЛЬНАЯ (proctoclysis), тамчы клизмасы** – түз ичегиге дарыны куюу.

**КЛИНИКА (clinic), клиника** – жаткан оорулууларды дарылоо менен катар, студенттерди окутуу жана илим изилдөө жүргүзүүчү медициналык жай.

**КЛИНИКА (hospital), клиника** – орулуулардын жашоосу, изилдөө өткөрүү үчүн же ооруларды дарылоо үчүн, поликлиникада мүмкүн болбогон дарылоочу жай. Клиникада ар кандай медициналык адистердин консультациясы, рентгенологиялык изилдөө, клиникалык анализдер, физиотерапия, ошондой эле тез жана өзгөчө кырдаалдагы жардамдар өткөрүлөт.

**КЛИНИКА ОБЕЗБОЛИВАНИЯ (pain clinic), ооруксуздандыруу клиникасы** – клиника, ал адам организмин көпкө чейин ооруксуздандырууда специализацияланат. Адатта мындай клиникага анестезиолог-доктуру жолдомо берет.

**КЛИНИКИ СПЕЦИАЛИЗИРОВАННЫЕ (special hospitals), атайын кармалуучу клиника** – психикалык оорулар менен ооруган адамдарды кармоочу клиника.

**КЛИРЕНС (clearance), КЛИРЕНС ПОЧЕЧНЫЙ (renal clearance), клиренс, бөйрөк клиренси** – тазалоо, кандан жашоо үчүн керектүү азыктарды бөйрөк кандай ылдамдыкта тазалоонун сандык ылдамдыгын аныктоо.

**КЛОНИЧЕСКИЙ (clonic), клоникалык** – клонуска тиешеси бар же ага окшош. Бул термин көпчүлүк учурда бир булчуңга же булчуңдар тобунун ритмикалык жыйрылуусун сүрөттөө үчүн колдонулат, ал жыйрылуу эрксизден пайда болот (мисалы, талмалык эпилепсияда).

**КЛОНУС (clonus), клонус** – бир же бир нече булчуңдардын тез аранын ичинде тырышып кеткен учуру. Адатта бул баш же жүлүн оорусунун бар болгонун тастыктайт.

**КЛЯТВА ГИППОКРАТА (Hippocratic oath), Гипократтын анты** – доктурлар берген ант, анда алар адамдарды дарылоодо белгилүү эрежелерди жолдоого ант беришет, бул антты грек доктуру Гиппократ мураска калтырган. Гиппократ медицина илимине көп жетишкендиктери үчүн «Медицинанын атасы»деген наамга татыктуу болгон.

**КОАГУЛИРОВАНИЕ ДИССЕМИНИРОВАННОЕ ВНУТРИСОСУДИСТОЕ, ДВС-СИНДРОМ (disseminated intravascular coagulation (DIC)), кан тамыр ичиндеги диссеминацияланган коагуляциялоо, ДВС синдрому** – дартка же жаракатка жооп катары кан механизмдеринин кандын уюшуна жооп берген ашыкча стимулдаштыруунун кесепетинде адымдын организминде өрчүүчү абал (мисалы, катуу инфекциондук дартта, асфиксияда, гипертермияда, бала жаткан тондун кабаттануусу же жатын ичиндеги баланын өлүмү).

**КОАГУЛИРОВАНИЕ, СВЕРТЫВАНИЕ (coagulation), коагуляциялоо, кандын уюшу** – коллоиддик суюктук желе сымал массага айлануу процесси. Караңыз: Кандын уюшу.

**КОАГУЛУМ (coagulum), коагулум** – уюп калган суюктуктун топтолушу: мисалы, кан уюшунда пайда болгон.

**КОКЦИГОДИНИЯ (coccygodynia, coccydynia, coccyalgia), кокцигодиния** – куймулчактын тушу өтө кату ооруу.

**КОЛЛИМАЦИЯ (collimation), коллимация** – жылчыктын жардамы менен параллельдүү ичке нурлануунун агымын түзүү. Коллиминациялык нур сцинтиграфияда (бул дененин органы рентгенологиялык контрастык затты колдонуу менен изилденгенде; караңыз: Сцинтиграмма) жана нурлануу терапиясында колдонулат.

**КОЛОРИМЕТР I (colorimeter), колориметр I** – эритмедеги бөлөк түзүүчү заттардын концентрациясын изилдөө үчүн аспап. Колориметр негизинен канда гемоглобиндин түзүмүн аныктоо үчүн колдонулат.

**КОЛОРИМЕТР II (tintometer), колориметр II** – эритмелерде заттардын концентрациясын аныктоо үчүн аспап, ал эталонндук эритмелер менен алардын интенсивдүүлүгүн салыштыруу жолу менен аныкталат.

**КОМА (coma), кома** – эс-учунан танып жаткандагы абал. Бул абал төрөттөн кийин жана алкоголь менен ууланганда, өтө катуу ич өтүүдө да байкалат. Кошумча караңыз: Глазго шкаласы боюнча баалоо системасы.

**КОМПРЕСС (compress), компресс** – дары чыланган төшөлмө кездемени дененин бир жерине такап, анын үстүнөн таңып коюу.

**КОМПРЕСС ТЕПЛЫЙ, ПРИМОЧКА ГОРЯЧАЯ (stupe), жылуу компресс, ысык чыланган кездеме** – ар кандай материал, мисалы, кездеменин же кебездин ысык

суда чыланган кесими (ага дары кошуу менен же дарысы жок), ал денеге ысык примочка катары коюлат.

**КОНГО КРАСНЫЙ (Congo red), Конго кызыл** – кочкул-кызыл же кызыл-күрөң боёгуч, ал кычкыл чөйрөдө көк түстө болуп калат. Ал гистологияда боёгуч катары колдонулат. Эгер боёгуч заттын 60 % дан ашыгы аны куйгандан кийин канда бир саатын ичинде жоголуп кетсе, бул адамда амилоидоздун болушун тастыктайт.

**КОНДЕНСОР (condenser), конденсор** – (микроскопияда) жалпак томпойгон линзалар системасы, ал жалпы капчыгынын ичине киргизилген жана микроскоптун предметтик стөлүнөн астында коюлган.

**КОНКРЕМЕНТ ЖЕЛЧНЫЙ, КАМЕНЬ ЖЕЛЧНОГО ПУЗЫРЯ (gallstone), өт конкременти, өттөгү таш** – өттө катуу пайда болуш, сары пигменттерден, кальций туздарынан жана холестириндөн турат.

**КОНКРЕМЕНТ КАЛОВЫЙ, КОПРОЛИТ (faecalith), заң конкременти, копролит** – заң массасынан турган чоң эмес катуу пайда болуш, ал негизинен сокур ичегиде (аппендиксте) топтолот. Көпчүлүк учурда анын сезгенишине алып келет.

**КОНКРЕМЕНТ, КАМЕНЬ (calculus,** көпч. **calculi), конкремент, таш** – 1. Таш, катуу, галька массасына окшош, адамдын организминде пайда болгон, өзгөчө өттө (караңыз: Өттөгү таш) же сийдик чыгаруучу жолдордо (караңыз: Цистолитиаз, Нефролитиаз, Коралл сымал конкремент). 2. Кальцифицирдик калдыктар, алар тиштин сыртында пайда болот, башкача айтканда тиш таштары (supragingival calculus) деп аташат.

**КОНКРЕЦИЯ (concretion), конкреция** – таштар, алар туз менен кальцийден пайда болушат, мисалы, бөйрөктөрдө. Кошумча караңыз: Конкремент.

**КОНСОЛИДАЦИЯ (consolidation), консолидация** – 1. Өпкөнүн альвеолалары секрецияланган сезгеничтүү ткандагы суюктук менен толуп калган абал (мисалы, пневмонияда). 2. Сынган сөөктүн бүтүп, сөөк сөөлү пайда болгондогу этабы, ал остеобласттардан бүтүн сөөккө айлануунун эсебинен.

**КОНСУЛЬТАЦИЯ (counselling), консультация** – врачтын ооруга кеңеш берүүгө келүүсү, ооруну алдын ала болтурбоого кеңеш берүүчү медициналык жай. 1. Адамдын дарылоо процессинде психологиялык кыйынчылыктарды чечүү ыкмасы (орулууга өзүнүн көйгөйлөрүн өзү чечүүгө жардам берет). Кошумча караңыз: Client-centred therapy (Кардарга – багытталган терапия). 2. Караңыз: Генетикалык консультация.

**КОНСУЛЬТАЦИЯ РАЙОННАЯ (domiciliary consultation), райондук консультация** – дарылоочу мекеме, мында доктур ошол райондо жашаган оорулууларга консультация берет.

**КОНТРАЛАТЕРАЛЬНЫЙ (contralateral), контралатералдуу** – дененин карама-каршысынан орун алган. Тескери орун алган дарт. Бул термин негизинен параличке (же башка симптомдорго) карата карама-каршы аймагына дененин мээдеги жабыркаган аймакка карата колдонулат.

**КОНТРАЦЕПЦИЯ (contraception), контрацепция** – боюна болтурбоого алдын ала сактануу чаралары. Боюна болтурбоо химиялык заттарды же ар түрлүү нерселерди колдонгондо да ишке ашырылат.

**КОНТРАЦЕПЦИЯ ПОСТКОИТАЛЬНАЯ, КОНТРАЦЕПЦИЯ ПОСТКОИТУСНАЯ (postcoital contraception), посткоиталдык контрацепция, посткоитустук контрацепция** – контрацепциянын ыкмалары, алар кош бойлуулуктан коргонуу үчүн, жыныстык катнашуудан кийин колдонууга шартталган. Мындай ыкмалардын үч түрү бар: 1. Юспе ыкмасы (Yuzpe method), ал чоң дозада эстрогенди жана прогестогенди 72 саатын ичинде жыныстык катнашуудан кийин ичүүнү камтыйт. 2. Антипрогестеронду (мисалы, мифепристон) – дарылык затын бир жолу ичүү, ал дагы жыныстык катнашуудан кийин 72

саатын ичинде таасир тийгизет жана. 3. Жыныстык катнашуудан кийин 5 күндүн ичинде жатындын ичине конрацептивдик жабдыкты киргизүү.

**КОНТРОЛЬ РОЖДАЕМОСТИ (birth control), төрөлүү көзөмөлү** – контрацепцияны же стерилизацияны (эркектик жана аялдык) каалабаган кош бойлуулукту алдын алуу үчүн колдонуу.

**КОРМЛЕНИЕ ПРИНУДИТЕЛЬНОЕ (gavage), мажбурлап тамак берүү** – орулуу адам тамак жегенден арылган мезгилде зонд аркылуу мажбурлап тамак берилүүчү ыкма.

**КОРОНЕР (coroner), коронер** – официалдуу адам, ал өлүктү ачууда эмне үчүн каза болгондугун аныкташ үчүн түзүлгөн комиссиянын төрагасы. Мындай адам доктур же укукчу болуш керек.

**КОРОНКА ФАРФОРОВАЯ (veneer), фарфор тиш кабы** – фарфордон же композициялык пластмассадан тиштин тышкы кабы, ал тиштин сыртына анын түсүн жана формасын жакшыртуу үчүн кийгизилет.

**КОРСЕТ ГИПСОВЫЙ САЙРА (Sayre's jacket), Сайре гипстик корсети** – гипстик корсет, ал омуртканы иммобилизациялоо жана кармап туруу үчүн жасалат.

**КРАНИОМЕТРИЯ (craniometry), краниометрия** – баш сөөктү ченөө. Медицинанын бөлүмү, ал баш сөөктүн көлөмү жана формасын аныктайт.

**КРАХМАЛ (starch), крахмал** – татаал кычкыл, көпчүлүк өсүмдүктөрдө топтолот; тамак азыктарынын негизин түзөт. Крахмал глюкозанын байланышкан мономерлерин камтыйт жана эки формада кезигет: амилоза (amylose) жана амилопектин (amylopectin). Организмде крахмалды сиңирүү амилаза ферментинин таасири астында болот. Кошумча караңыз: Декстрин.

**КРЕАТИНУРИЯ (creatinuria), креатинурия** – сийдикте азоттук креатиндин кошулмасынын ашыкча болушу.

**КРИОПРЕЦИПИТАТ (cryoprecipitate), криопреципитат** – белгилүү бир жагдайларда эрүүнүн жана тоңдуруунун негизинде пайда болгон тундурма. Криопреципитатка мисалы катары кандын жаңы тондурулган плазмасынан алынган тундурма кызмат аткарат, ал болсо андан кийин 4 °С температурада эрийт.

**КСЕНОДИАГНОСТИКА (xenodiagnosis), ксенодиагностика** – инфекцияларды диагностикалоо ыкмасы, ал курт-кумурскалар аркылуу өтүүчү.

**КСЕНОТРАНСПЛАНТАТ (xenograft), ксенотрансплантат** – караңыз: Гетеротрансплантат.

**КУЛИЦИД (culicide), кулицид** – чымын чиркейлерди өлтүрүүчү зат.

**КУЛЬТУРА ЗАПАСНАЯ (stock culture), кошумча культура** – өзгөрбөгөн бактериалдык культура, андан културанын алдында өрчүй баштайт. Караңыз: Өстүрүү.

## Л

**ЛАБИАЛЬНЫЙ, ГУБНОЙ (labial), лабиалдуу, эринчил** – 1. Эрин же эринлерге тиешелүү. 2. Термин эриндерге тийип турган тиштердин үстүнкү бетине караштуу колдонулат.

**ЛАБИОМАНСИЯ (labiomancy), лабиомансия** – адамдын сүйлөө речин эриндердин кыймылы аркылуу баамдап билүү.

**ЛАКТУЛОЗА (lactulose), лактулоза** – кант, дисахарид, ичти алдыруучу эффективдүү зат.

**ЛАРИНГОМАЛЯЦИЯ (laryngomalacia), ларингомаляция** – пароксизмалдык приступтар менен мүнөздөлүүчү дем алуунун бузулушу жана стридорм менен коштолуучу абал. Ларингомаляция көпчүлүк учурда кичинекей балдарда, коконун бат-бат оорушунун жыйынтыгында кездешет.

**ЛЕВОДОПА (levodopa), L – ДОПА, ДОФА (L-dopa), леводопа, L-допа, дофа (L-dopa)** – организмде табигый түрдө пайда болуучу аминокислота (караңыз: Дофа); паркинсондуулукту дарылоодо колдонулат. Кошумча караңыз: Бенсеразид.

**ЛЕВОРУКОСТЬ (mancinism), сологой** – көпчүлүк кыймылды сол жак колу менен аткаруучу адамдар.

**ЛЕВУЛЕЗУРИЯ (levulosuria), ФРУКТОЗУРИЯ (fructosuria), левулезурия, фруктозурия** – левулез (фруктоза) затынын сийдик аркылуу чыгуусу. Нерв оорулуу адамдар, тростник кантын тростник жана канттуу мөмөлөрдү ашык жегенде байкалат.

**ЛЕЙКОПЛАКИЯ (leucoplakia, leukoplakia), лейкоплакия** – былжырлуу бездердин өнөкөт сезгенип оорушунан, ооздун ичинде катуу темгилдердин пайда болушу. Кошумча караңыз: Кат.

**ЛИГАТУРА (ligature), лигатура** – каалаган материал: мисалы, нейлон, жибек, кетгут же зым – ал кан тамырынын айланасында бекем байланат, ал кансыроону токтотуу үчүн же кайсы бир пайда болуштун бутчаларын байлоо үчүн (мисалы, шишиктин бутчасынын айланасын) анын байлап жана андан ары алып салуу үчүн колдонулат.

**ЛИЗОГЕНИЯ (lysogeny), лизогения** – бактериофаг менен клетканын ортосундагы өз ара байланыш - ээси менен, мында бактериалдык клетканын ичинде фаганын (профаг (prophage)) бузулбас, көмүскө формасы бар.

**ЛИЗОГЕННЫЙ (lysogenic), лизогенндик** – лизисти туудуруучу.

**ЛИМФОБЛАСТ (lymphoblast), лимфобласт** – аномалдык клетка, ал канда пайда болот жана адамда лимфатикалык лейкемия (lymphoblastic leukaemia). болгон учурда кан жасоочу органдарда болот. – Лимфобластикалык (lymphoblastic).

**ЛИМФОРРАГИЯ (lymphorrhagia), лимфоррагия** – жараланган лимфалык сосуддардан лимфаларды алып салуу.

**ЛИМФОСАРКОМА (lymphosarcoma), лимфосаркома** – не-ходжкин лимфомасынын эски аталышы.

**ЛИМФОЦИТОПЕНИЯ (lymphocytopenia), лимфоцитопения** – канда лимфоциттердин санынын азайышы; ар кандай зарттарда байкалат. Караңыз: Лимфопения.

**ЛИНИИ БО (Beau's lines), Бо сызыкчалары** – кол манжаларындагы тырмактарда пайда болуучу чуңкурчалар, катуу оорудан бир нече жумадан кийин пайда болот (мисалы, пневмонияда же жүрөк жабырканышында).

**ЛИНИЯ (linea,** көпч. **lineae), сызык** – (анатомияда) ичке сызым. Ичтин ак сызымы (linea alba); ал ичтин ички жана сырткы ийри булчуңунун кайчылашкан апоневроз булалары менен пайда болгон.

**ЛИПОМАТОЗ (lipomatosis), липоматоз** – дененин кээ бир жерлерине май чогулуп дөмпөйүп көрүнүшү, шишиктердин пайда болушу. 1. Ткандарда норма менен салыштырмалуу майдын көп болушу. 2. Организмде көп липомалардын болушу.

**ЛИСТ ОЖИДАНИЯ (waiting list), күтүү баракчасы** – ооруканага жаткыруу үчүн бейтаптардын кезек күтүү баракчасы.

**ЛИХОРАДКА ПЕРЕМЕЖАЮЩАЯСЯ (intermittent fever), үзгүлтүктүү безгек** – маал-маалы менен өтүүчү температуранын кескин көтөрүлүшү. Караңыз: Безгек.

**ЛИХОРАДКА ПОПУГАЙНАЯ (parrot disease), тоту куш безгеги** – караңыз: Пситтакоз.

**ЛИХОРАДКА РЕВМАТИЧЕСКАЯ (rheumatic fever), РЕВМАТИЗМ ОСТРЫЙ (acute rheumatism), ревматикалык безгек, курч ревматизм** – өзгөчө кичинекей балдарды жана жаш курактагы адамдарды жабыркаган дарт; адатта үстүнкү дем алуу органдарынын инфекциялык процесстердин өтүшүп кетүүсүнүн, гемолитикалык стрептококк менен жабырканышынан пайда болот (караңыз: Стрептококк).

**ЛОМОТИЛ (Lomotil), ломотил** – караңыз: Дифеноксилат.

**ЛОРДОЗ (lordosis), лордоз** – бул көбүнчө омурткалардын көкүрөк бөлүгүнүн ичин көздөй ийилиши. Омурткалардын туберкулез оорусунда же кайсы бир омуртка дартынын жана арка булчуңдарынын дарттарында байкалат. Салыштыруу үчүн: Кифоз.

**ЛУЧЕПРЕЛОМЛЕНИЕ ДВОЙНОЕ (birefringence), экиленген нур чагылуу** – кээ бир заттардын касиети (мисалы, клеткалык мембраналардын), алар экиленген жарык нурларынын чагылуусу менен мүнөздөлөт.

**ЛЮКС (lux), люкс** – СИ системасындагы жарыктандыруунун бирдиги, ал квадраттык метрдеги 1 люменге барабар. Белгилениши: лк.

**ЛЮМБАГО (lumbago), люмбаго** – бачым пайда болгон, өтө күчтүү бел оору. Оорунун себеби белдин тушундагы омурткалардын же булчуңдардын дартка чалдыккан учурунда байкалат.

**ЛЮМЕН (lumen), люмен** – Си системасындагы жарыктандыруучу багыттын бирдиги. Белгилениши: лм.

## М

**МАКРОГЕНИТОСОМА (macrogenitosoma), макрогенитосома** – организмдин алдын ала эрте жыныстык өрчүүсү жана жыныс органдарынын чоңоюп кетүүсү.

**МАКРОСОМИЯ (macrosomia), макросомия** – адамдын денесинин опсуз чоңоюп өсүшү. Түйүлдүктүн макросомия (fetal macrosomia) мезгилинде боюнда болгон аялдарда кант диабети болгондо, өтө чоң бала өрчүшү мүмкүн.

**МАЛЯРИЯ ЧЕТЫРЕХДНЕВНАЯ (quartan fever), төрт күндүк малярия** – караңыз: Малярия.

**МАЛЯЦИЯ (-malacia), маляция** – кайсы-бир ткандын аномалдуу түрдө жумшарышын туюндуруучу сөз. Мисалы, кератомаляция (keratomalacia) – көздүн чел кабыгынын жумшарышы.

**МАЛЯЦИЯ (malacia), маляция** – орган же ткандын (мисалы сөөктөрдүн) кайсы-бир бөлүгүнүн аномалдык түрдө жумшарып кетүүсү (караңыз: Остеомаляция).

**МАММОТЕРМОГРАФИЯ (mammothermography), маммотермография** – термографиянын жардамы аркылуу эмчек бездеринде шишиктин же кандайдыр бир шишиктүү жаралыштардын бар же жок экендигин изилдөөчү метод.

**МАНИПУЛЯЦИЯ (manipulation), манипуляциялоо** – адамдын денесинин кандайдыр бир бөлүгүнө колдун кыймыл аракети аркылуу дарылык эффектке жетүү максатында жасалат.

**МАТРАЦ ГИДРОСТАТИЧЕСКИЙ, МАТРАЦ РЕЗИНОВЫЙ, ЗАПОЛНЕННЫЙ ВОДОЙ (water bed), гидростатитакалык матрас, резиналык матрас, суу толтурулган матрас** – йилген гидростатикалык матрасы бар керебет. Адам денесинин формасын тууралап, көп жата бергенден пайда болуучу жараларды алдын алууда жардам берет.

**МАТРИЦА (matrix band), матрица** – пластмассадан же металлдан жасалган ийилген сызыкча, тиш каронкасын бекитүү үчүн колдонулат.

**МЕГАЛОБЛАСТ (megaloblast), мегалобласт** – ядролуу чоң эритроцит. Ал көбүнчө кандын оорусунда байкалат. Аномалдык формада болгон клеткалар; алар эритроциттердин мурдагылары болуп саналышат (караңыз: Эритробласт). – Мегалобластикалык (megaloblastic).

**МЕГАЛОЦЕФАЛИЯ (megalocephaly), мегалоцефалия** – 1. Караңыз: Макроцефалия. 2. Баш сөөктүн өтө жыш болуп өсүп кетүүсү жана бузулуусу (караңыз: Леонтиаз).

**МЕГАЛОЦИТ (megalocyte), МАКРОЦИТ (macrocyte), мегалоцит, макроцит** – өзгөчө чоң эритроцит. Эритроциттердин аномалдык көлөмгө чейин чоңоюп кетиши, ал кээ

бир анемиянын түрлөрүндө байкалат. Кошумча караңыз: Макроцитоз. – Макроцитардык (macmcytic).

**МЕДИАЛЬНЫЙ (medial), медиалдуу** – мүчөнүн ички жагы. Борборго жакын деген маанидеги сөз.

**МЕДИЦИНА ГОСУДАРСТВЕННАЯ (social medicine), Мамлекеттик медицина** – караңыз: Элдик саламаттык сактоо.

**МЕДИЦИНА КЛИНИЧЕСКАЯ (clinical medicine), клиникалык медицина** – медицинанын бир бөлүгү, ооруларды диагностикалоо жана дарылоого арналган.

**МЕДИЦИНА ОБЩЕСТВЕННАЯ (community medicine), коомдук медицина** – 1. Караңыз: Элдик саламаттык сактоо. 2. Сүйлөө речинде – элдик саламаттык сактоо жалпы медициналык практика менен айкалышуусу, өзгөчө облустарда, ал жерде медициналык адистердин жетишсиздиги байкалган жерде жана бир эле доктур калктын кеңири катмары менен иштеп жатканда ар кандай функцияларды аткарышы мүмкүн.

**МЕДИЦИНА ПОДРОСТКОВАЯ (ephebiatrics), жаш өспүрүмдөр медицинасы** – бойго жеткен жана жаш балдардын оорууларын изилдөөчү медицина бөлүгү. Салыштыруучу учун: Педиатрия.

**МЕДИЦИНА ПРОФИЛАКТИЧЕСКАЯ (preventive medicine), профилактикалык медицина** – оорунун алдын алуу иш-аракеттери менен байланышкан медицина бөлүгү. Буга ар кандай жугуштуу ооруларга каршы элди массалык түрдө эмдөө иш-аракеттери (мисалы кептөөр, көк жөтөл) менен бирге жугуштуу ооруларды таратуучуларга (Мисалы, безгек оорусун ташуучу чиркейлерге) каршы жок кылуу иш-аракеттери кирет. Кошумча караңыз: Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму.

**МЕДИЦИНА СУДЕБНАЯ (forensic medicine), соттук медицина** – жабыркануунун жана өлүмдүн кандайдыр бир себебин аныктоочу медицинанын бир бөлүгү.

**МЕДИЦИНА СУДЕБНАЯ (medical certificate), соттук медицина** – медицинадагы юридикалык аспектилердин практикалык колдонулушу же окуусу.

**МЕДЛЕННО ЗАЖИВАЮЩИЙ (indolent), жай айыгуучу** – бул термин жай жана көп убакытка созулган ооруга таандык. Өзгөчө тери жараларга жана былжырлуу кабыктын айыгуу процесстерине таандык.

**МЕСТНЫЙ (topical), локалдуу** – бул термин кандайдыр бир дарылык затты колдонуу ыкмасы тууралуу колдонулат. Ал негизинен ооруган жерге коюлат (мисалы, теринин же көздүн сыртына).

**МЕТАМИЕЛОЦИТ (metamyelocyte), метамиелоцит** – ичине ядро пайда болуу стадиясындагы миелоцит клеткасы жана цитоплазма, анда нейтрофилдик, эозинофилдик же базофилдик гранулалар болушат. Адатта метамиелоциттерди сөөк чучугунун кан жаратуучу тканында байкасак болот. Кошумча караңыз: Гранулопоэз.

**МЕТАТАРЗАЛЬНЫЙ (metatarsal), метатарзалдык** – 1. Бут кетмен сөөгүнө тиешелүү (шыйбылчак сөөккө). 2. Шыйбылчаак сөөктү түзүүчү каалаган сөөк.

**МЕТАХРОМАЗИЯ (metachromasia, metachromatism), метахромазия** – 1. Боёгучтун ар кандай ткандарды жана клеткаларды, өзүнүн түсүнө караганда айымаланып турган түскө боёочу касиети. 2. Түстү өзгөртүү, ал ткандын ар түрдүү элементтеринде пайда болот. 3. Тканды аномалдуу боёгондугу, ал кээ бир боёткучтарды колдонгондо пайда болот. – Метахроматикалык (metachromatic).

**МЕТИЛОВЫЙ ФИОЛЕТОВЫЙ (methyl violet), ГЕНЦИАНОВЫЙ ФИОЛЕТОВЫЙ (gentian violet), сыя көк метилдик, сыя көк генциандык** – боёгуч; ал негизинен жөнөкөйлөрдү боёо үчүн колдонулат.

**МЕТИЛЦЕЛЛЮЛОЗА (methylcellulose), метилцеллюлоза** – сууну жакшы сиңдирүүчү кошулма. Ал салмактуу ич алдыруучу каражат катары колдонулат, ошондой эле колостомия менен бейтаптар менен колдонулат.

**МИЕЛОМАЛЯЦИЯ (myelomalacia), миеломация** – жүлүндүн жумшарып кетиши. Ал нормалдуу кан камсыздоонун бузулушунун кесепетинен жаралат.

**МИЕЛОФИБРОЗ (myelofibrosis), миелофиброз** – өнөкөт өрчүүчү дарт, адамда жүлүндө фиброздун бар болушу менен мүнөздөлөт. Мындай ооруда канда лейкоциттердин болушу жана анемиянын өрчүшү байкалат.

**МИКОЛОГИЯ (mycology), микология** – грибоктор жөнүндө илим. Кошумча караңыз: Микробиология. – Миколог (mycologist).

**МИКРОГЛИЯ (microglia), микроглия** – глиялардын эки негизги түрүнүн бири (клеткалар, борбордук нерв системасындагы нейрондордон айырмаланган), организмди баардык керек эмес заттардан тазалайт (караңыз: Макрофаг). Ал нормалдуу кан камсыздоонун бузулушунун кесепетинен жаралат. Микроглиянын клеткалары макрофагтар катары болушпайт. Салыштыруу үчүн: Макроглия.

**МИКРОДАКТИЛИЯ (microdactyly), микродактилия** – манжалардын өтө эле кичинекей жана кыска болушу.

**МИКРОМАНИПУЛЯЦИЯ (micromanipulation), микроманипуляция** – микроскоптун алдында жасалган манипуляция, абдан майда структуралар менен жасалган: мисалы микрохирургияда.

**МИКРОМЕЛИЯ (micromelia), микромелия** – буту-колдун тубаса кыскасы. Салыштыруу үчүн: Макромелия.

**МИКРОМЕТР (Micrometer), микрометр** – өтө так өлчөмдөрдү аткаруу үчүн аспап, ал узундугун же туурасын аныктоо менен байланышат.

**МИКРОМЕТР (Micrometre), микрометр** – метрдин бир миллиондук бөлүгү ($10^{-6}$ ). Белгилениши: мкм.

**МИКРОПИПЕТКА (micropipette), микропипетка** – абдан ичке түтүк, андан чоң эмес көлөмдө суюктук тамызып куюлушу мүмкүн. Микропипеткалар ошондой эле орулуунун организминен чоң эмес көлөмдө суюктукту изилдөө үчүн алынат.

**МИКРОСКОПИЧЕСКИЙ (microscopic), микроскопикалык** – 1. Микроскопту колдонбой эле өтө кичине көлөмдө болушу. 2. Микроскопко тиешеси бар же анда колдонгон.

**МИКРОФОТОГРАФИЯ (microphotograph), микросүрөт** – 1. Кичинекей бир нерсенин микросүрөт түшүрүү аркылуу фотосүрөт алуу. 2. Кең мааниде – фотомикрограф.

**МИКРОХЕЙЛИЯ (microcheilia), микрохейлия** – эриндердин аномалдуу кичине болушу. Салыштыруу үчүн: Макрохейлия.

**МИКРОЦЕФАЛИЯ (microcephaly), микроцефалия** – башы кичине, чакча баш адам. Салыштыруу үчүн: Макроцефалия.

**МИЛЛИ (milli-), милли** – миңдин бир бөлүгүн түшүндүрүүчү сөз.

**МИЛЛИАМПЕР (milliampere), миллиампер** – ампердин бир миңи ($10^{-3}$ А). Белгилениши: мА.

**МИЛЛИГРАММ (milligram), миллиграмм** – граммдын бир миңи. Белгилениши: мг.

**МИЛЛИМЕТР РТУТНОГО СТОЛБА (mmHg), сымап мамычасынын миллиметри** – басымдын бирдиги, мында мамычадагы сымап 1 мм ге көтөрүлөт. 1 мм рт. ст. = 133,3224 Па.

**МИОБЛАСТ (myoblast), миобласт** – булчуң клеткасы. Булчуң буласына потенциалдуу түрдө өрчүүгө мүмкүн. – Миобластикалык (myoblastic).

**МИОДИНИЯ (myodynia), миодиония** – булчуңдардын катуу оорушу.

**МИОЗИТ (myositis), миозит** – сөөктүн тегерегиндеги булчуңдарынын сезгенип оорушу жана аларда дегенеративдүк өзгөрүүлөр менен мүнөздөлүүчү дарттардын тобу. Бул дарттардын ичинен эң көп кездешкени полимиозит.

**МИОПАТИЯ (myopathy), миопатия** – жалпы эле булчуңдардын оорусу. Миопатиялар адатта тукум куучулук (караңыз: Булчуң дистрофиясы) жана ээ болгон деп бөлүнүшөт.

Ээ болгон миопатияларга полимиозит жана булчуң дарттары кирет, кайсы бир эндокринддик бузулуштар менен же карциноманын өрчүшү менен татаалданган дарттар кирет.

**МИОПАТИЯ ДЮШЕННА (Duchenne dystrophy), Дюшенн миопатиясы** – караңыз: Булчуң дистрофиясы.

**МИОТАКТИЧЕСКИЙ (myotactic), миотактикалык** – булчуңдун сезгичтигине тиешелүү сөз.

**МИОТОНИЯ (myotonia), БОЛЕЗНЬ ТОМСЕНА (Thomsen's disease), миотония, Томсен оорусу** – булчуңдун убактылуу жыйрылып жана карышуу абалы. Миотония тукум куучулук дарт болуп саналат, андан тышкары ал булчуң дистрофиясынын (миотоникалык дистрофия) бирден бир көрүнүшү болушу мүмкүн.

**МИОТОНУС (myotonus), миотонус** – 1. Тоникалык булчуң спазмы. 2. Булчуң тонусу.

**МИОФИБРИЛЛА (myofibril), миофибрилла** – кыскартуучу органелла, туурасынан кеткен чаар булчуңдун булаларынын цитоплазмасында болот.

**МИОФИБРИЛЛА (sarcostyle), миофибрилла** – туурасынан кеткен чаар булчуңдун булаларынын атайын кыскартуучу органелласы. Миофибриллдер активдүү жана миозиндик филаменттерден турушат.

**МЛАДЕНЕЦ (infant), ымыркай** – жаңы төрөлгөн бала.

**МОЛОЗИВО (colostrum), ууз** – эмчек безинен бөлүнүп чыгуучу биринчи ууз, төрөттөн кийин пайда болот, андан кийин эне сүтү келет.

**МОЛОКО (milk), эне сүтү** – аялдардын эмчек бези менен секрецияланган ак суюктук, бала төрөлгөндө жалаң гана эне сүтү менен гана тамактанат.

**МОНОФИЛЕТИЧЕСКИЙ (monophyletic), монофилетикалык** – бул термин бир теги бар адамдарды, жаныбарларды сүрөттөө үчүн колдонулат. Салыштыруу үчүн: Полифилетикалык.

**МОРУЛА (morula), морула** – түйүлдүктүн, тукумдун өсүшүнүн биринчи баскычы. Морула зигота менен бластоцистанын ортосундагы аралык баскычы болуп саналат.

**МОРФОГЕНЕЗ (morphogenesis), морфогенез** – клеткалардын жана ткандардын дифферециялanышы, анын жыйынтыгында ар кандай органдардын жана дене бөлүктөрүнүн формасы жана структурасы аныкталат.

**МОСТ (pons), көпүрөчө** – 1. Караңыз: Варолий көпүрөчөсү. 2. Кандайдыр бир эки органды бириктирүүчү аймак.

**МОСТ ВАРОЛИЕВ (pons Varolii), Варолий көпүрөчөсү** – мээ сөңгөгүнүн бөлүгү (арткы мээнин структурасы). Варолий көпүрөчүсүнүн ичинде көптөгөн өткөрмө жолдор өтөт, алар баш мээнин чел абыгын жүлүн менен жана каракуш мээнин жарым шар кабыгы менен байланыштырат.

**МОЧА (urine), сийдик** – бөйрөктөр бөлүп чыгаруучу суюктук. Сийдик менен организмден азоттук алмашуунун акыркы азыктары чыгарылат: мочевина, сийдик кислотасы жана креатинин.

**МОЧЕВИНА (urea), мочевина** – сийдик курамындагы, сууда эрүүчү кристалл зат. Мочевина, организмге керек эмес сийдик менен чыгарылуучу азоттун химиялык формасы болуп саналат.

**МОЧЕИСПУСКАНИЕ (urination, micturition), сийдик чыгаруу** – табарсыктын мезгил мезгили менен сийдик чыгаруусу, мында сийдик уретра аркылуу чыгарылат.

**МУМИФИКАЦИЯ (mummification), мумификация** – 1. Өлүктүн чирибей туруп, кургап калышы. 2. Стоматологияда – тиштин пульпасына фиксаторду коюуу.

## Н

**НАПРАПАТИЯ (naprapathy), напрапатия** – медицинада оорулардын көпчүлүгү байламта, тарамыш жана башка бириктирүүчү структуралардын жылышып кетүүсүнөн

улам пайда болот жана аларды ордуна келтирмейинче дарылоону жүзөгө ашыруу мүмкүн эмес деген ишенимге негизделген окуу.

**НАТРИЯ ГИДРОКСИД (sodium hydroxide), СОДА КАУСТИЧЕСКАЯ (caustic soda), натрий гидроксиди, каустикалык сода** – күчтүү щелоч, тазартууда кеңири колдонулат.

**НАТРИЯ ТИОСУЛЬФАТ (sodium thiosulphate), натрийдин тиосульфаты** – натрий тузу, цианид менен уулануудан кийин дарылоодо колдонулат.

**НАТРИЯ ФТОРИД (sodium fluoride), натрийдин фториди** – натрий тузу, тиш кариесин алдын алууда колдонулат. Паста катарында колдонулат. Кошумча караңыз: Фторлоо.

**НАТРИЯ ХЛОРИД (sodium chloride), натрийдин хлориди** – жөнөкөй эле туз. Организмде нормалдуу электролиттик балансты кармоодо керектүү жана бардык эле ткандарда бар болот.

**НАТУРОПАТИЯ (naturopathy), натуропатия** – медицинада ар кыл ооруларды дарылоо үчүн синтетикалык дары каражаттарына эмес табигый жаратылыш азыктарына басым жасоочу окуу.

**НЕВПРАВИМЫЙ (irreducible), ордуна койбостук** – бул термин көбүнчө чуркуларга жана чыгып кетүүлөргө тиешелүү колдонулат. Өзүнүн туура абалына кайра калыбына келбестикти түшүндүрөт. Бул термин көбүнчө чуркуларга жана чыгып кетүүлөргө тиешелүү колдонулат.

**НЕВРИЛЕММОМА (neurilemmoma), неврилеммома** – неврилемманын (Шванн клеткаларынын) коркунуч туудурбаган шишиги. Ал перифириялык, краниалдык же симпатикалык нервдерде пайда болот. Угуу нервин жабыркаганда коркунуч туудурат. Караңыз: Нейрофиброма.

**НЕВРИНОМА (neurinoma), НЕЙРОФИБРОМА (neurofibroma), НЕВРИЛЕММОМА (neurilemmoma), НЕВРОМА (neuroma), ШВАННОМА (Schwannoma), невринома, нейрофиброма, неврилеммома, Шванном невромасы** – эч кандай коркунуч туудурбаган шишик, перифириялык нервдин ткан бириктирүүчү челинен пайда болот. Эгер нейрофиброма нервдин дүмүрчөгүнүн кабынан өрчүсө, анда адамда ооруну жана жүлүндүн кысып салуусун туудурат.

**НЕДЕЕСПОСОБНОСТЬ (disability, disablement), жөндөмсүздүк** – караңыз: Гандикап.

**НЕДОСТАТОЧНОСТЬ (incompetence), жетишсиздик** – жүрөк капкаларынын же тамырлардын функцияланышынын бузулушу. Караңыз: Аорталдык регургитация, Митралдык капканын лапандын жетишсиздиги, Тамырлардын варикоздук жоонооюшу.

**НЕЙРОГЛИЯ (neuroglia), нейроглия** – караңыз: Глия.

**НЕЙРОПИЛЬ (neuropil), нейропиль** – микроскоптун астында айырмалануучу илмектүү түйүн, ал нейрондун денесин курчайт, аксондор, дендриттер жана глиялардын клеткаларынын урчуктары менен жаралат.

**НЕЙРОФИЗИОЛОГИЯ (neurophysiology), нейрофизиология** – адамдардын жана жаныбарлардын нерв системасынын аткаруучу функцияларын изилдей турчу физиология бөлүмү.

**НЕЙТРОФИЛ, ГРАНУЛОЦИТ НЕЙТРОФИЛЬНЫЙ (neutrophil), ЛЕЙКОЦИТ ПОЛИМОРФНОЯДЕРНЫЙ (polymorph), нейтрофил, нейтрофилдик гранулоцит, полиморфядердик лейкоцит** – гранулоциттердин бир түрү, үлүштүү ядро менен айырмаланып цитоплазмада майда нейрофилдик жана азурофилдик гранулалардын болушу менен айырмаланат. Нейтрофилдер фагоцитозду ишке ашырып бактерияларды сиңирет жана жок кылышат. Адатта норма боюнча бир литр канда 2,0–7,5 × $10^9$ нейтрофилдер бар болот.

**НЕКРОЗ (necrosis), ОМЕРТВЕНИЕ (mortification), некроз, жансыздалуу, сенек тартуу** – физикалык же химиялык травма, оору же кан айлануунун кескин бузулуусунун натыйжасында кайсы бир орган же ткандардагы клеткалардын айрымдарынын же бүтүндөй бардыгынын өлүп жана чирип жок болуусу (караңыз: Гангрена).

**НЕКРОЛОГИЯ (necrology), некрология** – адамдын өлүмү тууралуу илим, өлүмдүн себебин жана статистикасын түшүндүрүү.

**НЕОАРТРОЗ (nearthrosis), неоартроз** – жалган муун. Караңыз: Жалган артроз.

**НЕОСЯЗАЕМЫЙ, НЕОЩУТИМЫЙ (impalpable), сезилбес, билинбеген** – бул термин дененин ичиндеги структурада орун алуучуларга карата колдонулат, алар кол менен кармаса оңою менен сезилбеген органдар.

**НЕПЕРЕНОСИМОСТЬ (intolerance), кабыл албастык** – оорулуунун кандайдыр-бир дары заттарды кабыл албастыгы, ар кандай аллергиялык реакциялар менен коштолот.

**НЕФРОЛОГИЯ (nephrology), нефрология** – медицинанын бир бөлүгү, бөйрөк ооруларын диагностикалоо жана дарылоо менен алектенет. Кошумча караңыз: Урология. – Нефролог (nephrologist).

**НИТЕОБРАЗНЫЙ (filiform), жип сымал** – өзүнүн сырткы көрүнүшү боюнча жипти элестетет; мисалы жип сымал тилдин бүдүрү (filiform papillae).

**НОЗОЛОГИЯ (nosology), нозология** – оору аттары жана классификациясы тууралуу илим.

## О

**ОБЕСКРОВЛИВАТЬ (exsanguinate), кансыратуу** – организмди кансыз калтыруу; мисалы, бул кырсыктын кесепетинен катуу кан токтобостук болушу мүмкүн жана дагы операция мезгилинде кан токтобостук болот. – Кан чыгаруу (exsanguination).

**ОБЛАТКА, КАПСУЛА (wafer), облатка, капсула** – нымдалган упадан жасала турган жука катмар; мурда ичүүгө даярдалып коюлган дары порошокторун салып коюу үчүн колдонулган.

**ОБЛЕГЧЕНИЕ (facilitation), женилдөө** – (неврологияда, физиологияда) нейрондордун импулстарды алууда пайда болгон көрүнүш, ал бир катар синапстардан өткөн, бирок кыймылдын потенциалынын пайда болушу үчүн жетиштүү эмес; алардын биргелешкен иш - аракети гана мембрананын деполяризациясына алып келиши мүмкүн.

**ОБЛЕГЧЕНИЕ (lightening), женилдөө** – курсактагы түйүлдүк кичи жамбаш сөөгүн көздөй жылган учурда боор этке болгон басым азайып, дем алуу кыйла жакшырганына байланыштуу аял киши башынан өткөрө турган жеңилдөө сезими. Салыштыруу үчүн: Бүгүү.

**ОКСИДАЗА (oxidoreductase), оксидаза** – органикалык заттардан реакцияга молекулалык кычкылтек катышып кычкылдануу жүргүзүүсүн камсыз кылуучу фермент. Караңыз: Оксидоредуктаза.

**ОЛИГЕМИЯ (oligaemia), ГИПОВОЛЕМИЯ (hypovolaemia), олигемия, гиповолемия** – организмдеги жалпы айланып жүргөн жана запаста сакталган кандын көлөмүнүн аздыгы. Караңыз: Шок.

**ОЛИГОДЕНДРОЦИТ (oligodendrocyte), олигодендроцит** – борбордук нерв системасындагы нерв булаларынын миелиндик челин пайда кылуучу, глиянын клеткасы.

**ОМЕПРАЗОЛ (omeprazole), имепразол** – протондуу ингибитор; он эки элүү ичегини жана ашказан жарасын дарылоодо жана Золлингер – Эллисон синдромунда колдонулат.

**ОПЛОДОТВОРЕНИЕ II (fertilization), түйүлдүк пайда болуу учуру (уруктандыруу) II** – сперматозоид менен жумуртка клеткасынын биригүү процесси. Уруктандыруу

мейоздун аякташын стимулдаштырат. Эркек менен аялдын ядролорнун биригүүсү болсо эле, зиготанын талкаланышы башталат.

**ОПТИКА ВОЛОКОННАЯ (fibre optics), булалуу оптика** – жарыктандыруучу сүрөттөлүштү берүү үчүн булаларды пайдалануу. Синтетикалык булалар, атайын оптикалык касиеттерге ээ болушат жана аспаптарда кеңири колдонулат. Караңыз: Фиброскоп. – Булалууоптикалык (fibreoptic).

**ОПУХОЛЬ ЛЕЙДИГА (Leydig tumour), Лейдиг шишиги** – интерстициалдык клеткалардын шишиги (Лейдиг клеткаларында) аналык безде пайда болот.

**ОРТОПТОСКОП (orthoptoscope), ортоптоскоп** – караңыз: Амблиоскоп.

**ОРТОСТАТИЧЕСКИЙ (orthostatic), ортостатикалуу** – адамдын туруп турган абалы. Мисалы, ортостатикалык гипотензия (orthostatic hypotension) бейтаптарда артериялык басымдын кескин төмөндөшү менен мүнөздөлөт, бул алар туурасынан болгон абалдан тик абалга өтүүдө байкалат.

**ОССИФИКАЦИЯ, ОКОСТЕНЕНИЕ (ossification), ОСТЕОГЕНЕЗ (osteogenesis), оссификация, сөөккө айлануу, остеогенез** – жумшак ткандар катуулап, сөөк тканына айлануу. Ал атайын клеткалардын (остеобласттардын) таасири астында үч этапта өтөт.

**ОСТЕОГЕНЕЗ (osteogenesis), остеогенез** – сөөк тканы өсүп, сөөк пайда болуу жолу. Караңыз: Оссификация.

**ОСТЕОЛОГИЯ (osteology), остеология** – анатомиянын сөөк системасын окуй турган бөлүгү.

**ОТВЕРСТИЕ (introitus), тешик** – (анатомияда) туюк органга же көңдөйгө кирүүчү тешик.

**ОТДЕЛЕНИЕ ИНТЕНСИВНОЙ ТЕРАПИИ (intensive therapy unit, ITU), интенсивдүү терапия бөлүмү** – бул бөлүмдө медициналык жардамды ар кыл адистиктеги догдурлар көрсөтүшөт; бөлүмдө негизинен катуу оорулар, ошондой эле операциядан кийин адистешкен медициналык жардамга муктаж адамдар кездешет (мисалы, жүрөк же көкүрөк клеткасынан операция болгондор).

**ОТЕК (oedema), шишик** – ткандарда ашыкча суюктуктун чогулушу; башкача мындай абал сары суу оорусу (dropsy) деп аталат. Травма же сезгенүү, жүрөк же бөйрөк оорусунда кездешүүчү генералдашкан шишик сыяктуу эле локалдашкан мүнөзгө ээ. – Шишип кеткен (oedematous).

**ОТЕК, ОПУХАНИЕ, РАСПУХАНИЕ (tumescence), шишик, шишип кетүү, сезгенип шишип кетүү** – дененин ткандарында суюктуктун топтолушу менен пайда болгон шишип кетүү.

**ОТОРИНОЛАРИНГОЛОГИЯ (otorhinolaryngology), ОТОЛАРИНГОЛОГИЯ (otolaryngology), оториноларингология, отоларингология** – кулак, мурун, тамак ооруларына арналып, аны дарылоочу медицина илиминин бөлүгү.

**ОТЧЕТНОСТЬ (audit), отчеттулук** – караңыз: Калкка медициналык жардамды пландаштыруу кызматы.

## П

**ПАЛАТКА (tent), чатыр** – оорулуунун керебетине төшөлүп, ингаляциялык терапиянын ар кыл варианттарында пайдаланылуучу чатырча. Кычкылтектүү чатырча (oxygen tent) кычкылтектүү маска же кычкылтекти интраназалдуу жол менен киргизүүгө караганда сейрек колдонулат.

**ПАЛАТКА КИСЛОРОДНАЯ (oxygen tent), кычкылтектүү чатырча** – караңыз: Чатыр.

**ПАЛЕОПАТОЛОГИЯ (palaeopathology), палеопатология** – казып алуу иштеринин натыйжасында табылган сөөк жана башка калдыктардын негизинде тарыхка чейинки мезгилдердеги адам баласы менен айбандарга тиешелүү оорулардын келип чыгышын изилдөөчү илим.

**ПАНКАРДИТ (pancarditis), панкардит** – жүрөктүн бардык катмарынын сезгениши. Караңыз: Эндомиокардит.

**ПАННИКУЛИТ (panniculitis), панникулит** – теринин алдындагы май чарымдарынын сезгениши.

**ПАННУС, КЕРАТИТ ПОВЕРХНОСТНЫЙ ДИФФУЗНЫЙ СОСУДИСТЫЙ (pannus), паннус, тышкарыңкы кератит кан тамырдык диффуздук** – көздүн сыртындагы тунук кабындагы тканынын тышкы катмарындагы инвазиясы. Көпчүлүк учурда бул дарт көздүн тунук челинин сезгенишиеде же көздүн конъюнктивасында өрчүйт, өзгөчө трахомада.

**ПАНТРОПНЫЙ (pantropic), пантроптуу** – жайылуу жолу аркылуу (инвазия) организмдин ар кайсы ткандарын жабыркатуучу вирусту мүнөздөп берүү үчүн колдонулат.

**ПАРА (para-), пара** – төмөнкү түшүнүктөрдү берүүчү сөз: 1. Бир нерсенин жанында же бир нерсеге жанаша жатуу. Мисалы, паранасалдык (paranasal) – мурун көңдөйүнүн жанында жайгашкан. 2. Бир нерсени эске салуучу. Мисалы, парадизентерия (paradysentery) – дизентериянын кадыресе формасы. 3. Аномалдык. Мисалы, паралалия (paralalia) – речтин бузулуусу.

**ПАРАГАНГЛИЙ (paraganglion), параганглий** – бөйрөк үстүндөгү бездин ортосундагы жумшак бөлүгүндөгү жана башка ткандардагы хромаффин клеткаларынын тобу.

**ПАРАГЕВЗИЯ (parageusia, parageusis), парагевзия** – оозго тийген аштын даамын өзүндөй эмес, башкача баалоо. Бул абал психикасы оорулуу адамдарда көп учурайт.

**ПАРАДОКС (paradox), парадокс** – (үй-бүлөлүк терапияда) психологиялык симптомдор менен үй-бүлөдөгү мамилелердин өз ара байланышта экендигин таамай көрсөтүү үчүн дарылоо курсунун жүрүшүндөгү күтүүсүз интерпретация же жоромол. Мисалы, үй-бүлөнү сактап калууда жападан жалгыз курал болгондугуна байланыштуу баланын айрым бир иш-аракеттерди ата-энеге билгизбей жасай берүүсү.

**ПАРАМЕТРИТ (parametritis), ЦЕЛЛЮЛИТ ТАЗОВЫЙ (pelvic celiulitis), параметрит, жамбаш целлюлити** – жатындын тегерегиндеги кошуучу ткандардын сезгениши (параметриянын сезгениши). Оору айрым учурларда төрөттөн кийинки инфекциялардан улам күч алуусу мүмкүн.

**ПАРАМИКСОВИРУС (paramyxovirus), парамиксовирус** – караңыз: Миксовирус.

**ПАРАМИОТОНИЯ ВРОЖДЕННАЯ (paramyotonia congenita), тубаса парамиотония** – сейрек кездешүүчү конституционалдык бузулуш, оорулуунун суукта тургандыктан, булчуң булаларынын жыйрылышы менен мүнөздөлөт (караңыз: Миотония). Мындай абал адамдын организминде калий алмашуусунун бузулушунун натыйжасында өрчүшү мүмкүн.

**ПАРАПЛЕГИЯ (paraplegia), параплегия** – эки буттун, же эки колдун же бир өрөөндүн шал болуп калышы. – Параплегиялык (paraplegic).

**ПАРАФИН (paraffin), парафин** – мунайдан алына турчу көмүртектүү суутек. Парафиндүү мом (paraffin wax) (же катуу парафин (hard paraffin)) 45–60 °С температурада эрип, медицина муктаждыктары үчүн пайдаланыла турчу ар кыл мазьдарды даярдоо үчүн негиз болуп берүүчү ак түстөгү катуу көмүртектүү суутектердин аралашмасы болуп саналат. Суюк парафин (liquid paraffin) негизинен ич алдыруучу каражат катары колдонулуучу минералдык май болуп эсептелет.

**ПАРИЕТАЛЬНЫЙ (parietal), париеталдуу** – 1. Органдын же көңдөйдүн капталынын сырт жагы. Бул термин негизинен көңдөйдү каптоочу кабыктарга тиешелүү колдонулат (караңыз: Ич көңдөй, Плевра). 2. Төбө сөөгүнө тиешелүү.

**ПАРКИНСОНИЗМ (parkinsonism), паркинсонизм** – буту-колу эрксизден калчылдап турууучу оорулардын белгиси. Паркинсондуулук - организмде дофамин нейромедиаторунун жетишсиздигинен жаратуучу баш мээнин базалдык ядросунун жабыркоосунан улам пайда боло турган оору болуп саналат. Медицинада адатта Паркинсондун (Parkinson's disease) оорусун – дегенеративдик бузулуу, кээде жашы улгайган адамдарда карылык менен байланышкан, жана паркинсионизм, башка себептерден келип чыккан деп адатта айырмалашат. Мисалы, мындай дарт адамда психотикага каршы каражаттарды колдонууда же энцефалиттин кеч байкалышында болушу мүмкүн, таш көмүр газы менен уулануу симптому менен же Вильсондун оорусунда да өрчүшү мүмкүн.

**ПАХИМЕНИНГИТ (pachymeningitis), пахименингит** – мээнин бардык кабыгы сезгенип оорушу (караңыз: Менингит).

**ПАХИСОМИЯ (pachysomia), пахисомия** – дененин жумшак бөлүктөрүнүн патологиялык жоонокюп кетиши.

**ПЕДИАТРИЯ (paediatrics), педиатрия** – медициналык илимдин балдардын оорусун билүүгө жана аларды дарылоого арналган бир бөлүгү. – Педиатр (paediatrician).

**ПЕЛЛАГРА (pellagra), пеллагра** – организмде никотин кислотасынын (В-тобундагы РР-витамини) жетишсиздигинен пайда болгон оору. Пеллаграны өрчүү себеби болуп, тамак аш менен кошо никотин кислотасын жетишээрлик эмес колдонулушу, же триптофандын амнокислотасынын аздыгынан, андан никотин кислотасы адамдын организминде синтезделсе болот.

**ПЕРВАЯ ПОМОЩЬ (first aid), биринчи жардам** – капысынан пайда болгон кокустуктарда, оорунун кесепетинен өзүн-өзү тейлей албаган учурларда жапа чеккен адамдарга бирөөлөр берген жардам.

**ПЕРЕНОС (projection), оодара салуу** – (психологияда) өз сапаттарын башка адамдарга таңуулоо.

**ПЕРЕНОСЧИК (vector), оору жуктуруучу** – 1. Микроорганизмдерди алып жүрүү менен адамдан адамга, жаныбардан адамга инфекциялык ооруларды жуктура турган жандык (көбүнчө курт-кумурска же кене). Мисалы, чиркейлер безгек, филяриоз жана сары безгек ооруларын алып жүрүүчү жана таратуучулар болуп саналышат. 2. Генетикалык инженерия же гендүү терапиянын жардамы аркылуу бактериалдык же башка бир клеткага бөтөн тектүү ген же ДНК фрагментин киргизүү үчүн колдонула турчу зат. Мындай оору жуктуруучу катары көбүнчө вирустар (өзгөчө ретровирустар) пайдаланылат. Клеткага түшкөн мындай вирус өзүнүн жана ген көчүрмөсүн (клон) жаратууга жөндөмдүү.

**ПЕРЕРАЗГИБАНИЕ (hyperextension), кайта түзөтүү** – нормадан тышкары аяктарды кайта түзөтүү.

**ПЕРЕРЕЗКА (transection), кесип таштоо** – 1. Тканды туурасынан кесүү. 2. Кайсыбир органды туурасынан кесип салуу (кошумча караңыз: Кесим).

**ПЕРИАДЕНИТ (periadenitis), периаденит** – безди каптап турган ткандын сезгениши.

**ПЕРИКАРДОРАФИЯ (pericardiorrhaphy), перикардорафия** – перикардада болгон хирургиялык жараттан кийин айыгуу процесси.

**ПЕРИМИЗИЙ (perimysium), перимизий** – булчуңдун жипчелеринин тышындагы кошуучу ткандан турган катмары.

**ПЕРИНЕВРИЙ (perineurium), периневрий** – нервдин коштурма тканынын катмары.

**ПЕРИОСТИТ (periostitis), периостит** – сөөктүн тышкы чарымын сезгениши. Курч периоститтин (acute periostitis) себеби болуп адатта сөөктүн жабырканышы болуп саналат, ал гематома менен коштолот, андан ары ал инфекцияланышы мүмкүн.

**ПЕРИСПЛЕНИТ (perisplenitis), периспленит** – көк боордун ички катмарынын сезгениши.

**ПЕРИТРИХИАЛЬНЫЙ (peritrichous), перитрихиалдуу** – термин үстүнкү катмары бүтүндөй жипче же түкчөлөр менен капталган бактерияларды сүрөттөп берүү үчүн колдонулат.

**ПЕРИХОНДРИТ (perichondritis), перихондрит** – чемирчектердин тышкы катмарынын сезгениши. Перихондриттин типтүү өрчүү жери болуп тышкы кулак болуп саналат.

**ПИГМЕНТ (pigment), пигмент** – бардык органикалык боёчу заттар, боёк, денедеги темгил. Физиологиялык жактан өзгөчө маанилүү болуп кан (гемоглобин), өт жана көздүн тор кабыгындагы пигменттер (караңыз: Родопсин) саналышат. Меланин пигменти тери жана көздүн карек айланасындагы челде кездешүү менен аларга белгилүү бир боёк берип турат. Өсүмдүк пигменттеринин маанилүүлөрү болуп хлорофилл жана каротиноиддер эсептелет.

**ПИНОЦИТОЗ (pinocytosis), пиноцитоз** – суюктуктардагы майда тамчыларды клеткалар менен сиңирип алуу. Пиноцитоз эндотелиалдык клеткаларды, көпчүлүк лейкоциттер, ошондой эле боордун жана бөйрөктөрдүн кээ бир клеткалары да иш жүзүндө ашырат. Салыштыруу үчүн: Фагоцитоз.

**ПИОГЕННЫЙ (pyogenic), пиогенндик** – ириң пайда болуу процесси. Пиогенндик бактерияларга, мисалы, Staphylococcus aureus, Streptococcus hemolyticus жана Neisseria gonorrhoeae түрүндөгү бактериялар кирет.

**ПИРИМИДИН (pyrimidine), пиримидин** – шакекче сымал молекулярдык түзүлүшкө ээ азоттуу кошунду. Кеңири таралган пиримидиндер болуп цитозин, тимин жана урацил эсептелет; булардын бары нуклеин кислотасынын нуклеотиддерин жаратышат.

**ПЛАЗМА ЗАЧАТОЧНАЯ (germ plasm), башталгыч плазма** – биологдор XIX кылымдарда тапкан зат, ал муундан муннга гамета аркылуу өтүп; андан клеткалар пайда болот.

**ПЛЕКСОР (plexor), плексор** – караңыз: Прекуссиондук балка.

**ПЛЕНКА ФИБРИНОВАЯ (pseudomembrane), фибрин пленкасы** – пленкалык каптоо, былжыр челиндеги же теринин үстүндөгү эксудат катмардан турат.

**ПЛЕОМОРФИЗМ (pleomorphism), плеоморфизм** – индивидуум өзүнүн жашоо циклинде түрдүү формаларды алып баруучу абал. Плеоморфизм безгектик митеде (Plasmodium) айкын көрсөтүлөт.

**ПЛЕТОРА (plethora), плетора** – организмдеги кайсы бир суюктуктун (өзгөчө кандын) жалпы көлөмүнүн көбөйүшү (караңыз: Гиперемия). – Плеторикалык (plethoric).

**ПЛОСКОСТЬ (plane), жалпактык** – кайсы бир деңгээл же жылмакай кабык, алар ар түрдүү жактарга багытталат. Анатомияда органдардын багытын аныктоо үчүн максатталат.

**ПЛОТНОСТЬ УДЕЛЬНАЯ (specific gravity, relative density), салыштырма жыштык** – заттын 20 °C температурадагы суунун жыштыгындагы анын (4 °C) максималдуу жыштыгынын мамилеси (тактап айтканда ал relative density деп аталат).

**ПЛЯСКА СВЯТОГО ВИТА (St. Vitus dance), ыйык Вит бийлөөсү** – Сиденгама хореясынын эски аталышы.

**ПНЕВМАТИЗАЦИЯ (pneumatization), пневматизация** – сөөк көңдөйүндө абанын толушу (мисалы, баш сөөктүн коңулдарында).

**ПНЕВМОЛИЗ (pneumolysis), ПЛЕВРОЛИЗ (pleurolysis), пневмолиз, плевролиз** – операциялык жол менен өпкөнүн тегерегине өсүп кеткен этинен ажыратуу. Өпкөнүн туберкулез оорусунда кеңири колдонулат.

**ПНЕВМОНИЯ АТИПИЧНАЯ (atypical pneumonia), атиптеги пневмония** – пневмониаздын тобуна кирүүчү дарт, пенницилин менен даарыласа да айыкпаган, бирок башка

күчтүү антибиотиктер менен айыктырылат. Атиптеги пневмонияга өпкө инфекциялары кирет, алар Mycoplasma pneumoniae, Chlamydia psittaci (караңыз Пситтакоз) жана Coxiella burnetii (караңыз: Q-безгеги) аттуу микрооганизмдер менен туудурулат.

**ПНМК (TIA), ПНМК** – караңыз: Мээдеги кан айлануунун мезгилдүү бузулушу.

**ПОВЕРХНОСТНЫЙ, НЕГЛУБОКИЙ (superficial), үстүнкү, терең эмес** – (анатомияда) үстүндө же анын жанында жайгашууну түшүндүрөт. Сырткы кан тамырлар – бул териге жакын өткөн тамырлар.

**ПОВЫШЕНИЕ ДАВЛЕНИЯ В КАКОЙ-ЛИБО АНАТОМИЧЕСКОЙ СТРУКТУРЕ (ОТСЕКЕ) (compartment syndrome), кайсы бир анатомиялык структурада басымды жогорулатуу** – неврологиялык же булчуң бузулуш, тыкыз таңуудан кийин пайда болот. Кошумча караңыз: Фолькманндын ишемиялык контрактурасы.

**ПОВЯЗКА КОСЫНОЧНАЯ (triangular bandage), жоолук сымал таңуу** – үч бурчтук формасындагы таңуу. Колду асып коюуда колдонулат.

**ПОВЯЗКА ПОДДЕРЖИВАЮЩАЯ (sling), кармап туруучу таңуу** – жабыркаган аякты тынч абалда кармап туруучу таңуу.

**ПОВЯЗКА СПИРАЛЬНАЯ (spiral bandage), спираль сымал таңуу** – дененин кайсы-бир бөлүгүнө коюлуучу таңуу, ал мындай болуш керек, анын ар бир таңуусу алдынкысын жаап калыш керек.

**ПОДВИЖНОСТЬ ПОВЫШЕННАЯ (hypermotility), жогорумку кыймылдуулук** – бир нерсенин жогорумку активдүүлүгү же кыймылдуулугу (айрыкча ашказан же ичеги карын).

**ПОДВИЖНЫЙ (motile), кыймылдуу** – өз алдынча кыймылдаган, кайсы-бир тышкы күчтөр жок эле өзү кыймылдаган, бул термин микроорганизмдерге же клеткаларга тиешелүү болот (мисалы, сперматозоиддерге).

**ПОДОСТРЫЙ (subacute), өтө курч** – бул термин күчөп кеткен ооруларга тиешелүү, бирок курч формага өтүп кетпеген оорулар.

**ПОДЪЕМНИК (levator), көтөргүч** – хирургиялык аспап. Ал баш сөөктүн басылып калган сыныгындагы жылып кеткен сөөк сыныктарын алууда колдонулат.

**ПОЗНАНИЕ (cognition), таанып билүү** – билим алуу процесси. Ал өзүнө сезүүнү, ой жүгүртүүнү, чыгармачылык ишмердүүлүктү, пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүнү жана туюп билүүнү камтыйт. Салыштыруу үчүн: Активдүү кыймыл.

**ПОЗОЛОГИЯ, УЧЕНИЕ О ДОЗИРОВКАХ (posology), позология, доза жөнүндө окуу** – дарыны ичкенде канчалык көтөрө тургандыгын окуп үйрөнүү.

**ПОКАЗАНИЕ (indication), көрсөтмө** – (медицинада) туура дарылоого көрсөтмө берүү. Ал себептердин, симптомдордун же дарттын мүнөзүнүн негизинде жүргүзүлөт. Салыштыруу үчүн: Көрсөтмөгө каршычылык.

**ПОКОЛАЧИВАНИЕ, ПОСТУКИВАНИЕ (tapotement), соккулоо, ургулоо** – массаж жасоонун ыкмасы, мындай ыкманы колдонуп жатканда массаж жасоочу алакандын учу менен дененин кайсы бир бөлүгүн тез-тез соккулоо кыймылдарын жасайт. Көкүрөк клеткасын ургулоодо бранхит менен ооруган адамдарда, дем алуу органдардын капталдарындагы какырыктардын оңой чыгып кетишине көмөктөшөт.

**ПОЛИРИБОСОМА (polyribosome), полирибосома** – караңыз: Полисома.

**ПОЛИСЕРОЗИТ (polyserositis), полисерозит** – коңулдуу органдардын ички жылтырак катмарынын бир тобунун бир убакта сезгениши. Көпчүлүк учурда мындай дарт тукум куучулук болот жана аны башкача дагы үй-бүлөлүк жер ортолук деңиз безгеги (familiai Mediterranean fever) деп аташат.

**ПОЛИСОМА (polysome), ПОЛИРИБОСОМА (polyribosome), полисома, полирибосома** – клеткалык цитоплазманын структурасы, бир нече рибосомалардан турат, РНК маалыматтык молекулалар менен бириктирилген.

**ПОЛИСОМНОГРАФИЯ (polysomnograph), полисомнография** – уйку мезгилиндеги түрдүү физиологиялык параметрлерди каттайт. Ар кандай укунун бузулушун диагностикалоодо колдонулат, мисалы, апноэ, уктап жаткан мезгилде дем алуу жолдорунун өтүмдүүлүгүнүн бузулушу менен байланыштуу.

**ПОЛИФАРМАЦИЯ, ПОЛИПРАГМАЗИЯ (polypharmacy), полифармация, полипрагмазия** – оорулууга бир эле мезгилде бир нече дарыны жазып берүү.

**ПОЛИФИЛЕТИЧЕСКИЙ (polyphyletic), полифилетикалык** – түрдүү теги бар адамдарды же жаныбарларды сүрөттөөдө колдонулуучу термин. Салыштыруу үчүн: Монофилетикалык.

**ПОЛИХРОМАЗИЯ (polychromasia), ПОЛИХРОМАТОФИЛИЯ (polychromatophilia), полихромазия, полихроматофилия** – кандын изилденүүчү үлгүлөрүндө, аларды Романовский боёгучтары менен боёгондон кийин, нормалдуу кызгылт клеткалар катары, эритроциттерди көк түскө боёгондогудай болуусу. Бул боёгучтардын таасиринде көк түскө боёлгон клеткалар, жаш эритроциттер болуп саналат (караңыз: Ретикулоцит).

**ПОЛЯ ЦИТОАРХИТЕКТОНИЧЕСКИЕ БРОДМАНА (Brodmann areas), Бродмандын цитоархитектоникалык талаалары** – баш мээнин чоң жарым шарларынын кабынын бөлүмү, цитоархитектоникасы (клеткалык деңгээлдеги түзүлүшү боюнча) боюнча айырмаланып турат. Бродмандын 52 цитоархитектоникалык талаалары өзгөчөлөнүп чыгып турат.

**ПОПЕРЕЧНЫЙ (transverse), туурасынан кеткен** – (анатомияда) дененин же органдын узунунан кеткен огунун түз бурчунда орун алган.

**ПОРОГ (threshold), ирегe** – (физиологияда, неврологияда) деңгээл, анын артында стимулдар сезиле баштайт; түшүнүүнүн эң кичине деңгээли кыжырлануу, ал кайсы-бир белгилүү кырдаалда кайсы бир системанын сезгичтигинин ченеми болуп саналат.

**ПОРФИН (porphin), порфин** – азоту бар шакекче түрүндөгү оор структура, андан порфириндер пайда болот.

**ПОСЛЕОБЕДЕННЫЙ (postcibal), түштөнгөндөн кийинки** – тамак ичүүдөн кийин пайда болгон кырдаал.

**ПОСЛЕРОДОВЫЙ (puerperal), төрөттөн кийин** – төрөт маалына же төрөттөн кийинки мезгилге тиешелүү.

**ПОССУМ (possum), поссум** – паралич менен ооруган адамдарга жардам берүүчү аспап.

**ПОТ (sweat), тер** – тер бездери тарабынан бөлүнүп чыгуучу туссуз суюктук. Негизинен ал натрийдин хлориди жана мочевинадан турат. Анатомиялык аталышы: Тер (sudor).

**ПОТЕНЦИАЛ ДЕЙСТВИЯ (action potential), кыймылдын потенциалы** – нервдик импульстун өтүшүндөгү нерв же булчуң клеткаларынын мембраналарындагы өзгөрүүлөр.

**ПОТООТДЕЛЕНИЕ (diaphoresis), тер чыгуу** – тер чыгуу процесси. Караңыз: Тер.

**ПОТООТДЕЛЕНИЕ (perspiration), тер чыгуу** – тери бездери аркылуу теринин бөлүнүп чыгуу процесси. Сезилбеген тери бөлүнүп чыгууда (insensible perspiration) бөлүнүп чыккан тер теринин сыртынан дароо эле жок болуп кетет; сезилээрлик тер бөлүнүп чыгуу (sensible perspiration) ал теринин сыртында көрүнгөн теринин тамчылары менен мүнөздөлөт.

**ПРЕАГОНАЛЬНЫЙ (preagonal), преагоналдуу** – терминалдык; өлүм келген учурдун келишин алдын алуу мезгилин көрсөтөт. Кошумча караңыз: Агоналдык.

**ПРЕДМЕТ БЕЗОПАСНЫЙ (security object), коопсуздук нерсе** – өзгөчө нерсе, ымыркайга комфорттуулукту жана коопсуздук сезимди туудуруучу нерселер. Мисалы, жаткан керебети, оюнчуктары ж.б.

**ПРЕДМЕТ, КОТОРЫМ ПОЛЬЗОВАЛСЯ БОЛЬНОЙ ИНФЕКЦИОННЫМ ЗАБОЛЕВАНИЕМ (fomes, көпч. fomites), инфекциялык оорулар менен ооруган адам колдонгон нерсе** – жугуштуу оорулар менен ооруган адамдын ошол мезгилдеги колдон-

гон буюмдар оору туудуруучу организмдерди алып барышы ыктымал, жана башка адамдарга жуктуруп алышы мүмкүн. Мисалы, колдонгон акчалар, төшөнчүсү, идиш-аягы.

**ПРЕДСМЕРТНЫЙ (ante mortem), өлүм алдындагы** – өлүм алдында пайда болот. Салыштыруу үчүн: Өлгөндөн кийин.

**ПРЕДСТАВИТЕЛЬ ОБЩЕПИТА (food handler), коомдук тамак – аш жайынын өкүлү** – бул коомдук тамак-аш жайларда тамак жасоо, азыктарды сактоо менен алек болгон адамды айтабыз.

**ПРЕЗЕРВАТИВ (condom), презерватив** – оору жуктурбоого, аялдын боюна болтурбоого колдонулуучу эркектин жыныстык мүчөсүнө кийгизүүчү атайын жасалган латекстүү резина, пластик же жибектен жасалган кыртыш (кап).

**ПРИВЯЗЫВАНИЕ (chaining), байлануу** – ыкма, ал жүрүм-турумдун модификациясында колдонулат, мында окуу процессинде кайсы бир татаал ыкка колдонулат, ал бөлөк курамдык бөлүккө бөлүнөт, андан кийин алар кыймылдардын толук ырааттуулугуна тизилишет.

**ПРИМОРДИАЛЬНЫЙ (primordial), примордиалдык** – (эмбриологияда) бул термин клеткаларды жана ткандарды сүрөттөөдө колдонулат.

**ПРОБАНД (proband), пробанд** – караңыз: Пропозит.

**ПРОДРОМАЛЬНЫЙ II (subclinical), продромалдуу II** – бул термин кырдаалды сүрөттөдө колдонулат, ал анык дарттын сипмтомдорун табуунун алдын алуусу.

**ПРОЕКТ ГЕНОМА ЧЕЛОВЕКА (Human Genome Project), адамдын геномунун долбоору** – эл аралык чон изилденген долбоор, ал гендердин ирээтин аныктоого мүмкүнчүлүк түздү.

**ПРОКЛАДКА (pad), прокладка** – кебез же кайсы бир материал, дененин бөлүктөрүн кайсы бир урунуудан, жаңжалоодон коргоочу материал.

**ПРОМЕЖУТОК СВЕТЛЫЙ (lucid interval), жарык боштук** – баш сөөктүн жабырканышынан кийинки аң сезимдин кыска мезгилдеги калыбына келүү.

**ПРОМИЕЛОЦИТ (promyelocyte), промиелоцит** – катардагы гранулоциттердин морфологиялык алгачкы даражасы. Промиелоциттер нормада баш сөөк мээдеги кан жасоочу тканда болот, бирок ар кандай дарттарда канда байкалышы мүмкүн. Кошумча караңыз: Гранулопоэз.

**ПРОПТОЗ (proptosis), проптоз** – органдын алдыга көздөй жылып кетиши, мисалы, көздүн (караңыз: Экзофтальм).

**ПРОТОЗООЛОГИЯ (protozoology), протозоология** – бир клеткалуу жаныбарларды изилдөөчү илим.

**ПРОТОПАТИЧЕСКИЙ (protopathic), протопатикалык** – бул термин жылуулук оорусун жана башка факторлордун катуу таасирин сезе билүү жөндөмдүүлүктү сүрөттөөдө колдонулат. Салыштыруу үчүн: Эпикритикалык.

**ПРОТРАВА (mordant), протрава** – (микроскопияда) кездемени боёочу каражат катары колдонулуучу зат (мисалы, фенол).

**ПРОФЕССИИ МЕДИЦИНСКИЕ ВСПОМОГАТЕЛЬНЫЕ (remedial profession), медициналык жардамчы адистиктер** – оруулуу адамдарга түрдүү оорулардагы дефектилерди жоюу үчүн билимдүү адистиштирилген адистердин жардамы.

**ПСОРАЛЕН (psoralen), псорален** – караңыз: Фотохемотерапия.

**ПТОМАИН (ptomaine), птомаин** – өлүктүн уусу же азыктардын бузулуу процессинде пайда болуучу уулуу зат.

**ПУТРЕСЦИН (putrescine), путресцин** – чирүү мезгилинде пайда болуучу амин.

## Р

**РАБОТНИК СОЦИАЛЬНОЙ СЛУЖБЫ (social worker), социалдык кызматтын адиси** – караңыз: Социалдык кызматтар.

**РАДИОЛОГ (radiologist), радиолог** – рентгенография методдору аркылуу оорулардын дартын аныктай турган доктур. Караңыз: Рентгенолог.

**РАДИОНЕКРОЗ, НЕКРОЗ ЛУЧЕВОЙ (radionecrosis), радионекроз, нур некрозу** – ткандын некрозу (көпчүлүк учурда сөөк тканынын же теринин), шишикке каршы радиотерапия курсунан кийин пайда болот.

**РАДОН (radon), радон** – радийдин бөлүнүү маалында пайда болуучу радиоактивдүү газ. Бул газ өз кезегинде альфа- жана гамма-бөлүкчөлөрүн нурдантуусу мүмкүн. Белгилениши: Rn.

**РАЗГИБАНИЕ, ВЫТЯЖЕНИЕ (extension), жазуу, чоюу** – 1. Булчударды кыймылдатуу жолу аркылуу айрыкча кол жана буттарды түзөтүү үчүн тартылуу, чоюлуу. 2. Бутуколдун сынган же чыккан жерлерин үз калыбына келтирүү үчүн тартып - чоюу иштерин колдонуу.

**РАЗДРАЖИМОСТЬ (irritability), кыжырлануу** – (психологияда) ткандын бөлөк түрүнүн касиети, алар өзгөчө түрдө тышкы стимулдарга жооп кайтарууга мүмкүндүк берет. Кыжырлануу нерв клеткаларга таандык болот, алар келүүчү стимуляцияга жооп катары генерацияланышат жана электр импульстарды жиберишет, ошондой эле булчуң клеткаларына да жиберишет, алар болсо нервдик импульстардын таасири астында жыйрылышат.

**РАЗДРАЖИТЕЛЬ (irritant), дүүлүктүргүч** – ткандардын дүүлүгүсүн жаратуучу буюм же зат; аларга атайын ийнелерден тартып көздөн жаш агызуучу газдарга чейин кирет.

**РАЗДРАЖИТЕЛЬ, СРЕДСТВО ВОЗБУЖДАЮЩЕЕ (stimulant), дүүлүктүргүч, козгоочу зат** – адам организминдеги кайсы бир системанын ишмердүүлүгүн активдештирип же болбосо анын ишмердүүлүгүнө терс таасирин тийгизе турган зат. Амфетамин жана кофеин борбордук нерв системасынын ишин калыбына келтирүүчү зат болуп саналат.

**РАЗДРАЖИТЕЛЬ, СТИМУЛЯТОР (stimulus,** көпч. **stimuli), дүүлүктүргүч, стимулятор** – каалаган зат, ал клеткалардын, ткандардын же кайсы бир структуралардын дүүлүктүрүүчү реакциясын туудурат, ал берилген стимулга сезгич (sensitive) болуп саналат.

**РАЗРЕЖЕНИЕ (rarefaction), суюлтуу** – сөөк тканынын кыйла ичкерип кетүүсү (мисалы, остеоартритте).

**РАЗРЫВ, ПРОБОДЕНИЕ, ПЕРФОРАЦИЯ (rupture), үзүлүү, жарылуу, перфорация** – 1. Караңыз: Чурку. 2. Кайсы-бир органда же тканда аномалдык тешиктин пайда болушу же үзүлүү: мисалы, төрөт убагында баланы курчап турган чел кабыктын үзүлүшү.

**РАНА, ЯЗВА (sore), жаракат, жара** – кайсы бир жаракаттын же жаранын профессионалдуу эмес аталышы, алардын пайда болушу инфекциядан же жараттын себебинен болот. Кошумча караңыз: Жоор, Жумшак шанкр.

**РАССТРОЙСТВО ОРГАНИЧЕСКОЕ (organic disorder), органикалык бузулуу** – кайсы бир орган же ткан структурасынын өзгөрүүсү менен коштоло турчу бузулуу. Салыштыруу үчүн: Функционалдык бузулуу.

**РАСТВОРЕНИЕ, РАЗРЕШЕНИЕ (resolution), эритүү, чечүү** – 1. Дарттын өрчүү даражасы, мында сезгеничтин симптомдору бара-бара азайып жана жок болуп кетишет. 2. Адамдын көзү бөлөк деталдарды көрүп айырмалап алгандай болгон даража: мисалы, микроскопко.

**РЕДУВИД (reduviid), редувид** – Reduviidae түркүмүнө кирүүчү канаттуу курт-кумурскалар өкүлү; жугуштуу ооруларды алып жүрүү менен Чагас оорусунун келип чыгышына себепкер болушат.

**РЕЖИМ (regimen), эреже** – (терапияда) кайсы бир ооруну дарылоонун жүрүшүндө же организмдин жалпы абалын жакшыртууда пайдаланыла турган жүрүм-турум жана дарылоо эрежелери (мисалы, диетаны сактоо, белгилүү бир дарыларды өз учурунда кабыл алуу, атайы көнүгүүлөрдү жасоо ж.б.).

**РЕКТОЦЕЛЕ (rectocele), ПРОКТОЦЕЛЕ (proctocele), ректоцеле, проктоцеле** – көтөн - чучуктун алдыңкы капталы оюлуп, чуңкурайган жери. Оюк болуу менен ооругандыкты сезбейт.

**РЕЛАКСАНТ (relaxant), релаксант** – тонусту төмөндөтүүчү каражат (айрыкча булчуңдардыкын). Караңыз: Булчуң релаксанты.

**РЕЛАКСАНТ МЫШЕЧНЫЙ (muscle relaxant), булчуң релаксанты** – скелеттик булчуңдарды жумшарта туруучу каражат. Мындай мүмкүнчүлүккө ээ каражаттарга дантролен жана диазепам кирет. Булар паркинсонизм жана столбняк ооруларында скелеттик булчуңдардагы спазмаларды басандатуу үчүн колдонулат. Ошондой эле бул топтогу дары каражаттарына алькуроний, галламин, суксаметоний жана тубокурарин кирет.

**РЕЛАКСАЦИЯ (relaxation), релаксация** – (физиологияда) дененин чымырдыгын жумшартуу. Шалбыратуу жалпы алсыздандыруу.

**РЕМИССИЯ (remission), ремиссия** – 1. Оорунун сезгениши, температуранын жогорулашы таптакыр сезилбей же убактылуу ооругандыгы басылып калган учуру. 2. Коркунучтуу шишик көлөмүнүн кичирейиши жана анын өнүгүүсү менен байланышкан симптомдордун басаңдашы.

**РЕПОЛЯРИЗАЦИЯ (repolarization), реполяризация** – бул фаза, бул мезгиле нерв клеткасынын мембранасынын баштапкы потенциалы кайта калыбына келет, анын нервдик импульстан өткөндөн кийин.

**РЕСПИРАТОР (respirator), респиратор** – 1. Өпкө оорусу менен ооруган адамдардын өпкөсүн жасалма түрдө желдетүүчү аппарат. 2. Бетке кийилүүчү маска, ал адамдын организимине кычкылтектин же кайсы бир газдын киришине, дем алуу жолдорду зыяндуу буулануулардын, чаңдын же башка зыяндуу заттардын киришине тоскоолдук кылат. Кошумча караңыз: Жасалма дем алуу.

**РЕСПИРАТОР БОКСОВЫЙ, «ЖЕЛЕЗНЫЕ ЛЕГКИЕ» (iron lung), бокстук респиратор, «темир өпкөлөр»** – орулуунун бүт денеси, башынан тышкары, аба өтпөөчү резервуарга киргизилет, анын ичинде механикалык түрдө абанын басымы жогорулатат же азайтылат.

**РЕФЛЮКС (reflux), рефлюкс** – кайра агуу. Мисалы, сийдиктин төмөн эмес кайра жогору агышы (кошумча караңыз: Везико-уретералдык рефлюкс).

**РЕЦЕПТ (prescription), рецепт** – врачтын аптекага дарыны даярдоого жана аны кантип колдонуу керектигин көрсөтүп берген жазуусу.

**РЕЦИПИЕНТ (recipient), реципиент** – донордон бир нерсе алган адам (мисалы, куюу үчүн кан же трансплантацияланууучу бөйрөк).

**РИНОЛОГИЯ (rhinology), ринология** – мурун оорусун изилдей турчу медицина бөлүгү.

**РТУТЬ (mercury), сымап** – бөлмө температурасында суюк абалда туруучу күмүш түстүү металл. Азыркы учурда сымап туздары антисептикалык, антипаразитардык заттарда жана фунгицид ж.б. колдонулат. Белгилениши: Hg. Кошумча караңыз: Меркуриализм.

**РУБЦОВЫЙ (cicatrical), тырык** – тырыктардын пайда болушу менен коштолот. Мисалы, тырыктык алопеция (cicatricial alopecia) ал, таз болуунун түрүн элестетет, андан кийин тырыктардын пайда болушу менен коштолот, тырыктык эмес алопецияга карама-каршы (караңыз: Алопеция).

**РУДИМЕНТАРНЫЙ (vestigial), рудиментардуу** – түйүлдүк башталганда, аягына чейин өсүп жетилбей калган учуру.

## С

**САЛИВАЦИЯ (salivation), саливация** – шилекейдин ооз көңдөйүндө жайгашкан шилекей бездери тарабынан бөлүнүп чыгышы; бул процесс чайноо учурунда, ошондой эле даам жана жыттын таасири алдында күч алат. Кошумча караңыз: Птиализм.

**САЛИВОГРАФИЯ (ptyalography), саливография** – караңыз: Сиалография.

**САЛИЦИЛАТ МЕТИЛОВЫЙ (methyl salicylate), метилдик салицилат** – гаултериядан алынган май. Суюктук, ал создуруучу жана аналгетикалык касиеттерге ээ болот; люмбагодо, ишиаста жана ревматизмде ооруну басаңдатуу үчүн теринин сыртына колдонулат.

**САЛО КОЖНОЕ, СЕКРЕТ САЛЬНЫХ ЖЕЛЕЗ (sebum), тери майы, май бездеринин секрети** – май бездери тарабынан бөлүнүп чыккан майлуу зат. Тери майы оозу түктүү фолликулалардан ачыла турган анча чоң эмес түтүкчөлөр аркылуу теринин үстүнкү катмарына чыгат. Ошондой эле ал теридеги нымдуулуктун тез кургап калбоосу үчүн кызмат аткарат; мындан сырткары, бул май чел кабыгы бактерияга каршы касиетке ээ.

**САНАТОРИЙ (sanatorium), санаторий** – 1. Өнөкөт ооруларга профилактика жана дарылоо жүргүзүүчү медициналык мекеме. Тигил же бул дарртка дуушар болгон жана аягына чейин айыгып, реабилитациялоо үчүн шартталган мекеме. 2. Кургак учук менен ооругандар үчүн дарылоочу мекеме.

**САНИТАР (sanitarian), санитар** – караңыз: Доктурдун жардамчысы.

**САНТИ (centi-), санти** – бир нерсенин жүздөн бир бөлүгүн туюндуруучу сөз.

**САФРАНИН (safranin, safranine), сафранин** – клеткалык ядролордо боёо үчүн колдонула турган негизги боёктордун суудa же спиртте эрийй турчу тобу.

**СВИДЕТЕЛЬСТВО О СМЕРТИ (death certificate), адамдын өлгөндүгү жөнүндө күбөлүк** – адамдын аты-жөнү, туулган жери, жаш курагы, өлүмүнүн себеби тууралуу маалыматтар берилген медициналык күбөлөндүрмө.

**СВИНЕЦ (leadi), коргонуш** – бир нече уулуу химиялык бирикмелерди жарата турчу жумшак, көгүш металл. Коргошун буусун же чаңын жыттоонун натыйжасында адам өтө катуу ууланусу мүмкүн; симптомдоруна ич оору, кусуу, ич өткөк, карышуу, шал оору жана айрым бир учурларда энцефалит кирет. Белгилениши: Pb.

**СЕКВЕСТРАЦИЯ (sequestration), секвестрация** – сенек болгон сөөк тканындагы пайда болуу (караңыз: Секвестр), ал акырында тирүү сөөк тканынан бөлүнүп кетет.

**СЕКРЕТОР (secretor), секретор** – шилекей жана башка биологиялык суюктуктарында суудa эрип, кан тобун аныктай турчу A, B жана O агглютиногендеринин изи кездешүүчү адам.

**СЕКРЕЦИЯ, СЕКРЕТ (secretion), секреция, секрет** – без клеткаларынын зат чыгаруу процесси. Секрециянын негизги түрлөрү болуп төмөнкүлөр саналышат: апокриндүү, голокриндүү жана мерокриндүү.

**СЕКСОЛОГИЯ (sexology), сексология** – жыныстын бардык аспектилерин изилдей турган медицина бөлүгү (анатомия, физиология, сексуалдык жактан болгон бузулууларды кошо алганда).

**СЕМИОЛОГИЯ (semeiology), семиология** – караңыз: Симпатоматология.

**СЕНСИТИЗАЦИЯ (sensitization), сенситизация** – 1. Башка тектеги заттарга карата организм реакциясынын өзгөрүшү. Адамда аллергия пайда болгон учурда кайсы бир аллергенге карата сезгичтик күчөйт. Сенситизация адам организмдеги белгилүү бир бөтөн денелердин пайда болуусу менен байланыштуу. 2. Жүрүм-турум терапияда – жек көрүүчүлүк терапиянын түрү, бул учурда кыжырланууну, адамда тынчсызданууну жана кооптонууну жаратуучу, ал адамда жагымсыз жүрүм турумдун пайда болушу менен байланыштырат.

**СЕПТИЧЕСКИЙ (septic), септикалык** – сепсиске же ал туудурганга тиешелүү сөз.

**СЕРА УШНАЯ (cerumen, earwax), кулку** – кулак ичиндеги түрүн өзгөртүүчү бездер тарабынан бөлүнүп чыга турган түк сымал азык. Угуу өтмөгүндөгү жумшак тери катмарын коргоо үчүн багышталган.

**СЕРОЗИТ (serositis), серозит** – тышы жылтырак катмарлуу органдардын тышкы катмарынын сезгениши (мисалы, плевранын). Караңыз: Полисерозит.

**СЕСТРА ПАТРОНАЖНАЯ (health visitor, public health nurse), патронаждык мед айым** – квалификациялуу медициналык айым. Ал акушерствону жана профилактикалык медицинаны жакшы билген (жараандардын ден соолугун чыңдоо боюнча чараларды кошкондо) болуш керек.

**СИАЛАДЕНИТ (sialadenitis), СИАЛОАДЕНИТ (sialoadenitis), сиаладенит, сиалоаденит** – шилекей бездеринин сезгениши.

**СИАЛОЛИТ (sialolith), сиалолит** – шилекей безинде же түтүгүндө кездешүүчү таш (конкремент); сиалолиттер көбүнчө алдыңкы жаак алдындагы безде кездешет.

**СИБС (sibling), РОДСТВЕННИК КРОВНЫЙ (sib), сибс, кандаш тууган** – бир эле ата-энеден төрөлгөн балдардын бирөө (мисалы, байкеси же эжеси).

**СИДЕРОПЕНИЯ (sideropenia), сидеропения** – организмдеги темир таңкыстыгы.

**СИНДРОМ НОННА (Nonne's syndrome), СИНДРОМ МОЗЖЕЧКОВЫЙ (cerebellar syndrome), Нонне синдрому, каракуш мээлик синдром** – караңыз: Атаксия.

**СИНДРОМ ОЛПОРТА (Alport's syndrome), Олпорт синдрому** – тукум куучулук дарт, нефрит менен мүнөздөлгөн, ал дүлөйлөк менен ооруган орулуулар менен айкалышат.

**СИНДРОМ ОППЕНГЕЙМА (floppy baby syndrome), Оппенгейм синдрому** – караңыз: Тубаса амиотония.

**СИНДРОМ ПАТАУ (Patau syndrome), Патау синдрому** – соматикалык клеткаларда № 13 – үч хромосоманын болушу менен (адатта алар – экөө) мүнөздөлүүчү хромосомдук бузулуу. Мунун өзү акыл-эстин өөрчүбөй калуусуна, ошондой эле жүрөк, бөйрөк жана баш сөөктүн өөрчүүсүндөгү ар кыл дефектилердин келип чыгышына алып келет. Бул өңдүү оору менен жапа чеккен оорулуулардын жашап кетүү мүмкүнчүлүгү өтө эле төмөн келет.

**СИНДРОМ ПЬЕРА РОБЕНА (Pierre Robin syndrome), Пьер Робен синдрому** – алдыңкы жаактын өтө кичинекей болушу жана кичинекей балдардын таңдайындагы жырык менен мүнөздөлүүчү тубаса оору. Бул оору менен жабыркаган балдар үчүн дем алуу жана тамактануу бир катар кыйынчылыктарды туудурат.

**СИНДРОМ РАМСЕЯ ХАНТА (Ramsay Hunt syndrome), Рамсей Хант синдрому** – курчоочу герпестин түрү, бет нервин жабыркоочу жана бет нервинин параличи менен табиттин жоголушу менен коштолот.

**СИНДРОМ РАССЕЛА – СИЛЬВЕРА (Russell – Silver syndrome), Рассел – Сильвер синдрому** – өрчүүнүн тубаса оорусу, анын мүнөздүү белгилери болуп: кичине бой, бетинин формасы үч бурчтуу, жана бүт денесинин симметриясынын бузулушу менен мүнөздөлөт.

**СИНДРОМ РЕСПИРАТОРНОГО ДИСТРЕССА НОВОРОЖДЕННЫХ (respiratory distress syndrome), БОЛЕЗНЬ ГИАЛИНОВЫХ МЕМБРАН (hyaline membrane disease), ымыркайлардын респиратордук дистресс синдрому, гиалиндик мембраналардын оорусу** – жаңы төрөлгөн баланын өпкөсү толук эмес ачылбаган абалы.

**СИНДРОМ РЕТТА (Rett's syndrome), Ретт синдрому** – кыздарда кездешүүчү бузулуу, ал кыздарда кичинекей кезинде стереотиптүү кыймылдар жана социалдык бөлүнүү менен мүнөздөлөт. Көпчүлүк учурда дагы интеллектуалдык өрчүүнүн бузулушу да белгиленет.

**СИНДРОМ СЕЗОННОГО АФФЕКТИВНОГО РАССТРОЙСТВА (SADS, seasonal affective disorder syndrome), мезгилдик аффективдүү бузулуу синдрому** – адам маанайынын мезгилдин ыргагына жараша өзгөрүп туруусу. Адатта, кыш мезгилин келиши, бул оору менен жапа чегип жүрүшкөн адамдардын маанайын чөгөрүп, ишке болгон жөндөмдүүлүгүн төмөндөтөт. Мындай учурда адам көп уктап, көп өлчөмдүү тамак-аш та-

лап кыла баштайт. Бирок, бул симптомдордун бары жаз мезгилинин келиши менен өзүнөн - өзү жоголот.

**СИНДРОМ СТЕРДЖА – ВЕБЕРА (Sturge – Weber syndrome), Стердж – Вебер синдрому** – караңыз: Ангиома.

**СИСТЕМА (system), система** – (анатомияда) организмде кайсы бир физиологиялык функцияны аткаруучу орган жана ткандардын жыйындысы (мисалы, нерв же дем алуу системасы).

**СИСТЕМА ДЫХАТЕЛЬНАЯ (respiratory system), дем алуу системасы** – дем алуу процессине катыша турган органдар системасы. Аларга: мурун көңдөйү, кекиртек, коко, өпкө, өпкө бронхтору жана дем алуу кыймылынын ишке ашыра турган бир катар булчуңдар кирет.

**СИСТЕМА ЛИМФАТИЧЕСКАЯ (lymphatic system), лимфа системасы** – ткандык суюктуктан кан айлануу нугуна лимфа менен бирге электролит, суу, белок ж.б. ташып өтүүчү кан тамырлар комплекси. Лимфа системасы орган жана ткандарда бутакчаларга ажырап кетүүчү лимфа капиллярларынан, лимфокапиллярдык желечелерден, лимфа кан тамырларынан, сөңгөктөрүнөн жана түтүктөрүнөн турат. Лимфа өз кезегинде лимфа капиллярларына сиңип, кайра артка кайтарылуусун алдын ала турган атайын клапандары бар лимфа кан тамырларына барып түшөт. Лимфа системасына – көкүрөк түтүгү жана оң лимфа түтүгү өндүү эки ири коллектор кирет.

**СИСТЕМА ОЦЕНКИ ПО ШКАЛЕ ГЛАЗГО (Glasgow scoring system), СИСТЕМА ОЦЕНКИ КОМАТОЗНОГО СОСТОЯНИЯ ПО ШКАЛЕ ГЛАЗГО (Glasgow coma scale), Глазго шкаласы боюнча системаны баалоо, Глазго шкаласы боюнча коматоздук абалдагы системаны баалоо** – баш сөөктүн жаракатынан кийин орулуунун аң сезиминин деңгээлин баалоонун сандык системасы. Орулуунун абалын баалоочу бүт параметрлер, шкала боюнча өзүнүн сандык белгилениши боюнча бааланышат: көздү ачуу (4), кыймыл реакциялар (6), сөзгө жооп (5). Сандык маани канча жогору болсо, анда бейтапта аң сезиминин деңгээли ошончо төмөн болот: 7 саны, орулуу кома абалында болгонун тастыктайт.

**СИСТЕМА РЕТИКУЛОЭНДОТЕЛИАЛЬНАЯ (reticuloendothelial system), РЭС (RES), ретикулоэндотелиалдык системасы, РЭС** – организмде кездешүүчү фагоциттердин жыйындысы, аларга макрофагдар киргендей, моноциттер да кирет. Ретикулоэндотелиалдык системасы организмди микробдук инфекциядан коргоону камсыз кылат. Кошумча караңыз: Көк боор.

**СИСТЕМА ЧЕЛОВЕКА АНТИГЕННАЯ ЛЕЙКОЦИТАРНАЯ (human leucocyte antigen system), адамдын бөтөн генндик лейкоцитардык системасы** – караңыз: HLA-системасы.

**СИСТЕМНЫЙ (systemic), системдик** – бүтүндөй организмге же ага таасир берүүчүгө тиешеси бар сөз.

**СКАТОЛ (skatole), МЕТИЛИНДОЛ (methyl indole), скатол, метилиндол** – организмден заара жана заң аркылуу чыгарылуучу триптофандын туунду аминокислоталары.

**СКВАЛЕН (squalene), сквален** – канныккан эмес көмүрводороду (терпен), ал организмде синтезделип андан холестерин пайда болот.

**СКРЕЩИВАНИЕ БЕСПОРЯДОЧНОЕ (panmixis), баш аламан аргындаштыруу** – диний, рассалык, социалдык же кайсы бир белгилери боюнча өнөктөштү тандап алуу мүмкүнчүлүгү жок учурда популяция ичиндеги ойго келгендей аргындашуу.

**СКРЫТЫЙ, НЕРАЗЛИЧИМЫЙ (occult), байкалбаган, айырмаланбаган** – көзгө көрүнбөгөн; оор байкалган. Мисалы, көрүнбөгөн кансыроо (occult blood) өзү менен кандын аз санда бөлүнүп чыгышы (мисалы, заң массасы менен), мындай кансыроону адамда микроскопиялык изилдөөдөн кийин же химиялык жол менен аныктаса болот.

**СЛУЖБА ВТОРИЧНОЙ (СПЕЦИАЛИЗИРОВАННОЙ) ПОМОЩИ (secondary health care), экинчи баскычтагы (адистештирилген) жардам кызматы** – биринчи медициналык жардам көрсөтүлгөн соң оорулууга амбулатордук же ооруkана шарттарында адистештирилген жардам көрсөтүү. Мисалы, биринчи текшерүү маалында догдур пациенттен башка бир тери оорусун таап, дарылануу үчүн дерматолог доктуруна жөнөтө турган болсо, анда дерматолог ага экинчи (адистештирилген) жардам көрсөткөн болот. Салыштыруу үчүн: Үчүнчү (жогорку адистештирилген) жардам кызматы.

**СЛУЖБА МЕДИЦИНСКАЯ ПРОФИЛАКТИЧЕСКАЯ НА ПРЕДПРИЯТИИ (Factory Inspectorate), ишканадагы медициналык профилактикалык кызмат** – эң чоң жана эски мыйзамдаштырылган мекеме, ал ишканадагы кызматчылардын саламаттыгы жана коопсуздугу үчүн кам көрөт.

**СМЕРТЬ МОЗГА (brain death), мээ өлүмү** – караңыз: Өлүм.

**СОДА КАУСТИЧЕСКАЯ (caustic soda), каустикалык сода** – караңыз: Натрийдин гидроксиди.

**СОДОКОЗ (sodokosis), содокоз** – караңыз: Чычкандын тиштешинин безгеги.

**СОЕДИНЕНИЕ, СРАСТАНИЕ (coalescence), биригүү, бүтүү** – биргелешкен өсүү же өсүү.

**СОЗРЕВАНИЕ (maturation), жетилүү** – толук өрчүүгө жетүү. Бул термин негизинен жетилген түйүлдүк клеткаларынын (жумуртка клетканын жана сперматозоиддин) өрчүүсүн көрсөтүү үчүн колдонулат.

**СОЗРЕВАНИЕ ПОЛОВОЕ (puberty), жыныстык жактан жетилүү** – жыныстык жетилүү мезгили, качан организмде жыныстык гормондор бөлүнүп чыгып, репродуктивдүү органдардын функция аткарууга даяр болуусу. Кошумча караңыз: Андроген, Эстроген. – Пубертаттык (pubertal).

**СОН (sleep), уйку** – кандайдыр бир деңгээлде курчап турган дүйнө менен болгон байланыштын басаңдап, мээнин активдүүлүгүнүн төмөндөөсү астында организмдин аңсезимден сырткаркы абалга өтүүсүн мүнөздөй турчу физиологиялык кубулуш.

**СООБЩАЮЩИЙСЯ (communicans), байланышкан** – бир нерсе менен байланышкан же бириккен. Бул термин негизинен кан тамырларга же нерв булаларына тиешелүү, алар эки окшош структуралар менен бириктирилет.

**СОСТОЯНИЕ ПОГРАНИЧНОЕ (borderline), чек аралык абал** – 1. Инсандык абалдын өзгөрүүсүн сүрөттөөдө колдонулат. Мындай адамдарда башка адамдар менен болгон өз ара мамилешүүсү туруктуу эмес жана өтө кызуу; көп мезгилде алар адамдарды эксплуатациялашат, алар менен манипуляциялашат, алардын маанайы тез өзгөрүп турат, өмүрүн кыйуу жөнүндө же өзүнө кандайдыр бир жаракат жасоо жөнүндө ойлор келип турат. 2. Караңыз: Шизотиптүү.

**СПАЗМ (cramp), спазм** – кээ бир булчуңдардын өтө күчтүү жана бачым кармап карышып, тырышып калышы. Булчуңдардын созулууучу оору туудурган жыйрылуусу. Кээде спазмдын себеби болуп организмде туз курамынын бузулушу болот, бирок ал көпчүлүк мезгилде чарчоодон, туура эмес абалдан же катуу чыңалуудан пайда болушу мүмкүн. Бул учурда жазууда катышкан сөөктүн булчуңдары жабыркайт (жазуу спазмы (writer's cramp)).

**СПАЗМ (spasm), спазм** – көп убакытка созулган эрксиз булчуңдардын жыйрылуусу, ал кайсы-бир жалпы дарттын кесепетинен өрчүшү мүмкүн (мисалы спастикалык паралич), же катуу ооруга локалдык жооп катары болушу мүмкүн. Карпопедалдык спазм (carpopedal spasm) адатта кол манжаларынын жана бут кетменин булчуңдарын жабыркайт; анын себеби организмде кальцийдин жетишээрлик эместигинен болот.

**СПЕРМА (semen), ЖИДКОСТЬ СЕМЕННАЯ (seminal fluid), сперма, эрендик** – жыныстык катнашууда эркектен чыккан суюктук, эрендик. Анда урук жана эркектик бездин чыгарган суюктугу болот. – Уруктук (seminal).

**СПЕРМАТИДА (spermatid), сперматида** – сфералык ядросу бар чоң эмес ядро, ал экинчи иреттеги спермациттердин бөлүнүү процессинде жаралат. Спермиогенезде сперматиддер жетилген сперматозоиддерге айланышат. (караңыз: Сперматогенез).

**СПЕРМАТОГЕНЕЗ (spermatogenesis), сперматогенез** – сперматозоиддердин өсүп, пайда болуу процесси, ал гормондордун багытточу таасиринин астында болот. Гаметогенездин бир формасы.

**СПЕРМАТОГОНИЯ (spermatogonium, көпч. spermatogonia), сперматогония** – клетка, сперматозоиддерден мурда жаралган (караңыз: Сперматогенез).

**СПЕРМАТОЗОИД (spermatozoon, sperm, көпч. spermatozoa), сперматозоид** – эркектин жыныстык клеткасы (караңыз: Гамета). Ал мүнөтүнө 3,5 мм ылдамдыкта жылып жүрүүгө жөндөмдүү. Бул анын аналык безге жетип аны уруктандыруусуна жакшы шарт түзөт. Кошумча караңыз: Акросома, Уруктандыруу.

**СПЕРМАТОЦИТ (spermatocyte), сперматоцит** – адамдын жана жаныбардын өсүү жана өрчүү мезгилиндеги эркек жыныс клеткасы, ал аны жетилген спераматозоидге айлантат.

**СПЕРМИОГЕНЕЗ (spermiogenesis), спермиогенез** – сперматогенездин акыркы кырдаалы, анын жүрүшүндө сперматиддер сперматозоидге айланышат. Караңыз: Сперматогенез.

**СПЕЦИФИЧНОСТЬ (specificity), спецификалуулук** – (сезгичтик (sensibility) менен бир катар)) орулууларда жана орулуу эместерде диагностикалык тесттин кырдаалдык жана кырдаалдык эмес эффективдүүлүгүнүн статистикалык көрсөткүчү болуп саналат. Ал интенсивдүү салыштырмалуу болуп саналат жана бирдиктин үлүшүндө же пайыздарда көрсөтүлөт: терс эмес көлөмдөрү [0;1] же [0;100 %]. Караңыз: Сезгичтик.

**СПЕЦИФИЧНЫЙ (specific), спецификалык** – 1. Дарылык зат, өзгөчө касиеттери бар жана түрдүү ооруларды дарылоодо колдонулат. 2. Дартка карата тиешеси бар – ал спецификалык микроорганизмдерден пайда болгон. 3. Кайсы бир түргө тиешеси бар.

**СПИРТ МЕТИЛОВЫЙ (methyl alcohol), МЕТАНОЛ (methanol), метил спирти, метанол** – жыгач спирти: ал адам организминде этил спиртине караганда жайыраак кычкылданат жана кычкылдануунун жүрүшүндө ар кандай уулуу заттар пайда болот. Кошумча караңыз: Денатуратташкан спирт.

**СПИРТЫ (alcohol), спирттер** – органикалык кошулмалардын классы, аларда гидроксилдик топ (-OH) кычкылтекте суутектин атому менен алмаштырылат. Спирт ичимдиктерде алкоголь өзү менен этил спиртин көрсөтөт (ethyl alcohol) (этанол (ethanol)) C2H5OH. Ал канттын ачытмасынан алынат. Таза спирт 94,9 % ашпаган салмагы боюнча (15,56 °C та) этил спиртин камтыйт.

**СПЛАВ КОБАЛЬТА С ХРОМОМ (cobalt-chromium), кобальт менен хром эритиндилеринин кошулмасы** – өтө кымбат эмес, күмүш түстөгү кобальт жана хром эритиндиси; тиш протезинин бөлүктөрүн даярдоо үчүн материал катары кызмат кылат.

**СПЛЕНИТ (splenitis), спленит** – көк боордун сезгениши (кошумча караңыз: Периспленит).

**СПОНГИОБЛАСТ (spongioblast), спонгиобласт** – клеткалардын түрү, алар нерв системасынын өнүгүшүнүн баштапкы баскычында пайда болушат, кийинчерээк алардан астроциттер жана олигодендроциттер өрчүп чыгат.

**СПОРОГОНИЯ (sporogony), спорогония** – спорозодиддүүлөрдүн өрчүү циклинин ичиндеги спорозоиттердин пайда болушу. Зиготанын ичиндегиси, жыныс клеткаларынын кошулуусунан пайда болушканы экинчи бөлүнүүгө дуушар болушат, анын жыйынтыгында бир нече спорозоиттер пайда болушат. Салыштыруу үчүн: Шизогония.

**СРЕДСТВО ШИЗОНТОЦИДНОЕ (ПРОТИВОМАЛЯРИЙНОЕ) (schizonticide), шизонтоциддик каражат (безгекке каршы) –** шизонтторду өлтүрүүчү заттар.

**СРЫГИВАНИЕ (posset), кулгуу –** ымыркайдын эмчек эмгенден кийин бир аз сүттү кулгуйт.

**СТЕНИЯ (sthenia), стения –** күчтүн нормасы менен салыштырмалуу нормалдуу жана жогору абал. Салыштыруу үчүн: Астения. – Стеникалык (sthenic).

**СТЕПЕНЬ РОДСТВА (section 30 order, parental order), тууганчылык даража –** мыйзам, ал 1990 жылы кабыл алынган адамды жасалма түрдө уруктандыруунун жана эмбриологиянын негизинде кабыл алынган Макулдашуу. Бул мыйзамдын негизинде үйлөнгөн жубайлар, башка аялдан төрөлө элек баланын, ал аялдын сөзсүз макулдугу менен жана ал менен түзүлгөн келишимдин негизинде ата-энеси катары эсептелүүгө укуктуу болушат.

**СТЕРЕОИЗОМЕРЫ (stereo-isomers), стереоизомерлер –** кошундулар, алардын бирдей молекулярдык формуласы бар, бирок алардын атомдорунун мейкиндик орун алышы ар кандай болот.

**СТЕРИЛЬНОСТЬ (sterility), стерилдүүлүк –** уруктандырууга жөндөмсүздүк жана тукум жаратууга мүмүнсүздүк, ал тукумсуздук менен байланышкан, же (эгер адам мурун мындай касиетке ээ болгон) атайын аракет менен (контрацепциянын чарасы катары жасалган хирургиялык атайын операциядан кийин) мындай жөндөмдүүлүк толугу менен жок болот (караңыз: Стерилизация).

**СТЕРИЛЬНЫЙ (sterile), стерилдүү –** организмде микробдун жоктугу; уруксуз адамдар ушундай деп аталат. 1. Тирүү организмге тиешелүү – тукумсуз; тукум калтырууга жарамдуу эмес (караңыз: Стерилдүүлүк). 2. Тирүү эмес нерселерге карата – толугу менен бактериялардан, грибоктордон, вирустардан же башка микроорганизмдерден бош, алар кайсы бир инфекциянын өрчүшү болуп саналышы мүмкүн.

**СТЕРОИД (steroid), стероид –** кошулманын бир тобу, алар бирдиктүү түзүлүшү бар, негизинде стероиддик ядросу (steroid nucleus) жайгашкан, үч чынжырчадан, углероддун алты атомун камтыйт жана бир чынжырчасы углероддун беш атомун камтыйт. Табигый стероиддерге, мисалы, эркектердин жана аялдардын жыныс гормондору (андрогендер жана эстрогендер) кирет; бөйрөк алдындагы бездер менен секрецияланган гормондор (караңыз: Кортикостероид), прогестерон, өт кислоталарынын туздары стеролдор. Синтетикалык стероиддер өзгөчө терапевтикалык максаттар үчүн чыгарылат.

**СТЕРОЛ (sterol), стерол –** стероиддерге кирген спирттер тобунун өкүлү. Маанилүү стеролдорго холестерин жана эргостерол кирет.

**СТИГМА (stigma, көпч. stigmata), стигма –** 1. Кайсы бир дарттын мүнөздүү белгиси (мисалы, сүттөлгөн кофе сымал тактар нейрофиброматоздун мүнөздүү симптому болуп саналат). 2. Денеде кайсы бир жабыркоочу темгил.

**СТОК, СЛИЯНИЕ (confluence), агым, биригүү –** бир чекиттин биригиши. Синустардын (confluence of the sinuses) биригиши өзү менен үстүнкү сагиталдык, туурасынан кеткен, түз жана желке сөөктүн ички катуу мээ катмарындагы веналык синустар менен бириккен жерди камтыйт.

**СТОЛБИК (columella), түркүкчө –** (анатомияда) структура, өзүнүн тышкы көрүнүшү менен чоң эмес түркүкчөнү элестетет. Мисалы, мурун тосмосу (columella nasi) мурун тосмонун алдынкы бөлүгүн көрсөтөт.

**«СТОЛБИК МОНЕТНЫЙ» (rouleau,** көпч. **rouleaux), «тыйын түркүкчө» –** кандагы цилиндр сымал структура, копчүлүк эритроциттерден пайда болгон.

**СТОМОДЕУМ (stomodeum), стомодеум –** эмбриондук ооз ойдуңчасы, ал өзү сырткы көрүнүшү менен эктодерма катмары менен капталган чуңкурчаны элестетет, кийинчерээк андан тиштер өрчүйт.

**«СТОПА КОГТИСТАЯ» (claw-foot, pes cavus), «курч тырмактуу бут кетмени»** – өзгөчө ийилген бут кетменинин деформациясы. Медициналык аталышы: Pes cavus.

**СТРИКТУРА (stricture), стриктура** – кызыл өңгөч, ичеги-карын, сийдик түтүкчөсү же уретра өңдүү кайсы бир түтүктүү түзүлүштүн тарып кетиши. Мисалы, уретралдык стриктура (urethral stricture) ал жаракаттын же сезгеничтин кесепетинен уретранын фиброздук ичкериши.

**СТРУП (eschar), струп** – кабык же өлгөн ткань, ал жылуулуктун таасири астында же тирүү тканга жегич заттын төшкөнүнөн пайда болот.

**СТРУП (scab), струп** – жара, жаракат, кесилип же тытылып калган жерлердин сакайуусунун жүрүшүндө келип чыгуучу уюган кан, илээшме суюктук же ириңден туруучу катуу кыртыш.

**СТУЛ (stool), стул** – (чоң заара кылуу) заң массасы.

**СТУЛЬЧИК ДЕТСКИЙ (birthing chair), балдар отургучу** – кичинекей балдарга атайын отурууга ыңгайлыштырылган отургуч. Отургуч электрондук башкаруучулук менен жабдылган жана керектүү абалга бат эле келет.

**СУБСТРАТ (substrate), субстрат** – белгилүү бир фермент таасир этүүчү өзгөчө зат. Мисалы, шилекей амилазасы үчүн крахмал өз кезегинде субстрат болуп саналат; РНК рибонуклеаза үчүн субстрат болуп саналат.

**СУПЕРФЕКУНДАЦИЯ (superfecundation), суперфекундация** – бир овуляциялык мезгил ичинде эки же андан көп аналык бездин ар кайсы эркек сперматозоиддери тарабынан уруктанышы (караңыз: Суперфетация).

**СУПИНАЦИЯ (supination), супинация** – каруунун чыканак муунда айлануусу, мында алакан өйдө жакка(алдыга) каралып калат. Салыштыруу үчүн: Пронация.

**СУПРЕССИЯ, ПОДАВЛЕНИЕ, УГНЕТЕНИЕ (suppression), супрессия, басуу (токтотуу), чөгөт болуу** – 1. Каалаган физиологиялык активдүүлүктү чектөө же толугу менен басаңдоо. 2. Дарылоо, анын жардамы менен оорунун баардык тышкы симптомдор алынат же алардын андан ары өрчүүсүн алдын алат. 3. Психологияда – коргоо механизми, анын жардамы менен адам акыл эси менен жагымсыз жана ага кереги жок ойлорду четке кагат.

**СФИНКТЕРОТОМИЯ (sphincterotomy), сфинктеротомия** – 1. Сфинктер булчуңун хирургиялык кесүү. Кошумча караңыз: Көтөн чучуктун жаракасы. 2. Көздүн карек айланасындагы челдин хирургиялык кесүүсү.

**СХЕМА ТЕЛА (body image, body schema), дененин схемасы** – адамды анын аяктарынын жана дененин бөлөк бөлүктөрү жөнүндө көрүнүш. Бул функцияны баш мээнин ассоциативдик зоналары аткарышат. Кошумча караңыз: Герстман синдрому.

**СЫВОРОТОЧНЫЙ (serous), сывороткалык** – 1. Кандын сывороткасына же анын курамын камтыганга тиешелүү. 2. Кандын сывороткасын элестетлестетүчү же кан сывороткасына окшош бөлүнүп чыгарылуучу суюктук.

## Т

**Т-ГРУППА (T-group), Т-тобу** – көйгөйлүү, ошондой эле өз ара мамилелерин ортого салып талкулоо жолу аркылуу баарлашуу маданиятын жана чеберчилигин арттыруу максатында чогула турган адамдар тобу. Мындай топтор айрым бир учурларда психиатриялык клиника кызматкерлерин окутуу процессинин жүрүшүндө пайда болушат (Улуу Британияда).

**ТАМПОН (pack), тампон** – канды сүрүп-тазалап алып салуу максатында кайсы бир көңдөй же каналды толтуруу үчүн пайдаланыла турган марли бөлүгү же пахта кездемеси. Вагиналдык тампондор менструация маалында аялдар тарабынан колдонулат.

**ТАМПОН (pledget), тампон** – кебездин же жаратты таңуучу материалдын чоң эмес кесими, ал жаракаттарды жабуу үчүн же кансыроону токтотуу үчүн колдогнулат.

**ТАМПОН (swab), тампон** – кебездин чоң эмес кесими, өзүнө нымдуулукту жакшы сиңирип алуучу кездеме, ал таякчага жаратты тазалоо үчүн, операциялык талааны жана түрлүү дененин көңдөйлөрү же жараттарга дарылык заттарды коюу үчүн колдонулат.

**ТАМПОН (tampon), тампон** – марлинин кесими, пахтадан кездеме же нымдуулукту жакшы сиңирүүчү башка кездемелер, алар кайсы бир көңдөйдү же каналды толтуруу үчүн, алардан канды же бөлүнгөндөрдү алып чыгуу үчүн колдонулат. Вагиналдык тампондор менструация маалында аялдар тарабынан колдонулат.

**ТЕИН (theine), теин** – чайдын учма активдүүлүгүн түзүүчү (караңыз: Кофеин).

**ТЕЛЕГОНИЯ (telegony), телегония** – бир эркек менен болгон жыныстык катнаш башка эркек менен болгон жыныстык катнаштын натыйжасында төрөлгөн балдарга таасир этет деген аныкталбаган теория.

**ТЕЛЕСНЫЙ, ФИЗИЧЕСКИЙ, ФИЗИКАЛЬНЫЙ (physical), денелик, физикалык, физикалдык** – (медицинада) аң сезимге караганда денеге көбүрөөк тиешеси бар. Физикальный симптом (physical sign) – бул симптом, аны доктур орулууну изилдөө процессинде аныктаса болот (мисалы, каректердин аномалдык жоонюошу же тизе рефлексинин жок болушу). Кошумча караңыз: Функционалдык бузулуш, Органикалык бузулуш.

**ТЕЛО (body), дене** – 1. Жаныбар организми. 2. Адамдын колу-буттарынан сырткаркы дене бөлүгү. 3. Кайсы бир оргaндын негизги же чоң бөлүгү. 4. Калың дискреттик ткандын топтолушу, мисалы, каротиддик дененин. Кошумча караңыз: Топтолуу.

**ТЕЛО АЦЕТОНОВОЕ (acetone body), ТЕЛО КЕТОНОВОЕ (ketone body), ацетон денеси, кетон денеси** – караңыз: Кетон.

**ТЕЛЬЦЕ ПОЛЯРНОЕ (polar body), полярдык денече** – мейоздун натыйжасынан овогенездин процессинде пайда болот, ал андан кийин жетилген, белгилүү функцияларды жумуртка клеткасынын функциясын аткара турган жумуртка клеткасына өрчүбөйт. Полярдык дене хромосомалардын гаплоиддик топтомун камтыйт.

**ТЕРАПИЯ, терапия** – оорулууну дарттан арылтууга ылайыкталган бардык чаралар, аракеттер. Медицинанын багыты, ал дарылоонун консервативдик дарылоо ыкмалары менен жана организмди сакайтууну (therapy) ар кандай дарылык заттарды колдонуу колдонгон ыкмалар.

**ТЕРАТОГЕН (teratogen), тератоген** – түйүлдүктүн аномалдуу өнүгүшүн жарата турчу зат же фактор. Белгилүү тератогендерге талидомид, алкогол, краснуха жана цитомегаловирус тарабынан пайда болуучу көрүнүштөр, ошондой эле рентген же иондолуучу нурлар менен нурдануулар кирет. Салыштыруу үчүн: Мутаген. – Тератогенндик (teratogenic).

**ТЕРАТОГЕНЕЗ (teratogenesis), тератогенез** – түйүлдүк өнүгүүсүндөгү аномалиялардын жаралуу механизми.

**ТЕСТ ФРИДМАНА (Friedman's test), Фридман тести** – эскирип калган тест, ал аялдарда кош бойлуулуктун бар болушун аныктайт, ал аялдын заарасынын жөндөмдүүлүгүнүн негизинде аныкталат.

**ТИМОЦИТ (thymocyte), тимоцит** – тимустун лимфоцити.

**ТИРЕОГЛОБУЛИН (thyroglobulin), тиреоглобулин** – калкан безинин белогу, ал тироциттер менен синтезделет, фоликулдун көңдөйүнө бөлүнүп чыгат жана ошол жерде иоддолот.

**ТРАКТ ТЕКТОСПИНАЛЬНЫЙ (tectospinal tract), тектоомурткалык тракт** – вентромедиалдык нерв жолдорунун бири, ал чатырдан жүлүнгө чейин өтөт жана баштын кыймылы менен дененин көз кыймылына чейин координациялайт.

**ТРАНСДУКЦИЯ (transduction), трансдукция** – бактериофаг (фаг) тарабынан кабылданган ДНК нын бир бактериядан экинчи бактерияга өткөрүлүшү. Бактериалдык ДНК бөлүгү фаг менен биригет. Бактерия ээси кыйрап жок болгон учурда фаг башка бактерияны инфекциялаштырат да, ага мурдагы бактерия ээсинин ДНК сын алып өтөт.

**ТРАНСФУЗИЯ ОБМЕННАЯ (exchange transfusion), алмашуучу трансфузия** – жаңы төрөлгөн балдардын гемолитикалык оорусун дарылоо ыкмасы.

**ТРИАДА (triad), триада** – кээ бир оорунун белгисинин үч түрү, үчүлтүк. Мисалы, боордун порталдык триадасы (portal triad) капка венанын үч бутагынан турат, боор артериясынан жана үлүш аралык өт каналынан турат.

**ТРИАДА УИППЛА (Whipple's triad), Уипплдин триадасы** – үч клиникалык симптомдордун айкалышы, алар адамда инсулиноманын өрчүшүн айгинелейт; аларга: 1) эсин жоготуу менен кошотолуучу приступтары; 2) оор гипокликемия; 3) приступтар оорулууга глюкозаны куйганда гана жоголуп кетет.

**ТРИПСИНОГЕН (trypsinogen), трипсиноген** – трипсин, профермен ферментинин активдүү эмес формасы. Ал негизинен лизинден жана аргининден турат. Караңыз: Трипсин.

**ТРИТИЙ (thrombokinase), тритий** – (өтө оор суутек), суутектин изотобунун бири, ядросунда бир протон жана эки нейтрон бар. Мурун ал жүрөк жана өпкө дарттарды диагностикалоо үчүн индикатор катары колдонулчу. Белгилениши: Т же 3Н.

**ТРОМБОКИНАЗА (thrombokinase), ТРОМБОПЛАСТИН (thromboplastin), тромбокиназа, тромбопластин** – кандын уюу процессинин алгачкы баскычында пайда болуучу зат. Ал активдүү эмес протромбин затынын активдүү тромбин ферментине айлануусун жөнгө салуучу фермент катары таасир этет.

**ТРОМБОЛИЗ (thrombolysis), тромболиз** – канга куюлган ферменттин (мисалы, стрептокиназанын) таасири алдында тромбдун эриши (кошумча караңыз: Плазминогендин ткандык активатору). Тромболиз флеботромбоз, өпкө эмболиясы жана коронардык тромбозду дарылоонун жүрүшүндө колдонулат.

**ТРОФОБЛАСТ (trophoblast), трофобласт** – түйүлдүк клеткаларынын тышкы катмары. Трофобласт аркылуу энеден түйүлдүккө азык заттар өтөт.

**ТРОФОЗОИТ (trophozoite), трофозоит** – мезориттен безгектик митенин (Plasmodium) эритроциттерде өтүүчү деңгээли. Трофозоиттин такай өсүүсү, кан клеткасынын бара-бара чоюлушуна алып келет; акырында анын ядронун жана цитоплазманын бөлүнүүсү, шизонттун пайда болушу менен өтөт, алар көп сандагы мерозиттерди камтыйт.

**ТУЛЯРЕМИЯ I (rabbit fever), туляремия I** – караңыз: Туляремия (tularaemia).

**ТУЛЯРЕМИЯ II (tularaemia, rabbit fever), туляремия II** – жапайы кемирүүчүлөрдөн жугуучу оору. Francisella tularensis түрүндөгү бактериялар менен туудурулат tularensis; адамга бугу чымындары (караңыз: Chrysops) аркылуу өтөт, ал орулуу жаныбар менен түздөн-түз мамиледе болгондо, жаракаттардын жана жаралардын жугуусу же жуккан ичүүчү суу аркылуу жугат.

## У

**УДАР СОЛНЕЧНЫЙ (sunstroke), мээге күн өтүү** – караңыз: Ысык өтүү.

**УДАР ТЕПЛОВОЙ (heat exhaustion), ысык өтүү** – жылуулуктун узак мезгилдер бою таасир этүүсүнөн улам организмден суюк заттар менен бирге туздардын ашыкча бөлүнүп чыгуусунан улам артериалдык басымдын төмөн түшүп кетүүсүнүн натыйжасында келип чыгуучу чарчаңкы абал жана коллапс.

**УЗЕЛ ПОДАГРИЧЕСКИЙ (tophus,** көпч. **tophi), подагра түйүнү** – сийдик кислотасы менен бирге туздардын тери, кемирчек (өзгөчө, кулак кемирчектеринде) жана муундарда чогулуп калышы; адамда подагра оорусунун бар экендигинен кабар берет.

**УЗЕЛ СИНУСНО-ПРЕДСЕРДНЫЙ (sinoatrial node, SA node), синустук-жүрөк алдындагы түйүн** – жүрөктүн пейсмейкери: жүрөк булчуңундагы спецификалык микроаймак, ал оң жүрөк алдындагы үстүнкү капталында жайгашкан.

**УЗЕЛОК БОУЧАРДА (Bouchard's node), Боучард түйүнчөгү** – кемирчек өсүшү, ал манжа фалангынын эпифиз аймагында пайда болгон фаланга аралык муунда остеоартритте. Көпчүлүк мезгилде Геберден түйүндөрү менен кошо кездешет.

**УЛЬТРААКУСТИКА (ultrasonics), ультраакустика** – өтө жогорку жыштыктагы үн толкундарынын өзгөчөлүгү жана аны колдонуу мүмкүнчүлүгүн изилдөөчү илим (караңыз: Ультраүн). – Ультраүндүү (ultrasonic).

**УЛЬТРАФИЛЬТРАЦИЯ (ultrafiltration), ультрафильтрация** – басым алдында фильтрлөө. Мисалы, бөйрөктөрдө сийдик чыгуучу канал жана башка зат алмашуу жолдорундагы ашыкча сууну айдап чыгуу үчүн кандын ультрафильтрациясы жүзөгө ашырылат.

**УПРАЖНЕНИЯ ИЗОТОНИЧЕСКИЕ, НАГРУЗКА ФИЗИЧЕСКАЯ ИЗОТОНИЧЕСКАЯ (isotonic exercises), изотоникалык көнүгүүлөр, изотоникалык физикалык машыгуу** – караңыз: Физикалык машыгуу.

**УРАТЕМИЯ (urataemia), уратемия** – канда урата натрийдин жана ураттын болушун мүнөздөөчү абал, алар заара кислотасынын негиздери менен реакциянын кесепетинен пайда болот. Подагра оорусунда байкалат.

**УРАХУС (urachus), урахус** – адепки түйүлдүктүн болочок сийдик өткөөлү. Ал төрөлгөндөн кийин бүтүп, киндикке биригип калат. – Сийдик чыгаруучу түтүккө тиешелүү (urachal).

**УРГИДРОЗ (uridrosis), ургидроз** – тер аркылуу мочевина затынын чыгышы. Мындай көрүнүш уремияда байкалат.

**УРОЛОГИЯ (urology), урология** – медициналык илимдин сийдик чыгаруучу органдагы жана жыныстык мүчөдөгү ооруларды окуучу бөлүгү. – Урологиялык (urological). – Уролог (urologist).

**УСКОРИТЕЛЬ ЛИНЕЙНЫЙ (linear accelerator, linac), сызыкча ылдамдаткыч** – жогорку чыңалуу энергия менен заряддалган бөлүкчөлөрдү алуу үчүн атайын жабдык; ал түрдүү жаңы пайда болгон шишиктерди нур терапиясы ыкмасынын жардамы менен дарылоого жардам берет.

**УЧЕТ ОПАСНЫХ ДЛЯ ЗДОРОВЬЯ ЧЕЛОВЕКА ВЕЩЕСТВ (COSHH, control of substances hazardous to health), адамдын ден соолугуна зыяндуу заттардын эсеби** – (эмгек гигиенасында) мыйзамченемдүүлүк жана андан чыгуучу абалдар, алар бир канча жоопкерчиликтердин тизмесин жана жумушчулардын жоопкерчилиги менен жумуш ордунда ден соолукка зыяндуу заттарды (hazardous substances) колдонуудагы жана ишканадагы администрациянын (мисалы, уулуу химиялык заттар, газ сымал заттар перация жасаган бөлмөлөрдө колдонуучу анестезия үчүн колдонулуучу газдар, офистерде ксерокстук көмүртектик чаңды) өзүнүн ден соолугуна жана аны курчап турган ишкерлерге зыян келтирбөө максатындагы мыйзамченемдүүлүктөрдү камтыйт.

## Ф

**ФАКТОР КОЛОНИЕСТИМУЛИРУЮЩИЙ (colony-stimulating factor (CSF)), колониестимуляциялаган фактор** – сөөк чучугу бөлүп чыгаруучу заттар тобунун өкүлү, алар кан клеткаларын түзүүнү стимулдаштырат.

**ФАКТОР ПРИЧИННЫЙ (causal agent), себеп фактору** – оору башталышын коштой турчу фактор. Себеп факторлоруна мисал катары бактерияларды, травмалык жаракат алууларды жана ден соолукка зыян жаратуучу факторлорду көрсөтүүгө болот.

**ФАКТОР РИСКА (risk factor), коркунуч фактору** – адамдын көндүм болгон адаты сынар мүнөздүү белги (мисалы, тамеки тартуу) же айлана-чөйрөдөгү зыяндуу заттардын таасири алдында кайсы бир оорунун күч алуусу.

**ФАКТОР РОСТА (growth factor), өсүү фактору** – белгилүү бир клеткалар тарабынан иштелип чыгып, клеткалардын көбөйүүсүн шарттай турчу полипептид. Айрым учурларда ал клеткалардын адаттан тышкары өсүүсүнө катышуусу мүмкүн (мисалы, коркунучтуу шишикте ал ашыкча көлөмдө иштелип чыгат) (мисалы, тромбоцитардык өсүш фактору (platelet-derived growth factor – PDGF).

**ФАКТОР РОСТА ТРОМБОЦИТАРНЫЙ (platelet-derived growth factor – PDGF), тромбоцитардык өсүү фактору** – караңыз: Өсүү фактору.

**ФАНТОМ УЧЕБНЫЙ (manikin), окуу фантому** – караңыз: Гомункул.

**ФАРМАЦЕВТ (pharmacist), фармацевт** – ар кыл каражаттарын даярдоо жана аларды сатып өткөрүү мене ниш алып бара турган атайын билимге ээ адис.

**ФАСЦИОЛОПСИДОЗ (fasciolopsiasis), фасциолопсидоз** – ичке ичегиден орун алган Fasciolopsis buski түрүндөгү трематоддор тарабынан пайда болот.

**ФАСЦИТ (fasciitis), фасцит** – фасциянын сезгениши. Ал бактериалдык инфекциянын кесепетинен же ревматикалык жабыркоодон келип чыгат: мисалы, Рейтер синдромунда же анкилозацияланууучу спондилитте.

**ФЕЛЬДШЕР, ПОМОЩНИК ВРАЧА (medical assistant), фельдшер, доктурдун жардамчысы** – атайын уюшулган медициналык мектепти бүткөн, орто билимдүү медициналык кызматкер; кээде доктурлардын жардамчыларын санитарлар (sanitarians) деп аташат.

**ФЕНИЛТИОКАРБАМИД (phenylthiocarbamide – PTC), фенилтиокарбамид** – ак кристаллдык зат, аны кээ бир адамдар (70 % га жакыны) ачуу деп эсептешет, ал эми башкалары - даамсыз дешет. Мына ошентип бул зат, тукум куучулук адамдардын полиморфтуулугун аныктоого жардам берет, ал бир рецептордук белоктордун жоктугу (же активдүү эместигин) аныктайт. Бул затка болгон организмдиин реакциясы бир ген менен аныкталат; даам тутуу жөндөмдүүлүк даам татыбастыкка караганда көбүрөөк болот.

**ФЕНОТИП (phenotype), фенотип** – организмдин жеке өсүүдөн келип чыккан бардык сапатынын жана белгисинин биримдиги. Өз кезегинде фенотип индивидуум генотиби менен курчап турган айлана-чөйрөнүн ортосундагы өз ара иш-аракеттердин натыйжасында келип чыгат.

**ФИБРИН (fibrin), фибрин** – эрибеген белок заты. Ал кан уюганда кандын суюктугундагы фибриногенден алынат.

**ФИБРОЗИТ (fibrositis), фиброзит** – фиброздуу бириктирүүчү ткандын, айрыкча далы булчуңдарынын берчке айланышы менен коштолуучу катуу сезгениши.

**ФИБРОПЛАЗИЯ (fibroplasia), фиброплазия** – жара айыгып жаткан учурда пайда болуучу бириктирүүчү ткань. Ретроленталдык фиброплазия (retrolental fibroplasia) көздүн чечекейинин астындагы тутумдаштыргыч ткандын аномалдык өсүп кетүүсү болуп саналат, ал сокурлукка алып келиши мүмкүн.

**ФИБРОПЛАЗИЯ РЕТРОЛЕНТАЛЬНАЯ (retrolental fibroplasia), ретроленталдык фиброплазия** – көздүн чечекейинин алдына бириктирүүчү ткандын өсүп чыгуусу; көздүн көрбөй калуусу менен коштолот. Караңыз: Фиброплазия.

**ФИБРОЭЛАСТОЗ (fibroelastosis), фиброэластоз** – бириктирүүчү ткандын эластикалык булаларынын өтө өсүп кетиши же өсүшүнүн бузулушу, негизинен эндокардиалдык фиброэластоз (endocardial fibroelastosis) – сол карынчадагы дубалчанын өтө өсүп кетиши же жооноюшу.

**ФИЗИОЛОГИЯ (physiology), физиология** – тирүү организм жана алардын айрым бир бөлүктөрүнүн аткарган кызматын окуй турган илим. – Физиологиялык (physiological).

**ФЛЮКТУАЦИЯ, КОЛЕБАНИЕ (fluctuation), флюктуация, термелүү** – доктурдун манжаларынын алдында кайсы бир дене бөлүгүнүн толкун сымал кыймылга келиши.

**ФОСГЕН (phosgene), фосген** – өтө уу касиеттүү, бууга бат айланууучу суюктук. Адамдарды массалык түрдө ууландыруу үчүн алгач ирет биринчи дүйнөлүк согушта биринчи жолу уу газ катары колдонушкан.

**ФОТОКОАГУЛЯЦИЯ (photocoagulation), фотокоагуляция** – жылуулуктун таасиринен ткандын бузулушу, ал бул тканды жарыктандыруучу булактан чыгат. Кээ бир көз ооруларында фотокоагуляция оору менен тор кабыгы жабыркаганда колдонулат. Адатта ал аргондук же диоддук лазер аркылуу жасалат.

**ФОТОМИКРОГРАФ (photomicrograph), фотомикрограф** – оптикалык же электрондук микроскоптун жардамы аркасында жүзөгө ашырылган кайсы бир объектинин чоңойтулган сүрөтү. Салыштыруу үчүн: Микрофотография.

**ФРЕНОЛОГИЯ (phrenology), френология** – баш сөөктүн сырткы түзүлүшүнүн негизинде адам мүнөзүн изилдей турган илим.

## Х

**ХИНА (cinchona), хина** – Cinchona дарагынын кургатылган кабыгы; ал медициналык практикада табитти жогорулатуу үчүн жана ошондой эле кан агууну токтотууда, ич өтүүдө колдонулат.

**ХЛОРИРОВАНИЕ ПИТЬЕВОЙ ВОДЫ (chlorination), ичүүчү сууну хлордоо** – ичүүгө колдоно турган сууну микробдордон арылтыш үчүн дезинфекциялап, ага хлорду белгилүү санда кошуу. Кошумча караңыз: Фторлоо.

**ХЛОРОФЕНОТАН (chlorophenothane), хлорофенотан** – караңыз: ДДТ.

**ХОНДРОДИСПЛАЗИЯ (chondrodysplasia), ХОНДРООСТЕОДИСТРОФИЯ (chondro-osteodystrophy), ХОНДРОДИСТРОФИЯ (chondrodystrophy), хондродисплазия, хондроостеодистрофия, хондродистрофия** – тукум куучулук дарт, ал кемирчек ткандагы өрчүүнүн бузулушу менен байланышкан (Морхио – Брайлсфорд (Morquio – Brailsford disease) дарты деп аталат)); тубаса мукополисахариддердин метаболизминин бузулушунун кесепетинде пайда болот.

**ХОНДРОДИСТРОФИЯ (chondrodystrophy), хондродистрофия** – кемирчектен пайда болуучу, сөөктөрдүн дартка чалдыгып оорушу. Караңыз: Хондродисплазия.

**ХОНДРООСТЕОДИСТРОФИЯ (chondro-osteodystrophy), хондроостеодистрофия** – караңыз: Хондродисплазия.

**ХОСПИС (hospice), хоспис** – өлүм алдында жаткан бейтап адамдарга камкордук көрүү үчүн атайын адистештирилген мекеме.

**ХРАП (snore), коңурук** – жумшак таңдайдын термелүүсүнүн негизинде уктап жаткан адамдын оозу аркылуу чыгуучу мүнөздүү үн.

**ХРОМАТОЛИЗ (chromatolysis), хроматолиз** – адатта белоктордон жаралуучу нервдик клеткаларда жолуга турган микроскопиялык түзүлүштөрдүн дезинтеграциясы. Бул түзүлүштөр клеткалардын травмага карата болгон белгилерин билдирет.

**ХРОМАТОФОР (chromatophore), хроматофор** – курамына пигмент кире турган клетка. Бул өңдүү меланин гранулдарына бай клеткалар адам терисинде, чачында, ошондой эле көздүн карек айланасындагы чели менен тор кабыгында кездешет.

**ХРУПКОСТЬ (fragilitas), морттук** – аномалдык морттук же сынмалык: мисалы, чачтардын (fragilitas crinium) же сөөктөрдүн (fragilitas ossium). Караңыз: Жетиле элек остеогенез.

## Ц

**ЦЕНТРОБЕЖНЫЙ (centrifugal), борбордон качма** – борбордон багыттоочу кыймыл, мисалы, баш мээден перифирияга чейин.

**ЦИНГА (scurvy), цинга** – С витамини (аскорбин кислотасы) жетишпегендиктен келип чыккан оору. Оорунун келип чыгуусуна рациондо жашылча, жер-жемиштердин жоктугу себеп болот.

**ЦИНГОТНЫЙ (scorbutic), цинготтук** – цинга оорусу менен жабыркаган.

**ЦИРКУМДУКЦИЯ (circumductiori), циркумдукция** – дене бөлүгүнүн же органдын айлануу кыймылы (мисалы, аяктардын, көз карегинин).

**ЦИСПЛАТИН (cisplatin), цисплатин** – күчтүү металдардын кошулмасы: цитотоксикалык дарылык препарат, ал клеткалардын бөлүнүүсүн аларда болуучу ДНК молекуласын талкалоо жолу менен токтотот.

## Ч

**ЧЕПЕЦ (galea), таңгыч** – башты танган таңгычтын түрү.

**ЧИХАНИЕ (sneeze), чүчкүрүү** – ооз жана мурун аркылуу абанын сыртты көздөй капысынан түртүлүп чыгуусу; чүчкүрүүнүн себеби болуп, мурун көңдөйүндөгү былжырлуу челдин кайсы бир таасирлерге каршы дүүлүгүүсү саналат.

**ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ ВКУСОВАЯ (gustation), табиттик сезгичтик** – табит же табиттик өздөштүрүү.

**ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ СКРИНИНГ-ТЕСТА (sensitivity), скрининг-тесттин сезгичтиги** – (профилактикалык медицинада) скрининг-тесттин жыйынтыгынын ишенимдүүлүгүнүн жыйынтыктарын аныктоо.

## Ш

**ШОК (shock), шок** – бир катар кооптуу дүүлүктүргүчтөргө карата адам организми тарабынан жасалуучу реакция. Кан айлануу, дем алуу жана зат алмашуудагы бир катар олуттуу оорулардын пайда болушу менен мүнөздөлөт. Мындай учурда артериалдык басым кескин төмөндөп, тери кубарып, муздак тер басат да пульс тездеп, ооз ичи кургап, карек-тер чоңоюп, сийдиктин бөлүнүп чыгышы кескин азаят.

**ШОК ТОКСИЧЕСКИЙ (toxic shock syndrome), токсикалык шок** – курч абалдагы шок, ал септицемия менен туудурулат. Көпчүлүк учурда анын өрчүүсүнүн себеби болуп, организмде кайсы-бир бөтөн нерсенин калышы (мисалы, тампон же жатын ичиндеги контрацептивдик жабдыктын), ал стафилококктук инфекция менен коштолот (кошумча караңыз: Стрептококктук токсикалык шок синдрому).

## Э

**ЭВАГИНАЦИЯ (evaginatiori), эвагинация** – кайсы-бир бөлүк же бүтүндөй органдын сыртты көздөй оркоюп чыгып калуусу.

**ЭВЕНТРАЦИЯ (eventration), эвентрация** – операция жасалган жерлерден, жараланган жерден ичтеги органдардын тышка чыгып калышы. 1. Ичегинин түшүп калышы, ал ич көңдөйүндө дефектиден келип чыгат. 2. Диафрагмада – диафрагма бөлүгүнүн аномалдык элевациясы, ал тубаса алсырагандык менен (бирок чуркунун пайда болуусунан эмес); рентгенологиялык изилдөөнүн убагында аныкталат.

**ЭВТАНАЗИЯ (euthanasia), эвтаназия** – азап чегүүсүн жеңилдетүү максатында айыкпас адамды атайылап каза таптыруу.

**ЭКЗОГЕННЫЙ (exogenous), экзогендүү** – денеге сырттан тийгизген таасир, башка жактан келген оору. Салыштыруу үчүн: Эндогенндик.

**ЭКЗОЦЕЛОМ (exocoelom), экзоцелом** – караңыз: Түйүлдүктөн тышкары целом.

**ЭКЗОЭРИТРОЦИТАРНЫЙ (exoerythrocytic), экзоэритроцитардык** – боор клеткаларындагы безгек (малярия) паразитинин жашоо циклиндеги баскычтарды сүрөттөп берүү үчүн колдонулат. Ар бир паразит (спорозоит) экинчи ирет бөлүнүү жолу аркылуу көптөгөн мерозоиттерден турган шизонтту жаратат.

**ЭККРИННЫЙ (eccrine), эккринндик** – 1. Тер бездерин сүрөттөөдө колдонулат. Салыштыруу үчүн: Апокринндик. 2. Караңыз: Мерокринндик.

**ЭКЛАБИУМ (eclabium), эклабиум** – эриндин коңторулушу.

**ЭКСКОРИАЦИЯ (excoriation), экскориация** – кыруу жана химиялык каражаттарды колдонуу жолу аркылуу теринин үстүнкү катмарын алып салуу.

**ЭКСКРЕЦИЯ (excretion), экскреция** – организмдеги ар кыл турмуш-тиричиликке байланышкан калдыктардын сыртка чыгарылышы (негизинен бөйрөк аркылуу). Ошондой эле экскреция өзүнө организмдеги көмүр кычкыл газынын, өпкөдөгү суу буусунун, ошондой эле ашыкча суу, туз өлчөмдөрү менен катар тер бездери аркылуу мочевина бөлүктөрүнүн сыртка чыгарылышын камтыйт.

**ЭКСПЛАНТАТ (explant), эксплантат** – 1. Дененин кайсы бир бөлүгүнөн алынып, ылайыгы келген башка бир жерге отургузуу үчүн жасалма чөйрөдө өстүрүлгөн тирүү ткан; диагностикалык же эксперименталдык максаттар үчүн пайдаланылуусу мүмкүн. 2. Силикондон жасалган жана көз чечекейинин сырткы бөлүгүнө тигилүүчү резина; көздүн тор кабыгынын бекемделишине шарт түзөт (караңыз: Көз торчосунун катмарлануусу, Плюмбаж). – Эксплантация (explanation).

**ЭКССУДАТ ВОСПАЛИТЕЛЬНЫЙ, ЛЕГКО ОРГАНИЗУЮЩИЙСЯ (plastic lymph), сезгеничтик экссудат, жеңил түзүлүүчү** – кан жана лимфа тамырларынын капталынан сезгенич убагында тунук сары түстөгү сызылып чыккан суюктук.

**ЭКСТРАКОРПОРАЛЬНЫЙ (extracorporeal), экстракорпоралдык** – адамдын денесинен сырткары жайгашкан же жаралган деген түшүнүктү туюндурат. Мисалы, экстракорпоралдык кан айлануу (extracorporeal circulation) – кандын адамдын денесинен сырткары жакта айлануусу (мисалы, «өпкө – жүрөк» аппаратында же жасалма бөйрөктөрдө (караңыз: Гемодиализ).

**ЭКТАЗИЯ (ectasia, ectasis), эктазия** – ичи көңдөй түтүк формасындагы органдардын чоңоюусу, чоюлуусу.

**ЭЛЕКТРОКОАГУЛЯЦИЯ (electrocoagulation), электрокоагуляция** – жогорку тездиктеги электр тогунун жардамы менен ткандарды коагуляциялоо, ал бир чекитте багытталат жана ошону менен бирге алып салынган ткандарды ысытат. Түрлүү операцияларды жасоодо кансыз ткандарды кесүүнү камсыздайт.

**ЭЛЕКТРОЛИТ (electrolyte), электролит** – туздардын эритмеси же кошулмасы, ал электролиз (анын жүрүшүндө ал ажырай баштайт) үчүн колдонуу үчүн жана элект тогун өткөрүү үчүн колдонулат. Электролитттердеги ток заряддалган бөлүкчөлөр менен – иондор менен, бирок электрондор менен эмес өткөрүлөт. Медицинада электролитти колдонуунун маанисинде адатта иондун өзүн колдонууну түшүндүрөт; мисалы, «кандын сары суусунда электролиттердин бар болуусу» (serum electrolyte level) деген термин адамдын циркуляцияланган канында кээ бир иондордун (натрийдин, калийдин, хлордун, бикарбонаттын ж.б.) болушун түшүндүрөт.

**ЭЛИМИНАЦИЯ (elimination), элиминация** – (физиологияда) тамак-аш аркылуу канга өткөн азыктардын бөйрөк тарабынан тазаланышы.

**ЭЛЛИПТОЦИТОЗ (elliptocytosis), эллиптоцитоз** – канда аномалдык өлчөмдө эллиптикалык эритроциттердин (elliptocytes) болушу.

**ЭЛЮТРИАЦИЯ (elutriation), элютриация** – майда порошокту чоң порошоктон бөлүү, ал аларды суу менен аралаштыруу жолу аркылуу жана сырткы катмарды филтирлөө, аларда майдараак бөлүкчөлөр болот. Эгер порошоктун таруусу оорураак болсо, алар идиштин түбүнө ошончолук батыраак чөгүшөт, ал жерде элютрация иштетилип чыгат.

**ЭОЗИН (eosin), эозин** – брома менен флюоресцеин ортосундагы реакциянын натыйжасында пайда болот урчу кычкыл жана кызыл түстөгү боёгуч зат; микроскоп менен изилдөө үчүн үлгү заттарды боёо үчүн колдонулат.

**ЭПИЛОЙЯ (epiloia), эпилойя** – караңыз: Туберoздук склероз.

**ЭПИМЕНОРРАГИЯ (epimenorrhagia), эпименоррагия** – этек кир учурунда кандык аномалдык көп агуусу (караңыз: Меноррагия).

**ЭПОНИХИЙ (eponychium), эпонихий** – караңыз: Тырмак.

**ЭРГОНОМИКА (ergonomics), эргономика** – адам факторун эске алуу менен машинелерди жана эмгек шарттарын долборлоону изилдөөчү илим.

**ЭРИТРЕМИЯ (erythraemia), ПОЛИЦИТЕМИЯ ИСТИННАЯ (polycythaemia vera), ПОЛИЦИТЕМИЯ КРАСНАЯ ИСТИННАЯ (polycythaemia rubra vera), БОЛЕЗНЬ ВАКЕЗА – ОСЛЕРА (Vaquez – Osler disease), эритремия, накта полицитемия, кызыл накта полицитемия, Вакез – Ослер оорусу** – кан пайда кылуу системасындагы кызыл кан денечелеринин (эритроциттердин) көбөйүп кетиши менен чектелген оору (кошумча караңыз: Полицитемия). Көп убакытта бир эле мезгилде лейкоциттердин жана тромбоциттердин санынын көбөйүшү байкалат. Оорунун симптомдору болуп баш оору, тромбоздор, цианоз, плетора жана теринин кычышуусу болот.

**ЭТИЛЕН (ethylene), этилен** – тез от ала турган күйүчү газ; айрым учурларда анестетик катары ингаляциялык иш-аракеттерде колдонулат.

**ЭТНОЛОГИЯ (ethnology), этнология** – ар кыл адам расасы менен вариациясын окуп үйрөнүүчү илим; топтор арасындагы маданий жана социалдык айырмачылыктар менен бирге жашоо өзгөчөлүгү менен байланыштуу келип чыккан көйгөйлөрдү (мисалы, медициналык же башка мүнөздөгү) окуп үйрөтүүчү антропология бөлүмү. – Этникалык (ethnic).

**ЭХОКИНЕЗ (echokinesis), эхокинез** – караңыз: Эхопраксия.

## Я

**ЯТРОГЕННЫЙ (iatrogenic), ятрогендүү** – термин дарылоонун натыйжасында келип чыгуучу абалды сүрөттөп берүү үчүн колдонулат. Мисалы, күтүлбөгөн же сөзсүз келип чыгуучу кошумча эффект.

# ОБЩИЙ СЛОВАРЬ



# А

**АБЕРРАНТНЫЙ (aberrant), аберанттуу** – норма же стандарттык чийимден сырткары жайгашуу. Термин кан же нерв тамырларынын өз ордунда жайгашпай калуусун түшүндүрөт.

**АГРАНУЛОЦИТОЗ (agranulocytosis), агранулоцитоз** – кээ бир дарылык каражаттардын каршы таасиринен баш сөөгүнүн химиялык жабыркануусу, ал канда нейтрофилдик гранулоциттердин кыйла азайышынын кесепетинен келип чыгат.

**АЛЬВЕУС (alveus), альвеус** – көңдөй, чуңкурча же канал. Гиппокамп каналы (alveus hippocampi) нерв булаларынын түйүндөрүн элестетет, алар баш мээде жана аларды түзүүчү чуңкурчада орун алышат, анда гиппокамп орун алган.

**АЛЬГИДНЫЙ (algid), альгидүү** – муздак: адатта, безгек оорусунун айрым формаларында кездеше турган теринин муздашын мүнөздөп берүү үчүн колдонулат.

**АЛЮМИНИЯ ГИДРОКСИД (aluminium hydroxide), алюминийдин гидроксиди** – жай таасир берүүчү кооптуу эмес антациддик жана ич өткөрүүчү каражат. Тамак сиңирүүдөгү, ашказан жарасында жана эн эки эли ичегинин, ар кандай бузулууларын дарылоо процессинде ошондой эле эзофагиттин рефлюксунда да колдонулат.

**АМАЛЬГАМА (amalgam), амальгама** – металл менен сымаптын кошундусу; тиш доктурлар курт жеген тиштин чуңкурун толтуруу үчүн колдонушат.

**АМПЕР (ampere), ампер** – СИ системасындагы негизги бирдик, электр тогунун күчүн аныктайт. Белгилениши: А.

**АМПУТАЦИЯ НОГИ С ОБШИРНОЙ РЕЗЕКЦИЕЙ ТАЗОВОГО ПОЯСА (hindquarter amputation), жамбаш курчоосунун кенен резекциясы менен буттун ампутациясы** – операция, ал жамбаш бөлүгүн камтуучу буттун баардыгын кесип салууну камтыйт. Адатта жумшак ткандардын саркомасында бул операция жасалат. Салыштыруу үчүн: Ийин курчоосунун кенен резекциясы менен ийиндин ампутациясы.

**АНАЛОГИЧНЫЙ (analogous), окшош** – түрдүү органдардын жана дене бөлүктөрүн сүрөттөөдө колдонулат, алар түрдүү организмдерде окшош функцияларды аткарышат, ага карабастан эволюциялык өнүгүүнүн көз карашында алар бир тектүү болуп каралышпайт. Салыштыруу үчүн: Гомологиялык.

**АНГИОМА (angioma), ангиома** – жаңыдан өсүп келе жаткан лимфа же кан тамырлардан пайда болгон коркунуч туудурбаган шишик. Улгайгандык ангиома (cherry angiomas (же Campbell de Morgan spots)) улгайган адамдардын денесинде чоң эмес кызыл темгилдердин пайда болушу. Кошумча караңыз: Гемангиома, Лимфангиома.

**АНГИОМА СТАРЧЕСКАЯ (Campbell de Morgan spots), улгайгандык ангиома** – караңыз: Ангиома.

**АНГИОМА СТАРЧЕСКАЯ (cherry angioma), улгайгандык ангиома** – караңыз: Ангиома.

**АНИОН (anion), анион** – терс заряддалган ион, мисалы, карбонаттын иону (HCO3) же хлориддин (Cl-) (кошумча караңыз: Электролит).

**АПТЕКА (dispensary), аптека** – дары-дармектер доктурдун көрсөтмөсү боюнча фармацевттер тарабынан даярдалган соң оорулууларга таратылып берилүү үчүн арналган жай.

**АПТЕКА (pharmacy), аптека** – дары каражаттарын сатууга багытталган имарат.

**АРАХНЕЙДИЗМ, АРАХНИДИЗМ (arachnidism), арахнейдизм, арахнидизм** – жөргөмүштүн чагып алуусунан улам келип чыккан ууланyу.

**АСИМБОЛИЯ (asymbolia), асимболия** – караңыз: Алексия.

**АСИМПТОМАТИЧЕСКИЙ (asymptomatic), асимптоматикалык** – дарттын эч кандай симптому жок же оорунун жоктугу дегенди билдирет.

**АСИНЕРГИЯ (asynergia), асинергия** – караңыз: Диссинергия.

**АСКЕТИЧНЫЙ (avoidant), аскетикалык** – бул термин коркок, сын айтканда өтө сезгичтүү, башка дамдар мени кошпой коюшат деген корккондук менен айырмаланган адамдардын тибин сүрөттөөдө колдонулат.

## Б

**БАЛЛОН (balloon), баллон** – жалпак эмес пластик цилиндири (ар кандай көлөмдө болушат), аны ичке трубкага киргизишет жана кан тамырлардын ичкерип кеткен аймактарын кеңейтүү үчүн колдонулат (караңыз: Коронардык ангиопластика) же тамак сиңирүүчү тракта (стриктура) да колдонулат.

**БЕТАТРОН (betatron), бетатрон** – нурлануунун агымында электрондордун цикликалык тездеткичи (бета-бөлүкчөлөрдүн (beta particles)), нурлануу терапиясында кеңири колдонулат.

**БЕЧЕВА (tow), бекем жип** – зыгырдын, кендирдин же жуттун кыска түктүү булалары, алар ар кандай катмарларды тазалоодо щетка катары колдонулат.

**БОЛЕЗНЬ ВОЗДУШНАЯ (air sickness), аба оорусу** – термелүү оорусу – мындай симптомдордун баары жүрөк айлануу, кусуу, баш оору менен коштолот, бул деңиз аркылуу саякат жасоодо, самолет менен учкан мезгилде же машинеде көп убакытта жүрүүдө пайда болот. Караңыз: Термелүү.

**БОЛЕЗНЬ ВЫСОТНАЯ (altitude sickness), БОЛЕЗНЬ ГОРНАЯ (mountain sickness), бийиктик оорусу, тоо оорусу** – адам организминин биринчи жолу бийиктикте болгондо өрчүйт. Төмөн атмосфералык басым жана абада кычкылтектин аз санда болушу адамда дем алуусунун тездигин туудурат (гипервентиляциянын), мындай учурда канда көмүр кычкыл газынын болушу азайгандыктан болот (караңыз: Алкалоз). Ушундай учурда тоодон тезирээк түшүш керек.

**БОЛЕЗНЬ МИНАМАТЫ (Minamata disease), Минамата оорусу** – сымап менен уулануунун бир түрү. Метил сымабы менен ууланган балыкты тамак катары колдонуунун натыйжасында келип чыгат. Оору буттардын сенейиши, сүйлөө жана угуу жөндөмүнүн жоголушу менен коштолот.

**БУЖ (bougie), буж** – туюк же бүтүн цилиндрден өзөк, адатта иймек болот, ал түтүктүү органга киргизилет (мисалы, кызыл өңгөчкө,түз ичегиге жана уретрага). Буждар диагностикалык максаттарда да колдонулат, ошондой эле дарылоо процессинде, өзгөчө кыйла стриктураларда (мисалы, уретранын).

## В

**ВАТТ (watt), ватт** – СИ системасындагы кубаттулуктун бирдиги, ал 1 Дж/сек барабар. Белгилениши: Вт.

**ВЕБЕР (weber), вебер** – Си системасындагы магниттик агымдын бирдиги. Белгилениши: Вб.

**ВЕГЕТАЦИЯ (vegetation), вегетация** – (патологияда) былжырлуу катмардагы, теридеги өзүнчө өсүп чыккан эт.

**ВЕГЕТИРУЮЩИЙ, ВЕГЕТАЦИОННЫЙ (vegetative), вегетацияланган** – 1. Өсүүгө жана тамак ашка тиешелүү. 2. Аң сезимсиз функцияланышы; автономдук.

**ВЕНЕЦ (corona), таажы** – таажыны же коронаны элестетүүчү структура (мисалы, таажылык тигиш (corona capitis)).

**ВЕНЕЦ ЛУЧИСТЫЙ (corona radiata), нурдуу таажы** – 1. Радиалдык булалардын жыйындысы, мээнин ички капсуласынын бөлүгү болуп саналат. 2. Фолликулярдык клеткалардын катмары, азыр эле овуляцияланган жумуртка клеткасын курчап турат.

**ВЕНТИЛЯТОР, АППАРАТ ДЫХАТЕЛЬНЫЙ, АППАРАТ ИСКУССТВЕННОЙ ВЕНТИЛЯЦИИ ЛЕГКИХ (ventilator), желдеткич, дем алдыруучу аппарат, өпкөнү жасалма түрдө желдетүүчү аппарат** – 1. Абаны желдетүүчү аспап. 2. Дем алуу функциясы бузулган орулуулар үчүн өпкөнү жасалма түрдө желдетүүчү кол же механикалык аппарат. Кошумча караңыз: Респиратор.

**ВЕНТИЛЯЦИЯ ЛЕГКИХ, ДЫХАНИЕ (ventilation), өпкөнүн желдетүүсү, дем алуу** – дем алуучу жолдорго абанын киргизүү процесси жана андан аны кайра чыгаруу. Дем алуучу жолдор аркылуу өтүүчү аба газ алмашуу процессинде катышпайт, ошондуктан бул аймак эч нерсе болбогон боштук (dead space ventilation) деп аталат; бул боштук трахеостомиянын жардамы менен кыскартылышы мүмкүн.

**ВЕЩЕСТВО, ЗАГРЯЗНЯЮЩЕЕ ОКРУЖАЮЩУЮ СРЕДУ (nuisance), сырткы чөйрөнү булгоочу зат** – адам өмүрүнө коркунуч келтирген жана тышкы чөйрөгө зыян келтирүүчү баардык эле зыян заттар. Аларга өнөр жай калдыктары жана турмуш тиричилик калдыктар кирет.

## Г

**ГАЗ ВЕСЕЛЯЩИЙ (laughing gas), кубантуучу газ** – караңыз: Азоттун кычкылы.

**ГАЗ НЕРВНЫЙ (nerve gas), нерв газы** – нерв жана алар тарабынан иш-аракетке келүүчү булчуң функцияларын жабырката турган газ. Нерв газдарын эки топко бөлүүгө болот: G-каражаттары (G agents) жана V-каражаттары (V agents). Алардын ичинен экинчиси коркунуч жараткан иретте караганда 300 эсе жогору: аны бир ирет жыттоо, дем алуу органдардын иштебей калуусуна жана адам өлүмүнө алып келет. V-каражаттары тери аркылуу да таасир этет.

**ГАЗ РУДНИЧНЫЙ (damp), кен газы** – тоо ишинде кездешүүчү газ, абадан тышкары жердин астында кездешет. Караңыз: Муунтуучу көмүр кычкыл газ, Күркүрөк газ.

**ГАЗ РУДНИЧНЫЙ (firedamp), кен газы** – (тоо ишинде) жардыруучу газдардын кошулмасы, курамына адатта чоң концентрацияда метан кирет (кээде жер астында шахталарда пайда болот). Муунтуучу көмүр кычкыз газынан айырмаланат, ал күйүүчү болуп саналат.

**ГАЗ «СИ-ЭС» (CS gas), «Си-Эс» газы** – бат таасирлүү ууланoccуучу газ, аскер кыймылында, демонстрацияларды таркатууда колдонулат. Жабыркануучу көз ачышуу, көкүрөктө мууну, кусуу, дем алуусунда кыйынчылк туудурган сезимдер жана жаш агуу пайда болот.

**ГАЗ СЛЕЗОТОЧИВЫЙ (tear gas), жаш актыруучу газ** – аскер кыймылында жана полицияда колдонулуучу газ. Көпчүлүк түрлөрү көздө ачыштыруучу ooруну жана көздөн катуу жаш агууну туудурат (кошумча караңыз: Газ «Си-Эс»).

**ГАЗ УГЛЕКИСЛЫЙ УДУШЛИВЫЙ (blackdamp, chokedamp), көмүр кислоталуу муунтуучу газ** – тоо иштеринде колдонулган ууланучу газ. Курамына углероддун диоксиди, мооксиди жана башка муунтуучу заттар кирет. Кен казуучу ишмердүүлүктө кезигет (салыштыруу үчүн: Кен газы).

**ГЕМАТУРИЯ (haematuria), гематурия** – сийдикте кандын пайда болушу. Бул кан бөйрөктөрдөн, бир же эки сийдик чыгаруучу түтүктөрдөн же жаракаттын кесепетинен жана ар кандай дарттардын себебинен чыгышы мүмкүн.

**ГЕМОСАЛЬПИНКС (haemosalpinx), гемосальпинкс** – караңыз: Гематосальпинкс.

**ГЕМОСИДЕРИН (haemosiderin), гемосидерин** – пигмент, гемосидеринге гемоглобиндин кыйрашында жаралат, темирди жана билирубинди камтыйт. Гемосидерин көк боордун, боордун жана сөөк чучугунун макрофагындарында болот, организмде темирди сактоочу формалардын бири болуп саналат.

**ГЕМОСИДЕРОЗ (haemosiderosis), гемосидероз** – боорго жана башка органдарга, ткандарга тутумунда гемоглобиндин темир бар заттардын чогулушу. Салыштыруу үчүн: Гемохроматоз.

**ГЕМОСТАЗ (haemostasis), гемостаз** – кан агууну токтотуучу чаралар.

**ГЕМОТОРАКС (haemothorax), гемоторакс** – көкүрөктүн көңдөйүнө кан толуу. Бул көбүнчө көкүрөк жараланганда байкалат.

**ГЕМОФИЛИЯ (haemophilia), гемофилия** – тукум куучулук дарт, кан уюу процесси начарланганда мурундан, териден же бир жерден кан агуу. Бул кандын уюу дефектиси менен байланышкан: VIII факторунун (гемофилдик факторго каршы) же IX фактору (Кристмас факторуна). – Гемофиликалык (haemophiliac).

**ГЕМОФТАЛЬМИЯ (haemophthalmia), гемофтальмия** – көздүн айнекче денечесине кандын уюшу.

**ГЕРПЕС ГЕНИТАЛЬНЫЙ (genital herpes), гениталдык герпес** – караңыз: Герпес.

**ГИПЕРАКУЗИЯ (hyperacusis), гиперакузия** – акырын чыккан дабышты күчөтүп угуу. Аномалдуу түрдө курч угуу же угулуучу үндөргө оорулуу сезгичтик.

**ГИПЕРАЛГЕЗИЯ (hyperalgesia), гипералгезия** – организмдин оору стимулдарына карата болгон өзгөчө сезимталдыгы.

**ГИПЕРАНДРОГЕНИЗМ (hyperandrogenism), гиперандрогенизм** – аялдарда андроген секрециясынын ашыкча болушу. Адатта ал ысыктардын пайда болушу жана менструалдык циклдин бузулушу менен коштолот. Кошумча караңыз: Вирилизация.

**ГИПЕРБАРИЧЕСКИЙ (hyperbaric), гипербарикалык** – атмосфералык басымдан жогору болгондук.

**ГИПЕРВЕНТИЛЯЦИЯ (hyperventilation), гипервентиляция** – дем алуу күчөп, бир минутадагы дем алуунун санынын көбөйүшү, ал организмде кычкылтектин керектигин ашырат. Гипервентиляцияны симптом катары жана дайвингдеги (көзөмөлдөөчү жана көзөмөлсүз) гиперветниляцияны айырмалашат.

**ГИПЕРВИТАМИНОЗ (hypervitaminosis), гипервитаминоз** – организмде витаминдин нормадан жогору болушу, көптүгү.

**ГИПЕРВОЛЕМИЯ (hypervolaemia), гиперволемия** – организдеги циркуляцияланган кандын көлөмүнүн аномалдык көбөйүшү.

**ГЛОМАНГИОМА (glomangioma), ОПУХОЛЬ ГЛОМУСА (glomus tumour), гломангиома, Гломустун шишиги** – караңыз: Гломус.

## Ж

**ЖИРОВОСК (adipocere), маймом** – мом сыяктуу май заты. Адам өлгөн соң организм ткандары айрым учурларда мына ушул мүнөзгө өтүп кетүүсү ыктымал. Бул көрүнүш сөөктү нымдуу жерге көмгөндө же сөөк жаткан жайды суу каптап кеткен учурларда кездешет. Маймом жансыз дененин чирип, бузулуусуна жол бербейт жана мумиялаштыруу ыкмасы жок эле сакталуусуна шарт түзөт.

## З

**ЗУД (itch), кычышуу** – дискомфорт туудуруучу кычышуу, адамды жараланган жерди тырмоого дуушар кылат. Мындай кычыштыруу тери оорулардын негизги симптому болуп саналат. Караңыз: Кычышуу II.

## И

**ИЗОНИАЗИД (isoniazid), ГИДРАЗИД ИЗОНИКОТИНОВОЙ КИСЛОТЫ (isonicotinic acid hydrazide, INH), изониазид, изоникотин кислотасынын гидразиди** – дарылык зат; кургак учукту дарылоодо колдонулат.

**ИНТЕРКИНЕЗ (interkinesis), интеркинез** – 1. Мейоз учурунда клетканын эки ажырым ортосундагы кыймылсыздык абалы. 2. Караңыз: Интерфаза.

**ИНТЕРСЕКС (intersex), интерсекс** – эркектик жана аялдык жыныс мүчөсү бар адам. Караңыз: Гермафродит, Псевдогермафродитизм. – Интерсексуалдуулук (intersexuality).

## К

**КЛОМИФЕН (clomiphene), кломифен** – синтетикалык стероидсиз препарат (караңыз: Эстрогенге каршы), аялдардын менструациясын стимулдаштырат.

**КОЛЕНО ВАЛЬГУСНОЕ (genu valgum), вальгустук тизе** – буттардын аномалдык ичине кыйшайып кетүүсү, ал адамдын таманы бири биринен алыс турат, ал эми тизелери бири бири менен тийишип турат. Караңыз: Вальгустук тизе II.

**КОЛЕНО ВАЛЬГУСНОЕ (knock-knee), вальгустук тизе** – буттардын аномалдуу түрдө ичине карай буралып калуусу, ал бут кетменинде жылчыктын пайда болушуна алып келет жана буттардын тизе жак аймакта биригүүсүнө алып келет. Мындай бузулуш остеотомиянын жардамы менен оңдолушу мүмкүн. Медициналык аталышы: Вальгустук тизе (genu valgum).

**КОНИЗАЦИЯ (conization), конизация** – ткандын хирургиялык жол менен алып салуу, сыртынан ал конусту элестетет. Бул операция жатындын моюнундагы аймакты кесүү үчүн жасалат (караңыз: Конизация (жатындын моюунун)).

**КОНИЗАЦИЯ (ШЕЙКИ МАТКИ) (cone biopsy), конизация (жатындын моюунун)** – жатындын моюунунан конус сымал ткандын сегментин хирургиялык жол менен алып салуу, ал кольпоскоптун жардамы менен аткарылат.

**КОРТИЗОЛ (cortisol), кортизол** – караңыз: Гидрокортизон.

**КОСТЬ (bone), сөөк** – орган, бириктирүүчү ткандын түрү менен пайда болгон – сөөк тканы менен. Сөөк скелетти түзөт. Сөөктөр: түтүктүү (узун жана кыска), губкалык, жалпак, аралашкан жана аба алып жүрүүчү болуп бөлүнүшөт. Сөөктөр дененин скелетин гана түзбөстөн, минералдык алмашууда да катышат, кальцийдин, фосфордун жана башка заттардын депосу болуп саналышат, витаминдерди камтышат; сөөк мээлик көңдөйчөлөрдө сөөк чучугу болот.

**КОСТЬ БОЛЬШЕБЕРЦОВАЯ (tibia), чоң балтыр сөөгү** – чоң сөөк, ал балтырдын медиалдык шынаа сымал сөөгүндө орун алган. Анын үстүнкү эпифизи сан сөөгү менен ашташат да тизе муунун пайда кылат, астынкы – бакай сөөк менен ашташат.

**КОСТЬ ВИСОЧНАЯ (squamous bone), чыкый сөөгү** – караңыз: Чыкый сөөгү (temporal bone).

**КОСТЬ ВИСОЧНАЯ (temporal bone), чыкый сөөгү** – баш сөөктүн жуп сөөгү. Анын кабырчык бөлүгү баш сөөктүн каптал бөлүгүн түзөт. Кошумча караңыз: Баш сөөк.

## Л

**ЛЕЙЦИН (leucine), лейцин** – негизги аминокислота. Кошумча караңыз: Аминокислота.

**ЛЕЙШМАНИОЗ (leishmaniasis), лейшманиоз** – адамдардын жана айбандардын жугуштуу оорусу. Анын митеси клетканын ичинде жашайт. Ал учуп жүргөн эң майда чымындар аркылуу таркатылат. Бул дарт тропикалык жана субтропикалык өлкөлөрдө тараған; Leishmania түрүндөгү мите жөнөкөйлөр менен туудурулушат; алар адамга чөл чиркейлердин чагышынан жугушат. Дарттын эки негизги формасы бар: висцералдык лейшманиоз (visceral leishmaniasis), мында ар кандай ички органдардын клеткалары жабыркашат

(караңыз: Кала-азар), жана терилик лейшманиоз (cutaneous leishmaniasis), мында тери жана тери астындагы ткандар жабыркашат.

**ЛЕЙШМАНИОЗ КОЖНЫЙ (oriental sore), ФУРУНКУЛ БАГДАДСКИЙ (Baghdad boil), ФУРУНКУЛ ДЕЛИЙСКИЙ (Delhi boil), ФУРУНКУЛ АЛЛЕПСКИЙ (Aleppo boil), терилик лейшманиоз, Багдаддык фурункул, Делилик фурункул, Алеппалык фурункул** – тери дарты, ал Африканын жана Азиянын тропикалык жана субтропикалык аймактарында таралган; Leishmania tropica түрүндөгү мителик жөнөкөйлөр менен туудурулушат (караңыз: Лейшманиоз).

**ЛЕКАРСТВА, ОТПУСКАЕМЫЕ БЕЗ РЕЦЕПТА ВРАЧА (over-the-counter (OTC drug), доктурдун рецепти жок берилүүчү дарылар** – дарылык заттар, аларды дарыкадан доктурдун ретцеби жок эле сатып алса болот.

**ЛЕКАРСТВЕННЫЙ (medicated), дарылык** – өзүнүн курамында дарылык заттарды камтыган: бул термин лосьондорго, самынга, жана соруучу дарыларга карата колдонулат.

## М

**МАЛЯРИЯ (malaria, marsh fever, periodic fever, paludism), АГЬЮ (ague), малярия, агью** – инфекционндук дарт, ал Plasmodium (P. falciparum, P. malariae, P. ovale же P. vivax) тукумундагы жөнөкөйлөр адамдын канындагы эритроциттерге жукканда өрчүйт. Дарт Anopheles тукумундагы чиркейлерден жугат, көпчүлүк учурда тропикалык жана субтропикалык климаты бар өлкөлөрдө кездешет.

**МАЛЯРИЯ НЕПРЕРЫВНАЯ, МАЛЯРИЯ С ЕЖЕДНЕВНЫМИ ПРИСТУПАМИ (quotidian fever), үзгүлтүксүз малярия, күнүмкү приступтары менен малярия** – оор инфекциялык оору, адамдын канындагы эритроциттерге мителердин өтүшү. Оору чиркейлерден өтүп кетет. Караңыз: Малярия.

**МЕМБРАНА С ПИШУЩИМ УСТРОЙСТВОМ РЕГИСТРИРУЮЩЕГО ПРИБОРА (tambour), аспаты катточу жазуучу жабдыгы менен мембрана** – жазуу үчүн барабан, ал цилиндрдин бир жерине бекитилген, эластикалык мембранадан турат. Бул жабдык атмосфералык басымдын өзгөрүүлөрүн катточу ар кандай аспаптарда колдонулат.

## Н

**НЕЙРОН РЕЦЕПТОРНЫЙ (receptor), рецептордук нейрон** – тышкы жана ички чөйрөдөгү дүйлүгүүнү кабыл алуучу нейрон жана нервдик импульстарга өзгөрүлүп бул импульстар мээгэ өтүшөт. Караңыз: Экстерорецептор, Интероцептор, Механорецептор, Проприоцептор.

**НЕЭНДЕМИЧНЫЙ (ecdemic), эндемикалык эмес** – чет өлкөлүк туристтер же эмигранттар алып келген экзотикалык ооруларды сүрөттөөдө колдонулган термин. Салыштыруу үчүн: Эндемикалык.

## О

**ОБЛЕГЧЕНИЕ (lightening), женилдөө** – курсактагы түйүлдүк кичи жамбаш сөөгүн көздөй жылган учурда боор этке болгон басым азайып, дем алуу кыйла жакшырганына байланыштуу аял киши башынан өткөрө турган жеңилдөө сезими. Салыштыруу үчүн: Бүгүү.

**ОБМАН ОПТИЧЕСКИЙ (optical illusions), оптикалык жаңылыш** – бул бир нерсенин бар болгондой сезүү, бирок чындыгында жок болгон жана паталогиялык болуп саналбайт.

**ОБОЛОЧКА, КАПСУЛА (theca), кабык, капсула** – кандайдыр-бир органды курчап турган кабык. Мисалы, тукум безинин фоликуллунун дубалы (theca folliculi) ал грааф ыйлаакчасынын сырткы катмарын элестетет.

**ОЛИГОДИПСИЯ (oligodipsia), олигодипсия** – чаңкоо сезиминин азайышы же таптакыр жоголушу.

**ОМ (ohm), ом** – СИ системасындагы электр каршылыгынын бирдиги Белгилениши: Ом.

**ОНКОГЕННЫЙ (oncogenic), онкогендуу** – организмдеги шишиктин келип чыгуусуна себепкер болчу зат, организм же айлана чөйрө факторлорун сүрөттөп берүү үчүн колдонулуучу термин. Ошентип онкогенндик болуп кээ бир вирустар болушат; аларга: паповавирустар, ретровирустар, аденовирустардын кээ бир түрлөрү, герпестин вирустары жана Эпштейн – Барр вирусу. Кошумча караңыз: Карциноген.

**ОПЛОДОТВОРЕНИЕ КЛЕТКАМИ ДОНОРА (donor insemination), донордун клеткалары менен уруктандыруу** – караңыз: Жасалма уруктандыруу.

**ОПЛОДОТВОРЕНИЕ СУБЗОНАЛЬНОЕ (subzonal insemination, Suzi), субзоналдык уруктандыруу** – бул аялдардын тукумсуздугунан улам жасалма түрдө уруктандыруу ыкмасы.

**ОПОРА (sustentaculum), таяныч** – өз кезегинде башка бир түзүлүштү кармап турган анатомиялык структура. – Таянуучу (sustentacular).

**ОППОЗИЦИЯ (opposition), оппозиция** – (анатомияда) чоң манжанын башка манжаларга карата карама - каршылыгы.

**ОПРЕДЕЛЕНИЕ ЛЕЙКОЦИТАРНОЙ ФОРМУЛЫ (differential leucocyte count), АНАЛИЗ КРОВИ ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНЫЙ (differential blood count), лейкоцитадык формуланы аныктоо, дифференциалдык кандын анализи** – ар түрдүү лейкоциттердин катышын аныктоо. Берилген маалымат дарттын диагнозун коюуда жеңилдик көрсөтөт.

**ОПРЕЛОСТЬ (intertrigo), теринин бышуусу** – теридеги май бездери чыгарган суюктуктан, тийишип турган теринин эки бети эзилип, жагымсыз жыт пайда болуу, көпчүлүк мезгилде алар кайсы бир инфекция менен татаалданышат, өзгөчө Candida грибоктор менен туудурулган. Бул жаш балдардын такымында өтө көп байкалат.

**ОПРЕЛОСТЬ (napkin rash, nappy rash), теринин бышуусу** – ымыркайдын терисинде кызыл темгилдердин жалаяктардан пайда болгон ысыктар сыяктуу пайда болушу, ал химиялык дүүлүктүргүч менен байланыштуу болот (аммонидик дерматит) же Кандида (Candida) грибогу менен туудурулган инфекция. Ысыктардын пайда болушунун башка себептери болуп экзема жана псориаз болуп эсептелет.

**ОПСОНИЗАЦИЯ (opsonization), опсонизация** – опсониндердин бактериялар менен мамилешүү процесси. Опсониндер бактериялардын физикалык жана химиялык структураны өзгөртүшөт жана тышкы дубалдарына жармашат.

**ОПУХОЛЬ ГРАВИЦА (Grawitz tumour), ГИПЕРНЕФРОМА (hypernephroma), КАРЦИНОМА ПОЧЕЧНО-КЛЕТОЧНАЯ (renal cell carcinoma), Гравиц шишиги, гипернефрома, бөйрөктүк-клеткалык карцинома** – бөйрөктүн эң майда тамырларынын эпителий клеткаларынан өсүп чыккан коркунучтуу шишик. Бул рак 40–50 жаштагы адамдарда учурап, көп учурларда адамдын капшытынын ооруусу байкалат. Кээде ал өтө катуу ооруп эстен тануула алып келет, да сийдикте кан пайда болот.

**ОРГАН ЧУВСТВ, АНАЛИЗАТОР (sense organ), сезүү органдары, анализатор** – анатомиялык структуралардын комплекси, ал тышкы жана ички чөйрөдөгү ар кандай сигналдарын анализдейт жана кабыл алат. Сезүү органдардын жардамы менен адам жарыкты (бул функцияны көрүү органдар аткарат), үндү жана мейкиндикте дененин түзүлүшүн (бул функцияны угуу жана тең салмактуулук аткарат), жылуулукту, ооругну жана тийүүнү (тери), жыт (жыт таануу органы) жана тамактын даамын (даам органы) кабыл алат.

**ОРТОХРОМАТИЧЕСКИЙ (orthochromatic), ортохроматикалык** – ткандын үлгүлөрүн сүрөттөөдө колдонулуучу термин.

**ОТПЕЧАТОК ПАЛЬЦЕВ (fingerprint), кол манжаларынын түшүрүлүшү** – инсанды идентификациялоодо колдонгон уникалдуу ыкма, мында кол манжаларынын жаздыкчаларында индивидуалдуу оймолордун түшүрүлүшү. Кошумча караңыз: Дерматоглифика.

**ОТРАЖЕНИЕ ЗЕРКАЛЬНОЕ (specular reflection), күзгүлүк чагылдырыш** – (ультраакустикада) кайсы-бир структуранын ички капталдарындагы үн толкундарынын чагылдырылышы, ал бул капталдардын сүрөттөлүшүн эхограммадан алуу үчүн колдонулат (караңыз: Эхография).

**ОШИБКА ВРАЧЕБНАЯ (malpractice), доктурдун катачылыгы** – профессионалдык катачылык: билбестиктен оорулууга дарылоо мезгилинде зыян келтирүү.

## П

**ПАРОКСИЗМ (paroxysm), пароксизм** – 1. Тарамыш карышып оруганда же спазма учурунда кокусунан кармаган приступ. 2. Абалдын күтүлбөгөн жерден начарлоосу же оорунун кайталанышы (рецидив). – Пароксизмалдык (paroxysmal).

**ПАРОМОМИЦИН (paromomycin), паромомицин** – антибиотик; ичеги карын бактерияларга жана амебаларга каршы багытталган.

**ПАРОНИХИЯ (paronychia), ПАНАРИЦИЙ (whitlow), паронихия, панариций** – тырмактын тегерегинин ириңдеп сезгениши. Курч паронихия (acute paronychia) адатта Staphylococcus aureus түрүндөгү бактериялар менен туудурулат. Өнөкөт паронихия (chronic paronychia) өзгөчө өзүнүн иши боюнча колдору дайыма нымдуу болгон адамдарда өрчүйт; ошондой эле ал Candida albicans түрүндөгү грибоктордун кайталанган инфекциясы менен коштолот.

**ПАРОСМИЯ (parosmia), паросмия** – жыт билүү сезиминин жабыркашы.

**ПАРОТИТ (parotitis), паротит** – кулак түптөгү шилекей бездеринин сезгениши (караңыз – Свинка, кулактын айланасындагы бездин сезгениши (эпидемиялык паротит)).

**ПАРОТИТ ЭПИДЕМИЧЕСКИЙ, СВИНКА (mumps), эпидемиялык паротит, свинка (кулактын айланасындагы бездин сезгениши)** – негизинен мектеп жашындагы балдар арасында кездешүүчү вирустук – инфекциялык оору. Оору симптомдору температуранын жогорулашы, баш оору кирет, шилекей бези шишип чыгаардын алдында бала кусуусу мүмкүн. Оору симптомдору үч күндүн ичинде жоголуп кеткен менен бейтап адам шилекей безиндеги шишик тарамайынча оору жуктуручу катары кала берет. Медициналык аталышы: Эпидемиялык паротит (infectious parotitis).

**ПАРТЕНОГЕНЕЗ (parthenogenesis), партеногенез** – жыныстык көбөйүүнүн түрү, мында организм уруктанбаган жумуртка клеткасынан өрчүйт. Бул түр өсүмдүктөрдө жолугат. Ал ошондой эле омурткасыз жаныбарларда кезигет.

**ПАРТОГРАММА (partogram), парторгамма** – төрөт мезгилинин өтүшүнүн графикалык жазуусу.

**ПАРУС (velum), парус** – (анатомияда) кандайдыр бир структураны жапкан парус сымал жабуу. Мисалы, үстүнкү мээлик парус сымал жабуу (medullary velum) ал баш мээнин төртүнчү карынчасынын бөлүгүн түзөт.

**ПАСКАЛЬ (pascal), паскаль** – СИ системасындагы басымдын бирдиги. Белгилениши: Па.

**ПАСТА (paste), паста** – (фармацияда) жумшактыгы сүзмөдөй, жумшак жасалган дары. Адатта дененин жабыркаган аймактарынын терисине сүйкөлөт.

**ПАСТЕРИЗАЦИЯ (pasteurization), пастеризациялоо** – сүттү 65 °С температурага чейин ысыткан соң ошол эле температурада 30 мүнөт кармоо же 72 °С температурага чейин ысытып 15 мүнөт кармоо жолу аркылуу тазалоо; бул андагы ар кыл ооруларды жаратуучу микроорганизмдерди жок кылууга шарт түзөт.

**ПАХИОНИХИЯ ВРОЖДЕННАЯ (pachyonychia congenita), тубаса пахионихия** – сейрек учурай турган патология; тырмактардын калыңдашы менен мүнөздөлөт.

**ПИЕЛОГРАММА (pyelogram), пиелограмма** – караңыз: Тамыр ичиндеги пиелограмма, Пиелография.

**ПИЕЛОГРАММА ВНУТРИВЕННАЯ (intravenous pyelogram, IVP), тамыр ичиндеги пиелограмма** – сийдик чыгаруучу жолдордун рентгенограммалардын чейрек катары, алар тамырга йод бар затты куйгандан кийин жасалат. Кошумча караңыз: Пиелография.

**ПИЕЛОГРАФИЯ (pyelography), УРОГРАФИЯ (urography), пиелография, урография** – бөйрөктүн күлтүгү менен сийдик чыгуучу түтүгүнө нур өтпөс суюктук куюп, рентген аркылуу сүрөткө тартып алуу. Пиеллография убагында алынган пиелограммалар деп аташат (pyelograms).

**ПЛАЗМОДИТРОФОБЛАСТ (plasmoditrophoblast), СИНЦИТИОТРОФОБЛАСТ (syncytiotrophoblast), плазмодитрофобласт, синцитиотрофобласт** – трофобласттын бөлүгү, ал өзүнүн клеткалык структурасын жоготот жана синцитийге айланат. Торофоблатттын бул бөлүгү инвазивдүү болот, анткени ал энелик ткандарды бузуп, плацентанын түкчөлөрүн пайда кылат.

**ПРОБЕНЕЦИД (probenecid), пробенецид** – дарылык зат, ал канда сийдик кислотасын төмөндөтүү үчүн колдонулат (караңыз: Уриколитикалык каражат); негизинен подагра оорусун дарылоо үчүн колдонулат.

## Р

**РЕВМАТОЛОГИЯ (rheumatology), ревматология** – медициналык илимдин кызыл жүгүрүк оорусун окуучу бир тармагы. Муун, тарамыш, булчуң, байламта, ошондой эле алар менен байланышкан структуралардагы ревматикалык ооруларды аныктоо жана дарылоо менен байланышкан медицина адистиги. Кошумча караңыз: Жалпы медицина. – Ревматолог (rheumatologist).

**РЕГЕНЕРАЦИЯ НЕРВА (nerve regeneration), нерв регенерациясы** – нервдин жабыркагандан кийинки калыбына келүүсү; нерв булаларынын өсүү ылдамдыгы өтө деле чоң эмес (күнүнө 1–2 мм), ошондой эле нерв регенерациясы анын толук калыбына келишин камсыз кыла албайт. Микрохирургия мындай калыбына келтирүүнү жакшырта алат, ал алгачкы регенереция жолу менен ашырылат, бирок жаракат алгандан кийин дароо аткарылса. Кошумча караңыз: Аксонотмез, Нейротмез.

**РЕГРЕССИЯ (regression), регрессия** – клетканын алдына кайра өсүп, мурунку чыккан калыбына келүүсү. 1. Психиатрияда – алгачкы деңгээлге кайтып келүү, өрчүбөгөн деңгээлине, организмдин жогору деңгээлде адекваттуу функцияланышына жарамсыздыгынан кайра кайтат. Бул термин, мисалы, ооруканада жаткан адамдга тиешелүү колдонулат, эгер ал өзүн-өзү кармай албаган жана талапты өтө эле койгон орулууга тиешелүү колдонулат. 2. Дарттын деңгээли, ал убакта симптомдордун азайышы болот жана орулуунун толук айыгып кетүүсүнө алып келет.

## С

**СЕКУНДА (second), секунда** – (минутанын алтымыштан бири); убакытты өлчөөнүн бирдиги, (СИ) Эл Аралык бирдиктер системасындагы бирдиктин бирден бир негизгиси. Белгилениши: с.

**СЕМЕЙНЫЙ (familial), үй-бүлөлүк** – бул термин шартты жана белгини сүрөттөөдө колдонулат, ал бир үй бүлөдө кездешет, бирок башкаларда жок болот. Көпчүлүк учурда бул белги тукум куучулук болот.

**СЕРА (sulphur), күкүрт** – грибок жана паразиттерге каршы колдонулуучу металлга кирбеген активдүү элемент. Күкүрт өз кезегинде тери ооруларын жана инфекцияларды (псориаз жана дерматит) дарылоо үчүн пайдаланылуучу ар кыл май жана башка дары-дармектер курамына кирет.

**СИНДРОМ МЮНХГАУЗЕНА (Munchausen's syndrome), Мюнхгаузен синдрому** – эч кандай оору симптомдору жок экендигине карабастан ооруканага жатуу симптомдору жок экендигине карабастан ооруканага жатуу үчүн бейтаптын ар кандай иш-аракеттерге баруусу менен коштолгон психикалык бузулуу. Мындай учурда адам өз оорусу тууралуу өтө дыкат айтып берип, ал тургай доктурларды ишендирүү үчүн өзүнө-өзү атайылап залал келтирүүсү да мүмкүн.

**СИНДРОМ НЕФРОТИЧЕСКИЙ (nephrotic syndrome), нефротикалык синдром** – сийдик менен кошо белоктордун көп өлчөмдө чыгып кетүүсү, ошондой эле кан курамындагы альбуминдин азайышы жана ткандардын кеңири жайылган шишиги менен коштоло турчу абал. Ар кыл ооруларда байкалышы мүмкүн болгон менен көбүнчө гломерулонефрит оорусунда кездешет.

**СМАЗКА ТВОРОЖИСТАЯ (vernix caseosa), быштак сымал майланыш** – май катмары, жаңы төрөлгөн баланын же тондогу баланы каптоочу май.

**СМЕГМА (smegma), смегма** – эркектин жыныстык мүчөсүнүн май бездеринин чыгарган суюктугу.

**СМЕРТНОСТЬ ПРОИЗВОДСТВЕННАЯ (occupational mortality), ишканадагы өлүм** – ал ишканада болгон иш аракеттердин ар кандай түрлөрүнө, социалдык-экономикалык тобуна жана калктын социалдык классына киргендердин иш убагында каза болгондордун саны жана өлүү себебин көрсөтөт.

**СМЕРТЬ (death), өлүм** – жашоо функциясынын токтоп калышы. Диагнозу жүрөктүн согушунун жок болушунан коюлат. Мээнин өлүмү (brain death) баш мээ сөңгөгүнүн борборлорунун толук токтоп калышы аркылуу аныкталат, алар дем алуучулук, көздүн карегин, ошондой эле башка жашоого маанилүү рефлекстерди көзөмөлдөшөт.

**СРЕДСТВО ОТВЛЕКАЮЩЕЕ (counterirritant), алаксытуучу каражат** – зат (мисалы, метил-салицилат), ал теринин сыртына сүйкөгөндө кычышууну туудурат; ооруну азайтуу үчүн жана жагымсыз сезүүнү азайтуу үчүн колдонулат, алардын эпицентри тереңирээк жайгашкан. – Алаксытуу (counterirritation).

## Т

**ТЕПЛОКРОВНЫЙ (homo-iothermic), жылуу кандуу** – сырткы чөйрөдөгү температуранын өзгөрүшүнө карабастан дененин температурасын туруктуу сактоого жөндөмдүү. Сүт эмүүчүлөр (анын ичинде дам) жана куштар жылуу кандуулар болуп саналышат. Салыштыруу үчүн: Муздак кандуу.

**ТЕРМ (therm), терм** – жылуулуктун бирдиги. 1 терм = 1,055 × 108 Дж.

**ТЕРМ- (therm-), ТЕРМО-(thermo-), терм-, термо-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Жылуулук. 2. Температура.

**ТЕРМОКАУТЕРИЗАЦИЯ (thermocautery), термокаутеризация** – жылуулук берүү жолу менен ткандарды бузуу (караңыз: Күйгүзүү).

**ТЕРМОЛИЗ (thermolysis), термолиз** – (психологияда) теринин үстүнкү катмарындагы тердин бууланып кетишинен улам организмдеги жылуулуктун жоголушу.

**ТЕРМОРЕГУЛЯЦИЯ (thermotaxis), терморегуляция** – организмдин температурага реакциясы ысыса суутуп, сууса ысытуучу аракети.

**ТЕСЛА (tesla), тесла** – СИ системасындагы магниттик индукциянын бирдиги. Белгилениши: Тл.

**ТРАНС (trans-), транс** – кайсы бир мейкиндик аркылуу кеткен кыймылды туюндуруучу сөз. Мисалы, трансуретралдык (transurethral) – уретра аркылуу өтүүчү.

## У

**«У ПОСЛЕДНЕЙ ЧЕРТЫ» (in extremis), «акыркы сызыкта»** – (латынча) өлүмдүн кырында.

**УАБАИН (ouabain), уабаин** – дарылык зат, жүрөктүн иштешин стимулдаштырат; жүрөк жетишсиздигин дарылоодо колдонулат.

**УБИХИНОН (ubiquinone), убихинон** – митохондриялык клеткалардындагы электрондордун ташуу чынжырчасындагы кофермент (караңыз: Электрондорду өткөрүү чынжыры).

**УВЕИТ (uveitis), увеит** – көздүн кан тамырлуу катмарынын сезгениши. Көздүн карек айланасындагы челинин сезгениши ирит (iritis) деп аталат, кирпиктүү дененин сезгениши - циклит (cyclitis) деп аталат, ал эми көздүн тамыр челинин сезгениши - хориоидит (choroiditis) деп аталат. Увеиттин баардык түрлөрү көрүүнүн начарлашына алып келишет; бул дарт адамдарда көз көрбөөчүлүктүн өрчүшүнүн бирден бир себеби болуп саналат.

**УВЕОПАРОТИТ (Uveoparotitis), ЛИХОРАДКА УВЕОПАРОТИДНАЯ (uveoparotid fever), увеопаротит, увеопаротиддик безгек** – көздүн карек айланасынын, кан тамырлуу кыртышынын сезгениши жана кулак түбүндөгү шилекей безинин шишип кетиши менен мүнөздөлүүчү оору; увеопаротит-саркоидоз өндүү өнөкөт оору белгилеринин бири болуп саналат.

**УВЛАЖНИТЕЛЬ (humectant), нымдатуучу** – 1. Нымдатууда колдонулган зат. 2. Нымдатууну туудурган.

**УВУЛИТ (uvulitis), увулит** – таңдай тилинин сезгениши.

**УВУЛОПАЛАТОФАРИНГОПЛАСТИКА (uvulopalatopharyngoplasty (UPPP)), увулопалатофарингопластика** – коңурук тартууну дарылоодо таңдайдагы кичине тилди, таңдайдын жумшак бөлүгүн жана бадам сымал бездерди алып таштоо үчүн жасала турчу хирургиялык операция.

**УДУШЕНИЕ (suffocation), думугуу** – чөгүү, дем кыстыгуулардын натыйжасында дем токтоп, акыл эстин жоголушу же адамдын өлүмү менен аяктай турган көрүнүш (караңыз: Асфиксия).

**УЛЬТРАЦЕНТРИФУГА (ultracentrifuge), ультрацентрифуга** – өтө жогорку айлануу ылдамдыгына ээ центрифуга; ири молекулаларды бөлүү үчүн колдонулат (мисалы, белок молекулаларын).

**УНИПОЛЯРНЫЙ (unipolar), униполярдуу** – (неврологияда) термин бир гана өсүндүгө ээ нейронду сүрөттөп берүү үчүн колдонулат (төрөлгөндөн кийин адам организминде мындай нейрондор кездешпейт). Салыштыруу үчүн: Биполярдык.

## Ф

**ФИБРОПЛАЗИЯ (fibroplasia), фиброплазия** – жара айыгып жаткан учурда пайда болуучу бириктирүүчү ткань. Ретроленталдык фиброплазия (retrolental fibroplasia) көздүн чечекейинин астындагы тутумдаштыргыч ткандын аномалдык өсүп кетүүсү болуп саналат, ал сокурлукка алып келиши мүмкүн.

**ФИБРОПЛАЗИЯ РЕТРОЛЕНТАЛЬНАЯ (retrolental fibroplasia), ретролентал-дык фиброплазия** – көздүн чечекейинин алдына бириктирүүчү ткандын өсүп чыгуусу; көздүн көрбөй калуусу менен коштолот. Караңыз: Фиброплазия.

**ФЛЮОРЕСЦЕНЦИЯ (fluorescence), флюоресценция** – физикалык процесс, люминесценциянын түрү. Материал менен жарыктын эмиссиясы, ал нурлануунун тышкы булагы менен жарыктандырылат. Сиңирилген нурлануу көрүнүүчү жана көрүнбөгөн болушу мүмкүн (мисалы, ультрасыялуу жана рентгендик нурлар). Караңыз: Флуороскоп. – Флюоресценттик (fluorescent).

## Х

**ХЛОРОМА (chloroma), хлорома** – миелоиддүү лейкемия учурунда пайда болуп, негизинен атиптүү топтолуштардан туруучу лейкемиялык клеткалардан турган шишик.

**ХЛОРОПСИЯ (chloropsia), хлоропсия** – жашыл көрүнүш: сейрек симптом, наперстянка өсүмдүгү бар препараттар менен ууланганда кездешет.

**ХОАНА (choana, көпч. choanae), хоана (каңылжаар)** – адамдарда жана омурткалуу жаныбарларда ички мурун көңдөйү, алар бири-биринен арткы капталдар менен жана көнчөктүн канаттары менен бөлүнгөн. Артында каңылжаар аркылуу мурун көңдөйү мурун кулкун көңдөйү менен байланышат.

**ХОЛАНГИОГРАФИЯ (cholangiography), холангиография** – өт чыгуучу өткөлдү рентген нуру өтпөгөн зат толтуруп туруп, сүрөткө тартуу жолу. Ал өтүүчү жолдордун бүтөлүш ордун жана себебин аныктоо үчүн, ошондой эле аларда таштардын болушун аныктоодо колдонулат.

## Ц

**ЦВИТТЕР-ИОН (zwitterion), цвиттер-ион** – бир эле мезгилде оң жана терс заряддарды алып жүрүүчү ион. Цвиттер-иондор өз кезегинде аминокислоталарды жаратууга жөндөмдүү.

**ЦЕЗИЙ-137 (caesium-137), цезий-137** – цезийдин жасалма радиоактивдүү изотобу. Цезий-137 тарабынан пайда болгон нурдануулар рентгенотерапиянын зарылчылыктары үчүн пайдаланылат. Белгилениши: 137 Cs. Кошумча караңыз: Дистанционндук Кюри-терапия.

## Ч

**ЧЕШУЙКА (scale), кабырчык** – чордонгон кабырчык, ал кератинди жана абанын ыйлаакчасын камтыйт; эпидермис клеткаларынын кабырчыктануунун кесепетинен пайда болот.

**ЧЕШУЯ (squama,** көпч. **squamae), кабыр** – 1. Ичке сөөк пластинкасы. 2. Кабырчык, мисалы, эпидермистин чордолуучу катмардын бири.

**ЧИСЛО СРЕДНЕЕ (mean), СРЕДНЕЕ АРИФМЕТИЧЕСКОЕ (arithmetic mean), орточо саны, орточо арифметикалык** – орточолонгон белги, ал кайсы бир изилденүүчү топту мүнөздөйт.

## Ш

**ШУМ ДУЮЩИЙ (souffle), шамалдоочу чуулдоо** – стетоскоп аркылуу угулуучу назик шамалдоочу чуулдоочу үн; адатта ал кандын тамырлар аркылуу агымынан мындай угулат.

**ШУМ ТРЕНИЯ (friction murmur, friction rub), ышкуу чуулдоо үнү** – стетоскоп аркылуу перикардит менен ооруган адамдарда жүрөктүн жүрөк үстүнөн угулуучу кычыроочу үн. Ал жүрөк иштеп жаткан процессинде перикарданын эки сезгенген катмарынын бири-бирине сүрүлүүнүн жыйынтыгында пайда болот.

## Э

**ЭКОЛОГИЯ (ecology), БИОНОМИКА (bionomics), экология, биономика** – адам, өсүмдүк, жаныбарлар дүйнөсү жана курчап турган айлана-чөйрө ортосундагы өз ара байланышты, ошондой эле адам ишмердигинин айлана-чөйрө менен жандуу жаратылышка тийгизген таасирин окуп үйрөнүү. – Экологический (ecological). – Эколог (ecologist).

**ЭНЗИМОЛОГИЯ (zymology), энзимология** – ферментация процессин жана ачыткыларды изилдөөчү илим.

## Я

**ЯВНЫЙ (overt), накта** – жакшы көрүнгөн же аныкталаган; бул термин анык кесиеттери же симптомдорго тиешелүү колдонулат. Инфекциялык дарттар анык накта болот, эгер инкубациялык мазгилден өткөндөн кийин гана болушат.

# ОНКОЛОГИЯ



## А

**АДЕНОКАРЦИНОМА (adenocarcinoma), аденокарцинома** – бездин эпителий клеткасынан өсүп чыккан рак-шишиги. Бул термин ошондой эле өсүү процессинде адамдын бездерине да залал келтирген шишиктерге тиешелүү колдонулат.

**АДЕНОЛИМФОМА (adenolymphoma), аденолимфома** – алдыңкы ээктин бурчунан орун алган, кулактын жанындагы безге тийишип өскөн шишик (караңыз: Уортин шишиги).

**АДЕНОМА (adenoma), аденома** – бездин эпителий клеткасынынан өсүп чыккан коркунучсуз шишик. Аденома коркунуч туудурууучу шишикке өсүп кетиши мүмкүн (караңыз: Аденокарцинома).

**АМЕБОМА (amoeboma), амебома** – Entamoeba histolytica мите курттардын жайылышынын кесепетинен түз ичегиде же жээк сымал ичегиде шишиктин өрчүшү.

**АМЕЛОБЛАСТОМА (ameloblastoma), амелобластома** – жаактын локалдык коркунуч туудурууучу шишиги.

**АНГИОМА (angioma), ангиома** – жаңыдан өсүп келе жаткан лимфа же кан тамырлардан пайда болгон коркунуч туудурбаган шишик. Улгайгандык ангиома (cherry angiomas (же Campbell de Morgan spots)) улгайган адамдардын денесинде чоң эмес кызыл темгилдердин пайда болушу. Кошумча караңыз: Гемангиома, Лимфангиома.

**АНТИГЕН ОПУХОЛЕВЫЙ (tumour-associated antigen), шишиктик бөтөн ген** – коркунуч туудурууучу клеткалар менен иштелип чыккан белок. Анын канда болушу жөнөкөй кандын анализи аркылуу аныкталат; Бул анализ коркунуч туудурган меланоманы жана башка түрдөгү шишиктердин эң алгачкы өрчүү кадамдарын диагностикалоодо колдонулат.

**АПУДОМА (APUDoma), апудома** – курамына АПУД-клеткалар кирген шишик; анын пайда болуу симптомдору гормондордун жана башка пептиддердин ашыкча бөлүнүп чыгышы менен байланыштуу. Аргентаффинома мындай шишиктердин ачык мисалы катары болот, бирок дагы башка алардын түрлөрү да бар (мисалы, гастринома жана випома).

**АРГЕНТАФФИНОМА (argentaffinoma), КАРЦИНОИД (carcinoid), аргентаффинома, карциноид** – ичеги бездеринин шишиги, аргентаффинндик клеткаларды камтыйт (караңыз: АПУДома).

**АРРЕНОБЛАСТОМА (arrhenoblastoma), арренобластома** – энелик тукум безинин шишиги, Сертоли, Лейдиг клеткаларынын турат. Караңыз: Андробластома.

**АСТРОЦИТОМА (astrocytoma), астроцитома** – баш мээдеги шишик, ал астроцит менен глия – клеткаларынан өрчүйт.

## Б

**БАЗАЛИОМА (rodent ulcer), базалиома** – теринин тышкы катмарынан өсүп чыккан рак оорусу. Караңыз: Базалдык – клеткалык карцинома.

**БОЛЕЗНЬ БОУЭНА (Bowen's disease), Боуэн оорусу** – карциноманын түрү, тери эпидермисинин кабырчыктуу клеткаларын жабыркайт, бирок анын базалдык катмарына таралбайт. Теринин тышкы катмарында пайда болуп, жай өскөн жана катуулап кеткен теринин оорусу. Ал күчөсө, теринин рагына айланат.

**БОРОДАВКА (wart, verruca,** көпч. **verrucae), сөөл** – адам папиллома вирусун жуктуруунун натыйжасында пайда болгон коркунучсуз жаңы жаралыш. Сөөлдөр 1–10 мм түзөт. Алардын көпчүлүгү эч кандай дарылоосуз эле бир-эки жыл аралыгында өзүнүн-өзү жок болуп кетишет.

## В

**ВИПОМА, АПУДОМА (vipoma), випома, апудома –** вазоактивдүү, интенстиналдуу пептидди бөлүп чыгара турган карын алдындагы безде кездешүүчү аралча клеткаларынын шишиги.

## Г

**ГАЛАКТОЦЕЛЕ (galactocele), галактоцеле** – 1. Сүт агуу жолдорунун тешиги бүтүп калуудан, ал жолдордо болгон барсылдак, ичи көңдөй ыйлаакча. 2. Калтада суюктуктун топтолушу (караңыз: Гидроцеле).

**ГАМАРТОМА (hamartoma), гамартома** – өсүү эрежеси бузулган ткандардан өсүп чыккан шишикке окшош берчтер. Өз жайына жайланышпай башка ткандардан өсүп чыккан шишик. Гамартома адатта коркунуч туудурбаган болот, бирок анын тканынын курамына кирген каалаган элементтери коркунуч туудурган шишикке айланып кетиши мүмкүн.

**ГАСТРИНОМА (gastrinoma), гастиринома** – сейрек кездешүүчү шишик, гастрин деген гормондун ашыкча көп чыгарылышына түрткү берет, ал болсо адамда Золлингер – Эллисон синдромунун өрчүүсүнө алып келет. Бул шишик уйку карын алдындагы безде пайда болот.

**ГЕМАНГИОБЛАСТОМА (haemangioblastoma), ОПУХОЛЬ ЛИНДАУ (Lindau's tumour), гемангиобластома, Линдау шишиги** – мээ же мээ катмарчаларындагы кан тамырларданкелип чыгуучу баш же омуртка сөөгүндөгү шишик. Бул шишиктин өнүгүүсү, көпчүлүк учурларда феохромоцит, ошондой эле сирингомиелийдин жаралуусу менен коштолот (кошумча караңыз: Фон Гиппель – Линдау оорусу).

**ГЕМАНГИОМА (haemangioma), гемангиома** – көпчүлүгү жаңыдан жаралган кан тамырлардын шишиги. Адатта, теринин сыртында пайда болот жана сыртқы көрүнүшү менен меңди элестетет (мисалы, «кулпунайлык» невус). Кошумча караңыз: Ангиома.

**ГЕМАТОЦИСТА (haematocyst), гематоциста** – кандан туруучу шишик.

**ГЕПАТОБЛАСТОМА (hepatoblastoma), гепатобластома** – боордун коркунучтуу шишиги, көпчүлүк учурда балдарда өрчүйт, боордун эмбрионалдык клеткаларынан пайда болот.

**ГЕПАТОМА (hepatoma), гепатома** – боордун коркунучтуу шишиги, боордун өрчүгөн клеткаларынан өнүгөт. В формасындагы гепатит менен ооруган жана циррозго чалдыккан оорулууларда кездешет. Себептери болуп, түрдүү ууланган заттар болуп саналат. «Гепатома» термини коркунуч туудурган шишиктерди, өт түтүктөрүн жабыркагандарды белгилөө үчүн колодонулат (караңыз: Холангиокарцинома).

**ГЕТЕРОГЕННОСТЬ (heterogeneity), гетерогендүүлүк** – (онкологияда) шишиктин ичиндеги клеткалардын болушу, алар түрлүү касиеттерге ээ болушат.

**ГИГРОМА (hygroma), ГИДРОМА (hydroma), гигрома, гидрома** – кистанын түрү. Муундун жанындагы кобулга суу толуп шишиши.

**ГИДАТИДА (hydatid), гидатида** – ыйлаакча түрүндөгү шишик; ар кандай органдарда Echinococcus түрүндөгү тасма куртунун личинкасынын кесепетинен пайда болот. Кошумча караңыз: Бир камералуу эхинококкоз.

**ГИПЕРНЕФРОМА (hypernephroma), ОПУХОЛЬ ГРАВИТЦА (Grawitz tumour), КАРЦИНОМА ПОЧЕЧНО-КЛЕТОЧНАЯ (renal cell carcinoma), гипернефрома, Гравитц шишиги, бөйрөктүк – клеткалык карцинома** – бөйрөк үстүндөгү бездин тышкы катмарынан чыккан коркунуч туудурган шишик. Бул оору көп жылдар бою симптомсуз

өтө берет, пайда болоор астында биринчи симптомдор пайда болот: температуранын жогорулашы, бел аймагында пайда болгон оруулар жана заарада кандын пайда болушу. Дарылоо хирургиялык жол менен өтөт, бирок оору кайта пайда болушу мүмкүн.

**ГИПЕРТЕНЗИЯ ДОБРОКАЧЕСТВЕННАЯ ВНУТРИЧЕРЕПНАЯ (benign intracranial hypertension), ОПУХОЛЬ МОЗГА ЛОЖНАЯ (pseudotumour cerebri), коркунуч туудурбаган баш сөөк ичиндеги басымдын гипертензиясы, баш мээдеги жалган шишик** – баш сөөк ичинде басымдын жогорулушунан пайда болгон синдром. Негизги симптомдору болуп катуу баш оруу, кусуу, көздүн экилеп көрүнүшү жана папиллоэдема.

**ГИПЕРТРОФИЯ ПРОСТАТЫ ДОБРОКАЧЕСТВЕННАЯ (benign prostatic hypertrophy, BPH), коркунуч туудурбаган урук чыктагыч бездин гипертрофиясы** – караңыз: Эркектин урук чыктагыч бези.

**ГИСТИОЦИТОМА (histiocytoma), гистиоцитома** – тутумуна макрофагдар жана гистоциддер кирген шишик. Кошумча караңыз: Фибросаркома (коркунуч туудуруучу фиброздук гистиоцитома).

**ГЛИОБЛАСТОМА (glioblastoma), СПОНГИОБЛАСТОМА (spongioblastoma), глиобластома, спонгиобластома** – баш мээде глиалдык (нерв тканына тиешеси жок) ткандан бат өрчүүчү шишик (караңыз: Астроцитома). Бат өрчүү менен мээде нормалдуу нейрондорду бузат да адамда баш ооруну, кусуу жана уйку сезимин туудурат.

**ГЛИОМА (glioma), глиома** – глиинин шишиги (нерв тканынынын клеткаларына тиешеси жок), нерв системасына тиешелүү. Борбордук нерв системасындагы баардык шишиктердин түрлөрүнө, анын ичинде астроцитомага, олигодендроглиомага, медуллобластомага жана эпендиомага бул термин колдонулат.

## Д

**ДЕРМАТОФИБРОСАРКОМА ПРОТУБЕРАНС (dermatofibrosarcoma protuberans), протуберанс дерматофибросаркомасы** – гистиоциттерден пайда болуучу шишик; ал дененин ар кайсы жеринде пайда болот, метастазаларды бербейт.

**ДИКТИОМА (dictyoma), диктиома** – көздүн тор катмарынын эпителий клеткасынан чыккан коркунучтуу жана ошондой эле коркунучсуз шишик болушу мүмкүн.

**ДИСГЕРМИНОМА (dysgerminoma), ГЕРМИНОМА (germinoma), ГОНОЦИТОМА (gonocytoma), дисгерминома, герминома, гоноцитома** – көпчүлүгү эркектердин жана аялдардын жыныстык безинен өсүп чыккан коркунучтуу шишик. Кыздарда пайда болгон мындай шишикти операциялык жол менен алып таштаганда айыгат. Бул шишик нур терапиясына абдан сезгич болот. Дисгерминомалар ошондой эле чоң клеткалык карцинома (large cell carcinomas) же энелик бездин альвеолярдык саркомасы (alveolar sarcomas of the ovary) деп аташат.

**ДИСХОНДРОПЛАЗИЯ (dyschondroplasia), дисхондроплазия** – кемирчектин толук эмес катып калуу кесепетинен келип чыккан абал жана көпчүлүк кемирчек коркунуч туудурбаган шишиктердин пайда болушуна алып келет (караңыз: Хондрома). Дарт менен жабыркаган сөөктөр өспөй калып деформацияга чалдыгат.

**ДОБРОКАЧЕСТВЕННЫЙ (benign), зыянсыз, коркунучсуз, түбү кайырдуу** – 1. Жаралуу менен ткандарды бузуп, метастаз жаратпаган зыянсыз шишиктер түшүнүгүн берүү үчүн колдонулат. 2. Оорунун андан ары өөрчүшүнө себепкер болбой турган кандайдыр бир оору же абалды түшүндүрүү үчүн колдонулат. Салыштыруу үчүн: Коркунуч туудуруучу.

**ДОБРОКАЧЕСТВЕННЫЙ (innocent, benign), зыянсыз, коркунуч туудурбаган, түбү кайырдуу** – (шишиктерге тиешелүү) коркунуч туудурбаган.

## З

**ЗЛОКАЧЕСТВЕННЫЙ (malignant), коркунучтуу** – 1. Бул термин коркунуч туудурган шишиктерге тиешелүү. Бул шишиктер ткандарда бат эле таралып бузат, башкача айтканда организмдин башка аймактарына тарап жабыркатат. Караңыз: Рак. 2. Бул термин эгер эч кандай дарылоо ыкмаларын колдонбогон, адамдын өмүрүнө коркунуч туудурган ар кандай дарттарга тиешелүү (мисалы, коркунуч туудурган гипертензия (malignant hypertension). Салыштыруу үчүн: Коркунуч туудурбаган.

## И

**ИМПЛАНТАТ ГРУДИ (breast implant), эмчек имплантаты** – сүт бездеринин рагын дарылоо үчүн мастэктомия учурунда хирургиялык жол менен алынып салынган сүт бездерин алмаштыра турчу протез. Имплантаттар ошондой эле хирургиялык косметологияда, эмчектин көлөмүн чоңойтуу үчүн колдонулат.

**ИНВАЗИЯ (invasion), инвазия** – рак оорусунун жакын турган ткандарга жайылуусу; инвазия шишиктин коркунучтуу экендигин билдире турчу негизги белги болуп саналат.

**ИНИЦИАЦИЯ (initiation), инициация** – (онкологияда) рак шишигинин күч алышындагы алгачкы баскыч (караңыз: Карциногенез).

**ИНКАПСУЛИРОВАННЫЙ (encapsulated), инкапсуляцияланган** – термин капсулага бекитилген орган, шишик ж.б. карата колдонулат.

**ИНСУЛИНОМА (insulinoma), инсулинома** – карындын алдындагы уйку безге чыккан шишик. Симптомдору: терчилдик, эсин жоготуу, маал - маалы менен эс-учун жоготуу, гипогликемиялык симптомдор (караңыз: Уиппл триадасы).

**ИТТРИЙ-90 (yttrium-90), иттрий-90** – иттрийдин жасалма радиоактивдүү жасалма изотобу, нурлануу терапиясында кеңири колдонулат.

## К

**КАРБОПЛАТИН (carboplatin), карбоплатин** – платинаны колдонуу менен чыгарылат; кээ бир рак ооруларды дарылоодо колдонулат.

**КАРЦИНОГЕН (carcinogen), карциноген** – зат, ал тирүү организмге өткөндө коркунуч туудуруучу шишиктин өрчүшүнө алып келет. Белгилүү карциногендер болуп ионизациялоочу нурлануулар жана башка химиялык бирикмелер, мисалы, тамеки түтүнүндө жана башка өнөр жайлык калдыктарда болушат. Алар ДНК клеткаларынын жабыркашына алып келишет. Жабыркаган клеткаларда кийинчерээк рак шишиги өрчүшү мүмкүн (караңыз: Карциногенез). Кошумча караңыз: Онкогенндик. – Карциногенндик (carcinogenic).

**КАРЦИНОГЕНЕЗ (carcinogenesis), карциногенез** – нормалдуу клеткадан коркунуч туудуруучу шишиктин өрчүшү же пайда болушу. Карциногенездин аралык баскычтары кээде рак алдындагы (premalignant) же инвазивдүү эмес (preinvasive же noninvasive) формасы деп аташат.

**КАРЦИНОМА (carcinoma), карцинома** – рак, без жана жалпак эпителий клеткалардан пайда болгон шишик. Өзүнүн өтө бат өсүшү менен бирге калган клеткалардан айырмаланат. Карцинома эпителиалдык клеткаларды камтыган каалаган ткандык структурада өрчүшү мүмкүн. Адам денесинин органдарында карциноманын бир нече түрлөрү өрчүшү мүмкүн: мисалы, аденокарцинома жана жалпак клеткалуу карцинома, ал жатын моюнчасында кездешет. – Карциноматоздук (carcinomatous).

**КАРЦИНОМА БАЗАЛЬНО-КЛЕТОЧНАЯ (basal cell carcinoma), базалдык-клеткалык карцинома** – тери рагынын кеңири тараган формасы. Ал жай өсөт, адата бет-

тин ортоңку бөлүгүндө пайда болот. Көбүнчө ак жуумал адамдарда, күндүн нурунда көп убакыт жайгашкандыктан пайда болот.

**КАРЦИНОМА БРОНХИАЛЬНАЯ (bronchial carcinoma), бронхиалдык карцинома** – бронхтогу рак оорусу, тамеки тарткан адамдардын өлүмүнө алып келүүчү оору. Кошумча караңыз: Өпкө рагы.

**КАРЦИНОМА ПЛОСКОКЛЕТОЧНАЯ (squamous cell carcinoma (SCC), жалпак клеткалуу карцинома** – теридеги рак оорусу, ал орто жаштагы жана улгайып калган куррактагы адамдарда көп кездешет. Күндө көп тургандыктан өрчүйт. Жалпак клеткалуу карцинома базалдык – клеткалык карциномага караганда бат өрчүйт (караңыз: Метастаздоо).

**КАРЦИНОМА ПОЧЕЧНО-КЛЕТОЧНАЯ (renal cell carcinoma), бөйрөк-клеткалык карцинома** – караңыз: Гипернефрома.

**КАРЦИНОМА СОСОЧКОВАЯ (verrucous carcinoma), упчу сымал карцинома** – ооз көңдөйүндөгү сөөлгө окшош карцинома. Насвай чеккен адамдарда байкалат.

**КАРЦИНОСАРКОМА (carcinosarcoma), карциносаркома** – жатындагы же жатын моюнчасындагы коркунуч туудурган шишик, курамына аденокарценомада, саркомад, строма клеткасында кездешүүчү клеткалар кирет.

**КАХЕКСИЯ (cachexia), кахексия** – өнөкөт ооруларда кездешүүчү абал, мында тез арыктоо, шалдыроо жана жалпы кыңкыстоо байкалат. Көбүнчө рак, кургак учук жана малярия ооруларында мындай абал байкалат.

**КЕФАЛОГЕМАТОМА (cephalhaematoma), кефалогематома** – жаңы төрөлгөн баланын башындагы пайда болгон шишик. Ал баш сөөгү менен терисинин ортосуна кан куюлуп калуудан келип чыгат.

**КИСТА БЕЙКЕРА (Baker's cyst), Бейкер кистасы (ыйлаакчасы)** – тизе муунундагы арткы бетинде өрчүүчү киста.

**КИСТА БРАНХИОГЕННАЯ (branchial cyst), бранхиогенндик киста (ыйлаакча)** – киста, ал аномалдык өрчүүнү кесепетинен түйүлдүктүн кулкун баштыкчасынын бир жеринде өрчүйт.

**КИСТА ДЕРМОИДНАЯ (dermoid cyst), ДЕРМОИД (dermoid), дермоиддик киста, дермоид** – чачтуу киста, чач фолликуладан жана май бездеринен турат; адатта түйүлдүктүн денесинин кошулган аймактырында өрчүйт.

**КИСТА ЛИНДАУ (Lindau's tumour), Линдау кистасы** – караңыз: Гемангиобластома.

**КИСТА ЛОЖНАЯ (pseudocyst), жалган киста** – кайсы бир органдын киста сымал үлүшүндө уюктуктун топтолушу. Карын алдындагы (pancreatic pseudocyst) жалган ыйлаакча: мисалы, адамда өнөкөт же татаалданган курч понкреатиттин кесепетинен пайда болушу мүмкүн.

**КИСТА МИКСОИДНАЯ (myxoid cyst), миксоиддик киста** – чоң эмес киста, ал илээшкен жабышкаак суюктукту камтыйт. Мындай киста адатта буттун же колдун муундун аягында өрчүйт.

**КИСТА ОВАРИАЛЬНАЯ (ovarian cyst), овариалдык киста (ыйлаакча)** – бир же бир нече суюктук менен толгон көңдөй, алар энелик тукум безинде өрчүшү мүмкүн. Овариалдык ыйлаакча кээде коркунуч туудурган шишиктерге айланып кетиши мүмкүн. Азыркы убакта изилдөө ыкмалары кеңири тарала баштады, алардын негизинде ультратүйүндүү диагностикалоо кирет; бул ыкмалардын жардамы менен овариалдык ыйлаакчаларды жана өрчүүнүн алгачкы баскычтагы шишиктерди аныктаса болот.

**КИСТА САЛЬНОЙ ЖЕЛЕЗЫ (sebaceous cyst), май бездеринин кистасы** – 1. (Май шишиги (wen)) – түссүз же кызгылтым томпогой киста, адатта чоң кишилерде өрчүйт (өзгөчө бетте, моюнда же тулку бойдо). 2. Сейрек кездешүүчү тукум куучулук

абал, ал көп сандагы май бездердин кисталарынын пайда болушу менен мүнөздөлөт; мындай абал башкача көпчүлүктүү стеатоцистома (steatocystomamulti plex) деп аталат.

**КИСТА ФИБРОЗНАЯ (fibrocyst), фиброздук киста** – коркунуч туудурбаган көңдөйчөлөрү бар, бириктиргич ткандын фиброздук шишиги. – Фиброздук – кистоздук (fibrocystic).

**«КОЖУРА АПЕЛЬСИНА» (peau d'orange), «апельсин кабыгы»** – теринин темгилдүү болушу, ал эмчек безинин шишигинин астында пайда болот, өзүнүн сырткы көрүнүшү менен апельсиндин кабыгын элестетет.

**КРАНИОФАРИНГИОМА (craniopharyngioma), краниофарингиома** – туулганда эле пайда болгон мээнин шишиги, ал Ратке (Rathke's pouch) баштыкчасынын калдыктарынан жаралат. Шишик гипофиз безинин жолунун калдыгынан өсүп чыгат.

## Л

**ЛЕЙКЕМИЯ (leukaemia), лейкемия** – мээ чучугун жана башка кан жаратуучу органдарды жабыркаган каалаган коркунуч туудурган шишик, анын кесепетинен адамдын организминде кээ бир лейкоциттердин түрлөрү жогорулайт. Лейкемия курч (acute) жана өнөкөт (chronic) болуп бөлүнөт, ал дарттын өрчүү ылдамдыгына жараша болот. Мындан тышкары лейкемия канда ак клеткаларынын тиби боюнча классификацияланат, алардын организмде аномалдык түрдө өсүп кетиши байкалат; мисалы, курч лимфобластикалык лейкемия (acute lymphoblastic leukaemia) (караңыз: Лимфобласт) жана курч миелобластикалык лейкемия (acute myeloblastic leukaemia) (караңыз: Миелобласт) (кошумча караңыз: Миелоиддик лейкемия).

**ЛЕЙКЕМИЯ МИЕЛОИДНАЯ (myeloid leukaemia), миелоиддик лейкемия** – лейкемиянын түрү, мында сөөктүн кызыл чучугунун кан жасоочу (миелоиддик) ткандын миелопоэтикалык клеткаларынын аномалдык түрдө бат көбөйүшү байкалат. Миелоиддик лейкемия курч же өнөкөт болот; дарт сөөк чучугу бөлүп чыгарган каалаган клеткаларды жабыркашы мүмкүн.

**ЛЕЙОМИОМА (leiomyoma), лейомиома** – тарамдары жалпак булчуңдан пайда болгон шишик. Көпчүлүк учурда мындай шишиктер жатында өрчүшөт (караңыз: Фиброид), бирок алар ошондой эле тамак сиңирүүчү трактта, кан тамырлардын дубалдарында да пайда болушу мүмкүн. Кийинчерээк алар коркунуч туудурган шишиктерге айланышат (караңыз: Лейомиосаркома).

**ЛЕЙОМИОСАРКОМА (leiomyosarcoma), лейомиосаркома** – жумшак булчуңдардын коркунуч туудурган шишиги, көпчүлүк учурда ал жатында, ичке ичегиде, карында, ичке ичегиде жана табарсыктын түбүндө өрчүйт. Бул шишик жумшак ткандын саркомасынын өтө кеңири тараган экинчи түрү болуп саналат.

**ЛИМФАНГИОСАРКОМА (lymphangiosarcoma), лимфангиосаркома** – лимфа тамырлардын өтө сейрек кездешүүчү коркунуч туудурууучу шишик. Адатта ал аялдарда, мастэктомия оорусу эмчек безинин рак оорусуна тиешелүү менен ооругандарда өрчүйт.

**ЛИМФОМА (lymphoma), лимфома** – лимфа түйүндөрүнүн коркунуч туудурган шишиги, Ходжкин оорусун кошкондо. Бул шишиктердин көп түрлөрү бар. Оору лимфа түйүндөрүн бир нече топторун жабыркап таралышы мүмкүн, же кайсы-бир бир эле орган менен чектелиши мүмкүн: мисалы, бадам сымал без менен. Ходжкин эмес лимфомалар менен химиялык терапия менен дарылоого жаман моюн сунбаган бейтаптардын абалы, сөөк чучугун көчүрүлүүсүнүн жардамы менен кыйла жакшыртылышы мүмкүн.

**ЛИМФОМА БЕРКИТТА (Burkitt's lymphoma), ОПУХОЛЬ БЕРКИТТА (Burkitt's tumour), Беркитт лимфомасы, Беркетт шишиги** – лимфа системасынын кор-

кунуч туудурган шишиги, ал көпчүлүк учурда африкалык тропикалык өлкөлөрдөгү кичинекей балдарда кездешет. Адам денесининин ар кайсы аймактарында өрчүшү мүмкүн, бирок көпчүлүк мезгилде жаакты жана ичти жабыркайт. Бул шишиктин пайда болушунда жана өрчүшүндө Эпштейн – Барр вирусу маанилүү роль ойнойт. Акыркы мезгилде африкалык эмес жерлерде да Деркитт лимфомасы кездешет.

**ЛИМФОМА НЕХОДЖКИНСКАЯ, НХЛ (Non-Hodgkin's Lymphoma, NHL), Ходжкин эмес лимфомасы** – бул лимфа системасынын рак оорусу. Өзүнүн түзүлүшү жагынан лимфа ткандарына окшогон шишик. Алар коркунуч туудурган лимфомаларга киришет. «Коркунуч туудурган лимфома»деген аталыш, сөзмө сөз «лимфа түйүндөрүнүн коркунуч туудурууучу чоңоюп кетүүлөр»дегенди түшүндүрөт. Бул медициналык термин онкологиялык дарттардын чоң тобун бириктирет, алар лимфалык системасындагы клеткаларда башталат. Алардын негизги симптому болуп, лимфа түйүндөрүнүн чоңоюп кетиши (лимфома). Коркунуч туудурган лимфомалар эки негизги типке бөлүнүшөт: Ходжкин лимфомасы жана ходжкин эмес лимфома (НХЛ). «Ходжкин эмес лимфомалары»деген аталыш, бул лимфоманын бул тиби Ходжкин оорусу эмес экендигин түшүндүрөт. Кайсы тип экендигин, жабыркаган ткандын үлгүсүн изилдөөдөн кийин гана аныктаса болот.

**ЛИМФОМА ХОДЖКИНА (Hodgkin's Lymphoma), Ходжкин лимфомасы** – аны Ходжкин оорусу деп аташат, же лимфогранулематоз, рак лимфа түйүндөрүнүн рак оорусу – лимфа системасынын коркунуч туудурган оорусу. Лимфомалар арк андай болушат. Бул оору коркеунуч туудурган оору болуп саналат. «Коркунуч туудурган лимфома» сөзмөсөз «лимфа түйүндөрүнүн коркунуч туудурууучу чоюп кетүү»дегенди түшүндүрөт. Бул медициналык термин онкологиялык дарттардын чоң тобун бириктирет, алар лимфалык системасындагы клеткаларда башталат (лимфоциттерде). Негизги симптому – лимфа түйүндөрүнүн чоңоюп кетиши (лимфома). Коркунуч туудурган лимфомалар эки негизги типке бөлүнүшөт: Ходжкин лимфомасы (ЛХ) жана ходжкин эмес лимфома (НХЛ). Кайсы тип экендигин, жабыркаган ткандын үлгүсүн изилдөөдөн кийин гана аныктаса болот.

**ЛИПОМА (lipoma), липома** – майдан өсүп чыккан шишик. Коркунуч туудурбаган кеңири таралган шишик, ал дифференциалдык май клеткаларынан пайда болот.

**ЛИПОСАРКОМА (liposarcoma), липосаркома** – май клеткаларда кездешүүчү коркунуч туудурууучу сейрек кездешүүчү шишик. Адатта сан ткандар жабыркайт. Липосаркоманын төрт негизги гистологиялык түрү бар: жакшы дифференцияланган (well-differentiated), миксоиддик (myxoid), плеоморфтук (pleomorphic) жана тоголок клеткалуу (round-cell liposarcomas).

## М

**МАРКЕР ОПУХОЛЕВЫЙ (tumour marker), шишик маркери** – шишик клеткалары менен иштеп чыгарылган заттар, андан шишиктин көлөмүн кароого болот. Мындай заттка мисалы катары альфа-фетопротеин болуп саналат, ал аркылуу жумуртканын тератомасында өткөрүлүүчү дарылоонун эффективдүүлүгү боюнча бааланат.

**МЕДУЛЛОБЛАСТОМА (medulloblastoma), медуллобластома** – баш мээнин шишиги, адатта бала кезде өрчүйт. Медуллобластомалар – метастаздалуучу, борбордук нерв системасынын көпчүлүк эмес шишиктердин бири. Бул шишиктердин метастаздалоонун өзгөчөлүгү болуп, шишик клеткаларынын жүлүн суюктугу өтүүчү жолдор аркылуу жумшак кабыкка жана жүлүнгө жана мээ карынчасынын эпендидумуна таралышы.

**МЕЗОТЕЛИОМА (mesothelioma), мезотелиома** – сейрек кездешүүчү шишик, плеврада, перикарданын ичинде өрчүйт. Адатта бул адам асбест чаңын жуткандыктан пайда болот (караңыз: Асбестоз).

**МЕЛАНОМА (melanoma), МЕЛАНОМА ЗЛОКАЧЕСТВЕННАЯ (malignant melanoma, ММ), меланома, коркунуч туудурган меланома** – ар түстүү ткандардан пайда болгон шишик оорусу. Денедеги кара ткань меңдең пайда болгон шишик. Бул шишиктер адатта териде (көпчүлүк учурда күнгө күйгөндүктөн) өрчүшөт; кээде алар көздөрдү жана былжырлуу челдерди жабыркашы мүмкүн. Шишик адатта дененин башка аймактарына да тез тарала баштаашат, өзгөчө лимфа түйөндөрдү жана боорду жабыркайт.

**МЕНИНГИОМА (meningioma), менингиома** – шишик, баш мээ менен жүлүндүн бириктирүүчү тканынан пайда болот. Катуу мээ кабыгынын шишиги эмес. Жүлүн шишиги адамда параплегияны жана Броун – Секар синдромунун өрчүшүн туудурат. Кээ бир менингиомалар (аларды менингеалдык саркомалар деп аташат (meningeal sarcomas)) коркунуч туудуруучу болуп саналышат жана кошуна клеткаларды ивазацияланышы мүмкүн.

**МЕТАПЛАЗИЯ (metaplasia), метаплазия** – ткандардын бир түрдөн экинчи түргө өтүшү. Миелоидик метаплазия (myeloid metaplasia) өзү менен сөөк чучугунун клеткалык элементтеринин пайда болушун көрсөтүп турат, алар адатта кызыл сөөк чучугунда, көк боордо жана боордо болушат. Метаплазиянын бул түрү сөөк чучугунун функциясынын анча эмес өрчүшүнүн натыйжасында өрчүйт. Метаплазиянын негизги себебеи болуп, гетероплазиядан айырмаланып, паталогиялык стимулдар (тышкы чөйрөнүн өзгөрүшү, сезгенич жана инфекциялык дарттар, эндокринндик бузулуштар ж.б.) болушат. Паталогиялык факторлордун таасиринин токтошунда, ткань өзүнүн нормалдуу морфологиялык структурасын кайтарат.

**МЕТАСТАЗИРОВАНИЕ (metastasis), метастаздоо** – адамдын денесиндеги органдарда жаңыдан пайда болгон шишиктер. Метастаздоо 3 жол менен өтөт: 1) кан тамыр жолдор аркылуу; 2) лимфатикалык системасы аркылуу; 3) дененин ар түрлүү көңдөйчөлөр аркылуу. – Метастатикалык (metastatic).

**МЕТАСТАЗИРОВАТЬ (metastasize), метасдаздоо** – (коркунуч туудурган шишиктерге тиешелүү колдонулат) метастазалардын пайда болушу менен таралат.

**МИЕЛОМА (myeloma), МИЕЛОМА МНОЖЕСТВЕННАЯ (Multiple myeloma), МИЕЛОМАТОЗ (myelomatosis), миелома, көпчүлүк миелома, миеломатоз** – кызыл жилик чучугунун рак клеткалары менен жабыркашы, алар төмөнкү негизги белгилер менен мүнөздөлүшөт: 1) сөөк чучугунда аномалдуу түрдө көп санда плазматикалык клеткалардын болушу менен; 2) сөөктөрдүн мүнөздүү өзгөрүшү, алар рентгенологиялык изилдөө мезгилинде жакшы байкалышат жана чоң эмес ойдуңчалардуу түрдө болушат; 3) кандын сывороткасында гаммаглобулиндин аномалдуу түрдө көп болушу,адатта иммуноглобулиндин (караңыз: Парапротеин). Кандын сывороткасында же орулуунун сийдигинде ошондой эле Бен-Джонстун белогу да болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Плазмоцитома.

**МИКРОМЕТАСТАЗ (micrometastasis), микрометастаз** – кайталанган шишик, адатта жөнөкөй клиникалык изилдөөдө байкалбайт.

**МИКСЕДЕМА (myxoedema), микседема** – калкан безинин оорусунда пайда болгон оору. 1. Теринин жана тери астындагы ткандардын кургак, калың, мом сымал түстөгү шишик, ал калкан безинин төмөнкү активдүүлүгү менен ооруган орулууларда кездешет (караңыз: Гипотиреоидизм). 2. Клиникалык синдром, ал гипотиреоидизм менен ооруган чоң кишилерде байкалат; анын негизги симптомдору болуп: теринин дордогой болушу, суука чыдамсызды, кыйла салмактуу болуу жана акыл эс ишмердүүлүгүнүн төмөндөшү.

**МИКСОМА (myxoma), миксома** – былжырлуу катмардан пайда болгон шишик. Коркунуч туудурбаган тутумдаштыргыч ткандын желе сымал шишиги. Жүрөк алдынын миксомасы (atrial myxoma) жүрөк шишигин көрсөтүп турат, адатта анын сол жагынын; ал жүрөк ортосундагы тосмодон өрчүйт. Шишикти дарылоо, аны алып салууну гана талап кылынат. – Миксоматоздук (myxomatous).

**МИКСОСАРКОМА (myxosarcoma), микросаркома** – шишик – саркома, тутумуна мукоиддик зат кирет. Бул термин эскирип калган жана номенклатурадан алынып салышы керек.

**МИКСОФИБРОМА, миксофиброма** – коркунуч туудурбаган шишик, фиброздук ткандардан турган жана миксоматоздук элементтерди камтыйт (караңыз: Миксома) же өзүнүн өрчүүсүндө мукоиддик дегенерацияга дуушуар болгон.

**МИОМА (myoma), миома** – булчуң тканынан пайда болгон коркунуч туудурбаган шишик. Миома жылмакай (караңыз: Лейомиома) жана туурасынан кеткен чаар булчуңдардан (караңыз: Рабдомиома) өрчүшү мүмкүн.

**МИОСАРКОМА (myosarcoma), миосаркома** – булчуң тканынын коркунучтуу шишиги. Кошумча караңыз: Лейомиосаркома, Рабдомиосаркома.

**МОЗГОВИДНЫЙ (encephaloid), мээ сымал** – мээ тканын элестетүүчү бул термин кээ бир шишиктерге карата колдонулат, мисалы, эмчек безинин мээ сымал карциномасы (encephaloid carcinoma of the breast).

**МУКОЦЕЛЕ (mucocoele), мукоцеле** – былжырлуу шишик (киста). Мисалы, ал түтүкчөлөрү өткөрбөй калган учурда былжырдын толуп кетүүсүнө байланыштуу өт баштыкчасынын кеңейүүсүнө алып келет.

## Н

**НЕВУС ПИГМЕНТНЫЙ (mole), пигменттик невус** – териде пигмент клеткаларынын коркунуч туудурбаган топтолушу. Пигменттик невустардын түрү ар кандай болушу мүмкүн – алар жалпак же теринин үстүндө уркуюп чыгып турган, жылмакай же чач менен капталган. Алардын формасынын, түсүнүн же сырткы көрүнүшүнүн өзгөрүшү, башынан эле өрчүп жаткан меланоманын симптомдорунун бири болуп саналат. Медициналык аталышы: Меланотикалык невус (melanotic naevus). Кошумча караңыз: Апотикалык невустун синдрому.

**НЕЙРОБЛАСТОМА (neuroblastoma), нейробластома** – курамына эмбрионалдык клеткалар кире турчу коркунучту шишик. Нейробластома симпатикалык нерв системасынын кайсы гана бөлүгүндө болбосун пайда болууга жөндөмдүү.

**НЕЙРОФИБРОМА (neurofibroma), НЕВРИЛЕММОМА (neurilemmoma), НЕВРИНОМА (neurinoma), НЕВРОМА (neuroma), ШВАННОМА (Schwannoma), нейрофиброма, неврилеммома, невринома, неврома, шваннома** – перифериялык нервдин бириктирүүчү ткан кыртышында пайда болуучу түбү кайырдуу шишик; адатта симптомсуз өрчүйт. Эгер нейрофиброма нерв тамырынын челинен өрчүсө, анда адамда ооруну туудурушу мүмкүн жана жүлүндү кысып калышы мүмкүн.

**НЕОПЛАЗМА (neoplasm), неоплазма** – жаңы же адаттан тышкары өсүш. Мисалы, коркунучтуу же түбү кайырдуу шишик.

**НЕФРОБЛАСТОМА (nephroblastoma), ОПУХОЛЬ ВИЛЬМСА (Wilms tumour), нефробластома, Вильмс шишиги** – жаш балдарда кездеше турчу бөйрөктөгү коркунучтуу шишик. Сегиз жаштан өткөндөн кийин ал чанда кездешет.

**НОЖКА (pedicle), бутча** – 1. Ткандын ичке сызымы, ал шишктерди нормалдуу ткань менен бириктирет, ошолордон алар өрчүшөт. 2. Пластикалык хирургияда – ичке теринин жамаачысы, анын жардамы менен трансплантацияга камдалуучу теринин аймагы чыккан аймак менен байланышын сактайт. Кошумча караңыз: Жамаачы, Тери трансплантаты. 3. Анатомияда – каалаган ичке сабак сымал түзүлүш. 4. (Peduncle) – ичке сабак сымал структура, ал ар кандай ткандарды таяныч катары жана бириктиргич катары кызмат аткарат. Мисалы, ортончу каракуш мээлик бутча (middle cerebellar peduncle) ал баш мээнин көпүрөсү менен каракуш мээни бириктирүү үчүн кызмат аткарат.

# О

**ОЛИГОДЕНДРОГЛИОМА (oligodendroglioma), олигодендроглиома** – негизинен глия клеткалары тарабынан пайда болуучу борбордук нерв системасындагы шишик. Кошумча караңыз: Глиома.

**ОНКО (onco-), онко** – 1. Шишикти туюндуруучу сөз. 2. Заттардын ченемин, көлөмдү туюндуруучу сөз.

**ОНКОГЕНЕЗ (oncogenesis), онкогенез** – жаңы пайда болгон шишиктин өнүгүүсү (коркунуч туудурган же коркунуч туудурбаган шишик).

**ОНКОЛИЗИС (oncolysis), онколизис** – шишик жана шишик клеткаларынын кыйрашы. Бул процесс, адатта өз алдынча же дары каражаттары, ошондой эле нурдуу терапияны колдонуунун натыйжасында ишке ашат.

**ОНКОЛОГИЯ (oncology), онкология** – ар кыл шишиктердин келип чыгышын жана аларды дарылоо методун окуп үйрөтүүчү илим. Адатта, ал терапевдик, хирургиялык жана радиациялык онкология болуп бөлүнөт. – Онколог (oncologist).

**ОПУХОЛЬ (tumour), шишик** – каалаган жаңы түзүлүш. Бул термин, адатта ткандын адаттан тышкары көөп, шишип кетүүсүнө карата колдонулат. Ал коркунуч туудуруучу жана коркунуч туудурбаган болушу мүмкүн. Салыштыруу үчүн: Киста.

**ОПУХОЛЬ ВИЛЬМСА (Wilms tumour), НЕФРОБЛАСТОМА (nephroblastoma), Вильмс шишиги, нефробластома** – бөйрөктүн без ткандарынын ичинен өсүп чыккан бөйрөктүн коркунуч туудурган жазы шишиги (тубаса болуп саналат). Ал шишик көбүнчө беш жашка чейинки балдарда байкалат.

**ОПУХОЛЬ ВОЛОСЯНАЯ (hairball), түктүү шишик** – караңыз: Трихобезоар.

**ОПУХОЛЬ ГОЛОВНОГО МОЗГА (cerebral tumour, brain tumour), баш мээ шишиги** – баш мээ клеткаларынын адаттан тышкары көбөйүүсү. Мунун натыйжасында, мээни кысып, ал тургай мээ клеткаларынын кыйроосуна алып келе турган шишик пайда болот. Коркунучтуу мүнөзгө ээ шишик өтө тез ылдамдык менен өсүп, неврологиялык ооруларды жаратат. Баш мээдеги шишиктин кайсынысы болбосун адамды талма оорусуна кириптер кылат.

**ОПУХОЛЬ ГРАВИТЦА (Grawitz tumour), ГИПЕРНЕФРОМА (hypernephroma), КАРЦИНОМА ПОЧЕЧНО-КЛЕТОЧНАЯ (renal cell carcinoma), Гравитц шишиги, гипернефрома, бөйрөктүк-клеткалык карцинома** – бөйрөктүн эң майда тамырларынын эпителий клеткаларынан өсүп чыккан коркунучтуу шишик. Бул рак 40–50 жаштагы адамдарда учурап, көп учурларда адамдын капшытынын ооруусу байкалат. Кээде ал өтө катуу ооруп эстен танууга алып келет, да сийдикте кан пайда болот.

**ОПУХОЛЬ ГРУДИНО-КЛЮЧИЧНО-СОСЦЕВИДНАЯ (sternomastoid tumour), көкүрөк-акырек-упчу сымал шишик** – чоң эмес оору туудурбаган коркунучсуз көкүрөк-акырек-упчу сымал булчуңдагы шишик, ал жаңы төрөлгөн ымыркайда пайда болот.

**ОПУХОЛЬ КРУКЕНБЕРГА (Krukenberg tumour), Крукенберг шишиги** – аялдын жумурткасына башка жерден көчүп, жылып келген рак, көпчүлүк учурда эки жагын тең зыян тарттырат. Ал шишик ичеги-карындан жайылып, жумурткага жармашат. Бул шишик экинчи жолу пайда болгон шишик болуп саналат; алгачкы шишик адатта карында же ичегиде өрчүйт.

**ОПУХОЛЬ ЛОЖНАЯ (phantom tumour), жалган шишик** – адамдын организминде ичте же башка бир жерде пайда болуучу шишикче, ал көбүнчө газдардын топтолушунан же булчуңдардын локалдык жыйрылуусунан пайда болот.

**ОПУХОЛЬ МОЗГА ЛОЖНАЯ (pseudotumour cerebri), мээдеги жалган шишик** – караңыз: Коркунуч туудурбаган баш сөөк ичиндеги гипертензия.

**ОПУХОЛЬ ОДОНТОГЕННАЯ (odontogenic tumour), одонтогендик шишик** – тиш тканында пайда болуучу сейрек кездешүүчү шишик түрүнүн бири; булардын эң негизгиси болуп амелобластома саналат.

**ОПУХОЛЬ РОДОВАЯ (caput succedaneum), төрөт учурундагы шишик** – жаңы төрөлгөн баланын башынын жумшак ткандарынын убактылуу шишип кетиши.

**ОПУХОЛЬ УОРТИНА (Warthin's tumour), АДЕНОЛИМФОМА (adenolymphoma), Уортин шишиги, аденолимфома** – кулактын жанындагы шилекей безинин шишиги, эпителиалдык же лимфа тканынан пайда болот жана анын ичинде кистоздук чөйчөкчөлөр пайда болот.

**ОПУХОЛЬ ЭНДОДЕРМАЛЬНОГО СИНУСА (endodermal sinus tumour), эндодермалдык синустун шишиги** – сейрек кездешүүчү шишик, энелик тукум безинин калдыктарынан же урук бездерден өрчүйт.

**ОСТЕОКЛАСТОМА (osteoclastoma), остеокластома** – остеокласттардын өтө тездик менен көбөйүүсүнүн натыйжасында пайда боло турган өтө сейрек кездешүүчү сөөк шишиги.

**ОСТЕОМА (osteoma), остеома** – сөөктүн коркунучсуз шишиги. Губкалык остеома (cancellous osteoma) (же экзостоз (exostosis)) өзү менен узун түтүктүү сөөктүн учундагы өсүштү элестетет, ал адатта учтуу бурчтуу чоку формасында болот. Компакттык остеома (compact osteoma) (же пил сөөгү сымал түстөгү шишик (ivory tumour)) адатта зыянсыз түзүлүштү элестетет, бирок кээде ал курчап турган ткандарды кысып калышы мүмкүн, эгер ал баш сөөктүн ичинде жайгашса. Остеоид – остеома (osteoid osteoma) сөөк пайда кылуучу клеткалардын өсүп кетиши менен мүнөздөлөт.

**ОСТЕОПЕТРОЗ (osteopetrosis), БОЛЕЗНЬ АЛЬБЕРС – ШЕНБЕРГА (Albers – Schonberg disease), БОЛЕЗНЬ МРАМОРНАЯ (marble-bone disease), остеопетроз, Альберс – Шенберг оорусу, мрамордук оору** – тубаса дарт, ал коркунуч туудуруучу остеосклероз, сөөктөрдүн морттугу жана анемия менен мүнөздөлөт. Жабыркаган сөөктөр рентгеногаммада өтө карарыңкы болуп көрүнүшөт. Кошумча караңыз: Остеосклероз.

**ОСТЕОСАРКОМА (osteosarcoma), остеосаркома** – сөөктүн коркунучтуу шишик оорусу. Айрыкча бул жаш жана өспөрүм курактагы балдар арасында кездешет. Бут сөөктөрү, ошондой эле сан тушунан орун алуу менен көпчүлүк учурда бул шишиктер өпкө жана боор органдарын көздөй орун которушат (метастаза).

**ОСТЕОХОНДРОМА (osteochondroma,** көпч. **osteochondromata), остеохондрома** – сөөк жана кемирчек тканы аралашкан шишик. Бул шишиктердин жарымы дарылоосуз, адатта коркунуч туудуруучу шишикке айланышы мүмкүн, ошондо алар хирургиялык жол менен алып салынат.

## П

**ПАПИЛЛОМА (papilloma), папиллома** – тери менен былжырлуу катмарлардын зыянсыз шишиги. Мисалы катары базалдык – клеткалык папилломалар (basal-cell papillomas) (караңыз: Кератоз (себорейдик)) жана табарсык папилломаларын (bladder papillomas) алсак болот. – Папилломатоздук (papillomatous).

**ПАРАГРАНУЛЕМА (paragranuloma), парагранулема** – Ходжкин оорусунун түрүнө кирет. Азыркы убакта бул ооруну Ходжкиндин лимфоцитардык оорусу (lymphocyte-predominant Hodgkin's disease) деп аташат.

**ПЕРИОД НАЧАЛЬНЫЙ (prime), баштапкы кырдаал** – (химиотерапияда) циклофосфамиддин аз дозасын берүү. Бул нур терапиясынын алдында берилет, же кайсы-бир башка дарылык заттын чоң дозаны берүүн алдында берилет. Бул кызыл сөөк чучугунун

кан жаратуучу клеткаларынын пролиферациясын туудурат, ал анын кийинки регенерациясына жардам берет.

**ПЛАЗМОЦИТОМА (plasmacytoma), плазмоцитома** – плазматикалык клеткалардын коркунуч туудурууучу шишиги, ал миелома менен көп окшоштуктары бар. Ал сөөк чучугундагы түзүлүш, ал плазматикалык клеткалардын паталогиялык көбөйүшү менен мүнөздөлөт. Орулууда ар кандай органдар жана ткандар жабыркангандыктан симптомдордун комплексинин пайда болушу байкалат.

**ПРЕДРАКОВЫЙ (precancerous), рак алдындагы** – бул термин ар кандай коркунуч туудурбаган шишиктерге бирок кийинчерээк рак шишигине алып келген ооруларга тиешелүү. Мындай рак алдындагы абалдарга, мисалы, вульванын лейкоплакиясы карайт. Кошумча караңыз: Метаплазия.

**ПСАММОМА (psammoma), псаммома** – өтө сейрек учуроочу, катмар-катмар акиташтуу шишик (псаммоздук денечелер (psammoma bodies)). Мындай шишиктин пайда болушу көп учурда энелик тукум безинин рагында кездешет, бирок кээде ал мээнин кабык челдеринде (баш мээни курчап турган кабыктарда) өрчүшү мүмкүн.

**ПСЕВДОМИКСОМА (pseudomyxoma), псевдомиксома** – мукоиддик шишик, ич көңдөйүндө пайда болот, көпчүлүк учурда тукум безинин көпчүлүктүү миксомалары менен бирге пайда болот. Перитонеалдык псевдомиксомада (pseudomyxoma peritonei) миксоманын ичиндегиси (адатта ал тукум безинде өрчүйт) ич көңдөйүнө куюлат жана ошол жерде өрчүүсүн улантат, кээде чоң шишикти пайда кылат.

## Р

**РАБДОМИОМА (rhabdomyoma), рабдомиома** – скелеттик булчуңдардын же жүрөк булчуңунун сейрек кездешүүчү коркунуч туудурбаган шишиги.

**РАБДОМИОСАРКОМА (rhabdomyosarcoma), рабдомиосаркома** – туурасынан кеткен таргыл булчуңдарда пайда болуучу коркунучтуу шишик. Плеоморфтук рабдомиосаркома (pleomorphic rhabdomyosarcoma) улгайган адамдарда өрчүшү мүмкүн; адатта бул шишик аяктардын булчуңдарын жабыркайт. Эмбрионалдык рабдомиосаркомалар (embryonal rhabdomyosarcomas) ымыркайларда, кичинекей балдарда жана жаш адамдарда өрчүшү мүмкүн; бул шишиктер чеңгел сымал (botryoid), болуп классификацияланышат, алар адатта кында, табарсыкта, кулакта ж.б. өрчүшөт; эмбрионалдык (embryonal), көпчүлүк учурда башта жана моюнда, өзгөчө көз чарасынын жанында өрчүйт; жана альвеолярдык (alveolar), чоң бармактын негизинде өрчүйт.

**РАК (cancer), рак** – карцинома жана саркома менен бирге кандай гана болбосун коркунуч жарата турган шишик. Рак – эпителий тканынан турган коркунуч туудурууучу шишик. Негизинен ал айланасындагы ткандарды жабыркатып, кыйрата турчу клеткалардын аномалдык жана көзөмөлгө алынбаган бөлүнүүлөрүнөн улам өнүгөт. Рактын клеткалардын тарашы (метастазаланышы) кан айлануу жолдору, өпкө жана ич көңдөйлөрү аркылуу жүрөт.

**РАК ГРУДИ, РАК МОЛОЧНОЙ ЖЕЛЕЗЫ (breast cancer), эмчек рагы, сүт безинин рагы** – сүт безинин коркунучтуу шишиги (адатта карцинома, чанда бир учурларда – саркома). Оору эмчек безинде шишиктин пайда болуусу менен мүнөздөлөт. Шишик сөөк, өпкө жана боорго өтүп кетүүсү мүмкүн.

**РАК ЖЕЛУДКА ДИФФУЗНЫЙ (linitis plastica, leather-bottle stomach), карындын диффуздук рак оорусу** – коркунуч туудурууучу шишик, ал карындын былжырлуу челинин эпителийинен пайда болот. Онкологиялык дарттардын эң эле кенен таралганы болуп саналат. Карындын каалаган бөлүгүндө өрчүшү мүмкүн жана башка органдарга таралат, өзгөчө кызыл өңгөчкө, өпкөгө жана боорго.

**РАК ЛЕГКОГО (lung cancer), өпкө рагы** – дем алуу жолдорунун эпителийлерин (бронхдордун рагы (bronchial cancer)) жана өпкөнү жабырката турчу рак оорусунун кеңири жайылган формасы болуп саналат; көбүнчө тамекини чеккен адамдар менен (асбест менен да) дем алышкан адамдарда жолугат.

**РАК ПРЕДСТАТЕЛЬНОЙ ЖЕЛЕЗЫ, РАК ПРОСТАТЫ (prostate cancer), урук чыктагыч бездин рагы, простатанын рагы** – көбүнчө улгайып калган эркектерде жолуга турчу урук чыктагыч безинин коркунучтуу шишиги (карцинома). Адатта шишик жакын жайгашкан ткандарга өтөт, кошуна жайгашкан лимфа түйүндөрүнө таралып жана сөөктөргө метастазаларды берет.

**РАК ЦЕРВИКАЛЬНЫЙ (cervical cancer), КАРЦИНОМА ЦЕРВИКАЛЬНАЯ (cervical carcinoma), цервикалдык рак, цервикалдык карцинома** – жатын моюнчасынын рагы. Шишик жатын моюнчасынын үстүнкү эпителийинен (кабырчыктуу карцинома) же цервикалдык канал безинин эпителийлеринен (аденокарцинома) өнүгүп чыгуусу мүмкүн.

**РАК ЯИЧНИКА (ovarian cancer), энелик бездин рагы** – энелик бездеги коркунуч туудурган шишик, карцинома. Ал алгачкы мүнөздү алып жүрүшү мүмкүн, негизги очогу болуп тукум безинин ткандарында орун алса, ошондой эле кайталануучу (метастатикалык), алгачкы очогу менен дененин каалаган жерлеринде. Алгачкы жабыркануударга карцинома кирет. Метастатикалык жабыркануударга тукум безинин жабырканышы көп кездешет: эндометриянын шишигинде, эмчек безинин, жоон ичегинин, карындын жана жатын моюнчасынын жабыркануулары кирет.

**РАНУЛА (ranula), ранула** – тилдин алдындагы бездин шишиги, барсылдагы, ал шилекей безинин түтүгүнүн бүтөлүп калышынан жана толуп калышынан пайда болот.

**РЕТИКУЛЕЗ (reticulosis), ретикулез** – иммундук системанын клеткалырынын аномалдык өсүшү, адатта коркунуч туудуруучу клеткалардын. Караңыз: Лимфома, Ходжкин оорусу, Беркиттин лимфомасы.

**РЕТИКУЛОЭНДОТЕЛИОЗ (reticuloendotheliosis), ГИСТИОЦИТОЗ X (histiocytosis X), ретикулоэндотелиоз, гистиоцитоз X** – ретикулоэндотелиалдык системадан өсүп чыккан ткандар, ал сөөк чучугунда шишиктин өрчүшү менен (эозинофилдик гранулема (eosinophilic granuloma)), же баш сөөктөгү сөөктөрдүн талкаланышы менен (Хенд – Шюллер – Крисчендин оорусу (Hand – Schuller – Christian disease)) менен туудурулат.

**РЕТИНОБЛАСТОМА (retinoblastoma), ретинобластома** – көздүн тор катмарынан өсүп чыккан коркунучтуу шишик. Ал ымыркайларда өрчүйт.

## С

**САРКОИД (sarcoid), саркоид** – 1. Саркоидоз оорусунда теринин жабыркашы. 2. Жумшак ткандар шишиги.

**САРКОМА (sarcoma), саркома** – бириктирүүчү ткандардын өсүшү. Өсүп башталганда чыккан зыяндуу шишик. Мындай шишиктер кайсы бир орган менен гана чектелбестен, адам денесинин бардык бөлүктөрүндө пайда болушат. Аларга: фиброздук ткан, булчуң, май ткандары, сөөк, кемирчек, муун, кан, лимфа тамырлары ж.б. кирет. Кошумча караңыз: Хондросаркома, Фибросаркома, Лейомиосаркома, Липосаркома, Лимфангиосаркома, Остеосаркома, Рабдомиосаркома. – Саркоматоздук (sarcomatous).

**САРКОМА БОТРИОИДНАЯ (sarcoma botryoides), ботриоддук саркома** – караңыз: Карциносаркома.

**САРКОМА КАПОШИ (Kaposi's sarcoma), Капоши саркомасы** – тери кан тамырлардагы коркунуч туудуруучу шишиктер менен өсүп кетүүчү системалык оору. Ал кочкул кызыл же кара-күрөң оору туудурдаган өрмөлөр же түйүндөр түрүндө болот.

**САРКОМА ЮИНГА (Ewing's sarcoma), Юинг саркомасы** – жаш жана өспөрүм балдарда кездешүүчү коркунучтуу сөөк шишиги (караңыз: Кодмэндин үч бурчтугу). Остеосаркомадан айырмаланып ал жамбаш сөөгүн жабыркатат, бирок башка сөөктөргө жана өпкөгө да өтүп кетиши ыктымал.

**САРКОМА ЯИЧКА (sarcocele), урук безинин саркомасы** – урук безиндеги коркунучтуу шишик.

**СЕМИНОМА (seminoma), семинома** – эркектин урук безине чыккан коркунучтуу шишик оорусу. Тератомадан айырмаланып көбүнчө кары адамдарда жолугат. Локалдуу шишиктин эң эле эффективдүү дарылоо түрү болуп, анын жабыркаган жумурткасы менен хирургиялык алып салуу болуп саналат (караңыз: Орхидэктомия). Кайталанган шишиктерди (метастаздарды), дарылоо үчүн, химиотерапия жана нурлануу терапиясы, жабыркануучу лимфа түйүндөрдү алып салуу менен кошо колдонулат. Мындай шишик энелик тукум безинде да өрчүшү мүмкүн (караңыз: Дисгерминома).

**СИМПТОМ ТРОЙСИЕРА (Troisier's sign), Тройсиер симптому** – моюндун сол жагындагы лимфа бездеринин чоңоюп кетиши, ал карын кациномасында байкалат.

**СИНДРОМ АТИПИЧНОГО НЕВУСА (atypical mole syndrome), СИНДРОМ ДИСПЛАСТИЧЕСКОГО НЕВУСА (dysplastic naevus syndrome), атиптүү невустун синдрому, дисплатикалык невустун синдрому** – адамда көп сандаган темгилдүү невустардын болушу; кээ бирлери чоң көлөмдө жана туура эмес формада болушу мүмкүн. Буд синдром тукум куучулук болушу мүмкүн жана адамда меланоманын өрчүп жатканын тастыктайт.

**СИНДРОМ БАДДА – КИАРИ (Budd – Chiari syndrome), Бадд – Киари синдрому** – бөйрөк венасынын шишик же тромб менен бүтөлүп калуусунан улам пайда боло турган сейрек кездешүүчү оору. Мүнөздүү белгилери болуп асцит жана боор циррозу саналат.

**СИНДРОМ ЗОЛЛИНГЕРА – ЭЛЛИСОНА (Zollinger – Ellison syndrome), Золлингер – Эллисон синдрому** – гастринома, карын алдындагы бездин шишиги, ал коркунуч туудурбаган жана коркунуч туудурган болушу мүмкүн, бирок кандай болсо да гормондорду бөлүп чыгарат, ал болсо карын жаракатын туудурат. Бул өтө сейрек кездешүүчү дарт, бир миллион кишиден биринде гана болот.

**СИНДРОМ ПАРАНЕОПЛАСТИЧЕСКИЙ (paraneoplastic syndrome), паранеопластикалык синдром** – коркунуч туудурган шишиктер өрчүгөн оорулуу адамдарда бул симптомдор болот. Шишикти алып салуу алардын жок болуп кетишине алып келет. Анткени, оор псевдопаралитикалык миастения адамда богок безиндеги шишиктин экинчи белгиси болуп саналат. Паранеопластикалык синдромдор орто жаштагы жана улгайып калган курактагы бейтаптарда көп таралат, жана өпкөдөгү рак оорусунда, эмчек безинин рагында, тукум безинин рагында жана лимфомада өрчүйт.

**СИНОВИОМА (synovioma), синовиома** – синовиалдык мембрананын коркунуч туудурбаган же коркунучтуу мүнөзгө ээ шишиги; коркунучтуу синовиомалар (синовиалдык саркомалар (synovial sarcomas)) синовиалдык ткан кездешпеген жерлерде жаралышат (мисалы, кызыл өңгөч ткандарында).

**СИРИНГОМА (syringoma), сирингома** – тер бездериндеги көп сандагы коркунуч туудурбаган шишик. Бет, моюн же көкүрөктө анча чоң эмес катуу нерселердин пайда болушу менен мүнөздөлөт.

**СКИРРОЗНЫЙ, УПЛОТНЕННЫЙ (scirrhous), скирроздук, тыгыз** – бул термин карциномаларды сүрөттөөдө колдонулат, кармаганда таш сыяктуу сезилет. Мындай карцинома (мисалы, эмчек безинин) скирр же фиброздук рак (scirrhus) деп аталат.

**СПОНГИОБЛАСТОМА (spongioblastoma), спонгиобластома** – караңыз: Глиобластома.

**СТЕАТОМА (steatoma), стеатома** – ыйлаакча же май безинин шишиги.

## Т

**ТЕРАТОМА (teratoma), тератома** – түйүлдүк туура эмес өсүүдөн келип чыккан шишик. Адатта, тератомалар урук без жана тукум бездерде пайда болушат; өз кезегинде булар эмбрионалдык клеткалардан пайда болушуп, ткандардын ар кыл түрлөрүнө дифференцияланып кетүү мүмкүнчүлүгүнө ээ деген божомолдор бар. Урук безинин коркунуч туудурган тератомасы (malignant teratoma of the testis) кээде жаш курактагы эркектерде, калтага урук безинин түшпөгөндүгүнөн өрчүшү мүмкүн.

**ТИМОМА (thymoma), тимома** – тимустун коркунучсуз же коркунучтуу мүнөздөгү шишиги. Айрым учурларда мындай шишиктин жаралышы, булчуңдардын оңой эле үзүлүп кетүүсү менен коштолгон өнөкөт оору – псевдопаралитикалык миастениянын келип чыгышы менен коштолуусу мүмкүн.

**ТИРОЦЕЛЕ (thyrocele), тироцеле** – калкан безиндеги шишик. Караңыз: Богок.

**ТОРУЛЕМА (toruloma), торулема** – криптококкоздун кесепетинен өрчүүчү өпкөдө пайда болуучу шишикти элестетүүчү түзүлүш.

**ТРИХОБЕЗОАР (trichobezoar), трихобезоар** – түктүү шишик: ашказанда түктүү конкременттердин пайда болуусу. Алардын курамы адам баласынын чачынан тартып, жаныбарлардын жүнүнөн турушу мүмкүн (караңыз: Безоар).

## Ф

**ФАКТОР ОПУХОЛЕВЫЙ НЕКРОТИЧЕСКИЙ (tumour necrosis factor (TNF)), некротикалык шишик фактору** – спецификалык белок, ал шишик клеткаларынын бузулушуна алып келет. Некротикалык шишик факторун коддоочу ген, коркунуч туудуруучу шишиктерди дарылоодогу эксперименталдык генетикалык изилдөөлөрдө колдонулат.

**ФЕОХРОМОЦИТОМА (phaeochromocytoma), феохромоцитома** – бөйрөктүн үстүндөгү безинин ички жумшак бөлүгүнөн өсүп чыккан чоң эмес шишик. Ушул учурда бир заматта кандын басымы өтө жогорулоо байкалат, жүрөк жыйрылышынын жыштыгы көбөйөт; андан тышкары, адамды жүрөктүн бат- бат согушу жана баш оорусу тынчсыздандырат.

**ФИБРОМА (fibroma,** көпч. **fibromas** же **fibromata), фиброма** – кан тамырга бай, бириктиргич ткандан турган коркунучсуз шишик.

**ФИБРОМИОМА (fibromyoma), фибромиома** – бириктирүүчү жана булчуң тканынан туруп, кан тамырга бай коркунучсуз шишик. Көпчүлүк учурларда жатында кездешет (караңыз: Фиброид).

**ФИБРОСАРКОМА (fibrosarcoma), фибросаркома** – бириктиргич ткандын коркунуч туудурган шишиги – саркома, фибробласттардан жаралат. Фибросаркома адатта жумшак ткань же сөөктөрдү жабыркатат; кайсы гана органда болбосун пайда болуп, негизинен кол-бутка зыян келтирет.

**ФОТООБЛУЧЕНИЕ (photoradiation), фотонурдануу** – гематопорфиринден бөлүнүп чыккан затка (haematoporphyrin derivative, HPD) карата жасала турчу жарык реакциясынын негизинде айрым бир шишиктерди таап, жок кылуу ыкмасы.

## Х

**ХОЛАНГИОКАРЦИНОМА (cholangiocarcinoma), холангиокарцинома** – өт түтүгүндөгү коркунуч туудуруучу шишик. Өзгөчө көп убакта оң жана сол боор түтүгүндөгү кошулган жерлерде пайда болот жана обтурациондук сарыктын өрчүшүнө алып келет.

**ХОЛАНГИОМА (cholangioma), холангиома** – өттүн өткөөлүнүн ички бетиндеги эпителий клеткаларынан өсүп чыккан шишик.

**ХОНДРОБЛАСТОМА (chondroblastoma), хондробластома** – хондробласттардан келип чыгуучу шишик; сырткы көрүнүшү боюнча чогулган жана дифференцияланган кемирчек тканын элестетет.

**ХОНДРОМА (chondroma), хондрома** – кемирчектен пайда болгон шишик; ал сөөктүн өсүп жаткан учунда өрчүшү мүмкүн, бирок көпчүлүк учурда бут кетменин жана чеңгел сөөктөрдө пайда болот. Көпчүлүк учурларда залалсыз өсөт. Кошумча караңыз: Дисхондроплазия, Энхондрома, Экхондрома.

**ХОНДРОСАРКОМА (chondrosarcoma), хондросаркома** – кемирчектен өсүп чыккан өтө коркунуч туудурган шишик (көпчүлүк учурда сан сөөгүнүн астынкы бөлүгүндө жана чоң балтыр сөөгүндө пайда болот). Дарылоо процессинде шишик хирургиялык жол менен алынат, же нурлануу терапиясына дуушар болот.

**ХОРДОМА (chordoma), хордома** – сейрек кездешүүчү шишик, ал түйүлдүктүн хордасынын калдыктарынан пайда болот. Өрчүүчү жерлери баш сөөктүн негизи жана куймулчак аймагы болуп саналат.

**ХОРИОНЭПИТЕЛИОМА (chorionepithelioma), ХОРИОКАРЦИНОМА (choriocarcinoma), хорионэпителиома, хориокарцинома** – түйүлдүктүн эпителий клеткасынан өсүп чыккан коркунуч туудурган шишик. Ал клетка жатын чөйрөсүндө эмес, башка жерде, башкача айтканда, өпкөдө, боордо өсүшү өмүргө коркунуч алып келет.

## Ц

**ЦИН (CIN), цин** – цервикалдык рактын инвазивдик баскычтын алдында жатын моюнчасында болуучу клеткалык өзгөрүүлөр. Караңыз: Интраэпителиалдык цервикалдык неоплазия.

**ЦИСТОСАРКОМА ФИЛОИДНАЯ (cystosarcoma phylloides), филоидүү цистосаркома** – сүт бездеринин бириктиргич тканында кездешүүчү түрдүү клеткалык түзүлүшкө ээ коркунучтуу шишик.

**ЦИТОЛОГИЯ (cytology), цитология** – клеткалардын түзүлүшүн, химиялык курамын, өнүгүүсүн жана аткара турган функцияларын изилдөөчү илим. Ар кандай дарттарды диагностикалоодо клеткалардын микроскопиялык изилдөөсү колдонулат. Бул клеткалар орандардын былжырлуу челин кырып чыгаруу жолу менен алынат, мисалы, цервикалдык цитологияда (cervical cytology) (караңыз: Цервикалдык мазок), аспирацияда (караңыз: Аспирациондук цитология), же мурун чогултулган клеткалардан жыйналат (эксфолиативдик цитология (exfoliative cytology)). Кошумча караңыз: Биопсия. – Цитологиялык (cytological).

**ЦИТОЛОГИЯ АСПИРАЦИОННАЯ (aspiration cytology), аспирациондук цитология** – шишиктен же кистадан шприцтин жардамы менен алынган клеткалардын аспирациясы жана аны андан ары микроскопиялык изилдөөсү. Кошумча караңыз: Аспирациондук ичке ийнелик цитология.

**ЦИТОЛОГИЯ ТОНКОИГОЛЬНАЯ АСПИРАЦИОННАЯ (fine-needle aspiration cytology (FNAC)), аспирациондук ичке ийнелик цитология** – ткандын үлгүсүн цитологиялык изилдөө ыкмасы, ал ичке ийненин аспирациясынын жардамы менен алынат. Бул шишик клеткаларынын жана кистанын клеткаларын анализ өткөрүүгө жардам берет. Караңыз: Аспирациондук цитология.

## Ш

**ШВАННОМА (Schwannoma), шваннома** – шишик, ал шванндык клеткалардан өсөт жана нервдердин миелин кабын пайда кылат (караңыз: Нейрофиброма). Нервдердин ши-

шиктеринин эки негизги түрүн айырмалашат: шванномалар жана нейрофибромалар. Шванномалар адатта жалгыз болушат жана нервдин кабынан өсүшөт, бул анын алып салуусун жеңилдетет. Бул шишиштерди дагы невриномалар жана неврилеммомалар деп аташат. Алар нерв каптарынын шванндык клеткаларынан пайда болушат. Көпчүлүк учурда киреберишалдындагы – үлүлдүк нервдин шванномасы кездешет. Экинчи орунда көп кездешүүчү үчилтик нервдин шванномасы турат. Шванномалар каалаган баш сөөктүк жана жүлүндүк нервдин кабыксаларынан өсүп чыгышат, бирок көрүү жана жыт таануу нервинен тышкары, алардын миелинизациясы шванн клеткалары менен эмес олигодендроглия менен камсыздалат.

## Э

**ЭКЗОСТОЗ (exostosis), экзостоз** – кээ бир оорулардагы коркунуч туудурбаган сөөктүн сыртынын уркуюп өсүшү. Караңыз: Остеома.

**ЭКХОНДРОМА (ecchondroma,** көпч. **ecchondromata), экхондрома** – коркунуч туудурбаган кемирчектик шишик (караңыз: Хондрома), ал сөөктүн кырынан уркуюп чыгып турат. Салыштыруу үчүн: Энхондрома.

**ЭНДОТЕЛИОМА (endothelioma), эндотелиома** – шишик, ал эндотелий клеткаларанан же аларды структурасы боюнча элестетип тургандардан пайда болот. Эндотелиома лимфа же кан тамырларды каптагандардан ((гемангиоэндотелиомадан (haemangioendothelioma) жана лимфангиоэндотелиомадан (lymphangioendothelioma)); плевралдык же ич көңдөйлүк же мээ каптарынан (караңыз: Менингиома) өрчүшү мүмкүн.

**ЭНХОНДРОМА (enchondroma,** көпч. **enchondromata), энхондрома** – сөөк ткандарынын ичинен өсүп чыккан кемирчек шишиги (караңыз: Хондрома). Мындай шишиктер жалгыз болушат; эгер адамда көп шишиктер өрчүп чыкса, бул учурда аларды энхондроматоз (enchondromatosis) деп аташат. Салыштыруу үчүн: Экхондрома.

**ЭПЕНДИМОМА (ependymoma), эпендимома** – эпендимоциттерден (мээ карынчаларындагы көңдөйчөлөрдө төшөлгөн глиалдык клеткалар (караңыз: Эпендима)) келип чыгуучу мээ шишиги. Жүлүн суусунун келишине тоскоолдук жаратып, гидроцефалиянын келип чыгуусуна шарт түзүүсү мүмкүн.

**ЭПИТЕЛИОМА (epithelioma), эпителиома** – мүчөлөрдү каптоочу эпителий тканынан өсүп чыккан коркунучтуу шишик, рак. Мурда бул шишик карцинома деп аталчу.

**ЭРИТРОПЛАЗИЯ (erythroplasia), эритроплазия** – ооз көңдөйүндөгү былжырлуу катмарда же жыныстык органдарда ооруу сезими менен коштолгон кызыл тактардын пайда болуусу. Бул коркунучтуу шишиктин келип чыгуусун туудурат.

**ЭХИНОКОККОЗ ОДНОКАМЕРНЫЙ (hydatid disease), ГИДАТИДОЗ (hydatidosis), ЭХИНОКОККИАЗ (echinococciasis), ЭХИНОКОККОЗ (echinococcosis), бир камералуу эхинококкоз, гидатидоз, эхинококкиаз, эхинококкоз** – өпкө, боор же баш мээдеги гидатиддүү кистанын натыйжасында келип чыгуучу ооруу. Echinococcus multilocularis түрүндөгү личинкалар менен туудурулган ыйлаакчалар (кисталар), коркунуч туудуруучу шишиктердин өрчүшүнө алып келет; E. Granulosus түрүндөгү личинкалар өсүү процессинде курчап турган ткандарга кыйла басым көрсөтүшөт, алардын кыйрашын туудурат.

# ОТОЛАРИНОЛАРИНГОЛОГИЯ



## А

**АКУСТИЧЕСКИЙ (acoustic), акустикалык** – үнгө, угууга байланыштуу.

**АНГИНА ВЕНСАНА (Vincent's angina), Венсан ангинасы** – жаракаланган гингивиттин эскирип калган аталышы.

**АНГИНА ЛЮДВИГА (Ludwig's angina), Людвиг ангинасы** – алдыңкы ээктин, тамактын кошуучу ткандарынын ириң оорусу.

**АНОСМИЯ (anosmia), аносмия** – жытты биле албоо. Аносмия тубаса жана ээ болгон болушу мүмкүн. Ээ болгон аносмия нерв жолдорунун жабырканышы менен байланыштуу болушу мүмкүн (вирустук дарттардын кесепетинен), баш мээнин кээ бир жабыркануударынан, ошондой эле аба өткөн жолдордун бузулушунун нетыйжасында ринитте жана башка дарттар менен байланыштуу болушу мүмкүн.

**АНТРОСКОПИЯ (antroscopy), антроскопия** – эндоскоптун жардамы менен мурундагы кошумча көңдөйдү изилдөөгө алуу (караңыз: Кошумча мурун көңдөйчөлөрү).

**АФОНИЯ (aphonia), афония** – үнсүздүк, үнү басыңкы чыгуу, шыбырап сүйлөө. Эгер речтин жоголушу чоң мээнин жарым шарынын жабырканышы менен байланышса, анда бул учурда дарт афазия деп аталат.

## Б

**БАРОТИТ (barotitis), баротит** – кулак оорусу, ал атмосфералык басымдын өзгөрүшү менен пайда болот, мисалы самолет менен саякаттоодо.

**БАРОТРАВМА I (barotrauma), баротравма I** – атмосфералык басым жогору же төмөн болгондугунан кулактын жараналуусу, үн (евстахий) түтүгүнүн же мурун жанындагы көңдөйлөрдүн жабыркануусу. Мисалы, катуу дабыштан кийин кулактын тарсылдагынын жарылышы.

**БИНАУРАЛЬНЫЙ (binaural), бинауралдуу** – ар тарапты эки кулагы менен бирдей угуучу адам.

**БОЛЕЗНЬ МЕНЬЕРА (Meniere's disease), Меньер оорусу** – өзгөчө сезгенбей эле ооруган ички кулактын оорусу. Ал оору кулак укпоо, кулак чуулдоо жана өзүнө-өзү эле тең салмактуулугун жоготуп, баш айлануу менен мүнөздөлөт. Бул учурда кусу, жүрөк айлануу байкалат, оорунун себеби болуп, ички кулактын эндолифматикалык системасынын жабыркашы, эндолифма продукциясынын ашыкча көптүгү саналат. Медицинадагы аталышы: Эндолимфатикалык сары суу басуу оорусу (endolymphatic hydrops).

**БОЛЬ В УХЕ (earache), кулактагы оору** – караңыз: Отит, Оталгия.

## Г

**ГИПЕРОСМИЯ (hyperosmia), гиперосмия** – жыт сезүү сезиминин өтө күчтүү өөрчүшү.

**ГИПОСМИЯ (hyposmia), гипосмия** – жыт билүү сезиминин паталогиялык начарлашы. Кошумча караңыз: Гипестезия.

**ГЛОССИТ (glossitis), глоссит** – тилдин сезгениши. Глосситтин негизги себептеринин бири болуп: анемия, кандидоз жана организмдеги айрым бир витаминдердин жетишсиздиги саналат.

**ГЛУХОТА (deafness), дүлөйлүк** – кулактын жарым-жартылай же толук түрдө укпай калышы. Кондиктивдүү дүлөйлүк (conductive deafness) үндүн кулакка туура эмес келишинен улам пайда болот. Бул дефект кулак тарсылдагынын жарылып калышы, кулак ичинде

суюктуктун же жугуштуу оорулардын болушу менен байланыштуу болуусу мүмкүн. Дүлөйлүктүн бир тибин башка типтен айырмалоо, атайын тесттер (караңыз: Ринне пробасы, Вебердин тести) аркылуу айырмаласа болот; дүлөйлүктү дарылоо анын түпкү себебинен, эмнеден пайда болгонугунан көз каранды болот. Кошумча караңыз: Үлүлдүк имплантат, Угуу аппараты.

## Ж

**ЖЕЛЕЗА ОКОЛОУШНАЯ (parotid gland), жуп шилекей бези** – кулак калканынан ылдыйраак же жаактынэки капталында жайгашкан жуп без. Бездердин оозу, үстүнкү жаактын экинчи акыл азуу тушундагы ооз көңдөйүндө жайгашкан.

**ЖЕЛЕЗА ПОДНИЖНЕЧЕЛЮСТНАЯ (submandibular gland, submaxillary gland), ылдыйкы жаак алдындагы без** – ылдыйкы жаак үч бурчтугунда жайгашкан жуп шилекей бези. Түтүкчөнүн суюктук чыгуучу оозу (вартон түтүкчөсү (Wharton's ducts)) тил алдындагы эмчекченин эки тарабынан ачылат.

**ЖЕЛЕЗА ПОДЪЯЗЫЧНАЯ (sublingual gland), тил алдындагы без** – тилдин эки капталында жайгашкан жуп шилекей без. Булар шилекей бездеринин ичинен көлөмү боюнча эң кичинекейлери болуп саналышат. Бездердин ар бири алдыңкы жаак безинин оозу менен бирге ачылуучу тил алдындагы башкы – чоң түтүкчөгө жана көпчүлүгү ооз көңдөйүндө ачылуучу бир нече кичи түтүкчөгө ээ.

## З

**ЗАВИТОК, СПИРАЛЬ (helix), иймек, спираль** – кулактын сырткы аймагындагы калың иймек сымал жери.

**ЗЕРКАЛО УШНОЕ, ОТОСКОП (auriscope, otoscope), кулак күзгүсү, отоскоп** – кулак тарсылдагын жана кулактын сырткы угуу жолдорун изилдөөчү аспап.

## К

**КАКОСМИЯ (cacosmia), какосмия** – бир нерсе жыттанбаса деле, сасык жыт жыттанат деп эсептөө. Мисалы, бул көбүнчө мурундун каңылжаарлары сезгенгенде байкалат. Дарт адатта баш мээнин тиешелүү борборлорунун бузулушу менен байланышкан, бирок мурундун же жыт билүү нервдердин жабырканышы менен эмес.

**КАПСУЛА СЛУХОВАЯ (otic capsule), үн капсуласы** – эмбриондун башындагы чыны сымал кемирчектүү өсүш, андан кийин ички кулактын сөөктүү лабиринти өрчүйт.

## Л

**ЛАБИРИНТ (ВНУТРЕННЕГО УХА) (labyrinth (inner ear)), лабиринт (ички кулактын)** – тең салмактуулук жана угуу органдарын түзүүчү, көңдөйчөлөрдөн жана угуу жолдорунан турган система. Жаргак сымал лабиринт (membranous labyrinth) бири бири менен байланышкан мембранндык каналдарды жана камераларды камтыйт: жарым иймек каналдар, жатынча, баштыкча (тең салмактуулук орган) жана үлүл (угуу органы). Лабиринттин ичи атайын суюктук-эндолимфа (endolymph) менен толтурулган.

**ЛАБИРИНТ КОСТНЫЙ (bony labyrinth), сөөктүү лабиринт** – караңыз: Лабиринт.

**ЛАБИРИНТ ПЕРЕПОНЧАТЫЙ (membranous labyrinth), жаргак сымал лабиринт** – караңыз: Лабиринт (ички кулактын).

**ЛАБИРИНТИТ (labyrinthitis), ОТИТ ВНУТРЕННИЙ (otitis interna), лабиринтит, ички отит** – ички кулак лабиринтинин сезгениши. Караңыз: Отит.

**ЛАКУНА (lacuna, көпч. lacunae), лакуна** – (анатомияда) денедеги анча чоң эмес чуңкурча, оюк; мисалы, сөөктүн тыгыз катмарынын бириндеги боштук, ал жерде сөөк клеткалар орун алган.

**ЛАРИНГИТ (laryngitis), ларингит** – тамактын жөнөкөй сезгениши. Коконун жана үн түйүндөрүнүн сезгениши, ал бактериалдык же вирустук инфекция менен туудурулат же газдар менен, химиялык заттар менен ж.б. менен ууланууну кесепетинен келип чыгат.

**ЛАРИНГОСКОПИЯ (laryngoscopy), ларингоскопия** – эндоскоптун бир түрү – ларингоскоп же анча чоң эмес күзгүнүн жардамы менен кокону текшерүү.

**ЛАРИНГОСПАЗМ (laryngismus, laringospasm), ларингоспазм** – бир заматтын ичинде эле тамактын булчуңдары тырышуудан дем ала албай, эстен таанып калуу. Ларингоспазм көпчүлүк учурда кокону анестетиктер менен дүүлүктүргөндө, кайсы бир бөтөн денелер туруп калгандыктан, жана круп оорусунан пайда болгону көп кездешет.

**ЛАРИНГОФАРИНКС (laryngopharynx), ГИПОФАРИНКС (hypopharynx), ларингофаринкс, гипофаринкс** – кулкундун коко бөлүгү, ал тил астындагы сөөктүн алдында жайгашкан.

**ЛАРИНГОЦЕЛЕ (laryngocele), ларингоцеле** – өрчүүнүн дефектиси, мында аба баштыгы коко менен кошулат. Натыйжада моюнда мүнөздүү шишип кетүү пайда болот, ал жөтөлгөн мезгилде же адам чыңалган мезгилде шишип кетет.

**ЛЕПТОФОНИЯ (leptophonia), лептофония** – үндүн бошондошу.

## М

**МАСТОИДИТ (mastoiditis), мастоидит** – кулак түптүн упчу сымал сөөгүнүн сезгениши. Чыкый сөөктүн упчу сымал урчугунун жана аба алып жүрүүчү чуңкурлардын, анын ичинде упчу сымал коңулдун (mastoid antrum) сезгениши, ал ортонку кулактын көңдөйү менен байланышат. Сезгеничтин себеби болуп, ортонку кулактан таралган бактериалдык инфекция болуп саналат (караңыз: Отит (ортонку)). Кээде хирургиялык кийлигишүү өткөрүүнүн кажети керек болуп калат (караңыз: Мастоидэктомия).

**МЕМБРАНА БАЗИЛЯРНАЯ (basilar membrane), базилярдык мембрана** – ички кулактын үлүлүндөгү мембрана. Ички кулактагы үлүлдөгү мембрана, үч каналдын (тепкичтин) экөөсүн бөлүп турган үлүлдүн узун спиралы аркылуу түз узарат (үлүлдүк түтүк жана тарсылдак тепкичи). Спиралдык (кортиев) органы, үндүн сезгичтигин аткарат, ортонку тепкичтин (үлүлдүк түтүктүн) базилярдык мембранасында орун алган.

**МЕШОЧЕК СФЕРИЧЕСКИЙ (saccule (sacculus)), сфералык баштыкча** – кулак лабиринтинин ички тарсылдагынын алдындагы эң кичинекей баштыкчасы. Бул баштыкча (эндолимфа менен) суюктугу менен толтурулган; ичинде так бар, ал рецептордук чачтуу клеткаларды камтыйт, дененин жана баштын мейкиндиктеги өзгөрүүлөрдү байкайт.

**МИРИНГИТ (myringitis), мирингит** – кулак тарсылдаганын сезгенип оорушу. Караңыз: Отит (ортонку).

## Н

**НАЗИОН (nasion), назион** – мурун жана чекени сагиталдуу жалпактыктын кесилишүүчү чекити. Назион же үстүнкү мурундук чекит - адамдын баш сөөгүндөгү антропометрикалык чекит, бул мурун маңдай тигишинин (маңдай сөөк менен мурун сөөгүнүн кошулган жери) сагиталдык жалпактык менен кесилишкен чекит. Мурун маңдайдын эң чуңкур чекити болуп саналат.

**НАЗОФАРИНГИТ ПРИ ФРАМБЕЗИИ ДЕСТРУКТИВНЫЙ (gangosa), фрамбезиянын алдындагы деструктивдүү назофарингит** – фрамбезиянын акыркы стадиядагы жабыркануусу (ал өзүнө мурундун жана таңдайдын катуу ткандарыын кыйла деструкциясын камтыйт).

**НАКОВАЛЬНЯ (incus), дөшүчө** – кулак ичиндеги чоң эмес бир сөөк, ал ортонку кулактын көңдөйүндө жайгашкан, жана дөшүнү элестетет; ал балка менен үзөңгүнү бириктирет. Караңыз: Сөөкчө.

**НОЗДРИ (nares, жекелик. naris, nostrils), таноолор** – мурун тешикчелери. Мурун көңдөйүнүн эки алдыңкы тешикчелери (external (or anterior) nares) өзү менен таноолорду көрсөтүп турат, алар адамда ылдый жакка багытталат жана бири-бири менен жакын болуп турат. Мурундун эки арткы тешикчелери (internal (or posterior) nares) (хоандар) (choanae) мурун көңдөйүн мурундун кулкун бөлүгү менен бириктирет.

**НОСО-СЛЕЗНЫЙ (nasolacrimal), мурун-жаш** – мурунга жана жаш аппаратына тиешелүү сөз.

## О

**ОВАРИЭКТОМИЯ (ovariectomy), овариэктомия** – аялдын жумурткасынын бирөөнү же экөөнү тең операциялык жол менен алып таштоо. Бул операция тукум безинин шишигинде же кистасында аткарылат. Караңыз: Оофорэктомия.

**ОЗЕНА (ozaena), озена** – мурдунун сезгенүүсүнүн натыйжасында, дайыма сасык жыттын чыгып турушу. Мурун оорусу, ал былжырлуу челдин атрофиясы жана карттануунун пайда болушу менен мүнөздөлөт.

**ОРГАН ЯКОБСОНОВ (organ of Jacobson), ОРГАН СОШНИКОВО-НОСОВОЙ, Якобсон органы, көнчөктүк-мурун органы** – мурун көңдөйүндөгү каптал жактагы бардык жагынан жабык чоң эмес баштыкча. Ал адамда эч качан аягына чейин өрчүбөйт жана эч кандай деле функцияны аткарбайт, бирок жерде сойлоочу жаныбырларда (мисалы, жылаандарда) ал жыт билүү органдардын бирден-бир негизги органы болуп саналат.

**ОТАЛГИЯ (otalgia), оталгия** – кулактын карандай оорушу. Кулак оорусу адамда ар кандай чыкый – астынкы жаактык муундардын ооруларында, тиш оруусунда, моюн жана тамак орууларда адамдын тынчын алышы мүмкүн.

**ОТВЕРСТИЕ УЛИТКИ, ГЕЛИКОТРЕМА (helicotrema), үлүлдүн чокусундагы тешик, геликотерма** – кире бериш тепкичи менен тарсылдак тепкичинин ортосундагы ичке тешик, ал ички кулактын үлүлүндөгү үстүнкү бөлүгүндө орун алган.

**ОТИТ (otitis), отит** – кулактын сезгениши. Сырткы отит (otitis externa) сырткы угуу жолунун сезгенишин көрсөтүп турат, ал кулак тарсылдагы жана сырткы угуу жолунун тешигинин ортосунда орун алган. Курч ортонку отит (acute otitis media) – бул ортонку кулактын сезгениши, ал кулак тарсылдагынын артында жайгашкан жана үч сөөкчөдөн пайда болгон, алар үндү ички кулакка өткөрүшөт. Секретордук ортонку отит (secretory otitis media) ал ортонку кулакта суюктуктун өнөкөт топтолушу менен мүнөздөлөт, анын кесепетинен адамдын угуусу кыйла төмөндөйт (караңыз: Экссудативдик отит). Өнөкөт ириңдүү отит (chronic suppurative otitis media) – бул ортонку кулаактын өнөкөт сезгенич оорусу, ал кулак тарсылдагынын айрылуусу менен коштолот, кээ-бир учурларда холестеатоманын пайда болушу менен коштолот.

**ОТИТ ЭКССУДАТИВНЫЙ (glue ear), экссудативдик отит** – көп таралуучу оору, мында ортонку кулакта илеекче суюктук топтолуп, угууну төмөндөтөт. Көпчүлүк учурда экссудативдик отит кичинекей балдарда евстахий түтүкчөсүнүн жаман өрчүшүнүн кесепетинен байкалат. Медициналык аталышы: Ортонку отит (secretory otitis media).

**ОТОЛИТ, СТАТОЛИТ (otolith), ОТОКОНИЙ (otoconium), отолит, статолит, отоконий** – карбонат кальцийдин чоң эмес кристаллы, ал желе сымал мембранада (стаконийдеги) баштыкчанын темгилинде же ички кулактын жатынчасында орун алган.

**ОТОЛОГИЯ (otology), отология** – медицина илиминин кулактын оорусун айыктыруу жана анын анатомиясына, физиологиясына жана патологиясына арналган бир бөлүгү.

**ОТОМИКОЗ (otomycosis), отомикоз** – кулактын грибоктуу инфекциясы, анын кесепетинен адамда сырткы угуу жолунун кычышуусу жана сезгеничи өрчүйт. Отомикоз адамда сырткы отиттин өрчүшүнүн бирден-бир себеби болуп саналат.

**ОТОРЕЯ (otorrhoea), оторея** – сезгенүүнүн натыйжасында, кулактын тарсылдагы жарылып андан суу, ириң агуу. Кулактан ар кандай суюктуктун чыгуусу (көпчүлүк учурда ириңдүү), өнөкөт ортонку кулактын сезгенүүсүндө (ортонку отитте) байкалат.

**ОТОСКЛЕРОЗ (otosclerosis), ОТОСПОНГИОЗ (otospongiosis), отосклероз, отоспонгиоз** – кулактын ички бөлүгүндөгү үлүл уюгундагы сөөк кабынын бир бөлүгү дартка чалдыгып, кулактын угуусу начарлайт. Тукум куучулук дарт, ал адамдын дүлөйлүгүнүн өрчүүсүнө алып келет. Ички кулактын сөөк капталынын өтө өсүп кетиши, үзөңгүнүн сүйрү терезесине кысылып калышына алып келет, ал болсо ортонку кулакты сырткы кулактан бөлүп турат, анын кесепетинен үндүн термелүүлөрү ортонку кулактан ички кулакка таралбай калышат.

**ОТОСПОНГИОЗ (otospongiosis), отоспонгиоз** – караңыз: Отосклероз.

## П

**ПАЗУХА ВЕРХНЕЧЕЛЮСТНАЯ, ПАЗУХА ГАЙМОРОВА (maxillary sinus), ПОЛОСТЬ ГАЙМОРОВА (maxillary antrum), үстүнкү жааактык коңул, Гаймор коңулу, Гаймор көңдөйү** – караңыз: Баш сөөктөгү мурунга тиешелүү көңдөйчөлөр.

**ПАЗУХА ЛОБНАЯ (frontal sinus), маңдай көңдөйлөрү** – караңыз: Мурундун кошумча көңдөйлөрү.

**ПАЗУХИ НОСА ПРИДАТОЧНЫЕ (paranasal sinuses), баш сөөктөгү мурунга тиешелүү кошумча көңдөйчөлөр** – баштын айрым бир сөөктөрүрдө жайгашып, аба менен толтурулуп, ичи былжырлуу кыртыш менен төшөлгөн боштуктар. Бул боштуктар атайы тешик жолдор аркылуу мурун көңдөйүндө ачылышат. Мурундун кошумча көңдөйчөлөрүнө жуп маңдай (маңдай көңдөйлөр (frontal sinuses)) жана үстүнкү жаактык көңдөйлөр (maxillary sinuses), калбыр сымал лабиринт (этмоиддик көңдөйлөр (ethmoid sinuses)) (көпчүлүктөрү калбыр сымал аба менен толтурулган чуңкурлар) жана шынаа сымал көңдөйлөр (sphenoid sinus) киришет.

**ПАРАКУЗИЯ (paracusis), паракузия** – угуу сезиминин бузулуусу.

**ПЕРЕПОНКА БАРАБАННАЯ (tympanic membrane, eardrum, myringa), кулак тарсылдагы** – жука мембрана, кулактын сырткы үн өтүүчү жеринен жана сырткы кулак менен ортоңку кулактагы жерди бөлүп турган жер. Сырткы угуу жол жагынан көп катмарлуу эпителий менен капталган, тарсылдак көңдөйү жагынан – бир катмарлуу эпителий менен капталган. Качан үн толкундары кулак тарсылдагына жеткенде, алар серпиле башташат; андан бул серпилүүлөр балкачага өтүшөт – ортонку кулактын бир сөөгүнө, ага кулак тарсылдагы бекитилет.

**ПЕРИЛИМФА (perilymph), перилимфа** – ички кулактын сөөк жана жаргак жайыгынын ортосун толтурган суюктук.

**ПЕТРОЗИТ (petrositis), петрозит** – чыкый сөөктүн пирамидасынын чокусундагы (ички кулакты курчап турган) клеткалардын сезгениши. Адатта ал мастоидиттин таралышынан өрчүйт.

**ПОЛОСТЬ БАРАБАННАЯ I (tympanic cavity), тарсылдак көңдөйү I** – караңыз: Ортоңку кулак.

**ПОЛОСТЬ БАРАБАННАЯ II (tympanum), тарсылдак көңдөйү II** – ортонку кулак (анын кулак тарсылдак көңдөйү).

**ПОРОГ (limen), иреге** – (анатомияда) чек. Мисалы, мурун көңдөйүнүн ирегеси (limen nasi) – бул мурун көңдөйүнүн сөөк жана кемирчек бөлүгүнүн ортосундагы чек.

**ПОРОЦЕФАЛИАЗ (porocephaliasis), пороцефалиаз** – мурун көңдөйүнүн, трахеянын, боордун Porocephalus түрүндөгү мите курттар менен сейрек кездешүүчү инвазиясы. Адамга инфекцияланган чийки жашылча-жемиштерди жегенде жугат. Эгер мителер ичегикарынга өтсө, адамда катуу ич ооруну өрчүтөт, бирок көпчүлүк учурда оору симптомсуз өтүшү мүмкүн.

**ПРЕСБИАКУЗИС (presbyacusis), пресбиакузис** – адам картайган убакта, жашы улгайгандагы кулагынын угушунун катуулашы, кереӊ болушу; үлүлдүү нервдердин дегенерациясы менен байланыштуу.

## Р

**РИНИТ (rhinitis), ринит** – мурундун былжырлуу катмарынын сезгениши. Риниттин келип чыгуу себеби болуп вирустук инфекция (курч мүнөздөгү ринит (acute rhinitis); караңыз: Сасык тумоо) же аллергиялык реакция (аллергиялык ринит (allergic rhinitis); караңыз: Сенна безгеги) саналат. Атрофиялык ринитте (atrophic rhinitis) мурундун былжырлуу катмары жука жана морт болуп калат. Перениалдык (perennial) же вазомотордук ринитте (vasomotor rhinitis) мурундун былжырлуу катмарынын өтө эле өсүп кеткендиги байкалат.

**РИНИТ ОСТРЫЙ (coryza, cold in the head), курч ринит** – мурундун былжырлуу кабынын катаралдык сезгениши, ал сасык тумоодон же сенна безгегинин натыйжасында пайда болот. Кошумча караңыз: Катар.

**РИНОЛИТ (rhinolith), ринолит** – мурун ичинде пайда болуучу таш (конкремент).

**РИНОРЕЯ (rhinorrhoea), ринорея** – былжырлуу суюктуктун мурундан такай агышы, ал адамда сасук тумоо убагында байкалат.

**РИНОСКЛЕРОМА (rhinoscleroma), риносклерома** – мурун көңдөйүндө жана мурун кулкунунда мүнөздүү түйүндөрдүн пайда болушу, кийинчерээк алар жоонойп башташат. Алардын пайда болуусунун себеби болуп бактериалдык инфекция (риносклероматит, организмди Klebsiella (Klebsiella rhinoscleromatis) штаммы менен жабыркоодон пайда болот).

**РИНОСКОПИЯ (rhinoscopy), риноскопия** – мурун көңдөйүн изилдөө.

**РИНОФИМА (rhinophyma), ринофима** – мурундун учунун кызарып, чоңоюшу. Ринофима адатта адамда кызгылт ысыктардын болушун айгинелейт. Пияз сымал мурундун шишип кетүүсү, көпчүлүк учурда эркектерде байкалат. Ринофима адатта адамда кызгылт ысыктардын болушун айгинелейт. Кээде косметикалык максаттарда адамдар пластикалык хирургиянын жардамына кайрылышат.

## С

**СВИЩ (fistula,** көпч. **fistulae), жаранын тешиги** – эки көңдөй органдардын ортосундагы патологиялык биригүү. Инфекциянын же жаракаттын кесепетинен пайда болуучу тешик. Мисалы, клетчаткада абсцесстин жарылышынан кийин, түз ичегини курчап турган, аналдык тешик (anal fistula) (караңыз: Ишиоректалдык абсцесс) пайда болушу мүмкүн, ал арткы көтөн чучукту каналын теринин сырты менен кошот. Кошумча караңыз: Уретровагиналдык тешик.

**СВИЩ ОРОАНТРАЛЬНЫЙ (oroantral fistula), ороантралдуу тешик** – тишти жулуунун кесепетинен пайда болуучу ооз көңдөйү менен гаймор көңдөйүнүн ортосунда пайда болуучу тешик.

**СИНУСИТ (sinusitis), синусит** – денедеги ар түрдүү кобулдардын сезгениши. Мисалы, мурундун каңылжаары. Синуситтин өрчүшүнүн себеби болуп, көпчүлүк учурда мурун көңдөйүндөгү инфекциялар болуп саналат. Эгер оору көпкө чейин созулса, анда мурун көңдөйлөрүн жууп чыгуу керектиги жаралат же анын ичиндегисин хирургиялык операциянын жардамы менен дренаждоо керектиги келип чыгат.

**СЛУХОВОЙ (auditory), угуучулук** – кулакка же угууга тиешелүү сөз.

**СОПЕНИЕ (snuffles), бышылдоо** – ымыркайлардын кыйналган дем алуусу, ал көбүнчө сасык тумоо менен ооруп калганда байкалат.

**СРЕДСТВО ПРОТИВОКАШЛЕВОЕ (antitussive), жөтөлгө каршы каражат** – дарылык зат (мисалы, декстрометорфан же фолкодин), ал адамда жөтөлдүн пристубун басаңдатуу үчүн колдонулат. Бир катар аналгетиктер (мисалы, кодеин, диаморфин (караңыз: Героин) жана метадон) да жөтөлүүгө каршы эффекттерге ээ болушат.

**СТЕРЖЕНЬ УЛИТКИ (modiolus), үлүл өзөгү** – ички кулактын сөөктүк үлүлүнүн конус сымал борбордук бөлүгү (ок).

**СТРИДОР (stridor), стридор** – тамактын көңдөйүнүн, бронхдордун көңдөйү ичкерип калуудан, дем алганда ышкырган үндүн дабышынын чыгышы. Мурун аркылуу бышылдаган үн, ал трахеянын же коконун абструкциясынан өрчүп чыгат.

## Т

**ТЕСТ ВЕБЕРА (Weber's test), Вебер тести** – чекенин ортоңку сызыгына камертонду орноткондон кийин кулактын кайсынысына үн жакшы жетип жаткандыгын аныктоо менен кулак угуусун текшерүү. Дени сак адам бул үндү эки кулагы менен тең жакшы угат; эгерде кулактын бири кондуктивдүү кереңдик менен жабыр тарткан болсо, үн ушол жабыр тарткан кулакта катуурак жаңырат.

**ТОНЗИЛЛИТ (tonsillitis), тонзиллит** – бактериалдык же вирустук инфекциялардын кесепетинен тамактагы бадам сымал безинин сезгениши; натыйжада, адамдын тамагы ооруп, температурасы жогорулайт. Эгерде тонзиллиттин келип чыгуусу стрептококктуу инфекция менен байланыштуу болуп, өз учурунда дарылоо жүргүзүлбөсө, ревматикалык безгек же нефрит оорусунун келип чыгуусу мүмкүн.

**ТРАХЕИТ (tracheitis), трахеит** – коконун ички былжырлуу кабыгынын сезгениши; адатта мурун кулкундун бактериалдык же вирустук инфекциясынын өрчүп кетишинен болот. Трахеит учурунда адам көкүрөк оору жана оору коштогон жөтөлдөн жабыркайт; көпчүлүк учурда трахеит бронхит оорусу менен кошо кармайт.

**ТРАХЕОТОМИЯ (tracheotomy), ТРАХЕОСТОМИЯ (tracheostomy), трахеотомия, трахеостомия** – операциялык жол менен кокону кесүү; мындай операция моюн аркылуу жасалат. Операциядан кийин атайы моюнда калтырылган тешикке ийилген темир, пластмасс же резина түтүгү киргизилип, бинт менен карматылып коюлат. Мындай учурунда адам түтүктөгү тешикти колу менен басуу аркылуу гана сүйлөшө алат.

**ТРУБА СЛУХОВАЯ (ЕВСТАХИЕВА) (Eustachian tube), угуу түтүкчөсү (Евстахий)** – ортоңку кулакты кулкун көңдөйү менен бириктирип турган түтүкчө. Түтүкчө сырткы чөйрөгө карата кулак тарсылдагынын ичиндеги аба басымын жөнгө салуулар болуп турат.

## У

**УЗЕЛ ПЕВЦА (singer's nodule), ырчынын түйүнү** – берметтей ак түйүн, ал адатта профессионалдык ырчылардын үн түйүндөрүндө пайда болот.

**УЛИТКА (внутреннего уха) (cochlea), үлүл (ички кулактын)** – ийрейген спиралдык канал, ал 2,5 калкандын иймегин түзөт; ал үн анализаторунун перифириялык бөлүгү, үндү аныктоочу жана кабыл алуучу болуп саналат. Сөөктүк спиралдык пластинкасы жана анын уланууч негизги (базилярдык) мембрана үлүлдүн каналын эки спиралдык коридорго – үстүнкү жана астынкы болуп бөлүнүшөт. Үстүнкү коридор киребериш тепкичи деп аталат, астынкысы болсо – тарсылдак тепкичи деп аталат. Тепкичтер бири-биринен бөлүнүп турушат, төбө аймагында гана бири-бири менен тешикче (helicotrema) аркылуу байланышат. Киребериш алдындагы тепкич киребериш аркылуу байланышат, тарсылдак тепкичи тарсылдак көңдөйү менен үлүлдүн жардамы аркылуу чектешет. Үлүлдүн негизги мембранасында, үлүл жолдорунун көңдөйүндө, Корти органы (organ of Corti) жайгашкан – таянуучу органдардын ар кандай клеткалардын топтолушу жана өзгөчө сенсордук-эпителиалдык чачтуу клеткалардын топтолушу, алар перилимфа менен эндолимфанын термелүүсү аркылуу үн дүүлүктүргүчүн секундасына 16–20000 термелүүнү кабыл алат, аларды жандандырып жана VIII жуп баш сөөктүк нервдердин нервдик учтарына берилет; андан ары импульс баш мээнин кабыктууу угуу борборуна өтүп келет. – Үлүлдүк (cochlear).

**УХО ВНУТРЕННЕЕ (inner ear), ички кулак** – угуу органдын жана тең салмактуулук органдын үч бөлүгүнүн бири. Угуу органдын эң эле татаалы болуп саналат, өзүнүн чаташкан формасы менен лабиринт деп аталат. Ички кулак (лабиринт) чыкый сөөктүн тереңдигинде жайгашкан жана сөөк көңдөйчөлөрүнүн системасынан (сөөк лабиринтинен (labyrinthus osseus)) жана ага кошулган жаргак сымал көңдөйлүү түзүлүштөрдөн (жаргактуу лабиринттен (labyrinthus membranaceus)) турушат. Сөөк лабиринтинин үч бөлүмүн айырмалашат:

- ортонку – киребериш (vestibulum);
- алдынкы – үлүл (cochlea);
- арткы – жарым иймек каналдар (canales semicirculares).

Адамда үлүлдөр алдынкы жакта жайгашкан, жарым иймек каналдар артында жайгашкан, алардын ортосунда туура эмес формадагы көңдөйчө – киребериш алды жайгашкан. Жаргактуу лабиринт, ал сөөктүүнүн ичинде жайгашкан жана формасы менен так ошондой болот, ошондой эле үч бөлүктөн турат, бирок көлөмү жагынан кичирээк. Эки лабиринттердин ортосунда чоң эмес жылчыкча бар, ал тунук суюктук – перилимфа менен толтурулган. Жаргактуу лабиринт эндолимфа менен толтурулган. Перилимфа өзүнүн курамы боюнча жүлүн суюктугуна жана кандын плазмасына окшош, ал эми эндолимфа – клетка ичиндеги суюктукка жакын болот. Караңыз: Лабиринт.

**УХО НАРУЖНОЕ (outer ear), сырткы кулак** – кулак калканы жана булчуңдар жана байламталар менен сырткы угуу жолу.

**УХО НАРУЖНОЕ (pinna), РАКОВИНА УШНАЯ (auricle), сырткы кулак, кулак калканы** – кулак калканы жана сырткы угуу өтмөгү. Кулак сырты негизинен рудиментардык орган болуп саналат жана кандайдыр бир функцияларды аткарбаганы менен айрым бир учурларда үн чыккан жерди аныктоого катышуусу мүмкүн.

**УХО СРЕДНЕЕ (middle ear), ПОЛОСТЬ БАРАБАННАЯ (tympanic cavity), ортонку кулак, тарсылдак көңдөйү** – угуу органыны бөлүгү – жаргалчак көңдөйү, ал чыкый сөөктүн пирамидасынын негизинде жайгашкан. Ал былжырлуу чел менен капталган жана евстахий түтүгүнүн жардамы жана тышкы кулактагы кулак тарсылдагы аркылуу кулкун менен биригет. Ортонку кулактын көңдөйүндө үч угуу сөөчөсү жайгашкан, алар үн термелүүсүн сырткы кулактан ички кулакка өткөзүшөт (караңыз: Лабиринт (ички кулактын)).

**УШКО (auricle), кулакча** – 1. Ар бир жүрөк алдындагы дубалда баштык сымал чоң эмес оркоюу; бул термин ошондой эле «жүрөк алды»деген сөзгө синоним катары туура эмес колдонуп жүрөт. 2. Караңыз: Кулак калканы.

**УШНОЙ (aural), кулактык** – кулакка тиешеси бар сөз.

**УШНОЙ (otic), кулактык** – кулакка тиешеси бар сөз.

## Ф

**ФАРИНГИТ (pharyngitis), фарингит** – кулкундун былжыр кабыкчасынын сезгениши. Бул кулкундагы жаракатка алып келет; көпчүлүк убакта фарингит тонзиллит менен кошо өтөт.

**ФЛЕГМА, СЛИЗЬ (phlegm), флегма, былжыр** – какырыктын медициналык эмес аталышы.

**ФОНАСТЕНИЯ (phonasthenia), фонастения** – үндүн убактылуу чыкпай кыркырап калышы. Катуу чарчоо менен байлаштуу.

**ФОНАЦИЯ (phonation), фонация** – үн табыштарынын жаралышы, өзгөчө сүйлөө убагында.

## Х

**ХОНДРОДЕРМАТИТ УЗЕЛКОВЫЙ (chondrodermatitis nodulans helicis), түйүндүү хондродерматит** – кулактын үстүнкү жагында пайда болуучу түйүн. Көбүнчө орто жаштагы же улгайган куractагы эркектерде пайда болот. Хирургиялык жол менен оңой дарыланат.

## Ш

**ШУМ В УШАХ (tinnitus), кулактын чуулдашы** – кулак ичинде жаңырган ар кыл добуштар. Төмөнкү себептерге байланыштуу келип чыгат: кулкунун толуп калышы, кулак тарсылдагынын жабыркашы, ички кулактын отосклероз же Меньер өндүү оорусу; жана аспирин менен хинин аттуу дарылык каражаттарды колдонуу, ошондой эле нервдердин жана угуу нервинин өрчүү дефектиси, аны баш мээ менен бириктирүүчү катары кулак шуулдашына алып келет.

## Э

**ЭГОФОНИЯ (aegophony), эгофония** – чыйылдак үндүү адам. Мындай үн көкүрөктүн көңдөйүнө суюктук толо баштаганда, көкүрөктү тыңшап көргөндө да угулуп калышы ыктымал. Караңыз: Үндүн резонансы.

**ЭНДОЛИМФА (endolymph), эндолимфа** – кулактын ички бөлүгүндөгү туура жаргак лабиринттин суюктугу.

**ЭПИГЛОТТИТ (epiglottitis), эпиглоттит** – коко астындагы жана коконун башка аймактарынын сезгениши жана шишип кетиши; өпкөгө абанын өтүүсүн кыйындатат. Эпиглоттит адатта Haemophilus influenzae түрүндөгү бактериялар менен инфекцияланганда пайда болот.

**ЭПИСТАКСИС (epistaxis), эпистаксис** – мурундан кан агуу, ал кайсы-бир жаракаттын натыйжасында же адамда жогору температуранын болушунда, жогорку артериалдык басымда же ар кандай кан ооруларынын натыйжасында болушу мүмкүн. Караңыз: Мурундан кан агуу (nosebleed).

# ОФТАЛЬМОЛОГИЯ



# А

**АБЛЕПСИЯ (ablepsia), аблепсия** – көрбөй калуу, сокур. Колдонуудан чыгып кеткен термин, сокур дегенди түшүндүрөт.

**АБЛЕФАРИЯ (ablepharia), аблефария** – көз кабагынын тубаса жоктугу же кыйла көлөмүнүн кыйла кичирейиши.

**АДАПТАЦИЯ СВЕТОВАЯ (light adaptation), жарык адаптациясы** – адамдын караңгы бөлмөдө көп убакыт болуп, жарыкка чыкканда көзү бат эле көнүп калган рефлекс. Караңыз: Каректик рефлекс. Салыштыруу үчүн: Карангыда адаптация.

**АДАПТАЦИЯ ТЕМНОВАЯ (dark adaptation), карангы адаптациясы** – көздүн тор кабыгында жана карегинде болгон өзгөрүүлөр. Бул өзгөрүүлөр адамга жарыкка жана караңгыга бат эле көнүүгө мүмкүндүк берет. Караңыз: Каректик рефлекс. Салыштыруу үчүн: Жарыкта адаптация.

**АККОМОДАЦИЯ (accommodation), аккомодация** – көздүн алыскы же жакынкы нерсерлерди көрүү үчүн ыңгайланышы. Аккомодация төмөнкү структуралардын жардамы менен ишке ашырылат: чечекейдин, цинн байламтасынын (кирпиктүү курчасынын), цилиардык (кирпиктик) булчуңдун. Аккомодация нерв системасынын структурасы жана көз алмасынын өз ара мамилешүүсүнүн натыйжасында ишке ашырылат.

**АКТИВНОСТЬ ОПТИЧЕСКАЯ (optical activity), оптикалык активдүүлүк** – кээ бир заттардын поляризацияланган жарыктын жалпактыктыгында айлануу касиети. Бул жалпактыктарда айлануучу бул кошулуулар, солго карай айлануучулар (laevorotatory) (кыскача l - деп белгиленет); оңго карай айлануулар, солго карай айлануучулар (dextrorotatory) (кыскача d - деп белгиленет) деп аталышат.

**АМАВРОЗ (amaurosis), амавроз** – тышкы көрүнүшү жагынан өзгөрбөй туруп эле көз көрбөй калуу. Толук же жартылай сокурлук, көздүн паталогиясы менен байланышпаган. Мисалы, өтүүчү сокурлук (amaurosis fugax) – бул абал, мында сокурлук мезгилдүү болуп саналат. – Амавротикалык (amaurotic).

**АМБЛИОПИЯ (amblyopia), амблиопия** – эч бир оорусуз эле көздүн көрүшүнүн начарлыгы. Амблиопиянын эң эле көп таралган тиби анопсиясыз амблиопия (amblyopia ex anopsia) болуп саналат, мында жабыркоочу фактор болуп чалыр көздүүлүүлүк, катаракта, жана ошондой эле көздөрдүн аномалиялык оптикалык касиеттери болот (караңыз: Рефракция).

**АМЕТРОПИЯ (ametropia), аметропия** – көз рефракциясынын аномалиясы, ал көз торчосунун туман каптагандай көрүнүшүндө байкалат. Караңыз: Астигматизм, Гиперметропия, Миопия. Салыштыруу үчүн: Эмметропия.

**АНИЗЕЙКОНИЯ (aniseikonia), анизейкония** – мында алыныган форма же сүрөттөлүштүн көлөмү ар бир көзгө кыйла айырмаланып көрсөтүүчү абал.

**АНИЗОМЕТРОПИЯ (anisometropia), анизометропия** – адамда көздүн түрдүү рефракциясы байкалган абал.

**АНИРИДИЯ (aniridia), аниридия** – көздүн карек айланасындагы челинин жоктугу. Кээде ал көзгө жаракат алганда, бирок тубаса аниридия, генетикалык паталогия менен туудурулат.

**АРТЕРИЯ СТЕКЛОВИДНОГО ТЕЛА ГЛАЗА (hyaloid artery), көздүн айнек сымал денечесинин артериясы** – түйүлдүк артериясы, ал көз каналынын айнек сымал денесинен өтөт жана кан менен камсыз кылуучу көздүн чечекейинен өтөт.

**АСТЕНОПИЯ (asthenopia), астенопия** – көздүн көрүү курчунун начарлашы, ал көз алмасынын булчуңундагы координация функциясынын бузулушу же рефракциясынынбузулушу менен адам кайсы бир жумушту аткарып жатып көп убакытка чейин көзгө күч келтирсе пайда болот. Медициналык аталышы: Астенопия (asthenopia). Караңыз: Көзгө күч келтирүү.

**АСТИГМАТИЗМ (astigmatism), астигматизм** – көрүүнүн бузулушу, мында нерсенин туура эмес сүрөттөлүшү байкалат, ал жарыктын нурлары көздүн торчосунда түздөн түз фокусталбагандыктан болот. Сүрөттөлүштүн айрым аймактары торчодо фокусталышат, бирок башка аймактардан келген жарыктын нурлары, торчонун артынан фокусталат же алдынан фокусталышат. Көпчүлүк учурда бул көздүн сыртындагы тунук челинин аномалдык кыйшайуусу менен же көздүн чечекейинин кыйшайуусу менен байланышкан (караңыз: Рефракция), алардын сырткы чели жумуртканын бөлүгүн элестетет (сфераны эмес). – Астигматикалык (astigmatic).

**АТРОФИЯ ЗРИТЕЛЬНОГО НЕРВА (optic atrophy), көрүү нервинин атрофиясы** – көрүү нервинин дегенерациясы – ал кайсы-бир көз оорусунун өрчүшүнүн натыйжасында же кайсы-бир жаракаттын кесепетинен жана сезегеничинен өрчүшү мүмкүн. Офтальмоскоп аркылуу көздүн ички катмарын изилдөөдө аныкталат.

**АФАКИЯ (aphakia), афакия** – чечекейдин же каректин жанындагы жарыкты чагылдыруучу линзанын жоктугу. Көз чечекейин хирургиялык жол менен алып салуудан кийин катаракта менен ооругандарда байкалат.

**АХРОМАТОПСИЯ (achromatopsia), ахроматопсия** – кээ бир түстөрдү көрүп, аны башка түстөрдөн ажырата албоо. Толук жарыктык сокурлук адамдарда сейрек кездешет жана адатта көрүүнүн курчтугунун начарлашы менен коштолот; тукум куучулук факторлор менен аныкталат.

## Б

**БИНОКУЛЯРНЫЙ (binocular), бинокулярдуу** – эки көздүү; эки көзү бирдей көргөн адам.

**БЛЕННОРЕЯ НОВОРОЖДЕННЫХ (ophthalmia neonatorum), жаңы төрөлгөндөрдүн бленнореясы** – жаны төрөлгөн ымыркайларда өрчүүчү конъюнктивиттин түрү, төрөт убагында эненин төрөт жолдорунан өтүп жатканда жуккан.

**БЛЕФАРИТ (blepharitis), блефарит** – көздүн сурмасынын тегерегинин сезгениши. Кабырчыктуу блефаритте (squamous blepharitis), көпчүлүк учурда баштын терисинин какачтыгында өрчүйт, кирпиктердин арасында ак кабырчыктардын топтолушу байкалат. Өнөкөт жаралуу блефарит (chronic ulcerative blepharitis) көз кабагынын четтерин сары кабырчыктуу жаралардын капташы менен мүнөздөлөт. Аллергиялык блефарит (allergic blepharitis) кээ бир дарылык препараттардан же кандайдыр бир косметикалык каражаттарды колдонуудан кийин өрчүшү мүмкүн.

**БЛЕФАРОСПАЗМ ТОНИЧЕСКИЙ (blepharospasm), тоникалык блефароспазм** – көздүн кабагынын өзүнөн өзү жыйрылуусу, ал кандайдыр бир көз оруусу менен байланыштуу же дистониянын бир формасы катары саналат.

**БЛЕФАРОФИМОЗ (blepharophimosis), блефарофимоз** – көз жылчыгы туурасынан кууш тартып калышы. Адатта тубаса болуп саналат.

**БЛИЗОРУКОСТЬ (shortsightedness), алыстагыны көрбөстүк** – караңыз: Миопия.

**БОЛЕЗНЬ ДЕВИКА (Devic's disease), Девик оорусу** – бир нече жактуу склероз менен тыгыз байланышкан дарт. Караңыз: Көрүү нервтин нейромиелити.

**БОЛЕЗНЬ КАВАСАКИ (Kawasaki disease), СИНДРОМ КОЖНОСЛИЗИСТЫХ ЛИМФОУЗЛОВ (mucocutaneous lymph node syndrome), Кавасаки оорусу, тери быржырлуу лимфа түйүндөрүнүн синдрому** – оорунун келип чыгуу себептери белгисиз. Адатта, бул оору беш жашка чейинки балдарда кездешет жана төмөндөгүдөй белгилер менен коштолот: температуранын жогорулашы, конъюнктивит, тамак оору, денеге бүдүрөйгөн нерселердин чыгуусу, ошондой эле алакан жана тамандын кызарышы. Оору-

нун жүрүшүндө болжол менен беш баланын биринде жүрөк булчуңу (миокард) жана коронардык артериялардын жабыркаганы байкалат. Бул коронардык артериялардын аневризми, ошондой эле миокардит ооруларынын өнүгүшүнө алып келүүсү мүмкүн.

## В

**ВНУТРИГЛАЗНОЙ (intraocular), көздүн ичинде** – көздүн ичинде же көз алмасынын ичинде жайгашуучу аймак.

## Г

**ГАЛОС (halos), галос** – глаукома же катаракта менен жабыркаган адамдарга көрүнүүчү заттардын тегерегиндеги түстүү шакекчелер.

**ГЕКСАХРОМИЯ (hexachromia), гексахромия** – адамдын көгүлтүр түстү айрып биле албосуу. Көптөгөн адамдар бул түстү көк жана кызгылт көк түстөн айырмалай алышпайт.

**ГЕМЕРАЛОПИЯ (hemeralopia), гемералопия** – жаман жарыктандырууда салыштырмалуу жакшы көрүүчүлүк жана жакшы жарыктандырууда начар көрүүчүлүк. Караңыз: Күндүзгү көрбөөчүлүк. Медициналык аталышы: Гемералопия (hemeralopia). Салыштыруу үчүн: Түнкү көрбөөчүлүк.

**ГЕМИАНОПИЯ (hemianopia), гемианопия** – нормалдуу көрүү талаасынан экиден биринин көрбөй калышы. Көпчүлүк учурда гомонимдик гемианопия (homonymous hemianopia) кездешет, мында көрүү талаасынын ошол эле жарымы (оң же сол) эки көздөн тең көрүнбөй калат. Кээде адамда эки көздүн тең көрүү талаасынын ички жарым көрүнүштөрү көрүнбөй калат, биназалдык гемианопияны (binasal hemianopia) туудуруп, же сыртыкы жарымдарды, ал битемпоралдык гемианопиянын (bitemporal hemianopia) туудурулушуна алып келет. Эки үстүнкү жана эки астынкы көрүүнүн жарым талаалары көрүнбөй калганы өтө сейрек кездешет, алар үстүнкү гемианопиянын (altitudinal hemianopia) өрчүшүн туудурат.

**ГЕМИАНОПИЯ КВАДРАНТНАЯ (quadrantanopia), чарчы гемианопия** – көрүү талаасынын бир чарчысын жоготуусу же жок болуусу (мисалы, үстүнкү мурундук (ички), үстүнкү чыкыйлык (сырткы), астынкы мурундук (ички) же астынкы чыкыйлык (сырткы)).

**ГЕМИАХРОМАТОПСИЯ (hemiachromatopsia), гемиахроматопсия** – көрүү талаасынын экөөнүн биринде түс сезимин жоготушу.

**ГЕТЕРОПСИЯ (heteropsia), гетеропсия** – адамдын эки көзүнүн курчтугун айырмалоо.

**ГЕТЕРОТРОПИЯ (heterotropia), гетеротропия** – чалыр көздүүлүк: эки көздүн көрүү окторунун параллельдүүлүгүнүн каалаган аномалдык бузулулушу. Караңыз: Чалыр көздүүлүк.

**ГЕТЕРОФОРИЯ (heterophoria), гетерофория** – параллельдик октон көз алмаларынын четтеп калуу тенденциясы. Көпчүлүк адамдар чоң эмес даражадагы гетерофорияга ээ болушат, ал экзофория (exophoria) деп аталат, мында жабык көз сыртка, мурундан карай багыттан четтей баштайт (салыштыруу үчүн: Эзофория).

**ГЕТЕРОХРОМИЯ (heterochromia), гетерохромия** – көздүн карек айланасындагы челинде түстүү сүрөттөлүштүн айырмаланып турушу. Гетерохромдук карек айланасындагы челдин (heterochromia iridis) болушунда эки көздүн тең челдери бири-биринен айырмаланып турушат; гетерохромдук чел (heterochromia iridum) болгон мезгилде көздүн бир чел башка челден түсү менен айырмаланып турат.

**ГИАЛОЗ «ЗВЕЗДЧАТЫЙ» (asteroid hyalosis), «жылдызча сымал» гиалоз** – көздүн айнек сымал денесинин сезгениши. Караңыз: Хиалит.

**ГИДРОФТАЛЬМ (hydrophthalmos), гидрофтальм** – көздүн ичиндеги басым жогору болгондуктан, көздүн чоңоюп кетиши. Бул көбүнчө ымыркайлардын оорусу (караңыз: Буфтальм).

**ГИПЕРМЕТРОПИЯ (hypermetropia), ДАЛЬНОЗОРКОСТЬ (long-sightedness), гиперметропия, алыстан көрүүчүлүк** – көрүүнүн бузулушу, ал алыста турган нерселерди жакшы даана көрөт жана жакын жердеги нерселерди көргөндө кыйынчылыктар туудурулат. Салыштыруу үчүн: Эмметропия, Миопия.

**ГИПОПИОН (hypopyon), гипопион** – ириндин көздүн алдыңкы камерасында, карек алдында чогулуусу.

**ГИПОТРОПИЯ (hypotropia), гипотропия** – караңыз: Чалыр көздүүлүк.

**ГИФЕМА (hyphaema), гифема** – карек менен тунук челдин ортосундагы көздүн алдыңкы камерасында кандын чогулуп калуусу.

**ГЛАЗ (eye), көз** – көрүү органы, туура эмес формадагы сферада болуп, жарыкты, түстү, жана дүйлүктүргүчтөргө реакциясы болгон орган. Көз алмасы үч чел менен капталган ядродон жана көздүн жардамчы органдарынан турат. Сырткы фиброздук чел склерадан жана тунук челден турат; ортонку тамырлык чел тамыр челинен, кирпиктүү денеден жана карек айланасындагы челден турат; ички жарык сезгич тор сымал челден турат.

**ГЛАЗ, ПОДВЕРГШИЙСЯ ВОЗДЕЙСТВИЮ СВАРОЧНОЙ ЭЛЕКТРИЧЕСКОЙ ДУГИ (arc-eye), ширетүүчү электр догосуна дуушар болгон көз** – орутуучу абал, мында көздүн сырткы чели доголуу ширетүү иштерди аткарган маалда ультрасыя нурлануу менен жабыркайт.

**ГЛАЗОДВИГАТЕЛЬНЫЙ (oculomotor), көз кыймылдатуучу** – көздүн кыймылы менен байланыштуу.

**ГЛАУКОМА (glaucoma), глаукома** – көз ичиндеги басымдын жогору болуусу менен байланышып, акыр аягы көздүн көрбөй калуусуна чейин алып баруучу оору.

**ГОМОНИМНЫЙ (homonymous), гомонимдик** – берилген термин көрүү дефектисин сүрөттөөдө колдонулат, мында эки көздө тең көрүү талаасынын бир жак денесинин чектелүүсү байкалат (караңыз: Гемианопия).

**ГОНИОПУНКТУРА (goniopuncture), гониопунктура** – сейрек тубаса глаукомада аткарылуучу операция (караңыз: Буфтальм), анын максаты болуп көздүн карегинен суюктукту чыгарууну жакшыртуу болуп саналат.

**ГОНИОСКОП (gonioscope), гониоскоп** – атайын линзалар, көздүн структураларын байкоо үчүн колдонулат.

## Д

**ДАЛЬНОЗОРКОСТЬ (longsightedness), алысты жакшы көргүчтүк** – жакындагыны көрө албай, алыстагыны гана көрүү (караңыз: Гиперметропия).

**ДАЛЬТОНИЗМ (daltonism), ПРОТАНОПИЯ (protanopia), дальтонизм, протанопия** – көрүү жөндөмүнүн түстөрдү тубаса айырмалай албашы. Мындай абалда адам кызыл түстү жашылдан айырмалай албайт.

**ДЕЙТЕРАНОПИЯ (deuteranopia), дейтеранопия** – адамдын туулгандан эле жашыл түстү көрө албоосу. Түс көрүүчүлүк дефект, мында кызыл, сары жана жашыл түстөр бир түскө айкалышып кошулат. Мындай көрүүнүн дефектисине чалдыккан адамдарда кызыл жана жашыл түстөрдө сезгич механизминин аралашуусу болот. Салыштыруу үчүн: Протанопия, Тританопия. Кошумча караңыз: Түс көрбөөчүлүк.

**ДИСК ЗРИТЕЛЬНОГО НЕРВА (optic disc), СОСОК ЗРИТЕЛЬНОГО НЕРВА (optic papilla), көрүү нервинин диски, көрүү нервинин үрпүчөсү** – көрүү нервинин баш-

тапкы аймагы. Ал көз алмасынан чыгуучу көз торчосунун ганглиоздук клеткаларынын аксондору чыгып турган жерде жайгашкан. Фоторецепторлор бул жерде жок болушат. Караңыз: Сокур темгил.

**ДИХРОМАТИЧНЫЙ (dichromatic), дихроматикалык** – түстөрдү айырмала албоочу көз оруусу, мында адам үч негизги түстөн экини гана айырмалай алат. Салыштыруу үчүн: Трихроматикалык.

**ДНО ГЛАЗНОЕ (eyeground), көздүн түбү** – офтальмоскопто байкалган көз торчосунун ички капталы.

## Ж

**ЖЕЛТУХА (jaundice, icterus), сарык оорусу** – тери жана көздүн агында сары түстүн пайда болушу. Мунун өзү кан курамындагы билирубиндин (сары пигмент) ашыкча экендигинен кабар берет. Сары оору үч түрдүү болот: 1. Обструктивдүү сары оору (obstructive jaundice), боордогу өт суюктугу ичегилерге өтпөй калган учурларда же холестаздын айынан пайда болот. Мындай учурларда заара каралжын тартып, ал эми заң түсүн жоготот. 2. Боор сары оорусу (hepatocellular jaundice), андагы клеткалардын жабыркоосу жана билирубиндин канда чогулуп калуусунун натыйжасында (мисалы, гепатит) келип чыгат. Мындай учурда заара каралжын тартканы менен заң өз түсүн жоготпойт. 3. Гемолитикалык сары оору (haemolytic jaundice), кандагы кызыл клеткалардын катуу жабыркоосу менен байланыштуу (караңыз: Гемолиз). Заара жана заң өз түстөрүн өзгөртпөйт. Медициналык аталышы: Сарык (icterus).

**ЖИДКОСТЬ ВНУТРИГЛАЗНАЯ (aqueous humour), көздүн ичиндеги суюктук** – көздүн камераларын толтуруучу суюктук түздөн түз көздүн тунук челинин артында жана чечекейдин алдында болот. Кирпик капиллярларынын эсебинен дайыма болуп турат.

## З

**ЗЕРНИСТОСТЬ (stippling), бүртүкчөлүү** – бир нерсенин темгилди же бүртүкчөлүүлүгү (мисалы, көздүн торчосунда кээ бир көз орууларда же аномалдык эритроциттерде).

**ЗОНУЛОЛИЗ (zonuloiysis), зонулолиз** – көздүн чечекейинин байламталарын (цинн байламтасын (the zonule of Zinn)) кармап туруучу лизис, карек айланасындагы челдин артына куюлуучу ферменттер менен; бул катарактта көздүн чечекейиналып салуу процессиндеги операциясын жеңилдетүү үчүн колдонулган. Азыркы мезгилде мындай ыкма колдонбой калды.

**ЗРАЧОК (pupil), карек** – көздүн карек айланасындагы челинин борборунда жайгашкан тоголок тешик, ал аркылуу көздүн чечекейине жарык түшөт. – Каректик (pupillary).

**ЗРАЧОК АРГАЙЛЛА РОБЕРТСОНА (Argyll Robertson pupil), Аргайлл Робертсондун кареги** – көз ооруларына кирет, борбордук нерв системасын жабыркоо менен мүнөздөлөт, мындай оорууда адамдын карек рефлекси жоголот, бирок ага карабастан карек жакындан көргөндө нормалдуу түрдө жыйрылат бирок жарыкка реакциясы жок болот.

**ЗРЕНИЕ БИНОКУЛЯРНОЕ (binocular vision), бинокулярдык көрүү** – эки көзү тең бир убакта нерсенин сүрөттөлүшүн так, даана көрүү жөндөмдүүлүгү. Кошумча караңыз: Стереоскопиялык көрүү.

**ЗРЕНИЕ ДВОЙНОЕ, экиленип көрүү** – караңыз: Диплопия.

**ЗРЕНИЕ СТЕРЕОСКОПИЧЕСКОЕ (stereoscopic vision), стереоскопиялык көрүүчүлүк** – форманы, көлөмдөрдү жана нерселердин алыстыгын сезүү, ал адамда бол-

гон бинокулярдык көрүүнүн эсебинен болот. Баш мээ ар бир көздөн келген эки ар түрдүү сүрөттөлүштү, бир үч өлчөмдүү сүрөттөлүштөй кабыл алат.

## И

**ИЗОМЕТРОПИЯ (isometropia), изометропия** – эки көздүн жарыкты бирдей чагылдырылышы.

**ИМЕЮЩИЙ УЗКОЕ ОТВЕРСТИЕ (stenopaeic), ичке тешиги бар** – (офтальмологияда) бул термин оптикалык аспаптарга тиешелүү колдонулат.

**ИМПЛАНТАЦИЯ ХРУСТАЛИКА (lens implantation), көз чечекейинин имплантациясы** – караңыз: Катаракта.

**ИНСУФФЛЯЦИЯ (insufflation), инсуффляция** – көкүрөктүн көңдөйүнө аба киргизүү, дарыны ооз мурунга үйлөө, ичеги- карынга ооруну аныктоо максатында жел толтуруу.

**ИРИДОДИАЛИЗ (iridodialysis), иридодиализ** – көздүн көк жаа сымал кабыгы бекиген жеринен кирпиктин этине карай сыйрылышы.

**ИРИДОДОНЕЗ (iridodonesis), иридодонез** – көздүн карек айланасындагы челдин титирөөсү. Иридодонез эгер көздүн карек айланасындагы чели көздүн чечекейи менен тирелбесе, эгер чечекей такыр эле жок болсо же өзүнүн нормалдуу абалынан жылып кеткенде пайда болот.

**ИРИДОПЛЕГИЯ (iridoplegia), иридоплегия** – көздүн көк жаа сымал кабыкчасынын боштугунан көздүн кыймылдабастыгы, ал адатта циклоплегия менен коштолот; иридоплегиянын себеби болуп, жаракат, сезгенич же каректи ачуу үчүн көз тамчыларын колдонуусу болушу мүмкүн.

**ИРИДОТОМИЯ (iridotomy), иридотомия** – жасалма карек жасаш үчүн көздүн карек айланасындагы челин бир чекиттен тегерете тилүү операциясы, ал АИГ-лазеринин же ичке бычактын жардамы менен жасалат.

**ИРИДОЦИКЛИТ (iridocyclitis), иридоциклит** – көздүн карек айланасындагы чели менен көздүн цилиардык денесинин (кирпик этинин экөөнүн тең) сезгениши. Караңыз: Увеит.

**ИРИДЭКТОМИЯ (iridectomy), иридэктомия** – көз тунарганда көздүн карек айланасындагы челин хирургиялык жол менен кесип алып салуу операциясы.

**ИРИТ (iritis), ирит** – көздүн карек айланасындагы челдин сезгениши. Караңыз: Увеит.

## К

**КАМПИМЕТРИЯ (campimetry), кампиметрия** – көздүн көрүү аймагын түз жерде, жайыктыкта аныктоо.

**КАНАЛ СТЕКЛОВИДНЫЙ (hyaloid canal), айнек сымал канал** – көздүн айнек сымал денесинин ичинде өтүүчү канал. Ал көрүү нервинин борбордук дискинен өтүп, чечекейдин арткы капталдарына чейин жайгашкан көрүү нервинин лимфалык мейкиндиги менен биригет.

**КАНАЛ ШЛЕММОВ (Schlemm's canal), Шлемм каналы** – склеранын веналык синусу, ал склеранын калың катмарынан өтүүчү көздүн тунук чели менен бириктирилүүчү жерде жайгашкан. Бул канал көздүн ичиндеги суюктукту көздүн алдыңкы камерасынан агызууну камсыз кылат.

**КАПСУЛА ТЕНОНОВА (Tenon's capsule), Тенон капсуласы** – тутамдаштыргыч ткандык кын сымал, ал көз алмасын курчап турат жана аны үлбүрөгүн тутамдаштыргыч ткань менен бириктирип турат.

**КАПСУЛОТОМИЯ (capsulotomy), капсулотомия** – көздүн чечекейинин капсуласын кесүү. Азыркы убакта чечекейдин капсуласы кесилбейт, адата бир нече айдан кийин ал жарык өткөргүчтүү болуп калат. Бул операция АИГ-лазердин жардамы менен амбулатордуу түрдө жасалат.

**КАТАРАКТА (cataract), катаракта** – чечекейи ооруп катуулоодон көздүн тунарышы. Улгайгандардын катарактасы (senile cataract) көбүнчө жашы улгайган адамдарда учурайт, ошондой эле тубаса катаракт да жолугат, жана кант оорусуна чалдыккан ооруулуларда да жолугат. Катарактаны дарылоо жабыркаган чечекейди алып салуу менен байланышкан (катарактанын экстракциясы (cataract extraction); кошумча караңыз: Факоэмульсификация)); бирок акыркы учурларда адатта көз ичиндеги жасалма чечекей коюлат (чечекейдин имплантациясы аткарылат (lens implantation)).

**КЕРАТАЛГИЯ (keratalgia), кераталгия** – көздүн сыртындагы тунук кабыгынын сезгениши.

**КЕРАТИТ (keratitis), кератит** – көздүн тышкы тунук кабыгынын сезгениши. Көздөн жаш агып, сезгенет; ошондой эле көздүн көрүүсү начарлай баштайт. Кератиттин өрчүү себеби болуп, көзгө кайсы-бир физикалык таасирленүүнүн (жарат, чаңдын түшүшү же ультрасыя жарыктын таасири) ар кандай химиялыкзаттардын же ар кандай инфекциялык дарттар болушу мүмкүн.

**КЕРАТОГЛОБУС (keratoglobus), МЕГАЛОКОРНЕА (megalocornea), кератоглобус, мегалокорнеа** – көздүн өрчүшүнүн тубаса дефекти, бул учурда көздүн сыртандагы тунук чели алдыга чыгып кетет. Салыштыруу үчүн: Кератоконус.

**КЕРАТОКОНУС (keratoeonus), кератоконус** – көздүн тышкы катмарындагы конус түрүндө тостоюп калган жери. Чел өсүп чыгуу.

**КЕРАТОКОНЪЮНКТИВИТ (keratoconjunctivitis), кератоконъюнктивит** – бир эле убакта көздүн тунук челинин жана конъюнктивасынын сезгениши.

**КЕРАТОМАЛЯЦИЯ (keratomalacia), кератомаляция** – жаш балдар тамакка мүчүлүш болуп чоңойгондо, организмде А витамининин жетишсиздигинен байкалуучу көздүн тышкы катмары жумшарып кетүүчү оору. Өтө коркунучтуу оору, анын натыйжасында адам толук бойдон көрбөй калат. Кошумча караңыз: Ксерофтальмия.

**КЕРАТОПЛАСТИКА (keratoplasty), ТРАНСПЛАНТАЦИЯ РОГОВИЦЫ ГЛАЗА (corneal graft), кератопластика, көздүн тунук челинин трансплантациясы** – көздү көрдүрүү үчүн анын тунук кабыгына донордук таза кабык трансплантатты жамап алмаштыруу.

**КЕРАТОЦЕЛЕ (keratocele), ДЕСЦЕМЕТОЦЕЛЕ (descemetocele), кератоцеле, десцеметоцеле** – көздүн тунук челинде пайда болгон терең жараканын сыртка чыгып калышы.

**КЕРАТЭКТАЗИЯ (keratectasia), кератэктазия** – көздүн тунук челинин алдыга карай тостоюп калышы ал тырык тканынын пайда болгон жеринде болот (ал тунук челдин тканынын нормадагысына салыштырганда ичкерээк болот).

**КОНЪЮНКТИВА (conjunctiva), конъюнктива** – көздү бириктирүүчү катмар. Ал көздөн баштап кирпикке чейинки аралыка созулат, ичке былжырлуу чел, ал көз алмасынын алдынкы бөлүгүн жана кабактын ички кабын каптайт. Кабактын ички катмарын каптаган конъюнктива, кан тамырларды көбүрөөк камтыйт, ал эми көз алмасын каптаган конъюнктивага караганда, ошондойэле ал тунук болот. – Конъюнктивалдык (conjunctival).

**КОНЪЮНКТИВИТ (conjunctivitis), конъюнктивит** – көздүн былжырлуу челинин сезгениши (конъюнктиванын), ал аллергиялык реакция менен же инфекция менен (вирустук, кээде бактериалдык) туудурулат. Аденовирустук (фарингоконъюнктивалдык безгек), энтеровирустук, герпетикалык, бактериалдык, хламидиялык, аллергиялык, курч жана өнөкөт конъюнктивит деп айырмалашат.

**КОНЪЮНКТИВИТ БЛЕННОРЕЙНЫЙ (blennophthalmia), бленнорейдик конъюнктивит** – (эскирг.) конъюнктивит, мында көздөн сары жаш сымал ириң чыгат.

**КОНЪЮНКТИВИТ ВЕСЕННИЙ (vernal conjunctivitis), жазгы конъюнктивит** – аллергиялык конъюнктивит, ал көпчүлүк убакта сенна безгеги же атопиянын башка түрлөрү менен коштолот.

**КОНЪЮНКТИВИТ ОСТРЫЙ ЭПИДЕМИЧЕСКИЙ (pink eye), курч эпидемиялык конъюнктивит** – бул конъюнктиванын сезгениши, көздүн былжырлуу челинин. Эпидемиялык конъюнктивит бактериалдык же вирустук инфекциянын натыйжасынан пайда болот. Караңыз: Конъюнктивит.

**КРИПТОФТАЛЬМОЗ (cryptophthalmos), криптофтальмоз** – туулгандан эле көз жапкычы такыр эле жок болуп, көздүн үстүнөн тери тартылып турушу. Башкача айтканда жаргак көз адам.

**КРЮЧОК ЗУБНОЙ (scaler), тиш илмеги** – тиш ташын алып салуу үчүн колдонуулуучу аспап. Ал кол же ултра үндүн термелүүсүнүн жардамы менен кыймылга келет.

**КСАНТЕЛАЗМА (xanthelasma), ксантелазма** – холестерин эстер деген заттын териге жыйналышы. Зат алмашуу процессинин бузулгандыгын баяндайт. Кабактын айланасында симметриялык жактан сары өрмөлөр пайда болот. Ала көбүнчө улгайган адамдарда пайда болот; кээ бир учурларда мындай өрмөлөрдүн пайда болушу организмде май алмашуусунун бузулушунан болушу мүмкүн (гиперлипидемиянын).

**КСАНТОПСИЯ (xanthopsia), ксантопсия** – бардык буюмдар көзгө сарыдай көрүнүү. Ал көбүнчө сарык оорусунда, сантонин, амилнитритом дарысы жана пикрин кислотасы менен ууланганда байкалат.

**КСЕРОЗ (xerosis), ксероз** – май бездеринин иштебегендигинен пайда болгон теринин, конъюнктиванын же былжырлуу челдин кургактыгы. Ал арыктатып көпкө ооруган ооруларда да байкалат.

**КСЕРОФТАЛЬМИЯ (xerophthalmia), ксерофтальмия** – тамак заттары жетишпегендиктен көздүн кургагандай көрүнүшү. Ал A витамининин жетишсиздигинен, көздүн күйүшүнөн, лагофтальмада, конъюнктиванын дифтериясында, пемфигустан болот, ошондой эле көздүн дифтерия оорусунда, көпкө ачка болгондо байкалат. Бул дарт кератомаляция менен татаалданышы мүмкүн, акырында сокурлукка алып келиши мүмкүн.

## Л

**ЛАЗЕР (laser), лазер – (аббревиатурасы Light Amplification by Stimulated Emission of Radiation ден)** – ичинде жогорку концентрациялуу энергиясы менен ичке жарык шоола кылууга мүмкүндүк берүүчү жабдык. Хирургиялык операцияларда лазер ткандагы чоң эмес аймакты, минималдык жабыркоо менен операция жасоого мүмкүндүк берет. Көз хирургиясында лазердин ар кандай түрлөрү колдонулат, алар көздүн тунук челине, чечекейдин капсуласына жана көз торчосуна операция жасоодо колдонулат (караңыз: Аргондук лазер, Диоддук лазер, Эксимердик лазер, АИГ-лазер). Мындан тышкары лазер цервикалдык интраэпителиалдуу неоплазияны дарылоо процессинде да колдонулат, атайын лазер болсо (АИГ: Nd - лазер (Nd: YAG laser)) – эндометриянын катмарын алууда колдонулат.

**ЛАЗЕР АРГОНОВЫЙ (argon laser), аргон лазери** – күчтүү жарык шооласы бар лазердин бир түрү, көздүн тор кабыгындагы ооруларды хирургиялык жол менен дарылоодо колдонулат (мисалы, диабетикалык ретинопатияда). Кошумча караңыз: Фотокоагуляция.

**ЛАЗЕР ДИОДНЫЙ (diode laser), диоддук лазер** – портативдүү лазер, көздүн тор кабыгын дарылоодо колдонулат, өзгөчө өтө чоң эмес күйгүзүү ыкмасы менен колдонулат (караңыз: Фотокоагуляция).

**ЛАЗЕР ЭКСИМЕРНЫЙ (excimer laser), эксиөлчөмдүү лазер** – көздүн сыртындагы тунук кабыгындагы өтө ичке ткандардын катмарларын алып салууда колдонулуучу лазер.

**ЛАМЕЛЛА (lamella), ламелла** – ичке желатинден диск, ал көзгө дарылык заттарды куюу үчүн колдонулат. Бул диск конъюнктивалдык баштыкчага салынат; анын желатиндик негизи эрип, дары көздүн тканына сиңириле баштайт.

**ЛЕЙКОМА (leucoma), лейкома** – көздүн тунук челиндеги ак так. Көпчүлүк лейкомалар тунук челинин сезгенишинен же жаратынан кийин жараланган өзгөрүүлөрдүн жыйынтыгында пайда болот. Тубаса лейкоманын болушу башка көздүн өрчүү дефектилери менен коштолот.

**ЛЕНТИКОНУС (lenticonus), лентиконус** – чечекейдин алдынын жана артынын урчуюп чыгып калышы. Адатта лентиконус тубаса болот.

**ЛИНЗА (lens), линза** – (оптикада) айнек тунук заттан жасалган томпок же кабырыңкы нерсе, ал кайсы-бир бир багытта жарык нурларды сындырууда колдонулат. Томпогой линзалар жарык нурларды бир чекитке алып келет, ал эми кабырыңкы линзалар болсо тескерисинче нурларды чачыратат; бул линзалар көрүүнүн бузулушунда түзөтөт. Кошумча караңыз: Бифокалдык линзалар, Контакттык линзалар, Трифокалдык линзалар.

**ЛИНЗЫ АХРОМАТИЧЕСКИЕ (achromatic lenses), ахроматикалык линзалар** – атайын линзалар микроскоптун окулярларында жана башка илимий аспаптарда пайдаланылат.

**ЛИНЗЫ БИФОКАЛЬНЫЕ (bifocal lenses), бифокалдык линзалар** – көз айнек, мында айнектердин үстүнкү бөлүгү алыскы нерселердин так сүрөттөлүшүн алууга жардам берет, айнектин астынкы бөлүгү жакын турган нерселердин сүрөттөлүшүн көрүүгө жардам берет, мисалы, окупжатканда текстти даана так көрсөтөт. Кошумча караңыз: Трифокалдык линзалар.

**ЛИНЗЫ КОНТАКТНЫЕ (contact lenses), контактык линзалар** – түздөн түз көзгө кийилүүчү линзалар, жана андан жаш суюктугунун ичке пленкасы менен ажыратылат. Тунук челдүү микролинзалар (corneal microlenses) тунук челди гана жабышат, ал эми тактилдик линзалар (haptic lenses) аны айланта каптаган склеранын кээ бир бөлүктөрүн да жабат. Контакттык линзалар негизинен алыстан көрүүчүлүктү жана жакындан көрүүчүлүктү коррекциялоодо очкинин ордуна колдонулат, жана ошондой эле көздүн рефракциясы бузулганда колдонулат.

**ЛИНЗЫ МНОГОФОКАЛЬНЫЕ (multifocal lenses), көп фокалдуу линзалар** – бул линзалардын сындыруучу күчтөрү (караңыз: Диоптрия) акырындык менен ылдыйдан үстүнө карай чоңоюп турат. Бул линзаларда эч канда чектелүүчү айырмасы деле жок, аны өйдөкү же астынкы сегмент менен бөлүп туруучу, ал бифокалдык линзаларда болот. Мындай линзалар менен көз айнекти тагынган адам, ар кандай алыстыкта турган нерселерди так көрөт.

**ЛИНЗЫ ТРИФОКАЛЬНЫЕ (trifocal lenses), үч фокалдуу линзалар** – үч сегменттен турган линзалар. Үстүнкү сегмент алыста турган нерселерди көрүүгө мүмкүндүк берет; астынкы сегмент окуп жатканда жана иш убактысында колдонулат, ал эми ортодогу – ортонку аралыкта турган нерселерди көрүүдө колдонулат.

**ЛОАОЗ (loiasis), лоаз** – Батыш жана Борбордук Африкада таралуучу оору, көз куртун Loa loa түрүндөгү куртунан туудурулат. Чоң курттар тери астындагы клетчаткага өтүп, калабардык шишикти туудурат. Курттар көбүнчө көз коньюнктивасында топтолуп, кытышууга алып келет.

**ЛУПА (loupe), лупа** – чоң эмес чоңойтуп көрсөтүүчү айнек; көздүн алдыңкы бөлүгүн изилдөөдө колдонулат. Медициналык практикада лупанын ордуна жылчыктуу микроскоп колдонулат.

## М

**МЕМБРАНА СТЕКЛОВИДНАЯ (hyaloid membrane), айнек сымал мембрана** – тунук чел, ал көздүн айнек сымал денесин, тор кабыктан бөлүп турат.

**МЕТАМОРФОПСИЯ (metamorphopsia), метаморфопсия** – айлана чөйрөдөгү нерселерди өзүндөй так көрө албай, бүдөмүк көрүү. Адатта метаморфопсия тор кабыктын кайсы-бир дартынын кесепетинен пайда болот, мында өтө сезгич аймак – так жабырканат.

**МИДРИАЗ (mydriasis), мидриаз** – каректин чоңоюшу, ал адатта күңүрт жарыкта пайда болот. Эң эле көп таралган себеби болуп, бул дарылык терапия саналат (караңыз: Мидриатикалык каражат) же көздүн жаракаты. Кошумча караңыз: Циклоплегия. Салыштыруу үчүн: Миоз.

**МИКРОБЛЕФАРОН (microblepharon, microblepharism), микроблефарон** – көздүн кабагынын аномалдуу кичинекей көлөмү.

**МИКРОПСИЯ (micropsia), микропсия** – буюмдун көлөмү жана көрүнүшү жагынан кичирейип көрүнүшү. Адатта микропсия көз торчосунун кандайдыр бир дартынан өрчүп чыгат, мында анын сары тагы жабыркайт, кээде аккомодациянын шал болуусу менен байланыштуу болушу мүмкүн.

**МИОЗ (miosis, myosis), миоз** – каректердин ичкериши. Адатта өтө жарык болгондо байкалат, бирок туруктуу миоз кээде көз тамчылардын таасиринен өрчүшү мүмкүн, алар глаукоманы дарылоодо колдонулат. Кошумча караңыз: Миотикалык каражат. Салыштыруу үчүн: Мидриаз.

**МИОПИЯ (myopia), БЛИЗОРУКОСТЬ (short-sightedness), миопия, жакындан так көрө албоо** – так көрө албай калуу; көздөн өткөн нур сары такка барып кошулса, адам буюмду кадимкидей көрөт. Ал эми миопияда көздөн өткөн нур сары такка жете албай калат. Рефракциянын аномалиясы, мында параллельдик жарык нурлар көз торчосунун ичинде эмес, алдында фокусталат. Мындай учурда адам алыста турган нерселерди так эмес көрүп калат. Миопия атайын кабырыңкы линзалуу көз айнектер менен коррекцияланат; азыркы учурда хирургиялык жол менен оңдолот (караңыз: Эксимердик лазер, Интрастромалдык кератомилеоз, Радиалдык кератотомия). Салыштыруу үчүн: Эмметропия, Гиперметропия. – Миопиялык (myopic).

**МОНОКУЛЯРНЫЙ (monocular), монокулярдуу** – бир көздүү, бир жак көзгө тиешелүү. Салыштыруу үчүн: Бинокулярдуу.

**МОНОХРОМАТ (monochromat), монохромат** – түс сезүүсү такыр жок болгон адам. Мындай түс билүүнүн бузулушу, көпчүлүк убакта тукум куучулук болуп саналат.

## Н

**НАДГЛАЗНИЧНЫЙ, СУПРАОРБИТАЛЬНЫЙ (supraorbital), көз чарасынын үстү, супраорбиталдык** – көз чарасынын үстүндөгү же аны менен байланыштуу болгон сөз.

**НАПРЯЖЕНИЕ ГЛАЗНОЕ (eyestrain), көздүн чыңалуусу** – көп иштегенден кийин көздүн чарчоо сезими, ал рефракциясы бузулган же көз алмасынын булчуңдарынын функциясынын бузулушунда байкалат. Адам адатта көздө ачышып ооруну сезет, ал баш оору менен коштолот. Медициналык аталышы: Астенопия (asthenopia).

**НЕВРИТ РЕТРОБУЛЬБАРНЫЙ (retrobulbar neuritis, optic neuritis), ретробульбардык неврит** – көрүү нервинин көз карегинин артынан өтүүчү сезгенич, анын кесепетинен адамдын көз көрүүсү кыйла начарлай баштайт. Эгер сезгенич нервдин баштапкы аймактарын жана көрүү нервинин дискин жабыркаса, анда ал көрүү нервинин дискинин жабырканышы деп аталат (optic papillitis).

**НЕЙРОРЕТИНИТ** (**neuroretinitis**), **нейроретинит** – көрүү нервинин жана көздүн тор кабыгынын сезгениши.

**НЕЙРОЭПИТЕЛИОМА** (**neuroepithelioma**), **нейроэпителиома** – көз тор кабыгындагы коркунуч туудуруучу шишик. Ал глиоманын түрүнө кирет, эге раны дароо дарыланбаса, анда ал баш мээге таралып кетиши мүмкүн.

**НЕРВ СЛЕЗНЫЙ** (**lacrimal nerve**), **жаш нерви** – көз нервинин бутагы, жаш безин жана көздүн конъюнктивасын иннервациялайт (караңыз: Жаш аппараты).

**НИКТАЛОПИЯ** (**nyctalopia**), **никталопия** – кундуз начар, түнкүсүн жакшы көрүү. Ал көз торчосунун таякчаларынын жабыркаңышынан өрчүйт, алар караңгыда көрүү үчүн жооп беришет (караңыз: Көз торчосунун таякчасы), же организмде А витамининин жетишсидиги менен байланыштуу болушу мүмкүн. Медициналык аталышы: Никталопия. Караңыз: Түнкү көрбөөчүлүк.

**НИКТИТАЦИЯ** (**nictitation**), **никтитация** – көздү тынымсыз ирмей берүү.

**НИСТАГМ** (**nystagmus**), **нистагм** – эки көздүн эрксизден бат-бат кыймылдашы. Нистагм тубаса болушу мүмкүн жана көрүүнүн курчтугунун төмөндөшү менен коштолот; кээде баш мээнин тигил жебул бөлүгүнүн ар кандай дарттарынан өрчүйт, ал бөлүктөр адамдын көзүнүн кыймылына жана координациясына жооп беришет, же тең салмактуулук органдардардагы дарттарга да, баш мээнин аймактары менен байланыштуу болушу мүмкүн.

## О

**ОБЛАЧКО РОГОВИЦЫ** (**nebula**), **көз чел кабыгындагы булутча** – кайсы бир жаранын айыгышынан кийин көздүн сырткы тунук челинин тунарышы.

**ОБОЛОЧКА ГЛАЗА РАДУЖНАЯ, РАДУЖКА** (**iris**), **көздүн карек айланасындагы чел кабык** – чечекейдин алдында жайгашуу менен жарыктын келип түшүүсүн жөнгө салып туруучу көздүн тамырлуу чел бөлүгү.

**ОБОЛОЧКА ГЛАЗА СОСУДИСТАЯ** (**choroid**), **көздүн тамырдуу кыртышы** – чечекейдин тор кабык жана склера (көздүн агы) ортосунда жайгашкан ортоңку катмары. Көздүн тамырлуу чели үч бөлүктөн турат: өзүнүн тамыр челинен, кирпиктүү денеден жана карек айланасындагы челден. Караңыз: Көз.

**ОБОЛОЧКА ДЕСЦЕМЕТОВА, МЕМБРАНА ПОГРАНИЧНАЯ ЗАДНЯЯ,** (**Descemet's membrane**), **Десцеметовдун кабыгы, арткы чектеги мембрана** – көздүн сыртындагы тунук кабыгын түзүүчү эң терең катмарын төзүүчү кабык. Жылмакай гомогендик мембрана сыяктуу болот.

**ОКУЛИСТ** (**oculist**), **окулист** – көз доктурунун (офтальмолог) эскирген мурдагы аты.

**ОКУЛО-** (**oculo-**), **окуло-** – көз түшүнүгүн туюнтуучу сөз.

**ОКУЛОГИРНЫЙ** (**oculogyric**), **окулогирдүү** – көздүн кыймылы менен байланышкан, же аны туудурган мааниде.

**ОКУЛЯР** (**eyepiece**), **окуляр** – линза же линза системасынын оптикалык аспабы (мисалы, микроскоп). Салыштыруу үчүн: Объектив.

**ОКУЛЯРНЫЙ** (**ocular**), **окулярдык** – көз менен же көздүн көрүүсү менен байланышкан сөз.

**ОПТИК** (**optician**), **оптик** – көз айнек даярдоочу адис (dispensing optician) же көрүү жөндөмүн текшерип, керектүү көз айнек даярдоочу адис (ophthalmic optician) (оптометрист (optometrist)).

**ОПТИЧЕСКИЙ** (**optic**), **оптикалуу** – көзгө же көрүүгө тиешелүү.

**ОПТОМЕТР** (**optometer**), **РЕФРАКТОМЕТР** (**refractometer**), **оптометр, рефрактометр** – көздүн рефракциясын аныктоо үчүн колдонулуучу аспап. Авторефрактордун (autorefractor) жардамы менен доктур бейтапка зарыл болгон көз айнекти дароо тандап берет.

**ОРТОПТИКА (orthoptics), ортоптика** – ар кыл көз ооруларын (өзгөчө чалыр көздүүлүктө жана амблиопияда) дарылоо жана көз кыймылынын координациясын жакшыртуу үчүн хирургиялык эмес ыкмаларды пайдалануу. Ортоптикага дагы бул аномалиялардын даражасын аныктоо да кирет. – Ортоптист (orthoptist).

**ОРТОФОРИЯ (orthophoria), ортофория** – көз аппаратынын нормалдуу кыймылдоо абалы, ал бир көздү кол менен жапканда көз алмасынын туура абалынан жылып калуусу байкалбаганы менен мүнөздөлөт.

**ОСТРОТА ЗРЕНИЯ (visual acuity), көөрүүнүн курчтугу** – көрүүнүн тактыгы, аныктыгы. Көрүүнүн курчтугу биринчи иретте көз торчосунун абалынан жана көздүн ага түшкөн жарыктын фокусталышы, торчодогу нерселердин сүрөттөлүшү так даана көрүнүшүнөн болот. Адатта көрүүнүн курчтугу Снеллендин таблицасы аркылуу аныкталат, анда көздүн токтомун баалоого (resolving power) мүмкүн болот.

**ОТВЕРСТИЕ ЗРИТЕЛЬНОЕ (optic foramen), көрүү тешиги** – көз чарасынын үстүндөгү тешик, ал көрүү каналына барат да анда көрүү нерви жана көз артериясы өтөт.

**ОТДЕЛЕНИЕ (ablatio), бөлүүнүү** – ажыроо; кабыгынан ажыроо. Караңыз: Торчонун бөлүнүүсү.

**ОТЕК ДИСКА ЗРИТЕЛЬНОГО НЕРВА (papilloedema), көрүү нервтеги дисктин шишип кетиши** – көрүү нервинин баштапкы аймагындагы шишип кетүүсү.

**ОФТАЛЬМИТ (ophthalmitis), офтальмит** – көздүн сезгениши. Караңыз: Конъюнктивит, Увеит.

**ОФТАЛЬМИЯ СНЕЖНАЯ (snow blindness), кардуу офтальмия** – көздүн тунук челинин жабыркашы, ал ультрасыя нурлардын көп санда түшүшүнөн, кардын чагылышынан келип чыгат. Адатта баардык симптомдор 24 сааттан кийин кетет.

**ОФТАЛЬМОДИНАМОМЕТРИЯ (ophthalmodynamometry), офтальмодинамометрия** – атайын аппарат (офтальмоскоп аркылуу) менен көздүн торчо катмарындагы артериялык басымын өлчөө.

**ОФТАЛЬМОЛОГ (ophthalmologist), офтальмолог** – көз ооруларын аныктап, дарылоо ишин алып баруучу адискөй доктур.

**ОФТАЛЬМОЛОГИЯ (ophthalmology), офтальмология** – көздүн кызматын изилдеп анын оорусун дарылоочу медициналык илим. – Офтальмологиялык (ophthalmological).

**ОФТАЛЬМОМЕТР (ophthalmometer), офтальмометр** – караңыз: Кератометр.

**ОФТАЛЬМОПЛЕГИЯ (ophthalmoplegia), офтальмоплегия** – көздүн булчуңдарынын бирөө же бир тобунун шал болушу. Ички офтальмоплегияда (internal ophthalmoplegia) көздүн ички булчундары жабыркашат: карек айланасындагы челдин булчуңу жана кирпиктик булчуң. Сырткы офтальмоплегияда (external ophthalmoplegia) көз алмасындагы кыймылдарды ашыруучу булчундар жабыркашат. Офтальмоплегия экзофтальм менен коштолушу мүмкүн, ал эгер орулууда тиреотоксикоз болсо.

**ОФТАЛЬМОСКОП (ophthalmoscope), офтальмоскоп** – көздүн ички кабын изилдөөчү аспап. Офтальмоскоптордун эки түрү бар: түз офтальмоскоп (direct ophthalmoscope) жана түз эмес офтальмоскоп (indirect ophthalmoscope). Жакында сканерлөөчү лазердик офтальмоскопту түзүү демилгелер болгон (scanning laser ophthalmoscope), анда көздүн сырткы катмарын изилдөө сканерлөөчү камеранын жардамы менен өткөрсө болот. – Офтальмоскопия (ophthalmoscopy).

**ОФТАЛЬМОСКОП СКАНИРУЮЩИЙ ЛАЗЕРНЫЙ (scanning laser ophthalmoscope), лазердик сканерлөөчү офтальмоскоп** – караңыз: Офтальмоскоп.

**ОФТАЛЬМОТОНОМЕТР (ophthalmotonometer), ТОНОМЕТР (tonometer), офтальмотонометр, тонометр** – көздүн ичиндеги басымды өлчөөчү чоң эмес аспап. Аспаптардын бирнече типтери бар. Мисалы, аппланационндук тонометр (applanation tonometer).

## П

**ПАЛОЧКА (сетчатки глаза) (rod), таякча (тор кабыктын)** – көз торчо клеткасынын жарык сезүүчү перифириялык урчуктардын экисинин бири (салыштыруу үчүн: колбачасы (көз торчосунун)). Адамдын көзү болжол менен 125 миллион мындай таякчаларды камтыйт, алар ага караңгыда көрүүгө мүмкүнчүлүк беришет. Кошумча караңыз: Караңгылык адаптациясы (ийкемделиши), жарыктык адаптация (ийкемделиши).

**ПАЛЬПЕБРАЛЬНЫЙ (palpebral), пальпебральный** – көздүн үстүнкү же төмөнкү кабагына тиешелүү.

**ПАНОФТАЛЬМИТ (panophthalmitis), панофтальмит** – көз алмасынын бардык ткандарынын,чечекейи менен кошо ириңдеп сезгенүүсү.

**ПАПИЛЛИТ (papillitis), папиллит** – көрүү нервинин урчугунун сезгениши.

**ПЕЛЬВИМЕТРИЯ (pelvimetry), пельвиметрия** – төрөттүн кандай болоорун билүү максатында, аялдардын жамбаш чарасын өлчөө.

**ПЕРЕКРЕСТ ЗРИТЕЛЬНЫЙ (optic chiasma), көрүүчүлүк кайчылашуу** – Х-түрдүү структура, ал экикайчылашкан көрүү нервдери менен пайда болгон, алар мээге карай багытталышат. Кайчылашуу гипофизге жакын мээнин астынкы бетинде орун алган. Торчонун жарымынан кетүүчү булалар гана кайчылашат. Импульстар, кыртыш алдындагы көрүү борборлорунан алмашканда, көрүүнүн кыртыш бөлүгүнө багытталышат, алар баш мээнин жарым шарларынын желке үлүшүнүн кыртышында жайгашкан.

**ПЕРИМЕТР (perimeter), периметр** – адамдын көрүү талаасын аныктоочу аспап. Периметрлердин бир нече типтери бар. Мисалы, статикалык периметр (static perimeter). Азыркы шарттарда көрүү талаасын аныктоо үчүн компьютердик диагностика колдонулат, анын жардамы менен көрүү талаасындагы эң майда маанисиз дефектилерди да аныктаса болот. (компьютердик периметрия (computerized perimetry)). – Периметрия (perimetry).

**ПЕРИТОМИЯ (peritomy), перитомия** – көз операциясы, мында тунук челдеги лимбанын айланасынандагы конъюнктиваны кесүүнү камтыйт.

**ПЛОСКОВОГНУТЫЙ (planoconcave), жалпакийилген** – линзаны сүрөттөөдө колдонулуучу сөз, мында бир жагы жалпак болот, экинчи жагы ийилген болот.

**ПЛОСКОВЫПУКЛЫЙ (planoconvex), жалпактомпогой** – линзаны сүрөттөөдө колдонулуучу сөз, мында бир жагы жалпак болуп, экинчи жагы ичине томпогой болот.

**ПОЛИКОРИЯ (polycoria), поликория** – көздүн сейрек кездешүүчү тубаса дефекти, мында көздүн карек айланасындагы челинен башка бир нече тешикчелер болот (көздө бир же бир нече каректердин болушу).

**ПОЛИОПИЯ (polyopia), полиопия** – бир эле предметтин бир нече болуп көрүнүүсү. Кээде бул абал көздүн катаракта оорусу жаңы өрчүй баштаганда пайда болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Диплопия.

**ПРОТАНОПИЯ (protanopia), протанопия** – адамдардын кээ бир убактарда, өзгөчө, кызыл түстү көрө албоосу, ал эми ошол эле кызыл түс сары жана жашыл түстөр менен жуурулушуп кетет. Салыштыруу үчүн: Дейтеранопия, Тританопия.

**ПТЕРИГИЙ, ПЛЕВА КРЫЛОВИДНАЯ (pterygium), птеригий, канат сымал кабык** – көздүн сырткы катмарынан эт өсүп чыгуу (адатта ички жагынан). Көпчүлүк учурда бул түзүлүштү, ыссык жана кургак климатта жана чаңдуу жерде жашаган адамдарда кезиктирсеболот; адатта ал көрүүчүлүгүнө таасир тийгизбейт.

**ПТОЗ (ptosis), птоз** – көздүн кабагынын үстүнкү жагынын ылдыйлап, көздү жаап калышы. Алардын бири үчүнчү көрүү нервинин жабыркanышы (көз кыймылдаткыч нервдин); бул учурда птоз адатта көз алмасынын шал болуусу менен коштолот. Эгер птоз Горнер синдромунун кесепетинен болсо анда ал адатта каректердин ичкериши жана беттин жабыркаган бөлүгүндө тердин бөлүнүп чыгышынын жоктугу менен коштолот. Птоз ошондой эле адамда оор псевдопаралитикалык миастениянын өрчүшүндө пайда болот, ал бат элечарчап калуу жана шалдыроо менен коштолот. Андан тышкары изоляцияланган тубаса дефект менен птоз өрчүшү мүмкүн жана көз алмасынын булчуңунун жабырканышынан өрчүйт; бул учурда ал алы жоктук менен жана көздүн кыймылдоосу такыр эле жок болуу менен коштолот.

**ПЯТНО (macula,** көпч. **maculae), темгил** – 1. Чоң эмес анатомиялык аймак, ал аны курчап турган ткандардан айырмалап турат. Мисалы, сары темгил (macula lutea) ал көздүн торчосундагы чоң эмес сары темгил, анда өтө көп сандагы колбачалар топтолушкан (караңыз: Чуңкурча). 2. Теринин жалпак чектелген аймагы, ал аны курчап турган турган ткандардан өзүнүн структурасы же түсү менен айырмалап турат (мисалы, сепкил). Салыштыруу үчүн: Папула.

**ПЯТНО ЖЕЛТОЕ, ПЯТНО СЕТЧАТКИ (yellow spot), сары так, торчонун тагы** – караңыз: Так (сары) (macula lutea).

**ПЯТНО РОТА (Roth spot), Рот тагы** – көз торчосундагы түссүз аймак, ал кээде офтальмоскоп аркылуу бактериалдык эндокардит, лейкемия же септицемия менен ооруган адамдарда байкаса болот.

## Р

**РАДУЖКА «БОМБАРДИРОВАННАЯ» (iris bomb), «бомбардирлүү» көздүн карек айланасы** – көздүн аномалдуу абалы, мында көздүн карек айланасы тунук челге карай алдыга чыгып калат.

**РЕТИНИТ (retinitis), ретинит** – көздүн тор сымал катмарынын сезгениши. Практикада бул термин сезгеничтүү эмес көз торчосунун дарттарына карата колдонулат; мисалы, пигменттик ретинит (retinitis pigmentosa) ал тукум куучулук бузулуш, көз торчосунун күчөөчү дегенеративдик өзгөрүүлөр менен мүнөздөлөт. Азыркы убакта мындай абалдарга карата «ретинопатия»деген термин колдонулуп жүрөт.

**РЕТИНОСКОП (retinoscope), ретиноскоп** – линзанын күчүн аныктоочу аспап. Ал көздүн рефракциясынын бузулушун коррекциялоо үчүн керектелет. – Ретиноскопия (retinoscopy).

**РЕФЛЕКС ЗРАЧКОВЫЙ (pupillary reflex), РЕФЛЕКС СВЕТОВОЙ (light reflex), карек рефлекси, жарык рефлекси** – көзгө канча жарыктын тийишине жараша каректин көлөмүнүн өзгөрүшүнө алып келүүчү рефлекс. Ошентип, торчого жарык нурдун тийиши, парасимпатикалык нервдерди дүүлүктүрөт, ал каректин ичкеришине алып келет. Эгер жарык анча жарык болбосо, карек симпатикалык нерв системасынан болгон реакцияга карата чоңоёт. Кошумча караңыз: Көздүн карек айланасындагы чели.

**РЕФЛЕКС СВЕТОВОЙ (light reflex), жарыкка болгон рефлекс** – караңыз: Карек рефлекси.

**РЕФРАКЦИЯ (refraction), рефракция** – 1. Жарык нурлардын сынышы, чагылышы. Көздө чагылган нурлардын сынышы бузулуудан, көздүн алыстан жана жакындан көрүүсүнүн өзгөрүүсү. Рефракциянын бузулушу көпчүлүк учурда рефракционндук чөйрөдө бузулуштар же көз алмасынын формасынын бузулушунан, аларга кошумча дагы астигматизм, алыстан көрүүчүлүк жана жакындан көрүүчүлүк деген абалдар менен да байланыштуу болот. 2. Көздүн рефракциясынын даражасын аныктоо. Бул адамга анын

көрүүсү кандай абалда экенин, ага көз айнектин кереги барбы же жокпу, эгер керек болсо рефракциянын жардамы менен керектүү көз айнекти дандап берүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**РОДОПСИН (rhodopsin), ПУРПУР ЗРИТЕЛЬНЫЙ (visual purple), родопсин, көрүү пурпурасы** – көздүн көрүүгө жөндөмдүү тор катмарындагы таякча клеткаларында жайгашкан жарыкты сезүүчү темгил так, анын курамына ретинальдегид (retinal) – А витамини жана белок кирет. Көздүн торчосунда родопсиндин болушу, өтө жарык эмес жерде нормалдуу көрүү үчүн керек. Мындай жарыктын таасири астында бул пигмент өзгөрүлөт, ал болсо нервдик импульстун жаралышына алып келет.

## С

**СИМБЛЕФАРОН (symblepharon), симблефарон** – кирпиктин көзгө жабышып өсүшү. Адатта мындай өсүш кабактын коньюнктивасынын же көз алмасынын химиялык күйүгүнөн кийин өрчүйт.

**СИМПТОМ «ЛЕТАЮЩИХ МУШЕК» (muscae volitantes), «чиркей учуп жүрүү» симптому** – көз алдында жылп турууучу кара тактардын пайда болушу, адатта бул симптом тунук чел кабыгында байкалат.

**СИМПТОМ ШТЕЛЬВАГА (Stellwag's sign), Штельвагдын симптому** – ал көз жылчыгы чоңоюп калуу сезими пайда болот, бул үстүнкү кабактын тканынын бырышып калгандыгы жана көз алмасынын тостоюп калышы менен туудурулат. Мындай симптом экзофтальмикалык богоктун бир симптомдору болуп саналат.

**СИНДРОМ ГОРНЕРА (Horner's syndrome), Горнер синдрому** – эгерде көкүрөктүн көндөйүндөгү омурткаларга жакын жердеги мүчөдө шишик пайда болсо, алар симпатикалык нервдерди кысат. Ошонун натыйжасында, каректин көлөмү кичирейип, көздүн үстүңкү кабагы түшүп (птоз), көз ичин карай кирип турган абалда турушу.

**СИНДРОМ ЭЙДИ (Adie's syndrome), СИНДРОМ ЭЙДИ – ХОЛМСА (Holmes – Adie syndrome), Эйди синдрому, Эйди – Холмс синдрому** – көздүн карегинин жабыркашы. Мында жаракаланган карек жарыкка жана конвергенцияга болгон реакциясы төмөндөйт. Бир же бир нече тарамыш рефлекстери жок болушу мүмкүн. Бул дарт адатта аялдарда көп байкалат.

**СКЛЕРА (ГЛАЗНОГО ЯБЛОКА) (sclera), ОБОЛОЧКА ГЛАЗА БЕЛОЧНАЯ (sclerotic coat), склера (көз алмасынын), көздүн чели** – көз алмасынын ак, фиброздук чели. Көздүн астынкы бөлүгүндө бул катмар көздүн тунук челине өтөт. Караңыз: Көз. – Склералдык (scleral).

**СКЛЕРОМАЛЯЦИЯ (scleromalacia), склеромаляция** – көздүн ак челинин жоонуюп, сезгенүүсү. Кээде жабыркаган аймакта склера толугу менен жок болуп кетет, ал эми анын астында жайгашкан кирпиктүү дене коньюктиванын астынан чыгыптурат. Мындай абал перфоративдик склеромаляция (scleromalacia perforans) деп аталат.

**СКОТОМА (scotoma,** көпч. **scotomata), скотома** – көз менен караганда, караган буюмдун бир бөлүгүнүн көрүнбөй калышы. Бул көрүнүш ар түрдүү себептерден келип чыгат. Баардык элдерде көрүү талаасында сокур тагы бар – ал торчонун чоң эмес бөлүгү, көрүү нервинин диски менен ээленген, ал жарыкты кабыл албайт. Көрүү талаасынын башка аймактарында көрүүнүн толугу менен жоготуусу, абсолюттук скотома деп аталышат (absolute scotomata). Салыштырмалуу скотома (relative scotoma) өзү менен чоң эмес такты элестетет, анда көрүүчүлүк кыйла төмөндөгөн, бирок сакталган.

**СЛЕЗА (tears), жаш, көз жаш** – жаш бездери тарабынан бөлүнүп чыга турган суюктук (караңыз: Жаш аппараты); көздүн сырткы чел кабыгы менен конъюнктивинин нымдалып турушун шарттайт. Жаштын курамына лизоцим – ферменти кирет, ал ар кандай бак-

терияларды өлтүрүүгө көмөк көрсөтөт. Көздүн кычышуусу, кээде адам толкунданганда жаш суюктугунун көп бөлүнүшүн туудурат. Кошумча караңыз: Көз ирмөөсү.

**СЛЕЗОТЕЧЕНИЕ, СЛЕЗООТДЕЛЕНИЕ (lacrimation), жаш агуу, жаш чыгаруу** – өзгөчө көп жаш агуу; ыйлоо. Кошумча караңыз: Жаш аппараты.

**СЛЕПОТА (blindness), сокурдук** – адамда көрүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу. Сокурдуктун келип чыгуусу трахома, онхоцеркоз жана А витаминдин жетишсиздиги менен байланыштуу (караңыз: Түнкү сокурдук).

**СЛЕПОТА ДНЕВНАЯ (day blindness), күндүзгү көрбөөчүлүк** – начар жарыктандырууда жакшы көрүү же жакшы жарыктандырууда начар көрүү. Мындай абал адатта тубаса болот жана көрүүнүн курчтугунун төмөндөшү менен түс көрүүсүнүн бузулушу менен коштолот. Медициналык аталышы: Гемералопия (hemeralopia). Салыштыруу үчүн: Түнкү көрбөөчүлүк.

**СЛЕПОТА НОЧНАЯ (night blindness), түнкү көрбөөчүлүк** – түнкү маалда нерселерди айырмалап корбөө. Көз торчосундагы таякчалардын жабыркашынан өрчүйт (караңыз: Көз торчосунун таякчасы), же организмде А витаминин жетишсиздиги менен байланыштуу болот. Эгер бул жетишсиздикти убагында чечпесе, анда абал татаалдана баштайт жана ксерофтальмия менен кератомаляния өрчүйт. Медициналык аталышы: Никталопия. Салыштыруу үчүн: Күндүзгү көрбөөчүлүк.

**СЛЕПОТА ЦВЕТОВАЯ (colour blindness), түстүк көрбөөчүлүк** – кээ бир түстөр кошулуп көрүнүп калган оору. Мындай түс кабыл алуу жетишсиздиги өтө сейрек кездешет (караңыз: Монохромат). Бул бузулуштун эң эле көп таралган түрү дальтонизм (Daltonism) (протанопия (protanopia)) эсептелет – ал кызыл түстү кабыл алуусунун жоктугу, мында орулуу кызыл түстү жашыл түстөн айырмалабайт. Кээ бир учурларда бузулуш торчонун дарттарынын кепетинен өрчүйт, бирок көпчүлүк учурда бул дефект тукум куучулук болот (караңыз: Торчонун колбасы). Кошумча караңыз: Дейтеранопия, Трихроматикалык.

**СРЕДСТВО МИДРИАТИЧЕСКОЕ (mydriatic), мидриотикалык каражат** – дарылык зат, ал каректин чоңоюшун туудурат. Буларга мисалы катары атропин, циклопентолат жана фенилэфрин киришет. Көздү изилдөөдө колдонулат, ошондой эле кээ бир сезгеничтүү дарттарды, мисалы ирит же циклитти дарылоодо.

**СТАФИЛОМА (staphyloma), стафилома** – көздүн тунук катмарынын алдына карай урчуюп чыгышы. Кабырчыктуу стафилома (anterior staphyloma) өзү менен көздүн тунук челиндеги шишип кеткен жаратты элестетет, аны менен карек айланасындагы чел өсүшүп кетет. Цилиардык стафиломада (ciliary staphyloma) склеранын киприктүү дененин астынан уркуюп чыгышы байкалат, ал көз алмасынын ичинде жогору басымдын кесепетинен болот. Көздүн арткы бөлүгүнөн склеранын уркуюп чыгышы (склеранын арткы стафиломасы (posterior staphyloma)) кээде күчтүү даражадагы жакындан көрбөөчүлүккө чалдыккан адамдарда байкалат.

## Т

**ТАРЗИТ (tarsitis), тарзит** – кабак кемирчегинин сезгениши.

**ТАРЗОПЛАСТИКА, тарзопластика** – кабакты калыбына келтирүү же реконструкциясы боюнча хирургиялык операция. Караңыз: Блефаропластика.

**ТЕЙХОПСИЯ (teichopsia), тейхопсия** – жалындаган түстүү оттордун көрүүчүлүк кабыл алуусунун жана алардан көрүү талаасынын эркин аймактарынын (өтүүчү скотома (transient scotomata)); ал көпчүлүк убакта шакый өрчүүсү башталаар астында байкалат.

**ТЕЛО РЕСНИЧНОЕ (ciliary body), кирпиктүү дене** – көз алмасынын тамырлуу кабы, ал өзүнүн тамырлуу челин карек айланасындагы чел менен биригет. Мындан тышка-

ры, цилиардык (кирпиктүү) дене чечекейди асып коюу үчүн жана аккомодация процессин камсыз кылуу үчүн кызмат аткарат. Кирпиктүү дененин көпчүлүк бөлүгү кирпиктүү булчуңдан пайда болгон (ciliary muscle), жыйрылууда чечекейдин кыйшайуусу өзгөрөт (караңыз: Аккомодация).

**ТЕЛО СТЕКЛОВИДНОЕ (vitreous humour, vitreous body), айнек сымал денече** – тунук желе сымал масса, ал көздүн чечекейинин артын толтурат. Желе сымал консистенция гиалурон кислотасынын жогорку камтуусу менен байланышкан.

**ТЕСТ ЗАКРЫВАНИЯ – ОТКРЫВАНИЯ (cover test), жабып – ачуу тести** – балдарда көмүскө чалыр көздүүлүктү ачып көрсөтүү үчүн колдонулуучу тест.

**ТОНОГРАФИЯ (tonography), тонография** – жазма тонометрдин жардамы аркасында көз басымын өлчөө бир нече мүнөттүн ичинде басым термелүүсүн катоого мүмкүнчүлүк берет.

**ТРАКТ УВЕАЛЬНЫЙ (uvea, uveal tract), увеалдык тракт** – көздүн тамырдык чели, склеранын астында жайгашкан. Увеалдык тракттын курамына тамырдык чел, кирпиктүү дене жана карек айланасындагы чел кирет. – Увеалдык (uveal).

**ТРАНСПЛАНТАТ РОГОВИЧНЫЙ (corneal graft), тунук челдүү трансплантат** – караңыз: Кератопластика.

**ТРАХОМА (trachoma), трахома** – көздүн тегерегиндеги былжырлуу катмардын жугуштуу өнөкөт көз оорусу мында оор коньюктивит өрчүйт, ал Chlamydia trachomatis түрүндөгү бактерия менен туудурулат. Оору ысык климаттуу өлкөлөрдө кеңири жайылган.

**ТРИТАНОПИЯ (tritanopia), тританопия** – негизги үч түстү: көк, кызыл, жашыл көрө албоо. Сейрек кездешүүчү түс көрүүчүлүк бузулушу. Салыштыруу үчүн: Дейтеранопия, Протанопия.

**ТРИХРОМАТИЧЕСКИЙ (trichromatic), үч хроматикалык** – берилген термин нормалдуу түстүк көрүүчүлүктү сүрөттөө үчүн колдонулат, мында адам үч негизги түстөрдү кабыл алат (кызыл, жашыл жана көк) жана каалаган түскө тиешелүүлүктү, түстөрдү аралаштыруу жолу менен таба алат. Салыштыруу үчүн: Дихроматикалык, Монохромат.

## У

**УГОЛ ГЛАЗА (canthus), көздүн бурчу** – көздүн медиалдык же латералдык бурчу, анда үстүнкү жана астынкы кабагы бири-бири менен биригет.

**УДАЛЕНИЕ КАТАРАКТЫ (couching), катарактаны алып салуу** – хирургиялык операция, аны жасаган мезгилде катаракт менен жабыркаган көздүн чечекейи астыга жана кайта каректен тунук челге карай чоң эмес скальпелдин жардамы менен жылдырылат.

## Ф

**ФАКО (phaco-, phako-), фако** – көздүн чечекейин туюндуруучу сөз.

**ФАКОЭМУЛЬСИФИКАЦИЯ (phacoemulsification, phakoemulsification), факоэмульсификация** – оору кесепетинен улам жабыр тарткан көздүн чечекейинин алып таштоодон мурда аны майдалап бөлүү ыкмасы.

**ФЕНОМЕН ЭНТОПТИЧЕСКИЙ (entoptic phenomena), энтоптикалык феномен** – көрүү сезими, ал көздө болгон өзгөрүүлөрдөн келип чыгат. Көпчүлүк учурда бул сезимдер майда жалбылдаган тактардын («учуп жүргөн чиркейлер» (floaters)) пайда болушу менен байланышат, алар кээде адамдын көз алдында жаралат, өзгөчө ал кайсы-бир нерсени тиктеп караганда, бул учурда нерсе өтө жарык болгон жердеги фондо болот (мисалы, көк асманда).

**ФЛИКТЕНА (phlycten), фликтена** – көз кабагынын ички катмарында же көздүн тунук катмарында пайда болгон, чекиттей же андан да кичине түйүн. Ал кеңейтилген кан тамырлар менен курчалган. Фликтеналар рецидивге берилүүсү бар болот жана кээ бир бактерияларга аллергиянын болушу саналат.

**ФОКУС (focus), фокус** – 1. Линза аркылуу өткөн жарык нурлар кесилише турчу чекит. 2. Инфекция же кайсы бир башка оору жайгашкан жай.

**ФОКУСИРОВАТЬ (fokus), фокустоо** – (офтальмологияда) аккомадациялоо. Кошумча караңыз: Аккомодация.

**ФОТООФТАЛЬМИЯ (photophthalmia), фотоофтальмия** – кератоконъюнктивит, ал көзгө жарыктын тийиши менен туудурулат. Адатта көздүн тунук чели ультрафиолеттик нурлануунун тийишинин кесепетинен жабырканат (мисалы, карда көрбөөчүлүктө).

**ФОТОПСИЯ (photopsia), фотопсия** – жок шооланы, жарыкты көргөндөй болуу. Айрыкча көрүү жолдорунун нерви ооруганда байкалат.

**ФОТОРЕТИНОПАТИЯ (photoretinitis), фоторетинопатия** – атайы көз айнек колдонбой күндү ашыкча көп тиктеп туруудан улам көз тор кабыгынын жабыркашы. Жыйынтыгында торчонун күйгөндүгү болот; мында адатта көрүү талаасынын борбордук бөлүгү жабыркайт, ошондода ушул жердеги көрүүсү такыр кайтарымсыз жоголуп кетет (күн нурунан көрбөөчүлүк (sun blindness)).

## Х

**ХАЛАЗИОН (chalazion), КИСТА МЕЙБОМИЕВА (meibomian cyst), халазион, Мейбом кистасы** – көз кабагынын тегерегиндеги бездердин сезгенген өнөкөт оорусу. Без чоңоюу менен көздүн карегин жаап да калууга мүмкүн.

**ХЕММОЗ (chemosis), хеммоз** – көздүн былжырлуу челинин шишип кетиши. Былжырлуу челдин сезгенүүсү жана кандын жана лимфанын жакшы келбей калышы менен байланыштуу келип чыгышы мүмкүн.

**ХИАЛИТ (hyalitis), хиалит** – көздүн айнек сымал челинин сезгеничи. «Жылдыздуу» гиалоз (asteroid hyalosis) (мурун «жылдызчалуу» гиалит (asteroid hyalitis) деп аталган) – өзү менен дегенеративдик өзгөрүүнү (сезгеничти эмеса) элестет, мында айнек сымал денеде чоң эмес тунук эмес ак денечелер пайда болот.

**ХОРИОИДИТ (choroiditis), хориоидит** – көздүн кан тамырлуу катмарынын сезгениши. Ал карек айланасындагы чел менен кирпиктүү дененин сезгениши менен кошо өрчүшү мүмкүн, бирок көпчүлүк учурда өзүнүн тамырлык чел менен же анын айрым аймактарынын (фокалдык (focal) же мультифокалдык хориоидит (multifocal choroiditis)) сезгениши кездешет. Мында көрүүнүн начарлашы байкалат, бирок адам эч кандай көз оорусун сезбейт. Караңыз: Увеит.

**ХРОМАТОПСИЯ (chromatopsia), хроматопсия** – түстү ажырата албай калуу. Айрым бир учурларда катарактаны алып салгандан кийин курчап турган бардык буюмтайымдар оорулууларга кызыл түстө гана көрүнөт. Бул өңдүү көрүнүш көрүү нервдери сезгенген адамдарда учуроосу мүмкүн.

**ХРУСТАЛИК (lens), чечекей** – (анатомияда) тунук кристаллкалык түзүлүш, ал көздүн карегинен артта жайгашкан жана ичке тунук чел менен курчалган (капсула менен (capsule)). Көздүн бирден бир чөйрөсүн сындыруучусу болуп саналат, ал торчонун сыртындагы нурлардын фокусталуусуна көмөк көрсөтөт. Кошумча караңыз: Аккомодация.

**ХРУСТАЛИК ЛОЖНЫЙ (pseudophakos), жалган чечекей** – чечекейди алып салгандан кийин жана жасалма чечекей менен алмаштырганда көздүн абалы. Мындай операция катаракт оорусун дарылоо процессинде аткарылат.

## Ц

**ЦИКЛИТ (cyclitis), циклит** – көздүн кирпиктүү денеси деп аталган бөлүгүнүн сезгенип оорушу (караңыз: Увеит).

**ЦИКЛОПЛЕГИЯ (cycloplegia), циклоплегия** – көздүн карегинин өзгөрбөй бир калыпта турган абалы (караңыз: Кирпиктүү денеси). Бул көз карашты фокустоого мүмкүндүк бербейт жана каректин сфинктеринин шал болуусу менен коштолот, анын туруктуу кеңейүүсүн туудурат (мидриаз (mydriasis)).

**ЦИКЛОФОРИЯ (cyclophoria), циклофория** – чалырлыктын бир түрү. Мында көз изилдөө убагында бир аз саат жебеси аркылуу же ага каршы айланып калат.

## Э

**ЭВИСЦЕРАЦИЯ (evisce-ration), эвисцерация** – (офтальмологияда) бир гана сырткы кыртышын (склера) калтырып, көз чечекейин тазалап салуу менен байланышкан хирургиялык операция. Салыштыруу үчүн: Энуклеация.

**ЭЗОТРОПИЯ (esotropia), эзотропия** – чалыр көздүүлүктүн бир түрү.

**ЭЗОФОРИЯ (esophoria), эзофория** – көздүн ичине карай кыйшайуусу. Мурунга карай багытында тышкы көрүү дүүлүктүргүчтөрдүн жок болушу. Кошумча караңыз: Гетерофория.

**ЭКЗЕНТЕРАЦИЯ (exenteration), экзентерация** – (офтальмологияда) көз чарасынын ичин толук тазалап салууга багытталган хирургиялык операция. Операция жүргүзүү муктаждыгы, көз чарасы ичиндеги коркунучтуу шишикке байланыштуу келип чыгат.

**ЭКЗОТРОПИЯ (exotropia), экзотропия** – чалыр көздүүлүктүн түрү: эки жакка кыйшайуучу чалыр көздүүлүк.

**ЭКЗОФОРИЯ (exophoria), экзофория** – көздүн сыртка көздөй кыйшайуусу. Бул тышкы көрүү дүүлүктүргүчтөрдүн жок болушунан. Кошумча караңыз: Гетерофория.

**ЭКЗОФТАЛЬМ (exophthalmos), экзофтальм** – кээ бир ооруларда көздүн чанагынан тышка чыгып турушу. Мисалы, богок оорусунда байкалат. Ал жаракаттын кесепетинен да болушу мүмкүн (караңыз: Тиреотоксикоз).

**ЭКЗОФТАЛЬМОМЕТР (exophthalmometer, proptometer), экзофтальмометр** – көз алмасынын алдыга карай кыйшайуусунун даражасын аныктоочу аспап.

**ЭКТРОПИОН (ectropion), эктропион** – көз кабагынын сыртын көздөй аңтарылып калышы. Көпчүлүк учурда карылык эктропион (senile ectropion) кездешет, мында астынкы көз кабагы асты жакка салаңдап калат, ал улгайган куракта булчуңдардын бошоңдошунан болот.

**ЭЛЕКТРОРЕТИНОГРАФИЯ (electroretinography), электроретинография** – көздүн тор катмарынын кызматынын күчүн, андан нур өтүп жаткан учурда электр аспап менен каттоо.

**ЭММЕТРОПИЯ (emmetropia), эмметропия** – оорубаган көздүн рефракция абалы, мында параллельдик жарык нурлар, көздүн тор кабыгында фокусталат. Мында адам алыста турган нерселерди так көрөт жана көзгө эч кандай күч келтирбей эле. Салыштыруу үчүн: Аметропия, Гиперметропия, Миопия.

**ЭНДОФТАЛЬМИТ (endophthalmitis), эндофтальмит** – көздүн эң ички катмарынын сезгениши. Анын себеби болуп адатта – көздүн жабырканышы, анын кесепетинен инфекция кирет.

**ЭНОФТАЛЬМ (enophthalmos), энофтальм** – көздүн ичке карай кирип кетиши. Бул көздүн орбитасынын түбүндөгү жараканын кесепетинен өрчүшү мүмкүн, анын жыйынтыгында көз ылдый же артка жылып кетет.

**ЭНТРОПИОН, ЗАВОРОТ ВЕКА (entnopion), энтропион, кабактын түрүлүп калуусу** – көздүн жапкычынын кирпиги менен кошо ичине кайрылып калуусу. Мындай учурда кирпиктер көз конъюнктивин жабыркатып, кычышууну пайда кылат (караңыз: Трихиаз). Энтропиондун эң эле таралган түрү астынкы кабактын спастикалык энтропиону (spastic entropion) болуп саналат, ал көздүн айлантуучу булчуңунун спазмынын кесепетинен пайда болот.

**ЭПИФОРА (epiphora), эпифора** – көздөн дайыма жаш агып туруу. Жаш чыгуучу жолдордогу ар кандай аномалиялар менен байланыштуу (караңыз: Жаш аппараты).

**ЭРИТРОПСИЯ (erythropsia), эритропсия** – оорулуунун кызыл түстөгү буюмдарды гана көрүүсү. Бул көзгө операция жасалгандан кийин (катарактаны алып салган кийин) байкалышы ыктымал. Ошондой эле кардан көрбөөчүлүктө.

## Я

**ЯБЛОКО ГЛАЗНОЕ (eyeball), көз алмасы** – көз чарасындагы склера менен чектелген туура эмес шар формасындагы зат. Көз алмасы ар кыл жардамчы органдар (мисалы, кабак, конъюнктив жана жаш аппараты) менен тыгыз байланышкан. Анын кыймылы болсо алты көз кыймылдатуучу туурасынан кеткен чаар булчуң менен ишке ашырылат.

**ЯЧМЕНЬ (stye, hordeolum), тирсек** – май безинин курч сезгениши, ал кирпиктин чач баштыкчасынын жанында жайгашкан, анын себеби болуп адатта бактериалдык инфекция болуп саналат. Медициналык аталышы: Кабактагы тирсек (hordeolum).

# ПЕДИАТРИЯ



## Б

**БЛИЗНЕЦЫ (twins), эгиздер** – бир ата-энеден бир мезгилде төрөлгөн эки адам. Кошумча караңыз: Сиам эгиздери.

**БЛИЗНЕЦЫ ДИЗИГОТНЫЕ (dizygotic twins), дизиготтук эгиздер** – бир эле учурда эки урук клеткасынын бирдей уруктануусунун натыйжасында өнүгүшөт; алар бир же эки башка жыныс мүчөлүү болуу менен бири-бирине анча окшош боло беришпейт. Караңыз: Эгиздер.

**БЛИЗНЕЦЫ ИДЕНТИЧНЫЕ (identical twins), окшош эгиздер** – бир урук клеткасынын уруктануусунун натыйжасында өнүгүшөт; зиготанын алгачкы жолку майдалануусунда эки бластомер бөлүнүүгө учурап алардын ар биринде түйүлдүктүн өнүгүүсү башталат. Болочок индивидуумдардын экөө тең бир жыныстуу жана бирдей гендик курамга ээ болушат; алардын ортосундагы билинер-билинбес айырмачылыктарды бар болгону аларды курчап турган айлана-чөйрөнүн таасири катары кароого болот. Караңыз: Эгиздер.

**БЛИЗНЕЦЫ МОНОЗИГОТНЫЕ (monozygotic twins), монозиготтук эгиздер** – караңыз: Окшош эгиздер.

**БЛИЗНЕЦЫ СИАМСКИЕ (Siamese twins), БЛИЗНЕЦЫ СОЕДИНЕННЫЕ (conjoined twins), сиам эгиздери, бириккен эгиздер** – дене түзүлүшү жагынан тубаса түрдө биригип калышкан монозиготалык эгиздер. Мындай биригип өсүш киндиктик кан тамырларынын арасынан (аллантоиддик – ангиопаг (allantoido-angiopagous twins)) болушу мүмкүн, ошондой эле баш жана тулку боюнда болот.

**БЛИЗНЕЦЫ СОЕДИНЕННЫЕ (conjoined twins), бириккен эгиздер** – караңыз: Сиам эгиздери.

**БОКАЛ ГЛАЗНОЙ (optic cup), көздүн чөйчөгү** – түйүлдүктүн мээлик көбүкчө сымал жуп чыныдай эки катмарлуу чуңкурча, андан көздүн торчосу өрчүп чыгат.

**БОЛЕЗНЬ НОВОРОЖДЕННЫХ ГЕМОРРАГИЧЕСКАЯ (haemorrhagic disease of the newborn), жаңы төрөлгөн ымыркайлардын геморрагиялык оорусу** – К-витаминин жетишсиздигинен кан уюу процессинин убактылуу бузулушу. Бала төрөлгөндөн кийинки 2- же 4- күндөрү башталып, ичеги - карындын кансырашына алып келүүсү мүмкүн. Аталган оорунун алдын алуу үчүн төрөлөр замат бардык балдарга К-витаминин жазып берүү (инъекция же ичүүгө) зарыл. Медициналык аталышы: Ымыркайлардын геморрагикалык оорусу (melaena neonatorum).

**БОЛЕЗНЬ РОЗОВАЯ (pink disease), кызгылтым оорусу** – ымыркай балдардын тиши жаңыдан жарылып чыгып келе жатканда кездешүүчү оору; тердөө, кан басымынын жогорулоосу, тамырдын лапылдап тез-тез согушу, жарыктан коркуу, табиттин тартпай калышы, уйкусуздук өңдүү бир катар ооруларды камтыйт. Мында баланын манжалары жана таманы жабышкак болуп, кызгылтым тартып, катуу муздап калат. Аталган оору организмдин ар кыл порошок, лосьон жана маздарда кездешүүчү сымапка болгон аллергиялык реакциясы катары каралган учурлар кездешет. Медициналык аталышы: Акродиния (acrodynia), Кызгылтым оорусу (erythroedema), Эритромелалгия (erythromelalgia).

**БОЛЕЗНЬ ТЭЯ – САКСА (Tay – Sachs disease), ИДИОТИЯ ДЕТСКАЯ АМАВРОТИЧЕСКАЯ (amaurotic familial idiocy), Тэй – Сакс оорусу, амавротикалык балдар идиотия оорусу** – тукум куучулук, липиддик алмашуунун бузулушу (караңыз: Липидоз), ага баш мээдеги аномалдык клеткаларда липиддердин топтолушу мүнөздүү болуп, бунун кесепетинде балада көз көрбөө, акылынын өнүгүүсүнүн токтолуп калуусу ымыркай кезинде эле байкалат.

**БУФТАЛЬМ (buphthalmos), ГИДРОФТАЛЬМ (hydrophthalmos), буфтальм, гидрофтальм** – көзү чоң адам, алаң көз оорусу. Ымыркайлардын тубаса же өрчүүчү глаукома

оорусу: көз ичиндеги басымдын жогору болушу, ал структуралардын дефектисинен болот, алар аркылуу көз ичиндеги суюктук дренаждалат.

## В

**ВОДЯНКА ПЛОДА (hydrops fetalis), баланын сары суу оорусу** – жаңы төрөлгөн баланын шишип төрөлүшү: суюктук баланын баардык көңдөйлөрүнө толуп, өзгөчө ич жана плевралдык көңдөйдө болуп төрөлөт (караңыз: Асцит). Көпчүлүк учурда баланын өмүрүн сактоого мүмкүн эмес болот.

**ВРАЧ-ПЕДИАТР (paediatrician), балдар доктуру** – балдарды кароо жана дарылоо менен алектенген доктур. Кошумча караңыз: Коомдук саламаттык сактоо.

**ВЫВИХ БЕДРА ВРОЖДЕННЫЙ (congenital dislocation of the hip (CDH)), тубаса сандын ордунан чыгып кетүүсү** – өтө көп таралган аномалиялардын бири, ал балдарда төрөлгөндө аныкталат, мында сан сөөгүнүн башы капчыт сөөгүнүн жамбаш сөөк чөйчөгүнөн жылып кетет, ал анын өрчүбөстүгүнөн келип чыгат. Көпчүлүк учурда жамбаш – сан муунунун экөөсү тең жабыркайт. Тубаса сандын ордунан чыгып кетүүсү ымыркайда Барлоу симптомунун (Barlow's sign) (же Фон-Розен симптомунун (Von Rosen's sign)) болушу менен аныкталат – мүнөздүү чакылдаткан үндөн байкалат, мында сан акырын кол менен бир аз жылдырылат, ал кол менен баланын бутун бүккөндүктөн жылдырылат.

## Г

**ГАЛАКТОЗЕМИЯ (galactosaemia), галактоземия** – организмдин канда чогула турган галактоза канттын толук өздөштүрө албай калуусу. Дарыланбай коюу – балдардын физикалык жана акыл-эс жагынан болгон өнүгүүсүнүн начарлашына алып келет. Ошондой эле, галактозаны тамак менен бирге кабыл алуудан баш тартуу, баланын нормалдуу өсүшүн камсыз кылат.

**ГИДРАДЕНИТ ГНОЙНЫЙ (hidradenitis suppurativa), ириңдүү гидраденит** – көбүнчө колтуктун апокриндик тер бездеринин сезгениши, алар өспүрүм куракта биринчи жолу активдештирилет; алардын сезгениши колтук астындагы чуңкурда же жука чурай аймакта өрчүйт.

**ГИПЕРКИНЕЗИЯ (hyperkinesia), гиперкинезия** – балдарда жогорку толкундануу абалы. Караңыз: Гиперкинетикалык синдром. – Гиперкинетикалык (hyperkinetic).

## Д

**ДОРОДОВОЙ (antepartum), төрөткө чейин** – бала төрөлгөнгө чейин.

## З

**ЗАДЕРЖКА РОСТА РЕБЕНКА ВНУТРИМАТОЧНАЯ (intrauterine growth retardation, IUGR), баланын жатын ичиндеги өсүүсүнүн кечеңдеши** – бала салмагынын күтүлгөндөгүгө караганда кыйла аз болушу (караңыз: Өрчүү диаграммасы). Мунун өзү эненин оорусу (мисалы, инфекциялык оорулар, жетишсиз тамактануу, жогорку кан басымы, тамеки тартуу же алкоголизм), социалдык-экономикалык абалдын начардыгы же түйүлдүктүн оорусу менен байланыштуу болуусу мүмкүн. Айрым учурларда жатын ичиндеги өсүүнүн кечеңдөөсү аялдын мөөнөтүнөн мурда төрөп коюусуна алып келет.

**ЗАРОДЫШЕВЫЙ (germinal), түйүлдүктүү** – 1. Алгачкы түйүлдүктүк же ткандык өрчүүгө тиешелүү сөз. 2.Түйүлдүккө тиешелүү сөз.

## К

**КРАНИОСТЕНОЗ (craniostenosis), краниостеноз** – баланын баш сөөгүнүн ортосундагы биригүүчү жердин алдын ала бүтүшү, анын кесепетинен баш сөөк аномалдык түрдө кичинекей бойдон калат. Салыштыруу үчүн: Краниосиностоз.

## Н

**НОВОРОЖДЕННЫЙ (neonate), жаңы төрөлгөн** – бир ай болгон ымыркай. Бул термин негизинен жаңы эле төрөлгөн же бир жумалык ымыркайларга тиешелүү колдонулат. – Неонаталдык (neonatal).

## О

**ОМФАЛИТ (omphalitis), омфалит** – киндиктин сезгениши, айрыкча жаңы төрөлгөн балдарда кездешет.

## П

**ПАРАЛИЧ КЛЮМПКЕ (Klumpke's paralysis), Клюмпке шал оорусу** – колдун шал оорусу, айрыкча жаңы төрөлгөн балада төрөт убагындагы травманын кесепетинен пайда болот.

**ПЛОД (fetus, foetus), түйүлдүк** – эне жатынында 9 – дан 38–39 чу жумага чейинки мезгилде өрчүүчү организм. Адам репродукциясында бул термин төрөлө элек балага тиешелүү колдонулат, кош бойлуулуктун 10 – жумасынан баштап. – Феталдык (fetal).

**ПОЯВЛЕНИЕ РЕБЕНКА, МАЛОВЕСНОГО ДЛЯ ДАННОГО ГЕСТАЦИОННОГО ВОЗРАСТА (small for dates (SFD)), баланын аз салмактуу болуп пайда болушу, гестационндук куракты аныктоо үчүн** – караңыз: Баланын жатын ичиндеги өсүүсүнүн кечеңдеши.

**ПРИСТУПЫ ЗАДЕРЖКИ ДЫХАНИЯ (breath-holding attacks), дем алуунун токтоп калуу приступу** – баланын катуу ыйлаган приступу, бала катуу ыйлаганда көгөрүп энтигип калат. Тил албаган балдарга мүнөздүү. Приступтар эсинин жоготушу менен коштолушу мүмкүн.

**ПРОГЕРИЯ (progeria), прогерия** – жаш балдардын өтө тездик менен картаюусуна алып келе турган сейрек көрүнүш. Мындай «карылык» бала жыныстык жактан жетилгиче болуп өтөт.

**ПУРПУРА ГЕНОХА – ШЕНЛЕЙНА, ВАСКУЛИТ ГЕМОРРАГИЧЕСКИЙ (Henoch – Schonlein purpura), ПУРПУРА ШЕНЛЕЙНА – ГЕНОХА (Schonlein – Henoch purpura), ПУРПУРА АНАФИЛАКТОИДНАЯ (anaphylactoid purpura), Генох – Шенлейндин пурпурасы, геморрагикалык васкулит, Шенлейн – Генох пурпурасы, анафилактоиддик пурпура** – көп кездешүүчү, болгондо да каталанып пайда болуучу пурпуранын түрү; ал көпчүлүк мезгилде кичинекей балдарда кездешет, бирок чоң кишилерде да кездешет. Жамбаштын терисинде жана астынкы аяктарда мүнөздүү кызыл коччул – геморрагикалык ыссык, ал капиллярлардан кан куюлуу менен туудурулат; бир эле мезгилде артрит, ичеги карын симптомдор жана (кээ бир убактарда) нефрит өрчүшү мүмкүн. Эч кандай атайын дарылоонун кереги жок.

## Р

**РАЗВИТИЕ НЕДОСТАТОЧНОЕ, ОТСТАВАНИЕ В РАЗВИТИИ (failure to thrive (FTT)), толук кандуу өөрчүбөй калуу, өсүү жолундагы кемчилдик** – кайсы бир баланын

өсүп-өнүгүүсүнүн коомдогу башка балдарга салыштырмалуу жетишсиз өнүгүүсү. Балдарда өрчүүсүндөгү артта калуусу анда кайсы-бир оор дарттын (мисалы, бөйрөк же жүрөк дарттарында же тамак аш жетишсиздигинен) же үй-бүлөдөгү жетишсиздиктен (негизинен атайлап жаракат келтирүүдөн) болушу мүмкүн.

**РАХИТ (rickets), рахит** – организмде D-витамини жетишсиз болгондуктан келип чыккан жаш балдардын оорусу. Илдеттин пайда болушуна баланын денеси ачык күндө болбогондугу түздөн-түз көмөк берет. Бөйрөк рахитинин (renal rickets) өрчүүсүн себеби болуп, бөйрөк функциясынын бузулушу болуп саналат, анын кесепетинен сийдик менен кошо сөөктүн курамына кирүүчү көпчүлүк минералдык заттар чыгат, ал болсо сөөктөрдүн жумшарышына алып келет.

**РАХИТИЧЕСКИЙ (rachitic), рахиттик** – рахит менен ооруган адам.

**РЕБЁНОК, РОДИВШИЙСЯ В РЕЗУЛЬТАТЕ ИСКУССТВЕННОГО ОПЛОДОТВОРЕНИЯ (test-tube baby), жасалма жол менен уруктануудан кийин төрөлгөн ымыркай** – эненин организминен тышкары жасалма түрдө уруктандыргандыктын жыйынтыгында төрөлгөн бала. Кошумча караңыз: Эненин организминен тышкары жасалма түрдө уруктандыруу.

**РОДНИЧОК (fontanelle), эмгек (балдардын баш сөөгүндөгү былкылдак жери)** – түйүлдүк же жаңы төрөлгөн ымыркайдын баш сөөгүндөгү бириктирүүчү ткандык аластинка менен жабылган бир канча сөөктөрдүн бириккен жери.

**РОЗЕОЛА (roseola), РОЗЕОЛА ДЕТСКАЯ (roseola infantum), розеола, балдар розеоласы** – теридеги чоңдугу чекиттен чоңураак, басып көргөндө тарап кетүүчү кызыл тактар. Кичинекей балдардын арасында кеңири таралган экзантематоздукдук безгектин негизги себеби болуп № 6 герпесинин спецификалык вирусу саналат.

## С

**СИНДРОМ ВНЕЗАПНОЙ ДЕТСКОЙ СМЕРТИ (sudden infant death syndrome (SIDS)), кокустан болгон бала өлүмүнүн синдрому** – караңыз: «Ымыркай өлүмү».

**СИНДРОМ ИЗБИТОГО РЕБЕНКА (battered baby syndrome), уур-токмокко кагылган баланын синдрому** – караңыз: Атайлап жаракат келтирүү.

**СИНДРОМ РЕЙЕ (Reye's syndrome), Рейе синдрому** – сейрек кездешүүчү дарт, балдар курагында пайда болот. Ал балада энцефалиттин өрчүүсү менен мүнөздөлөт жана боордун функциясынын жетишсиздиги менен аныкталат.

**СИНДРОМ ШОКА ТОКСИЧЕСКОГО СТРЕПТОКОККОВОГО (streptococcal toxic shock syndrome), стрептококктук токсикалык шок синдрому** – балдардын инфекциондук оорусу, симптомдору болуп шок, температуранын жогорулашы жана ар кандай органдардын функциясынын бузулушу болот. Мындай дарттын себеби болуп, стафилококк туудуруучу Streptococcus түрүнө тиешелүү бактерия болуп саналат.

**СИНДРОМ ЭДВАРДСА (Edwards syndrome), Эдвардс синдрому** – жаңы төрөлгөн ымыркайлардын синдрому, ал көптөгөн тубаса оорулар менен мүнөздөлөт, анын ичинде олигофрения; № 18 хромосоманын трисомиясынын кесепетинен пайда болот.

## Ф

**ФИБРИНОГЕНОПЕНИЯ (fibrinogenopenia), фибриногенопения** – канда фибриноген уютуучу факторунун азайышы, анын кесепетинен адамда тез-тез кансыроонун пайда болуусуна алып келет. Караңыз: Гипофибриногенемия.

## Ш

**ШКАЛА АПГАР (Apgar score), Апгар шкаласы** – жаңы төрөлгөн баланын жалпы ал-абалын тезинен баалап алуу ыкмасы. Төмөндөгү ар бир критерий боюнча (дем алуусунун тереңдиги, жүрөктүн жыйрылуу жыштыгы, булчуң тонусу жана негизги физиологиялык рефлекс) жаңы төрөлгөн ымыркай максимум эки баллга ээ болот; эгерде жаңы төрөлгөн ымыркай 10 балл ала турган болсо, бул анын ден соолугунун мыкты экендигинен кабар берет.

## Э

**ЭПИБЛЕФАРОН (epiblepharon), эпиблефарон** – теринин тубаса бырышуусу; көздүн үстүнкү же астыңкы кабагы боюнча кирпиктердин үстү менен көздү бойлой жайгашат. Натыйжада, кирпиктер көз чарасын көздөй кайрылып калганын байкоого болот. Адатта, бул көрүнүш бала бирге чыккандан кийин өзүнөн-өзү жоголуп кетет.

**ЭПИФИЗ (epiphysis), эпифиз** – 1. Жиликтин муунга ашталуучу башы. Эпифиздин жабырканышы Салтер – Харристин классификациясына (Salter and Harris classification) карата аныкталат. 2. Караңыз: Шишик сымал дене. – Эпифизардык (epiphyseal).

# ПСИХОЛОГИЯ И ПСИХИАТРИЯ



# А

**АБУЛИЯ (abulia), абулия** – эрки начар, эрксиз адам. Берилген симптом көпчүлүк убакытта шизофренияда кездешет.

**АВТОМАТИЗМ (automatism), автоматизм** – адамдын жүрүм-туруму, көпчүлүк убакытта эпилепсия убагында орун алуучу жүрүм-турум, оорулуу эссиз түрдүү кыймыл-аракеттерди жана тапшырмаларды аткарат.

**АГОРАФОБИЯ (agoraphobia), агорафобия** – эл көп топтолгон жерлерден жана ачык мейкиндиктерден коркуу. Караңыз: Фобия.

**АГРАФИЯ (agraphia), ДИСГРАФИЯ (dysgraphia), аграфия, дисграфия** – адамдын эс-учу өз ордунда туруп эле жаза албай калышы. Тил бузулуштарына тиешелүү, адатта баш мээнин төбө үлүшүнүн дарттары менен байланыштуу болот. Караңыз: Герстман синдрому.

**АГРОМАНИЯ (agromania), агромания** – жалгыздыкты жактыруу, жаратылышта жалгыз жашоону каалоо.

**АКАЛЬКУЛИЯ (acalculia), акалькулия** – жөнөкөй математикалык эсептерди чыгара албоочулукка ээ болгон симптом. Бул баш мээнин төбө үлүшүндөгү дарттын симптому болуп саналат. Караңыз: Герстман синдрому.

**АЛЕКСИТИМИЯ (alexithymia), алекситимия** – адамдын өзүнүн эмоциясын жана коңүлүн кыйынчылык менен түшүнүү.

**АЛИЕНАЦИЯ (alienation), алиенация** – (психиатрияда): 1. Адам өз ой жүгүртүүсүн жана ой-бүтүмдөрүн сырткы күчтөр тарабынан башкарылып жатат деп эсептейт. Шизофренияга тиешелүү симптомдордун катарына кирет. 2. Психоз.

**АМБИВАЛЕНТНОСТЬ (ambivalence), амбиваленттүүлүк** – (психологияда) карама-каршы тенденциялардын же эмоциялардын бир индивидуумга жана нерсеге болгон мамилесинин карым-катнашы. Блейлерге таянсак, ченемсиз амбиваленттүүлүк шизофренияга мүнөздүү.

**АМЕНЦИЯ (amentia), аменция** – акыл жагынан артта калган (караңыз: Олигофрения).

**АМНЕЗИЯ (amnesia), амнезия** – адамдын болуп өткөн окуяларды эстей албай калган учуру, ал физикалык жаракаттан, дарттан, кээ бир дарылык препараттарды де психологиялык жаракаттан болот (караңыз: Конфабуляция, Качуу реакциясы, Бөгөт коюу). Антерограддуу амнезия (anterograde amnesia) жана ретрограддуу амнезия (retrograde amnesia) болуп экиге бөлүнөт.

**АНАЛИЗ (analysis), анализ** – (психологияда) турмуштук тажрыйба же аң-сезим процесстеринин татаалдыгына баа берүү, моюнга алуу. Учурда бир нече анализ системалары бар; мисалы, психоанализ, трансакттык анализ (transactional analysis) жана функционалдык анализ (functional analysis).

**АНАНКАСТИЧЕСКИЙ (anankastic), ананкастикалык** – адам мүнөзүнүн айрым бир белгилерин, тагыраак айтканда көктүгүн, каарын, майдачылдыгын, зарылдыгы жок туруп айлана-чөйрүсүнө өтө чоң маани бере берүүсүн, ден соолугуна байланыштуу себепсиз кооптонушун, турмуштук фактыларга ишенбөөчүлүгүн, тажатуу, бирөөгө асыла берүү мүнөзүн сүрөттөп берүү үчүн колдонулат. Караңыз: Инсандык өзгөрүүсү, Таасир астындагы абал.

**АНИМА (anima), анима** – (Юнгдун психологиясы боюнча) эркектерге тиешелүү аял архетиби.

**АНОМИЯ (anomia), аномия** – 1. Афазиянын түрү, мында орулуу курчпа турган нерселердин атын атай албайт, бирок эмне үчүн керек экендигин билет, сөздөр менен сүйлөм түзүү жөндөмдүүлүгү анда сакталып калат. 2. Мыйзамдарды тутуу жана белгилен-

ген тартиптерди сактоо жок болгон абал, ал психопатиянын жана адамда диссоциалдык психикалык бузулуштун белгиси болуп саналат.

**АНОРЕКСИЯ (anorexia), анорексия** – тамакка табыты тартпоо, аппетиттин жоктугу.

**АНОРЕКСИЯ НЕРВНО-ПСИХИЧЕСКАЯ (anorexia nervosa), нервдик-психикалык анорексия** – салмакты азайтуу үчүн тамактан баш тартып же башка бир ыкмаларды (кусуу, ар кандай алсыратуучу дары-дармектерди ичүү) пайдаланууга чейин алып барган психикалык оору. Кошумча караңыз: Булимия.

**АППЕРЦЕПЦИЯ (apperception), апперцепция** – (психологияда) абал, мында нерселердин мүнөздөмөлөрү, курчап турган кырдаал ж.б. адам менен анын болгон билими жана тажрыйбасын эске алуу менен кабыл алынат.

**АРХЕТИП (archetype), архетип** – (Юнгдун психологиясында) өздүк турмуштук тажрыйбага гана эмес, бүтүндөй адамзатынын басып өткөн турмуш тажрыйбасына таянган аң-сезимдин бар экендигин жоромолдой турчу укумдан-тукумга калып келе жаткан идея, ой-бүтүм.

**АСИНДЕЗ (asyndesis), асиндез** – ойлонуу жөндөмдүүлүгүнүн бузулушу, мында түшүнүктүн нормалдуу ассоциациясы бузулат, ошондуктан адамдын сүйлөө речи фрагменталдуу болуп калат. Шизофрениянын, кем акылдыктын же эсинин чаташкандыгынын симптомдорунун бири болуп саналат.

**АССОЦИАЦИЯ ПОНЯТИЙ (association of ideas), түшүнүктөрдүн ассоциациясы** – (психологияда) туура образдарды түзүү үчүн арк андай түшүнүктөрдүн байланышы, алардын белгилерин эске алуу менен. Эркин ассоциацияда (free association) түшүнүктөрдүн мындай байланышы адамдын ойлорунда жана фантазияларында ишке ашырылат жана анын жүрүм-турумунун жашыруун далилдерин ачыкка чыгаруу үчүн колдонулушу мүмкүн. Сөздүк ассоциацияларды (word association tests) аныктоо үчүн тесттерди өткөрүүдө бейтапка ал уккан сөздүк стимулдарга колунан келишинче бат-бат жооп кайтаруу керек.

**АССОЦИАЦИЯ СВОБОДНАЯ (free association), эркин ассоциация** – (психоанализде) ыкма, мында бейтапты ойлордун белгилүү кезектешүүсүнө кармануууга түрткү кылышат. Кошумча караңыз: Түшүнүктөрдүн ассоциациясы.

**АТАРАКСИЯ (ataraxia), атараксия** – кээ бир транквилизаторлорду алгандан кийин тынчтануу, коркунуч сезиминен бошонуу абалы.

**АУТИЗМ (autism), аутизм – 1. СИНДРОМ КАННЕРА, АУТИЗМ ДЕТСКИЙ (Kanner's syndrome, infantile autism), Каннер синдрому, өспөрүм балдар аутизми** – өтө сейрек учуроочу жана болжол менен эки жарым жаш куракта башталуучу психиканын бузулуусу. Мындай учурда баланын башка адамдар менен сүйлөшүүсү кыйындайт жана тили начар өнүгөт. Абстрактуу түшүнүктөрдү жакшы кабыл ала албайт. Кыймыл-аракети чектелип же кайталанма мүнөздө болуп (караңыз: Стереотипия), курчап турган чөйрөдөгү өзгөрүүлөр катуу убайымга салат. Оорунун негизги себеби болуп тукум куучу факторлор жана баш мээнини жабыркашы саналат. 2. Реалдуулуктан өздүк фантазия дүйнөсүнө кетүү – шизофрения же личностук өзгөрүүлөр процессине мүнөздүү. – Аутикалык (autistic).

**АУТОСУГГЕСТИЯ (autosuggestion), аутосуггестия** – адамдын психологиялык жана физиологиялык абалынын өзгөрүшүнө жетүү үчүн өзүн өзү ишендирүү же өзүн өзү айыптоо машыктыруусу. Аутосуггестия негизинен аутогенндик машыгууларда (autogenic training) колдонулат; дерилген ыкма орулуу адамдарга кооптонуу сезимин ашырууга жана жаман адаттар менен күрөшүүгө жардам берет. Караңыз: Суггестия.

**АФРЕНИЯ (aphrenia), афрения** – кем акылдык.Караңыз: Олигофрения.

**АФФЕКТ (affect), аффект** – (психиатрияда): 1. Адамдын психикалык тонусунун жана көңүлүнүн эмоционалдык көрүнүшү. 2. Эмоционалдык абал, ал спецификалык ойлор менен коштолот. – Аффективдик (affective).

## Б

**БАРБИТУРИЗМ (barbiturism), барбитуризм** – барбитурат тобундагы дарылык заттарга оорулук ышкуулук. Интоксикациянын негизги белгилери болуп: эстин чаташкандыгы, речтин так эместиги, бат-бат эстөө, уйкучулук, эс-тутумунун бузулушу жана тең салмактуулук сезиминин бузулушу, ошондой эле булчуңдук рефлекстердин төмөндөшү болуп эсептелет. Бул дарыларды токтотуу акырындап жүрүзүлөт, 1–3 жуманын ичинде, ал мүнөздүү симптомдордун жок болушун болбоо үчүн, мисалы, талманын жана калтыроонун (тремордун) пайда болушун (кээ бир учурларда орулуунун өлүмүнө алып келүүчү кырдаалдарды) жок кылыш үчүн.

**БЕССОННИЦА (insomnia), уйкусуздук** – адамдын түнкү убакытта уктай албай,кыйналуусу. Уйкусуздуктун кесепетинен адам өзүн шалдырап, чарчаңкы сезген абалда жүрөт.Уйкусуздук кандайдыр бир оорунун кесепетинен,негизинен катуу оорунун кесепетинен,көпчүлүк учурда бир нерсеге капалануу же тынчсыздануунун себебинен уйкусуздук пайда болот.

**БИХЕВИОРИЗМ (behaviourism), бихевиоризм** – психологиялык ыкма, ал ачык жүрүм-турумду үйрөнүү керек экендиги жөнүндө негизделген, ал эс учу жок жүрүм-турумдун маанилүүлүгүн четке кагат. Жүрүм-турумду изилдөөчү адистер, тиешелүү жүрүм-турумдук мыйзамдар менен адамдын ар бир конкреттүү кырдаалдагы жүрүм-турумунун ортосунда туура келүүчүлүктү бекитишет (караңыз: Кондициациялоо). – Бихевиорист (behaviourist).

**БЛОКАДА (block), блокада** – дарылоо процедураларына байланыштуу же оору кесепетинен физиологиялык жана психикалык ишмердүүлүктү токтотуу. Кошумча караңыз: Жүрөктүн блокадасы, Нервдин блокадасы.

**БОЛЕЗНЬ ГОРНАЯ (mountain sickness), тоо оорусу** – караңыз: Бийиктик оорусу.

**БОЛЕЗНЬ ПИКА (Pick's disease), Пик оорусу** – сейрек кездешүүчү дарт, ал орто жаштагы адамда кем акылдыкты өрчүтөт. Анын себеби болуп маңдай жана чыкый үлүшүнүн жабырканышы, ал мээнин бир нече жактуу дегенерациясына карама-каршы болот, Альцгеймер оорусунда байкалат.

**БОЛЕЗНЬ ХАРТНАПА (Hartnup disease), Хартнап оорусу** – сейрек кездешүүчү тукум куучулук дефект, ал триптофан аминокислотасынын сиңирилишинин бузулушу менен байланышкан; жыйынтыгында адамда кем акылдыктын өрчүшү, теринин калыңдыгы жана туурулуусу байкалат, ошондой эле булчуңдук кыймылдарынын координациясы бузулат. Бул дарт пеллаграга окшош болот.

**БУЙСТВО (furor), жанжалдык** – тартипсиз зордук зомбулук жана декструктивдүүлүк, ал эпилепсиянын талмасы убагында пайда болот, адамда эсинин адашкандыгы болгон убакта байкалат.

**БУЛИМИЯ (bulimia), булимия** – тоюу сезиминин жоктугу. Бул көрүнүш психикалык жактан жабыркоо, ошондой эле неврологиялык оорулар менен байланыштуу. Ар кандай нервдик психикалык анорексияда (нервдик-психикалык булимиянын (bulimia nervosa)) бир фазасында байкалат, ошондой эле түрлүү неврологиялык бузулуштарда, мисалы, гипоталамустун жабырканышында байкалат.

**БУЛИМИЯ, КИНОРЕКСИЯ (limosis), булимия, кинорексия** – ачка болуу жана тамакка тойбостук болгон оорулук сезими.

## В

**ВАЯНИЕ (sculpting), түзүм түзүүчүлүк** – үй-бүлөлүк психотерапиянын ыкмасы, мында үй бүлө мүчөлөрүнүн бардыгы чогулуп жана бирөөсүн башкалардын ага болгон

мамилесин аныктап берүүнү суранышат, ал сезим менен жана өз ара мамилешүү менен аныкталат. Кошумча караңыз: Топтук терапия.

**«ВЕЛИКОЛЕПНОЕ БЕЗРАЗЛИЧИЕ» (belle indifference), ажайып кенебестик** – жылмаюу жана бейкапар түр көрсөтүү менен коштолот. Эмоциялардын адаттан тышкары жок болуусу же алсыз абалга (ооруга байланышпаган) карата кандайдыр бир тынчыздануну жарата турган конверсиондук бузулуу.

**ВЕРБИГЕРАЦИЯ (verbigeration), вербигерация** – адамдын маанисиз бир сөздү эле дайыма кайтала берүүсү. Көбүнчө шизофрения менен ооругандардарда кезигет.

**ВИЗУАЛИЗАЦИЯ, ПОЛУЧЕНИЕ ИЗОБРАЖЕНИЯ (imaging), визуализация, сөрөттөлүштү алуу** – рентгенография же сканерлөө ыкмасы аркылуу орган же ткандардын сүрөтүн алуу. Кошумча караңыз: Компьютердик томография, Ядердик-магниттик резонанс, Ультрасонография.

**ВНУШЕНИЕ (suggestion), ынандыруу** – (психиалогияда) зарылчылыкка жараша адамдардын ишенимин, ой-пикирин же эмоционалдык абалын өзгөртүү процесси. Кээ бир учурларда бул термин «гипноз» термининин синоними катары колдонулат. Кошумча караңыз: Аутосуггестия.

**ВОЗБУЖДЕНИЕ (arousal), дүүлүгүү** – 1. Сырткы таасилерге карата берилген жогорку сын жана сактык абалы. Өтө катуу таасирленүүгө, коркуу сезиниме же курчап турган айланадагы кырдаалга жараша пайда болот. 2. Активдештирүүчү ретикулярдык система өңдүү борборлор аркылуу мээ кыртышынын физиологиялык жактан активдешүүсү; уйкусуздук жана артыкча сактыктан улам келип чыгат. Азыркы учурда өтө катуу таасирленүү, адамдын психикалык жактан бузулуусуна алып келүү менен нарколепсия жана мания өңдүү ооруларды жаратары белгилүү.

**ВОЗДЕЙСТВИЕ (exposure), таасир этүү** – коркунуч жараткан кырдаалга карамакаршылыкты коюу жолу аркылуу жана фобия абалын дарылоо ыкмасы. Мунун өзү акырындык менен десенсибилизация же капысынан ошол нерсенин толук таасири алдында болуусу аркылуу ишке ашат.

**ВОЗРАСТ ПСИХИЧЕСКИЙ (mental age), психикалык курак** – адам өнүгүшүндөгү интеллектуалдык деңгээлин аныктоо; мисалы адамдын психикалык курагы алты жылга теңелет, анда бул адамдын жүрүм-туруму алты жаштык баланын жүрүм-турумуна дал келет дегенди түшүндүрөт.

**ВОСПРИЯТИЕ ЭКСТРАСЕНСОРНОЕ (extrasensory perception (ESP)), экстрасенсордук билүү** – божомол менен, өздөштүрүүнүн ыкмасы, ал белгилүү бир сезим органы менен байланыштуу эмес. Ошентип көзү ачыктык (clairvoyance) келерки окуяны экстрасенсордук көрө билүүсү болот; алдын ала айтуу (precognition) – боло турган окуяларды экстрасенсордук менен билүүсү болот; телепатия (telepathy) – башка адамдардын ойлорун экстрасенсордук менен билүү касиети.

**ВУАЙЕРИЗМ (voyeurism), вуайеризм** – башка адамдардын артынан сексуалдык байкоолорду алуу. Кошумча караңыз: Жыныстык бурмалоо. – Скопофил.

**ВЫРАЖЕНИЕ ЭМОЦИИ (expressed emotion), эмоцияны билдирүү** – эки кишинин мамилесинин ортосунда жылуулук жана душмандык даражасын аныктоо, ал бир адам башка адам жөнүндө эмне айтат, дегенге негизделет. Критицизмдин жогорку деңгээли жана бир үй бүлөнүн мүчөлөрүнүн ортосунда душмандык, психикалык оору менен ооруган адамдын абалынын начарлашына алып келет.

**ВЫТЕСНЕНИЕ (displacement), сүрүп чыгаруу** – (психологияда) жүрүм-турумдун бир тибин башка тип менен алмаштыруу; көпчүлүк учурда салыштырмалуу зыянсыз жүрүм-турум, башка курчап тургандарга зыян келтирүүчүгө (мисалы, буту менен ташты тепкенден көрө, адам буту менен мышыкты тебе баштайт) алмаштырылат.

**ВЯЛОСТЬ, ИНЕРТНОСТЬ (torpor), кош көңүлдүк, инерттүүлүк** – курчап турган дүйлүктүргүчтөргө карата реакциянын жайлыгы жана пассивдүү абал. Кээ бир психикалык дарттарга мүнөздүү болот; андан тышкары дагы кээ бир уулануулардан кийин же болбосо зат алмашуудагы бузулууларда байкалат.

## Г

**ГАЛЛЮЦИНАЦИЯ (hallucination), галлюцинация** – турмушта боло бербеген нерселерди чындык катары кабыл алуу сезими. Галлюцинация көрүү, угуу, жыт сезүү жана даам татуу сезимдери менен байланыштуу. Оору психикалык, же баш мээ ооруларынын (талма, инсульт) болуусу менен мүнөздөлөт. Андан тышкары дагы кээ бир дары каражаттарын кабылалып, же бир нерсеге өтө катуу кайгыруудан (стресстен) келип чыгуусу мүмкүн.

**ГЕНОГРАММА (genogram), генограмма** – үй-бүлөлүк психотерапиянын ыкмасы, мында доктур үй-бүлөдөгү өз ара мамилешүүнү тастыктайт; адамдын психологиялык бузулуунун негизги себеби болуп саналат, бул үй-бүлө мүчөлөрү бири-бирин жакшы түшүнүү үчүн колдонулат.

**ГЕОФАГИЯ (geophagia), геофагия** – организмдеги жетишсиздиктерге байланыштуу адам баласы тарабынан топурактын желиши. Караңыз: Пикацизм.

**ГЕТЕРОСЕКСУАЛЬНОСТЬ (heterosexuality), гетеросексуалдуулук** – карама-каршы жыныстын өкүлүнө карата болгон эротикалык таңсык. Гетеросексуалдуулук өзүндө сексуалдык активдүүлүктүн нормада болгонун да жана бурмалоочу көрүнүштөрдү да ичинде камтышы мүмкүн. – Гетеросексуал (heterosexual). – Гетеросексуалдуу (heterosexual).

**ГЕШТАЛЬТИЗМ (gestaltism), гештальтизм** – психологиядагы теория, психикалык процесстерди бир бүтүндөй каралган (гештальты (gestalts)) жана составдык бөлүктөргө бөлүнүшү мүмкүн. Мына ушундан гештальттык терапия (gestalt therapy) өзүнүн башталышын алат, анын максаты болуп бейтап өзүнө керектүү гештальттарды кабыл алат, алар өзүнө мээнин функцияланышынын баардык чектерин кошуп алышат.

**ГИПЕРКОМПЕНСАЦИЯ (over-compensation), гиперкомпенсация** – психологияда: сызылган коргонуучу компенсация, ал адамдын болгон же элестеткен физикалык жана психикалык кем баалоого бар болуусу, мында адам аларды чечүүгө чоң аракеттерди жасайт. Мындай абалды өрчүшүнө стимул пайда болот, бул эгерде адам коюлган максатка жетүү жолунда кыйла жыйынтыктарга жетишсе; бирок, ашыкча гиперкомпенсация адамга зыян келтириши мүмкүн.

**ГИПНАГОГИЧЕСКИЙ (hypnagogic), гипнагогикалык** – караңыз: Образды салуу.

**ГИПНОЗ (hypnosis), гипноз** – көз боочунун (гипнотизер (hypnotist)) кийлигишүүсү аркасында адамдын уйку абалына өтүшү. Мындай абалда аң-сезим айтылган буйруктарга толугу менен баш ийип, берилген суроолорго карата эбак болуп өткөн ар кыл окуяларды эстөөгө жөндөмдүү. Гипноз медицинада ар кандай максаттарда кеңири колдонулат: мисалы, аракечтикти дарылоодо, жана бир катар башка психотерапиянын түрлөрүндө.

**ГИПНОПОМПИЧЕСКИЙ (hypnopompic), гипнопомпикалык** – караңыз: Образды салуу.

**ГИПНОТИЗМ (hypnotism), гипнотизм** – гипноз процесси.

**ГИПОБУЛИЯ (hypobulia), гипобулия** – адамда эркинин күчү жоктугун көрсөтүү. Караңыз: Абулия.

**ГИПОМАНИЯ (hypomania), гипомания** – билинер-билинбес мүнөздө өтүүчү мания оорусу. Көтөрүңкү маанай адамдын аң-сезимин чаташтырып, ойлоо жөндөмүн

төмөндөтөт; туура эмес жүрүм-турумдар социалдык нормалардын күчү менен гана чектелет; жыныстык кумардануууга болгон умтулуу куч алат; бейтап көтөрүңкү маанайда тез-тезден сүйлөй баштайт; кылык-жоругундагы адаттан тышкары көрүнүштөр өтө катуу байкалбагандыктан оорулуу адам дени-карды соо адамдай туюлат; башкача айтканда, тааныштары аны мүнөзү оор адам катары эсептеши мүмкүн. – Гипоманиакалдык (hypomanic).

**ГИПОТЕЗА ДОФАМИНОВАЯ (dopamine hypothesis), дофаминдик теория** – бул теория негизинен бүтүндөй шизофрениянын өнүгүшү менен жана дофамин метаболизминин бузулушу менен байланышкан.

**ГИПОТИМИЯ (hypothymia), гипотимия** – көңүлүнүн жоктугу, меланхолия. Көбүнчү астенияга чалдыккан адамдарда, ошондой эле шизофрения жана депрессия болгондо байкалат.

**ГОМОЛАТЕРАЛЬНЫЙ (homolateral), ИПСИЛАТЕРАЛЬНЫЙ (ipsilateral, ipselateral), гомолатералдык, ипсилатералдык** – дененин жана баш мээнин жарым шар бөлүгүн да жабыркаган дегенди түшүндүргөн термин, ал параличке негизинен тиешелүү болот. Караңыз: Ипсилатералдык. Салыштыруу үчүн: Контралатералдык.

**ГОМОСЕКСУАЛЬНОСТЬ (homosexuality), гомосексуалдуулук** – өз жынысташ адам менен жыныстык катнаш. Эркек эркек менен, аял аял менен жыныстык катнашуу (кошумча караңыз: Лесбиянчылык). – Гомосексуалдык (homosexual). – Гомосексуал (homosexual).

**ГОРЯЧКА БЕЛАЯ (delirium tremens), ак ысытма оорусу** – спирт ичимдиктеринин таасиринен пайда болуучу психоз. Баш сөөгүнүн жараты же кандайдыр бир курч мүнөздөгү инфекция же спирт ичимдмктерин ичпей калганда ак ысытманын өрчүшүнө алып келет. Анын негизги симптомдору болуп: тынчсызданууу, калтыроо, катуу тердөө, ошондой эле көрүү жана сенсордук галлюцинациялар (көзгө корүнүүчүлүктөр), аларда жаныбарлардын жана курт-кумурскалардын болушу көп кездешет. Өтө оор кырдаалдарда өлүмгө алып келиши мүмкүн.

**ГОТОВНОСТЬ (preparedness), даярдык** – (психологияда) кээ бир туталангычтыкка тиешелүү касиет, булар адамдарда көпчүлүк учурларда патологиялык коркунуч туудурушат. Мисалы, жаныбарлар же аймактагы бийиктиктер, өсүмдүктөргө жана кийимдерге караганда адамдарда коркунуч (фобиялар) туудуруучу нерселер катары саналышат. Бул теорияга караганда, адамдардын бул нерселерге алардын эволюциясына биологиялык коркунучка алып келүүчү коркууга генетикалык жактан жакындыгы бар.

**ГРАФОЛОГИЯ (graphology), графология** – адамдын психикалык абалы жана ден солуугу жөнүндө маалымат алуу үчүн кол коюшунун үлгүсүн изилдөөчү илим. Кол коюшу боюнча адамда кээ бир оорулардын болушун байкоого болот. Мисалы нервдик колдун титиреши же кан басымынын бузулушу.

**ГРУППА ОБЩЕНИЯ (encounter group), маектешүү тобу** – топтук психотерапиянын түрү. Анын маанилүүлүгү, топтун арасындагы мүчөлөрдүн арасында тыгыз мамилешүүнү түзүү менен байланышат, мындай учурда алар бири-бири менен ой сезимдери менен бөлүшө алууга мүмкүнчүлүк түзөт. Физикалык мамилешүү, ошондой эле топтун мүчөлөрүнүн арасында болгон конфронтацияларды, топтун жетекчиси тарабынан чечилет, анткени стресстик кырдаалдар адамдарга зыяндуу таасир келтириши мүмкүн.

## Д

**ДЕВИАЦИЯ (deviation), девиация** – 1. (Офтальмологияда) көздөрдүн адаттан тышкаркы абалы. Мисалы, адамдын жүзү алдыга караган менен көздөрдүн бири же экөө тең башка багытты карашы. Көздүн бул өңдүү абалы баш мээнин оорусу менен байланыштуу

болуусу мүмкүн. Ал эми көздөрдүн биринин башка жакты карашы чалырлык менен байланыштуу. 2. Караңыз: Жыныстык бурмалоо.

**ДЕЗОРИЕНТАЦИЯ (disorientation), дезориентация** – оорулуу адам кайда жүргөнүн жана кайсы маал экенин болжолдой албоо. Көбүнчө психикалык ооруларында байкалат. Мындай абал кээ бир дарылык заттарды колдонуудан кийин, катуу толкундануудан же кайсы-бир органикалык дарттан (мисалы, кем акылдык же корсаков синдромунан) пайда болушу мүмкүн.

**ДЕЙСТВИЕ АКТИВНОЕ (conaction), активдүү кыймыл-аракет** – адамдын акыл-эстик активдүүлүктүн жыйындысы, ал адамды максатка багытточу кыймыл-аракетке багындырат. Салыштыруу үчүн: Таануу.

**ДЕЛИРИЙ (delirium), делирий** – мээнин органикалык оорусунун натыйжасында психиканын курч түрүндөгү бузулуусу. Иллюзия, дезориентация, галлюцинация же өзгөчө таасирленүү менен коштолуусу мүмкүн; кээде зат алмашууда, интоксикацияда, жетишсиздик ооруларда жана инфекциондук дарттарда пайда болот.

**ДЕМЕНЦИЯ БОКСЕРОВ (punch-drunk syndrome), боксерлордун деменциясы** – боксерлордун симтомдук комплекси, ал күчөтүлгөн деменция менен, колдун калтыроосу жана талма менен мүнөздөлөт. Дарт башка бир нече жолу катуу соккудан, анын кесепетинен мээнин чайкалышына алып келгендиктен өрчүшү мүмкүн.

**ДЕМЕНЦИЯ СТАРЧЕСКАЯ (senile dementia), карылык деменция** – көпчүлүк учурда жүрүм-турумдун өзгөрүшү менен коштолгон кары адамдагы интеллектуалдык жөндөмдүн жоголушу. Кошумча караңыз: Деменция.

**ДЕМЕНЦИЯ, СЛАБОУМИЕ (dementia), деменция, кем акылдык** – баш мээнин органикалык оорусунун кесепетинен улам психиканын кайталанма же туруктуу бузулуусу. Мындай жагдайда бейтаптын акыл-эси жабыркап, жүрүм-туруму өзгөрөт. Пресенилдик деменция (presenile dementia) жаш же орто курактагы адамдарда көбүрөөк жолугат. Термин кээде Альцгеймер менен Пик оорусун түшүндүрүү үчүн колдонулат. Бул ооруларды дарылоонунун натыйжасында жакшы болуп кете турган баш мээнин айрым бир оорулары менен алмаштырбоо зарыл.

**ДЕПЕРСОНАЛИЗАЦИЯ (depersonalization), деперсонализация** – өзүн-өзү адам деп эсептебөө. Деперсонализациянын катуу көрүнүшү коркуунун неврозунда, диссоциация абалында, депрессияда, жана дагы шизофрения менен эпилепсияда (өзгөчө чыкый эпилепсиясында) байкалат. Кошумча караңыз: Дереализация, Өзүн денеден тышкары элестетүү.

**ДЕПРЕССИЯ (depression), депрессия** – муңайыңкы абал. Кээде адамдын тынчы кетип, элеп-желеп болсо, кээде анын иш-аракеттери кош көңүл жасалып, бир нерсеге болгон кызыгуусу соолгундайт. Эгерде адам пессимистик көз-караште болсо, уйкусу качып, тамакка табити тартпайт. Депрессиянын келип чыгуусунун себептери: мисалы, ишке ашпай калган үмүт-тилектер да депрессиянын келип чыгуусуна шарт түзөт, өзгөчө дистимикалык бузулушта (dysthymic disorder) (мурун бул дарт депрессивдик неврозо деп аталчу). (Кошумча караңыз: Төрөттөн кийинки депрессия.) Дарылоо антидепрессанттардын, когнитивдик терапия жана/же психотерапиянын жардамы аркылуу жүргүзүлөт. Өтүшүп кеткен учурда электрошоктуу терапияны колдонуу зарылчыгы келип чыгат.

**ДЕПРЕССИЯ ПОСЛЕРОДОВАЯ (puerperal depression, postnatal depression), төрөттөн кийинки депрессия** – ооручулук абал, ал ялдын төрөттөн кийин көңүлүнүн төмөндөшү менен мүнөздөлөт. Адатта мындай абал төрөттөн кийин экинчи же үчүнчү күнү өрчүйт жана болжол менен эки айга чейин созулат. Көпчүлүк учурларда депрессия өтө деле катуу эмес билдирет, бирок 1000 кырдаалдын ичинен биринде оор депрессия өрчүйт, анда аялды атайын ооруканага жаткызууга керек болуп калат.

**ДЕФЕКТ ПАМЯТИ (retention defect), эстин дефектиси** – (психологияда) эстин бузулушу, мында адам унутчаак болот, мурун жакшы эстеп жүргөнүн унутуп калат. Мындай белги адамда деменциянын өрчүшү болуп саналат.

**ДИЗАРТРИЯ (dysarthria), дизартрия** – адамдын тил менен тишчил тыбыштарды айта албай сүйлөөсүнүн бузулуусу.

**ДИСБУЛИЯ (dysbulia), дисбулия** – бейтаптын аң сезимдүү түрдө ар кыл аракеттерге баруусуна түрткү болуучу эрк жана психиканын бузулуусу.

**ДИСМОРФОФОБИЯ (dysmorphophobia), дисморфофобия** – дене жыл өткөн сайын деформация болуу менен айланасындагыларды өзүнүн формасы менен иренжитип баштайт деген өңдүү адамдын тынчын алып, чүнчүтүп жиберүүчү ишеним же сөзсүз ушундай болот деген коркунуч.

**ДИССОЦИАЛЬНЫЙ (dyssocial), диссоциалдык** – мындай термин инсандык өзгөрүүнү сүрөттөөдө колдонулат, ал таш боорлук, жоопкерчиликсиз мамилени жана башка адамдар менен мамиле түзө албоо абалын мүнөздөйт.

**ДИССОЦИАЦИЯ (dissociation), диссоциация** – (психиатрияда) аң сезими жок процесс, мында ойлор жана ой жүгүртүүлөр аң сезимден көз карандысыз функцияланат. Диссоциация оруулууда качуу реакциясын жана инсандык экиленүүсүн туудурат.

**ДРОМОМАНИЯ (dromomania), дромомания** – саякаттоого паталогиялык кумардуу болуу, көпчүлүк учурда селсаяктарда байкалат.

## З

**ЗАБОЛЕВАНИЕ ПСИХИЧЕСКОЕ (mental illness), психикалык оорулар** – бейтаптын өзү менен бирге айланасындагы адамдарды да жапа чектире бир же бир нече психикалык функциялардын бузулуусуна байланыштуу келип чыккан оору. Психикалык ооруларды адамдын жалпы интеллектуалдык жөндөмүнүн өнүкпөй калуусунан ажырата билүү зарыл.

**ЗАДЕРЖКА (retardation), кечеңдөө** – өнүгүүсүнөн кечеңдөө. Психомотордук кечеңдөө (psychomotor retardation) физикалык активдүүлүгүнүн жана сүйлөө речинин артта калуусу менен мүнөздөлөт. Мындай кечеңдөө катуу депрессиянын бирден бир симптому болуп саналат. «Акылынын өнүгүүсүнүн артта калуусу»деген термин көпчүлүк учурда интеллектуалдык артта калууга карата, бирок жалпы физикалык өнүгүүгө эмес карата колдонулат.

**ЗАДЕРЖКА УМСТВЕННОГО РАЗВИТИЯ, ОЛИГОФРЕНИЯ (mental retardation), акыл-эс өнүгүүсүнүн кечеңдеши** – интеллектуалдык жөндөмдүн төмөндүгү менен коштолгон адам абалы; өзүнчө камкордукту, атайын окутууну талап кылат. Ошондой эле бул абал кем акылдык (mental deficiency) деп аталат. Акыл-эс жагынан өтө кату жабыркабаган адам билим алып, атайын жардамгаээ болгон соң турмуш-шартка кадыресе ылайыкташып кетүүсү мүмкүн. Акыл-эстин өөрчүбөй калуусу бир катар себептер менен байланыштуу болуусу мүмкүн.

**ЗАКРЕПЛЕНИЕ (reinforcement), бекемдөө** – (психологияда) иштелип чыккан шарттуу рефлексти бекемдөө (караңыз: Кондиционалдаштыруу). Классикалык кондиционалдаштуруу мезгилинде берилген процесс шарттуу дүүлүктүргүч убагында, ошол эле убакта (же түздөн түз ошол мезгилдин астында) шартсыз дүүлүктүргүч да өтөт.

**ЗАМЕСТИТЕЛЬ (surrogate), ордун басуучу** – 1. Психологияда – турмушта кимдир бирөөнүн бир нерсесин же кимдир бирөөнүн ордун басуучу адам же бир нерсе. Психоаналитиктердин ойлору боюнча, оюнда элестетүүчү адамдар жана нерселер маанилүү ордун басуучулар же адамдын жашоосунда бирөөнү же бир нерсенин ордун басуучу катары болушу мүмкүн. 2. Репродукцияда – караңыз: Энени алмаштыруучу.

**ЗАМЕЩЕНИЕ (substitution), ордун алмаштыруу** – 1. Психоанализде – коргонуучу механизмдин түрү: бир ойдун экинчи ойго алмаштыру. 2. Алмаштыруу симптому

(symptom substitution) – болжолдогон процесс, аны менен бир психологиялык симптомдон кутулуу башка симптомдун пайда болушуна алып келет, эгер анын негизги келип чыгуу себебин чечпегенде, анын өрчүшүнө алып келиши мүмкүн.

**ЗАПИНАНИЕ, КИВАНИЕ (titubation), мукактануу, баш ийкөө** – баш менен ритмге ылайык ийкөө, кээ бирде дене дагы ийкөө абалына келет. Кээде бул термин чайпалып же теңселген басууну көрсөтүүдө колдонулат.

**ЗООПСИЯ (zoopsia), зоопсия** – көрүү галлюцинациясы, жаныбарлардын образын көрүү менен мүнөздөлөт. Зоопсия ар кандай дарттарда байкалышы мүмкүн, алар галлюцинация менен коштолот, бирок ак ысытмага көбүрөөк мүнөздүү болот.

**ЗООФИЛИЯ (zoophilism), зоофилия** – кан соруучу кумурскалардын, адамдардын же айбандардын каны менен тамактанышы, жаныбарларга жыныстык кызыгуу, ал жаныбарларга карата өтө эле мээримдүүлүк жана эркелетүү менен мамиле кылуу же жыныстык катнашуу түрүндө көрсөтүлөт. (бестиализм (bestiality)). – Зоофилдик (zoophilic).

**ЗООФОБИЯ (zoophobia), зоофобия** – жаныбарлардан өтө коркуу сезими. Караңыз: Фобия.

## И

**ИДЕНТИФИКАЦИЯ (identification), идентификация** – (психологиялык өрчүүдө) адам башка бир адамдын образын жаратып алып, ага окшошкусу келген учурдагы акылдан тышкары коргоочу механизм. Ата-энесинин бирөөсү менен идентификация баланын инсандык өрчүшүнө өтө маанилүү жана моралдык негиздердин жана келечектеги татыктуу эркек же аял болушуна чоң салым кошот.

**ИЗВРАЩЕНИЕ ПОЛОВОЕ (sexual deviation), жыныстык бейадеп** – коом тарабынан кабыл алынбаган сексуалдык жүрүм-турум. Кандайдыр бир буюмдар менен болгон сексуалдык катнаш же жыныстык иш-аракеттер учурунда кайсы бир ыкмаларды колдонуу. Адамдын мындай нормадан тайгандык, адамдын өзү менен бирге айланасындагыларды убайымга салган учурларда дарылоого алынат.

**ИЗМЕНЕНИЕ ЛИЧНОСТИ, РАССТРОЙСТВО ЛИЧНОСТНОЕ (personality disorder), акыл-эстин өзгөрүүсү, инсандык бейадептик** – узак убакыт бою калыптанып жүрүп отуруучу туруктуу жүрүм-турум стереотиби. Мындай көрүнүш жаш кезде башталат. Жүрүм-турумдагы жат көрүнүштөр адамдын өзү менен бирге аланасындагыларды убайымга салат. Инсандык жат көрүнүштөр менен жабыр тарткан адамдардын абалын ар кыл психотерапиялык ыкмалар менен жеңилдетүүгө болот. Караңыз: Ананкастикалык, Аскеттүү, Чек аралык абал, Диссоциалдык, Истерикалык, Параноиддик, Шизоиддик.

**ИЛЛЮЗИЯ (illusion), иллюзия** – айлана чөйрөнүн кубулушун буруп кабыл алуу. Кулакка болгон добуштан башка дагы добуш угулуу, көзгө болбогон сөлөкөттөр көрүнүү. Бул психикалык ооруларда, өзгөчө депрессия убагында байкалат. Салыштыруу үчүн: Галлюцинация.

**ИМАГО (imago), имаго** – (психоанализде) адам өмүрүндөгү кандайдыр бир маанилүү инсанды, ички эссиз элестетүү, өзгөчө ата-энесинин бирөөсүн.

**ИМИТАЦИЯ (imitation), имитация** – башка бир адамдын кылык-жоругун такай же убактылуу туроо. Имитация өз кезегинде идентификация механизмдеринин бири болуп саналат жана көпчүлүк учурларда ал дарылоо процесстеринде колдонулат (караңыз: Моделдөө).

**ИНСТИТУЦИОНАЛИЗАЦИЯ (institutionalization), институционалдашуу** – атайын адистиштирилген кайсы бир мекемеде (оорукана, жетим балдар үйү) узак мөөнөт кездешкенден кийинки абал. Адам ошол мекемеге мүнөздүү жүрүм-турум үлгүсүн кабыл-

доонун натыйжасында, башка бир чөйрө же абалдын өзгөрүүсүнө оңой менен көнүп кете албайт. Бул анын апатиясынан, жеке жоопкерчилигинин жоголуусунан байкоого болот.

**ИНТЕРНАТ ДЛЯ ПСИХИЧЕСКИ НЕПОЛНОЦЕННЫХ ЛЮДЕЙ (halfway house), психикалык жактан туруксуз адамдар үчүн интернат** – психикалык жактан туруксуз адамдар үчүн атайын жашоо үчүн үй, ал жерде алардын үстүнөн медициналык көзөмөл жүргүзүлүп турат. Мындай интернаттар психикалык орулуулардын реабилитациялоо процесстеринин бирден бир этабы болуп санала, ал жерден дарыланып чыккандан кийин алар белгилүү бир ишти аткара алышат, бирок өз алдынча жашоого даяр эмес.

**ИНТРОВЕРТ (introvert), интроверт** – караңыз: Интровертивдүүлүк.

**ИНТРОВЕРТИРОВАННОСТЬ (introversion, introversion), интровертивдүүлүк** – адамдын чыныгы турмушка караганда өз жан дүйнөсү менен көбүрөөк алек болуусу. Мындай адамдарды (интроверттер (introverts)) психологиялык тест жана атайын анкеталардын жардамы менен табууга болот. Алардын достору аз болот да тырышчаактыгы жана сезимталдыгы менен айырмаланышат. Салыштыруу үчүн: Экстравертирдүүлүк.

**ИНТРОЕКЦИЯ (introjection), интроекция** – (психоанализде) тигил же бул адам кайсы бир башка адамга тиешелүү сапаттарга ээ деген ишеним. Коргоочу механизмдин кайсы бир формасы болуусу мүмкүн. Кошумча караңыз: Идентификация.

**ИНФАНТИЛИЗМ (infantilism), инфантилизм** – бойго жеткен адамдарда балдарга тиешелүү жүрүм-турум формаларынын байкалышы.

**ИПОХОНДРИЯ (hypochondria), ипохондрия** – ден соолукка карата болгон камкордук, өзгөчө көңүл бөлүү. Мындай шартта келип чыгуучу неврездун натыйжасында, ден соолугу үчүн камкордук адамды өмүр боюу коштоосу мүмкүн. Ипохондриянын айрым бир учурларында адам кайсы бир оору менен жабыркарына толук ишенет. Антидепресант жана психотерапияны колдонуу жолу менен дарылоого мүмкүн. – Ипохондрикалык (hypochondriac). – Ипохондрик (hypochondriac).

**ИСТЕРИЧЕСКИЙ (hysterical), истерикалык** – 1. Мурда бул термин симптомдорду сүрөттөөдө колдонулчу, бул симптомдор эч кандай органикалык дарт менен байланышы жок болгон. Азыркы убакта истерикалык симптомдор деп конверсивдик бузулуштарды айтышат. 2. Бул термин адамдын инсандык өзгөрүүсүн сүрөттөөдө колдонулат, ошондой эле башка адамдар менен манипуляциялоо байкалат.

**ИСТЕРИЯ (hysteria), истерия** – 1. Мурда бул невроз деп аталчу, эмоционалдык туруксуздук, көңүлсүздүк, диссоциация менен мүнөздөлгөн жана бир катар физикалык симптомдор менен коштолгон (караңыз: Истерикалык). Истериянын эки тиби белгилүү: конверсивдик истерия (conversion hysteria), азыркы мезгилде конверсивдик бузулуш деп аталат, жана диссоциативдик истерия (dissociative hysteria), дарттардын тобун бириктирет, азыркы мезгилде ал диссоциативдик бузулуш деп аталат. Кошумча караңыз: Невроз. 2. Катуу эмоционалдык козгонуу абалы.

## К

**КАНЦЕРОФОБИЯ (cancer phobia), канцерофобия** – инсандык өзгөрүү, ал рак оорусу менен ооруп калуу коркунучу дайыма коркуу сезими менен мүнөздөлөт. Ал бат-бат колун жууп туруу, кийимин бат которуу, башка адамдар менен кол кармашпоо, башкалар дем алган аба менен дем алуу коркунучу пайда болгон оору.

**КАРФОЛОГИЯ (carphology, floccillation), карфология** – ич келте менен ооруганда, ойдо болбогон кыймылдарды көпкө кайталап, бир нерсеге жетүүгө умтулуучу кыймылдар. Көпчүлүк убакта өтө таасирленүүнүн белгиси жана өлүмдүн келишин алдын ала билдиргичи катары кызмат аткарышы мүмкүн.

**КИНАНЕСТЕЗИЯ (kinanaesthesia), кинанестезия** – адамдын физикалык активдүүлүгүнүн бузулушуна алып келүүчү оору.

**КЛАУСТРОФОБИЯ (claustrophobia), клаустрофобия** – адамдын бекемделген үйдө жалгыз калуудан өтө коркуусу; мисалы, көбүнчө психикалык ооруларында байкалат. Кошумча караңыз: Фобия.

**КЛЕПТОМАНИЯ (kleptomania), клептомания** – дайыма бир нерсени уурдап алууну адат кылып алган адам. Кээде клептомания адамда депрессия убагында пайда болот.

**КОМОК ИСТЕРИЧЕСКИЙ (globus hystericus), истерикалык дем кысылуу** – «Тамакта дем кысылуу» сезиминин туудурулушу, бул бир нерсени жута албаган сезим жана андан кутулуу эч мүмкүн эмес болупкалат. Бул сезим көпчүлүк убакта катуу кооптонуу мезгилинде, толкундануу же психикалык бузулуштун натыйжасында дем кысылып калуу сезими пайда болот.

**КОМПЕНСАЦИЯ (compensation), компенсация** – кайсы бир функционалдык же структуралык жетишсиздикти толуктоо. Мисалы, алып салынган бөйрөктүн компенсациясы калган бөйрөктүн көлөмүнүн чоңоюшуна алып келет, ал зааралы пайда кылуу үчүн организмдин калыбына келтирүүчү мурунку жөндөмдүүлүгүнө алып келет.

**КОМПЛЕКС (complex), комплекс** – (психоанализде) адамдын жүрүм-турумуна таасир берүүчү, эмоционалдык жактан жүктөлгөн жана басыңдаткан ойлордун тобу. Бул түшүнүктө бул термин алгачкы жолу Юнг менен колдонулган, бирок азыркы мезгилде ал эркин түшүнүктө, эс-учу жок иштердин мотивин белгилөөдө колдонулат.

**КОМПЛЕКС НЕПОЛНОЦЕННОСТИ (inferiority complex), кем баалуулук комплекси** – 1. Адамдын өзүнүн эс-учу жоктугу жана маанилүүлүгүнүн жоктугун жана кем баалуулук сезиминин катуу ашыкча апыртуу сезими, ал коргонуу же бул жүрүм-турумду (мисалы, агрессияда) компенсациялоочу сезим. 2. Психоанализде – комплекс, ал эдипиддик каалоолордун (караңыз: Эдипов комплекси) жана балада кыймыл-аракеттерди аткаруу жетишсиздигинин ортосундагы конфликттин жыйынтыгында пайда болот. Бул балада өзүнүн керт баштык кем баалуулук сезиминин өрчүшүнө алып келиши мүмкүн.

**КОМПЛЕКС ЭДИПОВ, КОМПЛЕКС ЭДИПА (Oedipus complex), Эдип комплекси, Эдип комплекси** – баланын карама-каршы жыныстагы ата-энеге карата кармануучу жыныстык кызыгуусу, ал атаандаштык менен айкалышат: Фрейддин психоаналитикалык теориясына караганда, мындай абал баланын өрчүү этабында нормалдуу абал болуп саналат. Эдип комплексинин аякташы, ата-энесине болгон жыныстык кызыгуунун жоголушу менен мүнөздөлөт.

**КОМПУЛЬСИВНОСТЬ (compulsion), компулсивдүүлүк** – ойго эрксизден келе берүүчү абал, ал кайсы бир кыймыл активдүүлүк формасына алып келет, мисалы, кандайдыр бир ооруга чалдыкпагандай, же жуктуруп албоо коркунучунда кайта-кайта колду жууп туруу.

**КОНВЕРГЕНЦИЯ (convergence), конвергенция** – 1. Неврологияда – нерв булалары кошулгандыктан мээнин өткөрүүчү жолдорунун жаралышына алып келет, алар баш мээнин ар түрлүү аймактарынан өтүп жана бирдиктүү бөлүктү түзүшөт. 2. Офтальмологияда – көздүн ичине бурулуу жөндөмдүүлүгү, бул ага нерселерге болгон көз караштьы фокустоого мүмкүнчүлүк түзөт, бул учурда эки торчодо тең бирдиктүү сүрөттөлүш пайда болот. Каралган нерсе канчалык жакын жайгашса, конвергенциянын даражасы ошончолук чоңураак болот.

**КОНФАБУЛЯЦИЯ (confabulation), конфабуляция** – жалганды чындыкка чыгарууга максат коюп опуртмалуу, калп сүйлөгөн орулуулар. Көбүнчө психикалык оорусунда байкалат. Адатта анын артында адамдын бул же тигил мурун болгон окуяларды эстөө жөндөмдүүлүгүнүн жок болушу турат. Эс-тутумунун жоготушунун бирден бир симптому болушу мүмкүн, бирок көбүрөөк корсаков синдромуна мүнөздүү болот.

**КОНФЛИКТ (conflict), жаңжал** – жаңжалдык кырдаалдын негизги түрү болуп, мамиле кылуу-мамиле кылуу (approach-approach) деген сыяктуу болуп саналат, мында адамды эки такыр бири-бирине карама-каршы келген бири бири менен келишпес максаттар тартып турат; мамиле кылуу-качуу (approach-avoidance), мында качан адамдын стимулга карата жообу, бир жагынан, кайсы-бир максат тартып турат, экинчи жагынан ал максатка жетүүдөн кайра баш тартат; жана баш тартуу-баш тартуу (avoidance-avoidance), мында качан адам стимулга жооп катары кайсы-бир максатка жетүүдөн баш тартат, ошентип ал өзүнө жагымсыз стимулга өзү жакындап калат. Жаңжал абалы адатты ар кандай нерв дарттарынын пайда болушун түшүндүрүү үчүн колдонулат, ал эми жаңжалдык кырдаалды чечүү психоанализдин маанилүү бөлүгү болуп саналат. Кошумча караңыз: Конверсия.

**КОПРОЛАЛИЯ (coprolalia), копролалия** – эч себепсиз эле оозго албаган сөздөрдү айта берүүгө жөндөмдүү адам. Бул көбүнчө шизофрения оорусунда байкалат. Ал Жиль-де-ла-Туретт синромундагы симптомдорунун бири болуп саналат.

**КОРО (koro), коро** – өтө коөптонуу сезимдеги абал, өзгөчө кээ бир улуттагы элдерге мүнөздүү (мисалы, Кытайда жана түндүк-чыгыш Азиянын). Бул абал адатта жыныс мүчөнүн ич көңдөйүнө кирүү сезими менен жана андан ары жок болуп кетүү менен мүнөздөлөт. Кээде мындай сезим аялдарда да пайда болот: аларга эмчеги дененин ичинде сиңирилип кеткендей жана кайра жок болуп кеткендей сезилет. Мындай абал адатта транквилизаторлорду берүү менен жана андай болбостугу менен сүйлөшүү аркылуу дарыланат.

**КОЭФФИЦИЕНТ ИНТЕЛЛЕКТА (intelligence quotient, IQ), интеллект коэфициенти** – акыл-эстин өнүгүүсүнүн көрсөткүчү. Бул коэфициент балдардын жана чоң кишилердин башка адамдарга карата интеллектуалдык жөндүмдүүлүктү чагылдырат. Балдарда алардын өрчүүсүнүн ылдамдыгын чагылдырат (психикалык курак алардын хронологиялык курагына карата мамилеси). Интеллектуалдык өрчүүдөгү көпчүлүк тесттер мындай иштелип чыгат, мында жыйынтыктоочу коэффициент 100 деген ортонку белгиде болуш керек, ал эми стандарттык бузулуш болжол менен 15 болуш керек.

**КРЕТИНИЗМ (cretinism), эргежээл** – бою кыска, кодо адамдар. Ошондой эле калкан безинин гормондорунун тубаса (тубаса гипотиреодизм) жетишээрлик эмес иштеп чыгарылышынан терисинин жана бетинин түзүлүшүнүн одуракайлыгы байкалат.

## Л

**ЛАТА (latah), лата** – жүрүм-турумдун тиби, ал кээ бир маданияттын өкүлдөрүнө тиешелүү (мисалы, Малайзияда). Психологиялык шок абалынан кийин адам абдан тынчы жок, ар кандай кеңештерге оңой эле чалдыгып калат, өтө баш ийимдүүлүктү көрсөтөт жана башка адамдардын кыймыл-аракеттерин патологиялык жактан туурап калат (эхопраксия).

**ЛЕРЕЗ (leresis), лерез** – чаржайыт речь, сүйлөөдө мааниси жок. Дементиянын бирден бир белгиси болуп саналат.

**ЛЕТАРГИЯ (lethargy), летаргия** – жалган өлүм; аялдын кыйын төрөттөн кийинки кара басып уктаган абалы. Психикалык жана физикалык кош көңүлдүк; оору туудуруучу түш, ал бир нече сааттан бир нече жумага чейин созулуучу, оор абалдара сезилбеген пульс жана дем алуу менен; активдүүлүктү жоготуу даражасы менен эс жоготууга окшош кырдаалга жакын. Мындай абал адамдын ар кандай дарттарда байкалат (мисалы, уйку оорусунда) же гипноз учурунда.

**ЛЕЧЕНИЕ СУГГЕСТИВНОЕ, ЛЕЧЕНИЕ ВНУШЕНИЕМ (pithiatism), суггестивдик дарылоо, сезим туудуруу менен дарылоо** – ар канадай дарттарды бейтапты кеңеш берүү жолу менен дарылоо, ага тез эле айыгып кетээрин жана анын абалы кыйла

жакшырат деп айтуу менен дарылоо. Мындай дарылоонун негизиндеги дарттардын симптомдору, адамда ар кандай психологиялык бузулуштардын көрсөткүчтөрүнө тиешелүү болот жана истерикалык симптом катары классификацияланат.

**ЛИБИДО (libido), либидо** – жыныстык кызыгуу: берилген термин көпчүлүк мезгилде жыныстык кызыгуунун күчүн белгилөөдө колдонулат. Либидонун психоанализинин теориясында (өлүү инстиктине окшош) баардык психикалык жашоодогу энергиянын бирден бир негизги булагы болуп саналат. Нормалдуу өнүгүү (караңыз: Психосексуалдык өнүгүү) белгилүү деңгээлдеги фиксациянын жана регрессиянын жардамы менен өзгөртүлүшү мүмкүн.

**ЛИКАНТРОПИЯ (lycanthropy), ликантропия** – психикалык бузулуштун сейрек кездешүүчү симптому, мында адам карышкыр болуп кетээрине абдан ишенет.

**ЛИЧНОСТЬ (personality), инсан** – адамдарды бири биринен айырмалоочу инсандык сапаттардын өзгөчө индивидуума. Адамдардын арасында эң эле көп таралган жүрүм-турумдун моделдерин кээде ар кандай категорияларга киргизишет (караңыз: Инсандын өзгөрүүсү, Экстравертиялуулук, Невротикалык абал).

**ЛИЧНОСТЬ ШИЗОИДНАЯ (schizoid personality), шизоиддик инсан** – эмоционалдуу жабык, башка адамдарга карата мамилеси тунтук, эч кандай эмоциясы жок адамдарга карата мүнөздөлөт. Кээ бир шизофрения менен ооругандарда дарт өрчүгөнгө чейин бул белгилердин көпчүлүктөрү байкалат; буга карабастан шизоиддик инсандардын баардыгында эле эмес шизофрения өрчүйт. Караңыз: Инсандын өзгөрүүсү.

**ЛУНАТИЗМ, СНОХОЖДЕНИЕ (noctambulation), лунатизм, уктап жүрүү** – уктап жатып туруп жүрүп кетүүчү оору абал. Адатта лунатизм кичинекей куракта байкалат, бирок кээде чоң кишилерде да сакталып калат. Кээде ал өзүнөн-өзү кайсы-бир катуу корккондуктан же гипнозон өрчүшү мүмкүн. Караңыз: Сомнамбулизм. – Лунатизм менен ооруган (somnambulistic).

## М

**МАЗОХИЗМ (masochism), мазохизм** – өз денесине залал келтирүү менен сексуалдык ырахатка жетүү. Берилген термин кээде жүрүм-турумдун баардык формаларына, оору туудуруу жана кемсинтүү менен коштолгондорго эркин колдонулат. Караңыз: Жыныстык бурмалоо. – Мазохист (masochist). – Мазохисттик (masochistic).

**МАЛЬФОРМАЦИЯ (malformation), мальформация** – формасы туура эмес майып, кемтик. Физикалык өрчүүнүн нормадан четтетүүсү; ал тубаса же пайда болгон өрчүүнүн дефектиси болушу мүмкүн, ошондой эле кайсы-бир дарттын же жаракаттын кесепетинен пайда болушу мүмкүн.

**МАНИЯ (mania), мания** – психикалык оорусунда байкалуучу оорулуунун мөнөзү. Көпчүлүк учурларда мактаанчактык мүнөздө болуп, туруксуздук абал байкалат. Психиканын абалы, ал өтө шайырлык, жогорку активдүүлүк, көпчүлүк учурда эйфория абалда болуусу, бирок маанайы тез эле өзгөрүп, кыжырланууга алып келет. Орулуунун аң сезими жана речи тез-тез болуп, маанисин жоготот, анын айтканын түшүнүүгө оор болуп калат. Орулуунун жүрүм-туруму ошондой эле өтө активдүүлүк менен, экстраваганттуулук менен, кайгыргандык менен айырмаланат; кээде мындай адамдар зордук зомбулукка жакын болушат. Кошумча караңыз: Аффективдик бузулуш, Маниакалдык-депрессивдик психоз. – Маниакалдык (manic).

**МАРАЗМ (marasmus), маразм** – наристелердин катуу алсыроосу, мындай учурда денесинин салмагы 75 % төмөндөп кетет. Бала кубарынкы, карыгансып, аптиялык абалда болуп, тери астындагы май катмары такыр эле жок болот.

**МАСТУРБАЦИЯ (masturbation), мастурбация** – адам аркылуу физикалык стимуляциясы (булар эркек да аял да болушу мүмкүн) ал өзүнүн жыныстык органдарын сексуалдык канааттануусуна жетүү үчүн жасалат, ал көпчүлүк мезгилде оргазм менен аяктайт.

**МЕГАЛОМАНИЯ (megalomania), мегаломания** – өзүн өзгөчө улуу даражалуу деп көтөрүлүү. Бул көбүнчө психикалык ооруларда байкалат. Мегаломания шизофрениянын көрсөткүчтөрүнүн бири, маниакалдык дарттын же церебралдык сифилистин көрсөткүчү болушу мүмкүн.

**МЕЛАНХОЛИЯ (melancholia), меланхолия** – сабыры суз, көңулу чөккөн, чүнчүгөн абал. Бул көбүнчө нерв оорусунда байкалат. Караңыз: Депрессия, Инволюционндук меланхолия.

**МЕЛАНХОЛИЯ ИНВОЛЮЦИОННАЯ (involutional melancholia), инволюциондук меланхолия** – көңүлүнүн катуу чөгөт болуусу, адатта психиканын бузулушу менен байланыштуу болот. Адатта биринчи жолу чоң кишилерде инволюционндук мезгилде пайда болот (болжол менен аялдарда 40–45 жаштарда жана эркектерде 50–65 жашта). Караңыз: Маниакалдык – депрессивдик психоз.

**МЕСМЕРИЗМ (mesmerism), месмеризм** – гипноздун бир түрү, анын негизинде немец доктуру Франц Мессердин идеялары XVIII кылымда сунушталган. Анда магниттин жана башка колдонмо аспаптар менен адамдын организимине чоң таасир эткенин көрсөткөн.

**МЕТОД «ЗВОНКА И ПОДУШКИ» (bell and pad), «шыңгыроо жана жаздык» ыкмасы** – балдарда жана чоң кишилерде энурезди дарылоо үчүн колдонулган психологиялык дарылоо ыкмасы. Берилген ыкма болжол менен 80 % мазгилдерде эффективдүү болот.

**МОДЕЛИРОВАНИЕ (modelling), моделдөө** – жүрүм-турум модификациясында колдонуучу ыкма, анын жардамы менен адам башка кишини карап, кандайдыр бир жүрүм-турумга көнөт.

**МОДИФИКАЦИЯ ПОВЕДЕНИЯ (behaviour modification), жүрүм-турумдун модификациясы** – жүрүм-турумдук психологияда колдонулуучу ыкма (караңыз: Бихевиоризм). Жүрүм-турумдун модификациясы жүрүм - турум терапиясына салыштырганда көбүрөөк колдонулат, анткени ал бейтап оорубаган абалда да болгондо колдонулушу мүмкүн (мисалы, билим алуу процессинде). Кошумча караңыз: Өзүнө тартуу, Шыктандыруу.

**МОНОМАНИЯ (monomania), мономания** – бир идея же субъект менен өтө кызыгып ээлигүү. Кошумча караңыз: Паранойя.

**МОНОФОБИЯ (monophobia), монофобия** – жалгыз калгандан коркуу.

## Н

**НАЛОЖЕНИЕ ОБРАЗА, СОЗДАНИЕ ОБРАЗА (eidetic, imagery), образды тануу, образды жаратуу** – жөнөкөй ой жүгүртүү процессиндеги ачык психикалык элестетүүлөрдү жаратуу. Гипнагогикалык образды таануу (hypnagogic imagery) ал адамда ал уйку абалына түшкөндүн алдында пайда болот. Гипнопомпикалык образды тануу (hypnopompic imagery) адам түш абалынан чыккандан кийин пайда болот. Эидетикалык образды тануу (eidetic imagery), көпчүлүк учурда балдарда, көбүрөөк кездешет, жана өтө таза образдардын пайда болушу менен мүнөздөлөт; бул образдар эсте көп убакыт өткөндөн кийин чагылдырылат.

**НАРУШЕНИЕ ВНИМАНИЯ (attention deficit disorder), көңүлдүн бузулушу** – караңыз: Гиперкинетикалык синдром.

**НАРУШЕНИЕ КОНВЕРСИВНОЕ (conversion disorder), конверсивдүү бузулуу** – органикалык дисфункция түрүндө кездешүүчү психологиялык конфликт же талап. Бул

бейтаптын көрбөй, укпай калуусу менен коштолуп, басыгынын бузулушуна же дененин ар кайсы сегменттеринин сенек тартышына алып келүүсү мүмкүн.

**НАРУШЕНИЕ ПРИВЯЗАННОСТИ (attachment disorder), көнүп калгандыктын бузулушу** – кичинекей балдардын жана өспүрүмдөрдүн психикасынын бузулушу, ал бала ооруканада көп убакытка чейин жатып калган учурда пайда болот (институционализацияда), ата-энеси менен болгон байланышынын жоктугунан же балдарга зомбулук көрсөткөндөн кийинки абал.

**НАРУШЕНИЕ РАЗВИТИЯ (developmental disorder), өрчүүнүн бузулушу** – ымыркай мезгилинде же жаш куракта өрчүүнүн бузулушу. Адатта психикалык же биологиялык функциянын бузулушу менен мүнөздөлөт. Мисалы, сүйлөө речинин бузулушу же артта калышы. Өрчүүнүн бузулушу төмөнкүдөй бөлүнөт: ар тараптуу (pervasive), мында бала көп көрсөткүчтөр менен өрчүүсүнөн артта калат (мисалы, аутизмде), жана спецификалык (specific), мында артта калуу кандайдыр бир бир эле көрсөткүч аркылуу байкалат (мисалы, дислексияда).

**НАРЦИССИЗМ (narcissism), нарциссизм** – адамдын өзүн-өзү ашкере баалоосу (сүйүүсү). Фрейд терминдеринде нарциссизм – бул сүйүү жана таазим кылуу объектиси катары биринчи планга өздүк эгонун чыгышы менен байланышкан абал. Нарциссизмдин кээ бир көрүнүштөрү көпчүлүк адамдарда болот, бирок алар өтө ашып кеткенде, кээ бир симптомдордун симптомдору болуп саналат, мисалы шизофрениянын, инсандык өзгөрүүдө же кайсы-бир башка дарттардын симптомдору болуп саналат. – Нарцистикалык (narcissistic).

**НАСИЛИЕ НАД ДЕТЬМИ (child abuse), жаш балдарга карата жасалуучу зордук-зомбулук** – жаш балдарга карата болгон терс мамиле. Бойго жеткен адамдар тарабынан баланы жыныстык катнашка барууга мажбурлоо (sexual abuse) өңдүү жыныстык зордук же катуу жазалоонун кесепетинен улам денесине залал келтирүү өңдүү зомбулук (physical abuse) түрүндө кездешүүсү мүмкүн (караңыз: Атайлап эмес туудурулган жаракат).

**НАСИЛИЕ ПОЛОВОЕ (sexual abuse), жыныстык зомбулук** – караңыз: Балдарга карата зомбулук, Педофилия.

**НЕВРАСТЕНИЯ (neurasthenia), неврастения** – катуу чарчоо, туталануу, баш ooру, баш айлануу, ашкере тынчсыздануу өңдүү бир катар психологиялык жана физикалык симптомдор. Неврастения кайсы-бир органикалык жабыркоодон туудурулушу мүмкүн, мисалы, баштын жаракаты, же неврoздун көрсөткүчтөрү менен туудурулушу мүмкүн. – Неврастеникалык (neurasthenic).

**НЕВРОЗ (neurosis, көпч. neuroses), невроз** – узак убакытка созулган ар кыл психологиялык бузулуулар; мындай учурда турмуш чындыгы менен болгон байланыш толук сакталганы менен бейтап адам күндөлүк турмушта болуп жаткан нерселердин бардыгын адаттан тышкары көрүнүш катары кабылдайт. – Невротикалык (neurotic).

**НЕГАТИВИЗМ (negativism), негативдүүлүк** – адамдын башка адамдарга, бир нерсеге карата карама-каршылык жүрүм-туруму. Активдүү негативдүүлүктө (active negativism) адам ага бир нерсе менен кайрылганда, тескерисинче жасоо менен мүнөздөлөт (мисалы, көздү ач десе, ал жабат). Пассивдүү негативдүүлүктө (passive negativism) адамда мамилешүүсү кыйла төмөндөйт (мисалы, ал тамак жебей калат). Мындай абал көпчүлүк учурда шизофренияда жана көңүлү чөгөрүнкү абалдарда пайда болот.

**НЕЙРОПСИХИАТРИЯ (neuropsychiatry), нейропсихиатрия** – нерв структурасы менен нерв системасынын функцияларынын жабыркашынан улам пайда болуучу психикалык ооруларды изилдей турган медицина тармагы.

**НЕКРОМАНИЯ (necromania), некромания** – жансыз денеге болгон патологиялык сүйүү.

**НЕКРОФИЛИЯ (necrophilism, necrophilia), некрофилия** – жансыз дене менен жыныстык катнаш жасоого умтулуу. Кошумча караңыз: Жыныстык бейадеп. – Некрофил (necrophile).

**НЕОЛОГИЗМ (neologism), неологизм** – (психиатрияда) белгилүү бир мааниге ээ сөздөрдү ойлоп табуу. Адатта балдар курагында байкалат; бирок чоң кишилерде да кээде байкалат, ал кайсы-бир психикалык дарттын симптому болушу мүмкүн, мисалы, шизофренияда. Неологизмдерди парафазиядан айырмалоо керек, мында жакшы тааныган сөздөргө жаңы маани берилет.

**НЕСОВМЕСТИМОСТЬ (incompatibility), дал келбестик** – караңыз: Дал келүүчүлүк.

**НИКТОФИЛИЯ (nyctophilia), никтофилия** – күндүзгү убакытка караганда кечкисин иш кылууну жактыруу. Айрым учурларда никтофилия социалдык фобия түрлөрүнүн бири болуп саналат.

**НИКТОФОБИЯ (nyctophobia), никтофобия** – түн же күндүн караңгы мезгилинен коркуу. Көбүнчө жаш балдар арасында кездешет.

**НИКТОФОНИЯ (nyctophonia), никтофония** – түндө кеп сүйлөөчү жана күндүз такыр сүйлөбөй калган абал, тандалма мутизмдин түрү.

**НИМФОМАНИЯ (nymphomania), нимфомания** – аялдардын эротизми же жыныстык катнашка болгон жогорку ынтызаарлыгы. Салыштыруу үчүн: Сатириазис. – Нимфоманикалык (nymphomaniac).

**НОРМАЛИЗАЦИЯ (normalization), нормага келтирүү** – (психиатрияда) психикалык жактан кем баалуу оорулуу адамдарда тирүү образдарды түзүү процесси. Мындай көрүнүш оорубаган адамдарда да жолугат. Аларга адамдын ооруканадан тышкары жашоого көнүүсү, жана ошондой эле анын коомдук жана башка социалдык жашоого активдүү киришүүсү кирет.

## О

**ОБРАЗ ПОСЛЕДОВАТЕЛЬНЫЙ (after-image), кайталануучу образ** – көздү жумууда көз алдынан жоголо турган объект элесин белгилүү бир мөөнөткө чейин так, таамай сактап калуу.

**ОБРАЗЕЦ ПОВЕДЕНИЯ ВРЕМЕННОЙ (time sampling), жүрүм-турумдун мезгилдүү үлгүсү** – (в психологияда) жүрүм-турумду каттоо ыкмасы, ага жүрүм-турумдун белгилүү түрлөрүнүн болушу же жок болушу мүнөздүү, ар биринин бар болгон мезгилинде фиксацияланган жана мурун тандалып алынган мезгилдин кырдаалдары. Кошумча караңыз: Окуялык жүрүм-турумдун үлгүсү.

**ОБРАЗЕЦ ПОВЕДЕНИЯ СОБЫТИЙНЫЙ (event sampling), окуялык жүрүм – турумдун үлгүсү** – (психологияда) жүрүм-турумду каттоо ыкмасы, мында адам жүрүм-турумдун кайсы-бир жаңы түргө учурaганда, аны каттайт жана эске калтырат. Андан кийин бул маалымат кийинки жүрүм-турумду так сүрөттөөдө колдонулат жана жүрүм-турумдун модификациясында белгилүү жолдун чыгарылышында колдонулат. Кошумча караңыз: Жүрүм - турумдун мезгилдүү үлгүсү.

**ОБСТОЯТЕЛЬНОСТЬ МЫШЛЕНИЯ (circumstantiality), жагдайлык ой-жүгүртүү** – ой-жүгүртүү процессинин бузулушу, мындай учурда сүйлөө речи, ой-жүгүртүүсү басаңдап калат. Кээде мындай бузулуш органикалык психоздо, шизофренияда, ошондой эле өтө педанттуу адамдарда кездешет.

**ОБЪЕКТ ПСИХОАНАЛИЗА (analysand), психоанализ объектиси** – психоанализден өтүп жаткан адамга карата колдонулат.

**ОБЫГРЫВАНИЕ (ситуации) (role playing), ойноп чыгуу (ситуацияны)** – жүрүм-турумду ойноп чыгуу, аны кайсы-бир башка адамдан тигил же бул конкреттүү (көпчүлүк учурда ойлоп табылган) кырдаалда күтүлүшү мүмкүн. Берилген ыкма башка адамдын көңүлүн жакшы түшүнүүгө жетишкендик үчүн колдонулат. Ал психотерапияда, бейтаптарды кызматкерлерди ар кандай социалдык ыкмаларга ошондой эле медициналык мекемелерде окутууда (мисалы, психиатриялык) кеңири колдонулат.

**ОНИРИЗМ (oneirism), ониризм** – «уктабай жатып түш көрүү». Бул оорубаган соо адамдарда кездешүүчү көрүнүш. Кээде ониризм астеникалык же шизоиддик көрүнүштүн пайда болушу менен байкалат.

**ОНО (id), оно** – (психоанализде) сокур сезим деңгээлдеги психиканын бөлүгү; психикалык энергиянын же либидонун булагы. Бул энергия дароо эле кыймылдарда же белгилерде ишке ашырылууну издейт. Ошондуктан, негизинен оно менен башкаруу ыракаттануунун эсебинен алуу ишкеашырылат, бирок эч кандай логика жана курчап турган чындыкка таянбай эле.

**ОНОМАТОМАНИЯ (onomatomania), ономатомания** – спецификалык нерселердин аталыштарына, сейрек сөздөргө ж.б. эстөөнү тануучулук кызыгуу: обсессиянын түрү.

**ОНОМАТОПОЭЗ (onomatopoiesis), ономатопоэз** – ар кандай сөздөрдү ойлоп табуу, сүрөттөлгөн нерселерди үн менен коштоосу. Бул шизофрения менен ооругандарда жолугат.

**ОПЕРАНТ (operant), оперант** – берилген термин каалаган жүрүм-турумду сүрөттөө үчүн колдонулат, ал курчап турган адамдарга анын тийгизген таасири аркылуу аныкталат. Караңыз: Кондиционалдаштыруу.

**ОРИЕНТАЦИЯ (orientation), багыт** – (психологияда) адам өз абалын убакыт жана мейкиндикке карата аныктап алуусу. Багыттын бузулушу адамда мээнин кайсы-бир органикалык дартынын болушу менен, организмге ар кандай дарылык заттардын токсикалык таасири же мээнин чайкалышы менен байланыштуу болушу мүмкүн.

**ОСКУДЕНИЕ ЭМОЦИОНАЛЬНОЕ И УМСТВЕННОЕ (hebetude), эмоционалдуу жана аң сезимдик жакырлануу** – апатия же эмоционалдык жакырлануу. Кандайдыр бир спецификалык оорунун миптому болуп саналбайт; деменцияда жана шизофренияда байкалат.

**ОСТРЫЙ ПСИХОЗ (acutis psychosis), курч психоз** – психикалык абал, аны өнөкөт психоз менен дифференциациялаш керек; психикалык оруулларда, жогору безгекте, банги заттарды колдонгондо пайда болот. Курч психоз менен адам аны курчап турган башка адамдар үчүн коркунуч туудурушу мүмкүн, ал реалдуулукту бурмалап кабыл алат, анткени анын сөздөрү жана кыймыл-аракеттери кадимки логикадан четтеп калышы мүмкүн.

**ОТВЕТ НА ПРОФИЛАКТИЧЕСКУЮ ТЕРАПИЮ, ОТВЕТ ПРЕДУПРЕДИТЕЛЬНЫЙ (response prevention), профилактикалык терапияга жооп, эскертүү жолу** – жүрүм-турумдук терапиянын түрү, ал адамда катуу тануучулук абал байкалганда колдонулат. Доктур бейтапты кайталануучу кыймылдоо адаттан баш тартууга үйрөтөт, бул кыймылдар адатта аны бир нерселер тынчсызданганда пайда болот.

**ОТКЛОНЕНИЕ (deviance), четтеп калуу** – нормалдуу жүрүм-турумдан четтеп калуу. Бул термин өзгөчө сексуалдык жүрүм-турумга тиешелүү көп колдонулат. Кошумча караңыз: Жыныстык бурмалоочулук.

## П

**ПАРАНОИДНЫЙ (paranoid), параноидүү** – 1. Термин адамдын тездетилген жана системалашкан жөөлүүсү менен коштолгон психикалык абалын сүрөттөп берүү үчүн колдонулат. 2. Термин башка адамдар тарабынан жасалган мамилелердин жапа чегишкен, өтө сезимтал адамдарга карата колдонулат.

**ПАРАНОЙЯ (paranoia), паранойя** – кыймыл - аракети таза адамдай шек жок, бирок суйлөгөн сөзүндө анын артынан бирөөлөр такай түшүп алгандай ойду билдирүү. Бул айрыкча психикалык ооруларында байкалат. Бул сейрек кездешүүчү өнөкөт психикалык бузулуш болуп саналат; паранойяга чалдыккан көпчүлүк адамдарда, кийинчерээк башка психикалык дарттын симптомдору пайда болушу мүмкүн. Кээде бул термин, адамдын артынан дайыма кимдир бирөө аңдып жаткандай симптомду сүрөттөөдө колдонулат.

**ПАРАПСИХОЛОГИЯ (parapsychology), парапсихология** – айрым бир адамдарда байкала калып жүргөн экстрасенсордук кабыл алуу, психокинез жана башка психикалык жөндөм туурасында окуу.

**ПАРАФРЕНИЯ (paraphrenia), парафрения** – психикалык оору, системалуу дөөрүү жана галлюцинациялар менен коштолот, бул эч кандай анык психикалык дарттардын симптомдору жок эле болот. Парафрения өзгөчө дүлөй адамдарда же улгайган адамдарда өрчүйт.

**ПАРЕЙДОЛИЯ (pareidolia), парейдолия** – кабыл алуунун бузулушу. Мисалы, адам жалындап күйүп жаткан оттун тегерегинен ошол учурга катыштыгы жок буюм же адамдардын сөлөкөтүн көрүүсү ыктымал.

**ПЕДЕРАСТИЯ (paederasty), педерастия** – бала же жаш жигит менен содомия (эркектик гомосексуалдуулук).

**ПЕДОФИЛИЯ (paedophilia), педофилия** – жаш балдарга (эки жыныстагы тең) карата болгон сексуалдык ышкы. – Педофил (paedophile). – Педофилдик (paedophilic).

**ПЕРЕКОС (skew), бурулуу** – үй-бүлө ичиндеги мамилелердин бузулушу, мында үй-бүлөдө ата-энесинин бирөө үстөмдүк кылып турат.

**ПЕРЕРЫВ АССОЦИАЦИЙ (blocking), ассоциациянын тыныгуусу** – 1. Психиатрияда – кокусунан ойду жоготуу же сүйлөбөй калуу. Ойлордун үзүлүшү, ал баштан ой учуп кеткендей сезим менен коштолуучу шизофренияның бир симптому болуп саналат. 2. Кайсы бир жагымсыз окуяга же аны менен байланышкан кимдир бирөөнүн оюна жетишээрлик эмес жооп кайтаруу.

**ПЕРЦЕПЦИЯ, ВОСПРИЯТИЕ (perception), перцепция, түшүнүү** – сезүү органдарынын заттын жана кубулуштун чагылышын кабыл алуусу. Түшүнүүнүн бузулушуна галлюцинациялар, иллюзиялар жана агнозия сыяктуу абалдар кирет.

**ПИКАЦИЗМ (pica), пикацизм** – жегенге жарабай турган же организмге зыяндуу заттарды азык катары колдонуу. Ал психикалык жактан оорулуу адамдарда кездешет. Айрым бир адамдардын организминде ар кыл минералдык заттардын жетишсиздиги (мисалы, темирдин жетишсиздиги) менен байланыштуу.

**ПИРОМАНИЯ (pyromania), пиромания** – өртөөгө умтулган оорулук дарт. – Пироманиакалдык (pyromaniac). – Пироман (pyromaniac).

**ПИСЬМО ЗЕРКАЛЬНОЕ (retrography), күзгүлүк кат** – кат, мында тамгалар тескерисинче күзгүдөй сүрөттөлүштө көрсөткөндөй болуп турат. Мындай кат жазуу стилин тандоо адатта өзүнөн-өзү же истерикалык болушу мүмкүн; баш мээнин жабыркаңышында өтө сейрек байкалат.

**ПОБУЖДЕНИЕ (fading), каалоо - ниет** – (жүрүм-турум модификациясында) караңыз: Каалоо (prompting).

**ПОБУЖДЕНИЕ (prompting), тилөө** – адамда мурун жооп кайтарууга болгон жүрүм-турумду иштеп чыгууда колдонулган ыкма. Пассивдүү образ менен адамдын көңүлү (белгилүү көрсөтмөлөрдүн жардамы менен) же активдүү (белгилүү кыймылдарды аткаруу жолу менен) ал андан суранып жаткан жүрүм-турумга кайрылуу. Мындай жүрүм-турум үчүн ал кийин сыйланышы мүмкүн (караңыз: Бекитүү). Мындай процесс бара-бара жардамдардан баш тартуу (fading) менен жана белгилүү иштелип чыккан ыкмалардын бекитилиши менен коштолот.

**ПОВЕДЕНИЕ ПРОТИВОРЕЧИВОЕ (double-bind), карама - каршылык жүрүм-турум** – үй- бүлөлүк мамиледеги карама-каршылыктар. Карама-каршылык жүрүм-турум мүмкүн шизофренияның өрчүүсүн туудуруучу фактордун бири болушу мүмкүн.

**ПОГРУЖЕНИЕ (flooding, implosion), чөктүрүү** – (психологияда) фобияны дарылоочу ыкма. Мында бейтап аны коркутуп турган объектке, оюу менен же чындыгында эле андан бир катар аралыкта турган аркылуу интенсивдүү тассирлентүүгө чалдыгат.

**ПОДАВЛЕНИЕ (inhibition), басмырлантуу** – (психоанализде) инстинктивдик же сокур сезим менен умтулуулардын чектөөсү, өзгөчө эгер алар аң сезимге карама-каршы болсо же коомдун талаптарына дал келбесе чектелет.

**ПОДАВЛЕНИЕ (repression), басмырлантуу** – (психоанализде) коргоочу механизм, анын жардамы менен жагымсыз ойлор, ниеттер менен эмоциялар, жетишкен аң сезимдер, аны менен жоюлат. Бул механизмдин бузулушунда адамда ар кандай психикалык бузулуштар өрчүйт. Ошондуктан психоанализдин эң маанилүү максаты болуп, бул анда болгон жагымсыз мүдөөлөрдөн өзү, аң сезимдүү, бирок механикалык эмес жол менен кутулууга жетишүү болуп саналат.

**ПОДСОЗНАТЕЛЬНЫЙ (subliminal), сокур сезим менен болгон** – сезимден тышкары жаткан абал.

**ПОЛИФАГИЯ (polyphagia), полифагия** – соргок, тамакты көп жеген алкымы бузук адам.

**ПОЛУБЕССОЗНАТЕЛЬНЫЙ (subconscious), жарым жартылай эс - учу жоктук** – 1. Берилген термин адамдын психикалык абалын сүрөттөө үчүн колдонулат, мында ал жарым-жартылай эс-учу жок абалда болуп жүрөт жана аны курчап турган чындыкты сезбейт. 2. Психоанализде – бул термин аң-сезимдин бөлүгүн билдирет, өзүнө эсти, мотивдештирүүнү жана кыймылды камтыйт, алар адамдын аң-сезиминде дайыма болушат, бирок салыштырмалуу түрдө жеңил эле эс-учу жоктуктан чыгып кетүү туудурулушу мүмкүн. Салыштыруу үчүн: Эс-учу жок.

**ПОМРАЧЕНИЕ СОЗНАНИЯ СУМЕРЕЧНОЕ (twilight state), кабагы салыңкы акылынан ажыроо** – аң сезиминин бузулушу, мында адам кээ бир кыймыл-аракеттерди жасап жатып, бирок аларды жагандыгын унутуп калат жана эмне үчүн жасагандыгын билбейт. Мындай абал эпилептикалык талмадан кийин, аракечтикте жана башка кээ бир аң сезиминин чаташкандыгы менен коштолуучу дарттарда өрчүйт.

**ПРЕДСТАВЛЕНИЕ СЕБЯ ВНЕ ТЕЛА (out-of-the-body experience), өзүн денеден тышкары элестетүү** – дереализациянын формасы, мында адамга ал денесинен тышкары болгондой, ал жарык туннель аркылуу же такыр башка мейкиндикте жүргөндөй сезилет. Бул абал адамдарда анестезияны колдонгондон кийин же өтө кыйын дарттарда байкалат; көпчүлүк мезгилде мээ аноксиясынын болушун тастыктайт.

**ПРЕСБИОПИЯ (presbyopia), пресбиопия** – адам карыганда жакынкы буюмдарды көрө албастыгынын байкалышы.

**ПРИВЫЧКА (habit), адат** – адамдын кыймылынын көнүмүш ирээттүүлүгү. Жүрүм-турум психология, ал кээ бир адаттар башкалар менен алмаштыруу болот деп ишендирүүдө негизделет.

**ПРИВЯЗАННОСТЬ (attachment), көнүп калуучулук** – (психологияда) баланын алгачкы жашоосунда энеге жакын мамилесинин өрчүшү.

**ПРОСВЕЩЕНИЕ САНИТАРНОЕ (health education), санитардык билим берүү** – билим берүүнүн ыкмалары, алар адамдарды (жеке же коллективдүү) ишендирүүсү, мында адамдар дени сак жашоо образды сактоо жана адамдын өмүрүн кыскарткан жаман адаттардан баш тартуу жөнүндө ишендирүүлөр болот. Кошумча караңыз: Ден соолукту чыңдоо.

**ПРОХЛОРПЕРАЗИН (prochlorperazine), прохлорперазин** – психотикага каршы каражат - фенотиазин; ал шизофренияны жана башка психикалык ооруларды дарылоодо колдонулат.

**ПСЕВДОВЗАИМОЗАВИСИМОСТЬ (pseudomutuality), жалган өз ара көз карандылык мамилешүү** – үй-бүлөлүк мамилелердин бузулушу, мында жалган тышкы жакындыктын анткорлонуусу жана өз ара түшүнүүнүн артында чыныгы сезимдин жок болушун ашкерелеген сезим.

**ПСЕВДОГИПОПАРАТИРЕОЗ (pseudohypoparathyroidism), псевдогипопаратиреоз** – акыл-эсинин өрчүүсүнүн басаңдашы менен мүнөздөлүүчү жана боюнун өсүшүнүн бузулушу менен мүнөздөлүүчү синдром. Бул синдром адамда генетикалык дефектинин болушунан өрчүйт, ал жупунукалкан бези менен секрецияланган гормонго организмдин реакциясынын төмөндөшүнө алып келет.

**ПСЕВДОКОМА, КОМА БОДРСТВУЮЩАЯ, жалган кома, уктобоочу кома** – баш мээ сөңгөгүнүн жабырканышы менен туудурулат, мында орулуу эс-учунда болот, бирок кыймылдай албайт жана сүйлөй албайт, көзү менен эле ирмегенден башка дагы айланада эмне болуп жаткандыгын билет. Караңыз: «Курчап турган» синдром (locked-in syndrome).

**ПСЕВДОКРИПТОРХИЗМ (pseudocryptorchidism), жалган крипторхизм** – урук безинин жоктугунун жалган сезими, ал кичинекей эркек балдарда байкалат, аларда урук бездери эркин эле жука чурай каналына жылып турушат, алар эрксиз же рефлектордук булчуңдардын жыйрылуусуүчүн урук безин өйдө көтөрүүчү жана аны кармап туруучу байламта менен бириктирилген.

**ПСЕВДОПСЕВДОГИПОПАРАТИРЕОЗ (pseudopseudohypoparathyroidism), жалган гипопаратиреоз** – абал, мында адамда жалган гипопаратиреоздун баардык симптомдору болот, бирок адамдын жупуну калкан бези менен чыгарылган гормонго реакциясы нормада болуп турат. Көпчүлүк учурларда жалаган гипопаратиреозго чалдыккан үй-бүлөлөрдө кездешет.

**ПСИХИАТР (psychiatrist), психиатр** – психикалык ооруларды изилдеген жана дарылаган доктур.

**ПСИХИАТРИЯ (psychiatry), психиатрия** – медицинанын бөлүгү, анда түрдүү психикалык ооруларды изилдөө жана дарылоо ошондой эле алдын алуу кирет. – Психиатриялык (psychiatric).

**ПСИХИАТРИЯ ГЕРОНТОЛОГИЧЕСКАЯ, ПСИХОГЕРИАТРИЯ (psychogeriatrics), геронтологиялык психиатрия, психогериатрия** – психиатриянын бөлүмү, ал кары адамдырдын жана улгайган адамдардын психикалык дартын окуп үйрөнүүгө арналган. – Психогериатриялык (psychogeriatric).

**ПСИХИЧЕСКИЙ (mental), психикалык** – психикага же аны жабыркоочуга тиешелүү сөз.

**ПСИХИЧЕСКИЙ (psychic), психикалык** – 1. Психикага, жан дүйнөгө тиешелүү. 2. Парапсихологиялык көрүнүштөргө тиешелүү. 3. Берилген термин экстрасенсордук же психокинетикалык касиеттерге ээ болгон адамдарга тиешелүү колдонулат.

**ПСИХОАНАЛИЗ (psycho-analysis), психикалык талдоо** – Зигмунд Фрейд негиздеген жана анын окуусунун негизинде психикалык бузулууларды дарылоо ыкмасын колдонуучу психикалык мектеп. – Психоаналитик (psychoanalyst). – Психоаналитикалык (psychoanalytic).

**ПСИХОГЕННЫЙ (psychogenic), психогенндик** – бул термин кайсы-бир психикалыкка, бирок физикалыкка карата эмес колдонулат. Өзгөчө бул термин дарттарга жана алардын симптомдоруна карата колдонулат.

**ПСИХОДРАМА (psychodrama), психодрама** – психотерапия тобунун түрү, бул учурда адамдар өзүнүн ички дүйнөсүнө карап, өзүнүн өмүр жолунда өткөн татаал кырдаалдарды башка топтун мүчөлөрү менен карап чыгуу. Караңыз: Топтук терапия.

**ПСИХОЗ I (insanity), психоз I** – психикалык жактан бузулуунун даражасы, мындай учурда орулуу өзүнүн кыймыл аракетин башкара албайт жана мыйзам алдында жоопкерчиликке тартылбайт. Берилген термин медицинага караганда юриспруденцияда көбүрөөк маанини ээлейт.

**ПСИХОЗ II (psychosis), психоз II** – психикалык бузулуу, ал курчаган чындык менен болгон байланышты үзүү менен мүнөздөлөт. Психоздорго: шизофрения, аффекттин негизги көрсөткүчтөрү (караңыз: Маниакалдык - депрессивдик психоз), негизги параноиддик абалдар, ошондой эле органикалык психикалык дарттар. – Психотикалык (psychotic).

**ПСИХОЗ ДВОЙНОЙ (folie a deux), ПСИХОЗ КОММУНИКАТИВНЫЙ (communicated insanity), экиленген психоз, коммуникативдик психоз** – абал, мында бири-бир менен тыгыз байланышкан бири-биринин куру кыялдарын коштоп турушат. Кээде ошол экөөнүн биринде психоз өрчүй баштайт, ал бара-ара үйрөтүү процесси менен экинчисине өтөт; кээде экөө тең шизофрения менен ооруганда кошо куру кыялдык же галюцинациялар өрчүйт. Психоздун бул түрү көп сандаган адамдарды камтышы мүмкүн (үчилтиктүү психоз (folie a trois), төрт кишини курчаган психоз (folie a quatre) ж.б.).

**ПСИХОЗ ДЕЗИНТЕГРАТИВНЫЙ (disintegrative psychosis), дезинтегративдик психоз** – 1. Караңыз: Геллер синдрому. 2. Ар тараптуу өрчүүнүн бузулушу, ал аутизмдин симптомдору менен коштолот; баш мээнин ар кандай дарттарынын кесепетинен пайда болот: мисалы, балдар курагында энцефалиттен.

**ПСИХОЗ МАНИАКАЛЬНО-ДЕПРЕССИВНЫЙ (manic-depressive psychosis), РАССТРОЙСТВО БИПОЛЯРНОЕ (bipolar disorder), маниакалдык-депрессивдик психоз, биполярдык бузулуу** – депрессия убагында кайталануучу оор психикалык приступтар менен коштолуучу оор дарт. Бул приступтар, орулууну капаланткан кайсы-бир окуя менен туудурулушу мүмкүн, же башка бир себептерден өрчүйт.

**ПСИХОКИНЕЗ, АКТИВНОСТЬ ПСИХИЧЕСКАЯ (psychokinesis), психокинез, психикалык активдүүлүк** – кээ бир адамдардын өзүнүн аң сезими жана өз каалоосу менен кайсы-бир физикалык таасирленүүсү жок эле, абалды алмаштыруу же нерселердин ордун алмаштыруу жөнүндө божомолдоосу. Кошумча караңыз: Парапсихология.

**ПСИХОЛИНГВИСТИКА (psycholinguistics), психолингвистика** – караңыз: Маалыматтык психология.

**ПСИХОЛОГ (psychologist), психолог** – адамдын психикасын изилдөөчү илимпоз адис. Психолог-клиницист (clinical psychologist) психикалык дарттарды диагностикалоодо жана дарылоодо, ошондой эле алардын кесепеттерин дарылоодо атайын даярдыктан өткөн адис. Адатта бул адистер медицинанын башка өкүлдөрү менен биргелешип ооруканаларда иштешет. Психолог-окутуучу (educational psychologist) балдардын маалыматтык жана эмоционалдык өрчүүсүнөн атайын даярдыгы бар адис. Алар мектеп мугалимдер менен кошо тыгыз мамиледе болуп иштешет.

**ПСИХОЛОГИЯ (psychology), психология** – адамдын аң-сезимин психикасын изилдөөчү илим, ошондой эле анын жүрүм турумун да изилдөөчү илим. – Психологиялык (psychological).

**ПСИХОЛОГИЯ ПОЗНАВАТЕЛЬНАЯ (cognitive psychology), билим берүүчү психология** – психологиянын бөлүмү, ал адам ишмердүүлүгүнүн баардык суроолорун изилдөө менен алек, билим топтоого тиешелүү бөлүм. Тар түшүнүктө билим берүүчү психология өзүнүн көңүлүн бул билимдер кантип алынат, сакталат, мамилешет жана калыбына келтиришет, дегенге көп маани берет; көңүлдүн негизинде, образдуу ой жүгүртүүнүн, алынган маалыматтын өзгөртүп кайра жаңыртылышын, эстин жана речтин негизинде жаткан акыл эстик процесстерди изилдейт (психолингвистика (psycholinguistics)).

**ПСИХОМЕТРИЯ (psychometrics), психометрия** – жеке психологиялык өзгөчөлүктөрдү (интеллект менен инсан сыяктууларды) стандарттык тесттердин жардамы менен аныктоо – Психометриялык (psychometric).

**ПСИХОМОТОРНЫЙ (psychomotor), психомотордук** – булчуң жана психикалык активдүүлүкө тиешелүү. Берилген термин көпчүлүк мезгилде, кайсы бир мээнин жабыркашында булчуңдардын функциясы бузулган дарттарга тиешелүү колдонулат.

**ПСИХОНЕВРОЗ (psychoneurosis), психоневроз** – невроз, органикалык симптомдорго караганда психологиялык симптомдорго көбүрөөк тиешеси бар.

**ПСИХОПАТ (psychopath), психопат** – антисоциалдык жүрүм-туруму менен болгон адам, ал өзүнүн туура эмес иштери үчүн эч качан күнөөсүн сезбейт. Кошумча караңыз: Диссоциалдык. – Психопатикалык (psychopathic). – Психопатия (psychopathy).

**ПСИХОПАТОЛОГИЯ (psychopathology), психопотология** – 1. Психикалык ооруларды изилдөө, ал жүрүм-турумдагы ар бир бөлөк кырдаалдагы бузулуштарды түшүндүрүү максатында болот. Салыштыруу үчүн: Психиатрия. 2. Психикалык дарттардагы симптомдордун топтому. – Психопатологиялык (psychopathological).

**ПСИХОСОМАТИЧЕСКИЙ (psychosomatic), психосоматикалык** – аң-сезимге жана ошондой эле денеге тиешелүү сөз: берилген термин адатта өрчүүсүнүн себеби болуп психикалык да физикалык да факторлордогу дарттарга тиешелүү колдонулат. Кээ бир дарттардын өрчүүсүнүн бирден бир себеби болуп, анын катарына астма, экзема жана ашказандын пептикалык жаракаты сыяктуулар, адистердин оюу боюнча, бул организмдин психологиялык жана социалдык стресске болгон реакциясы.

**ПСИХОТЕРАПИЯ (psychotherapy), психотерапия** – психикалык ооруларды дарылоодо психологиялык ыкмалардын колдонулушу. Психотерапияда көптөгөн ыкмалар бар, алардын катарына психоанализ, рогериандык, топтук менен үй-бүлөлүк терапия да кирет. Бул ыкмалардын бардыгы адамдарга жардам көрсөтүүдө кеңири колдонулат, өзгөчө татаал жашоо кырдаалда болгондорго, бирок алардын ролу психикалык дарттарды дарылоо процессинде салыштырмалуу чоң эмес. Кошумча караңыз: Жүрүм-турум терапиясы, Когнитивдик терапия, Консультация. – Психотерапевтикалык (psychotherapeutic). – Психотерапевт (psychotherapist).

**ПСИХОТИЦИЗМ (psychoticism), психотицизм** – атайын психометрикалык тесттердин жардамы менен психологиялык өзгөчөлүктөрдү аныктоо; алардын кээ бирлери адамдын эмоционалдык жана анда болгон когнитивдик бузулуштардын даражасын баалоого мүмкүндүк беришет.

**ПСИХОФИЗИОЛОГИЯ (psychophysiology), психофизиология** – психологиянын бөлүгү, психологиялык абалдан физиологиялык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүүлөрү изилденет. Алардын психикалык абалына караганда (алар теринин электр каршылыгы, жүрөк жыйрылышынын тездиги, каректердин көлөмү жана электроэнцефалограмма сыяктуулар). – Психофизиологиялык (psychophysiological).

**ПСИХОХИРУРГИЯ (psychosurgery), психохирургия** – баш мээсине операция жасоонун жардамы менен психикалык бузулуштарды дарылоо. – Психохирургиялык (psychosurgical).

**ПТИАЛИЗМ (ptyalism), СИАЛОРЕЯ (sialorrhoea), птиализм, сиалорея** – шилекейдин топтолушу; мындай абал ар кандай нервдик бузулуштардын, катуу ууланууларды (мисалы, сымап менен, козу карындар менен же органикалык фосфаттар менен) же инфекциялык дарттардын (мисалы, кутурма оорусу) симптомдору болуп саналышат. Салыштыруу үчүн: Кургак ооз синдрому.

## Р

**РАЗВИТИЕ ПРЕЖДЕВРЕМЕННОЕ (precocity), мезгилинен мурда өнүгүү** – адамдын кадыресе өнүгүү акселерациясы. Мындай адамдарда психикалык дарттар сейрек өрчүйт, нормалдуу өрчүгөндөргө караганда. – Алдын ала, Алгачкы (precocious).

**РАЗВИТИЕ ПСИХОСЕКСУАЛЬНОЕ** (**psychosexual development**), **психосексуалдык өнүгүү** – инсандын жүрүм-турум жана жыныстык жактан жетилиши. Бул өнүгүүнүн негизги үч тармагы болуп, жыныстык идентификация, жыныстык жүрүм-турум жана жыныстык өнөктөштү тандоо саналат.

**РАЗРЯДКА ЭМОЦИОНАЛЬНАЯ** (**abreaction**), **эмоционалдык жеңилдөө** – аң-сезимде пайда болгон басыңкы ой-толгоолор, эскерүүлөрдөн улам пайда болуучу күчтүү эмоционалдык реакциялардан арылуу. Орулууда берилген бошонуу өзүнөн өзү болгондуктан, доктур ага бул процессти тездетүүгө гана жардам берет, ал атайлап психотерапия, гипноз же тиопентон сыяктуу дарыны берүү ыкмаларды колдонуу менен жардам берет.

**РАССТРОЙСТВО АФФЕКТИВНОЕ** (**affective disorder**), **аффективдүү бузулуу** – көңүлдүн чөгүшү же эмоционалдык абал (аффект) менен байланышкан психикалык бузулуулар. Булардын эң олуттуулары болуп депрессия жана мания саналат. Дагы башка дагы аффективдик бузулуштар бар, мисалы АБМС (ССАР) (аффективдик бузулуштун мезгилдүү синдрому)).

**РАССТРОЙСТВО БИПОЛЯРНОЕ** (**bipolar disorder**), **биполярдык бузулуш** – караңыз: Маниакалдык – депрессивдик психоз.

**РАССТРОЙСТВО ГЕНЕРАЛИЗОВАННОЙ ТРЕВОГИ** (**generalized anxiety disorder**), **генералдашкан чочулоолордун бузулуусу** – белгисиз себептерге байланышкан жана алты айга чейинки убакытка созулуучу орунсуз, ошондой эле айрым бир учурларда өтө катуу чочулоо менен байланышкан абал. Доктурлардын ою боюнча, бул дарттын себеби болуп, баш мээнин лимбалык системасынын маңдай үлүшү менен секрецияланган, GABA же адреналин сыяктуу нейромедиаторлордун функцияланышынын бузулушу болуп эсептилет.

**РАССТРОЙСТВО ДИССОЦИАТИВНОЕ** (**dissociative disorder**), **диссоциативдик бузулуш** – коргонуу механизмдин кайсы бир акырки көрүнүшү, ал эстин жоголушу (караңыз: Амнезия), үйдөн кетүү менен жана жаңы окшоштукту кошуу менен (кайсы бир жаңы образга кирүү) коштолот (караңыз: Качуу реакциясы); инсандык бөлүнүү менен (караңыз: Инсандын көпчүлүк бөлүнүүсү), ошондой эле тышкы туталануударга карата күчтүү төмөндөтүлгөн жоопко карата транссымал абал менен коштолот.

**РАССТРОЙСТВО ДИСТИМИЧЕСКОЕ** (**dysthymic disorder**), **дистимиялык бузулуулар** – караңыз: Депрессия, Невроз.

**РАССТРОЙСТВО КОНДУКТИВНОЕ** (**conduct disorder**), **кондуктивдүү бузулуу** – агрессивдүү же башка бир антисоциалдык жүрүм-турумдун кайталанышы. Адатта балдар курагында же өспүрүм куракта пайда болот жана диссоциалдык жүрүм-турумга же инсандын импульсивдик өзгөрүүсүнө алып келет. Дарылоо максатында адатта жүрүм-турумдук же үй-бүлөлүк терапиялар колдонулат.

**РАССТРОЙСТВО ЛИЧНОСТНОЕ МНОЖЕСТВЕННОЕ** (**multiple personality disorder**), **инсандык көпчүлүк бузулуш** – психикалык бузулуштун оорусу, мында орулуу адамда инсандык эки бөлүнүү байкалат. Мындай абал, бала куракта болгон баланын үстүнөн зордук зомбулуктун кесепети болуп саналат. Дарылоо процессинде психотерапия колдонулат.

**РАССТРОЙСТВО ОБСЕССИВНО-КОМПУЛЬСИВНОЕ** (**obsessive-compulsive disorder**), **обсессивдик-компульсивдик бузулуш** – караңыз: Невроз, Ойго келе берүүчү абал.

**РАССТРОЙСТВО ОРГАНИЧЕСКОЕ** (**organic disorder**), **органикалык бузулуу** – кайсы бир орган же ткань структурасынын өзгөрүүсү менен коштоло турчу бузулуу. Салыштыруу үчүн: Функционалдык бузулуу.

**РАССТРОЙСТВО ПАНИЧЕСКОЕ** (**panic disorder**), **паникалык бузулуу** – курч мүнөздө мезгил-мезгили менен кармап туруучу дистресстик абал жана өлүм жакындап ке-

ле жатат деген коркунуч. Бул учурда адамда жүрөктүн согушу бат-бат болот, дем алуусу тез жана терең болот, денеде теринин тамчылары пайда болот. Пайда болуучу өпкөнүн гипервентиляциясы орулуунун приступ убагында абалын оордотот.

**РАССТРОЙСТВО ПОСТТРАВМАТИЧЕСКОЕ СТРЕССОВОЕ (post-traumatic stress disorder (PTSD)), травмадан соңку, стресстик бузулуулар** – травма, зордуктоо, кол салуу, согуштук иш-аракеттер өңдүү көрүнүштөрдүн же жаратылыш кырсыгынын эпицентринде калуу жана башка себептерге байланыштуу келип чыккан катуу стресстен кийинки коркунучтуу абал.

**РАССТРОЙСТВО СОМАТИЗИРОВАННОЕ (somatization disorder), СИНДРОМ БРИКВИТА (Briquet's syndrome), соматизацияланган бузулуш, Бриквит синдрому** – өнөкөт психикалык бузулуш, ал жалпы дарттардын жок болушунда көпчүлүк реккуренттүү өзгөрүп туруучу физикалык симптомдор менен мүнөздөлөт. Бул бузулуш көпчүлүк учурда адамда депрессиянын жана кооптуу абалдын өрчүшү менен коштолот. Ал инсан ортосундагы жана үй-бүлө ичиндеги мамилелердин бузулушуна алып келет.

**РАССТРОЙСТВО ФУНКЦИОНАЛЬНОЕ (functional disorder), функционалдык бузулуу** – адамдын эч кандай негизсиз эле ар кандай симптомдорду айта берүүсү. Көпчүлүк учурларда мындай абалдын келип чыгуусу адамдын психикалык бузулуулары менен байланыштуу. Салыштыруу үчүн: Органикалык бузулуу.

**РАСЩЕПЛЕНИЕ (splitting), бөлүнүү** – коргоону механизми, анын жардамы менен адамдар эмоционалдык конфликттерге туруштук бере алышат: бул учурда алар кээ бир адамдарды, алардын терс өзгөчөлүктөрүн байкабастан, жакшыларга кошушат, башкаларды болсо, алардын оң өзгөчөлүктөрүн байкабастан, жамандарга бөлүшөт; мында алар өзүлөрүн же аларды курчап тургандарды, татаал образ катары карашпайт, алар ырааттуу образ катары карашат.

**РАЦИОНАЛИЗАЦИЯ (rationalization), рационализация** – (психиатрияда) адамдын жеке өзүнө тиешелүү жүрүм-турумунун чыныгы себептерин жаап-жашыруусу. Мисалы, адам бир кечеге барбай калышын чарчадым, эс алышым керек деп түшүндүрүшү мүмкүн, бирок чыныгы себеби болуп, бул жаңы таанybaган адамдар менен жолугушуу коркунучу болот.

**РЕАКЦИЯ БЕГСТВА (fugue), качуу реакциясы** – адамдын убактылуу эс акылын жоготуп, өзүнө көндүм болуп калган айлана - чөйрөсүн таштап, башы оогон жактарга максатсыз тентип калуусу же башка бир жерде жаңы турмуш баштоосу менен байланышкан мезгили. Көпчүлүк учурда качуу реакциясы жакын арада болгон психологиялык конфликттин же депрессиянын кесепетинен өрчүшү мүмкүн (караңыз: Диссоциативдик бузулуш), же кайсы бир органикалык психикалык дарт коштошу мүмкүн.

**РЕАКЦИЯ ОБРАЗОВАНИЯ (reaction formation), пайда болуу реакциясы** – (психоанализде) коргоочу механизм, анын жардамы менен кабыл албоочу маанисиз ойлор карама-каршы маанилүү ойлор менен алмаштырылат. Мисалы, адам өзү ичинен жек көргөн адамга карата өзүнүн жакшы көрүүсүн көрсөтөт, чындыгында болсо аны көргүсү жок.

**РУМИНАЦИЯ (rumination), руминация** – (психиатрияда) ой-жүгүртүүнүн эрксизден келе берүүчү тиби. Орулуу адатта чөгөрүнкү абалда болот жана күнөөлүү абалды сезип жүрөт. Адамда такай пайда болуучу ойлор акылсыз болушат жана эрксиз пайда болот; алар көпчүлүк учурда мурун болгон окуяларды эстөөдө жек көрүүнү жана агрессивдик сезимдерди туудурушат жана өз эсинин жоголуу ишеними менен коштолот.

## С

**САДИЗМ (sadism), садизм** – жыныстык катнашуу мезгилинде, бирөө экинчисине денесинин бир жерине ооругандыкты сездирүү, тиштеп алуу, чымчуу, тытып алуу ж.б.

мыкаачылык. Кошумча караңыз: Мазохизм, Жыныстык бейадеп. – Садист (sadist). – Садисттик (sadistic).

**САМООЦЕНКА АДЕКВАТНАЯ (insight), адекватуу өзүн-өзү баалоо** – (психологияда) өзүн таануу. Берилген термин негизинен өзүндө болгон психологиялык көйгөйлөрдүн болушун тааныган адамга карата колдонулат; отсутствие адамда өзүнө адекваттуу өзүнө өзү баа берүүчүлүктүн жоктугу психоздун бир симптому болуп саналат.

**САТИРИАЗ, САТИРИАЗИС (satyriasis), сатириаз, сатириазис** – эркек кишинин карама-каршы жыныс өкүлдөрүнө болгон ашкере (обу жок) жакындыгы. Салыштыруу үчүн: Нимфомания.

**СИМВОЛИЗМ (symbolism), символизм** – (психологияда) кайсы бир нерселерди же ойлорду символдордун жардамы менен элестетүү процесси. – Символикалык (symbolic).

**СИМПТОМЫ ОТМЕНЫ (withdrawal symptoms), алып таштоо симптому** – караңыз: Көнүү.

**СИМУЛЯЦИЯ (malingering), симуляция** – калп же оорумун деп даттануу. Кайсы бир психикалык бузулуштун белгиси болушу мүмкүн (кошумча караңыз: Мюнхгаузен синдрому).

**СИНДРОМ АМНЕСТИЧЕСКИЙ (dysmnesic syndrome), амнестикалык синдром** – эс-тутумдун жабыркашы; маалыматтын эскиси абдан жакшы сакталат, ал эми жаңысы оңой менен жадыга сакталбайт. Караңыз: Корсаковский синдрому.

**СИНДРОМ АСПЕРГЕРА (Asperger's syndrome), Аспергер синдрому** – башка адамдар менен мамиле түзүү кызыкчылыгынын жоголуусу, адамдардан алыстоо жана ыгы жок шөкөттөп сүйлөө өңдүү көрүнүштөр менен мүнөздөлүүчү психикалык бузулуулар. Көбүнчө аутизмдин жеңил формасы катары саналат.

**СИНДРОМ ГЕЛЛЕРА (Heller's syndrome), ПСИХОЗ ДЕЗИНТЕГРАТИВНЫЙ (disintegrative psychosis), Геллер синдрому, дезинтегративдүү психоз** – балдар арасындагы сейрек кездешүүчү психикалык оору. Алгач алардын жүрүм-турумун билинер-билинбес кызыктай көрүнүштөр коштосо, убакыттын өтүшү менен оору күч алып, аларга психикалык бузуулулар кошулат (мисалы, галлюцинация жана стереотиптер). Акырында балада деменция өрчүйт.

**СИНДРОМ ГИПЕРКИНЕТИЧЕСКИЙ (hyperkinetic syndrome), ДЕФИЦИТ ВНИМАНИЯ (attention deficit disorder), гиперкинетикалык синдром, көңүлдүн жетишсиздиги** – психиканын бузулушу, адатта балдарда пайда болот; ал өтө активдүүлүк жана көңүлүн бир-нерсеге басым кылуусу кыйла төмөндөшү менен мүнөздөлөт. Жыйынтыгында алар окууда артта калышат, алардын жүрүм туруму болсо бузулуштар байкалат: ал агрессивдүү же татаал. Бул синдром көпчүлүк учурда эпилепсия менен же башка баш мээсиндеги дарттар менен байланышкан орулуу балдарда байкалат.

**СИНДРОМ КАПГРАСА (Capgras syndrome), ИЛЛЮЗИЯ РАЗДВОЕНИЯ (illusion of doubles), Капграс синдрому, экиленүү иллюзиясы** – сезим алдоосунун негизинде чыныгы нерсенин бурулуп көрүнүшү. Көп учурда пароноидалдык шизофрениянын бир формасы катары байкалат.

**СИНДРОМ КОШАЧЬЕГО КРИКА (cri-du-chat syndrome), мышыктын кыйкырыгы синдрому** – акыл эсинин өрчүшүнүн тубаса кечигүүсү, көпчүлүк физикалык аномалиялар менен коштолуп, жана ыйлаганда мышыктын кыйкырыгын элестетүүчү синдром. Дарт хромосомдук бузулуштун кесепетинен өрчүп чыгат, ал хромосомдук топто бир № 5 хромосомдук ийиндин жоктугунан болот.

**СИНДРОМ ПРАДЕРА – ВИЛЛИ (Prader –Willi syndrome), Прадер – Вилли синдрому** – семирүү, акыл-эстин төмөндүгү жана жыныстык органдардын өтө эле кичинекей болушу менен мүнөздөлүүчү тубаса оору; бул синдром менен жабыркаган оорулуулар көбүнчө кант диабети менен жапа чегишет.

**СКОТОПИЧЕСКИЙ (scotopic), скотопикалык** – жаман жарыктандырган бөлмөнү сүрөттөөдө колдонулуучу сөз. Мисалы, скотопикалык (түнкү) көрүү (scotopic vision) өзү менен карарыңгы жарыкта көрүүнү элестетет, анда көздүн торчосундагы таякчалар функцияланып (караңыз: Караңгылыкта көнүү (адаптация).

**СЛАБОУМИЕ, НЕПОЛНОЦЕННОСТЬ УМСТВЕННАЯ (mental deficiency), кем акылдык, акылынын жетишсиздиги** – караңыз: Акылынын өрчүүсүнүн кечеңдеши.

**СЛЕПОТА ДНЕВНАЯ (day blindness), күндүзгү көрбөөчүлүк** – начар жарыктандырууда жакшы көрүү же жакшы жарыктандырууда начар көрүү. Мындай абал адатта тубаса болот жана көрүүнүн курчтугунун төмөндөшү менен түс көрүүсүнүн бузулушу менен коштолот. Медициналык аталышы: Гемералопия. Салыштыруу үчүн: Түнкү көрбөөчүлүк.

**СЛЕПОТА НОЧНАЯ (night blindness), түнкү көрбөөчүлүк** – түнкү маалда нерселерди айырмалап корбөө. Көз торчосундагы таякчалардын жабыркашынан өрчүйт (караңыз: Көз торчосунун таякчасы), же организмде А витаминин жетишсиздиги менен байланыштуу болот. Эгер бул жетишсиздикти убагында чечпесе, анда абал татаалдана баштайт жана ксерофтальмия менен кератомаляния өрчүйт. Медициналык аталышы: Никталопия. Салыштыруу үчүн: Күндүзгү көрбөөчүлүк.

**СЛЕПОТА СЛОВЕСНАЯ (word blindness), сөз көрбөөчүлүк** – караңыз: Алексия.

**СНИЖЕНИЕ УМСТВЕННОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ, ДЕФЕКТ ПСИХИЧЕСКИЙ (mental impairment), акыл-эстик ишмердүүлүктүн төмөндөшү, психикалык дефект** – (негизинен юридикалык практикада колдонулат) адамдын акыл-эсинин жана социалдык абалынын кыйла төмөндөгөн абал, аномалдык агрессивдүү жана жоопкерчиликсиз жүрүм-турум менен кошотолот.

**СНОХОЖДЕНИЕ (sleep-walking), уктап басуу** – караңыз: Сомнамбулизм.

**СОДОМИЯ (sodomy), содомия** – аналдык жыныстык катнашуу. Ал гомосексуалдык, гетеросексуалдык же адамдын жаныбарлар менен болгон жыныстык катнашта болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Жыныстык бурмалоо, Зоофилия.

**СОЛИ ЖЕЛЧНЫХ КИСЛОТ (bile salts), өт кислоталарынын туздары** – натрийдин гликохолаты жана натрийдин таурохолаты – негизги туздар, алар өттө болушат; алардын бар болуусу майларды эмульгациясы үчүн керек. Ичегиге сиңирилгенден кийин алар кийинки пайдалануулар үчүн боорго өтүшөт.

**СОПОР (sopor), сопор** – илдеттин кесепетинен өтө катуу уктоо, сезимдин бузулушун баяндайт. Сопор – эс-учунун жоктугу, андан кишини кыска убакытка созулган орой физикалык ыкмалардын жардамы аркылуу чыгара алса болот. Бул кома алдындагы абалдын өрчүп кетишинде, аң сезим толугу менен жоголуп, кома өрчүйт.

**СОСТОЯНИЕ БЕССОЗНАТЕЛЬНОЕ (unconsciousness), эс-учу жок** – адам айлана-чөйрөсүндө эмне болуп жаткандыгын аңдай албай, дендароо болгон абал. Мындай абалдын келип чыгышына мээ активдүүлүгүнүн өтө тездик менен төмөндөшү, кычкылтектин жетишсиздиги, баш мээнин травмасы, уулануу, кансыроо жана башка көптөгөн оорулар себеп болот. Кошумча караңыз: Кома.

**СОСТОЯНИЕ НАВЯЗЧИВОЕ, ОБСЕССИЯ (obsession), эрксизден ойго келе берүүчү абал, обсессия** – адамды уламдан улам дуушар кылган ойлор, сезимдер же каалоолор, алар ага жагымсыз жана анда коркунуч туудурат, бирок ал алардан эч кутула албоочу абал. Ал обсессивдик - компульсивдик бузулуштун (obsessive-compulsive disorder) (кошумча караңыз: Невроз) бир көрсөткүчү болуп саналат, кээ бир учурларда ал адамда депрессиянын болушун же кандайдыр бир баш мээнин органикалык бартынын болушун тастыктайт, мисалы, энцефалиттин. Кошумча караңыз: Ананкастикалык. – Обсессивдик (obsessional).

**СОСТОЯНИЕ НЕВРОТИЧЕСКОЕ (neuroticism), невротикалык абал** – адамдын психикалык абалы, психологиялык тесттер менен жана анкеталар менен аныкталат.

**СТЕРЕОГНОЗ, ЧУВСТВИТЕЛЬНОСТЬ ПРОСТРАНСТВЕННАЯ (stereognosis), стереогноз, мейкиндик сезгичтик** – бир нерсени кармап көрүүдө нерсенин мейкиндик формасын аныктап таануу жөндөмчүлүгү. Кошумча караңыз: Агнозия.

**СТЕРЕОТИПИЯ (stereotypy), стереотиптүүлүк** – таатал, ошону менен бирге мааниси жок, кандайдыр бир кыймыл-аракеттерди кайталап жасай берүү. Стереотиптүүлүктү көбүнчө кататония жана балдардын аутизми оорусунда байкоого болот; айрым бир учурларда ал психикалык бузулуулар менен байланыштуу болуусу мүмкүн.

**«СТОП-КАДР» (flashback), «стоп-кадр»** – ачык аргасыздан болгон эстеги сезимдердин кайталанышы, алар мурда дарылык каражаттардан интоксикация болгон учурда, анын ичинде галюцинациянын же дереализациянын кесепетинен болгон.

**СТРАХ (fear), коркуу сезими** – эмоционалдык абал, адамдын жагымсыз субъективдүү сезимдери менен мүнөздөлүүчү абал. Коркуу коoптонуудан дайыма айырмаланып турат, анткени коркууда көпчүлүк учурда конкреттүү объект бар. Организмде коштолуучу физиологиялык өзгөрүүлөр дагы катуу жүрөк согууну, кан басымынын жогорулашын, тер чыгуусунун күчөшүн да кошот. Нормалдуу жашоого туура келбеген коркуу сезимдер фобиялар деп аталышат.

**СТРАХИ НОЧНЫЕ (night terror), түнкү коркуу сезими** – 2–4 жашка чейинки балдардын коркуу сезими, бул сезим адатта бала уктаган маалда чочуп, ыйлап, түшүндө жаман түштөрдү көрөт. Түнкү коркуулардын приступтары кээде бала башынан өткөргөн стресстик кырдаалдын кесепетинен пайда болот.

**СТРЕСС (stress), стресс** – адамдын ден соолугуна тескери таасирин тийгизип, организм функцияларына залал келтирүүчү ар кыл факторлор (мисалы, мындай факторлорго, травма, оору же катуу толкунданууулар кирет). Көп узаган стресс адамда түрлүү гормоналдык өзгөрүүлөрдү туудурат.

**СТУПОР (stupor), ступор** – адамдын селдейип калган абалы. Ал анык психикалык активдүүлүгүнүн төмөндөшү менен мүнөздөлөт жана тышкы дүүлүгүүлөргө реакция кылуу жөндөмдүүлүгү да төмөндөйт.

**СУБЛИМАЦИЯ (sublimation), сублимация** – акылдан тышкары коргоочу механизм, мында ал коом аркылуу ашкерелеген инстинктивдик кызыгуулар жана каалоолор, социалдык жана инсандык алгылыктуу формаларга модификацияланышат. Кошумча караңыз: Коргоо механизми, Гиперсублимация.

**СУИЦИД (suicide), суицид** – башка киши колдуу эмес, атайылап өзүн-өзү өлтүрүү. Адатта суицидди жасоону (attempted suicide) айырмалоо керек, бул адамдын өлүмөнөн алып калуу, ага карабастан адам өзүн-өзү өлтүргүсү келген, жана парасуицидден, ал өзүнүн ден соолугуна зыян келтирет, бирок өлөм деп каалаган жок.

**СУПЕР-ЭГО (superego), супер-эго** – (психоанализде) инсанды белгилөөдөгү схеманын тизилишинде жогорку инстанциянын белгилениши, ал цензордун функцияларын аткарат, ички сезимдеги кызыгуулардан баш тартат жана оюнда болгон каалоолордон баш тартат. Факт менен айтканда супер-эго – бул баланын оюнда ата-энесинин насаатарынын кошулушунун жыйынтыгы.

**СХИЗМА, РАСКОЛ (schism), схизма, жаруу** – үй-бүлө ичиндеги мамилелердин бузулушу, ата-эне бири-бири менен урушканда, көпчүлүк учурда балдары психикалык жактан жабыркашат.

## Т

**ТАКТИЛЬНЫЙ (tactile), тактилдүү** – дене бир нерсеге тийгенде сезүү.

**ТЕРАПИЯ ГРУППОВАЯ (group therapy), топтук терапия** – 1. Психотерапия групповая (group psychotherapy), топтук психотерапия – доктур жана жок эле дегенде эки

пациент катыша турган психотерапия. Мында доктур пациенттердин өз жана бири-бирине тиешелүү көйгөйлүү маселелерин түшүнүп, анализдөөгө үндөйт. Кошумча караңыз: Мамилешүү тобу, Психодрама. 2. Бирдей көйгөйгө ээ адамдардын (мисалы, алкоголизм менен жапа чеккендер) өз маселелерин ортого салып, андан кантип чыгуу керектиги туурасында пикир алышуусун чагылдыра турган терапия.

**ТЕРАПИЯ ЗАМЕСТИТЕЛЬНАЯ (substitution therapy), алмаштыруучу терапия** – ден соолукка тескери таасирин тийгизип жаткан дары каражатын альтернативдүү дары каражаты менен алмаштыруу жолу аркылуу дарылоо ыкмасы. Алмаштыруучу терапия адатта, оорулуу адам кайсы бир дары каражатына көнүп алган учурда колдонулат.

**ТЕРАПИЯ КОГНИТИВНАЯ (cognitive therapy), когнитивдүү терапия** – бардык психологиялык проблемалар курчап турган айлана – чөйрөгө карата жаңылыш көз караштa болуудан улам келип чыгат деген ишенимге негизделген психотерапия түрү. Мисалы, адам депрессия учурунда бир нерсени өзгөртүүгө эч мүмкүн эмес деген ишенимде болот. Мындай учурда доктур адамдын жаңылыштыгын далилдеп, аларды жоюунун туура жолун табууга жардамдашат.

**ТЕРАПИЯ ОТВРАЩЕНИЯ (aversion therapy), жек көрүү терапиясы** – жүрүм-турум терапиянын түрү, ал туура келбеген, жагымсыз жүрүм-турумду жок кылуу үчүн колдонулат (мисалы, ар кандай сексуалдык бузулуштарды же кээ бир дарылык заттарга ышкылуулукту). Дагы, мисалы, аракечтикти дарылоо үчүн пивонун даамын электрошоктун айкалышуусу менен дарылоо ыкмасы. Кошумча караңыз: Сенситизация.

**ТЕРАПИЯ ПОВЕДЕНЧЕСКАЯ (behaviour therapy), жүрүм-түрүм терапиясы** – психологиялык көйгөйлүү маселелер адамдагы кайсы бир жашыруун оорудан улам эмес кырдаалды туура эмес түшүнүүнүн негизинде келип чыгат деген ишенимге негизделген дарылоо ыкмасы. Дарылоонун жүрүшү көйгөйлүү маселелерди чечүүгө же пациенттин келечекте умтулуусун жарата турган кандайдыр бир максаттарды табууга багытталат. Кошумча караңыз: Жек көрүү терапиясы, Кондиционализациялоо, Десенситизация, Эскертүүчү жоop.

**ТЕРАПИЯ РЕЛАКСАЦИОННАЯ (relaxation therapy), релаксациялык терапия** – булчуңдардагы тонусту азайтуу жолу менен пациентти эс алууга үйрөтө турган дарылоо ыкмасы. Бул ыкма адамдын стресстик кырдаалдарды жеңип чыгып кетүүсүнө жардам берүү үчүн колдонулат.

**ТЕРАПИЯ РОГЕРИАНСКАЯ (Rogerian therapy), Рогериандык терапия** – психотерапиянын түрү, мында доктур бейтапка кандайдыр бир кеңеш берүүдөн баш тартат, ишенимичилик, түшүнүүчүлүк кырдаалда жаратылган көйгөйлөрдөн бейтап өзү чыгып кетүүгө жардам берген ыкма.

**ТЕРАПИЯ СЕМЕЙНАЯ (family therapy), үй-бүлөлүк терапия** – бардык психологиялык проблемалар үй-бүлө мүчөлөрү ортосундагы өз ара баарлашуулардын бузулгандыгы менен байланыштуу деген ишенимге негизделген психотерапия түрү (караңыз: Генограмма, Парадокс).

**ТЕСТ МАННА – УИТНИ U (Mann – Whitney U test), Манн – Уитни U тести** – караңыз: Маанилүүлүк.

**ТЕСТ НА ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЕ РАЗВИТИЕ (intelligence test), интеллектуалдык өрчүү тести** – адамдын интеллектуалдык жөндөмдүүлүгүн баалоочу стандарттык ыкмасы. Мындай тестирлөөдөн кийинки жыйынтыктар коэффициент түрүндө көрсөтүлөт. Көпчүлүк тесттердин курамына адам чыгара турган бир канча маселелер кирет. Эң эле белгилүүсү Векслердин тести саналат, ал балдарда жана чоң кишилерде акыл оюнун жалпы өнүгүүсүн аныктоо үчүн берилет, ошондой эле Станфорд – Биненин шкаласы да кирет.

**ТЕСТ РОРШАХА (Rorschach test), Роршах тести** – адамдын инсандык аспектилерин баалоочу тест. Азыркы мезгилде бул тест баш мээнин жабыркаңышында жана шизофренияны аныктоодо сейрек колдонулат. Кошумча караңыз: Проекционндук тест.

**ТЕСТЫ ВЕКСЛЕРА НА ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЕ РАЗВИТИЕ (Wechsler scales), Векслердин интеллектуалдык өнүгүүнү аныктоочу тести** – балдардын жана бойго жеткен адамдардын интеллектин коэффициентин аныктоого мүмкүнчүлүк бере турган стандарттык тесттер. Адатта бул тест атайын тажрыйбалуу психолог - адиси менен өткөрүлөт. Караңыз: Интеллектуалдык өрчүү тести.

**ТЕСТЫ СТАНДАРТНЫЕ ДЛЯ ОЦЕНКИ РАЗВИТИЯ МАЛЕНЬКИХ ДЕТЕЙ И ПОДРОСТКОВ (Stycar tests), кичинекей балдардын жана өспүрүмдөрдүн өрчүүсүн баалоочу стандарттык тесттер** – Мэри Шеридан балдар доктуру менен иштелип чыккан тесттер, алар балдардын жана өспүрүмдөрдүн визуалдык баалоосунун өрчүүсү үчүн керек.

**ТИОКСАНТЕН (thioxanthene), тиоксантен** – караңыз: Психотикага каршы каражат.

**ТРАНС (trance), транс** – ан-сезимдин толук сакталып тургандыгына карабастан курчап турган айлана-чөйрөгө карата болгон реакциянын басаңдашын жарата турчу абал. Мындай абал гипноз, медитация, кататониялар, конверсивдүү оору, ошондой эле айрым бир дары каражаттарын ичүү (мисалы, психодислептикалык) же диний экстазга байланыштуу абалдан улам келип чыгуусу мүмкүн.

**ТРАНСВЕСТИЗМ, ТРАВЕСТИЗМ (transvestism, cross-dressing), трансвестизм, травестизм** – карама-каршы жыныс өкүлүнө тиешелүү кийим-кечек кийүү; мунун өзүн гетеро- менен бирге гомосексуалдардан да байкоого болот. Трансвестизм транссексуалдар (караңыз: Транссексуализм) арасынан жолукканы менен адатта, сексуалдык дүүлүгүлөр менен коштолбойт. Кошумча караңыз: Жыныстык бурмалоо. – Трансвестист (transvestite).

**ТРАНССЕКСУАЛИЗМ (transsexualism), транссексуализм** – өзүн карама-каршы жыныстын өкүлү катары саноо. Мындай ишенимдин түбү, негизинен бала кезге барып такалат. Тарбиялоо процессинин жүрүшүндө психотерапия мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен бул өңдүү ишенимде жүргөн балдарды өз жынысына тиешелүү жүрүм-турум, кулк мүнөзгө ээ болууга үндөшөт. – Транссексуал (transsexual). – Транссексуалдык (transsexual).

**ТРАНСФЕРЕНЦИЯ (transference), трансференция** – (психоанализде) процесс, мында бейтап доктурдун насааттары менен сезе жана кыймылдай баштайт, аны жашоосунда мурда көрүп жүргөндөй мамиле кылат (мисалы, өкүмчүл ата-энеси). Контрташуу (countertransference) өзү менен психоаналитиктин өзүнүн эмоционалдык сезимдерин жана ниеттерин бейтарка которот; мындай которуу ошондой эле мурун алардын ортосунда калыптанып калган мамилешүүлөргө негизделет.

**ТРЕВОГА (anxiety), коркуу** – генерализацияланган баарын кучагына алган коркуу сезими. Кооптонуу абалы (anxiety state) – бул абал, мында кооптонуу орулуунун жашоосунда басымдуулук фактор болуп эсептелет; ар кандай невроздор азыркы убакта адатта психикалык бузулуштар менен байланыштырышат, алар адамда кооптонуу абалдын (anxiety disorders) өрчүшү менен коштолот (караңыз: Невроз, Паникалык бузулуш, Пост-травматикалык стресстик бузулуш). Кошумча караңыз: Генерализацияланган кооптонуу абалы.

**ТРЕВОГА БЕСПРЕДМЕТНАЯ (free-floating anxiety), жок жерден коркуу** – баарын кучагына алган, бирок кайсы бир себепсиз эле коркуу сезими. Адатта ал генерализацияланган кооптонуунун бузулушунун көрүнүшү болуп саналат.

**ТРИМИПРАМИН (trimipramine), тримипрамин** – антидепрессант. Курч депрессияда берилет.

**ТРУДНОСТИ В ОБУЧЕНИИ (learning difficulty), окуудагы кыйынчылыктар** – караңыз: Психикалык жетишсиздик менен адам.

**ТРУДОТЕРАПИЯ (occupational therapy), эмгек терапиясы** – эмгек процесстерин оорулуулар үчүн дары катары колдонуу. Оорулуу адам тартыла турган эмгек ишмердүүлүгү максималдык түрдө ар бир адамдын ишке болгон жөндөмдүүлүгүн пайдалануу үчүн атайын тандалып алынат. Ишмердүүлүктүн мындай түрлөрүнө жыгач жана металл-

дан ар кандай жасалгаларды даярдоо, ылай жасалгаларына сүрөт түшүрүү, көркөм өнөрчүлүк ж.б. кирет.

## У

**УГНЕТЕНИЕ (inhibition), кысуу** – (психологияда) процесстердин көп түрдүүлүгү, алар иштелип чыккан шарттуу рефлекстердин бошондошу жана жок болуп кетиши менен байланышкан; кайсы бир атайын кыймылдарды аткарбоо тенденциясы, ал бул кыймылды аткаруу процессинде дайыма пайда болот.

**«УДАР», ВНЕЗАПНЫЙ ПРИСТУП, ПРИПАДОК (ictus), «сокку», кокус приступ, талма** – приступ же кайсы бир кокус талма. Берилген термин көпчүлүк учурда эпилептикалык талмаларга карата колдонулат.

**«УЖЕ ВИДЕННОЕ» (deja vu), «мурда көргөндүк»** – ачык психикалык көрүнүш, мында адамга азыр эле болгон окуя мурда болгондугу же кайталангандыгы байкалат. Бул эпилепсиянын кээ бир түрлөрүнүн симптомдору катары болот. Кошумча караңыз: «Эч качан көрбөгөн».

**УХОД, УДАЛЕНИЕ (withdrawal), кетүү, алып салуу** – 1. Аутизм (психологияда) – сырткы чөйрө менен байланыштын бузулушу менен мүнөздөлүүчү жүрүм-турум. Шизофренияда таралган ой жүгүртүүнүн аутизми (thought withdrawal) ал адамды анын ойлору таштап кетти деген сезимдин туудурулушун көрсөтүп турат. 2. Караңыз: Үзгүлтүккө учураган коитус.

**«УЧЕНЫЙ ИДИОТ» (idiot savant), «билимдүү акмак»** – акылы жетишпеген менен бир нерсени жогорку профессионалдык деңгээлде аткарып, бир же бир нече интеллектуалдык жөндөмгө ээ адам. Бул топтун өкүлдөрүнүн көпчүлүгү аутизмден жабыркашат.

## Ф

**ФАНТАЗИИ ИСТЕРИЧЕСКИЕ (pseudologia fantastica), истерикалуу фантазия** – ойдон чыгарылган окуяларды чыныгы турмушта болуп өткөндөй кылып айтып берүү. Көпчүлүк учурда мындай аңгемелерге чыныгы окуялардын мазмуну аралашып кеткен учурлар да кездешет.

**ФАНТАЗИЯ (dereism), фантазия** – чыныгы турмушта ишке ашпай турган ой-жоруулар. Фантазиянын ой-жорууга үстөмдүк кылышы шизофрения оорусу менен байланыштуу болуусу мүмкүн.

**ФАНТАЗИЯ (fantasy), фантазия** – бир катар кыялдануу элементтеринин чогулуп жүрүп отуруп кайсы бир окуянын өзөгүн түзүшү. Өздүк ой-жору менен өзгөчө көп алектене берүү чыныгы турмушту кабылдоодо келип чыккан кыйынчылыктар менен байланыштуу болуусу мүмкүн.

**ФАНТОМ КОНЕЧНОСТИ (phantom limb), кол-бут фантому** – адамдын ампутацияланган колу же буту дагы дене менен бир жүргөндөй элес калтыруучу сезим. Адам кесип алынган аяктардан ооруну сезиши мүмкүн. Оору адатта такай жараланган нервдердин кесепетинен пайда болот, алар аркылуу мурун кесилген дененин бөлүгүнөн сенсордук импульстар өтүшкөнүнөн болот.

**ФЕТИШИЗМ (fetishism), фетишизм** – эркектин сүйгөн аялдын буюмдарын, кийимдерин, чачын көргөндө же колу тийгенде жыныстык эргүү, козголуу. Кошумча караңыз: Жыныстык бурмалоо.

**ФИКСАЦИЯ (bonding), фиксация** – 1. Психологияда - туугандык мамилелердин өөрчүшү. Эне-бала ортосундагы мамилелердин (mother-child bonding) таттуу болусу, бала-

нын жарык дүйнөгө келген алгачкы сааттарындагы эне менен болгон тыгыз байланышына түздөн-түз көз каранды. 2. Стоматологияда – тиш пломбаларын бекитүү. Фиксация механикалык болушу мүмкүн (караңыз: Кислоталык ууландыруунун техникасы) же химиялык, адгезивдик пломбалоочу цементти колдонуу менен.

**ФИКСАЦИЯ (fixation), фиксация** – 1. Психоанализде – травманын натыйжасында пайда болуп, баланын кийинки өнүгүү баскычына өтүүсүнө тоскоол эте турчу көрүнүш. Фиксация психикалык оорулардын келип чыгуусунун негизги себептеринин бири болуп саналат. Кошумча караңыз: Психосексуалдык өрчүү. 2. Микроскоп менен изилдөө үчүн ткан же микроорганизмдерди сактоо ыкмасы. Фиксация ткандарды өлтүргөнү менен баштапкы формасын кармап калууга мүмкүнчүлүк берет.

**ФИКСАЦИЯ МЫСЛЕЙ (thought-stopping), ойлордун фиксациясы** – жүрүм-турум терапиянын ыкмасы, ал адамды азгыруучу ойдон арылтуу үчүн колдонулат.

**ФЛАГЕЛЛЯЦИЯ (flagellation), флагелляция** – жыныстык ырахат алуу үчүн өзүнө же башка бирөөгө залал келтирүү (караңыз: Мазохизм, Садизм). Мындай сексуалдык оорусу бар адам флагеллант (flagellant) же флагелломан (flagellomane) деп аталат.

**ФОБИЯ (phobia), фобия** – дайыма эле өтө коркуп туруу. Фобиянын негизги түрлөрүнө спецификалык фобиялар (specific phobias) (белгилүү бир буюм-тайымдардан, мисалы, курч бычактан коркуу); агорафобия; адамдар менен баарлашуудан коркуу өңдүү социалдык фобиялар (social phobias); жөргөмүш, келемиш, ит ж.б. жаныбарлардан коркуу менен байланышкан жаныбарлар фобиясы (animal phobias) кирет (кошумча караңыз: Даярдык).

**ФОТОФОБИЯ, СВЕТОБОЯЗНЬ (photophobia), фотофобия, жарыктан коркуу** – көздүн жарыктан өтө уялуусу. Мындай оору менен ооруган адамдар жарык болгон жерлерде болбоого аракет жасашат. Фотофобия каректердин жоонокосунан, ар кандай тамчыларды тамчылаткандан кийин өрчүшү мүмкүн; алар көпчүлүк мезгилде шакыйдын приступунда, ошондой эле кызылчада, кызамыкта жана менингитте байкалат.

**ФРЕЙДИСТСКИЙ (Freudian), Фрейддик** – Зигмунд Фрейддин (1856–1939 ж.ж.) эмгектеринде жазылган же эмгектерине тиешелүү нерсе. Бул термин негизинен анын эмгектериндеги психиатрия багытына карай колдонулат (караңыз: Психоанализ).

**ФРОТТАЖ (frottage), фроттаж** – жыныстык органын кимдир бирөөгө ыйкоо жолу аркылуу (адатта топ ичинде) жыныстык кумарга жетүү. Бул өңдүү жыныстык бейадептик белгилерин негизинен эркектер арасында жолуктурууга болот.

## Х

**ХОЛИСТИЧЕСКИЙ (holistic), холистикалык** – бул термин оорулууну дарылоодогу ыкманы сүрөттөдө колдонулат, мында бейтапка физикалык, психикалык жана социалдык факторлордун таасир этүүсү эскерилет. Бул термин ошондой эле ортодоксалдык жана ортодоксалдык эмес дарылоо ыкмаларына тиешелүү колдонулат. Кошумча караңыз: Альтернативдик медицина.

## Ц

**ЦЕНЗОР (censor), цензор** – (психиологияда) Фрейд боюнча аталган термин адамдагы катуу күсөө сезимин жана ой-тилекти басып же өзгөртө турчу механизмди билдирет.

**ЦИАНОПСИЯ (cyanopsia), цианопсия** – курчап турган буюмтайымдардын бардыгы көк түскө боёлуп коюлгандай көрүнүүчү абал.

**ЦИКЛОТИМИЯ (cyclothymia), циклотомия** – оорулуунун кыялынын бирде жандуу, бирде анын тескерисинче болушу. Адатта алар инсанда өзгөрүүлөр болуп жатка-

нын тастыкташат; бул учурда кээде психотерапиянын ыкмаларын колдонуу жакшы жардам берет.

## Ч

**ЧУВСТВО (sense), сезим** – жарык, үн, жыт же тийүү сыяктуу тышкы дүүлүктүргүчтөрдү кабыл алуу жөндөмдүүлүгү.

## Ш

**ШИЗОТИПИЧНЫЙ (schizotypal), шизотиптүү** – адаттан тышкары ой - туюм, жүрүм-турум абалын мүнөздөп берүү үчүн колдонулуучу термин; айрым учурларда бейтап адамдар жөөлүп, ар кыл кыялдарга, галлюцинацияларга кабылышат. Чек аралык шизофрения (borderline schizophrenia) деп аталган бул абал көпчүлүк учурларда шизофрениянын айрым бир симптомдорун эске салат.

**ШИЗОФРЕНИЯ (schizophrenia), шизофрения** – ой ойлоо, чыныгы турмуш менен болгон байланыш ортосундагы карым-катыштын бузулушуна алып келүүчү курч мүнөздүү психикалык оору. Жөөлүү жана галлюцинациялар шизофрениянын адаттагы симптомдору болуп саналат; бул учурда адам ойлогон оюуна, туюму жана иш-аракетине башка адамдар тарабынан көзөмөлдүк жүргүзүлүп жаткандай кабылдайт. Ушундан улам ал адамдар чөйрөсүнөн таптакыр алыстап кетет да, активдүүлүгү кескин төмөндөйт. Шизофрения: жөнөкөй (simple), гебефреникалык (hebephrenic), параноиддик (paranoid), кататоникалык (catatonic) болуп өз ара бөлүнөт. – Шизофреникалык (schizophrenic).

## Э

**ЭГО (ego), эго** – (психоанализде) психиканын бөлүгү, ал адамдын сырткы чөйрө менен баарлашуу тажрыйбанын негизиндеги өрчүйт.

**ЭЙФОРИЯ (euphoria), эйфория** – оорулуунун оорусунун катуулугуна, күчүнө карабай көңүлүнүн көтөрүңкү болушу, омтимизм, жайдары көңүл, бакубат абал. Аша чеккен эйфория мания жана гипомания үчүн мүнөздүү. Кошумча караңыз: Экстаз, Эйфория, Экзальтация (elation).

**ЭЙФОРИЯ (elation), ЭКЗАЛЬТАЦИЯ (exaltation), эйфория, экзальтация** – энтузиазм жана көңүлдүн шаттуу болуп көтөрүлүп турган учуру. Эйфориянын жогорку мүнөздө болушу мания же гипомания симптомдору менен байланыштуу болуусу мүмкүн.

**ЭКСГИБИЦИОНИЗМ (exhibitionism), эксгибиционизм** – башка адам алдында өз жыныстык мүчөсүн көргөзүү ышкысы менен коштолуучу оорулуу иш-аракет жана жыныстык бейадептиктин (бурмалоонун) белгиси.

**ЭКСТИНКЦИЯ (extinction), экстинкция** – (психологияда) шарттуу рефлекстин начарлашы, аны бекитүүдө жоктугунан байкалат. Бул ыкма адамда жагымсыз жүрүм-турумду жоготуу үчүн дарылоодо колдонулат.

**ЭКСТРАВЕРСИЯ (extroversion), экстраверсия – 1**. Өз табиятына караганда сырткы дүйнөгө көбүрөөк кызыкчылык арткан адамга тиешелүү сапат. Экстраверттер – бул ой жүгүртүп отуруудан көрө реалдуу иш-чараларга, философияга караганда илимий жакка ык койгон адамдар. Салыштыруу үчүн: Интроверсия. 2. Көңдөй органдын, мисалы, жатындын сыртын көздөй аңтарылып калышы (айрыкча, төрөт маалында).

**ЭКСТРАВЕРТ (extrovert), экстраверт** – караңыз: Экстраверсия.

**ЭМОЦИЯ (emotion), эмоция** – адамдын толкундануу, элеп - желеп болуу, тынчсыздануу, апкаруу учуру. Эмоциялар адатта үч түзүмдөн турат: субъективдик (subjective), фи-

зиологиялык (physiological) жана жүрүм-турумдук (behavioural). Мисалы, коркуу сезими адамга жагымсыз субъективдүү сезимдерди алып келет, кээ бир физиологиялык мүнөздөмөлөрдүн өзгөрүшүнө (мисалы, тезделген жүрөктүн согушу, тердин өтө бөлүнүп чыгышы ж.б.) жана мындай кырдаалдардан качууга чакырат.

**ЭМПАТИЯ (empathy), эмпатия** – бир адамдын башка адамдын ойлорун жана сезимин түшүнүү жөндөмдүүлүгү. Эмпатия психотерапевттин эмпатиясы негизги сапаттардын бири болуп саналат, ал орулууларды жакшы дарылоого көмөк көрсөтөт. Караңыз: Алекситимия.

**ЭНГРАММА (engram), энграмма** – гипотетикалык структура, ал эстин издерин сактайт.

**ЭОНИЗМ (eonism), эонизм** – эркек адамдын аялдарга тиешелүү абалдар менен жүрүм-турумдарга кызыгуусу жана аларды тууроосу. Караңыз: Транссексуализм, Трансвестизм.

**ЭРЕТИЗМ (erethism), эретизм** – 1. Дүүлүгүнүн же кыжырлануунун оорулуу абалы. 2. Организмдин стимулга тез жооп кайтарышы.

**ЭРОТИКА, ЭРОТИЗМ (eroticism), эротика, эротизм** – 1. Ой-туюм, элестетүү элементтери. Бул живопись, адабият жана искусстводо да кездешүү менен адамдын жыныстык жактан козуусу, жыныстык ышкысынын ойгонушу менен коштолот. 2. Өздүк жыныстык дүүлүгүү. 3. Жыныстык катнашка болгон ышкынын адаттан тышкары жогору болуусу. 4. Жыныстык жакындык же сексуалдык таасирленүү, ал түздөн түз дененин ар кандай аймактарын кароо жана стимуляциясы менен туудурулат, адатта алар адамдын сексуалдык дүүлүгүүсүнө алып келет. Аналдык эротика (anal eroticism) жана оралдык эротика (oral eroticism) терминдери фрейддин теориялык сезиминде да ошондой эле физикалык жыныстык активдүүлүккө карата да колдонулат.

**ЭРОТОМАНИЯ (erotomania), эротомания** – адамдын башка бир адамдын сүйүүсүнө эгедермин деген татуу кыялы. Айрым учурларда эротомания шизофренияга өтүп кетүүсү мүмкүн.

# ПУЛЬМОНОЛОГИЯ



# А

**АЛЬВЕОЛА (alveolus,** көпч. **alveoli), альвеола** – 1. Өпкөдөгү туруктуу формасы жок өтө кичине көлөмдөгү аба баштыкчасы. Альвеоланын дубалдары (alveolar walls) сыртынан кан тамырлардын – капиллярлардын калың торчосу менен капталган. Альвеолалар альвеола аралык тосмолор менен бөлүнгөн жана ичинде эки типтеги альвеолоциттер (пневмонитами) менен төшөлгөн: респиратордук (тыгыздуу), ал аркылуу аба менен кан ортосундагы газ алмашуу жүрөт; жана чоң (гранулярдык), алар сурфактанттарды иштеп чыгарышат. 2. Тиш альвеоласы – үстүнкү жана астынкы жаактын аймагы, ага тиштин дүмүрлөрү сайылган (кошумча караңыз: Астынкы жаак, Үстүнкү жаак). Тишти сууруп салгандан кийин анын көп бөлүгү абсорбацияланат. 3. Татаал альвеолярдык бездин көңдөйү (кошумча караңыз: Ацинус). 4. Каалаган чоң эмес көңдөйчө, ойдуңча же чөнтөкчө. – Альвеолярдык (alveolar).

**АЛЬВЕОЛИТ (alveolitis), альвеолит** – бир же бир нече альвеолдун сезгениши. Ooру чаңда көп жүргөндөн улам (тышкы аллергиялык альвеолит (external allergic alveolitis), же өз алдынча пайда болот (белгисиз тектеги фиброздуу альвеолит (cryptogenic fibrosing alveolitis)). Булардын акыркысы ревматоиддүү артрит же жалпы склероз өңдүү бириктирүүчү ткандардын оорусу менен фиброзго өтүп кетүүсү ыктымал. Кортикостероиддүү дары -дармектер менен дарылоо жолу аркылуу оңой айыктырып алууга болот.

**АПНЕУЗ (apneusis), апнеуз** – узартылган дем алуу жана кыскартылган дем чыгаруу менен байланышкан паталогиялык дем алуу. Ал эгер жайлатуучу импульстар кайсы-бир себептерден баш мээнин дем алуу борборуна жетпей калса байкалат.

**АСБЕСТОЗ (asbestosis), асбестоз** – асбест чаңын узак убакытка чейин дем алуудан пайда болгон өпкө оорусу. Оорунун өпкө рагына чаап кетүү коркунучу чоң. Кошумча караңыз: Мезотелиома.

**АСТМА (asthma), астма** – таза эле адамдарда кезек кезеги менен тумчугууну сезүүчү абал. Ал бронхдордун булчуңдары карышуудан пайда болот. Бронхиалдык жолдордун жөтөл жана думугуунун коштоосунда (өз алдынча же кандайдыр бир сырткы таасирлердин натыйжасында болуусу мүмкүн) кескин ичкерип кетүүсү менен мүнөздөлүүчү абал. Бронхиалдык астма (bronchial asthma) аллерген, дары каражаттары (мисалы, аспиринден же башка стероидсиз сезгеничке каршы дарылык препараттардан, ошондой эле бета-блокаторлордон), физикалык машыгуудан, эмоционалдык таасирленүүдөн, инфекциялык оорулар же абанын булганышынын натыйжасында келип чыгуусу мүмкүн. Астма көбүнчө жаш куракта кездешкени менен айрым бир учурларда ал жаш өткөн, ал тургай картаң куракта да пайда болуусу мүмкүн. – Астматикалык (asthmatik).

# Б

**БАРИТОЗ (baritosis), баритоз** – өпкө оорусу - пневмокониоздун бир түрү. Барий чаңын жутканда туудурулат. Рентгенологиялык изилдөөдө өпкөдө мүнөздүү карарыңкы татар көрүнөт, бирок дем алуу системасы тарабынан эч кандай бузулуштар байкалбайт.

**БИССИНОЗ (byssinosis), биссиноз** – адамдардын кездеме токуучу жайдагы чаңды узак убакытка чейин дем алуусунан пайда болгон өпкө оорусу. Орулуу дем алыш күндөрдөн кийин көкүрөктө дайыма кысылуу сезимин жана стридорду сезет, мындай абал иш жумасы убагында кетип калат. Диагноз анамнездин жана өпкөнүн функциясын изилдөөнүн негизинде коюлат.

**БРОНХОФОНИЯ (bronchophony), бронхофония** – өпкөнү тыңшаганда дабышынын кату угулушу. Бул дабыш өпкө катуулап берчке айланганда угулуп калат. Караңыз: Вокалдык резонанс.

**БРОНХОЭКТАЗ (bronchi ectasis), бронхоэктаз** – оорунун кесепетинен бронхдордун көлөмү кеңейип кетиши. Тубаса же дем алуу жолдоруна чоочун телонун келип түшүүсүнөн улам бронхтордун тыгындалып калышы менен бирге ар кыл инфекцияларга байланыштуу болуусу мүмкүн. Диагноз рентгенологиялык жана ультраүндүк изилдөөнүн негизинде коюлат.

## В

**ВДЫХАНИЕ (inhalation, inspiration), дем алуу** – өпкөгө ооз жана мурун аркылуу аба жутуу процесси. Караңыз: Дем алуу.

**ВЫДОХ, ВЫДЫХАНИЕ (exhalation, expiration), дем чыгаруу** – дем алуу процессинде ооз жана мурун аркылуу абаны чыгаруу. Караңыз: Дем алуу.

## Г

**ГЕМОПНЕВМОТОРАКС (haemopneumothorax), гемопневмоторакс** – плевралдык көңдөйдө кандын жана абанын болушу, адатта кандайдыр бир травманын негизинде пайда болот. Дренаждоо жол менен аба жана кан алып салыныш керек, бул өпкө нормалдуу түрдө ачылыш үчүн керек. Кошумча караңыз: Гемоторакс.

**ГИДРОПНЕВМОТОРАКС (hydropneumothorax), гидропневмоторакс** – көкүрөктүн көңдөйүнө суу менен аба кошулуп жыйналып калышы. Пневмоторакс көпчүлүк учурда боз суюктуктун чыгышынан жаралуучу өрчүшүп кетүү болуп саналат жана сөзсүз организмден дренаждоо жолу менен чыгарылышы зарыл.

## Д

**ДЫХАНИЕ (breathing), дем алуу** – абанын өпкө жана мурун аркылуу активдүү дем алуу (inhalation же inspiration) менен пассивдүү дем чыгаруу (exhalation же expiration) менен кезектешүүсү. Дем алуунун көп ар кандай типтери бар, аларда көпчүлүк учурда анын ритми, тездиги жана мүнөзүнүн бузулушу орун алат. Кошумча караңыз: Апноэ, Бронхоспазм, Чейн – Стокс дем алуусу, Ыңтыгуу, Стридор.

**ДЫХАНИЕ (respiration), дем алуу** – организм менен курчаган чөйрөнүн ортосундагы газ алмашуу процесси. Аларга: өпкөлүк дем алуу (external respiration), ал альвеоланын жана диффузиялардын ташуусун (желдетүү) камтыйт, алар жана диффузиялар кычкылтекти өпкөлүк альвелалардан капиллярларга жана көмүр кычкыл газынын кандан ташууну камтыйт; газадарды кан менен ташуу жана ички (ткандык) дем алуу (internal respiration) – ткандагы кычкылтектин диффузиясы, ал эми көмүр кычкыл газынын канга. Кан газдарды ташуучу болуп саналат. Анда атайын пигмент гемоглобин бар, анын жардамы менен кычкылтек жана көмүр кычкыл газ ташылат. Клеткада кычкылтек зат алмашуу процессинде катышат, анын жүрүшүндө энергия бошотулат (караңыз: АТФ), суу жана бөлүнүүчү азыктар пайда болот (анын ичинде көмүр кычкыл газы да). Кошумча караңыз: Өпкө. – Дем алуучу (respiratory).

**ДЫХАНИЕ КАВЕРНОЗНОЕ (cavernous breathing), татаал дем алуу** – караңыз: Дем алуу үндөрү.

**ДЫХАНИЕ КУССМАУЛА (Kussmaul breathing), Куссмаул дем алуусу** – акырын жай гана, өтө терең, шуулдата үн чыгара дем алуу. Диабет оорусу өтүшүп кеткенде, оорулуу ушундай дем алууга дуушар келет. Ацидоздо байкалат.

**ДЫХАНИЕ ПАРАДОКСАЛЬНОЕ (paradoxical breathing), парадоксалдуу дем алуу** – дем алуу кыймылдары, мында төш клеткасынын көлөмү дем алганда кичирейип ка-

лат жана дем чыгарганда чоңоёт, б.а. төш клеткасы «так карама-каршы» дем алуу кыймылдарын аткарат, бул нормалдуу дем алуу менен салыштырганда.

## З

**ЗАБОЛЕВАНИЕ ПЛЕВРЫ, РАЗВИВАЮЩЕЕСЯ ВСЛЕДСТВИЕ ПОПАДАНИЯ В ОРГАНИЗМ ЧЕЛОВЕКА АСБЕСТОВОЙ ПЫЛИ (asbestos-related pleural disease), плевра оорусу (өпкөнүн сырткы кабынын), адамдын организмине асбест чаңы өтүп кетүүдөн өрчүгөн дарт** – дем алуу органдарына асбест чаңынын келип түшүүсү менен плевраны жабыркатуучу оорулар. Бирок, ошол эле учурда өпкөгө зыян келтирбейт (караңыз: Асбестоз). Бул дарттын түрлөрүнө: плевралдык өрмөлөрдүн пайда болушу, плевранын диффуздук жоонoюсу, ошондой эле плевралдык сарыккан суюктуктар (выпот) киришет (караңыз: Шишик).

**ЗАКУПОРКА ДЫХАТЕЛЬНЫХ ПУТЕЙ (obstructive airways disease), дем алуу жолдорунун жабылышы** – караңыз: Бронхоспазм.

## И

**ИНГАЛЯТОР (vaporizer), ингалятор** – ингаляция учурунда колдонуу үчүн суюк түрдөгү фармакологиялык дары-дармектерди буга айландыруучу прибор. Ошондой эле, ингаляторлор ар кыл дары каражаттарынын аэрозолун алып, аларды ингаляциялык процесстерге пайдалануу үчүн колдонулат.

## К

**КАТАР (catarrh), катар** – былжырлуу кабыкчалардын суюктук чыгарып, сезгенип оорусу. Ал дем алуу жолдорунун башталышында жана ашказанда да кезигет. Медицинада бул термин такыр эле колдонбой калды.

**КРЕПИТАЦИЯ (crepitation), ХРИП (rale), крепитация, чыйкылдап дем алуу** – стетоскоптун жардамы менен өпкөдө жакшы угулуучу үн, ал чыйкылдоону элестетет. Адатта мындай үн орулуу өпкөдө угулат.

## Л

**ЛЕГКОЕ (lung), өпкө** – жүрөктүн эки тарабынан тең орун алып, илээшме чел менен (караңыз: Плевра) капталган дем алуу системасындагы кош орган. Өпкө-кабырга жана диафрагманын кыймыл иш-аракетинин астында чоңоюу менен бирге кайра кысылуучу жөндөмгө ээ серпилмелүү жана аба алып жүрүүчү орган болуп эсептелет. Бойго жеткен эркек кишинин өпкөсүнүн сыйымдуулугу болжол менен 5,5 л, бирок, кадыресе дем алуу учурунда бар болгону 500 мл аба катышат (кошумча караңыз: Өпкөнүн калдыктуу көлөмү). Ошондой эле, өпкө организмдеги сууну сыртка чыгаруу менен андагы суу балансын бирдей нормада кармап туруу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Аба өпкөгө мурун көңдөйү, кекиртек, алкым аркылуу барып эки бронхага бөлүнөт (караңыз: Бронх).

**ЛЕГКОЕ ИСКУССТВЕННОЕ (artificial lung), жасалма өпкө** – караңыз: Респиратор.

**ЛЕГКОЕ «ЛЮБИТЕЛЯ ПТИЦ» (bird-fancier's lung), «Канаттууларды жакшы көргөндүн» өпкөсү** – тышкы аллергиялык альвеолиттин көрүнүшү, ал канаттуулардын белоктору менен дем алганда өрчүйт, алар тордо жашаган канаттулардын тезегинде жана кээ бир канаттуулардын канаттарында болот. Башка ушуга окшош дарттардай эле ал курч жана өнөкөт формада болот.

**ЛЕГКОЕ «ФЕРМЕРА» (farmer's lung), «фермердин» өпкөсү** – өпкөнүн профессионалдык дарты, ал аллергиянын кесепетинен пайда болот; грибоктун спораларынан туудурулат, алар кампада сакталууга калтырылганда өсө баштайт, бирок чөптө, саманда, же нан данында жаман кургатылгандыктан бат эле көгөрүп калышат. Мындай дарт аллергиялык альвеолиттин түрү болуп саналат, ал ошондой эле организмдин жогорку сезгичтигинен жана дагы башка аллергендерге сезгичтигинен да өрчүшү мүмкүн.

**ЛЕГОЧНЫЙ (pulmonary), өпкөлүк** – өпкөгө тиешеси бар, аны менен байланыштуу же аны жабыргандыгына тиешелүү.

## Н

**НЕФРОПАТИЯ БАЛКАНСКАЯ (Balkan nephropathy), Балкан нефропатиясы** – мурунку Югославияда байкалуучу, бөйрөк жетишсиздиктин бир түрү. Дарттын себептери белгисиз.

## О

**ОБЪЕМ ЛЕГКИХ ОСТАТОЧНЫЙ (residual volume), өпкөдөгү аба калдыгы** – демди толук сыртка чыгаргандан кийин өпкөдө калып кала турган аба көлөмү.

**ОБЪЕМ РЕЗЕРВНЫЙ (вдоха, выдоха) (reserve volume), резервдик көлөм (дем алуу, дем чыгаруудагы)** – кадыресе дем алуу учурунда демди ичке тартып жана сыртка чыгаруудан башка дагы талап кылууга мүмкүн болгон кошумча аба көлөмү.

**ОДЫШКА (dyspnoea, breathlessness), дем кыстыгып дем алуу** – адам бир минутада орто эсеп менен 16–20 жолу дем алса, андан жогорку сандагы дем алуу, деми кыстыгуу менен бүтөт. Дем алуунун кыйындашы. Бул термин көбүнчө төрөт учурундагы дем алуунун начарлашын белгилөө үчүн колдонулат. Кыстыгып дем алуу - абанын өпкөгө кирип чыгуу эрежесинин бузулуусуна (мисалы, бронхит же астма оорусу), өпкө тканынын жабыркатуучу ар кандай ооруларга (пневмокониоз, эмфизема, туберкулез жана рак), ошондой эле жүрөк кан-тамырлар ооруларына байланыштуу келип чыгат.

**ОРТОПНОЭ (orthopnoea), ортопноэ** – жатканда деминин өтө кыстыгуусу. Оорулуунун жатпай, отурган абалда уктоого мажбур болуп, дем алып калган абалы. – Ортопнойдук (orthopnoeic).

**ОТХАРКИВАНИЕ (expectoration), какыруу** – жөтөлдөн соң ооз аркылуу какырыкты сыртка түкүрүү.

**ОЧАГ ГОНА (Ghon's focus), Гон булагы** – кургак учуктагы алгачкы өпкөнүн жабыркашы. Гон булагы адатта бейтапка кийин эч кандай кооптонууну туудурбай өтөт, бирок кээ бир бейтаптарда кургак учуктан лимфалык тамырларга, дем алуу жолдорго же бүт денедеги кан агуу жолдоруна тарап кетиши мүмкүн.

## П

**ПАРАМИОКЛОНУС МНОЖЕСТВЕННЫЙ (paramyoclonus multiplex), көп сандаган парамиоклонус** – кол, бут жана дене булчундундарында пайда боло калчу кыска жана регулярдуу эмес калтыратма коштогон жыйрылуулар.

**ПИОПНЕВМОТОРАКС (pyopneumothorax), пиопневмоторакс** – көкүрөктүн көңдөйүнө өпкөнүн айланасына абанын жана ириңдин толушу. Гидропневмотораксқо караганда, пиопневмотораксто инфекциялануу өтөт.

**ПИОТОРАКС (pyothorax), ЭМПИЕМА (empyema), пиоторакс, эмпиема** – плевра көңдөйүнө ириңдин толушу. Эмпиема орулуунун өмүрүнө коркунуч туудурат жана адатта көңдөйдө топтолуп калган ириңди хирургиялык жол менен алып салууну талап кылат.

**ПЛЕВРИТ (pleurisy), плеврит** – өпкөнү, көкүрөктүн көңдөйүн каптап турган жука жылтырак катмарынын, челинин сезгениши. Плеврит адатта башка дагы өпкө оорулардын өрчүшү менен коштолот, мисалы, төш клеткасынын капталдарынын, диафрагманын же ич көңдөйдүн.

**ПЛЕВРОДЕЗ (pleurodesis), плевродез** – химиялык же механикалык жолдун жардамы менен түзүлгөн плеврит.

**ПНЕВМОКОНИОЗ (pneumoconiosis), пневмокониоз** – таза эмес абаны дем алуудан пайда болгон өпкөнүн оорусунун түрү. Бул көбүнчө көмүр казуучуларда кезигет. Адатта пневмокониоздун эң көп таралган себептердин бири болуп көмүр чаңын (караңыз: Шахтерлордун пневмокониозу), ошондой эле силикаттык (караңыз: Силикоз) же асбесттин (караңыз: Асбестоз) чаңын дем алуу болуп саналат.

**ПНЕВМОКОНИОЗ ШАХТЕРОВ (coal-worker's pneumoconiosis), шахтерлордун пневмокониозу** – көп жылдан бери шахтада иштеген, көмүрдүн чаңы өпкөгө сиңип калууда чалдыккан өпкө оорусу. Караңыз: Пневмокониоз.

**ПНЕВМОМЕДИАСТИНУМ (pneumomediastinum), пневмомедиастинум** – бул дарт үч негизги себептерден келип чыгат: – Альвеолалардын жарылышы менен, ал абанын көөдөн ортолугуна толушу менен коштолот; – Кызыл Өңгөчтүн жарылышы менен; – Ичегинин жарылышы менен же ашказандын жарылышы менен көөдөн ортолугуна ич көңдөйүнөн же моюндан абанын өтүшү менен коштолот. Дарттын негизги симптому болуп – төш клеткасынын астынкы бөлүгүндөгү төш артындагы оору, ал көпчүлүк убакта абдан катуу ооруйт. «Пневмомедиастинум» диагнозу рентгенографиядан кийин эгер көөдөн ортолугунда аба аныкталса, тастыкталат.

**ПНЕВМОНИТ (pneumonitis), пневмонит** – альвеолдор бетинин гана жабыркашы менен коштолуучу өпкө оорусу. Пневмонит өз кезегинде курч, тез өтүп кетүүчү же өнөкөт мүнөздө болуу менен бара-бара дем алуу жолдорунун жабыркашына алып келет. Салыштыруу үчүн: Пневмония.

**ПНЕВМОПЕРИКАРД (pneumopericardium), пневмоперикард** – жүрөктүн кабына абанын пайда болушу. Көбүнчө жарадар болгон учурларда жана перикарданын көңдөйүнүн ичинде абанын болушунда байкалат. Караңыз: Гидропневмоперикард.

**ПНЕВМОПЕРИТОНЕУМ (pneumoperitoneum), пневмоперитонеум** – ичке желди үйлөтүп, боор этти өйдө көтөрүү. Өпкөнүн туберкулез оорусун дарылоодо жана өпкөгө операция жасаган учурда да колдонулат. Абанын же газдын ич көңдөйүндө болушу, адатта ашказандын же ичегинин жарылышынан пайда болот. Пневмоперитонеум диагностикалык максаттарда жасалма түрдө туудурулушу мүмкүн (мисалы, лапараскопия убагында). Мурун кургак учукту дарылоо үчүн атайын абаны ич көңдөйүнө киргизишкен ал кургак учук менен жабыркаган өпкөнүн кыймылын чектөө үчүн жана жеңилдетүү үчүн жасалган, ошентип анын функциялары (жасалма пневмоперитонеум (artificial pneumoperitoneum)) деп аталат.

**ПНЕВМОТОРАКС (pneumothorax), пневмоторакс** – көкүрөктүн көңдөйүнө аба жыйналып калуу. Айрыкча өпкө ооруп же жарадар болуп тешилгенде байкалат. Мурун колдонуп келген өпкөнүн кургак учугун дарылоо ыкмасы - жасалма пневмоторакс (artificial pneumothorax) – плевранын көңдөйүнө абаны киргизүү менен негизделген, ал кургак учук менен жабыркаган аймактардын бат айыгуусуна жардам берген.

## С

**СВИСТЯЩИЙ (sibilant), ышкырып туруучу** – кышылдоо же ышкыруу. Орулуунун дем алуусун стетоскоп аркылуу укканда кээ бир аномалдуу кырылдоолорго таандык.

**СИЛИКОЗ (silicosis), силикоз** – таза эмес аба, силикат чаңынан көпкө дем алган адамдардын өпкө оорусу (пневмокониоздун бир түрү). Айрыкча шахтерлордо байкалат.

**СРЕДОСТЕНИЕ (mediastinum), көөдөн ортолугу** – органдардын комплекси, алар оң менен сол плевралдык көңдөйдүн ортосунда жайгашкан. Көөдөн ортолугунда: жүрөк, аорта, трахея, кызыл өңгөч жана богок без кирет.

**СТАТУС АСТМАТИЧЕСКИЙ (status asthmaticus), астматикалык статус** – астманын катуу пристубу, ал оору медикаментоздук дарылоого туруштук бере албаганда өрчүйт. Орулуу оор алсыроону жана катуу энтигүүнү сезет; эгер тез чараларды көрбөсө жана дем алуу үчүн кычкылтек менен камсыздалбаса, ага ингаляция кылбаса жана кортикостероиддик дарылык препараттарды бербесе, анда адам курч дем алуучулук жетишсиздиктен каза болот.

**СТЕНОЗ ЛЕГОЧНОГО СТВОЛА (pulmonary stenosis), өпкө түтүкчөсүн өпкө түтүкчөсүн стенозу** – түтүкчөнүн тубаса ичкериши, ал жүрөктүн оң карынчасынан өпкө артериясына өтөт. Мындай дефект өпкөлүк сөңгөк клапанынын (клапанндык стеноз (valvular stenosis)) кайсы-бир дефектисинин бар болушунан же анын кайсы бир аймагынан ылдыйыраак жерде (клапан астындагы стеноз (infundibular stenosis)) болсо, өрчүшү мүмкүн.

## Х

**ХРИП (rale), кырылдаган үн** – караңыз: Крепитация.

**ХРИП (rhonchus,** көпч. **rhonchi), кырылдаган үн** – ичкерип кеткен бронхалар аркылуу абанын өткөн учурда былжырларда пайда болуучу адаттан тышкаркы добуш. Кырылдоону стетоскоптун жардамы аркылуу угууга болот.

**ХРИП (stertor), кырылдаган үн** – кырылдаган, шуулдаган дем алуу, ал терең кома болгон абалдагы бейтаптарда байкалат.

## Э

**ЭКСПИРАЦИЯ (expiration), экспирация** – 1. Өпкөнүн дем чыгаруу абалы. 2. Өлүм.

**ЭМФИЗЕМА (emphysema), эмфизема** – кээ бир органдарга аба, жел пайда болуу. Өпкө эмфиземасында (pulmonary emphysema) өпкөдөгү альвеолалар чоюлат жана кээ бир альвеолалар ортосундагы тосмолор үзүлүп кетишет, анын кесепетинде үстүнкү аймактын көлөмү кичирейип калат, ал аркылуу кычкылтектин жана газдын ортосунда жана көмүр кычкыл газы менен алмашуу болот. Эмфиземанын бирден бир симптому болуп эмтигүү болот, ал инфекциялыкооруларда күчөйт. Операциядан кийинки эмфиземада (surgical emphysema) аба төш клеткасынын ткандарынан, моюндан өпкөгө чыгышы мүмкүн; кээде аба операция убагында башка ткандарга өтүп кетиши мүмкүн, ал эми бактериялар жумшак ткандарда пайда болушу мүмкүн.

# РАДИОЛОГИЯ



## А

**АНГИОГРАФИЯ (angiography), ангиография** – кан тамырлардын рентгенологиялык изилдөөсү. Рентгендик нур өтпөс суюктукту кан тамырдын ичине куюп, аны сүрөткө тартып алуу (караңыз: Артериография). Флуоресценттик ангиография (fluorescein angiography) офтальмологиянын кеңири таралган ыкмасы болуп саналат.

**АНГИОКАРДИОГРАФИЯ (angiocardiography), ангиокардиография** – жалпы кан системасына рентген нуру өтпөгөн суюктук куюп, жүрөктүн ичиндеги кобулду жана кан тамырларды сүрөткө түшүрүү. Пленкада алынган рентгендик сүрөттөлүш ангиокардиограмма (angiocardiogram) деп аталат. Ангиокардиография диагностиканын маанилүү ыкмасы жана жүрөккө пландаштырылган хирургиялык операция үчүн манилүү болуп саналат.

## В

**ВЕЗИКУЛОГРАФИЯ (vesiculography), везикулография** – эркектин уруктук безинин формасын, дартын аныктоо үчүн аны рентгендик сүрөткө тартып алуу. Адатта мындай изилдөө рентгеноконтрасттык суюктукту изилденүүчү урук чыгаруучу түтүктөрдү изилдөөдө колдонулат. Көпчүлүк убакта мындай изилдөөнү, азоспермия менен ооруган бейтаптарга жасалат.

**ВЕНОГРАФИЯ (venography), ФЛЕБОГРАФИЯ (phlebography), венография, флебография** – тамырды атайлап даярдап, рентгенографиялык изилдөөдөн өткөрүү. Мында оруулунун тамырына рентгеноконтрастык зат куюлат, ал эми алынган рентгенограммалар (венограммалар (venograms)) тамырлардын изилденген аймактарда бөлүштүрүлүшүн чагылдырат. Венографиянын жардамы менен тамырлардын ар кандай жабыркоолору, алардын обструкциялары же башка тамырлар менен аномалдык кошулгандары аныкталат. Кошумча караңыз: Ангиография.

## Г

**ГАЛЛИЙ (gallium), галлий** – күмүштүү металл. Галлийдин радиоизотобу лимфомаларды жана инфекциянын аймактарын аныктоо үчүн колдонулат (мисалы, абсцесстин).

**ГАММА-КАМЕРА (gamma-camera), гамма-камерасы** – прибордун жарымы, дененин түрлүү аймактарын сүрөтүн алуу үчүн колдонулат жана индикатору катары гамма-нурларды чагылуучу радиоактивдүү изотоптор киргизилген.

**ГАММА-ЛУЧИ, ГАММА-ИЗЛУЧЕНИЕ (gamma rays), гамма-нурлар, гамма-нурлануу** – кээ бир радиоактивдик заттар менен узундугу рентгендик нурлардан кыска электромагниттик нурлануу. Алар кээ бир материалдарды стерилизациялоо үчүн жана катуу көзөмөлдөөчү булардын нурлары кээ бир ооруларды, нур терапиясы катары дарылоодо колдонулат.

**ГРЭЙ (gray), грэй** – ионизацияланган нурлануунун СИ бирдиги менен сиңирилүүчү дозасы. 1 Гр нурлануунун дозасына барабар, мында 1 кг массадагы нурланган затка 1 Дж ионизацияланган энергиянын нурлануусу өтөт. Көпчүлүк учурда рад менен алмаштырылат. Белгилениши: Гр.

## Ж

**ЖАБА ГРУДНАЯ, СТЕНОКАРДИЯ (angina pectoris), көкүрөк бакалоор оорусу, стенокардия** – дене тынч абалда турганда азайып, ал эми физикалык күч талап кылынган учурда күчөй турган көкүрөктөгү оору сезими. Жүрөктөн канга болгон талабы аны кан ме-

нен камсыз кыла турган коронардык артериялардын жабдуу мүмкүнчүлүгүнөн жогору болгон учурда күч алуусу мүмкүн. Адатта, коронардык артериялардын атеросклерозунда пайда болот.

## И

**ИЗЛУЧЕНИЕ ИНФРАКРАСНОЕ (infrared radiation), инфракызыл нурдануу –** электромагниттүү нурдануу. Физиотерапияда ткандарды жылытуу жана оруну басаңдатуу менен кан айланууну жакшыртуу үчүн пайдаланылат. Термографияны аткарган маалда атайын фотопленка колдонулат, ал инфракызыл нурланууга сезгич болот.

**ИЗЛУЧЕНИЕ, РАДИАЦИЯ (radiation), нурдануу, радиация** – толкун же бөлүкчөлөр түрүндөгү энергия (өзгөчө электромагниттик нурдануу (electromagnetic radiation)). Аларга: гамма-нурдануусу, рентгендик нурдануу, ультракызгылт нурдануу, инфракызыл нурдануу кирет. Ошондой эле заряддалган бөлүкчөлөр тарабынан бөлүнүп чыгуучу нурдануу кирет.

## Л

**ЛИМФОГРАФИЯ (lymphography), лимфография** – лимфалык системага рентгеноконтрастык затты куюу ыкмасы, ал лимфа тамырларды жана түйүндөрдү регтгенологиялык изилдөө үчүн аткарылат. Лимфография лимфалык системада шишиктердин болушун аныктоого жардам берет.

## М

**МИЕЛОГРАФИЯ (myelography), миелография** – жүлүндү рентгендин нуру аркылуу тартуу; ал рентгеноконтрасттык затты желе сымал аймактын астына куюуну камтыйт. Рентгендик нурлардын жардамы менен алынган сүрөттөлүш миелограммой (myelogram) деп аталат. Миелография жүлүндөгү шишиктерди жана башка аномалияларды аныктоого жардам берүүдө маанилүү роль ойнойт.

## Р

**РАД (rad), рад** – ионизацияланган нурлануунун сиңирилген дозасынын мурунку өлчөө бирдиги. Азыркы убакта ал Грэйге алмаштырылган.

**РАДИЙ (radium), радий –** өтө маанилүү табигый радиоактивдүү элемент. Аны 1898-жылы Пьер жана Мария Кюри урандан табышкан. Радий күчүнүн жарымын 1600- жыл чамасында жоготот. Радиоактивдүү металлдык элемент, ал альфа- жана гамма-нурлануунун кыйрашында жана башка элементтерге айланууда эмитациялаган элемент. Алынган гамма-нурлануусу рак оорусуун кээ бир түрлөрүн дарылоо үчүн радиотерапияда колдонулат. Радийди сактоо үчүн атайын радиоактивдүү нурлануудан коргонуучу атайын контейнерлер колдонулат. Белгилениши: Ra. Кошумча караңыз: Торий – X.

**РАДИОАВТОГРАФИЯ, РАДИОАУТОГРАФИЯ (radioautography), радиоавтография, радиоаутография** – караңыз: Ауторадиография.

**РАДИОАКТИВНОСТЬ (radioactivity), радиоактивдүүлүк** – өзгөчө радий жана уран заттарынын ар түрлүү альфа-, бета- же гамма-нурларын чачыратуусу. Мындан сырткары, радиотерапияда кеңири колдонулуп жүргөн йод-131 жана кобальт-60 өңдүү жасалма жол менен өңдүрүлө турган көп сандаган изотоптор бар. Караңыз: Радиоизотоп. – Радиоактивдүү (radioactive).

**РАДИОИЗОТОП (radioisotope), радиоизотоп** – кайсы бир элементтин башка бир элементке айланып жаткан учурунда альфа-, бета- же гамма-нурдануусун бөлүп чыгара турган изотоп.

**РАДИОИЗОТОПНАЯ ДИАГНОСТИКА (radio issue diagnostics), радиоизотоптук диагностика** – радиоизотоптуу изилдөө заманбап медицинанын багытына тиешелүү. Ал радиоактивдүү изотопторду колдонууну менен организмде же органда кандайдыр бир оорунун паталогиясын аныктоо үчүн колдонулат. Бул изилдөөнүн төрт ыкмасы бар: лабараторлук радиометрия, клиникалык радиометрия, клиникалык радиография, сканерлөө.

**РАДИОЛОГ (radiologist), радиолог** – рентгенография методдору аркылуу оорулардын дартын аныктай турган доктур. Караңыз: Рентгенолог.

**РАДИОЛОГИЯ (radiology), радиология** – дарт аныктоо жана дарылоо максаттары үчүн нурданууну, радиоактивдүү заттарды колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн изилдеп, окута турган медицина бөлүгү. Кошумча караңыз: Рентгенологиялык таасир, Рентгенография (диагностикалык радиология), Радиотерапия (терапевтикалык радиология).

**РАДИОЛОГИЯ МЕДИЦИНСКАЯ (nuclear medicine), медициналык радиология** – ар кыл оорулардын дартын аныктоо менен бирге дарылоо иштерин үйрөнүү процессинин жүрүшүндө радионуклиддерди пайдалана турчу медициналык бөлүгү. Кошумча караңыз: Ядердик кардиология.

**РАДИОТЕРАПИЯ (radiotherapy), радиотерапия** – оорулууну рентген жана радий нурлары менен дарылоо. Ионизацияланган радиация менен дарылоо (рентгендик, гамма-нурлануу менен, бета-нурлануу менен, нейтронндук нурлануу менен, медициналык ылдамдаткычтын элементардык бөлүкчөлөрүнүн түйүндөрү менен). Негизинен коркунуч туудурган шишиктерди дарылоо үчүн колдонулат. Нурлануу терапиянын максаты болуп, паталогиялык булактан турган клеткаларды жоготуу: мисалы, шишик.

**РЕНОГРАФИЯ (renography), ренография** – вена ичи аркылуу радиоактивдүү затты жибергенден кийин гамма-камеранын жардамы аркасында бөйрөктөрдү рентгенологиялык изилдөө алуу. Радиоактивдүү изотоп (адатта технеций-99) пациенттин бөйрөгү үстүндө жайгашкан атайы камера аркылуу катоого алынып турчу гамма нурларынын нурдануусуна алып келет. Ар бир бөйрөк үчүн коюлган диаграмма алардын функционалдык мүмкүнчүлүгүн жана алардан сийдиктин чыгуу ылдамдыгын аныктоого мүмкүндүк берет.

**РЕНТГЕН (roentgen), рентген** – рентгендик же гамма-нурдануусунун доза бирдиги.

**РЕНТГЕНОГРАММА (radiographs), рентгенограмма** – дененин бөлүгүнүн рентген нуру аркылуу сүрөткө тартылышы.

**РЕНТГЕНОГРАФИЯ (radiography), рентгенография** – диагностикалык радиология: ички органдарды же дененин бөлүгүн рентген нуру аркылуу сүрөткө тартуу жолу, мында рентгендик нурлануунун жардамы аркылуу так фиксацияланган сүрөттөлүштү (рентгенограмманы (radiographs)) алууга жардам берет.

**РЕНТГЕНОГРАФИЯ КОЛИЧЕСТВЕННАЯ (quantitative digital radiography), сандык рентгенография** – остеопорозду диагностикалоо методу. Ичке рентген-нуру изилдөөгө алынып жаткан дене бөлүгүнө жиберилет (адатта омуртка же санга); сөөктүн тыгыздыгы боюнча андагы кальций курамы аныкталат. Мына ушундай жол аркылуу сөөктүн сынып кетүү коркунучу аныкталып, зарылчылыгына жараша алдын ала дарылоо жүргүзүлөт.

**РЕНТГЕНОКИНЕМАТОГРАФИЯ (cineradiography), рентгенокинематография** – организмде тездик менен болуп кете турган өзгөрүүлөрдү чагылдыруу үчүн аткарыла турган ыкма; мындай жол аркылуу догдур адам денесинин динамикадагы ар кыл органдарынын ишин байкоого мүмкүнчүлүк алат.

**РЕНТГЕНОКОНТРАСТНЫЙ (radiopaque), рентгеноконтрасстык** – рентгендик нурданууну сиңирип алуучу касиеттери бар заттарга тиешелүү термин. Рентгеноконтрас-

стык заттар йод бар контрассттык заттарды камтыйт (караңыз: Диодон, Иопандык кислота). Барийдин туздары (мисалы, барийдин сульфаты) ошондой эле рентгеноконтрастык заттарга кирет жана дагы барийдик аралашмасы же тамак сиңирүүчү трактты изилдөөдөгү рентгенологиялык изилдөөдө клизмада колдонулат.

**РУБИДИЙ-81 (rubidium-81), рубидий-81** – жасалма радиоактивдик изотоп, анын жартылай кыйроосу болжол менен төрт саатты түзөт, андан кийин андан радиоактивдүү 81м-криптон газы бөлүнүп чыгат, ал изотоптун өзүнө окшош радиоактивдүү нурланууну чыгарат. Белгилениши: 81 Rb.

## С

**СИАЛОГРАФИЯ (sialography), САЛИВОГРАФИЯ (ptyalography), сиалография, саливография** – шилекей бездеринин өткөөлүн рентген аркылуу сүрөткө тартуу. Берилген изилдөө шилекей бездеринде жана алардын обструкцияларында конременттердин болушун аныктоого жардам берет.

**СКИАГРАММА (skiagram), скиаграмма** – «көлөкөлүү сүрөт»: мисалы, рентгенографиянын натыйжасында алынуучу рентген сүрөтү. – Скиаграфия (skiagraphy).

**СТРОНЦИЙ (strontium), стронций** – сөөктөрдүн жабыркашына алып келе турган сары металл. Бета-нурдануунý бөлүп чыгаруучу стронций-90 (strontium-90) радиоактивдүү изотобу тери жана көз шишигин дарылоо учурунда пайдаланылуучу контактык терапия үчүн нурдуу терапияны жүргүзүү учурунда колдонулат. Белгилениши: Sr.

**СУБМЕНТОВЕРТИКАЛЬНЫЙ (submentovertical), субментотик** – (радиологияда) берилген термин баш сөөктүн негизги тик жалпактыгын түшүндүрөт.

## Т

**ТЕРАПИЯ КОНТАКТНАЯ (contact therapy), байланыш терапиясы** – радиоактивдүү зат дарылоого алынып жаткан дене бөлүгүнө тыкыр жайгаштырыла турчу нурдуу терапия. Изотоп толтурулган ийне же капсула шишиктин өзүнө же жанына жайгаштырылган соң изотоп бөлүп чыгарган нурдануу, шишик клеткаларынын акырындык менен жоголушуна алып келет. Салыштыруу үчүн: Аралык Кюри-терапиясы.

**ТЕРАПИЯ ЛУЧЕВАЯ, РАДИОТЕРАПИЯ (radiotherapy), нурлануу терапиясы, радиотерапия** – терапевтикалык радиология; дарттарды сиңирүүчү нурдануунун жардамы менен дарылоо (рентгендик, бета- же гамма-нурлануу сыяктуулар), алар атайын жабдыктардан же радиоактивдүү изотоптордун кыйроо процессинде алынышы мүмкүн. Радиоактивдүү нурлануу орулуунун денесиндеги жабыркаган аймакка багытталышы мүмкүн, ал бир нече алыстыкта жайгашып турушу керек (караңыз: Аралык Кюри-терапиясы), же радиоактивдүү зат ийне түрүндө же таблетка түрүндө дененин тканына имплантацияланышы мүмкүн. Нурлануу терапиясы коркунуч туудурган көпчүлүк шишиктерди дарылоо процессинде колдонулат.

# РЕВМАТОЛОГИЯ



## А

**АРТЕРИИТ (arteritis), артериит** – артериялык тамырдын сезгенич оорусу. Ал тутамдаштыргыч ткандын дартынын кесепетинен же мурда болгон инфекциядан: мисалы, сифилистен, өрчүшү мүмкүн. Жабыркаган кан тамырлар шишип кетет, тийсе ооруйт, ошондой эле алардын бүтөлүп калышы мүмкүн.

**АРТЕРИИТ ВИСОЧНЫЙ (temporal arteritis), чыкый артериити** – чыкыйлык (temporal) же краниалдык артериит (giant-cell arteritis) көпчүлүк учурда улгайган адамдарда өрчүйт жана баш сөөктүн артерияларын жабыркайт. Орулуулар катуу баш ооруга даттанышат, ал эми көз артериясынын тромбозунан толук сокурлук келет. Караңыз: Артериит.

**АРТРАЛГИЯ (arthralgia), артралгия** – муундун дайыма сыздап ооруусу. Артриттин симптому жок эле муундардагы шишиги жок оору. Салыштыруу үчүн: Артрит.

**АРТРИТ ПСОРИАТИЧЕСКИЙ (psoriatic arthritis), псориатикалык артрит** – псориаз менен коштолгон артрит. Мында көпчүлүк майда муундар жабыркайт: мисалы, шадылар аралык муундары бармактардын жана бут кетменин, омуртканын (спондилит) жана куймулчак-капчыт муундар (сакроилеит) жабыркайт.

**АРТРИТ РЕВМАТОИДНЫЙ (rheumatoid arthritis), ревматоиддик артрит** – артриттин көпчүлүк түрү, ал пайда болуу кырдаалы боюнча экинчи орунду ээлейт. Адатта дарт кол манжаларынын, билектин жана балтыр – кетмен муундарын жабыркайт; дарт өтүшүп кеткен мезгилде жамбаш, сан, ийин жана тизе муундарына таралып кетет. Оорунун диагностиксы кандын анализинин негизинде жүргүзүлөт, анын сывороткасында көпчүлүк орулууларда ревматоиддик фактордун болушу байкалат (rheumatoid factor) (караңыз: Аутоиммунндук оору), ошондой эле рентенологиялык изилдөөнүн жардамы менен, ал өзгөрүүнүн мүнөзүн аныктоого мүмкүндүк берет (ревматоиддик эрозияларды (rheumatoid erosions)) жабыркаган муундардын өзгөрүүлөрүнүн мүнөзүн аныктоого мүмкүндүк берет.

## Б

**БОЛЕЗНЬ АЛЬБЕРС – ШЕНБЕРГА (Albers – Schonberg disease), Альберс – Шенберг оорусу** – Остеопетроз. Тубаса дарт, ал коркунуч туудуруучу остеосклероз менен сөөктөрдүн морттугу жана анемия менен мүнөздөлөт. Жабыркаган сөөктөр рентгенограммада караңгы сүрөттөлүштө көрсөтүлөт. Караңыз: Остеопетроз.

**БОЛЕЗНЬ МРАМОРНАЯ (marble-bone disease), мрамордук оору** – остеопетроз – тубаса дарт, ал коркунуч туудуруучу остеосклероз жана сөөктөрдүн морттугу жана анемиясы менен мүнөздөлөт. Караңыз: Остеопетроз.

**БОЛЕЗНЬ ОСГУДА – ШЛАТТЕРА (Osgood – Schlatter disease), Осгуд – Шлаттер оорусу** – чоң балтыр сөөктүн сезгеничи жана периостити. (сандын төрт баштуу булчуңдун тарамышынын бектилилген жери) (караңыз: Остеохондрит). Дарттын себеби болуп, бир катар адам денесиндеги жаракаттар болуп саналат, алар көпчүлүк учурда балдар-өспүрүмдөрдө физикалык машыгуулар убактысында пайда болот.

**БОЛЕЗНЬ ПЕДЖЕТА (Paget's disease), Педжет оорусу** – 1. Өнөкөт дарт, ал өзгөчө улгайып калган адамдарда баш сөөктүн сөөктөрүн, омуртканы, ошондой эле жамбаш жана узун түтүктүү сөөктөрдү жабыркайт. Медициналык аталышы: Деформацияланууучу остеит (osteitis deformans). 2. Аялдардын эмчегинен үрпүнүн тегерегине чыккан өзгөчө формадагы рак. Оору эмчектин үрпүнүн тегерегинен өзгөчө суюктук сызылып чыгуу менен мүнөздөлөт. Кошумча караңыз: Эмчек безинин рак оорусу. 3. Вульваны жабыркоочу сейрек кездешүүчү оору, ал спецификалык эпителиалдык өрмөлөрдүн пайда болушу менен

мүнөздөлөт, аларды гистологиялык изилдөөдө Педжет оорусу менен жабыркаган упчу аймактарын элестетет.

**БОЛЕЗНЬ СТИЛЛА (Still's disease), Стилл оорусу** – өнөкөт артрит, 16 жаштагы балдарда өрчүйт. Бул оору безгек менен жана кызыл кызамык менен байкалат. Оорунун оор абалында дененин баардык бөлүктөрүнө өтүп кетет жана көк боордун жана лимфа бездеринин чоңоюп кетиши, жана ошондой эле перикарданын сезгеничине алып келет.

**БУНЬОН (bunion), буньон** – шыйбылчак-фаланга муундарынын шишип кетиши. Көпчүлүк учурда бул жерде чөнтөкчө өрчүйт жана буттун чоң бармагы башка бармактарга карай жылып кетет. Адатта бул адамдын кыскан бут кийим кийгендиги менен байланыштуу болот; бир катар кырдаалдарда хирургиялык дарылоо керек болот.

## Д

**ДИСК МЕЖПОЗВОНОЧНЫЙ ВЫПАДАЮЩИЙ (prolapsed intervertebral disc (PID)), түшүп калуучу омуртка аралык диск** – «жылбышып кетүүчү» диск: омуртка аралык дисктеги килкилдек ядродогу заттын оркоюп фиброздук шакек аркылуу чыгышы, ал анын жанындагы жүлүн-мээ дүмүрчөктөрүн кысып калуусун туудурат. Мындай абал көпчүлүк мезгилде туура эмес кайрылууда же туура эмес эңкейгенде, омуртканын ийилишине алып келет. Нервдик дүмүрлөргө болгон басым адамда ишиалгиянын өрчүшүнө алып келет, татаал учурларда - ар кандай нервдердин функциясынын бузулушуна алып келет, ал болсо сезгичтиктин жоголушун, булчуңдардын бошоңдошун же жабыркаган аймактарда тарамыштык рефлекстердин жоголушун туудурат.

## Л

**ЛИТУРИЯ (lithuria), литурия** – сийдикте сийдик кислотасынын ашыкча көлөмдө болушу. Караңыз: Гиперурикурия.

## О

**ОСТЕИТ (osteitis), остеит** – инфекция, травма же зат алмашуунун натыйжасында сөөктүн сезгениши. Фиброздуу-кистоздук остеит (osteitis fibrosa cystica) узак убакытка созулган гиперпаратиреоидизм учурунда сөөктө кистоздук өзгөрүүлөрдүн пайда болуусу менен мүнөздөлөт. Кошумча караңыз: Педжет (сөөк) оорусу (деформацияланууучу остеит).

**ОСТЕОАРТРИТ (osteoarthritis), остеоартрит** – сөөктүн башынын мууну менен кошо сезгениши. Муундук кемирчектин дарты, ал анын астында жайгашкан сөөктүн кайталанган өзгөрүшү менен коштолот.

**ОСТЕОАРТРОЗ (osteoarthrosis), остеоартроз** – муундун сөөк менен кошо бириктирүүчү ткандарынын өзгөчө өзгөрүп оорушу. Акыры адамда оору пайда болот жана жабыркаган муундун функциясы бузулат (көпчүлүк учурда бул жамбаш-сан мууну жана тизе мууну, ошондой эле чоң бармактын муундары). Оорунун өрчүүсүнүн себеби болуп жаракат болушу мүмкүн, ошондо дагы көпчүлүк учурда остеоартрит адамдарда элүү жаштан кийин байкала баштайт; андан тышкары башка муун дарттардын ар кандай сезгеничтери катары өрчүшү мүмкүн: мисалы, ревматоиддик артритте (кайталанган остеоартрит (secondary osteoarthritis)). Караңыз: Остеоартрит.

## Р

**РЕВМАТИЗМ (rheumatism), ревматизм** – кызыл жүгүрүк оорусу (караңыз: Ревматоиддик артрит). Булчуңдардын жана муундардын оорушу менен коштолгон каалаган дарт. Караңыз: Ревматоиддик артрит, Ревматикалык безгек, Остеоартрит, Подагра.

**РЕВМАТИЗМ МЫШЕЧНЫЙ (muscular rheumatism), булчуң ревматизми** – муундагы жана булчуңдагы катуу оору. Дарттын симптомдору фиброзит (fibrositis) бөлүмүндө жеткиликтүү сүрөттөлгөн; андан тышкары, орулууда муундардын жешилүүсү жана жабыркоосу (остеоартрит) же булчуңдардын сезгениши байкалат, ал аномалдык иммундук реакциялардын өрчүшү менен коштолот (ревматикалык полимиалгия).

**РЕВМАТИЗМ ОСТРЫЙ (acute rheumatism), курч ревматизм** – мындай дарт өзгөчө кичинекей жана жаш балдарды жабыркайт; адатта ал дем алуу жолдорду гемолитикалык стрептококк менен жабыркануудагы инфекциялык процесстердин татаалдашып кетиши болуп саналат (караңыз: Стрептококк). Бул дарт жүрөктүн өнөкөт ревматикалык жабырканышына (chronic rheumatic heart disease) өтүп кетиши мүмкүн, ал миокардада мүнөздүү тырыктын пайда болушу менен жана жүрөктүн өнөкөт сезгенишине, ал болсо адамда ар кандай жүрөк жетишсиздигине, жүрөктө шуулдаган үндөрдүн пайда болушуна жана анын клапандарынын жабырканышына алып келет. Караңыз: Ревматикалык безгек.

## С

**САКРАЛИЗАЦИЯ (sacralization), сакрализация** – куймулчак сөөкө бел омуртканын биригип, шыкалап калышы.

**САКРО, КРЕСТЦОВО (sacro-), сакро, куймулчак омурткалуу** – куймулчак омуртканы түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, куймулчак-чычаңдык (sacrococcygeal) – куймулчакка жана чычаңга тиешелүү; сакродиния (sacrodynia) – куймулчак аймагындагы оору; куймулчак-капчыттык (sacroiliac) – куймулчакка жана капчыт сөөгүнө тиешелүү.

## Т

**ТЕНДОВАГИНИТ (tendovaginitis, tenovaginitis), тендовагинит** – тарамыштар кынынын сырткы кабынын сезгениши, анын себеби болуп адатта чоң эмес тарамыштардын жаракаттары болуп эсептелет. Көпчүлүк учурда тендовагинит чоң бармактын аркы бетиндеги тарамыштарды жабыркайт (де Куэрвендин тендовагинити (de Quervain's tendovaginitis)), ал чоң бармактын кыймылдаган учурда бейбелчек-шакшак муундарда ооруну туудурат.

**ТРЕЩИНА, ПЕРЕЛОМ ПО ТИПУ «ЗЕЛЕНОЙ ВЕТКИ» (greenstick fracture), жарака, «жашыл бутак» тибиндеги сынык** – узун түтүктүү сөөктүн чоң эмес сыныгы (чала сынуу), ал көпчүлүк учурда балдарда кездешет, алардын сөөктөрү кыйла ийилчээк болгондуктан болот. Кошумча караңыз: Сынык.

## У

**УРИКЕМИЯ (lithaemia), урикемия** – канда сийдик кислотасынын көптүгү. Бөйрөктүн кызматынын жетишсиздигинин алгачкы белгилери деп аталат (караңыз: Гиперурицемия).

**УРОПОРФИРИН (uroporphyrin), уропорфирин** – IX протопорфирин синтезинин процессинде арадагы ролду ойноочу порфирин. Порфирияда уропорфирин кыйла көлөмдө организмден заара аркылуу чыгарылат.

## Ф

**ФЛЕКСИЯ, СГИБАНИЕ (flexion), флексия, бүгүү** – колдун же буттун муундан бүгүлүшү, бүгүлгөнгөн абалда турушу. Тамандык бүгүлүү (plantar flexion) буттун бармактарынын ылдый таманга карай бүгүлүүсүн түзөт. Кошумча караңыз: Арткы бүгүлүү.

## Х

**ХОНДРИТ РЕБЕРНЫЙ (costochondritis), кабыргалык хондрит** – кабыргалуу кемирчектин дистрофиясы – кабыргалык кемирчектердин оору туудуруучу шишип кетүүлөрү. Караңыз: Титце синдрому.

**ХОНДРОКАЛЬЦИНОЗ (chondrocalcinosis), хондрокальциноз** – муундуу кемирчектин кальций пирофосфатынын кристаллдары менен сиңирилиши; ал рентгенологиялык изилдөөнүн жардамы менен аныкталат жана кальцийдик подагра катары классификацияланат.

**ХОНДРОМАЛЯЦИЯ (chondromalacia), хондромаляция** – кемирчек тканында болгон дегенеративдик өзгөрүү. Томуктун хондромаляциясы (chondromalacia patellae) кемирчектин өзгөрүшүн көрсөтүп турат (анын ички бетинде), анын кесепетинен адам катуу ооруну сезет, тизе муунунда кычыроолор пайда болот, кыймыл болсо өзүнүн туруктуулугун жоготот.

## Э

**ЭБУРНЕАЦИЯ (eburnation), эбурнеация** – сөөктүн муун сыртындагы кемирчектин жешилүүсү, ал анын алдындагы сөөктү да кошо сүрөт. Эбурнеация остеоартриттин акыркы баскычы болуп саналат.

**ЭНТЕЗОПАТИЯ (enthesopathy), энтезопатия** – ревматикалык дарт, ал энтездин сезгеничи менен мүнөздөлөт (мисалы, анколоздолуучу спондилит, псориатикалык артрит жана Рейтер оорусу).

# СЕКСОЛОГИЯ



## А

**АБЕРРАЦИЯ ПОЛОВАЯ (sexual aberration), жыныстык аберрация** – караңыз: Жыныстык бурмалоо.

**АБСТИНЕНЦИЯ (abstinence), абстиненция** – спирттик ичимдиктерди ичкен же банги заттарды колдонгондуктан жыныстык катнашуудан убактылуу баш тарткан адамдар.

**АВЕРСИЯ СЕКСУАЛЬНАЯ (sevential aversia), сексуалдык аверсия** – туруктуу сексуалдык бузулуш, ал конкреттүү сексуалдык шериктешке жек көрүүчүлүк жана көңүл калуучулук менен көрсөтүлөт. Бул бузулуштун себеби болуп, жагымсыз жыт, алкоголдон мас болуу, оройлук, коркоктук жана башка факторлор, көңүл калгандыкты туудурат. Сексуалдык аверсия менен адамдарга бүтүндөй жеке көрүнүү жана дарылоо, өзгөчө психотерапевтикалык дарылоо керек.

**АДАПТОГЕНЫ (adaptogens), адаптогендер** – табигый же синтетикалык заттар, алар организмдин ооруларга каршылыгын жана жашоо шарттарына көнүүсүн жогорулатат. Алардын эң эле көп таралгандары женьшень, кытай лимонниги, элеутерококк, сапарал, левзея, стрекулия, родиола, маньчжурдук аралия, заманиха, пантокрин, апилак, жатынча сүтү. Адаптогендер кээ бир сексуалдык бузулуштарда колдонулат.

**АДЕНОМА ПРЕДСТАТЕЛЬНОЙ ЖЕЛЕЗЫ (prostate adenoma), эркектин урук чыктагыч безинин аденомасы** – эркектердин урук чыктагыч безинин коркунуч туудурбаган шишиги, ал адатта 50 жаштан кийин гормоналдык бузулуштардын кесепетинен өрчүйт. Шишик сийдик чыгаруучу каналды кысып калат, анын тегерегинде без жайгашкан, бул болсо табарсыктан сийдиктин чыгышына кыйынчылык туудурат.

**АДЮЛЬТЕР (adultery), адюльтер** – жубайлар ортосундагы ишенимдин бузулушу, опаасыздык. Никеде турган адамдын башка никеде турган адамга карата сексуалдык жакындыгы боюнча фактысы.

**АКСЕЛЕРАЦИЯ (acceleration), акселерация** – балдарда жана өспүрүмдөрдө өрчүүсүнүн тездиги, дене массасынын көбөйүшү, жана боюнун бат өсүшү. Алгачкы жолу XIX кылымдын экинчи жарымында белгиленген. Эрте жыныстык өрчүү менен заманбап өспүрүмдөрдө сүйүү маселелери эрте эле кызыктыра баштайт, жыныстар ортосундагы маселелер, аларда эрте жыныстык жакындашуу эрте кызыктыра баштайт. Бул жашоо шартынын кескин өзгөрүшүнүн комплекси менен тудурулушу мүмкүн.

**АЛЬТРУИЗМ СЕКСУАЛЬНЫЙ (sexual altruizm), сексуалдык альтруизм** – сексуалдык мамилелердин чөйрөсүндө эгоисттик тенденциялардын бошоңдошу, өзүнүн шериктешинин кызыкчылыктарына жол берүү даярдыгы. Сексуалдык альтруизм гармоникалуу жыныстык жашоонун кепилдиги болот, эгер бир шериктештин альтруисстик кыймылдары экинчи шериктештин дал ушундай жүрүм турумдун болушун туудурса.

**АМЕНОРЕЯ (amenorrhoea), аменорея** – этек кир келе турган учурда келбей, анын токтолуп калышы, ал кош бойлуулук же баланы эмизүү менен байланышкан эмес. Аменореянын себеби болуп: стресстер жана ички секрециянын бездеринин дарттары, алар аялдык гормондордун синтезинин жай болуп кетишине алып келет, ошондой эле психикалык жараттар.

**АНАФРОДИЗИАК (anafrodisiac), анафродизиак** – табигый же дарылык каражаттар, алар сексуалдык дүүлүгүүнү басаңдайт. Салыштыруу үчүн: Афродизиак.

**АНДР, АНДРО (andr-, andro-), андр, андро** – эркекке тиешеси бар сөз. Мисалы, андрофобия - эркектерден оорулук коркуусу.

**АНДРОГЕНЫ (androgens), андрогендер** – эркектин жыныстык гормонундай таасир берген зат (тестостерон, андростерон ж.б.). Андрогендердин таасири астында алгачкы (жыныстык органдар) жана экинчи (дене түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү, чач өсүү, үндүн)

жыныстык белгилер өрчүшөт. Андрогендер эркектердин жыныстык бездеринде пайда болушат – урук безинде, аз санда – бөйрөк үстүндөгү бездин кабында жана аялдардын жыныс бездеринде – энелик тукум безде. – Андрогендик.

**АНДРОГИНИЯ (androgyny), андрогиния** – индивидде (аялда) аялдык жана эркектик белгилердин айкалышуусу.

**АНДРОЛОГИЯ (andrology), андрология** – эркектин сийдик мүчөлөрү жана жыныстык мүчөлөрүнүн оорусу жөнүндөгү илим.

**АНДРОФОБИЯ (androphobia), андрофобия** – аялдардын эркекке карата терс, жек көрүүгө чейин жетүүчү мамилеси.

**АНОРГАЗМИЯ (anorgasmia), аноргазмия** – жыныстык актынын жүрүшүндө оргазмга жетпей калгандыгы (көпчүлүк учурда бул термин аялдарга тиешелүү колдонулат).

**АНТЕНАТАЛЬНЫЙ ПЕРИОД (antenatal period), антенаталдык мезгил** – кош бойлуук болгон мезгилде түйүлдүктүн өрчүшү – зиготанын жаралышынан баштап төрөлгөнгө чейин (орто эсеп менен 40 жумага созулат). Бул кырдаалды эки фазага бөлүшөт: эмбрионалдык өрчүү жана түйүлдүктүн өрчүүсү.

**АНУС (anus), анус** – адамдын арткы, заңдоочу тешиги. Дефекация актысынан сырткаркы учурларда анус ар дайым жабык болот. – Аналдык (anal).

**АРЕОЛА (areola), ареола** – эмчек учунун айланасындагы күрөң же кызгылтым жер.

**АСЕКСУАЛИЗМ (asexuality), асексуализм** – сексуалдык жакындыктын жоктугу.

**АСПЕРМАТИЗМ (aspermatism), асперматизм** – жыныс катышуу мезгилинде эрендиктин чыкпастыгы.

**АСПЕРМИЯ (aspermia), аспермия** – урук суюктугунун жоктугу же жетишээрлик көлөмдө бөлүнүп чыкпоосу. Мында сперматозоиддер нормалдуу өрчүшөт.

**АУТОМОНОСЕКСУАЛИЗМ (automonosexuality), аутомоносексуализм** – караңыз: Нарциссизм.

**АУТОФЕТИШИЗМ (auto spotchism), аутофетишизм** – нарциссизмдин түрү, мында өзүнүн денеси башка бирөөгө жыныстык дүүлүгүү өрчүгөнгө карата, фетиш болуп кызмат аткарат.

**АУТОЭРОТИЗМ (autoerotism), аутоэротизм** – караңыз: Нарциссизм.

**АФРОДИЗИАК (aphrodisiac), афродизиак** – жыныстык козголууга көмөктөшүүчү дары. Салыштыруу үчүн: Анафродизиак.

**АФРОДИЗИОМАНИЯ (aphrodisiomania), афродизиомания** – жыныстык дүүлүгүүнү стимулдаштырган заттарга оору туудуруучу кызыгуу (караңыз: Афродизиак). Негизинен афродизиомания менен өзүнүн сексуалдык мүмкүнчүлүктөрү менен канааттандырбаган адамдар чалдыгат, алар дайыма кайсы бир мифтик «норма» менен салыштырышат.

## Б

**БАЛАНИТ (balanitis), баланит** – эркектин жыныс мүчөсүнүн учунун сезгенип оорушу. Көпчүлүк учурда жыныс мүчөсүнүн четки бөлүгүнүн ичкеришинен пайда болот (караңыз: Фимоз), ошондой эле кант оорусунда, уретритте.

**БАЛАНОПОСТИТ (balanoposthitis), баланопостит** – эркектин жыныс мүчөсүнүн учунун териси менен кошо сезгенип оорушу. Бул сезгенүү фимоздо пайда болот. Жабыркаган аймактар кызарып шишип калат, ал жыныс мүчөсүнүн четки бөлүгүнүн тешигинин ичкеришине алып келет; жыйынтыгында заара кылганда кыйынчылык, оору туудуруу менен өтөт.

**БАРТОЛИНИТ (bartholinitis), бартолинит** – аялдын жыныстык органынан бартолин деп аталган безинин сезгенип оорушу. Өнөкөт бартолинитте (chronic bartholinitis) бул

бездердин түтүктөрүнүн бүтөлүп калышынын кесепетинен кисталар жаралышы мүмкүн. Курч бартолинитте (acute bartholinitis) бездин абсцесси өрчүйт (бартолиндик абсцесс (Bartholin's abscess)).

**БАРТОЛИНОВАЯ ЖЕЛЕЗА (Bartholin gland), бартолиндик без** – кын алдындагы чоң жуп без, ал жыныс эриндеринин калың катмарында жайгашкан. Мындай без боз чувалган, белокко бай суюктукту бөлүп чыгарат, ал кындагы былжырлуу челдин нормалдуу нымдуулугун камсыз кылат, эркектин жыныс мүчөсүнүн эркин киришине шарт түзөт жана фрикция убагында сүрүлүүнү азайтат.

**БАРЬЕР ПЛАЦЕНТАРНЫЙ (placental barrier), плацентардык тоскоолдук** – плацентанын түзүлүшүнүн өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысы, ал эненин канынан түйүлдүктүн канына токсикалык заттардын жана инфекциянын өтүшүнө тоскоолдук кылат. Кошумча караңыз: Плацента.

**БЕЛИ (whites), бели (боз суюктук)** – аялдардын жыныстык мүчөлөрүнөн бөлүнүп чыккан ак суюктук. Алар кычышууну, ачышууну жана дайыма нымдуулукту туудурушу мүмкүн. Бул суюктуктар жатындын дубалдарынын түшүүсүнөн, чаткаяктын айрылышынан, концентрацияланган септиктерге каршы каражаттар менен жуугандан, көпкө чейин жатын шакегин тагынгандыктан, көпкө чейин кош бойлуулукка каршы химиялык каражаттарды колдонгондуктан, аз кыймылдоо менен байланышкан жамбаштагы органдарда токтолуулардан жана өздүк гигиенанын эрежелерин бузуудан пайда болушат.

**БЕРЕМЕННОСТЬ I (gestation), кош бойлуулук I** – уруктанган клетканын түйүлдүккө айлануу мезгили. Аялдын организминде (жатында) өөрчүп жаткан түйүлдүктү көтөрүүсү менен байланышкан мезгил. Кошумча караңыз: Кош бойлуулук II (pregnancy).

**БЕРЕМЕННОСТЬ II, кош бойлуулук II** – кырдаал, бул мезгилде аял анын организминде (адатта жатында) өрчүп жаткан түйүлдүктү алып жүрөт (салыштыруу үчүн: Эктопикалык кош бойлуулук). Кош бойлуулукт адатта 266 күндү камтыйт, түйүлдүк пайда болгон мезгилден тартып, баланын төрөлүшүнө чейин, же 288 күн, акыркы менструациянын биринчи күнүнөн тартып (караңыз: Негель эрежеси). Медициналык аталышы: Кош бойлуулук (cyesis). Кошумча караңыз: Көмүскө кош бойлуулук. – Кош бойлуу (pregnant, gravid).

**БЕРЕМЕННОСТЬ ВНЕМАТОЧНАЯ (ectopic pregnancy), жатындан тышкары кош бойлуулук** – мында уруктанган жумуртука клеткасынын имплантациясы жатында эмес, тукум безинде, ич көңдөйүндө, көпчүлүк учурда жатын моюнчасында же жатын түтүктөрүндө болот. Мындай көрүнүш катуу ооруну жана өмүргө коркунучтуу кансыроону туудурат да дайыма түйүлдүктүн өлүмү менен бүтөт.

**БЕРЕМЕННОСТЬ ЛОЖНАЯ (pseudocyesis, phantom pregnancy, false pregnancy), жалган боюна болуучулук** – аялдын боюнда болбосо деле, боюнда бардай сезилип, ичи чоңоюу менен башка дагы кош бойлуулук белгилердин пайда болушу.

**БЕРЕМЕННОСТЬ НЕЖЕЛАТЕЛЬНАЯ (unwanted pregnancy), каалабаган кош бойлуулук** – партнерлордун каалоосу жок болуп калган кош бойлуулук. Ал көпчүлүк учурда партнерлордун контрацепциянын чараларын колдогбогондуктан пайда болот (караңыз; Контрацептивдер, Оралдык контрацептивдер).

**БЕРЕМЕННОСТЬ ТРУБНАЯ (tubal pregnancy), жатындын түтүкчөсүндө боюна болуучулук** – болочок түйүлдүк өз жайынан орун албай, жатындын түтүгүнө бүтүп, боюна болуу (караңыз: Эктопикалык кош бойлуулук).

**БЕСПЛОДИЕ (infertility), төрөбөстүк** – аялдын боюна бүтө албоосу же эркек уругунун жарамсыздыгы. Аялдарда төрөбөстүк овуляция процессинин бузулушу менен, фаллопий түтүктөрүнүн өтүмсүздүгү менен же кайсы бир жатындагы былжырлуу чел кабыгынын дарты (эндометрия) менен байланыштуу болот. Эркектерде урук безинин жарамсыз-

дыгы, сперматозоиддердин санынын азайышы же кыймылынын начарлашынын кесепетинен болушу мүмкүн (караңыз: Олигоспермия), ошондой эле сперматозоиддердин такыр эле жок болушунда (караңыз: Азоспермия). Кошумча караңыз: Андрология, Стерилдүүлүк.

**БИОЛОГИЧЕСКИЙ МЕТОД КОНТРАЦЕПЦИИ (БМК) (biological method of contraception), контрацепциянын биологиялык ыкмасы (КБЫ)** – контрацепциянын ыкмасы, ал аялда овуляция мезгилин белгилөөдө негизделген жана менструалдык циклдин болжолдуу эсептөөсүндө негизделген, ал мезгилдин ичинде аялда кош боюна бүтүшү мүмкүн. Кошумча караңыз: Контрацептивдер, Оралдык контрацептивдер, Жатын ичиндеги спираль.

**БИОРИТМЫ СЕКСУАЛЬНЫЕ (sexual biorhythms), сексуалдык биоритмдер** – адамдын курагына карата жыныстык активдүүлүктүн жекече ритмикалык термелүүсү, анын жыныстык конституциясы, тышкы чөйрөнүн фактору ж.б. менен байланыштуу. Анын тышкы көрүнүштөрү аялдарда алардын цикликалык мүнөзүнүн күчүнө караганда көбүрөөк көрүнөт, ал менструалдык функциясы менен байланыштуу болот. Сексуалдык биоритмдин бузулушу (мисалы, деңизде жүргөн моряктарда, вахта менен иштегендерде, геологдордо ж.б) потенциянын кыйла бузулуштарына алып келиши мүмкүн.

**БИСЕКСУАЛ (bisexual), бисексуал** – карама-каршы жыныска жана ошондой эле өзүнүн жынысын болгон адамдын жакындыгы.

**БИСЕКСУАЛЬНЫЙ (bisexual), бисексуалдуу** – эркек же аял жыныстуу адамдар. 1. Бул гетеро- жана ошондой эле гомосексуалдык катнашууга түшкөн адамга карата колдонулат. 2. Эки жыныстагы касиеттерге ээ болгон адамга карата колдонулат.

**БОЛЕЗНИ, ПЕРЕДАЮЩИЕСЯ ПОЛОВЫМ ПУТЕМ (diseases transmitted by sexual way), жыныстык жолдор аркылуу бериличүү оорулар** – жыныстык катнаш учурунда берилүүчү оорулар түрү. Мурда алар венерикалык оорулар деп аталышчу. Аларга: СПИД, котон жара, гонорея, гениталдык герпес, жана жумшак шанкр кирет (ошондой эле булардын катарына трихомонада, уреоплазмалар аркылуу пайда болуучу хламидия инфекциялары, өзгөчө эмес уретрит; калта бити, вирустук гепатит, учту буттуу кандиломалар да кирет). Медицинанын бул ооруларды изилдөө жана дарылоо менен иш алып баруучу тармагы венерология (genitourinary medicine) деп аталат. Кошумча караңыз: Венерикалык дарттар.

**БОЛЬШИЕ ПОЛОВЫЕ ГУБЫ (big labia), чоң жыныстык эринчелер** – теринин сырткы тоголок катмарлары, аялдын жыныстык жылчыгынын четтерин чектейт.

**БРАК (marriage), нике** – өз каалоосу менен болгон эркек жана аялдын биригүүсү, ал бири-бирине жана балдарына болгон юридикалык жана башка укуктарды, мамилелерди, жоопкерчиликтерди камтыйт.

**БУГОРОК СЕМЕННОЙ (tubercle seminal), уруктук дөңчө** – эркектердин уретрасынын урук чыктагыч бөлүгүнүн арткы капталынын ортосунда чоң эмес дөңчө (анын узундугу 10–20 мм, туурасы жана бийиктиги 3–4 мм). Дөңчөнүн көңдөйү бар, аны эркек жатыны деп аташат. Калыңдыгы аркылуу урук чыгаруучу жолдор өтөт, алар урук чыктагыч бездин четки үлүштөрүндө орун алышкан. Эякуляция учурунда урук чыгуучу жолдор аркылуу өтүүчү сперма, алардын чоюлушуна жана дөңчөнүн аймагында жайгашкан нервдик учтардын туталануусуна алып келет жана оргазмды туудурат.

## В

**ВАГИНА (vagina), кын** – аялдын жыныстык кыны. Караңыз: Кын.

**ВАГИНИЗМ (vaginismus), вагинизм** – адатта, вульвага тийип коюудан улам аялдын жыныс мүчөсүнүн ички көңдөйчөсүндөгү булчуң этинин оорушу. Бул аялдын жыныстык

катнашка болгон коркунуч сезимин, ал тургай жек көрүүсүн жаратуусу мүмкүн. Кошумча караңыз: Диспареуния.

**ВАГИНИТ (vaginitis), вагинит** – аялдын жыныстык кынынын сезгениши. Кайсы бир инфекция (адатта Trichomonas vaginalis түрү менен туудурулат) аркылуу ошондой эле тура эмес тамактануу же өздүк гигиенаны сактабагандыктан келип чыккан. Постменопаузалык (postmenopausal) (же атрофиялык (atrophic)) вагиниттин өрчүү себеби болуп, аялдардын организминде бөлүнүп чыккан аялдардын жыныс гормондорунун санынын кыйла төмөндөшү болуп саналат.

**ВАКУУМНАЯ ЧИСТКА (vacuum cleaning), вакуумдук тазалоо** – аялдын жатынынан атайын вакуумдук аппараттын жардымы менен эмбрионду сордуруу менен алып салуу.

**ВАКЦИНЫ ПРОТИВОЗАЧАТОЧНЫЕ (contraceptive vaccines), кош бойлуулукка каршы вакциналар** – контрацепциянын перспективдүү ыкмасы, ал аялды кош бойлуулуктан сактанууну бир нече айга чейин коопсуздукту камсыз кылат. Азыркы убакта бул иштеп чыгуу жана апробациянын даражасында турат.

**ВАМПИРИЗМ (vampirism), вампиризм** – жыныстык бурмалоо, ал садизм жана фетишим менен айкалышат, мында фетиш катары партнердун каны болот. Анын элементтери сексуалдык партнерду тыткандa же тиштегенде ыракат алышат, анткени кандын тамчылары аларда сексуалдык ыракаттануунун сезимин туудурат.

**ВАРИКОЗ (varicose veins), варикоз** – вена тамырынын кеңейген оорусу. Кош бойлуулук мезгилде варикоз аялдардын буттарынды пайда болот. Бул тамырдын дубалдарынын тубаса начарлыгы менен байланыштуу болот, физикалык оор жумуштар, туруп иштегендик, көп басуулар анын өрчүшүнө алып келет.

**ВАРИКОЗНОЕ РАСШИРЕНИЕ ВЕН (phlebeurysm), веналардын варикоздук кеңейүүсү** – караңыз: Варикоз.

**ВАРИКОЦЕЛЕ (varicocele), варикоцеле** – эркектин уруктук түтүгүнүн вена тамырынын кеңейиши. Бул көпчүлүк учурда жыныстык өрчүү мезгилинде болот. Алып келүүчү факторлору болуп көп убакытка созулган жыныстык дүүлүгүү, оор көтөрүү саналат. Өрчүү процесси урук безинин атрофиясына жана тукумсуздукка алып келиши мүмкүн.

**ВЕНЕРА (Venus), Венера** – эң алгачкыда бул байыркы рим мифологиясында жаздын жана гүлдөгөн бактардын кудайы. Гректердин таасири байыркы Италиянын аймагына өтүү менен аны байыркы гректердин кудайы Афродита менен салыштыра баштаашты жана сүйүүнүн жана сулуулуктун кудайы катары каралып калышты.

**ВЕНЕРИЧЕСКИЕ БОЛЕЗНИ КЛАССИЧЕСКИЕ (sexually transmitted diseases classic), классикалык венерикалык оорулар** – ДССУ (ВОЗ) нун классификациясына караштуу – сифилис, гонорея, жумшак шанкр, жука чурайлык лимфогранулематоз, венерикалык гранулема. Жугуу айрыкча жыныстык жолу аркылуу болот, бирок дагы турмуш тиричиликтик да жугуу болушу млушу мүмкүн, ал баардыг колдонуп жүргөн нерселер аркылуу болот.

**ВЕНЕРОЛОГИЯ (genitourinary medicine), венерология** – жыныстык жолдор аркылуу берилүүчү ооруларды изилдөө жана дарылоо менен алектенген медицинанын бөлүмү.

**ВИБРОСТИМУЛЯЦИЯ (vibrostimulation), вибростимулдаштыруу** – дененин ар кайсы бөлүктөрүн вибратор аркылуу таасир тийгизүү, ал жерде эрогенндик аймактар жайгашкан. Дагы диагностикалык максаттарда да (эрогендик аймактардын сезгичтигин аныктоо үчүн) жана дарылоо (сексуалдык разряддашууга жетүү жана бекитүү) максатында колдонулат.

**ВИРГОГАМИЯ (virgogamy), виргогамия** – күйөгө чыккан аялдын кыздык челин сакталып калышы, ал аялында вагинизимдин болушу менен, жубайлардын тажрыйбасы

жоктугу менен, мында эркектин жыныс мүчөсү аялдын жыныс органынан тышкары кирип калган учуру, эркектин импотенциясынан жана башка себептер менен шартталат.

**ВИРИЛИЗАЦИЯ (virilization), вирилизация** – аял организминдеги андроген затынын ашыкча бөлүнүп чыгуусу. Мында аялда чыкый аймагында чачтын түшүшү, булчуң массасынын жана клитордун чоңоюшу, гирсутизмдин өрчүшү байкалат; үнү жоон болуп, сырткы көрүнүшү менен фигурасы эркектин фигурасына окшоп калат. Пубертаттык кырактагы эркек балдарда вирилизациянын себеби болуп, кайсы бир шишиктин өрчүшү болушу мүмкүн (караңыз: Лейдиг шишиги).

**ВИРИЛИЗМ (virilism), вирилизм** – тулку бою жана үнү эркек сымал аял.

**ВИЧ (HIV), ВИРУС ИММУНОДЕФИЦИТА ЧЕЛОВЕКА (human immunodeficiency virus), ВИЧ, адамдын иммундук жетишсиздигинин вирусу** – адамдын иммунодефицитинин вирусу, ретровирус - адамда СПИДдин өөрчүшүн алып келет (кошумча караңыз: Адамдын Т-клеткалык лимфомалык вирусу).

**ВЛАГАЛИЩЕ (vagina), жыныстык кын** – аялдардын кичи жамбаш сөөгүндө жайгашып, жатындан тартып жыныстык көндөйчөгө чейин созулуучу эки башка көндөй түтүкчө. – Кындуу.

**ВНЕБРАЧНЫЕ ПОЛОВЫЕ СВЯЗИ (extramarital sex), никеден тышкары жыныстык катнашуулар** – никеде турган бирок башка бойдок аял же эркек менен болгон жыныстык катнашуулар. Алар эпизодикалык жана ошондой эле системалык мүнөздө болушу мүмкүн.

**ВНЕБРАЧНЫЙ СЕКС (extramarital sex), никеден тышкары секс** – никеде турбаган адамдар менен жыныстык катнашта болуу.

**ВНЕМАТОЧНАЯ БЕРЕМЕННОСТЬ (ectopic pregnancy), жатындан тышкары кош бойлуулук** – мында түйүлдүк жатындан тышкары, адатта жатындык түтүктө өрчүйт. Мындай кош бойлуулук эненин өмүрү үчүн коркунуч туудурат, анткени өрчүп жаткан түйүлдүк жатындык түтүктү жарып кетиши мүмкүн. Бул дайыма операция жолу менен же атайын медикаменттер аркылуу дарыланат.

**ВНУТРИМАТОЧНЫЕ ПРОТИВОЗАЧАТОЧНЫЕ СРЕДСТВА (intrauterine contraceptive devices), жатын ичиндеги кош бойлуулукка каршы каражаттар** – караңыз: Жатын ичиндеги спираль.

**ВОДЫ ОКОЛОПЛОДНЫЕ (amniotic fluid), түйүлдүктүн айланасындагы суулар** – амниотикалык баштыкчанын ичинде болуучу суюктук. Анын ичинде бала тышкы басымдардан корголуп, өрчүйт. Кошумча караңыз: Амниоцентез.

**ВОДЯНКА ЯИЧКА (dropsy testicle), урук безинин сары суу оорусу** – урук безинин челинин ортосуна суюктуктун топтолушу. Эркектерде ал тубаса жана-кайсы бир сезгеничтин кесепетинен, жаракаттан, шишиктен болушу мүмкүн.

**ВОЗБУДИМОСТЬ СЕКСУАЛЬНАЯ (excitability sexual), сексуалдык дүүлүгүү** – туруштук бере албастыктын, даярдыктын жана жеңилдиктин даражасы жана жеңил сексуалдык дүүлүгүүнүн, ошондой эле сексуалдык дүүлүгүүнүн пайда болуу мезгилинен баштап оргазмдын бат келиши.

**ВОЗДЕРЖАНИЕ ПОЛОВОЕ (sexual abstinence), жыныстык кармануу** – аргасыздан же аң сезим менен жыныстык катнашуудан баш тартуу же жыныстык активдүүлүктүн төмөндөшү. Аргасыздан баш тартуу чыңалуулукка, кыжырдануулукка, сексуалдык учурга көңүлүнүн фиксациясына алып келет.

**ВОЗРАСТ РЕПРОДУКТИВНЫЙ (reproductive age), репродукциялык курак** – бул качан эркек уруктандыра алса, ал эми аял боюна түшө турган курак. Аялдардын мындай курагы болуп 15 тен 49 жашка чейинки куракты, эркектерде 16 дан 59 куракка чейин эсептесе болот.

**ВТОРИЧНЫЕ ПОЛОВЫЕ ПРИЗНАКИ (secondary sexual characteristics), экинчиликтүү жыныстык белгилер** – түзүлүштүн сырткы өзгөчөлүктөрү, алар аркылуу бир жыныс экинчи жыныстан айырмаланат: денесинин мүнөздүү пропорциялары, эмчек безинин өрчүү даражасы, чач өсүү мүнөзү, үндүн тембри ж.б. Алар жыныстык өрчүү мезгилинде калыптанат (өспүрүмдүк жана жаш курак).

**ВУАЙЕРИЗМ (voyeurism), вуайеризм** – башка адамдарга сексуалдык байкоо жүргүзүү. Кошумча караңыз: Жыныстык бурмалоо. – Скопофил (voyeur).

**ВУЛЬВА (vulva), вульва** – аялдардын жыныстык мүчөсүнүн сырткы бөлүгү, курамына чат, чоң жыныс эриндери (labia majora) жана кичине жыныс эриндери (labia minora), кын кире бериши жана клитор кирет. Кошумча караңыз: Кын алдындагы бездер.

**ВУЛЬВИТ (vulvitis), вульвит** – аялдардын жыныстык мүчөсүнүн сырткы бөлүгүнүн сезгениши (караңыз Кычышуу).

**ВЫДЕЛЕНИЯ ИЗ ВЛАГАЛИЩА (vaginal discharge), кындан чыгуучу суюктук** – ачык түстөгү суюктук, ал чоң эмес көлөмдө нормалдуу физиологиялык шарттарда бөлүнүп чыгат, ошондой эле гинекологиялык жана башка дарттарда өтө көп санда агат. (караңыз: Бели). Жеке гигиенаны сактаган аялдар, мындай суюктуктун чыгышын деле сезишпейт.

**ВЫКИДЫШ (miscarriage), боюнан түшүп кетүү** – караңыз: Аборт.

## Г

**ГАМЕТА (gamete), гамета** – жыныстык клеткалардын түрү, аялдардын урук клеткасы же эркек сперматозоиди. Сперматозоид менен жумуртка клеткасын уруктандырганда зигота пайда болот, аны менен жаңы организмдин өрчүүсү башталат. Гамета аркылуу ата энеден кийинки тукумга тукумдук маалымат берилет.

**ГАРМОНИЯ СЕКСУАЛЬНАЯ (sexual harmony), сексуалдык шайкештик** – мындай көрүнүштө жыныстык катнашуу эки партнерго тең канааттанууну алып келет.

**ГЕЙ (gay), гей** – «гей» термини өзгөчө гомосексуал – эркектерге тиешелүү колдонулат.

**ГЕНИТАЛИИ (genitals), гениталийлер** – жыныстык мүчөлөргө тиешелүү. Жыныстык органдардын жалпы аталашы. Аялдардын гениталийлери өзүнө чатты, чоң жана кичине жыныс эринчелер, клитор, жыныстык жылчыкты, кындын киребериш жерин, кызыдык челди, бартолиндик безди камтыйт. Эркектердин болсо эркектин жыныс мүчөсү жана калта түзөт.

**ГЕПАТИТ В (Hepatitis В), гепатит В** – боордун жабырканышынын түрү. Оорунун жугушунун негизги жолдору белгиленген: түйүлдүк ичиндеги (энеден балага түйүлдүктүн өрчүү мезгилинде жугат), интранаталдык (энеден балага төрөт убагында, болгондо да мындай жугуунун түрү көбүрөөк байкалат), жыныстык (инфекцияланган адам менен жыныстык катнашуудан кийин; мында вирустун берилиши спермадан, сагиналдык секрет менен же менструалдык кан аркылуу), түз (инфекцияланган адам менен мамилешүүдө, инфекцияланган нерселер менен сакал алгыч, тиш щеткасы, тарак, мончо дене жуугуч, сүлгү, жатуучу шейшеп, мурун арчыган бет аарчы ж.б), кан аркылуу (кан куюуда, хирургиялык жана диагностикалык манипуляцияларда, теринин бүтүмдүгү кокус бузулса). Өспүрүмдүк чөйрөдө В гепатити көпчүлүк учурда жыныстык жол менен жана жалпы шприц аркылуу жугат. Жукандан баштап биринчи белгилердин пайда болушуна чейин 1,5 айдан 6 айга чейин өтүп кетет.

**ГЕРМАФРОДИТ (hermaphrodite), кыз теке** – адамдын бир эле учурда эркекке жана аялзатына тиешелүү жыныстык органдарына, жыныстык органдардын бир эле мезгилде аналык без менен бирге урук бездерине тиешелүү клеткаларга ээ болуусу. – Гермафродитизм (hermaphroditism).

**ГЕРМАФРОДИТИЗМ (hermaphroditism), гермафродитизм** – жыныстык өрчүүнүн тубаса бузулушу, мында сырткы жыныс органдары аялдын да эркектин да белгилерине ээ болот. Болжол менен 2000 жаңы төрөлгөндөрдүн ичинен биринде кездешет. Адатта анык жана жалган деп айырмалашат. Анык болгондо, мүнөздүү гермафродиттик түзүлүш менен катар дагы адамда бир эле учурда эркектин жана аялдын да жыныс бездери болот. Жалганда жыныстык бездер эркектик же жалаң гана аялдык тип менен өрчүгөн болот.

**ГЕРПЕС (herpes), герпес** – герпес вирусуна чалдыккан тери оорусу. Жараланган аймактарда майда ыйлаакчалардын байда болушу менен мүнөздөлөт. Жөнөкөй герпес вирусунун (herpes simplex virus, HSV) эки түрү белгилүү: биринчиси кеңири таралган жөнөкөй герпести (cold sore) туудурат, биринчиси эринде же анын тегерегинде пайда болот, экинчиси гениаталдык герпести (genital herpes) туудурат, экинчиси жыныстык жол менен жугуучу жыныс органдарда пайда болот. Герпестин вирустары көздүн конъюктивасын жабыркашы мүмкүн (кошумча караңыз: Көздүн сыртындагы тунук челинде бутактанган жара).

**ГЕТЕР- (heter-), ГЕТЕРО- (hetero-), гетер-, гетеро-** – бир нерсе менен окшобостукту түшүндүрүүчү сөз.

**ГЕТЕРОСЕКСУАЛ (heterosexual), гетеросексуал** – индивид, ал карама-каршы жыныстын өкүлүнө сексуалдык кызыгууга дуушар болот.

**ГЕТЕРОСЕКСУАЛЬНОСТЬ (heterosexuality), гетеросексуалдуулук** – карама-каршы жыныстын өкүлүнө карата болгон эротикалык таңсык. Гетеросексуалдуулук өзүндө сексуалдык активдүүлүктүн нормада болгонун да жана бурмалоочу көрүнүштөрдү да ичинде камтышы мүмкүн. – Гетеросексуал (heterosexual). – Гетеросексуалдык (heterosexual).

**ГИГИЕНА (hygiene), гигиена** – адам ден соолугуна сырткы чөйрөнүн таасир этүүсүн окуп үйрөтүүчү илим.

**ГИГИЕНА ИНДИВИДУАЛЬНАЯ (individual hygiene), жекече гигиена** – гигиеналык эрежелердин комплекси, алар ден соолукту чыңдоо үчүн жана ишмердүүлүктү жогорулатуу үчүн аткарылат. Ал денени, кийимди, үй тиричилигиндеги буюмдарды таза кармоого кирет.

**ГИГИЕНА ЛИЧНАЯ (personal hygiene), өздүк гигиена** – караңыз: Жекече гигиена.

**ГИГИЕНА ПОЛОВОЙ ЖИЗНИ (sexual health), жыныстык жашоонун гигиенасы** – өздүк гигиенанын эрежелери, алар жыныстык чөйрөдөгү дарттырдын пайда болушун жана таралышын алдын алат. Аларга төмөнкүлөр кирет: жыныстык акттын алдында душка түшүү, сырткы жыныстык органдарды жылуу суу жана самын менен жуунуу, жыныстык катнашуудан кийин да жуунуу, сүртүнүү үчүн жекече полотенце керек. Биринчи жыныстык акттан кийин жыныстык катнашуудан кармануу сунушталат, ал аялдын кыздык чели айрылгандан кийин айыгыш керек (караңыз: Биринчи нике түнү). Менструация убагында да жыныстык катнашуудан кармануу керек, анткени жыныстык жолдорго инфекциянын өтүшү ыктымал жана кансыроонун күчөшүнө алып келет. Кош бойлуу мезгилде биринчи айларда жыныстык катнашуудан кармануу керек, ал эми төрөттүн алдындагы айларда толугу менен жыныстык катнашууну токтотуу керек. Жыныстык катнашуу төрөттөн кийин да 6–8 жумадан кийинки аралыкта болбойт.

**ГИГИЕНА ПОЛОВЫХ ОРГАНОВ ЖЕНЩИН (female genital hygiene), аялдардын жыныстык органдарынын гигиенасы** – чаралардын топтому, алар аялдын ар кандай жашоо кырдаалдарындагы жыныстык органдарында дарттардын пайда болушун алдын алат. Кыздын жыныстык органдарынын былжырлуу чели абдан назик, бат жараланган, инфекцияларга жеңил дуушар болгон, ошондуктан аны өзгөчө тазалыкта кармаш керек. Ар бир заара кылгандан кийин, эртең менен жана кечинде жылуу суу менен жуунуш керек.

Жыныстык өрчүү мезгилинде кыздар өздүк гигиенанын баардык эрежелерин өздөштүрүш керек. Кызды алдын ала биринчи этек кирдин келиши жөнүндө айтып, даярдаш керек, ал убакта жыныстык органдар организмдин коргоо күчтөрүнүн төмөндөшү менен инфекцияларга өзгөчө дуушар болушат. Эгер жыныстык органдардын былжырлуу челдери сезгенип калса, аларды ромашка гүлүнүн, череданын, чайдын бир аз демдеми менен чайкануу зарыл. Этек кир циклинин календарын түзүү зарыл, ал жерде этек кирдин башталган күнүн жана бүткөн күнүн жазуу керек.

**ГИГИЕНА ПОЛОВЫХ ОРГАНОВ МУЖЧИН (male genital hygiene), эркектердин жыныстык органдарынын гигиенасы** – жыныстык органдардын гигиенасы, ал эркектерде жыныстык оорулардын пайда болушун жана таралышын алдын алат. Мындай гигиена жыныстык органдарды такай жуунууну камтыйт. 5 жашка чейинки балдарда такай жыныстык мүчөнүн учунун ичкериши болуп турат, ал жыныстык мүчөнү толугу менен чыгарууга тоскоолдук кылат (караңыз: Фимоз). Бул учурда гигиеналык чараларды аткаруу сөзсүз керек. 5 жаштан кийин физиологиялык фимоз өтүп кетет, жана жыныстык мүчөнүн учун оңой эле чыгарып топтолгон смегманы, ошондой эле былжырлуу суюктукту, зааранын калдыктарын, жууп салууга оңой болот. Өспүрүм куракта эркек бала жыныстык органдардын гигиенасы жөнүндө өз алдынча ыкмаларды алыш керек. Өспүрүмгө боло турган поллюциялардын пайда болушу жөнүндө алдын ала даярдап, айтып бериш керек. Поллюциялардан кийин жыныстык органдарды жылуу суу менен жууп чыгыш керек. Эгер жыныстык мүчөнүн учу сезгенип жана жыныстык мүчөдөн ириң акса, анда дароо урологго кайрылыш керек. Өспүрүмдү кокус жыныстык катнашуулардан коргоо керек, ага деликаттуу түрдө венерикалык дарттар менен жугуп калуу кырдаалдар жөнүндө алдын ала айтуу зарыл.

**ГИДРОЦЕЛЕ (hydrocele), гидроцеле** – эркектин жумурткасына суу толуп кетүү. Мында калтанын оору туудурууп шишип кетүүсү байкалат; дарылоо хирургиялык, баардык көңдөйдүн суюктукту дренаждоо же алып салуу жолу менен аткарылат.

**ГИМЕН (hymen), гимен** – кыздык белги.

**ГИМЕНЕЙ (Hymen), Гименей** – грек жана рим мифологиясында – нике кудайы. Каймана мааниде «Гименей байланышы» – үй-бүлөлүк байланыш.

**ГИН- (gyn-), ГИНО- (gyno-), ГИНЕКО- (gynaec(o)-), гин-, гино-, гинеко-** – аял организмин же аялдардын репродуктивдик органдарын түшүндүрүүчү сөз.

**ГИНЕКОМАСТИЯ (gynaecomastia), гинекомастия** – чоңдугу жагынан эмчеги аялдыкына окшогон эркек. Бул кээ бир эндокринндик дарттарда пайда болот.

**ГИПЕР- (hyper-), гипер-** – туюндурууучу сөз: 1. Ашыкча; адаттан тышкары бийик. 2. Анатомияда – бир нерсенин үстүндөгү.

**ГИПЕРСЕКСУАЛЬНОСТЬ (hypersexuality), гиперсексуалдуулук** – жыныстык кызыгуунун ашыкча болушу.

**ГИПЕРСЕКСУАЛЬНОСТЬ ПУБЕРТАТНАЯ (hypersexuality pubertal), пубертаттык гиперсексуалдуулук** – өспүрүм курактагы жыныстык дүүлүгүүнүн жогору болушу, ал эркек балдарда такай жана көпкө чейин созулган эрекциясын көрүнүштөрүндө, тыюу салынбаган эротикалык фантазияларда, мастурбацияда болот. Анын физиологиялык негизи болуп, андрогендердин кескин секрециясынын күчөшү болуп саналат.

**ГИПЕРСУБЛИМАЦИЯ (hypersublimation), гиперсублимация** – туруктуу, кээде кайра жангыс сексуалдык кызыгуу ал башка максаттуу системалык түрдө мотивдештирүүнүн сүрүп чыгарылышынын жыйынтыгында пайда болот: спорт менен, көркөм искусство менен, дин менен кызыгуу. Кошумча караңыз: Сублимация.

**ГИПО- (hypo-), гипо-** – татаал сөздөрдүн баштапкы бөлүгү, ал «нормадан төмөн»дегенди түшүндүрөт.

**ГИПОСЕКСУАЛЬНОСТЬ (hyposexuality), гипосексуалдуулук** – сексуалдык муктаждыктрадын деңгээлинин, сексуалдык активдүүлүктүн жана жыныстык жакындыктын

төмөндөшү, бирок мында адамда кайсы-бир бузулуштар байкалбайт. Аялдарда мындай көрүнүш сейрек кездешет, ал фригиддүүлүк деп аталат.

**ГИПОСТЕЗИЯ СЕКСУАЛЬНАЯ (sexual hypostezia), сексуалдуу гипостезия** – караңыз: Фригиддүүлүк.

**ГОМО (homo-), гомо** – бир нерсенин бүтүндүгүн же аны менен байланышкандыгын түшүндүрүүчү сөз.

**ГОМОСЕКСУАЛ (homosexual), гомосексуал** – өзүнүн жынысындагы өкүлдөргө сексуалдуу кызыгуу.

**ГОМОСЕКСУАЛЬНОСТЬ (homosexuality), гомосексуалдуулук** – өз жынысташ адам менен жыныстык катнаш. Эркек эркек менен, аял аял менен жыныстык катнашуу (кошумча караңыз: Лесбиянсчылык). –Гомосексуалдык. – Гомосексуал.

**ГОМОСЕКСУАЛИЗМ (homosexuality), гомосексуализм** – өзүнүн жынысындагы өкүлдөргө сексуалдуу кызыгуу.

**ГОМОСЕКСУАЛИСТ (homosexual), гомосексуалист** – караңыз: Гомосексуал.

**ГОМОФОБИЯ (homophobia), гомофобия** – терс, душмандык жана коркуу менен чектелүүчү, көпчүлүк гомосексуалдарга тиешелүү каралган мамиле.

**ГОНАДА, ЖЕЛЕЗА ПОЛОВАЯ (gonad), гонада, жыныс бези** – эркектердин же аялдардын жыныс органы, аларда гаметалар (жыныс клеткалар) пайда болот. Караңыз: Энелик тукум без, Урук бези.

**ГОНОРЕЯ (gonorrhoea), гонорея** – адамдын жыныс мүчөсүнүн жолун сезгентүүчү жугуштуу оору. Бул дартка Neisseria gonorrhoeae бактериясы себепкер болот, алар аялдардын жана эркектердин жыныс органдардагы былжырлуу челди жабыркайт. Дарттын симптомдору жуктуруудан кийин бир жумадан кийин байкалат. Адам заара кылганда ооруп, ириңдүү суюктуктар (өнөкөт гонореялык уретрит (gleet)) табарсык каналынан (эркектерде) же кындан (аялдарда) пайда болот. Эгер дарттан дарыланбаса, анда ал адамдын репродуктивдик органдарына таралып кетет жанатукумсуздуктун себеби болушу мүмкүн.

**ГОРМОН ПОЛОВОЙ (sex hormone), жыныстык гормон** – стероиддик гормон, көбүнчө энелик тукум безинде же эркектин жумурткасынан бөлүнүп чыгарылат, ал адамда жыныстык өрчүүнү жөнгө салат. Эстрогендер жана прогестерон аялдардын жыныстык гормондору болуп саналат; андрогендер – эркектердин жыныстык гормону болуп саналат.

**ГРАЖДАНСКИЙ ПОЛ (civil floor), жарандык жыныс** – официалдуу түрдө катталган жыныс; ал төрөлгөндө аныкталат жана морфологиялык жыныстан түздөн-түз чыгарылат. Караңыз: Акушердик жыныс.

**ГРАНУЛЁМА ВЕНЕРИЧЕСКАЯ (venereal granuloma), венерикалык гранулема** – өнөкөт инфекциялык дарт, ал жыныс жолу менен жугат. Ал өзгөчө тропикалык климаты бар өлкөлөрдө кездешет. Бул дарт менен чоң кишилер гана ооруйт. Оорунун инкубациonндук (жашыруун) кырдаалы бир нече күндөн 3 айга чейин созулат. Оору жыныстык органдардын терисинде сезгеничтүү түйүндөрдүн 4 см ге чейин болушу менен мүнөздөлөт, алар кийинчерээк оору туудурбаган, жумшак, ачык кызыл түстөгү жаракаларга айланат. Венерикалык гранулемада, жыныстык органдар, чат аймагы, жука чурайлык бүгүлүштөр, чаткаяк, сандын ички бети жабыркайт. Өтө татаалдашып кеткенде сыртки жана ички жыныстык органдардын структурасы бузулгандыгы байкалат.

**ГРАНУЛЕМА ПАХОВАЯ, жука чурайлык гранулема** – инфекциялык дарт, ал Calymmatobacterium granulomatis түрүндөгү бактериялар менен козголот, алар бир адамдан экинчи адамга жыныстык катнашуудан кийин өтөт.

**ГРУДНЫЕ ЖЕЛЕЗЫ (breast glands), эмчек бездери** – жуп тери бездери, жаңы төрөлгөн баланы эмизүү үчүн сүт бөлүп чыгарышат. Эмчек бездеринин өрчүүсү аялдарда жыныстык өрчүүдөн кийин башталат (12–15 жашта). Сүттү эмчек бездери бала

төрөлгөндөн баштап бөлүп чыгара баштайт жана ал эмчек эмизүү кырдаалы созулганга чейин болот. Эркектерде эмчек бездери да бар, бирок алар өрчүбөйт, өмүрүнүн акырына чейин алгач абалда калышат.

**ГУБЫ ПОЛОВЫЕ (labia), жыныстык эриндер** – өзүнүн сырткы көрүнүшү менен эринди элестетүүчү пайда болуу, өзгөчө эки тери катмарынын бири, алар вульваны курчап турат. Бул жуптун сырткы катмары чоң жыныстык эрин (labia majora) деп аталат, кичирээги ички жубу – кичине жыныстык эриндер (labia minora) деп аталат.

# Д

**ДВУПОЛОСТЬ (bisexual), эки жыныстуулук** – өсүмдүктөр жана төмөнкү тирүү организмдер үчүн (курттар, губкалар жана көпчүллүк моллюскалар) нормалдуу көрүнүш; омурткалуулар үчүн бул сейрек кездешүүчүү туура эмес көрүнүш. Караңыз: Гермафродитизм.

**ДЕВСТВЕННАЯ ПЛЕВА (hymen), кыздык чел** – ичке жука пленка, ал аялдын сырткы жана ички жыныстык органдарын бөлүп турат. Кыздык челдин тубаса жоктугу кездешет, аны аплазия дешет. Ошондой эле кыздык челди бузуудан кийин кайталанып өсүшү мүмкүн, аны атрезия деп аташат. Кээ бир учурларда кыздык челди хирургиялык жол менен жасалма кесип салуу же кайта калыбына келтирүү колдонулат.

**ДЕВСТВЕННОСТЬ (virginity), кыздык белги** – аялда мурун жана азыркы мезгилде жыныстык катнашуунун жок болушу. Адабиятта, искусстводо «кыздык»деген термин тазалыктын синоними катары колдонулат. Анатомиялык аялдык кыздык белги кыздык челдин бузулбашы жана жыныстык катнашуунун болбогондугун көрсөтүп турат. Бирок кээ бир учурларда кыздык чел ушунчалык ийилчээк болот, системалык түрдөгү жыныстык катнашуудан кийин да сакталып калат. Мындай аял кыздык белги сакталды деп эсептелинбейт.

**ДЕПРЕССИЯ ПОСЛЕРОДОВАЯ (puerperal depression, postnatal depression), төрөттөн кийинки депрессия** – ооручулук абал, ал ялдын төрөттөн кийин көңүлүнүн төмөндөшү менен мүнөздөлөт. Адатта мындай абал төрөттөн кийин экинчи же үчүнчү күнү өрчүйт жана болжол менен эки айга чейин созулат. Көпчүлүк учурларда депрессия өтө деле катуу эмес билдирет, бирок 1000 кырдаалдын ичинен биринде оор депрессия өрчүйт, анда аялды атайын ооруканага жаткызууга керек болуп калат.

**ДЕПРИВАЦИЯ СЕКСУАЛЬНАЯ (deprivation sexual), сексуалдык депривация** – караңыз: Жыныстык абстиненция.

**ДЕПРИВАЦИЯ СУПРУЖЕСКАЯ (matrimonial deprivation), жубайлык депривация** – жубайлардын бири-бирине болгон көңүл бурuунун жоктугу же жетишсиздиги.

**ДЕТСКОЕ МЕСТО (afterbirth), жатындагы баланын тону** – бул түзүлүш, ал түйүлдүк менен эненин организми менен болгон түйүлдүк ичиндеги өрчүүдө экөөнүн ортосундагы мамилени түзөт. Караңыз: Плацента.

**ДЕФЛОРАЦИОФОБИЯ (defloratsiofobiya), дефлорациофобия** – дефлорациянын алдында болгон коркунуч туудуруучу сезим. Бул вагинизмдин фобиялык формасынын көрүнүшү болуп саналат.

**ДЕФЛОРАЦИЯ (defloration), дефлорация** – кыздык челдин айрылышы, ал адатта биринчи жыныстык катнашууда болот. Кошумча караңыз: Рефлорация.

**ДИС- (dis-), дис-** – бөлүнүү түшүнүгүн берүүчү сөз.

**ДИСГАМИЯ (dysgamia), дисгамия** – жубайлардын ортосундагы мамилешүүнүн дисгармониясы, ал адатта жыныстык канааттандырбоону туудурат, үй-бүлөлүк мамилелердин бузулушуна алып келет жана невроздун жаралышынын бирден бир себеби болуп калат.

**ДИСМЕНОРЕЯ (dysmenorrhoea), дисменорея** – дин эки формада оору коштой келиши. Баштапты (спазматикалык) дисменорея (primary (spasmodic) dysmenorrhoea) этек кир

келген алгачкы мезгилдерде учурайт жана ал келин-кыздарга тиешелүү. Ичтин ылдый жагы ооруксунуп, оору этек кир келер алдында же келип баштагандан тартып, бүткүчөктү созулат. Адатта, бул мезгилде аялдарды жүрөк айлануу, кусуу, баш оору жана алсыздык абалы коштойт. Баштапкы дисменореянын негизги себеби болуп, аял организминдеги простагландин көлөмүнүн ашыкча иштелип чыгышы саналат. Кайталанма (ээ болгон) (secondary (congestive) dysmenorrhoea) дисменорея жаш курагы өтүп калган аялдарда жоолугат. Эреже катары ал этек кирдин келишине бир нече күн же эки жума калганда ичтин ылдый жагында ооруксунуу спазмалары менен башталат. Мындай оорунун себеби, кичи жамбаш сөөк органдарындагы эндометриоз, жатын фибромасы өңдүү оорулар менен байланыштуу.

**ДИСМОРФОФОБИЯ (dysmorphophobia), дисморфофобия** – дене жыл өткөн сайын деформация болуу менен айланасындагыларды өзүнүн формасы менен иренжитип баштайт деген өңдүү адамдын тынчын алып, чүнчүтүп жиберүүчү ишеним же сөзсүз ушундай болот деген коркунуч.

**ДИСФОРИЯ ГЕНДЕРНАЯ (gender dysphoria), гендерлик дисфория** – караңыз: Жыныстык дисфория.

**ДИСФОРИЯ ПОЛОВАЯ (sexual dysphoria), жыныстык дисфория** – өзүнүн жыныстык белгиси менен курч канааттандырарлык эместиктин туруктуу абалы, өзүнүн жынысын алмаштыруу боюнча каалоосу.

**ДИСФУНКЦИЯ (dysfunction), дисфункция** – бузулуу, организмдин органдардын же ткандардын ишмердүүлүк системасынын бузулушу. Мисалы, тукум безинин дисфункциясы, бул аялдардын жыныстык бездеринин бузулушу.

**ДОМИНАНТНОСТЬ (dominance), үстөмдүк кылуучулук** – жетекчилик абалды ээлөөгө жакындык жана касиеттүүлүк, анын катарына жыныстык мамилелер да кирет.

**ДОНЖУАНИЗМ (Don Juanism), донжуандуулук** – эркектин аялды такай алмаштырууга умтулуусу, анын кызыгуусу жыныстык катнашуудан кийин жоголот.

## Е

**ЕВГЕНИКА (eugenics), евгеника** – генетиканын принциптерине таянуу менен адамзат расасын жакшыртуу боюнча иш алып баруучу илим. Бул изилдөөлөрдүн негизиги объектиси болуп, мүмкүн болсо, адам баласындагы тукум куучулук ооруларды түптамырынан жоготу саналат.

**ЕВНУХ (eunuch), евнух** – кастрацияга дуушар болгон эркек.

**ЕВНУХОИДИЗМ (eunuchoidism), евнухоидизм** – эндокринндик дарт, ал жыныстык бездердин функциясынын бузулушу менен, жыныстык органдардын өрчүбөстүгү менен, дене түзүлүшүнүн дипропорциясы менен, семирүү менен мүнөздөлөт. Өз убагында жасалган диагностика жана гормоналдык терапия, көпчүлүк клиникалык көрүнүштөрдү алып салууга мүмкүндүк берет.

## Ж

**ЖЕЛЕЗА ПРЕДДВЕРИЯ БОЛЬШАЯ (greater vestibular gland), чоң киребериш бези** – караңыз: Бартолиндик бездер (Bartholin's Glands).

**ЖЕЛЕЗА ПРЕДСТАТЕЛЬНАЯ (prostate gland), урук чыктагыч без** – эрендик курамына кирчүү щелочтуу секретти (зат) иштеп чыгуучу булчундуу орган; эркектин жардамчы жыныстык бези. Кары адамдарда урук чыктагыч бездин чоңойуп кеткендиги байкалат (урук чыктагыч бездин коркунучсуз гипертрофиясы). Мунун өзү табарсыктын оозун кысып калып, сийдиктин сыртка чыгуусуна жолтоо болот. Табарсык чоюлуп, андагы ба-

сым жогорулоо менен сийдик заара чыгуучу жолдор аркылуу бөйрөк көңдөйүнө, нефрондорго өтөт да, бөйрөктүн жабыркашына алып келет. Дарылоо учурунда бейтапка ар кыл дарылар жазылып берилет же простатэктомия жүргүзүлөт.

**ЖЕЛЕЗЫ ГРУДНЫЕ (mammary glands), эмчек бездери** – адамдарда эмчек бездери, аялдарда да эркектерде да бар. Өзүнүн структурасы боюнча алар окшош, өзүнүн өрчүү даражасы менен гана айырмаланып турушат. Жыныстык өрчүү башталганга чейин балдардын жана кыздардын эмчектери эч айырмаланбайт. Кээ бир эндокринндик системанын бузулушунда жыныстык жактан өрчүгөн эркектерде эмчектин чоңоюшу (гинекомастия) байкалат жана сүттүн секрециясы болот. Эмчек бези (glandula mammaria же mamma) – жуп орган, ал теринин апокринндик тибине тиешелүү болот. Жыныстык жактан жетилген аялдын эмчек бездери эки симметриялык жарым шар сымал дөңчөнү пайда кылат, алар алдынкы көкүрөк дубалда үчүнчү менен алтынчы же жетинчи кабырганын аймагында жайгашкан. Өзүнүн көпчүлүк аймагы менен ар бир без чоң төш булчуңга (m. pectoralis major) жана алдынкы тиш сымал булчуңга жарым жартылай бекитилген. Сырткы жагынан сүт безинин ортосунда көңдөйчө (sinus mammarum) бар. Сүт бездеринин кан менен камсыздоосу негизинен ички төш (a. mammaria interna) жана каптал төш (a. thoracalis lateralis) артериялар менен камсыздалат.

**ЖЕЛЕЗЫ МОЛОЧНЫЕ (mammary glands), сүт бездери** – караңыз: Көкүрөк бездери.

**ЖЕЛТОЕ ТЕЛО (corpus luteum), сары дене** – ички секрециянын убактылуу бези, ар бир айда аялдын тукум безинде, чыгып кеткен жумуртка клеткасынын ордунда өрчүйт; кош бойлуулукту жөнгө салуучу гормонду – прогестеронду бөлүп чыгарат.

**ЖЕНОНЕНАВИСТНИЧЕСТВО (misogyny), аялды жек көрүүчүлүк** – эркектин аялга карата терс, жек көөрүүчүлүккө чейин жеткен мамилеси.

**ЖЕНСКАЯ КОНСУЛЬТАЦИЯ (Women's consultation), аялдар консультациясы** – медициналык мекеме, ал аялдарга акушердик – гинекологиялык жардам көрсөтөт. Баланын аман - эсен төрөлүшү негизинен аялга өз убагында кош бойлуук боюнча учетко тургузуудан көз каранды болот. Бул төрөткө жакшы даярдануу үчүн, боюнан түшүп калуу мүмкүнчүлүгүн төмөндөтөт жана башка кырдаалдардан сактап калат. Өзгөчө учетко жүрөк-тамырлык дарттар менен, аз кандуу же жамбашы ичке болгон аялдарды алат. Татаалдашып кеткен оор дарттарда жана токсикоздо кош бойлуу аялдарды ооруканага жаткырышат.

**ЖЕНСТВЕННОСТЬ (womanhood), аялдык** – салтту түрдө аялдарга таандык эркектерди тарткан сапаттар: назиктик, жумшактык, мээримдүүлүк, сылыктык ж.б.

## З

**ЗАБОЛЕВАНИЯ ВЕНЕРИЧЕСКИЕ (venereal diseases), венерикалык дарттар** – караңыз: Классикалык венерикалык оорулар.

**ЗАРОДЫШ (embryo), түйүлдүк** – алгачкы өрчүү даражасындагы адамдын организми. Уруктандыруудан кийин жумуртка клеткасы бөлүнө баштайт жана көп клеткалуу түйүлдүккө айланат, ал жатындык түтүктөрдөн жылып отуруп, болжол менен 4–5 күндөн кийин жатынга келет жана анын шишип калган былжырлуу чел кабыкка кирет. Түйүлдүк клеткалардын чоң эмес бөлүктөрүнөн кабыктар түзүлөт. Сырткы кабык жатын жакка сүрүлүп андан кийин плацентага айланат, ал аркылуу азыктануу процесси өтөт. Ичке ички кабык түйүлдүк жанындагы баштыкчаны түзөт, анын ичинде түйүлдүк өрчүйт.

**ЗАЧАТИЕ (conceiving), бойго бүтүп калуу** – сперматозоид менен жумуртка клеткасын уруктандыруу. Адатта ал жатын түтүктөрүнүн биринде болот, алар аркылуу жумуртка клеткасы тукум безине өтөт андан жатынга. Жарым саатан кийин аялдын жана эркектин жыныс клеткалары кошулат. Андан кийин уруктандыруудан кийин жатындык түтүктөрдө биринчи

бөлүнүү болот, бир нече саатан кийин-кийинкиси бөлүнөт. Андан аркы өрчүү жатында уланат, ал жерде түйүлдүктүн жатындын дубалына кирүүсү болот (караңыз: Плацента).

**ЗДОРОВЫЙ ОБРАЗ ЖИЗНИ (healthy lifestyle), дени сак жашоо образы** – жалпы бекемдөө жана жалпы-гигиеналык факторлордун системасы, алар организмдин адаптативдик мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатуучу жана адамдын социалдык функцияларды аткаруу үчүн жана активдүү көп жашоочулукка көмөк корсөтүүчү система. Мындай жашоо образы нормада болгон кыймылдык активдүүлүктү, иш жана эс алуу эрежелерин так аткаруу, рационалдуу тамактануу, нормалдуу уйку (7–8 с), чыйрактык, жаман адаттардан баш тартуу (тамеки тартуу, ичкиликтерди ичүү, банги заттарды колдонуу ж.б.).

**ЗДОРОВЬЕ (health), ден соолук** – организмдин толук физикалык жана психикалык бакубаттыгы, оорулардын жана физикалык дефектилердин жок болушу.

**ЗДОРОВЬЕ ПОЛОВОЕ (sexual health), жыныстык ден соолук** – адамдардын сексуалдык өз ара аракетинин физиологиялык, эмоционалдык жана социалдык аспектилердин, инсанды байыткан комплекси.

**ЗОНА G (zone G), G аймагы** – кындын дубалынын астынкы үчүнчү аймагы, ал жогору эротикалык сезгичтикке ээ болот.

**ЗОНА ГРАФФЕНБУРГА (Graffenburg area), Граффенбургдун аймагы** – караңыз: G аймагы.

**ЗООФИЛИЯ (zoophilism), зоофилия** – кан соруучу кумурскалардын, адамдардын же айбандардын каны менен тамактанышы, жаныбарларга жыныстык кызыгуу, ал жаныбарларга карата өтө эле мээримдүүлүк жана эркелетүү менен мамиле кылуу же жыныстык катнашуу түрүндө көрсөтүлөт (бестиализм). – Зоофилдик.

## И

**ИЗВРАЩЕНИЕ ПОЛОВОЕ (sexual deviation), жыныстык бейадеп** – коом тарабынан кабыл алынбаган сексуалдык жүрүм-турум. Кандайдыр бир буюмдар менен болгон сексуалдык катнаш же жыныстык иш-аракеттер учурунда кайсы бир ыкмаларды колдонуу. Адамдын мындай нормадан тайгандык, адамдын өзү менен бирге айланасындагыларды убайымга салган учурларда дарылоого алынат.

**ИЗНАСИЛОВАНИЕ (rape), зордуктоо** – физикалык зордук же жабыркануучунун алсыздыгы менен колонгон зомбулук көрсөтүү менен жыныстык катнашуу. Ал кылмыш катары жазаланат.

**ИМПЛАНТАЦИЯ (implantation), имплантация** – эмбрионду жатын бетине жармаштырып бекитүү (мунун өзү бластоциста деп аталуу менен уруктангандан тартып 7–8 күндөн кийин келип чыгат). Кошумча караңыз: Плацента.

**ИМПОТЕНЦИЯ (impotence), импотенция** – эркектин жыныстык катнаш жасоо мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу. Эректилдик (erectile) импотенцияда жыныстык мүчө жетишээрлик деңгээлде катуу чыңалбагандыктан улам аялдын жыныстык мүчөсүнүн ичине (кынга) оңой менен кирбейт. Ал эми эякулятордук (ejaculatory) импотенцияда урук түшпөйт, башкача айтканда, эркек оргазмга жетпейт. Импотенциянын бул эки түрү тең адамдагы кайсы бир оору: мисалы, диабет (импотенциянын органикалык (organic) түрү), кандайдыр бир психикалык же эмоционалдык жабыркоолор (психогенндик (psychogenic) импотенциянын себеби) менен байланыштуу келип чыгуусу мүмкүн.

**ИНВЕРСИЯ СЕКСУАЛЬНАЯ (inversion sexy), сексуалдык инверсия** – караңыз: Гомосексуализм.

**ИНВОЛЮЦИЯ СЕКСУАЛЬНАЯ (sexual involution), сексуалдык инволюция** – жаш өткөн сайын жыныстык активдүүлүктүн басаңдашы, жашоодогу жыныстык кызгуусунун бошоңдошу.

**ИНИЦИАЦИИ (initiation), демилгелер** – тукумдук коомдо арналган салттар, алар жаш кыз менен жигитти жогорку курамдык класска которууда, аял менен эркектин классына которуу менен байланышкан. Бул байыркы заманда эле жаралган. Алардын негизги максаты болуп жаштарды коомдук жана үй-бүлөлүк жашоого даярдоо, алар ар кандай ыкмаларды, текшерүүлөрдү колдонушкан.

**ИНТИМНОСТЬ (intimacy), жакындык** – адамдардын жакын, сырлуу ички мамилелери. Сексуалдык жакындык жыныстык мамилешешүүдө, ички дүйнөлүк жана физикалык бирдикте байкалат.

**ИНТРОМИССИЯ (intromission), интромиссия** – кынга жыныстык мүчөнү киргизүү.

**ИНФАНТИЛИЗМ (infantilism), инфантилизм** – бойго жеткен адамдарда балдарга тиешелүү жүрүм-турум формаларынын байкалышы.

**ИНФЕКЦИЯ (infection), инфекция** – ооруга чалдыктыруучу жугуштуу микробдордун же вирустардын организмге кириши.

**ИНЦЕСТ (incest), инцест** – жакын туугандардын ортосундагы жыныстык байланыш (ата-энесинин жана балдарынын, агасы менен карындашынын). Анын кесепетинен төрөлгөн балдар, адатта оорукчан, ар кандай дене мүчүлүштүктөрүнө чалдыгышат, кээ бир учурларда көп жашабайт.

**ИПСАЦИЯ (ipsation), ипсация** – сексуалдык өзүн өзү канааттандыруу, көпчүлүк учурда гениталийлерди тутандыруу жолу аркылуу болот. Караңыз: Мастурбация.

**ИСКУССТВЕННЫЙ АБОРТ (Artificial abortion), жасалма аборт** – оорулуунун жалпы абалына байланыштуу жана ар кайсы өлкөнүн мыйзамына туура келген учурда аялдын боюнан түшүрүү.

## К

**КАМАСУТРА (Kamasutra), Камасутра** – байыркы индиялык ыр чыгармасы, ал сүйүү искусствосуна арналган жана сексуалдык мамиледе жетишээрлик канааттандырууга жетүү үчүн ар кандай ыкмалар көрсөтүлгөн.

**КАНДИДОЗ (candidosis, candidiasis), кандидоз** – өңдүү ачыткы сымал грибоктордун (адатта Candida albicans) таасири алдында козголуп жана адамдын нымдуу дене бөлүкчөлөрүндө байкалуучу кеңири таралган инфекция. Өзгөчө кынды жабыркоодо көп кездешет, ал чел кабыктын грибок дарты (молочница) (thrush) деп аталат, бирок кандидоз ооз көңдөйүндө да жана теринин катмарларында да өрчүшү мүмкүн.

**КАНДИДОЗ ПОЛОВЫХ ОРГАНОВ (genital candidiasis), жыныстык органдардын кандидозу** – жыныстык органдардын грибоктук дарты. Караңыз: Кандидоз.

**КАСТРАЦИЯ (castration), кастрация** – операциялык жол менен жыныстык безди алып таштоо же анын иштешин токтотуу. Рентгендик нур менен кактап да кастрация жасоого болот.

**КИСТА ЯИЧНИКОВ (ovarian cyst), тукум безинин кистасы** – аялдардын тукум безиндеги шишиги, ал фолликулда же сары денеде сезгенич процесстердин кесепетинен пайда болот. Киста аялдарда ар кандай куракта пайда болушу мүмкүн, бирок көпчүлүк учурда бала төрөгөн куракта.

**КЛИМАКС (climacteric), климакс** – 1. Аз-аздап аялдардын этек кири токтой баштаган мезгил. Ал 45–50 жаш курагында байкалышы мүмкүн. Караңыз: Менопауза. 2. (Эркектер климаксы (male climacteric)): жыныстык жакындыктын начарлашы жана уруктандырууга жөндөмдүүлүгү начарлайт, ал улгайган куракта өрчүйт.

**КЛИТОР (clitoris), клитор** – аялдардын жыныстык мүчөсүнүн бөлүгү, эриктилдик ткан менен жаралган (караңыз: Үңкүрчөлүү дене); клитор уретра менен бирикпейт.

**КОИТУС (coitus), АКТ ПОЛОВОЙ (sexual intercourse), КОПУЛЯЦИЯ (у простейших) (copulation), коитус, жыныстык катнашуу, копуляция (жөнөкөйлөрдө)** – жыныстык катнашуу. Кошумча караңыз: Оргазм. – Коиталдык (coital).

**КОИТУС ПРЕРВАННЫЙ (coitus interruptus), бөлүндүүчү коитус** – контрацепциянын ыкмасы, мында жыныстык мүчө кындан урук чыгаруудан мурда алынат.

**КОКЕТСТВО (coquetry), ойсондогондук** – кыймыл аракеттердин топтому, алар аркылуу аял эркектин көңүлүн өзүнө бурдурууга аракет жасайт.

**КОЛПАЧКИ ЖЕНСКИЕ (female contraceptive caps), аялдардын капкакчалары** – механикалык кош бойлуулукка каршы каражаттар, алар кош бойлуу болгондон сактайт. Диафрагмалар же капкакчалар болот, алар кынга киргизилет, моюндук капкакчалар жатындын моюнчасына кийгизилет. Алар ар кандай формада жана көлөмдө болушат.

**КОМПЛЕКС МАДОННЫ (Madonna complex), Мадонна комплекси** – конкреттүү бир аялды өтө сүйүү, ага ийилүү жана кудай сыяктуу кароо.

**КОМПЛЕКС СЕКСУАЛЬНОЙ ГОТОВНОСТИ (sexual readiness complex), сексуалдык даяр болуу комплекси** – психофизиологиялык реакциялардын топтому, ал эркектин жана аялдын организминде сүйүү оюндарынын мезгилинде жана аларды жыныстык актыны жасоо үчүн даярдоодо пайда болот.

**КОНТРАЦЕПТИВ ОРАЛЬНЫЙ (oral contraceptive), оралдык контрацептив** – дарылык препарат, курамына бир же бир нече синтетикалык жыныс гормондор кирет, аялдар боюна бүтпөс үчүн колдонулат. Кошумча караңыз: Посткоиталдык контрацепция.

**КОНТРАЦЕПТИВЫ (contraceptives), контрацептивдер** – кош бойлуулукту алдын алуу үчүн колдонулган каражаттар. Овуляцияны алдын алуу үчүн гормоналдык кражаттар жардам берет (караңыз: Оралдык контрацептив). Жумуртка клеткасын уруктандырудан жыныстык актыны токтотуу, презервативди колдонуу жана ошондой эле алдын ала доктурдун хирургиялык кийлигишүүсү болот (караңыз: Стерилизация). Жатын ичиндеги контрацептивдер жатынга уруктанган жумуртка клетасынын киришине тоскоолдук кылат (караңыз: Жатын ичиндеги спираль). Кошумча караңыз: Контрацепциянын биологиялык ыкмасы.

**КОНТРАЦЕПЦИЯ (contraception), контрацепция** – боюна болтурбоого алдын ала сактануу чаралары. Боюна болтурбоо химиялык заттарды же ар түрлүү нерселерди колдонгондо да ишке ашырылат.

**КОНТРАЦЕПЦИЯ ПОСТКОИТАЛЬНАЯ, КОНТРАЦЕПЦИЯ ПОСТКОИТУСНАЯ (postcoital contraception), посткоиталдык контрацепция, посткоитустук контрацепция** – контрацепциянын ыкмалары, алар кош бойлуулукту алдын алуу үчүн керектелет, жыныстык катнашуудан кийин кош бойлуулукту алдын алуу үчүн колдонулат. Мындай ыкманын үч түрү бар: 1) Юспа ыкмасы (Yuzpe method), ал 72 саатын ичинде жыныстык катнашуудан кийин чоң дозада эстрогенди жана прогестеронду ичүү. 2) дарылык каражат - антипрогестеронду (мисалы, мифепристонду) бир жолу ичүү, ал жыныстык катнашуудан кийин 72 сааттын аралыгында иштейт; жана 3) жатын ичиндеги контрацептивдик жабдыкты киргизүү, ал жыныстык катнашуудан кийин 5 күндүн аралыгында коюлат.

**КРАЙНЯЯ ПЛОТЬ (foreskin), четки жыныс мүчөсү** – жыныс мүчөсүнүн терисиндеги катмар, ал кыймылдап учун жабат.

**КРИПТОРХИДИЗМ (cryptorchidism), КРИПТОРХИЗМ (cryptorchism), крипторхидизм, крипторхизм** – бул патологияда, эркек баланын калтасындагы бир же эки жумурткасы тең түшүп калгандыгы. Орулууларда репродуктивдик функциясы бузулган – эки жактуу формада бул дарттын 10 % эркектерде гана сперматозоид иштеп чыгарылат. Мындай учурда кичинекей кезде хирургиялык кийлигишүү көрсөтүлгөн. – Крипторхитикалык (cryptorchid).

**КРИТИЧЕСКИЕ ПЕРИОДЫ ВНУТРИУТРОБНОГО РАЗВИТИЯ (critical periods of prenatal development), жатын ичиндеги өрчүүнүн коркунуч туудуруучу**

**кырдаалдар** – түйүлдүктүн өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч туудуруучу кырдаалдар. Бул имплантация кырдаалы (7–12 кош бойлуулуктун күнү), органдардын түптөлүп пайда болушунун мезгили (кош бойлуулуктун 3–6 жумасында), плацентанын түзүлүүсүнүн аякташы (кош бойлуулуктун 3 чү айы). Акыркы критикалык мезгили – төрөттүн башталышы.

**КРОВОСМЕШЕНИЕ, ИНБРИДИНГ (inbreeding), кан алмашуу, инбридинг** – жакын туугандардын же генетикалык окшош особьдордун аргындашуусу, индивидуумдардын (мисалы, тууган агасы менен карындашынын). Салыштыруу үчүн: Генетикалык жактан ар башка особьдордун аргындаштыруусу.

**КУННИЛИНГУС (cunnilingus), куннилингус** – аялдын вульвасын стимулдаштыруу, ал жыныстык дүүлүгүүнү туудуруу үчүн эрин же тил аркылуу жасалат.

**КУРЕНИЕ (smoking), тамеки тартуу** – кээ бир кургатылган өсүмдүк азыктарынын түтүнү менен дем алуу (тамекинин, апийимдин ж.б.); токсикоманиянын эң эле көп тараган формасы. Ал өзгөчө кош бойлуулук мезгилде коркунуч туудурат. Никотин плацентардык тосмодон өтүп, түйүлдүккө токсикалык таасир тийгизет, андан боюнан түшүп кетүү болушу мүмкүн, эрте төрөткө алып келет. Ошондой эле тамеки тартуу эркектин жана аялдын жыныстык функциясына да терс таасирин тийгизет.

## Л

**ЛАКТАЦИЯ (lactation), лактация** – кош бойлуулуктун акыркы мезгилинде пайда болуучу, сүт безинин секрециясы. Лактация процесси атайын гормондордун жардамы менен көзөмөлдөнөт (караңыз: Пролактин, Окситоцин) жана баланы эмчектен алганда токтолот.

**ЛЕСБИЯНСТВО (lesbianism), лесбиянсчылык** – аялдык гомосексуалдуулук, аялдардын ортосундагы сексуалдык катнашуулар. – Лесбиянка (lesbian).

**ЛИБИДО (libido), либидо** – жыныстык кызыгуу: берилген термин көпчүлүк мезгилде жыныстык кызыгуунун күчүн белгилөөдө колдонулат. Либидонун психоанализинин теориясында (өлүү инстиктине окшош) баардык психикалык жашоодогу энергиянын бирден бир негизги булагы болуп саналат. Нормалдуу өнүгүү (караңыз: Психосексуалдык өнүгүү) белгилүү деңгээлдеги фиксациянын жана регрессиянын жардамы менен өзгөртүлүшү мүмкүн.

**ЛИЧНАЯ ГИГИЕНА (personal hygiene), жеке гигиена** – караңыз: Өздүк гигиена.

**ЛОБКОВЫЕ ВШИ (pubic lice), чаттык биттер** – боз-сары түстөгү биттер көлөмү 2–3 мм. Алар жумуртка калтыруу менен көбөйүшөт; көпчүлүк учурда чачтуу аймактарда жыныстык органдардын тегерегинде, кирпиктерде, колтуктун астында болушат. Жыныстык катнашууда жана башка тыгыз байланыштарда жугат. Кээ бир учурларда төшөктөн же ич кийимден өтүшү мүмкүн.

**ЛОБОК (pubes), чат** – 1. Эки жамбаштын алдыңкы томпоюп кошулган жери. Адатта чат, чат чачтары (pubic hair) менен капталган болот. 2. Караңыз: Чат сөөгү. – Чаттык (pubic).

**ЛОМКА ГОЛОСА (breaking voice), үндүн сынышы** – жыныстык өрчүү мезгилиндеги үндүн өзгөрүшү, ал коконун көлөмүнүн чоңойушу менен шартталат (эркектерде – 1,5 эсе, аялдарда – 0,3 эсе).

**ЛЮБОВНИК (lover), ойнош** – аял менен жыныстык катнашууда болгон эркек, бирок ал аял менен никеси жок.

**ЛЮБОВНИЦА (mistress), ойнош** – эркек менен жыныстык катнашууда турган аял, бирок ал эркек менен никеси жок.

**ЛЮБОВЬ (love), сүйүү** – терең жана жакын нравалык-эстетикалык сезим, башка адамга карата чын ниеттик көңүлдөнүү сезими.

**ЛЮБОВЬ ПЛАТОНИЧЕСКАЯ (platonic love), платоникалык сүйүү** – эч кандай жыныстык катнашуусуз достук, көңүлдөнүүчүлүк.

**ЛЮБОВЬ ЭРОТИЧЕСКАЯ (erotic love), эротикалык сүйүү** – сексуалдуу адамдын жогорку өнүгүүсү, ал анын сексуалдык ден соолугуна жана маданиятынан көз каранды болот; сексуалдык дүүлүгүүнү стимулдаштырат, сексуалдык ыракаттануунун мүмкүнчүлүктөрүнүн жетишкендиктерин кеңейтет.

**ЛЮБРИКАЦИЯ (lubrick), любрикация** – кынды нымдатуу, ал эротикалык стимулдаштыруунун астында пайда болот.

## М

**МАЗОХИЗМ (masochism), мазохизм** – өз денесине залал келтирүү менен сексуалдык ырахатка жетүү. Берилген термин кээде жүрүм-турумдун баардык формаларына, ооруу туудуруу жана кемсинтүү менен коштолгондорго эркин колдонулат. Караңыз: Жыныстык бурмалоо. – Мазохист (masochist). – Мазохисттик (masochistic).

**МАЗОХИСТ (masochist), мазохист** – мазохизмге жакын адам.

**МАСКУЛИНИЗАЦИЯ (masculinization), маскулинизация** – аялдарда кезигүүчү эркектердин жыныстык белгилеринин өсүшү. Ал кайсы-бир гормоналдык бузулуштун же гормоналдык терапиянын кесепетинен пайда болот. Кошумча караңыз: Вирилизм, Вирилизация.

**МАСКУЛИНИЗМ (masculinism), маскулинизм** – денеси, дене түзүлүшү жагынан эркектик сапаты бар аял.

**МАСТИТ (mastitis), мастит** – эмчек бездеринин сезгениши. Кандайдыр бир себептерден улам жабыркаган эмчек учу аркылуу өтүп кеткен инфекциянын натыйжасында пайда болот.

**МАСТОДИНИЯ (mammalgia), мастодиния** – эмчектин сыздап оорусу. Мастодиния синдрому менструациянын алдындагы көрүнүштөрдүн бири катары кездешет, дагы кош бойлуулуктун белгиси болушу мүмкүн, неврездун, кыздардын пубертаттык мезгилге өтүүдө, ошондой эле организмде кандайдыр бир бузулуштарда байкалышы мүмкүн.

**МАСТОПАТИЯ (mastopathy), мастопатия** – эмчектин жалпы бардык оорусу. Аялдардын кеңири таралган дарты, ал гормоналдык бузулуштардан туудурула. Симптомдору ар кандай болот: эмчек безинин формасы менен көлөмүнүн өзгөрүшү, шишип кетүү, түйүндөрдүн болушу, упчусунан суюктуктун чыгышы, ошондой эле колго, далыга, төшкө өтүүчү ооруу. Мастопатия менструациянын алдында күчөйт.

**МАСТУРБАЦИЯ (masturbation), мастурбация** – адам аркылуу физикалык стимуляциясы (булар эркек да аял да болушу мүмкүн) ал өзүнүн жыныстык органдарын сексуалдык канааттануусуна жетүү үчүн жасалат, ал көпчүлүк мезгилде оргазм менен аяктайт.

**МАТКА (uterus, womb), жатын** – эмбриондун имплантациясына жана түйүлдүктүн өрчөшүнө арналган аялдын ички жыныс органы. Жатындын көңдөйүнө фаллопий түтүктөрү ачылат, ал эми моюнчасы кындын алдынкы жана арткы көмкөрмөсү менен камтылат. Жытындын дубалы үч катмардан турат: ички эндометриядан (былжырлуу челден), ал жатындык бездерге бай болот; ортонку - миометриядан (булчуң кабынан) жана сырткы-боз кабыктан, же периметриядан турат. Төрөт убагында миометрий жыйрылат жана жатындан моюнча аркылуу жана кындан баланы чыгарат. – Жатындык (uterine).

**МАТОЧНОЕ КРОВОТЕЧЕНИЕ (Uterine bleeding), жатындык кансыроо** – жатындан ар кандай этиологиясы жана мүнөзү боюнча кандын агышы. Кансыроо ар кандай гинекологиялык дарттар менен, кош бойлуулуктун патологиясы менен, төрөттүн жана эрте

төрөттөн кийинки мезгил менен шартталат. Өтө сейрек мындай кансыроо кайсы бир жарақаттын же кан системасындагы дарттар менен байланыштуу болушу мүмкүн.

**МАТОЧНЫЕ ТРУБЫ (fallopian tubes), жатындык түтүктөр** – жуп түтүктүү аялдардын кичи жамбаш органы, ал аркылуу уруктанган жумуртка клеткалары жатынга карай бет алышат. Караңыз: Фаллопий түтүктөрү.

**МАТОЧНЫЙ (uterine), жатындык** – жатынга тиешелүү сөз.

**МЕДИЦИНА (medicine), медицина** – 1. Ар кандай оорулардын дартын анытоочу, дарылоочу жана алдын алуучу илим жана тажрыйба. 2. Оорулардын консервативдик (хирургиялык эмес) дарылоо методдорунун илимий тажрыйбасы.

**МЕНАРХЕ (menarche), менархе** – менструалдык функциянын пайда болушу, бул убакта организмде терең физикалык жана психикалык өзгөрүүлөр, жыныстык өрчүү менен байланышып турат.

**МЕНОПАУЗА (menopause), КЛИМАКС (climacteric), менопауза, климакс** – этек кирдин токтолгондон кийинки мезгили. – Менопаузалык (menopausal).

**МЕНСТРУАЦИЯ (menstruation, menses), этек кир** – эндометриялык катмардын функционалдык цикликалык бөлүп чыгаруусу жана жатындан кан чыгуусу (караңыз: Менархе, Менопауза). Кошумча караңыз: Аменорея, Дисменорея, Эпименорея, Гипоменорея, Меноррагия, Олигоменорея.

**МЕНСТРУАЦИЯ НОРМАЛЬНАЯ (eumenorrhoea), нормалдуу этек кир** – убагында келүүчү этек кир.

**МИОМА (myoma), миома** – булчуң тканынан пайда болгон коркунуч туудурбаган шишик. Миома жылмакай (караңыз: Лейомиома) же туурасынан кеткен чаар булчуңдардан (караңыз: Рабдомиома) өрчүшү мүмкүн.

**МОЛОЧНИЦА (thrush), чел кабыктын грибок дарты** – кындын жабыркануусу, алачыкты сымал грибоктор менен туудурулат (адатта Candida albicans). Караңыз: Кандидоз.

**МОШОНКА (scrotum), калта** – урук бези туруучу калта. Анын функциясы сперматозоиддерди сактоо жана нормалдуу түзүлүштү камсыздоо болуп саналат. – Скроталдык (scrotal).

## Н

**НАПРЯЖЕНИЕ ПРЕДМЕНСТРУАЛЬНОЕ (premenstrual tension), этек кир алдындагы чыңалуу** – туттугуу, маанайдын бузулушу, баш оору жана/же депрессия менен мүнөздөлө турчу абал; айрым бир аялдарда бул симптомдордун бардыгы менструация келээрден он күн мурда башталат.

**НАРКОМАНИЯ (addiction), наркомания** – банги зат, адамдын башын айландыруучу дарыларды сүйүү. Наркоманиядагы сексуалдык мамилелер баш аламан болушат, анын кесепетинен наркомандардын чөйрөсүндө жана алардын үй-бүлөсүндө венерикалык дарттардын кеңири таралуусу байкалат, анын катарында СПИД да бар.

**НАРКОТИК (narcotic), банги зат** – адамдарды айлана чөйрөдөгү кубулуштарды сездирбей уктатуучу дарылар. Аларга морфий, апийим, кокаин, героин, гашиш, хлороформ, кээ бир уктатуучу дарылар кирет.

**НАРЦИССИЗМ (narcissism), нарциссизм** – адамдын өзүн-өзү ашкере баалоосу (сүйүүсү). Фрейд терминдеринде нарциссизм – бул сүйүү жана таазим кылуу объектиси катары биринчи планга өздүк эгонун чыгышы менен байланышкан абал. Нарциссизмдин кээ бир көрүнүштөрү көпчүлүк адамдарда болот, бирок алар өтө ашып кеткенде, кээ бир симптомдордун симптомдору болуп саналат, мисалы шизофрениянын, инсандык өзгөрүүдө же кайсы-бир башка дарттардын симптомдору болуп саналат. – Нарцистикалык (narcissistic).

**НАСИЛИЕ НАД ДЕТЬМИ (child abuse), жаш балдарга карата жасалуучу зордук-зомбулук** – жаш балдарга карата болгон терс мамиле. Бойго жеткен адамдар тарабынан баланы жыныстык катнашка баруугa мажбурлоо өңдүү жыныстык зордук (sexual abuse) же катуу жазалоонун кесепетинен улам денесине залал келтирүү өңдүү зомбулук түрүндө кездешүүсү мүмкүн.

**НАСИЛИЕ ПОЛОВОЕ (sexual abuse), жыныстык зомбулук** – караңыз: Балдарга карата зомбулук, Педофилия.

**НАСЛЕДСТВЕННОСТЬ (heredity), тукум куучулук** – организмде өтө турган, ошондой эле ата-эне жана алардын тукумуна карата биологиялык окшоштукка алып келе турчу процесстер. Тукум куучулук маселелери боюнча генетика илими иш алып барат.

**НАСЛЕДСТВЕННЫЙ (hereditary), тукум куучулук** – ата-энеден балдарга өтүүчү: тукум куучулук.

**НЕВРОЗ ОЖИДАНИЯ НЕУДАЧИ (neurosis waiting for failure), жол болбостукту күткөн невроз** – жыныстык катнашуу болбой калгандыгы тууралуу кооптонуу. Сексуалдык жол болбостуктун алдындагы коркуучулукту үч категорияга бөлсө болот: 1) өзүнүн астында болгон коркуу; 2) партнердун алдындагы коркуу (көпчүлүк учурда анын тарабынан болгон жамандоодон коркуу); 3) түздөн-түз жыныстык актынын астында коркуу.

**НЕЖЕЛАТЕЛЬНАЯ БЕРЕМЕННОСТЬ (unwanted pregnancy), каалоосу жок кош бойлуулук** – пландаштырылбаган кош бойлуулук, ал контрацепциясыз жыныстык катнашуунун кесепетинен пайда болот, каалоосу жок жана аял кош бойлуулукту токтотууну чечет (аборт).

**НЕКРОСПЕРМИЯ (necrospermia), некроспермия** – эрендиктеги өлүү же кыймылсыз сперматозоиддер (караңыз: Тукумсуздук).

**НЕКРОФИЛИЯ (necrophilism, necrophilia), некрофилия** – жансыз дене менен жыныстык катнаш жасоого умтулуу. Кошумча караңыз: Жыныстык бейадеп. – Некрофил (necrophile).

**НЕПОЛНАЯ СЕМЬЯ (incomplete family), толук эмес үй-бүлө** – ата-энесинин бирөөсү (көпчүлүк учурда атасы) жок болгон үй-бүлө. Көпчүлүк учурда толук эмес үй-бүлө ата-энесинин ажырашып кеткендиктен же баланын никеси жок төрөлгөндүктөн пайда болот.

**НИМФОМАНИЯ (nymphomania), нимфомания** – аялдардын эротизми же жыныстык катнашка болгон жогорку ынтызаарлыгы. Салыштыруу үчүн: Сатириазис. – Нимфоманикалык (nymphomaniac).

**НОРМА СЕКСУАЛЬНАЯ (sexual norm), сексуалдык норма** – коом жана партнер тарабынан принципиалдык каршычылыкты туудурбаган сексуалдык иш аракеттер.

**НУДИЗМ (nudism), нудизм** – кийими жок дененин маданиятына ишенүүчү коомдук кыймыл.

## О

**ОБАЯНИЕ (charm), ажарлуулук** – тубаса же ээ болгон турган сүйкүмдүүлүк, жагымдуулуктун күчү.

**ОБРЕЗАНИЕ КРАЙНЕЙ ПЛОТИ (posthetomy), сүнөткө отургузуу** – циркумцизиянын эски аталышы.

**ОВУЛЯЦИЯ (ovulation), овуляция** – жарылган Грааф көбүкчөсүнөн (фолликуладан) жетилген урук клеткасынын агып чыгуусу. Андан ал түтүккө өтөт, ал жерде сперматозоид менен уруктандыруу болот.

**ОЙГАРХЕ (oigarhe), ойгархе** – эркек балдарда биринчи поллюция (11–2 жаштарда).

**ОКОЛОПЛОДНЫЕ ВОДЫ (amniotic fluid), баланын тонунун ичиндеги суулар** – биологиялык активдүү суюк чөйрө, ал кош бойлуулук мезгилде түйүлдүк челдин ичинде жайгашкан. Амниотикалык суюктук түйүлдүктү курчап турат жана анын табигый чөйрөсү болуп саналат, баланын жашоо тиричилигин камсыз кылууда маанилүү роль ойнойт. Эң маанилүү функциясына бул баланын зат алмашуу процессине тиешелүү болот, ошондой эле баланы ар кандай тышкы таасирлерден коргойт. Караңыз: Амниотикалык суюктук.

**ОНТОГЕНЕЗ (ontogeny), онтогенез** – организмдин туулгандан өлгөнгө чейинки өзгөчө өсүү тарыхы.

**ОПЛОДОТВОРЕНИЕ (fertilization), түйүлдүк пайда болуу учуру (уруктандыруу)** – сперматозоид менен жумуртка клеткасынын биригүү процесси. Уруктандыруу мейоздун аякташын стимулдаштырат. Эркек менен аялдын ядролорунун биригүүсү болсо эле, зиготанын талкаланышы башталат.

**ОПУЩЕНИЕ МАТКИ (uterus prolapse), жатындын ылдый түшүп калышы** – жатындын өзүнүн адаттагы абалынан ылдый карай жылып кетиши. Ал тонустун төмөндөшү же жамбаш түбүнүн булчундарынын бүтүндүгү бузулганда болот, бул булчуңдар аялдын ички жыныс органдарын нормалдуу абалда кармап турушат (мисалы, төрөт убагында чаткаяктын айрылышы). Өтө татаал учурларда жатын такыр түшүп кетиши мүмкүн.

**ОРГАЗМ (orgasm), оргазм** – жыныстык катнаш жасоодон ала турган ырахат сезиминин эң жогорку чеги.

**ОРГАЗМ МНОЖЕСТВЕННЫЙ (multiple orgasm), көпчүлүктүү оргазм** – жыныстык катнашуу учурунда кээ бир аялдардын көп жолу оргазмга жетүү жөндөмдүүлүгү.

**ОРОГЕНИТАЛЬНЫЙ СЕКС (orogenital sex), орогениталдык секс** – сексуалдык партнердун жыныстык органдарын ооз менен стимулдаштыруу. Кошумча караңыз: Куннилингус, Минет.

**ОСЕМЕНЕНИЕ (insemination), уруктандыруу** – урук суюктугунун кынга куюуу. Кошумча караңыз: Жасалма жол аркылуу уруктандыруу, Жатын ичиндеги уруктандыруу.

## П

**ПЕДЕРАСТИЯ (paederasty), педерастия** – бала менен же жаш жигит менен содомия (эркектик гомосексуализм).

**ПЕДОФИЛИЯ (paedophilia), педофилия** – жаш балдарга (эки жыныстагы тең) карата болгон сексуалдык ышкы. – Педофил (paedophile). – Педофилдик (paedophilic).

**ПЕНИС (penis), жыныс мүчө** – эркектин жыныс мүчөсү, жыныстык катнашуу жана сийдикти чыгаруу үчүн кызмат аткарат.

**ПЕРВАЯ БРАЧНАЯ НОЧЬ (the wedding night), биринчи нике түн** – салттуу көз караште жубайлардын биринчи жыныстык катнашуусу, ал дефлорация менен коштолот – колуктунун кыздык челин бузуу.

**ПЕРВИЧНЫЕ ПОЛОВЫЕ ПРИЗНАКИ (primaria rationes sexuales), биринчи жыныстык көрсөткүчтөр** – генетикалык жактан шартталган жыныстык өзгөчөлүктөр, алар репродуктивдик функциялар менен шартталган, мисалы, жыныстык бездер жана жыныстык гормондор.

**ПЕРИОД ПОЛОВОГО СОЗРЕВАНИЯ (pubertatem), жыныстык өрчүү кырдаалы** – бул өсүүчү организм биологиялык өрчүүгө жеткен курак: ал жыныстык органдардын өрчүшү менен жана жыныстык бездердин өрчүшү менен аяктайт, андан кийин экинчи жыныстык белгилер пайда болушат, бул уруктандыруу жөндөмдүүлүгүнүн пайда болушу. Эркек балдарда бул кырдаал 13–17 жаштарда, кыздарда 12–15 жаштарда болот.

**ПЕТТИНГ (petting), петтинг** – жыныстык катнашуусуз бири-бирин эркелетүү жолу аркылуу партнердун жыныстык канааттандыруусу.

**ПЛАНИРОВАНИЕ СЕМЬИ (family planning), үй-бүлөнү пландаштыруу** – 1. Каалабаган кош бойлуулуктан чектетүү үчүн контрацепциянын ыкмаларын колдонуу. 2. Калктын кеңири катмарын контрацептивдик каражаттар менен камсыздоо. Кошумча караңыз: Генетикалык консультация.

**ПЛАТО-ФАЗА (plateau-phase), плато-фаза** – жыныстык актынын фазасы, ал жыныстык дүүлүгүүнүн жогорку деңгээли менен мүнөздөлөт.

**ПЛАЦЕНТА (placenta), плацента** – жатындагы баланын тону, ал кош бойлуу мезгилде пайда болот жана эне менен түйүлдүктүн ортосунда байланышты түзөт. Тондун негизги функциясы бул түйүлдүктү керектүү азык заттар менен камсыз кылуу, анын жашоо тиричилик үчүн керексиз азыктарды алып салуу жана газ алмашууну камсыз кылат. Кошумча караңыз: Баланын тону. – Плацентардык (placental).

**ПЛОД (fetus, foetus), түйүлдүк** – эне жатынында 9-дан 38–39чу жумага чейинки мезгилде өрчүүчү организм. Адам репродукциясында бул термин төрөлө элек балага тиешелүү колдонулат, кош бойлуулуктун 10 - жумасынан баштап. – Феталдык (fetal).

**ПОДРОСТКОВЫЙ ВОЗРАСТ (adolescence), өспүрүм курагы** – кырдаал, бул мезгилдин аралыгында балдар организминин бойго жетүү кырдаалына өтүү процесси. Мында борбордук байланыш болуп жыныстык өрчүү болуп саналат.

**ПОЛ ЧЕЛОВЕКА (gender), адамдын жынысы** – денелик, физиологиялык, жүрүм-турумдук жана социалдык белгилердин топтому, алар индивидуумдун эркектерге (балага) же аялдарга (кыздарга) таандык болушун аныктайт.

**ПОЛЛЮЦИЯ (pollution), поллюция** – уктаган мезгилдеги эркектин эрендигинин куюлуп калышы.

**ПОЛОВАЯ ЖИЗНЬ (sex life), жыныстык жашоо** – денелик, психикалык жана социалдык белгилердин топтому, алардын негизинде жыныстык кызыгууну канааттандыруу жатат.

**ПОЛОВАЯ ЗРЕЛОСТЬ (puberty), жыныстык жетилүү** – уруктандырууга, же төрөөгө жөндөмдүүлүк.

**ПОЛОВОЕ БЕССИЛИЕ (impotence), жыныстык алсыздык** – караңыз: Импотенция.

**ПОЛОВОЕ ВЛЕЧЕНИЕ (libido), жыныстык кызыгуу** – караңыз: Либидо.

**ПОЛОВОЕ ВОСПИТАНИЕ (sex education), жыныстык тарбия** – эң башкы максаты болуп бул балдарга жана өспүрүмдөргө карата педагогикалык таасирленүүнүн системасындагы жыныс ортосундагы мамилешүүлөрдүн маңызындагы чараларды туура түшүндүрүп берүү болуп саналат, жыныстык жашоодогу жүрүм-турумдун нормаларын тарбиялоо жана инсандык өрчүүдө жыныстардын ортосундагы мамилелер менен байланышкан нормалар жөнүндө айтып түшүндүрүү.

**ПОЛОВОЙ АКТ (coitus reservatus), жыныстык акт** – эки индивидуумдун ортосундагы гениталдык катнашуу, ал жыныстык канааттандырууга жетүү же тукум калтыруу максатында жасалат. Жыныстык катнашууда дүүлүгүү фазасы, плато-фазасы, оргазм фазасы жана кайра өрчүү фаза деп бөлүшөт.

**ПОЛОВОЙ АКТ ПРЕРВАННЫЙ (coitus interruptus), токтотулган жыныстык акт** – аялдын жыныс органынан тышкары жыныстык катнашуудагы урук чыгаруу. Ал кош бойлуулуктан сактануу максатында колдонулат.

**ПОЛОВЫЕ ЖЕЛЕЗЫ (gonads), жыныстык бездер** – жыныстык клеткалар пайда болгон органдар (аялдарда бул тукум бези, алар жумуртка клеткасын бөлүп чыгарышат, эркектерде – урук бези, ал сперматозоидди бөлүп чыгарат), ошондой эле жыныстык гормондор.

**ПОЛОВЫЕ ОРГАНЫ (genitals), жыныстык органдар** – адамдын жыныстык көбөйүү органдары. Жыныстык органдарды сырткы (караңыз: Гениталийлер) жана ички

деп бөлүшөт. Эркектерде алар урук бези жана алардын кошундулары, урук чыгаруучу жолдор, урук чыктагыч без, купфер бездери, урук баштыкчалары болот. Аялдардын ички жыныстык органдарына – кын, жатын, жатын түтүкчөлөрү, тукум бездер кирет.

**ПОЛОВЫЕ ПРИЗНАКИ (sexual characteristics), жыныстык белгилер** – бул белгилер аркылуу, эркек жынысындагы өкүлдөрдү аял жынысынан айырмаланышат. Кошумча караңыз: Биринчи жыныстык белгилер, Экинчи жыныстык белгилер.

**ПОЛОВЫЕ РАЗЛИЧИЯ (sex differences), жыныстык айырмачлыктар** – аялдардын жана эркектердин айырмачылык белгилери, алар жыныстык айырмачылыгы менен шартталган.

**ПОРНОГРАФИЯ (pornography), порнография** – жыныстык актынын жана ага тиешелүү кыймылдардын уятсыз, вульгардык-натуралдык сүрөттөлүшү, ал сексуалдуулукка карата туура эмес кызыгууну туудурат. Кошумча караңыз: Балдар порнографиясы.

**ПОРНОГРАФИЯ ДЕТСКАЯ (child pornography), балдар порнографиясы** – жашы жетпеген балдардын катышуусуу менен сексуалдык жагдайлардын порнографиялык фото сүрөттөр, кино тасмалар же видеолорду даярдоо. Балдар порнографиясы үчүн кылмыш жазасына тартылат.

**ПОСЛЕД (afterbirth), баланын тону** – плацента, киндик же тондун кабыгы, анда бала өрчүйт.

**ПОСТНАТАЛЬНЫЙ (postnatal), постнаталдуу** – төрөттөн кийинки мезгили.

**ПОТЕНЦИЯ СЕКСУАЛЬНАЯ (sexual potency), сексуалдык потенция** – көрүнүштөрдүн топтому, алар жыныстык функцияны аткарууга тиешелүү болушат: жыныстык кызыгуу, дүүлүгүү, эрекциянын сапаты жана узактыгы (эркектерде), жыныстык органдардын канга толуусу жан любрикация (аялдарда), оргазмдын сапаты ж.б.

**ПРЕДДВЕРИЕ ВЛАГАЛИЩА (vestibulum vaginae), кын кирербериши** – жылчыктуу аймак, ал капталынан чоң жана кичине жыныстык эриндер менен чектелген.

**ПРЕДМЕНСТРУАЛЬНЫЙ ПЕРИОД (premenstrual period), менструациянын алдындагы мезгил** – этек кир, айыз башталардын алдындагы мезгил.

**ПРЕДМЕНСТРУАЛЬНЫЙ СИНДРОМ (ПМС) (premenstrual syndrome), менструациянын алдындагы синдром** – психоэмоционалдык жана вегето-тамырдык бузулуштардын комплекси, ал менструация башталар алдында пайда болот жана ал башталганда дароо өтүп кетет. МАС болушун организмде эстрогендин жогору болушунан болот деген алдын ала божомолдор бар.

**ПРЕЖДЕВРЕМЕННЫЕ РОДЫ (preterm labor) , мөөнөтүнөн мурда башталган төрөт** – 37чи жумада башталган төрөт. Мындай төрөттү: гипертония, көп суусу менен кош бойлуулук, инфекциялык дарттар, жатын моюнчасынын эрте ачылышы, жаракаттар ж.б. туудурушу мүмкүн.

**ПРЕЗЕРВАТИВ (condom), презерватив** – оору жуктурбоого, аялдын боюна болтурбоого колдонулуучу эркектин жыныстык мүчөсүнө кийгизүүчү атайын жасалган латекстүү резина, пластик же жибектен жасалган кыртыш (кап).

**ПРЕЛЮБОДЕЯНИЕ (adultery), ойноштук** – караңыз: Никеси жок жыныстык мамилелер.

**ПРЕНАТАЛЬНЫЙ (prenatal), пренаталдуу** – ичтеги баланын төрөлөөргө жакын мезгили.

**ПРОГЕСТЕРОН (progesterone), прогестерон** – стероиддик гормон, аналык бездин сары денечеси менен, плацентасы жана бир аз сандагы бөрөк үстүндөгү бездер менен секрецияланат. Ал эндометриянын түйүлдүктүн имплантациясына даярдоону камсыз кылат. Прогестерон кош бойлуулуктун нормалдуу өтүшүн камсыз кылат жана тукум безинде жаңы жумуртка клеткасын бөлүп чыгаруусун токтотот. Кошумча караңыз: Менструалдык цикл, Гестаген.

**ПРОМЕЖНОСТЬ (perineum), чаткаяк** – булчуңдук-фасциалдык пластинка, ал кичи жамбаштагы көңдөйдөн чыгууну жабат; ал чычандын үстү менен (артында), чаттык симфиздин астынкы чекитинин арасында (алдында) жана көчүк дөңдөрдүн (капталынан) арасында орун алат. Эркектерде чаткаяк аркылуу сийдик чыгаруучу түтүк жана түз ичеги өтөт, аялдарда болсо андан тышкары дагы кын өтөт. – Перинеалдык (perineal).

**ПРОМИСКУИТЕТ (promiscuity), промискуитет** – жүгүрүк адамдардын ар ким менен ылгабай жыныстык катнашуусу. Мындай сексуалдык эркиндик, мээнин структурасынын терендигини жабырканышында байкалат, кийинчерээк ал психиканын бузулушуна алып келет.

**ПРОСТАТА (prostate), простата** – эркектин жыныстык бези. Бул табарсыктын түбүнө жайгашкан. Караңыз: Урук чыктагыч без.

**ПРОСТАТИТ (prostatitis), простатит** – эркектин жыныстык безинин сезгениши. Простатиттин келип чыгуу себеби болуп бактериалдык инфекция саналат; оору курч жана өнөкөт формада кездешет. Курч простатиттин көрүнүшү болуп бул чаткаякта катуу оорунун пайда болушу, заара кылып жатканда бат же кыйынчылык менен зааранын чыгыш, жыныстык функциянын бузулушу болуп саналат. Өнөкөт простатитте бул симптомдор бир аз азыраак болот.

**ПРОСТИТУЦИЯ (prostitution), сойкулук** – аялдардын өз денесин жыныстык катнашууга сатуусу. Сойку аялдар венерикалык дарттардын жана СПИД дин коркунуч тобуна киришет.

**ПРОТИВОЗАЧАТОЧНЫЕ СРЕДСТВА (contraceptives), кош бойлуулукка каршы каражаттар** – караңыз: Контрацептивдер.

**ПСЕВД (pseud-), ПСЕВДО (pseudo-), псевд, псевдо** – тышкы, бир нерсе менен жалган окшоштук.

**ПСЕВДОИМПОТЕНЦИЯ (pseudoimpotency), псевдоимпотенция** – эркектин өзүнүн сексуалдык жарамдуулугу тууралуу негизсиз күмөн саноолор.

**ПСИХ (psych-), ПСИХО (psycho-), псих, психо** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Аң сезим; жан. 2. Психология.

**ПСИХОПАТ (psychopath), психопат** – антисоциалдык жүрүм-туруму менен болгон адам, ал өзүнүн туура эмес иштери үчүн эч качан күнөөсүн сезбейт. Кошумча караңыз: Диссоциалдык. – Психопатикалык (psychopathic). – Психопатия (psychopathy).

**ПУБАРХЕ (pubarhe), пубархе** – чатта чач өсүүсүнүн башталышы, ал өспүрүмдөрдүн жыныстык өрчүү мезгилинде башталат.

**ПУБЕРТАТ (puberty), пубертат** – жашоо кырдаалы, ал мезгилде интенсивдүү жыныстык өрчүү башталат жана организм жыныстык клеткаларды жаратууга жөндөмдүү болуп калат. Пубертаттын башталышы аялдарда так аныкталат, аны менструациянын башталышынан билебиз, эркектерде – биринчи поллюциялардан байкайбыз.

**ПУБЕРТАТНЫЙ ВОЗРАСТ, пубертаттык курак** – караңыз: Пубертат.

**ПУБЕРТАТНЫЙ СКАЧОК РОСТА (pubertal growth spurt), өсүүнүн пубертаттык секириши** – өспүрүм курактагы өсүү темпинин кескин жогорулашы (6–12 см жылына).

**ПУПОВИНА (umbilical cord), киндикче** – жип сымал орган, ал түйүлдүктү эненин организми менен бириктирет. Киндикче аркылуу түйүлдүктүн кан тамырлары эненин плацентасына барат, ал жерде кан кычкылтек жана азык заттар менен байытылат ошондой эле көмүр кычкыл газы менен зат алмашуудагы керек эмес азыктарды берет.

**ПУПОК (umbilicus, omphalus, navel), киндик** – ич көңдөйүнүн ортосундагы тоголок тереңдик, ал түйүлдүктүн киндигин бириктирүүчү жери болуп саналат. – Киндиктик (umbilical).

**ПУПОЧНЫЙ КАНАТИК (umbilical cord), киндик жипчеси** – караңыз: Киндикче.

**ПЬЯНСТВО (drunkenness), аракечтик** – эмоционалдык чымыркануунун чечүү, козголуу жана мамилешүүнүү жеңилдетүү максатында тез-тез спирт ичимдиктерин ичүү, бара-бара ал алкоголдук ичкиликтерге муктаждыкты жана психологиялык көз карандылыкты пайда кылат. Аракечтик эмгекке, ден соолукка, инсандын жашоо шартына жана бүтүндөэле коомдогу жашоосуна терс таасирин тийгизет. Кошумча караңыз: Алкоголизм.

## Р

**РАЗВИТИЕ ПСИХОСЕКСУАЛЬНОЕ (psychosexual development), психосексуалдык өнүгүү** – инсандын жүрүм-турум жана жыныстык жактан жетилиши. Бул өнүгүүнүн негизги үч тармагы болуп, жыныстык идентификация, жыныстык жүрүм-турум жана жыныстык өнөктөштү тандоо саналат.

**РАЗВИТИЕ ЭМБРИОНАЛЬНОЕ (fetal development), эмбрионалдык өрчүү** – жатын ичиндеги өрчүүнүн 3 айга чейинки уруктандыруу мезгилинен баштап адамдын жеке өрчүү этабы, анын процессинде бүт негизги органдардын жана органдар системаларынын калыптанышы жүрөт.

**РАЗВРАТ (lechery), адепсиздик** – жыныстык адепсиздик, моралдык бузулуу, жана жүрүм-турумдун мамилелердин мооралга туура келбеген стили.

**РАЗМНОЖЕНИЕ ПОЛОВОЕ (syngenesis), жыныстык көбөйүү** – жыныстык процесстин жыйынтыгында өзүнө окшогондорду жаратуу – жумуртка клеткасынын жана сперматозоиддин кошулушу.

**РЕПРОДУКТИВНЫЕ ОРГАНЫ (reproductive organs), репродуктивдик органдар** – жыныстык көбөйүү функциясы менен байланышкан органдар. Караңыз: Жыныстык органдар.

**РЕПРОДУКТИВНЫЙ ВОЗРАСТ (reproductive age), репродуктивдик курак** – караңыз: Төрөөгө жарактуу курак.

**РЕТАРДАЦИЯ СЕКСУАЛЬНАЯ (sexual retardation), сексуалдык ретардация** – караңыз: Кечигип калган жыныстык өрчүү.

**РЕФЛОРАЦИЯ (refloration), рефлорация** – айрылган кыздык челди калыбына келтирүү боюнча операция. Адатта ал келечек күйөсүнөн өзүнүн сексуалдык тажрыйбасын жашырып жана анын көзүндө кыздык белгинин болушун көрсөтүү максатында жасалат.

**РЕФРАКТЕРНЫЙ ПЕРИОД (refractory period), рефрактердик мезгил** – сексуалдык дүүлүгүү, ал жыныстык катнашуудан кийин бир аз убакыттын ичинде болот.

**РИГОРИЗМ (rigorism), ригоризм** – сексуалдык эркиндикти ашкерелөө, ал сексуалдык активдүүлүктүн азайышына алып келет.

**РОДОВСПОМОЖЕНИЕ (obstetric aid), төрөткө жардам көрсөтүү** – дарылоочу-профилактикалык комплекси, ал аялдын кош бойлуу мезгилинде, төрөттө жана төрөттөн кийинки мезгилде ден соолугун сактоого багытталган.

**РОДЫ (accouchement), төрөт** – баланын жарык дүйнөгө келүүчү физиологиялык процесс, баланын төрөлүшү. Кошумча караңыз: Суу да төрөтүү.

**РОДЫ (birth, childbirth, delivery, labour), төрөт** – бала жана аны курчап турган тондун жатындан чыгуу процесси. Адатта аялдардын төрөтө бойго бүткөн мезгилден тартып 280 күндөн кийин өз алдынча башталат, бирок айрым бир учурларда ал жасалма иш-аракеттердин натыйжасында ишке ашырылып же мөөнөтүнөн эрте болуп өтүшү мүмкүн (караңыз: Индукция). Кошумча караңыз: Кесардык кесүү ыкмасы.

**РОДЫ (parturition), төрөт** – баланын төрөлүү процесси. Кошумча караңыз: Төрөт (labour).

**РОДЫ В ВОДЕ (hydrostatic accouchement), суу да төрөтүү** – төрөттү суу да өткөрүү, аялды суу толтурулган ваннага отургузуп төрөтүү.

# С

**САДИЗМ (sadism), садизм** – жыныстык катнашуу мезгилинде, бирөө экинчисине денесинин бир жерине ооругандыкты сездирүү, тиштеп алуу, чымчуу, тытып алуу ж.б. мыкаачылык. Кошумча караңыз: Мазохизм, Жыныстык бейадеп. – Садист (sadist). – Садисттик (sadistic).

**САДИСТ (sadist), садист** – садизмге жакын адам.

**САДОМАЗОХИЗМ (sadomasochism), садомазохизм** – содизимдин мазохизм менен айкалышуусу б.а. өзүнө оору туудуруу менен сексуалдык канааттандырууну алуу.

**САМООБНАЖЕНИЕ (self-reliance), өзүн өзү жыңалачтатуу** – караңыз: Эксгибиционизм (exhibitionism).

**САТИРИАЗ, САТИРИАЗИС (satyriasis), сатириаз, сатириазис** – эркек кишинин карама-каршы жыныс өкүлдөрүнө болгон ашкере (обу жок) жакындыгы. Салыштыруу үчүн: Нимфомания.

**СЕКС (sex), секс** – жыныстык кызыгуунун канааттандыруусу жана көрүнүшү менен байланышкан психикалык реакциялардын, иш аракеттердин, тажрыйбалардын топтому.

**СЕКСОЛОГИЯ (sexology), сексология** – жыныстын бардык аспектилерин изилдей турган медицина бөлүгү (анатомия, физиология, сексуалдык жактан болгон бузулууларды кошо алганда).

**СЕКСОПАТОЛОГ (sex therapist), сексопатолог** – жыныстык чөйрөдөгү дарттарды аныктоочу жана дарылоочу жана анын профилактикасында адистештирилген доктур.

**СЕКСОПАТОЛОГИЯ (sexopathology), сексопатология** – клиникалык медицинанын бөлүмү, ал сексуалдык функциялардын бузулушун окутат.

**СЕКСОТЕРАПИЯ (sex therapy), сексотерапия** – жубайлардын сексуалдык бузулуштарын дарылоо ыкмасы, ал атайын окутуучу программаларды жана тренингдерди колдонуу менен дарыланат.

**СЕКСУАЛЬНАЯ ГИПОСТЕЗИЯ (sexual hypostezia), сексуалдык гипостезия** – караңыз: Фригиддүүлүк.

**СЕКСУАЛЬНАЯ ОРИЕНТАЦИЯ (sexual orientation), сексуалдык багыт** – карама-каршы жыныстагы (гетеросексуалдык) адамдарга өзүнүн жынысына (гомосексуалдык) же эки жыныска тең (бисексуалдык) жыныстык кызыгуу.

**СЕКСУАЛЬНОЕ ПРОСВЕЩЕНИЕ (sexual education), сексуалдык билим алуу** – психология, этика, сексуалдык мамилелердин жана жыныстык жашоонун гигенасы тармагында билим алуу.

**СЕКСУАЛЬНОСТЬ (sexuality), сексуалдуулук** – сексуалдык кызыгуунун, активдүүлүгүнүн, реакциясынын, артыкчылыктарынын мүнөздөмөсү.

**СЕКСУАЛЬНЫЕ РАССТРОЙСТВА (sexual disorders), сексуалдык бузулуштар** – сексуалдык көрсөткүчтөрдүн бузулуш: жыныстык кызыгуу (анын күчү жана багыты), жыныстык дүүлүгүүнүн, эрекциянын, эякуляциянын (эркектерде), любрикациянын (аялдарда) ж.б.

**СЕКСУАЛЬНЫЙ (sexual), сексуалдуу** – бардык аракеттин, организмде болгон бардык илдеттин жыныска тиешелүүсү.

**СЕМЕННАЯ ЖИДКОСТЬ (seminal fluid), урук суюктугу** – караңыз: Сперма.

**СЕМЕННИКИ (testes), эркектин урук бези** – эркектердин жуп жыныстык бездери, аларда жыныстык клеткалардын (сперматозоиддердин) жаралышы болот жана эркектердин жыныстык гормондорунун (андрогендердин) канга куюлушу болот.

**СЕМЬЯ (family), үй-бүлө** – туруктуу бирикме, ал никеде жана адамдардын тукумдук тууганчылыгында негизделген, бири-бири менен турмуш тричилиги менен жана мамилелердин жоопкерчилиги менен байланышкан. Үй-бүлөнүн эң негизги функциясы - репродуктивдик, б.а. балдардын төрөлүшү жана алардын тарбиясы.

**СЕМЯИЗВЕРЖЕНИЕ (ejaculation), урук чыгаруу** – жыныстык катнашуу убагында, маструбация убагында, петтингдин же поллюция убагында жыныстык мүчөдөн сперманын чыгышы.

**СИНДРОМ ПРИОБРЕТЕННОГО ИММУНОДЕФИЦИТА (СПИД) (AIDS, acquired immune deficiency syndrome), КИЖС (Кабыл алынган иммундук жетишсиздик синдрому)** – алгач ирет 1981-жылы Лос-Анджелесте табылган; адамдын иммундук жетишсиздик оорусун (ВИЧ) жарата турган вирус түшүнүгү 1983-жылы пайда болгон. Бул вирус лимфоциттерди кыйратуу менен адам организминдеги иммундук реакциянын басаңдашына алып келет (караңыз: Иммунитет). СПИД негизинен жыныстык жолдор аркылуу жугат. Ошондой эле, ал оорулуу кан менен бирге оорулуу энеден балага жугушу мүмкүн. Оору жуккан соң адам организминде бөтөнчө антителолор иштелип чыга баштайт. Оору симптомдоруна мезгил-мезгили менен кармаган безгек, салмактын өтө катуу азайышы, ич өткөк, чарчаңкы абал, ошондой эле түнкү тердөөлөр кирет. Адамдын иммундук жетишсиздик вирусу эрендиктен, цервикалдык бөлүнүп чыгуулардан, кан плазмасы, көз жаш, шилекей, заара, ошондой эле эне сүтүнөн табылган. СПИД айыкпай турган оору болуп саналат. Ошого карабастан, айрым бир дары каражаттары бул оору менен жапа чеккен оорулуулардын өмүрүн аз да болсо узартууга жөндөмдүү.

**СИФИЛИС (syphilis), сифилис** – көбүнчө жыныстык катнашуудан жуккан жугуштуу өнөкөт оору, котон жара ал Treponema pallidum менен жугууда пайда болот. Салыштыруу үчүн: Беджель. – Көтөн жаралык (syphilitic).

**СКОПОФИЛИЯ (scopophilia), скопофилия** – визуалдык булактардан сексуалдык ыракат алуу, ал башкалар жыныстык катнашууда болгондугун байкоодон, бирөөнүн жылыңачтыгынан, порнографиялык иллюстрациялардан же кино тасмалардан болот. Караңыз: Вуайеризм.

**СМЕГМА (smegma), смегма** – эркектин жыныстык мүчөсүнүн май бездеринин чыгарган суюктугу. Смегмада организмге зыян келтирбеген бактериялар бат көбөйөт, өзүнүн сырткы көрүнүшү менен кургак учук таякчаларды элестетет.

**СНОВИДЕНИЯ ЭРОТИЧЕСКИЕ (erotic dreams), эротикалык түш көрүүлөр** – түштө эротикалык багыттагы көрүнүштөрдү көрүү, көпчүлүк убакта алар түнкү поллюциялар, оргазм менен коштолот.

**СОДОМИЯ (sodomy), содомия** – аналдык жыныстык катнашуу. Ал гомосексуалдык, гетеросексуалдык же адамдын жаныбарлар менен болгон жыныстык катнашта болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Жыныстык бурмалоо, Зоофилия.

**СОЦИАЛИЗАЦИЯ ПОЛОВАЯ (sexual socialization), жыныстык социализация** – коомдун психосексуалдык маданиятын стандарттарын инсан аркылуу активдүү кабыл алуусу. Ал коомдо калыптанууга жана адамдын жыныстык аң сезиминин өрчүүсүндө маанилүү рол ойнойт.

**СПЕРМ (sperm-), СПЕРМИО (spermi(o)-), СПЕРИО (spermo-), сперм, спермио, сперио** – эрендикти же урук суюктукту түшүндүрүүчү сөз.

**СПЕРМА (semen), ЖИДКОСТЬ СЕМЕННАЯ (seminal fluid), сперма, эрендик** – жыныстык катнашууда эркектен чыккан суюктук, эрендик. Анда урук жана эркектик бездин чыгарган суюктугу болот. – Уруктук (seminal).

**СПЕРМАТ (spermat-), СПЕРМАТО (spermato-), спермат, спермато** – төмөнкү түшүнүктү туюндуруучу сөз: 1. Эрендик. 2. Эрендик өтүүчү органдар же түтүктөр.

**СПЕРМАТОГЕНЕЗ (spermatogenesis), сперматогенез** – сперматозоиддердин өсүп, пайда болуу процесси, ал гормондордун багытточу таасиринин астында болот. Гаметогенездин бир формасы.

**СПЕРМАТОЗОИД (spermatozoon, sperm, көпч. spermatozoa), сперматозоид** – эркектин жыныстык клеткасы (караңыз: Гамета). Ал мүнөтүнө 3,5 мм ылдамдыкта жылып

жүрүүгө жөндөмдүү. Бул анын аналык безге жетип аны уруктандыруусуна жакшы шарт түзөт. Кошумча караңыз: Акросома, Уруктандыруу.

**СПЕРМИЦИД (spermicide), спермицид** – сперматозоиддерди өлтүрүүчү зат. Контрацептивдик каражаттар катары көпчүлүк учурда кремдер жана гельдер колонулат, алардын курамына химиялык спермициддер кирет; бул каражаттар диафрагма менен кошо айкалышып колдонулат. – Спермициддик (spermicidal).

**СПИРАЛЬ ВНУТРИМАТОЧНАЯ (intrauterine device), жатын ичиндеги спираль** – кош бойлуулукка каршы каражат, ал жытындын ичине киргизилет жана уруктандырган жумуртка клеткасынын жатында түптөлүшүнө тоскоолдук кылат.

**СПРИНЦЕВАНИЕ ВЛАГАЛИЩА (vaginal douching), кынды жууп чыгуу** – доктурдун айтуусу боюнча кынды кайнатылган жылуу суу менен же дарылык каражат менен жууп чыгуу. Аны жыныс эриндердин өнөкөт сезгенич дарттарында жасашат.

**СТЕРИЛИЗАЦИЯ (sterilization), стерилизация** – эркек жана аялдардын уруктандыруу жана/же уруктануу мүмкүнчүлүгүн чектөө үчүн хирургиялык операция. Гистерэктомия жана билатералдык оофорэктомия (аналык бездин экөөнү бирдей алып салуу) өңдүү хирургиялык операциялар аялдардын кош бойлуу болуу мүмкүнчүлүгүн биротоло чектейт. Стерилизациянын дагы бир түрү бул фаллопий түтүкчөлөрүн алып салуу (караңыз: Сальпингэктомия) же аларды бөлүп жана байлап салуу. Заманбап ыкмалардын бири болуп бул (түтүктүк окклюзия (tubal occlusion)), ал лапароскоптун жардамы менен фаллопий түтүкчөсүнүн ички (астынкы) жарымын жабып салууну камтыйт. Эркектердин стерилизациясы вазэктомиянын жардамы аркылуу аткарылат. Кошумча караңыз: Кастрация.

**СУБЛИМАЦИЯ (sublimation), сублимация** – акылга таянбаган коргоочу механизм, мында ал коом аркылуу ашкерелеген инстинктивдик кызыгуулар жана каалоолор, социалдык жана инсандык алгылыктуу формаларга модификацияланышат. Кошумча караңыз: Коргоо механизми, Гиперсублимация.

**СХВАТКИ (labor contractions), толготуу** – төрөт убагында кез-кези менен кармоочу жатындын оору туудуруучу жыйрылуусу.

## Т

**ТЕЛАРХЕ (thelarch), телархе** – жыныстык өрчүүнүн баштапкы стадиясында колтук астында чач өсүү.

**ТЕСТ НА НАЛИЧИЕ БЕРЕМЕННОСТИ (pregnancy test), кош бойлуулуктун бар экендигине болгон тест** – аялда кош бойлууктун бар же жок экендигин аныктоочу ыкма. Мындай тесттердин негизинде аялдын заарасында атайын гормондун болушун аныктоо жатат-адамдык хорионикалык гонодотропиндин. Заманбап тесттерде моноклоналдык бөтөн денелер (адамдык хорионикалык бета-гонодотропин (beta HCG)) колдонулат. Аларда зааранын эмес, кандын сывороткасын изилдөө өткөрүлөт, ошондуктан алардын жардамы менен аялда кош бойлуулукту эң эле эрте мезгилде аныктоого болот.

**ТЕСТОСТЕРОН (testosterone), тестостерон** – эркектердин негизги жыныстык гормону (караңыз: Андроген).

**ТОКСИКОЗ БЕРЕМЕННЫХ (pregnant women toxemia), кош бойлуулуктагы жагымсыз сезүү** – боюнда бар аялда байкалуучу бардык зат алмашуу бузулуп, бир нерсеге уулангандай сезилип кош бойлуулуктун бузулуп өтүшү.

**ТРАНСВЕСТИЗМ, ТРАВЕСТИЗМ (transvestism, cross-dressing), трансвестизм, травестизм** – карама-каршы жыныс өкүлүнө тиешелүү кийим-кечек кийүү; мунун өзүн гетеро- менен бирге гомосексуалдардан да байкоого болот. Трансвестизм транссексуалдар (караңыз: Транссексуализм) арасынан жолукканы менен адатта, сексуалдык дүүлүгүлөр менен коштолбойт. Кошумча караңыз: Жыныстык бурмалоо. – Трансвестист (transvestite).

**ТРАНСВЕСТИТ (transvestite), трансвестист** – карама-каршы жыныстагы адамдын кийимин кийгенде канааттандыруу алган адам.

**ТРАНССЕКСУАЛ (transsexual), транссексуал** – карама-каршы жыныска өзүнүн ээ экендигин сезген адам, бирок бул анын жыныстык белгилердин туура калыптанышына карабастан болот.

**ТРАНССЕКСУАЛИЗМ (transsexualism), транссексуализм** – өзүн карама-каршы жыныстын өкүлү катары саноо. Мындай ишенимдин түбү, негизинен бала кезге барып такалат. Тарбиялоо процессинин жүрүшүндө психотерапия мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен бул өңдүү ишенимде жүргөн балдарды өз жынысына тиешелүү жүрүм-турум, кулк-мүнөзгө ээ болууга үндөшөт. – Транссексуал (transsexual). – Транссексуалдык (transsexual).

**ТРИППЕР (gonorrhea), триппер** – караңыз: Гонорея.

**ТРИХОМОНИАЗ (trichomoniasis), трихомониаз** – Trichomonas vaginalis түрүндөгү жөнөкөйлөр тарабынан жыныстык органдардагы былжырлуу катмарлардын сезгениши (караңыз: Вагинит). Бул түрдөгү жөнөкөйлөрдүн организмге келип түшүүсү (көбүнчө эркек адамда), сийдик чыгуучу каналдын сезгенишин жаратат.

**ТРУБА ФАЛЛОПИЕВА (Fallopian tube), ЯЙЦЕВОД, ТРУБА МАТОЧНАЯ (oviduct, uterine tube), фаллопий түтүкчөсү, урук жолу, жатын түтүкчөсү** – жупуну түтүкчө, алардан аялдардын урук клеткасы жатынга өтөт (караңыз: Репродукциялык система).

## У

**УВЛАЖНЕНИЕ ВЛАГАЛИЩА (vaginal moisturizing), кынды нымдатуу** – караңыз: Любрикация.

**УЗДЕЧКА (fraenum, frenum, frenulum), жүгөн** – 1. Былжырлуу челдин катмары, ал тилдин астында же тиш этинин ылдыйкы жана үстүнкү эриндин ортосунда жайгашкан. 2. Каалаган структура, өзүнүн сырткы көрүнүшү менен жүгөндү элестетет. 3. Тери катмары, ал жыныс мүчөсүн дене менен бириктирип турат, сейрек мезгилде эркектин жыныс мүчөсү менен. Жүгөн өтө сезгичтикке ээ.

**УРЕТРА (urethra), уретра** – сийдик чыгуучу түтүк. Орто эсеп менен токтолгон адамдарда, ал эркектерде 20–25 сантиметр болсо, аялдарда 3–5 сантиметрге жетет. Аялдарда ал сийдик чыгаруу үчүн гана кызмат аткарат, эркектерде болсо ал урук бездерден урук суюктугун чыгаруу үчүн кызмат аткарат.

**УРЕТРАЛЬНЫЕ ЖЕЛЕЗЫ (urethral glands), уретралдык бездер** – сийдик чыгуучу түтүкчөлөрдүн ички бетинде жайгашкан бездер.

**УРЕТРИТ (urethritis), уретрит** – сийдик чыгуучу түтүктүн сезгениши. Оорунун негизги себеби болуп, гонорея (спецификалык уретрит (specific urethritis)) же жыныстык жолдор аркылуу берилүүчү башка бир инфекциялар саналышы мүмкүн, (адатта бул инфекция, Chlamydia trachomatis (гонококксуз уретрит) түрүндөгү микроорганимздерден туудурулат) же спецификалык эмес уретрит, ошондой эле уретранын коркунуч туудурбаган чоң эмес жаракаттар алар катетерди киргизүүдөн кийин жаракаттанат.

**УРЕТРИТ ХРОНИЧЕСКИЙ ГОНОРЕЙНЫЙ (chronic gonorrheal urethritis), өнөкөт гонореялык уретрит** – жыныстык мүчө же жыныстык кындан ириң аралаш, былжырлуу суюктуктун бөлүнүп чыгуусу.

**УРЕТРОСТЕНОЗ (urethrostenosis), уретростеноз** – уретранын тарып кетиши (стриктура).

**УРЕТРОЦИСТИТ (urethrocystitis), уретроцистит** – табарсык менен сийдик чыгаруучу түтүктүн экөөнүн тең бир мезгилде сезгениши.

**УРОДСТВО (ugliness), кемдик** – өрчүүнүн оор тубаса кемдиги, ал тышкы келебеттин көркүн бузат жана көпчүлүк учурда жашабайт. Кемдиктин себеби болуп - тукум куучулук, жагымсыз факторлор болуп саналат, алар кош бойлуулукта түйүлдүктүн 6–12 жумасында таасир бериши мүмкүн: ата-энесинин аракеч болушу, тамеки тартуу, венерикалык дарттар, кээ бир дарыларды колдонгондуктан жанарадиоактивдик заттардын таасиринен болот.

**УРОЛОГ (urologist), уролог** – сийдик жолдорунун оорусу боюнча адис, дарыгер.

**УРОЛОГИЯ (urology), урология** – медициналык илимдин сийдик чыгаруучу органдагы жана жыныстык мүчөдөгү ооруларды окуучу бөлүгү. – Урологиялык (urological). – Уролог (urologist).

## Ф

**ФАЛЛОПИЕВЫ ТРУБЫ (fallopian tubes), фаллопий түтүктөрү** – алар овуляция убагындагы жумуртка клеткасынын жатынга карай жылышын камсыз кылышат, жана сперматозоиддердин карама-каршы багытта жылышын камсыздайт. Бул түтүктөр жумуртка клеткасынын оруктандыруучу орду катары кызмат аткарышат, анын менен уруктандыруу үчүн жагымдуу чөйрөнү түзүшөт жана түйүлдүктүн баштапкы өрчүү этабына жана андан ары жатынга жылууга шарт түзүшөт. Караңыз: Жатындык түтүктөр.

**ФАЛЛОС (phallus), фаллос** – 1. Эмбриондун жыныстык дөңчөсү, ал сийдик чыгаруучу каналдын аягына чейин өрчүгөнгө чейинки абалы. 2. Жыныстык мүчө.

**ФАМИЛИСТИКА (familistika), фамилистика** – үй-бүлө жөнүндө комплестүү илим.

**ФЕМИНИЗАЦИЯ (feminization), феминизация** – эркектерде аялдардын экинчи жыныстык белгилери пайда боло баштагандыгы. Эмчегинин чоңоюшу, сакал-муруттун түшүп калуусу, терисинин назиктениши, бул адатта кайсы бир эндокринндик бузулуштардын же кайсы бир гормоналдык терапиянын кесепетинен пайда болот.

**ФЕМИНИЗМ (feminism), феминизм** – 1. Бардык жагынан аялга окшош эркек. Феминизимдин анык белгилери эркектерде кастрациядан кийин пайда болот. 2. Аялдардын эркектер менен кошо тең укуктуу, теңдүү болушу үчүн коомдук кыймыл.

**ФЕМИНИННОСТЬ (femininity), фемининдүүлүк** – аял жынысына таандык, айырмаланып турган денелик, психикалык жана жүрүм турумдук белгилердин топтому. Кошумча караңыз: Аялдык.

**ФЕТИШИЗМ (fetishism), фетишизм** – эркектин сүйгөн аялдын буюмдарын, кийимдерин, чачын көргөндө же колу тийгенде жыныстык эргүү, козголуу (фетиш (fetish) деп аталуучу). Кошумча караңыз: Жыныстык бурмалоо.

**ФИМОЗ (phimosis), фимоз** – эркектердин аяк мүчөсүнүн тешигинин патологиялык ичкериши, анын кесепетинен эркектер жыныс мүчөсүн башын чыгара албайт. Бул сезгенич процессинин өрчүшүнө алып келет (караңыз: Баланит, Баланопостит). Аны дарылоо үчүн аяк мүчөнү хирургиялык жол менен алып салуу аткарылат (циркумцизиция).

**ФЛАГЕЛЛЯЦИЯ (flagellation), флагелляция** – жыныстык ырахат алуу үчүн өзүнө же башка бирөөгө залал келтирүү (караңыз: Мазохизм, Садизм). Мындай сексуалдык оорусу бар адам флагеллант (flagellant) же флагелломан (flagellomane) деп аталат.

**ФЛИРТ (flirtation), флирт** – курулай ашыктык, чыныгы сезимсиз ашыктык. Караңыз: Ойсоңдоочулук.

**ФОБИИ СЕКСУАЛЬНЫЕ (sexual phobias), сексуалдык фобиялар** – сексуалдык катнашуудан коркунуч туудуруучу сезим, ал жыныстык катнашуунун такыр болбостугуна алып келиши мүмкүн.

**ФОЛЛИКУЛ (follicle), фолликул** – чоң эмес секретордук көңдөй, баштыкча же без, мисалы, жумуртка клеткасы өрчүү процессиндеги урук безинин бир ыйлаакчасы. Кошумча караңыз: Грааф ыйлаакчасы, Чачтуу фолликул. – Фолликулярдык (follicular).

**ФРИГИДНОСТЬ (frigidity), фригиддүүлүк** – аялдын жыныстык суздугу, жыныстык козголууда көңүлсүнбөгөн учур.

**ФРИКЦИЯ (frictio), фрикция** – сексологиялык термин, жыныстык жакындыктын мезгилинде кыймылды түшүндүрөт.

**ФРОТТАЖ (frottage), фроттаж** – жыныстык органын кимдир бирөөгө ыйкоо жолу аркылуу (адатта топ ичинде) жыныстык кумарга жетүү. Бул өңдүү жыныстык бейадептик белгилерин негизинен эркектер арасында жолуктурууга болот.

**ФРУСТРАЦИЯ СЕКСУАЛЬНАЯ (sexual frustration), сексуалдык фрустрация** – сексуалдык чыңалуунун оордуктуу абалы, ишке ашырылбай, бүтпөй калган сексуалдык разрядка. Көп кайталануучу сексуалдык фрустрациялар жыныстык мамилелердин гармониясынын бузулушуна алып келет. Аялдарда мындай абалдын пайда болушун партнердо эрте урук чыгаруу менен байланыштуу болот.

## Ц

**ЦЕЛИБАТ (caelibatus, caelebs), целибат** – сексуалдык мамилелерден баш тартуу.

**ЦЕРВИЦИТ (cervicitis), цервицит** – жатындын моюнчасынын сезгениши. Адатта боюнан алдырганда же төрөттөн кийин пайда болот жана бир топ сезгенүүлөр менен коштолот. Цервицит кайсы бир өзгөчө симптомсуз өтөт же мүнөздүү чыгуулар (караңыз: Бели) менен жана ич көңдөйүндөгү оору менен мүнөздөлөт.

**ЦИРКУМЦИЗИЯ (circumcision), циркумцизия** – жыныстык мүчөнүн кертмек башын жаап турган терини хирургиялык жол менен кесип алып таштоо. Мындай операция адатта диндик же этникалык себептерден жасалат, бирок кээ бир учурларда мындай операцияны медициналык көрсөткүчтөрдө жасоого туура келет, мисалы, фимоздо же парафимоздо. Аялдардын циркумцизиясы (female circumcision) клиторду жана кичине менен чоң жыныстык эриндерди алып салууну камтыйт.

**ЦИСВЕСТИЗМ (cisvestism), цисвестизм** – трансвестизмдин түрү, өзүнүн жынысындагы бирок андан башка курактагы жана социалдык катмардагы адамдын кийимин кийүүгө умтулуусу. Көпчүлүк учурда мындай көрүнүштү чоң киши балдардын кийимин кийгенде байкашат.

## Ш

**ШАНКР (chancre), шанкр** – котон жара жана уйку оорусунун биринчи белгилери. Дарт жуккан жерде катуу тарткан жаранын пайда болушу.

**ШАНКР МЯГКИЙ (soft sore), ШАНКРОИД (chancroid), жумшак шанкр, шанкроид** – жыныстык жолдор аркылуу жугат. Haemophilus ducreyi түрүндөгү бактериялар тарабынан пайда болуп, жука чурайдагы лимфатикалык түйүндөрдүн чоңойуп кетүүсү жана жаралоосу менен мүнөздөлөт.

**ШЕВЕЛЕНИЕ (quickening), кыймылдоо** – жатында түйүлдүктүн эң биринчи кыймылдоосу, аны келечектеги эне сезет. Адатта баланын кыймылдоосу он алтынчы жумадан кийин байкалат.

**ШЕЙКА (cervix), моюнча** – кайсы бир органдын ооз жагын, айталы жатын моюнчасын элестете турган орган. Жатындын моюнчасы (cervix uteri) төрөт убагында кыйла чоюлууга жөндөмдүү.

## Э

**ЭДИПОВ КОМПЛЕКС (Oedipus complex), Эдип комплекси** – психоанализде 3–4 жаштагы баланын өзүнүн ата-энесине болгон эмоционалдык мамилелердин өзгөчөлүктөрү. Бул балдар ой толгоосу, ал эркек баланын өзүнүн апасына сексуалдык жактан кызыгуусу жана ошону менен бирге атасына ачууланып кызгануу мамилени көрсөткөндүгүн камтыйт. Кыздарда болсо атасына өтө жакын болгондуктан жана атасына болгон сексуалдык кызыгуусу менен багытталат (караңыз: Электранын комплекси).

**ЭКСГИБИЦИОНИЗМ (exhibitionism), эксгибиционизм** – башка адам алдында өз жыныстык мүчөсүн көргөзүү ышкысы менен коштолуучу оорулуу иш-аракет жана жыныстык бейадептиктин белгиси.

**ЭМАНСИПАЦИЯ (emancipation), эмансипация** – көз карандылыктан, баш ийүүдөн, эски көз караштардан бошонуу; эркектерди коомдук, эмгектик, үй-бүлөлүк, жыныстык мамиледе аялдар менен тең укукта кароо.

**ЭМБРИОЛОГИЯ (embryology), эмбриология** – жаныбарлардын жана адамдын түйүлдүгүнүн ичтеги мезгилдеги өсүшүн окуучу илим. – Эмбриологиялык (embryological).

**ЭРЕКЦИЯ (erection), эрекция** – жыныстык мүчөнүн чыңалышы; эркектин жыныстык мүчөсүнө кан толуп, көлөмү чоңоюп көбүү. Берилген термин көпчүлүк убакта дагы жыныстык дүүлүгүү абалында болгон клиторго карата да колдонулат.

**ЭРОГЕННЫЙ (erogenous), эрогендүү** – термин физикалык кийлигишүүлөрдүн натыйжасында дененин жыныстык дүүлүгүүгө учурай турган айрым бир бөлүктөрүн туюндуруу үчүн колдонулат.

**ЭРОТ- (erot-), ЭРОТО- (eroto-), эрот-, эрото-** – жыныстык ышкы же сүйүү сезимин туюндуруучу сөз. Мисалы, эротофобия – жыныстык катнашка баруу алдында пайда болуучу коркуу сезими.

**ЭРОГЕННЫЙ (erogenous), эрогендүү** – термин физикалык кийлигишүүлөрдүн натыйжасында дененин жыныстык дүүлүгүүгө учурай турган айрым бир бөлүктөрүн туюндуруу үчүн колдонулат.

**ЭРОЗИЯ (erosion), эрозия** – ар кыл физикалык же химиялык процесстердин таасири астында дененин сырты, теринин жана былжырлуу кабыкчанын калың катмарынын сыйрылышы. Жатын моюнчасынын эрозиясы (cervical erosion) өзүнүн сырткы көрүнүшү менен жатын моюнчасынын былжырлуу челинин эпителийлик аймагынын жабыркашын элестетет, ал төрөт же боюнан алдырган мезгилде ткандын жабырканышынан пайда болот.

**ЭРОТИКА, ЭРОТИЗМ (eroticism), эротика, эротизм** – 1. Ой-туюм, элестетүү элементтери. Бул живопись, адабият жана искусстводо да кездешүү менен адамдын жыныстык жактан козуусу, жыныстык ышкысынын ойгонушу менен коштолот. 2. Өздүк жыныстык дүүлүгүү. 3. Жыныстык катнашка болгон ышкынын адаттан тышкары жогору болуусу. 4. Жыныстык жакындык же сексуалдык таасирленүү, ал түздөн түз дененин ар кандай аймактарын кароо жана стимуляциясы менен туудурулат, адатта алар адамдын сексуалдык дүүлүгүүсүнө алып келет. Аналдык эротика (anal eroticism) жана оралдык эротика (oral eroticism) терминдери фрейддин теориялык сезиминде да ошондой эле физикалык жыныстык активдүүлүккө карата да колдонулат.

**ЭРОТИЧЕСКИЙ (erotic), эротикалык** – сексуалдык дүүлүгүү менен ошондой эле стимулдар менен жана аны туудуруучулар менен байланышкан абал.

**ЭРОТОМАНИЯ (erotomania), эротомания** – адамдын башка бир адамдын сүйүүсүнө эгедермин деген татуу кыялы. Айрым учурларда эротомания шизофренияга өтүп кетүүсү мүмкүн.

**ЭСТРОГЕН (oestrogen), эстроген** – аялдын жыныстык жактан жетилүүсүн көзөмөлдөп, жыныстык органдардын нормалдуу иштешине, ошондой эле экинчи жыныстык белгилердин (мисалы, сүт бездеринин чоңойушуна) өнүгүшүнө шарт түзө турган стероиддүү гормондор тобунун өкүлү (аларга ошондой эле эстриол, эстрон жана эстрадиолдор кирет). – Эстрогенндик (oestrogenic).

**ЭЯКУЛЯРХЕ (eyakulyarhe), эякулярхе** – эркек балдардын биринчи эякуляциясы, ал жыныстык өрчүүнүн башталышын тастыктайт.

**ЭЯКУЛЯЦИЯ (ejaculation), эякуляция** – жыныстык катнаштын кульминациялык мезгилинде эркектердин жыныстык мүчөсү аркылуу эрендиктин сыртты көздөй атырылышы. Кошумча караңыз: Алдын ала эякуляциясы.

**ЭЯКУЛЯЦИЯ ЗАДЕРЖАННАЯ (delayed ejaculation), кармалган эякуляция** – кармалуучу, эки партнерду тең алсыратуучу жыныстык актынын урук чыгара айбай калуу менен мүнөздөлүүчү абал.

**ЭЯКУЛЯЦИЯ ЗАТРУДНЕННАЯ (difficulty ejaculation), кыйынчылык туудуруучу эякуляция** – караңыз: Кармалган эякуляция.

**ЭЯКУЛЯЦИЯ ПРЕЖДЕВРЕМЕННАЯ (premature ejaculation), алдын ала эякуляциясы** – эрендик, ал жыныстык катнашуунун эң башында пайда болот.

## Ю

**ЮНОСТЬ (youth), жаштык курак** – караңыз: Жаш курак.

**ЮНОШЕСКИЙ ВОЗРАСТ (youthful age), жаш курак** – 15–17 жаштагы адамдын өрчүүсүнүн мезгили (алгачкы өспүрүм курак), 18–21 жашка чейин (кеч курак) түздөн-түз бойго жеткен курак. Жаш курак мезгилинде организмдин толук калыптануусу башталат, экинчи жыныстык өрчүүнүн белгилери аяктайт.

## Я

**ЯИЧКО (testis,** көпч. **testes, testicle), урук бези** – сперматозоиддер менен эркектердин жыныстык гормону – тестостерон (андроген) бөлүнүп чыга турчу кош урук без; анын иштелип чыгуусу гипофиз тарабынан бөлүнүп чыга турчу гонадотропиндер тарабынан көзөмөлдөнөт.

**ЯИЧНИК (ovary), аялдын жумурткасы** – аялдардын урук клеткалары менен стероиддүү гормондорду иштеп чыгуучу негизги жыныстык органы (жыныстык бези). Аялдын жумурткасы – жуп органдар болуп саналышат; кичи жамбаш сөөк көңдөйүндөгү жатындын эки тарабында жайгашкан (караңыз: Репродуктивдүү система). – Жумурткалык (ovarian).

**ЯЙЦЕВОД (oviduct), урук жолу** – аялдардын урук клеткасы өтө турган жол. Карыңыз: Фаллопий түтүгү.

**ЯЙЦЕКЛЕТКА (ovum, egg cell), жумуртка клеткасы** – аялдардын жумурткасы чыгарган жыныстык клетка (караңыз: Гамета). Ал сперматозоид менен кошулуп, түйүлдүктү, болочок баланы түзөт.

# СТОМАТОЛОГИЯ



## А

**АБСЦЕСС АПИКАЛЬНЫЙ (apical abscess), апикалдык абсцесс** – тиш айланасынын ириңдеп кетүүсү. Абсцесс катуу кармаган учурда тиш катуу ооруп, жаак шишип, пульпа ириңдейт. Ооруну дарылоо үчүн адегенде катуу жабыр тарткан тишти жулуп салуу зарыл.

**АБСЦЕСС ПЕРИОДОНТАЛЬНЫЙ (periodontal abscess), периодонталдык абсцесс** – периодонтто өрчүүчү абсцесс жана адамда курч сезгеничтин болуусун айгинелейт.

**АЛЬВЕОЛИТ ЛУНОЧКОВЫЙ ПОСТЭКСТРАКЦИОННЫЙ (dry socket), постэкстракциондук уялуу альвеолит** – оору абалы, мында тишти жулуудан кийин тиш уясынын нормалдуу айыгуусу бузулган абал.

**АМЕЛОГЕНЕЗ (amelogenesis), амелогенез** – амелобластар менен эмалдын пайда болушу; мындай процесс толугу менен тиш жарылгандын алдында аяктайт. Болбой калган амелогенез (amelogenesis imperfecta) өзү менен тукум куучулук дефектини көрсөтүп турат, бул учурда тиш эмалынын пайда болушу бузулат.

**АНЕСТЕЗИЯ ЗУБОВ НИЖНЕЙ ЧЕЛЮСТИ (inferior dental block), астынкы жаактагы тиштердин анестезиясы** – инъекциянын түрү, астынкы альвеолярдык нервдин анестезиясын (оорутпоосун) аткарат.

**АНОДОНТИЯ (anodontia), анодонтия** – өрчүүнүн дефектисинен тиштердин жок болушу. Көпчүлүк учурда тиштердин өрчүбөстүгүнөн бир нече тиштердин жок болуусу кезедешет (караңыз: Гиподонтия).

**АНОМАЛИЯ ПРИКУСА (malocclusion), тиштин кабышып турушу** – үстүнкү жана астынкы тиштер бири бири менен туура эмес кошула турган абал.

**АПИКЭКТОМИЯ (apicectomy), апикэктомия** – тиш дүмүрүнүн үстүн хирургиялык жол менен алып салуу. Адатта ал тиштин дүмүрчөгүнүн учуна пломбаны коюу менен коштолот, эгер тиштин пульпасындагы дүмүрчөк каналын дарылоодон жыйынтык чыкпаса анда ал алып салынат.

**АРТИКУЛЯТОР (articulator), артикулятор** – (стоматологияда) үстүнкү жана астынкы жаакты салыштыруу үчүн аспап (адатта тиштер толугу менен кошулуп жабылганда), ал тиш протезин, тиш таажысын, тиш көпүрөсүн жасоодо колдонулат.

**АФТА (aphtha,** көпч. **aphthae), афта** – ооздун былжырлуу кабыкчасындагы ыйлаакча бат эле жарылып, анын ордуна сары так калышы, аны паллиативдик дарылоо аркылуу дарылашат. – Афтоздук (aphthous).

**АЭРОДОНТАЛГИЯ (aerodontalgia), аэродонталгия** – тиш оорусу. Самолетто учуу мезгилиндеги атмосфералык басымдын же тоо чокусуна чыккан мезгилде пайда болуучу тиш оорусу.

## Б

**БЕЗЗУБЫЙ (edentulous), тиши жок** – берилген термин адатта бир канча же баардык тиштери түшүп калган адамга тийиштүү.

**БИКУСПИДАЛЬНЫЙ (bicuspid), бикуспидалдык** – 1. Уркуюп турган жерди же эки жакка ачылмалардын эки учунун бар болушу: мисалы, кичи азуу тиштер же жүрөктүн митралдык клапаны. 2. АКШ да – кичи азуу тишине тиешелүү.

**БОРМАШИНА (drill), бормашинасы** – тиш оорусун дарылоочу тиш доктурлардын тишти көзөөчү, кыруучу, кариес жерин тазалоочу машинасы.

**БРУКСИЗМ (bruxism), бруксизм** – адамдын тиш кычыратуу адаты. Адатта уктап жаткан маалда байкалат.

## В

**ВАЛИК ПРИКУСНОЙ (biteraiser), тиштөөчү оромо** – 1. Ортодонтикалык дарылоо процессинде тиштерди нормалдуу жабышына тоскоолдук кылуучу жабдык, ошондой эле чыкый – астынкы жаактык синдромду дарылоодо колдонулат.

**ВАЛИК ПРИКУСНОЙ (occlusal rim), тиштөөчү оромо** – 2. Жаактын жабылышын аныктоо үчүн жана ошол маалдагы алардын жайгашуусун каттоо үчүн тиш эриндердин окклюзионндук ажыратуусу; алынган маалымат тиш протезин, тиш таажысын, тиш көпүрөсүн жасоо процессинде колдонулат.

**ВЫСТИЛКА (lining), калкалоочу катмар** – (стоматологияда) коргоочу катмар, ал тишти пломбалоонун алдында тиштин көңдөйүндө даярдап коюлат.

**ВЫТАЛКИВАНИЕ (extrusion), чыгаруу** – (стоматологияда) тишти атайын ортодонтикалык жабдык менен мажбурлап суурут салуу, ал мисалы, жабыркануунун кесепетинен тиштин жаакка кирип кетишинде тишти реконструкциялоо үчүн жасалат.

## Г

**ГИНГИВ- (gingiv-), ГИНГИВО- (gingivo-), гингив-, гингиво-** – тиш этин түшүндүрүүчү сөз. Мисалы, гингивопластика (gingivoplasty) – тиш этин пластикалык ыкма менен калыбына келтирүү.

**ГИНГИВИТ (gingivitis), гингивит** – тиштин түбүндөгү этинин тегерете сезгениши (караңыз: Тиш эти). Тиш эти шишип жана кансырап калат. Өнөкөт гингивит (chronic gingivitis) ооз көңдөйүнүн жакшы гигиенасындагы периодонталдык дарттын дарылоого мүмкүн болгон алгачкы баскычы. Жараланган гингивит - бул оору туудуруучу жана тиш эриндерин бузуучу сезгенич процесси.

**ГИНГИВИТ ЯЗВЕННЫЙ (ulcerative gingivitis), жаралуу гингивит** – тиш бүйлөлөрүнүноорушу жана өтө тездик менен кыйрашы. Аталган оору анаэробдуу микроорганизмдер менен жабыркаган бейтаптарга кезигет жана ооздун жагымсыз жыттын келиши менен коштолот. Мурун жаралуу гингивит башкача аталган - Венсандын ангинасы (Vincent's angina); бул дарттын өтө күчтүү көрсөткүчтөрү нома деп аталат.

**ГИНГИВЭКТОМИЯ (gingivectomy), гингивэктомия** – тиштин түбүндөгү этин кесип алып таштоо. Периодонталдык хирургияда аткарылган атайын операция.

**ГИПОДОНТИЯ (hypodontia), гиподонтия** – тиштердин тубаса жоктугу же мезгилдин өтүшү менен толук түшүп калышы.

**ГОМФОЗ (gomphosis), гомфоз** – синартроздун түрү (кыймылсыз кошулуунун), мык каккандай окшош бекитүү. Сөөк сынганда бири-бирине аштоо, өзгөчө алдыңкы ээк сынганда бири-бирине кыноо.

## Д

**ДЕВИТАЛИЗАЦИЯ (devitalization), девитализация** – (стоматологияда) жанын өлтүрүү, Мисалы, тешилген тишке келген нервдин бутагын кесип таштоо же дары менен аны ууландырып коюу. Караңыз: Түпкү каналды дарылоо.

**ДЕНТ- (dent-), ДЕНТИ- (denti-), ДЕНТО- (dento-), дент-, денти-, денто-** – тиштер менен болгон байланыш түшүнүгүн берүүчү сөз. Мисалы, тиш-жаактык (dentoalveolar) – тиш жана жаака тиешелүүлүк.

**ДЕНТИН (dentine), дентин** – тиштин негизги бөлүгү. Тиш таажысынын дентини эмаль менен капталган, ал эми дүмүрүндө – тиштин цементи менен капталган. Дентин

көпчүлүк майда каналдар менен топтолгон (дентинндик түтүктөр), алар тишке жакын көңдөйчөдө тиштин пульпасында клеткаларды (дентинобласттарды) камтыйт. Ачык дентин тигенде, жылуу жана суукка абдан сезгичтүү болот.

**ДЕНТИНОГЕНЕЗ (dentinogenesis), дентиногенез** – дентиндин одонтобласталардын негизинде жаралышы. Дентиногенез адамды өмүр бою коштогонуна карабастан тиш чыккан соң бир нече жылдардан кийин дентиндин жаралуу процесси жай мүнөздө өтөт жана абдан аз санда болот. Бүтпөй калган дентиногенез (dentinogenesis imperfecta) тукум куучулук дарт болуп саналат, мында тиштин дентинин пайда болушу бузулат, анын кесепетинен жарылып жаткан тиштер такыр эле эмалы жок болот.

**ДЕСНА (gingiva,** көпч. **gingivae), тиш эти** – бириктиргич ткандын калың катмары, ал былжырлуу чел менен капталган, ал болсо астынкы жана үстүнкү жаактын альвеолярдык бөлүгүн каптап турат.– Тиш эттик (gingival).

**ДЕСНА (gum), тиш эти – (**анатомияда) караңыз: Тиш эти (gingiva).

**ДИЛАЦЕРАЦИЯ (dilaceration), дилацерация** – тиштин аномалиясы, кээ бир травмалардан кийин пайда болот, мында тиштин дүмүрү жана тиш таажысы бири-бирине капталынан өсүп калат. Адатта бул учурда тишти сууруп салуу керек.

## З

**ЗАБОЛЕВАНИЕ ПЕРИОДОНТАЛЬНОЕ (periodontal disease), периодонталдык оору** – тишти курчап турган бүйлө, периодонталдык мембрана жана альвеолярдык өсүндү оорусу. Оорунун негизги себеби болуп, тиш ткандарынын үстүңкү катмарындагы бактериалдык өрмөлөрдүн метаболизми саналат. Периодонталдык ооруларга гингивит, ошондой эле тиш менен тиш этинин ортолорундагы ажырымды пайда кылуучу өтүшүп кеткен периодонтит (periodontitis) баскычы кирет.

**ЗАЕДА, СТОМАТИТ АНГУЛЯРНЫЙ (perleche), кургак жарылуу, ангулярдык стоматит** – ооздун тегерек четтеринде пайда боло калуучу жаракалар. Такай эриндерди жалай берүү же организмдеги кайсы бир витаминдин жетишсиздигинен улам пайда болот.

**ЗАКУПОРЕННЫЙ, ЗАКРЫТЫЙ (impacted), бүтөлгөн, жабык** – бекем жабылган. Ретинацияланган (жарыла элек) тиш (адатта акыл тиши) (impacted tooth), ал жакшы жарыла элек тиштер, аларга аны курчап турган жана алардын ткандары жаап турган үчүн жарылууга тоскоолдук кылып турат.

**ЗЛОВОНИЕ (fetor, foetor), сасык, жаман жыт** – жаман сасык жыт. Fetor oris – ооздон жаман сасык жыт чыгуу (галитоз).

**ЗОНА РАЗДЕЛЕНИЯ КОРНЕЙ (furcation), түпчөлөрдүн бөлүнгөн жери** – көп түптүү тиштин пайда болуусу менен мүнөздөлөт.

**ЗУБ I (dens), тиш I** – тиш же тиш формасын элестетүүчү структура.

**ЗУБ III (tooth, көпч. teeth), тиш III** – ооз көңдөйүнүн бирден бир катуу структурасы, ал тамак-ашты майдалоо үчүн колдонулат. Тиштин тышкы бөлүгү (таажы (crown)) эмаль менен капталган, ал эми альвеоланын ичинде жайгашканы - дүмүр (root) – атайын цемент менен капталган; тиш негизинен дентинден турат, ал баардык жагынан пульпага толгон тиш көңдөйүн, курчап турат. Эмбрионалдык клеткалардан өрчүүчү тиш, тиштин негиздерин пайда кылат (tooth germ).

**ЗУБ ИНВАГИРОВАННЫЙ (dens invaginatus), инвагиралдуу тиш** – бүктөлмө тиштер: тиш түзүлүшүнүн спецификалык бузулушу. Ар кандай даражада негизинен каптал кашка тиштерди жабыркайт.

**ЗУБ МУДРОСТИ (wisdom tooth), акыл тиш** – жаактагы үстүнкү жана астынкы 3чү чоң азуу тиш, 20 жаш куракта чыгат.

**ЗУБ ОПОРНЫЙ (abutment), тирегич тиш** – (стоматологияда) караңыз: Көпүрө сымал тиш протези.

**ЗУБ СВЕРХКОМПЛЕКТНЫЙ (mesiodens), комплекттен тышкары тиш** – тиш, ал борбодук кашка (маңдай) тиштердин жана үстүнкү жаактардын ортосунда жайгашкан.

**ЗУБНАЯ КИСТА (tooth cyst), тиш кобулу** – тиштин түбүнө жакын сөөктөрдө пайда болгон кобул.

**ЗУБНЫЕ БОЛЕЗНИ (dental diseases), тиштин оорулары** – тиштин катуу жана жумшак ткандарынын дарттары. Алар тишке жагымсыз тышкы факторлордун таасирленүүсүнөн (механикалык жаракат, химиялык заттар, физикалык факторлор, радиация), ички органдардын жана системалардын дарттарынан, өзгөчө ичеги-карын трактынын жана зат алмашуунун бузулушунан, ошондой эле ичүүчү сууда фтордун өтө көп болушунан же жетишсиздигинен келип чыгышат. Эң эле көп таралган себеби болуп бул тиштин кариеси, флюороз, пульпит, жумшак ткандардын сезгениши – периодонтит. Кариестин өтүшүп кетүүсүндө жаактын периостатити жана остеомиелити, жаак астындагы жана беттин флегмонасы катары байкалат. Катуу ткандардын дефектилери да кездешет – эмалдын (өрчүбөстүк), тиштердин гиперстезиясы (жогорку сезгичтик), шынаа сымал дефект, тиш тканынын некрозу.

**ЗУБНЫЕ ПРОТЕЗЫ (dentures), тиш протездери** – кемтик тиштин ордун калыбына келтирүү.

**ЗУБЫ (teeth), тиштер** – караңыз: Тиш.

**ЗУБЫ ГЕТЧИНСОНА (Hutchinson's teeth), Гетчинсон тиштери** – ичке кашка (маңдай) тиштер (туруктуу тиштер): тубаса сифилис оорунун симптому.

**ЗУБЫ МОЛОЧНЫЕ (deciduous teeth), сүт тиштер** – тиштер, алар баланын 6–7 айында биринчи болуп чыгышат жана алардын ордуна туруктуу тиштер чыккандан кийин түшүп калышат. Кайсы-бир себептерден такай тиштер жок болот, сүт тиштери сакталып калат жана баардык керектүү функцияларды көптөгөн жылдар боюу аткарат. Караңыз: Тиш катары.

**ЗУБЫ МОЛОЧНЫЕ (milk teeth), сүт тиштер** – сүт тиштер, бул кичинекей балдардын тиштери. Караңыз: Тиш катары.

## И

**ИЗБЫТОЧНЫЙ (supernumerary), ашыкча** – (стоматологияда) кошумча тиш дегенди билдирет.

**ИНДУКЦИЯ КОРНЯ ЗУБА (root induction), тиштин тамырынын индукциясы** – (эндодонтияда) жасалуучу процедура, ал пульпа менен жабыркаган өрчүбөгөн тиште дүмүрчөнүн пайда болушуна мүмкүндүк берет.

## К

**КАМЕНЬ ЗУБНОЙ (tartar), тиш таштары** – тиштин үстүндөгү тиш эттерине кыналуучу өңөр (таш) эскирген аталышы.

**КАНАЛ НИЖНЕЧЕЛЮСТНОЙ (inferior dental canal), астыңкы жаактык канал** – астыңкы жаактын ар тарабынан өтүүчү сөөк каналы. Анын ичинде астынкы альвеолярдык нерв жана кан сосуддары өтөт; аны тиштин рентгенограммасын аткаруу мезгилинде байкаса болот.

**КАРИЕС (caries), кариес** – тиш же сөөк затынын бузулушу (караңыз: Тиштин кариеси) же сөөктүн. – Кариоздук (carious).

**КАРИЕС ЗУБНОЙ (dental caries), тиштин кариеси** – тиш тканынын чириши жана бузулушу. Тиш кариеси тиштин сыртындагы бактериялардын кесепетинен пайда болот. Эгер эч кандай профилактикалык чараларды көрбөсө, анда бул процесс бат эле дентинге таралып, тиштин бузулушуна алып келет.

**КАРИЕСОГЕННЫЙ (cariogenic), кариесогенндик** – кариести туудуруучу; берилген термин тиштин кариесине тиешелүү колдонулат.

**КЛАММЕР (clasp), кламмер** – (стоматологияда) тиш протезинин бир бөлүгү, ал протезди бир жерде кармап турат. Жакшы ийилген металлдан жасалат.

**КОРОНКА (crown), тиш кабы** – 1. Эмаль менен капталган тиштин бөлүгү, адатта ооз көңдөйүндө жакшы көрүнгөн. 2. Тиштин алмаштырылган жасалма тиши, ал тиштин кадимки тиш кабын алмаштырат же аны алмаштырат.

**КОРОНКА ФАРФОРОВАЯ (veneer), фарфор тиш кабы** – фарфордон же композициялык пластмассадан тиштин тышкы кабы, ал тиштин сыртына анын түсүн жана формасын жакшыртуу үчүн кийгизилет.

**КРЕСЛО СТОМАТОЛОГИЧЕСКОЕ (dental chair), стоматологиялык кресло** – кресло, анда орулуу тишин дарылап жатканда жатат.

## Л

**ЛЕЧЕНИЕ КОРНЕВОГО КАНАЛА ПУЛЬПЫ ЗУБА (root canal treatment), тиш пульпасынын дүмүрчөк каналын дарылоо** – (эндодонтияда) аткарылган процедура, ал тиштин пульпасынын калдыктарын алып салууну, тиштин ичиндеги каналды тазалоону, түзүү менен аны кайра толтурууну камтыйт (караңыз: Дүмүрчөктүк пломба). Дарылоонун бул түрү тиш оорусун жок кылуу, ошондой эле дарылоонун жүрүшүндө периодонталдык абсцесстерди жок кылууда колдонулат.

**ЛОСКУТ (flap), тилкеме** – 2. Стоматологияда – кеңири негизге бекитилүүчү, сөөкалдынын жана былжырлуу челдин бөлүгү. Ал көтөрүлүп жана анын астында жаткан сөөктү эч нерсеси жок калтыруу үчүн жылдырылат, бул процедура тишти сууруп салууда аткарылат. Бул ткандар кийинчерээк кайра өз ордуна кайтарылат.

## М

**МАКРОГЛОССИЯ I (macroglossia), макроглоссия I** – төрөлгөндөн эле же кийин тилдин чоңоюп кетиши. Аномалдык түрдө тилдин чоң болушу. Макроглоссия өрчүүнүн тубаса дефектиси болушу мүмкүн, мисалы, калкан безинин функциясынын жетишсиздигинен (кретинизмден); ал ошондой эле амилоид менен тилдин инфильтрациясынын кесепетинен өрчүшү мүмкүн, шишиктин же лимфа тамырларынын өтүмдүүлүгүнүн бузулушунан пайда болушу да мүмкүн.

**МАКРОГЛОССИЯ II (pachyglossia), макроглоссия II** – аномалдык түрдө тилдин жоонoюшу.

**МАКРОГНАТИЯ (macrognathia), макрогнатия** – көлөмү жагынан жаактын (адатта, астынкысынын) экинчи жаака караганда (үстүнкүсүнө) салыштырмалуу чоң болуусу.

**МАКРОДЕНТИЯ (macrodontia), макродентия** – тиштердин адаттан тышкары ири болушу.

**МАКРОХЕЙЛИЯ (macrocheilia), макрохейлия** – эриндердин гипертрофиясы: аномалиялык чоңоюшуна алып келүүчү тубаса эрин оорусу. Салыштыруу үчүн: Микрохейлия.

**МАСТИКА (lute), мастика** – (стоматологияда) тиш кабын бир ордунда кармап туруу үчүн тиш менен тиш кабынын ортосундагы анча чоң эмес көңдөйчөгө коюлуучу цементтин жука катмары.

**МАСТИКАЦИОГРАФ (facebow), мастикациограф** – стоматологиялык аспап. Оорулуунун жаагынын абалын өзгөртүш үчүн колдонулат.

**МЕЗИАЛЬНЫЙ (mesial), мезиалдуу** – 1. Медиалдуу. 2. Ортонку (борбордук) же анда жайгашуучу. 3. Ортонку сызыкка карай бет алган тиш догосунун кыйшайуусу.

**МЕМБРАНА (membrane), мембрана** – 1. Буалуу ткандын жука катмары, кандайдыр бир органдын же ткандын кабыгы катары кызмат аткарат. Кошумча караңыз: Базалдык мембрана, Былжырлуу чел, Бозомук чел. 2. Клетканы курчап турган липопротеиндик чел (плазматикалык (plasma), же клеткалык мембрана (cell membrane)). – Мембраноздук (membranous).

**МЕМБРАНА ПЕРИОДОНТАЛЬНАЯ (periodontal membrane), СВЯЗКА ПЕРИОДОНТАЛЬНАЯ (periodontal ligament), периодонталдуу мембрана, периодонталдуу таңгак** – тиштин айланасында орун алган таңгак, анын жардамы менен сөөкө бириктирилет.

**МЕТОД КИСЛОТНОГО ТРАВЛЕНИЯ (acid-etch technique), кислота менен уулантуу ыкмасы** – тиштин эмалине пластмассадан тиш протездик материалдарды фиксациялоо ыкмасы; тиш пломбасын кармоо жана изоляциялоодо колдонулат. Фосфор кислотасынын мүнөттүк кармоо менен колодонулат.

**МИКРОДЕНТИЯ (microdontia), микродентия** – тиштердин өтө кичинекей көлөмдө болушу.

**МОЛЯР (molar), моляр** – алтынчы, жетинчи, жана сегизинчи туруктуу тиштер, алар жаактын эки жагында тең болот (кошумча караңыз: Акыл тиш). Тиштердин сүт катарында молярлар – бул төртүнчү жана бешинчи, жаактын эки жагында тең болгон тиштер.

**МЫШЦА ЧЕЛЮСТНО-ПОДЪЯЗЫЧНАЯ (mylohyoid), жаак-тил астындагы булчуң** – ооз көңдөйүнүн негизинде орун алган булчуң, анын бир учу астыңкы жаакка бекилет, башкасы тил астындагы сөөккө бекитилет.

## Н

**НОМА (noma), нома** – кара жама. Ооз көңдөйүнүн гангреноздук инфекциясы, ал беттин баарына таралып кетиши мүмкүн. Нома, жаракалык гингивиттин өтө каттал түрү болуп саналат.

## О

**ОДОНТ- (odont-), ОДОНТО- (odonto-), одонт-, одонто-** – тиш деген маанини түшүндүрөт. Мисалы, одонталгия (odontalgia) – тиш оорусу.

**ОДОНТАЛЬГИЯ (odontalgia), одонтальгия** – тиштин өтө сыздап оорушу.

**ОДОНТИАЗ (odontiaz), одонтиаз** – жаш балдардын тиши жарылаардагы жагымсыз сезүүлөрү, ичи өтүү, чыргооктоосу.

**ОДОНТИТ (odonteitis), одонтит** – тиштин сезгенүүсү.

**ОДОНТОГЕННЫЙ (odontogenic), одонтогендүү** – тиштин кесепетинен тиштен пайда болгон оорулар.

**ОДОНТОЛОГИЯ (odontology), одонтология** – тиш жаактык системасынын түзүлүшүн, вариациясын жана эволюциясын окутуучу илим. Одонтология чайноо жана өз көңдөйүндөгү органдардын анатомия, физиология, паталогия жана чайноо жана өз көңдөйүндөгү органдардын профилактикасы менен баланышкан маселелерди карайт, аларды организмдин жалпы абалы менен жана социалдык шарттар менен өз ара байланышын да карайт.

**ОДОНТОМА (odontome), одонтома** – тиштен өсүп чыккан шишик; адатта кайсыбир өрчүүнүн аномалиясы менен байланыштуу болот Салыштыруу үчүн: Гамартома.

**ОККЛЮЗИОННЫЙ (occlusal), окклюзиондук** – (тиштердин анатомиясында) арткы тиштердин контакттык чайнагыч беттерине тиешелүү (чоң жана кичине азуу тиштердин).

**ОККЛЮЗИЯ (occlusion), окклюзия** – 1. Кайсы бир көңдөй органдын же анын кайсы бир бөлүгүнүн тыгындалып калуусу. 2. Үстүнкү жана астыңкы жаак тиштеринин кабышып тургандагы абалы. Тиштердин ортосундагы максималдуу байланыш дөңчөлүү-фиссурдук (intercuspal) же борбордук деп аталат окклюзия деп аталат (centric occlusion). Кошумча караңыз: Тиштөөнүн аномалиясы.

**ОКОЛОВЕРХУШЕЧНЫЙ (periapical), үстүнкүнүн жанында** – бул термин үстүнкү тишти курчап турган сөөккө, карата колдонулат, аны берилген аймактагы рентгенограммадан байкаса болот.

**ОКСАЛУРИЯ (oxaluria), оксалурия** – сийдик курамында ат кулак өсүмдүгүнө тиешелүү кислота же кальций оксалатынын кездешүүсү. Организмден оксалаттардын көп санда бөлүнүп чыгуусу оксалоз оорусунда байкалат.

**ОЛИГОДОНТИЯ (oligodontia), олигодонтия** – айрым бир тиштердин тубаса жок болуусу.

**ОРАЛЬНЫЙ (oral), оралдык** – оозго тиешелүү. 1. Ооз көңдөйүнө тиешелүү сөз. 2. Ооз аркылуу ичүүчү: берилген термин көпчүлүк учурда медицинада колдонулат.

**ОРТОДОНТИЯ (orthodontics), ортодонтия** – тиштин, ээктин кыйшык өсүшүн алдын ала протездөөчү жана дарылоочу стоматология бөлүмү. Караңыз: Тишке салынуучу ортодонтикалык байлагыч. – Ортодонтикалык (orthodontic).

**ОСТРИЕ ЗУБА, БУГОРОК КОРОНКИ ЗУБА, ЛЕПЕСТОК, СТВОРКА КЛАПАНА СЕРДЦА (cusp), тиштин курч жагы, тиш таажысынын дөңчөсү, жүрөк капкасынын ачылыштары** – 1. Тиш таажысынын дөңчөсү, өзгөчө чоң жана кичине азуу тиштердин. 2. Эндокарданын бүгүлүшү, ал жүрөктүн капкасындагы ачылышты пайда кылат, же капканы түзүүчү венанын ички бетиндеги бүгүлүшүн түзөт. Качан кандын агымы оордук күчтүн таасири астында тескери багытка карай жылып баштаганда, капкалардын ачылыштары биригип жана тескери багытта кан агымынын жүрүшүнө тоскоолдук кылышат.

**ОТПЕЧАТОК, СЛЕПОК (impression), из, чапталма** – (стоматологияда) ооз көңдөйүндөгү тиштердин формасы же башка ткандардын формасы, ал пластикалык материалдардан жасалган жана андан аркы моделди куюу максатында жасалат. Жумшак материал (мисалы, силикон) тишке же жаакка салынат жана бир нече мүнөткө чейин калтырылат. Андан кийин чыгарылып анын жардамы менен пластиктен модель даярдалат, анын негизинде тиш катарындагы жетпеген тиштердин ордуна тиш протездери же ар кандай ортодонтикалык жабдыктар коюлат.

## П

**ПАНТОМОГРАММА ЗУБОВ (dental pantomogram, DPT), тиш пантомограммасы** – үстүңкү жана астыңкы жаака тиешелүү бардык тиштердин көчүрмөсүн бир плёнкага түшүрүүгө мүмкүндүк бере турган томограмманын түрү (караңыз: Томография).

**ПАРАДОНТОЛОГИЯ (periodontics), парадонтология** – тиш тегерегиндеги ткандарды окуп үйрөнүү, ошондой эле периодонталдык оорулардын алдын алып, дарылоо иштерин жүргүзүүчү стоматология бөлүмү.

**ПАРАЛИЧ ЭРБА (Erb's palsy), Эрб шал оруусу** – колдун жарым- жартылай сенек тартышы; төрөт учурунда ымыркай башынын сыртка чыкпай, төрөт кыйынчылык менен коштолгондугунан улам бешинчи жүлүн нервинин жабыркоосу жана ийиндин ашташкан жерлеринин травмага учурашы менен байланыштуу.

**ПЕДОДОНТИЯ, СТОМАТОЛОГИЯ ДЕТСКАЯ (paedodontics), педодонтия, балдар стоматологиясы** – балдардын тиши жана ооз көңдөйүн дарылоо мене ниш алып баруучу стоматология бөлүмү.

**ПЕРЕБАЗИРОВКА ЗУБНОГО ПРОТЕЗА (reline), тиш протезин жаңы орунга көчүрүү** – ыкма, ал тиешелүү тиш протезин жаңы орунга көчүрүүгө туура келгендикти камтыйт. Тиш протезин көчүрүүнүн эки ыкмасы бар: клиникалык жана лабораториялык.

**ПЕРЕКРЫТИЕ ГОРИЗОНТАЛЬНОЕ (overjet), горизанталдуу жабуу** – ылдыйкы тиштердин алдыңкы бөлүгүн үстүнкү кашка (маңдай) тиштер менен горизонталдуу жабышы.

**ПЕРИКОРОНИТ (pericoronitis), перекоронит** – тиш кабынын айланасындагы ткандардын сезгениши.

**ПЕРИОДОНТ (periodontium), периодонт** – тишти кармап жана курчап туруучу ткандар; аларга тиш эриндери (караңыз: Тиш эрини), периодонталдык байламта, альвеолярдык өсүш жана цемент (тиштин) киришет.

**ПЕРИОДОНТАЛЬНЫЙ (periodontal), периодонталдык** – тишти курчап турган ткандарга тиешелүү сөз.

**ПЕРИОДОНТИТ (periodontitis), периодонтит** – коркунучтуу дарт ал тиштин түбүнүн тышкы катмарынын сезгенишин көрсөтүп турат. Чоң кишилерде жана балдарда көп таралган жана тишти жоготушуна алып келиши мүмкүн.

**ПИОРЕЯ (pyorrhoea), пиорея** – дененин бир бөлүгүнөн ириң агуу, чыгуу, периодонталдык дарттын эски аталышы.

**ПЛАСТМАССА КОМПОЗИЦИОННАЯ (composite resin), композициондук пластмасса** – тиш пломбалоочу материал. Эки ар башка материалдардан түзүлөт - органикалык эмес толтургуч, Эки түрдүү материалдардан түзүлөт - химиялык жактан кармап туруучу органикалык чайырдан жана органикалык эмес толтургучтан. Композиционндук пластмасса адатта өтүүчү полимеризиция аркасы менен өтүүчү реакция аркылуу катый баштайт, ал интенсивдүү жарыктын астында кыйла тездетилет.

**ПЛОМБА (restoration), пломба** – (стоматологияда) оюлган тиштин чуңкуруна толтуруп коюлуучу нерсе. Тишке нормалдуу форманы берүү үчүн керектелген тиш пломбаларынын жана таажылардын түрү, алар тышкы көрүнүшүн жана нормалдуу функциялашын камсыз кылат.

**ПЛОМБА ЗУБНАЯ, ПЛОМБИРОВАНИЕ ЗУБОВ (filling), тиш пломбасы, тишти пломбалоо** – (стоматологияда) атайын тиштин көңдөйү оюлуп бул затты толтуруу үчүн пломба даярдалган (көпчүлүк убакта тиштин кариесин дарылоодо колдонулат). Тиш пломбасы убактылуу (temporary) же туруктуу (permanent) болушу мүмкүн, аны даярдоо үчүн ар кандай материалдар (караңыз: Амальгама, Пломбалоочу цемент, Композиционндук пластмасса, Алтын).

**ПЛОМБА КОРНЕВАЯ (root filling), түпкү пломба** – тиштин пульпа каналын акыркы дарылоо даражасы, мында даярдалган каналдын ичи тиешелүү дарылык каражат менен толтурулат. 2. Дүмүрчөк каналды толтуруу үчүн колдонулган материал, адатта тыгыздатуучу цементтин жука катмары менен капталган гуттаперчиден штифтти элестетет.

**ПОКРЫТИЕ (capping), жабуу** – (стоматологияда): 1. Жасалма материалдан тишке таажыны кийгизүү. 2. Караңыз: Тиштин пульпасын коргоочу жабуу.

**ПОКРЫТИЕ ЗУБНОЙ ФИССУРЫ ПРОФИЛАКТИЧЕСКОЕ, ИЗОЛЯЦИЯ ТРЕЩИНЫ ЗУБА (fissure sealant), тиштин фиссурасын профилактикалык жабуусу, тиштин жаракасын изоляциялоо** – (стоматологияда) тиштин жаракасын жабуудагы тиштин эмалына атайын материал жабылат, ал тиштин кариесин алдын алуу үчүн жасалат. Тиштин жаракасын изоляциялоочу материал катары, композиционндук пластмассалар, канныккан эмес чайырлар жана айнектин иономерлеринен пломбалоочу цемент колдонулат.

**ПОКРЫТИЕ ПУЛЬПЫ ЗУБА ЗАЩИТНОЕ (pulp capping), тиштин пульпасын коргоочу жабуу** – сыныктын кесепетинен тиштин пульпасын атайын зат менен жасалма

түрдө жабуу, (адатта ал гидроксид кальцийдин негизинде даярдалат), анын сыртына убактылуу же туруктуу пломба коюлат.

**ПОЛИП ФИБРОЭПИТЕЛИАЛЬНЫЙ (fibroepithelial polyp), фиброэпителиалдык полип** – ткан бириктирүүчү өсүш, сыртынан эпителий тканынын катмары менен капталган (көпчүлүк убакта өнөкөт дүүлүгүүнүн кесепетинен пайда болот). Кээде ал эпулис деп аталат.

**ПОМОЩНИКИ СТОМАТОЛОГА (dental auxiliary), тиш доктурдун жардамчылары** – тиш доктурдун ишине жардам берүүчү адистер. Тиш гигиенисти (dental hygienist) тиштердин алдын ала тазалоосун аткарат жана ооз көңдөйүнүн гигиенасына тиешелүү кеңештерди берет. Хирург-стоматологдун жардамчысы (dental surgery assistant) доктурга жардам берет, ар кандай керектүү материалдарды даярдап берет, жабдыктарды алып берет. Тиш техниги (dental technician) атайын лабораторияда тиш доктур үчүн тиш протездерин, таажыларды жана ортодонтикалык жабдыктарды даярдайт. Терапевт-стоматолог (dental therapist) атайын клиникаларда же госпиталдарда райондук тиш доктурдун жолдомосу менен балдарды дарылайт.

**ПОРСЕЛАН (porcelain), порселан** – (стоматологияда) керамикалык материал, ал тиш таажыларын, кошумча салууларды жана фарфордук таажыларды жасоодо колдонулат.

**ПРЕМОЛЯР, ЗУБ КОРЕННОЙ МАЛЫЙ (premolar), премоляр, кичине азуу тиш** – чоң азуу тиштердин алдында, жаактын тиш тобунун эки жагында жайгашкан эки тиштин бири.

**ПРИКУС ГЛУБОКИЙ (overbite), тиштин терең кабышып турушу** – ылдыйкы тиштерди үстүнкү (кашка (маңдай) тиштер)) менен тик жабылышы.

**ПРИКУС ПЕРЕКРЕСТНЫЙ (crossbite), тиштердин кайчылаш кабышып туруу** – мында жаакты жапкан мезгилде ылдыйкы тиштердин бөлүгү бүт үстүнкү тиштерди жаап калат.

**ПРОКЛАДКА ТОНКАЯ РЕЗИНОВАЯ (rubber dam), резинадан жука прокладка** – (стоматологияда) жука резина тасмасы, ал дарылоодо бир тишти бир нече тиштерден бөлүү үчүн колдонулат.

**ПРОМЕЖУТОК МЕЖЗУБНЫЙ (embrasure), тиш аралык боштук** – кошуна тиштердин ортосундагы боштук.

**ПРОРЕЗЫВАНИЕ ЗУБА (eruption), тиштин өсүп чыгышы** – ооз көңдөйүндө тиш этинен тиштин өсүп чыгышы.

**ПРОТЕЗ ЗУБНОЙ (denture), тиш протези** – бир же бир нече тиштердин чечилме реплантаттар. Толук чечилүүчү тиш протези (complete denture) бүтүндөй баардык тиштердин ордун басат. Адатта ал акрилдик пластмассадан жасалат. Жарымынан чечилүүчү тиш протези (partial denture) адамдын өзүнүн тиштеринин жарымы бар болгондуктан, бир нече тиштердин гана ордун басат. Тиш протезинин кармап тургучун адатта металлдан (кобальт-хромдон) анын бекемдүүлүгүнөн жасалат (кошумча караңыз: Протез).

**ПРОТЕЗ МОСТОВИДНЫЙ ЗУБНОЙ (bridge), көпүрө сымал тиш протези** – фиксациялаган протез, жок тиштерди алмаштыруучу протез. Жасалма тиш адамдын өзүнүн бир же бир нече тиштерине бекилет, адатта таажынын жардамы менен. Көпүрө сымал тиш протези ошондой эле тиш имплантарына да бекилет. Кармап туруучу тиштер (же имплантаттар) тирөөчү (abutments) деп аталышат, ал эми аларга бекилүүчү жасалма тиштер, фиксаторлор (retainers) деп аталышат. Жок тиштердин ордун баскан жасалма тиштер, көпүрө сымал протездин денеси (pontics) деп аталышат. Байланыштыруучу көпүрөчөлөр (adhesive bridges) бир же бир нече тишке металлдык пластинканын жардамы менен бекилет, ал тиш эмалына кислоталык бириктирүү ыкмасы менен бекитилет.

**ПРОТЕЗИРОВАНИЕ (prosthetic dentistry), протездөө** – стоматологиянын бөлүгү; тиш, көпүрө сымал жана имплантацияланган протездерди жасоого арналган.

**ПРОТОК ВАРТОНОВ (Wharton's duct), Вартон түтүгү** – шилекей безинин ылдыйкы (төмөнкү) жаактын астындагы чыгаруучу түтүкчө жол.

**ПРОТРУЗИЯ (protrusion), протрузия** – (стоматологияда): 1. Астынкы жаакты алдыга чыгаруу. 2. Тиштөөнүн аномалиясы, ал тиштердин бөлүгү башкаларга караганда алдыга чыгып турушу. Салыштыруу үчүн: Ретрузия.

**ПУЛЬПА (pulp), пульпа** – 1. Жумшак ткандын топтолушу (мисалы, көк боордо). 2. Тиштин ичиндеги жумшак бөлүгү. Тиштин тутамдаштыргыч ткандын пульпасы (pulp cavity), ал тиштин көңдөйүндө жайгашкан. Тиштин төбөсүндөгү тешиктен тышкары баардык жагынан дентин менен курчалган.

**ПУЛЬПИТ (pulpitis), пульпит** – тиштин ичиндеги жумшак бөлүгүнүн (пульпанын) сезгениши. Көп учурларда, ал адамда катуу тиш ооруга алып келет.

## Р

**РЕАБИЛИТАЦИЯ СТОМАТОЛОГИЧЕСКАЯ (oral rehabilitation), стоматологиялык калыбына келтирүү** – кайсы-бир дарттын, жаракаттын же организмдин табигый карылыктан тиштин катарын калыбына келтирүү.

**РЕЗЕЦ (incisor), кашка (маңдай) тиш** – жаактагы каалаган алдынкы тиштердин төртөөсүнүн бири; кашка (маңдай) тиштер ортонку сызыктан ар кайчы жактан экиден орун алышкан. Кошумча караңыз: Тиш катары.

**РЕИМПЛАНТАЦИЯ (reimplantation), реимплантация** – атайы же кокустан жулунуп калган тишти кайрадан өз ордуна салуу. – Реплантациялоо.

**РЕТРУЗИЯ (retrusion), ретрузия** – стоматологияда: 1. Астынкы жаактын артка жылып кетиши. 2. Тиштөөнүн аномалиясы. Тиштөөнүн аномалиясы, ал артында жайгашкан тиштердин орун алышы менен мүнөздөлөт. Салыштыруу үчүн: Протрузия**.**

**РЯД ЗУБНОЙ (dentition), тиштердин катары** – оoздо тиштердин катар орун алышы. Сүт тиштердин катары (deciduous dentition) өзү менен балдардын (20 тиштерин) – кашка маңдай тиштер, азуу жана чоң азуу тиштерди көрсөтүп турат. Биринчи астынкы медиалдык кашка тиш, болжолу менен 6 айда жарылып чыгат; сүт тиштеринин толугу менен жарылып чыгышы адатта 2,5 жашта аяктайт. Биринчи болуп астынкы тиштер түшөт, болжолу менен 6 жашта, жана ал мезгилден баштап 12 жашка чейин балада сүт жана дагы азуу тиштер болот (мындай тиш катарын аралаш (mixed dentition) деп аташат). Туруктуу тиш катары (permanent dentition) 32 тиштерден турат, курамына кашка маңдай тиштер, азуу тиштер, кичине жана чоң азуу тиштер кирет. Биринчи болуп чоң азуу тиш жарылып чыгат (6 жашта); андан кийин 14 жаштарда калган туруктуу тиштердин көп бөлүгү жарылып чыгат, бирок үчтөн көп бөлүгүндөгү азуу тиштер 18–21 жашка чейин жарылбашы мүмкүн.

## С

**САНАЦИЯ (debridement), санация** – дарылоочу, дезинфекциялоочу заттар менен көңдөйдүн ичин жуу; тазалык шартты жакшыртуу чаралары.

**СВЕРЛО, БОР (bur, burr), бургулоочу аспап, бор** – 1. Стоматологияда колдонуучу атайын бургулоочу аспап. Негизинен тиште көңдөйдү жаратуу үчүн колдонулат. 2. Баш сөөгүн ачуу үчүн колдонулган хирургиялык инструмент.

**СИНДРОМ ВИСОЧНО-НИЖНЕЧЕЛЮСТНОЙ (temporoman-dibular joint syndrome), чыкый-астынкы жаактык синдром** – чайноочу булчуңдарда жана муундарда оору туудуруу менен мүнөздөлүүчү абал.

**СИНДРОМ ШЕГРЕНА, КСЕРОДЕРМАТОЗ (Sjogren's syndrome), Шегрен синдрому, ксеродерматоз** – адамда шилекей безинин алсыроосунан пайда болуучу абал, анын

кесепетинен кургак ооз синдрому өрчүйт. Адатта бул абал ревматоиддик артрит менен бирге көздүн кургак болушу менен коштолот.

**СКОБА ОРТОДОНТИЧЕСКАЯ НАЗУБНАЯ (orthodontic appliance), тиштин үстүндөгү ортодентикалык тиштердин байлагычы** – ортодонтикалык дарылоо мезгилиндеги тишти ары-бери жылдыруу үчүн колдонулган жабдык.

**СЛЕПОК (plaster model), чапталма үлгүсү** – (стоматологияда) гипстен даярдала турчу тиш жана жаактардын дал өзүндөй көчүрмөсү. Жаак үлгүлөрү (чапталмалары), айрыкча тиштерди дарылоодон мурда тиш катарындагы дефектини табуу үчүн колдонулат. Ошондой эле, алар тиш протездерин, ортодонтикалык курал жана тиш коронкаларын даярдоо үчүн да пайдаланылышат.

**СЛЮНА (saliva), шилекей** – ооз көңдөйүндөгү чоң шилекей бездери жана былжырлуу кыртыш бездери тарабынан бөлүнүп чыга турчу щелочтуу суюктук. Шилекей негизинен суу (99,5 %), былжыр, буфер, фермент (глюкозидаза жана амилаза), мукополисахарид, гликопротеин, иммуноглобулин, туз, электролиттерден турат. Шилекей ооз көңдөйүн кургатпай, нымдуу кармап туруу, тамак-ашты оңой жутуу жана ооз көңдөйүндөгү кычкылдуулуктун өзгөрүшүн минималдаштырып туруучу кызмат аткарат.

**СРЕДСТВО ГИГИЕНИЧЕСКОЕ (dentifrice), гигиеналык каражаттар** – тишти тазалоо үчүн пайдаланыла турчу паста же порошок. Тиш пасталарынын курамына абразивдүү материал кирет. Мындан сырткары, көпчүлүк тиш пасталарынын курамында тиш кариесинин алдын алуучу фтор тузу кездешет.

**СТИРАЕМОСТЬ (attrition), сүрүлүү** – (стоматологияда) үстүнкү катардагы тиштердин астынкы катардагы тиштердин бири-бирине болгон таасиринин астындагы сүрүлүү.

**СТОМАТ- (stomat-), СТОМАТО- (stomato-), стомат-, стомато-** – ооз көңдөйүн туюндуруучу сөз.

**СТОМАТИТ (stomatitis), стоматит** – оoздун ичиндеги былжырлуу челдин сезгениши.

**СТОМАТИТ ЯЗВЕННО-НЕКРОЗНЫЙ (cancrum oris), жаралык- некроздук стоматит** – эриндердин жана ооз көңдөйүнүн жаралык гангреноздук сезгеничи. Кошумча караңыз: Нома.

**СТОМАТОЛОГ (dentist), стоматолог** – тиштерди дарылоочу доктур.

**СТОМАТОЛОГИЯ (dentistry), стоматология** – медицина илиминин оoздун ичиндеги органдардын илдетин окуй турган бир бөлүгү. Стоматологиянын бөлүмдөрүнө болуп: эндодонтия, терапевттик стоматология, хирургиялык стоматология, ортодонтия, балдар стоматологиясы (педодонтия), периодонтология, профилактикалык (алдын алуучу) стоматология, ортопедиялык стоматология (тиштерди протездөө) жана калыбына келтирүүчү стоматология болуп саналышат.

**СТОМАТОЛОГИЯ (odontology), стоматология** – медицинанын бөлүмү, ал тиш оорулар менен жана аларды дарылоого арналган.

**СТОМАТОЛОГИЯ (stomatology), стоматология** – медицинанын багыты, ал тиш оорулар менен ооз көңдөйүн изилдөө, дарылоо жана дарттарды алдын алууга арналган.

**СТОМАТОЛОГИЯ ПРОФИЛАКТИЧЕСКАЯ (preventive dentistry), профилактикалык стоматология** – стоматологиядагы тиш дарттарынын профилактикасы менен алек болуучу бөлүм.

## Т

**ТЕЛО МОСТОВИДНОГО ПРОТЕЗА (pontic), көпүрө сымал тиш протезинин денеси** – (стоматологияда) караңыз: Көпүрө сымал тиш протези.

## У

**УДАЛЕНИЕ ЗУБА (tooth extraction), тишти жулуу** – караңыз: Экстракция.

**УСТАНОВКА СТОМАТОЛОГИЧЕСКАЯ (dental unit), стоматологиялык жабдуу** – стоматологиялык жабдуулар комплекси. Курамына: бормашина (тиш доктур колдонуучу тиш дүмүрүн бургулоочу машина), аспиратор, тиш көңдөйүн үйлөтүп-тазалоо үчүн пайдаланыла турчу шприц, тиштеги таштарды алып салуу үчүн колдонула турчу ультраүндүү аспаптар кирет.

## Ф

**ФАСЕТКА (facet), фасетка** – тиштин же сөөктүн чоң эмес жалпак үстү, адатта муундун үстү.

**ФИКСАТОР ПРОСТРАНСТВА (space maintainer), мейкиндик фиксатору** – ортодонтикалык аспап, ал тиштин арасындагы боштуктарды сактоого мүмкүндүк берет.

**ФИКСАТОР, ДЕРЖАТЕЛЬ (retainer), фиксатор, кармагыч** – (стоматологияда): 1. Чечилме тиш протездин тутумдуу бөлүгү, ал аны туура абалда кармап турат. 2. Ортодентикалык аспап, анын жардамы менен тиштер туура абалда кармалып турат. 3. Көпүрө сымал тиш протезинин тутумдуу бөлүгү, ал адамдын тиш протезине бекилет.

**ФЛЮОРОЗ (fluorosis), флюороз** – организмдин фтор менен дайыма ууланып тургандагы абалы. Тиштердин флюорозу тиш эмалында спецификалык тунук эмес темгилдердин пайда болушу менен мүнөздөлөт.

**ФТОРИД (fluoride), фторид** – фтордун кошулмасы. Тиштин эмалына фториддердин кошулуусу, тиштин кариесинин өрчүүсүнө туруктуу болот. Фтордун кошулмалары локалдуу түрдө тиш жууган пасталарда же тиштин сыртын сүйкөө үчүн тиш доктур колдонот. Эгер ичкен суда фториддер аз болсо, анда фториддердин туздары балдарга чайкоо иретинде же тамчы жана таблетка түрүндө берилет.

**ФТОРИРОВАНИЕ (fluoridation), фторлоо** – фториддерди ичкен сууга кошуу, ал тиштин кариесин алдын алуу үчүн колдонулат. Фториддердин иондорун камтыган ичүүчү суу, адамдын өмүрүнүн аягына чейин кариестин өрчүүсүнө тоскоолдук кылат, эге раны тиш жарылгандан баштап колдонсо. Кошумча караңыз: Флюороз.

## Ц

**ЦЕМЕНТ (ЗУБА) (cementum, cement), тиштин цементи** – тиш дүмүрүнүн үстүндөгү сөөк тканынын ичке катмары. Цементтин жардамы менен тишке дүмүр кабыгынын (периодонтанын) булалары бекитилет.

**ЦЕМЕНТ ПЛОМБИРОВОЧНЫЙ (cement), пломбалоочу цемент** – 1. Стоматологияда тиш таажысын бекитүү үчүн пломбаны жасоочу мастик катары колдонулган материал. 2. Караңыз: Тиштин цементи.

**ЦЕМЕНТОМА (cementoma), цементома** – тиштин түбүндөгү катуу затына окшош ткандан өсүп чыккан сейрек кездешүүчү коркунуч туудурбаган шишик оорусу.

**ЦЕМЕНТОЦИТ (cementocyte), цементоцит** – тиш цементинин клеткасы.

**ЦИРКУМОРАЛЬНЫЙ (circumoral), циркумоpалдык** – ооз көңдөйүнүн жанында жайгашуу.

# Э

**ЭМАЛЬ (ЗУБНАЯ) (enamel), эмаль** – тиштин өзгөчө катуу сырткы кыртышы. Тиш чыгып келе жаткан мезгилде амелобласталар тарабынан иштелип чыгат.

**ЭНДОДОНТИЯ (endodontics), эндодонтия** – тиш пульпаларынын оорусун алдын алууну жана дарылоону окуп үйрөтүүчү стоматология бөлүмү. Дарылоо процессинде өзгөчө орун дүмүрчөк каналын дарылоого берилет.

**ЭПУЛИС (epulis), эпулис** – тиштин тегерегинде өскөн эт, тиш этинин шишик оорусу. Эпулистердин көпчүлүгү тиш этинин фиброздук гиперплазиясынын натыйжасында келип чыгышат.

# ТРАВМАТОЛОГИЯ И ОРТОПЕДИЯ



## А

**АБАРТИКУЛЯЦИЯ (abarticulation), абартикуляция** – 1. Муундун чыгып кетиши. 2. Синовиалдык муун (караңыз: Диартроз).

**АДДУКЦИЯ (adduction), аддукция** – бут-колду бүгүү абалына алып келүүчү ички тартуу.

**АТАКСИЯ (ataxia), атаксия** – денедеги кыймылдын бир калыпта эместиги. Ал кайсы бир дарттын кесепетинен же каракуш мээнин жабыркаңышынан өрчүшү мүмкүн. Кошумча караңыз: Жүлүн оорусу (сухоткасы) (же кыймыл атаксиясы)). Жүлүндүн оорусу (сифилистин кесепетинен пайда болуучу нерв системасынын оорусу). – Атаксикалык (ataxic).

**АТРОФИЯ ЗУДЕКА (Sudek's atrophy), Зудек атрофиясы** – чеңгелдин же бут кетмен сөөктөрдүн прогрессияланып жаткан остеопорозу. Кээде жаракаттын кесепетинен, инфекциондук дарттан же кайсы-бир коркунуч туудуруучу шишиктин болушунан өрчүйт.

## Б

**БОЛЕЗНЬ КЕЛЕРА (Köhler's disease), Келер оорусу** – бут кетменинин кайык сымал сөөгүнүн сезгениши (караңыз: Остеохондрит). Ал көпчүлүк убукта балдарда өрчүйт, катуу ооруну жана аксактыкты туудурат; дартты дарылоо үчүн бут кетменинин бекитүүсү колдонулат.

**БОЛЕЗНЬ ЛИТТЛА (Little's disease), Литтл оорусу** – бала төрөлгөндө мээсине доо кетип, жаралануудан пайда болгон балдардын шал оорусу. Эки жактуу церебралдык шал болуунун спастикалык түрү, мында буттар колдорго караганда көбүрөөк жабыркайт.

**БОЛЕЗНЬ ШЕЙЕРМАНА (Scheuermann's disease), Шейерман оорусу** – дорсалдык өспүрүмдүк кифоз, остеонходрит деп аташат. Көбүнчө 10–16 жаштагы эркек балдарда учурай турган көкүрөк менен белдин тушундагы омурткалардын формасынын бузулушу. Дарттын себебине балдардын партада тура эмес отурушу же алардын оор жүк көтөрүүсү себепкер. Аягында бели бүкүр болуп калышы ыктымал.

**БОЛЕЗНЬ ШПРЕНГЕЛЯ (Sprengel's deformity), Шпренгель оорусу** – кичинекей болуп көрүнгөн, ийиндин өйдөңкү бөлүгүндө жайгашкандай таасир калтыруучу далы сөөгүнүн тубаса дефекти. Мындай дефекттин келип чыгышына сөөктүн тура эмес өсүүсү себеп болот.

**БУРСИТ (bursitis), бурсит** – сөөктөрдүн кошулган жери, муундардын ичиндеги синовиалдык баштыкчанын сезгениши. Ал ириңдеп кеткенде, муундун ириңдүү сезгениши деп аталат. Кошумча караңыз: Препателлярдык бурсит.

**БУРСИТ ПРЕПАТЕЛЛЯРНЫЙ (prepatellar bursitis), препателлярдык бурсит** – тизе астындагы синовиалдык баштыкчанын өнөкөт сезгениши, ал тизеде көп убакытта туруудан пайда болот. Кошумча караңыз: Бурсит.

## В

**ВАЛЬГУСНЫЙ (valgus), вальгустук** – деформацияны сүрөттөөдө колдонулуучу сөз, ал аяктардын ичине кыйшайып кетишин туудурат. Караңыз: Маймактык (вальгустук кыйшык тамандуулук), Вальгустук тизе.

**ВАРУСНЫЙ (varus), варустук** – кайсы бир деформацияга тиешелүү сөз, колдун же буттун ичине карай кыйшаюусун туудурат. Караңыз: «Бүгүлгөн» буттар, Маймактык (варустук маймактык).

**ВОЛНА ВЗРЫВНАЯ (blast), жарылуу агымы** – жарылуудан кийин пайда болуучу жумшак ткандардын жабыркашы. Кулактын тарсылдагы, өпкө жана ичеги-карын тракты жарылуу агымына өзгөчө дуушар болушат.

**ВЫВИХ (dislocation, luxation), сөөктүн козголуп, чыгып кетиши** – муундагы муундук сөөктөрдүн учтарынын нормалдуу абалынан жылып кетиши. Ийиндин чыгып кетүүсү, спортсмендерде көп таралган жаракат болот, ал эми жамбаш-сан муунунун тубаса аномалдык өрчүүсү, жамбаш сөөгүнүн такай чыгып кетүүсүнө алып келет. Чыгып кеткен сөөктөрдү кайра өзүнүн ордуна коюулат, ал адатта жергиликтүү же жалпы анестезиянын астында аткарылат. (караңыз: Ордуна салуу). Салыштыруу үчүн: Чала чыгып кетүү.

**ВЫТЯЖЕНИЕ (counterextension), чоюп тартуу** – ортопедиялык ыкма, ал аяктарды чоюп тартууну камтыйт. Бул ыкма сан сөөгү жабыркаганда дарылоодо колдонулуучу ыкма.

**ВЫТЯЖЕНИЕ (countertraction), чоюп тартуу** – чоюп тартуу учурунда карама-каршы тең салмактуу күчтү колдонуу, анда аяктарга узак убакытка чейин кыйла чоюп тартуучу күч таасир этет, ал сынган сөөктүн бүтүү процессинде түз абалда болуусун камсыз кылат.

**ВЫТЯЖЕНИЕ, ТРАКЦИЯ (traction), чоюп тартуу, тракция** – чоюуучу күчтүн көрсөткүчү, сынган сөөктү курчап туруучу ткандардын табигый чыңалууга каршы таасирленүүсү. Мындай чыңалуу сөөктүн бөлүнгөн сыныктарын туура бириктирүүсүн татаалдантат. Ошондуктан кээде ар кандай гирялардын, аркандардын жана блоктордун жардамы аркылуу кыйла аракеттерди колдонуу зарылчылыгы келип чыгат; бул мисалы, сынган сан сөөгүнүн туура бүтүшүн камсыз кылат.

## Г

**ГИДРАРТРОЗ (hydrarthrosis), гидрартроз** – чоң муундарга синовиалдык суюктуктун толуп кетүүсү. Бул муундун тегерегиндеги ткандардын сезгенгендигин далилдейт. Көпчүлүк убакта гидрартроз тизе муундарында пайда болот.

**ГИДРОМА (hydroma), гидрома** – караңыз: Гигрома.

**ГИПЕРДАКТИЛИЯ (hyperdactylism), ПОЛИДАКТИЛИЯ (polydactylism), гипердактилия, полидактилия** – көп манжалуулук: колдо же бутта ашыкча бармактардын болушу.

**ГЛАЗ ПОДБИТЫЙ (black eye), жабыркануучу көз** – көздүн кабагынын жана аны курчап турган ткандардын канталап көгөргөн жери.

**ГОРБ (gibbus, gibbosity), бүкүр** – арка омуртканын бурчтуу кыйшайышы. Ал кургак учуктан пайда болот.

**ГРУДНАЯ КЛЕТКА ВОРОНКООБРАЗНАЯ (funnel chest), воронка сымал көкүрөк клеткасы** – төш сөөгүндө чуңкурча жана аны менен кошулган кабыргалык кемирчектердин ичине карай кыйшайсуусу, ал көкүрөк клеткасынын деформациясына алып келет. Медициналык аталышы: Ичине ийилген көкүрөк (pectus excavatum).

## Д

**ДЕФОРМАЦИЯ СТОПЫ (talipes), бут кетменинин деформациясы** – караңыз: Кыйшык тамандуулук, маймактык.

**ДЕЦЕРЕБРАЦИЯ (decerebration), децеребрация** – баш мээнин жогорку борборлорун алып салуу же мээдеги төрт дөңчөнүн астынкы кырынан кесүү, мында мээнин бүт функциялары өчүрүлөт. Децеребрация жаныбарларга эксперименттерди жүргүзүүдө аткарылат.

**ДИАРТРОЗ (diarthrosis), СУСТАВ СИНОВИАЛЬНЫЙ (synovial joint), диартроз, синовиалдык муун** – эки сөөктүн бири-бирине муундар аркылуу биригиши, эки сөөк би-

ри-биринен кичине гана жука коңул менен ажырап турат. Караңыз: Жалпак муун, Дөмпөктүү муун, Шар сымал муун, Блок сымал муун, Ээр сымал муун.

**ДИАФИЗ (diaphysis), диафиз** – жумуру сөөктөрдүн ортоңку бөлүгү. Салыштыруу үчүн: Эпифиз.

**ДИАФИЗИТ (diaphysitis), диафизит** – инфекция же ревматизмдин натыйжасында келип чыгуучу сөөк диафизинин оорусу. Сөөк өсүүсүн жайлатып, акырындык менен анын бузулуусуна алып келет.

**ДИЗОСТОЗ (dysostosis), дизостоз** – сөөк системасынын өсүшүнүн бузулушу, же сөөктөрдүн өзүнүн ордунда эмес, башка жерде пайда болушу (мисалы, кемирчекти сөөк менен алмаштыруу).

**ДИЗОСТОЗ КЛЮЧИЧНО-ЧЕРЕПНОЙ (cleidocranial dysostosis), акырек-баш сөөктүү дизостоз** – сөөктүн өрчүшүнүн тубаса дефекти, мында баштын сөөктөрү толугу менен катыбайт жана акыреги жок болот.

**ДОЛОТО ЖЕЛОБОВАТОЕ (gouge), кобул сыяктуу тешкич** – тегеректелген тешкич, ал ортопедиялык операциялардын жүрүшүндө кесүү жана сөөктү алып салуу үчүн колдонулат.

## И

**ИДЕОМОТОРНЫЙ (ideomotor), идеомотордуу** – термин кандайдыр бир идеянын жаралуусунун натыйжасында келип чыгуучу адамдын кыймылдуу активдүүлүгүн сүрөттөп берүү үчүн колдонулат.

**ИСКРИВЛЕНИЕ ВАЛЬГУСНОЕ БОЛЬШОГО ПАЛЬЦА СТОПЫ (hallux valgus), бут бармагынын вальгустук ийрейүүсү** – буттун баш бармагынын башка манжаларды көздөй ийрейүүсү.

**ИСКРИВЛЕНИЕ ВАРУСНОЕ БОЛЬШОГО ПАЛЬЦА СТОПЫ (hallux varus), бут бармагынын варустук ийрейүүсү** – буттун баш бармагынын башка манжаларга карата карама-каршы багытты көздөй кыйшаюусу.

## К

**КОЛЕНО ВАЛЬГУСНОЕ (genu valgum), вальгустук тизе** – буттардын аномалдык ичине кыйшайып кетүүсү, ал адамдын таманы бири биринен алыс турат, ал эми тизелери бири бири менен тийишип турат. Караңыз: Вальгустук тизе (knock-knee).

**КОЛЕНО ВАЛЬГУСНОЕ (knock-knee), вальгустук тизе** – буттардын аномалдуу түрдө ичине карай буралып калуусу, ал бут кетменинде жылчыктын пайда болушуна алып келет жана буттардын тизе жак аймакта биригүүсүнө алып келет. Мындай бузулуш остеотомиянын жардамы менен оңдолушу мүмкүн. Медициналык аталышы: Вальгустук тизе (genu valgum).

**КОЛЕНО ВАРУСНОЕ (genu varum), варустук тизе** – буттардын сыртына карай кыйшаюусу, тизелери болсо бири-биринен алыста жайгашкан. Караңыз: «Бүктөлгөн» буттар.

**КОЛЕНО ГОРНИЧНЫХ (housemaid's knee), БУРСИТ ПРЕПАТЕЛЛЯРНЫЙ (prepatellar bursitis), үй жумушун аткарган аялдын тизеси, препателлярдык бурсит** – тизе алдындагы синовиалдык баштыкчанын өнөкөт сезгениши; ал тизеде көп тургандыктан өрчүйт. Кошумча караңыз: Бурсит.

## Л

**ЛИМФЕДЕМА, ЛИМФОДЕМА (lymphoedema), лимфедема, лимфодема** – шишик туудуруучу ткандарда лимфанын топтолушу; көпчүлүк учурда бул учурда буттар жа-

быркашат. Лимфедема лимфа тамырлардын тубаса аномалиясы менен байланыштуу болушу мүмкүн (мисалы, Милрой оорусунда (Milroy's disease)) же лимфа тамырлардын өтүмдүүлүгүнүн бузулушунан, мителердин, жана сегеничтен же жаракаттан өрчүйт.

## М

**МАКРОМЕЛИЯ (macromelia), макромелия** – кол-бут көлөмүнүн аномалиялык чоңоюусу. Салыштыруу үчүн: Микромелия.

**МАКРОЦЕФАЛИЯ (macrocephaly), МЕГАЛОЦЕФАЛИЯ (megalocephaly), макроцефалия, мегалоцефалия** – чоң баш адам, баштын опсуз чоңоюшу. Салыштыруу үчүн: Микроцефалия.

**МАКРОЦИТ (macrocyte), МЕГАЛОЦИТ (megalocyte), макроцит, мегалоцит** – эритроциттердин көлөмүнүн аномалдуу көбөйүүсү, бул көрүнүш аз кандуулуктун кээ бир түрлөрүндө байкалат. Кошумча караңыз: Макроцитоз. – Макроцитардык (macmcytic).

**МЕНИСК СУСТАВНОЙ (semilunar cartilage), муундуу мениск** – тизе муунундагы фиброздук-кемирчектүү жупуну шишик, ал сан жана чоң балтыр сөөктүн ортосунда жайгашкан.

**МЕТАТАРЗАЛГИЯ (metatarsalgia), метатарзалгия** – таман сөөгүндөгү шыйбылчак сөөктүн катуу оорусу. Кайталанган жаракат алуу жана таман сөөгүнүн деформациясы метатарзалгиянын бирден бир көп кездешүүчү себеби болуп саналат.

**МИОЗИТ ОССИФИЦИРУЮЩИЙ (myositis ossificans), оссификацияланган миозит** – гематоманын ордунда сөөктүн пайда болушу; көпчүлүк учурда сыныктан кийин пайда болот. Өзгөчө чыканак муунунун тегерегинде болот.

**МОЗОЛЬ (callosity,** көпч. **callus), чор** – теридеги катуу жооноюу, көбүнчө таман жана алакан жерде көп сүрүлүүнүн же басымдын кесепетинен пайда болот. Сүрүлгөндүк чордун бир түрү болуп саналат.

**МОЗОЛЬ (clavus), чор** – караңыз: Сүрүлгөндүк.

**МОЗОЛЬ КОСТНАЯ (callus), сөөк чору** – сөөк сынгандан кийин сөөк тканынын регенерациясынан кийин пайда болуучу структура. Сөөк чоору сөөк кабынын сөөк жаратуучу клеткалардан жана эндостадан пайда болот. Сөөк чорунун пайда болушу сынган сөөктүн бүтүү процессинде маанилүү роль ойнойт. 2. Караңыз: Чор.

**МОНОАРТРИТ (monoarthritis), моноартрит** – жалгыз эле бир муундун сезгениши. Караңыз: Артрит.

## Н

**НАТЕРТОСТЬ (corn), жоорутуу** – буттун же колдун манжалардын арасындагы теринин жоорутуп чор кылган жери. Медициналык аталышы: Clavus.

**НОГИ «СОГНУТЫЕ» (bow-legs), «бүктөлгөн» буттар** – буттун О- сымал О-сымал аномалдуу кыйшайуусу. Мындай кыйшайуу кичинекей балдарда норма болот, бирок эгер ал чоңойгондо кетпесе же деформациясы кечирээк өрчүсө, анда ал эпифиздин аномалдуу өсүшүп кетиши менен байланыштуу болот (мисалы, Стилл оорусунда) же артриттин көрүнүштөрүнөн болот. Медициналык аталышы: Genu varum.

**НОГОТЬ ВРОСШИЙ (ingrowing toenail), ичине өскөн тырмак** – тырмак пластинкасынын тышкы кырынын өсүшү, тырмактын тегерегиндеги туура эмес өсүш, сезгеничке алып келет.

## О

**ОКСИЦЕФАЛИЯ (oxycephaly, turricephaly), оксицефалия** – соку баш, сүйрү баштуу адам. Караңыз: Краниосиностоз. – Оксицефаликалык (oxycephalic).

**ОКСИЦЕФАЛИЯ (turricephaly), оксицефалия** – караңыз: Оксицефалия (oxycephaly).

**ОЛИГОАРТРИТ (oligoarthritis), олигоартрит** – караңыз: Артрит.

**ОЛИГОАРТРИТ (pauciarthritis), олигоартрит** – караңыз: Артрит.

**ОРТОПЕДИЯ (orthopaedics), ортопедия** – туулганда же кийин келбети бузулган мүчөнүн себебин аныктап жана дарылоочу медициналык илимдин бир бөлүгү. Ортопедия хирургиянын атайын бөлүгү болуп саналат жана операцияларды, манипуляцияларды, чойдурууну, ортопедиялык аппараттарды же деформацияланган сөөктөрдү жана муундарды протездөөнү камтыйт. – Ортопедиялык (orthopaedic).

**ОРТОТИКА (orthotics), ортотика** – медицинанын атайын бөлүгү, ал жабыркаган же бошоп калган муундар үчүн атайын ортопедиялык жабдыктарды колдонуу ыкмалар жөнүндө айтылат.

**ОСЛОЖНЕНИЕ (sequela,** көпч. **sequelae), кошумча оору** – кайсы-бир оору учурунда, травма же операциядан кийин пайда болуучу оору же абал.

**ОСТЕОАРТРОПАТИЯ (osteoarthropathy), остеоартропатия** – муунга биригүүчү сөөк жана кемирчек оорусу. Гипертрофиялык остеоартропатия (hypertrophic osteoarthropathy) көкүрөк клеткасына тиешелүү өнөкөт оорулардын татаалданышынан кабар бере турган жаңы сөөк тканынын жаралышы менен мүнөздөлөт.

**ОСТЕОГЕНЕЗ НЕСОВЕРШЕННЫЙ (osteogenesis imperfecta, fragilitas ossium), жетилбеген остеогенез** – тубаса дарт, мында адамдын сөөктөрү өтө морт болушу менен айырмаланып турат.

**ОСТЕОКЛАЗИЯ (osteoclasis), остеоклазия** – туулганда же кийин келбети бузулган сөөктөрдү калыбына келтирүү максатында аны сындыруу.

**ОСТЕОКЛАЗИЯ (osteoclasia, osteoclasis), остеоклазия** – 1) хирургиялык операция, мында туура эмес өсүп кеткен сөөктү жасалма түрдө сындырууну же деформацияланган сөөктү анда болгон деформацияны жоюу үчүн аткарылат. Остеоклазияны дагы остеокластика (osteoclasty) деп аташат; 2) кайсы бир дарттын учурунда сөөктөрдүн бузулушу (караңыз: Остеолиз).

**ОСТЕОХОНДРИТ (osteochondritis), остеохондрит** – сөөк менен кемирчектин экөөнүн тең бир убакта оорушу; рентгеногаммада аномалдык сөөк тканынын пайда болушу көрүнөт (караңыз: Остеосклероз). Кошумча караңыз: Келер оорусу, Легг – Кальве – Пертес оорусу, Осгуд – Шлаттер оорусу. Мурун бул оорулар остеохондроз (osteochondrosis) деп аталган.

**ОСТЕОХОНДРОЗ (osteochondrosis), остеохондроз** – сөөк жана кемирчектин өсүшүнүн процессинин өзгөрүшү. Караңыз: Остеохондрит.

**ОТМОРОЖЕНИЕ (chilblains), ПЕРЕОХЛАЖДЕНИЕ (perniosis), үшүккө алдыруу, катуу муздап кетүү** – үшүккө алдырып жиберүүнүн натыйжасында бут-колдун коч-кул-кызыл түстөгү шишимик тартуусу. Катуу кычышуу менен коштолгон бул шишик, адатта эки жума аралыгында өз алдынча эле жоголуп кетет; ал эми айрым учурларда оорулуунун абалын нифедипиндин жардамы аркылуу жеңилдетүүгө болот.

**ОТМОРОЖЕНИЕ (frostbite), үшүккө алдыруу** – суукту таасири алдында ткандардын жабыркоосу. Жабыркаган дене бөлүктөрү (адатта мурун, ошондой эле кол-бут манжалары) агаруу менен сенек тартышат. Ткандарда муздун пайда болуусу ампутация коркунучун жаратат. Үшүк алып кеткен дене бөлүгүн жылымык тарткан сууга салып, акырындык менен жибитүү зарыл.

## П

**ПАЛЕЦ ЩЕЛКАЮЩИЙ (trigger finger), кырсылдатма бармак** – бармакты түздөө жөндөмдүүлүгүнүн бузулушу. Ооруган бармакты жазганда (адатта ортонку же аты

жокту) ал бүгүлгөн бойдон кала берет, андан кийин бир топ кыйынчылыктар менен кокусунан жазылып кетет («кырсылдоо» менен).

**«ПАЛОЧКИ БАРАБАННЫЕ» (clubbing), «барабандын таякчалары»** – манжалардын тырмак шадыларынын жоонoюп кетиши. Өтө оор учурларда бармактардын учтары барабандын таякчасынын формасында болуп калат. Бул жабыркоо өпкөлүк кургак учукта, бронхоэктатикалык ооруда, плевранын эмпиемасында, инфекционндук эндокардитте, цианоз менен коштолгон жүрөктүн тубаса дарттарында, өпкөнүн рак оорусунда, ошондой эле зыянсыз тубаса аномалдык өрчүүнүн кесепетинен пайда болуучу ооруларда байкалат.

**ПАЛЬЦЫ СТОПЫ КИЛЕВИДНЫЕ (pigeon toes), кил сымал таман манжалары** – таман манжаларынын аномалдуу турушу, мында манжалар ичине карап бурулуп калган. Көпчүлүк учурда мындай абал адамда вальгустук тизенин болушу менен коштолот.

**ПАХИДАКТИЛИЯ (pachydactyly), пахидактилия** – кол жана бут манжаларынын аномалдуу түрдө чоңоюуп кетүүсү; тубаса дефект же баштан өткөргөн кайсы бир оорунун кесепети болушу мүмкүн (мисалы, акромегалия).

**ПЕРЕЛОМ (fracture), сынган жер** – сөөк бүтүндүгүнүн механикалык бузулуусу (толук же жарым-жартылай болуусу мүмкүн). Жөнөкөй сынык (simple fracture) сөөк тегерегиндеги ткандардын жеңил-желпи жабыркоосу менен гана коштолот. Ал эми ачык сынык (compound) учурунда сөөк учтары терини тешип чыгып, инфекциянын жаралуу коркунучу пайда болот (караңыз: Остеомиелит). Кайсы-бир дарттын жабырканышынын кесепетинен сынган сөөк патологиялык (pathological fracture) деп аталат; ал дагы коркунучтуу эмес жаракаттардан кийин да пайда болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Майдаланган сынык.

**ПЕРЕЛОМ ЗВЕЗДЧАТЫЙ (stellate fracture), жылдызча сымал сынык** – түз жаракаттын кесепетинен тизе үстүнөн жылдызча сымал сынык. Мындай учурда сынык майда бычыранып сынышы мүмкүн. Сөөк сыныктарынын жылып кетишинде кээде сөөктү хирургиялык жол менен алып салуу керек болот (пателлэктомия (patellectomy)).

**ПЕРЕЛОМ КОЛЛИСА, ПЕРЕЛОМ ЛУЧЕВОЙ КОСТИ КЛАССИЧЕСКИЙ (Colles' fracture), Коллистин сыныгы, каржилик укуругунун классикалык сыныгы** – каржилик укуругунун ылдыйкы бөлүгүндө сынык, адатта колду түз кармаган абалда жыгылуудан болот.

**ПЕРЕЛОМ МАРШЕВЫЙ (March fracture), Марш сыныгы** – экинчи же үчүнчү бейбелчек сөөктүн сынышы, ал басканда бут кетменинин функционалдык жүктөлүшүнөн пайда болушу мүмкүн.

**ПЕРЕЛОМ ОСКОЛЬЧАТЫЙ (comminuted fracture), майдаланып сынуу** – эки же андан көп сынуу. Адатта ал бир нерсенин катуу кысылышынан болот жана аны курчап турган жумшак ткандардын катуу жабырканышына алып келет.

**ПЕРЕЛОМ ПРЕДНАМЕРЕННЫЙ (diaclasia), атайлап сындырып алуу** – хирургдун атайлап сындыруусу, ал адатта деформацияланган сөөктү оңдоо максатында жасалат, ал адатта туура эмес бүтүп калгандыктан же туура эмес дарылоодон келип чыгат.

**ПЕРЕЛОМ СМИТА (Smith's fracture), Смиттин сыныгы** – каржилик сөөгүнүн ылдыйкы бөлүгүнүн сынышы, анын эпифизинин астында сынышы, ал бейбелчектин алдыга карай жылып кетишине жана сынган жердин ыдыйыраак жердеги чеңгелдин жылып кетишине алып келет. Сыныктын бул түрү Коллистин сыгныгына карама-каршы болот.

**ПЕРЕЛОМ ШЕЙНЫЙ (cervical fracture), моюндук сынык** – караңыз: Уланып кеткен жаракат.

**ПЕРОНЕАЛЬНЫЙ (peroneal), перонеалдык** – бул буттун тышкы жак (кичи балтыр) бөлүгүнө таандык сөз.

**ПЛЕЧО ЗАМОРОЖЕННОЕ (frozen shoulder), тоңдурулган ийин** – өнөкөт оору жана ийин муунунун кыйындык менен кыймылдоосу. Ал жаракаттын кесепетинен, ин-

культтун же миокард инфарктынан же эч кандай бир себепсиз акырындап өрчүүдөн пайда болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Капсулит.

**ПЛОСКОСТОПИЕ (flat-foot, pes planus), жалпак таман** – тамандын ийилген жагынын жоктугу, мында таман бүтүндөй эле жерди басып калат. Ымыркайларда байкалышы мүмкүн же келип чыгышы мүмкүн, адатта көп тургандыктан же дененин салмагынын оордугунан келип чыгат. Медициналык аталышы: Жалпак тамандык (pes planus).

**ПЛЮСНА (metatarsus), шыйбылчак** – тамандын бут кетмени жана манжа шыйбылчак алдындалырынын ортосунда жайгашкан кыска, түтүкчө сымал беш сөөк.

**ПОВРЕЖДЕНИЕ ОТ ПРОТИВОУДАРА, ПОВРЕЖДЕНИЕ В ТОЧКЕ, ПРОТИВОПОЛОЖНОЙ МЕСТУ УДАРА (contrecoup), соккукуга каршы соккудан жабыркануу, соккудан карама-каршы жерде турган чекиттеги жабыркануу** – соккудан карама-каршы жерде турган чекиттеги жабыркануу, мисалы желкеге катуу соккондуктан пайда болушу мүмкүн, ал мээнин маңдай үлүшүнүн баш сөөктүн ички бетине кескин жылып кетишин туудурат.

**ПОД- (pod-), асты** – бут кетменин түшүндүрүүчү сөз.

**ПОДАГРА I (gout), подагра I** – зат алмашуу бузулганда байкалуучу муундардын өзгөчө оорусу. Бул дарт, организмде сийдик кислотасынын метаболизминин бузулушу менен байланыштуу болот; мындай кислоталардын ашыкча болушу жана анын туздарынын (ураттардын) көп болушу кана агуучу жолдордо жана муундарда топтолот. Бул курч подагралык артриттин приступтарына, өнөкөт муундардын бузулушуна жана ураттардын (подагралык түйүндөрдүн (tophi)) териде жана кемирчектерде, өзгөчө кулактын үлүлүндө топтолушуна алып келет. Организмде ураттардын көп болушу бөйрөктөрдүн жабыркашына алып келет жана ал жерде таштар пайда болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Подагра (podagra).

**ПОДАГРА II (podagra), подагра II** – бут кетменинин подаграсы, өзгөчө анын чоң бармагынын. (Подагра – бул пуриндердин алмашуусунун бузулушу менен байланышкан дарт, анын кесепетинен кан сывороткасында сийдик кислотасынын көлөмү көбөйөт, анын микрокристаллдары болсо кемирчектерде, тарамыштарда, кында, кээде териде, бөйрөктөрдө, булчуңдарда топтолот).

**ПОДАГРА КАЛЬЦИЕВАЯ (pseudogout), кальцийдик подагра** – муун шишип кетүүчү жана подаграны эстетүүчү оору, ал синовиалдык мембранада кальций пирофосфатынын кристаллчаларынын топтолушу менен жана муун ичине суунун толушу менен туудурулат. Кошумча караңыз: Хондрокальциноз.

**ПОДАЛГИЯ (tarsalgia), подалгия** – шыйбылчак алдынын оорушу. Каз тамандуу адамдарда көбүрөөк байкалат.

**ПОДИАТРИЯ (chiropody, podiatry), подиатрия** – медицинанын бир бөлүгү, ал бут кетмен ооруларды изилдөөчү жана дарылоого арналган. – Подиатр (chiropodist).

**ПОДОШВЕННЫЙ (plantar), тамандык** – таманга (planta) тиешеси бар сөз.

**ПОЛИАРТРИТ (polyarthritis), полиартрит** – ревматикалык дарт, ал бир нече муундардын сезгениши менен мүнөздөлөт (бир эле учурда ал баардык муундарда өрчүшү мүмкүн же биринин артынан экинчисин жабыркашы мүмкүн) анын кесепетинен адамда оору, аз кыймылдагандык, шишип кетүү, жабыркаган муундардын функциясынын бузулушу жана жоголуп кетүүсү пайда болот. Бул дарттын эң эле көп таралган формасы болуп, ревматоиддик артрит болуп саналат.

**ПОЛИМИАЛГИЯ РЕВМАТИЧЕСКАЯ (polymyalgia rheumatica), ревматикалык полимиалгия** – ревматикалык дарт, ийин жана сан булчуңдарынын ригиддүүлүгүн жана катуу ооруну туудурат. Кээде бул дарт адамда чыкыйлык артерииттин өрчүшү менен

коштолот. **ПОХОДКА СЕМЕНЯЩАЯ (festination), майда басуу** – майда, туруктуу эмес басуу, ал паркинсионизм менен ооруган адамдарга таандык.

**ПОХОДКА СПАСТИЧЕСКАЯ (scissor leg), спастикалык басуу** – басуунун бузулушу, мында бир буту экинчи бут менен дайыма кайчылашып кетет. Мындайча басуу адатта баш мээси жабыркаган балдарда жана чоң кишилерде инсульттан кийин байкалат.

## Р

**РАЗВЕТВЛЕНИЕ (divarication), тармакталып кетүү** – адам денесиндеги ткандык структураларынын бөлүнүшү же чоюлушу. Мисалы, кош бойлуу аялдар менен эткээл адамдардын курсагындагы түз булчуңдун (rectus divarication) чоюлуп калуусу.

**РАЗДЕЛЕНИЕ (disimpaction), бөлүү** – туура эмес өсүп калган майда сөөктөрдүн сыныктарын бөлүү процесси. Сөөктүн сыныктарын туура абалда сактоо үчүн кээде чоюу керектелет.

**РАЗДЕЛЕНИЕ (disjunction), бөлүү** – мейоз учурунда гомологиялык хромосомалардын жуптарынын бөлүнүү процесси же митоздун же мейоздун анафазасы мезгилинде хромосомадагы хроматид. Салыштыруу үчүн: Ажыроочулук эместик.

**РАНА (wound), жаракат** – адатта сырткы физикалык таасирден улам пайда болгон кайсы бир орган же ткандагы жаракат. Аларга ткандагы тиликтер, кесилген жана тешилген жерлер, күйүктөр кирет.

**РАНА РВАНАЯ (laceration), үзүлгөн жаракат** – ткандардын үзүлүшү, жаракат түз эмес, айрылган жээктер менен болот.

**РАНЕНИЕ ОГНЕСТРЕЛЬНОЕ (gunshot wound), ок атуудан алган жаракат** – аскер кызматчыларынын арасындагы көп таралган жаракат. Ок атуудан алынган жаракаттар катуу ылдамдыкта учуп бараткан снаряддардын кесепетинен пайда болушат; алар ткандардын терең жараланышына жана күйүшүнө алып келет.

**РАСТЯЖЕНИЕ (sprain), чоюлуп калуу** – капысынан болгон чоюлунун натыйжасында байламтанын жабыркашы.

**РЕАБИЛИТАЦИЯ (rehabilitation), реабилитация, калыбына келтирүү** – 1. Физиотерапияда – ден соолукту калыбына келтирүү жана организмдин нормалдуу иштешин камсыз кылуу үчүн ар кыл оору, травма же башка бир майыптыктарга ээ оорулууларды дарылоо же оорунун өтүшүп кетүүсүн алдын алуу. 2. Ар кыл оору же травмадан кийинки оорулуунун өздүк активдүүлүгүн калыбына келтирүүгө багытталган иш-чаралар.

**РЕФЛЕКС БАБИНСКОГО (Babinski reflex), Бабинскийдин рефлекси** – буттун таманынын сырт жагын тырмак жана ийне менен сыдырганда, буттун чоң бармагы акырындык менен өөдө жазылышы. Соо кезде ал ылдый жазылат. Ушул учурда бармак өөдө кайкаласа ооруга жүлүндүн ортосу дартка чалдыккандыгын далилдейт. Караңыз: Тамандык рефлекс.

**РЕФЛЕКС ПОДОШВЕННЫЙ (plantar reflex), тамандык рефлекс** – кайсы-бир учу жок аспап менен тамандын сырткы четинен тамандан чыпалакка чейинки жерди өткөрүүнүн натыйжасынан мындай рефлекс пайда болот.

**РЕФЛЕКС РАСТЯЖЕНИЯ (stretch reflex), РЕФЛЕКС РАСТЯЖЕНИЯ МЫШЦЫ (myotatic reflex), чоюлуу рефлекси, булчуңдун чоюлуу рефлекси** – булчуңдун чоюлууга карата болгон жыйрылуусундагы рефлекс.

## С

**САКРОИЛЕИТ (sacroiliitis), сакроилит** – куймулчак-капчыт муундун сезгениши. Эгер сезгенич процесси эки муунду тең жабыркаса, анда ал анколизацияланган спондилиттин же аны менен байланышкан ревматикалык дарттардын мүнөздүү симптомдору болуп саналышат, аларга Рейтер синдрому жана псориатикалык артрит да кошулушат.

**СГИБАНИЕ ТЫЛЬНОЕ (dorsiflexion), сырткы ийилүү** – тамандын алдыга карай ийилүүсү.

**СИМПТОМ БАРЛОУ (Barlow's sign), Барлоу симптому** – караңыз: Сандын тубаса чыгып кетүүсү.

**СИМПТОМ ГУБЫ (lipping), эрин симптому** – сөөктүн муундук кырында эрин сымал структура, ал рентгенограммада байкалат. Мындай структуранын пайда болушу, муунда дегенеративдик же сезгеничтик өзгөрүүлөрдүн мүнөздүү белгиси болуп саналат, көпчүлүк учурда остеоартроздо байкалат. Кошумча караңыз: Остеофит.

**СИМПТОМ ФОН РОЗЕНА (Von Rosen's sign), Фон Розен симптому** – караңыз: Сандын тубаса чыгып кетүүсү.

**СИНАРТРОЗ (synarthrosis), синартроз** – кыймылсыз муун. Тутамдаштыргыч ткан аркылуу сөөктөрдү кыймылсыз кошуу. Мисалы, баш сөөктү бириктирген жер. Кошумча караңыз: Гомфоз, Схиндилез.

**СИНДАКТИЛИЯ (syndactyly), синдактилия** – колдун жана буттун манжаларынын биригип өсүп калышы. Буттун ушундай өсүшү, каз таман деп аталат.

**СИНДЕСМОФИТ (syndesmophyte), синдесмофит** – омуртканын вертикалдуу остеофити, псориатикалык артритте же Рейтер синдромунда байкалат.

**СИНДРОМ ТИТЦЕ (Tietze's syndrome), ХОНДРИТ РЕБЕРНЫЙ (costochondritis), Титце синдрому, кабыргалык хондрит** – кабырга кемирчегинин дистрофиясы – кабырга кемирчеги шишип ооруйт.

**СИНОВИТ (synovitis), синовит** – муундун шишип кетүүсүнө (артрит) алып келүүчү муундун кабыгын чулгап жаткан синовиалдык мембрананын сезгенүүсү. Синовиттин келип чыгуусу травма, инфекция же кайсы бир ревматикалык оору менен байланыштуу болуусу мүмкүн.

**СИРЕНОМЕЛИЯ (sirenomelia), сиреномелия** – караңыз: Бут кетменин бүтүп калышы.

**СИРЕНОМЕЛИЯ (symmelia), сиреномелия** – жатын ичиндеги өрчүүнүн дефектиси, ал ылдыйкы аяктардын бүтүп калышы менен мүнөздөлөт.

**СЛУЧАЙ НЕСЧАСТНЫЙ (accident), кокустан болгон кырсык** – адам денесинин кайсы бир бөлүгүнүн травматикалык жабыркоосу. Кокус кырсык мезгилиндеги тез жардам азыркы убакта медицинанын өз алдынча өрчүүчү аймак болуп саналат.

**СОТРЯСЕНИЕ МОЗГА (concussion), мээнин чайкалуусу** – баш сөөктүн травмасынан кийин бир канча секундадан тартып, бир канча саатарга чейин адамдын эс-учунун жоголушу менен коштолуучу симптомокомплекс. Кайталанган мээнин чайкалуусу ар кандай симптомдордун пайда болушуна алып келет. Кошумча караңыз: Бокс машыгуучулардын деменциясы.

**СПИКУЛА (spicule), спикула** – чоң эмес сөөк сыныгы.

**СПОНДИЛЕЗ (spondylosis), спондилез** – омуртканын өзгөрүп ооруган өнөкөт оорусу. Бул дарт, моюндук, көкүрөктүк же бел бөлүгүндөгү омуртка аралык дискте дегенеративдик өзгөрүүлөрдүн кесепетинен өрчүйт.

**СПОНДИЛИТ (spondylitis), спондилит** – омурткалардын синовиалдык муундарынын сезгениши.

**СПОНДИЛИТ АНКИЛОЗИРУЮЩИЙ (ankylosing spondylitis), анкилозацияланган спондилит** – анкилозацияланган спондилит (ankylosing spondylitis) серонегативдик артиритти көрсөтүп турат (sero-negative arthritis); ал ревматикалык дарттардын тобуна кирет, мында кандын сывороткасында ревматоиддик факторлор көрүнбөйт. 90 % учурларда бул дарттын алып жүрүүчүсү болуп ткан типтеги генге каршы болуп саналат. HLA B27 (караңыз: HLA-система).

**СПОНДИЛИТ АНКИЛОЗНЫЙ (ankylosing spondylitis), анкилоздук спондилит** – караңыз: Спондилит.

**СПОНДИЛОЛИСТЕЗ (spondylolisthesis), спондилолистез** – омуртканын өз огунан алдына жылып кетиши, ал муундарда кайсы-бир дефектинин болушунан болот, адатта омурткаларды бириктирүүчү муундарда. Бул дефект тубаса же кандайдыр бир алынган жаракаттын кесепетинен болушу мүмкүн.

**СРАСТАНИЕ (union), бүтүш** – (сынган сөөккө тиешелүү сөз) сыныктын ийгиликтүү бүтүшү. Сөөктүн туура эмес өсүп кетишинин себеби болуп (non-union) сынган сөөктөрдүн учтарынын иммобилизациясынын бузулушу, инфекция же кайсы-бир сөөк дарты болушу мүмкүн. Салыштыруу үчүн: Сөөктүн туура эмес бүтүшү.

**СРАСТАНИЕ КОСТИ НЕПРАВИЛЬНОЕ (malunion), сөөктүн туура эмес бүтүшү** – сыныктын бүтүшүндөгү сөөктүн деформациясы. Кийин адамда өтүшүп кеткендиктен сынган жерге жакын муунда артрит өрчүшү мүмкүн. Кээде туура эмес өсүп кеткенде деформацияны жоюуу үчүн остеотомияны өткөрүү зарыл болуп калат.

**СРАЩЕНИЕ СТОП (sympodia), СИРЕНОМЕЛИЯ (sirenomelia), бут кетменинин бүтүшү, сиреномелия** – түйүлдүк мезгилиндеги өрчүүнүн дефекти, ал бут кетменинин жок болушу же ылдыйкы аяктардын биригип өсүшү менен мүнөздөлөт.

**СТОПА ТРАНШЕЙНАЯ (trench foot, immersion foot), траншеялык бут кетмени** – бут кетменинин терисинин жана бармактардын некрозу, ал буттун муздак суууда же нымдуу, суук жерде узак убакытка чейин болгондуктан өрчүйт.

**СТРАНГУЛЯЦИЯ (strangulation), странгуляция** – кайсы-бир тешикти кысып жаап салуу: мисалы, дем алуу жолдорду, алар аркылуу аба өпкөгө келет (жыйынтыкты адам дем албай калат), кан тамырларды же ичеги-карын трактты.

**СУСТАВ ШАРКО (Charcot's joint), Шарко мууну** – жабыркаган, шишиген жана деформацияланган муун, көпчүлүк учурда тизе мууну. Адам алган жаракатты сезбейт, анткени сезгич нервдердин функциясы бузулат. Мындай көрүнүш адатта сифилис менен ооругандарда, кант диабети менен ооругандарда жана сирингомилия менен ооругандарда байкалат.

## Т

**ТЕНДИНИТ (tendinitis), тендинит** – тарамыштын сезгениши. Көпчүлүк учурларда тендиниттин келип чыгуусуна тарамышка күч келүү жана туура эмес кыймылдар себеп болот. Ошого карабастан, айрым бир учурларда ал бактериалдык инфекциянын (мисалы, гонорея оорусунда) же жалпы ревматикалык оорунун натыйжасынан улам жаралуусу да мүмкүн. Түркүк үстүндөгү булчундун бекилген жеринде пайда болуучу тендинит, оорунун өтө көп таралуучу себеби болуп жана ийин муунун аз кыймылсыздыгынын себеби болуп саналат. Кошумча караңыз: Теннистик чыканак. Салыштыруу үчүн: Тендосиновит.

**ТЕТРАПЛЕГИЯ (tetraplegia), КВАДРИПЛЕГИЯ (quadriplegia), тетраплегия, квадриплегия** – буту-колдун шал оорусу. – Квадриплегиялык (quadriplegic).

**ТРАВМА ГОЛОВЫ, ТРАВМА ЧЕРЕПА (head injury), баш жаракаты, баш сөөктүн жаракаты** – баш менен катуу бир нерсени сүзүп алуудан улам келип чыккан жаракат. Натыйжада баш мээ чайкалып, ал эми кан тамырлар жарылып кеткен учурда, баш сөөк ичинде гематоманын жаралышы мүмкүн. Травма алгандан кийинки оорулуунун абалы Глазго шкаласы боюнча баалоо системасына ылайык аныкталышы мүмкүн.

**ТРАВМА ОТ УКОЛА ИГЛОЙ (needle-stick injury), ийне саюуудан кийин алынган жаракат** – медициналык доктурлардын жана мед айымдардын манжаларынын учтарына жана чеңгелдерине мүнөздүү болгон жаракат, ал кокусунан кир ийненин саюусунун

кесепетинен болот. Ал инфекциянын өтүшүнө алып келиши мүмкүн (мисалы, сарык оорусунун, СПИДдин).

**ТРАВМА, ВОЗНИКАЮЩАЯ ИЗ-ЗА ПОСТОЯННОЙ НАГРУЗКИ (repetitive strain injury (RSI)), такай күч келтирүүдөн пайда болуучу жаракат** – такай узак статистикалык күч келтирүүдөн жана узак убакыт боюу кайталанган кыймылдардын кесепетинен колдордун же буттардын учтарынын функциясынын бузулушу менен коштолуучу оору. Бейбелчектин тендосиновити жана тендовагинити чеңгелдердин жабырканышынын көп таралуучу жаракаттанышы болуп саналат, ал басма машиналарда отуруп баскан көпчүлүк элдерде кездешет.

**ТРАВМАТОЛОГИЯ (traumatology), травматология** – тышкы таасир менен майып болгон организмди изилдөөчү, дарылоочу хирургиянын бир бөлүмү. Хирургиянын жаралануну окуучу, аны дарылоочу бөлүмү.

**ТРИГОНОЦЕФАЛИЯ (trigonocephaly), тригоноцефалия** – формасы үч бурчтуудай баштуу адам. – Тригоноцефалдык (trigonocephalic).

## У

**УДАР ТЕПЛОВОЙ (heatstroke), УДАР СОЛНЕЧНЫЙ (sunstroke), ысык өтүү, мээге күн өтүү** – дене температурасынын жогорулашы (пирексия), организмдеги температуралык жөнгө салуу механизмдеринин бузулушу менен денеден тердин бөлүнүп чыгуусунун токтошу жана эс- учтун жоголушу.

**УХУДШЕНИЕ, НАРУШЕНИЕ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ (impairment), начарлоо, ишмердүүлүктүн бузулушу** – караңыз: Жетишсиздик, Дефект.

## Ф

**ФАЛАНГИ (phalanges), ФАЛАНГА (phalanx), бейбелчектер, фаланга** – кол жана бут манжаларынын скелетин түзүүчү кыска, түтүктүү сөөктөр. Биринчи манжа (баш бармак) – эки, ал эми калгандарынын бары үч фалангадан турат. – Фалангеалдык (phalangeal).

**ФАЛАНГИТ (phalangitis), фалангит** – кол жана бут манжаларындагы бейбелчектердин сезгениши. Дарттын себеби болуп, жумшак ткандардын, тарамыштардын, сөөктөрдүн же муундардын инфекциясы, ошондой эле ревматикалык дарттар, мисалы псориатикалык артрит сыяктуулар болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Дактилит.

**ФОКОМЕЛИЯ (phocomelia), фокомелия** – тубаса үстүнкү (проксималдык) аяктар бөлүгүнүн жок болушу; мындай учурда колдун, буттун же буттун таманы, кээде экөө тең бирге дене менен биригип калат. Мындай өрчүүнүн дефекти өтө сейрек кездешет, көпчүлүк учурда аял боюнда болгон мезгилде талидомидди ичкендиги менен байланыштуу болот.

## Х

**ХРОМОТА (claudication), аксактык** – төкөрөңдөп (intermittent claudication) баскан учур. Спазматикалык оору менен мүнөздөлөт, ал физикалык чыңалууда жана тынч абалда болгондо басылып калат, анын себеби болуп буттардын учтарында кан камсыздоонун бузулушу болуп саналат. Көпчүлүк учурда балтыр булчуңдар атеромадан (атеросклероздон) астынкы аяктардын артериялары жабырканат. Орулуу бутта пульс каралбайт, ал эми бут кетмени такай муздап турат. Дарылоосу, атероманы дарылагандай болот.

## Ш

**ШИНА (cradle), шакшак** – металл стержени же башка материалдан жасалып, керебетте жаткан бейтап адам денесиндеги жабыркаган жерди ар кыл кыймыл жана төшөнчү салмагынан коргоо максатында пайдаланыла турган бышык кыртыштуу каркас.

## Э

**ЭКТОПИЯ (ectopia), эктопия** – 1.Травма же тубаса оорунун натыйжасында кайсыбир дене бөлүгүнүн ордунан жылып кетүүсү. 2. Бир нерсенин өз ордунан башка жерде пайда болуусу же жайгашуусу (кошумча караңыз: Эктопикалык систола, Эктопикалык кош бойлуулук). – Эктопикалык (ectopic).

**ЭКТРО (ectro-), эктро** – тубаса жоктукту көрсөтүүчү сөз.

**ЭКТРОДАКТИЛИЯ, эктродактилия** – кол манжаларынын бир же бир нечесинин тубаса жок болуусу.

**ЭКТРОДАКТИЛИЯ (ectrodactyly), эктродактилия** – кол манжаларынын бир же бир нечесинин тубаса жок болуусу.

**ЭКТРОМЕЛИЯ (ectromelia), эктромелия** – кол, буттардын бир же бир нече узун сөөктөрдүн кыскарышы (аплазия) же тубаса жок болушу. Кошумча караңыз: Амелия, Гемимелия, Фокомелия.

**ЭУПЛАСТИЧЕСКИЙ (euplastic), эупластикалык** – термин травмадан кийин тез арада калыбына келүүчү тканды туюндуруу үчүн колдонулат.

# УРОЛОГИЯ



## А

**АЗООСПЕРМИЯ (azoospermia), АСПЕРМИЯ (aspermia), азооспермия, аспермия** – эреңдикте кыймылдаган сперматозоиддердин жоктугу. Бул көрүнүш урук бездери тарабынан уруктун иштелип чыкпай калуусуна же жыныстык каналдын жабылып калышына байланыштуу болуусу ыктымал.

**АЗОТЕМИЯ (azotaemia), азотемия** – организмдеги белок алмашууда, кандагы азоттуу заттын көптүгү. Уремиянын мурунку аталышы.

**АЗОТУРИЯ (azoturia), азотурия** – сийдикте азоттуу кошулмалардын, айрыкча мочевинанын көп болуусу.

**АКРОСОМА (acrosome), акросома** – сперматозоиддин баш жагындагы атайын мембраналык структура.

**АЛЬБЕНДАЗОЛ (albendazole), альбендазол** – мите курттарга каршы дарылык препарат, аскарида, нематода жана башка мите курттарын чыгаруу үчүн колдонулат.

**АНАЛИЗ СЕМЕННОЙ ЖИДКОСТИ (seminal analysis, sperm count), урук суюктугунун анализи** – урук клеткасынын уруктандыруу жөндөмүн текшерүү үчүн беш күн боюу аял менен жыныстык катнашта болбогон эркектин эрендигинен алынган үлгүгө анализ жүргүзүү.

**АНДРОБЛАСТОМА (androblastoma), АРРЕНОБЛАСТОМА (arrhenoblastoma), андробластома, арренобластома** – Сертоли, Лейдиг клеткаларынан турган аналык бездеги шишик.

**АНОРХИЗМ (anorchism), анорхизм** – эркектик урук бездердин биринин же экөөнүн тең тубаса жоктугу.

**АНТИГЕН ПРЕДСТАТЕЛЬНОЙ ЖЕЛЕЗЫ СПЕЦИФИЧЕСКИЙ (prostatic specific antigen (PSA)), эркектердин урук чыктагыч безинин спецификалык бөтөн гени** – урук чыктагыч бездин темир эпителийи менен чыгарылган фермент.

**АНУРИЯ (anuria), анурия** – сийдиктин чыкпай калышы. Көбүнчө бөйрөк иштебей калганда, кан тамырлардын ишинин жетишсиздигинде, сийдик чыгуучу жолдор бүтөлүп калган учурда байкалат.

**АСПЕРМИЯ (aspermia), аспермия** – урук суюктугунун жоктугу же жетишээрлик көлөмдө бөлүнүп чыкпоосу. Мында сперматозоиддер урук безинде нормалдуу өрчүшөт.

**АСПИРАЦИЯ СПЕРМЫ МИКРОХИРУРГИЧЕСКАЯ ЭПИДИДИМАЛЬНАЯ (microsurgical epididymal sperm aspiration, Mesa), эрендиктин микрохирургиялык эпидидималдык аспирациясы** – урук безинин кошумча бөлүктөрүнөн аспирациялык ийненин жардамы менен эрендикти алуусу. Алынган эрендик атайын кайра иштетүүгө дуушар болот, химиялык кайра иштетүүдөн кийин алынган эрендиктен кыймылдуураактары тандалып алынат, анын жердамы аркылуу алардын активациясы болот, алар эненин организминен тышкары жасалма уруктандыруу үчүн колдонулат.

**АСТЕНОСПЕРМИЯ (asthenospermia), астеноспермия** – олигоспермия. Эякулятта эрендиктердин аз кыймылдоосу.

## Б

**БАЛ (BAL), бал** – 1. Караңыз: Бронхоальвеолярдык лаваж. 2. Британдык антилевизит (караңыз: Димеркапрол).

**БАЛАНИТ (balanitis), баланит** – эркектин жыныс мүчөсүнүн учунун сезгенип оорушу. Көпчүлүк учурда жыныс мүчөсүнүн четки бөлүгүнүн ичкеришинен пайда болот (караңыз: Фимоз), ошондой эле кант оорусунда, уретритте.

**БАЛАНОПОСТИТ** (**balanoposthitis**), **баланопостит** – эркектин жыныс мүчөсүнүн учунун териси менен кошо сезгенип оорушу. Бул сезгенүү фимоздо пайда болот. Жабыркаган аймактар кызарып шишип калат, ал жыныс мүчөсүнүн четки бөлүгүнүн тешигинин ичкеришине алып келет; жыйынтыгында заара кылганда кыйынчылык, оору туудуруу менен өтөт.

**БИЛИУРИЯ** (**biliuria**), **ХОЛУРИЯ** (**choluria**), **билиурия, холурия** – заарада өт суюктугунун болушу; кээ бир сарыктын формаларында байкалат.

**БЛЕННОРАГИЯ** (**blennorrhagia**), **бленнорагия** – негизинен заара чыгуучу каналдан бөлүнүп чыгуучу ириң аралаш былжырлуу суюктук. Көпчүлүк учурда уретритте, кээде курч простатитте кездешет.

**БЛЕННОРЕЯ** (**blennorrhoea**), **бленнорея** – былжырлуу катмарлардан, өзгөчө заара чыгуучу каналдан бөлүнүп чыгуучу суу аралашкан ириң. Бленнорагия сыяктуу эле, бленнорея простатитте же уретритте пайда болот.

**БОЛЕЗНЬ БРАЙТА** (**Bright's disease**), **Брайт оорусу** – бөйрөктүн сезгенич туудурган оорусу. Ага сийдикте белок пайда болуп, шишик басып жана бөйрөктүн өзүнө микроскоп менен карап көргөндө формасы жагынан бир кыйла өзгөрүүлөр мүнөздүү.

**БОЛЕЗНЬ МАРИОНА** (**Marion's disease**), **Марион оорусу** – сийдик чыгаруучу түтүкчөнүн ички тешикчесинен өтүшүнүн бузулушу, ал табарсыктын капталындагы булчуң клеткаларынын гипертрафиясынын кесепетинен пайда болот.

**БОЛЕЗНЬ ПЕЙРОНИ, СКЛЕРОЗ ФИБРОЗНЫЙ ПОЛОВОГО ЧЛЕНА** (**Peyronie's disease**), **Пейрони оорусу, жыныстык мүчөнүн фиброздук склерозу** – жыныстык мүчөнүн ички бетине тиешелүү үстүңкү катмардын алгач ийкемдүү, тыгыз андан кийин кемирчек сындуу жоонюусу. Эректилдик тканда ал тура эмес формадагы шишик катары сезилиши мүмкүн. Эрекция учурунда жыныстык мүчө дал мына ушул жеринен ийрейүүгө учурап, жагымсыз оору жаратат. Азырынча оорунун келип чыгуу себептери белгисиз. Жыныстык мүчөнү коррекциялоо Несбит операциясынын (Nesbit's operation) жардамы менен жүзөгө ашырылат.

**БОЛЕЗНЬ ПОЧЕК ПОЛИКИСТОЗНАЯ** (**polycystic disease of the kidneys**), **бөйрөктүн поликистоздуу оорусу** – тукум куучулук оору. Аутосомдук доминанттык белги катары берилип, эки бөйрөктүн тең ткандары өзгөчө ченемде көпчүлүк кисталар менен өзгөрүлөт. Оорунун симптомдору болуп гематурия, сийдик чыгуучу каналдардын инфекциясы жана гипертензиясы байкалып, ал көбүнчө 20 жаштан 40 жашка чейинки адамдарда өнөкөт бөйрөк жетишсиздиги катары байкалат.

**БОЛЕЗНЬ СИММОНДСА** (**Simmond's disease**), **Симмондс оорусу** – гипофиздин таасиринен пайда болуп кургап, катып арыктоо. Табити бузулуп, этек кир токтолуп, карындын маңызы соолуп чыкпай, тиши, чачы түшүп арыктоо. Оору гипофиз безинин алдыңкы бөлүгү начар иштегендиктен пайда болот. Көпчүлүгү жаш аялдар төрөгөндөн кийин байкалат. Караңыз: Шихан синдрому.

**БОЛЕЗНЬ УИПЛА** (**Whipple's disease**), **Уипл оорусу** – өтө сейрек эркектерде кездешүүчү оору, тамак сиңирүүнүн бузулушу менен нейтралдык майлардын синтези менен ревматикалык симптомдор мүнөздөлөт. Оорулуда азбсорбациянын пайда болушу менен мүнөздүү теринин пигментациясы жана артриттин өрчүшү байкалат. Оорунун диагнозу ичке ичегинин биопсиясынын негизинде былжырлуу кабыгында түрдүү микроорганизмдерин табуунун негизинде коюлат. Ооруну дарылоо үчүн антибиотиктер колдонулат.

**БУДЕСОНИД** (**budesonide**), **будесонид** – кортикостероиддик дарылык препарат, аэрозоль түрүндө мурунга сенна безгегинде же астмада ингаляция түрүндө колдонулат. Ошондой эле крем же мазь түрүндө экземаны, псориазды жана башка ушу сыяктуу дарттарды дарылоодо колдонулат.

## В

**ВАЗОВЕЗИКУЛИТ (vasovesiculitis), вазовезикулит** – урук капчысынын жана урук чыгаруучу жолдордун сезгениши. Мындай сезгенүү жука чурай жана калтанын ооруксунуусун жаратып, простатит менен кошо өнүгөт.

**ВЕЗИКУЛИТ (vesiculitis), везикулит** – эркектин урук капчысынын сезгениши; сезгенүүнүн себеби ар түрлүү болот (караңыз: Вазовезикулит).

**ВОСПАЛЕНИЕ ТАЗОВЫХ ОРГАНОВ (pelvic inflammatory disease, PID), жамбаш органдардын сезгенүүсү** – аялдардын курч же өнөкөт оруусу, ал жатындын, фаллопий түтүктөрдүн жана аналык бездин сезгениши менен мүнөздөлөт. Жамбаш органдардын типтүү сезгениши болуп, фаллопий түтүктөрүнүн өтпөстүгү болуп саналат.

**ВЫДЕЛЕНИЕ МОЧИ ИЗ ЗАДНЕГО ПРОХОДА (urochesia), көтөн чучугунан сийдиктин чыгышы** – түз ичегиден сийдиктин чыгышы, ал кээде табарсык жолдорунун жана ичегилердин жабырканышынын жыйынтыгында пайда болот.

**ВЫДЕЛЕНИЯ ИЗ МОЧЕИСПУСКАТЕЛЬНОГО КАНАЛА (urethrorrhoea), сийдик чыгаруучу каналдан чыгуулар** – уретрадан чыгуулар, бул уретриттин бирден бир симптому болуп саналат.

## Г

**ГЕМАТОМА ПЕРИАНАЛЬНАЯ (perianal haematoma), УЗЕЛ НАРУЖНЫЙ ГЕМОРРОИДАЛЬНЫЙ (external haemorrhoid), перианалдык гематома, сырткы геморроидалдык түйүн** – көтөн чучуктун жанындагы чоң эмес оору туудуруучу дөңчөсү, ал ичегилерди бошотуу мезгилинде катуу ыйынганда же катуу жөтөлгөндө пайда болот. Перианалдык гематомалардын пайда болушунун себеби болуп, көтөн чучуктун капталдарындагы чоң эмес тамырлардын жарылышы болуп саналат. Кошумча караңыз: Геморроидалдык түйүндөр.

**ГЕМАТОЦЕЛЕ (haematocoele), гематоцеле** – дененин бир жерине кандын жыйылып, топтолуп калышы жана шишип кетүү, ал көңдөйгө (өзгөчө калтага) кандын агышынан болот. Параметрикалык (жамбаштык) гематоцеле (parametric (pelvic) haematocoele)) – жатынга жакын шишип кетүү, ал жатындан тышкары кош бойлуулукта кандын агып кетиши менен (көпчүлүк учурда фаллопий түтүгүнөн) байланыштуу болот.

**ГИДРОКАЛИКОЗ (hydrocalycosis), гидрокаликоз** – караңыз: Каликоэктазия.

**ГИДРОНЕФРОЗ (hydronephrosis), гидронефроз** – бөйрөктүн сийдик жыйналуучу жерине ириң аралашып кетүүсү жана бөйрөктүк чөйчөкчөдө жана бөйрөктүн ички көңдөйүнүн күчөп кетүүчү чоюулуусу, ал сийдиктин эркин агышынан болот. Сийдиктин чыгышына тоскоолдук, ал табарсыктын моюнчасында болот, эки бөйрөктүн тең гидронефрозунун өрчүүсүнө алып келет. – Гидронефротикалык (hydronephrotic).

**ГИДРОУРЕТЕР (hydroureter), гидроуретер** – сийдик аккычтын биринде сийдиктин топтолушу, ал бөйрөктүн ички көңдөйүнөн сийдиктин өтүшүнүн бузулушу менен байланыштуу болот. Сийдик түтүгүндө зааранын мындай топтолушунун себеби болуп бул зааранын өтпөй калышы, таштын бүтөлүп калышынан же жылып кеткен артериянын кысылып калышынан болот.

**ГИДРОЦЕЛЕ (hydrocele), гидроцеле** – эркектин жумурткасына суу толуп кетүү. Мында калтанын оору туудуруп шишип кетүүсү байкалат; дарылоо хирургиялык, баардык көңдөйдүн суюктукту дренаждоо же алып салуу жолу менен аткарылат.

**ГИПЕРАДРЕНАЛИЗМ (hyperadrenalism), гиперадренализм** – бөйрөктүн үстүндөгү бездин, адреналин гормонун көп чыгарган учуру (караңыз: Кушинг синдрому).

**ГИПЕРКАЛЬЦИНУРИЯ (hypercalcinuria), ГИПЕРКАЛЬЦИУРИЯ (hypercalcuria), гиперкальцинурия, гиперкальциурия** – сийдикте кальцийдин адаттан аномалдуу түрдө тышкары жогору болуусу.

**ГИПЕРУРИКУРИЯ (hyperuricuria), ЛИТУРИЯ (lithuria), гиперурикурия, литурия** – сийдикте сийдик кислотасынын ашыкча болушу.

**ГИПОСТЕНУРИЯ (hyposthenuria), гипостенурия** – төмөн салыштырма салмак менен сийдиктин чыгышы. Бөйрөк жетишсиздигинде кездешет.

**ГЛОБУЛИНУРИЯ (globulinuria), глобулинурия** – сийдикте глобулиндердин болушу.

**ГЛОМЕРУЛИТ (glomerulitis), гломерулит** – өнөкөт же курч бөйрөк ооруларындагы түйдөкчөлөрдүн функцияланышынын бузулушу же жабыркашы. Бул жабыркануулар электронндук микроскопиялык изилдөөнүн же бөйрөктүн материалын алуудагы биопсиянын жардамы менен аныкталат.

**ГЛОМЕРУЛОНЕФРИТ (glomerulonephritis), НЕФРИТ ГЛОМЕРУЛЯРНЫЙ (glomerular nephritis), гломерулонефрит, гломерулярдык нефрит** – бөйрөк оорусу, бөйрөк түрмөктөрүнө тиешелүү. Пайда болуу себеби организмдин «бөтөн дене-бөтөн ген» реакциясына жооп катары эсептелет, алар болсо түздөн түз бөйрөктүн фильтрдик функциясына таасирин тийгизет. Курч нефрит (acute nephritis) сийдикте кандын пайда болушу менен жана организмден сийдик суюктугунун чыгышынын кечеңдеши менен мүнөздөлөт.

## Д

**ДИУРЕЗ (diuresis), диурез** – сийдик пайда болуу жана аны чыгаруу процесси. Бөлүнүп чыккан сийдиктин өлчөмү. Адатта ал организмге талап кылынган суюктук ичүүдөн, андан көп ичүүдө байкалат, бирок дагы сийдик чыгаруучу каражаттарды ичүүнүн натыйжасында өрчүйт.

## Ж

**ЖЕЛЕЗА ПРЕДСТАТЕЛЬНАЯ (prostate gland), урук чыктагыч без** – эрендик курамына кирчүү щелочтуу секретти (зат) иштеп чыгуучу булчуңдуу орган; эркектин жардамчы жыныстык бези. Кары адамдарда урук чыктагыч бездин чоңойуп кеткендиги байкалат (урук чыктагыч бездин коркунучсуз гипертрофиясы (benign prostatic hypertrophy, BPH)). Мунун өзү табарсыктын оозун кысып калып, сийдиктин сыртка чыгуусуна жолтоо болот. Табарсык чоюлуп, андагы басым жогорулоо менен сийдик заара чыгуучу жолдор аркылуу бөйрөк көңдөйүнө, нефрондорго өтөт да, бөйрөктүн жабыркашына алып келет. Дарылоо учурунда бейтапка ар кыл дарылар жазылып берилет (караңыз: Финастерид) же простатэктомия жүргүзүлөт.

## З

**ЗАДЕРЖКА (мочи) (retention), зааранын кармалуусу** – заара ушатуу мүмкүнчүлүгүнүн бузулушу. Мунун өзү сийдиктин табарсыкта чогулуусуна алып келет. Эркектердин заара ушата албай кыйналуусу, көпчүлүк учурларда урук чыктагыч бездин чоңойуп кетүүсү менен байланыштуу. Табарсыкка чогулган сийдикти катетердин жардамы аркылуу сыртка чыгарышат.

## И

**ИЗОСТЕНУРИЯ (isosthenuria), изостенурия** – бөйрөктүн сийдикти бөлүп чыгара албашы же аз көлөмдөгү салыштырма салмагы менен бөлүп чыгаруу. Бул бөйрөк жетишсиздигинин акыркы этабында байкалат.

**ИМПОТЕНЦИЯ (impotence), импотенция** – эркектин жыныстык катнаш жасоо мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу. Эректилдик (erectile) импотенцияда жыныстык мүчө жетишээрлик деңгээлде катуу чыңалбагандыктан улам аялдын жыныстык мүчөсүнүн ичине (влагалище) оңой менен кирбейт. Ал эми эякулятордук (ejaculatory) импотенцияда урук түшпөйт, башкача айтканда, эркек оргазмга жетпейт. Импотенциянын бул эки түрү тең адамдагы кайсы бир оору, мисалы, диабет (импотенциянын органикалык (organic) түрү), кандайдыр бир психикалык же эмоционалдык жабыркоолор (психогенная (psychogenic) менен байланыштуу келип чыгуусу мүмкүн.

**ИНФИЛЬТРАЦИЯ МОЧЕВАЯ (urecchysis), сийдик инфильтрациясы** – сийдиктин бириктирүүчү тканга өтүп кетиши.

**ИНФИЛЬТРАЦИЯ МОШОНКИ МОЧЕВАЯ (urocele), калтанын сийдик инфильтрациясы** – калтанын шишип кетиши, ал уретрадан аккан сийдиктин өтүшүнөн пайда болот. Бирден бир себеби болуп бул уретранын жаракат болушунан пайда болот.

**ИСКРИВЛЕНИЕ ПОЛОВОГО ЧЛЕНА (chordee), жыныстык мүчөнүн ийрейүүсү** – жыныстык мүчөнүн өтө катуу ийрейиши. Жыныстык мүчөнүн дорсалдык катмарында кемирчек сындуу тыгыздыктын жаралуусу менен мүнөздөлүүчү Пейрони оорусу, эрекция маалында кандын жыныстык мүчөгө толушуна тосқоолдук жаратат. Мунун натыйжасында жыныстык мүчө ийрейип, жыныстык катнаш жасоого мүмкүн болбой калат.

## К

**КАВЕРНИТ (cavernitis), кавернит** – эркектин жыныс мүчөсүндөгү же клитордун кобулдарынын сезгениши.

**КАВЕРНОЗОМЕТРИЯ (cavernosometry), кавернозометрия** – инфузия мезгилиндеги жыныстык мүчөнүн каверноздук денелердин ичиндеги басымды текшерүү. Бул изилдөө импотенция менен эрекциянын жетишсиздиги менен ооруган оорулууларга чоң мааниси бар.

**КАЛИКОЭКТАЗИЯ (caliectasis), ГИДРОКАЛИКОЗ (hydrocalycosis), каликоэктазия, гидрокаликоз** – гидронефроздо бөйрөк чөйчөкчөлөрүнүн кеңейиши же чоюлуп кетүүсү; адата, ультра үн же тамыр ичиндеги пиелограмма аркылуу аныкталат.

**КАМЕНЬ (stone), таш** – караңыз: Конкремент.

**КАНАЛ МОЧЕИСПУСКАТЕЛЬНЫЙ, УРЕТРА (urethra), сийдик чыгаруучу канал, уретра** – табарсыктан зааранды сыртка чыгаруучу канал. Аялдардын уретрасы салыштырмалуу кыска болот (узундугу 3,5 см гана); эркектердики андан алда канча узунураак (20 см дейре). Эркектердин уретрасы аркылуу сыртка сийдик жана эрендик агып чыгат.

**КАНАЛ ПАХОВЫЙ (inguinal canal), жука чурайлык канал** – эркек жыныстындагы түйүлдүктүн калта менен ич көңдөйүн бириктирген жуп тешикчелердин каалаганы. Бул каналдар аркылуу урук безинин калтага түшүүсү аткарылат, андан кийн бул каналдар адатта жашоосун токтотот жана чуркунун болушунда гана кайра пайда болушат.

**КАНАЛЬЦЫ ВЫНОСЯЩИЕ (vasa efferentia,** жек. **vas efferens), чыгаруучу кичине каналдар** – сперматозоиддер урук безинин торчосундагы коштондуга түшүүчү майда каналдар. Бул каналдар эмбриондо краниалдык бөлүктүн мезонефросунда өрчүйт.

**КАНАТИК СЕМЕННОЙ (spermatic cord), урук арканчасы** – жука чурай каналында орун алган тоголок канал, урук чыгаруучу түтүктү, нервдер менен кан сосуддарды жана лимфалык сосуддарды камтыйт. Жука чурай аркылуу өтүүчү урук каналы, урук бези калтага түшкөндө, жабылат.

**КРАШ-СИНДРОМ, ТОКСИКОЗ ТРАВМАТИЧЕСКИЙ (crush syndrome), Краш-синдрому, травматикалык токсикоз** – бөйрөк жетишсиздиги, ал чоң жабыркануудан же булчуң тканынын некрозунан өрчүп чыгат.

**КРИПТОРХИДИЗМ (cryptorchidism), КРИПТОРХИЗМ (cryptorchism), крипторхидизм, крипторхизм** – бул патологияда, эркек баланын калтасындагы бир же эки жумурткасы тең түшүп калгандыгы. Орулууларда репродуктивдик функциясы бузулган - эки жактуу формада бул дарттын 10 % эркектерде гана сперматозоид иштеп чыгарылат. Мындай учурда кичинекей кезде хирургиялык кийлигишүү көрсөтүлгөн. – Крипторхитикалык (cryptorchid).

## Л

**ЛАКТОЗУРИЯ (lactosuria), лактозурия** – лактозанын сийдик аркылуу чыгуусу. Аялдардагы төрөт алдындагы же төрөттөн кийинки күндө байкалуучу көрүнүшү.

**ЛОВАСТАТИН (lovastatin), ловастатин** – дарылык зат, боордогу холестериндин синтезине таасир этет; организмде холестериндин деңгээлин төмөндөтүү үчүн колдонулат.

## М

**МЕЛАНУРИЯ (melanuria), меланурия** – меңден пайда болгон шишик оорусунда сийдиктин күрөң кызыл, же карараак тартып кетиши. Бул меланин болушу мүмкүн, ал кээ бир меланомалардын түрлөрүндө байкалат, же сийдикте карарган пигменттин болушу адамдын организиминде зат алмашуунун бузулушу менен байланыштуу болушу мүмкүн, мисалы, порфирияда.

**МИОГЕМОГЛОБИНУРИЯ (myohaemoglobinuria), МИОГЛОБИНУРИЯ (myoglobinuria), миогемоглобинурия, миоглобинурия** – сийдикте миогемоглобиндин пигментинин болушу.

**МИОГЛОБИНУРИЯ (myoglobinuria), миоглобинурия** – караңыз: Миогемоглобинурия (myohaemoglobinuria).

**МОНОРХИЗМ (monorchism), монорхизм** – адамда туулгандан эле урук безинин жоктугу. Адатта монорхизм урук безинин калтага толук эмес түшүшү менен байланыштуу болот. Мындай термин кээде бир урук бези хирургиялык жол менен алынып салынганда же кайсы-бир жаракаттын же дарттын кесепетинен жабырканса колдонулат.

## Н

**НЕДЕРЖАНИЕ (incontinence), кармай албоо** – 1. Заарасын кармай албоо. Кандайдыр бир физикалык күч келгенде же катуу жөтөлдө заарасын кармай албоо (stress incontinence) менен мүнөздөлөт. Табарсыктын толуп калышынан туудурулган заараны кармай албоо (overflow incontinence), табарсыктын толуп калышынын кесепетинен пайда болот; ал көпчүлүк убакта заараның агышынын бузулушу менен же бейтапта ар кандай неврологиялык дарттардын болушунан пайда болот. Кошумча караңыз: Энурез. 2. Ичегинин ишин көзөмөлдөөй албоо (заңын кармай албоо (faecal incontinence)).

**НЕКРОСПЕРМИЯ (necrospermia), некроспермия** – эрендиктеги өлүү же кыймылсыз сперматозоиддер. Караңыз: Тукумсуздук.

**НЕФРАЛГИЯ (nephralgia), нефралгия** – бөйрөктүн оорушу. Бөйрөктөгү ар кыл оорулардын натыйжасында адам бел оорудан жабыркашы мүмкүн.

**НЕФРИТ (nephritis), БОЛЕЗНЬ БРАЙТОВА (Bright's disease), нефрит, Брайт оорусу** – бөйрөктүн сезгениши. Ар кандай себептердин натыйжасында келип чыккан абалды туюндуруу үчүн колдонула турчу спецификалык эмес термин. Караңыз: Гломерулонефрит.

**НЕФРОЗ (nephrosis), нефроз –** (патологияда) бөйрөктүн ичиндеги көңдөй жипчелер өзгөрүү менен тулку бойго суу толуп, шишитүүчү оору. Берилген термин кээде эркин трактовкада нефротикалык синдромду сүрөттөөдө колдонулат.

**НЕФРОН (nephron), нефрон –** бөйрөктүн структуралык-функционалдык бирдиги, ал бөйрөк денечеден жана узундугу 20–50 мм болгон кичине каналдан турат. Эки бөйрөктө 2 млн гожакын нефрондор бар, баардык каналдардын узундугу 100 км ге жетет. Ар бир нефрон бөйрөктүк (мальпиги) денечесинен турат, анда кандын плазмасынын ультрафильтрациясы болуп турат жана алгачкы зааранын пайда болушу жүрөт, дагы каналдар жана трубкалар системасы да жүргүзүлөт, аларда алгачкы заара экинчи жана акыркы (бөйрөктүн ички көңдөйүнө чыгуучу жана аны курчап турган чөйрөгө) заараны.

**НЕФРОПТОЗ (nephroptosis), нефроптоз –** бөйрөктүн өз ордунан ылдый түшүшү, кыймылдуу, буюккан бөйрөк; ал анын өтө кыймылдуудугунан байкалышы мүмкүн (мисалы, арык аялдарда). Эгер нефроптоз оору менен жана бөйрөктөн сийдиктин эркин агышынын бузулушу менен коштолсо, анда нефропексияны өткөрүүнү зарыл болуп калат.

**НИКТУРИЯ (nocturia), никтурия –** сийдиктин күндүзгүгө караганда түнкүсүн көбүрөөк бөлүнүп чыгышы. Никтурия көбүнчө урук чыктагыч бези чоңойуп кеткен карыяларда кездешет; аны жок кылуу үчүн простоэктомияны аткаруу керек.

**НОЧНОЕ НЕДЕРЖАНИЕ МОЧИ (bedwetting), түнкү заарасын кармай албоо –** караңыз: Энурез.

## О

**ОВАРИОТОМИЯ (ovariotomy), овариотомия –** аялдын жумурткасын кесүү, бөлүгүн алып таштоо. Бирок берилген термин адатта тукум безди хирургиялык жол менен алып салууда колдонулат (оофорэктомияда).

**ОЛИГОСПЕРМИЯ (oligospermia), олигоспермия –** эрендиктеги сперматозоиддер санынын салыштырмалуу түрдө нормадан аздыгы (караңыз: Урук суюктугунун анализи). Олигоспермияда сперманын бир миллилитри 20 миллион сперматазоиден аз эмес көлөмдү камтыйт, болгондо да алар аз кыймылдуу (астеноспермия (asthenospermia)), жана көпчүлүк учурда аномалдуу жана өрчүбөгөн клеткалар кездешет (тератоспермия (teratospermia)). Олигоспермияны дарылоо анын себептерин жок кылууга багытталган (мисалы, варикоцеле). Кошумча караңыз: Андрология, Тукумсуздук.

**ОРХИДОТОМИЯ (orchidotomy), орхидотомия –** биопсия жана гистологиялык изилдөөлөр үчүн урук безди жара тилүү; бул операция урук суюктугунда сперматозоиддердин саны нормадагыдан кыйла аз же таптакыр жок эркектерге жасалат (караңыз: Азоспермия, Олигоспермия).

**ОРХИТ (orchitis), орхит –** эркектин жумурткасынын сезгениши. Анын симптомдору болуп оорулар, кызаруу жана калтанын шишип кетиши; дарт көпчүлүк мезгилде кошумча бөлүктөрдүн сезгениши менен коштолот (орхоэпидидимит (epididymo-orchitis)). Бир урук бези, жана экөө тең жабыркашы мүмкүн; дарттын себеби болуп, бул адатта инфекция болуп саналат, ал урук чыгаруучу түтүктөн ретрограддуу түрдө таралат. Кээде урук безинин сезгениши эпидемикалык паротит оорусунан кийин өрчүп чыгат. Мында көпчүлүк убакта эки урук бези тең жабыркашат, ал андан ары тукумсуздукка алып келиши мүмкүн.

## П

**ПАРАФИМОЗ (paraphimosis), парафимоз –** эркектин жыныстык мүчөсүнүн терисинин башын кысып ооруусу, жыныс мүчөнүн да, теринин да экөөнүн тең шишип кетиши.

**ПЕРИГЕПАТИТ (perihepatitis), перигепатит** – боордун тышкы, катмарынын сезгениши. Адатта перигепатит ошондой эле боор жагынан ар кандай дарттар менен коштолот (аларга боордун абсцесси, цирроз же кургак учук) же өнөкөт перитониттин өрчүүсү менен коштолот.

**ПЕРИНЕФРИТ (perinephritis), перинефрит** – бөйрөктүн тышкы чарым катмарынын сезгениши. Перинефриттин себеби болуп, көпчүлүк учурда бөйрөктүн өзүнөн инфекциянын таралышы саналат (караңыз: Пиелонефрит, Пионефроз).

**ПЕРИУРЕТЕРИТ (periureteritis), периуретерит** – сийдик түтүкчөсүн курчап турган ткандардын сезгениши. Адатта сийдик түтүкчөнүн өзүнүн, анын таш менен бүтөлүшүнөн ылдыйыраак жеринде же ичкерген жердин сезгениши менен коштолот.

**ПЕРИЦИСТИТ (pericystitis), перицистит** – табарсыкты курчап турган ткандардын сезгениши. Оорунун келип чыгуусу жатын же фаллопий түтүкчөсүндөгү инфекцияга байланыштуу; кээ бир учурларда сезгенич табарсыктын дивертикуласындагы инфекциядан өрчүшү мүмкүн.

**ПЕСОК МОЧЕВОЙ (gravel), заара куму** – сийдик чыгаруучу түтүкчөдө майда таштардын пайда болушу. Бөйрөктөрдөн заара кумунун чыгышы кескин оору менен коштолот (уретралдык сайгылашып оорушу (ureteric colic)); ошондой эле орулуунун заарасында кан пайда болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Конкремент.

**ПЕТЛЯ ГЕНЛЕ (Henle's loop), Генле илмеги** – бөйрөк каналынын бир бөлүгү, бөйрөккө багытталуучу, ал илмекти пайда кылат. Ал капиллярлардын коюу торчосу менен курчалган, сууну сиңирип алышат жана эритилген заттарды кайра канга жөнөтүшөт.

**ПЕЧЕНЬ (liver), боор** – организмдеги бездердин эң чоңу. Боор оң кабыргалар алдында жайгашып, жөөк түрүндөгү төрт үлүштөн (fossae) турат: оң (right) – эң чоң, сол (left), төрт бурчтуу (quadrate), куйруктуу (caudate lobes), жана организмде бир катар маанилүү функцияларды аткарат. Дал мына ушул боордо оң эки эли ичегиге барып түшөөрдөн мурда өт баштыкчасына келип куюла турчу өт суюктугу жаралат. Мындан сырткары, боордо маанилүү деп саналган углеводдук, белоктук жана май алмашуу процесстерди болуп турат. Боор организмдеги ашыкча глюкозаны гликогенге айландыруу менен кан курамындагы кант көлөмүн жөнгө салат. Ошону менен бирге, боордо фибриноген, протромбин (кандын уюу процессине таасир этүүчү эң негизги заттар) жана гепарин антикоагулянтынын синтези жүзөгө ашырылат. Боор уулуу заттар менен бирге эле жабыркаган кызыл кан клеткаларын зыянсыздандырып турат. Көпчүлүк учурда боор гепатит, цирроз, амебиаз, бир камералуу эхинококкоз жана гепатома өндүү оорулардын кесепетинен жабыр тартат.

**ПИЕЛИТ (pyelitis), пиелит** – бөйрөк көңдөйүнүн сезгениши. Бөйрөк көңдөйүнөн - зааранын агып чыгуусуна кыйынчылык жарата турган бактериалдык инфекция пиелиттин жаралуусуна себеп болот.

**ПИЕЛОЦИСТИТ (pyelocystitis), пиелоцистит** – табарсык менен бөйрөктүн ички көңдөйүнүн бир мезгилде сезгениши (караңыз: Пиелит, Цистит).

**ПИОНЕФРОЗ (pyonephrosis), пионефроз** – бөйрөктүн ички көңдөйүндө ириң толгондуктан кеңейиши жана анын тканы сезгенич процессинин өтүшүнүн кесепетинен бузула баштайт, ал бөйрөктүн баардык затына тарала баштайт, кээ бирде аны курчап турган ткандарга да тарала баштайт (караңыз: Перинефрит).

**ПИРАМИДА (pyramid), пирамида** – жүлүндөгү пирамида формасындай жипче жолдору. 1. Коникалык түзүлүштөрдүн бири, ал бөйрөктүн мээлик затын түзөт. Ар бир пирамиданын негизи кабырчык заттка багытталган, чокусу болсо – бөйрөктүк үрпчөкичине чөйчөккө багытталган. 2. Сүйрү мээнин алдынкы бетиндеги узарган чыгып туруучу аймактарынын бири; пирамидалар пирамидалык жолдордун булаларынын жарымысынан кайчылашуучу түйүндөр менен жаралган. 3. Каракуш мээнин курт сымал

бөлүгүнүн бири, ал эки көңдөйлүк үлүштөр менен курт сымал бөлүктүн ортосундагы ылдыйыраак жеринде жайгашкан.

**ПИУРИЯ (pyuria), пиурия** – сийдик аркылуу ириң чыгуу. Бөйрөк жана табарсык ириңдеп ооруганда байкалат.

**ПЛОТЬ КРАЙНЯЯ (prepuce, foreskin), жыныс мүчөсү** – эркектин жыныс мүчөсүн каптоочу тери катмарлары. Көпчүлүк учурда наристелерге жыныс мүчөсүнүн тери катмарын хирургиялык жол менен алып салуу өткөрүлөт (караңыз: Циркумцизия). Клиторду каптоочу теринин катмарын да жыныс мүчөсүнүн тери катмары деп аташат. – Препуционалдык. (preputial).

**ПНЕВМАТУРИЯ (pneumaturia), пневматурия** – сийдикте аба же кайсы-бир газга тиешелүү көбүкчөлөрдүн кездешүүсү. Бул сийдик чыгуучу жолдордо пайда болгон бактериялардын газ бөлүп чыгаруусу менен байланыштуу.

**ПОЛИОРХИЗМ (polyorchidism), полиорхизм** – эркектин урук безинин экиден көп болуусуна алып келе турган өнүгүү процессиндеги тубаса дефект.

**ПОЛИСПЕРМИЯ (polyspermia), полиспермия** – эрендиктин көптүгү. Көп бөлүнүп чыгышы.

**ПОЛИСПЕРМИЯ (polyspermy, polyspermia), полиспермия** – урук клеткасына аны уруктандыруу үчүн бир сперматозоидден көбүнүн кирүүсү; жыйынтыгында түйүлдүктүн өрчүүсүнүн бузулушу болот жана андан ары ал өлөт.

**ПОРФИРИНУРИЯ (porphyrinuria), порфиринурия** – сийдикте кан гемоглобининин кызыл пигментинин ажыроосундагы азыктын болушу (порфириндердин), алар кээде анын түсүнүн өзгөрүшүнө алып келет. Караңыз: Порфирия, Порфобилиноген.

**ПОЧКА ИСКУССТВЕННАЯ (artificial kidney), ДИАЛИЗАТОР (dialyser), жасалма бөйрөк, диализатор** – караңыз: Гемодиализ.

**ПРЕПУБЕРТАТНЫЙ (prepubertal), пубертат алдындагы** – жыныстык өрчүү маалына туш келүүчү мезгилге тиешелүү.

**ПРИАПИЗМ (priapism), приапизм** – эркектин жыныстык мүчөсүнүн жыныстык катнашуудан кийин деле чыңалган абалда турушу.

**ПРИДАТОК ПРИВЕСКА ЯИЧКА, ПАРАДИДИМИС (paradidymis), урук безинин кошумча бөлүгүнүн үстөгү** – чоң эмес дене, ал урук безинин кошумча бөлүгүнөн өйдө, урук жипчесинин алдындагы калтада жайгашкан; өзү менен алгачкы бөйрөктүн рудиментардык калдыгын көрсөтүп турат.

**ПРИДАТОК ЯИЧКА, ЭПИДИДИМИС (epididymis, көпч. epididymides), урук безинин кошумча бөлүгү, эпидидимис** – эркектик жыныс системасынын жуп органы, ал сперматозоиддердин өрчүүсү үчүн, топтоо жана жылуу үчүн кызмат аткарат. Ал сыртыкы көрүнүшү менен сперматозоиддердин өткөрүү үчүн узун ичке жолду элестетип турат, бул көп жолу кичине созулган, бир нече жолу чыйратылган түзүлүш. Калтада жайгашкан, урук безинен артка жана үстүнө караган жерде жана аны менен түздөн-түз чектешет. Урук безинин кошумча бөлүгүндөгү түтүктөрдүн узундугу 6–8 м. Сперматозоиддер урук безинин түтүктөрүнөн кошумча бөлүккө өтүшөт жана түтүктөр аркылуу эки жуманын ичинде жылып барышат; ал аралыкта алар өрчүп, уруктандырууга жарамдуу болуп калышат. Эякуляция мезгилине чейин алар топтолуп жана кошумча бөлүктө сакталышат. – Эпидидималдык (epididymal).

**ПРОСТАТИТ (prostatitis), простатит** – эркектин жыныстык безинин сезгениши. Простатиттин келип чыгуу себеби болуп бактериалдык инфекция саналат; оору курч жана өнөкөт формада кездешет. Курч простатиттин көрүнүшү болуп бул чаткаякта катуу оорунун пайда болушу, заара кылып жатканда бат же кыйынчылык менен зааранын чыгыш, жыныстык функциянын бузулушу болуп саналат. Өнөкөт простатитте бул симптомдор бир аз азыраак болот.

**ПРОСТАТОРЕЯ (prostatorrhoea), простаторея** – сийдик менен кошо жыныстык бездин суюктугунун чыгышы. Бул бездин өткөөлүнүн булчуңдарынын күчү начарлаганда учурайт.

**ПРОТЕЗ ПОЛОВОГО ЧЛЕНА (penile prosthesis), жыныстык мүчөнүн протези** – ийкемдүү, өтө катуу эмес же аба менен толтурулуп алынган мүчө сымал жабдык, ал жыныстык мүчөнүн көңдөйлүү денесине киргизилет, анын кынга киргизген маалда керектүү катуулукту камсыз кылат; бул протездер адатта импотенцияга чалдыккан эркектер колдонушат. – Протездик (prosthetic).

**ПРОТОК ПУЗЫРНЫЙ (cystic duct), баштыкча сымал түтүк** – караңыз: Өт түтүкчө жолдору.

**ПРОТОК СЕМЯВЫНОСЯЩИЙ (vas deferens, көпч. vasa deferentia), урук чыгаруучу түтүк** – жуп келген түтүк, ал аркылуу урук безинин кошумча бөлүгүнөн сперматозоиддер чыгарылат. Түтүктүн калың булчуңдук дубалы болот, ал эякуляцияны аткарууда жардам берет.

**ПСЕВДОГЕРМАФРОДИТИЗМ (pseudohermaphroditism), псевдогермафродитизм** – толук эмес кыз теке. Эркек сымал кыз текеде жыныстык без эркектикине окшоп калып, экинчи жыныстык белгилери (үнү ичке чыгып, сакал муруту жок болуп) аялдарга окшоп кетет. Аял сымал кыз текеде анын тескерисинче болот.

**ПУЗЫРЬ I (bladder), баштыкча I** – 1. Табарсык (urinary bladder) – бул адам денесинин бир органы, баштыкча формада болот жана заара топтоо үчүн колдонулат. Заара табарсыкка заара чыгаруучу түтүктөр аркылуу өтөт; табарсыктан заара чыгаруу эки сфинктер аркылуу көзөмөлдөнөт: ички (жылмакай булчуңдук) жана сырткы (туурасынан кеткен чаар булчуңдук). Табарсыктын моюнчалары (bladder neck) заара чыгаруучу канал аркылуу өтөт, ал эркектерде урук чыктагыч без аркылуу өтөт. Табарсыктын функциясы, жамбаш аймагында жайгашкан вегететивдик нервдер менен көзөмөлдөнөт. 2. Адам денесинин суюктукту камтыган каалаган туюк органы, мисалы, өт баштыкчасы.

**ПУЗЫРЬ МОЧЕВОЙ (urinary bladder), табарсык** – табарсык – бул адам денесинин бир органы, баштыкча формада болот жана заара топтоо үчүн колдонулат. Караңыз: Баштыкча.

**ПУЗЫРЬ МОЧЕВОЙ НЕЙРОПАТИЧЕСКИЙ (neuropathic bladder), нейропатикалык табарсык** – табарсыктын функциясынын бузулушу, толук же толук эмес денервациянын кесепетинен болот. Мындай бузулуш жүлүндүн, омуртка жылчыгынын, таралган склероздо жана диабеттик невропатиянын кесепетинен өрчүп чыгат.

## Р

**РЕЗЕКЦИЯ (resection), резекция** – мүчөнүн бир бөлүгүн кесип алып таштоо. Мисалы, карындын, өпкөнүн бөлүгүн алып таштаганда да айтылат.

**РЕЗЕКЦИЯ ПРЕДСТАТЕЛЬНОЙ ЖЕЛЕЗЫ ТРАНСУРЕТРАЛЬНАЯ (TUR, TURP), трансуретралдык урук чыктагыч безинин резекциясы** – трансуретралдык резекция (простатанын); караңыз: Резекция.

**РЕЗЕКЦИЯ ПРЕДСТАТЕЛЬНОЙ ЖЕЛЕЗЫ ТРАНСУРЕТРАЛЬНАЯ (TUR, TURP), РЕЗЕКЦИЯ ПРОСТАТЫ ТРАНСУРЕТРАЛЬНАЯ (Transurethral R), трансуретралдык урук чыктагыч безинин резекциясы, простатанын трансуретралдык резекциясы** – караңыз: Резекция.

**РЕНАЛЬНЫЙ, ПОЧЕЧНЫЙ (renal), реналдык, бөйрөктүк** – бөйрөккө тиешелүү же ага таасир берүүчү.

**РЕФЛЮКС ВЕЗИКО-УРЕТЕРАЛЬНЫЙ (vesicoureteric reflux), везико-уретералдык рефлюкс** – табарсыктан чыккан заара агымынын кайра заара түтүкчөлөрүн

көздөй багытталышы. Везико-уретералдык рефлюкстун келип чыгуусу клапандардын жабыркашы менен байланыштуу. Натыйжада инфекция бөйрөктөргө таралып, курч мүнөздөгү пиелонефриттин мезгил-мезгили менен кайталанып туруусуна жана бөйрөктүн өзгөрүшүнө алып келет.

## С

**САМОКАТЕТЕРИЗАЦИЯ ИНТЕРМИТТИРУЮЩАЯ (intermittent self-catheterization, ISC), интермитацияланган өзүнөн-өзү катереризация** – мында оорулуу кез-кези менен табарсыкты бошотуучу процесси, ал ага катетерди киргизүү менен уретрадан заара чыгарылат.

**СИНДРОМ КОННА (Conn's syndrome), Конн синдрому** – бул булчуңдардын бошоңдошу, аномалдык суусагандык (полидипсия), зааранын көп бөлүнүшү (полиурия) менен гипертензия менен айкалышкан синдром. Ал бөйрөк үстүндөгү бездин кыртышындагы альдестерон гормонунун ашыкча секрециясынын кесепетинен келип чыгат.

**СИНДРОМ ЛЕРИША (Leriche's syndrome), Лериш синдрому** – эркектин жыныс мүчөсөндө эрекциянын жок болушу, ал бутун сан артериясында пульстун жок болушу менен коштолот жана соор булчуңунун начарлашы менен да коштолот. Бул дарттын себеби болуп адатта ич аортасынын же капчыт артериясынын бүтөлүшү болуп саналат.

**СИНДРОМ ПОТТЕРА (Potter syndrome), Поттер синдрому** – тубаса дефект, адамда бөйрөктүн жок болушу менен мүнөздөлөт. Мындай синдром менен балдарда адатта өпкөлөрү начар өрчүгөн болот, бети бырыш жана түрү жалпайган, буттары болсо деформацияланган; адатта мындай балдар жашай албайт.

**СИНДРОМ РЕЙТЕРА (Reiter's syndrome), Рейтер синдрому** – уретранын сезгениши менен мүнөзбөлүүчү абал (караңыз: Уретрит), жана конъюнктивит менен артрит өрчүйт. Вирустук болушу мүмкүн.

**СИНУС МОЧЕПОЛОВОЙ (urinogenital sinus), сийдик-жыныстык синус** – эмбрионалдык структура - клоаканын алдынкы бөлүмү, андан кийин дене жана табарсыктын учу менен сийдик чыгаруучу түтүк өрчүйт.

**СКРУЧИВАНИЕ (torsion), буралуу** – калтада урук безинин же ички көңдөйдөгү ичеги илгичинин аномалдык буралып кетүүсү, ал кан камсыздоосунун бузулушуна жана инервациясына алып келет.

**СТРАНГУРИЯ (strangury), странгурия** – заара чыгардан мурда катуу оору менен коштоло турчу сийдик чыгуучу каналдын оорусу.

## Т

**ТЕЛО ГУБЧАТОЕ (corpus spongiosum), губка сымал дене** – эркектин жыныс мүчөсүнүн структурасына кирүүчү структура, анда сийдик чыгаруучу түтүк өтөт. Көңдөйлүү денелер менен кошо губка сымал дене жыныстык мүчөнүн эректильдик тканын пайда кылат. Ал жыныстык мүчөнүн негизинде бир аз жооноюп чыгат, аны менен уретранын башчасын пайда кылат, ал эми карама-каршы учунда – жыныстык мүчөнүн башын түзөт.

**ТЕРАТОСПЕРМИЯ (teratospermia), тератоспермия** – караңыз: Олигоспермия.

**ТРИГОНИТ (trigonitis), тригонит** – табарсыктын ички бетиндеги үч бурчтугунун сезгениши. Генерализацияланган циститтин бөлүгү болуп саналат же уретранын, урук чыктагыч бездин жана жатын моюнчасынын сезгениши менен бир убакта өтүшү мүмкүн.

# У

**УДАЛЕНИЕ МОЧЕВОГО ПУЗЫРЯ (bladder replacement), табарсыкты алып салуу** – караңыз: Цистэктомия.

**УРАТУРИЯ (uraturia), уратурия** – сийдик аркылуу көп сандаган ураттардын (сийдик кислотасынын туздары) бөлүнүп чыгуусу. Сийдикте ураттардын аномалдуу чоң концентрациясы подагра оорусунда байкалат.

**УРЕТЕР, УРЕТЕРО, МОЧЕТОЧНИК, МОЧЕТОЧНИКО (ureter-, uretero-), уретер, уретеро, сийдик түтүгү, сийдик түтүктүк** – сийдик түтүгүн туюндуруучу сөз. Мисалы, сийдик түтүктүк-кындык (ureterovaginal) – сийдик түтүккө жана кынга тиешелүү.

**УРЕТЕРИТ (ureteritis), урутерит** – сийдик куюлуучу түтүктүн сезгениши. Адатта табарсыктын сезгениши менен бирге өрчүйт (караңыз: Цистит), өзгөчө эгер оорунун себеби болуп, орулууда везикоуретералдык рефлюкс байкалса болот. Мындан тышкары сийдик сугаруу жолдордун кургак учугунда өрчүйт; бул учурда дарт стриктуранын пайда болушу менен татаалданат.

**УРЕТЕРОПИЕЛОНЕФРИТ (ureteropyelonephritis), уретеропиелонефрит** – сийдик аккыч түтүкчө жана бөйрөктүн ички көңдөйүнүн сезгениши (караңыз: Уретерит, Пиелит).

**УРЕТЕРОТОМИЯ (ureterotomy), уретеротомия** – сийдик түтүгүн операциялык жол менен жаруу. Мындай ыкма, адатта сийдик аккыч түтүкчөдөгү ташты алып салуу үчүн колдонулат (караңыз: Уретеролитотомия).

**УРЕТЕРОЦЕЛЕ (ureterocele), уретероцеле** – сийдик аккыч түтүкчө бетинин дөмпөйүп шишип кетиши. Айрым учурларда уретероцеле сийдик аккыч түтүкчө оозунун стенозу жана сийдиктин сыртка чыкпай калуусу, ошондой эле гидронефроз менен коштолот.

**УРЕТР- (urethr-), УРЕТРО- (urethro-), уретр-, уретро-** – уретраны түшүндүрүүчү сөз.

**УРЕТРИТ (urethritis), уретрит** – сийдик чыгуучу түтүктүн сезгениши. Оорунун негизги себеби болуп, гонорея (спецификалык уретрит) же жыныстык жолдор аркылуу берилүүчү башка бир инфекциялар саналышы мүмкүн (адатта бул инфекция Chlamydia trachomatis (гонококктук эмес уретрит түрүндөгү микроорганизмдер менен (nongonococcal urethritis, NGU), же спецификалык эмес уретрит менен (nonspecific urethritis, NSU)), ошондой эле коркунуч туудурбаган катетерди киргизүүдөн кийин уретранын жабыркануусунан туудурулат.

**УРЕТРИТ ХРОНИЧЕСКИЙ ГОНОРЕЙНЫЙ (gleet), өнөкөт гонореялык уретрит** – жыныстык мүчө же жыныстык кындан ириң аралаш, былжырлуу суюктуктун бөлүнүп чыгуусу.

**УРЕТРОСТЕНОЗ (urethrostenosis), уретростеноз** – уретранын тарып кетиши (стриктура).

**УРЕТРОЦЕЛЕ (urethrocele), уретроцелле** – жатын дубалы аркылуу уретранын уркуюп чыгып кетиши, анын натыйжасында анда тоголок формадагы шишик пайда болот; адатта ал чыңалганда көрүнөт.

**УРИН- (urin-), УРИНО- (urino-), УРО- (uro-), урин-, урино-, уро-** – сийдикти же сийдик чыга турган система түшүнүгүн туюндуруучу сөз.

**УРОГРАФИЯ (urography), ПИЕЛОГРАФИЯ (pyelography), урография, пиелография** – сийдик жолдорун рентген нуру менен сүрөткө тартуу. Ал үчүн венага рентгендик нур өтпөй турган суюктук куюлат дагы, белгилүү бир убакыт өткөндө сүрөткө тартылат. Пиелографиянын мезгилинде алынгын рентгенограммалар пиелограммаларды (pyelograms) деп аташат.

**УРОДИНАМИКА (urodynamics), уродинамика** – атайын прибордун жардамы аркасында бир эле мезгилде уретралдык сфинктер менен табарсыктагы басымдын өзгөрүшүн каттоого алуу. Бул изилдөө адамда зааранын кармай албоосунун себептерин аныктоодо маанилүү роль ойнойт.

**УРОКИНАЗА (urokinase), урокиназа** – бөйрөк тарабынан иштелип чыгып, кан тромбдорунун эришине катышуучу фермент (караңыз: Фибринолитикалык каражат).

**УРОЛИТ (urolith), уролит** – сийдик жолдорунда кездешүүчү таш. Караңыз: Таш.

**УРОЛИТИАЗ (urolithiasis), уролитиаз** – сийдик жолдорунда таш пайда болгон оору.

**УРОЛОГ (urologist), уролог** – сийдик жолдорунун оорусу боюнча адис, дарыгер.

**УРОЛОГИЯ (urology), урология** – медициналык илимдин сийдик чыгаруучу органдагы жана жыныстык мүчөдөгү ооруларды окуучу бөлүгү. – Урологиялык. – Уролог.

## Ф

**ФИБРОАДЕНОМА (fibroadenoma), фибриаденома** – негизинен байланыштыруучу ткандардан аралашып өөрчүгөн без шишиги (караңыз: Аденома).

**ФИМОЗ (phimosis), фимоз** – эркектердин аяк мүчөсүнүн тешигинин патологиялык ичкериши, анын кесепетинен эркектер жыныс мүчөсүн башын чыгара албайт. Бул сезгенич процессинин өрчүшүнө алып келет (караңыз: Баланит, Баланопостит). Аны дарылоо үчүн аяк мүчөнү хирургиялык жол менен алып салуу аткарылат (циркумцизиция).

**ФУНИКУЛИТ (funiculitis), фуникулит** – эркектин уруктук түтүгүнүн сезгениши. Адатта эпидидимит менен кошо өрчүйт, урук безинин жабыркаган жерде ооруну жана шишип кетүүнү туудурат.

## Х

**ХОЛАНГИОЛИТ (cholangiolitis), холангиолит** – өт түтүктөрүнүн майда сезгенич-тери (холангиол (cholangioles)). Караңыз: Холангит.

**ХОЛАНГИТ (cholangitis), холангит** – өт чыгуучу түтүкчөлөрдүн сезгенч оорусу. Адатта, түтүкчөлөрдүн таш менен бүтөлүп калуусунан улам пайда болот. Холангиттин мүнөздүү симптомдору болуп үзгүлтүктүү безгек болуп саналат, адатта катуу чыйрыгуу менен коштолот жана үзгүлтүктүү сарык (мындай айкалышууну Шаркондун үчилтиги (Charcot's triad) деп аташат).

**ХОЛЕСТЕРОЗ (cholesterosis), холестероз** – өнөкөт холециститтин түрү. Мында холестериндин майда кристаллдары өт баштыкчасынын ички бетине чогулуп отуруп, убакыттын өтүшү менен таштарга айлануусу ыктымал.

**ХОЛЕЦИСТ (cholecyst-), холесцист** – өт баштыкчасы менен болгон байланыш түшүнүгүн туюндуруучу сөз. Мисалы, холецистотомия (cholecystotomy) – өт баштыкчасынын жара тилүү.

**ХОЛЕЦИСТИТ (cholecystitis), холецистит** – өт баштыкчасынын сезгенип оорушу. Курч мүнөздөгү холецистит (acute cholecystitis) бактериалдык инфекциянын натыйжасында келип чыкса, өнөкөт холецистит (chronic cholecystitis) көбүнчө өт баштыкчасында таштардын пайда болуусу менен байланыштуу. Кошумча караңыз: Мюрфе симптому.

## Ц

**ЦИЛИНДР ЗЕРНИСТЫЙ (granular cast), бүртүк цилиндр** – бөйрөк түтүкчөлөрүндө кездешүүчү клеткалык цилиндр. Курч мүнөздөгү гломерулонефритте

бөйрөктөн өтө көп өлчөмдөгү түркүк сымал клеткалардын бөлүнүп чыгуусун байкоого болот. Мындай цилиндрлердин болуусу организмде кайсы бир курч мүнөздөгү оорунун бар экендигинен кабар берет.

**ЦИРРОЗ ПЕЧЕНИ АТРОФИЧЕСКИЙ (hobnail liver), атрофиялык боор циррозу** – ичиндеги клеткалары чүрүшүү менен катар кээ бир клеткалары эзилип кеткен боордун оорусу; оорунун арты кайгы менен бүтөт.

**ЦИСТ- (cyst-), ЦИСТО- (cysto-), цист-, цисто-** – төмөнкү түшүнүктөрдү туюндуруучу сөз: 1. Баштыкча, табарсык. Мисалы, цистопластика (cystoplasty) – табарсыкты пластикалык жол менен калыбына келтирүү. 2. Киста.

**ЦИСТАДЕНОМА (cystadenoma), цистаденома** – бир же бир нече ыйлаакча пайда кылып ооруган бездин шишик оорусу (аденома).

**ЦИСТИНУРИЯ (cystinuria), цистинурия** – тубаса дефектин кесепетинен улам цистин аминокислоталарынын сийдик менен кошо ашыкча бөлүнүп чыгуусу. Бөйрөктө цистиндик таштардын жаралышына алып келет.

**ЦИСТИТ (cystitis), цистит** – табарсыктын сезгенип оорушу; көпчүлүк учурда инфекциянын кирип кетүүсүнүн натыйжасында келип чыгат (адатта Escherichia coli түрүндөгү бактериялардан). Кошумча караңыз: Интерстициалдык цистит.

**ЦИСТИТ ИНТЕРСТИЦИАЛЬНЫЙ (interstitial cystitis), интерстициалдык цистит** – өнөкөт бактериалдык эмес табарсыктын сезгеничи, ал тез-тез сийгиелектеп калган абал адатта ал катуу оору туудурат; көпчүлүк убакта ошондой эле табарсыктын дубалдарынын жаракаттанышы байкалат (Ханнердин жаракаты (Hunner's ulcer)).

**ЦИСТОЛИТИАЗ (cystolithiasis), цистолитиаз** – табарсыкта таштын (конкременттердин) пайда болушу. Табарсык түтүгүнүнүн бүтөлүп калышы, сийдиктин кармалышы жана ар кыл инфекциялардын (биринчилик конкременттердин (primary calculi)) кездешүүсү, таштардын пайда болушуна алып келет, же бөйрөктөрдөн табарсыкка өтүшөт (экинчилик конкременттердин (secondary calculi)) пайда болушуна алып келет. Караңыз: Конкремент.

## Ш

**ШАНКР МЯГКИЙ (soft sore), ШАНКРОИД (chancroid), жумшак шанкр, шанкроид** – жыныстык жолдор аркылуу жугат. Haemophilus ducreyi түрүндөгү бактериялар тарабынан пайда болуп, жука чурайдагы лимфатикалык түйүндөрдүн чоңойуп кетүүсү жана жаралоосу менен мүнөздөлөт.

## Э

**ЭКСТРОФИЯ (exstrophy), экстрофия** – көңдөйлүү органдардын сыртка аңтарылып калышы. Мисалы, аш казан, табарсык ж.б. Тубаса аномалия, мында табарсыктын өрчүү мезгилиндеги толук жабылышы мүнөздөлөт: бала астынкы ич көңдөйлүк дубалдары жок төрөлөт, анда табарсыктын арткы дубалынын ички бети көрүнүп турат. Экстрофия көпчүлүк убакта эписпадия менен жана зааранды такыр эле кармабай калуусу менен коштолот.

**ЭКСФЛАГЕЛЛАЦИЯ (exflagellation), эксфлагеллация** – безгектик митенин (караңыз: Plasmodium) микрогаметоциттеринен жип сымал алып баруучуларлык эркек жыныс клеткаларынын пайда болушу жана бошондошу (караңыз: Микрогамета). Мындай процесс 10–15 мүнөттө болот жана ал адамдан майда чиркейлердин ашказанына микрогаметоциттер өткөндөн кийин болот.

**ЭМИССИЯ (emission), эмиссия** – түш көрүү маалында жыныстык мүчөдөн эрендиктин агып калышы (түнкү поллюция (nocturnal emission)).

**ЭНУРЕЗ (enuresis), энурез** – кээ бир адамдардын түн ичинде заарасын токтото албоосу, төшөккө сийип коюусу (түнкү энурез (nocturnal enuresis)). Түнкү энурез заара чыгаруучу жолдордун кайсы-бир дарты менен туудурулушу мүмкүн (өзгөчө инфекциялык), бирок көпчүлүк учурда функционалдык чөйрөдөн болушу мүмкүн. Кошумча караңыз: Кармай албоо. – Энуретикалык (enuretic).

**ЭПИДИДИМИТ (epididymitis), эпидидимит** – эркектин жумурткасынын кошумча бөлүгүнүн сезгениши. Дарттын себеби болуп адатта инфекция болуп саналат, ал табарсыктан же заара чыгаруучу каналдан урук чыгаруучу түтүккө таралат. Сезгенич дагы урук безге да таралып кетиши мүмкүн (орхоэпидидимит (epididymo-orchitis)).

**ЭПИСПАДИЯ (epispadias), эписпадия** – эркектин жыныстык мүчөсүнүн сийдик чыгуучу тешиги, мүчөнүн үстү жагына жайланышы. Бул дефектини хирургиялык жол менен коррекциялоо эмчек курагында адатта жасалат.

**ЭРЕКТИЛЬНЫЙ (erectile), эрикталдык** – эрекцияны туудурган же эрегирдүү болуп калган. Жыныстык мүчөдө (жана клитордо) көп сандагы эректилдик ткандар бар болушат.

**ЭРЕКЦИЯ (erection), эрекция** – жыныстык мүчөнүн чыңалышы; эркектин жыныс мүчөсүнө кан толуп, көлөмү чоңоюп көбүү. Берилген термин көпчүлүк убакта дагы жыныстык дүүлүгүү абалында болгон клиторго карата да колдонулат.

**ЭЯКУЛЯЦИЯ (ejaculation), эякуляция** – жыныстык катнаштын кульминациялык мезгилинде эркектердин жыныстык мүчөсү аркылуу эрендиктин сыртты көздөй атырылышы. Кошумча караңыз: Алдын ала эякуляциясы.

**ЭЯКУЛЯЦИЯ ПРЕЖДЕВРЕМЕННАЯ (premature ejaculation), алдын ала эякуляциясы** – эрендик, ал жыныстык катнашуунун эң башында пайда болот.

## Я

**ЯЗВА ХАННЕРА (Hunner's ulcer), Ханнер жарасы** – караңыз: Интерстициалдык цистит.

**ЯИЧКО (testis,** көпч. **testes, testicle), урук бези** – сперматозоиддер менен эркектердин жыныстык гормону – тестостерон (андроген) бөлүнүп чыга турчу кош урук без; анын иштелип чыгуусу гипофиз тарабынан бөлүнүп чыга турчу гонадотропиндер тарабынан көзөмөлдөнөт.

# ХИРУРГИЯ



## А

**АБСЦЕСС (abscess), абсцесс** – ириндетүүчү бактериялардын кесепетинен пайда болгон, дененин бир бөлүгүнө чогулган ириң. Дененин кайсы жеринен орун алышына жараша абсцесс ар түрлүү аталат.

**АБСЦЕСС БРОДИ (Brodie's abscess), Броди абсцесси** – сөөктүн абсцесси: өнөкөт бактериалдык остеомелиттин түрү.

**АБСЦЕСС ИШИОРЕКТАЛЬНЫЙ (ischiorectal abscess), ишиоректалдык абсцесс** – көчүк-түз ичегинин чуңкурчасында өрчүүчү абсцесс.

**АБСЦЕСС ЛЕГКОГО (vomica), өпкө абсцесси** – өпкө көңдөйчөсүнө ириңдин толуп калышы.

**АБСЦЕСС ПЕРИНЕФРАЛЬНЫЙ (perinephric abscess), перинефралдуу абсцесси** – бөйрөктүн айланасында ириңдин топтолушу, адатта пионефрозго тиешелүү.

**АБСЦЕСС ПЕРИТОНЗИЛЛЯРНЫЙ (quinsy, peritonsillar abscess), перитонзиллярдык абсцесс** – кекиртек капталчасы менен таңдайлык бадам сымал безиндеги перитонзиллярдык аймакта ириңдин пайда болушу. Медициналык аталышы: Перитонзиллярдык абсцесс (peritonsillar abscess).

**АБСЦЕСС ПОДДИАФРАГМАЛЬНЫЙ (subphrenic abscess), поддиафрагмалдуу абсцесс** – диафрагманын астында топтолгон ириң, көпчүлүк учурда оң жакта – боор менен диафрагманын ортосунда топтолот.

**АВУЛЬСИЯ (avulsion), авульсия** – 1. Структуралык бөлүктүн күч менен жулунушу же айрылып бөлүнүшү. Мисалы, тарамыштын сөөктөн бөлүнүп үзүлүүсү. 2. Стоматологияда – травманын кесепетинен тиштин жулунуп кетиши. Сынган тиш реимплантациялanышы мүмкүн (караңыз: Реимплантация).

**АДЕНОИДЭКТОМИЯ (adenoidectomy), аденоидэктомия** – аденоидди хирургиялык жол менен алып салуу.

**АМНИОТОМИЯ (amniotomy), ВСКРЫТИЕ ПЛОДНЫХ ОБОЛОЧЕК ИСКУССТВЕННОЕ (artificial rupture of membranes, ARM), амниотомия, түйүлдүк чел кабыгын жасалма түрдө жаруу** – хирургиялык киришүү, ал кайсы бир атайын аспаптын, амникухтун жардамы менен жатындагы баланы курчаган амниондун пункциясын жасоону камтыйт.

**АМПУЛА (ampulla,** көпч. **ampullae), ампула** – формасы түтүк сыяктуу органдардын бир жери чоюлуп, кеңейген жери. Мисалы, жоон ичегинин бүткөн жери.

**АМПУТАЦИЯ (amputation), ампутация** – операциялык жол менен дененин бир бөлүгүн кесип таштоо. Бут, кол травмасы же гангренасынан кийин хирургияда колдонулат.

**АМПУТАЦИЯ (dismemberment), ампутация** – буттун, колдун же кайсы бир аяктын бөлүгүн ампутациясы.

**АМПУТАЦИЯ НОГИ С ОБШИРНОЙ РЕЗЕКЦИЕЙ ТАЗОВОГО ПОЯСА (hindquarter amputation), жамбаш курчоосунун кенен резекциясы менен буттун ампутациясы** – операция, ал жамбаш бөлүгүн камтуучу буттун баардыгын кесип салууну камтыйт. Адатта жумшак ткандардын саркомасында бул операция жасалат. Салыштыруу үчүн: Ийин курчоосунун кенен резекциясы менен ийиндин ампутациясы.

**АМПУТАЦИЯ ПЛЕЧА С ОБШИРНОЙ РЕЗЕКЦИЕЙ ПЛЕЧЕВОГО ПОЯСА (forequarter amputation), ийин курчоосунун кенен резекциясы менен ийиндин ампутациясы** – операция, ал колду, анын ичинде далы менен акыректи алып салууну камтыйт. Салыштыруу үчүн: Жамбаш курчоосунун кенен резекциясы менен буттун ампутациясы.

**АМПУТАЦИЯ ПО ПИРОГОВУ (Pirogov's amputation), Пироговдун ампутациясы** – кызыл ашыктын муунунан жогору, жото жиликтин сөөктөрүн таарып алып таштоо.

Жото жиликтин учуна согончок сөөктү эп кылып аштоо менен бутту жер баскыдай кылып ылайыктоо.

**АНАСТОМОЗ АРТЕРИОЛОВЕНУЛЯРНЫЙ (arteriovenous anastomosis), артериотамырдык анастамоз** – шунтталган кан тамыры, түздөн түз венула менен артериоланы бириктирген.

**АНАСТОМОЗ ПОРТОКАВАЛЬНЫЙ (portacaval anastomosis, portacaval shunt), портоковалдык анастомоз** – 1. Боордун венасы менен жана төмөнкү көңдөй венанын ортосундагы хирургиялык анастомоз. Ич көңдөйүндөгү аргандарда жайгашкан органдардан өткөн кан, бул учурда боордон өтүп кетет. 2. Боордун капка венасынын жана төмөнкү көңдөй венанын бутакталышынын ортосундагы каалаган табигый биригүү.

**АНАСТОМОЗ СПЛЕНОРЕНАЛЬНЫЙ (splenorenal anastomosis), спленореналдык анастомоз** – порталдык гипертензияны дарылоо ыкмасы, ал көк боор венасынын сол бөйрөк венасы менен бириктирүү жолу менен дарыланат. Салыштыруу үчүн: Портокавалдык анастамоз.

**АНГИОПЛАСТИКА (angioplasty), ангиопластика** – адамдын денесиндеги ичкерип кеткен же толугу менен блоктолгон артерияларды калыбына келтирүүчү хирургиялык операция. Кошумча караңыз: Коронардык ангиопластика.

**АНГИОПЛАСТИКА КОРОНАРНАЯ (coronary angioplasty), коронардык ангиопластика** – торакотомияны талап кылбаган операция; коронардык артериянын ичкерилген аймагы аба менен толтурулган баллончиктин эсебинен чоюулат. Операция жүрөк катетеризация жолу аркылуу рентгенологиялык кароонун астында жасалат (караңыз: Ангиопластика). Кошумча караңыз: Айланма тамырдык шунт.

**АНТРОСТОМИЯ (antrostomy), антростомия** – чыкый сөөктүн упчу сымал урчугундагы ириңди чыгаруу максатында аны чегүү. Бул операция кээде мурун көңдөйүнүн инфекциялык дарттарын дарылоодо колдонулат.

**АНТРЭКТОМИЯ (antrectory), антрэктомия** – 1. Коңул капталдарынын хирургиялык алып салуусу. Караңыз: Антростомия. 2. Ашказандын бөлүгүн (карындын кире беришин) алып салуучу хирургиялык операция.

**АППАРАТ ОРТОПЕДИЧЕСКИЙ (orthosis), ортопедиялык аппарат** – атайын жекече жасалган жабдык, ал туруктуу эмес муунду же муундун фиксациясын камсыз кылат. Мындай жабдыктын мисалы болуп омуртка корсети болот.

**АППЕНДИКОСТОМИЯ (appendicostomy), аппендикостомия** – хирургиялык операция, мында сокур ичеги – аппендикс – алдынкы ич көңдөй аркылуу чыгарылат жана дренациялоо үчүн ачылат же ичегиде басымды азайтууда чыгарылат. Азыркы убакта мындай операция сейрек аткарылат, анткени илеостомияга, цаекостомияга же колостомияга көбүрөөк артыкчылык көрсөтүлөт.

**АППЕНДЭКТОМИЯ (appendicectomy), аппендэктомия** – курт сымал ичегини – аппендиксти алып таштагандагы операция. Кошумча караңыз: Аппендицит.

**АРТРОДЕЗ (arthrodesis), артродез** – муунду операциялык жол менен кыймылдатпай аштоо.

**АРТРОПЛАСТИКА (arthroplasty), артропластика** – операциялык жол менен жаңы муун жасап, анын кыймылын калыбына келтирүү чаралары.

**АРТРОТОМИЯ (arthrotomy), артротомия** – муунду оорунун атын табуу же дарылоо максатында кесип, ачуу.

**АРТРЭКТОМИЯ (arthrectomy), артрэктомия** – муунду хирургиялык жол менен алып таштоо. Адатта, айыкпас инфекциялык жабыркоонун натыйжасында өз функциясын аткарбай калган оорулуу муун алынып салынат.

**АТГИКОТОМИЯ (atticotomy), атгикотомия** – хирургиялык операция, ал кулактан холестеатоманы кесип алып салууну камтыйт. Чектелген мостоидэктомиянын бир түрү болуп саналат.

**АУГМЕНТАЦИЯ МОЧЕВОГО ПУЗЫРЯ (bladder augmentation), УВЕЛИЧЕНИЕ МОЧЕВОГО ПУЗЫРЯ (bladder enhancement), табарсыктын аугментациясы, табарсыктын чоңоюп кетиши** – табарсыкты чоңойтуучу мүмкүнчүлүктүн хирургиялык ыкмасы. Адатта ал илеоцекоцистопластиканын жардамы менен ишке ашат (караңыз: Цистопластика).

**АУТОЛОГИЧНЫЙ (autologous), аутологичтик** – трансплантацияны белгилөөдө колдонулуучу сөз, мында чапталуучу ткань реципиенттин өзүнөн алынат.

**АУТОТРАНСПЛАНТАТ (autograft), аутотрансплантат** – ткандык трансплантат, бир эле кишинин денесинен алынган, дененин бир бөлүгүнөн экинчи бөлүккө чапталган трансплантат. Кошумча караңыз: Тери трансплантаты, Трансплантация.

## Б

**БИСТУРИ (bistoury), бистури** – мизи түз же жумуру келген кууш хирургиялык бычак.

**БЛЕФАРОПЛАСТИКА (blepharoplasty), ТАРЗОПЛАСТИКА (tarsoplasty), блефаропластика, тарзопластика** – көздүн сурмасын же анын бөлүгүн калыбына келтирүүчү хирургиялык операция.

## В

**ВАГИНОПЛАСТИКА (vaginoplasty), КОЛЬПОПЛАСТИКА (colpoplasty), вагинопластика, кольпопластика** – аялдын жыныс мүчөсүнүн ички көңдөйчөсүнө ткандык трансплантатты жамоо.

**ВАГОТОМИЯ (vagotomy), ваготомия** – тармактуу нервдин төмөнкү бөлүгүн, бутагын кесүү үчүн болгон операция. Бул ашказандагы туз кислотасы жана тамак сиңирүүчү заттарды (пепсин) азайтуу үчүн жүргүзүлөт. Бул операция карындын резекциясын алмаштырат.

**ВАЗОВАСТОМИЯ (vasovasostomy), вазовастомия** – эркектин урук чыгаруучу түтүкчөсү бүтүп калганда, анын көңдөйүн калыбына келтирүү үчүн бүткөн жерди кесип таштап, таза жерине улоочу операция.

**ВАЗОЛИГАТУРА (vasoligation), вазолигатура** – урук чыгаруучу түтүктү байлоону камтуучу хирургиялык операция; ал сийдик чыгаруучу жолдордон инфекциянын андан ары таралбашын алдын алуу үчүн аткарылат, андай инфекция каталанган эпидидимиттин өрчүүсүнүн себеби болушу мүмкүн.

**ВАЗОТОМИЯ (vasotomy), вазотомия** – эркектин жараксыз уруктук түтүгүн узунунан тилүү.

**ВАЗОЭПИДИДИМОСТОМИЯ (vasoepididymostomy), вазоэпидидимостомия** – хирургиялык операция, ал урук чыгаруучу жолдордун өтүмдүүлүгүн калыбына келтирүүгө багытталган.

**ВАЗЭКТОМИЯ (vasectomy), вазэктомия** – эркектин жараксыз уруктук түтүгүнүн бөлүгүн кесип алуу.

**ВАЛЬВОТОМИЯ (valvotomy), ВАЛЬВУЛОТОМИЯ (valvulotomy), вальвотомия, вальвулотомия** – хирургиялык операция, ал клапандын өсүп кеткен жапкычын кесүүнү камтыйт. Бул термин адатта жүрөктүн клапандарынын стенозунан пайда болгон тещикчелердин ичкеришин жок кылуучу операцияны сүрөттөөдө колдонулат.

**ВАЛЬВУЛОПЛАСТИКА (valvulo plastica), вальвулопластика** – операциялык жол менен жүрөктүн ичиндеги жапкычынын кызматын жөнгө келтирүү максатында операция жасалуучу аракеттер.

**ВАЛЬВУЛОТОМИЯ (valvulotomia), вальвулотомия** – жүрөктүн жапкычындагы тарыган тешигин кеңейтүүгө максат кылып жасалган терапия.

**ВАРИКОТОМИЯ (varicotomy), варикотомия** – варикоздук кан тамырдын аймагын кесүү (караңыз: Флебэктомия).

**ВЕЗИКОСТОМИЯ (vesicostomy), везикостомия** – хирургиялык операция, бул сийдикти чыгаруу үчүн, табарсыкта тышкы тешикче жасоодо колдонулат. Кээ бирде ушундай операция менен бирге дагы уретраны жабуу жасалат.

**ВЕЗИКУЛОТОМИЯ (vesiculotomia), везикулотомия** – эркектин уруктук безин дартына жараша аны тилүү же андагы топтолгон ириңди кесип чыгаруу.

**ВЕЗИКУЛЭКТОМИЯ (vesiculectomy), везикулэктомия** – эркектин уруктук безин кесип алып таштоо.

**ВЕНТРИКУЛОАТРИОСТОМИЯ (ventriculoatriostomy), вентикулоатриостомия** – гидроцефалия учурунда жүлүн суусу аркылуу пайда болуучу баш сөөктүгү басымды азайтуу үчүн аткарылуучу хирургиялык операция. Бир нече катетерлердин жардамы аркылуу жүлүн суусу күрөө тамырга жиберилет. Бул операция азыркы мезгилде компьютердик томография жана ядердик магниттик резонанс ыкмаларынын натыйжасында кандайдыр бир деңгээлде өз актуалдуулугун жоготту.

**ВЕНТРИКУЛОПУНКЦИЯ (ventri culopunctio), вентрикулопункция** – мээнин ичиндеги кобулу, карынчасы дартка чалдыкканда, кандай дарт экендигин билиш үчүн жана аны дарылоо максатында ага ийне саюу.

**ВЕНТРИКУЛОТОМИЯ (ventriculotomia), вентрикулотомия** – мээнин ичиндеги кобулу, карынчасы дартка чалдыкканда андагы дарттын алып таштоо үчүн кесүү.

**ВЕНТРИКУЛОСТОМИЯ (ventriculostomy), вентрикулостомия** – мээнин кайсы бир каптал дүлөйчөсүнө көңдөй ийнени киргизүү. Бул операция баш сөөк ичиндеги жогорку басымды азайтуу жана рентгенологиялык изилдөөлөрдүн жүрүшүндө антибиотиктерди, контрасттык заттарды куюу, ар кыл изилдөөлөрдү жүргүзүү максатында жүлүн суусун сордуруп алуу үчүн аткарылат.

**ВЕНТРОФИКСАЦИЯ (venrtosuspension, ventrofixation), вентрофиксация** – ичтеги жылып кеткен органдарды (мисалы, жатынды) ичтин алдыңкы бетине тигип коюу.

**ВЕНТРОФИКСАЦИЯ МАТКИ (ventrofixatio uteri), жатынды ич көңдөйүнүн алдыңкы бетине тигип коюу** – жатын өтө эле кыймылдап, жылып кеткен учурда колдонулуучу операция.

**ВИВИСЕКЦИЯ (vivisection), вивисекция** – илимий байкоо жүргүзүү үчүн жаныбарларды союп көрүү.

**ВИТРЭКТОМИЯ (vitrectomy), витрэктомия** – көздүн айнек сымал денечесин алып салуу, ошондой эле кан куюлган жерди да алып салуу.

**ВМЕШАТЕЛЬСТВО ХИРУРГИЧЕСКОЕ ОДНОДНЕВНОЕ (day-case surgery), бир күндүк хирургиялык кийлигишүү** – бир күндө жасалып бүтүп, бейтаптын ооруканада калышын талап кылбаган операция. Хирургиянын заманбап методдору жана анестезиология бул операциялардын жүрүшүндө организмдеги ткандардын жабыркашын дээрлик жокко чыгарат; мындай операцияларга мисал катары эмчек безине жасалган операцияларды, дилатация жана кюретаж, чуркуну алып салуу жана тамырдын варикоздук кеңейүүсүнө карата жасалган операцияларды келтирүүгө болот.

**ВОЛДЫРЬ (blister), ыйлаакча** – суюктук (кан сары суусу), кан же ириң менен толтурулган тери же тери алдындагы көңдөйчө. Ыйлаакчалар адатта, кол-бут манжаларындагы теринин сүрүлүшүнөн, же күйүктөн улам пайда болушат.

**ВОССТАНОВИТЕЛЬНАЯ ХИРУРГИЯ (reconstructive surgery), калыбына келтирүүчү хирургия** – мүчөнүн формасы жана функциясы бузулганда аны калыбына келтирүү үчүн жасалган операциялар.

**ВПРАВЛЕНИЕ (reduction), ордуна салуу** – (хирургияда) жылып кеткен дененин бөлүгүн нормалдуу калыбына салыш үчүн түрдүү манипуляциялар же хирургиялык операция аркылуу ордуна келтирүү.

**ВУЛЬВЭКТОМИЯ (vulvectomy), вульвэктомия** – аялдардын жыныстык мүчөсүнүн сырткы бөлүгүн алып салууну камтыган хирургиялык операция (караңыз: Вульва).

**ВЫВОРАЧИВАНИЕ НАРУЖУ, ЭКСПЛАНТАЦИЯ (exteriorization), сыртына чыгаруу, эксплантация** – хирургиялык кийлигишүү, ал кайсы бир органды дененин сыртына чыгарууну камтыйт. Мындай операция убактылуу же туруктуу чара катары колдонулат: мисалы, ичеги ич көңдөйүнүн дубалынын сыртына чыгарылышы мүмкүн (караңыз: Колостомия).

**ВЫДЕЛЕНИЯ КРОВЯНИСТО-ГНОЙНЫЕ (sanies), кан-ириңдик аралаш бөлүнүп чыгуулар** – жарадан чыккан суучул кан менен ириң бар сары сасык суюктук.

**ВЫПОТ (effusion), сарыккан суюктук** – 1. Ириндин, эксудаттын, кандын, лимфанын же кайсы бир суюктуктун дененин көңдөйүндө пайда болушу же кайсы бир органда жана тканда сезгеничтин кесепетинен ашыкча суюктуктун болушу. 2. Дене көңдөйүнөн суюктуктун бөлүнүп чыгышы.

**ВЫЧЛЕНЕНИЕ (disarticulation), мүчө бөлүү** – муунда эки сөөктү бөлүү. Бул хирургиялык операция мезгилинде аткарылат, ал жабыркоо менен байланыштуу болот, башкача айтканда ампутация мезгилинде жасалат (мисалы, аяктарда, манжаларда же бутта).

## Г

**ГАНГРЕНА (gangrene), гангрена** – кандын жетишсиздигинен же токтошунан, дененин кайсы бир бөлүгүнүн өлүмгө учуроосу жана бузулуусу. Гангренанын негизги себептери: травма, кандайдыр бир оору, чоң кан тамырларда атеромалардын болушу, үшүккө алдыруу, күйгүзүп алуу же кант диабети же Рейно оорусу. Кошумча караңыз: Газдык гангрена.

**ГАНГРЕНА ГАЗОВАЯ (gas gangrene), газдык гангрена** – Clostridium perfringens түрүндөгү топурак бактериялардан ууланган ткандардын жабыркануусу жана өлүүсү. Бул бактериялардан чыккан уулуу заттар, газ чыгаруу менен бириктирүүчү ткандардын чиришине алып келет. Дарылоо адатта жараланган жерлерди кесип салуу (ампутация) менен бүтөт.

**ГАСТРОДУОДЕНОСТОМИЯ (gastroduodenostomy), гастродуоденостомия** – карын менен он эки эли ичегинин ортосун операциялык жол менен кошуу. Көбүнчө ичке ичегинин жарат оорусунда жасалат. Кошумча караңыз: Дуоденостомия.

**ГАСТРОЕЮНОСТОМИЯ (gastrojejunostomy), гастроеюностомия** – хирургиялык операция, ал он эки элүү ичегини ашказанда жасалуучу тешик менен бириктирүүнү камтыйт.

**ГАСТРОПЕКСИЯ (gastropexy), гастропексия** – хирургиялык жол менен карынды ич көңдөйүнүн бетине жамоо.

**ГАСТРОПЛАСТИКА (gastroplasty), гастропластика** – карын бөлүктөрүнө тийбей туруп, хирургиялык жол аркылуу формасын өзгөртүү. Азыркы убакта бул ыкма карынды майдан тазалап, көлөмүн кичирейтүүдө колдонулуп жатат.

**ГАСТРОСТОМИЯ (gastrostomy), гастростомия** – ашказандын сыртына жасалма тешик коюу үчүн жасалуучу хирургиялык операция. Гастростомия кызыл өңгөч аркылуу ашказанга тамак же суюктук өтпөй калган учурда колдонулат. Азыркы учурда операция эндоскоптун жардамы аркылуу жасоого мүмкүнчүлүк түзүлдү (тери аркылуу эндоскопикалык гастростомия (percutaneous endoscopic gastrostomy)).

**ГАСТРОТОМИЯ (gastrotomy), гастротомия** – ашказандын ички бетин изилдеп, кан агып жаткан жерди табуу, чоочун заттарды алып салуу же кызыл өңгөчкө ылдый жагынан кирүүнү жеңилдетүү үчүн жасалуучу операция.

**ГАСТРОЦЕЛЕ (gastrocele), гастроцеле** – аш казандын бир капталы тышка чоюлуп кетиши.

**ГАСТРОЭЗОФАГОСТОМИЯ (gastro-oesophagostomy), гастроэзофагостомия** – кызыл өңгөчтү ашказан менен бириктирүүчү операцияны камтыган хирургиялык операция.

**ГАСТРОЭНТЕРОСТОМИЯ (gastroenterostomy), гастроэнтеростомия** – карын менен ичке ичегини операциялык жол менен кошуу, жумурдун башы куушурулганда жасалат. Гастродуоденостомияны аткаруу үчүн жөнөкөй ыкма болуп саналат.

**ГАСТРЭКТОМИЯ (gastrectomy), гастрэктомия** – аш казанды бүтүн бойдон алып таштоо. Бул операция карындын рагында, ошондой эле айрым учурларда Золлингер – Эллисон синдромунда жасалат.

**ГЕМИКОЛЭКТОМИЯ (hemicolectomy), гемиколэктомия** – жээк сымал жоон ичегинин жарымына чейинки бөлүгүн хирургиялык жол менен алып салуу. Бул операция капчыт ичегинин учунун жабырканышы менен байланышкан кайсы-бир дартында аткарылат (мисалы, Крон оорусунда), сокур ичегиде же жээк сымал ичегинин жабырканышында (мисалы, рак оорусунда же Крон оорусунда).

**ГЕМОРРОИДЭКТОМИЯ (haemorrhoidectomy), геморроидэктомия** – хирургиялык жол менен геморроидалдык түйүндөрдү байлоо же алып салуу.

**ГЕНИОПЛАСТИКА (genioplasty), гениопластика** – пластикалык операция. Ээктин көлөмүн жана формасын өзгөртүүчү пластикалык операция. Ал ээк сөөктүн фрагменти, кемирчек же болбосо жасалма материалдан толукталып жасалат.

**ГЕПАТИКОСТОМИЯ (hepaticostomy), гепатикостомия** – операциялык жол менен боордон тешик чыгаруу.

**ГЕПАТЭКТОМИЯ (hepatectomy), гепатэктомия** – боорду алып салуу менен байланышкан хирургиялык операция. Жарым-жартылай гепаэктомия (partial hepatectomy) боордун бир же бир нече үлүшүн алып таштоо дегенди түшүндүрөт. Мунун өзү катуу травмадан соң же боордогу шишикти алып салуу үчүн аткарылат.

**ГЕРНИОРАФИЯ (herniorrhaphy), герниорафия** – чуркуну хирургиялык жол менен дарылоо.

**ГЕТЕРОПЛАСТИКА (heteroplasty), гетеропластика** – ткандарды трансплантациялоо, бир жаныбардан экинчи жаныбарга бири биринен айырмаланган түрдөн.

**ГЕТЕРОТРАНСПЛАНТАТ (heterograft), КСЕНОТРАНСПЛАНТАТ (xenograft), гетеротрансплантат, ксенотрансплантат** – тирүү ткандан трансплантат, ал бир түрдөгү жаныбардан алынат жана башка түрдөгү өкүлдөргө көчүрүлөт. Кошумча караңыз: Трансплантация.

**ГИЛЬОТИНА (guillotine), гильотина** – 1. Бадам сымал безди алып салуу үчүн пайдаланыла турчу хирургиялык аспап. 2. Кан же суюктуктун агып чыгуусуна тоскоолдук кылуу үчүн денедеги кесилген жерге тегерете салынуучу тигиш.

**ГИНГИВЭКТОМИЯ (gingivectomy), гингивэктомия** – тиштин түбүндөгү этин кесип алып таштоо. Периодонталдык хирургияда аткарылган атайын операция.

**ГИПОСПАДИЯ, РАСЩЕЛИНА МОЧЕИСПУСКАТЕЛЬНОГО КАНАЛА НИЖНЯЯ (hypospadias), гипоспадия, сийдик чыгаруучу каналдын ылдыйкы тешиги** – өрчүүнүн тубаса дефекти, мында сийдик чыгаруучу каналдын сырткы тешиги жыныс мүчөнүн ылдыйкы жагында орун алат: же жыныс мүчөнүн башында болот. Бул дефект хирургиялык жол менен дарыланат. Караңыз: Операция MAGPI.

**ГИПОФИЗЭКТОМИЯ (hypophysectomy), гипофизэктомия** – хирургиялык жол менен гипофизди алып салуу. Караңыз: Криохирургия.

**ГИСТЕРОТОМИЯ (hysterotomy), гистеротомия** – операциялык жол менен жатынды кесүү, жаруу. 24-жумадан ашпаган кош бойлуулук мезгилде; андан ашкан маалда бул операция кесарев кесүү ыкмасы деп аталат.

**ГИСТЕРЭКТОМИЯ (hysterectomy), гистерэктомия** – операциялык жол менен жатынды кесип алып таштоо. Ал ичтин дубалындагы кесүү аркылуу выполняемое (абдоминалдык гистерэктомия (abdominal hysterectomy)), же кын аркылуу (кындык гистерэктомия (vaginal hysterectomy)) аткарылат. Тоталдык гистерэктомияда (total hysterectomy) жатындын баардыгы алып салынат.

**ГИСТЕРОЭКТОМИЯ ВЕРТГЕЙМА (Wertheim's hysterectomy), Вертгеймдин гистероэктомиясы** – жатынды, фаллопий түтүкчөлөрдү, аналык безди, жыныс мүчөсүнүн ичин, регионалдык лимфа түйүндөрдү алып салуу боюнча радикалдык операция.

**ГЛОССЭКТОМИЯ (glossectomy), глоссэктомия** – тилди хирургиялык жол менен алып салуу. Мындай операция тилдин рак оорусунда жасалат.

**ГНИЕНИЕ II (putrefaction), чирүү** – бактериялардын таасири алдында белоктордун чирип баштоосу. Чирүү, адатта катуу, жагымсыз чыгаруучу аминдердин (путресцин (putrescine) жана кадавериндердин (cadaverine)) жаралуусу менен коштолот.

**ГНОЙНЫЙ (purulent), ириңдүү** – ириңден туруучу же андан бөлүнүп чыгуучу.

**ГОМОПЛАСТИКА (homoplasty), гомопластика** – гомотрансплантаттын же органдын жардамы менен ткандын дефектисин, хирургиялык жол менен калыбына келтирүү.

**ГОМОТРАНСПЛАНТАТ (homograft), АЛЛОТРАНСПЛАНТАТ (allograft), гомотрансплантат, аллотрансплантат** – тирүү ткандын же органдын трасплантаты, ал донордон реципиентке алып чапталат; мисалы, жүрөктүн трансплантаты бир кишиден экинчи кишиге трансплантацияланат. Кошумча караңыз: Трансплантация.

**ГОНИОТОМИЯ (goniotomy), ТРАБЕКУЛОТОМИЯ (trabeculotomy), гониотомия, трабекулотомия** – тубаса глаукомада жасалуучу хирургиялык операция (караңыз: Буфтальм). Бул операция гониопунктураны аткаруунун биринчи этабы болуп саналат.

**ГРЫЖА (hernia), чурку** – дене көңдөйүнүн бир жеринен же тканынан органдын чыгып калышы. Чуркуларды дарылоонун эң эле жакшы ыкмасы болуп, өзгөчө оору туудуртканда, бул хирургиялык жол болуп эсепетелет (караңыз: Чуркуну кесип салуу).

**ГРЫЖА ЛЕГОЧНАЯ (pneumatocele), өпкө чуркусу** – өпкө тканынын чуркусу. Караңыз: Чурку.

**ГРЫЖА МЕЖПОЗВОНОЧНОГО ДИСКА (slipped disc), омуртка аралык дисктин чуркусу** – бул чурку, омуртка аралык дискти курчап туруучу фиброздук шакекче жарылып жана дисктин ядросу жылып кеткенде пайда болот.

**ГРЫЖА ПАХОВАЯ (inguinal hernia), жука чурайдагы чурку** – жука чурайлык чурку (inguinal hernia, же rupture) ичтин астынкы бөлүгүндө пайда болот; мында ич көңдөйүнүн кабы, ич майын же ичегинин илмегин камтыган аймагы, жука чурайлык канал аркылуу чыгып турат (inguinal canal). Караңыз: Чурку.

**ГРЫЖА ПИЩЕВОДНОГО ОТВЕРСТИЯ ДИАФРАГМЫ (hiatus hernia), диафрагмадагы кызыл өңгөчтүк тешиктин чуркусу** – мында ашказан жарымысынан же бүтүндөй кызыл өңгөчтүк тешик (hiatus) аркылуу көкүрөк көңдөйүнө чыгып турат. Анын жыйынтыгында адамда гастроэзофагеалдык рефлюкс өрчүйт. Караңыз: Чурку.

**ГРЫЖА ЭМБРИОНАЛЬНАЯ (exomphalos), эмбрионалдык чурку** – киндик чуркусу.

**ГРЫЖА ЭПИГАСТРАЛЬНОЙ ОБЛАСТИ (epigastrocele), эпигастралдык аймактагы чурку** – ичтин астында жайгашкан чурку.

**ГРЫЖЕ (hernio-), чурку** – чуркуну туюндуруучу сөз.

**ГРЫЖЕСЕЧЕНИЕ (hernioplasty), чуркуну алып салуу** – хирургиялык операция, чуркунун чыгып турган жерин алып салууну камтыйт. Бул операцияны аткаруу үчүн сунушталган ыкмаларга чуркуну катмарлуу тигиши кирет (Шоулдистин операциясы (Shouldice operation)) же полипропилендик илмекти киргизүү (Лихтенштейндин операциясы (Lichtenstein operation)).

## Ж

**ЖИРОВИК (wen), май шишик** – караңыз: Май безинин шишиги.

## З

**ЗАМЕНА УЧАСТКА АОРТЫ (aortic replacement), аорта аймагын алмаштыруу** – аортанын оору менен жабыркаган аймагын хирургиялык операция аркылуу алмаштыруу. Адатта аортанын оору менен жабыркаган аймагын ийилген синтетикалык түтүкчө менен алмаштырылат.

**ЗОНД (sound), зонд** – (хирургияда) узун стержень сымал жабдык, көпчүлүк учурда ийрейген учу бар болот, ал дененин ар кандай көңдөйлөрүн изилдөө үчүн колдонулат (мисалы, табарсыкты) же уретрада же башка каналдарда пайда болгон стриктуралардагы жоонойтуу үчүн колдонулат.

## И

**ИЛЕОКОЛОСТОМИЯ (ileocolostomy), илеоколостомия** – туурасынан кеткен капчыт ичегини алкактуу ичегинин кайсы-бир жерине туташтыруу үчүн жасалуучу хирургиялык операция (экөөнүн ортосуна анастомоз коюу).

**ИЛЕОПРОКТОСТОМИЯ (ileoproctostomy), АНАСТОМОЗ ИЛЕОРЕКТАЛЬНЫЙ (ileorectal anastomosis), илеопроктостомия, илеоректалдык анастомоз** – хирургиялык операция, ал капчыт ичегини түз ичеги менен бириктирүүнү камтыйт (караңыз: Колэктомия).

**ИЛЕОСТОМИЯ (ileostomy), илеостомия** – операциялык жол менен капчыт ичегини тешип коюу. Бул көпчүлүгү ичегиден жел чыгаруу максатында жасалуучу операция.

**ИЛЕОЦИСТОПЛАСТИКА (ileocystoplasty), илеоцистопластика** – караңыз: Цистопластика.

**ИРИДЕНКЛЕЙЗИС (iridencleisis), ириденклейзис** – хирургиялык операция, ал глаукома оорусунда жасалат, ал көздүн конъюктивасынын астында чоң эмес кесим жасоону камтыйт, анда көздүн карек айланасындагы челдин бөлүгү бул кесимдин ичине кирип турат.

**ИССЕЧЕНИЕ (excision), кесип салуу** – денеден кандайдыр бир органды, тканды, шишикти кесип салуу.

**ИССЕЧЕНИЕ НЁБНОГО ЯЗЫЧКА (uvulectomy), таңдай тилин кесип салуу** – таңдай тилди кесип салуучу хирургиялык операция.

**ИССЕЧЕНИЕ, РЕЗЕКЦИЯ (resection), кесүү, резекция** – тканды, органды же денеден шишикти кесип салуу.

## К

**КАСТРАЦИЯ (castration), кастрация** – операциялык жол менен жыныстык безди алып таштоо же анын иштешин токтотуу. Рентгендик нур менен кактап да кастрация жасоого болот.

**КЕРАТОМИЛЕОЗ ИНТРАСТРОМАЛЬНЫЙ (intrastromal keratomileusis), интрастромалдуу кератомилеоз** – азыркы убакта клиникалык текшерүүдөн өтүп жаткан операция, жогорку даражадагы миопиянын коррекциясы үчүн жасалат.

**КЕРАТОТОМИЯ (keratotomy), кератотомия** – хирургиялык операция, көздүн тышкы тунук катмарын тилүү, кесүү. Кошумча караңыз: Радиалдык кератотомия.

**КЕРАТОТОМИЯ РАДИАЛЬНАЯ (radial keratotomy), радиалдык кератотомия** – хирургиялык операция, жакындан көрүүнү (миопия) дарылоо максатында жасалат.

**КЕРАТЭКТОМИЯ (keratectomy), кератэктомия** – көздүн тышкы тунук катмарынын жарымын алып салат. Бул операция азыркы мезгилде эксимердик лазердин жардамы менен жасалат.

**КИНЕПЛАСТИКА (kineplasty), кинепластика** – ампутациянын бир түрү, мында булчуңдар жана тарамыштын жабыркаган аяктарын ошол бойдон калтырып, кийинчирээк ага атайын жасалма протездер менен кошуп койсо болот.

**КЛАССИФИКАЦИЯ ЛЕ ФОРТА (Le Fort classification), Ле Форт классификациясы** – үстүнкү жаактын жана көздүн чарасынын сыныгынын классификациясы. Биринчи тиби үстүнкү жактын сынышын гана кошот, экинчи тип – көздүн чарасынын алдынкы бөлүгүнүн сынышын, ал эми үчүнчү тип – көздүн чарасынын артыңкы бөлүгүнүн сынышын камтыйт.

**КЛИТОРИДЭКТОМИЯ (clitoridectomy), клиторидэктомия** – аялдын жыныстык мүчөсүнүн (клиторун) алып салуучу хирургиялык операция (караңыз: Циркумцизия (аялдарда)).

**КОЛЛАТЕРАЛЬНЫЙ (collateral), коллатералдык** – 1. Кошумча же кайталанган. 2. Чырмалануу (мисалы, нерв булаларынын), негизге түз бурч менен өтүүчү. 3. Каптал тамыр.

**КОЛЬПОГИСТЕРОТОМИЯ (colpohysterotomy), кольпогистеротомия** – төрөөлүчү баланы ич жакты кеспей эле, өзү чыгуучу жакты кесип төрөтүп алуу. Башкача айтканда төрөтү кыйын аялдарга жасалуучу операция.

**КОЛЬПОСУСПЕНЗИЯ (colposuspension), кольпосуспензия** – хирургиялык операция, мында жатындын үстүнкү каптал бөлүгү ичтин алдынкы капталына өзүнөн өзү тарап кетпеген тигүүчү материалдын жардамы менен аткарылат. Караңыз: Стамей ыкмасы.

**КОЛЬПОТОМИЯ (colpotomy), кольпотомия** – жатындын капталын кесүү (адатта арткы), жатындын моюнуна карата (арткы кольпотомия (posterior colpotomy)). Кольпотомияга кээде кульдоцентезди (culdocentesis) өткөрүүдө кайрылышат.

**КОЛЭКТОМИЯ (colectomy), колэктомия** – жээк сымал ичегини алып салууда жасалуучу хирургиялык операция. Толук колэктомия (total colectomy) жээк сымал ичегини бүтүндөй алып салууну камтыйт (адатта кеӊ колитте аткарылат); жарым колэктомия (partial colectomy) жээк сымал ичегинин жарым аймагын алып салууну камтыйт. Кошумча караңыз: Гемиколэктомия, Проктоколэктомия.

**КОНИЗАЦИЯ (conization), конизация** – ткандын хирургиялык жол менен алып салуу, сыртынан ал конусту элестетет. Бул операция жатындын моюнчасындагы аймакты кесүү үчүн жасалат (караңыз: Конизация (жатын моюнчасынын)).

**КОНИЗАЦИЯ (ШЕЙКИ МАТКИ) (cone biopsy), конизация (жатын моюнчасынын)** – жатындын моюнчасынын конус сымал ткандын сегментин хирургиялык жол менен алып салуу, ал кольпоскоптун жардамы менен аткарылат.

**КРАНИОКЛАСТ (diaclast), краниокласт** – төрөттөгү тетири келген баланын башын талкалоочу аспап. Баланы төрөтүүгө такыр эле мүмкүн эмес болгон учурда колдонулат.

**КРАНИОТОМИЯ (craniotomy), краниотомия** – 1. Ичтеги өлгөн баланын башын көзөп аялды кыйналтпай төрөтүү чаралары. 2. Баш сөөктүн трепанациясы. Эки кырдаалда тең краниотомияны аткаруу үчүн трепан колдонулат (craniotome).

**КСЕНОГЕННЫЙ (xenogeneic), ксеногенндик** – берилген термин ткандык трансплантатты сүрөттөө үчүн колдонулат.

# Л

**ЛАБИОПЛАСТИКА (labioplasty), ХЕЙЛОПЛАСТИКА (cheiloplasty), лабиопластика, хейлопластика** – жаракат алган же деформациялган эриндерди хирургиялык жол менен калыбына келтирүү.

**ЛАМИНЭКТОМИЯ (laminectomy), РАХИОТОМИЯ (rachiotomy), ламинэктомия, рахиотомия** – омуртканын догосун кесип, жүлүн тешигине өтүү. Бул операция шишиктерди алып салуу үчүн аткарылат, өзгөчө омуртканын кээ бир жабыркануударында же жүлүн нервге кысуу басымын айзайтуу үчүн дарылоонун жүрүшүндө колдонулат.

**ЛАНЦЕТ (lancet), ланцет** – учтуу жана эки миздүү жоон хирургиялык бычак.

**ЛАПАРОТОМИЯ (laparotomy), лапаротомия** – операциялык жол менен ичти жаруу, ачуу. Кайсы бир дарттардын акыркы диагнозун коюудагы анда жайгашкан органдарды изилдөөнүн жүрүшүндө аткарылат (мисалы, шишиктин таралышынын даражасын аныктоо үчүн (эксплоратордук лапаротомия (exploratory laparotomy)) же негизги операцияга дардоодо колдонулат.

**ЛАРИНГОСТОМИЯ (laryngostomia), ларингостомия** – дем алуу учун кекиртекти дайыма тешип коюу. Кээ бир оорулардын кесепетинен тамак бүтө калышы мүмкүн деп эсептеп, кекиртекти дарт турган жерден төмөн жагынан кесип, тешик жасап коюу.

**ЛАРИНГОТОМИЯ (laryngotomy), ларинготомия** – операциялык жол менен кокону жара тилүү. Караңыз: Трахеостомия.

**ЛАРИНГОФИССУРА (laryngofissure), ларингофиссура** – кокону кайсы-бир башка процедураларды аткаруу үчүн хирургиялык операция аркылуу кесүүнү камтыйт.

**ЛАРИНГЭКТОМИЯ (laryngectomy), ларингэктомия** – коконун баардыгын хирургиялык жол менен алып салуу же анын кайсы-бир бөлүгүндө коркунуч туудурган шишикти дарылоо процессинде алып салууну камтыйт.

**ЛЕЙКОТОМИЯ (leucotomy), лейкотомия** – операциялык жол менен мээнин алдындагы оорулуу жерге жетиш үчүн, анын ак затын кесүү, бул операция көпчүлүк учурда психохирургияда аткарылат.

**ЛИМФАДЕНЭКТОМИЯ (lymphadenectomy), лимфаденэктомия** – лимфалык түйүндөрдү кесүүнү камтыган хирургиялык операция; адатта ал адамдын организминде метастазалардын пайда болушунун кесепетинен лимфалык түйүндөрдү коркунуч туудурган клеткалардын жабырканышында аткарылат.

**ЛИТОЛАПАКСИЯ (litholapaxy), ЛИТОТРИПСИЯ (lithotripsy), литолапаксия, литотрипсия** – атайын аспап (литотриптор (lithotripsy)) менен табарсыктагы ташты талкалоо. Таштардын майдаланып калган бөлүктөрү табарсыктан жуугандан кийин же сордуруп алуу жолу менен алынып салынат.

**ЛИТОНЕФРОТОМИЯ (lithonephrotomy), литонефротомия** – бөйрөктөн таш алуу боюнча жасалган хирургиялык операция. Караңыз: Нефролитотомия, Пиелолитотомия.

**ЛИТОТОМИЯ (lithotomy), литотомия** – сийдик чыгуучу жолдордон таштарды алып салуу үчүн жасалуучу хирургиялык операция. Караңыз: Нефролитотомия, Пиелолитотомия, Уретеролитотомия.

**ЛОБОТОМИЯ (lobotomy), ЛЕЙКОТОМИЯ ПРЕФРОНТАЛЬНАЯ (prefrontal leucotomy), лоботомия, префронталдык лейкотомия** – мээнин маңдай бөлүгү менен көрүү дөмпөгүнүн өткөргүч жипчелерин кыркып салуу. Бул психорирургияда жасалуучу операция. Караңыз: Лейкотомия.

**ЛОБЭКТОМИЯ (lobectomy), лобэктомия** – бир мүчөнүн бөлүгүн же өпкөнүн бөлүгүн алып таштагандагы операциянын аты. Өпкөнүн лобэктомиясы адатта коркунуч туудуруучу шишикте же кайсы-бир оор дарттарда адатта аткарылат.

**ЛОСКУТ (flap), тилкеме** – 1. Хирургияда ткандын тилкемеси. Тилкемелер адатта пластикалык операцияларды аткарууда колдонулат, бул учурда орулуулардын ткандардын же теринин кыйла жоготкондуктан (мисалы, мастэктомияда) же күйгөндөн кийинки жаракаттарда теринин трансплантациясынын жардамы аркылуу аткарылат (караңыз: Терилик трансплантат). 2. Стоматологияда – кеңири негизге бекитилүүчү, сөөкалдынын жана былжырлуу челдин бөлүгү. Ал көтөрүлүп жана анын астында жаткан сөөктү эч нерсеси жок калтыруу үчүн жылдырылат, бул процедура тишти сууруп салууда аткарылат. Бул ткандар кийинчерээк кайра өз ордуна кайтарылат.

**ЛОСКУТ БОАРИ (Boari flap), Боари тилкемеси** – хирургиялык операция, мында сийдик чыгаруучунун астынкы экиден үч бөлүгүн алмаштырууда табарсыктын тканынан түтүкчө жасоо колдонулат. Кошумча караңыз: Уретеропластика.

## М

**МАММОПЛАСТИКА (mammoplasty), маммопластика** – эмчек безине жасалуучу пластикалык операция, мында анын формасын өзгөртүү же көлөмүн чоңойтууда жасалат.

**МАСТОИДЭКТОМИЯ (mastoidectomy), мастоидэктомия** – хирургиялык операция, чыкый сөөгүнүн упчу сымал норчогунда жайгашуучу баардык аба толуп калган уячасы алып салынат, алардын сезгенишинде (караңыз: Мастоидит) же аларда холестеатоманын инвазиясында. Кошумча караңыз: Аттикотомия.

**МАСТЭКТОМИЯ (mastectomy), мастэктомия** – эмчек безин хирургиялык жол аркылуу алып салуу. Заманбап хирургиялык практикада адатта модификацияланган радикалдуу мастектомия колдонулат, мында эмчек булчуңдары калтырылат. Кошумча караңыз: Тилэктомия.

**МАТЕРИАЛ ШОВНЫЙ (suture), тигиш материалы** – жаракатты тигүүдө колдонулуучу жибек, кетгут, нейлон же ичке леска.

**МЕДИКОХИРУРГИЧЕСКИЙ (medicochirurgical), медикохирургиялык** – бул термин ооруларды сүрөттөөдө колдонулат, аларды дарылоодо консервативдик жана хирургиялык ыкмалар колдонулат.

**МЕНИСКЭКТОМИЯ (meniscectomy), менискэктомия** – муундуу менискти (көпчүлүк учурда тизе муунунда) хирургиялык жол менен алып салуу. Бул операция артроскоптун жардамы менен жасалат.

**МЕТОД СТАМЕЯ (Stamey procedure), Стамей ыкмасы** – физикалык күч келгенде аялдар заарасын кармай албай калган учурда дарылоо максатында жасалуучу хирургиялык операция. Кошумча караңыз: Кольпосуспензия.

**МЕТОД СТРАССМАНА (Strassman procedure), Страссман ыкмасы** – экиленген жатынды коррекциялоо үчүн жасалган хирургиялык операция (караңыз: Экиленип кеткен жатын). Азыркы учурда мындай операция гистероскоптун жардамы менен жасалат.

**МИКРОДИСКЭКТОМИЯ (microdiscectomy), микродискэктомия** – операциялык микроскоптун жардамы менен омуртка аралык дисктин пролабацияланган бөлүгүн же баардыгын хирургиялык жол менен алып салуу.

**МИКРОДИССЕКЦИЯ, МИКРОПРЕПАРОВКА (microdissection), микродиссекция, микропрепаровкалоо** – микроскопикалык изилдөөдө майда структуралардын бөлүнүү процесси. Кичине хирургиялык аспаптардын жардамы менен, мисалы, айнек скальпелдер аркылуу клеткалык ядролорду жана дагы бөлөк хромосомаларды кесүүгө мүмкүнчүлүк болот. Кошумча караңыз: Микрохирургия.

**МИКРОСКОП ОПЕРАЦИОННЫЙ (operating microscope), операциондук микроскоп** – микрохирургияда колдонулуучу бинокулярдык микроскоп.

**МИКРОХИРУРГИЯ (microsurgery), микрохирургия** – хирургиянын бир багыты, мында кичинекей атайын хирургиялык аспатардын, операциондук микроскоптун жардамы менен операция жасалат. Микрохирургиянын ыкмаларын колдонуу, мурун көзгө, ички кулакка, жүлүнгө жана баш мээге (мисалы, шишиктерди алып салуу же церебралдык аневризманы алып салуу), жаракаттын кесепетинен жулунуп алынган бармактарды кайра тигип коюу (майда нервдерди жана кан тамырларды тигип кошуп коюуу), ошондой эле вазектомиядан кийинки пластикалык операцияларды аткарууга мурда мүмкүн болбогон операцияларды жасоого азыр мүмкүнчүлүктөр көп болуп калды.

**МИОМЭКТОМИЯ (myomectomy), миомэктомия** – хирургиялык операция, жатындын булчуң капталында коркунуч туудурбаган шишикти (фиброидди) алып салууну камтыйт.

**МИОПЛАСТИКА (myoplasty), миопластика** – булчуңду пластикалык жол менен калыбына келтирүү.

**МИОТОМИЯ (myotomy), миотомия** – кайсы бир булчуңду хирургиялык жол менен бөлүү же жара тилүү. Ал медицинанын ар кандай тармактарында колдонулат: микрохирургияда, абдоминалдык хирургияда, проктологияда, онкологияда, урологияда, офтальмологияда, пластикалык хирургияда жана ириңдүү хирургияда кеңири колдонулат. Миотомияны жасоодо скальпель колдонулат.

**МИРИНГОПЛАСТИКА (myringoplasty), ТИМПАНОПЛАСТИКА (tympanoplasty), мирингопластика, тимпанопластика** – хирургиялык операция, кулак тарсылдагын жаап калуу дефектисин трансплантация жолу менен жабуу үчүн жасалат.

**МИРИНГОТОМИЯ (myringotomy), мирinготомия** – хирургиялык процедура, мында доктур кулак тарсылдагында майда кесим жасайт, ал суюктуктун өтө көп топтолушунан басымды азайтыш үчүн, же ортонку кулактан ириңди чыгарыш үчүн жасалат.

**МИЭКТОМИЯ (myectomy), миэктомия** – булчуңдун кайсы бир бөлүгүн алып таштоо үчүн жасалуучу хирургиялык операция.

## Н

**НАПРАВИТЕЛЬ (director), багытточу** – тканды кесүү үчүн багыттоочу хирургиялык аспап.

**НАПРЯЖЕНИЕ (strain), чыңалуу** – чоюлуп калуу же катуу күч келүүнүн натыйжасында булчуңдун шишип кетүүсү. Салыштыруу үчүн: Чоюлуп калуу.

**НЕЙРОТОМИЯ (neurotomy), нейротомия** – нервди туурасынан жара тилүүгө багытталган хирургиялык операция.

**НЕЙРОХИРУРГИЯ (neurosurgery), нейрохирургия** – борбордук жана перифериялык нерв системасындагы ооруларды ыкчам дарылоого багытталган хирургия бөлүмү. Нейрохирургиянын мүмкүнчүлүктөрүнүн өнүгүшүнө, анестезиологиядагы, нурлануу терапиядагы, ошондой эле жаңы ачылган адамды изилдөө ыкмаларынын жетишкендиктери чоң таасир тийгизет.

**НЕРВЭКТОМИЯ (neurectomy), нервэктомия** – нерв же анын кайсы бир бөлүгүн хирургиялык жол менен алып салуу.

**НЕФРОЛИТОТОМИЯ (nephrolithotomy), нефролитотомия** – операциялык жол менен бөйрөктү жарып, андагы ташты алуу. Адатта бул операция бөйрөктүн ички көңдөйүн кесүү менен бирге жасалат. (караңыз: Пиелолитотомия). Кошумча караңыз: Тери аркылуу нефролитотомия.

**НЕФРОПЕКСИЯ (nephropexy), нефропексия** – орун алган жеринен буюккан бөйрөктү өз ордуна тигип коюу (караңыз: Нефроптоз).

**НЕФРОТОМИЯ (nephrotomy), нефротомия** – бөйрөктүн паренхимасын көсүүнү камтыган хирургиялык операция. Адатта ал бөйрөктөгү таштарды алып салуу үчүн аткарылат (караңыз: Нефролитотомия).

**НЕФРОУРЕТЕРЭКТОМИЯ (nephroureterectomy), УРЕТЕРОНЕФРЭКТОМИЯ (ureteronephrectomy), нефроуретерэктомия, уретеронефрэктомия** – бөйрөктү сийдик акчу түтүкчөсү менен бирге алып салуу үчүн жасалуучу хирургиялык операция. Адатта бөйрөктүн ички көңдөйүндөгү же заара чыгуучу түтүктүн рак оорусунда аткарылат.

**НЕФРЭКТОМИЯ (nephrectomy), нефрэктомия** – бөйрөктү хирургиялык жол менен алып салуу. Эгер нефрэктомия бөйрөктүн коркунуч туудурган шишикте аткарылса, анда бөйрөк, аны курчап турган май ткандары жана ага кошулган бөйрөк үстүндөгү бездер да (радикалдуу нефрэктомия (radical nephrectomy)) алынып салынат. Бөйрөктүн астынкы же үстүнкү бөлүгүн алып салуу жарым нефрэктомия деп аталат (partial nephrectomy).

## О

**ОБРЕЗАНИЕ КРАЙНЕЙ ПЛОТИ (posthetomy), сүнөткө отургузуу** – циркумцизиянын эски аталышы.

**ОБСЛЕДОВАНИЕ (exploration), текшерүү** – (хирургияда) оору себебин аныктап алуу үчүн диагностикалык операция жүргүзүү. – Диагностикалык (exploratory).

**ОВАРИЭКТОМИЯ (ovariectomy), овариэктомия** – аялдын жумурткасынын бирөөнү же экөөнү тең операциялык жол менен алып таштоо. Бул операция тукум безинин шишигинде же кистасында аткарылат. Караңыз: Оофорэктомия.

**ОЖОГ (burn), күйүк** – жарык факторлорунун, химиялык зат, электр тогу, күн нуру же радиациялык нурдануунун натыйжасында ткандын жабыркашы. Биринчи даражадагы күйүк (first-degree burn) теринин сырткы катмарын (эпидермисти) гана жабыркайт. Экинчи даражадагы күйүктө (second-degree burn) эпидермис менен кошо анын астында жайгашкан катмарлар да жабыркайт. Үчүнчү даражадагы күйүктө (third-degree burn) теринин бүтүндөй жабырканышы жана кыйрашы болот; андан тышкары, анын астында жайгашкан бүт ткандар да жабыркайт.

**ОЖОГ (scald), күйүк** – териге тийген ыссык суудан же буудан пайда болгон жаракат.

**ОЛИГОДАКТИЛИЯ (oligodactylism), олигодактилия** – бут же кол манжаларынын бир нечесинин тубаса жоктугу.

**ОМЕНТОПЕКСИЯ (omentopexy), оментопексия** – бүлкүлдөктү (ич май) кайсы бир органга бекитүү үчүн жасала турчу хирургиялык операция (мисалы, боордогу кан айланууну жакшыртуу үчүн ич көңдөйүнө бекитилет) же жүрөккө (жүрөккө келүүчү канды көбөйтүү үчүн).

**ОМЕНТЭКТОМИЯ (omentectomy), оментэктомия** – бүлкүлдөктүн баарын же жарымын алып салуу.

**ОМФАЛОЦЕЛЕ (omphalocele), омфалоцеле** – киндик чуркусу.

**ООФОРЭКТОМИЯ (oophorectomy), ОВАРИЭКТОМИЯ (ovariectomy), оофорэктомия, овариэктомия** – аналык безди хирургиялык жол менен алып салуу. Бул операция, мисалы, аналык безде шишик же киста бар экендиги анык болгон учурда жүргүзүлөт (кошумча караңыз: Овариотомия).

**ОПЕРАТИВНАЯ ХИРУРГИЯ (operative surgery), оперативдүү хирургия** – операция жасоо ыгын үйрөнүүчү хирургиянын бир бөлүгү.

**ОПЕРАЦИОННОЕ ПОЛЕ (operational field), операциялык жайык** – операциянын убагында кесүүгө туура келүүчү теринин аймагы.

**ОПЕРАЦИОННЫЙ СТОЛ (operating table), операциялык стол** – оорулууну операциялык жол менен дарылоо үчүн жаткыруучу стол.

**ОПЕРАЦИЯ (operation), операция** – ооруну дарылоодо көпчүлүгү кан чыгарып айыктырууга кийлигишүү чаралары.

**ОПЕРАЦИЯ АЛЕКСАНДРОВА – ШАУТЫ – ВЕРТГЕЙМА (Alexandrov – Shauty – Wertheim operation), Александров – Шауты – Вертгейм операциясы** – жатын толугу менен түшкөндө аны табарсык менен кындын ортосуна тургудай тигип коюу. Александровдун операциясында жатындын алдынкы бети ачык бойдон калат, Шауттун операциясында жатын бүт бойдон кындын алдыңкы бети менен калкаланат.

**ОПЕРАЦИЯ БИЛЬРОТА (Billroth operation), Бильроттун операциясы** – аш казанды кесип кайра жамоодо эки түрлүү операциясы бар. Биринчиси – аш-казандын бөлүгүн кесип алгандан кийин ичеги жактагы кесилген бөлүгүн аш казандын жогорку бөлүгүнө төмөн жактагы ичегини тигип тамак жылууга жол жасоо. Экинчисинде – аш-казандын кесилген төмөн жагы туюк эле тигилип ташталат дагы, ичеги менен улантылат.

**ОПЕРАЦИЯ ВЛАДИМИРОВА – МИКУЛИЧА (Vladimirov – Mikulich operation), Владимиров – Микулич операциясы** – тамандын сөөктөрүн кесип аны калыбына келтирүүчү операция.

**ОПЕРАЦИЯ MAGPI (MAGPI operation), MAGPI операциясы** – сийдик чыгаруучу каналдын тешигин чоңойтуудагы операция.

**ОПЕРАЦИЯ ГЕЛЛЕРА (Heller's operation), Геллер операциясы** – караңыз: Ахалазия.

**ОПЕРАЦИЯ ДОНАЛЬДА – ФОЗЕРГИЛЛА (Donald – Fothergill operation), ОПЕРАЦИЯ МАНЧЕСТЕРСКАЯ (Manchester operation), Дональд – Фозергилл операциясы, Манчестер операциясы** – хирургиялык операция, алдыңкы кольпорафияны жасоодо, жана кольпоринеорафия менен жатын моюнчасын алып салууда байкалат.

**ОПЕРАЦИЯ КЕЛЛЕРА (Keller's operation), Келлер операциясы** – буттагы баш бармактын башка манжаларды карай ийрейип калышын түзөтүү үчүн жасала турчу хирургиялык операция.

**ОПЕРАЦИЯ НЕСБИТА (Nesbit's operation), Несбит операциясы** – тубаса ийри жыныстык мүчөнү хирургиялыкжол менен түзөтүү. Азыркы учурда бул операция көбүнчө жыныстык мүчөнүн Пейрони оорусунун натыйжасында келип чыккан ийрейүүсүн түзөтүү үчүн жүргүзүлөт.

**ОПЕРАЦИЯ ОЛБИ (Albee's operation), Олби операциясы** – туберкулез дартынан чириген омурткалардын арткы бөлүгүн шыйрактын сөөгү менен кепилдеп эп кыйуу операциясы.

**ОПЕРАЦИЯ РАДИКАЛЬНАЯ (commando operation), радикалдуу операция** – баш жана моюндагы коркунучтуу шишикти алып таштоо үчүн аткарыла турчу негизги операция. Бул операциянын башкы максаты болуп баш жана моюнга тиешелүү функцияларды кайра калыбына келтирүү жана косметикалык дарылоо саналат.

**ОПЕРАЦИЯ РАМШТЕДТА (Ramstedt's operation), Рамштедт операциясы** – караңыз: Пилоромиотомия.

**ОПЕРАЦИЯ УИППЛА (Whippie's operation), Уиппл операциясы** – караңыз: Панкреатэктомия.

**ОРХИДОПЕКСИЯ (orchidopexy), орхидопексия** – өз ордунда жайгашпай калган урук безди жука чурайды көздөй жылдыруу үчүн жүргүзүлө турган хирургиялык операция (караңыз: Крипторхидизм).

**ОРХИДОТОМИЯ (orchidotomy), орхидотомия** – биопсия жана гистологиялык изилдөөлөр үчүн урук безди жара тилүү; бул операция урук суюктугунда сперматозоиддердин саны нормадагыдан кыйла аз же таптакыр жок эркектерге жасалат (караңыз: Азоспермия, Олигоспермия).

**ОРХИДЭКТОМИЯ (orchidectomy), орхидэктомия** – урук безди алып салуу үчүн жүргүзүлө турган хирургиялык операция; адатта, семиноманы (урук безиндеги коркунучтуу шишик) дарылоо үчүн аткарылат.

**ОСТЕОКЛАЗИЯ (osteoclasia, osteoclasis), остеоклазия** – 1) хирургиялык операция, мында туура эмес өсүп кеткен сөөктү жасалма түрдө сындырууну же деформацияланган сөөктү анда болгон деформацияны жоюу үчүн аткарылат. Остеоклазияны дагы остеокластика (osteoclasty) деп аташат; 2) кайсы бир дарттын учурунда сөөктөрдүн бузулушу (караңыз: Остеолиз).

**ОСТЕОТОМИЯ (osteotomy), остеотомия** – сөөктү тешүү жана кемиктеп сындыруу чаралары.

**ОСТЕОЭКТОМИЯ (ostectomy), остеоэктомия** – сөөктүн бөлүгүн же аны бүтүн бойдон операциялык жол менен алып таштоо (кошумча караңыз: Остеотомия).

**ОТДЕЛЯЕМОЕ СЕРОЗНО-ГНОЙНОЕ (seropus), боз-ириңдик бөлүнүүлөр** – сыворотканын жана ириңдин кошулмасы, ал мисалы, инфекцияланган жараларда болот.

**ОТДЕЛЯЕМОЕ СЛИЗИСТО-ГНОЙНОЕ (mucopus), боз-ириңдик бөлүнүүлөр** – былжырлуу суюктуктун ириң менен кошулмасы.

**ОТОПЛАСТИКА (otoplasty, pinnaplasty), отопластика** – алынган травма же кайсы бир кемтигин калыбына келтирген соң кулак калканын реконструкциялоо.

**ОТСЕЧЕНИЕ (abscission), кесүү** – аяктарды хирургиялык жол менен кесип салуу, же кандайдыр бир органды, тканды кесип салуу.

**ОТТОРЖЕНИЕ (abruptio, ablatio), бөлүнүү** – бөлүнүү, алып салуу.

**ОТТОРЖЕНИЕ (rejection), бөлүнүү** – (трансплантацияда) иммунологиялык реакция, ал донордон чапталган ткандын бузулушу ал болсо репициенттин тканы менен келишпестиктен пайда болот.

**ОФТАЛЬМОТОМИЯ (ophthalmotomy), офтальмотомия** – көздүн чечекейинде кесим жасоочу хирургиялык операция.

## П

**ПАЛАТОПЛАСТИКА (palatoplasty), палатопластика** – таңдайдагы жарака же башка тубаса дефектилерди ордуна келтирүү үчүн жасала турчу пластикалык операция.

**ПАЛЛИДЭКТОМИЯ (pallidectomy), паллидэктомия** – нейрохирургиялык операция, бозомук шардын модификациясынын функциясын бузууну камтыйт (караңыз: Базалдык ганглийлер). Берилген операция паркинсонизмдин жана башка оорулардын көрүнүштөрүн азайтуу үчүн колдонулат.

**ПАНКРЕАТОТОМИЯ (pancreatotomy), панкреототомия** – хирургиялык операция, карын астындагы безин кесип жана анын ичиндегисини изилдөө.

**ПАНКРЕАТЭКТОМИЯ (pancreatectomy), панкреатэктомия** – карын алдындагы безди алып таштоо үчүн жүргүзүлө турган хирургиялык операция. Тоталдык панкреатэктомияда (total pancreatectomy) (же болбосо Уиппл операциясы) (Whipple's operation)) карын алдындагы без толук бойдон ал эми он эки эли ичегинин бир бөлүгү, ал эми субтоталдык панкреатэктомияда (subtotal pancreatectomy) карын алдындагы бездин теңинен көбү алынып салынат. Тоталдык же субтоталдык панкреатэктомиядан соң оорулуу адам тамакаштын жакшы сиңиши үчүн карын алдындагы без тарабынан иштелип чыккан ферменттерди ичүүсү зарыл. Мындан сырткары, карын алдындагы без бөлүп чыгаруучу гормондордун ордун толуктоо үчүн инсулин инъекциясы жасалат.

**ПАРАТИРЕОИДЭКТОМИЯ (parathyroidectomy), паратиреоидэктомия** – хирургиялык операция, паракалкан безин алып салууну камтыйт.

**ПЕРЕМЕЩЕНИЕ (advancement), көчүрүү** – булчуңду, тери-булчуңдук жамаачыны же тарамышты андан аркы жаңы жерге көчүрүлүшү жана бекитилишинин хирургиялык жолу. Мындай ыкма, мисалы, чалыр көздүүлүктү дарылоо үчүн; андан тышкары көпчүлүк учурда пластикалык операция мезгилинде, кыйла дефектилерди оңдоо үчүн колдонулат (кошумча караңыз: Бутчасы (трансплантаттын)).

**ПЕРИКАРДИОЛИЗИС (pericardiolysis), перикардиолизис** – эки перикарданын ортосундагы жабышып калган жерлерди хирургиялык жол менен ажыратуу. Азыркы учурда мындай операция такыр эле аткарылбай калды.

**ПЕРИКАРДИОТОМИЯ (pericardiotomy), ПЕРИКАРДОТОМИЯ (pericardotomy), перикардиотомия, перикардотомия** – перикард көңдөйүн ачуу же пункция кылуу максатында жүргүзүлө турган хирургиялык операция.

**ПЕРИКАРДОСТОМИЯ (pericardiostomy), перикардостомия** – хирургиялык операция, мында перикарданын көңдөйүн жарууда коштолуп андан суюктукту атайын трубка аркылуу чыгарышат.

**ПЕРИКАРДОТОМИЯ (pericardotomy), перикардотомия** – караңыз: Перикардиотомия.

**ПЕРИКАРДЭКТОМИЯ (pericardiectomy, pericardectomy), перикардэктомия** – жүрөктү айланта курчап турган перикардды хирургиялык жол менен алып салуу. Перикардэктомия өнөкөткө айланган перикардит жана экссудативдик перикардитти дарылоо процесси учурунда жүзөгө ашырылат (караңыз: Перикардит).

**ПЕРИНЕОПЛАСТИКА (perineoplasty), перинеопластика** – хирургиялык операция, ал аялдын жыныс мүчөсүнүн ичин жоонойтуу максатында жасалат чаткаякты жоонойтуу максатында жасалат (Фентон операциясы (Fenton's operation)).

**ПЕРИНЕОРАФИЯ (perineorrhaphy), перинеорафия** – чаткаяктын төрөттөн кийинки жаңы жыйрылуусун тигүү.

**ПЕРИНЕОТОМИЯ (perineotomy), перинеотомия** – төрөттү жеңилдетүү максатында чаткаякты кесүү, тилүү.

**ПИЕЛОЛИТОТОМИЯ (pyelolithotomy), пиелолитотомия** – бөйрөктүн ички көңдөйүндөгү ташты хирургиялык жол менен алып таштоо. Бул операциялык иш-аракет, адатта бөйрөк көңдөйүнүн арткы бетине (арткы пиелотомия (posterior pyelotomy)) жасалган тилик аркылуу жүзөгө ашырылат.

**ПИЕЛОПЛАСТИКА (pyeloplasty), пиелопластика** – хирургиялык операция, бөйрөктүн ички көңдөйүнүн ичкерип кеткен жерин алып салууну камтыйт. Караңыз: Гидронефроз, Дитл кризиси.

**ПИЕЛОТОМИЯ (pyelotomy), пиелотомия** – операциялык жол менен бөйрөктүн ички көңдөйүн кесүү. Бул операция адатта бөйрөктөн ташты алып салуу үчүн жасалат (караңыз: Пиелолитотомия) же бөйрөктүн ички көңдөйүн катетерди колдонуп же атайын трубканын жардамы менен хирургиялык дренаждоону жасоодо колдонулат.

**ПИЛОРОМИОТОМИЯ (pyloromyotomy), ОПЕРАЦИЯ РАМШТЕДТА (Ramstedt's operation), пиломиотомия, Рамштедт операциясы** – тубаса пилоростенозду дарылоо үчүн карын карындын киребериш бөлүгүндөгү (привратник) сфинктерди хирургиялык жол менен жара тилүүгө багытталган операция.

**ПИЛОРОПЛАСТИКА (pyloroplasty), пилоропластика** – карын оозундагы киреберши бөлүгүн (привратник) кеңейтүү максатында жасала турчу хирургиялык операция. Бул операция карындагы маңыздын он эки эли ичегини көздөй өтүүсүн жеңилдетүү үчүн аткарылат.

**ПИЛОРЭКТОМИЯ (pylorectomy), пилоректомия** – хирургиялык операция, сфинктер карындын киреберши бөлүгүн алып салууну камтыйт. Караңыз: Антрэктомия, Пилоропластика.

**ПЛАСТИКА ГЛУБОКОЙ АРТЕРИИ БЕДРА (profundaplasty), терең сан артериясынын пластикасы** – сан артериясынан терең артерия бөлүгүн жоонойтуучу хирургиялык операция.

**ПЛАСТИКА НЕРВА (neuronoplasty), нерв пластикасы** – хирургиялык операция, ал кесилген перифириялык нервдерди калыбына келтирүүнү камтыйт.

**ПЛАСТИЧЕСКАЯ ОПЕРАЦИЯ (neoplasty), пластикалык операция** – дененин формасын же функциясын калыбына келтирүү үчүн жасалган операция.

**ПЛАСТИЧЕСКАЯ ХИРУРГИЯ (plastic surgery), пластикалык хирургия** – хирургиянын бөлүмү, ал оперативдик кийлигишүүлөр менен алек болот, бул операциялар кайсы-бир органдардын, ткандардын деформацияларын жана дефектилерин калыбына келтирүүгө багытталган.

**ПЛЕВРОЛИЗ (pleurolysis), ПНЕВМОЛИЗ (pneumolysis), плевролиз, пневмолиз** – операциялык жол менен плевраны өсүп чыккан эттен бошотуу. Бул операция мурун жасалган, кургак учукка каршы дарылык препараттар пайда болгонго чейин болгон.

**ПЛЕВРЭКТОМИЯ (pleurectomy), плеврэктомия** – плевранын бөлүгүн алып салуучу хирургиялык операция.

**ПЛИКАЦИЯ (plication), пликация** – хирургиялык операция, калың тканды кичирейтүү максатында жасалат.

**ПНЕВМОНЭКТОМИЯ, ПУЛЬМОНЭКТОМИЯ (pneumonectomy), пневмонэктомия, пульмонэктомия** – эки өпкөнүн бир жагын кесип алып таштоо; өпкө рагы, туберкулез жана ириң ооруларга чалдыкканда жасалуучу операция.

**ПОЛИПЭКТОМИЯ (polypectomy), полипэктомия** – полиптерди алып салуучу хирургиялык операция.

**ПОЛОЖЕНИЕ ТРЕНДЕЛЕНБУРГА (Trendelenburg position), Тренделенбург абалы** – өзгөчө абал, мында орулуу жамбаш органдарына жасалган операция мезгилинде же шок абалында болгон мезгил.

**ПОСЛЕОПЕРАЦИОННЫЙ ПЕРИОД (postoperative), операциядан кийинки мезгил** – оорулууга операция жасалып, ал айыгып үйүнө кеткенге чейинки убакыттын аралыгы.

**ПРОКТОКОЛЭКТОМИЯ (proctocolectomy), проктоколэктомия** – хирургиялык операция, түз жана жээк сымал ичегини алып салууну камтыйт.

**ПРОКТЭКТОМИЯ (proctectomia), проктэктомия** – түз ичегини алып салуучу хирургиялык операция. Адатта түз ичегиндеги рак оорусунда аткарылат.

**ПРОСТАТЭКТОМИЯ (prostatectomy), простатэктомия** – эркектин жыныстык безин алып таштоо; жыныстык без чоңоюдан сийдик жолун кысып оорулуу зааранын чыкпай калышына учурайт. Операция табарсык аркылуу аткарылышы мүмкүн (трансвезикалдык простатэктомия (transvesical prostatectomy)) же урук чыктагыч безин курчап турган капсула аркылуу (чат артындагы простатэктомия (retropubic prostatectomy)).

**ПРОТЕЗИРОВАНИЕ ТАЗОБЕДРЕННОГО СУСТАВА (hip replacement), жамбаш жана сан сөөгүнүн муундарын протездөө** – хирургиялык операция, ал жамбаш жана сан сөөгүнүн жабыркаган муунун протезге алмаштыруу максатында жасалат. Кошумча караңыз: Артропластика.

**ПУБИТОМИЯ (pubiotomy), пубитомия** – төрөт жолун кеңейтүү максатында, аялдын жамбаш сөөгү бири-бирине жакындап бириккен жерин алды жагынан кесүү.

## Р

**РАЗГЛАЖИВАНИЕ МОРЩИН (face-lit), бырыштарды жазуу** – кары адамдардын бетиндеги чоюлуп калган ткандарды алып салуу үчүн жасала турчу пластикалык операция.

**РАЗДАВЛИВАНИЕ ДИАФРАГМАЛЬНОГО НЕРВА (phrenic crush), диафрагмалык нервди жанчуу** – диафрагмалык нервдин аймагын хирургиялык жол менен жанчып салуу. Бул операция көпчүлүк учурда пневмоперитонеум менен айкалышууда, өпкөнүн кургак учук оорусун дарылоо процессинде аткарылган.

**РАЗРЕЗ (incision), тилик** – 1. Бычак же скальпельдин жардамы аркасында жумшак ткандарды хирургиялык жол аркылуу жара кесүү. 2. Кандайдыр бир таасирдин аркасында пайда болгон тилик.

**РАССЕЧЕНИЕ I (discission), жара тилүү I** – мурда катарактка карата жасалып келген операция. Мында чечекейде жайгашкан зат табигый жол аркылуу көз айланасындагы суюктукка куюлусу үчүн чечекей капсуласы ичке бычак же учтуу ийне менен жара тилинет.

**РАССЕЧЕНИЕ II (dissection), жара тилүү II** – анатомиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү максатында жансыз денени жара тилүү.

**РАССЕЧЕНИЕ III (needling), жара тилүү III** – чечекей капсуласына тешик жасоо үчүн учтуу ийнени пайдалануу; капсулотомия түрү. Азыркы учурда бул ыкма дээрлик толук бойдон АИГ-лазерди (YAG-laser) пайдалануу менен алмашылган.

**РЕВАСКУЛЯРИЗАЦИЯ КОРОНАРНАЯ (coronary revascularization), коронардык ревоскуляризациясы** – атерома менен ичкрилип кеткен коронардык артерияларга кандын агымын жакшыртуучу хирургиялык ыкма. Караңыз: Айлануучу тамырдык шунт.

**РЕЗЕКЦИЯ (resection), резекция** – мүчөнүн бир бөлүгүн кесип алып таштоо. Мисалы, карындын, өпкөнүн бөлүгүн алып таштаганда да айтылат.

**РЕЗЕКЦИЯ ПОДВЗДОШНОЙ КИШКИ (ileectomy), капчыт ичегинин резекциясы** – капчыт ичегинин же анын кайсы бир бөлүгүнүн резекциясы.

**РЕЗЕКЦИЯ ПРЕДСТАТЕЛЬНОЙ ЖЕЛЕЗЫ ТРАНСУРЕТРАЛЬНАЯ (TUR, TURP), трансуретралдык урук чыктагыч безинин резекциясы** – трансуретралдык резекция (простатанын); караңыз: Резекция.

**РЕЗЕКЦИЯ ЭНДОМЕТРИЯ ТРАНСЦЕРВИКАЛЬНАЯ (transcervical resection of the endometrium, TCRE), трансцервикалдык эндометриянын резекциясы** – жатынды каптоочу ыйлаакча кабыкты алып салуудагы хирургиялык операция (караңыз: Эндометрий). Электрохирургия ыкмасы менен жасалуучу операция.

**РЕИМПЛАНТАЦИЯ (reimplantation), реимплантация** – (стоматологияда) операциялык жол менен кесип алган тканды же органды мурунку өз ордуна жамоо. Караңыз: Реплантация.

**РЕПЛАНТАЦИЯ (replantation), реплантация** – 1. Кемтик мүчөнүн бөлүгүнө экинчи жолу кайталап тканды же кемтик бөлүгүн жамоо. Мында нервдерди жана кан тамырларды калыбына келтирүү үчүн микрохирургияда кеңири колдонулуучу ыкмалар пайдаланылат. 2. Реимплантация (reimplantation) (стоматологияда) — атайы же кокустан жулунуп калган тишти кайрадан өз ордуна салуу. – Реплантациялоо (replant).

**РИЗОТОМИЯ (rhizotomy), ризотомия** – хирургиялык операция, жүлүндөн чыгуучу кээ бир нерв кабыгын алып салууну мүнөздөйт.

**РИНОПЛАСТИКА (rhinoplasty), ринопластика** – мурундун формасын өзгөртүү үчүн жасала турчу пластикалык операция; бул үчүн айрым учурларда тери, кемирчек же кайсы бир дене бөлүгүнө тиешелүү сөөктөр же жасалма имплантаттар пайдаланылат.

## С

**САЛЬПИНГОЛИЗИС (salpingolysis), сальпинголизис** – оозу бүтөлүп калган фаллопий түтүкчөсүн калыбына келтирүү үчүн жасала турчу хирургиялык операция; бул операциянын жүрүшүндө аналык без аягында пайда болгон жабышып калган жер алынып ташталат.

**САЛЬПИНГОСТОМИЯ (salpingostomy), сальпингостомия** – хирургиялык операция, обтурацияланган фаллопий түтүкчөсүнүн өтүмүн калыбына келтирүү үчүн жасалат.

**САЛЬПИНГЭКТОМИЯ (salpingectomy), сальпингэктомия** – операциялык жол менен фаллопий түтүгүн алып таштоо. Түтүкчөнүн экөө бирдей алынып салына турган операция контрацепциянын (караңыз: Стерилизация) эң натыйжалуу методу болуп саналат.

**СВИЩ (fistula,** көпч. **fistulae), жаранын тешиги** – эки көңдөй органдардын ортосундагы патологиялык биригүү. Инфекциянын же жаракаттын кесепетинен пайда болуучу тешик. Мисалы, клетчаткада абсцесстин жарылышынан кийин, түз ичегини курчап турган, аналдык тешик (караңыз: Ишиоректалдык абсцесс) пайда болушу мүмкүн, ал арткы көтөн чучукту каналын теринин сырты менен кошот. Кошумча караңыз: Уретровагиналдык тешик.

**СВИЩ УРЕТРОВАГИНАЛЬНЫЙ (vesicovaginal fistula), уретровагиналдык тешик** – аялдардын жыныс мүчөсүнүн ичи менен табарсыктын ортосундагы патологиялык бирикме, ал сийдиктин токтобой калышына алып келет.

**СЕКВЕСТР (sequestrum,** көпч. **sequestra), секвестр** – таза органдан бөлүнүп калган чирик. Ал өнөкөт остеомиелитте сөөктө инфекция пайда болгон жерде өрчүйт; адатта секвестрлер хирургиялык жол менен секвестрэктомиянын (sequestrectomy) жардамы менен алынып салынат.

**СЕКВЕСТРЭКТОМИЯ (sequestrectomy), секвестрэктомия** – секвестрдин хирургиялык жол менен алынып салуусу.

**СЕКЦИЯ, СРЕЗ (section), секция, кесилген жер** – 1. Ткандарды кесүү, жара тилүү же бөлүү. Мисалы, ичти кесүү (abdominal section) ич көңдөйүндө болгон нерселерди хирургиялык жол менен изилдөө аткарылат (караңыз: Лапаротомия). 2. Микроскопияда – микроскоп менен изилдөө үчүн колдонула турган жука ткан үлгүсү.

**СЕЧЕНИЕ КЕСАРЕВО (Caesarean section), кесардык кесүү** – курсактын бети аркылуу жатындан баланы алып чыгуу үчүн жасала турчу хирургиялык операция. Көпчүлүк учурда бул операция астынкы жатындык сегментте жасалат (lower uterine segment Caesarean section (LUSCS)).

**СИГМОИДЭКТОМИЯ (sigmoidectomy), сигмоидэктомия** – сигма жээк сымал ичегини хирургиялык жол менен алып салуу.

**СИМПАТЭКТОМИЯ (sympathectomy), симпатэктомия** – кээ бир мүчөлөрдү дарылоо үчүн ага берүүчү симпатикалык нервдерди кесип коюу. Бул операция көпчүлүк учурда дененин кайсы-бир бөлүгүндө кан айланууну жакшыртуу үчүн жасалат.

**СИМФИЗИОТОМИЯ (symphysiotomy), симфизиотомия** – хирургиялык операция, ал чаттык симфизди кесүүнү камтыйт, мындай кесүү төрөттү жеңилдетүү үчүн жамбашты кеңейтүү максатында жасалат. Ошондой эле ал pelviotomy, synchondrotomy деп белгилүү. Азыркы убакта бул операция абдан сейрек аткарылат.

**СИНОВЭКТОМИЯ (synovectomy), синовэктомия** – муундун ичиндеги синовиалдык чел кабыкты такыр же бир аз гана бөлүгүн алып таштоо.

**СИНХЕЙЛИЯ (synchilia, syncheilia), синхейлия** – эриндердин тубаса биригип калуусу.

**СКАЛЬПЕЛЬ (scalpel), скальпель** – хирургдар кесүүгө колдонгон учтуу бычак.

**СКЛЕРОТОМ (sclerotome), склеротом** – 1. Хирургиялык бычак, склеротомияны аткарууда колдонулат. 2. Эмбриологияда – мезодерма сегментинин алдынкы медиалдык бөлүгү (караңыз: Сомит).

**СКЛЕРОТОМИЯ (sclerotomy), склеротомия** – көздүн тышкы катмарын кесүү, тилүү.

**СКЛЕРЭКТОМИЯ (sclerectomy), склерэктомия** – көздүн ичиндеги басым жогорулаганда көздүн тышкы кабыгынан тилке кесилип алынып таштоо.

**СКОПЛЕНИЕ ГНОЯ (pyocele), ириндин топтолушу** – дененин кайсы-бир бөлүгүндө ириңге толуп кеткен шишип кетүү.

**СКРОТОТОМИЯ (scrototomy), скрототомия** – хирургиялык операция, калтаны хирургиялык жол менен кесүүнү камтыйт.

**СКРОФУЛА (scrofula), скрофула** – лимфа түйүндөрдүн туберкулезу (көпчүлүк учурда моюндун), ал абсцесстердин өрчүшүнө алып келет. – Скрофулездук (scrofulous).

**СОЕДИНЕНИЕ I (fusion), бириктирүү I** – (хирургияда) эки структураны бириктирүү. Мисалы, кээ бир омуртка дарттарында омурткага туруктуулукту келтирүү үчүн аткарылган эки же бир нече омурткаларды бириктирүү.

**СПЕРМАТОЦЕЛЕ (spermatocele), сперматоцеле** – эркектин калтасынын үстүнкү жагына пайда болгон ичи спермага толгон ыйлаакча. Мындай ыйлаакчаны дарылоо хирургиялык алып салууну камтыйт.

**СПЛЕНЭКТОМИЯ (splenectomy), спленэктомия** – көк боорду операциялык жол менен алып таштоо.

**СПОНДИЛОДЕЗ (spondylosyndesis), спондилодез** – омуртканын кошулуу тиби боюнча омуртка аралык муундарынын хирургиялык бириктирүүсү.

**СТАПЕДЭКТОМИЯ (stapedectomy), стапедэктомия** – хирургиялык операция, үзөнгү сымал сөөктү (ортонку кулактагы угуу сөөкчөсүн) алып салууну камтыйт.

**СТАФИЛОРАФИЯ (staphylorrhaphy), ПАЛАТОРАФИЯ (palatorrhaphy), УРАНОРАФИЯ (uranis corrhaphy), стафилорафия, палаторафия, уранорафия** – хирургиялык операция, таңдайдагы жылчыкты тигүүнү камтыйт.

**СТАФИЛОЭКТОМИЯ (staphylectomy), стафилоэктомия** – хирургиялык операция, ал жумшак таңдайдагы таңдай тилин алып салууну камтыйт.

**СТЕАТОПИГИЯ (steatopygia), стеатопигия** – соордо майдын ашыкча топтолушу.

**СТЕЖОК, ШОВ ХИРУРГИЧЕСКИЙ (stitch), тигиш, хирургиялык тигиш** – караңыз: Тигиш.

**СТЕРЕОТАКСИЯ (stereotaxy), стереоатаксия** – хирургиялык операция, ал патологиялык пайда болуулардын так деструкциясын камтыйт, булар баш мээнин терендигинде байкалат. Мындай операция жабыркануучу жерди электр тогунун, жылуулуктун, муздактын же механикалык ыкманын таасири менен аткарылат. Кошумча караңыз: Лейкотомия.

**СТЕРИЛИЗАЦИЯ (sterilization), стерилизация** – 1. Эркек жана аялдардын уруктандыруу жана уруктануу мүмкүнчүлүгүн чектөө үчүн хирургиялык операция. Гистерэктомия жана билатералдык оофорэктомия (аналык бездин экөөнү бирдей алып салуу) өндүү хирургиялык операциялар аялдардын кош бойлуу болуу мүмкүнчүлүгүн биротоло чектейт. Стерилизациянын дагы бир түрү бул фаллопий түтүкчөлөрүн алып салуу (караңыз: Сальпингэктомия) же аларды бөлүп жана байлап салуу. Заманбап ыкмалардын бири болуп бул (түтүктүк окклюзия (tubal occlusion)), ал лапароскоптун жардамы менен фаллопий түтүкчөсүнүн ички (астынкы) жарымын жабып салууну камтыйт. Эркектердин стерилизациясы вазэктомиянын жардамы аркылуу аткарылат. Кошумча караңыз: Кастрация. 2. Микроорганизмдерди кырып жоготууга багытталган процесс. Бул нерсе жылуулук берүү, нурдантуу жана химиялык заттарды колдонуунун аркасында ишке ашырылат. Кошумча караңыз: Автоклав.

**СТЕРНОТОМИЯ (sternotomy), стернотомия** – төш сөөктү жара кесүүгө багытталган хирургиялык операция; жүрөк жана негизги кан тамырларга жол ачуу үчүн жасалат.

**СТРИКТУРОПЛАСТИКА (stricturoplasty), стриктуропластика** – хирургиялык операция, ал стриктураны (көпчүлүк учурда ичке ичегинин стриктурасынын) кесүү жолу менен кеңейтүүчү операция.

**СФИНКТЕРОТОМИЯ** (**sphincterotomy**), **сфинктеротомия** – 1. Сфинктер булчуңун хирургиялык кесүү. Кошумча караңыз: Көтөн чучуктун жаракасы. 2. Көздүн карек айланасындагы челдин хирургиялык кесүүсү.

**СФИНКТЕРЭКТОМИЯ** (**sphincterectomy**), **сфинктерэктомия** – булчуң сфинктерин жара тилүү же хирургиялык жол менен алып таштоо.

# Т

**ТАКСИС** (**taxis**), **таксис** – (хирургияда) манипуляциянын жардамы менен жылып кеткен сөөктөрдү же денедеги кайсы бир органдын бөлүгүн кайра киргизүү ыкмасы.

**ТАЛАМОТОМИЯ** (**thalamotomy**), **таламотомия** – баш мээге жасалган хирургиялык операция, ал таламустун айрым аймактарын талкалоону камтыйт. Бул операция катуу коркуу жана дистресс сыяктуу психиатриялык симптомдорду дарылоо үчүн аткарылат. Кошумча караңыз: Психохирургия.

**ТАНТАЛ** (**tantalum**), **тантал** – сейрек кездешүүчү жана оңой менен коррозияга алдырбай турган оор металл. Мисалы, тантал жиби жана пластинкасы баш сөөктөгү дефектини жоюу үчүн колдонулат. Белгилениши: Ta.

**ТАРЗОПЛАСТИКА** (**tarsoplasty**), **тарзопластика** – кабакты калыбына келтирүү же реконструкциясы боюнча хирургиялык операция. Караңыз: Блефаропластика.

**ТАРЗОРАФИЯ** (**tarsorrhaphy**), **тарзорафия** – хирургиялык операция, ал көздүн кабагынын кырын тигүүдө камтыйт.

**ТАРЗЭКТОМИЯ** (**tarsectomy**), **тарзэктомия** – 1. Бут кетменин кесүүгө багытталган хирургическая операция. 2. Көз кабыгынын кемирчек бөлүгүн кесүүгө багытталган хирургиялык операция.

**ТЕЙТА ОПЕРАЦИЯ** (**Tate operation**), **Тейт операциясы** – аялдардын чатындагы төрөттөн кийинки айрылган тырыгын кесип, андан калган ткандарды кыйып, жамоо жүргүзүүчү операция.

**ТЕНОПЛАСТИКА** (**tenoplasty**), **тенопластика** – тарамышты кайра калыбына келтирүү же реконструкциялоо үчүн жасала турчу хирургиялык операция.

**ТЕНОРАФИЯ** (**tenorrhaphy**), **тенорафия** – жарадар тарамышты тигүү.

**ТЕНОТОМИЯ** (**tenotomy**), **тенотомия** – операциялык жол менен тарамышты кесүү. Айрым учурларда мындай операция тарамыштын кыскарып калуусуна алып келе турган муундардын кайсы бир деформациясын оңдоп-түзөтүү үчүн жасалат. Кошумча караңыз: Спастикалык басуу.

**ТИМПАНОПЛАСТИКА** (**tympanoplasty**), **тимпанопластика** – хирургиялык операция, орто кулактагы сөөктөрдүн жана кулак тарсылдагындагы дефектилерди жоюуну камтуучу операция. Караңыз: Мирингопластика.

**ТИМПАНОТОМИЯ** (**tympanotomy**), **тимпанотомия** – ички сөөктөрүн текшерүү үчүн кулак тарсылдагын жара тилүү.

**ТИМЭКТОМИЯ** (**thymectomy**), **тимэктомия** – тимусту алып салууну камтыган хирургиялык операция.

**ТИРЕОИДЭКТОМИЯ** (**thyroidectomy**), **тиреоидэктомия** – калкан безин жартылай же бүт бойдон алып таштоо. Жарым тиреоидэктомияда (partial thyroidectomy) бездин жарымысы гана алынат; ал эми субтоталдык тиреоидэктомияда (subtotal thyroidectomy), 90 % без алынып салынат, ал тиреотоксикозду дарылоо үчүн колдонулат.

**ТИРЕОТОМИЯ** (**thyrotomy**), **тиреотомия** – моюн бөлүгүндө жайгашкан калкан сымал кемирчекти же калкан сымал бездин өзүн жара тилүү үчүн аткарылуучу хирургиялык операция.

**ТОНЗИЛЛОТОМИЯ** (**tonsillotomia**), **тонзиллотомия** – таңдай безинин жарымын алып салууну камтыган хирургиялык операция.

**ТОНЗИЛЛЭКТОМИЯ** (**tonsillectomy**), **тонзиллэктомия** – тамактагы лимфоид бези чогулган жердин безин алып таштоо. Ангина оорусун экинчи жолу болтурбоо максатында жасалат.

**ТОРАКОПЛАСТИКА** (**thoracoplasty**), **торакопластика** – арткы кабыргалардын бир нечесин үстүнөн төмөн карай бир карышча аралыкта алып таштоочу операция.

**ТОРАКОТОМИЯ** (**thoracotomy**), **торакотомия** –хирургиялык операция, ал көкүрөк клеткасын ачуу жана анын көңдөйүн изилдөөнү камтыйт же жүрөккө, өпкөгө же ошол жерде жайгашкан башка органдарды изилдөөнү камтыйт.

**ТОЧКА ПЕРЕЖАТИЯ** (**pressure point**), **кысуу чекити** – чекит, сөөктүн алдындагы өтүүчү артерияны кансыроо убагында манжа менен кысуу жолу аркылуу канды токтотуу. Мисалы, жамбаш сөөгүнө жука чурай аймагына сан артериясы кысылып калышы мүмкүн.

**ТРАБЕКУЛЭКТОМИЯ** (**trabeculectomy**), **трабекулэктомия** – хирургиялык операция, глаукомада аткарылуучу операция жана Шлемм каналынын каптал аймагын бир аз кесүүнү камтыйт. Бул аймак башкача трабекулярдык түрмөкчө (trabecular meshwork) деп аталат. Бул операциядан кийин көз суюктугу конъюнктиванын астына агат, анын жардамы менен көздүн ичинде басым азаят.

**ТРАВМА** (**trauma**), **травма** – 1. Жаракат же жабыр тарткан жер (мисалы, сынык же көгөргөн жер). 2. Психологияда – оору коштогон эмоционалдык, зыяндуу окуя. Кимдир бирөө менен урушуудан улам келип чыккан катуу стрессти башынан өткөрүү, адамды невроз оорусуна чалдыктырышы мүмкүн. – Травматикалык (traumatic).

**ТРАВМА СПОРТСМЕНОВ** (**sports injury**), **спортсмендердин жаракаты** – спортсмендерде көп кездешүүчү жаракаттар, алардын себеби болуп өтө көп жүктөөлөр же булчуңдардын, тарамыштардын жана байламталардын өтө чыңалуусу себеп болот.

**ТРАВМА УМЫШЛЕННАЯ** (**nonaccidental injury** (**NAI**)), **атайы жасалган травма** – ата-энелер тарабынан (көпчүлүк учурларда өгөй ата же өгөй эне) балдарга карата атайы жасалган травма. Адатта, мындай травмалар бала жарым жашка чыккычакты болуп өтөт. Атайы жасалган травма баланын өсүүсүнө тескери таасирин тийгизип, жүрүм-турумундагы проблемалар менен коштолуусу мүмкүн.

**ТРАВМАТОЛОГИЯ** (**traumatology**), **травматология** – тышкы таасир менен майып болгон организмди изилдөөчү, дарылоочу хирургиянын бир бөлүмү. Хирургиянын жаралануууну окуучу, аны дарылоочу бөлүмү.

**ТРАКТОТОМИЯ** (**tractotomy**), **трактотомия** – жүлүндүн ичиндеги чет жактагы өзгөрүүлөрдү борборго берүүчү жолунун нерв жипчелерин кыркып коюучу нейрохирургиялык операция. Кошумча караңыз: Хордотомия.

**ТРАНСПЛАНТАТ** (**graft**), **трансплантат** – дененин жабыркаган бөлүгүн алмаштыруу максатында трансплантация үчүн пайдаланыла турчу орган, ткань же кайсы бир дене бөлүгү. Мисалы, тери трансплантаты – жабыркаган тери бөлүгүн жабуу үчүн дененин соо бөлүгүнөн кесилип алынуучу тери жамаачысы.

**ТРАНСПЛАНТАТ ФЕТАЛЬНЫЙ** (**fetal transplant**), **феталдык трансплантат** – кайсы бир спецификалык оору менен жабыркаган адамга трансплантациялоо үчүн жаңы гана аборттолгон дени сак түйүлдүктөн алына турган айрым бир клеткалар. Бул феталдык клеткалар реципиент организминдеги жабыркаган клетка функцияларын аткарышат.

**ТРАНСПЛАНТАЦИЯ** (**transplantation**), **трансплантация** – дененин бир бөлүгүнөн экинчисине же бир адамдан (донордон) экинчи бир адамга (реципиентке) орган же ткандарды отургузуу (караңыз: Трансплантат). Реципиент организмине отургузулган трансплантатка карай жээрүү процесси дароо баштала тургандыктан бир адамдан экинчи бир адамга орган же ткандарды трансплантациялоо өтө татаал операция болуп саналат.

**ТРАНСПЛАНТАЦИЯ ПОЧКИ (renal transplantation), бөйрөктүн трансплантациясы** – бөйрөк трансплантаты бул жабыркабаган таза бөйрөк, ал донордон реципиенттин орулуу бөйрөгүн алмаштыруу үчүн алынат; трансплантациянын бул түрү трансплантациондук хирургияда өтө көп таралуусу менен экинчи орунда турат (тунук челдин трансплантаттарынан – караңыз: Кератопластика). Караңыз: Трансплантация.

**ТРАНСУРЕТЕРУРЕТЕРОСТОМИЯ (transuretero-ureterostomy), трансуретеруретеростомия** – хирургиялык операция, ал бир сийдик агуучу түтүктүн жана ич көңдөй жагындагы карама-каршы сийдик түтүгүнүн ортосуна анастамозду коюуну камтыйт. Жабыркаган (бүтөлүп калган) сийдик чыгаруучу түтүк жабыркаган жерде кесилип башка сийдик түтүкчөгө кошулат.

**ТРАХЕЛОРАФИЯ (trachelorrhaphia), трахелорафия** – жатындын моюнчасындагы тырыкты алып таштап, аны өз формасына келтирүү үчүн тигүү.

**ТРАХЕЛОТОМИЯ (trachelotomia), трахелотомия** – жатындын моюнчасындагы тырыкты алып таштап, аны өз формасына келтирүү үчүн тигүүнү камтыган хирургиялык операция.

**ТРАХЕОСТОМИЯ (tracheostomy), ТРАХЕОТОМИЯ (tracheotomy), трахеостомия, трахеотомия** – дем алуу жолдорунун обструкциясын (мисалы, дифтерия учурунда) азайтуу үчүн кекиртекти жара тилүүгө багытталган хирургиялык операция; мындай операция моюн аркылуу жасалат. Кошумча караңыз: Минитрахеостомия.

**ТРЕФИН, ТРЕПАН (trephine), трефин, трепан** – хирургиялык аспап, ал ткандардын тоголок фрагменттерин алып чыгууда колдонулат. Краниотомияны аткаруудагы баштапкы этабында колдонулат.

**ТРОАКАР, ТРОКАР (trocar), троакар, трокар** – дененин кайсы-бир көңдөйүндөгү суюктукту алып салуу үчүн канюля менен бирдикте пайдаланыла турчу хирургиялык аспап.

**ТРОМБЭКТОМИЯ (thrombectomy), тромбэктомия** – артерия же венадан тромбду алып салуу үчүн аткарыла турчу хирургиялык операция (караңыз: Эндартерэктомия, Флеботромбоз).

**ТУРБИНЭКТОМИЯ (turbinectomy), турбинэктомия** – хирургиялык операция, мурун калканынын бирөөсүн алып салууну камтыйт.

## У

**УДАЛЕНИЕ (ablation), алып салуу** – тканды, дененин же шишиктин бөлүгүн алып салуу, адатта ал хирургиялык кесүү аркылуу ишке ашырылат. Кошумча караңыз: Эндометрия катмарын алып салуу.

**УДАЛЕНИЕ, ЭКСТРАКЦИЯ (extraction), алып таштоо, экстракция** – 1. Дененин кайсы бир бөлүгүнүн хирургиялык жол менен алып салуу. 2. Төрөт учурунда баланын эне организминен сыртка чыгышы.

**УРЕТЕРОЛИЗ (ureterolysis), уретеролиз** – сийдик куюлуучу түтүкчөлөрдү фиброздук ткандан тазалоо үчүн жасала турчу хирургиялык операция.

**УРЕТЕРОЛИТОТОМИЯ (ureterolithotomy), уретеролитотомия** – сийдик аккыч каналдагы ташты алып салуу үчүн жасала турчу хирургиялык операция (караңыз: Таш). Эгер таш сийдик түтүкчөсүнүн астынкы бөлүгүндө жайгашса, анда ал хирургиялык кийлигишүүсүз эле цистоскоп аркылуу алынып салынат.

**УРЕТЕРОПЛАСТИКА (ureteroplasty), уретропластика** – хирургиялык операция, ал ичеги сегменттин же жамаачынын жардамы менен сийдик түтүкчөсүн реконструкциялоону камтыйт (караңыз: Боари жамаачысы).

**УРЕТЕРОСИГМОИДОСТОМИЯ (ureterosigmoidostomy), уретеросигмоидостомия** – хирургиялык операция, ал сийдик түтүкчөсүн сигма сымал жээк сымал ичегиге имплантациялоону камтыйт (караңыз: Уретероэнтеростомия).

**УРЕТЕРОСТОМИЯ (ureterostomy), уретеростомия** – хирургиялык операция, ал сийдик түтүкчөсүн теринин сыртына чыгарууну камтыйт, бул зааранды атайын сийдик чогултуучу идишке чогултуу үчүн аткарылат, ал тери уретеростомия деп аталат (cutaneous ureterostomy).

**УРЕТЕРОТОМИЯ (ureterotomy), уретеротомия** – сийдик түтүгүн операциялык жол менен жаруу. Мындай ыкма, адатта сийдик аккыч түтүкчөдөгү ташты алып салуу үчүн колдонулат (караңыз: Уретеролитотомия).

**УРЕТЕРОЦИСТОНЕОСТОМИЯ (ureteroneocystostomy), уретероцистонеостомия** – сийдик аккыч түтүкчөнү табарсыкка реимплантациялоо үчүн жүргүзүлүүчү хирургиялык операция. Көпчүлүк учурларда везико-уретералдык рефлюксту дарылоо процессинде жүзөгө ашырылат. Адатта бул операция рефлюкска каршы операция (antireflux procedure) деп аталат, же сийдик түтүкчөсүнүн реимплантациясы (reimplantation of ureter) деп аталат.

**УРЕТЕРОЭНТЕРОСТОМИЯ (ureteroenterostomy), уретероэнтеростомия** – хирургиялык операция, ал сийдик түтүкчө менен ичегинин ортосунан жасалма анастомозду түзүү үчүн жасалган операция. Адатта сийдик түтүкчөлөрү сигма жээк сымал ичегиге чыгарылат (караңыз: Уретеросигмоидостомия).

**УРЕТЕРЭКТОМИЯ (ureterectomy), уретерэктомия** – сийдик аккыч түтүкчөнү алып салуу үчүн аткарыла турган хирургиялык операция. Мындай учурда сийдик аккыч түтүкчө менен бирге бөйрөктөрдүн бири кошо алынып салынат (караңыз: Нефроуретерэктомия).

**УРЕТРОПЛАСТИКА (urethroplasty), уретропластика** – хирургиялык операция, ал уретранын жылчыгын нормалдуу абалын калыбына келтирүү үчүн жасалат, өзгөчө стриктура мезгилинде. Бул операция бир этапта, жана эки этапта деле аткарылышы мүмкүн: мисалы, артты уретралдык стриктураны реконструкциялоодо (караңыз: Уретростомия).

**УРЕТРОРАФИЯ (urethrorrhaphy), уретрорафия** – уретраны реконструкциялоо үчүн жасала турчу хирургиялык операция. Адатта, мындай операция уретра айрылып кеткен учурда жүзөгө ашырылат.

**УРЕТРОСТОМИЯ (urethrostomy), уретростомия** – хирургиялык операция, ал эркектердин чаткаягындагы уретралдык тешикти жасоону камтыйт.

**УРЕТРОТОМИЯ (urethrotomy), уретротомия** – уретра стриктурасын жара тилүү үчүн аткарылуучу хирургиялык операция. Адатта, уретротоманын (urethrotome) (эндоскоптун бир түрү) жардамы аркылуу ишке ашырылат.

**УЩЕМЛЕННЫЙ (incarcerated), кыпчылган** – бул термин негизинен чуркуга тиешелүү колдонулат, ал кыпчылган, кысталган, кыймылы жок дегенди түшүндүрөт.

## Ф

**ФАЛАНГЭКТОМИЯ (phalangectomy), фалангэктомия** – кол жана бут манжаларындагы бир же бир нече бейбелчекти алып салуу алып салуу үчүн аткарыла турчу хирургиялык операция.

**ФАЛЛОПЛАСТИКА (phalloplasty), фаллопластика** – эркектердин жыныстык мүчөсүнө жасалуучу пластикалык операция. Фаллопластика жыныстык мүчөнүн тубаса деформацияларында (мисалы, гипоспадия же эписпадия), ошондой эле айрым бир травмаларында жүзөгө ашырылат.

**ФАРИНГОТОМИЯ** (**pharyngotomy**), **фаринготомия** – кулкундун ириң оорусунда аны кесүү, жаруу. Бул операция Лангенбек жана Кохер (Langenbeck, Kocher) менен практикага киргизилген.

**ФАРИНГОЭКТОМИЯ** (**pharyngectomy**), **фарингоэктомия** – кекиртектин бир бөлүгүн хирургиялык жол менен алып салуу (резекция).

**ФЕНЕСТРАЦИЯ** (**fenestration**), **фенестрация** – ички кулакта кездешүүчү кемирчектүү лабиринтти тешүү үчүн аткарыла турчу хирургиялык операция; отосклероздон пайда болгон керeңдикти дарылоо үчүн аткарылат. Азыркы мезгилде бул операция өтө сейрек аткарылат, анткени аны толугу менен стапедэктомия сүрүп чыгарды.

**ФИБРОДИСПЛАЗИЯ** (**fibrodysplasia**), **фибродисплазия** – ооруменен жабыркаган бириктирүүчү ткандын аномалдык өрчүүсү.

**ФИБРОЗ РЕТРОПЕРИТОНЕАЛЬНЫЙ** (**retroperitoneal fibrosis** (**RPF**)), **ретроперитонеалдык фиброз** – дарт, ал ич көңдөй челинин артында жоон фиброздук өрмөлөрдүн пайда болушу менен мүнөздөлөт.

**ФЛЕБОТОМИЯ** (**phlebotomy**), **ВЕНЕСЕКЦИЯ** (**venesection**), **флеботомия, венесекция** – кан агызуу максатында вена тамырын кесүү, тигүү (полицитемияны дарылоо процессинде) же суюктукту, канды жана дарылык препараттарды куюуда колдонулат.

**ФЛЕБЭКТОМИЯ** (**phlebectomy**), **флебэктомия** – вена тамырын же анын кайсы бир бөлүгүн хирургиялык жол аркылуу жара тилүү; айрым учурларда бут тамырларынын варикоздук кенейип кетүүсүн дарылоо үчүн аткарылат (варикоэктомия (varicectomy)).

**ФЛЕГМОНА** (**phlegmon**), **флегмона** – (эскирген) куюлган майлуу клетчатканын ириңдүү курч мүнөздө сезгениши жана андан ары ткандарды чиритип жайылуусу.

**ФОРМИРОВАНИЕ БЛЮДЦЕОБРАЗНОГО УГЛУБЛЕНИЯ** (**saucerization**), **чыны сымал көңдөйдүн калыптанышы** – 1. Хирургиялык операция, ал жараттан тканды жана анда пайда болгон чыны сымал көңдөйдү алып салууну камтыйт. 2. Омуртканын кабырыңкы келген үстүнкү бети, ал катуу басымдын кесепетинен сынып, ошондой болуп калган.

**ФРЕНИКОТОМИЯ** (**phrenicotomy**), **френикотомия** – боор эттик нервди операциялык жол менен кыйып таштоо.

**ФРЕНИКОЭКЗЕРЕЗ** (**phrenic avulsion**), **френикоэкзерез** – боор этти жогору көтөрүү максатында, операциялык жол менен боор эттик нервди моюн ченден толгоп, үзүп таштоо. Бул операция мурда кургак учук менен жабыркаган өпкө функциясын жеңилдетүү үчүн аткарылып келген.

**ФРЕНЭКТОМИЯ** (**fraenectomy**), **френэктомия** – хирургиялык операция, ал тилдин жүгөнүн алып салууну жана анын астында орун алган фиброздук тканды алып салууну камтыйт.

**ФУНДОПЛИКАЦИЯ** (**fundoplication**), **фундопликация** – хирургиялык операция, ал гастроэзофагеалдык рефлюксттa аткарылат. Көпчүлүк учурда швейцариялык хирург Рудольф Ниссен менен сунушталган ыкма аркылуу аткарылат.

## Х

**ХЕЙЛИТ** (**cheilitis**), **хейлит** – эриндин териден башталып оозго кирген кызыл бөлүгүнүн сезгенип оорушу. Ангулярдык хейлит (angular cheilitis) учурунда, адатта эрин бурчтары жабыркайт; мындан сырткары, ооз көңдөйүнүн кандидозун байкоого болот.

**ХЕЙЛОЗ** (**cheilosis**), **хейлоз** – эриндердин кызарып, жарылып жана шишип кетүүсү. Арибофлавиноз (адам организминде $B_2$ витамининин жетишсиздиги) туура эмес тамактануу менен байланыштуу.

**ХЕЙЛОПЛАСТИКА (cheiloplasty), хейлопластика** – жабыркануудан же деформациядан кийин эриндерди хирургиялык жол менен кайра калыбына келтирүү. Караңыз: Лабиопластика.

**ХЕЙЛОСХИЗИС (cheiloschisis), хейлосхизис** – караңыз: «Коён эрини».

**ХИРУРГ (surgeon), хирург** – хирургия тармагында эмгектенген доктур.

**ХИРУРГИЧЕСКИЙ ИНСТРУМЕНТАРИЙ (surgical instrumentation), хирургиялык аспаптар** – операция убагында керектелүүчү аспаптар. Операция кайсы органга жасалышына жараша ар түрлөргө бөлүнөт.

**ХИРУРГИЯ (surgery), хирургия** – операция жолу менен дарттарды дарылоону окутуучу медицина бөлүгү. Кошумча караңыз: Криохирургия, Микрохирургия. – Хирургиялык (surgical).

**ХИРУРГИЯ МИНИМАЛЬНО ИНВАЗИВНАЯ, ОПЕРАЦИЯ ХИРУРГИЧЕСКАЯ МИНИМАЛЬНО ИНВАЗИВНАЯ (minimally invasive surgery), инвазивдик минималдык хирургия, минималдык инвазивдик хирургиялык операция** – хирургиялык кийлигишүү, ал орулуунун минималдык жабыркануусу менен байланышкан (мындай опреациялар көпчүлүктө операциондук лапараскоптун же эндоскоптун жардамы менен аткарылат (караңыз: Лапароскопия)), кичинекей кесим аркылуу киргизилет; башкача бул операция минималдык инвазивдик хирургиялык операция (keyhole surgery) деп аталат.

**ХИРУРГИЯ ПЛАСТИЧЕСКАЯ (plastic surgery), пластикалык хирургия** – адамдын деформацияланган же жабыркаган ткандарын реконструкциялоо боюнча иш алып баруучу хирургия бөлүмү. Эгер пластикалык хирургия өңдү-түстү оңдоо үчүн керектелсе анда ал косметикалык хирургия деп аталат (cosmetic surgery).

**ХОЛЕДОХОДУОДЕНОСТОМИЯ (choledochoduodenostomy), холедоходуоденостомия** – өт өткөөлү менен он эки эли ичегинин көңдөйүн кошуп, тигип коюучу операция.

**ХОЛЕДОХОСТОМИЯ (choledochostomy), холедохостомия** – өт өткөөлүнүн капталын тешип коюу. Өткөөлдүн төмөн жагындагы дартты дарылаш үчүн тешилип коюлат.

**ХОЛЕДОХОТОМИЯ (choledochotomy), холедохотомия** – хирургиялык операция, аны жасап жаткан мезгилде өт түтүгүн ачуу же андан таштарды чыгарып алуу жасалат.

**ХОЛЕЦИСТОТОМИЯ (cholecystotomy), холецистотомия** – өт баштыкчасындагы көңдөйдү жара тилүү менен байланышкан хирургиялык операция (адатта, андагы ташты алып сылуу үчүн жүргүзүлөт). Тигил же бул себептерден улам холецистэктомияны жүзөгө ашырууга мүмкүн болбой калган учурларда жасалат.

**ХОЛЕЦИСТОЭНТЕРОСТОМИЯ (cholecystenterostomy), холецистоэнтеростомия** – ичке ичеги менен өт баштыкчасынын ортосуна анастомозду коюу үчүн жасала турчу хирургиялык операция. Жалпы өт түтүкчө жолдорунун бүтөлүп калган учурларында боордогу өт суюктугунун ичегилерге өтүшүн камсыз кылуу үчүн жасалат.

**ХОЛЕЦИСТЭКТОМИЯ (cholecystectomy), холецистэктомия** – өт баштыкчасын операциялык жол менен алып таштоо. Адатта ал холециститте же таш толуп кеткен учурларда жасалат. Мурда операция лапаротомия учурунда жасалып келсе, азыркы учурда лапароскопиянын жардамы аркылуу жүргүзүлөт (тери аркылуу лапароскопиялык холецистэктомия (percutaneous laparoscopic cholecystectomy)). Кошумча караңыз: Инвазивдик минималдык хирургиялык кийлигишүү.

**ХОРДОТОМИЯ (cordotomy), хордотомия** – жүлүндүн өткөргүч нерв жипчелерин операциялык жол менен кыркуу.

**ХОРДЭКТОМИЯ (cordectomy), хордэктомия** – үн түйүндөрүн же анын айрым бир бөлүктөрүн (жарым хордэктомия) (partial cordectomy)) хирургиялык жол аркылуу алып салуу.

## Ц

**ЦЕКОСТОМИЯ (caecostomy), цекостомия** – хирургиялык операция, мында сокур ичеги ич капталы аркылуу чыгарылып жана дренаждоо же ичегиге болгон басымды жок кылыш үчүн ачылат; адатта жоон ичегинин өтүмсүздүгүндө же жоон ичегинин жабырканышында жасалат.

**ЦИКЛОДИАЛИЗ (cyclodialysis), циклодиализ** – көздүн тышкы катмарынан бирибирине жабышып өскөнүн ажыратуучу хирургиялык операция.

**ЦИНГУЛОТОМИЯ (cingulectomy), цингулотомия** – хирургиялык операция: кээ бир психопатологиялык абалдарда же катуу ооруларда чоң мээнин буткулунун белгилүү бел бөлүгүндөгү бузулуш.

**ЦИРКУМЦИЗИЯ (circumcision), циркумцизия** – жыныстык мүчөнүн кертмек башын жаап турган терини хирургиялык жол менен кесип алып таштоо. Мындай операция адатта диндик же этникалык себептерден жасалат, бирок кээ бир учурларда мындай операцияны медициналык көрсөткүчтөрдө жасоого туура келет, мисалы, фимоздо же парафимоздо. Аялдардын циркумцизиясы (female circumcision) клиторду жана кичине менен чоң жыныстык эриндерди алып салууну камтыйт.

**ЦИСТИТОМ (cystitome), циститом** – тоголок же иймек бычагы менен чоң эмес скальпель; катаракт оорусунда чечекейдин капсуласын кескенде колдонулат. Кошумча караңыз: Капсулотомия.

**ЦИСТОПЕКСИЯ (cystopexy), ВЕЗИКОФИКСАЦИЯ (vesicofixation), цистопексия, везикофиксация** – хирургиялык операция, ал табарсыкты ар кандай аймактык абалдагы фиксацияны камтыйт. Ал табарсыктын пролапсында коррекциялоодо же жарымжартылай калыбына келтирүүдө колдонулушу мүмкүн.

**ЦИСТОПЛАСТИКА (cystoplasty), цистопластика** – хирургиялык операция, ал табарсыктын кубаттулугун кеңейтүүнү жана аны ичеги аймагы менен бириктирилишин камтыйт.

**ЦИСТОСТОМИЯ (cystostomy), цистостомия** – сийдиктин чыгып туруусу үчүн курсак бети менен табарсыктын ортосуна жасалма тешик (стомалар) коюу максатында жүргүзүлүүчү хирургиялык операция. Бул сийдиктин убактылуу же туруктуу агышына мүмкүндүк берет.

**ЦИСТОТОМИЯ (cystotomy), цистотомия** – табарсык бетин жара тилүү максатында жасалуучу хирургиялык операция. Табарсыктагы ташты же шишикти алып салуу жана трансвезиалдык простатэктомия операциясын жүргүзүү үчүн урук чыктагыч безине жол ачуу максатында жасалат.

**ЦИСТЭКТОМИЯ (cystectomy), цистэктомия** – табарсыкты хирургиялык жол менен алып салуу. Табарсык дарттарын дарылоодо керек болот, негизинен рак оорусунда.

## Ш

**ШИНА (cast), шакшак** – кайсы бир дененин бөлүгү үчүн катуу жабуу, ал пластиктен же ачык өрүлмө бандажжан жасалган, гипс менен сиңирилип, ным түрүндө колдонулат.

**ШИНА (cradle), шакшак** – металл стержени же башка материалдан жасалып, керебетте жаткан бейтап адам денесиндеги жабыркаган жерди ар кыл кыймыл жана төшөнчү салмагынан коргоо максатында пайдаланыла турган бышык кыртыштуу каркас.

**ШИНА (splint), шакшак** – керектүү айгыгуу үчүн сынган сөөк үчүн катуу фиксациялоочу негиз.

**ШОВ II (suture), жик II** – 1. Анатомияда – ордунан жылбоочу кошулманын түрү, алар менен негизинен баш сөөктөр менен биригишет. Тиштүү жиктерди айырмалашат:

таажы жиги (coronal suture), ал маңдай жана төбө сөөктөрдү бириктирет; лямбда сымал жик (lambdoidal suture), төбө жана желке сөөктөрдү кошот; сагиталдык жик (sagittal suture), төбө сөөктөрдү кошот. 2. Хирургияда – жибек жиптин же кетгут жибинин жардамы менен жаракатты же ткандын кесилишин тигүү. Ал жаракатты тез айыктыруу үчүн жасалат.

**ШОВ ЛЯМБДОВИДНЫЙ (lambdoidal suture), лямбда сымал жик** – лямбда сымал жик (lambdoidal suture), ал төбө сөөктү жана желке сөөктү бириктирип турат.

**ШОВ САГИТТАЛЬНЫЙ (sagittal suture), сагитталдык жик** – сагитталдык жик (sagittal suture), төбө сөөктөрдү бириктирип турат.

**ШПАТЕЛЬ, ЛОПАТОЧКА (spatula), шпатель, күрөкчө** – маз же башка дары каражаттарын сүйкөө, ошондой эле ар кыл каражаттарды аралаштыруу үчүн (негизинен стоматологияда) колдонулуучу күрөк сымал аспап.

**ШПРИЦ (syringe), шприц** – көңдөй ийне же ичке түтүкчө бекий турган поршендүү айнек же пластмасс көңдөй цилиндрлүү аспап. Шприц инъекция, ошондой эле дененин ар кайсы көңдөйлөрүн жууп-тазалоо же суюктукту сордуруп чыгаруу үчүн пайдаланылат.

**ШРАМ (scar), тырык** – караңыз: Жумур (cicatrix).

**ШУМ ДУЮЩИЙ (souffle), шамалдоочу чуулдоо** – стетоскоп аркылуу угулуучу назик шамалдоочу чуулдоочу үн; адатта ал кандын тамырлар аркылуу агымынан мындай угулат.

**ШУНТ (shunt), шунт** – биринен экинчисин көздөй кан же кандайдыр бир суюктук (мисалы, жүлүн суусу) агып өтүүчү эки анатомиялык түтүктүү структураны бириктире турган жол. Адатта, бул жол өнүгүүнүн тубаса дефекти катары каралат же хирургиялык операция мезгилинде жасалма түрдө жасалат. Кошумча караңыз: Анастомоз.

## Щ

**ЩИПЦЫ ПУЛЕВЫЕ, ЩИПЦЫ МАТОЧНЫЕ (volsellum, vulsellum), ок кыпчууру, жатын кыпчууру** – хирургиялык кыпчуур, иймек сымал кыпчыткычтары жана эки учунда бычагы бар.

## Э

**ЭВИСЦЕРАЦИЯ (evisceration), эвисцерация** – 1. Хирургияда – ткандагы хирургиялык жол менен жасалган тилик аркылуу кайсы-бир органды сыртка алып чыгуу. 2. Офтальмологияда – бир гана сырткы кыртышын (склера) калтырып, көз чечекейин тазалап салуу менен байланышкан хирургиялык операция. Салыштыруу үчүн: Энуклеация.

**ЭЗОФАГОСТОМИЯ (oesophagostomy), эзофагостомия** – хирургиялык жол аркылуу кызыл өңгөчкө жасалма тешик коюу. Адатта, ал кекиртекке операция жасалгандан кийин адамды убактылуу тамактандырып туруу үчүн жасалат.

**ЭЗОФАГОТОМИЯ (oesophagotomy), эзофаготомия** – операциялык жол менен кызыл өңгөчтү тилип, ичине кирүү.

**ЭКСКАВАТОР (excavator), экскаватор** – 1. Хирургиялык инструмент, өзүнүн сырткы көрүнүшү менен кашыкка окшош; дарт менен жабыркаган тканды кырып чыгарууда колдонулат. 2. Кашыгы бар кол инструментинин түрү, ал чирип кеткен тиштин дентинин алып салууда колдонулат.

**ЭКСКАВАЦИЯ (excavation), экскавация** – дененин бир бөлүгүнө чуңкур жасоо, аны тешүү.

**ЭКСКОХЛЕАЦИЯ (exochleation), экскохлеация** – сөөктү, былжырлуу кабыкты атайын жасалган кашык менен кыруу. Заманбап хирургиялык практикада экскохлеацияны

некрэктомияда колдонушат. Мисалы, сөөк-муундук кургак учукта да колдонушат (караңыз: Өпкөдөн сырткары кургак учук).

**ЭКСТИРПАЦИЯ (extirpation), экстирпация** – хирургиялык жол аркылуу ткань, орган же денедеги чорду толугу менен алып таштоо. Мисалы, жатынды, аш казанды.

**ЭКСТРАКТОР (extractor), экстрактор** – адам денесинен кайсы бир бөлүгүн чоюу, бөтөн нерселерди алып салуу же төрөт процессин жеңилдетүү үчүн пайдаланыла турган аспап (караңыз: Вакуумдук экстрактор).

**ЭКСТРАКТОР ВАКУУМНЫЙ (vacuum extractor), вакуумдук экстрактор** – хирургиялык аспиратор (вакуумдук экстрактор) – бул аспап, жетишерлик күчтөгү аспирациялык идиште басымдын суюлушун пайда кылууга жөндөмдүү, анын жардамы менен атайын түтүк аркылуу же катетер аркылуу суюктуктун калдыктары сорулуп чыгарылат. Аппараттар хирургиялык операция мезгилинде колдонууга багытталган, төрөт убагында жардам көрсөтөт, жана ошондой эле реанимациялык иш чараларды өткөрүүдө жа колдонулат.

**ЭКТОМИЯ (ectomy), эктомия** – мүчөнү бүтүн бойдон же анын бөлүгүн хирургиялык жол менен кесип алып таштоо. Мисалы, аппендэктомия – аппендикстин хирургиялык кесип алынышы; простатэктомия - эркектин урук чыктагыч безинин хирургиялык жол менен кесип алынышы.

**ЭЛЕКТРОХИРУРГИЯ (electrosurgery), электрохирургия** – ткандарды кесүү үчүн ичке сымдуу электрод (диатермикалык бычак) аркылуу өткөрүлгөн жогорку жыштыктагы электр тогун колдонуу.

**ЭМАСКУЛЯЦИЯ, КАСТРАЦИЯ (emasculation), эмаскуляция, бычуу** – жыныстык мүчөнү хирургиялык жол менен алып таштоо.

**ЭМБОЛЭКТОМИЯ (embolectomy), эмболэктомия** – артериянын тыгындалып калган жерин калыбына келтирүү үчүн эмболду хирургиялык жол менен алып таштоо. Эмбол жабыркаган артерия бөлүгүн жара тилүү аркылуу (артериотомия (arteriotomy)) же атайын катетердин жардамы аркасында алынып салынат.

**ЭНДАРТЕРЭКТОМИЯ (endarterectomy), эндартерэктомия** – атерома тарабынан тыгындалып калган артерияны хирургиялык жол менен жара тилүү; мурда бул операция тромбоэндартериэктомия деп аталчу (thromboendarterectomy).

**ЭНТЕРОПЕКСИЯ (enteropexy), энтеропексия** – ичегинин бөлүгүн ичтен сыртка чыгарып, жабыштырып коюучу операция. Ичегиден заң, жел чыкпай калган учурда жасалат.

**ЭНТЕРОРАФИЯ (enterorrhaphy), энтерорафия** – ар кандай операцияда ичегини тигүү чаралары; адатта, ал перфорация же атайылап кесүүдөн кийин жүзөгө ашырылат.

**ЭНТЕРОСТОМИЯ (enterostomy), энтеростомия** – ичке ичегинин аяк жагын сыртка, курсак жакка чыгарып коюу. Ичеги бүтөлүп калган учурдагы жасалуучу операция (караңыз: Дуоденостомия, Еюностомия, Илеостомия) же ашказан менен бириктирилет (гастроэнтеростомия (gastroenterostomy)) же ичке ичегинин кайсы-бир башка илмеги менен бириктирилет (энтероэнтеростомия (enteroenterostomy)).

**ЭНТЕРОТОМИЯ (enterotomy), энтеротомия** – хирургиялык операция, ичке ичегинин бетин жара тилүү максатында жасалат.

**ЭНТЕРОЦЕЛЕ (enterocele), энтероцеле** – дуглас мэйкиндигиндеги чурку, ал түз ичеги-жатындык чуңкурда орун алган.

**ЭНТЕРОЦЕНТЕЗ (enterocentesis), энтероцентез** – адаттан тышкары чогулган газ менен суюктукту чыгаруу үчүн көңдөй ийнени же болбосо оорулууну тамактандыруу максатында карын бети аркылуу катетерди киргизүү иш-аракети менен коштолуучу хирургиялык процедура (караңыз: Гастростомия, Энтеростомия).

**ЭНТЕРЭКТОМИЯ (enterectomy), энтерэктомия** – ичке ичегинин сегментин алыпсалууну камтыган хирургиялык операция.

**ЭНТЕРОЭНТЕРОАНАСТОМОЗ (enteroenteroanastomosis), энтероэнтероанастомоз** – ичке ичегини бири-бири менен көңдөйүн кошуп коюучу операция.

**ЭНУКЛЕАЦИЯ (enucleation), энуклеация** – тышы чел менен капталган кабыктуу шишиктерди сыгып чыгарып алуу. Офтальмологияда, мисалы, энуклеация көз чечекейин бүтүндөй алып салууну камтыйт, бирок жанында жайгашкан башка стриктуралары эч тийгизбей кала берет.

**ЭПИДИДИМОВАЗОСТОМИЯ (epididymovasostomy), эпидидимовазостомия** – хирургиялык операция, ал урук чыгаруучу түтүк менен урук безинин кошумчасынын ортосунда өтмө анастомозду коюуну камтыйт.

**ЭПИДИДИМЭКТОМИЯ (epididymectomy), эпидидимэктомия** – урук безинин кошумчасын алып салууну камтыган хирургиялык операция.

**ЭПИЗИОТОМИЯ (episiotomy), эпизиотомия** – төрөттүн убагында чаткаяктын айрылуусуна алып келбес үчүн, төрөт жолунун сыртын жара тилип коюу.

# ЭНДОКРИНОЛОГИЯ



# А

**АДГ, ГОРМОН АНТИДИУРЕТИЧЕСКИЙ (ADH, antidiuretic hormone), АДГ, диуретикага каршы гормон** – караңыз: Вазопрессин.

**АДРЕНАЛИН (adrenaline), ЭПИНЕФРИН (epinephrine), адреналин, эпинефрин** – бөйрөктүн үстүндөгү без чыгарган суюктук-гормон. Адам бир нерседен корккондо, качканда, өмүргө коркунуч жарата турган кооптуу жагдайдарда бетме-бет келген учурларда канга кошулат. Ошону менен бирге, гормон кандайдыр бир жагдайларга көнүп кетүүгө чоң өбөлгө болуп, кан айлануу, булчуңдардын иштешин жана денедеги зат алмашууну тездетет. Гормон уйлардын бөйрөгүнүн үстүндөгү безинин ортосунан алынат да медицинада колдонулат.

**АКТГ (ACTH), ГОРМОН АДРЕНОКОРТИКОТРОПНЫЙ (adrenocortikotrophic), АДРЕНОКОРТИКОТРОПИН (adrenocortikotrophin), КОРТИКОТРОПИН (corticotrophin), АКТГ, адренокортикотроптуу гормон, адренокортикотропин, кортикотропин** – гипофиздин алдыңкы бөлүгү тарабынан бөлүнүп чыгуучу гормон. Ар кандай стресстик кырдаалдарга каршы көп өлчөмдө иштелип чыгат. АКТГ бөйрөк үстүндөгү бездер тарабынан иштелип чыга турган кортикостероиддик гормондордун секрециясын көзөмөлдөйт. Бөйрөк үстүндөгү бездердин функциясын изилдөө же айрым бир кызыл жүгүрүк (айрыкча жаш балдардагы) жана астма ооруларын дарылоо үчүн инъекция түрүндө колдонулат.

**АЛЛИЛЭСТРЕНОЛ (allylestrenol), АЛЛИЛОЭСТРЕНОЛ (allyloestrenol), аллилэстренол, аллилоэстренол** – синтетикалык аялдардын жыныс гормону (караңыз: Прогестоген); жатындагы кан агууда колдонулат. Соода аталышы: Гестанин (Gestanin).

**АЛЬДОСТЕРОН (aldosterone), альдостерон** – бөйрөк үстүндөгү безде синтезделип, организмдеги туз менен суу балансын (калийдин жана натрийдин камтылышы) жөнгө салып туруучу стероиддик гормон (караңыз: Кортикостероид).

**АЛЬДОСТЕРОНИЗМ (aldosteronism), альдостеронизм** – бөйрөк үстүндөгү без кыртышы тарабынан иштелип чыгуучу гормондордун бири – альдостерондун ашыкча көп болушу. Мунун натыйжасында, организмдеги суу-туз балансы (калий, натрий жана суу курамы нормага дал келбейт) бузулат. Альдостеронизм кан басымынын жогору болуусуна (гипертензия) алып келет. Кошумча караңыз: Конн синдрому.

**АНАЛОГ ЛЮТЕИНИЗИРУЮЩЕГО ГОРМОНА (LHRH analogue), лютеинизациялоо гормондун аналогу** – лютеинизациялоочу гормондун рилизинг-факторунун (luteinizing hormone releasing hormone) өнөктөштөрүнүн бири, ал гипофиз менен лютеинизациялоочу гормондун бошотулушун стимулдаштырат (кошумча караңыз: Бошотулууучу гонадотропин гормону). Лютеинизациялоочу гормондун эки аналогдору – гозерелин (goserelin) (золадекс (Zoladex)) жана лейпрорелин (leuprorelin) (простап (Prostap)) эркектердин урук чыктагыч безиндеги рак оорусун дарылоодо кеңири колдонулат.

**АНДРОСТЕРОН (androsterone), андростерон** – урук бездери тарабынан бөлүнүп чыга турган стероиддүү гормон (караңыз: Андроген); эркектин жыныстык жактан туура өнүгүүсү үчүн зарыл.

**АТЕЛИОЗ, ИНФАНТИЛИЗМ ГИПОФИЗАРНЫЙ (ateleiosis), ателиоз, гипофизардык инфантилизм** – толук өрчүбөгөн жыныстык өрчүү, ал гипофиз менен гормондордун жетишээрлик эмес бөлүп чыгаруусунан пайда болот. Караңыз: Инфантилизм, Карликовость.

**АТИРЕОЗ (athyreosis), атиреоз** – төрөлгөндө эле же андан кийинки адамдын калкан безинин жоктугу.

## Б

**БОЛЕЗНЬ АДДИСОНА (Addison's disease), Аддисон оорусу** – бөйрөк үстүндөгү бездин кортикостероиддик гормондордун жетишээрлик эместиги менен мүнөздөлөт, адатта адам кургак учук менен жабыркаганда байкалат.

**БОЛЕЗНЬ МИКУЛИЧА (Mikulicz's disease), Микулич оорусу** – жаш жана шилекей бөлүп чыгаруучу бездердин жабыркашы. Көз кычыктарынын чоңойушу же ичкериши менен мүнөздөлүп, конъюнктивиттин келип чыгышына жана оздун кургашына алып келет. Келип чыгуу себеби аутоиммундук оору же коркунучтуу шишик саналышы мүмкүн.

**БОЛЕЗНЬ ФОН РЕКЛИНГХАУЗЕНА (von Recklinghausen's disease), БОЛЕЗНЬ ЭНГЕЛЯ – ФОН РЕКЛИНГХАУЗЕНА, ОСТЕОДИСТРОФИЯ ГЕНЕРАЛИЗОВАННАЯ (Engel – von Rocklinghausen's disease), Фон Реклингхаузен оорусу, Энгель – Фон Реклингхаузен оорусу, генерализацияланган остеодистрофия** – 1. Синдром, анын өрчүшү паратиреоиддик гормондун (гиперпаратиреоидизм менен) ашыкча секрециясы менен байланышкан; бул дарттын негизги симптомдору болуп: сөөктөрдүн деминерализациясы (анын кесепетинен остеопороз өрчүйт, сөөктөр морт болуп калат жана оңой сынат) жана бөйрөктөрдө таштар пайда болот. Медициналык аталышы: Фиброздук остит (osteitis fibrosa). 2. Караңыз: Нейрофиброматоз.

**БОЛЕЗНЬ ХАСИМОТО (Hashimoto's disease), Хасимото оорусу** – бөтөн денелердин негизинде пайда болуучу калкан безинин кайталанма оорусу (тиреоидит (thyroiditis)). Оорунун негизги себеби болуп, кармаганда колго урунган катуу шишикче жана калкан бези тарабынан гармондордун дээрлик же биротоло иштетилип чыгарылбай калышы саналат. Оору эркектерге караганда аялдарда көбүрөөк байкалат. Ошондой эле үй-бүлөнүн бир нече мүчөсүнөн да жолуктурууга болот.

## В

**ВАЗОПРЕССИН (vasopressin), ГОРМОН АНТИДИУРЕТИЧЕСКИЙ (antidiuretic hormone, ADH), вазопрессин, диуретикага каршы гормон** – гипофиздин арты бөлүгү болуп, түрдүү кан тамырларга куушурулуучу, таасир тийгизүүчү гормон.

**ВИРИЛИЗАЦИЯ (virilization), вирилизация** – аял организминдеги андроген (гиперандрогенизмдин) затынын ашыкча бөлүнүп чыгуусу. Мында аялда чыкый аймагында чачтын түшүшү, булчуң массасынын жана клитордун чоңоюшу, гирсутизмдин өрчүшү байкалат; үнү жоон болуп, сырткы көрүнүшү менен фигурасы эркектин фигурасына өкшоп калат. Пубертаттык курактагы эркек балдарда вирилизациянын себеби болуп, кайсы-бир шишиктин өрчүшү болушу мүмкүн (караңыз: Лейдиг шишиги).

**ВИРИЛИЗМ (virilism), вирилизм** – тулку бою жана үнү эркек сымал аял.

## Г

**ГАСТРИН (gastrin), гастрин** – карындын кууш кирербериш бөлүгүндөгү былжырлуу чел менен бөлүнүп чыгуучу гормон (караңыз: G-клетка). Анын секарециясынын стимулу болуп, ашказандагы азыктын болушу болуп саналат. Бул гормон канда циркуляцияланат жана ашказан суюктугун бөлүүнү стимулдаштырат.

**ГЕСТАГЕН (progestogen), гестаген** – табигый түрдө пайда болгон же синтетикалык стероиддик гормондордун өкүлү, аларга прогестерон да кошулат, ал кош бойлуулуктун нормалдуу өтүшүн камсыз кылат.

**ГЕСТОДЕН (gestodene), гестоден** – прогестоген, ал оралдык контрацептивдерде эстрогендер менен айкалышууда колдонулат. Соода аталыштары: Фемоден (Femodene), Минулет (Minulet).

**ГИГАНТИЗМ (gigantism), гигантизм** – бою өтө чоң зор адам; көпчүлүк учурда гигантизмдин себеби болуп өсүү гормонуун (соматотропиндин) гипофиз менен жогору секрециясы болуп саналат, ал кичинекей кезде эле байкалат. Кошумча караңыз: Акромегалия.

**ГИДРОКОРТИЗОН (hydrocortisone), КОРТИЗОЛ (cortisol), гидрокортизон, кортизол** – стероиддик гормон: глюкокортикоиддердин негизгисинин бири, ал бөйрөк үстүндөгү бездердин кыртышы аркылуу синтезделет жана секрецияланат (караңыз: Кортикостероид). Углеводдук алмашуунун регуляциясында жана организмдин стресстик кырдаалдагы реакциясында маанилүү ролду ойнойт.

**ГИДРОКСИПРОГЕСТЕРОН (hydroxyprogesterone), гидроксипрогестерон** – синтетикалык алдардын жыныс гормону (караңыз: Прогестоген); боюнан түшүүнү алдын алууда колдонулат. Соода аталышы: Пролютон (Proluton).

**ГИНЕКОМАСТИЯ (gynaecomastia), гинекомастия** – чоңдугу жагынан эмчеги аялдыкына окшогон эркек. Бул кээ бир эндокриндик дарттарда пайда болот.

**ГИПЕРИНСУЛИНИЗМ (hyperinsulinism), гиперинсулинизм** – 1. Инсулин гормонунун ашыкча секрециясы, ал карын астындагы без клеткаларындагы аралчаларда болот. 2. Зат алмашуунун бузулушу, өтө чоң дозадагы инсулинди берүүдөн пайда болот.

**ГИПЕРПАРАТИРЕОИДИЗМ (hyperparathyroidism), гиперпаратиреоидизм** – жупуну калкан безинин активдүүлүгү. Кошумча караңыз: Фон Реклингхаузен оорусу.

**ГИПЕРТИРЕОИДИЗМ (hyperthyroidism), гипертиреоидизм** – жупуну калкан безинин ашыкча активдүүлүгү, ал андагы шишиктен же базедов оорусунун кесепетинен пайда болот. Караңыз: Тиреотоксикоз.

**ГИПОГОНАДИЗМ (hypogonadism), гипогонадизм** – жыныс бездеринин (урук безинин же тукум безинин) функциясынын төмөндөшү, ал экинчилик жыныстык белгилердин жок болушуна же өрчүбөстүгүнө алып келет.

**ГИПОИНСУЛИНИЗМ (hypoinsulinism), гипоинсулинизм** – организмде инсулиндин жетишсиздиги, ал карын алдындагы бездин бул гормон аркылуу секрециясынын жетишсиздиги менен байланыштуу болот, же кант диабетин дарылоо процессинде инсулиндин туура эмес дозировкасы менен байланыштуу болушу мүмкүн.

**ГИПОПАРАТИРЕОЗ (hypoparathyroidism), гипопаратиреоз** – жупуну калкан бездин функциясынын жетишсиздиги, ал болсо канда кальцийдин иондорунун аз санда болушуна жана булчуң спазмына алып келет (караңыз:Тетания).

**ГИПОПИТУИТАРИЗМ (hypopituitarism), гипопитуитаризм** – гипофиздин активдүүлүгүнүн төмөндөшү. Боюунун кыскалыгынын жана жыныстык функциянын бузулушуна алып келет жана бат карып кетүү процесси байкалат (караңыз: Симмондс оорусу).

**ГИПОТИРЕОИДИЗМ (hypothyroidism), гипотиреоидизм** – калкан сымал бездин функциясынын жетишсиздиги. Психикалык жана физикалык жетишсиздикти туудурат.

**ГИПОФИЗ (pityitary gland, hypophysis), гипофиз** – мээнин кошумчасы. Организмде бардык татаал кызматты аткарат, ички секрециянын борбордук бези; мээнин төмөн жагында, баш сөөктүн түрк ээрчесинде орун алган. Ал алдыңкы жана арткы бөлүкчөдөн турат. Алдыңкы бөлүкчөсү Г-дин 70 % тейин түзөт. Өтө көп кан тамырлуу без ткандарынан турат. Г-дин алдыңкы бөлүкчөсү аткарган кызматы менен да айырмаланат. Себеби анын бөлүп чыгарган гормондору өздөрүнүн көп түрдүүлүгү, ошондой эле организмге тийгизген таасири боюнча экиге бөлүнөт: анын ичинде өсүү гормону тканда болуп жаткан биохимиялык процесске түздөн-түз таасирин тийгизсе, калгандары ошол эле процесске башка бездин гормондору аркылуу таасир тийгизип, троптуу гормондор деп аталат (грекче «тропос – багытталган»дегенден). Буга бөйрөк үстүндөгү бездин гормонунун ишин жакшыртуучу адренокортикотроп, калкан сымал бездин ишине таасир тийгизүүчү тиреотроп, жыныс бездеринин гормондоруна таасир этүүчү гонадотроп жана башка гормондору кирет. Г-дин арткы бөлүгү

алдыңкысынан кичине. Ал без тканынан турбай, өзүнүн түзүлүшү боюнча нерв тканына окшош болот. Ошондуктан ал көбүнчө нейрогипофиз деп аталат. Бул бөлүкчөсү гормон иштеп чыгарбайт, ал жерде гипоталамус иштеп чыгарган вазопрессин жана окситоцин гормондору чогулат. Г-дин гормондору – белок зат, алардын химиялык түзүлүшү аныкталган, көбү синтезделип алынган. Алар эндокрин жана башка ооруларда колдонулат. Г-дин секрециясынын бузулушу ар кандай ооруга алып келет. Мисалы, гормон жаш кезде жетишсиз болсо баланын бою кичине, же көбөйүп кетсе бою абдан өсүп кетет. Эгерде Г-дин иши 20–25 тен кийин күчөсө акромегалия оорусу пайда болот. Г. бөлүп чыгаруучу өсүү гормонунун аз бөлүнүшү балдарда 2–5 жашында эле байкалат. Мында баланын бою өтө кичине болот. Чоң кишилерде Г-дин ишинин начарлашы анын сезгенүүсү, кээде шишиктен жабыркоосу, аялдардын төрөттө көп кан жоготушу менен байланыштуу болот. Ошондуктан Г-дин иши начарлаганда врачка кайрылып дарылануу зарыл.

**ГЛЮКАГОН (glucagon), глюкагон** – карын алдындагы без тарабынан иштелип чыкчу гормон; кандагы канттын өлчөмүн жогорулатуу менен инсулиндин ишине каршы иш-аракеттерди жаратат. Глюкагон кан диабети менен жабыркаган оорулуу адамдардагы диабетик гипогликемияны дарылоо үчүн колдонулат.

**ГНВГ (Gnrh), Гнвг** – караңыз: Гонадотропин – бошотуучу гормону.

**ГОЗЕРЕЛИН (goserelin), гозерелин** – караңыз: Лютеинизациялоочу гормондун аналогу.

**ГОНАДОРЕЛИН (gonadorelin), гонадорелин** –гонадотропиндин бошотуучу гормонунун синтетикалык аналогу (караңыз: Лютеинизациялоочу гормондун аналогу).

**ГОНАДОТРОПИН (gonadotrophin), ГОРМОН ГОНАДОТРОПНЫЙ (gonadotrophic hormone), гонадотропин, гонадотроптук гормон** – гормодун бири, гипофиз менен синтезделген жана секрецияланган; энелик тукум безине же урук безине таасир тийгизет. Негизги гонадотроптор болуп фолликулду стимуляциялаган жана лютеинизациялаган гормондор эсептелет. Кошумча караңыз: Адамдык хорионикалык гонадотропин.

**ГОНАДОТРОПИН ЧЕЛОВЕЧЕСКИЙ ХОРИОНИЧЕСКИЙ (human chorionic gonadotrophin, HCG), адамдык хорионикалык гонадотропин** – мындай гормон кош бойлуу болгон мезгилде плацента аркылуу секрецияланат, ал гипофиз бөлүп чыгарган гонадотропиндер менен окшош. Бул гормон көп санда сийдик менен чыгарылат, ал болсо кош бойлуулукту аныктоочу тесттерде колдонулат.

**ГОРМОН (hormone), гормон** – ички бездердин (мисалы, калкан бездик, бөйрөк үстүндөгү без гипофиз ж.б.) же башка эндокриндик клеткалар менен чыгарган суюктугу. Алар көбүнчө канга кошулуп, анан организмге таасирин тийгизет. Мындай гормондорго мисалы катары кортикостероиддер (алар бөйрөк үстүндөгү бездердин кыртышы менен бөлүнүп чыгарылат), өсүү гормону (гипофиз аркылуу бөлүнүп чыгат) жана андрогендер (урук бези менен бөлүнүп чыгат) кирет.

**ГОРМОН АДРЕНОКОРТИКОТРОПНЫЙ (adrenocorticotrophic hormone), АДРЕНОКОРТИКОТРОПИН (adrenocorticotrophin), аденокортиротроптук гормон, адренокортикотропин** – караңыз: АКТГ.

**ГОРМОН ГОНАДОТРОПИН-ОСВОБОЖДАЮЩИЙ (ГнВГ), ГОНАДОТРОПИН-РИЛИЗИНГ ФАКТОР (gonadotrophin-releasing hormone, GnRH), гонадотропин гормону-бошотуучу, гонадотропин-рилизинг фактору** – пептиддик гормон, гипоталамуста бөлүнүп чыккан жана кан аркылуу гипофизге өткөн жана ал жерде синтезди көзөмөлдөйт жана гипофиздик гонадотропиндерди бошоосун көзөмөлдөйт. Гормоналдык сексуалдык бузулууларда жана тукумсуздукта колдонулат.

**ГОРМОН ЛАКТОГЕННЫЙ (lactogenic hormone), лактогенндик гормон** – караңыз: Пролактин.

**ГОРМОН ЛЮТЕИНИЗИРУЮЩИЙ (luteinizing hormone, LH), лютеинизациялаган гормон** – гипофиздин алдыңкы үлүшү менен синтезделүүчү гормон (караңыз: Гонадотропин). Аялдарда овуляцияны, сары денечени пайда болушун, тукум бези аркылуу прогестерондун синтезин стимулдаштырат (кошумча караңыз: Менструалдык цикл); эркектерде урук безинин интерстициалдык клеткалар менен андрогендердин синтезин стимулдаштырат. Башка аталышы – интерстициалдык клеткаларды стимулдаштыруучу гормон (interstitial cell stimulating hormone (ICSH)).

**ГОРМОН ЛЮТЕОТРОПНЫЙ (luteotrophic hormone), ЛЮТЕОТРОПИН (luteotrophin), лютеотроптук гормон, лютеотропин** – караңыз: Пролактин.

**ГОРМОН МЕЛАНОЦИТ-СТИМУЛИРУЮЩИЙ (МСГ) (melanocyte-stimulating hormone (MSH)), меланоцит-стимулдаштырган гормон** – гипофиздин алдынкы үлүшү менен секрецияланган гормон. Бул гормон теринин түсүнө жооп берет.

**ГОРМОН ПАРАТИРЕОИДНЫЙ (parathyroid hormone), ПАРАТГОРМОН (parathormone), паратиреоддук гормон, паратгормон** – жупуну калкан сымал без менен секрецияланат жана синтезделет. Ал организмде кальций менен фосфордун деңгээлин жөнгө салат. Салыштыруу үчүн: Тиреокальцитонин.

**ГОРМОН РОСТА (growth hormone, GH), ГОРМОН СОМАТОТРОПНЫЙ (СТГ) (somatotrophin), өсүү гормону, соматотроптук гормон** – стероиддик гормон, көбүнчө энелик тукум безинде же эркектин жумурткасынан бөлүнүп чыгарылат, ал адамда жыныстык өрчүүнү жөнгө салат. Балдар организминде бул гормондун жетишсиздиги эргежээлдикке алып келет.

**ГОРМОН ТИРЕОТРОПИН-ВЫСВОБОЖДАЮЩИЙ (thyrotrophin-releasing hormone, TRH), тиреотропин – бошотуучу гормон** – гипоталамуста пайда болуучу гормон, ал тиреотроптук гормондун секрециясын стимулдаштырып, гипофиздин алдыңкы үлүшүнө таасир тийгизишет.

**ГОРМОН ФОЛЛИКУЛОСТИМУЛИРУЮЩИЙ, (ФСГ), (folliclestimulating hormone (FSH)), фолликостимулдаштыруучу гормон, (ФСГ)** – гипофиздин алдынкы үлүшү менен бөлүнүп чыгарылуучу жана синтезделүүчү гормон (караңыз: Гонадотропин). Ал энелик тукум безиндеги фолликулдардын өрчүүсүн жана бойдун өсүшүн стимулдаштырат.

**ГОРМОН ЭКТОПИЧЕСКИЙ (ectopic hormone), эктопикалык гормон** – клеткалар менен бөлүнүп чыгуучу гормон, аны алар адатта бөлүп чыгарышпайт. Ошентип кээ бир шишиктик клеткалар гормондорду бөлүп чыгарышат: мисалы, өпкөнүн кээ бир шишиктик клеткалары вазопрессинди секрециялашат.

**ГОРМОН, СЕКРЕТИРУЕМЫЙ ЩИТОВИДНОЙ ЖЕЛЕЗОЙ; ГОРМОН ТИРЕОИДНЫЙ (thyroid hormone), калкан бези менен секрецияланган гормон, тиреоиддик гормон** – йод бар зат, калкан бези менен секрецияланган; организмде зат алмашуу процессинде маанилүү ролду ойнойт, жана адамдын психикалык жана физикалык өрчүүсүнө таасир тийгизет. Тиреоиддик гормондун курамына трийодотиронин (triiodothyronine) жана тироксин кирет (thyroxine).

**ГОРМОН, СТИМУЛИРУЮЩИЙ ИНТЕРСТИЦИАЛЬНЫЕ КЛЕТКИ (interstitial-cell-stimulating hormone), интерстициалдык клеткаларды стимулдаштыруучу гормон** – караңыз: Лютеинизациялаган гормон.

**ГОРМОНОТЕРАПИЯ (hormone therapy), гормоналдык терапия** – гормондор менен дарылоо.

## Ж

**ЖЕЛЕЗА ВНУТРЕННЕЙ СЕКРЕЦИИ (ductless gland), ички бездердин секрециясы** – бездер жана параганглиялар, аларда кан тамырдык лимфалык капиллярлар бөлүнүп чыгышат (караңыз: Эндокринндик без).

**ЖЕЛЕЗА ЩИТОВИДНАЯ (thyroid gland), калкан сымал без** – кекиртек алдында жайгашкан ири эндокриндик без. Калкан сымал без көп сандаган фолликулдардан турат (болжол менен 30 млн). Калкан сымал бездин гармондору бөлүп чыгарган зат (секреция) гипофиздин тиреотроптук гормондору тарабынан жөнгө салынат. Калкан сымал бездин гармондору бойдун өсүүсүн, акыл жана физикалык жактан өнүгүүнү, ошондой эле зат алмашуу процесстеринин агымын камсыз кылат. Ал эми анын нормалдуу иштеши үчүн йод талап кылынат.

**ЖЕЛЕЗА ЭНДОКРИННАЯ (endocrine gland), ЖЕЛЕЗА ВНУТРЕННЕЙ СЕКРЕЦИИ (ductless gland), эндокринндик без, ички секрециялык без** – бир же бир нече гормондорду бөлүп чыгаруучу без жана түздөн түз кан чыгаруучу багытка секрециялайт. Эндокринндик бездерге: гипофиз, калкан сымал без, жуп калкан бездери, бөйрөк үстүндөгү бездер, тукум бездер менен урук бези, плацента, жана ошондой эле уйку безинин бир бөлүгү кирет.

## З

**ЗЕВ (fauces), алкым тешиги** – ооз көңдөйүнөн алкымды көздөй кетүүчү тешик. Ал алкым тешигинин алдыңкы туткасын түзүүчү таңдай- тилдик (glossopalatine arch), ошондой эле арткы туткаларды түзүүчү таңдай- алкымдык (pharyngopalatine arch) туткалар менен айланта курчалган.

**ЗОБ (goitre), богок** – моюнда пайда болуучу шишикче. Калкан сымал бездин чоңоюшунан пайда болот. Себеби болуп тамак-ашта йоддун жетишсиздиги (ал калкан бези бөлгөн гормон үчүн керек); гормондун секрециясын жогорулатууга аракет кылганда без чоңоюп баштайт. Бул эпидемикалык богоктун өрчүшүнүн себеби болуп саналат (endemic goitre). Спорадикалык богок (sporadic goitre) бездин шишип кетүүсүнөн же бездин өтө өсүшүп кетүүсүнөн (гиперплазиядан) өрчүшү мүмкүн. Экзофтальмикалык богок болгондо (exophthalmic goitre) (же базедов оорусунда (Graves's disease)) шишип кетүү бездин гиперактивдүүлүгү менен коштолот, ошондой эле кээ бир симптомдор менен да коштолот (караңыз: Тиреотоксикоз). Аутоиммунндук тиреоидит ошондой эле богоктун пайда болушу менен да коштолот. (караңыз: Хасимото оорусу).

**ЗОБ (struma,** көпч. **strumae), богок** – калкан безинин тканынын өсүшүп кетиши (караңыз: Богок (goitre)). Риделдин богогу (Riedel's struma) бул калкан безинин сейрек кездешкен өнөкөт сезгенишин көрсөтүп турат (караңыз: Тиреоидит), ал жоонoюп кетүү жана калың болуу менен мүнөздөлөт.

**ЗОБ ДИФФУЗНЫЙ ТИРЕОТОКСИЧЕСКИЙ, ЗОБ ЭКЗОФТАЛЬМИЧЕСКИЙ, БОЛЕЗНЬ БАЗЕДОВА (exophthalmic goitre), БОЛЕЗНЬ ГРЕЙВСА (Graves's disease), тиреотоксикалык диффуздук богок, экзофталмогиялык бозгок, Базедов оорусу, Грейвс оорусу** – караңыз: Тиреотоксикоз.

## И

**ИНСУЛИН (insulin), инсулин** – карын алдындагы бездеги Лангерганс аралчаларынын бета-клеткалары тарабынан иштелип чыгуучу гормон. Кандагы кант курамын жөнгө салып туруура өтө чоң мааниге ээ. Кант оорусун дарылоодогу негизги дары жол менен синтезделген гормондордун эң алгачкысы. И. организмдин глюкозаны сиңирүүсүн, боордо гликогенди синтездөөнү жана анын булчуң талчаларында топтолуусун камсыз кылат, майдын пайда болушун, белоктун синтезин күчөтөт. И - ди көп өлчөмдө куйганда глюкозанын көбү кандан скелет, жүрөк булчуңдары, эмчек жана башка органдардын клеткаларынын ичине өтөт. Натыйжада глюкоза канда азайып, нерв системанын клеткаларына жетишсиз

келет. Ошондуктан, мээ менен жүлүнгө глюкоза жетишпей мээнин иши бузулуп, инсулин шогу, башкача айтканда гипогликемия пайда болот. Бул жаныбарлардын жана адамдын уйку бези иштеп чыгаруучу белоктуу гормон. Химиялык абал глюкозанын кандагы өлчөмү 45–50 мг % ке түшкөндө (нормада ал 80–120 мг %) болот. Глюкозаны венага куйганда инсулин шогу жоголот. И - дин жетишсиздиги кант диабетине алып келет.

## К

**КОРТИЗОН (cortisone), кортизон** – бөйрөк үстүндөгү бездин чыгарган суюктугу – гормонунун бир түрү. Бул гормонду бездин тышкы катмары чыгарат. Ал негизинен кортикостероиддик гормондордун жетишсиздигинде колдонулат, бул көбүнчө Аддисон оорусунда же бөйрөк үстүндөгү безди хирургиялык жол менен алып салуудан кийин колдонулат.

**КОРТИКОСТЕРОИД (corticosteroid), КОРТИКОИД (corticoid), кортикостероиддер, кортикоид** – бөйрөк үстүндө бездин бөлүп чыгарган суюктугу – стероиддик гормон. Кортикостероиддердин эки негизги тобу бар. Глюкокортикоиддер (glucocorticoids) (мисалы, гидрокортизон (кортизол), кортизон же кортикостерон) организм менен кычкылдарды, майларды жана белокторду сиңирүүдө маанилүү роль ойнойт, боордо глюконеогенезди стимулдаштырат, ошондой эле организмдин стресске болгон нормалдуу реакциясын камсыз кылат. Минералокортикоиддер (mineralocorticoids) (мисалы, альдостерон) организмде суу – туздук балансты тууралоодо катышат.

**КОРТИКОСТЕРОН (corticosterone), кортикостерон** – стероиддик гормон (караңыз: Кортикостероид), ал бөйрөк үстүндөгү бездин кыртышы менен чоң эмес көлөмдө бөлүнүп чыгарылат.

**КОРТИКОТРОПИН (corticotrophin), кортикотропин** – караңыз: АКТГ.

## Л

**ЛГ (LH), Лг** – караңыз: Лютеинизациялаган гормон.

**ЛИОТИРОНИН (liothyronine), лиотиронин** – тироксинге окшош гормон, ал калкан бези менен бөлүнүп чыгат; калкан безинин функциясынын жетишсиздиги менен коштолуучу дарттарда колдонулат. Соода аталышы: Тертроксин (Tertroxin).

**ЛИПОТРОПИН (lipotrophin), липотропин** – гормон сымал зат, ал гипофиздин алдынкы үлүшү менен секрецияланат; ал май тканынан канга майдын келишин стимулдаштырат.

## М

**МАСКУЛИНИЗАЦИЯ (masculinization), маскулинизация** – аялдарда кезигүүчү эркектердин жыныстык белгилеринин өсүшү. Ал кайсы-бир гормоналдык бузулуштун же гормоналдык терапиянын кесепетинен пайда болот. Кошумча караңыз: Вирилизм, Вирилизация.

**МЕГЕСТРОЛ (megestrol), мегестрол** – синтетикалык аялдардын жыныстык гормону (караңыз: Прогестоген); эмчектеги жана жатындагы рак шишигинин таралып кетишинде колдонулат. Соода аталышы: Мегас (Megace).

**МЕДРОКСИПРОГЕСТЕРОН (medroxyprogesterone), медроксипрогестерон** – аялдардын синтетикалык жыныстык гормону (караңыз: Прогестоген); этек кир циклинин бузулушунда колдонулат (анын ичинде амонореяда), ал боюнан түшүп калууну алдын алат жана (эстроген менен айкалышканда) оралдык контрацептивдерде колдонулат. Соода аталыштары: Фарлутал (Farlutal), Провера (Provera).

**МЕЛАТОНИН (melatonin), мелатонин** – гормон, караңгыда шишик сымал дене менен секрецияланган.

**МЕСТРАНОЛ (mestranol), местранол** – синтетикалык аялдардын жыныстык гормону (караңыз: Эстроген); прогестоген менен айкалышууда менопаузаны дарылоодо колдонулат (караңыз: Гормон алмаштыруучу терапия).

**МЕТИЛТЕСТОСТЕРОН (methyltestosterone), метилтестостерон** – синтетикалык эркек жыныстык гормон (караңыз: Андроген); ал эркектерде жыныстык өрчүүнүн кечигишин дарылоодо ичүү үчүн колдонулат. Ошондой эле лактацияны басаңдатууда, менструалдык жана менопаузалык бузулууларды, аялдарда эмчектеги рак оорусунда колдонулат.

**МИНЕРАЛОКОРТИКОИД (mineralocorticoid), минералокортикоид** – бөйрөктүн үстүндөгү бездин чыгарган суюктугу. Калий менен натрийдин алмашуусуна таасирин тийгизет. Караңыз: Кортикостероид.

**МОНОЙОДОТИРОЗИН (monoiodotyrosine), монойодотирозин** – йод бар зат, калкан без менен анда гормондорду бөлүп чыгаруу процессинде секрецияланган.

## Н

**НАДПОЧЕЧНИКИ (adrenal glands, suprarenal glands), бөйрөк үстүндөгү без** – үч бурчтук түрдө болушуп, бөйрөктүн үстүңкү полюсунда жайгашышкан кош эндокриндик без. Ал медулла (medulla) жана кортекс (cortex) өңдүү эки бөлүктөн турат. Бөйрөк үстүндөгү бездин негизги бөлүгүн медулла түзөт; негизинен хромаффиндик ткандан туруп, симпатикалык нерв системасынын таасири алдында адреналин жана норадреналин өңдүү гормондорду иштеп чыгарат.

**НАНДРОЛОН (nandrolone), нандролон** – синтетикалык эркек гормону, анын анаболикалык таасир бар. Инъекция түрүндө берилет; чоң дозада берилсе анда ал аялдарда вирилизацинын пайда болушуна алып келет. Соода аталышы: Дека-дураболин (Deca-Durabolin).

**НЕЙРОГОРМОН (neurohormone), нейрогормон** – нерв клеткалары тарабынан иштелип чыгып, нерв учтарынан бөлүнүү менен канга коштолуучу гормон. Мындай гормондорго мисалы катары окситоцин жана вазопрессин, ошондой эле норадреналин киришет.

**НОРАДРЕНАЛИН (noradrenaline), НОРЭПИНЕФРИН (norepinephrine), норадреналин, норэпинефрин** – адреналин менен тыгыз байланышкан жана окшош мүнөздөгү иш-аракетке ээ гормон; майда кан тамырлардын ичкеришине жана аны менен бирге кан басымынын жогорулашына алып келип, коронардык артериялардагы кан агымынын күчөшүнө жана жүрөк булчуңдарынын тез-тез жыйрылуусуна шарт түзөт.

**НОРЭТИСТЕРОН (norethisterone), норэтистерон** – аялдардын синтетикалык жыныстык гормону (караңыз: Прогестоген); аменореяда жана менструалдык циклдин бузулушунда колдонулуучу дары. Соода аталышы: Примолат (Primolut).

## О

**ОКСИМЕТОЛОН (oxymetholone), оксиметолон** – синтетикалык эркектердин жыныс гормону, ал анаболикалык таасирге ээ болот. Соода аталышы: Анаполон 50 (Anapolon 50).

**ОКСИТОЦИН (oxytocin), окситоцин** – гипоталамус нейрондору тарабынан бөлүнүп чыгуучу гормон. Төрөт учурунда жатындын жыйрылышына, ошондой эле сүт бездери тарабынан сүттүн бөлүнүп чыгышына шарт түзөт.

## П

**ПАРАКРИННЫЙ (paracrine), паракриндүү** – бул термин эндокриндик бездер тарабынан иштелип чыгып, жанындагы клеткалардын функцияларына таасир эте турган гормондорду сүрөттөп берүү үчүн колдонулат.

**ПАРАТГОРМОН (parathormone), паратгормон** – караңыз: Паратиреоиддик гормон.

**ПЕНТАГАСТРИН (pentagastrin), пентагастрин** – синтетикалык гормон, ашказандагы ашказан суюктугун стимуляциялоо менен коштолот. Соода аталышы: Пептавлон (Peptavlon).

**ПРЕГНАНЕДИОЛ (pregnanediol), прегнанедиол** – аялдардын жыныстык гормону болуп саналган прогестерондун метаболизм процессинде жарала турчу стероид. Ал кош бойлуу аялдардын сийдигинде, ошондой эле белгилүү бир менструалдык цикл баскычтарында кездешет.

**ПРОГЕСТЕРОН (progesterone), прогестерон** – стероиддик гормон, аналык бездин сары денечеси, плацентасы жана бир аз сандагы бөрөк үстүндөгү бездер менен секрецияланат. Ал эндометриянын түйүлдүктүн имплантациясына даярдоону камсыз кылат. Прогестерон кош бойлуулуктун нормалдуу өтүшүн камсыз кылат жана тукум безинде жаңы жумуртка клеткасын бөлүп чыгаруусун токтотот. Кошумча караңыз: Менструалдык цикл, Гестаген.

**ПРОЛАКТИН (prolactin), ГОРМОН ЛАКТОТРОПНЫЙ (lactogenic hormone), пролактин, лактотроптук гормон** – гормон, ал гипофиздин алдыңкы үлүшүндө синтезделет жана топтолот. Бул гормон аялдарда төрөттөн кийин сүттүн секрециясы үчүн жооп берет, ошондой эле тукум безиндеги сары денедеги прогестерондун бөлүнүп чыгышын стимулдаштырат.

**ПРОЛАН Б (Icsh, interstitial-cell-stimuulating hormone)), пролан Б** – караңыз: Лютеинизациялоочу гормон.

**ПРОСТАГЛАНДИН (prostaglandin), простагландин** – гормон сымал топтордун өкүлү, ал түрдүү ткандарда жана адам денесиндеги суюктуктарда (ага жатын, баш мээси, өпкө, бөйрөктөр жана урук суюктугу да кошулушат) орун алган. Синтетикалык простагландиндер төрөттү стимулдаштырууда же боюнан алдырууда колдонулат (караңыз: Динопрост, Гемепрост), пептикалык жараларды дарылоодо (караңыз: Мизопростол) жана тубаса жүрөк оорусу менен төрөлгөн ымыркайларды дарылоо процессинде колдонулат (караңыз: Алпростадил).

## Р

**РЕЛАКСИН (relaxin), релаксин** – кош бойлуулуктун акыркы баскычында бала тону тарабынан иштелип чыгуучу гормон; жатындын кеңейишин камсыздап, төрөт учурунда жатынды окситоцин иш-аракетине даярдайт.

## С

**СВЯЗЬ ОБРАТНАЯ (feedback), кайтарынкы байланыш** – кайсы бир жабдыктын чыга беришиндеги сигнал, ал буга жооп катары келүүчү сигнал катары пайда болот. Кайтарынкы байланыштын механизмдери көпчүлүк физиологиялык процесстер үчүн маанилүү болушат; мисалы, алар гормондордун пайда болуу процессинде, ошондой эле ферменттердин катышуусу менен өтүүчү реакцияларда да маанилүү роль ойношот.

**СВЯЗЬ ОБРАТНАЯ БИОЛОГИЧЕСКАЯ (biofeedback), биологиялык кайтарынкы байланыш** – организмде болуп жаткан бардык процесстер тууралу маалыматтын мээге дароо жетиши (мисалы, жүрөк жыйрылуусунун жыштыгы жөнүндө); адатта, адам бул байланышты сезе бербейт.

**СЕКРЕТИН (secretin), секретин** – ичке ичегинин былжырлуу кабыгы бөлүп чыгарган өзгөчө суюктук. Ал канга кошулганда, карындын алдындагы уйку безин суюктук чы-

гарууга түрткү берет (караңыз: Карын алдындагы бездин суюктугу) жана боордогу өт суюктугу. Секретин ашказандын жана жоон ичегинин перистальтикасын басаңдатат.

**СИНДРОМ АДРЕНОГЕНИТАЛЬНЫЙ (adrenogenital syndrome), адреногенитилдалдык синдром** – гормоналдык бузулуш, стероиддердин бөйрөк үстүндөгү бездин кыртышындагы секрециясынын аномалиясы менен байланыштуу. Ал кыздарда маскулинизация түрүндө, балдарда эрте келген жыныстык өрчүү түрүндө, жана бөйрөк үстүндөгү бездин кыртыштын жетишсиздиги менен өтүшү мүмкүн (караңыз: Аддисон оорусу).

**СИНДРОМ КУШИНГА (Cushing's syndrome), Кушинг синдрому** – кортикостероиддик гормондордун өзгөчө көп бөлүнүп чыгарылышынын кесепетинен өрчүйт. Кушинг синдрому гипофиздин өтө активдүүлүгүнүн кесепетинен өрчүшү мүмкүн анда ал АКТГ гормонун ашыкча көлөмдө иштете баштайт; бул гипофиздин шишиги менен (Кушинг оорусу (Cushing's disease)), өпкөнүн коркунуч туудурган шишиги менен же кайсы-бир органдагы коркунуч туудурган шишиги менен туудурулушу мүмкүн.

**СИНДРОМ ПОЛИКИСТОЗА ЯИЧНИКОВ (polycystic ovary syndrome (POS)), тукум безинин поликистозунун синдрому** – гормоналдык бузулуш, ал лютеинизациялоочу гормондун секрециясынын бузулушунан келип чыккан грааф көбүкчөлөрүнүн толук эмес өрчүшү менен мүнөздөлөт; анын жыйынтыгында грааф көбүкчөлөрүнүн овуляция процесси болбой калат, алар тукум безинде топтоло башташат да, анда көп сандагы кисталар пайда болобаштайт жана анын чоюлуусуна алып келет. Бул синдром дагы башкача Штайн – Левенталь синдрому деп аталат (Stein – Leventhal syndrome).

**СИНДРОМЫ МНОЖЕСТВЕННОЙ ЭНДОКРИННОЙ НЕОПЛАЗИИ (multiple endocrine neoplasia syndromes, MENS), көпчүлүк эндокринндик неоплазия синдрому** – адамдын эндокринндик системасынын жабыркашы менен коштолуучу симптомдордун тобу, организмде шишиктердин пайда болушу менен мүнөздөлөт. Бул шишиктер гипофизде, калкан безинде жана паракалкан бездеринде, бөйрөк үстүндөгү бездерде жана карын алдындагы бездерде өрчүшү мүмкүн, болгондо да алардын пайда болгон жерлеринин айкалышуусу көпчүлүктүү болушат жана I, II а жана II б типтерине киришет. Кошумча караңыз: АПУД-клеткалары.

**СОМАТОСТАТИН (somatostatin), ФАКТОР ГОРМОНА РОСТА ВЫСВОБОЖДАЮЩИЙ, ИНГИБИРУЮЩИЙ (growth-hormone-release inhibiting factor), соматостатин, өсүү гормонунун бошотуучу фактору, ингибациялоочу** – гормон, ал гипоталамус менен жана кээ бир нерв ткандардан айырмалангандар менен бөлүнүп чыгат, ага дагы ичеги-карын тракт жана карын алдындагы без да кирет (караңыз: Лангерганстын аралчалары), анын кесепетинен өсүү гормонунун (соматотропиндин) аденогипофиз менен секрециясынын басаңдашы боло баштайт.

**СОМАТОТРОПИН (somatotrophin), соматотропин** – караңыз: Өсүү гормону.

**СТИЛБОЭСТРОЛ (stilboestrol), стилбоэстрол** – аялдардын синтетикалык жыныс гормону (караңыз: Эстроген); менструалдык циклдин бузулушунда жана менопаузанын симптомдорунда ошондой эле рак оорусун дарылоодо колдонулат.

## Т

**ТЕЛО ЖЕЛТОЕ (corpus luteum), сары дене** – эндокринндик без, тукум безинин овуляциясынан кийин грааф ыйлаакчасынын жарылган жеринде пайда болот. Прогестерон гормонун иштеп чыгарат, ал жатынды имплантацияга даярдайт.

**ТЕЛО ШИШКОВИДНОЕ, ЭПИФИЗ (pineal gland, pineal body), шишик сымал дене, эпифиз** – кичинекей эндокринндик без, ал өлчөмү менен кичинекей буурчакты элестетет. Эпифиз мелатонинди, серотонинди жана гормоналдык таасирге ээ болгон бир катар

полипептиддерди синтездейт жана секрециялайт. Эпифиз жыныстык өрчүүгө, жыныстык бездердин функциясына, түш ритмине жана ойгонуу функциясына таасир тийгизет. Эпифиз гипофиздин, панкреатикалык аралчалардын, жупуну калкан бездердин, бөйрөк алдындагы бездердин, жыныстык бездердин жана калкан бездердин активдүүлүгүн моделдештирет. Анатомиялык аталышы: Эпифиз (epiphysis).

**ТЕРАПИЯ ГОРМОНОЗАМЕСТИТЕЛЬНАЯ (hormone replacement therapy, HRT), гормонду алмаштыруучу терапия** – тукум безинин функциясынын бузулушунда пайда болгон симптомдорду азайтуу үчүн аялдык гормодорду колдонуу (табигый менопауза учурунда же тукум безин хирургиялык алып салуусунан кийин).

**ТЕСТОСТЕРОН (testosterone), тестостерон** – эркектердин негизги жыныстык гормону (караңыз: Андроген).

**ТИРЕОИДИТ (thyroiditis), тиреоидит** – калкан безинин сезгениши. Курч тиреодиттин (acute thyroiditis) өрчүшүнүн себеби болуп адатта бактерилдык инфекция болуп саналат; өнөкөт тиреоидит (chronic thyroiditis) көпчүлүк учурда иммундук жооптун бузулушу менен байланыштуу болот (караңыз: Аутоиммунндук реакция), анын кесепетинен лимфоциттер бездердин ткандарына кол салышат. Караңыз: Хасимото оорусу, Струма.

**ТИРЕОТОКСИКОЗ (thyrotoxicosis), тиреотоксикоз** – калкан безинин күчтүү, катуу иштешинен пайда болгон оору. Тиреотоксикоздун себеби болуп калкан безинин жөнөкөй гиперактивдүүлүгү, коркунуч туудурбаган шишиктин өрчүшү же анда карциноманын өрчүшү, ошондой эле базедов оорусу (Graves's disease (же экзофтальмикалык богок (exophthalmic goitre)) болушу мүмкүн, мында орулууда богок (goitre) пайда болот да калкан безинин чоңоюшу жана тосток көздүк байкалат (экзофтальм (exophthalmos)). – Тиреотоксикалык (thyrotoxic).

**ТИРОЗИНОЗ (tyrosinosis), тирозиноз** – организмде тирозиндин алмашуусунун тубаса бузулушу, ал сийдик менен парагидроксифенилпирожүзүмдүк кислоталардын бөлүнүшүн көбөйтөт.

**ТИРОКАЛЬЦИТОНИН (thyrocalcitonin), КАЛЬЦИТОНИН (calcitonin), тирокальцитонин, кальцитонин** – калкан безинин парафолликулярдык клеткалары менен иштелип чыккан гормон, ал канда кальцийдин жана фосфаттын деңгээлинин төмөндөшүнө алып келет. Тирокальцитонин орулууларга инъекция түрүндө, гипрекальцемияны жана сөөктөрдү жабыркоочу Педжет оорусун дарылоодо сайышат. Салыштыруу үчүн: Паратиреоиддик гормон.

**ТИРОКСИН (thyroxine), тироксин** – калкан сымал бези тарабынан бөлүнүп чыга турган гормондордун бири (караңыз: Тиреоиддик гормон). Калкан сымал бездин ишаракетин жакшыртуу үчүн сунушталат (караңыз: Кретинизм, Микседема).

**ТРИАМЦИНОЛОН (triamcinolone), триамцинолон** – синтетикалык кортикостероиддик гормон, кортизондун аналогу; ал сезгеничти азайтат, мында ал организмде суунун жана туздун токтолушун туудурбайт. Соода аталыштары: Адкортил (Adcortyl), Ледеркорт (Ledercort).

**ТРИЙОДОТИРОНИН (triiodothyronine), трийодотиронин** – калкан сымал без тарабынан бөлүнүп чыга турган гормондордун бири. Караңыз: Тиреоиддик гормон.

## Ф

**ФСГ (FSH), ФСГ**-гормон (караңыз: Гонадотропин), ал гипофиздин алдынкы үлүшү аркылуу бөлүнүп чыккан жана синтезделген гормон. ФСГ бойду жана тукум безинин фолликулдарын, эстрогендердин секрециясын жана аялдардын овуляциясын, урук безинде сперматогенезди стимулдаштырат. Караңыз: Фолликулостимулдаштырган гормон.

## Х

**ХИНЕСТРАДОЛ (quinestradol), хинестрадол** – аялдардын синтетикалык жыныстык гормону (караңыз: Эстроген); кын сезгенишинде колдонулат, өзгөчө менопаузадан кийин. Соода аталышы: Пентовис (Pentovis).

**ХИНЕСТРОЛ (quinestrol), хинестрол** – аялдардын синтетикалык жыныстык гормону (караңыз: Эстроген); сүт агууну токтотуу үчүн колдонулат. Соода аталышы: Эстровис (Estrovis).

**ХОЛЕЦИСТОКИНИН (cholecystokinin), холецистокинин** – ашказандан бөлүнүп чыккан химустун келип түшүүсүнөн улам, он эки эли ичегидеги былжырлуу катмар клеткаларынан бөлүнүп чыгуучу гормон. Ал өт баштыкчасынын жыйрылышына алып келип, өт суюктугунун ичегилерге келип түшүүсүн жаратат жана карын алды безиндеги ациноздук клеткалар тарабынан ферменттердин иштелип чыгуусун жөнгө салат. Кошумча караңыз: Карын астындагы бездин суюктугу.

## Э

**ЭНТЕРОГАСТРОН, СЕКРЕТИН (enterogastrone), энтерогастрон, секретин** – он эки эли ичегиде иштелип чыгуучу гормон. Ичегини кислота же май менен дүүлүктүргөндө, ал гормон аркылуу аш казандын суюктук чыгаруучу жөндөмдүүлүгү басаңдайт.

**ЭРЕПСИН (erepsin), эрепсин** – ичеги-карын бездери тарабынан бөлүнүп чыга турган азык сиңирүүчү ферменттердин аралашмасы (караңыз: Пептидаза). Эрепсин ичке ичеги суюктугу курамына кирет.

**ЭРИТРОПОЭТИН (erythropoietin), эритропоэтин** – бөйрөктө секрецияланган гормон. Ал эритропоэздин ылдамдыгын жогорулатат, ошондой эле механизмди стимулдаштырат, анын жардамы менен эритропоэздин ылдамдыгына көзөмөлдөө жүргүзүлөт.

**ЭСТРАДИОЛ (oestradiol), эстрадиол** – аялдардын аналык бези тарабынан иштелип чыгуучу негизги жыныстык гормону (караңыз: Эстроген).

**ЭСТРИОЛ (oestriol), эстриол** – аялдардын аналык бези тарабынан иштелип чыгуучу жыныстык гормондордун бири (караңыз: Эстроген).

**ЭСТРОГЕН (oestrogen), эстроген** – аялдын жыныстык жактан жетилүүсүн көзөмөлдөп, жыныстык органдардын нормалдуу иштешине, ошондой эле экинчи жыныстык белгилердин (мисалы, сүт бездеринин чоңойушуна) өнүгүшүнө шарт түзө турган стероиддүү гормондор тобунун өкүлү (аларга ошондой эле эстриол, эстрон жана эстрадиолдор кирет). – Эстрогенндик (oestrogenic).

**ЭСТРОН (oestrone), эстрон** – аялдардын жыныстык гормону, ал энелик тукум бези аркылуу иштелип чыгат. Караңыз: Эстроген.

**ЭТИНИЛОЭСТРАДИОЛ (ethinyloestradiol), этинилоэстрадиол** – синтетикалык аялдардын жыныс гормону (караңыз: Эстроген); менструалдык циклдин бузулушунда, ошондой эле энелерде сүттүн чыгышын басаңдатууда да колдонулат. Бирок негизинен оралдык контрацептивдерде прогестоген менен айкалышууда колдонулат (мисалы, Конова 30 (Conova 30) же Фемоден (Femodene)).

**ЭТИНОДИОЛ (ethynodiol), этинодиол** – аялдардын синтетикалык жыныс гормону (караңыз: Прогестоген); менструалдык циклдин бузулушунда жана оралдык контрацепттерде колдонулат. Соода аталышы: Фемулен (Femulen).

**ЭТИСТЕРОН (ethisterone), этистерон** – аялдардын синтетикалык жыныс гормону (караңыз: Прогестоген); менструалдык циклдин бузулушунда колдонулат (көпчүлүк учурда эстроген менен айкалышууда), негизинен амонореяда.

# Я

**ЯИЧНИК (ovary), аялдын жумурткасы** – аялдардын урук клеткалары менен стероиддүү гормондорду иштеп чыгуучу негизги жыныстык органы (жыныстык бези) (караңыз: Менструалдык цикл). Аялдын жумурткасы – жуп органдар болуп саналышат; кичи жамбаш сөөк көңдөйүндөгү жатындын эки тарабында жайгашкан (караңыз: Репродуктивдүү система). – Тукум бездик.

# ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР
# ИСПОЛЬЗУЕМАЯ ЛИТЕРАТУРА


1. Русско-кыргызский словарь / под ред. К.К. Юдахина. – Бишкек: Шам, 2000. – 992 с.

2. Русско-киргизский словарь анатомо-физиологических терминов. – Фрунзе: Илим, 1964.

3. Русско-киргизский словарь терминов клинической медицины. М.С. Мамбетов. – Фрунзе: Илим, 1987. – 379 с.

4. Учебный русско-кыргызский словарь биологической лексики / Н.Т. Джайнакова. – Бишкек: КГУ, 1993.

5. Медициналык энциклопедиялык түшүндүрмө сөздүк / Т. Чакиев, А. Жумабаев. – Бишкек: Айат, 2013. – 360 с.

6. Большой медицинский словарь онлайн: URL: http://www.medslv.ru/

# СОДЕРЖАНИЕ

ОТ АВТОРА .... 3
СТРУКТУРА СЛОВАРЯ .... 4
ПРЕДИСЛОВИЕ .... 5
АНАТОМИЯ .... 6
АНГИОЛОГИЯ .... 67
БИОЛОГИЯ .... 77
БИОХИМИЯ .... 99
ГАСТРОЭНТЕРОЛОГИЯ .... 118
ГЕМАТОЛОГИЯ .... 135
ГЕНЕТИКА .... 146
ГИНЕКОЛОГИЯ .... 160
ДЕРМАТОЛОГИЯ .... 179
ДИАГНОСТИЧЕСКИЕ МАНИПУЛЯЦИИ .... 196
ИММУНОЛОГИЯ .... 203
ИНСТРУМЕНТАЛЬНАЯ ДИАГНОСТИКА .... 212
ИНФЕКЦИОННЫЕ БОЛЕЗНИ .... 230
КАРДИОЛОГИЯ .... 254
КЛИНИЧЕСКАЯ ДИАГНОСТИКА .... 264
ЛАБОРАТОРНАЯ ДИАГНОСТИКА .... 281
ЛЕЧЕБНЫЕ МАНИПУЛЯЦИИ .... 288
ЛОГОПЕДИЯ .... 301
МЕДИЦИНСКАЯ ЛЕКСИКА .... 303
МЕДИЦИНСКАЯ СТАТИСТИКА .... 330
НАРКОЛОГИЯ .... 339
НЕВРОЛОГИЯ .... 342
ОБЩАЯ МЕДИЦИНА .... 367
ОБЩИЙ СЛОВАРЬ .... 422
ОНКОЛОГИЯ .... 436
ОТОЛАРИНОЛАРИНГОЛОГИЯ .... 454
ОФТАЛЬМОЛОГИЯ .... 464
ПЕДИАТРИЯ .... 485
ПСИХОЛОГИЯ И ПСИХИАТРИЯ .... 491
ПУЛЬМОНОЛОГИЯ .... 525
РАДИОЛОГИЯ .... 532
РЕВМАТОЛОГИЯ .... 537
СЕКСОЛОГИЯ .... 542
СТОМАТОЛОГИЯ .... 576
ТРАВМАТОЛОГИЯ И ОРТОПЕДИЯ .... 590
УРОЛОГИЯ .... 603
ХИРУРГИЯ .... 619
ЭНДОКРИНОЛОГИЯ .... 650
ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР ИСПОЛЬЗУЕМАЯ ЛИТЕРАТУРА .... 664

*Гульнара Эсенбековна Аманалиева*

РУССКО-КЫРГЫЗСКИЙ
УЧЕБНЫЙ СЛОВАРЬ
МЕДИЦИНСКИХ ТЕРМИНОВ

ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА
МЕДИЦИНАЛЫК ТЕРМИНДЕРДИН
ОКУУ СӨЗДҮГҮ

Редактор *Н. Шумкина*
Компьютерная верстка *Д.Ю. Иванова*

Подписано в печать 15.05.2022.
Печать офсетная. Формат 60 × 84 $^{1}/_{8}$.
Объем 83,25 п. л. Тираж 100 экз. Заказ 21.

Издательство КРСУ
720000, г. Бишкек, ул. Киевская, 44.

Отпечатано в типографии КРСУ
720048, г. Бишкек, ул. Анкара, 2а.